92
О-93

Оренбургская область

ЭНЦИКЛОПЕДИЯ

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ ССР БАСМА, ПОЛИГРАФИЯ ЖАНА
КИТЕП СООДА ИШТЕРИ БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИ

БАШКЫ РЕДАКТОРУ
М. БОРБУГУЛОВ

БАШКЫ РЕДАКЦИЯ МҮЧӨЛӨРҮ:

Ч. Т. АЙТМАТОВ, А. А. АЛТЫМЫШЕВ, А. БАКИРОВ, С. БЕГАЛИЕВ, З. БЕЙШЕЕВ (башкы редактордун орун басары), И. БЕКБОЕВ, Ж. ЖЭЭНБАЕВ, М. ИМАНАЛИЕВ, М. М. МИРАХИМОВ, К. МОЛДОБАСАНОВ, К. ОТОРБАЕВ, С. ӨМҮРЗАКОВ, М. РЫСКУЛБЕКОВ, Т. САДЫКОВ, К. СУЛАЙМАНКУЛОВ, М. М. ТОКОБАЕВ, В. Г. ЯКОВЛЕВ.

РЕДАКЦИЯЛЫК СОВЕТ:

А. АБДРАХМАНОВ, В. Я. ГАЛИЦКИЙ, Е. А. ДОНЧЕНКО, У. С. КИЙИЗБАЕВ, Н. И. КОНЬКОВ, Р. С. КУЛЬМАТОВ (редакциялык советтин председатели), Н. К. КУРШУТОВ, К. Ж. МАМАКЕЕВА, Е. М. МУХОРТОВА, К. Н. НАЗАРОВ, С. Ө. ӨМҮРЗАКОВ, Л. И. ПОЛИЩУК, Р. С. САБЫРОВ, Э. Х. ХАРДИНА, Э. Ж. ШҮКҮРОВ.

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

92 кирг
О-96

ОШ области

ЭНЦИКЛОПЕДИЯ

СЮСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 391406

ФРУНЗЕ — 1989

ББК 92 я2
О 93

МААЛЫМЫЙ БӨЛҮМДҮН АВТОРЛОРУ

Абдиназаров А.
Абдрахманов С.
Абдугафуров А.
Абдуллаев М.
Абдурахимов М.
Абдыгазиев И.
Абдырахманов А.
Абдырашитова Б.
Абидов А.
Абитова М.
Аверков В.
Аденова М. С.
Азибаев Н.
Айдаралиев Б. Р.
Айдаралиев Ж.
Айдашев Т.
Айтбаева Р.
Акимов Т.
Акинин А. А.
Акматжанов Н.
Акматов М.
Аксенова Т. С.
Акчурин Р.
Аманов Б.
Амизаев М.
Анарбаев Б.
Анарбаев М.
Анохина Л. С.
Артыкбаев Т.
Артыков Х.
Асаналиев С.
Асаналиев У.
Аскаров Н.
Аскаров С.
Асылбеков Ж.
Атабашов Р.
Ахмедов Ш.
Ахунова С.
Бадалов Р.
Базарбеков М. Б.
Баимбеков А.
Бакетаев К.
Бактыгулов Ж. С.
Баландин П. В.
Басин Е. И.
Баялиев Ж.
Бегалиев С. И.
Безпалый Б. С.
Беляков Ю. П.
Бенцлер Г. Б.
Береналиев О.
Берүбаев А.
Брыкина Г. А.
Будянский Д. М.
Бурлуцкий Н. С.
Варпаховский В.
Вахитов В. А.
Винник Д. Ф.
Воробьёв Г. Г.
Воротягин В.
Галиулин Г. Г.
Галицкий В. Я.
Гизатулин С.
Головкова А. Г.
Горобец С. М.
Горячева В. Д.
Гульматов У.
Давлетов К.
Давлетов Н.
Данько Р.
Дважан В. А.
Дергаусова В. П.
Добулбеков С.
Долгановская Г.
Доценко Л.
Дружинина Е. В.
Дүйшеев Б.
Дыйканов А.
Жакыпбеков Ж.
Жакыпбеков К.
Жолдошев И.
Жоробаев С.
Жоробеков Г.
Жумабаева У.
Жумагулов С.
Жумагулов Ч.
Епхиев В. Н.
Заднепровский Ю. А.
Заиров Ч.
Захарова А. Е.
Зенков Н. С.
Зиядинов Р.
Изюмов Г. Т.
Иноятова А.
Искаков М. Т.
Кабо Е. Э.
Кадырбаева Т.
Кадыркулов Т.
Кадыров А.
Кадыров И. Э.
Кадыров С.
Кадыров Ш.
Кайыпов С. Т.
Калилов К.
Калмаматов А. А.
Караев Ө. К.
Карашев О.
Карев А. М.
Каримов И. Х.
Карпенко Н. В.
Касымалиев Э.
Кенжеев Д.
Кеңешбаев А.
Ким Л. А.
Кнебелис П.
Кожомбердиев Ы.
Колесникова А. И.
Колесникова О. В.
Королёв В. Г.
Кочкоров К. И.
Кочнев Б. Д.
Крайнюков А. П.
Краснобородкина В.
Криницкая Р. Р.
Кудашкина В.
Кузнецова С. Б.
Кузыбаев С.
Кулбаев Д.
Кульматов Р. С.
Кунин А. И.
Курманкулов А. Б.
Куршутов Н. К.
Ломакин В. А.
Мадраимов Т.
Мадумаров С.
Максутов А.
Малабаев Ж.
Мальцева Н. Ф.
Мамакеева К. Ж.
Мамашов С.
Маннапов А.
Марипжанов Т.
Матикеев К.
Маткеримов Т.
Мешков Н.
Миңкишиев Т.
Михайлов Ю. А.
Мокрынин В. П.
Молдалиев Т.
Молдокасымов О.
Моминов Ш. Т.
Морозова Г. А.
Муминов И. С.
Мырзаев А.
Назаралиев Н.
Назаров К.
Насиров Ж.
Низамхожаев Ю. П.
Никонов А. П.
Новикова С.
Нурмаматов Д.
Одолбеков А.
Оогонбеков М. С.
Орда А.
Орунбаев Ч.
Осмонов А.
Өмүрзаков С.
Паисов М. П.
Пак Н. И.
Писарской Е. Г.
Плоских В. М.
Помаскин Б. В.
Попова Л. И.
Пугачёва Н. И.
Пустынников Н. А.
Радионова Е. А.
Розловский А. А.
Розова З.
Рысбаев К.
Рычнева Л. А.
Саалиев Н.
Сабиров Д.
Сабиров П.
Сабитбекова А.
Саипов Б.
Салтыкова Е. З.
Саралаев У. К.
Сатыбалдиев К.
Сиканов В. Д.
Соломко З.
Стамбеков А.
Сулайманова Б.
Султанбаев А.
Суслова Т. Н.
Сыдыкбаев А.
Талипов Р.
Ташбаев К.
Тельнов Л.
Темирбаев А. М.
Темиров М. С.
Тимковская Л.
Тойчиев Б.
Токов А.
Токтоматов А.
Төлөмбаев Т.
Тургунбаев Ж.
Турмаматов А.
Тухватулина Л. Г.
Тухватулина Р. Х.
Уливанова В. В.
Уник Я.
Усеков А.
Үсөнбаев К.
Филипова Н. И.
Хасанова Х.
Хоменко А. Г.
Цой Р. К.
Цыбух А.
Чотонов А.
Чумуев А. О.
Чыймылова Б. Д.
Шакирбеков Д.
Шакиров А.
Шамшиев К.
Шарапов Ш.
Шарипов Ш.
Шаршеев О.
Шинина Л. А.
Шкиперская В. П.
Шүкүров Э. Ж.
Эралиев П.
Эргешов К.
Эстебесов М.
Юнусалиев М. Б.
Юнусов А.
Юсупов А.
Юсупов И. М.
Юсупова С. А.
Ярков А. П.
Яр-Мухамедов Г. Х.

РЕЦЕНЗЕНТТЕР ЖАНА КОНСУЛЬТАНТТАР

Азимов К.
Атабеков А. А.
Большаков Н. М.
Воропаева В. А.
Галицкий В. Я.
Джак Б. Н.
Дружинина Е. В.
Жумабаев К. А.
Заднепровский Ю. А.
Карпенко Н. В.
Качаганов Ш.
Косач Л. А.
Кунин А. И.
Меделканов Ж.
Момунбаева Р.
Помаскин Б. В.
Пукасенко В. Л.
Рогозина Л. Е.
Тентимишев Ж.
Шакирбеков Д.

1805080000—26
0———————— 11—87
454(11)—89

ISBN 5—89750—011—8

© Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1989 Кыргызча которулду.

КСЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНАН

Универсалдуу «Ош областы» энциклопедиясы Кыргыз ССРинин түштүгүнөн орун алган ири область жөнүндө ар түрдүү маалыматтарды ж-а ал аймактын байыртадан азыркыга чейинки тарыхын камтыйт. Бул — «Фрунзе» энциклопедиясынан кийинки «Кыргызстандын шаарлары жана кыштактары» сериясындагы экинчи китеп. Бул китептин кыргызчасында (орусчасы 1987-ж. жарык көргөн) айрым маалыматтар, фактылар жаңыртылып, бир катар жаңы макалалар киргизилди.

Китеп эки негизги бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмүндө областтын админ.-аймактык бөлүнүшү, табияты, калкы, тарыхы, экономикасы, областтагы элге билим берүү ж-а саламаттык сактоо, илим ж-а маданият, о. эле областтын борбору — Ош ш. ж-дө өзүнчө обзордук очерктер орун алган. Бул бөлүмдөгү материал 1988-жылдын 5-октябрына чейинки маалыматтар боюнча берилип калды. Анткени областка жаңы эки район (Тогуз-Торо, Токтогул) ж-а бир шаар (Кара-Көл) кошулган мезгилде китеп басууга даяр болуп калгандыктан, материалды кайра иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү болбоду. Ал райондорго ж-а шаарга тиешелүү макалалар кошумча катары китептин аягына берилди.

Китептин экинчи маалымый бөлүмү алфавиттик тартипте жайгашкан 2000-дей макаладан турат. Макалалар областтын шаарлары, посёлкалары, айыл советтеринин борборлору (кыштактар), райондору, областтын аймагында болуп өткөн маанилүү тарыхый окуялар, жетекчи органдар ж-а коомдук уюмдар, көрүнүктүү тарых ж-а маданият эстеликтери, окуу жайлар, илимий ж-а маданий-агартуу уюмдары, ири өнөр жай ж-а айыл чарба ишканалары, транспорт, байланыш, соода, саламаттык сактоо, спорт ж-дө ж-а географиялык объектилер тууралуу маалыматтарды камтыйт. О. эле бул китепке Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөн белгилүү адамдар, Советтер Союзунун Баатырлары, Социалисттик Эмгектин Баатырлары, Кыргызстандын түштүгүндө эмгектенген илимпоздор (илимдин докторлору), маданият ишмерлери ж-дө макалаларга да орун берилген.

Область ж-дө кошумча маалыматтарды ушул китептин библиографиясында көрсөтүлгөн адабияттардан алууга болот. Түш. Кыргызстандын тарыхынын негизги окуялары хронологияда берилген. 1918-жылдын 1(14)-февралына чейинки мезгилдеги окуялардын даталары эски стиль, айрым учурда эки стиль м-н тең берилди. Алфавиттик бөлүмдөгү мекемелер, уюмдар ж. б. ж-дөгү макалаларды атоодо айрым учурда инверсия колдонулуп, биринчи орунга негизги аныктоочу чыгарылган. Андай учурда макаланын атынан (мис., **КИТЕП-КӨЙЛӨР КООМУ**) кийин баяндалып жаткан объектинин толук аталышы (**Ош обл. ыктыярдуу К. к.**) келтирилет. Бир өңчөй объектилердин тобу ж-дөгү маалыматтарды камтыган макалалардын аты көптүк түрүндө берилди (мис., **КИТЕПКАНАЛАР**). Алардын бир кыйла маанилүүлөрүнө өз өзүнчө макала арналган. Шилтем системасы колдонулуп, шилтем берилип жаткан макалалардын аттары *курсив* ариптер м-н терилди. Өзгөрүлүп туруучу сандык маалыматтардын тушуна тийиштүү жылы көрсөтүлдү (айрым учурда жылдык орточо көрсөткүчтөрү берилди).

Китепте 88 түстүү сүрөт ж-а 300 ак-кара сүрөт, 25 карта (а. и. 8 түстүү карта) бар.

Китептеги көптөгөн материалдар биринчи жолу жарыяланып жатат. Басылманы даярдоого түрдүү тармакта эмгектенген илимпоздор м-н адистер, парт. ж-а сов. ишмерлер, Ош областындагы уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, чарбалардын жетекчилери, адистери, Кыргыз Совет Энциклопедиясынын кызматкерлери катышты.

КСЭнин Башкы редакциясы авторлорго, рецензенттерге ж-а консультанттарга «Ош областы» энциклопедиясын даярдоого жигердүү катышкандыгы үчүн ыраазылыгын билдирет. О. эле жалпы окурмандардан бул китептин кайра басылышын жакшыртууга жардам берүүчү сын пикирлерин, толуктоолорун КСЭнин Башкы редакциясына төмөнкү адрес б-ча жиберүүсүн өтүнөт: Фрунзе шаары, Дзержинский проспектиси, 56.

НЕГИЗГИ КЫСКАРТУУЛАР

админ. — администрация
а. и. — анын ичинде, аның ичинен
АО — автономия область
арх. — архитектор, архитектору, архитекторлору
Ата Мек. — Ата Мекендик
атком — аткаруу комитети
атн. — атындагы
а. ч. — айыл чарба, айыл чарбасы
б. — байыркы
БАК — Борбордук Аткаруу Комитети
б. з. — биздин замандын
б. з. ч. — биздин заманга чейинки
бийикт. — бийиктиги
БК — Борбордук Комитет
борб. — борбордук
б-ча — боюнча
гражд. — граждандык
д. дең. — деңиз деңгээлинен
ж. — жыл, жылдары, жылы
ж-а — жана
ж. б. — жана башка, жана башкалар
ж-де — жонунде
жерг. — жергиликтүү
жог. — жогорку
ж. чейин — жылга чейин
з-д — завод
ИА — илимдер академиясы
ин-т — институт
иск-во — искусство
к. — карацыз
к. — кылым, кылымдар, кылымы, кылымдары
к-з — колхоз
к-т — комитет
кыш. — кыштак, кыштактары, кыштагы
мамл. — мамлекеттик
мед. — медициналык
мин-во — министерство
мис. — мисалы
млн — миллион
млрд — миллиард
м-н — менен
МТС — машина-трактор станциясы
муз. — музыкалык
нег. — негизги
обком — областтык комитет
обл. — область, областтык
облатком — областтык аткаруу комитети
орт. — орточо
о. эле — ошондой эле
о. ж. — онор жай, онор жайы
парт. — партиялык
профсоюз — профессиялык союз
райатком — райондук аткаруу комитети
райком — райондук комитет
рев-я — революция
респ. — республика, республикалык
р-н — район
с-з — совхоз
скульп. — скульптор, скульпторлор, скульптору
сов. — советтик
Сов. Союз. — Советтер Союзунун
Соц. Эмг. — Социалисттик Эмгектин
темп-ра — температура
тех. — техникалык
төм. — төмөнкү
түн. — түндүк
түш. — түштүк
ун-т — университет
уз. — узундугу
ф-ка — фабрика

Эскертүү: китепте чен бирдиктери кыскартылган вариантында алынып, курсив әриптер м-н терилди (мис., *м, т, га*).



Ош ш-ндагы В. И. Лениндин эстелиги.



КЫРГЫЗ ССРИНИН ОШ ОБЛАСТЫН
ЛЕНИН ОРДЕНИ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ

Областтын эмгекчилеринин чарба жана маданият курулушунда жетишкен ийгиликтери үчүн Кыргыз ССРинин Ош областы Ленин ордени менен сыйлансын.

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели
Н. ПОДГОРНЫЙ

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Секретары
М. ГЕОРГАДЗЕ

Москва, Кремль
1960-ж. 28-октябрь

ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАН

Ош областы — аянты ж-а калкы б-ча Кыргыз ССРиндеги эң ири админ.-аймактык бирдик. 1939-ж. 21-ноябрда мурунку Ош округунун аймагында түзүлгөн. 1959-ж. ага Жалал-Абад обл. кошулган. 1980-ж. Кара-Көл ш., Токтогул р-ну, Ала-Бука р-нунун бир бөлүгү жаңыдан түзүлгөн Талас обл-на өткөрүлүп берилген. 1984-ж. Талас облнын Чаткал р-ну Ош обл-на өткөн. 1987-ж. 1-январда обл-тын (65,6 миң $км^2$) аймагында 1 млн 804 миңден ашуун адам жашаган, бул респ-нын бардык калкынын 43%тен ашыгын түзгөн. Область 15 админ. р-нго бөлүнөт. Областтын аймагында обл-ка караштуу 7 шаар — Ош (обл-тын борбору), Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Сүлүктү, Таш-Көмүр, о. эле шаар тибиндеги 13 посёлка, 994 кыш. бар (1987). Райондук борборлор: Ала-Бука, Араван, Базар-Коргон, Баткен, Гүлчө, Исфана, Каныш-Кыя, Караван, Кара-Кулжа, Ленин-Жол, Сузак, Фрунзе, Эски-Ноокат кыш., Кара-Суу, Өзгөн ш.

Ош обл-нын тарыхы миңдеген жылдарды камтыйт. Область — СССРдеги адамзат алгач мекендеген азыноолок аймактардын, б. маданият борборлорунун бири. Мында алгачкы шаарлар (Ош, Өзгөн ш., азыркы Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат р-ндорунун аймагындагы б. тургун жайлар) соңку коло доорунда (б. з. ч. 2—1-миң жылдыктарда) пайда болгон. Бул аймактын калкынын калыптанышына Фергана өрөөнүндөгү коңшулаш дыйканчылык оазистери таасир тийгизген. Б. доордо ж-а орто кылымда азыркы Кырг-ндын түштүгүнүн тоо арасындагы өрөөндөрүн жерденген калк Фергананын отуруктуу калкы м-н дайыма чогуу кандайдыр бир мамлекеттин карамагында болуп келген. Бул аймакта илгертен эле ар түрдүү элдердин маданияты жанаша жашап, интернационализмдин негизи калыптана баштаган. Анын салттары бүгүнкү күндө бекемделип, өнүгүп жатат. Азыр обл-тын аймагында 60тан ашуун улут м-н элдин өкүлдөрү — кыргыздар (1979-ж., 54,7%), өзбектер (27,1%), орустар (8,9%), тажиктер (1,5%), украиндер (1,3%) ж. б. жашап, эмгектенишүүдө.

Революцияга чейин Түш. Кырг-н падышалык Россиянын абдан артта калган чет жакаларынын бири эле. Бирин-эки гана эң жөнөкөй өнөр жай ишканалары, кол эмгегине негизделген айыл чарбасы болгон. Эмгекчи калк социалдык ж-а улуттук эзүүдөн жапа чегип, дээрлик бардыгы сабатсыз эле. Калктын көпчүлүгү көчмөн ж-а жарым көчмөн турмушта жашаган.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши бул аймактагы улуттар м-н элдердин тагдырын түп тамырынан өзгөрттү, алардын саясий, социалдык-экономикалык, маданий жактан өнүгүшүн тездетти.

Совет бийлигинин жылдарында лениндик партиянын жетекчилиги, о. эле СССР элдеринин ар тараптуу бир туугандык жардамы аркасында Ош обл-нда көп тармактуу эл чарбасы түзүлдү. Областтын экономикасынын өнүгүшү респ-нын, бүтүндөй СССРдин бирдиктүү эл чарба комплексинин чегиндеги эмгектин аймактык бөлүштүрүлүшү м-н ажырагыс байланышкан. Азыр обл-тын экономикасы кубаттуу базага ээ. Анда эмгектенгендер — жогорку квалификациялуу жумушчулар, инженер-тех. кызматкерлер, айыл чарба адистери. Аймактын экономикасы илим м-н техниканын жетишкендиктерин, алдыңкы тажрыйба-

ны кеңири колдонуунун натыйжасында ургаалдуу өнүгүп жатат. Айрыкча, өнөр жай, курулуш, транспорт тармактары башкаларга салыштырганда тез темп м-н өнүгүүдө. Областтын эл чарбасы даярдаган дүң продукциянын 60%тен ашыгы өнөр жай ишканаларына туура келет. Областта 40тан ашык тармактын 130 өнөр жай ишканасы бар. Энергетика, машина куруу, кен казуу (мында сымап, сурьма, көмүр казып алуу башкы орунду ээлейт), жеңил, тамак-аш өнөр жайы көбүрөөк өнүккөн. Областта респ-нын көмүр кендеринин 60%ке жакыны топтолгон. Жылына 3,5 миң *т* көмүр казып алынат, бул болсо Орто Азия б-ча бир жылда казылып алынган көмүрдүн 40%ин түзөт. Областтын аймагында респ-дагы нефть ж-а газ кендеринин дээрлик бардыгы, сымап, сурьма кендеринин көпчүлүгү жайгашкан. Сурьма м-н сымапты казып алуу ж-а аларды иштеп чыгаруу жагынан обл. өлкөдө маанилүү орунду ээлейт. Кадамжайдагы комбинат чыгарган сурьма дүйнөлүк эталон болуп саналат. Ал 15 өлкөгө экспорттолот. Майлы-Сайдагы электр лампа з-ду — электртехника ө. ж-нын ири ишканасы, анда суткасына 1 млн 350 миң электр лампасы жасалат. Областта жеңил ө. ж-нын пахта тазалоо, кебез кездеме, жибек кездеме токуу, кийим тигүү, бут кийим тигүү ишканалары бар. Оштогу Октябрдын 50 жылдыгы атн. кебез кездеме өндүрүш бирикмеси — обл-тагы эң ири жеңил ө. ж. ишканасы, ал жылына 100 миңдей *м* кебез кездеме чыгарат. Республикадагы суу-энергетика запасынын 60%ке жакыны, б. а. 70 млрд *кВт/с* гидроэлектр энергия Ош обл-на туура келет.

Областтын а. ч. комплекстүү механикалаштыруунун, электрлештирүүнүн, химиялаштыруунун, мелиорациялоонун, өндүрүш технологиясын өркүндөтүүнүн эсебинен өнүгүүдө. Республиканын а. ч. дүң продукциясынын 36%тен ашыгы обл-тын үлүшүнө туура келет. Көбүнчө эгин эгилет. Кирешени көп берген тармактар — пахтачылык м-н тамекичилик. Республикадагы тамекинин 90%ин Ош обл. берет. Мал чарбасынын нег. тармагы — кой багуу. Областта респ-дагы бардык койдун 30%тен, жылкынын 30%тен ашыгы, эчкинин 90%и багылат.

Революцияга чейин Ош обл-нда жолдор аябай начар болгон. Ири өрөөндөрдөн гана араба жолдор өтүп, ал эми тоо арасында жалгыз аяк жолдор гана болгон. Азыр обл. темир жол, аба жолу, авт. жолу аркылуу СССРдин бардык жерлери м-н катташа алат. Областтын өлкөдөгү экон. р-ндор м-н жүк ташуу катнашы негизинен темир жол аркылуу жүргүзүлөт. Областтын аймагындагы темир жолдун жалпы уз. 176 *км*. Ич ара жүк ташууда авт. транспорту нег. ролду ойнойт. Автомобиль жолдорунун жалпы уз. 8606 *км*, а. и. 5600 *км*ине асфальт төшөлгөн (1987). Областта аба транспорту тез өнүгүүдө. Ал Ош областын СССРдин көптөгөн ири шаарлары м-н байланыштырат. Жер шарты тоолуу болгондуктан областта ички аба катнаштын мааниси зор. Ички аба жолунун жалпы уз. 20 миң *км*ге жетти.

Совет бийлигинин жылдарында элге билим берүүнү, саламаттык сактоону, маданиятты өнүктүрүүдө зор ийгиликтерге жетишилди. Областта 859 жалпы билим берүүчү мектеп, Ош мамл. педагогика ин-ту, Фрунзе политехникалык ин-тунун Оштогу кечки факультети, Кыргыз мамл. университетинин окуу-консультация пункту, 16 атайын орто окуу жайы бар. Областтагы ар бир 3-киши тигил же бул окууда окуйт. 1986-ж. обл-та 184 мед. мекеме, 4180 врач ж-а 15240 мед. орто билимдүү адис болгон, калктын ар бир 1000 кишисине 107,3 ооруканa койкасы туура келген. Областта 2 профессионал театр, 8 элдик театр, тарых-маданият музейкоругу (анын 4 филиалы бар), 14 коомдук музей, 62 мектеп музейи, 465 клубдук мекеме, 524 киноустановка бар. Кыргыз, орус, өзбек тилдеринде жерг. газеталар чыгат. Бардыгы болуп 3 обл., 15 р-ндук, 16 көп тираждуу газета жарык көрөт. Алардын жалпы нускасы 270 миңден ашат.

Эл чарбасын ж-а маданиятты өнүктүрүүдө жетишкен ийгиликтери үчүн Ош обл. 1966-ж. Ленин ордени м-н сыйланган.

Областтын коомдук турмушунда авангарддык роль Кыргызстан Компартиясынын обл. уюмуна таандык. Областта 450дөн ашык ишкана, уюм, мекеме, 20,2 миң цех ж-а бригада «Коммунисттик эмгектин коллективи» наамы үчүн мелдешип жатышат. Жумушчу табынын, колхозчулардын ж-а интеллигенциянын 80,2 миң өкүлү коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү болуп саналат. Областта 21 адам Сов. Союз. Баатыры, 99 адам Соц. Эмг. Баатыры (алардын экөө эки жолку) наамдарына ээ болгон.

Ош обл. Өзбек ССРинин Анжиян обл. ж-а Тажик ССРинин Тоолуу-Бадакшан автономия обл. м-н мелдешке чыккан.

Р. С. Кульматов

ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР

Ош обл. респ-нын түш.-батыш бөлүгүн ээлейт. Анын аймагы Тянь-Шань, Памир-Алай тоолорунда ж-а Фергана өрөөнүндө д. дең. 500—5000 *м* бийиктикте жатат. Область Кыргыз ССРиндеги эң ири админ. бирдик болуп эсептелет. Анда 15 р-н бар. Алар: Ала-Бука, Алай, Араван, Базар-Коргон, Баткен, Жаңы-Жол, Кара-Суу, Лейлек, Ленин, Ноокат, Совет, Сузак, Өзгөн, Фрунзе, Чаткал р-ндору. Областка караштуу 7 шаар — Ош (обл-тын борбору), Жалал-Абад, Кок-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Сүлүктү, Таш-Көмүр; р-нго караштуу 2 шаар — Кара-Суу, Өзгөн; шаар тибиндеги 13 посёлка — Восточный, Көк-Таш, Кочкор-Ата, Кызыл-Жар, Найман, Сары-Таш, Совет, Сумсар, Терек-Сай, Фрунзе, Хайдаркен, Чабай, Шамалды-Сай; 994 кыштак бар (1987). 1987-ж. 1-январда обл-тын калкы 1 млн 804,2 миңге жеткен; жалпы аянты 65,6 миң $км^2$.

АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК БӨЛҮНҮШҮ

Азыркы Түш. Кырг-ндын тоолуу өрөөндөрүндө жашаган калк байыркы замандарда ж-а орто кылымдын башында Фергананын отурукташкан дыйкан калкы м-н кошо бир мамлекеттин карамагында болуп келген. Админ.-саясий жактан Фергана шаармамлекеттердин союзу болуп саналган. Айрым жазма даректерге караганда, ар бир шаардын өз акими болгон. Байыркы ж-а орто кылымдагы мамлекеттер админ.-саясий түзүлүшү б-ча бири бирине көп жагынан окшош. Жогорку бийлик жалгыз башкаруучуга (*Карлуктар мамлекетинде* — жабгу, *Саманилер мамлекетинде* — эмир, *Караханилер мамлекетинде* — арслан хан же бугра хан, *Шейбанилер мамлекетинде* — хан) таандык болгон. Ал эми жер жерлерде бийлик ири феодалдардын же уруу ж-а аскер башчыларынын колунда турган. Мамлекет улус-улуска бөлүнүп башкарылган, улустар болсо уруу-уруктарга карай майда аймактарга бөлүнгөн.

15—16-к-да азыркы Кыргыз ССРинин аймагында, а. и. Ош обл-нда бирдиктүү кыргыз эли түзүлгөн. Кыргыздар 16-к-дын башында феодализмге өтүп, эл катары калыптанганы м-н уруу-уруктук бөлүнүшү дагы көпкө сакталып келген. Ар бир уруу майда уруктарга бөлүнгөн. Чоң уруулардын же уруулар бирикмесинин башында улук бий турган. Булар өзүнчө админ.-саясий бирдик болуп саналган. Айрым уруулардын башчылары — ири феодалдар башка уруулардын адамдарын да өздөрүнө кошуп алып турган, ошентип анын жамааты уруулук негизде эле эмес аймактык негизде да курулган.

17-к.—18-к-дын биринчи жарымында Түш. Кырг-нда моголдордун ич ара феодалдык чыр-чатактары, жунгар (калмак) феодалдарынын баскынчылык жортуулдары болуп турган. Жунгарлар Жети-Суудагы кыргыздарды Ферганага сүрүп келишкен, бирок аны ээлей алышкан эмес; кыргыздар м-н өзбектер биригишип жунгарлардын чабуулдарынын мизин кайтарып турушкан.

18-к-дын ортосунда Алайды ж-а Ферганандын батыш тарабындагы тоолорду башында Кубат бий турган ичкилик кыргыздардын ири бирикмеси жердеген. Ферганандын чыгыш тарабы Ош, Өзгөн ш. м-н бирге адигине уруусунун башчысы Хажибийге караган. 18-к-дын аягында Ош, Өзгөн ж-а алардын тегерегиндеги аймактарды, кийинчерээк Алайды Кокон ханы басып алган. Кокон хандыгына кыргыздар, эреже катары, кыштоолорунун жайгашкан ордуна жараша уруу-уруу-

су м-н тигил же бул вилайетке, бектерге, саркерлерге баш ийген. Кыргыз феодалдарына Кокон ордосунун даражалары, наамдары берилип турган. Жогорку бийлик ээси — Кокон ханы болгон. Хандан кийин турган төрөлөр, мыкчегерлер парваначы, миң башы болуп эсептелген. Алар мамлекетти башкаруу, тескөө иштерин жүргүзгөн. Алардан кийин кушбеги (бектердин беги), бек, датка, пансат ж. б. турган. Булар ири дубандарды, вилайеттерди башкарып, аскердик бирикмелерге командалык кылган. Түш. Кырг-ндын аймагы Анжиян (Алай, Ички-Тянь-Шань), Наманган (Кетмен-Төбө, Чаткал өрөөндөрү, Аксы чөлкөмү), Кокон (Фергананын түштүгүндөгү тоолор), Хожент (Кожо-Бакырган, Исфана, Ак-Суу өзөндөрүнүн аймагы) вилайеттерине караган. 19-к-дын 90-жылдарында азыркы Ош обл-нын аймагы (азыркы Лейлек р-нун кошпогондо) 9 бекчиликтин (Араван, Анжиян, Булак-Башы, Касан, Маргалаң, Махрам, Наманган, Чартак, Чимион) ж-а 4 саркерчиликтин (Балыкчы, Ош, Сох, Өзгөн) курамына кирген. Кокондуктар өз бийлигин чыңдоо ж-а мамлекетинин чек арасын белгилөө максатында азыркы Түш. Кырг-ндын аймагында Таш-Коргон, Дароот-Коргон, Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон, Исфана, Кан, Чартак ж. б. чептерди курушкан. Алардын аскердик, админ. мааниси да болгон. Россиянын курамына киргенден кийин (1876) Түш. Кырг-нда жалпы россиялык админ.-саясий башкаруу системасы киргизилген. Азыркы Ош обл-нын аймагы Фергана обл-нын Наманган, Чуст (кийин Наманганга кошулган), Анжиян, Ош, Маргалаң, Кокон, Исфара (кийин Коконго кошулган) уезддерине караган. Азыркы Лейлек р-ну ал кезде Самаркан облынын Хожент уездине кирген. Областтар Түркстан генерал-губернаторлугуна караган. Уезддер болуштарга бөлүнгөн. Революцияга чейинки админ. система «аскердик-элдик башкаруу» делген принцип б-ча түзүлгөн. Ага ылайык саясий мүнөзгө ээ болбогон иштердин бардыгы жерг. калк «шайлаган өкүлдөргө» берилген. Алар негизинен бай-манаптар, казы-бийлер, уруу башчылары болгон. Уезддерде ж-а обл-тарда нег. бийлик падышалык администрациянын колунда турган. Башкаруу системасы аскердик-колониялык мүнөздө болгондугуна карабастан бул жаңы админ.-аймактык бөлүнүш уруу башчыларынын ээнбаштыгына чек коюп, прогрессчил роль ойногон.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Кырг-ндын, а. и. Ош обл-нын аймагы Түркстан АССРине кирген (1918—1924). Ал РСФСРге караган көп улуттуу автономия респ. болгон, анын аймагында Орто Азиядагы бардык элдер жашаган. 1924-жылкы улуттук-мамл. бөлүштүрүүдө РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономия обл. түзүлүп, ал 1925-ж. 25-майда Кыргыз автономия обл. (КАО) деп аталган. КАО төрт округа бөлүнүп, анын экөө (Ош ж-а Жалал-Абад) Түш. Кырг-нда түзүлгөн. Аларга мурдагы Фергана обл-нан Ош уезди, Ферганa, Наманган, Анжиян, Кокон уездеринин айрым бөлүктөрү кирген. Бирок мындай админ. бөлүнүш жерлердеги улуттук өзгөчөлүктөргө, экон. өнүгүүнүн талаптарына ылайык келген эмес, ошондуктан КАОну кайрадан аймактарга бөлүү зарылдыгы туулуп, КАОнун ревкому аймакка бөлүү б-ча обл. комиссия түзгөн (1924, декабрь). Бул комиссияга обл-тын чек арасын белгилөө, улуттук, экон., географиялык, тарыхый ж. б. өзгөчөлүктөрдү эске алуу м-н ички админ. бөлүштүрүүгө даярдык көрүү милдети жүктөлгөн. 1926-ж. декабрда ишке ашырылган аймактык бөлүштүрүүдө Ош ж-а Жалал-Абад округдары кантондорго айландырылып, 20 болушка бөлүнгөн. 1928-ж. респ-да р-ндор түзүлө баштаган. Жалал-Абад ж-а Ош кантондору Ош округуна бириктирилген. Анда 10 р-н болгон. 1938-ж. 11-мартта Ош округунан Жалал-Абад округу бөлүнүп чыккан. 1939-ж. 21-декабрда округдар обл-тарга айландырылган. Башкаруунун обл. системасынын түзүлүшү Кырг-ндын мамл., экон., маданий өнүгүшүндөгү ири кадам болгон. Ош обл-нын курамында Ош (обл-тын борбору), Кызыл-Кыя ш., Сүлүктү ж-а Кара-Суу ш. т. п., Араван, Алай, Баткен, Гүлчө, Кара-Суу, Куршаб, Лейлек, Ноокат, Ош, Совет, Өзгөн, Халмион, Чоң-Алай р-ндору болгон (1940-ж. Жаңы-Ноокат р-ну түзүлгөн). Жалал-Абад обл-на Жалал-Абад ш. (обл-тын борбору), Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Чаңгыр-Таш ш. т. п., Жалал-Абад, Октябрь, Базар-Коргон, Үч-Терек, Кетмен-Төбө, Таш-Көмүр, Караван, Ала-Бука, Чаткал

Райондор

	Аймагы* миң км² м-н	Калкынын саны** миң киши м-н			Борбору	Шаар-лар	Шаар тибиндеги посёлкалар	Айыл советтери
		бардыгы	шаардык	айылдык				
Ала-Бука	3,0	50,1	—	50,1	Ала-Бука кыш.	—	—	6
Алай	12,44	60,9	1,04	58,7	Гүлчө кыш.	—	1	13
Араван	0,62	58,9	—	58,9	Араван кыш.	—	—	6
Базар-Коргон	2,02	81,6	—	81,6	Базар-Коргон кыш.	—	—	8
Баткен	6,15	46,0	—	46,0	Баткен кыш.	—	—	7
Жаңы-Жол	3,5	68,1	—	68,1	Караван кыш.	—	—	12
Кара-Суу	2,92	202,8	20,7	187,1	Кара-Суу ш.	1	—	15
Лейлек	4,7	70,7	—	70,7	Исфана кыш.	1	—	8
Ленин	2,47	76,1	14,7	61,4	Ленин-Жол кыш.	—	1	8
Ноокат	4,4	138,2	2,4	135,8	Эски-Ноокат кыш.	—	1	12
Өзгөн	3,43	143,1	32	111,8	Өзгөн ш.	1	—	16
Совет	5,71	58,6	—	58,6	Кара-Кулжа кыш.	—	—	10
Сузак	2,8	139,4	—	139,4	Сузак кыш.	—	—	13
Фрунзе	6,14	105,9	25,7	80,2	Фрунзе кыш.	—	4	10
Чаткал	6,2	19,1	8,2	10,9	Камыш-Кыя кыш.	—	2	2

* 1987-ж. 1-ноябрдэ
** 1987-ж. 1-ноябрда
Үч кыш-ты камтыган Ак-Булак айыл совети Кызыл-Кыя шаар советине карайт.

р-ндору кирген. Эки обл-тын жалпы аянты 74774 км², калкы 674 364 адам болгон. Анын ичинен 108 007 адам шаарда ж-а жумушчу посёлкаларында жашаган (1939-ж. 17-январдагы эл каттоо б-ча). Улуу Ата Мек. согуш жылдарында админ.-аймактык башкаруунун р-ндук ж-а обл. системасы бир кыйла кеңейген. 1941—44-ж. Ош обл-нда Төлөйкөн ж-а Мырза-Аке, Жалал-Абад обл-нда Ачы р-ндору түзүлгөн. 1959-ж. чарбалык ж-а маданий курулушка жетекчиликти жакшыртуу, админ.-башкаруу чыгымдарын азайтуу максатында Жалал-Абад обл. Ош обл-на бириктирилген. Экономикалык жактан начар Чаткал, Үч-Терек, Төлөйкөн, Чоң-Алай р-ндору жоюлган. 1980-ж. Талас обл. түзүлгөндө Ош обл-нын аймагынын бир бөлүгү (Токтогул р-ну, Ала-Бука р-нунун бир бөлүгү, Кара-Көл ш.) анын карамагына берилген. 1984-ж. Талас обл-нын Чаткал р-ну Ош обл-на өткөн.

1987-ж. 1-январда Ош обл-нын аянты 65,6 миң км², калкы 1804,2 миң адам болгон. Областта 15 р-н, 9 шаар бар. Областка караштуу 7 шаар (Ош, Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Сүлүктү, Таш-Көмүр), р-ндорго караштуу 2 шаар (Кара-Суу, Өзгөн) болгон. Шаар тибиндеги 13 посёлка — Восточный (Сүлүктү шаар советине карайт), Көк-Таш (Майлы-Сай шаар совети), Кочкор-Ата (Ленин р-ну), Кызыл-Жар, Шамалды-Сай (Таш-Көмүр шаар совети), Найман (Ноокат р-ну), Сары-Таш (Алай р-ну, Совет, Фрунзе, Хайдаркен, Чабай (Фрунзе р-ну), Сумсар, Терек-Сай (Чаткал р-ну), 147 айыл советине караштуу 994 кыштак бар.

Д. Нурмаматов

ТАБИЯТЫ

Рельефи. Ош обл-нын аймагы Тянь-Шандын түш.-батыш чет-жакасын ж-а Памир-Алайдын түн.-чыгыш бөлүгүн ээлейт. Аларды Фергана өрөөнү бөлүп жатат. Рельефи өтө ар түрдүү. Областтын аймагы жайгашкан Фергана өрөөнүнүн чет-жакасы д. дең. 500—900 *м* бийиктикте жатат. Ал кичинеден бийиктеп тоо этегиндеги адырларга, андан ары орто бийик ж-а бийик (абсолюттук бийикт. 4000—5000 *мге* чейин) кырка тоолорго өтөт. Областтын чек арасы көбүнчө бул кырка тоолордун кырлары аркылуу кетет. Ош обл-нын түн. ж-а түн.-чыгыш бөлүгүндө Чаткал, Фергана, түш ж-а түш.-чыгышында Алай, Түркстан кырка тоолору жайгашкан. Алай ж-а Чоң-Алай кырка тоолорунун аралыгынан Алай өрөөнү, Чаткал ж-а Пскем кырка тоолорунун аралыгынан Чаткал, Чандалаш (Сандалаш) өрөөндөрү орун

су м-
терге,
феода
жалар
Жогор
болгон
мыкче
болуп
башка
гөн. А
дин б
турган
лайетт
мелери
Кырг-
Ички-
Тебе,
му), К
тоолор
фана, А
лайетте
дарынд
(азырк
9 бек
Булак-
рам, Н
4 сарке
Өзгөн)
өз бийл
чек а
азыркы
Таш-Ко
Коргон,
Чартак
дын аск
гон. Ро
кийин (
россиял
система
обл-ным
манган,
шулган)
Кокон, К
ган) уе
Лейлек
нын Хо
тар Түр
гуна кар
лунгөн.
система
делген
ылайык
иштерди
лаган өк
гизинен
уруу ба
ж-а обл-
лык адм
ган. Баш
колониял

алган. Областтын д. дең. эң бийик жери Памир тоо системасына кирген Чоң-Алай кырка тоосунда (Ленин атн. чоку, 7134 *м*; Корумдү чокусу, 6610 *м*). Алай өрөөнүнүн таманынан анын кыр зонасына чейинки салыштырмалуу бийик. 4000—4200 *м*, ал эми обл-тын эң жапыз жеринен эсептегенде 6600 *м*. Рельефине неотектоникалык кыймылдын натыйжасында пайда болгон тепмүнөздүү. Эң жог. ярусун неогентектоникалык кыймылга дуушарланган, палеозойдун чөкмө ж-а магма тектеринен турган сырткы кырка тоолор түзөт. Областтын түн. бөлүгүндөгү Чаткал кырка тоосу түн.-чыгыштан түш.-батышты карай 225 *км*ге созулуп, эң бийик жери (4503 *м*) Чанач ашуусунан чыгышыраакта жайгашкан. Кырка тоо түш.-батышты карай жапызданып, Чапчыма ашуусу туштa бийик. 3000 мге жетет. Капталдары асимметриялуу түзүлүштө; түн.-батыш капталы Фергана өрөөнү жактагы түш.-чыгыш бетине караганда эки эсе кыска. Түн. тарапта Чаткал кырка тоосуна жарыш Чандалаш (орт. бийикт. 3550 *м*) ж-а Пскем кырка тоолору (3950 *м*) жайгашкан. Фергана тоо тизмеги Ортоңку Нарын ж-а Фергана өрөөндөрүн бөлүп, түш.-чыгыштан түн.-батышты карай созулуп жатат. Түш.-чыгышында Алай тоо системасына кошулат. Ушул жерде Фергана тоо тизмегинин эң бийик чокусу (4940 *м*) жайгашкан; капталдары өрөөн, капчыгайлуу. Ортоңку бөлүгү 3000 мге чейин жапыздап, түн.-батышты карай кайрадан (3500—4000 мге чейин) бийиктей баштайт. Капталдары асимметриялуу түзүлүш-

Памир тоосундагы чоку.





Алай өрөөнү м-н Чоң-Алай кырка тоосу.

төө; Ички Тянь-Шань жактагы түн.-чыгыш бети тик, Фергана өрөөнүнө караган түш.-батыш капталы жантайыңкы. Ири тармактары: Ат-Ойнок, Исфан-Жайлоо, Бабаш-Ата ж. б. Областтын түш., түш.-батыш бөлүгүн Алай тоо системасы ээлейт. Анын Фергана өрөөнү тарапка караган түн. капталы жантайыңкы; узатасынан созулган бир нече тоо тармактарынан турат. Алай өрөөнү жактагы капталы салыштырмалуу кыска ж-а тик, татаал түзүлүштөгү ж-а терең тилмеленген Түркстан кырка тоосу Алай кырка тоосунун батыш уландысы болуп санылат. Эң бийик чокусу (5621 *м*) анын чыгыш бөлүгү — Матча тоо тоомунун аймагында жайгашкан. Кырка тоо бат тышты карай жапыздайт. Чоң-Алай кырка тоосу чыгыштан батышты карай 250 *км*ге созулуп жатат. Анын түн. капталында ири мөңгүлөр жайгашып, көптөгөн суулар агып түшөт. Бийик кырка тоолордун баарына тең рельефтин өтө тилмеленген алып формалары — шуштугуй чокулар, терең капчыгайлар, б. ж-а азыркы мөңгүлөрдүн издери калган жерлер мүнөздүү.

Негизги кырка тоолордун 1200 мден 2000—2500 мге чейинки бийиктиктеги тармактары (орто бийик тоолордун ж-а жапыз бөксө тоолордун зонасы) рельефтин ортоңку ярусун түзөт. Алар жайжүргөн тектоникалык процесстерден улам пайда болуп, негизинен мезозой тоо тектеринен турат. Бирок, алардын бийик бөлүктөрүндө, о. эле Фергана ойдуңунун түш. чет-жакаларынын айрым жерлеринде палеозой тоо тектери жер бетине чыгып жатат (Чил-Майрам, Чил-Устун, Сулайман тоосу ж. б.). Бул зонанын рельефи бир кылка. Төм. ярусту Фергана өрөөнүнүн четжакаларындагы түздүктөр, тоо этегиндеги шиленди конустар, аллювий-пролювий түздүктөрү, суу өрөөндөрү ж-а

ФИЗИКАЛЫК КАРТА


КАЗАК ССРи РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР
ЧЫМКЕНТ ОБЛАСТЫ
ТАШКЕН
НАМАНГАН
АНЖИЯН
ОШ
ЛЕНИНАБАД
ФЕРГАНА
ТООЛУУ-БАДАКШАН АОсу
Ак-Суу-Жабаглы коругу
Ленгер
Ленин
Газалкент
Чарбак суу с.
Чаткал тоо-токой коругу
Терек-Сай
Караван
Сумсар
Таш-Көмүр
Кок-Таш
Кок-Жангак
Жалал-Абад
Кара-Дарыя
Анжиян суу с.
Кара-Суу
Ленинск
Кара-Суу
Ноокат
Эски-Ноокат
Ак-Буура зоологиялык заказниги
Кара-Кол
Токтогул
Токтогул суу с.
Кок-Ирим
Фергана
Кызыл-Туу
Сары-Челек биосфера коругу
Кызыл-Ункур
Кара-Сай суу с.
Чаткал
Пскем
Келес
Чирчык
Ангрен
Алмалык
Шайдан
Бостон
Сыр-Дарыя
Кокон
Кайрак-Кум суу с.
Канибадам
Исфара
Баткен
Фрунзе
Сулукту
Хайдаркен
Риштан
Янган
Наукат
Керки-Дөң суу с.
Найман суу
Язъяван
Денисск
Аксы
Гульча
Сары-Таш
Кара-Кабак
Кызыл-Агын
Карамык
Аскады чокусу 5509
Заравшан кырка тоосу
Туркстан кырка тоосу
Чаткал кырка тоосу
Пскем кырка тоосу
Ат-Ойнок кырка тоосу
Кичи-Алай кырка тоосу
Нукуштан чокусу 4251
4299
4238
3769
5051
7134 Ленин атн. чоку
р 4280
4691
Жергетал
Сурхоб
Кайрагач
Кара-Дарыя
Жазы мамлекеттик аңчылык заказниги
Гульча мамлекеттик зоологиялык заказниги
Чычкан мамлекеттик зоологиялык заказниги
Ат-Ойнок мамлекеттик зоологиялык заказниги
Чаткал мамлекеттик зоологиялык заказниги
Нарын
Сыр-Дарыя
Ферганский канал
Чирчык
Чаткал
Кара-Дарыя
Кара-Суу
Кара-Дарыя
Кара-Суу
Кара-Дарыя
Кара-Суу

ФИЗИКАЛЫК КАРТА


КАЗАК ССРи
РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР
ЧЫМКЕНТ ОБЛАСТЫ
ТАШКЕН
НАМАНГАН
АНЖИЯН
ОШ
ФЕРГАНА
ЛЕНИНАБАД
Сыр-Дарья областы
Ферганская
Ташкентская
Наманганская
Андижанская
Ошская
Ферганская
Ферганская
Ферган


ОШ ОБЛАСТЫ САЯСИЙ-АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК КАРТА
КАЛКТУУ ПУНКТТАР:
АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК МААНИСИ БОЮНЧА
Областын борбору
Райондун борбору
Айыл-кыштактар
КАЛКТЫН САНЫ БОЮНЧА
ОШ 100 000 ден көп
Жалал-Абад 50 000 ден 100 000 ге чейин
Кок-Жангак 10 000 ден 50 000 ге чейин
Чабай 10 000 ден аз
шаар тибиндеги поселкалар
Араван 10 000 ден 50 000 ге чейин
Эркеч-Там 10 000 ден аз
Айыл-кыштактар
Эскертүү: Борборунун атына уйкаш администрациялык бөлүнүштөрдүн аттары картада көрсөтүлгөн жок
ЧЕК АРАЛАР:
мамлекеттин
союздук республикалардын
областардын
автономия областтардын
райондордун
ЖОЛ КАТНАШЫ
Темир жолдор
Автомобиль жолдору
КАЗАК ССРи
ЧЫМКЕНТ ОБЛАСТЫ
ТАШКЕН ОБЛАСТЫ
РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТООЛУУ-БАДАКШАН АОсу
ЛЕНИНАБАД ОБЛАСТЫ
ЛЕНИНАБАД ОБЛАСТЫ
ТАЖИК ССРи
Токтогул
Кара-Көл
Таш-Көмүр
Майлы-Сай
Кок-Жангак
Жалал-Абад
Кара-Суу
Өзгөн
ОШ
Кызыл-Кыя
Кара-Дарыя
Сыр-Дарыя
Нарын
Кызыл-Суу
Сары-Таш
Кара-Кабак
Сулукту
Восточный
Исфана
Хайдаркен
Фрунзе
Совет
Риштан
Ферганa
Маргалан
Кокон
Наманган
Пап
Кара-Суу
Кара-Кулжа
Сары-Булак
Кошулуш
Кичи-Каракол
Сопу-Коргон
Кожо-Келен
Сары-Могол
Талды-Суу
Кара-Кабак
Дароот-Коргон
Карамык
Кашат
Жайылган
Жергетал
Палал-Ооз
Баткен
Шорсу
Яйнан
Новбахор
Чуст
Тере-Коргон
Уч-Коргон
Касан-Сай
Ала-Бука
Терек-Сай
Кызыл-Жар
Шамалды-Сай
Кызыл-Туу
Жаңы-Жол
Кара-Суу
Ахунбабаев
Коргон-Дебе
Кожабад
Ленинск
Шахрихан
Таштак
Кува
Хамза
Алты-Арык
Кувасай
Чабай
Кызыл-Кыя
Эски-Ноокат
Кызыл-Ой
Чаек
Тунук
Казарман
Миң-Куш
Кызыл-Ункур
Кара-Март
Кара-Алма
Когарт
Ор-Кызган
Октябрдын 15 жылдыгы
Кара-Кулжа
Сары-Бөө
Ой-Тал
Гулчо
Кара-Кабак
Кызыл-Азын
Кызыл-Суу
Улуу-Чат
Кызыл-Кыя шаар советине караштуу аймак
1 Ленинабад областы
2 Сыр-Дарыя областы
3 Ташкен областы
МАСШТАБЫ 1:2 000 000



Негизги кырка тоолордун морфометриялык мүнөздөмөсү

Кырка тоолор	Уз., км	Эң жазы жери, км	Эң бийик чокусу, м	Орт. бийикт., м
Фергана	206	62	4893	3600
Ат-Ойнок	70	16	3896	3200
Бабаш-Ата	54	8	4497	3500
Чаткал	165	30	4503	3800
Чандалаш (Сандалаш)	72	10	4114	3500
Пскем	70	20	4395	3900
Алай	350	20	5539	4400
Алайкуу	100	15	4754	4200
Кичи-Алай	78	20	4933	4600
Коллектор	55	15	5259	4400
Түркстан	300	30	5509	4400
Чоң-Алай	250	40	7134	5560

Тоо аралык нег. өрөөндөрдүн морфометриялык мүнөздөмөсү

Өрөөндөр	Уз., км	Эң жазы жери, м	Таманынын абсолюттук бийикт., м
Алай	175	25	2200—3500
Чаткал	120	15	900—2500
Көгарт	90	12	700—2000
Алайкуу	75	15	1900—3000
Ноокат	45	12	1200—1700
Исфара-Исфана	120	26	900—1600
Баткен	60	24	900—1500
Ала-Бука — Касан-Сай	50	30	1000—1400

тектирлери, мезозой-кайнозой моласса-ларынан турган адырлар (абсолюттук бийикт. 1000—1200 *м*ге жетет) түзөт. да Көгарт, Кызыл-Үңкүр, Ала-Бука — Касан-Сай, Ноокат, Караван — Көк-Жар, Охна, Хайдаркен, Баткен ж. б. чакан өрөөндөр бар. Фергана өрөөнүнөн обочороок Алай ж-а Чаткал өрөөндөрү жайгашкан. Ош обл-нын орографиялык башка аймактары (өрөөн, түздүк, ой-дуң, кырка тоо, мөңгү, суу, көл ж. б.) ж-дөгү маалыматтарды китептин алфавиттик бөлүгүнөн табууга болот.

А. Осмонов

Геологиялык түзүлүшү. Ош обл. ээлеген жер Чаткал ж-а Алай болуп, 2 геология-структуралык аймакка бөлүнөт. Чаткал аймагында жаткан тоо тектердин эң асты алгачкы протерозой-го таандык гнейс, сланец, амфиболит ж-а мрамор тектеринен турат. Үстүндө рифейдин стратиграфиялык ирети бузулган порфироид комплекси, венддин тиллит сымал конгломераты, сланец ж-а кумдук тектери жатат. Алардын үстүндө төм. палеозойдун калыңдыгы 4000 *м*ге жеткен чөкмө тектери жатат. Кембрий-ордовик тоо тек катмарларынын калыңдыгы 1000—1500 *м* келип, көмүртек - кремнийлүү, чополуу сланецтерден, акиташ тегинен турат. Ортоңку ж-а үстүңкү ордовик тоо тектери кумдук-сланецтерден түзүлүп, алардын арасында диабаз, андезит ж-а алардын туфтары бар. Алгачкы силур тоо тектери калың терриген катмарынан туруп, анда акиташ тегинин линзалары, андезит, диабаз порфириттеринин жука катмарлары кезигет. Астыңкы-ортоңку девонго андезит, дацит, липарит, жегичтүү базальтоиддер таандык. Бул аймакка ортоңку-үстүңкү девондун калыңдыгы 2000 *м*ге жеткен, континент шартында пайда болгон кызыл түстүү тоо тектер мүнөздүү. Анын үстүндө ыраттуу түрдө девондун фамен ярусу ж-а төм. карбондун калың карбонат катмары жатып, анын ар кайсы жеринде башкырт ярусунун астыңкы бөлүгүнө тиешелүү тоо тектер кезигет. Бул катмардын калыңдыгы 3000—4000 *м*. Үстүңкү палеозойго соңку герциндеги ийилүүдө топтолгон моласса катмары — флиш мүнөздүү. Касан блогу шарттуу түрдө төм. протерозойго таандык (Семиз-Сай, Терек свиталары) амфиболит, метадиабаз, слюдалуу сланец, мрамор тоо тектери м-н түптөлгөн. Алардын үстүндө ортоңку ордовиктин стратиграфиялык ирети бузулган бозомтук-жашыл ж-а күрөң кумдуктары, арасында порфириттин сейрек катмарчалары бар алевролит жатат. Төм. силурдун кумдук, сланецтен турган катмарында акиташ теги м-н эффузивдердин катмарчалары бар. Бул катмарды төм.-ортоңку девондун андезит-дацит, трахит-андезит, туф кумдуктары жаап жатат. Живет ярусу үстүңкү девондун чөкмө тоо тектери (геологиялык жашы Түлкү-Баш свитасына туура келет) трансгрессиялуу жатып, негизинен түрдүү түстүү терриген-карбонат тектеринен турат да, анда стратиформдук полиметалл кендери бар. Төм. карбон толугу м-н карбонат тоо тектеринен турат. Үстүңкү палеозой калыңдыгы 500 *м*ге жеткен терриген тоо тектеринен түзүлүп, арасында пироклас ж-а эффузив тоо тектери кезигет. Бул катмарлардын геологиялык жашы ортоңку карбондон



Кара-Жыгач «мамы» аскасы.

соңку пермь — алгачкы триаска чейинки мезгилге туура келет. Сайдын өрөөнүндө пермде пайда болгон жанар тоо катмары терриген тоо тектери м-н алмашат. Чаткалда интрузия тоо тектери чанда кездешет. Үстүңкү рифей м-н вендге серпентинит, диорит ж-а габбро-диориттердин чакан массивдери таандык. Чаткал м-н Касан блогунун чегиндеги тектоникалык таалл зонага жакын жаткан зексай комплексинин гранитоид массиви вендде пайда болгон деп божомолдонот. Герцин интрузиясы өтө ар түрдүү. Алардын ичинде эң көп тараганы ортоңку-соңку карбон м-н пермь мезгилдеринин гранит, гранит-диорит, сиенит, сиенит-диорит массивдери. Диорит ж-а габбро азыраак кездешет. Чаткал аймагында бүктөлүү структуралары негизинен түн.-чыгыш тарапка созулуп жатат. Чаткал аймагынын нег. геологиялык структурасы болуп Сандалаш (Чандалаш) ж-а Афлатун синклинорийлери эсептелет. Антиклинорийдин төбөсүндө ж-а анын кырынын түш.-батышка кескин чөккөн жеринде аймактагы интрузиянын көбү жайгашкан. Афлатун синклинорийи Чаткал кырка тоосунун көп бөлүгүн ээлейт. Анын эң ийилген жери төм. карбондун акиташ тегинен турат. Синклинорийдин түш.-чыгыш капталын түлкү баш свитасынын кумдуу түзүп, ал Касан блогунун өзүнө жашташ түрдүү түстүү тоо тектери м-н чектеш жатат. Аларды Ат-Ойнок тектоникалык жаракасы бөлүп турат. Синклинорий түш.-батышта Кара-Терек көтөрүлүүсү м-н чектешет. Касандын мезозойго чейинки структурасында алгачкы ж-а соңку герцин структуралары айкын айырмаланат. Алгачкы герцин структуралары негизинен субмеридиан багытына созулуп, буга эң мүнөздүүсү Чоң-Терек антиклиналы болуп эсептелет. Көптөгөн анча чоң эмес грабен-синклиналь ж-а горст-антиклиналдар бар. Бул типтеги структуралардын ичинен эң мүнөздүүсү — Касан грабен-синклиналы.

Ат-Ойнок, Бабаш-Ата ж-а Түркстан-Алай кырка тоолорун түзгөн герцин бүктөлүү системалары Чаткал аймагынан Кара-Суу ж-а Түш. Фергана тектоникалык жаракаларын ичине камтыган терең жаракалар системасы аркылуу бөлүнүп турат. Чаткал м-н Алай кырка тоолорунун аралыгындагы Фергана депрессиясынын мезозой-кайнозойдо пайда болуп, калың катмарды түзгөн чөкмө тоо тектеринин астында катуу массивдин калдыгы бар деп божомолдонот. Герциниддер түш.-чыгышта КЭРдин аймагына чейин созулуп, мында байыркы Тарим платформасы м-н чектешет. Четки түш-тө Кичи-Алай (Дарваз-Кара-Көл) тектоникалык жаракалар системасы аркылуу Түн. Памир структуралары м-н чектешет.

Алай аймагынын геологиялык түзүлүшүндө башкы орунду ортоңку ж-а соңку палеозойго тиешелүү чөкмө, жанар тоо тектеринин катмарлары ээлейт. Герцин бүктөлүү комплексинин негизин түзгөн алгачкы палеозой ж-а кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон тоо тектер туташ жатпай ар кайсы жерде чакан топтол-

Папан капчыгайы.



гон. Алайда протерозой тоо тек катмарларына кан сериясы шарттуу киргизилет. Анын составында ар түрдүү деңгээлде метаморфизмделген жанар тоо тектүү жашыл сланецтер, эпидот-хлориттүү, кварц-хлориттүү, серицит ж-а кремнийлүү сланецтер бар. Төм. палеозойдун чөкмө тектери Алайдын түн. жак этегинде ж-а чыгыш Алайда гана чакан аянттарда жер бетине чыгып жатат. Бул чөкмө тоо тектер көбүнчө акиташ тегинен, кремний тектеринен, чополуу ж-а кремнийчополуу сланецтерден, кумдуктардан туруп, аларда кембрий м-н ордовикке тиешелүү организм калдыктары, сейрек порфирит катмарчалары кезигет. Улуу-Тоо аймагында спилит-каратофир формациясынын эффузивдеринин калың катмары жатат. Мында линза ж-а катмарча түрүндө доломит, көмүртек-кремнийлүү акиташ теги, чопо-кремнийлүү сланец, кумдуктар бар. Бул катмарчаларда төм. ж-а ортоңку кембрийге тиешелүү археоциат м-н трилобиттер табылган. Силур тоо тектери негизинен сланец, алевролит, кумдук катмарлардан туруп, калыңдыгы 1500 *м*ден 3000 *м*ге жетет (эң калың жери Бабаш-Ата аймагында). Бул тоо тектердин үстүңкү бөлүгүндө акиташ теги кезигип, анда үстүңкү силур — төм. девонго (Матча свитасы) тиешелүү байыркы жандыктын ташка айланган калдыктары табылган. Бул катмардын калыңдыгы бир нече жүздөн 1000 *м*ге чейин. Силурдун аягы — девондун башында седиментация бассейнинде дифферёнциация жүрүп, анча чоң эмес көтөрүлүүлөр ж-а ойдундар пайда болуп, анда девон м-н алгачкы-ортоңку карбон мезгилинде түрдүү чөкмө тоо тектер пайда болгон. Алай-Түркстанда девон м-н алгачкы-ортоңку карбондо пайда болгон тоо тек катмарларынын нег. типтери: жанар тоо-чөкмө, терриген ж-а акиташ-доломит тектери. Жанар тоо тектүү катмарды негиздүү эффузив, туф, арасында акиташ тегинин сейрек линзалары бар кремнийлүү тоо тектер түзүп, калыңдыгы 2000—3000 *м*ге жетет. Бул тоо тектер бүктөлүү зоналарынын борб. бөлүктөрүндө кезигип, аларга чектеш акиташ теги, андан кийин терриген тоо тектери жатат. Ал эми алардын чет-жакаларын акиташ теги-доломит катмары ээлейт. Карбонат тоо тектеринин катмары ортоңку карбонго чейин пайда болгон; калыңдыгы 1500—2000 *м*ге жетет.



Чаткал өрөөнү.

Терриген тоо тектери жука катмарды түзүп, калыңдыгы ондогон метрден бир нече жүз метрге, эң калың жеринде 800 *м*ге жетет.

Фергана тоо тизмегинин герциниддери түзүлүш өзгөчөлүктөрү б-ча Түркстан-Алайдын герциниддерине окшош келет. Айырмасы — Түркстан-Алайда жанар тоо тектүү ж-а карбонаттуу тоо тек катмарлары дээрлик аралашпай, бири биринен так айырмаланып жатат. Фергана тоо тизмегинде болсо, акиташ теги м-н эффузив катмарлары аралаш жаткан жерлер көп кезигет. Бабаш-Ата тоосунда бир кыйла чоң аймактарды ээлеп гипербазит м-н Майлы-Суу свитасынын жашыл түстүү тоо тектери жатат. Аларды стратиграфиялык коошпостук м-н силур — ортоңку девондун терриген свитасы жаап жатат. Алай-Түркстандын үстүңкү палеозой чөкмөлөрү негизинен терригендүү составда. Алар ортоңку — соңку карбон, кээ бир жерде алгачкы пермь мезгилинде герциниддердин орогендик өнүгүү учурунда пайда болгон моласса чөгүндүлөрү — флиштен турат. Калыңдыгы бир нече миң метрге жетет. Интрузия тоо тектери Алайда анча көп эмес. Ультранегиздүү тоо тектер жанар тоо тектүү катмарда, кээде девон — астыңкы карбон чөкмө тоо тектеринде кезигет. Девон эффузивдеринде пикрит, диабаз, габрро-диабаздардын силл, дайка, чакан штоктору бар. Түркстан-Алайдын гранитоиддери субкендик багытта созулуп жаткан нег. структураларды кыйгач (түн.-батыш багытка) кескин интрузия алкагын түзүп жатат. Гранитоиддердин пайда болуусу ортоңку-соңку карбондо башталып, пермь мезгилинин башында (Кичи-Алай, Ак-Дөбө, Сары-Могол ж. б. массивдер) аяктаган. Интрузия пайда болуу процесси жегичтүү тоо тектерден

(сиенит, жегичтүү сиенит, нефелиндүү сиенит ж. б.) турган көп фазалуу плутондордун жиреп чыгуусу (пермь-триаста) м-н биротоло аяктаган. Бабаш-Ата аймагында гранит составындагы интрузияның өтө аз болушу, серпентинит протрузияларынын көптүгү ж-а геофизикалык изилдөөлөрдүн маалыматтарына караганда геосинклиналдык катмарлардын астында меланократтуу тектерден турган негиз жатат деп божомолдонот. Алай-Түркстанда ортоңку палеозойдогу тектоникалык ургаал кыймылдын нег. этабы башкырт кылымынын 2-жарымы ж-а москва кылымынын 1-жарымына туура келет. Ал адегенде Фергана-Какшаал аймагында пайда болуп, анан ыраатуу түрдө Түркстан-Алайга тараган. Бул учурда нег. бүктөлүү структуралары түзүлүп, ири структуралык формалар — инверсиялык көтөрүлүүлөр пайда болгон. Алайдык ийилүүлөр пайда болгон. Алай-Түркстан — негизинен узатасынан созулуп жаткан структура, ага татаал үстүнө жылышуу тектоникалык түзүлүшү мүнөздүү. Түркстан-Алай структурасы жалпысынан субкендик багытта созулуп, аймактын чыгыш болүгүндө гана түн. ж-а түн.-чыгыш тарапка бурулат. Четки чыгышында герцин структуралары томпок жагы түн-кө багытталган Чыгыш-Алай догосун пайда кылат. Түркстан-Алай ж-а Фергана кырка тоосунун герцин бүктөлүү комплекстеринин түздөн түз кошулуп жаткан жерин Тар суусунун өндүрүндө байкоого болот. Бул жерде Чыгыш-Алай догосун түзгөн катмарлар Жазы бүктөлүү аймагынын башка багытта бүктөлгөн ж-а формациялык жактан кескин айырмаланган тоо тек катмарларынын үстүнө жылышып барып жаап калган. Субмеридиан багытындагы Чыгыш-Алай структурасы түш. жагында Алай өрөөнүнүн бир кыйла кийин пайда болгон чөгүндүлөрү м-н жабылып калган тектоникалык жаракалар м-н кесилет.

Фергана тоо системасында палеозой структуралары Талас-Фергана тектоникалык жаракасынын таасиринен түн.-батышка бурулуп, ал эми Бабаш-Ата ж-а Ат-Ойнок аймактарында негизинен субкендик багытта созулат. Структурада негизинен ортоңку палеозойдун тектеринен турган антиклинорий көтөрүлүүлөрү ж-а ядросу соңку палеозойдун терриген катмарларынан түзүлгөн синклинорий ийилүүлөрү байкалат. Түн.-чыгышта Майлы-Суу, Көгарт, Жазы төмөн ийилүүлөрү ж-а Бабаш-Ата көтөрүлүүсү орун алган. Бабаш-Ата аймагында эвгеосинклиналдык бүктөлүү комплекси тектоникалык жаракалар аркылуу Жазы аймагында миогеосинклиналдык терриген катмарларынын үстүнө жылган. Бул эки аймактын структураларынын чектеш жериндеги (Көгарт суусунун жог. агымы м-н Жазы суусунун оң куймаларын камтыган аймакта) кенен тилкеде бүктөлүүлөр түш. ж-а түш.-чыгыш тарапка жантайып калган.

Түркстан-Алай аймагында түн-төн түш-ту карай Кара-Чатыр синклинорийи, Алайдын этек жагындагы антиклинорий көтөрүлүүсү. Сүрмө-Таш синклинорийи, Алай көтөрүлүү зонасы ж-а татаал түзүлүштүү Чыгыш-Алай зонасы орун алган. Негизинен ортоңку палеозойдо түзүлгөн антиклинорийлерде тектоникалык (жылышуу) структуралар көп. Айрым тектоникалык жаракалар б-ча тоо тектер 16 *км*ден ашык жерге жылып келип, башка тоо



Кыргыз Ата жайлоосу.



Арстанбап. Кичи шаркыратма.

тектерди жаап калган (Тегирмеч жапмасы). Тоо тектердин жаракалар б-ча жылышуусу бүктөлүү стадиясына чейин болуп өткөн. Соңку москва ороген этабында жапма тектер бүктөлүүлөргө дуушар болгон. Ушунун натыйжасында антиклинорийлердин канаттарында силур-девондун жылып келип жаап калган терриген чөкмөлөрү (Каузан ж-а Андыген — Кичи-Алай антиклинорийлери), ал эми ядролорунда кийин пайда болгон (карбон мезгилинде) акиташ теги-доломит катмарлары жатат. Антиклиналдардын канаттары тектоникалык татаал түзүлүштөрдөн турат. Соңку палеозойдо, б. а. кийин пайда болгон структуралардын түзүлүшү жөнөкөйүрөөк келет. Алардын ичинен өзгөчө орунду соңку герциндик Кичи-Алай бүктөлүү комплекси ээлейт. Анын түзүлүшүндө эффузив тоо тегинин калың катмары м-н терриген чөкмөлөрү басымдуу.

Жанар тоо-чөкмө тоо тектердин геологиялык жашы алгачкы карбондун турней ярусунан тартып, соңку триаска чейинки мезгилди камтыйт. Алардын жалпы калыңдыгы бир нече *км*ге жетет.

Томпок жагы түн-кө караган дого сымал структураны түзгөн Түн. Памир бүктөлүү системасы ага карама-каршы багытта ийилип жаткан Түш. Тянь-Шань герциниддеринен кескин өзгөчөлөнөт. Бул системалардын бир-бирине эң жакын жайгашкан жери Алай өрөөнүндө. Памир догосу жеке эле Тажик массивин эмес, о. эле Түш. Тянь-Шань структураларын да жаап жатат деп божомолдонот. Түн. Памир бүктөлүүнүн көптөгөн стадиясын басып өткөндөгү өнүгүүсүнүн татаалдыгы, м-н айырмаланат. Эң ургаал бүктөлүүлөр алгачкы ж-а ортоңку карбондун, алгачкы ж-а соңку пермдин аралыктарында, мезозойдо, плиоцен-антропоген мезгилдеринде болуп өткөн. Түн. Памир бүктөлүү системасынын түн. чеги Вахш тектоникалык жылышуусу деп эсептелинет. Түш. чеги болсо Тажикстанда жайгашкан. Пермь мезгилинин орто ченинде Түн. Памирде ургаал кыймыл токтогон. Ушул убактан тартып Тянь-Шань өтө кең аймакты ээлеген Урал-Сибирь эпигерцин платформасына кирет. Платформадагы кыймыл олигоценге чейин болуп, ал кийин эпиплатформалык орогенез режими м-н алмашкан. Триастын аягы — юранын башында өкүм сүргөн түзөң

ОШСКАЯ ОБЛ. СТАНЦИЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ. № 391406

аймактардын дифференциациясы кеңири аянтты ээлеген айдөөш көтөрүлүүлөр м-н оёң жерлердин пайда болушуна алып келген. Оёң жерлер болсо андан аркы тектоникалык өнүгүүдө өзүнчө тоо аралык ойдуңдарга айланган. Алардын ичинен эң ириси — Фергана. Юра мезгилинде пайда болгон чым көң кийин таш көмүрго айланган. Юра тоо тектеринин калыңдыгы бир нече жүз метрден 5000 *м*ге чейин жетет. Бор мезгилинде пайда болгон тоо тектер негизинен эпиконтиненттик түркүн түстүү терриген чөкмөлөрүнөн турат. Үстүңкү бордун чөкмөлөрүндө акиташ тегинин катмарлары бар. Бор мезгилинде пайда болгон тоо тектердин калыңдыгы 500 *м*ден ашпайт. Кичи Алай кырка тоосунда гана түркүн түстүү континенттик-деңиздик чөкмөлөрдүн калыңдыгы 5000 *м*ге жетет.

Бул жерде юрадан тартып эоценге чейинки чөкмө тоо тектердин жалпы калыңдыгы 7000 *м*ди түзөт. Кыймылдагы платформаны жаап жаткан тоо тек катмарларынын эң үстүндө эпиконтиненттик тайыз деңиз шартында пайда болгон кызыл түстүү терриген-гипс-акиташ тектери жатат. Мындай тоо тектер негизинен Фергана ойдуңунун четжакаларында жайгашып, калыңдыгы 200 *м*ге жетет. Олигоценде башталган орогенез рельефте кескин айырмаланган кырка тоолорду (көтөрүлүүлөрдү) ж-а төмөн ийилүүлөрдү (ойдуңдарды) пайда кылып, алардын ортосундагы амплитуда кээде 10 *км*ге жеткен. Ойдуңдарда континенттик калың молассалар (1000—3000 *м*ге чейин) пайда болгон. Плиоцендин аягы — төртүнчүлүк мезгилдин башында ургаал тектоникалык кыймыл уланып, мо-

Чаткал суусу. Беш-Арал коругу туш.



ласса комплекси ж-а азыркы рельефтин негизи пайда болгон. Төртүнчүлүк мезгилде пайда болгон чөкмөлөр суу өзөндөрүндө, тоо капталдарында кезигет.

Тянь-Шанда азыркы учурда ургаал кыймыл жүрүп жатат. Ал сейсмдик активдүүлүктөн (жер титирөөлөрдөн) ж-а сейсмдик дислокациялардын пайда болушунан көрүнөт.

Гидрогеологиялык шарты. Кырка тоолордо жер астындагы суунун пайда болуу шарты обл-тын башка аймактарынан өзгөчөлөнүп турат. Мында жер астындагы суу жаракалуу зонада (100—150 *м* терендикке чейин), тектоникалык кыймылдан майдаланып талкаланган тоо тек арасында, ири жаракаларда чогулат. Тоолордогу мындай өзгөчөлүк жер астындагы суунун текши эмес ж-а аз чогулушуна алып келет. Мындагы суу тузсуз болуп, тоо аймактарын суу м-н толук камсыз кыла алат. Бир кыйла кийин мезозой-кайнозойдо пайда болгон тоо тектер жаткан тоо этектеринде, адырларда суу топтолуучу горизонттор орун алган. Мында суу кумдук, алевролит, конгломерат катмарларында топтолуп, бирок аларда суунун молдуулугу көп анча эмес. Бургулоо көзөнөгүнөн суунун чыгышы 2—3 *л/сек*дан ашпайт. Химиялык составы м-н минералдашуусу өтө ар түрдүү. Кургак калдык 1—10 *г/л*ге чейин өзгөрөт, химиялык тиби — сульфат-хлорид-кальцийлүү. Тоо этегинин жер астындагы суусу да жайытты ж-а айыл-кыштактарды суу м-н камсыз кылууга пайдаланылат.

Жер астындагы суунун эң көп запасы тоо аралык ойдуңдарда топтолгон. Ойдуңдар мындан 20 млн жыл мурда жер бетинин ылдый ийилген жерлеринде пайда болуп, дарыя чөкмөлөрү м-н толгон. Ал чөкмөлөр негизинен шагыл ж-а кой таш-шагылдан туруп, алардын арасында кум, кум топурак кезигет, калыңдыгы 2—8 *м* келген кум-топурак катмарлары да учурайт. Шагыл катмарынын калыңдыгы 20—100 *м*. Антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң тоо тектердин жалпы калыңдыгы 500 *м*ге жетет. Жер астындагы суу негизинен жаан-чачын ж-а дарыя суусунун сарыгуусунан толукталып, тоо тараптан келген жер астындагы суу анын 3—5%ин гана түзөт. Ойдуңдардагы жер астындагы суу ичүүгө жарамдуу (минералдашуусу өтө сейрек учурда гана 1 *г*/лден



Абшыр-Ата шаркыратмасы.

ашат), химиялык тиби — гидрокарбонат-кальцийлүү. Ош обл-ндагы тоо аралык ойдуңдар жакшы өздөштүрүлгөн. Айыл-кыш-дын басымдуу көбү ал ойдуңдардан орун алып, сугат жер өтө көп. Ушундан улам жер астындагы суу ургаал керектелет. Ош обл-нын аймагында 13 ойдуң бар, алардагы жер астындагы сууну келечекте эл чарбасында керектөөгө болот. Алардагы суунун жалпы запасы жыл бою чыгымдоо режиминде 1916,4 миң $м^3$/сутканы түзөт. Ош обл-нда вегетация мезгилинде 26,13 $м^3/сек$ суу берүүчү 1518 бургулоо көзөнөгү иштетилген (1985). Шаарлар ж-а р-ндун борборлорун суу м-н камсыз кылууда жалпы дебити 3,28 $м^3/сек$ келген 219 бургулоо көзөнөгү, ө. ж. үчүн 142 бургулоо көзөнөгү (1,37 $м^3/сек$ суу алынат) пайдаланылган. Айыл чарба муктаждыгын камсыз кылууда 1148 (21,46 $м^3/сек$), а. и. сугатка 716 (18,87 $м^3/сек$), айыл-кыш-ды суу м-н камсыз кылууга 197 (1,82 $м^3/сек$), жайытты, мал чарба комплекстери м-н фермаларды суу м-н камсыз кылууга 235 (0,77 $м^3/сек$) бургулоо көзөнөгү пайдаланылган. Дарылануу максаты ж-а бөтөлкөлөргө куюп соода мекемелерине чыгаруу үчүн Жалал-

Абад, Кара-Шоро минералдуу сууларында суу өзү агып чыкма 9 бургулоо көзөнөгү (жалпы чыгымы 17,4 *л/сек*) иштейт.

Кен байлыктары. Сымап, сурьма, таш көмүр, курулуш материалдар кендери, жер астындагы тузсуз таза суу ж-а минералдуу жылуу суулар чоң мааниге ээ. Мындан тышкары обл-тын аймагында коргошун, калай, вольфрам, мышьяк ж. б. металлдардын чакан кендери бар. Булар гранитоид массивдери м-н байланыштуу болуп, скарн катмарларында, гидротермдик ж-а пегматит тулкуларында жайгашкан. Сымап м-н сурьма кендери кварцтуу-флюориттүү гидротермдик метасоматоз м-н байланыштуу. Тоо аралык ойдуңдардагы мезозой тоо тектеринде юранын таш көмүр, бор м-н палеоген мезгилдеринде пайда болгон нефть ж-а газ кендери бар. Областта 1985-ж. 1-январга чейин 100дөй кен чалгындалып, мамл. баланска өткөн. Алар — түрдүү руда сырьёлору, таш көмүр, гипс, таш туз, цемент сырьёсу, каптооч кооз таш, түрдүү курулуш материалдар (карапалык чопо, кум-шагыл материалы, курулуш акиташ теги, силикат куму, керамзит м-н аглопорит алынуучу сырьё) кендери ж-а жер астындагы суу, минералдуу жылуу булактар. Булардан 35 кен казып алынып жатат, а. и. 6 көмүр кени (Көк-Жаңгак, Нарын, Тегене, Кызыл-Кыя, Алмалык, Сүлүктү), 1 гипс (Чаңгыр-Таш), 2 озокерит (Майлы-Сай, Риштан), 1 каптооч кооз таш (Сары-Таш), 6 карапалык чопо (Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Төлөйкөн, Ош VII, Кызыл-Сай, Көк-Жаңгак), 2 кум-шагыл материалдар (Катта-Каз, Түштүк калаа), 1 силикат кумунун (Сары-Булак) кендери бар. Жер астындагы суулардын бардыгы, а. и. 2 дарылык минералдуу суу (Жалал-Абад, Кара-Шоро) ж-а 13 тузсуз таза суу (ичүү, чарбалык, өндүрүштүк-тех. муктаждыктарга, сугатка) пайдаланылат.

Таш көмүр кендерин «Орто Азия көмүр» өндүрүш бирикмеси, таш тузду Кыргыз ССР жерг. өнөр жай мин-восу, гипс, каптооч кооз таш ж. б. курулуш материалдарын Кыргыз ССР курулуш материалдар ө. ж. мин-восу м-н «Кыргыз колхоз курулуш» өндүрүш бирикмеси, нефть м-н газды «Кыргызнефть» өндүрүш бирикмеси, сымап-сурьманы Хайдаркен ж-а Кадамжай комбинаттары казып алат. Жер астындагы сууну а. ч. ирригация ишканалары, о. эле

жеңил ө. ж., турак жай-коммуналык чарба ж-а саламаттык сактоо мин-волорунун ишканалары бургулап чыгарат. О. эле к. айрым кендер ж-дөгү макалаларды.

К. Осмонбетов

Климаты. Ош обл-нын аймагы субтропик алкагында, океан деңиздерден алыс, ири чөлдөргө чектеш жаткандыктан климаты континенттик, кургакчыл; жыл мезгилдери кескин айырмаланып турат. Гипсотермиялык бийик абалы булуттуулукка ж-а жаан-чачынга, темп-ранын жылдык ж-а суткалык өзгөрүүсүнө зор таасир тийгизет. Тоолуу, өрөөндүү рельефи обл-тын климатынын өтө ар түрдүү болушуна шарт түзөт; бул аймакка мелүүн континенттик климаттан (тоо этектеринде) деңиздик климатка чейин (Кичи-Алайда) мүнөздүү, тоолорунда бийиктик алкактуулук даана байкалат. Жайы ысык, жаз ж-а күз мезгилдери нымдуу, кышы салыштырмалуу суук. Күн тийүү узактыгы (жылына 2800 саатка жакын) б-ча Ташкен м-н Байрам-Алиге теңдешет. Күн радиациясынын жылдык өлчөмү 140—150 *ккал/см²*ди түзөт. Атмосфералык циркуляциянын климатка тийгизген таасири зор; кыш айларында обл-тын аймагы Сибирь антициклонунун таасиринде туруп, аба ырайы көбүнчө ачык, кээде тумандуу болот. Аба ырайынын бузулушу негизинен муздак аба массаларынын аба толкундарына, о. эле түш. циклондоруна, айрым учурларда түн., түн.-батыш ж-а батыштан соккон суук аба массаларына

Ажыдаар-Үңкүр.



байланыштуу. Жаз мезгилинде фронт б-ча кайталануучу кубулуштар күчөп, жаан-чачындуу ж-а тумандуу бүркөк күндөр басымдуу болот. Жайында Орто Азияда жай градиенттүү баро талаасы байкалат; фронт б-ча кайталануучу кубулуштар (айрыкча жог. бийиктиктеги жай козголуучу циклон) күчөйт, бирок муздак аба массасы трансформациялык процесстердин натыйжасында аба ырайын кескин өзгөртө алат. Күзүндө начар градиенттүү талаанын кайталануусу анча чоң эмес (30—40%ке чейин); тез-тез антициклондук абалдар болуп турат; муздак аба чанда согот, бирок анын таасиринен аба ырайы кескин муздап, катуу шамал болот. Аймактын татаал тоолуу рельефи аба ырайынын бардык метеорология элементтеринин режимине кыйла таасирин тийгизип, чакан аймактарда да түрдүү микроклиматтарды пайда кылат. Шамал сутка ичинде багытын өзгөртүп, түн ичинде тоодон өрөөндү, күндүзү өрөөндөн тоону карай (тоо-өрөөн шамалы) согуп турат. Орто Азия аймагына түштүктөн терең циклон келген мезгилде тоо этектей (айрыкча батыш тарабы, ачык өрөөндөрдө) басаңдоочу чыгыш шамалы (фён) пайда болот. Фён шамалынан абанын темп-расы кескин көтөрүлүп, кар эрий баштайт. Шамалдын айлык орт. ылдамдыгы 1,5—3,0 *м/сек*. Фён, муздак аба массасынын шамалдары, түрмөктөлгөн жаанчыл булуттуулуктун таасиринен пайда болгон будуң-чаң шамалдары жог. ылдамдыкка ээ. Ылдамдыгы 15 *м/сек*дан ашкан шамалдуу күндүн саны жылына 4—7, тоо этегиндеги аймактарда (Ош, Жалал-Абад) 10—12 күнгө жетет. Алай ж-а Чоң-Алай кырка тоолорундагы ашуулардагы катуу шамал жылына 20—50 күн болуп турат. Атмосфера басымы тоо этектеринде 930 *гПа*дан бийик тоолордо 600—550 *гПа*га (же 700дөн 400 *мм* сымап мамычасына) чейин өзгөрөт. Тоо этектериндеги аймактарда эң төм. басым июлга, эң жог. басымы кыш айларына; д. дең. 3500 *м* бийиктиктен жогору эң төм. басым январь — февралга, эң жогоркусу август — сентябрга туура келет; басымдын жылдык амплитудасы 10—15 *гПа*, сутка аралык өзгөрүүсү 1—3 *гПа*.

Абанын жылдык орт. темп-расы бийиктик б-ча өзгөрөт; тоо этектериндеги аймактарда 13°С (Ош), бийик тоолуу аймактарда —3°Сге чейин (Сары-Таш). Эң жылуу айы — июль



Чапчыма ашуусундагы метеостанция.

(25—27°Сден 10—12°Сге чейин), эң суук айы — январь (—2...—3°Сден — 12...—17°Сге чейин). Тоо этектериндеги аймактарда —27...—30°Сге чейин суук, 39—42°Сге чейин ысык болот. Жаз (0°Сден жогорулоо) мезгили тоо этектериндеги аймактарда февралдын ортосунан, д. дең. 2000—2500 *м* бийиктикте марттын аягы — апрелдин башынан, 3500 *м* бийиктиктен жогору майдын ортосунан, жай (15°Сден жогорулоо) мезгили жапыз тоолуу аймактарда апрелдин 3-он күндүгүнөн башталат. Тоолуу аймактарда улам 500 *м*ге өйдөлөгөн сайын жай 10 күнгө кечеңдейт. Жай мезгили октябрга чейин созулат. Декабрдын 2-он күндүгүнөн кыш түшөт. Үшүк чанда жүрөт. Жаанчачындын өлчөмү бийиктикке ж-а кырка тоолордун нымдуу аба массаларынын агымына карата жайгашуусуна байланыштуу. Эң жаанчыл аймак Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталы (1500—2000 *мм*ге чейин) ж-а Чаткал кырка тоосунун түш. капталы (1100 *мм*ге чейин); дыйканчылык зонасынын жапыз тоолуу аймактарында жылдык жаан-чачындын өлчөмү 400 *мм*, орто бийик тоолуу тилкеде 700 *мм*. Тоо аралык ички аймактар кургакчыл, жаан-чачын көбүнчө тоолордун айдарым капталдарына жаайт. Жылуу мезгилге караганда суук айларда (ноябрь — март) жаан-чачын арбын түшөт. Жаз ж-а октябрь — ноябрь айлары өтө жаанчыл. Жаан-чачындын сутка ичиндеги эң көп өлчөмү 50—90 *мм*, жылына 4—8 күндү түзөт. Бийик тоолуу зоналарда кар октябрдын аягы — ноябрдын башында, калган аймактарда ноябрдын аягында жаай баштайт. Кар катмары туруксуз. Түш.-

батыш экспозициядагы ачык өрөөндөргө кар жука түшөт. Тоо этектериндеги аймактарда кардын калыңдыгы 20 *см*ден чанда ашат. Фергана тоо тизмегинин бийик тоолуу зонасында кардын калыңдыгы 150 *см*ге чейин жетет. Областтын өрөөндүү бөлүгүндө кар марттын ортосунан ж-а аягынан, бийик тоолуу аймактарда июндан баштап кете баштайт. Кар жаткан мезгилдин узактыгы 55тен 215 күнгө чейин. Ош ш-нын аймагында 70 күн чамасында жатат. Рельефтин татаалдыгына байланыштуу метеорологиялык кубулуштар өтө ар кыл мүнөздө болот. Тумандуу мезгил тоо этегиндеги аймактарда жылына 15—30 күнгө, Алай ж-а Чаткал өрөөндөрүндө 1—5 күнгө, Фергана тоо тизмегинин кыр зонасына жакын 50 күнгө жетет. Туман негизинен суук мезгилде түшөт. Бурганак көбүнчө бийик тоолуу аймактарда болуп, жылына 15—25 күнгө жетет. Добулдуу (чагылгандуу жаанчачын) мезгил бийик тоолуу аймактарда 10—15 күнгө, жапыз ж-а орто бийик тоолуу аймактарда 25—30 күнгө созулат. Мөндүр чанда (жылына 3—4 жолу) түшөт.

Е. С. Скиба

Суулары. Ош обл-нда агын суу, көл, мөңгү ж-а жер астындагы суулардын аймак б-ча таралышы, алардын режимине өзгөчөлүгү негизинен климаттык факторлорго, о. эле рельефтин бийиктик б-ча өзгөрүшүнө байланышуу. Бийик кырка тоолору нымдуу аба массасынын агымына тоскоол болот, ири мөңгүлөр, дарыялар ж-а көлдөр жайгашкан Фергана өрөөнүнүн четжакасындагы түздүктөр ж-а тоо аралык жапыз өрөөндөр аркылуу айрым суулар агып өтүп, суусу буулануп, сугатка таралып же сиңип кетет. Демек, алар эки гидрология обл-на — суунун куралуу ж-а таралуу обл-тарына бөлүнөт.

А г ы н с у у л а р ы. Ош обл-нда уз. 10 *км*ден ашкан 600гө жакын суу бар. Алардын бардыгы Орто Азия м-н Борб. Азиядагы 3 ири дарыянын — Сырдарыя, Аму-Дарыя ж-а Таримдин алабына кирет. Көбү Сыр-Дарыянын алабына тиешелүү. Аларга Түркстан, Алай, Кичи-Алай, Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунан башталып, Фергана өрөөнүн ж-а Ташкен оазисин кайрай аккан суулар кирет. Кыргызстандын суусу мол ири дарыясы — Нарындын төм. агымы Ош обл-нын аймагы аркылуу өтөт, ал эми Кара-Дарыя суу куралуу аянты б-ча обл-тагы эң ири дарыя. Аму-Дарыя (Батыш Кызыл-Суу) м-н Таримдин алаптары (Чыгыш Кызыл-Суу) Ош обл-нын бир аз гана бөлүгүн ээлейт.

Областтын суулары гидрографиялык мүнөзү ж-а режими б-ча төм. топторго бөлүнөт: Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы суулар, Алай кырка тоосунун ж-а Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы суулар, Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталындагы суулар, Алай өрөөнүнүн суулары ж-а Чаткал өрөөнүнүн суулары. Биринчи топтогу Кара-Кулжа, Жазы, Көгарт, Кара-Үңкүр (Тентек-Сай) ж-а Майлы-Суу суулары кар суусунан куралып, жаз-жай айларында кирет. Бул суулардын суу куралуу аянты салыштырмалуу жапызыраак (д. ден. 4000 *м*ге чейин) жайгашып, нымдуу аба массасынын жолунда болгондуктан, суусу мол (14—23 *л/сек-км*^{2}). Э к и н ч и т о п т о г у суулардын Куршаб, Ак-Буура, Араван-Сай, Исфайрам-Сай, Сох, Исфара, Ак-Суу (Сардана) ж. б. кирет. Булардын суусу кар, мөңгү сууларынан куралып, жайында кирет. Суу куралуу аянты 4500—5000 *м* бийиктикте; нымдуу аба массасынан ыктоороок жайгашкандыктан суусунун молдуулугу Фергана тоо тизмегинен башталган суулларга караганда (Сохтон башкасы) төмөнүрөөк (5—10 *л/сек-км*^{2}). Ү ч ү н ч ү т о п т о г у Кара-Суу (оң), Пача-Ата, Касан-Сай ж. б. суулар кар сууларынан куралат да, май айынан июндун аягына чейин кирет. Суусунун молдуулугу б-ча Фергана тоо тизмегиникинен кийин туруп, Алай кырка тоосунукуна теңдешет. Алай, Түркстан, Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорун этектей орто бийик тоолордун тилкеси жатат, ал Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүнө өтөт. Бул аймакта мезгил-мезгили м-н гана аккан суулардын сайлары көп кездешет; бул суулар кардын жазында эришинен же селди пайда кылуучу нөшөр жамгыр сууларынан куралат. Төртүнчү топко Алай өрөөнүнүн суулары кирет. Андагы Кызыл-Суу Батыш) Аму-Дарыянын, Кызыл-Суу (Чыгыш) Таримдин алабына тиешелүү. Алай өрөөнүнүн суулары мөңгү-кар суулларынан куралып, жайында кирет. Алар негизинен Чоң-Алай кырка тоосунун мөңгүлүү түн. капталынан башталат. Бешинчи топту Сыр-Дарыянын алабына кирген Чаткал суусу ж-а анын куймалары түзөт. Чаткалдын куймалары кар-мөңгү сууларынан куралып, жаз — жай мезгилдеринде кирет.



Терс ашуусу.

Суусу мол дарыялар

Дарыялар	Суу. куралуу аянты, *км*^{2}	Жылдык агымы *м*^{3}	Жылдык орт. чыгымы, *м*^{3}/*сек*
Кара-Дарыя	12 400	3847,6	121
Чаткал (Кырг-ндын аймагында)	5 520	2 712	
Тар	4 130	1431,7	122
Сох	3 510	1327,6	45,7
Кызыл-Суу (Кырг-ндын аймагында)	1 675	1 315	41,9
Кара-Суу (оң)	2 740	1238,8	25
Жазы	2 620	1091,1	39,8
Кара-Үңкүр (Тентек-Сай)	1300	905,1	34,2
Куршаб (Кырг-ндын аймагында)	3 760	826,2	29,6
Исфайрам-Сай	2 220	693,8	24,6
Ак-Буура	2 540	674,9	22,0
Кара-Кулжа	1040	671,7	21,4
Көгарт	1 370	570,8	21,5
Исфара	3 240	450,9	18,0
Кожо-Бакырган	1 740	346,9	14,6
Касан-Сай	1780	340,6	10,5
Араван-Сай	1680	327,6	11,8
			10,4

К ө л д ө р ү. Областтын аймагында 100дөн ашык көл бар. Алардын көбү суу нугун морена же көчкү бөгөп калышынан пайда болгон. Байыркы ж-а азыркы мөңгүлөрдүн этектериндеги зандр талааларында жайгашкан. Бөрпоң тоо тектүү аймактарда карсттык көлдөр бар. Бөгөт көлдөрүнүн ирилери: Сары-Челек (Кара-Суунун сол курамы — Кожо-Ата суусунун алабында, д. ден. 1858 *м* бийиктикте жайгашкан), Кулун көлү (Тар суусунун алабында, 2856 *м* бийиктикте); о. эле к. *Ай-Көл. Көк-Ала* ж. б. Аянты 0,1 *км*^{2}ден ашкан дагы 16 көл бар; калгандары чакан (аянты 0,09дан 0,01 *км*^{2}ге чейин) көлдөр. Көлдөрдүн дээрлик бардыгынан суу агып чыгат, ошондуктан көл суусу начар минералдашкан. Областтын аймагында туздуу табигый көл жок.

М ө ң г ү л ө р ү. Ош обл-нын аймагында жалпы аянты 1852,2 *км*^{2}ге жеткен 2023төн ашык мөңгү бар. Алар негизинен Чоң-Алай, Алай, Түркстан ж-а Кичи-Алай кырка тоолорунун түн.

Чаткал ж-а Чыйырчык сууларынын кошулган жери.





Сары-Челек көлү.

капталдарында жайгашкан. Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунда да мөңгүлөр кездешет. Алай кырка тоосунун түн. (жалпы аянты 538,1 $км^2$) ж-а түш. (138,3 $км^2$) капталдарында мөңгү эң көп топтолгон. Ири мөңгүлөр Чоң-Алай кырка тоосунда.

Мөңгүлөр асимметриялык закон ченемге ылайык жайгашкан. Жалпы мөңгүнүн 80%тен ашыгы түн. экспозициясында орун алган. Мөңгүлөр Сыр-Дарыянын алабында 1029,7 $км^2$ аянтты ээлейт. Сыр-Дарыянын тармагында Сох (мөңгүлөрдүн жалпы аянты 258,7 $км^2$), Исфара (169,6 $км^2$), Ак-Буура (113,9 $км^2$), Аму-Дарыянын тармагында Кызыл-Суу (64,9 $км^2$; обл-тагы мөңгү эң көп топтолгон суу алабы) өзөндөрүнүн алабында мөңгү көп кездешет, кеңири аянтты ээлейт.

Ири көлдөрү

	Бетинин аянты, $км^2$	Д. дең. бийикт., *м*	Көлдөн агып чыккан суулар
Сары-Челек	4,92	1873	Тоскоол
Кулун	3,25	2856	Кулун
Көк-Ала	0,84	2606	Гава-Сай
Ай-Көл	0,82	2637	—
Кутман-Көл	0,54	2837	Керей
Кичи-Кулун	0,45	2505,2	Кулун
Кара-Суу	0,4	1870	Кара-Суу

Мөңгүлөрдүн кырка тоолор б-ча жайгашышы

Кырка тоолор	Мөңгүлөрдүн саны	Мөңгүлөрдүн жалпы аянты, $км^2$
Чаткал	181	61,8
Фергана	270	88,2
Кичи-Алай	77	87,7
Алай	1034	676,4
Түркстан	246	244,8
Чоң-Алай	215	693,3
Бардыгы	2023	1852,2

Мөңгүлөрдү улаган кар чеги обл-тын аймагында ар кыл бийиктиктен өтөт. Эң жапыз жери (д. дең. 3600 *м* бийиктикте) Чаткал кырка тоосунун түн.-батыш капталында, эң бийик жери (4500 *м*) Кызыл-Суунун (Чыгыш) алабында жатат. Кар чегинин орт. бийикт. 4150 *м*. Мөңгүлөрдүн типтери да өтө ар кыл. Төр, төр-өрөөн ж-а төр асылма мөңгүлөр басымдуу. Ири өрөөн (татаал, дендрит тибиндеги) мөңгүлөрү Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталынан кездешет.

Агын суулардын гидрологиялык режиминде мөңгүлөрдүн мааниси өтө зор. Жайында мөңгү көбүрөөк эрип, суу мол болот.

А. Осмонов

Топурагы. Кыргызстандын аймагы Туран, Борб. Казакстан ж-а Борб. Азия топурак климаттык фациялардын кошулган жеринде жайгашып, топурак-климаттык 3 провинцияга бөлүнөт: Түш. Кырг-н (тоолуу Батыш Тянь-Шань), Түн. Кырг-н (тоолуу Түн. Тянь-Шань), тоо ойдуңдуу Алай-Борб. Тянь-Шань. Ош обл-нын аймагы топурактык географиялык райондоштурулушу жагынан 2 провинцияга — тоолуу Батыш Тянь-Шань ж-а тоо-өрөөндүү Алай-Борб. Тянь-Шанга кирет. Түш. Кыргындагы тоолуу Батыш Тянь-Шань провинциясы обл-тын көп жерин ээлеп, Фергана ойдуңунун тоо таянган бөлүгүн (500 *м*ден 6000 *м* бийиктикке чейин) түзөт да түндүктө Чаткал кырка тоосуна, түн.-чыгышта Фергана тоо тизмегине чейин созулат, түш. чеги Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун кырлары б-ча өтөт. Бул провинция өз ара Түркстан-Алай, Араван-Куршаб, Кичи-Алай, Фергана, Фергана-Чаткал ж-а Чаткал округдарына бөлүнөт. Түркстан-Алай топурак округу Алай кырка тоосунун кургакчыл климат ж-а талаа ландшафты мүнөздүү батыш бөлүгүн, Түркстан кырка тоосунун түн. капталын ээлейт. Бул аймактын топурак кыртышы жука, айрым бөлүктөрүндө тоо тектери жер бетине чыгып жатат. Араван-Куршаб топурак провинциясы Фергана тоо тизмегинин чыгышындагы түш. капталын, Алай кырка тоосунун бир аз түн. капталын ээлеп, Араван, Ак-Буура суулары ж-а Кара-Дарыянын алаптарын камтыйт. Кичи-Алай топурак округу Фергана ойдуңунун эң четки, тоо таянган чыгыш чет-жакасында жайгашып, бир нече тоолордон турат. Тоолордун

«Памир» эл аралык альплагери.





Памир тоосу.

аралыктарында каньон сымал кууш капчыгайлар ж-а кесек тектүү өрөөндөр бар. Бул округ 2 ири провинциянын — Алай-Борб. Тянь-Шань м-н тоолуу Батыш Тянь-Шандын кошулган жеринде жайгашкан. Фергана топурак округу Фергана тоо тизмегинин түш. капталындагы нег. массивдерди камтыйт. Фергана-Чаткал топурак округу Чаткал кырка тоосунун түш. капталдарын, Фергана өрөөнүнүн тоо таянган түн. чет-жакасын (Бабаш-Ата кырка тоосунан баштап) ээлейт.

Тоо-ойдуңдуу Алай-Борб. Тянь-Шань топурак провинциясы Алай өрөөнүнө кирет. Ал түндүгүнөн Алай, түштүгүнөн Чоң-Алай кырка тоолору м-н чектешип, Памирди Тянь-Шандан бөлүп жатат. Өрөөн топурактын Алай провинциячасын түзүп, Батыш-Алай, Чыгыш-Алай ж-а Ала-Көл округдарына бөлүнөт. Батыш-Алай округу өрөөндүн д. дең. 3000 *м* бийиктикке чейинки батыш бөлүгүн, Чыгыш-Алай округу өрөөндүн чыгыш бөлүгүн ж-а Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталын, Ала-Көл округу түндүгүнөн Арпа өрөөнү (Фергана тоо тизмеги), түштүгүнөн Кичи-Алай ж-а Чыгыш-Алай округдары, батышынан Чакан-Таш ж-а Көк-Булак тоолору м-н чектешкен Ала-Көл ойдуңун ээлейт. Округдун топурагы Арпа өрөөнүнүкүндөй.

Түш. Кырг-н жер бетинин түзүлүшү б-ча төм. геоморфологиялык зоналарга бөлүнөт: тоо этегиндеги өр жерлер, түздүктөр, адырлар ж-а этек-тоолор, тоо аралык ойдуңдар, орто бийик ж-а бийик кырка тоолор. Топурак пайда кылуучу тоо тектерге жапыз жайгашкан аймактарда түпкү тоо тектердин ж-а мезозой чөкмөлөрүнүн талкаландылары — лёсс сымал кумай топурак ж-а антропоген



Памир тоосундагы кат. нашуу.

мезгилинин шагыл-конгломераттары, бийик тоолуу аймактарда палеозойдун сланец, кумдук ж-а акиташ тектеринин элювий-делювий тектери түзөт. Кыртышты пайда кылуучу тоо тектер өтө ар кыл.

Областтын аймагындагы топурак пайда болуу процессинин мезгилдүү динамикасы ж-а өсүмдүктөрүнүн СССРдин башка түзөң аймактарындагыдан айырмачылыгы анын гидротермиялык режиминин өзгөчөлүгүн айгинелейт. Аймактын кыртышында боз топурактар, ал эми орто бийик тоолуу зонада боз ж-а күрөң (бул топурактын пайда болуусуна 2 фазалуулук ж-а ички үбөлөнүү белгилери мүнөздүү) топурактар басымдуу. Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун жаңгакжемиш токоюна каралжын күрөң, ал эми Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун капталдарындагы арча токоюна куба күрөң топурак мүнөздүү. Андан жогорку аймакта шалбаа-талаалуу, шалбаалуу субальп ж-а альп топурагы таралган. Жер фондусунун көпчүлүк бөлүгүн гидроморфтуу ж-а чала гидроморфтуу боз топурак, о. эле ачык күрөң ж-а күрөң топурак ээлейт. Боз топурак кыртыштын нег. тибин түзөт. Боз топурактуу зонада кыртыш өзгөчө гидротермиялык режимде пайда болот. Бул зонага жогорку, бирок өтө кыска мезгилдеги биогендүүлүк мүнөздүү; бул негизинен аймактын абсолюттук бийиктигине байланыштуу.

Тоо-өрөөнүнүн ачык боз топурагы тоо этегиндеги эң жапыз жайгашкан шиленди аймактарда ж-а Фергана өрөөнүнүн тоо таянган чет-жакаларындагы пролювий түздүктөрүн ээлейт. Морфологиялык өзгөчөлүктөрү: профили генезистик горизонтторго салыштырмалуу начар ажырайт; үстүңкү (А) горизонту коңур сары темгилдүү ачык боз түстүү келип, кабыкча-кагылтыр структуралуу; В горизонту коңур сары түстүү, бүртүк структуралуу, карбонаттары тарамча, сепкил ж-а айрым конкреция түрүндө. Төмөнкү горизонт (С) лёсс сымал саргыч кум-топурактан же аллювий (шагыл таш) тектеринен (айрыкча Кулунду ж-а Төө-Моюн талаалары) турат. Шагыл таштардын астыңкы бети гипс ж-а карбонат кебери м-н капталып жатат. Түш. Кырг-ндын ачык боз топурактарынын төм. горизонтторуна гипстүүлүк мүнөздүү. Тоо этектериндеги шиленди тектердин ж-а адырлардын ачык боз топурактары скелеттүү келет. Шагылдуу кыртыш тайыз жатып, айрым аймактарда (Арка, Төө-Моюн өрөөндөрүндө) жер бетине чыгып калган. Бул топурактардын үстүңкү горизонтунда чиринди 1—1,5%ти, CO_2 5—7%ти, профилдин орто бөлүгүндө 7—9%ти түзөт. Топурак эритмесинин реакциясы жегичтүү. 100 *г* топурактагы азот 0,07—12%, алмашма калий 60—80 *мг*. Ачык боз топуракта азыктык заттар орточо, ошондуктан сугат мезгилинде минералдуу жер семирткич чачуунун мааниси зор. Ош обл-нда мындай топурактуу аянттар анча көп эмес, алардын сугат жерлерине пахта эгилет.

Тоо-өрөөндүн кадимки боз топурагы тоо этегиндеги түздүктөрдү ж-а жапыз адырларды (1000—1100 *м* бийиктикке чейин) ээлейт. Кургакчылыраак Түркстан кырка тоосунун ж-а Алай кырка тоосунун батыш бөлүгүнүн этектеринде д. дең. 700—800 *м*, 1200—1300 *м* бийиктикке чейин тараган. Кадимки боз топурак көбүнчө чөлдүү талаа өсүмдүктөрү өскөн (мисте да бар) аймактагы лёсс сымал кумай топурак, чанда нык тоо тектер (сланец, кумдук ж. б.) жаткан жерлерде өөрчүгөн. Топурак кыртышынын үстүңкү горизонту бозомук тарткан ж-а бүдөмүк байкалган катча түрүндө, төмөнжагы бүртүк структуралуу; чириндилүү горизонттун (А+В) калыңдыгы 50—70 *см*. Профилинде топурак горизонттору даана байкалбайт (тарамча түрүндө жайгашкан карбонаттар, псевдомицелия, ак темгилдер ж-а майда конкрециялар арбын). Үстүңкү горизонтунда CO_2 карбонатынын өлчөмү 5—8%, карбонаттуу иллювий горизонтунда 10—13%ке чейин. Бул топуракта 80—150 *см* терендикте гипстүү горизонттун пайда болушу анын морфологиялык өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Чириндиси 1,8—2,5%, кээде 3%ке чейин жетет. Топурак эритмесинин реакциясы жегичтүү. Механикалык составы б-ча көбүнчө чаңдуу ж-а оор кумай топуракка кирет. Макро структурасы даана байкалат. 100 *г* топурактагы жалпы калий 2—2,5%, азот 0,08—0,15%, фосфор 0,12—0,2%; топуракка сиңимдүү фосфор 2,5—5 *мг*, калий 40—60 *мг*. Кадимки боз топуракта пахта жакшы өсөт. Ачык ж-а кадимки топурактар сугаруунун, минералдуу жер семирткичтерди дайыма чачуунун ж. б. агротех. ыкмаларды колдонуунун натыйжасында түшүмдүүлүгү жагынан дээрлик бирдей. Пахта, о. эле шалбаа боз (Арашагылдуу таштак бозомук-күрөң топурактарда да эгилет.

Кадимки боз топуроктуу зонадан өйдө (д. дең. 1200—1500 *м* бийиктикте) тоо-өрөөндүн күңүрт боз топурагы кездешет. Морфологиялык өзгөчөлүктөрү: үстүңкү горизонту күңүрт боз топуроктуу келип, төмөн карай бозомук-күрөң сары түскө өтөт; кадимки боз топуракка караганда чиринди горизонту даанараак байкалат; 50—70 *см* терендикте ж-а андан төмөн карбонаттуу-аллювий горизонту кескин айырмаланат; топуракты пайда кылуучу тоо тектерге карата топурак горизонттору механикалык составы б-ча оор келет. Гипстүү горизонт 1,5 *м* терендикте жатат. Аларда кальцийге каныккан фульват-гумат чириндиси арбын (2,1—4,6) топтолгон. Үстүңкү горизонтто азот 0,39—0,41%ти түзөт. Сиңирип алуучу комплекси кальций м-н магнийге каныккан; андагы кальцийдин үлүшү 80%тен ашат. Боз тоо топуроктуу жерлерде тамеки, дан эгиндери ж-а чөп өстүрүлөт. Мурдатан сугат дыйканчылыгы өнүккөн аймактарга боз топ-ракту зона мүнөздүү. Анда узак мезгилден бери такай жаңы шилендилер м-н толукталып тургандыктан топуроктун профили кеңейип, составында чиринди, карбонат ж. б. бирдей таралып, топурак профилинин үстүңкү бөлүгүн түзгөн (айрым жерлеринде профилди бүт камтыган) агроирригациялык горизонту болот да, карбонаттуу горизонт кездешпейт.

Ноокат өрөөнү.



Боз топурактуу зонадан жогору тоо капталдарына мүнөздүү топурактар жатат. Бозомук күрөң тоо топурагы көбүнчө лёсс сымал кумайлуу тектерден пайда болуп, буудайык-туу талааларды ж-а бадалдуу аймактарды ээлейт. Морфологиялык өзгөчөлүктөрү: үстүңкү горизонту күңүрт боз, терендеген сайын бозомук коңур сары түскө өтөт; борпоң A_1 горизонту жог. бөлүгү жука катмарчалуу келип, калган чириндилүү горизонттору кесекчелүү; борпоң түзүлүштө; 70—110 *см* терендикте карбонат арбын топтолуп, карбонаттуу-иллювий горизонту даана байкалат (мында карбонаттар бозомук темгил, майда конкреция ж-а тарам түрүндө кездешет); топурак профилинде чопого айлануу процесси ачык байкалбайт. Механикалык составы б-ча чаңдуу ж-а оор кумай топурагы басымдуу. Бул топурактарда чиринди 3—4%ти түзөт, фульвокислотасына караганда гумин кислотасы көптүк кылат же ага теңдешет. Жалпы азот 0,2—0,4%, фосфор 0,2%ке, калий 2%ке чейин. Топурак эритмесинин реакциясы жегичтүү. Сиңирүү мүмкүнчүлүгү 100 *г* топуракка 20—25 *мг-экв*. Сиңирилген заттардын ичинен магний м-н кальций басымдуу. Бул топуракта дан өсүмдүктөрү, мөмө дарактары ж-а жүзүм өстүрүлөт. Бозомук күрөң тоо топурагы Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунда 1300—1600 *м* бийиктиктерде таралган, ал эми Алай, Түркстан кырка тоолорунда өйдөрөөк жайгашып, түш. экспозициядагы тоо капталдарында 2000 *м* бийиктикке чейин жетет.

Өзгөрүлмө-нымдуу субтропик алкактарына күрөң тоо топурактары мүнөздүү. Ал эки типчеге — кадимки күрөң тоо топурагына (буудайык-бадалдуу талаа) ж-а күңүрт күрөң тоо топурагына (бадал аралаш шалбаалуу талаа) бөлүнөт. Кадимки күрөң тоо топурагы климаты мелүүн болгон орто бийик тоолордун этектерин ээлейт. Түпкү тектери негизинен лёсс сымал кумай топурактардан түзүлгөн. Морфологиялык өзгөчөлүктөрү: чириндилүү горизонту күрөң темгилдүү күңүрт боз түстө; астында жаткан ж-а түпкү тектерге караганда механикалык составында кошундунун көбүрөөк болушу, ныктыгы ж-а жаракалуулугу б-ча айырмаланат; үстүңкү чириндилүү горизонту кесекче структуралуу келип, терендеген сайын бүртүкчө-кесекчелүү структурага өтөт; карбонаттуу иллювий горизонту даана байкалат. Кадимки күрөң топурак механикалык составы б-ча негизинен кумайлуу чоподон турат. CO_2 карбонаты үстүңкү (А) горизонтунда 0,3—1,5%, В горизонтунда 10—14%ке чейин. Чиринди 3—3,5%тен 5,5%ке чейин жетип, төмөн карай азая баштайт; азот 0,3—0,4%. Бул топуракта кайрак дыйканчылык өнүккөн. Күңүрт күрөң тоо топурагы Фергана, Чаткал ж-а Алай (чыгыш бөлүгү) кырка тоолорунун 1600 (1800)—2400 *м* бийиктиктеги токойшалбаалуу талаа алкагын ээлейт. Морфологиялык өзгөчөлүктөрү: чиринди горизонту бүртүкчө-кесекчелүү; профилдин үстүңкү бөлүгү чопого айланган; карбонат-иллювий горизонту даана байкалат. Үстүңкү горизонтунда чиринди 10—15%ти түзөт. 100 *г* топурактын сиңирүү сыйымдуулугу 40—50 *мг-экв*. Сиңирүү комплекси кальций м-н магнийге каныккан, анда кальцийдин катиондору басымдуу. Топурак эритмесинин реакциясы начар жегичтүү. Механикалык составы б-ча чаңдуу оор ж-а орто кумай топуракка кирет. Чопо горизонтунун калыңдыгы 20—30 *см*. Күңүрт күрөң тоо топурагында мөмөжемиш ж-а токой көчөттөрү отургузулуп, дан эгиндери эгилет; жайыт. Тоо-талаа топурагы Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы 2000 (2100)—2500 (2600) *м* бийиктикте сейрек арча токою ж-а жалбыз-бетеге ассоциациясы жыш өскөн аймактарды ээлейт. Карбонаттуу күрөң топурак зонасынан жогору жатат. Чымдуу горизонту даана байкалат. Топурагы күңүрт күрөң же куба күрөң түстө. Струк-

Карагай өрөөнү.





Кара-Алма суусу.

турасы үбөлөндү-бүртүкчөлүү. A_2 горизонту кесек-бүртүкчөлүү, нык. Чым ж-а анын астындагы горизонттор карбонаттардан шакарданган. В горизонту ачык күрөң түстө, кесекчелүү, составында акиташ бар. С горизонту акиташтуу келип, саргыч коңур сары түстө, шагылдуу. Топурак пайда кылуучу тектерди негизинен шагылдуу элювий-делювий ж-а силур, девон, таш көмүр мезгилдеринде пайда болгон акиташ, кумдук, сланец тектери, чанда делювий кумай чопосу түзөт. Механикалык составы б-ча көбүнчө нык кумай чополуу топурактан турат. Профилдин үстүңкү бөлүгү топурак пайда кылуучу тектерге караганда оор келет. Чымдуу үстүңкү горизонтунда чиринди 5,3—6,4%ти түзөт. Чиринди тобунда фульвокислота басымдуу. Жегичсиз топуракта нейтралдуу, карбонаттуу топуракта чала жегичтүү реакция жүрөт. Сиңирүү комплекси толугу м-н кальций ж-а магнийге каныккан. Тоо-талаа топурактуу жерлер жайыт катары ж-а түз жерлер тоют өсүмдүктөрүн өстүрүүгө пайдаланылат.

Тоо-токойдун каралжын күрөң топурагы Фергана тоо тизмегинин нымдуу түш.-батыш ж-а Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталдарын ээлейт. Топурак пайда кылуучу тектерди көмүр кычкыл туздуу лёсс сымал кыртыштар түзөт. Мында 0,5—6 *см* калыңдыктагы чала чириген жалбырак м-н чөптөрдөн түзүлгөн борпоң кыртыш бар. Механикалык составы б-ча көбүнчө оор кумайлуу топурак, профилдин ортоңку бөлүгү чополошкон. Чириндилүү А горизонту каралжын күрөң же нымдуу абалында каралжын түстө, структурасы бүртүкчө-кесекчелүү. В горизонту куба күрөң киргил же киргил күрөң түстө, нык, кесекче структуралуу, кургак абалында тарамчалуу, үстүңкү катмарга ж-а түпкү тектерге караганда кыйла чополошкон. С горизонту коңур сары-куба күрөң түстө, структурасыз; кумай топурактуу, анда карбонат темгилдери, ичке тарамдар, псевдомицелия, о. эле үлүл калдыктары көп кездешет. Карбонаттар адатта 80—100 *см* терендикте, чанда 65—75 *см* терендикте жолугат. Үстүңкү горизонтто азот 0,6—0,85%ти түзөт. 35—40 *см*ден төмөн 0,2—0,4%тен ашпайт. Топурак эритмесинде нейтралдуу реакция жүрөт. Топурактын сиңирүү комплексинде кальций м-н магнийге каныгуу ж-а зат алмашуу сыйымдуулугу өтө жогору болушу, азыктануу элементтеринин молдугу, топурак агрегаттарынын сууга чыдамдуулугу, суу-физикалык касиеттерге ээлиги ж-а эрозия процесстерине аз дуушарлангандыгы м-н өзгөчөлөнөт. Күрөң-куба күрөң топурак Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун капталдарындагы (2000—3000 *м* бийиктикте) арча өскөн аймактарды ээлейт. Сланец, акиташ, кумдук тоо тектеринин (чанда граниттин) үбөлөнүшүнөн пайда болот. Морфологиялык өзгөчөлүктөрү: эзилген чым көң сымал куба күрөң топуракка өтмө төшөндү катмар басымдуу; үстүңкү чиринди горизонту куба күрөң түстө; бүртүкчө структуралуу чиринди-аккумуляция горизонту төмөндөгөн сайын кесекчелүү борпоң топуракка өтөт; топурак профили түпкү тектерге караганда азыраак чополошкон; топурак профилинин төм. бөлүгүндө карбонаттуу иллювий горизонту даана байкалат. Механикалык составы б-ча оор кумайлуу топурак. Чиринди 12—15%ти түзөт. Үстүңкү горизонттун сиңирүү сыйымдуулугу 100 *г* топуракта 50 *мг-экв*.

Тоонун шалбаа-талаа субальп топурагы субальп шалбаалуу талаасында түпкү тектердин (гранит, сланец, акиташ теги, кумдук) элювий ж-а делювийинде пайда болот. Механикалык составы б-ча ар түр-

дүү — женил кумайлуу топуракта оор кумайлуу топуракка чейин кездешет; таштак жерлери да бар. Морфологиялык өзгөчөлүктөрү: чириндилүү горизонту куба күрөң бозомук түстө, структурасы кесекче-бүртүкчөлүү, профили б-ча борпоңураак топурак мүнөздүү, үстүңкү катмары жегичсиз топурактуу. Чиринди 6—10%ти түзөт. Гумин кислотасынын фульвокислотасына болгон катышы 1,5ке барабар. Топуректын гумустуу горизонтунда азот 0,25—0,35%ке, фосфор 0,2—0,3%ке чейин. Өзгөчө калийге бай (2,0—2,2%тей). Көмүртектин азотко болгон катышы 11—16. Топуректын үстүңкү катмарында нейтралдуу, 30—40 *см* терендикте начар жегичтүү, андан төмөн жегичтүү реакция жүрөт. Сиңирүү сыйымдуулугу 100 *г* топуракта 22—31 *мг-экв*.

Тоонун шалбаалуу субальп топурагы ат коногу, жалбыз, тулаң, бетеге өскөн субальп алкагында түзүлүп, Фергана, Чаткал, Атгында Ойнок кырка тоолорунун түн. ж-а батыш экспозицияларын, жантайыңкы чыгыш капталдарын ээлейт. Механикалык составында кум, шагыл басымдуу. В горизонтунда чириндилүү горизонтон өткөн баткак бөлүкчөлөрүнүн көбөйүшү м-н өзгөчөлөнөт. Чиринди 8—15%ти түзөт. Ал карбоната рдан шакарданган. Сиңирүү сыйымдуулугу 100 *г* топуракта 40—60 *мг-экв*.

Тоонун шалбаа-талаа альп топурагы альп шалбаалуу талаа алкагында түзүлөт. Ага күңүрт бозомук түстөгү гумустуу горизонт, кесекчебүртүкчөлүү структура мүнөздүү. Механикалык составы б-ча орто ж-а оор салмактагы кумайлуу топуракка кирет. Чириндиге бай (10—11%). Гумин кислотасынын фульвокислотага болгон катышы 1ге жетпейт. Азот 0,7%ке чейин. Үстүнөн баштап карбонаттуу; чириндилүү горизонтто CO_2 1,5—3,0%тен ашпайт, андан төмөн көбөйө баштайт. Топурак эритмесине нейтралдуу же чала жегичтүү реакция мүнөздүү.

М. Р. Алыбаева, Г. А. Мамытова

Өсүмдүктөрү. Ош обл-нын флорасы өтө ар кыл. Мында татаал түзүлүштөгү өсүмдүктөрдүн 3000ден ашык түрү бар, а. и. жер шарындагы баалуу генофондду түзгөн эндемиктер (өсүмдүктөрдүн жерг. түрдөрү) арбын. Областтын аймагына мүнөздүү физика-географиялык зоналарга ылайык өсүмдүктөр бир нече типке бөлүнөт: чөл өсүмдүктөрү; өсүү формасы б-ча өзгө-



Түн.-Батыш Тянь-Шань тоолору.

чөлөнгөн төө тикен; түрдүү талаа өсүмдүктөрү, бийик чөптүү, субальп ж-а альп шалбаасы; миште, бадам, алча, кара март, бадалдар; жаңгак-жемиш токою, ак карагай, карагай, ак чечек, кайың, тал-терек, арча. Бийик тоолордо жерге жабышып өскөн криофилдик өсүмдүктөр басымдуу.

Баялыштуу чөл Түркстан, Алай, Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун өрөөндөрү м-н этектериндеги чополуу шор ж-а таштак топурактуу жерлерди ээлейт. Шор жерге чыдамдуу өсүмдүктөр — баялыш, климакоптера, тересекен, жылтыркан ж. б. басымдуу. Өсүмдүктөрү өтө суйдаң (түшүмдүүлүгү 1 *га*дан 1 *ц*). Ошол эле аймакта чополуу шорсуз же чала шорлуу топурактуу жерлерди шыбак-жа шыбак-эфемердүү чөл өсүмдүктөрү ээлейт. Алардын бир бөлүгү, айрыкча Фергана тоо тизмегинин этектери айдалып, а. ч. өсүмдүктөрү эгилет. Ал эми Түркстан, Алай ж-а Чаткал кырка тоолорунун этектеринде чөл али да көп аймакты ээлейт. Мында түрдүү шыбак өсүмдүктөрү басымдуу. Алайда Кнорринг шыбагы, Леман шыбагы көп кездешет. Жазда ж-а эрте жайда эфемер ж-а эфемер сымал өсүмдүктөр, а. и. тоо кызгалдак, жылгын, крокус, көбүргөн, чөл ыраңы ж-а дан өсүмдүктөрү жыш өсөт.

Талаа өсүмдүктөрү Ош обл-нда кеңири аймакты ээлейт. Талаа чөлдөн жогору (д. дең. 900—1300 *м* бийиктикте) тоолордун жантайыңкы капталдарын ээлеп, өсүмдүктөрү флоралык составы, өсүүсү ж-а түшүмдүүлүгү б-ча өтө ар түрдүү. Шашырлуу (Фергана ж-а күгитан шашырлары), аюу чачтуу (тоют ж-а Липский аюу чачы), кызыл оттуу (кан токтотуучу кызыл от), чырыштуу (кулунчактуу), буудайык, арпалуу, инулдуу талаалар басымдуу.

Саванна сымал талаада эфемер сымал ж-а ар кыл чөп өсүмдүктөрү арбын; арасында жалгыздан өскөн арча ж-а жалбырагы күбүлмө бадалдар кездешет. Талаанын теңине жакыны айдалып, дың жерлерде тоют өсүмдүктөрү (түшүмдүүлүгү 1 *га*дан 5тен 18 *ц*ге чейин) эгилет. Шашыр, аюу чач ж-а кулунчактуу талаадан дары чөптөр жыйналат.

Бийик чөптүү шалбаа д. дең. 1200—1400 *м* бийиктикте жайгашкан, андан төмөн суулардын жайылмаларында да кездешет. Шалбаа негизинен токой арасындагы ачык аянттарды, бадалдуу ж-а сейрек токойлордун арасын ээлейт. Флорасы ар түрдүү. Полидоминантуз өсүмдүктөрү — ак токто, уу коргошун, балтыркан, көк чай чөп ж. б. басымдуу. Таран, шалбаа жалбызы, кылкансыз түбү бош, брахиподиум ж. б. өсүмдүктүү шалбаалар да бар. Бул шалбаалар чабынды ж-а жайыт катары пайдаланылат (түшүмдүүлүгү 1 *га*дан 40 *ц*ге чейин). Бийик чөптүү шалбаадан жогору субальп шалбаасы жатат. Анда каз тамандар, фломис ж. б. өсүмдүктөр басымдуу. Көбүнчө шалбаа арасында жапалак арча кездешет. Субальп шалбаасынын түшүмдүүлүгү 1 *га*дан 10 *ц*ге чейин. Альп шалбаасы субальп алкагынан жогору (д. дең. 3000 *м*ден жогору) жатат. Өсүмдүктөрү ар кыл келип, жапыз (8—12 *см*) өсөт. Түрдүү чөптүү шалбаалардан (кайрылган түктүү тогуз төбөл, мамыры, балалоочу кара күрүч, бото көз ж. б.) сыртказы ырaң чөп, доңуз сырты, кылкандуу чөптөр, көбүргөн ж. б. көбүрөөк өскөн шалбаалар да кездешет. Түшүмдүүлүгү 1 *га*дан 6 *ц*ге чыйын. Альп шалбаасы жайлоо катары кеңири пайдаланылат.

Ош обл-нын токою флоралык составы б-ча ар кыл. Анын ичинен эң баалуусу ж-а уникалдуусу — жаңгак-жемиш токою. Бул токой Фергана, Баба-Ата ж-а Чаткал кырка тоолорунун капталдарын (д. дең. 1200—2200 *м* бийиктикте) ээлейт. Мында жаңгактан сырткары алма, алмурут, карагат, алча ж. б. мөмө даректар (к. *Арстанбап жаңгак-мөмө токою),* жаңгак-жемиш токоюнан жогору карагайлуу, карагай-ак карагайлуу ж-а ак чечектүү токойлор шалбаа ж-а бадал (ыргай, табылгы, шилби, изирик, аса-муса, кара март ж. б.) аралаш ар жерде топ-топ болуп өсөт. Арча токою, айрыкча Түркстан ж-а Чаткал кырка тоолорунда кеңири



Карагойдогу арча токою.



Арстанбап жаңгак-момо токою.

аянтты ээлейт. Мында Кырг-ндагы арча токоюнун ири массивдери бар. Заравшан ж-а Түркстан арчасынын көп түрлөрү өсөт. Арча токою көбүнчө суйдаң. Токой арасында шалбаа ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү, бадалдар (долоно, кара март, ит мурун ж. б.) учурайт. Тал-терек токоюнун чакан массивдери суулардын жайылмаларында (чанда тоо капталдарында), бадалдарга ж-а шалбаа өсүмдүктөрүнө аралаш кездешет. Токойдун негизин терек, тал, кайың түзөт; чычырканак, жылгын да көп жолугат. Токойдун суу топтоо, эрозиядан сактоо, топурак кыртышын коргоо ж-а санитария-гигиена жагынан мааниси зор. Жаңгак-жемиш токоюнан жыл сайын жаңгак (1000—1200 тга чейин), алма (5000 тга чейинин), алча, бүлдүркөн, изирик, алмурут, о. эле дарылык, ашаткыч касиеттери бар өсүмдүктөр жыйналат.

Ош обл-нда бадалдын көп түрү өсөт. Талаа ж-а шыбак-эфемерлүү чөл алкактарында жогоруда айтылган өсүмдүктөрдөн сырткары мисте, бадам арбын. Алардын мөмөлөрү тамак-аш ө. ж-нда ж-а медицинада пайдаланылат. Ит мурун ж-а изириктин мөмөлөрүнөн витамин сырьёлору даярдалат. Долоно, шилби, табылгы, ыргай, караган ж. б. бадалдар да суу ж-а топурак сактоодо, эрозияга каршы маанизи зор. Түш. Кырг-ндын өсүмдүк дүйнөсүн изилдөөдө М. Г. Попов, Е. П. Коровин, С. Я. Соколов, И. Т. Васильченко, И. В. Выходцев, Ю. И. Никитский ж. б. илимпоздор зор салым кошкон. Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-ту системалуу изилдөө жүргүзүүдө.

А. Г. Головкова

Жаныбарлар дүйнөсү. Ош обл-нын фаунасы зоогеографиялык райондошуруулушу жагынан Палеарктиканын Афган-Түркстан провинциясына таандык. Батыш Тянь-Шань округуна кирет. Алай өрөөнүнүн фаунасы Борб. Азия чоң провинциясынын Памир округуна, Фергана өндүрүнүкү чөлдүү Туран провинциясына таандык. Түш. Кырг-ндын жаныбарлар дүйнөсү ар түрдүүлүгү, жаныбарларынын сейрек кездешүүчү ж-а башка жактан кездешпөөчү түрлөрү б-ча айырмаланат. Сүт эмүүчүлөрдүн 65 түрү бар. Облдын аймагына жарганаттар (кичине ж-а бухара, така тумшук, ак боор тик кулак, жазы кулак кош эрин жарганаттар), Мензбир сууру, момолой ж. б. мүнөздүү. Областка чектеш аймактарда кездешкендер: чоң така тумшук жарганат, кызыл чыйпылдак чычкан, чүткөр, кызыл суур, сары чычкан, түркстан келеси. Республиканын башка райондорундагыдай жалпы кездешкендери: кулактуу кирпи, кичине ак тиш, кидик, далдаң кулак, күүгүмчүл жарганат, коён, токой барак куйругу, кош аяк, кум чычкан (кызыл куйрук ж. б.), токой ж-а үй чычкандары, сур аламанчык, момолой, карышкыр, чөө, түлкү, аюу, арыс чычкан, ала күсөн, суусар, кашкулак, сүлөөсүн, ала мышык, мадыл, илбирс, доңуз, элик, тоо теке, аркар. Ондатра, чайкагыч-енот, америка суу суусары, зубр байырлатылган.

Куштардын 189 түрү уялайт. Областын аймагына ак кунас, чүйлү, кыргый, шумкар, көгүчкөн, ак төш көгүчкөн, куш үкү, ак канат тоңкулдак, гималай чыйпылдагы, ак тамак булбул, ак бут чымчык мүнөздүү. Областка чектеш аймактарда да кездешкендери: көпөлөк үкү, жыланчыл, кадимки балта тумшук, көк соору, зоонун чоң көк текеси, чырылдак короолу, кашка чымчыктар, стюарт думбулу. Аңыр, өрдөк, айры куйрук, кулаалы, бүркүт, кара шакылдак, көк жору, жагалмай, күйкө, улар, кекилик, чил, бөдөнө, кыргоол, суу тартары, тартар, кызыл чеке кашкалдак, чулдук, кашкалдак, көл чардагы, суу чабакчылы, көгүчкөн, бактек, кара боор, күкүк, үкү, чабалакей, көк карга, чабакчыл чымчык, үпүп, торгой, эр сынар, жылкычы чымчык, борбаш, чыйырчык, барпы сымалдар, сагызган, таан, чар карга, кузгун, суу чулгары, корголдой, мукам, короолу, боз чымынчыл, котурепей, куркулдай, чакчыгай, таркылдак, кыш куйрук, булбул, кашка чымчык, таранчы, мукур, сары айгыр ж. б. көп учурайт. Чанда кидик арам өрдөк, кара кунас, көк чулдук, ылаачын, таз карга, келги кездешет.

Кара-Шоро өрөөнү.



Сойлоочулардын 22 түрү бар. Областтын аймагына боз геккон, агама, жумуру баш, боз эчки эмээр, чаар ж-а кадимки сойлоктор мүнөздүү. Кыргызстандын башка аймактарында да кездешкендери: таш бака, жайдак көздөр, кескелдирик, сары жылан, чыгыштын кумчул муунткуч жыланы, ок жылан, кызыл боор суу жылан, наардуу ж-а ала сойлоктор, сейрек кездешүүчү калкан тумшук жылан.

Жерде-сууда жашоочулардын (амфибиялардын) 2 түрү — көк кур бака ж-а көл бакасы жашайт.

Балыктардын агын сууларда жашоочу түрлөрү басымдуу: Аму-Дарыя жилингири (бул балык 50-жылдардын орто ченинен Кырг-ндын башка сууларына да коё бериле баштаган), чортон, алай чабагы, чабак, кызыл канат чабак, кой балык, сазан, ит мурут балык, алабуга, тыран, учтуу канат, каңылтыр, жаян, түркстан жаяны ж. б. Ак амур, көк серке, макоо балык, гамбузия байырлатылган. Көлмөлөргө бакма каңылтыр коё берилген.

Омурткасыздар толук изилдене элек. Республикада көп тарагандары басымдуу; эндемиялык түрлөрү да арбын. Эндемиялык түрлөрдөн коңуздар (дуулдак, отун жаргыч, кара коңуз, эбелек муруттуулар), субагай канаттар, жалтырак канаттуулар, канталалар көп кездешет.

Аңчылык айбанаттары: суур, ондатра, түлкү, карышкыр, элик, тоо теке, доңуз, кашкулак ж. б., куштардан кекилик, чил, улар, кыргоол.

Ачөсүмдүктөрүнүн зыянкечтери: түркстан келеси, чычкан, момолой, таранчы, чыйырчык, курт-кумурскалардан жибек көпөлөк, алмачыл күбө, жапакчыл, алмачыл жаа, мистечил шайтан көпөлөк, тытчыл сөөмчү,

үкү көпөлөк, желелөөчү кене, курт, канчык, чөп биттери, шиш тумшуктар ж. б. Кан соргучтардан көгөн, сары маша, желимчи, чиркей кездешет. Суур бүргөсү чума оорусун таратуучулардан.

Чөлдүү ж-а жарым чөлдүү аймактарды кур бака, геккон, чөл жайдак көзү, жумуру баш, агама, кумчул муунткуч, эчки эмээр, ок жылан, чакчыгай, кирпи, түлкү, кум чычкан, кош аяк, омурткасыздардан чаян, музоо баш, көп аяк ж. б.; саванна ж-а талааларды таш бака, сары жылан, соймоң, кескелдирик, бөдөнө, чил, боздөң, күйкө, чөл бабырганы, үпүп, ала чыйырчык, майна, көк карга, торгой, чакчыгай, котурепей, сары чычкан, кош аяк, кум чычкан, кашкулак, күсөн, аламан, бүтүк, момолой, коён, чүткөр, түлкү, ала мышык, тоо тоюн соймоң, калкан тумшук сары, жыланчыл, айры куйрук, күйкө, чүйлү, кыргый, үкү, көгүчкөн, бактек, ак канат тоңкулдак, барпы, сагызган, карга, чыйпылдак чычкан, кадимки балта тумшук, кооз мукур, мыймыт, коргоолдой, булбул, таркылдак, кышкуйрук, кашка чымчык, далдаң кулак ж-а ак төш жарганаттар, токой барак куйругу, токой чычканы, келемиш, сүлөөсүн, доңуз, элик, аюу, альп ж-а субальп шалбаасын, шалбаалуу талааны жашыл кур бака, жайдак көз, гималай агамасы, калкан тумшук, кекилик, улар, бөдөнө, тартар, чөкө таан, сары тумшук чөкө таан, думбул, эр сынар, кара каш мукам, тоо теке, илбирс, арыс, суур, чыйпылдак чычкан, момолой мекендейт.

Сууда ж-а суугa жакын айактарда жашагандар: суу бака, кызыл боор суу жылан, өрдөк, чулдук, ак чардак, чабакчы, тартар, арам өрдөк, кара кунас, суучул кара чулдук, курулдай, жылкычы чымчык, кашкалдак, тал-терек, бадалдуу жерлерде кыргоол бар. Маданий ландшафтында (оазис, эгин талаасы, калктуу пункттар) кур бака, сойлок, кескелдирик, кунас, бактек, бөдөнө, мыкый үкү, көк карга, аарычыл, борбаш, чабалекей, торгой, булбул, чөкө таан, майна, кара ж-а ала чыйырчык, барпы, кара таркылдак, таранчы, кирпи, ак тиш ж-а кидик жарганаттар, күүгүмчүл жарганат, така тумшук ж. б. жарганаттар, үй чычкандары, келемиш ж. б. кездешет.

Түш. Кырг-ндын жаныбарларын изилдөөдө А. П. Федченко, Н. А. Северцов, Г. Е. Грум-Гржимайло, Н. А. Зарудный, К. Ф. Кеслер, А. А. Штраух, М. А. Мензбир, А. М. Никольский, Л. С. Берг, Д. Н. Кашкаров, Н. А. Бобринский, Б. А. Кузнецов, И. И. Колесников, А. С. Мальчевский ж. б-дын салымы зор. 1952-жылдан Кыргыз ССР ИАсынын Биология ин-ту экспедициялык ж-а бир аздап стационардык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө.

Э. Ж. Шүкүров

Ландшафты. Ош обл. көптөгөн физика-географиялык аймактардын кошулган жеринде жайгашкандыктан, ландшафты өтө ар кыл. Ага бийиктик алкактуулук мүнөздүү. Ландшафттын түзүлүшүнө Чаткал, Фергана, Алай, Түркстан кырка тоолорунун капталдарынын багыты ж-а тоо аралык өрөөндөрдүн тамандары д. дең. бийик жатышы зор таасир тийгизет. Пскем ж-а Чаткал кырка тоолору түш.-батыш, Фергана тоо тизмеги түн.-батыш ж-а түш.-батыш багытта жатат. Аймак негизинен батыштан келген атмосфералык процесстердин таасиринде болуп, түндүктөн муздак аба көп сокпойт. Ошондуктан мында кыш — жаз мезгилдери жаанчыл, жайы кургакчыл ж-а ысык. Жалпы эле обл-тын аймагына тоо этегиндеги түздүктүү чөл, өрөөн-бөксө тоолуу жарым чөл ж-а бадал токойлуу шалбаа, бийик тоолуу шалбаа ж-а гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Табиятынын өзгөчөлүгүнө жараша мында ландшафттын алкактуулук структурасы Түш.-Батыш Тянь-Шань ж-а Түркстан-Алай болуп 2 типке бөлүнөт. Түш.-Батыш Тянь-Шань ландшафты Пскем, Чаткал кырка тоолорунун ж-а Фергана тоо тизмегинин аймактарына мүнөздүү.

Аркыт өрөөнү.



Сары-Челек көлүнө баруучу жол.



Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында төмөнкүдөй ландшафт алкактары даана байкалат: жапыз тоолуу, шыбак-эфемер-дан чөптүү кургак талаа (д. дең. 1000—2000 *м* бийиктикте); жапыз тоолуу, түркүн чөптүү талаа (1100—1600 *м*); жапыз тоолуу, кылкандуу чөп шалбаалуу талаа (1400—1800 *м*); жапыз тоолуу, долоноак чечек, ит мурундуу жаңгак-жемиш токою (1600—2200 *м*); орто бийик тоолуу тарандуу шалбаа (2000—3000 *м*); бийик тоолуу субальп шалбаалуу талаа (3000—3500 *м*); бийик тоолуу альп талаасы (3300—3600 *м*); гляциалдык-нивалдык (3600 *м*ден жогору) зона. Чаткал кырка тоосуна жылына 400—500 *мм* жаан-чачын жаайт; анын көбү кыш—жаз мезгилдерине туура келет. Тоо этеги-адырлуу зонада жайдын орт. темп-расы 20—22°С, кышы анча суук эмес, темп-расы —3°Сден —15°Сге чейин. Бул аймакка ландшафт зоналары мүнөздүү: жапыз тоолуу кургак талаа ж-а бадалдар (1000—1200 *м*), жапыз тоолуу жазы жалбырактуу токой (1400—2000 *м*), жапыз тоолуу бадал аралаш шалбаалуу талаа (1400—1800 *м*), орто бийик тоолуу карагай-көк карагай токою ж-а бадалдар (1800—2300 *м*), бийик тоолуу субальп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (3500—4000 *м*), гляциалдык-нивалдык (4000 *м*ден жогору) зона. Пскем кырка тоосуна да ландшафттын бийиктик алкактуулугу мүнөздүү. Түркстан-Алай ландшафты Алай ж-а Түркстан кырка тоолоруна мүнөздүү. Бул район өтө кургакчылдыгы ж-а ландшафттын аймак б-ча кескин айырмалуулугу м-н өзгөчөлөнөт. Кырка тоолорунун кыр бөлүгү көбүнчө жылаңач келип, капталдары өрөөндүү, капчыгайлуу, суу эрозиясы өнүккөн. Ландшафтынын аймак б-ча кескин айырмалуулугу бийиктик амплитудасына, литологиялык составынын өтө ар түрдүүлүгүнө, күн инсоляциясынын жогору болушуна ж-а жаан-чачындын аз жаашына байланыштуу. Алай ж-а Түркстан кырка тоолоруна бөксө тоолуу-адырлуу жарым чөл (1000—1300—1500 *м*), жапыз тоолуу талаа (1300—1500, 2000—2200 *м*), орто бийик тоолуу арча-бадалдуу (2000—3400 *м*), бийик тоолуу субальп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (3000—3800 *м*), гляциалдык-нивалдык (4000 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Бөксө тоолуу ж-а жапыз тоо ландшафттуу аймактарда көбүнчө дыйканчылык өнүккөн. Ландшафттын орто ж-а бийик тоолуу зонасы негизинен жайыт катары пайдаланылат.

Э. К. Азыкова, Т. Ф. Фомина, Д. Шакирбеков

Табиятты коргоо. Ош обл-нда табиятты коргоо өзгөчөлүктөрү калктын бир кыйла жыш жайгашкандыгы, өнөр жай м-н айыл чарбасынын өнүгүү жагдай-

лары, табияттын көп кырдуулугу м-н шартталган. Табият коргоо абаны, сууну, кен байлыктарды, жерди, токойду, жаныбар ж-а өсүмдүктөр дүйнөсүн, табият эстеликтерин коргоо б-ча иш-чараларды камтыйт. Айлана-чөйрөнүн абалын суу, балык уулоо, аңчылык, газ тазалоочу ж-а чаң кармоочу установкалардын ишин көзөмөлдөө инспекциялары, о. эле аңчылык ж-а токой чарбалары, заказник, коруктардын атайын кызматкерлери көзөмөлдөйт. Тарых ж-а маданият эстеликтерин коргоо, аңчылар ж-а балык уулоочулар, бал челекчилер ж. б. коомдордун обл. бөлүмдөрү табиятты коргоо б-ча үгүт-насыят иштерин жүргүзөт. Атмосфералык абаны коргоо өнөр жай ишканаларында, от жагуучу жайларда, абаны булгоочу башка жерлерде тазалагыч жабдууларды орнотуу, транспорт каражаттарынын абаны булгоосун азайтуу аркылуу камсыз кылынат. Областта атмосферага чыккан зыяндуу заттардын саны бир топ азаюуда (жылына 1,5 миң *т*). Шаарларда, ири посёлкаларда үйлөрдү борбордоштуруп жылытууну, ысык суу м-н камсыз кылууну өнүктүрүү, бак-дарактарды көбүрөөк тигүү, авточарбаларда текшергич аппараттарды орнотуу ж. б. чаралар абанын таза болуп турушуна көмөк болот. Сууну коргоо ыплас сууларды тазалап, сугатка пайдалануу чараларын камтыйт. Областтын аймагында жүздөгөн тазалоочу жабдуулар иштеп, жылына 94,9 млн $м^3$ ыплас суу тазаланып турат (а. и. 62 млну нормативдик таза суу, калганы нормага ылайык тазаланган суу). Кен байлыктарды коргоо кен чыккан жерлерден минерал-сырьё ресурстарын толук казып алууга ж-а комплекстүү пайдалануугa шарт түзүүчү илимий жактан негизделген технологияларды өндүрүшкө киргизүү аркылуу камсыз кылынат. Көк-Жаңгак, Сүлүктү кирпич з-ддору, Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя курулуш материалдар комбинаттары кен казгандан чыккан керексиз тоо тектерди пайдалануу м-н иштейт. Таш-Көмүрдө ушундай кирпич з-дун куруу долбоорлонууда. Жалал-Абад, Кара-Шоро ж. б. жерлердеги минералдуу булактарды максатка ылайык пайдалануу б-ча чаралар көрүлүп жатат. Жерди коргоо мелиорация, суу чыгаруу, эрозияга каршы күрөшүү, кыртышты иштетүүнүн жаңы, коргогуч ыкмаларын киргизүү, талаа



Ак-Буура аңчылык заказниги.

коргоочу токой тилкелерин отургузуу, жар, аңдарга бак-дарак тигүү м-н ишке ашырылат. Облаткомдун бул чараларга сарптаган каражаты жылына 100 миң сомдон ашат (союздук ж-а респ. минволор м-н ведомстволордун сарптаган каражатын кошпогондо). Токойду коргоо область үчүн өтө маанилүү болуп эсептелет. Анткени мындагы токойлордун көбү кайталангыс, уникалдуу. Токойлордун суу топтоо, кыртыш сактоо, эрозияга каршы туруудагы ролу чоң. Тоолордогу ж-а тоо этектериндеги жапайы мөмө-жемиш дарактары, калың арча токойлору бул жагынан өзгөчө зор кызмат аткарат. *Токой чарбалары*, Түштүк Кырг-н токой-жемиш тажрыйба станциясы токойду коргоп ж-а калыбына келтирүү б-ча көп иш жүргүзүүдө. Өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсүн коргоо өсүмдүктөрдү ж-а жаныбарларды сактап, көбөйтүү чараларын кучагына алат. Корголуучу атайын аймактарды түзүү, о. эле биотехникалык иш-чаралар — климатташтыруу, көчүрүп жайгаштыруу, токой питомниктерин түзүү ж. б. бир кыйла натыйжа берүүдө. Кыргоол, чил көп жерлерде кайрадан көбөйтүлүүдө. Кыргызстан аңчылык башкы башкармасынын, Кырг-н *аңчылар жана балыкчылар коомдорунун* союзунун, обл. аңчылар коомунун карамагында аңчылык заказниктеринин тармагы түзүлдү. Балыктын баалуу түрлөрүн көл-дарыяларга коё берүү иши жүргүзүлүүдө. Мисалы: Аму-Дарыя жилиңгири Кызыл-Суунун алабынан Сыр-Дарыянын алабына көчүрүлдү. Мындан тышкары обл-тын аймагына зубр, элик, лань, бугу, ондатра, жанат, сасык кашкулак ж. б. коё берилди. Ош ш-нда тыйын

чычкан жаңы мекенин тапты. Областтын аймагында «Кыргыз ССРинин кызыл китебине» киргизилген төмөндөгү жаныбарлар жашайт: сүт эмүүчүлөрдөн кидик така тумшук жарганат, кош эрин жарганат, мензбир сууру, кызыл карышкыр, күрөң аюу, ала күсөн, сүлөөсүн, мадыл, илбирс, жейрен, канаттуулардан ак кунас, тоо казы, балта жутар, ак кажыр, бүркүт, көркоо, шакылдак, кара куш, жыланчы, ителги, шумкар, ылаачын, куу кумпай, каркыра, тоодак, безбелдек, көк чулдук, чөл ызгыты, ак төш көгүчкөн, узун куйрук чымынчыл, сойлоп жүрүүчүлөрдөн боз эчки эмээр, балыктардан чортон сымал балык, Түркстан жаяны, курт-кумурскалардан коңуздардын, аарылардын, чымын-чиркейлердин, көпөлөктөрдүн сейрек учуроочу бир нече түрлөрү. «Кызыл китепке» өсүмдүктөрдүн 43 түрү киргизилген. Алардын ичинде бийик карындыз, керемет шилби, шалфейдин, жоогазындын айрым түрлөрү, инжир, семенов көк карагайы, анар, бадамдын, долононун, жапайы алма, алмуруттун, четиндин, жапайы жүзүмдүн кээ бир түрлөрү ж. б. бар. Корголуучу атайын аймактар чарбалык, илимий, маданий-агартуучу мааниси бар табигый комплекстерди же объекттерди сактап калуу максатында түзүлгөн. Областтагы мындай аймактар: *Сары-Челек биосфера коругу, Беш-Арал коругу*, 12 ботаникалык, 6 токой, 4 аңчылык заказниктери, бир нече геологиялык заказниктер. Булардын жалпы аянты 48 миң *га*дан ашат. Жаңгак-жемиш, арча токойлорун коргоо максатында Кыргыз-Ата ж-а Киров табият парктарын, Разан-Сай ботаникалык заказнигин түзүү каралууда. Токой заказниктери: Балтыркан (аянты 304 *га;* Жаңы-Жол районундагы Афлатун токой чарбасында), Бүлөөлү (384 *га;* Алай району, Ош токой чарбасы), Дашман (5 миң *га;* Базар-Коргон району, Киров токой чарбасы), Жылгынды (300 *га;* Ала-Бука району, Ала-Бука токой чарбасы), Мескин-Сай (483 *га;* Ала-Бука токой чарбасы). Аңчылык заказниктери: Ак-Буура (10 миң *га;* Кара-Суу р-ну), Гүлчө (0,6 миң *га;* Алай р-ну), Сандалаш (Чандалаш; 35 миң *га;* Чаткал р-ну), Жазы (5 миң *га;* Өзгөн р-ну). Ботаникалык заказниктер: Жан-Чакты (80 *га;* Лейлек р-ну), Желтийбес (800 *га;* Жаңы-Жол р-ну), Кыргыз-Ата (30 *га;* Ноокат р-ну), Кыргыз-Гава (50 *га;* Ленин р-ну), Кош-Тектир (30 *га;* Ала-Бука р-ну), Кыныш (Чанач) (40 *га;* Чаткал р-ну), Ой-Кайың (Чоң-Ой-Кайың) (50 *га;* Алай р-ну), Сары-Могол (60 *га;* Алай р-ну), Сүлүктү (30 *га;* Лейлек р-ну), Чырагдан (500 *га;* Фрунзе р-ну), Хайдаркен (30 *га;* Фрунзе р-ну), Чаткал (600 *га;* Чаткал р-ну). Геологиялык заказниктер, табият эстеликтери: Абшыр-Ата шаркыратмасы, Ажыдаар, Чоң-Барит, Жийделик, Канигут үңкүрлөрү, Кара-Жыгач аскалары, Сулайман тоосу (коруктар ж-а заказниктер ж-дө өз-өзүнчө макалалар бар).

Г. Г. Воробьев, Э. Ж. Шүкүров

КАЛКЫ

Ош областы — калкынын саны б-ча респ-дагы эң чоң область. 1987-ж. анын калкы 1 млн 804 миң адамга жеткен. Түш. Кырг-ндын калкынын калыптанышына Фергана өрөөнүндөгү дыйканчылык аймактарынын жакын болушу, шаарлардын, сооданын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү чоң таасир тийгизген. 1897-жылдагы бүткүл россиялык эл каттоонун маалыматтары б-ча Ош уездиндеги 126689 кыргыздын 65,8%и отурукташып жашаган. Дыйканчылыктын, сооданын, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү кыштак, шаарлардын пайда болушуна шарт түздү. Калк негизинен табигый өсүштүн эсебинен көбөйгөн, бирок башка жактан да көчүп келиш-

Тоо арасындагы кыштакта.



КАЛКЫ

кен. 19-к-дын аягында Түш. Кырг-н Россияга кошулгандан кийин Түркстан крайында 80дей орус-украин кыш. пайда болгон. Сүлүктү ж-а Кызыл-Кыя көмүр кендеринде иштөө үчүн ар кайсы жактан адамдар көчүп келип турган. Октябрь рев-ясынан кийин жумушчулар м-н адистер айрыкча көп баштаган. Муну обл-та экономиканын, айрыкча кен казуу ө. ж-н тездетип өнүктүрүүнүн, о. эле социалдык-маданий милдеттерди чечүүнүн зарылдыгы талап кылган.

Калктын жыштыгы. Областта калктын жайгашуусу бир кылка эмес. Көптүлүгү айыл чарбасында ж-а өнөр жайга ыңгайлуу жерлерде, асыресе Фергана өрөөнүнүн тоо этектериндеги түзөңдөрдө жашайт. Мында калктын жыштыгы 1 $км^2$ аянтта 100 адамга чейин жетет. 1926-жылдан 1984-ж. чейин обл-тын аймагында калктын жыштыгы 1 $км^2$ аянтта 8 адамдан 29 адамга чейин, б. а. 3,5 эсеге өскөн. 1939-ж. обл-та 7 шаар, 1 ш. т. п., ал эми 1959-ж. 8 шаар, 4 ш. т. п., 1970-ж. 9 шаар, 14 ш. т. п., 1979-ж. 9 шаар, 13 ш. т. п. болгон. Ош ш. гана чоң шаар болуп эсептелет; Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Өзгөн, Майлы-Сай орто шаарларга кирет. Кара-Суу, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Сүлүктү чакан шаарлар. Шаар калкы 1926-жылдан 1984-ж. чейин дээрлик 9 эсе, айыл калкы болгону 2,9 эсе өскөн. Бирок мындай тез өскөндүгүнө карабастан шаар калкы жалпы калктын үлүшүндө акыркы 5 жылда анча көбөйгөн жок. Бул болсо айыл калкынын табигый тез өсүшү м-н түшүндүрүлөт. Областта индустриялуу тармактарды мындан ары өнүктүрүү шаарлардын өсүшүнө, шаар калкынын көбөйүшүнө шарт түзөт.

Калктын саны ж-а жыштыгы (жыл башында)

Жылы	Калктын саны, миң адам	анын ичинде		Бардык калктын саны процент м-н		калктын 1 $км^2$ аянттагы орт. саны
		шаар калкы	айыл калкы	шаар калкы	айыл калкы	
1926*	448,3	55,1	393,2	12,3	87,7	8
1940	640,9	141,4	499,5	22,1	77,9	11
1959	836,9	271,9	565	32,5	67,5	15
1970*	1175,8	360,4	815,4	30,7	69,3	21
1980	1499,1	447,4	1051,7	29,8	70,2	25
1984	1664	498,6	1165,4	30	70	27
1986	1755	527,2	1227,8	30,1	70	27
1987	1804,2	539,5	1264,7	29,9	70,1	28

* Эл каттоо маалыматы б-ча

Табигый өсүшү. 1926—40-ж. обл-тын калкы 43% же жылына орт. 3,1%ке; 1940—59-ж. 31%, жыл сайын 1,6%; 1959—70-ж. 40%, жыл сайын 3,6%; 1970—80-ж. 27%, жыл сайын 2,7%

Төрөлгөндөрдүн, өлгөндөрдүн саны ж-а калктын табигый өсүшү (ар 1000 кишиге эсептегенде)

Жылы	Төрөлгөндөрдүн саны	Өлгөндөрдүн саны	Табигый өсүш
1940	35,7	15,2	20,5
1950	36	7,6	28,4
1960	40,5	5,5	35
1970	36,9	7	29,6
1980	35,1	8,2	26,9
1983	37,6	7,2	30,4
1984	38,2	7,6	30,6
1985	39,1	7,5	31,6
1986	39	6,7	32,3

өскөн. Жалпысынан 1926—86-ж. обл-тын калкы дээрлик 3,8 эсе көбөйгөн, бул негизинен табигый өсүшкө байланыштуу. Табигый өсүш өлүмдүн, өзгөчө балдардын өлүмүнүн азайышынан, балдардын көп төрөлүшүнүн, өмүрдүн узарышынын эсебинен болду. Бала төрөөнүн деңгээли обл-та, өзгөчө кыргыздар басымдуулук кылган айыл-кыштак жерлеринде бир кыйла жогору. 1960-ж. ар 1000 кишиге эсептегенде төрөлгөндөрдүн эң жог. саны 40,5 ж-а өлгөндөрдүн эң төм. саны 5,5 болгон. Бул көрсөткүчтөр респ. б-ча 36,9 ж-а 6,1, ал эми СССР б-ча 24,9 ж-а 7,1. Бала төрөөнүн деңгээлинин

Никелешүүлөр м-н ажырашуулардын саны (ар 1000 кишиге эсептегенде)

Жылы	Катталган никелердин саны	Катталган ажырашуулардын саны
1940	6,9	1,9
1970	8,6	0,7
1975	10	0,9
1980	10,4	1,0
1981	10,9	1,1
1982	10,7	1,1
1983	10,8	1,1
1984	10,7	1
1985	10,8	1,1
1986	10,9	1,3




ӨНӨР ЖАЙЫ
ИШТЕТҮҮЧҮ ӨНӨР ЖАЙЫ
Машина куруу жана металл иштетүү
Энергетика жана электр-техникалык машина куруу
Жыгаччылык өнөр жайы
Материалдарын чыгаруу
Курулуш
Жеңил
Пахта тазалоочу
Тамак-аш
Эскертүү: Өнөр жай пункттарынын өлчөмү калкынын санына карата берилди
КАЗЫП АЛУУЧУ ӨНӨР ЖАЙЫ
таш көмүр
күрөң көмүр
нефть
нефть жана (табигый) газ
полиметалл кендерин
сурьма кендерин
сымап кендерин
гипсти
акиташ теги
цемент сыресун
Минералдуу булактар
Жылуулук электр станциялары
Суу электр станциялары
Нефть куурлары
Газ куурлары
Электр зымдары
КАЗАК ССРи
ЧЫМКЕНТ ОБЛАСТЫ
ТАШКЕНТ ОБЛАСТЫ
ТАЖИК ССРи
ЛЕНИНАБАД ОБЛАСТЫ
ЖИЗАК ОБЛАСТЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ИССЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ФРУНЗЕ РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР
ТООЛУУ-БАДАКШАН АОсу
Фрунзеге РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР
Коканд
Кокон
Ферганá
Наманган
Андижан
Ош
Джалал-Абад
Майлы-Сай
Таш-Көмүр
Токтогул
Кара-Көл
Нарын
Кызыл-Кыя
Сулюкту
Исфана
Ленинск
Совет
Фрунзе
Пролетарск
Шураб
Исфара
Риштан
Яйпан
Багдад
Хамза
Маргалан
Ферганá
Кувасай
Чарвак
Чаткал
Пскем
Касан-Сай
Терек-Сай
Сумсар
Чарбесар
Чуст
Пап
Жумашуй
Новбахор
Шайдан
Сыр-Дарья
Нарын
Кара-Дарья
Ахунбабаев
Ленинск
Кара-Суу
Сары-Таш
Кара-Кулжа
Ой-Тал
Гулчо
Сопу-Коргон
Кичи-Каракол
Улуу-Чат
Кызыл-Суу
Эркен-Там
Сары-Могол
Кара-Кабак
Дароот-Коргон
Маркансуу
Суек-Сай
Кара-Кол
Токтогул суу с.
Курпсай суу с.
Анжиян суу с.
Кара-Суу суу с.
Чаек
Кызыл-Ой
Соң-Кел
Миң-Куш
Казарман
Баетов
Кочкор
Ак-Талаа
Ат-Башы
Жумгал
Кочкор-Ата
Ак-Суу
Ак-Сай
Ак-Терек
Ак-Чий
Ак-Тюз
Ак-Тал
Ак-Ой
Ак-Булун
Ак-Кыя
Ак-Кыр
Ак-Кыз
Ак-Кыш
Ак-Кыт
Ак-Кыч
Ак-Кыш
Ак-Кыт
Ак-Кыч
Ак-Кыш
Ак-Кыт
Ак-Кыч


ИШТЕТҮҮЧҮ ӨНӨР ЖАЙЫ
Машина куруу жана металл иштетүү
Энергетика жана электр-техникалык машина куруу
Жыгаччылык өнөр жайы
Материалдарын чыгаруу
Курулуш
Жеңил
Пахта тазалоочу
Тамак-аш
Эскертүү: Өнөр жай пункттарынын өлчөмү калкынын санына карата берилди
КАЗЫП АЛУУЧУ ӨНӨР ЖАЙЫ
таш көмүр
күрөң көмүр
нефть
нефть жана (табигый) газ
полиметалл кендерин
сурьма кендерин
сымап кендерин
гипсти
акиташ теги
цемент сыресун
Минералдуу булактар
Жылуулук электр станциялары
Суу электр станциялары
Нефть куурлары
Газ куурлары
Электр зымдары
КАЗАК ССРи
ЧЫМКЕНТ ОБЛАСТЫ
ТАЖИК ССРи
НАМАНГАН ОБЛАСТЫ
АНЖИЯН ОБЛАСТЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
ФЕРГАНА
МАРГЕЛАН
КОКОН
ЛЕНИНАБАД ОБЛАСТЫ
РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР
ТООЛУУ-БАДАКШАН АОсу
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ИССЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ФРУНЗЕГЕ РЕСПУБЛИКАГА КАРАШТУУ РАЙОНДОР
Таш-Көмүр
Кара-Кол
Майлы-Сай
Кок-Жангак
Жалал-Абад
Ленинск
Кара-Суу
Ош
Сулюкту
Хайдаркен
Совет
Кызыл-Кыя
Токтогул
Токтогул суу с.
Нарын
Каракол
Чолпон-Ата
Балыкчы
Кочкор
Ат-Башы
Жумгал
Кара-Буура
Кара-Балта
Ысык-Ата
Сокулук
Шопоков
Аламедин
Кемин
Беловодское
Ивановка
Токмок
Кант
Орловка
Чуй
Фрунзе
Бишкек
Ала-Арча
Боом
Аксы
Кара-Кульджа
Кара-Дарыя
Сыр-Дарыя
Нарын
Чаткал
Кара-Суу
Ак-Суу
Исфана
Ляйлак
Баткен
Исфара
Шураб
Ташпулат
Ферганский канал
Чуйский тракт
Фрунзенский канал
Ала-Бука
Терс-Сай
Насан-Сай
Чаркесар
Чуст
Наукат
Чарвак
Ташкентский канал
Ахангаран
Ташкент
Чирчик
Ангрен
Бекабад
Янгиер
Голодная степь
Джизак
Самаркандский канал
Самарканд
Каттакурган
Ургут
Пастдаргом
Нарпай
Каттакурганское вдхр.
Нурата
Учкудук
Зарафшан
Навои
Кызылкум
Аму-Бухарский канал
Бухара
Каракуль
Газли
Газлинский канал
Ташкентский канал
Ташкентский канал
Ташкент



КАЛКТЫН ЖЫШТЫГЫ



Генерал-майор Э. Алиев жаштар м-н.

салыштырмалуу жогору экендиги калктын этностук составынын өзгөчөлүктөрүнө, мында жашаган элдерде өзелтен эле көп балалуулуктун салтка айлангандыгына ж. б-га байланыштуу. Областта ажырашуулардын саны бир кыйла туруктуу бойдон калууда. Бул — үй-бүлөлөрдүн салыштырмалуу бекемдигинин бир көрсөткүчү, көп балалуулуктун себеби болгон жагдайлардын бири.

1970-жылдагы эл каттоо б-ча обл-та бир үй-бүлөдөгү адамдардын орт. саны шаарда 4,4; айылда 5,5, обл. б-ча 5,1 киши, 1979-ж. шаарда 4,3, айылда 5,4, обл. б-ча 6 киши болгон. Областта 5 ж-а андан көп балалуу үй-бүлөлөр бардык үй-бүлөлөрдүн 55,6%ин түзгөн.

Жыныс ж-а жашы б-ча бөлүнүшү. 1979-жылдагы эл каттоо б-ча обл-та эркектер 721 751, аялдар 750 551 болгон, б. а. аялдар 28 800гө көптүк кылган. Ал эми 1959-ж. эркектер 402 399, аялдар 434 478; алардын санынын айырмасы 32079 болгон. Негизинен улгайган курактагы аялдар басымдуулук кылат. Бул бир жагынан Улуу Ата Мек. согуштун кесепеттери, экинчи жагынан, өмүрдүн орт. узактыгы аялдарда жогору экендиги м-н түшүндүрүлөт. Кийинки мезгилде калктын жаш жагынан бөлүнүшүндө чоң өзгөрүүлөр болду. Балдардын саны тынымсыз өсүүдө. Областта 14 жашка чейинки балдардын калктын жалпы санындагы үлүшү респ-дагыдан ж-а СССРдегиден жогору. 60тан ашкан адамдардын саны көбөйүүдө. Эмгекке жарамдуу калктын саны (16—59 жаштагы эркектер, 16—54 жаштагы аялдар) 1959—70-ж. орт. 120%ке, а. и. шаар калкы 124%, айыл калкы 116%ке көбөйгөн. 1970—79-ж. бул темп дагы жогорулаган.

Улуттук составы. Областтын калкы көп улуттуу. Мында 60тан ашуун улут м-н элдин, этностук топтун өкүлдөрү жашайт. Калктын нег. бөлүгү — кыргыздар. 1897-ж. Түш. Кырг-н аймагында кыргыздар калктын 38%ин түзгөн. 1959-ж. калктын 45,6%и (382 241) кыргыздар, 24,3%и (203 736) өзбектер, 14,1%и (118 405) орустар болгон. 1979-жылдагы эл каттоо б-ча облтагы 1 472302 адамдан турган жалпы калктын ичинен кыргыздар 806 405 киши же 54,7%, өзбектер 399 862 же 27,1%, орустар 131 975 же 8,9%, татарлар 40705 же 2,7%, тажиктер 22 367 же 1,5%, украиндер 19 845 же 1,3%, калганы башка улуттардын өкүлдөрү болгон. 1970-жылдагы эл каттоо б-ча кыргыздардын 10,8%и орусча, 12%и башка бир тилде, 1979-ж. 19,9%и орусча, 3,7%и башка бир тилде эркин сүйлөгөн. Шаардык кыргыздардын саны төмөн бойдон калууда. 1970-ж. алар обл-тагы бардык шаар калкынын 18%ин, бардык кыргыздардын 10,7%ин түзгөн. 1979-ж. бул көрсөткүчтөр 23% ж-а 12% болгон. Кыргыздар м-н өзбектердин жалпы саны, үлүшү тынымсыз өсүүдө.

Билим деңгээли. 1897-жылдагы эл каттоо б-ча Ош уездинде калктын 1,9%и гана сабаттуу болгон. Улуу Октябрь рев-ясынан кийин калктын билим деңгээли эбегейсиз жогорулаган. 1939-ж. 9—49 жаштагы калктын 73,5%и, 1959-ж. 97,3%и, 1979-ж. 99,9%и сабаттуу болгон. 1939-ж. ар 1000 кишинин экөө жог. билимдүү эле. Бул көрсөткүч 1970-ж. 23кө, 1979-ж. 38ге жеткен. Айыл калкынын билим деңгээлинде олуттуу өзгөрүүлөр болду. 1970-ж. шаарда ар 1000 кишинин 37си, айылда 16сы жог. билимдүү болсо, 1979-ж. бул көрсөткүчтөр шаарда 59ду, айылда 28ди түзгөн. Аялдардын билим деңгээли тынымсыз жогорулоодо. 1959-ж. иштеген ар 1000 эркектин 422си, аялдын 317си (айырмасы 105), 1979-ж. ар 1000 эркектин 825и, аялдын 750сү (айырмасы 75) жог. ж-а орто билимдүү болгон.

Социалдык-таптык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр. Революцияга чейин калктын басымдуу көпчүлүгү мал багып,



Ош ш-ндагы тынчтыкты коргоо манифестациясы.

дыйканчылык кылган. Дыйкандардын составы бир кылка болгон эмес, алардын арасында жерди арендага алып, түшүмүн жер ээси м-н бөлүшкөн чайрыкерлер, жер ээсине, кулакка жалданып иштеген мардикерлер, жери аз кедей дыйкандар, жатакчылар, байга жалданган малчылар болгон. Шаарларда мещандар, кол өнөрчүлөр, ири ж-а майда соодагерлер, чиновниктер, аскер кызматкерлери көпчүлүктү түзгөн. Областтын аймагындагы көмүр ж. б. кен чыккан жерлерде, майда ө. ж. ишканаларында гана бир аз санда жумушчулар иштеген. Эмгекчи дыйкандар ж-а шаардыктар эзүүчү таптарга — бай-манаптарга, кулактарга, капиталисттерге экон. жактан көз каранды болгон. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясы жеңгенден кийин жерге, нег. өндүрүш каражаттарына ж-а эмгек куралдарына болгон жеке менчик жоюлду. Аларды коомдоштуруу нег. эзүүчү тапты, анын экон. ж-а саясий үстөмдүгүн жоюуга алып келди. 20-жылдардын ортосуна чейин обл-тын дыйкандары, кол өнөрчүлөрү патриархалдык түзүлүштөн арыла алышкан эмес, эзүүчү тап али да болсо биротоло жоюла элек эле. 30-жылдардын 2-жарымында социалисттик өндүрүштүк мамилелер бүткүл өлкөдөгү ж-а респ-дагыдай эле обл-та да калктын социалдык жаңы түзүлүштүн калыптанышына алып келди. Жумушчу табы, колхоз дыйкандары ж-а интеллигенция нег. социалдык топтордон болуп калды.

Социализмди куруу мезгилинде жумушчулар, кызматчылар ж-а дыйкандардын ортосунда, өндүрүштө ж-а өндүрүш эмес тармактардын ортосунда сан ж-а сапат жагынан, о. эле ар бир коомдук топтун өзүнүн ичинде да бир кыйла өзгөрүүлөр болду. Областта жумушчулар м-н интеллигенциянын салыштырма салмагынын (айрыкча өндүрүш эмес чөйрөдө) туруктуу өсүшү, колхозчулардын санынын азайышы, жеке менчик дыйкандардын биротоло жоюлгандыгы, акыл эмгеги м-н мыкты квалификациялаштырылган күч эмгегин интеграциялоонун натыйжасында акыл эмгеги м-н эмгектенгендердин үлүшү көбөйгөндүгү, оор ж-а начар квалификациялаштырылган күч эмгеги м-н эмгектенгендердин саны барган сайын азайгандыгы байкалат. Жумушчу табы, колхоздук дыйкандар ж-а интеллигенциянын ортосунда жакындашуулар өрчүп, коомдук тапсыз түзүлүшкө ж-а калктын социалдык жактан бир түрдүүлүгү калыптана баштады (к. *Жумушчулар, Дыйкандар, Интеллигенция*).

Г. Г. Галицулин

Калктын коомдук топторго бөлүнүшү
(% м-н)

	1959	1970
Жалпы калк (иштегендер ж-а багуудагы адамдар) . . аның ичинде:	100	100
жумушчулар	36,5	54,5
кыматчылар	13,9	16,4
колхозчулар	49,3	29,0
менчик чарбалуу дыйкандар ж-а кооперацияга кирбеген кол өнөрчүлөр	0,3	0,4

ТАРЫХЫ

Азыркы Ош обл-нын аймагы өткөн мезгилдерде Орто Азиянын ири тарыхый-маданий бөлүгү — Ферганаанын бир курамына кирген. Дыйканчылык өнүккөн Ферганаанын калкы ж-а азыркы Түш. Кырг-ндын тоолуу өрөөндөрүнүн калкы тарыхта өнүгүүнүн бирдей эле этаптарын басып өткөн, алар байыркы мезгилде ж-а орто кылымда жалпы эле бирдей мамлекеттерге караган. Бул жерде мындан 500 миңдей жыл илгери адамзат пайда болуп, алгачкы жамаат түзүлүшүнүн доору башталган Орто Азиянын эң байыркы эстеликтеринин бири Сол-Үңкүр (Хайдаркен ш. т. п-нын жанында) сакталган. Ал үңкүрдөн алгачкы палеолит дооруна таандык таш куралдар табылган. Сол-Үңкүрдө адамдар кайсы мезгилде жашагандыгы азырынча толук тактала элек, ошондой болсо да Кырг-ндын түштүгү СССРде адамдар алгач жашай



Мустье доорундагы таш куралдар. Капчыгай өрөөнү.

баштаган аймактардын бири экендигинде шек жок. Адамдар тоолуу өрөөндөрдү ортоңку палеолит мезгилинин мустье доорунда (100—40 миң жыл мурда) эле өздөштүргөн. Ош ш-нын чыгыш тарабындагы Охна өрөөнүндө ж. б. жерлерде ушул мезгилге таандык эмгек куралдары табылган. Оттук таш (кремний) казып алынуучу ж-а иштетилүүчү *Капчыгай палеолит мастерскою* өзүнүн өзгөчөлүгү, кайталангыстыгы м-н айырмаланат. Областтын түштүгүндөгү Обишир I—V үңкүрлөрүнүн ж-а түндүктөгү Таш-Көмүр үңкүрлөрүнөн табылган материалдарга караганда мезолит ж-а неолит доорлорунда (б. з. ч. 7—4-миң жылдыктар) алгачкы өндүрүш чарбасы түзүлө баштаган. Неолит доорунда Ферганада жашаган калктын өз алдынча маданияты болгондугу ж-дө далилдер бар. Б. з. ч. 2-миң жылдыктын ортосунда бул жерде колону пайдалана билип, малчылык-дыйканчылык м-н кесип кылган уруулар мекендеген, алардын Түн. Кырг-н, Казакстандын аймактарында, Арал деңизи боюнда жашаган уруулар м-н маданий жалпылыгы болгон. Кайрак-Кумдагы тургун жайлар Ферганаанын түштүгүндөгү б. мүрзөлөр, айрым карапа сыныктары (Оштогу Чаян-Дөбө ж. б.), о. эле Өзгөн ш-нын жанындагы *Жапа-Салдыдан* табылган коло буюмдар ушул уруулларга таандык.

Ферганада дыйканчылык кайсы мезгилде пайда болгондугу тактала элек, бирок б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягында көпчүлүк аймактарда (азыркы Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат р-ндорунда) *чуст маданиятына* таандык дыйканчылык очокторунун болгондугу белгилүү. Ферганадагы чуст маданиятына таандык азыркы белгилүү 80 тургун жайдын теңинен көбү Түш. Кырг-нда. Чуст маданиятына таандык уруулардын тарыхы дээрлик 400 жылды (б. з. ч. 8—7-к-га чейин) камтыйт. Бул мезгилде

дыйканчылык, малчылык, о. эле коло м-н жезди пайдалануу өнүккөн, идиш-терди оймо-чиймелеп кооздоо адаты таралган. Бул мезгилде алгачкы жамаат түзүлүшү бузулуп, алгачкы таптык коом пайда боло баштаган. Чуст маданиятына таандык элдердин Ташкен оазисиндеги дыйканчылык м-н кесип кылган жамааттар, о. эле Согд, Бактрия, Парфия ж-а Чыгыш Түркстандын калкы м-н тыгыз байланышы болгон. Булардын маданиятында жалпы жактары көп. Калкы иран тилдеринде, көбүнчө чыгыш иран тилдеринде сүйлөшкөн. Бул мезгилдеги калктын маданиятын, чарбасын ж-а турмуш-тиричилигин мүнөздөгөн баалуу материалдар *Ош тургун жайынан* табылган.

Б. з. ч. 7-к-да чуст маданияты алгачкы темир доорунун маданияты м-н алмашат. Бул мезгилде тарыхый ж-а эл аралык абал татаал болгон. Азыркы Ирандын аймагында пайда болгон Ахеменилер мамлекети баскынчыл жортуулдарды жасай баштаган. Б. з. ч. 6-к-дын башында ахеменилер Орто Азиянын бир катар түш. аймактарын каратып алган. Алардын ээлигинин чек арасы түндүктө Сыр-Дарыя б-ча өткөн. Бирок Фергана көз карандысыздыгын сактап калган. Александр Македонскийдин Ахеменилер мамлекетин талкалап, б. з. ч. 329-ж. Сыр-Дарыяга чейин жеткен, бирок андан ары жыла алган эмес. Фергана бул мезгилде ж-а андан кийин Орто Азиянын түш. бөлүгүндө Грек-Бактрия мамлекети (б. з. ч. 250-ж.), ал эми б. з. башында күчтүү Кушан империясы түзүлгөндө да өз



Саймалы-Таш аска бетиндеги сүрөттөр.

алдынчалыгын жоготкон эмес. Фергананын тарыхында аймактын түштүгүндөгү тоолуу өрөөндөрдө да жашаган көчмөн сак уруулары маанилүү роль ойногондугу талашсыз. Муну Алай өрөөнүндө ж-а Өзгөндүн жанындагы Кош-Этерде казылган дөбө мүрзелөр, Доңуз-Тоодон табылган сактардын казандары далилдейт. Ахеменилердин ж-а Александр Македонскийдин аскерлерин так ушул сактар Сыр-Дарыяда токтотушкан. Алардын Фергана м-н мамилеси кээде кастык, кээде достук мүнөздө болуп турган. Бирок Фергана сактарга таянып гана өз алдынчалыгын сактап калгандыгы анык. Ферганандын өзгөчө абалы анын маданиятынын б. мезгилдерде (б. з. ч. 7—6-к. — б. з. 5—6-к.) өз алдынча болгондугунан көрүнүп турат. Б. з. ч. 7—6-к-дан баштап колодон жасалган эмгек куралдары азайып, темир куралдар, атайын станокто жасалган карапалар пайдалануна баштаган; бүтүндөй материалдык маданият, а. и. карапалардын кебетеси, андагы оймо-чиймелер өзгөргөн. Өндүргүч күчтөр андан ары өнүгүп, жерди сугара баштоонун натыйжасында дыйканчылык өркүндөгөн, тургун жайлар көбөйгөн. *Эйлатан маданиятынын* (б. з. ч. 7—4-к.) эстеликтери Фергананын бардык жеринде, а. и. Ош ж-а Өзгөн оазистеринде да кездешет. Бул мезгилге таандык мүрзөлөр ар кайсы жерлерден табылган. Мис., алар Ош оазисинде (к. *Өзгөр II, Төлөйкөн*) ж-а Кожо-Бакырган суусунун өрөөндөрүндө жакшы изилденген. Өлгөн адамды баалуу буюмдар м-н көмүү, мүрзөнүн үстүнө топурак үйүү адаты алгач ошондо башталган. Бул мезгилде алгачкы таптык кул ээлөөчү коом ж-а б. Ферганадагы алгачкы мамлекет калыптанган.

Шоро-Башат маданияты (б. з. ч. 4—1-к.) мезгилинде Ферганада Даван мамлекети болгон, ал ж-дө толук маалыматтар хань хроникасында баяндалат. Б. з. ч. 2-к-дан баштап Даван — шаарлары көп (70тен ашык), дыйканчылыгы өнүккөн бай өлкө болгон. Ал мыкты аргымактары м-н даңкы чыккан (к. *Фергана аргымактары*). Алардын аскадагы сүрөттөрү (*Араван аска бетиндеги сүрөттөр, Абшыр-Сай аска бетиндеги сүрөттөр, Сүрөт-Таш аска бетиндеги сүрөттөр, Ноокат аска бетиндеги сүрөттөр*) Кырг-ндын түштүгүндөгү бир катар жерлерде сакталган. Даван аркылуу өтүүчү Улуу Жибек жолуна өзүнүн таасирин орнотууга умтулган Хань империясынын аскерлери б. з. ч. 104—99-ж. Даванга кол салып, аны убактылуу каратып алган. Давандын 300 миң калкы болгон. Б. з. ч. 2-к-дан өлкөнү өзүнүн династиясы башкарган. Б. з. 220—419-ж. өлкөнү бул династия үз-



«Канигут» үңкүрүнүн схемасы.



гүлтүксүз башкаргандыгы ж-дө маалыматтар бар. Бул мамлекет б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосунда эле пайда болгон ж-а 600 жылча турган. Борбору Эрши ш. болгон. Аравандын жанындагы Мархамат шаар чалдыбарын ага таандык кылып жүрүшөт. Өкүмдардын жайкы резиденциясы — Гуйшуань ш. Касан чебине (Өзбек ССРиндеги Касан-Сай ш-нан түштүгүрөөктө), Давандагы Ю шаары *Шоро-Башат шаар чалдыбарына* окшоштурулат. Көпчүлүгү Өзгөн оазисиндеги ж-а Ош-Кара-Суу өрөөнүндө топтолгон Шоро-Башат эстеликтери Даван мамлекетинин мезгилинде пайда болгон.

Давандын өркүндөгөн убагы б. з. 1—4-к-на — *мархамат маданиятынын* мезгилине туура келет. Бул мезгилде шаарлар көбөйгөн, демек дыйкан калктын Фергана аймагын өздөштүрүүсү күчөгөн. Миң жыл бою (б. з. ч. 1-миң

жылдыктын ортосунан б. з. 1-миң жылдыгынын ортосуна чейин) дыйканчылык маданиятынын уланып өнүгүшү калктын этностук составынын өзгөрбөгөндүгүн айгинелейт. Б. ферганалыктар чыгыш иран тилинде сүйлөгөн элдерге кирет. Даван мамлекетинин мезгилинде (б. з. 1-к.) алар өз алдынча эл болуп калыптанган. Ошол мезгилдеги идиштерде Ферганага таандык оймо-чиймелер түшүрүлгөн. Темир-Коурук көрүстөнүндө (Жаңы-Ноокат кыш-нан батышыраакта) б. дыйкандардын сөөк коюу салты изилденип, айрымдары арча устундар м-н жабылган 87 мүрзө казылган. Адамдын сөөгү м-н кошо тамак-аш салынган идиштер, турмуштиричилик ж-а асемдик буюмдары, о. эле койдун ж-а куштардын (кыязы кыргоолдун) эти бүтүн бойдон көмүлгөн.

Ферганаңын чет-жакаларында дыйканчылыкты кесип кылган уруулар м-н бирге жарым көчмөн уруулар, а. и. юечжилер да жашаган. Бул уруулардын калкынын этностук составынын ар башкалыгы сөөк коюу салтынын түрдүүлүгүнөн көрүнүп турат. Бул мезгилде түспөлүндө монголоиддик белгилери бар калк пайда боло баштаган. Б. з. 1-миң жылдыгынын ортосунда күл ээлөөчүлүк түзүлүш начарлаган. Бул мезгилде Фергана өрөөнү аймагы кең, бирок анча бекем эмес Эфталиттер мамлекетинин курамына кирген. 6-к-дын 50-жылдарында Алтайда Түрк каганы түзүлүп, көчмөн түрк уруулары Орто Азияга басып киргенде бул мамлекет кулаган. 6—7-к-дын чегинде түрк каганды Батыш ж-а Чыгыш Түрк каганды Батыш ж-а Чыгыш Түрк каганды Батыш ж-а Чыгыш

бөлүгүн Ферганага сүрүп ташташкан. Жунгар башкаруучуларынын Фергананы басып алууга жасаган аракети ишке ашкан эмес. Өзбектер м-н кыргыздар биригип, жунгар аскерлерине сокку берген. Көп өтпөй Ферганада Кокон эөлиги баш көтөрүп күчтөнөт, анын акимдери 18-к-дын ортосунан баштап коңшу жерлерди каратып ала баштайт. 18-к-дын ортосунда Кыр-ндын түштүгүндө кыргыздардын Кубат бийге баш ийген ичкилик ж-а Хажы бий баш болгон адыгине уруулар бирикмеси бөлүнүп чыгат. Кубат бийге негизинен Алайда ж-а Батыш Ферганын чыгыш жагындагы кыргыздар Ош ж-а Өзгөн ш. м-н кошо баш ийген. Кубат бий Кокон башкаруучусу Эрденинин союздашы болгон. Кокон хандыгы күчтөнө баштагандан кийин анын башкаруучулары коңшулаш кыргыздардын жерин басып алууга умтула баштаган. Ал эми кыргыздар ал кезде өз ара чыр-чатактардан арыла албай жатышкан. Коконду бийлеген Миң династиясы аденде Ош, Өзгөн ш-н (чет-жакасы м-н) ж-а алайлык көчмөн кыргыздарды каратып. 18-к-дын 60-жылдарынын башында кокондук Эрдене бийдин аскерлери жерг. Хажы бий башкарган кыргыз кошуундарынын каршылыгын жеңип, Ош, Өзгөн ш-н ж-а алардын айланасын басып алып, калкына салык салган. Кийин кыргыздар бир аз убакка өзүнүн көз карандысыздыгын кайра жеңип алгандыгына карабастан, күчүнүн аздыгына байланыштуу күрөштү уланта алган эмес. 1762-ж. бул аймак биротоло Кокон эөлигинин курамына кирген.

Бул жерге отурукташкан өзбек оторчулары шалы, буудай ж. б. айыл чарба өсүмдүктөрүн эгишкен. Ош 19-к-дан Коконго караган аймактардын бири катары белгилүү. Кокон хандыгы Ош аймагынан кийин Алайды каратып алган. Ал аркылуу Кашкардан Ошко, андан Ферганага соода жолу өткөн. Бул жолдун коопсуздугун камсыз кылуу үчүн Мадалы хан 19-к-дын 20-жылдарында Алайда Сопу-Коргон ж-а Кызыл-Коргон чептерин анжияндык хаким Иса-даткага курдурган. Кийин бул 2 чеп Ферганага өтүүгө аракет кылган Цинь (Кытай) аскерлеринин жолун бөгөгөн. Бирок Кокон чептериндеги аскерлер кокондук эзүүгө моюн сунбаган жерг. калктын көтөрүлүп чыгуусун тыя алган эмес. Алай кокондук эзүүгө каршы көтөрүлүштөрдүн негизги очокторунун бири болгон. Бул жактан башталган көтөрүлүштөр Ош аймагына ж-а Кокон хандыгынын башка аймактарына тараган. 1845-жылкы оштук кыргыздардын Ош ш-н айланасы м-н, Үч-Коргон, Шахрихан ж-а Алайга чейинки аймактарды камтыган ири көтөрүлүшү болгондугу белгилүү (к. *Кокон көтөрүлүштөрү*). Көп өтпөй кыпчактан чыккан кол башчы Мусулманкул Коконду ээлеп алып, Миңдер династиясынын мурасчысы — баласын катка жете элек Кудаяр ханды тактыга отургузат. Бул көтөрүлүштөрдөн элдин турмушу өзгөрүп, жеңилдеген эмес, тек гана хандар алмашканы болбосо көтөрүлүшчүлөр ырайымсыз жазаланып турган. Карапайым кыргыз эмгекчилеринин Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөшүн өздөрүнө кошумча артыкчылыктарды алып калуу үчүн кыргыз феодалдары да пайдалануга аракеттенишкен. Алайдагы уруу башчысы Алымбек датка көтөрүлүштүн шары м-н Кокон хандыгындагы эң ири Анжиян вилаетинин башчысы, андан кийин хандыктын башкы вазири болуп калган. Алымбек алайлык кыргыз кошуундарын баштап, башка бир кокондук өкүмдар — Малля ханды кулатууга да катышкан (1862). Ошондо Кокон хандыгын куралдуу көтөрүлүштөрдүн толкуну каптаган. Кыргыздардын дээрлик бардыгы көтөрүлүшкө чыгышкан; кокондук аким, бектерди токмоктоо, чептерди чаап алуу, алардан хандын аскерлерин куулп чыгуу башталган. Көп өтпөй Кудаяр хан Бухара эмиринин жардамы м-н такка кайра отурган ж-а көтөрүлүштүн очокторун баса баш-



Оштон табылган жазуу таш.

таган. Алымбек өлтүрүлгөн. Алайлык кыргыздарды анын аялы — Курманжан датка башкара баштаган.

Коңшулаш мамлекеттер м-н тынымсыз согушуу, тыйылбаган феодалдык өз ара чыр-чатактар көтөрүлүшкө чыккан элди ырайымсыз жазалоо Кырг-ндын түштүгүндөгү экономиканын ж-а маданияттын өнүгүшүн кечеңдеткен. Түш. аймактардын экономикасынын негизин көчмөн мал чарбачылыгы түзгөн. Бирок өзбек ж-а тажик калкынын таасири м-н кыргыздар дыйканчылыкка да өтө баштаган. Кол өнөрчүлүк да өнүккөн. Алайдын жайлоолорунда кыргыздардын гана малы эмес, анжияндык, намангандык ж-а маргаландык өзбектердин, Хожент м-н Ура-Төбөнүн тегерегиндеги тажиктердин малы да жайлаган. Кыргыздар жүргүзгөн бардык чарбасы үчүн хан казынасына ж-а жерг. феодалдарга салык төлөп турушкан. Салык шариятта көрсөтүлүп, өлчөмү белгилөнсө да, иш жүзүндө калктан салык жыйноо кадимки талоончулукка айланып кеткен. Көчмөндөрдөн зекет, дыйкандардан эгин — хераж, там аркасы ж-а бакчасы барлардан танап салыктары алынган. 19-к-дын ортосунда натуралай салыктын ордуна акчалай салык алына баштаган. Иштеп берүүгө ж-а аскер болууга милдеткердик демейдеги көрүнүш болгон. Кокон хандыгына жаңы жоокерлер дайыма керек болуп турган, анын туруктуу аскерлери дээрлик жок болгондуктан, кошуундар топтолгон. Алар курал-жарак, ат ж. б. жоокерчилик жабдыктары, о. эле тамак-аш м-н өзүн өзү камсыз кылган. Ушунун баары ар кыл түрдө нааразылыктарды туудурган; кыргыздар хандын салык жыйноочулары м-н чиновниктеринен алысыраак бийик тоолуу өрөөндөргө көчүп кетишкен, баш ийбөөчүлүк ж-а куралдуу көтөрүлүштөр болуп турган. Элди баш көтөртпөй кармоо ж-а кыргыз жеринде өзүнүн таяныч пунктун сактап туруу үчүн Кокон хандыгы стратегиялык жактан мерчемдүү, соода жолдору кесилишкен жерлерде курулган чептерде (Алай өрөөнүндө Кызыл-Коргон, Сопу -Коргон, Дароот-Коргон, Фергана тоо этектеринде Кан, Кыштут, Исфара, Ошко кире бериште Мады чеби) аскерлери м-н анын башчыларын койгон. Нааразы болгондорду ырайымсыз жазалоодон ж-а салыктын оордугунан 1867-ж. алайлык кыргыздар кайрадан көтөрүлүшкөн. Алар Садык Серкердин



Жаңы-Жол р-нундагы Имам-Ата күмбөзү (мазары).

жетекчилиги м-н Кызыл-Коргон чебин чаап алышып, анын башчысы Кул датканы өлтүрүшкөн, бирок хандын жетип келген аскерлери көтөрүлүштү баскан. 3 жылдан кийин Алайда жаңы көтөрүлүш чыгат. Аны басуу үчүн Кудаяр хан Бухара эмиринен жардам сурооого аргасыз болгон. 1871-ж. Сох кыргыздары көтөрүлүшкө чыгып, кышкысын тоого чегинип кетишкен, бирок жазында Ферганага чабуул коё баштаган. Ушул мезгилден баштап Кокон хандыгы кулаганга чейин (1876) Кыргындын түш. бөлүгү хандын аскерлери м-н көтөрүлүшкө чыккан кыргыздардын согуш майданына айланган. Кыргыздар орус падышасына жардам сурап ж-а өздөрүн Россиянын карамагына алуусун өтүнүп, бир нече жолу кат м-н кайрылышкан. Бирок Кокон хандыгы м-н келишими бар падышалык бийлик алардын өтүнүчүн канаттандырган эмес,ошондуктан көтөрүлүштөрдө өздөрүнүн күчүнө гана таянууга туура келген. 1873-жылдан көтөрүлүш Фергана тоолорун бүт бойдон, андан кийин Фергананын боро. бөлүгүн камтыган. Ага кыргыздар гана эмес, өзбек, тажик эмгекчилери да катышкан. Көтөрүлүшкө өз мүдөөсүн көздөгөн бир катар феодалдар кошулган. Көтөрүлүшчүлөр кыргыздын ичкилик уруусунан чыккан Ыскак Хасан уулун хан тукумунан чыккан Болот хан деп жарыялашкан. Ыскак Кудаяр ханга каршы күрөштү уюштуруп, көтөрүлүштү жетектеген. Көтөрүлүшчүлөр кокондук хан аскерлеринин ж-а бектерин куулп чыгышып, чептердин көпчүлүгүн кыйратышкан. Кудаяр хан, андан кийин анын ордун



Кан чеби.

ээлеген мурасчысы Насреддин хан Хожентеги падышалык бийликке баш калкалап качып кетишкен. Кыргыз феодалдары (бийлери) Ыскакты (Болот хан) өкүмдар — хан көтөрүп алышкан. Феодалдар жандаган (алардын арасынан кыпчактардын мурунку жол башчысы Мусулманкулдун уулу — Абдрахман Афтобачы ж-а Алымбек датка м-н Курманжан датканын уулу — Абдылдабек нег. роль ойношкон) Болот хан такка отуруп, көтөрүлүшчүлөрдүн көпчүлүгү Кудаяр хан куулгандан кийин айылдарына тарап кетишкен. Падыша өкмөтү Болот ханды законду бийлик ээси деп таануудан баш тартып, Кокон хандыгына өз аскерлерин киргизген, 1876-ж. февралда Кокон хандыгы Фергана обл. катары Россиянын курамына кошулду деп жарыялаган. Болот ханды жакын пикирлеш феодалдары падышалык бийликке кармап беришип, ал 1876-ж. 1-мартта Маргалаңда өлүм жазасына тартылган. Болот хандын пикирлеши Абдылдабек Алайда орус аскерлерине бир аз убакыт каршылык көрсөтүүгө аракеттенген, бирок көп өтпөй анын энеси Курманжан датка өзүнө баш ийген кыргыздарды каршылык көрсөтүүнү токтотууга чакырып, Алайга келген полковник М. Д. Скобелев м-н келишим түзгөндөн кийин Афганстанга өтүп кеткен. Ошентип ички социалдык-экон. себептердин ж-а кыргыз, өзбек, тажиктердин хан эзүүсүнө каршы 1873—76-ж-дагы массалык көтөрүлүштөрүнүн натыйжасында Кокон хандыгы кулап, Түш. Кырг-н Россиянын курамына кирген.

Кыргыз элинин Россия мамлекетине кошулуу процессинин аякташы (1876) бул аймакта көп улуттуу калктын түзүлүшүнө, элдердин өз ара маданий-экон. бекем байланыштарынын калыптанышына алып келген. Ар кайсы элдин өз алдынча үрп-адаты болуп, өзүнчө чарба күтүшкөн. Кыргыздар негизинен көчүп жүрүп мал бакканы. Алардын айылдары тоо арасындагы өрөөндөрдө жайгашкан. Кыргыздардын бир бөлүгү көчмөн мал чарбачылыгы м-н катар эле дыйканчылык м-н да кесип кыла баштаган. Алар Ферганы чыгыш тараптан курчаган тоолуу өрөөндөрдө өздөрүнүн кыштоолорун курушкан. Бул аймактагы калктын көпчүлүгү кыргыздар болгон, бирок 18-к-дын аягында оторчу өзбектер аларды түздүктөрдөн бөксө тоолорго сүрүп чыгышкан. Мурунку Кокон чептеринин айланасына (Куршаб ж. б. жерлерде) өзбектер м-н кыргыздардын кыш. пайда болгон. Аларда жашагандар дыйканчылык кылып, жакынкы жайыттарда мал да багышкан (аралаш чарба күтүшкөн). Фергананын чыгыш жакаларында көп эле кыргыз кыш. болгон. Отурукташкан кыргыздардын саны өсүп, өзүнчө болуштарды түзүшкөн. Бул жерде мурда отурукташкан өзбектер, о. эле 18-к-дын аягында келген уйгурлар ж-а 1877-жылдан мекендеген дунгандар сыяктуу эле кыргыздар да отурукташкандан кийин жер сугарып дыйканчылык, кылышып, сулу, буудай, пахта өстүрө башташкан, мал чарбачылыгын да жүргүзүшкөн. 1917-ж. чейин Фергана аймагында жалаң өзбектер же кыргыздар жашаган кыштактар, о. эле өзбек, кыргыз, тажик ж. б. улуттар аралаш жашаган кыштактар түзүлгөн. 19-кдын 90-жылдарында Борб. Россия м-н Украинадан дыйкандар көчүп келе баштайт. Адегенде Көгарт ж-а Куршаб өрөөндөрүндө, андан кийин башка жерлерде орустардын ж-а украиндердин алгачкы кыш. пайда болгон. Алардын ирилери (калкы 0,5—1,5 миң адам): Ош уездиндеги Покровский кыш. (1893-ж. негизделген), Наманган уездиндеги Успенский кыш. (1897-ж. негизделген), Анжиян уездиндеги Спасский кыш. (1901-ж. негизделген).

Орус ж-а украин келгиндеринин чарба жүргүзүүсү жерг. элге таасир тийгизбей койгон жок. Алардын айыл чарба шаймандары дыйканчылыктын маданиятын жогорулатып, ургаалдаштырган. Өз кезегинде келгиндер да жерг. элдин эзелки малчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк ыкмаларын өздөштүргөн. Түш. Кырг-н Россиянын курамына киргенден кийин 19-к-дын аягында б. кербен жолдоруна ж-а мал

айдалуучу жолдорго кошумча араба жолдор салынып, өрөөндүү аймактарда кыш-ды байланыштыруучу, тоолордо мал айдалуучу жолдор жакшыртыла баштаган. 20-к-дын башында алгачкы темир жол пайда болгон. Мунун баары соода, экон. катнаштын (ички, транзиттик ж-а тышкы) кеңейишине, почта байланышынын жанданышына, тоолуу аймактардын обочолонуусун жоюуга шарт түзгөн. Ош — Анжиян — Жалал-Абад — Өзгөн почта-соода жолунун маанизи зор болгон. Жалал-Абад — Өзгөн жолу андан ары уланып Фергана өрөөнүн Жети-Суу м-н байланыштырган. Ош ш. Кырг-ндын түштүгүндөгү эң ири жол тоому болгон. Ага Шахрихан кыш. аркылуу Анжияндан, Гүлчө, Өзгөн аркылуу Куршаб өрөөнүнөн жолдор келген. Ош уездин Маргалаң (кийинчерээк Скобелев) ж-а Анжиян уезддери м-н байланыштырган жолдор Ош ш-нан бүткөн. Ош — Памир (Хорог) жолдорунун маанизи зор болгон.

Бул аймактын, негизинен көчмөн ж-а жарым көчмөн мал чарбачылыгына негизделген жерг. экономикасынын өзгөчөлүгү өз ара ж-а Түркстан крайынын башка жерлери, Россиянын борб. р-ндору м-н соода-экон. байланыштарынын өрчүшүнө шарт түзгөн. Түш. Кырг-ндын пахтасынын дээрлик бардыгы Борб. ж-а Батыш Россиянын текстиль ф-каларына жөнөтүлүп турган. Пахта эгүүчү аймактар эгинди кыргыздардын ж-а келгин дыйкандардын чарбасынан, о. эле Жети-Суу ж-а Борб. Россиядан алган. Эгинди көчмөн чарбаларда малга, тоо-өрөөндүү аймактарда — дыйканчылыктын башка продукцияларына алмашкан. Тех. өсүмдүктөр, айрыкча пахта эгилген аянттардын көбөйүшүнөн эгин аянттары кыскарып кеткен. 1914-ж. Түш. Кырг-нда 21,6 миң *га* жерге пахта эгилген, айрым болуштарда пахта айдоо аянтынын 45%ине чейин, ал эми 8 болушта 90%ин ээлеген. Түздүктөрдө ж-а тоо этектеринде кайрак жерлерге эгин эгүү жайыттардын кыскарышына, бул болсо өз кезегинде малдын (негизинен койдун) азайышына алып келген (бирок койдун саны дагы эле жылкылардан көптүк кылган). Малдын, а. и. унаа жылкынын азайышы коңшулаш Борб. Тянь-Шань аймактарынан, о. эле Чүй өрөөнүнөн ж-а Ысык-Көл кылаасынан кой, жылкы айдалып келип сатылып турушу м-н толукталып турган. Түш. Кырг-ндагы аймактардын өз ара соода-экон. байланыштарынын өсүшү ж-а алардын чарбасынын орто азиялык рынокко тартылышы, о. эле Борб. Россия м-н соода транспорттук байланыштардын чыңдалышы бул жерде товар-акча мамилелеринин өнүгүшүнө, натуралык ж-а чала натуралык дыйкан чарбасынын ыдырашына көмөк берген. Үстөмдүк кылган патриархалдык-феодалдык мамилелердин акырындык менен бузулушу капиталисттик мамилелердин калыптана башташы а. ч. өндүрүшүнө да, ө. ж. өндүрүшүнө да мүнөздүү болгон. Кулач жайып келе жаткан товар-акча мамилелеринин таасири 19-к-дын аягынан кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнө да тие баштаган. Кол өнөрчүлүк ж-а майда товар өндүрүш борборлору (Өзгөн, Жалал-Абад, Ош) өнүккөн; алардагы рынокко четжакалардагы көптөгөн кыш. ж-а келгиндердин кыш. тартылган. 19-к-дын аягында Ошто ж-а соода-кол өнөрчүлүк өнүккөн кыш-да кол өнөрчүлүк ишканалары м-н катар жалданма эмгек колдонулган капиталисттик майда ө. ж. ишканалары пайда боло баштаган. Алар а. ч. продукцияларын иштеткен ж-а кен казып алган. 1914-ж. ар түрдүү типтеги бардык ө. ж. ишканалары, аларда иштеген жумушчулардын саны ж-а жылдык продукциянын жалпы наркы бир кыйла өскөн. Буга чейин бул жерде онго жакын салыштырмалуу (кыймылдаткыч орнотулуп, 16 жумушчу же кыймылдаткычы жок, 32 ж-а андан көп жумушчу иштеген) ири ө. ж. ишканалары, а. и. пиво з-ду, 2 суу тегирмен, ичеги артуучу 2 з-д, 2 булгаары з-ду, 2 пахта тазалоочу з-д болгон. Мындай ишканалар көбүнчө россиялык, бир аз орто азиялык капиталдын киришинен пайда болгон. Көмүр, нефть, түстүү металл (а. и. алтын), о. эле туз ж. б. кендер жерг. калкка байыртадан белгилүү же жерг. калк-

Сузак р-нундагы илгерки жез эритүүчү жай.



тын көрсөтүүсү б-ча орус адистери ачкан (1888-ж. инженер Михайлов Кызыл-Кыя таш көмүр кени жерг. кыргыздардын көрсөтүүсү б-ча ачылгандыгын билдирген) жерлерден кустардык жол м-н казып алынган.

Ар кайсы соода-ө. ж. фирмалары буул аймактагы жаңыдан өнүгүп келе жаткан тоо-кен, а. ч. сырьёлорун иштетүүчү кирешелүү ө. ж-ларды ээлөөгө, буул аймакта чыгарылган ж-а тыштан алынып келген товарларды дүңүнөн соодалоону өз көзөмөлүнө алууга умтулушкан. Сүлүктүдө күрөң көмүрдү биринчилерден болуп «Ишеничтеги Орто Азия өнөр жай шериктештиги» (1884-ж. 25-ноябрда түзүлгөн) казып ала баштаган. Империализм мезгилинде Түш. Кырг-ндын экономикасына чет элдик капитал да кирген. Таш-Көмүрдөгү ж-а Жийде-Булактагы таш көмүр кендерин «Назаров жана К°» шериктештиги (бул 1899-ж. Бельгиядагы Антверпен ш-нда түзүлгөн Түркстан ө. ж. коомунун жашырын аты) казып ала баштаган. 1902—11-ж. акционердик коом Таш-Көмүрдө ж-а Кызыл-Кыянын жанындагы Үч-Коргондо шахталарды курган. 1909-ж. ири «Сүлүктү таш көмүрү, А. М. Вербов жана К°» акционердик шериктештиги, 1912-ж. Н. Д. Батюшковдун көмүр казып алуучу ишканасынын базасында «Кызыл-Кыя» орто азиялык акционердик коому түзүлгөн. Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында «Көк-Жаңгак» акционердик коому пайда болгон. Согуш алдындагы жылдарда Түш. Кырг-ндагы эң ири Майлы-Суу нефть промыселинде борбору Лондондо жайгашкан «Фергана нефть өнөр жай кооому» кожоюндук кылган. Аны м-н кошо «Фергана нефть өнөр жай шериктештиги», «Майлы-Сай» акционердик коому ж. б. бул жерден нефть чыгарып алып турган. 1913—14-ж. Ош, Кызыл-Кыяда Россиядагы ири «Бир тууган Нобелдер» нефть концернинин күйүүчү май сакталуучу товардык кампалары ачылган. 1908—14-ж. Төө-Моюн м-н Жийде-Булактагы түстүү, сейрек кездешүүчү металл ж-а минерал кендерин «Сейрек кездешүүчү металлдарды казып алуучу Фергана кооому» иштеткен. 1911—17-ж. Алай өрөөнүндө, Алай ж-а Чоң-Алай кырка тоолорунда, Памирде «Памир алтын өнөр жай шериктештиги» алтын кендерин чалгындоо ж-а казып алуу иштерин жүргүзгөн. Россиялык жол компаниясынын Ошто сыздандыруу ж-а Ферганын башка уезддик ш-нда агентствосу болгон. Кырг-ндын түштүгүндө негизинен орус ишкана ээлери банктардын жардамы м-н куруп жаткан темир жол курулушуна чет элдик капиталисттер да катышкан. Россиялык ж-а орто азиялык ири соода фирмалары Ошто ж-а Фергана обл-нын уезддик башка ш-нда а. ч. машиналарын ж-а жабдууларды, аларга керектүү запас тетиктерди, завод-фабрикаларда жасалган металл буюмдарды сатууну бүтүндөй өз колдоруна алышкан. Ошто «Зингер» компаниясынын бөлүмү болгон, ал өзүнүн агенттери аркылуу шаардыктарга ж-а уездде жашаган калкка кийим тигүүчү машиналарды сатып турган. Жүн ж. б. мал чарба сырьёлорун сатып алууда немец Г. В. Дюршмидттин фирмасынын Оштогу бөлүмү, «Стукен жана К°» фирмасы ж. б. үстөмдүк кылган. Түш. Кырг-ндын жаңгак сырьёсун 1898-жылдан француздук компаниялардын бири жырткычтык м-н жыйнап, чет өлкөлөргө жөнөтүп турган. Жибек ө. ж-нын сырьё базасы (жибек куртун алып келүү ж-а аларды дыйкандарга сатуу, пилланы сатып алуу ж-а тышка чыгаруу) италиялык ж-а француздук капиталисттердин («Бауэр», «Бир тууган Коломбинилер» ж. б. фирмалар) колунда болгон. Түш. Кырг-ндын дыйкандарын эксплуатациялоодон түйтүнгөн россиялык бир катар фирмалар «Ярославль чоң мануфактурасы», «Бир тууган Шлоссбергдер» ж. б. банктардын, орто азиялык соода-сүткордук буржуазиянын жардамы аркасында пахта сатып алууну, тазалоону ж-а аны Россиянын Борб. ж-а Батыш аймактарындагы текстиль ф-каларына ташып кетүүнү өз колдоруна топтогон. Ошто ж-а Түш. Кырг-ндын башка ири шааркыштактарында ичимдиктөө, азык-түлүк товарларын дүң соодалоо ж-а бир аздап чекене сатуу орто азиялык көпөстөрдүн колунда болгон. Кырг-ндын түш. аймактарында капиталисттик мамилелердин калыптанышы, кийинчерээк соода-ө. ж. фирмаларынын кире башташы социалдык таптык карама-каршылыктарды курчуткан, калктын кедей катмарын эксплуатациялоону күчөткөн, бирок ошону м-н бирге аймактын экономикасынын өнүгүшүнө көмөк берген. 1914-ж. Ош уезди ө. ж-дын өнүгүшү б-ча Фергана облнын башка уезддеринен артта калгандыгына карабастан, Жети-Суу облныи Пишпек ж-а Пржевальск уезддеринен (экөөнү чогуу алганда) озуп кеткен.

Крайда диний эмес мектептердин илимий-практикалык, маданий-массалык ж-а мед. мекемелердин ачылышы Кырг-ндын Россиянын курамына киришинин прогрессчил натыйжасы болуп эсептелет. 1878-ж. Ошто карапайым калктын эркек балдар үчүн шаардык ж-а кыздар үчүн приходдук 2 класстуу окуу жайлары ачылган. Кийинчерээк (1885) алардын ордуна эркек балдар м-н кыздар чогуу окутуучу бир класстуу «аралаш» окуу жайы түзүлгөн. 1886-ж. Ош ш-нын эски бөлүгүндө орус эмес балдар үчүн орус-тузем мектеби уюшулган. 19-к-дын аягы —20-к-дын башында Россиядан көчүп келгендердин ирирээк кыш-нда, о. эле өзбек, кыргыз айылдарында бир катар айылдык ж-а бир нече орус-тузем мектептери ачылган (Ош уездинин Покровский кыш-ндагы, Наманган уездинин Нанай кыш-ндагы орус-тузем мектеби ж. б.). Наманган уездиндеги башталгыч окуу жайларында 1915-ж. 45 кыргыз окуган. Түш. Кырг-ндан — Ош, Кызыл-Кыя ж. б. жерлерден барган бир нече бала Шемаха ш-ндагы мектептерде азербайжан агартуучуларынан билим алган. 1884-ж. 20-ноябрда Оштогу эркек балдар окуу жайында улуту орус эмес шаардык чоң кишилерге орус тилин окутуу үчүн кечки курстар ачылган. Окуучуларынын ж-а мэктептердин саны б-ча кадимки диний окуу жайлар басымдуулук кылган. Алардын башталгыч тиби — мектеп, ортоңку тиби — медресе ж-а карыпкана (көзү азиз чоң кишилерди куран окууга үйрөткөн) болгон. Жерг. калктын сабаттуулугу Россиядан көчүп келгендерге караганда бир кыйла төмөн эле; жалпысынан алганда 1897-ж. Ош уездинде калктын 1,9%и гана сабаттуу болгон. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясына чейин түш. аймактарда агартуу иши абдан жай өнүккөн.

19-к-дын акыркы чейреги —20-к-дын башында алгачкы метео ж-а сейсм станциялары, агрономиялык тажрыйба аянттары, зооветеринариялык пункттар, прокатка машина берүүчү станциялар пайда болот. Биринчи метеорологиялык станциялар Гүлчөдө (1878-ж. 1-июлда Н. А. Северцов негиздеген, байкоолор 1881—82-ж. жүргүзүлгөн), Ошто (байкоолор 1882—1916-ж. жүргүзүлгөн), Эркеч-Тамда (байкоолор 1889—1917-ж. жүргүзүлгөн) түзүлгөн. Метеостанциялар Ташкен обсерваториясына караган. Анжияндагы жер титирөөдөн кийин (1901) Түркстандын айрым жерлеринде сейсм станциялары курулган. 1913—17-ж. Ош, Базар-Коргон, Араван, Айым-Кыштакта орус адистеринин катышуусу м-н жерг. калктын ж-а Россиядан көчүп келгендердин чарбаларына агрономиялык, зооветеринариялык жардам көрсөтүүчү пункттары уюшулган. Жалал-Абад пахта тажрыйба аянтында бөксө тоолуу ж-а тоолуу жерлерде өстүрүлүүчү дан эгиндери ж-а тех. өсүмдүктөргө сыноо жүргүзүлгөн. Россиянын курамына киргенден кийин гана бул аймакта калкты мед. тейлөөнүн уюмдашкан формасы алгач ирет колдонула баштаган. Ош госпиталы аскер-дарылоо мекемелеринин алгачкысы болгон. Анын кызматкерлери гражд. калкка да мед. жардам көрсөткөн. 1877—78-ж. кышында аскер медиктери (П. Девятко ж. б.) феодалдарга каршы көтөрүлүшү жеңилгенден кийин Кытайдан качып келишкен жарадар, оорулуу, колу-буттарын үшүккө алдырып жиберген дунгандарды дарылашкан. Кийинчерээк Оштогу госпиталдын ордуна жерг. аскер кызматкерлерин жаткызып дарылоочу лазарет ачылган. 1895-ж. 1-июлдан Жалал-Абаддын жанында, жерг. калк илгертен бери пайдаланып келе жаткан дарылык касиети бар минералдуу ысык булактарда 25 оорулууга эсептелген санитариялык-климатологиялык станция (анын аптекасы да болгон) иштей баштаган. Алгачкы убактарда анын дарыгерлери оокаттуу ж-а артыкчылыктары бар шаардыктарды гана тейлеген. Уезддеги бирин-экин саламаттык сактоо пункттары да эң биринчи кезекте бай келгиндерге ж-а жерг. калктын төбөлдөрүнө арналган. 19-к-дын 80-жылдарында Ошто 5 орундуу ж-а фельдшердик пункту бар оорулуулар жайы болгон. Кийинчерээк (1895) шаардык ооруканa ачылган. 1900-жылдан 20 орундуу земстволук-туземдик ооруканa иштеген. Андан мурда 1898-ж. Ош уездиндеги Покровский кыш-нда айылдык амбулатория пункту ачылган. Аны уездден келип туруучу врач башкарган, бирок оорулууларды адатта фельдшер караган. 1906-ж. Кырг-ндын түштүгүндө 3 айылдык врачтык участка (Ош, Базар-Коргон,

Жалал-Абад) уюшулат; аларды карамагында фельдшер, акушери болгон врачтар башкарган. Санитариялык алдын алуу иштери, ала, чечек ж. б. ооруларга каршы күрөш жүргүзүлгөн. Чечекти эмдөөчүлөрдүн арасында кыргыз, өзбектерден чыккан сабаттуу адамдар да болгон. Жерг. калк элдик медицинанын айрым ыкмалары ж-а караттары м-н тааныш болсо да, Улуу Октябрь социалисттик рев-ясына чейин элдин ден соолугу үчүн «кам көрүү» негизинен табыптар м-н бүбү-бакшылардын колунда кала берген. Аймакта маданий-эл агартуу ж-а илимий иштердин өнүгүшүнө Россиядан көчүп келгендердин прогрессчил чөйрөлөрүндө пайда болгон ыктыярдуу коомдор м-н ийримдер көмөк берген. 1877-ж. Оштогу орус интеллигенциясы драма иск-во ышкыбоздорунун ийримин түзгөн. Ышкыбоздор өздөрүнүн оюндарын ж-а муз.-адабий кечелерин, тарыхый даталарга ж-а юбилейлерге арнап өткөргөн. Кыргындын түш. аймактарындагы край таануу энтузиасттары (М. Д. Граменицкий ж. б.) көмөктөшкөн түркстандык археология ышкыбоздор ийримми (Ташкен, 1895—1917) Ош айланасындагы байыркы ж-а орто кылымдагы эстеликтерди иликтеген. Бул жерге орус география коомунун (Петербург, 1840—1917) ж. б. россиялык ж-а түркстандык илимий коомдордун мүчөлөрү да бир нече жолу келишип, аймактын б. тарыхы ж-а этнографиясы ж-дө өзүлөрүнүн эмгектеринде жазышкан. Фергана мед. коому (Жаңы-Маргалаң, 1892—1910) өзүнүн мүчөлөрүнө, а. и. Оштогу ж-а Ош уездиндеги мед. кызматкерлерге дары-дармек, мед. аспаптарды ж-а жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү б-ча инструкцияларды жөнөтүп, колунан келишинче жардам берип турган. Кийин Түркстан мед. коому болуп аты өзгөргөн Түркстан врачтар коомунун (Ташкен, 1899—1900) ишмердиги да уезддин калкына пайда келтирген. Түркстан мед. коомунун мүчөлөрү Жалал-Абад станциясында саламаттык сактоо иштерин жакшыртууга көмөктөшкөн. Кайрымдуулук коомдору, о. эле аймакта акчатовар мамилелерин жайылтууга түртку берген кредит шериктештиги иштеген.

Кыргызстандын Россиянын курамына кириши калктын эмгекчил бөлүгүн феодалдык төбөлдөрдүн эзүүсүнөн куткарган жок. Падышалыктын социалдык экон. ж-а саясий эзүүсүнө, уезддик шаардык бийликтин ж-а жерг. эзүүчү төбөлдөрдүн кысымына каршы Ош ш-нын жакырлары м-н карапайым дыйкандардын алгачкы чыгуулары бат эле басылган. 1882-ж. жер салыгынын оордугуна нааразы болгон Наманган-дагы кедейлердин чыгууларынан кийин оштук кедейлер уезд начальниги-нин үйүнө кол салышкан, бирок аларды казак-орустар кууп таркаткан. 1884-ж. Ак-Буура суусунун башын жердеген көчмөн кыргыздардын толкундоолору болгон. Кийинки 1885-ж. Фергана обл-нын башка уезддеринде да дыйкандар м-н малчылардын толкундоолору чыгып, көтөрүлгөн кедейлер байлардын ж-а болуштардын чарбактарына кол салышкан. Көчмөндөрдүн толкундоолорун Дервиш-хан башында турган феодалдык-клерикалдык элементтер башкарган; алар өздөрүнүн падышалык бийлик чек койгон артыкчылыктарына кайра ээ болуу үчүн элдик кыймылды пайдаланып калууга аракеттенишип, элди ыйык (диний) казатка үндөгөн. Карапайым көтөрүлүшчүлөр жазалоочу отряддарга, падышалык чиновниктер м-н алардын жерг. жардамчыларына каршы кайраттуулук м-н салгылашкан. 1887-ж. Наманган уездинин Багыш болушундагы Найнай кыш-нда айылдык администрацияны шайлоо учурунда кыргыздар айыл старчындарын (старшиналарын) сабашкан. Ошол жылы, о. эле 1891-ж. Ош ж-а ага коңшулаш уезддерде кагылыштар болуп турган. Падышалык бийликке ж-а жерг. байларга каршы жер-жерлерде көтөрүлүшчүлөрдүн коштуундары түзүлүп жаткандыгы ж-дө администрацияны чочуткан кабарлар жерг. калкка тарай баштаган. 19-к-дын 90-жылдарынын башында шаардык ж-а айылдык кедейлердин абалынын начарлашынан улам элдин нааразычылыгы күчөп, Фергана обл-нын бардык уезддеринде бүт болуштарды камтыган, бирок бат эле аскер күчү м-н басылган. 1893-ж. февралда Ош уездинин Коконтак м-н Нияз кыш-нын кыргыз калкы шайлоочуларды-элүү башыларды кайра шайлоону талап кылышкан; болуштук башкаруучу ж-а падышалык чиновниктердин жигиттери м-н кагылышууга чейин барышкан. Ошол эле жылы Айым болушунда, Наманган, Кокон, Анжиян, Маргалаң уезддеринин бир катар болуштарында толкундоолор болуп, көтөрүлүштөрдүн айрым

катышуучуларын бийликтер камакка алганда, эл аларды күч м-н бошотуп алышкан. 1897-ж. Жоокесек-Бостон болушунун калкы мурда салык алынбаган кайрак жерлери үчүн салык төлөдөн баш тартышкан. Аларды коңшу кыш-дын эли колдогон.

Ферганадагы ж-а Кырг-ндын ага чектеш аймактарындагы өзбек дыйкандары, көчмөн ж-а жарым көчмөн кыргыз малчыларынын *Анжиян көтөрүлүшү* деген ат м-н белгилүү эң ири чыгуусу 1898-ж. май айында болгон. Ага катышкандардын социалдык составы ар кыл эле. Анын нег. кыймылдаткыч күчүн Фергананын эмгекчил дыйкандары ж-а Фергана аймагындагы айыл-кыштактардын малчылары түзгөн. Көтөрүлүшкө Мадалы эшен («Ийикчи» эшен аталган) башында турган жерг. феодалдык-диний төбөлдөр жетекчилик кылышкан. Бул жолу да феодалдык-диний чөйрөнүн өкүлдөрү көтөрүлүштү орустарга каршы багыттап, эмгекчилердин кыймылын аймакты Россиядан бөлүү, хандыкты кайра орнотуу ж-а өзүлөрүнүн жоготкон артыкчылыктарын кайтарып алуу үчүн пайдалангысы келишкен. Бийликтер казармаларды ж-а уезддик мекемелерди коргоо б-ча шашылыш чараларды көргөн, о. эле көтөрүлүшкө катышкандарды ж-а саясий жактан ишенимсиз деп шектенгендерди камакка алган. Бардыгы болуп 777 адам камакка алынып, алардын көпчүлүгү Фергана аймагындагы кыргыздардан ж-а Жети-Суу, Сыр-Дарыя аймактарынын калкынан эле. 415 киши соттолуп, ар кандай жазага тартылган. Алардын арасында жалаа м-н кесилген кыргыз эл акыны, композитор, философ Токтогул Сатылганов да болгон. Падышачылыктын Анжиян көтөрүлүшүн ырайымсыздык м-н басышы Кыргындагы ж-а жалпы эле Орто Азиядагы өсүп бара жаткан улуттук боштондук ж-а рев-ячыл кыймылды токтото алган эмес. Кызыл-Кыя, Сүлүктүдөгү ж-а Фергана обл-нын башка жерлериндеги таш көмүр кендеринде жумушчу кыймылы пайда боло баштаган. 1905-ж. апрелде кызыл-кыялык шахтёрлордун (орус, кыргыз ж. б. улуттагы) иш ташоолору болуп өттү, алар экон. талаптарды (эмгек акыны көбөйтүү, штрафтарды жоюу ж. б.) гана койбостон, саясий талаптарды (8 сааттык жумуш күнү, сөз эркиндиги, чогулуш, союздарга биригүү, 1-Майды майрамдоо) да коюшкан. Бир катар болуштарда дыйкандар айылдык администрацияны кайра шайлоону үзгүлтүккө учураткан, жер ченөөчүлөр ж-а падышалык чиновниктер м-н кагылышкан, иштеп берүү милдеткердигин аткаруудан ж-а мөөнөтүндө төлөнбөй калган салыкты төлөөдөн баш тартышкан. Россиядагы биринчи буржуазиялык-демократиялык рев-яның учурунда Ошто ж-а Түш. Кырг-ндын тоо-кен ишканаларында демократиялык маанайдагы шаардыктар, солдаттар, жумушчулар, шахтёрлор ж-а нефть чыгаруучулар арасында социал-демократтардын алгачкы үгүт-насыят иштери жүргүзүлө баштаган. Революционерлердин арасында полициянын көзөмөлдөөсүнө Бакудан Ошко айдалган Д. Е. Чураков, социал-демократ В. В. Особонун Жаңы-Маргалаң гарнизонунан Оштогу айыпкерлер ротасына которулган пикирдеш кызматташтары, Ош ш. ж-а Ферганадагы башка шаарларды кыдырып келген ташкендик В. В. Быховский, о. эле Фергана обл-ндагы уезддик борборлордун ж-а ири темир жол станцияларынын социал-демократиялык уюмдарынан келишкен үгүттөөчүлөр болгон. 1907-жылдын башында падышалык бийликтин катаал репрессиялары Кырг-ндын түштүгүндө пайда болуп келе жаткан социал-демократиялык кыймылга олуттуу зыян келтирип, рев-ялык кыймылдын төмөндөшүнө алып келген. Россиядагы жаңы рев-ялык жогорулоо жылдарында Кырг-ндын түш. аймактарында социал-демократтардын аракети кайрадан жандана баштаган. 1910—15-ж. большевик Минаев-Логинов Чоң-Сары-Ой капчыгайында (Жалал-Абад болушу) жандармдардан жашырынып жүрүп жерг. калктын арасында рев-ялык иш жүргүзгөн. 1910-ж. Донбасстан Түркстан крайына 1903-жылдан РСДРП (б)нин мүчөсү Д. Т. Деканов айдалып келген. Кийин ал Сүлүктү кенине келип, ал жердеги рев-ячыл маанайдагы шахтёрлордон топ түзгөн. 1910-ж. Кызыл-Кыяга 1905—07-ж-дагы рев-ячыл окуялардын катышуучулары И. Е. Михалёв ж-а М. Гафуров, 1912-ж. И. И. Едренкин м-н Л. Г. Солнышко келген. Алардын келиши м-н түш. кырг-ндык шахтёрлордун өз абалынын начарлашына нааразылыгы ж-а иш таштоо учурунда таптык интернационалдык тилектештиги жогорулаган.

Россия империалисттик биринчи дүй-

нөлүк согушка киргенден кийин Түркстан эмгекчилеринин абалы кескин начарлаган, көп өтпөй падышалык өкмөткө, анын элге каршы ички жана тышкы саясатына нааразылыктары күчөгөн. Ал, мис., армияга чакырылып, үй-бүлөсү кароосуз ж-а эгини жыйылбай калган дыйкандардын 1914-ж. 21—22-июлда Анжияндагы чогултуучу пунктта согушка каршы көтөрүлүш төргө чыгуусунан көрүндү. Анжиян-дагы солдаттар толкундоосуна катышкандардын ичинен Жалал-Абад ж-а Көгарт участкаларынан чакырылгандар активдүү болушкан. 1914-ж. августта аскердик-полициялык тартиптин катуулашына карабастан, сүлүктүлүк кенчилердин иш таштоосу болуп, орус, кыргыз, татар ж. б. шахтёрлор ээлерине ж-а башкаруучуларына каршы чыгышкан. Бул иш таштоо Кырг-ндын кенчилеринин таптык интернационалисттик тыгыз баш кошуусуна көмөк берген. 1916-ж. большевик Д. Т. Декановдун жетекчилиги м-н Сүлүктүнүн шахтёрлору кайрадан иш таштоого чыгышкан. Алар ишкана ээлеринен эмгек акыны ж-а эмгек шартын жакшыртууну талап кылышкан. Бул жолу кен ээлери шахтёрлордун айрым талаптарын аткарууга мажбур болушкан. Созулуп бараткан согуштун ар бир айы падышалык Россиянын экономикасын кризиске улам жакындата берди. Бул баарынан мурда эмгекчилердин абалына таасирин тийгизген. Аскердик салыктардан айрыкча жерг. калк жапа чеккен (1915-ж. салыктын көлөмү согушка чейинки мезгилге салыштырганда 2 эсе өскөн). Согушка «садага берүүгө» зордоп мажбур кылышкан. Күнүмдүк зарыл буюмдардын баасы кескин көтөрүлүп кеткен. Улуттук-колониялык ж-а социалдык эзүүнүн катуулашынан улам кыргыз дыйкандарынын нааразылыгы күчөгөн.

Орто Азия ж-а Казакстандагы бөтөндүк кыймылынын тарыхында 1916-жылкы көтөрүлүш маанилүү орун ээледи. Анын чыгышына жерг. улуттардын эркектерин аскердик-оорук иштерине мобилизациялоо ж-дө 1916-ж. 25-июндагы падышалык указ түрткү болгон. Көтөрүлүш 1916-ж. 4-июлда Хожентте башталган. 10-июлда Анжиян уездиндеги Алтын-Көл болушунун, 11-июлда Базар-Коргон болушунун калкы көтөрүлүп чыккан. Көтөрүлүш тез эле Анжиян, Наманган, Маргалаң, Кокон ж-а Ош уезддерин камтыган. Ош ш-нын 10 миңдей жерг. калкы эркектерди аскердик-оорук иштерине чогултууга нааразылык билдирген. Аларды шашылыш чакырылган жазалоочу отряд араң кууп таркаткан. Көтөрүлүш бардык жерде ырайымсыздык м-н басылган. Түш. Кырг-ндын бир катар жерлеринде көтөрүлүшкө чыккан дыйкандар падышалык чиновниктерге гана каршы чыкпастан, айылдык старчындарга (старшиналарга), болуштарга ж-а бай-манап чөйрөсүнүн өкүлдөрүнө да каршы чыккан. Орто Азия ж-а Казакстандагы 1916-жылкы көтөрүлүш улуттук чет-жакаларда ж-а Борб. Россияда падышалыкты бошондотуугa салым кошуп, Февраль революциясынын алдында жалпы рев-ялык кризистин андан ары курчушуна көмөк берген.

1917-ж. 27-февралда (12-мартта) Петроградда, андан кийин Москвада жеке бийликтин кулатылышы россиялык экинчи буржуазиялык-демократиялык рев-янын жеңишине алып келген. Түркстан генерал-губернатору А. Н. Куропаткиндин ж-а анын администрациясынын падышанын кулатылгандыгы ж-дө чындыкты жашыруугa, элдин революциячылдашуусуна тоскоолдук кылууга ж-а аймакты мурдагыдай эле башкарып турууга жасаган аракети ишке ашпай калган. Борб. Россиядагы рев-я ж-дөгү кабарлар орто азиялык шаар-кыштактарга жетээр м-н ал жерде көпчүлүк чогулган саясий митингдер, манифестациялар ж-а демонстрациялар болуп турган. Алардын катышуучулары падышалык чиновниктерди токтоосуз түшүрүүнү, жек көрүнчү полиция м-н жандармерияны таркатууну, саясий жактан камалгандарды бошотууну талап кылышкан, алгачкы Советтерди колдошкон, жумушчулар мүдөөсүн, агрардык, улуттук ж-а тынчтык маселелерин демократиялык жол м-н акыйкат чечүүнү талап кылышкан. 1917-ж. 4-мартта Кызыл-Кыянын шахтёрлору өлкөдөгү ж-а Түркстан крайынын борбору — Ташкендеги рев-ячыл окуялар ж-дө кабар жетери м-н аны тактоо үчүн обл-тын борбору — Скобелев ш-на (азыркы Өзбек ССРиндеги Фергана ш.) өз өкүлдөрүн жиберишкен. Ал өкүлдөр кайтып келгенден кийин 6-мартта Кызыл-Кыядагы кенчилердин жалпы чогулушунда Кырг-ндагы биринчи жумушчулар совети шайланган. Анын курамында И. Е. *Едренкин* башкарган рев-ячыл маанайдагы жумушчулардын тобу да бар эле. Советке о. эле эсерлер да шайланып, кийин алар Советтин ишине тоскоолдук кылышкан. Мындан бир аз кийинчерээк Сүлүктүнүн кенчилери да борбордогу рев-ялык төңкөрүш ж-а Петроград, Ташкен, Хожентте (азыр Тажик ССРиндеги Ленинабад ш.) Советтердин түзүлгөндүгү ж-дө Хожент гарнизонунун солдаттарынан угушкан. Кен ээлери полиция чакырып, жумушчулардын Советти шайлоо үчүн митинг өткөрүшүнө тоскоолдук кылганда большевик Д. Т. Деканов жетектеген шахтёрлор Хожентеги Солдат депутаттар советине жардам сурап кайрылышкан. Анын көмөгү м-н сүлүктүлүк кенчилер 16-мартта өздөрүнүн Жумушчулар советин шайлашкан. Падышачылыктын кулагандыгы ж-дө Ошко угулаар замат, 10-мартта шаардын эмгекчилери — кыргыздар, орустар, өзбектер 1916-жылкы көтөрүлүштүн катышуучуларын ж. б. саясий жактан камакка алынгандарды бошотуу үчүн шаардык түрмөгө жөнөшкөн. Алар ар кайсы улуттагы 300-дөн ашык туткунду эркиндикке чыгарышкан. 14-мартта «Ош гарнизонунун солдаттар союзу» уюшулган, ал 10 күндөн кийин Солдат депутаттар совети болуп атын өзгөрткөн. Советке 2 офицер кирген. Алардын бири — эсер Ветовецкий Советтин председатели, ал эми оштук бай Дряхлов уезддин комиссары болгон.

Жумушчулар м-н катар эле отпускадагы фронтчу-солдаттар, империалисттик согуштун оорчулугуна нааразы болгон ооруктагы жамаат кошуундарынын жерг. аскер командаларынын өкүлдөрү м-н Ош, Гүлчө ж. б. ири калктуу пункттардагы гарнизондордун аскерлери да жигердүү рев-ячыл күч болгон. Эмгекчилердин кызыкчылыгын айрыкча Сүлүктү ж-а Кызыл-Кыя созында ж-а жайдын башында Ош, Хожент ж. б. уезддик-шаардык Советтер рев-ячыл демократиялык бийлик органы катары иштеген; падышалык чиновниктерди ордунан түшүргөн, полицияны жоюп, анын ордуна рев-ячыл маанайдагы солдаттардан элдик милицияны түзүп, ишканаларда 8 сааттык жумуш күнүн киргизүүнү колдогон, шаардык чарбаны башкарууну, калкты азык-түлүк м-н камсыз кылууну өз көзөмөлүнө алууга д. у. с-ды ишке ашырууга аракеттенишкен. Бирок жерг. Советтердин эсер-меньшевиктик жетекчилиги рев-ячыл-демократиялык кайра түзүүлөрдү бардык элементтердин жардамы м-н пайда болгон ж-а чыңалып жаткан убактылуу өкмөттүн бийлик органдарына өткөрүп беришкен. Жек көрүмчү «ак падышанын» кулатылгандыгы ж-дөгү кабар Фергананын чыгыш аймагындагы өзбек ж-а тажик кыштактары, Памир-Алайдагы кыргыз айылдарына да жеткен. Көптөн көксөгөн «азаттык күндүн» келиши бардык жерде эмгекчил дыйкандарды кубандырган. Ошол мезгилде буржуазия ж-а анын союздаштары (уезддеги чиновник интеллигенттер, офицерлер, колониячыл кулактар) буржуазиялык-улутчул элементтердин (советтерге ж-а калктын демократиячыл катмарларынын союздарына каршы уюмдашкан) колдоосу м-н шашылыш түрдө өздөрүнүн, убактылуу өкмөттүн элге жат ж-а рев-яга каршы саясатын колдогон уезддик-шаардык, кийин айылдык бийлик органдарын — коомдук уюмдар-



Түркстан Компартиясынын 1-съездинин катышуучулары. Ташкен, 1968-ж. 17—25-июнь.

дын аткомдорун, «коомдук коопсуздук комитетин» түзгөн; өздөрүнүн комиссарларын дайындаган. Кырг-ндын түштүгүндөгү биринчи «коопсуздук комитети» 1917-ж. мартта Ошто түзүлгөн; май айында Ак-Буура, Алай, Гүлчө, Өзгөн, Жалал-Абад ж. б. түш. кыргызстандык болуштарда «комитеттер» иштеген, андагы жетекчи органдарды баманаптар өз колуна алышкан. Россия элдерине тынчтыкты да, нанды да, чыныгы эркиндикти да бергиси келеген Убактылуу өкмөт м-н бирдикте иш жүргүзүү, алар аймактагы ревячыл кыймылга, а. и. улуттук маселенин демократиялык чечилишине тоскоолдук кылышкан.

1917-ж. февраль — май айларындагы окуялардан кийин аскер-оорук жумуштарына, о. эле жол куруу, ирригация ж. б. иштерге алынгандардын качып кетиши күчөдү. Бай-манаптар ж-а мусулман дин төбөлдөрү оорук жумушунан өз айылдарына кайтып келишкен кыргыздардан чочулап жатышты. Анткени алар рев-ячыл маанайдагы орус жумушчулары м-н аралашып, рев-я ж-дө түшүнүк алышкан, айрымдары Россия, Украина ж-а Белоруссиянын Февраль рев-ясына катышкан. Ош, Өзгөн, Жалал-Абад ж. б. кышда оорук жумуштарынан кайтып келгендер буржуазиялык-демократиялык рев-янын социалисттик рев-яга өсүп жетиши үчүн күрөштө большевиктердин тиреги болгон.

1917-ж. 25—27-октябрда (7—9-ноябрда) Петроградда өткөн Советтердин бүткүл россиялык 2-съездинде Россияны Советтер Республикасы деп жарыялап, Совет өкмөтүнүн башында В. И. Ленин турган Эл Комиссарлар Советин түзгөн; Тынчтык, жер ж-дө декреттерди ж. б. тарыхый документтерди кабыл алган. Бул съездге Сүлүктү жумушчуларынын ж-а Самарканбл-нын делегаты, Сүлүктү Жумушчу депутаттар советинин председатели Д. Т. Деканов катышкан.



Сүлүктүдөгү 20-жылдары Мамлекеттик биринкен саясий башкарманын бөлүмү жайгашкан имарат.

1917-ж. 11-ноябрда Сүлүктүдө Совет бийлиги орногондугу жарыяланган. Кырг-ндын түштүгүндөгү Совет бийлигин орнотууда Ташкенде ж-а Түркстандын обл. борборлорунда Советтердин жеңишинин мааниси зор болгон. 1917-ж. ноябрдын аягында большевик И. И. Едренкин башында турган Кызыл-Кыянын Жумушчу депутаттар совети бийликти өз колуна алган. Кыргыз, өзбектер жашаган аймактарда Совет бийлигин орнотууда Фергана обл-ндагы Советтердин 6-съезди (1917-ж. 6—7-декабрь) маанилүү роль ойногон. Анын ишине Ош Советинин өкүлдөрү ж-а Кызыл-Кыянын делегаты — большевик В. С. Воронин катышкан. Съездден кийин Фергана облнын уезддеринде бийлик Советтерге өтө баштаган; Ош ш-нда бийликтин Советке өткөндүгү жарыяланган. 1918-ж. 17-январда Ош уезддик Совети большевиктешип, ал пролетариат диктатурасынын уезддеги органы болуп калган. Аны большевиктер А. Г. *Аношин*, Ю. *Алиев*, Б. *Султанов* башкарган. 1918-ж. февраль — март айларынан тартып Ош уездинде советтик курулуш уюмдаштыруу мүнөзүнө өткөн. 1918-ж. жазга маал Хожент уездиндеги Исфана участкасынын (буга Сүлүктү да кирген) айыл-кыштактарында Советтер түзүлгөн. 1918-ж. мартта Ошто большевиктик уюмдун түзүлүшү чоң мааниге ээ болгон. Аны А. Г. Аношин жетектеген. 1918-ж. майга чейин Кырг-ндын түштүгүндөгү бардык уезддер м-н болуштарда Совет бийлиги негизинен орногон. Түркстан АССРи түзүлгөндүгүн (анын курамына Кырг-н да кирген) жарыялаган (1918-ж. 30-апрель) Советтердин крайлык 5-съездинде советтештирүү процесси бекемделген. Съездге Ош уездик Советинин делегаттары — большевиктер А. Г. Аношин, Б. Султанов, Л. Н. Гречанинов катышкан.

Совет бийлиги орноору м-н социалисттик алгачкы кайра куруулар башталган. Лениндик «Жер жөнүндөгү» декретке ж-а жерлерди коомдоштуруу ж-дөгү закондорго ылайык бардык жер-суу мамлекеттештирилген. Социалисттик башталышты түп-тамырынан агрардык кайра куруу процессин башкаруу үчүн жер-суу к-ттери түзүлгөн. Мындай биринчи к-т 1918-ж. 26-мартта Покровский кыш-нда (Ош уезди) уюшкан.

турулган. 27-июлда Жалал-Абад жерсуу к-ти түзүлгөн. 1918-ж. апрелге чейин мурунку бардык азык-түлүк к-ттери ж-а башкармалары жоюлуп, калкты тамак-аш м-н камсыз кылуу милдети уездик азык-түлүк комиссариаттарына өткөн. Падыша өкмөтүнүн ж-а буржуазиялык-помещиктик Убактылуу өкмөттүн саясатынын көрүнүштөрүнүн бири — жер-сууну пайдалануудагы улуттук теңсиздик жоюлган. Бай м-н кулактардын жерлери эмгекчи дыйкандарга алып берилген. Социалисттик типтеги алгачкы коллективдүү чарбалар — коммуналар уюшулган. Анжияндагы «Жерсиз дыйкандар союзунун» чечими б-ча «Айым-Арал» коммунасы түзүлгөн. Ош уездинде 3, Хожент уездинде 2 коммуна пайда болгон. 1919-ж. Ош уездинде ушундай 4 чарба иштеген. Биринчи социалисттик кайра курууларга кулактар, байлар ж-а молдолор каршылык көрсөтүшкөн. Алар мал, эгинин жашырып, ашык азык-түлүктөрүн жок кылышкан. Совет бийлиги бардык күчүн ачарчылыкка каршы күрөшүүгө жумшаган. Ош уездик *ачарчылыкка каршы күрөшүү боюнча комиссия* 1917-ж. декабрдан 1918-ж. октябрга чейин эмгекчилердин муктаждыктары үчүн 2182750 сом сарп кылган. 1918-ж. жай — күз айларында уездик Советтерде түзүлгөн улут иштери б-ча бөлүмдөр ар түрдүү улуттардын ортосунда өз ара ишенич жагдайын түзүүгө көмөктөшкөн, дыйкандарды а. ч. шаймандары ж-а үрөн м-н камсыз кылган, жер-суу маселелерин чечкен. Ө. ж. иш-каналарында — 1917-ж. Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү кендеринде, 1918-ж. январда пахта тазалоочу з-ддо, февралда Мансуровдун наабайканасында (Ош ш.), мартта мал союлуучу короолордо, эт дүкөндөрүндө, Ош уездиндеги башка ишканаларда жумушчулар контролу коюлган. Жумушчулар контролун Советтер ж-а профсоюздар жетектеген. 1918-ж. жазында ө. ж-ды башкаруунун жаңы формасы — Ош эл чарба совети түзүлгөн. 1918-ж. мартта Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Маркай көмүр кендери, Оштогу электр станция ж. б. мамлекеттештирилген. 1920-ж. майда Ошто элге билим берүү совети түзүлгөн. 1918-ж. Ош уездинде-ги 933 окуучу окуган 13 мектеп иштеген. Эски сословиелик мектептердин ордуна 1—2-баскычтагы эмгек мектептери ачылган. 1918-жылдын аягына чейин Советтерде саламаттык сактоо бөлүмдөрүн түзүү аяктаган. Алгачкы социалисттик кайра куруулар Совет бийлигин, жумушчулар м-н дыйкандардын союзун чыңдаган, эл массасын таптык-интернационалдык жактан баш коштуруп, чындоо үчүн рев-ячыл жаңейткен. Социалисттик иш чараларды кындашуусуна мүмкүнчүлүктөрдү кежерг. парт. уюмдар жетектеген. 1918-ж. августта Кызыл-Кыяда 200 коммунист болгон. 1920-жылдын аягына чейин Ош уездинде 20 парт. ячейка (Ошто 9, уездде 11) иштеген. Ош уезддик-шаардык парт. уюмунда 1,4 миңден ашык коммунист, а. и. 500 партиянын мүчөлүгүнө кандидат болгон.

Совет бийлиги капиталдарын, ө. ж. ж-а а. ч. ишканаларын мамлекеттештирип, ар кандай социалдык артыкчылыктарынан ажыраткан ички душмандар м-н чет элдик империалисттер буржуазиялык-помещиктик түзүлүштү кайра орнотуу үчүн Гражд. согушту баштаган. Империалисттер Совет республикасын талкалоо үчүн улуттук-чет-жакаларды, атап айтканда, Түркстанды плацдарм катары пайдалануюга умтулушкан. Өлкөнүн ар кайсы аймактарында Антанта өлкөлөрү колдогон контррев-ячыл «өкмөттөр» түзүлгөн. В. И. Ленин баш болгон Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н эмгекчилер колдоруна курал алып элдик бийликти коргоого чыгышкан, ыктыярдуу коргонуу отряддарына ж-а Кызыл Армиянын бөлүктөрүнө өтүшкөн. 1917-ж. ноябрдын аягында чет элдик капиталдын колдоосу м-н Орто Азиядагы буржуазиялык улутчулдар ж-а феодалдар, мусулман дин кызматкерлери контррев-ячыл буржуазиялык өкмөт (*«Кокон автономиясы»*) түзүшкөн; ал Орто Азияда Совет бийлигин жоюп, аны РСФСРден бөлүп кетүү үчүн куралдуу күч топтой баштаган. Кызыл гвардиянын отряддары (алардын арасында И. И. Едренкин командалык

1918-ж. Жалал-Абад рев-ячыл к-ти жайгашкан имарат (азыр Ленин көчөсү, 18).



кылган Кызыл-Кыя жумушчуларынын отряды да болгон) 1918-ж. 12—22-февралда «Кокон автономиясын» талкалаган. 1918-ж. 4-апрелде Фергана Совети армиянын демобилизациялануышына байланыштуу Ош Советине жардамга Скобелев отрядынан 80 кызыл аскер жиберүү ж-дө чечим кабыл алып, Ош ш-нда Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясынын ыктыярдуу отрядын уюштырууну тапшырган. В. Я. Хрипченко ж-а З. Кадыровдун жетекчилиги м-н Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү жумушчуларынын аскер отряддары түзүлгөн. 1918-ж. май — ноябрь айларында Антанта колдогон ички контррев-я күч алган, тыштан интерванттер түздөн-түз кол салып киришкен, Совет респ-сы фронттордун курчоосунда калган. Орто Азияда бир нече фронт түзүлгөн, а. и. Фергана ж-а Жети-Суу фронттору Кырг-нга түздөн-түз байланыштуу болгон. 1918-жылдын жайында Советтик Россиянын аймагынын $^3/_4$-ү интервенттер м-н ак гвардиячылардын колунда болгон. Контррев-ячыл күчтөр бүт Түркстан аймагы б-ча, а. и. Кыргындын түштүгүндө да күч алган. 1918-ж. июнда басмачылар Ошту басып алууга аракет кылышкан, бирок Ош отрядынын ыктыярдуулары ж-а Анжияндан жардамга келген аскер бөлүктөрү алардын мизин кайтарган. 1918-ж. ноябрда РКП(б)нин Фергана обл. 1-конференциясынын элге кайрылуусуна жооп кылып, *басмачыларга каршы күрөшүүчү ыктыярдуу отряддар* түзүлө баштаган. Жумушчу отряддары басмачыларга каршы Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Чимион ж. б. калктуу пункттарда гана эмес Үч-Коргон, Исфана, Караван, Кара-Булак аймактарында да күрөшкөн. 1918-ж. күзүндө Фергана обл-нда, а. и. Ош уездинде, Жалал-Абад аймагында көптөгөн басмачылар баш көтөргөн. 1918-ж. ноябрь — декабрда К. Монстров башкарган «дыйкандар армиясы» түзүлүп, анын штабына ак гвардиячы офицерлер ж-а кулактар кирген. Дыйкандарды Совет бийлигине каршы тукурушкан. 1918-ж. июлда басмачыларды улуттук буржуазия ж-а чет элдик капиталистер койгон Мадамин бек башкарган. Эргеш, Калкожо, Мойдун, Көр-Шермат өңдүү корбашылардын ири басмачы отряддары негизинен кулатылган эзүүчү таптын өкүлдөрү ж-а өз табынан ажыраган адамдардан куралган. 1919-ж. жазында Кызыл Армиянын чечкиндүү соккуларынан кийин гражд. согуштун жүрүшү түп-тамырынан Совет бийлигинин пайдасына өзгөргөн. Антантанын өз армияларынын күчү м-н Совет респ-сын талкалоо б-ча планы ишке ашпай калган.

1919-жылдын башында Улуу Британия, Франция ж-а Америка Кошмо Штаттары нег. сокку берүүчү күчтү Колчак, Деникиндин армияларына, Юденич, Миллердин аскерлерине топтоп, Сов. Россияга каршы жаңы жортуулдарды даярдоого киришкен. Нег. сокку Чыгыш фронтуна пландаштырылган. Түш. Кырг-нда Мадамин бектин басмачылары м-н Монстровдун кулак-дыйкандар армиясынын бириккен чоң коркунуч туудурган. Алардын максаты Фергана обл-нда Совет бийлигин кулатуу эле. Совет өкмөтү Түркстан элине жардам берүү үчүн Түркстан фронтун түзгөн (1919-ж. 14-августа); М. В. Фрунзе фронттун командачысы, В. В. Куйбышев Рев-ячыл аскер



Басмачыларга каршы күрөшкөн Жалал-Абад ыктыярдуу отрядынын мүчөлөрү. 1919-ж.

советинин мүчөсү болуп дайындалган. 1919-ж. сентябрда Мадамин бек м-н Монстровдун басымдуулук кылган күчтөрү Ош м-н Жалал-Абадды басып алып, Ош-Анжиян участкасындагы сов. аскерлердин штабы жайгашкан Анжиянга чабуул коё баштаган. Чакан гарнизон, жумушчу отряддары, Г. М. Бильдин башкарган Анжиян уезддик шаардык к-тинин парт. кошууну шаардыктарга Кызыл Армиянын бөлүктөрү, а. и. Каспий фронтунан Казан полку жардамга келген. 2 күндүк уруштан кийин кулактар м-н басмачылардын бир бөлүгү талкаланып, калгандары чегинип кетишкен. 26-сентябрда Ош, 30-сентябрда Жалал-Абад бошотулган. Талкаланган басмачылардын калдыктары чек арага жакын Гүлчө, Эркечам аймактарына топтолушуп, кайра кол салып турушкан. Сентябрдын аягында Түркстан фронтунун сов. аскерлери Түркстан АССРин курчоодон бошотуп, Борб. Россия м-н байланышты калыбына келтирген. 1919-ж. 4-ноябрда ББАКтын Түркстан комиссиясынын (1919-ж. 8-октябрда түзүлгөн) мүчөлөрү Ташкенге келип, Түркстандагы парт. ж-а сов. органдарды чыңдоого чарбалык ж-а маданий курулуштун маселелерин чечүүгө, лениндик улут саясатын ишке ашыруугa багытталган иштерди жүргүзгөн. Кызыл Армиянын ийгиликтери, лениндик улут саясатынын туура жүргүзүлүшү, улутчулдарга каршы күрөш, дыйкандарды байлардын бийлигинен бошотуу контррев-янын эл ичиндеги таянычын тарытып, күчүн бошондоткон. 1920-жылдын башында Монстров туткунга алынган, андан кийин Мадамин бек Кызыл Армия тарабына өткөн. 1920-ж. майдын аягында М. В. Фрунзенин жетекчилиги м-н Түркстандагы Кызыл Армиянын бөлүктөрү (1920-ж. 7-майда аскерге чакыруу жүргүзүлгөн) Памир-Алайга бекинип алышкан басмачыларды талкалоону баштаган. Басмачыларды талкалоо чех Э. Ф. *Кужело* командалык кылган 2-Интернационалдык полкко тапшырылган. С. Ю. Күчүков командалык кылган Кара-Кыргыз дивизиону уруштарда каармандыгы м-н айырмаланган. 1920-ж. күзүндө басмачылардын нег. күчтөрү талкаланган (айрым топтору 1923-ж. чейин жок кылынган). Кырг-ндын түштүгүндө басмачыларга каршы күрөштө кызыл командирлер А. *Орозбеков*, А. *Осмонбеков*, С. *Касымбеков*, Д. Д. Чураков, К. *Камчыбеков* ж. б-дын атагы чыккан. Гражд. согуш ж-а басмачыларга каршы күрөш мезгилинде Совет бийлигинин аткаруучу ж-а тескөө органдары — революциячыл комитеттер (ревкомдор) болгон. 1920-ж. Ош уездинде 15 болуштук, 63 айылдык ревком



«Басмачыларга каршы күрөшкөн Эмгек Баатырына» белгиси.

ж-а 17 кедейлер к-ти иштеген. Түркстанда, а. и. Түш. Кырг-нда Совет бийлигинин калыптанышы ж-а чындалышы В. И. Лениндин, Коммунисттик партиянын, Россиянын жумушчу табынын жетекчилиги м-н ишке ашырылган.

Гражд. согуш ж-а чет элдик интервенция аяктагандан кийин Совет мамлекетинин бүткүл эмгекчилери сыяктуу Кырг-ндын түш. аймагынын эмгекчилери да бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүүгө киришкен. 1924-ж. 14-сентябрда ББАКтын 2-сессиясы Орто Азияны мамл.-аймактык жактан бөлүштүрүү ж-дө тарыхый чечим кабыл алган, бул чечимге ылайык РСФСРдин курамындагы Кара-Кыргыз (1925-ж. май айынан Кыргыз) автономия обл. түзүлгөн (ал 1926-ж. февралда Кыргыз АССРи. 1936-ж. декабрда Кыргыз ССРи болгон). Кыргыз автономия обл-на түштүктө Фергана обл-нын Ош уезди бүт бойдон ж-а Фергана, Наманган, Анжиян, Кокон уезддеринин айрым бөлүктөрү кирген. Азыркы Ош обл-нын аймагында Ош ж-а Жалал-Абад округдары түзүлүп, аларда 39 болуштук болгон. Округдар 1927-ж. январда кантондорго айландырылган. 1928-ж. бул кантондор жалгыз Ош округуна бириктирилген. 1938-ж. ал кайрадан Ош ж-а Жалал-Абад округдарына бөлүнүп, алар 1939-ж. 21-ноябрда Ош ж-а Жалал-Абад обл-тары болуп өзгөргөн. 1959-ж. 27-январда бул обл-тар жалгыз Ош обл-на бириктирилген. Кыргыз АОсу түзүлгөнгө чейин Түштүктө партиянын 380 мүчөсү ж-а 664 мүчөлүккө канди-



Ноокат р-нундагы У. Салиеванын мүрзөсүнө тургузулган эстелик.

даты бар 38 парт. ячейка (4 шаардык ж-а 34 айылдык) болгон. 1929-жылдын аягында парт. уюмдарда 2252 коммунист, а. и. 1185 партияның мүчөлүгүнө кандидат болгон. 1940-жылдын башында 5149 коммунист (а. и. партияның 1885 мүчөсү, 3264 мүчөлүккө кандидат) болгон.

Кырг-ндын түштүгүндөгү парт. уюмдар уюшулган күндөн тартып эле кадарларын өстүрүүгө ж-а чыңдоого, коммунисттердин идеялык-саясий деңгээлин жогорулатууга олуттуу көңүл бурушуп, улуттук кадрларды тандоо ж-а тарбиялоо, кадрларды туура жайгаштыруу ж-дө кам көрүшкөн. Социалисттик курулуштун орчундуу маселелери парт. конференцияларда талкууланган. Алгачкы округдук (Ош ж-а Жалал-Абад) *партиялык конференциялар* 1925-ж. мартгын ортосунда өткөн. Аларда облпартбюронун ж-а округдук бюролордун иштери, айылдардагы парт. иштин абалы ж-дөгү маселелер каралган. Конференциялардын делегаттары улутчулдуктун, шовинизмдин көрүнүштөрүнө, уруучулукка, топтошуп уюшууга каршы чыгышып, жерг. улуттардын ортосунда туура карым-катнаш орнотуунун, эмгекчилерди байлар м-н кулактардын таасиринен арылтуунун, жаңы түзүлгөн округдардын экономикасын чыңдап, өнүктүрүүнүн зарылдыгын белгилешкен. 1927-ж. февралда ж-а ноябрда, 1928-ж. декабрда кантондук 3 конференция өткөн. 1938-ж. май айында Жалал-Абад ж-а Ош округдук парт. конференциялар болгон. Областтык биринчи парт. конференция 1940-ж. өткөрүлгөн.

Коммунисттик партия Сов. Россиянын улуттук аймактарына чоң маани берген. Түркстан АССРинде ж-а Казакстанда биринчи жер-суу реформасы (1921—22-ж., кийинкиси 1927—28-ж.) өткөрүлгөн (к. *Жер-суу реформалары*). 1-реформанын милдеттери: улуттар м-н элдердин жерге ж-а сууга укугун теңөө, ири кулактар, байлардын жерлерин тартып алуу, орто дыйкандардын ашык жерлерин алуу, кедей дыйкандарга жер бөлүп берүү ж. б. 1921—22-ж. Ош уездинде басмачылардын каршылыктарына карабастан кыргыз ж-а орус кедейлеринин 556 түтүнү жер алышкан. 2-реформанын нег. милдеттери ж-а аны ишке ашыруу б-ча иш-чаралар ВКП(б)нин Кыргыз обл. к-тинин Пленумунда (1927-ж. июнь) белгиленген. 1927—28-ж-дагы жер-суу реформасы дыйкандарга чоң саясий таасир тийгизген; социалдык мамилелерди түп-тамырынан өзгөртүп, дыйкан чарбаларын туташ коллективдештирүү, а. ч. өндүрүчү күчтөрүн өнүктүрүү ж-а анын товардуулугун жогорулатуу үчүн зарыл өбөлгөлөрдү түзгөн. ВКП(б)нин 15-съездинде (1927-ж. декабрь) партия а. ч-ны коллективдештирүүгө багыт алган. 1927-ж. Ош округунда 232 түтүндү бириктирген 15, 1928-ж. күзүндө 98 (1309 түтүн), 1929-ж. апрелде 164 (3037 түтүн) к-з (56 кыргыз, 76 өзбек, 16 орус ж-а көп улуттуу 16 к-з) болгон. Көчмөн малчы кыргыздар 1929-ж. февралдан к-зго кире баштаган, ошол учурда мал асыроочу 6 к-з түзүлгөн. 1929-ж. 1-октябрда Ош округундагы дыйкан түтүндөрүнүн 3,56%и коллективдештирилген.

Кырг-ндын түштүгүндөгү а. ч-ны өнүктүрүүдө, айрыкча, кыштактарды социалисттик кайра курууда Россия Федерациясынын жумушчу коллективдери чоң жардам берген. 1930-ж. Кырг-ндын түштүгүндө Москва, Ленинград-дын, Иванов обл-нын ж-а Россиянын башка аймактарынан келген эмгекчилердин өкүлдөрү иштеген. Россиядан

Кырг-нга жыйырма беш миңчилерден 219 жумушчу келип, анын 85 киши респ-нын түштүгүнө жиберилген. Ош округунун Араван-Буура р-нунда 9, Базар-Коргон р-нунда 7, Кызыл-Жар р-нунда 2, Кызыл-Кыя р-нунда 1, Ноокат р-нунда 5, Өзгөн р-нунда 5, Ош р-ндук к-здор союзунда 8 киши иштеген. 1930-ж. июлдун ортосунда Араван-Буура р-нунда 25 миңчилердин слёту болуп, анда к-з курулушунун ар түрдүү маселелери каралган. 1930-ж. Россиядан келген жумушчулардын жардамы м-н Араван-Буура р-нунда Кашкар-Кыштак МТСи (машина-трактор станциясы), андан кийин Сакалды (Базар-Коргон р-ну), Жалал-Абад, Өзгөн, 1931-ж. Кызыл-Кыя МТСтери түзүлгөн. МТСтер иштеген аймактарда дыйкан түтүндөрүн коллективдештирүүнүн темпи жогору болгон. Бара-бара к-здордун материалдык-тех. базасы чыңдалган. 1930-ж. Кырг-ндын түштүгүндөгү к-здор мамлекеттен 1865 соко, 1547 мала, 807 чигит сепкич, 598 культиватор, 591 түптөгүч алышкан; контрактация катары к-здорго 108 миң сом бөлүнгөн. Ар түрдүү машиналарды сатып алуу үчүн к-здорго мамлекеттен кредит берилген. 1930-жылдын башында дыйкандар түтүндөрүнүн 54,25%и, а. и. Араван-Буура р-нунда 80%тейи коллективдештирилген. 1934-ж. Кырг-ндын түштүгүндө коллективдештирүү негизинен аяктаган. 1936-ж. 1-январда Алай р-нунда дыйкан түтүндөрүнүн 68,9%и, Араван р-нунда 77,9%и, Баткен р-нунда 42,8%и, Жалал-Абад р-нунда 70,7%и, Базар-Коргон р-нунда 75,8%и, Кетмен-Тебө р-нунда 72,9%и, Көгарт р-нунда 76,7%и, Куршаб р-нунда 61,4%и, Кызыл-Жар р-нунда 67,2%и, Лейлек р-нда 65,5%и, Өзгөн р-нунда 75,1%и, Маасы р-нунда 69%и, Ош р-нунда 96,5%и, Чаткал р-нунда 42,1%и коллективдештирилген.

1937-ж. 598 к-зду же бардык к-здордун 75%тен ашыгын тейлеген 24 МТС иштеген. Аларда 2215 трактор, 79 комбайн, 196 автомашина ж. б. техника болгон. А. ч. техникасы Кырг-нга негизинен СССРдин борб. аймактарынан алып келинген. 1938-ж. Кырг-ндын түштүгүндө 932 к-з, 7 с-з болгон; аларды 30 МТС тейлеген. Ош обл-нда а. ч. өндүрүш каражаттары жог. деңгээлде топтоштурулган ж-а механикалаштырылган ири тармакка айланган.

Сугат тармактарында да чоң өзгөрүүлөр болгон. Ак-Буура, Араван, Кара-Дарыя, Куршаб, Көгарт, Кара-Үңкүр сугат системаларын жаңы инженердик негизде кайра куруу, эски каналдарды кайра оңдоп, жаңыларын куруу, айдоо аянтын кеңейтүүгө, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууга шарт түзгөн. Тех. өсүмдүктөрдөн негизинен пахта эгилген. 1937—40-ж. пахта 64 миң *га* жерди ээлеген. 1934-жылдан 1939-ж. чейин пахтанын түшүмдүүлүгү Ош обл-нда 4 эседен ашык өсүп, 1939-ж. Советтер Союзу б-ча 1-орунга чыккан. Пахта эгүүчү к-здорду 20дан ашуун МТС (аларда 2000дей трактор, 728 чигит сепкич ж. б. болгон) тейлеген. Пахта өстүрүүнү механикалаштыруунун деңгээли 1933-ж. 22,3% болсо, 1939-ж. 98,2%ке жеткен. Мал чарбасы да өнүккөн. 30-жылдардын башында Кырг-ндын түштүгүндө али да болсо 42,3 миңден ашык көчмөн ж-а чала көчмөн малчы түтүндөр болгон. Согуш алдындагы беш жылдыктарда алардын бардыгы отурукташып, коллективдешкен.

А. ч-н социалисттик кайра курууга ө. ж. негиз, таяныч болгон. Аны өнүктүрүү партиянын өлкөнү индустриялаштырууга алган багытына ылайык ишке ашырылган. 20-жылдары Кара-Сууда пахта тазалоочу з-д (1924-ж. негизделген), Оштогу пилла түрүүчү ф-ка ж-а жибек куртун асыроочу з-д, Жалал-Абаддагы жылуулук электр станциясы, Ош ж-а Жалал-Абаддагы нан з-ддору курулган. Ошол эле жылдары Таш-Көмүрдө шахта курулуп, Көк-Жаңгак таш көмүр кени

Сүлүктү кениндеги темир жол курулушу. 30-жылдар.





Кыргызстандын түштүгүндөгү биринчи трактор. Ош тарых-маданият музей-коругу.

кайра конструкциялана баштаган. Жалпысынан алганда 1-беш жылдыкка чейин Кырг-ндын түш. аймактарында ө. ж. өндүрүшүн негизинен мурунку эски ишканалар түзгөн. Эл чарбасын андан ары өнүктүрүү үчүн кеңири капиталдык курулушту жүргүзүү, индустриялык тармактарды өнүктүрүүнү тездетүү, өндүрүштү жаңылоо зарыл эле.

1-беш жылдыктын мезгилинде Кырг-ндагы курулуш иштерине жардам берүү үчүн СССРдин борб. аймактарынан 300дөй инженер ж-а техник кызматкерлер келген. Биринчи, экинчи, үчүнчү беш жылдыктардын мезгилинде ө. ж. ишканалары тех. жактан кайра жабдылган. 1930-ж. кендерде алгачкы электр бургулары пайда болгон. 1931-ж. марттa Сүлүктүдө, андан кийин башка шахталарда таш көмүр уратуучу машиналар колдонула баштаган. Бардык жерде жаңы станоктор ж. б. жабдуулар орнотулган. Аларды өздөштүрүү үчүн квалификациялуу жумушчулар керек болгон. Ошондуктан фабрика-завод шакирттик (ФЗУ) мектептери, ар кандай кесиптик-тех. курстар ачылган, жекече ж-а бригадалык үйрөтүү киргизилген. Квалификациялуу жаш жумушчуларды даярдоочу Кырг-ндагы алгачкы окуу жай (ФЗУ мектеби) 1923-ж. Кызыл-Кыя кенинде ачылган. Бул жерде 3—4 жылдык программа б-ча кен өткөөлчүлөрүн, токарларды, механиктерди (жылына 50—80) даярдаган. 1931-ж. Кызыл-Кыяда тоо-кен техникуму ачылган. 1-беш жылдыкта обл-тагы жумушчу табынын катары негизинен дыйкандардын эсебинен өскөн.

Согушка чейинки жылдары көмүр, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж-нын мурда курулган ишканалары кайра реконструкцияланган, жерг. сырьёнун негизинде ө. ж-дын жаңы тармактары өнүккөн. Жаңы авт. ж-а темир жолдор курулган. 1931-ж. Сүлүктү, Жалал-Абад ж-а Ошто электр станциялар ишке киргизилген. 1-беш жылдыкта Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү шахталары кайра конструкцияланып, Кара-Сууда ремонттоо-механикалык з-ду иштей баштаган. Нарын (Таш-Көмүр) көмүр рудниги ачылып, геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Ошол жылдары аймактын табигый ресурстарын изилдөөгө СССР ИАнын экспедициялары (1924-жылдан), айрыкча Кырг-н комплекстүү экспедициясы (1932—33) чоң салым кошкон. Сурьма, коргошун, нефть, күкүрт ж. б. кен байлыктардын ө. ж-лык запастары аныкталган. 1937-ж. Кырг-ндагы алгачкы Чаңгыр-Таш нефть кени иштетиле баштап, бул респ-дагы эл чарба тармагын — нефть чыгарып алуу ө. ж-н түзүүнүн башталышы болгон. 1933—35-ж. Жар-Көтөн ж-а Майлы-Сай нефть кендери өздөштүрүлгөн.

1935-ж. «Гидродолбоор» ин-тунун Орто Азиядагы бөлүмү Түш. Кырг-ндын гидроэнергия ресурстарын пайдалануу б-ча суу-энергетикалык схеманы түзгөн. Ушул мезгилден тартып экономиканы жаңылантуунун негизи — энергетика тез темп м-н өнүгө баштаган. Түстүү металл кендерин геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. 2-беш жылдыктын жылдарында Таш-Көмүр рудниги (1935-ж. ишке киргизилген), Кадамжайдагы ө. ж-лык тажрыйба сурьма з-ду (1936) курулган. Ош ж-а Кара-Суу пахта тазалоочу з-ддору, Жалал-Абад кирпич з-ду иштеген, Таш-Көмүр ж-а Көк-Жаңгак көмүр шахталарындагы электр станциялар ток бере баштаган. Көмүр ө. ж. тез өнүккөн. 2-беш жылдыкта бул тармакка 40,4 млн сом жумшалган, ал респ-нын индустриясына жумшалган бардык капиталдык салымдын 30,3%ин түзгөн. Түш. Кырг-н Орто Азия экон. аймагындагы боордош респ-ларды көмүр м-н жабдып турган. Көмүрчүлөр Кырг-нда биринчилерден болуп *стахановчулар кыймылын* колдоп чыгышкан. 1935-ж. 22-сентябрда Кызыл-Кыя кениндеги С. М. Киров атн. шахтанын өткөөлчүсү А. Сопиндин эпкиндүү бригадасы кендин тарыхында биринчи жолу нормадагы 22 *т*нын ордуна 100 *т* көмүр казып алган. 22-октябрда өткөөлчү Д. Сулей-

мановдун бригадасы (Сүлүктү кени) 110 *т* көмүр казып алып, планды 326%ке аткарган. Алардын демилгесин башка шахтёрлор улантып кетишкен. Парт. уюмдар (1938-ж. Ош ж-а Жалал-Абад округдук партия уюмдарында 1768 коммунист болгон) патриоттук эл-дик кыймылды ар тараптан сүрөп турган. СССР элдеринин боордош үйбүлөсүндө Кырг-н тарыхый кыска мөөнөттө индустриялык к-здук респ-га айланган. 1940-ж. респ-нын бардык дүң продукциясынын 34,8%и Түш. Кырг-нга туура келген. Бул аймакта респ-дагы көмүрдүн 98,4%и, нефтинин баары алынган; жеңил ө. ж. продукциясынын 61,2%и чыгарылган; жумушчулардын 41%и, Кырг-ндагы нег. ө. ж. өндүрүш фондуларынын 48,2%и топтолгон.

Коммунисттик партиянын жетекчилиги м-н Совет бийлигинин биринчи жылдарынан тартып эле өлкөдө маданий рев-я Сов. Кырг-нда бөтөнчө татаал шартта ишке ашырылган. Буга рев-яга чейинки мезгилде аймактын жалпы экон. ж-а маданий артта калышы, патриархалдык-феодалдык мамилелердин үстөмдүк кылышы, кыргыз элинин көчмөн ж-а чала көчмөн турмушу, жумушчу табынын аздыгы, калктын дээрлик баарынын сабатсыздыгы, улуттук интеллигенциянын жоктугу себеп болгон. Совет бийлиги өзүнүн алгачкы жылдарынан баштап эле сабатсыздыкты жоюу, жерг. калкты билимге, рухий ж-а эстетикалык байлыктарга ортоктош кылуу, эл агартуу үчүн зарыл шарттарды түзүү, калкка марксизм-ленинизмди жайылтуу, аймактын эмгекчилеринин рухий турмушун социалисттик принципте уюштуруу, элдин аң-сезими м-н турмушун патриархалдык-феодалдык ж-а диний калдыктардан арылтуу б-ча чара көрө баштаган. 1924-ж. араб алфавитинин негизинде кыргыз жазмасы түзүлгөн (1928-ж. латын алфавитине, 1940-ж. орус алфавитине көчкөн). *Сабатсыздыкты жоюу мектептери* Кырг-ндын түштүгүндө алгач ирет 1918-ж. октябрда ачылган. Ош уездинде 1920-ж. ушундай 12, 1924-ж. 38 мектеп болгон. 1930-ж. 10-мартта Ош округундагы сабатсыздыкты жоюу мектептеринде 24316 киши, а. и. 2664 аял окуган. 1941-ж. чейин чоң кишилердин сабатсыздыгы жоюлган. Согушка чейинки беш жылдыктарда аймакта жалпыга бирдей башталгыч билим берүү аяктап,



Кызыл-Кыядагы паровоз депосу. 1928-ж.

жалпыга милдеттүү жети жылдык билим берүүгө өтүү башталган (жалпыга жети жылдык билим берүү 50-жылдары, жалпыга сегиз жылдык билим берүү 60-жылдардын ортосунда ишке ашкан). 1940-ж. Түш. Кырг-нда 880 мектеп болуп, анда 144 миң бала окуган; 6 атайын орто окуу жайы иштеген. Ошто шаарлар аралык сүйлөшүү пункту ачылган. 7 театр (3 кыргыз, 2 өзбек, 2 орус театры), а. и. 2 колхоз-совхоз театры иштеген. 26 газета, а. и. 5 обл. (Ош обл-нда 3, Жалал-Абад обл-нда 2), 5 шаардык, 16 р-ндук газета чыгып турган. Парт. уюмдардын катары өсүп, чыңдалган. 1939-ж. Жалал-Абад облнын парт. уюмдарында 1567, Ош облнда 3266 коммунист болгон.

Социализмдин жеңиши калктын социалдык түзүлүшүн түп-тамырынан өзгөрткөн. Жалпы өлкөдөгүдөй эле бул аймакта да таптар жоюлуп, дос ж-а кызматташ 2 тап — *жумушчулар* ж-а колхоздук *дыйкандар* калыптанган. О. эле социализмге берилген жерг. жаңы элдик *интеллигенция* өсүп чыккан. Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин укуксуз болгон Орто Азия аялдары коомдун тең укуктуу мүчөсү болуп, коомдук-саясий, өндүрүштүк ж-а маданий турмушка кеңири катыша баштаган. 1939-ж. кыргыз аялдары (195 миң киши) Ош обл-ндагы бардык аялдардын (324 миң) 60%ин, 1940-ж. к-зчу аялдар обл-тагы бардык к-зчулардын 44%ин (бүткүл Кырг-нда 46%) түзгөн. 1939-жылкы эл каттоо б-ча обл-та 675364 киши, а. и. 403 474 кыргыз жашаган. Шаарларда ж-а жумушчу посёлкаларында 107 522 киши, а. и. Ошто 33315, Жалал-Абадда 14961, Көк-Жаңгакта 8416, Таш-Көмүрдө 3198, Кызыл-Кыяда 14619, Сүлүктүдө 10078 киши жашаган. А. ч-да

229761, токой чарбасында 873, ө. ж-да 17703, курулушта 7643, турак жай-коммуналык чарбада 1164, транспорт ж-а байланыш жагында 5882, соода, даярдоо ж-а коомдук тамактануу тармагында 8797, саламаттык сактоодо 9731, элге билим берүү, илимий изилдөө мекемелеринде, иск-во, басма сөздө 8366 киши иштеген.

Түш. Кырг-ндын экономикасы Улуу Ата Мек. согуштун алгачкы күндөрүнөн тартып эле согуш шартына ылайыкталып кайра түзүлгөн. Парт. уюмдар иш формаларын ж-а ыкмаларын өркүндөтүп, фронттун муктаждыктарын канааттандырууга аймактагы ресурстарды толук ж-а тез мобилизациялоо үчүн бардык чараларды көргөн. Партиянын Ош ж-а Жалал-Абад обкомдорунда көмүр-кен бөлүмдөрү, Жалал-Абад шаркомунда ө. ж. бөлүмү түзүлгөн. Кадамжайдагы сурьма ж-а Хайдаркендеги сымап комбинаттарына (анын курулушу 1941-ж. башталган) ВКП(б) БКнын парторгдору дайындалган, алар аскердик-согуштук продукцияны чыгарууну өздөштүрүүгө ж-а мүмкүн болушунча көбөйтүүгө байланышкан аскердик-чарбалык маселелерди чечүүгө жоопкер болгон. Ө. ж. өндүрүшүн согуштук максатта кайра куруу 1942-жылдын аягында бүткөн. Немецтик фашисттер убактылуу басып алган Украинадан, Россиянын борб. аймактарынан эвакуацияланып келген ишканалар ишке киргизилген. Атап айтканда Башраев электр станциясынын машиналары ж-а механизмдери Таш-Көмүр дизель электр станциясында колдонулган, Никитовка сымап комбинатынын (Донбасс) нег. фондусу Хайдаркен сымап кенинин фондусуна кошулган. Ушул эле жылы Чабай сымап кени иштетиле баштаган. Жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. ишканалары да фронттун муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Согуш жылдарында Жалал-Абадда пахта тазалоочу ж-а витамин-консерва комбинаты курулган. 1942-ж. Ош пилла түрүү ф-касынын ж-а Ошко эвакуацияланып келген Рахманов ийрүү-токуу ф-касынын (Москванын чет-жакасы) негизинде Ош жибек комбинаты түзүлгөн. 1943-ж. Кызыл-Кыядагы тамеки ферменттөө з-ду, 1945-ж. Оштогу эт комбинаты ишке киргизилген. Көмүр, түстүү металл ж. б. өнөр жай тармактарынын коллективдери күрдөөлдүү эмгектенишкен. Көп адистик б-ча иштегендер, көп станок тейлегендер көбөйгөн, *фронтко жардам, фронттогулардын аялдары менен энелеринин кыймылы* ж. б. патриоттук кыймылдар кеңири жайылган. А. ч. эмгекчилери согуш учурундагы кыйынчылыктарды жеңип, ар бир тонна эгин, ар бир килограмм мал чарба продукциясы үчүн күрөшкөн. Коомдук өндүрүшкө бардык айыл калкы тартылган.

Дыйкандар өзүнө сактаган азык-түлүгүнөн мамлекетке берип колунан келген жардамын көрсөтүшкөн. 1942-жылдын декабрынын 1-жарымынан Ош обл-нын к-зчулары коргонуу үчүн иштеген ишканалардын, шахта, кендердин жумушчуларына мамл. баа м-н кооперация аркылуу 80 миң пуд азык-түлүк сатып, андан түшкөн акчаны коргонуу фондусуна жөнөтүшкөн. Оштуктардын бул демилгесин Кыргызстан Компартиясынын Борб. к-ти колдоого алып, аны респ-га кеңири жайылтуу үчүн кам көргөн. Улуу Ата Мек. согушта түш. кыргызстандыктар да чыныгы эрдиктерди көрсөтүшкөн. Алардын ичинен миңдеген жоокерлер СССР-дин ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган. 20 жоокер Сов. Союз. Баатыры наамын алышкан.

Кызыл-Кыядагы Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик.



Согуштун башталышында Кыргындын түштүгүндө 463 баштапкы парт. уюм (партиянын 6404 мүчөсү ж-а мүчөлүккө кандидат) болгон. Ош обл-нын парт. уюмунда (Жалал-Абад обл-тын кошпогондо) 1942-ж. партиянын 2892 мүчөсү ж-а 1310 партиянын мүчөлүгүнө кандидат болгон; алардын 1600-дөн ашыгы майданга кеткен. Согуш жылдары Ош обл-нан бардыгы болуп 8 миңден ашык коммунист майданга жөнөгөн.

Улуу Ата Мек. согуштан кийин обл-тын эмгекчилери беш жылдык пландардын негизинде Түш. Кырг-ндын эл чарбасын өнүктүрүү үчүн тынчтык эмгекке кириштн. Хайдаркен тоо-кен металлургия комбинаты, Чабай, Чаңгыр-Таш, Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Сүлүктү көмүр кендери, пахта тазалоочу з-ддор согуштан кийинки биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда аяктаган. Айрыкча, түстүү металл, тоо-кен, көмүр ө. ж. өнүккөн. Ош ж-а Жалал-Абад обл-тарынын жумушчулары м-н к-зчулары эмгекте эрдиктин чыныгы үлгүсүн көрсөтүшкөн. 1948-ж. Түш. Кырг-ндын 20 эмгекчисине Соц. Эмг. Баатыры деген наам ыйгарылган. Алар: жылкычылар К. *Абдураимов*, Э. *Андабеков*, пахтачылар М. Абдраимова, А. *Анаров* (1951-ж. 2-жолу Соц. Эмг. Баатыры болгон), И. *Исмаилова*, дыйкан Т. *Кайназаров*, шахтёр А. *Сатыбалдиев* ж. б.

Андан кийинки жылдары к-здор м-н с-здор уюштуруу-чарбалык жактан дагы чыңдалып, сугат жерлерди пайдалануу жакшырган. Агротехниканын ж-а а. ч. иштерин механикалаштыруунун деңгээли жогорулаган, өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү артып, коомдук мал чарба өнүккөн, экономиканы башкаруу системасы өркүндөтүлгөн. Областтык парт. уюм (1966-ж. 1-январда 29 970 коммунист болгон) кадр саясатын көңүлдүн борборунда кармаган. Ош обл-нын калкы 1966-жылдын башында 1109 миң кишиге жеткен; 214 миң жумушчу ж-а кызматчы болгон. 1965-ж. апрелде обл-та 9412 механизатор, 3258 шофёр, 2939 эсепчи, 245 ферма башчысы, 967 бригадир, 82 к-з председатели (алардын 20сы жогорку билимдүү) эмгектенген.

1963—65-ж. обл-тагы пахта эгүүчү бардык р-ндор мамлекетке пахта тапшыруу б-ча пландарын ийгиликтүү аткарышкан. 1965-жылдан ар гектардан 23 цден пахта жыйналган (план 106%-ке аткарылган). 1959—65-ж. обл-та ө. ж. дүң продукциясынын планы 102%ке аткарылган, пландан ашыкча 28 млн сомдук продукция чыгарылган. Областтык парт. уюмдун бардык уюштуруучулук ж-а саясий иш-аракети 6-беш жылдык ж-а жети жылдык пландарды аткарууга, экономиканы көтөрүп, элге билим берүү ж-а саламаттык сактоону андан ары өнүктүрүүгө, маданияттын деңгээлин жогорулатууга, калктын эмгек ж-а турмуш шартын жакшыртууга багытталган. 1965—66-окуу жылында обл-та 26,5 миң окуучу окуган жалпы билим берүүчү 1121 орто мектеп, 3321 миң китеби бар 454 китепкана, 313 клуб, 392 киноустановка, 19321 орундуу 186 бала бакча ж-а ясли иштеген. 1968-ж. телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу б-ча обл. редакция уюшулган. 1968-ж. 20-январда Оштон радио уктуруу (кыргыз тилинде) алгач ирет эфирге чыккан. 1970-ж. 9-сентябрда Ош студиясынын биринчи телекөрсөтүүсү берилген. 1972-ж. Ошто радиотеле берүүчү борбор түзүлгөн. 1967-ж. обл-та 10 миң телефон, а. и. 2000 квартира телефону ж-а 102 таксофон болгон. 1973-ж. Ошто автоматтык телефон байланышы ишке киргизилген.

Ош обл. парт. уюм уюштурган социалисттик мелдешти кеңири жайылтуунун натыйжасында аймактын эмгекчилери эл чарбасынын бардык тармактарын өнүктүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишкен. 8-беш жылдыктын мезгилинде (1966—70) Ош обл-ндагы ө. ж-дын нег. фондулары 600 млн сомго өскөн. Пландан ашык 308 миң *т* көмүр, 114 млн $м^3$ табигый газ, 25 миң *т* нефть чыгарылган. Ө. ж. өндүрүшүнүн дүң көлөмү пландагы 37%тин ордуна 41,5%ке көбөйгөн. Областтын эл чарбасындагы капиталдык салымдын көлөмү 948 млн сомду түзгөн же мурдагы беш жылдыкка караганда 1,5 эсе көп болгон. А. ч. эмгекчилери а. ч. продукциясын (бардык түрү) мамлекетке тапшыруу б-ча 8-беш жылдык планды ашыгы м-н аткарышкан.

9-беш жылдыктын мезгилинде жылына 82 млн $м^2$ кездеме чыгарган текстиль комбинаты толугу м-н ишке киргизилген. Токтогул ГЭСинин (Токтогул р-ну ошол мезгилде Ош обл-на караган) бардык агрегаты иштей баштаган. 1975-ж. 12-ноябрда ө. ж. продукциясын сатуу планы мөөнөтүнөн мурда аткарылган; 3050 млн сомдук, а. и. пландан ашык 116 млн сомдук

продукция сатылган. Пахтаны жыйноо ж-а мамлекетке сатуу планы 1975-ж. 25-сентябрда аткарылып, мамлекетке беш жылдык пландан ашыкча 140 млн *т* пахта сатылган. Мамлекетке башка а. ч. продукцияларын сатуу б-ча беш жылдык тапшырмалар да ийгиликтүү аткарылган. Областтын к-здору м-н с-здорунун жылдык орт. кирешеси 8-беш жылдыкка караганда 66 млн сомго же 22%ке өскөн. 1975-ж. ө. ж. ж-а айыл чарба продукцияларын сатып өткөрүүнүн суммасы биринчи жолу 1 млрд 100 млн сомдон ашкан.

Областтык парт. уюмдун 1979-ж. 2-январда 40176 мүчөсү болгон. 1979-ж. 20-январда Ош обл. 18-парт. конференциясы болуп, обл. парт. уюмдун отчёттук мезгилдеги (1976—78) иш-аракетинин жыйынтыгын чыгарган, 10-беш жылдыктын акыркы жылдарындагы милдеттерин белгилеген. 1976—78-ж. ө. ж. өндүрүшүнүн көлөмү 16%ке көбөйгөн. Бул мезгилде пландан ашыкча 55 млн сомдук ө. ж. продукциясы чыгарылган. Сугат тармагына 72 млн сом бөлүнгөн, ушунун эсебинен 10 миңдей *га* жерге суу чыгарылып, 10 миңдеген *га* айдоо жерлер м-н жайыттарды сугаруу жакшыртылган. 10-беш жылдыктын акыркы 2 жылында 350 миңден ашык жумушчу м-н к-зчу 10-беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда аткаруу үчүн мелдешке чыгышкан, өндүрүштүн 130 алдыңкысы 11-беш жылдыктын эсебинен иштеген. Жалпысынан беш жылдыкта обл-тын ө. ж. жумушчулары пландан ашык 77 млндой сомдук продукция чыгарган. Областта Советтер Союзунун ж-а респ-нын эл чарбасында маанилүү роль ойногон кубаттуу индустриялык-агрардык комплекс түзүлгөн. 10-беш жылдыктын аягында ал бүткүл Кырг-нда өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын $^1/_4$ бөлүгүн ж-а а. ч. продукциясынын 40%тейин берген. 10-беш жылдыкта 40тан ашык ө. ж. тармактарынын 126 ишканасы иштеген. 11 ө. ж. ишканасы ж-а цехи ишке киргизилген, 700 миң $м^2$дей турак жай, 49 миң окуучуга эсептелген мектептер, ондогон бала бакча, ооруканалар ж. б. курулган. К-з, с-здорду электр м-н камсыз кылуу 1,2 эсе өскөн. Областтын тоолуу ж-а тоо этектериндеги аймактарында артта калган чарбаларда кой багуучу 21 с-з уюшулган. 1978-ж. 1-январда обл-та 3297 миң кой, а. и. к-здор м-н с-здордо 2832,4 миң кой болгон. Улуу Октябрдын 60 жылдыгында обл-тын талааларында ж-а мал чарба фермаларында 12153 трактор, 3437 ар кандай комбайн, 5,2 миң авт. ж. б. техника иштеген. А. ч-нда 16 миңден ашык механизатор, дипломдуу 6,2 миң агроном, зоотехник, инженер ж-а экономист эмгектенген. Чарбаларда техника ж-а кадрлар м-н камсыз кылуу дыйканчылыктагы эмгекти көп талап кылуучу жумуштардын нег. түрлөрүн — жер айдоону, чигит ж-а эгин эгүүнү, өсүмдүктөрдүн катар аралыгын жумшартууну, минералдык жер семирткичтерди чачууну, дан эгиндерин, жүгөрү жыйноону толук механикалаштырууга мүмкүндүк берген. 38 к-з, 11 с-з пахта өстүргөн. Областтын экономикасынын өсүшүнүн негизинде ар бир кишисине карата реалдуу киреше, чекене товар жүгүртүү, турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү өскөн.

1983-ж. декабрда Ош обл. 20-парт. конференциясы болгон, анда экон. ж-а маданий курулуштагы олуттуу ийгиликтер белгиленген. 11-беш жылдыктын 3 жылында пландан ашыкча 72 млн сомдук ө. ж. продукциясы чыгарылган. Куруучулар 10-беш жылдыктын ушул мезгилине караганда курулуш иштерин 17%ке ашык бүткөрүшкөн, капиталдык салымды 20%ке ашык өздөштүрүшкөн. Ош обл. СССРдин Азык-түлүк программасын ишке ашырууга чоң салым кошкон. 1983-ж. обл. 700 млндой сомдук а. ч. продукциясын мамлекетке саткан (1980-ж. 525,6 млн сомдук продукция сатылган). Ушунун негизинде айыл эмгекчилеринин материалдык жыргалчылыгы бир кыйла жогорулаган.

Областта мамл. ж-а кооперациялык чекене сооданын өскөндүгү эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгынын жогорулагандыгын көрсөтөт. 1982-ж. анын жалпы көлөмү 895,6 млн (1940-ж. 30,3 млн, 1965-ж. 281,7 млн, 1970-ж. 717 млн) сомду түзгөн. 1983-жылдын башында обл-та 3211 чекене соода ишканасы (1965-ж. 2549), 1412 коомдук тамактануу ишканасы (1965-ж. 680) иштеген.

11-беш жылдыктын аягында обл-тагы коомдук дүң продукциянын нег. бөлүгү эл чарбасынын индустриялык тармактарына туура келген. Илимий-тех. прогресси аныктаган тармактар — энергетика ж-а машина куруу маанилүү орунду ээлеген. Гидро ж-а

жылуулук энергетика ресурстарына бай Ош обл. СССРдин Энергетикалык программасын ишке ашырууга чоң салым кошууда. Областта жалпы энергия потенциалы саатына 1 млрд *кВт*ты түзгөн 13 ири суу бар. Нарын дарыясында ГЭС каскадын куруунун эл чарбасы үчүн мааниси зор. Областтын аймагындагы кубаттуулугу 180 *мВт* болгон Уч-Коргон ГЭСи 1962-ж. курулган. 450 *мВт* кубаттуулуктагы Таш-Көмүр ГЭСи курулуп бүтүүдө, 240 *мВт* кубаттуулуктагы Шамалды-Сай ГЭСи курулууда. Областтын эл чарба структурасында ө. ж., капиталдык курулуш ж-а транспорт бардык дүң продукциянын 70%тейин ээлеген. Республиканын эл чарба структурасында Ош обл-на бардык дүң продукциянын $^1/_4$ бөлүгү, нег. өндүрүш фондуларынын ж-а жумушчулардын кыйла бөлүгү туура келет. Бул аймакта Кырг-ндагы көмүрдүн бардык запасынын 60%тейи, нефть ж-а газ кендеринин дээрлик баары, сымап м-н сурьманын запасынын бүт баары топтолгон. Кыргыз ССРиндеги а. ч. дүң продукциясынын 36%тен ашыгы обл-та өндүрүлөт. Областтын а. ч-нын негизин сугат жерлер түзөт. Мындай жерлер 223 миң *га* же респ-нын бардык сугат жер фондусунун 30%ине барабар. 1982-ж. бардыгы 334 миң *га* сугат жер болгон; а. и. 89,2 миң *га* жерге дан эгиндери, 60,9 миң *га* жерге тех. өсүмдүктөр (тамеки, пахта), 12 миң *га* жерге картошка, жашылча, коон-дарбыз, 171,9 миң *га* жерге тоют өсүмдүктөрү эгилген. 11-беш жылдыкта тамеки өстүрүү кеңири жайылган. Мал чарбачылыгынын нег. тармагы кой чарбасы болуп эсептелет. Анын үлүшүнө к-здор м-н с-здордун мал чарбасынан түшкөн кирешенин 60%тен ашыгы туура келет. Республикадагы бардык койлордун 30%и Ош обл-нда. Алардын көпчүлүгү уяң ж-а чала уяң жүндүү койлор. Алдыңкы чабандар, алардын ичинде Соц. Эмг. Баатырлары С. Исаков (1957), Т. Исмаилов (1966), Г. Ормонова (1966), Ш. Санжаров (1966) ж. б. жылына арбын төл алышкан. 1988-ж. обл-та 99 Соц. Эмг. Баатыры болгон.

1986-ж. обл-та 170тен ашык чарба, а. и. 63 к-з, 109 с-з ж-а тажрыйбаэксперименттик чарба болгон. Алгачкы эксперименттик чарба — *пахтачылык тажрыйба станциясы* (Кара-Суу р-ну) 1960-ж. түзүлгөн. 1973-ж. *дыйканчылык боюнча таяныч пункт* (Фрунзе р-ну) уюшулган. 1974-жылдан Өзгөндө *«Тамеки» тажрыйба станциясы* иштейт. 1977-ж. *«Катта-Талдык»* с-зу мал чарба тажрыйба станциясынын уюшулушуна негиз болгон. Түш. Кырг-н *мөмө-жемиш токой тажрыйба станциясы* иштеп жатат. Бул мекемелер а. ч-нын актуалдуу маселелери б-ча илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт. Областта респ., бүткүл союздук илимий изилдөө ж-а долбоорлоо ин-ттарынын филиалдары, а. и. Бүткүл союздук көмүр ө. ж. илимий изилдөө ин-тунун Орто Азиядагы бөлүмүнүн тобу, *гидрометеорология жана табият чөйрөсүн контролдоо мекемелери,* метеостанциялар, сейсм станциялар ж. б. иштейт. Жогорку окуу жайларда, ири мед. мекемелерде илимий иштер жүргүзүлөт. Обл-та илимдин 5 доктору, 170 кандидаты иштейт.

Элге билим берүү мекемелеринин — атайын, күндүзгү, кечки ж-а сырттан окуу мектептеринин, кесиптик-тех. окуу жайлардын, атайын орто ж-а жог. окуу жайлардын тармагы түзүлгөн. 1975-ж. жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө өтүү аяктап, 1984-ж. мектеп реформасын ишке ашыруу башталды. 1986—87-окуу жылында Ош обл-нда жалпы билим берүүчү 866 мектеп (аларда 427 миң окуучу окуган), а. и. 601 орто мектеп, 159 сегиз жылдык мектеп, 93 башталгыч мектеп, майып балдардын 6 мектеби, 17 мектеп-интернат, 3 балдар үйү болгон. Окуу кыргыз, өзбек, орус, тажик тилдеринде өткөрүлөт. 75 мектепте орусча, кыргызча класстар катар иштейт. Мектептен тышкаркы балдар мекемелери — пионерлер үйү, жаш техниктер ж-а жаш натуралисттер станциялары, бардык ведомстволордун мектепке чейинки балдардын 565 мекемеси (аларда 69,9 миң бала тарбияланат) бар. 31 музыкалык мектеп, о. эле *бухгалтердик мектеп* ж-а *сүрөтчүлөр мектеби* иштейт. Шаарлар м-н кыштактарда 42 *кесиптик-техникалык окуу жайлар,* 2 педагогика окуу жайы, 3 медицина окуу жайы, музыка окуу жайы, 12 техникум (а. и. совхоз-техникум) ж-а техникумдардын 2 филиалы, Ош педагогика ин-ту, Фрунзе политехника институнун кечки факультети, Кыргыз мамл. университетинин окуу-консультациялык пункту иштейт. Областта жашаган ар бир 3-киши тигил же бул окууда окуйт. 1987-ж. обл-тын эл чарбасында 80 миңден ашык адис эмгектенген, а. и. 31 миңи жог. билимдүү.

Маданий-агартуу мекемелеринин тармагы өнүккөн. 1940-ж. обл-тын шаарларында 41 китепкана (96 миң китеп ж-а журнал), кыштактарда 154 китепкана (197 миң китеп ж-а журнал) болсо, 1986-ж. алардын саны 4,2 эсе, алардагы китептердин саны 25 эсе өскөн. 303 мамл. клубдук мекемелер, 123 профсоюздук клуб, 38 к-здук клуб ж-а маданият үйлөрү, 524 киноустановка болгон. Кыргыз драма театры, Өзбек музыкалуу драма театры, 8 элдик театр, өздүк көркөм чыгармачылык коллективдери, Оштогу бириккен *таарых-маданият музей-коругу* (4 филиалы м-н) иштеген. Кыргызстан жазуучулар, архитекторлор, журналисттер, сүрөтчүлөр союздарынын обл. бөлүмдөрү уюшулган. Областтык газета басмасы, 4 мамл. ж-а ведомстволук басмакана иштейт. Кыргыз, орус, өзбек тилдеринде 15 р-ндук ж-а 3 обл. газета, о. эле ири ө. ж. ишканаларынын, к-з ж-а с-здордун көп нускалуу газеталары чыгат. Социалдык-маданий ж-а идеологиялык майданда 60 миңдей штаттык кызматкер ж-а коомдук башталышта 30 миңден ашык киши иштейт.

Мед.-санитариялык мекемелердин тармагы кеңейген. 10—11-беш жылдыктардын мезгилинде Оштогу обл. ооруканa ж-а обл. балдар ооруканасы, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Аравандагы ооруканa комплекстери, Жалал-Абад-дагы, Алай, Баткен, Базар-Коргон р-ндорундагы типтүү ооруканa корпустары, Исфанадагы ооруканa ж. б. курулган. Азыр обл-тагы ар бир 10 миң кишиге 107,3 койка-орун туура келет. Калкты бардык адистиктердеги 4180 врач, 15240 мед. атайын орто билимдүү адис тейлейт. 1985-ж. 18 шаардык, 15 р-ндук борб., 4 р-ндук, 42 участкалык, 4 балдар, 2 обл. ооруканa ж. б. дарылоо-алдын алуу мекемелери болгон.

Турмуш-тиричилик жактан тейлөө да пландуу өнүккөн. 10-беш жылдыктын аягында обл-та 1517 турмуш-тиричилик үйү, цехтер, мастерскойлор ж-а комплекстүү кабыл алуучу пункттар иштеген. 1980-ж. турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү 26 млндой сомду (1977-ж. 14,2 млн сом, а. и. айылкыштакта 6,3 млн сом) түзгөн.

Совет бийлиги жылдарында Ош облында авт. жолдорунун тармагы түзүлгөн. Азыр анын уз. 9 миң *км* же Кыргыз ССРиндеги бардык авт. жол тармагынын 40%тен ашыгын түзөт. Ош — Хорог, Ош — Исфана — Сүлүктү, Ош — Фрунзе авт. жолдорунун эл чарбасында мааниси зор. 1986-ж. союздук маанидеги 3, респ. маанидеги 14 авт. жолу болгон. 24 автобаза (Түштүк өндүрүш автомобиль трестине караган), а. и. 6 жүк ташуучу, 3 жүргүнчү ташуучу, 1 таксомотордук ж-а 14 аралаш автобаза, мындан тышкары обл. керек-жарак союзунун автобазасы (1986-ж. чейин «Облколхоздораалык курулуш», «Айылчарбатехника» ж. б. мекемелердин автобазалары) иштеген.

Жыл өткөн сайын темир жол ж-а аба транспортторунун мааниси жогорулоодо. Областтын аймагында темир жолдун уз. 176 *км*. Алар обл-ты СССРдин бардык экон. аймактары м-н байланыштырат. 1928-ж. Ошко биринчи самолёт конгон. 40-жылдардын аягы —50-жылдардын башында обл-тын Баткен, Жаңы-Жол ж. б. р-ндорун өз ара, обл-тын борбору м-н байланыштырган (ЯК-40, АН-2 самолёттору тейлеген) жерг. бардык багыт б-ча аба жолдору ачылган. Азыр обл-тын борбору авиация жолдору аркылуу 20дан ашык калктуу пункт (Москва, Фрунзе, Ташкен, Алматы, Баку, Сочи ж. б.) м-н байланышат.

Совет бийлигинин жылдарында байланыш каражаттарынын (почта, телеграф, радиоуктуруу ж-а телекөрсөтүү) бардык түрүнүн өнүгүшү б-ча чоң ийгиликтерге жетишкен. 1985-ж. обл. телефон тармагында шаардык ж-а айылдык телефон станциялары 179га жетип, алардын жалпы сыйымдуулугу 60 миң номерден ашкан. Шаар аралык телефон каналдарынын жалпы саны көбөйгөн. Алыс аралыкка үндүн угулушун ж-а сигналдардын жеткирилишин жакшыртуу үчүн тех. чаралар көрүлүүдө. Азыр обл-тагы калктуу пункттарга телефон ж-а телеграф байланышы жеткирилген. Алысыраак жайгашкан кыштактар байланыш түйүндөрү ж-а почта бөлүмдөрү аркылуу байланышат. 1985-ж. 1-январда обл-тын аймагында 150 радио түйүн, 202 миң радио точка болгон. Областтын бардык шаарларында ж-а калк жашаган ири пункттарында Борб. телекөрсөтүүнүн, Кыргызстан телекөрсөтүүсүнүн (а. и. Ош обл. радиотелестудиясынын) берүүлөрүн көрө алышат.

10—11-беш жылдыктарда калктуу пункттарды (а. и. айылдык) куруу ж-а абаттоо б-ча көп иштер аткарылды. Шаарлардын, р-ндук борборлордун, жумушчу посёлкаларынын, ири кыштактардын негизги пландары иштелип чыккан. 1986-ж. обл-ка караштуу 7 ж-а р-ндорго караштуу 2 шаар, 15 р-н, 13 ш. т. п. ж-а 147 айыл советине караштуу 994 кыш. болгон.

Экономиканы ж-а маданиятты өнүктүрүүдөгү чоң жетишкендиктери үчүн 1966-ж. 28-октябрда Ош обл. Ленин ордени м-н сыйланган. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынын 50 жылдык урматы үчүн мелдешке жигердүү катышып, социалисттик экономиканы ж-а маданиятты өнүктүрүүгө чоң салым кошкондугу үчүн 1967-ж. КПСС БКнын, СССР Жог. Советинин Президиумунун, СССР Министрлер Советинин ж-а ВЦСПСтин эстеликке калуучу Кызыл Туусу тапшырылган. Бүткүл союздук социалисттик мелдештерде эң жог. натыйжаларга жетишкендиги, эл чарба пландарын мөөнөтүнөн мурда аткаргандыгы, өндүрүштүн натыйжалуулугун, жумуштун сапатын жогорулаткандыгы үчүн обл. 1973—86-ж. жыл сайын КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин ж-а ВЛКСМ БКнын өтмө Кызыл Туусун алып келген.

Ош обл-нын гүлдөп өсүшү — калктын эмгектеги каармандыгынын, Сов. Кырг-ндын башка аймактарынын, башка союздук респ-лардын, ар кыл улуттар м-н элдердин бир туугандык кызматташтыгынын натыйжасы, үзүрү, лениндик идеялардын ж-а лениндик улут саясатынын салтанаты. Азыр обл-тын эмгекчилери КПССтин 27-съездинин, Кыргызстан Компартиясынын 18-съездинин чечимдерин жүзөгө ашыруунун аракетинде.

Ж. С. Бактыгулов, В. Я. Галицкий, Ю. А. Заднепровский, В. М. Плоских

ЭЛ ЧАРБАСЫ

Ош обл. — Кырг-ндагы эң ири админ. бирдик. Эмгектин аймактык бөлүнүшүндө ал ири тоо-кен өнөр жайлуу (айрыкча сымап, сурьма, отун ө. ж.), кубаттуу энергетикасы, өнүккөн жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. тармактары бар маанилүү экон. организм болуп саналат. Мында респ-дагы көмүрдүн 60%ке жакыны, нефть ж-а газ кендеринин дээрлик бардыгы, сымап м-н сурьманын бүт бардыгы, көптөгөн жылуу ж-а минералдуу булактар ж. б. жайгашкан. Республиканын дүң продукциясынын 1/4 нег. өндүрүштүк фондулардын кыйла бөлүгү ж-а жумушчулардын 28%тен көбү Ош обл-нын үлүшүнө туура келет. Обл-тагы ө. ж. ишканалары чыгарган продукциялар бардык союздук респ-ларга ж-а 15 чет өлкөгө жөнөтүлөт.

ӨНӨР ЖАЙЫ

Алгачкы ө. ж. ишканалары — кустардык ж-а чала кустардык тоо-кен өнөр жай, пахта тазалоо ж-а май чыгаруу ишканалар өндүрүшүнөн турган. Алар Ош обл-нын аймагында Кыргындын экономикасы начар түш. р-ндоруна ири монополисттик капиталдын киришине байланыштуу 19-кылымдын 80-жылдарынын ортосунда пайда болгон. Бир катар ишканалар — көмүр кендери, шахта ж. б. Батыш Европадагы мамлекеттердин капиталисттерине таандык эле. «Орто Азия тоо-кен өнөр жай шериктештиги» (1884), «Сүлүктү таш көмүр кени. А. М. Вербов жана К°» (1903), «Кызыл-Кыя» (1912), «Фергана нефть өнөр жай коому», «Бир тууган Нобелдер» ж. б. соода-өнөр жай компаниялары иштеген. 1914-ж. аймакта 4 көмүр кени, 5 нефть бургулоо көзөнөгү, туз кени, 2 тегирмен, пиво з-ду, 2 ичеги артуучу, 2 булгаары, 2 пахта тазалоочу з-д болгон. Көмүр м-н нефтиден башка аз өлчөмдө озокерит, жез, алтын казып алынып, курулуш материалдары чыгарылган. Ош, Жалал-Абад, Өзгөндүн устаканаларында металл буюмдар (казан, кетмен, буурсундун тиши, така ж. б.) жасалган. Ош м-н Кызыл-Кыяда гана чакан электр станциялары (жалпы кубаттуулугу 250 ат күчүнө барабар) болгон.

Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин, 1918-ж. жазында ө. ж-ды башкаруунун жаңы формасы — Ош эл чарба совети түзүлгөн. Нег. өндүрүш каражаттары мамлекеттештирилип ж-а коомдоштурулуп, социалисттик чарба сектору түзүлгөн. Биринчи беш жылдыкка чейин эле Кара-Сууда пахта тазалоочу з-д (жылына 16 миң *т* пахта тазалаган), Оштогу нан ж-а жибек куртун асыроочу з-ддору, Жалал-Абадда жылуулук станциясы м-н нан з-ду курулган. Таш-Көмүрдө көмүр шахтасы курула баштап, Көк-Жаңгак көмүр шахтасы кайрадан конструкцияланып, ишке киргизилген. 1928-ж.



Кызыл-Кыя кенинде көмүр казып алуу.

көмүр ө. ж. ишканаларында 215 миң *т* (1913-жылдагыдан 2 эсе көп) көмүр казып алынган. Кырг-ндын түштүгүндө ө. ж. өндүрүшүн уюштурууда орус жумушчу табы чоң жардам берген. Биринчи беш жылдыктардын мезгилинде Ош обл-нда көп тармактуу өнүккөн ө. ж-ды курууга негиз түзүлгөн. Көмүр, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. ишканалары кайра конструкцияланып, ө. ж. курулушу кулач жайган. Керг. сырьёнун негизинде жаңы ө. ж. тармактары түзүлгөн. Кырг-ндын түштүгүндө 2-беш жылдыкта көмүр ө. ж-н өнүктүрүүгө 40,4 млн сом же респ-нын индустриясына жумшалган капиталдык салымдын 30,3%и бөлүнгөн; нефть кендерин геологиялык чалгындоого, өздөштүрүүгө 4,26 млн сом жумшалган.

Экинчи беш жылдыкта Таш-Көмүрдө көмүр шахтасы, Кадамжайда сурьма чыгаруучу өнөр жай-тажрыйба з-ду курулган, Ош пахта тазалоо з-ду иштеген, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак көмүр шахталарынын электр станциялары ток берген. 1937-ж. Чаңгыр-Таш нефть промысели ишке киргизилип, 1940-ж. 23,8 миң *т* нефть чыгарылган. Ушул эле жылдары Майлы-Сайдын аймагында нефть кени табылып, запасы тактал-

«Көк-Жаңгак» шахтасындагы көмүр конвейери.



ган. 1940-ж. респ-нын бардык ө. ж. дүң продукциясынын 35%и Ош обл-нын үлүшүнө туура келген. Республикадагы көмүрдүн 98%и, нефтинин 100%и, жеңил ө. ж. продукциясынын 61%тен ашыгы, нег ө. ж.-өндүрүш фондуларынын 48,2%и топтолгон. Улуу Ата Мек. согуштун башталышына байланыштуу обл-тын ө. ж. фронттун муктаждыктарын канааттандырууга багытталган. Айрыкча коргошун, сурьма, сымап, цинк, молибден ж. б. түстүү ж-а сейрек кездешүүчү металлдарды, о. эле көмүр ж-а нефть чыгаруу чоң мааниге ээ болгон. 1942-жылдын аягында ө. ж. өндүрүшү кайра курулуп бүткөн. Ушул эле мезгилде Украинадан ж-а Россиянын борб. р-ндорунан эвакуацияланып келген ишканалар ишке киргизилген. Ош пилла түрүү ф-касынын өндүрүш аянтында Рахманов ийрүү-токуу ф-касынын жабдуулары орнотулган. Башраев ЦЭСинин эвакуацияланып келген жабдуулары Таш-Көмүр дизель электр станциясында пайдаланылган. Никитовка сымап комбинатынын (Донбасс) нег. фондулары Хайдаркен сымап комбинатына берилген. Ушул эле жылы Чабай кени ишке киргизилген. Согуш жылдарында Жалал-Абадда пахта тазалоочу з-д, витамин-консерва комбинаты, Кызыл-Кыяда тамеки ферменттөө з-ду, Ош эт комбинаты ж. б. курулган. 1945-жылдын башында Кадамжай сурьма комбинатында Москвадан эвакуацияланып келген з-д (күкүрттүү ж-а электролиттүү сурьма чыгарган) иштей баштаган.

Улуу Ата Мек. согуштан кийин облты индустриялаштыруу процесси улантылган. Электр энергетикасы тез өнүгүп, 1950-жылга карата обл-та 46 млн *кВт · с* энергия, нефть эки эсе көп, көмүр дээрлик 400 миң *т*га арбын

Өнөр жайдын тармактык структурасы (1985, % м-н)

Өнөр жай тармактары	Өндүрүштүк персоналдын жылдык орт. саны б-ча	Товардык продукция б-ча
Бардык өнөр жайы	100	100
Отун өнөр жайы	11,4	4,4
Машина куруу ж-а металл иштетүү	29,4	13,3
Курулуш материалдар өнөр жайы	6	4,4
Жеңил өнөр жайы	31,6	36,5
Тамак-аш өнөр жайы	9,7	31,9
Өнөр жайдын башка тармактары	6,9	3,2

чыгарылган, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. да өнүккөн. Жалал-Абадда пиво-суундук чыгаруу бирикмеси ж-а мебель ф-касы ишке киргизилген, Ошто кирпич з-ду ж-а «Металлист» артели реконструкцияланган. 1955-ж. «Кыргызнефть» бирикмеси түзүлгөн. Согуштан кийинки беш жылдыктардын мезгилинде өндүрүштүк база калыптанып, эл чарбасынын бардык тармактарында квалификациялуу жумушчулар, адистер өсүп чыккан. Областтын ө. ж-ларында, айрыкча 60-жылдардан кийин чоң өзгөрүүлөр болгон. Сегизинчи беш жылдыктын (1966—70) ичинде гана 12 ө. ж. ишканасы, 26 ири цех ж-а участка, а. и. Оштогу жылуулук электр станциясы, кебез кездеме токуу өндүрүш бирикмеси, ийрүү-токуу ф-касы, асфальт-бетон з-ду, авт. оңдоо з-ду, Майлы-Сай электр лампа з-ду, Кызылкыядагы «Алай» бут кийим өндүрүш бирикмеси, «Абшыр» көмүр кени, Кара-Сууда үй куштар ф-касы, Өзгөндө май, кургак сүт з-ддору ж. б. маанилүү эл чарба объектилери курулуп, ишке киргизилген. Өндүрүштү чыңдоого ж-а топтоштурууга айрыкча көңүл бурулган. Илимий-тех. процесстин тездеши ж-а илим м-н техниканын жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүү ө. ж-ды өнүктүрүүдөгү нег. факторлордун бири болгон. Область энергетика, машина куруу, тоо-кен металлургия, нефть, тамак-аш, эт-сүт ж. б. ө. ж. тармактары өнүккөн аймакка айланган. 1986-жылдын башында Ош облында 40тан ашуун тармакты камтыган 130 ө. ж. ишканасы болгон.



Үч-Коргон суу электр станциясы.

Өнөр жай продукциясынын нег. бөлүгү жерг. минералдык ж-а а. ч. сырьёлору, отун ж. б. м-н иштеген ишканаларда чыгарылат. Бул ишканалардын үлүшүнө ө. ж. продукциясынын 85%и туура келет. Респ-дагы ө. ж. продукциясынын 25%тейи обл-та камдалат.

Энергетикасы. Гидроэнергетикасы. Областта гидроэнергетиканын кыйла запасы бар. Мындагы 13 чоң суунун ар биринин потенциалдык энергиясы 1 млрд *кВт · с*тан көп. Мындан тышкары Араван-Сай, Көгарт, Майлы-Суу, Кара-Мез, Кеңкол, Ак-Терек, Касан-Сай сыяктуу анча чоң эмес суулардын да гидроэнергетикалык мааниси чоң. Областтын суу-энергетика ресурстарын алгач 1910—15-ж. инженер Н. Н. Епанчиндин изилдөө пар-

Областтын гидроэнергетика запасы

Суулар	Жылдык орт. чыгымы, $м^3/сек$	Орт. эңкейиштиги, *м/км*	Жылдык орт. кубаттуулугу, миң *кВт*	Орто эсеп м-н жылына алынуучу энергия, млрд *кВт · с*
Кара-Дарыя	100	4,39	676	5922
Сох	42	19,86	660	5782
Кызыл-Суу	65	9,97	519	4546
Тар	46	14,71	443	3881
Исфайрам-Сай	18	28,17	251	2199
Жазы	32	15,87	223	1953
Кара-Кулжа	20	19,04	218	1910
Куршаб	24	14,48	202	1770
Исфара	13	18,90	169	1480
Кара-Суу	39	17,94	167	1463
Ак-Буура	21	17,71	132	1154
Шаймерден	11	38,60	126	1104
Кара-Үңкүр	30	20,96	117	1025



Ош жылуулук электр борборунун пульту.

тиясы изилдеген. 1934-ж. 2-экспедиция (Фергана) обл-тын сууларына гидроэнергетикалык изилдөө жүргүзгөн. «Гидродолбоор» ин-тунун Орто Азия бөлүмү бул изилдөөлөрдүн негизинде 1935-ж. Кырг-ндын түштүгүндөгү гидроэнергия ресурсун пайдалануу б-ча суу-энергетикалык схеманы түзгөн. 1947—51-ж. «Гидроэнергиядолбоор» ин-ту Советтер Союзунун, а. и. Ош обл-нын гидроэнергия ресурстарын эсептеп чыккан, 1957—58-ж. Кыргыз ССР ИАнын Суу чарба энергетика ин-ту ал маалыматтарды тактаган. Гидроэнергия ресурстарынын потенциалдык запасы кубаттуулугу б-ча 35 млн *кВт*, энергиясы б-ча 30,85 млрд *кВт · с* болгон. «Гидродолбоор» ин-тунун Орто Азия бөлүмүнүн маалыматы б-ча облтын сууларына жалпы кубаттуулугу 966 миң *кВт* болгон 97 ГЭС (булар жылына орто эсеп м-н 5,5 млрд *кВт·с* электр энергия бермекчи) курууга мүмкүн.

20-к-дын башында аймакты гидроэнергиянын бай запастарын пайдалануга алгачкы кадам жасалган. 1913-ж. Ак-Буура сугат системасынын Як-Калик арыгында эң биринчи ГЭС (кубаттуулугу 55 *кВт*) курулган. Кийинки жылы Оштогу 2-ГЭС (65 *кВт*) курула баштаган. 1929-ж. Үч-Коргон кыш-нда (28 *кВт*), 1933-ж. Ак-Чий-Кара-Суу кыш-нда (18 *кВт*) ГЭСтер пайдаланууга берилген. 1936-ж. Ак-Буура суусунда (Ошко жакын жерде) чоңураак ГЭС (1-агрегатынын кубаттуулугу 600 *кВт*) иштей баштаган. 1939-ж. Базар-Коргон кыш-нда алгачкы айылдык ГЭС (57,5 *кВт*), 1940-ж. Ноокат кыш-нда айылдык экинчи ГЭС (90 *кВт*) ишке киргизилген. 1941-жылдын башында дагы 2 ГЭС — Караван кыш-нда (75 *кВт*) ж-а Куршаб кыш-нда (105 *кВт*) курулуп бүткөн. Ош жибек комбинатын электр энергиясы м-н камсыз кылуу үчүн 1943-ж. кубаттуулугу 500 *кВт* ГЭС курулган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында аз кубаттуулуктагы айылдык ГЭСтер курулган. Согуш аяктагандан кийин айылдык ГЭСтердин курулушу кеңири кулач жайган. 1947—48-ж. к-з, с-здордо 12 ГЭС ишке киргизилген. К-з аралык ж-а айылдык мамл. ГЭСтер курула баштап, 1950-ж. Араван ГЭСи (544 *кВт*), 1951-ж. Өзгөн ГЭСи (352 *кВт*) ж. б. пайдаланууга берилген. Кийинки жылдарда кыйла чоңураак ГЭСтер 1956-ж. № 5 Ош ГЭСи (1020 *кВт*), 1958-ж. «Биринчи Май» (1000 *кВт*) ж-а Моюн (1300 *кВт*) ГЭСтери, 1959-ж. М. В. Фрунзе атн. ГЭС (430 *кВт*) иштей баштаган. Ош-Кара-Суу ГЭСине 1961-ж. 2-гидроагрегат (400 *кВт*) орнотулган.

Областтын гидроэнергетикасынын өнүгүшүндөгү этап Нарын дарыясында Үч-Коргон ГЭСинин курулушу м-н башталган. ГЭСтин долбоорун ж-а ал курулуучу жерди изилдөө иштери «Гидродолбоор» ин-тунун Орто Азия бөлүмү аткарып, станциянын 1-агрегаты 1961-ж., калган агрегаттары 1962-ж. ишке киргизилген. ГЭСтин турбиналары Ленинграддагы 22-партсъезд атн. металл чыгаруу з-дунда, генераторлору С. М. Киров атн. «Электросила» з-дунда жасалган. Үч-Коргон ГЭСи ишке киргизилгенден кийин обл. электр энергиясы м-н камсыз болуп, 50дөн ашуун дизель электр станциясы, к-з, с-здордогу 16 майда ГЭС жабылган; 45 миң *га*дан ашуун жерди сугарууга шарт түзүлгөн. 1981-ж. Таш-Көмүр ГЭСинин

ГЭСтердин негг. көрсөткүчтөрү

ГЭСтер	Кубаттуулугу, *мВт*	Электр энергия чыгаруу, млн *кВт · с*
Үч-Коргон	180	819,8
Таш-Көмүр	450	1698
Шамалды-Сай	240	902

курулушу башталып, азыр анын 3 агрегаты тең ишке киргизилген. Нарын дарыясындагы ГЭС каскадынын акыркысы — Шамалды-Сай ГЭСи (2 гидроагрегаттуу) курулууда.

Жылуулук энергиясы. Областтын отун-энергетика ресурстары бир катар көмүр, нефть ж-а газ кендеринен турат. Ал кендер рев-ядан мурда эле ө. ж. ж-а калктын муктаждыгы үчүн казып алынган. Жерг.



Хайдаркенде сымап казып алуу.

көмүр м-н иштеген алгачкы жылуулук электр станциясы 1913-ж. Кызыл-Кыяда курулган. 1920-ж. Сүлүктү, 1926-ж. Жалал-Абадда ж-а Кара-Сууда пахта тазалоочу з-ддордо дизель электр станциялары ишке киргизилген. 1930-ж. Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү кендеринде убактылуу курулган жылуулук электр станциялары иштей баштаган. 1930—32-ж. Кашкар-Кыштак, Жаңы-Кебек кыш-ндагы ремонт-механикалык мастерскойлордо, Сакалды МТСинде, Көк-Жаңгак ж-а Төө-Моюн кендеринде анча чоң эмес дизель электр станциялары орнотулган. Мындан кыйла чоңураак электр станциялар 1933-ж. Көк-Жаңгакта, 1934-ж. Сүлүктүдө пайда болуп, ар бир агрегатынын кубаттуулугу 500 *кВт*ка жеткен. Андан кийинки жылдары негизинен нефть м-н иштеген дизель электр станциялар көбөйгөн. Алар Чаңгыр-Таш, Кадамжай, Таш-Көмүр, Хайдаркен кендеринде, Жалал-Абадда курулган. 1940-ж. көмүр ө. ж. ишканаларындагы электр станциялардын жалпы кубаттуулугу 4076 *кВт*, нефть промыселдериники 544 *кВт*, пахта тазалоочу з-ддордогулардыкы 552 *кВт*, пилла түрүүчү ф-кадагы станцияныкы 284 *кВт* болгон.

Согуштан кийинки жылдары бир катар тех., материалдык ж-а уюштуруучулук себептерге байланыштуу СССРдин бардык жерлериндегидей эле Ош обл-нда да ө. ж. ишканаларынын карамагында электр станцияларды куруу улантылган. Бул жылдары энергетикалык курулуштун нег. объектилери көмүр кендери болгон. 1947-ж. Сүлүктү (900 *кВт*) ж-а Таш-Көмүр (450 *кВт*), 1948—49-ж. Көк-Жаңгак (2000 *кВт*) кендеринде буу турбиналуу электр станциялары курулган. 1951—56-ж. Ош обл-ндагы эң алгачкы Майлы-Сай жылуулук электр борборунун (жылуулук электр борборунун жалпы кубаттуулугу 24,4 *мВт)* төрт турбина агрегаты ишке киргизилген. Жалал-Абад дизель электр станциясынын

Таш-Көмүр шахта башкармасынын «Түндүк» шахтасындагы диспетчердик пункт.



кубаттуулугу 736 *кВт*ка жеткен. Көк-Жаңгак кенине энергия поезди (кубаттуулугу 3000 *кВт*) келген. Дизель электр станциялары Кан (1000 *кВт*), Хайдаркен (1112 *кВт*) ж-а Чабай (600 *кВт*) кендеринде, Ош (1556 *кВт*), Араван (590 *кВт*) ж-а Жалал-Абад (1539 *кВт*) пахта тазалоочу з-ддорунда, Ош кирпич-акиташ з-дунда (640 *кВт*), Жалал-Абад кирпич-черепица з-дунда (1099 *кВт*), Кочкор-Ата нефть кенинде (1060 *кВт*) ж. б. ишканаларда курулган. 70-жылдары Гүлчө кыш-нда (2000 *кВт*), Жалал-Абад (1000 *кВт*) ж. б-да дизель электр станциялары пайдаланууга берилген. Азыркы кезде иштеп жаткан электр станциялардын эң ири-си — Ош жылуулук электр борбору (кубаттуулугу 50 *мВт*). Анын 1-турбина агрегаты 1966-ж., 2-си 1968-ж. ишке киргизилип, ата мекендик жабдуулар орнотулган.

Электр тармактары. Электр тармактарынын өнүгүшү обл-та энергетика м-н электрлештирүүнүн өнүгүшүнө байланыштуу. Зым карагайга тартылган ж-а кабель электр линиялары (чыңалуусу 100, 220 ж-а 500 *В*) 1913-ж. Кызыл-Кыя кенинде ж-а Ош ш-нда пайда болгон. 1930-ж. алгачкы жог. вольттуу линиялар (чыңалуусу 3 *кВ*) Сүлүктү ж-а Кызыл-Кыя кендеринде тартылган. Бул кендердеги электр тармактарынын жалпы узундугу 18,32 *км*ге жеткен. Кува ГРЭСинин (Өзбек ССРи) 1-кезеги курулуп бүткөнүнө байланыштуу Кызыл-Кыя кенине чейин электр линиясы (ЛЭП-35 *кВ*) тартылган. 1938-ж. ушул ГРЭСтен Кадамжай сурьма комбинаты, 1942-ж. Хайдаркен кени электр энергиясын алган. 1945-ж. ушундай эле электр линиялары Чабай, Мелик-Суу кендерине жеткирилген. 1947—49-ж. Сүлүктү, Таш-Көмүр ж-а Көк-Жаңгак кендеринде буу турбиналуу электр станциялары ишке киргизилгендигине байланыштуу чыңалуусу 6 *кВ* электр линиялары көбөйгөн. 1950-жылдары айыл-кыштактарда электр тармактары көп курула баштаган. 1958-ж. Анжиян-дан (Өзбек ССРи) Шамалды-Сай посёлкасына чейин чыңалуусу 110 *кВ* алгачкы электр линиясы тартылып, Үч-Коргон ГЭСинин курулуш иштерин энергия м-н камсыз кылган. Ал линия ГЭС курулуп бүткөндөн кийин анын электр энергиясын Фергана энергия системасына берүүгө пайдаланылган. 1958-ж. Анжиян — Кара-Суу — Ош электр линиясы (110 *кВ*) ж-а Ленинабад — Сүлүктү — Исфана электр линиясы (35 *кВ*) курулуп бүтүп, натыйжада Ош, Кара-Суу, Сүлүктү ж-а Исфана борборлоштурулган электр энергиясы м-н жабдылган. 1959-ж. Баткен р-ну чыңалуусу 35 *кВ* электр линия аркылуу Өзбекстандын энергия системасына кошулган. Электр тармактарын курууда эл чарбасын өнүктүрүүнүн жети жылдык планы (1959—65) маанилүү мезгил болгон. Бул мезгилде Кара-Суу — Жалал-Абад — Көк-Жаңгак, Үч-Коргон ГЭСи — Таш-Көмүр — Кара-Көл, Үч-Коргон ГЭСи — Избаскен — Жалал-Абад электр линиялары (110 *кВ*), Чабай — Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр — «Түндүк» шахтасы электр линиялары (35 *кВ*) ишке киргизилген. Бул линиялардын долбоору Ташкенде иштелип чыккан. Аларды «Кыргызайылэлектрдин» Ош, Жалал-Абад ж-а Кызыл-Кыя механикалаштырылган көчмө колонналары курган. Ошто электр линияларынын темир тиреөчтөрүн ж-а темир-бетон пайдубалын жасап чыгаруу жолго коюлган. Бул линиялардын тартылып бүтүшүнө байланыштуу Түш. Кырг-ндын энергия системасы түзүлгөн. Он биринчи беш жылдыкта Анжиян — Сузак, Күрп-Сай ГЭСи — Сузак, Анжиян — Ош электр линиялары (чыңалуусу 220 *кВ*) курулуп бүткөн. Таш-Көмүр ж-а Шамалды-Сай ГЭСтери да ушундай электр тармактары аркылуу бирдиктүү энергия системасына туташууда. Областтын аймагы аркылуу Токтогул ГЭСинен Анжиянга чыңалуусу 500 *кВ* электр линиясы өтөт.

Отун өнөр жайы. Көмүр өнөр жайы — респ-да эң алгачкы пайда болгон өнөр жай тармактарынын бири. 19-к-дын 2-жарымында кустардык майда ишканалардын мүктаждыгын канааттандыруу максатында түзүлүп, Октябрь рев-ясына чейин эң жай өнүккөн. 1901-ж. Кырг-ндын түштүгүндө болгону 3 миң *т* гана көмүр казып алынган. Алгачкы көмүр ө. ж. ишканалары Сүлүктү м-н Кызыл-Кыя кендеринде пайда болгон. Кийин, 1910-ж. Көк-Жаңгак көмүр кени, 1916-жылдан Таш-Көмүр кени иштей баштаган. 1913-ж. Орто Азияда казып алынган көмүрдүн 70%ине жакыны Кырг-ндын түштүгүнө туура келген. Көмүр кендерин негизинен Россиялык акционер коомдору (чет өлкөлүк капиталдын катышуусу м-н) иштеткен.



Улуу-Тоо геологиялык чалгындоо партиясынын геологдору.

1913-ж. Кырг-ндын түштүгүндөгү 27 көмүр шахтасында 870 адам иштеген. Бул ишканаларга Кырг-ндын ө. ж-ларында чыгарылган продукциянын 50%и ж-а анда иштеген жумушчулардын 59%и туура келген. Шахталардын ар биринде жылына 50—100 миң *т*дан көмүр казылган. Кыргызстанда казып алынган көмүрдүн 60%ин Кызыл-Кыя, 23%ин Сүлүктү, 10%ин Көк-Жаңгак, 3%ин Таш-Көмүр кендери берген. Октябрь рев-ясы жеңгенден кийинки алгачкы жылдарда Гражд. согушка ж. б. себептерге байланыштуу көмүр казып алуу бир кыйла кыйынчылыкка учураган, бирок 1924-ж. совет өкмөтү бир катар маанилүү чечимдерди кабыл алып, көмүр ө. ж-н өнүктүрүүгө бир кыйла каражат бөлүнгөн. 1924-ж. Горчаковдон Кызыл-Кыя көмүр кенине чейинки кууш темир жол калыбына келтирилген, Сүлүктү кенине чейин кууш темир жол курулган, Жалал-Абад — Көк-Жаңгак темир жолу курула баштаган. Биринчи беш жылдыкта көмүр ө. ж-на 17,7 млн сом жумшалган. Таш-Көмүрдө жаңы шахта ишке киргизилген, башка шахталар реконструкцияланып, жаңы техника м-н жабдыла баштаган. 1913-жылга караганда 1940-ж. көмүр дээрлик 17 эсе көп казып алынган. Кырг-ндын түштүгүндө казып алынган көмүр (1466 миң *т*) бүткүл Орто Азияда казып алынган көмүрдүн 87,5%ин түзгөн. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында обл-тын көмүр ө. ж. көмүрдү казып алууну арбытып, аймактын калкын ж-а ө. ж-н отун м-н камсыз кылган. Согуштан кийинки жылдарда көмүр ө. ж. жаңы техника м-н кайрадан ылдам жабдыла баштаган. Бир катар кендерде (Кара-Суу, Алмалык, Абшыр, Тегене) көмүр бир кыйла үнөмдүү болгон жер үстүнөн ачык жол м-н казып алынып, сорттуулугу арткан. Эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулап, көмүрдүн өз наркы төмөндөгөн. 1962-жылдан шахталарда жог. өндүрүмдүү көмүр комбайндары м-н комплекстери колдонула баштаган. Ушул эле жылы Орто Азияда биринчи болуп Ташкөмүр кен башкармасынын «Северный» шахтасында көмүрдү казып алуудагы нег. өндүрүш процесстери комплекстүү механикалаштырылган. Шахта ичиндеги (жер астындагы) нег. транспорту — темир жол вагонеткалары. Кийинки жылдары Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Таш-Көмүр шахталарында көмүрдү жер үстүнө чыгаруу үчүн тасма конвейер да кеңири колдонула баштады. Областта жыл сайын 3,5 млн *т*дан ашуун (Орто Азияда казып алынган көмүрдүн 40%и) көмүр казып алынат.

Нефть ж-а газ ө. ж. негизинен Совет бийлигинин жылдарында өнүккөн (нефть чалгындоо иштери 1900-жылдан жүргүзүлгөн). Алгачкы нефть бургулоо көзөнөгү Майлы-Сай өрөөнүндө бургуланып, жылына орто эсеп м-н 65 *т* (1913-ж. 3 миң *т*) нефть алынган. 1937-ж. Чаңгыр-Таш алгачкы нефть промысели пайдаланууга берилген. Улуу Ата Мек. согуштан кийин нефть чалгындоо иштери тездетилип, жаңы Избаскен, Майлы-Суу IV, Чыгыш Избаскен кендери ачылган. Областта газ кени (Майлы-Суу) алгач 1957-ж. табылган. 1980-ж. Ош обл. Бухара-Газдуу р-ндордон Ташкен — Фрунзе — Алматы багытын көздөй кеткен газ кууруна туташтырылган.

Түстүү металлургия. Кырг-ндын түштүгүндө түстүү металл (жез, күмүш, алтын, сымап ж. б.) эзелтен эле казып алынгандыгы белгилүү. Фергана, Түркстан, Чаткал кырка тоолорунун капталдарынан б. заманда ж-а орто кылымда эң жөнөкөй жол м-н металлдар казып алынган жерлердин орду табылган. Бирок, түстүү металлургия социалисттик курулуштун жылдарында гана маанилүү ө. ж. тарма-



М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинатынын цехтеринин бири.

гына айланды. Советтер Союзунда сымап ж-а сурьма алынуучу эң ири ишканалар (Кадамжай сурьма комбинаты, Хайдаркен сымап комбинаты) Ош обл-нда жайгашкан. Мындагы сурьма ж-а сымап кендери 1914-жылдан эле белгилүү болгон. Бирок, Кадамжайда сурьманы ө. ж-лык казып алуу иштери 1936-ж. гана жүргүзүлө баштаган. Ушул кендин базасында 1941-ж. М. В. Фрунзе атн. металлургия комбинаты түзүлгөн. 1942-ж. Хайдаркен сымап-сурьма кенинин базасында сымап комбинаты ишке киргизилген. Сымап-сурьма ө. ж-нын андан ары өнүгүшү согуштан кийинки жылдарда сымап кени ж. б. ири кендердин ачылгандыгына ж-а сымап алынуучу бир катар ишканалардын ишке киргизилишине байланыштуу. 80-жылдардын ортосунда Хайдаркен м-н Чабайда сымап,

Кадамжай сурьмасы.



Кадамжай м-н Терек-Сайда сурьма ө. ж. ишканалары иштеген. Бул кендерде сымап жер астынан ж-а ачык жол м-н казып алынат. Бардык процесстер механикалаштырылган. Кадамжай сурьма комбинаты чыгарган өтө таза сурьма эл аралык рынокто сапат эталону катары кабыл алынган.

Машина куруу жана металл иштетүү. Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин обл-тын аймагында эң жөнөкөй эмгек куралдарын жасоого ылайыкталган майда устаканалар гана болгон. Алгачкы беш жылдыктарда Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгакта металл иштетүүчү, Ошто авт. оңдоочу мастерскойлор түзүлгөн. 50-жылдардын экинчи жарымы — 60-жылдардын башында Ош м-н Жалал-Абадда куюу-механикалык з-ддор продукция чыгара баштаган, *Ош насос заводу* ж-а автомобиль ремонттоо з-ду пайдаланууга берилген. Насос з-дунун продукциясы Азия ж-а Африка өлкөлөрүнө (13 өлкө) чыгарылат. 1968-ж. СССРдеги эң ири электр лампа з-ддорунун бири — *Майлы-Сай электр лампа заводу* ишке киргизилген. 80-жылдардын ортосунда обл-та ө. ж-дын ири тармагы — машина куруу ж-а металл иштетүү (обл-тын ө. ж. дүң продукциясынын 15%тен ашыгын берет) биротоло калыптанган.

Курулуш материалдар өнөр жайы. Областта табигый курулуш материалдары — түрдүү тоо тектердин (акиташ, гипс, үлүлдүү акиташ теги, кварц куму, кыш бышырылуучу ж-а отко чыдамдуу чопо, шагыл, гранит, мрамор ж. б.) запасы мол. Алгачкы кирпич з-ддору обл-та 20-жылдардын аягы — 30-жылдардын башында пайда болгон. Согуш алдындагы беш жылдыктарда ири ө. ж. ишканаларын ж-а турак-жайды куруу-га байланыштуу Ошто кирпич-акиташ, Жалал-Абад м-н Кызыл-Кыяда кирпич-черепица з-ддору салынып, 1944-ж. отко чыдамдуу чоподон кирпич жасоочу дагы бир з-д Кызыл-Кыяда иштей баштаган. Согуштан кийинки жылдары обл-та ө. ж. ишканаларынын көп курула баштаганына байланыштуу Ош, Жалал-Абад ж-а Кызыл-Кыяда курулуш материалдар комбинаттары пайда болгон. Ошто гидротехникалык курулуштар үчүн темир-бетон жасалмалар з-ду, керамзит чыгаруучу цех, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр ж-а Сүлүктү кирпич з-ддору курулган. 80-жылдардын ортосунда обл-тын курулуш материалдар ө. ж. 11 ири ишкананы кам-

тыган. А. и. «Ошкурулушматериал», *№ 4 темир-бетон жасалмалар заводу*, *Ош үй куруу комбинаты*, Жалал-Абад курулуш тетиктер комбинаты ж. б. бар.

Жеңил өнөр жайы. Ага обл-тын эң маанилүү бардык дүң продукциясынын 34%и, негизинен өндүрүш фондуларынын 9%и, ө. ж-да иштегендердин 31%тен ашыгы туура келет. Улуу Октябрь рев-ясына чейин Ошто ж-а Араван кыш-нда пахта тазалоо з-ддору иштеген. Буга чейин Кырг-ндын түштүгүндө пахта тазалоочу, жүн жуучу ж. б. майда артелдер гана болгон. 20-жылдары бул артелдердин базасында ө. ж. ишканалары ж-а кооперация артелдери түзүлгөн. 1924-ж. Кара-Суу пахта тазалоочу з-ду, 1927-ж. Ошто жибек куртун асыроочу заводу, 1928-ж. Ош пилла түрүү ф-касы негизделген. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Ош м-н Жалал-Абадда кийим тигүү ф-калары, 1945-ж. Жалал-Абад пахта тазалоочу з-ду ишке киргизилген. Орто Азиядагы эң ири Октябрдын 50 жылдыгы атн. Ош кебез кездеме өндүрүш бирикмесин куруу (курулушу 1961-ж. башталган) обл-та пахта тазалоо ө. ж. ишканаларынын өнүгүшүнө түртку берген. 1986-ж. бул бирикмеде 73 нег.



Кызыл-Кыядагы «Алай» бут кийим өндүрүш бирикмесинин продукциялары.

ж-а көмөкчү цех болгон. Ал жылына 99,2 млн ждей кездеме чыгарат. Областтын ө. ж-нда жеңил өнөр жайы, а. и. кебез кездеме чыгаруу басымдуу орун-



ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатынын кездемелери.



Өзгөн килеми.

ду ээлейт. Респ-да чыгарылган кебез кездемөнин 98%и Ош обл-тына туура келет.

19-к-дын аягында жибекчиликтин сырьё базасы (дыйкандарга жибек куртун алып келип сатуу, жибек пилласын чет өлкөгө чыгаруу) негизинен итальялык ж-а француялык капиталисттердин колунда болгон. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин гана жибекчилик ө. ж-лык негизге коюлган. 1927-ж. Ошто жибек куртун асыроочу з-д, 1928-ж. пилла түрүү ф-касы иштей баштап, пилла алгачкы иштетүдөн өткөрүлгөн ж-а бир аз жибек буласы чыгарылган. 1942-ж. Ош обл-на эвакуацияланып келген Рахманов ийрүү-токуу ф-касы пилла түрүү ф-касы м-н биригип, ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатына негиз болгон. 1985-ж. жибек ө. ж. жеңил ө. ж-нда алдыңкы орундардын бирин ээлеп, 10 млн мден ашуун жибек кездеме чыгарган; бул 1940-ж-дагыдан 231 эсе, 1960-ж-дагыдан 1,7 эсе көп. Кызыл-Кыяда «*Алай*» бут кийим өндүрүш бирикмеси, Ош, Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Таш-Көмүр ж. б. калктуу пункттарда кийим тигүү ф-калары иштейт.

Тамак-аш өнөр жайы. Экономиканын маанилүү тармактарынын бири — тамак-аш ө. ж-нын үлүшүнө обл-тын дүң продукциясынын 32%тейи, негфондулардын 7%и, жумушчулардын 9,7%и туура келет. Эт, тамеки, ун, май-сыр ишканалары негизги тармактардан болуп эсептелет. Алардын үлүшүнө тамак-аш ө. ж-нын 80%тейи туура келет. 40-жылдардын башында



Кара-Шоро минералдуу суусу.

бир гана ири ишкана — Ош эт комбинаты болгон; калгандары негизинен майда наабайканалар эле. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Кызыл-Кыяда тамеки-ферменттөө з-ду, Жалал-Абадда витамин-консерва ж-а пиво з-ддору курулган. Согуштан кийинки жылдары тамак-аш ө. ж. дагы өнүгүп, жаңы ишканалар ишке киргизилип, чыгарылган азык-түлүктүн түрү көбөйгөн. 1952-ж. Кара-Суу май экстракциялоо з-ду (өсүмдүк майын чыгарат) ишке киргизилген. 1986-ж. обл-та 9 нан з-ду, 3 дан азыктар комбинаты, 9 сүт иштетүүчү ө. ж. ишканалары (а. и. *Ош сүт комбинаты*), 9 мөмө-жемиш иштетүүчү ишканалар (а. и. Оштогу *мөмө-жемиш комбинаты*, шарап комбинаты, *Жалал-Абад консерва заводу*), Ош *«Эт-консерва комбинат» бирикмеси*, Жалал-Абад пиво-суусундук чыгаруу



Оштогу «Мурас» элдик көркөм өнөр бирикмесинин ак калпактары.

бирикмеси, 3 тамеки-ферменттөө з-ду ж. б. иштеген.

Ю. П. *Беляков*, Л. И. *Полищук*, Р. *Сабыров*

АЙЫЛ ЧАРБАСЫ

Октябрь рев-ясына чейин Түш. Кыргндын калкы көчмөн мал чарбачылык, кол эмгегине негизделген дыйканчылык м-н кесиптенген. Бийик тоолуу өрөөндөр м-н тоо этектеринде негизинен мал багылып, түзөң аймактарда эгин, бир аз пахта эгилген. Алардын түшүмдүүлүгү өтө төмөн болгон. Борб. Россиядан орус дыйкандарынын келиши м-н жерг. дыйкандар алардын шаймандарын колдоно баштаган. Кайрак жерлерди өздөштүрүшкөн. Дыйкандардын көпчүлүгү кедей болушкан. 1910-ж. Ош уездиндеги дыйкандардын 6%инин жери болгон эмес, 37%инин 2 тешеден, 36%инин 2—5 тешеден, 14%инин 5—9 тешеден, 7%инин 10 тешеден бир аз гана көбүрөөк жери болгон.

Улуу Октябрдын жеңиши а. ч-нын тез өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн. 1921—22 ж-а 1927—28-ж. обл-тын аймагында жер-суу реформасы жүргүзүлүп, анын натыйжасында айыл-кыштактарда социалдык мамилелер өзгөргөн. 1921—22-ж. Ош уездинде эле 556 түтүн кыргыз ж-а орус кедейлери жер алышкан. Базар-Коргон р-нунда кулактардан алынган 1099 теше жер жерге жайгаштыруу фондусуна берилген. Кедейлер аренда үчүн салык төлөөдөн куткарылган, көчмөндөр м-н чала көчмөндөргө жер берилген. Алгачкы коллективдүү чарбалар пайда болгон; Жалал-Абад р-нунда 164 артель, 20дан ашык мал багуу шериктештиги түзүлгөн. Ош округунда 1927-ж. октябрда 232 түтүндү бириктирген 15 к-з болсо, 1928-жылдын күзүнө чейин алардын саны 98ге жеткен (алар 1307 түтүндү бириктирген). 1929-жылдын апрелине чейин 164 к-з уюштурулган (алардын 56сы кыргыз, 76сы өзбек, 16сы орус ж-а 16сы көп улуттуу к-здор болгон; бул к-здорго 3037 түтүн бириккен); пахтачылык б-ча 19, талаачылык б-ча 26 шерик-тештик түзүлгөн (буларда 18,3 миң адам эмгектенген). 1929-ж. февралда биринчи жолу 6 мал чарба к-зу уюшулуп, ага көчмөн калктын кыйла бөлүгү кирген. 1927—28-ж-дагы жер-суу реформасынын натыйжасында 18 587 кедей түтүндөрү жер алышкан.

Түш. Кырг-нда социалисттик чарбаны өнүктүрүүдө Россия Федерациясынын жумушчу коллективдери көп жардам көрсөтүшкөн. 1929-ж. ноябрда пахтачылар м-н келишим түзүү үчүн Иванов-Вознесенск ш-нын жумушчу өкүлдөрү респ-га келишкен. Россиянын ар кайсы шаарлары м-н аймактарынан келишкен 25 миңчи жумушчулардан 85 адам Түш. Кырг-нда иштеген. 1930-ж. алардын жардамы м-н Араван-Буура р-нунда Кашкар-Кыштак МТСи, Базар-Коргон р-нунда Сакалды МТСи, о. эле Жалал-Абадда, Өзгөндө, 1931-ж. Кызыл-Кыяда МТСтер уюштурулган. МТСтер а. ч-ны социалисттик негизде кайра курууда зор уюштуруучулук роль ойногон. К-здордун материалдык-тех. базасы жакшыра баштаган. 1930-ж. эле аларга 1865 соко, 1547 мала, 807 чигит сепкич, 598 культиватор, 591 түптөгүч ж. б. берилген. 1930-жылдын апрелине чейин Ош округундагы к-здор 41651 түтүндү бириктирген. 1933-жылдын башында дыйкан түтүндөрүнүн 54%тен көбү 741 а. ч.



Лейлек р-нундагы «Коминтерн» с-зунда эгин жыйноо.



Баткен р-ндагы «Москва» к-зунда эгин себүү.

артели м-н 324 жер иштетүү шериктештигине кирген. 1937-ж. 598 к-зду (бул бардык к-здордун 70%инен көбү) тейлеген 24 МТС уюштурулган. Аларда 2215 трактор, 79 комбайн, 196 автомашина ж. б. болгон. Ошентип 30-жылдардын аягында бирдиктүү социалисттик а. ч. калыптанган. 1938-ж. Түш. Кырг-нда 932 к-з, 7 с-з уюшулуп, аларды 30 МТС тейлеген. А ч. механикалаштырылган ири өндүрүш тармагына айланган. Ирригация ишинде да кескин өзгөрүүлөр болгон. Ак-Буура, Араван, Кара-Дарыя, Куршаб, Көгарт, Кара-Үңкүр сугат системасын инженердик негизде кайра куруу, эски каналдарды кайрадан конструкциялоо, жаңы каналдарды куруу айдоо аянтынын кеңейишине, а. ч. өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алууга мүмкүндүк берген.

Областтагы тех. өсүмдүк — пахта. 1937—40-ж. 64 миң *га* жерге пахта эгилген. Анын түшүмдүүлүгү 1934-жылдан 1939-ж. чейин 4 эсе көбөйгөн. 1939-ж. Ош обл. ар бир *га* пахтадан орто эсеп м-н 19,7 *ц*ден түшүм алып, Советтер Союзу б-ча биринчи орунду ээлеген. Ленин, Кара-Суу, Араван р-ндору 20 *ц*ден (булардын айрым к-здору 30 *ц*ден) түшүм жыйнашкан.

Араван р-ндагы «Коммунизм» к-зунда пахта терүү.



Пахта эгүүчү к-здорду 2000 трактору, 728 чигит сепкичи ж. б. бар 21 МТС тейлеген. 1939-ж. пахта өстүрүүнү механикалаштыруунун деңгээли 22%тен 98%ке көтөрүлгөн.

Согушка чейинки беш жылдыктардын мезгилинде көчмөн ж-а жарым көчмөн турмушта жашагандардын бардыгы жер алышкан. Мал чарбачылыгы да андан ары өнүгө баштаган. 1940-ж. дыйканчылык р-ндордун бардыгында МТСтер уюштурулган; 89,3 миң түтүндү бириктирген 851 к-з түзүлгөн; 2373 трактор, 183 эгин комбайны иштеген; сугат жер аянты 210,5 миң *га*га жеткен. 1940-ж. обл-тын чарбалары 60,2 миң *т* эгин, 95 миң *т* пахта, 1,6 миң *т* тамеки, 5,8 миң *т* эт, 6,6 миң *т* сүт, 0,7 миң *т* жүн даярдашкан.

Улуу Ата Мек. согуштан кийин а. ч. өндүрүшүндө социалисттик кайра куруулар улантылган. 1950-ж. уйдун саны (бардык категориялар б-ча) 1945-жылга салыштырганда 46%ке көбөйүп 228,7 миңге, кой-эчки 100%ке көбөйүп 1308,2 миңге жеткен. Мамлекетке 57 миң *т* эгин, 119,3 миң *т* пахта, 1,8 миң *т* тамеки, 2,5 миң *т* картошка, 3,4 миң *т* жашылча, 10 миң *т* эт, 12,2 миң *т* сүт, 1,2 миң *т* жүн төгүлгөн. Майда к-здор бириктирилип, ири чарбага айландырылган. 1958-ж. экономикасы начар к-здордон ирилешкен 100дөй к-з, 20дай с-з уюштурулган. Ар бир к-здо орто эсеп м-н 500 түтүн, 2,1 миң *га* айдоо жер, 736 миң сом нег. фондусу, 29 трактор, 4 комбайн, 15 автомашина болгон. 50-жылдардын аягында энергетика да жакшы өнүгүп, бир нече к-з аралык ж-а мамл. ГЭСтер курула баштаган. 60-жылдардын аягы —70-жылдардын башында а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнүн жогорулашы к-з м-н с-здордун экономикасын чыңдоого мүмкүнчүлүк берген. 70-жылдары обл-тын чарбалары ар кандай маркадагы 935 трактор, жүк ташуучу 256 авт., 124 комбайн алган. А. ч-нда энергетиканын кубаттуулугу 1965-жылга салыштырганда 1,5 эсе өсүп, 1119 миң ат күчүн түзгөн. Областта биринчи жолу 74,8 миң *га* пахта аянтынын ар гектарынан 25 *ц*ден түшүм алынып, пахтанын дүң жыйымы 187,3 миң *т*га жеткен. Тамекинин дүң жыйымы 17,7 миң *т*ны түзгөн. Дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү 1965-жылга салыштырганда 5,9 *ц*ге, жашылчаныкы 11 *ц*ге жогорулаган. Ар бир саан



Араван р-ндагы А. А. Жданов атн. к-здун пахтачыларынын майрамы.

уйдун орт. жылдык сүттүүлүгү 123 *кг*га көбөйгөн. 10-беш жылдык мезгилинде (1976—80) а. ч-ны өнүктүрүүгө түрткү берүү үчүн а. ч. продукциясын даярдоодо к-з м-н с-здорго бир нече жылга стабилдүү мамл. план белгиленген, мамлекетке пландан ашык төгүлгөн эгин үчүн кошумча акча төлөө, чарбаларды техника ж-а жер семирткичтер м-н камсыз кылуу каралган, капиталдык курулуштун көлөмү көбөйтүлгөн, жердин күрдүүлүгүн арттыруу б-ча иш-чаралар ж. б. белгиленген. Калкты сүт м-н камсыз кылуу үчүн шаар м-н ө. ж. борборлоруна жакын жерлерге адистештирилген ири уй фермалары ж-а комплекстери түзүлгөн. Базар-Коргон, Араван, Баткен, Жаңы-Жол, Кара-Суу, Ленин, Лейлек, Ноокат ж-а Сузак р-ндорунда минералдык ж-а органикалык жер семирткичтерди даярдоо ж-а чачуу б-ча агрохимиялык бирикмелер иштөдө. А. ч-ны ө. ж-лык негизге өткөрүү дыйканчылык м-н мал чарбачылыгында продукция өндүрүүнү жогорулатууга көмөк берүүдө. 1980-ж. дүң продукциянын салыштырмалуу баасы б-ча 1973-жылга салыштырганда 530,3 млн сомго жеткен. Түшүмдүүлүктү жогорулатуунун натыйжасында дан эгиндеринин дүң жыйымы 169,3 миң *т*га (а. и. жүгөрүнүкү 71,3 миң *т*га), картошканыкы 16,1 миң *т*га, жашылчаныкы 44,8 миң *т*га, пахтаныкы 205,5 миң *т*га, тамекиники 29,7 миң *т*га жеткирилген. 1975-жылга салыштырганда сүт саап алуу 1980-ж. 17%ке көбөйгөн, жумуртка белендөө 2 эседен ашкан. Ар бир саан уйдан сүт саап алуу жылына орто эсеп м-н



Ноокат р-ндагы мал чарба комплекси.



Тамекичилердин обл. кеңешмесинде. Ош, 1984-ж.

443 *кг*га көбөйүп, 2,3 миң *кг*ды түзгөн; ар бир койдон 200 *г*га көп жүн кыркылып, 3,2 *кг*ды түзгөн. Коомдук секторду бардык малдын ичинен тубар бодо мал 27%ти, тубар кой 47%ти түзгөн. К-з, с-здор ж-а чарбалар аралык мекемелерде 1 030,3 миң *т* кесек тоют (бул 1975-жылга салыштырганда 24%ке көптүк кылат), 568,4 миң *т* чыктуу тоют ж-а 174,1 миң *т* концентрат тоют (бул 1975-жылга салыштырганда дээрлик 2 эсе көп) даярдалган.

Айыл-кыштакты техника м-н жабдуу, сугат жерди көбөйтүү, а. ч-на илимдин жетишкендиктерин киргизүү обл-тын а. ч-н жог. товардуу тармакка айландырды. Бир эле 1985-ж. обл-тагы а. ч. продукциясынын дүң жыйымы 629 млн сомду түзгөн. 1986-ж. январда обл-та 63 к-з, 109 с-з, 20 к-з аралык мекеме, уюм ж-а бирикме, 3 багбанчылык бирикмеси, 2 үй куштар ф-касы, кунаажын багылуучу 12 комплекс, кой семиртилүүчү 9 аянтча, өсүмдүк коргоочу 10 бирикме ж. б. болгон. Областтык, р-ндук агрардык өнөр жай бирикмелерине караштуу агрардык ө. ж. комплекстери түзүлүп, кызуу иштөөдө. Областтагы чарбалардын 4750,9 миң *га* (а. и. 2667,0 *га*сы а. ч-га жарактуу) жери бар; анын 400,3 миң *га*сын (15%) айдоо, 18,5 миң *га*сын (0,7%) бактаракталар, 125,4 миң *га*сын (4,6%) чабынды, 2 120,4 миң *га*сын (79,5%) жайыт ээлейт. Табигый шарттын ар түрдүүлүгү, рельефтин татаалдыгы, а. ч-га жарактуу жердин өзгөчөлүктөрү Түш. Кырг-нда а. ч. эмгегин бөлүштүрүү өндүрүшүнүн көп тармактуу болушуна шарт түзгөн. Респ-дагы а. ч. эмгегин бөлүштүрүү системасында Ош обл. тех. өсүмдүктөр — тамеки ж-а пахта (обл-та тамеки а. ч. дүң продукциясынын 25,5%ин, пахта 4,3%ин түзөт) өстүрүлүүчү, о. эле мал чарбачылыгы — кой чарбасы м-н уй чарбасы (кой чарба продукциясы а. ч. дүң продукциясынын 17,4%ин, уй чарба продукциясы 16,9%ин түзөт) өнүккөн аймак болуп эсептелет. Тоют өсүмдүктөрү (а. ч. дүң продукциясынын 9,3%и), эгин (дүң продукциянын 5,0%и), мөмө-жемиш (дүң продукциянын 6,5%и), жашылча ж-а бакча өсүмдүктөрү (дүң продукциянын 4,3%и) эгилет. Областтагы чарба кубаттуу материалдык-тех. базага ж-а а. ч. продукциясын арбын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. 1986-ж. обл-тын талааларында 12670 трактор, 1388 эгин жыйноочу комбайн, 425 пахта терүүчү комбайн ж-а 6004 жүк ташуучу автомашина иштеген. Мал чарбачылыгында 348 уй саачу машина, кой кыркуучу 340 электр агрегаты болгон. 1986-ж. обл-тын а. ч-ндагы энергетикалык кубаттуулук 2300 миң ат күчүн түзгөн. Бул 1965-жылга салыштырганда 3 эсе көп. 768,5 миң *ц* минералдык жер семирткич чачылган.

Дыйканчылык — обл-тын а. ч-нын маанилүү тармагы. Ал а. ч-нан алынуучу дүң продукциянын 56%ин ж-а к-з м-н с-здордун акчалай кирешесинин $^3/_4$ бөлүгүн берет. Областтын айдоо аянты кийинки жылдары алда канча көбөйгөн. 1965-ж. обл-тагы айдоо аянт 320,7 миң *га* болсо, 1986-ж. 384,5 миң *га*га жеткен. Мунун 37%ин дан эгиндери, 46%ин тоют өсүмдүктөрү, 8%ин пахта, 7,1%ин тамеки, 1,9%ин жашылча ж-а коон-дарбыз ээлейт.

Ноокат р-нунун тамеки талаасында.



Ысык ж-а кургак климаттуу аймактагы дыйканчылык үчүн ирригациянын чоң мааниси бар. Областтагы сугат жер 280 миң *га*ны (анын 217 миң *га*сы жөөк б-ча сугарылат) түзөт. 4 суу сактагыч (Базар-Коргон, Найман, Төрткүл, Папан), 82 сугат системасы (а. и. 8 р-н аралык сугат системасы: Кара-Дарыя, Исфайрам, Куршаб, Пача-Ата, Кара-Үңкүр, Шайдан-Сай, Кара-Кулжа, Найман) иштейт (*к.* ирригациялык курулмалар ж-дөгү өзүнчө макалаларды).

Тамекичилик. Респ-дагы тамеки аянтынын 87%и, тамеки түшүмүнүн 90%тен көбү Ош обл-на тийиштүү. Тамеки негизинен тоо этектеринде эгилет. Ал обл-тагы айдоо аянттын 22,2 миң *га*сын (5,7%) ээлегени м-н чарбалардын акчалай кирешесинин теңинен көбү тамекиден алынат. 1984-ж. 64,8 миң *т* тамеки жалбырагы жыйналган. Бул 1965-жылга салыштырганда 5,1 эсеге, 1980-жылга салыштырганда 2,2 эсеге көптүк кылат. 1965—83-ж. тамекинин түшүмдүүлүгү 1,9 эсеге өскөн.

Пахтачылык 1982-ж. чейин обл-тагы а. ч. өндүрүшүнүн нег. тармагы болгон. Пахта областтагы айдоо аянтынын 20%ин түзгөн. 1982-жылдан пахта аянты кескин азайып, 1985-ж. 28,4 миң *га*ны түзгөн. Бул 1980-жылга салыштырганда 3 эсеге аз. Бул мезгилдин ичинде пахтанын дүң жыйымы 206,6 миң *т*дан 70 миң *т*га азайган. Бул пахта эгүүчү айрым р-ндордун тамеки эгүүгө адистешкендигине байланыштуу. 1986-ж. пахта мурдагы аянтынын 8%ине гана эгилген.

Дан өсүмдүктөрү обл-тагы бардык айдоо аянтынын $^1/_3$ин ээлейт. 1984-ж. дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү 1965-жылга салыштырганда 4,3 эсе өскөн, дүң жыйымы да ошончо көбөйгөн. Дан эгиндеринин ичинен жүгөрү көбүрөөк эгилген. 1984-ж. ар бир *га*дан 70,4 *ц*ден жүгөрү жыйналган. Бул 1965-жылга салыштырганда 3 эсеге көп. 1965—85-ж. чарбалар жүгөрү данын алууну 7,9 эсеге көбөйтүшүп, 154,3 миң *т*га жеткиришкен. Алынган түшүмдүн нег. бөлүгү обл-тын керектөөсүнө жумшалып, 12,5%и гана мамлекетке сатылат.

Жашылча, бакча өсүмдүктөрү ж-а картошка өстүрүү. Областтын аймагынын табигый климаттык шарттары, топурагы жашылча, коон-дарбыз, картошка өстүрүүгө ыңгайлуу. 1965—84-ж. обл-та жашылчанын аянты 2 эсеге көбөйүп 5,3 миң *га*ны, картошканын аянты 4,9 *га*ны түзгөн. Акыркы күндө да алардын аянты ушул калыбында. 1965—84-ж. жашылча жыйноо 2,7 эсе, картошка жыйноо 1,2 эсе өскөн. Бакча өсүмдүктөрүн өстүрүүчү адистештирилген ири с-здор («Таш-Көмүр», «Кеңеш», Тайгараев атн. с-з ж. б.) түзүлгөн. 1984-ж. 14,1 миң *т* коон-дарбыз жыйналган.

Өрөөндүү ж-а тоо этектериндеги р-ндордо багбанчылык өнүккөн. 1985-ж. 1-январда мөмө-жемиш даректары 18 700 *га*дан ашык, жүзүм 5400 *га*дан ашык аянтты ээлеген. 61,4 миң *т* *мөмө-жемиш, 36,1 миң т* жүзүм жыйналган. 1965-жылга салыштырганда



«Кызыл-Кыя» с-зунун жашылча аянты.

«Төрткүл» с-зунда жүзүм терүү.





«Өзгөн» с-зунун койлору.

мөмө-жемиштин түшүмү 5 эсе, жүзүмдүкү 6 эсе өскөн.

Мал чарбасы обл-тын а. ч. дүң продукциясынын 44%ин берет. Мал чарбасынын өнүгүшү табигый жайыттарды пайдалануу менен байланышкан. Облласттын жайыт фондусу бир топ эле (а. и. бардык жердин 79,5%ин түзөт). Анын жалпы аянты 2,1 млн *га*, бирок сапаты б-ча бир кылка эмес. Ар кайсы аймакта чөптүн түшүмдүүлүгү ар башка; бир жерде болгону 0,5 *ц* болсо, башка жерде 15—17 *ц*.

Мал чарбасын андан ары өнүктүрүүдө тоют өсүмдүктөрүн эгип, өстүрүү зор мааниге ээ. 1965-ж. тоют өсүмдүктөрү эгилүүчү аянт 2 эсеге өсүп, 174 миң *га*ны түзгөн. Анын 95,1 миң *га*сына көп жылдык өсүмдүктөр, 30 миң *га*сына силостук жүгөрү, жаш тоют чөптөр эгилген. 1985-ж. 1265,6 миң *т* кесек тоют, 776 миң *т* силос даярдалган. Тоют базасын жакшыртуунун натыйжасында мал чарба продукциясы дарбын алынган. Мис., 1965—84-ж. эт даярдоо (тирүүлөй салмакта) 54%ке, сүт 2 эсе, жумуртка 8,2 эсе, жүн 88%ке көбөйгөн.

К о й ч а р б а с ы мал чарбанын негизги тармагы болуп эсептелет. К-з, с-здордун кирешелеринин 60%тен көбү кой чарбасынан алынат. Респ-дагы койдун 30%тен ашыгы Ош обл-нда. 1940—85-ж. койдун саны 6,1 эсеге көбөйгөн, 1986-жылга карай кой-эчкинин саны 2500 миңге жеткен. Уяң жүндүү жана уяң жүндүү койлор басымдуулук кылат. 1984-ж. ар 100 тубар койдон 100дөн козу алынып, ар бир койдон 3,2 *кг*дан жүн кыркылган. 1965-ж. 4371 *т*, 1970-ж. 5840 *т*, 1984-ж. 8200 *т* жүн алынган. Кой чарбасы тоолуу р-ндордун көптөгөн чарбаларынын, өзгөчө кой багууга адистештирилген с-здордун («Алай», «Кашка-Суу», «Чаткал» ж. б.) экономикасынын негизин түзөт.

Жаңы-Жол, Фрунзе, Ала-Бука р-ндорунун к-здору м-н с-здору тыбыттуу эчкилерди багышат. Аларда респ-дагы эчкилердин 90%тен ашыгы асыралат. Тыбыттуу ж-а жүндүү ангор эчкилери көбөйүүдө. Ошонун натыйжасында эчкилердин пайдалуулугу жогорулап жатат.

У й ч а р б а с ы. 1986-ж. 1-января обл-та 434,1 миң уй болгон. Бул респдагы уйлардын 40%тейин түзөт. Чарбаларда негизинен ала-тоо тукумундагы (эт-сүт багытындагы) уйлар асыралат. Бул уйлар тоолуу, о. эле өрөөндүү р-ндордо багылат. Уйдан сүт саап алуу жыл сайын жогорулоодо. 1965-ж. 69,7 миң *т*, 1980-ж. 122,9 миң *т*, ал эми 1985-ж. 135 миң *т* сүт саап алынган. Продукциянын көбөйүшү бир жагынан уйдун санынын өсүшүнө, экинчи жагынан алардын сапаттуулугунун жогорулашына байланыштуу. Мис., 1965—85-ж. ар саан уйдан сүт саап алуу 1401 *кг*га жеткен. 1940—85-ж. уйлардын саны 3,5 эсеге өскөн.

Ноокат р-нундагы В. И. Чапаев атн. к-здун жылкылары.





Чаткал р-нунун жайыттагы топоздору.

Жылкы чарбасы. 1985-ж. 1-января обл-тын чарбаларында 69,9 миң жылкы болгон. Бул респ-дагы жылкынын 30%тен ашыгын түзөт. Ноокат р-нундагы № 44 жылкы заводунда (совхозунда) жаңы кыргыз породасындагы асыл тукум жылкылар асыралат.

Алай, Совет, Баткен сыяктуу тоолуу р-ндордо т о п о з б а г у у бир кыйла өнүккөн. 1985-ж. обл-та 25 миңдей топоз болгон.

Ч о ч к о ч а р б а с ы обл-та анча өнүккөн эмес. Чочко негизинен Сузак ж-а Өзгөн р-ндорунда гана багылат.

Ү й к у ш т а р ч а р б а с ы. Облласта Кара-Суу ж-а Жалал-Абад үй куштар ф-калары бар. 1986-ж. 1-января 1491,9 миң үй куштары болгон. 1965—85-ж. жумуртка алуу 8,2 эсеге өскөн. 1985-ж. мамлекетке 79,8 млн даана жумуртка сатылган.

Токой чарбасы. Облласттын аймагындагы токойлор ар кыл. Фергана ж-а Чаткал кырка тоолорунун беттеринен жаңгак-жемиш токойлору орун алган. Аларда жаңгактан башка жапайы алма, алмурут, алча, бадам, мисте, карагай, ак карагай, ак чечек, арча, талтерек аралаш өскөн токойлор да бар. Чарбалык мааниси чоң, жапайы жаңгак-жемиш массивдери өтө баалуу. Алар 610 миң *га*дай аянтты ээлейт. Мунун 36,7%и жаңгак, 32,2%и мисте, 15,2%и алма, 7,5%и бадам (к. *Арстанбап жаңгак-жемиш токою*, о. эле токой заказниктери ж-дөгү макалаларды). Түшүм жакшы болгон жылдары жаңгак-жемиш токойлорунан 1000—1200 *т*га чейин жаңгак, 5000 *т*га чейин алма, 30—40 *т* мисте, о. эле алча, дан куурай, бөрү карагат, алмурут, ар кандай дарылык ж-а боёо касиеттери бар өсүмдүктөр жыйналат. Токойлорго бал челектер жайгаштырылып, түшүмдүү жылдары алардан 3 миң *ц*ге чейин бал алынат. Жаңгак даректарын бутакесүүнүн ж-а санитариялык максатта кыюунун натыйжасында жыл сайын 100 $м^3$ге чейин баалуу жаңгак жыгачы даярдалат. Токойду эсепке алуу, калыбына келтирүү, өстүрүү, өрттөн, зыянкечтерден ж-а илдеттерден коргоо, токойду пайдалануу жөнгө салуу иштерин токой чарбалары жүргүзөт. Жаңгак, мисте ж. б-дын ө. ж. плантацияларын түзүү б-ча ил.-из. иштерин Жалал-Абаддагы Түштүк Кыргызстан токой жемиш тажрыйба станциясы жүргүзөт.

Ш. Б. *Алымбаева*, Л. И. *Полищук*, Р. *Сабыров*

ТРАНСПОРТ

Азыркы Ош обл-нын аймагында мурда кербен жолдор м-н мал айдалуучу жолдор гана болгон. Алар мал чарбасы м-н кесиптенген кыргыз элинин турмушунда маанилүү роль ойногон. Кыргыз жергеси Россияга кошулгандан кийин гана араба жолдор салынып, эски жолдор ондоло баштаган, ал эми 20-кылымдын башында алгачкы темир жол тармагы пайда болгон. Мунун баары соода-экон. байланыштардын (ички, транзиттик ж-а сырткы) кеңейишине, почта катнашынын жандануусуна көмөк берген. Ошту Анжиян, Анжиянды Жалал-Абад ж-а Өзгөн м-н байланыштыруучу почта-соода жолунун экон. мааниси зор болгон. Бул жолдор андан ары уланып Фергана өрөөнүн Жети-Суу м-н байланыштырган. Ош ш. транспорттук түйүн болуп, ага Гүлчө кыш-нан, Куршаб өрөөнүнөн Өзгөн кыш. аркылуу жолдор келген. Ош уездин коңшу Маргалаң (Скобелев), Анжиян уезддери м-н байланыштырган жолдор Ошко келип такалган. Федченко темир жол станциясынан Русский кыш. аркылуу Араванга жол кеткен. Ош — Памир (Хорог) жолу өзгөчө маанилүү болгон. Анжиян — Жалал-Абад жолу Коргон-Тебө ж-а Хан-Абад, Айым ж-а Сузак кыш. аркылуу өткөн. Түш. Кырг-ндагы ички ж-а сырткы соода катнашы Жаңы



Сузак р-нундагы Кара-Алма өрөөнүндө.

Маргаландан (1910—24-ж. Скобелев, азыр Өзбек ССРинин Фергана ш.) Үч-Коргон кыш-на, андан Алайга, Кара-Тегинге, Афганстанга кеткен жол аркылуу жүргүзүлгөн. Чыгыш Түркстанга (Кашкарга) жөнөгөн кербендер да Ош м-н өткөн. Оштон Гүлчө кыш. аркылуу Сопу-Коргонго баруучу жол үч ашууну көздөй үч айрылып, Эркеч-Тамдан биккен. 19-к. —20-к-дын башында орус солдаттары араба, кербен жолдорду, мал айдалуучу жолдорду кыргыздардын жардамы м-н курган. Бирок жолдорду көзөмөлдөөчү туруктуу кызмат болгон эмес. Өз убагында оңдолбогондуктан жаңы жолдор бир нече жылдан кийин жарабай калган. Анын үстүнө ашуулар жабылып калгандыктан кышкысын бул жол каттоого мүмкүн болгон эмес. Жалпысынан алганда рев-яга чейинки Түш. Кырг-ндын экономикасында транспорт эң артта калган тармак болгон. Ал Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин гана өнүгө баштаган.

Темир жол транспорту. Каспий деңизинен Орто Азияга (Ташкен ж-а Анжиянга) чейинки алгачкы темир жол 1888-ж. курулуп бүткөн. Кийинчерээк Түш. Кырг-ндагы көмүр кендерин көздөй темир жол тармактары курула баштаган. 1908—11-ж. Скобелев (Фергана) станциясынан Кызыл-Кыяга ж-а Драгомиров станциясынан Сүлүктүгө темир жол курулган. 1916-ж. темир жол Кара-Суудан Жалал-Абадга жеткирилген. Алгачкы беш жылдыктын мезгилинде Горчаков — Кызыл-Кыя, Кара-Суу — Ош, Жалал-Абад — Көк-Жаңгак, Үч-Коргон — Таш-Көмүр темир жол тармактары курулган. Азыр булардан тышкары Пролетарск (Тажик ССРи) — Сүлүктү темир жол тармагы иштөөдө. Областтагы темир жолдун жалпы уз. 176 *км*. Темир жол аркылуу Ош обл. өлкөбүздөгү бардык экон. р-ндор м-н катнаша алат. Областтан жөнөтүлүүчү жүктүн көпчүлүгү темир жол аркылуу ташылат. Кара-Суу — Ош тармагынан башка бардык темир жол тармактары негизинен Түш. Кырг-ндын көмүрүн ташып кетүүгө арналган. Ошондуктан обл-та темир жол аркылуу жүк ташып келүүгө караганда жүк ташып кетүү басымдуулук кылат. Жүктү жөнөтүп-кабыл алуучу ири станциялар: Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Ош, Жалал-Абад. Бул станцияларга келип түшүүчү жүктөрдүн ичинен кайра иштетүү ж-а машина жасоо тармактарынын продукциялары, эл керектөөчү товарлар, пахта буласы басымдуулук кылат. А. ч. жүктөрүн сыртка ташуу барган сайын азаюуда. Бул — обл-тын эл чарба структурасында кайра иштетүүчү ө. ж. тармактарынын көбөйүшүнө байланыштуу. Азыр сырьё эмес, даяр продукция жөнөтүлөт. Жүктү сыртка ташуу м-н катар жүктү сырттан ташып келүү да жыл сайын көбөйүүдө. Бул — обл-тын экон. байланышынын кеңейип жаткандыгынын күбөсү. Өзгөчө цемент, ар кандай жабдуулар ж. б. товарлар көп келүүдө. Темир жол транспорту жүргүнчүлөрдү да ташыйт. Жалал-Абад — Ташкен — Фрунзе темир жолу аркылуу көмүр кендери чыккан аймактагы шаарлардан Фергана темир жол айлампасынын станцияларына чейин жүргүнчү ташуучу поезддер дайыма үзбөй каттап турат.

Кара-Суу р-ндагы Кашкар-Кыштак жүк жүктөө аянтчасы.







Административно-аймактык бөлүнүшү
1988-жылдын сентябрь айына карата берилди



Административдик-аймактык бөлүнүшү
1988-жылдын сентябрь айына карата берилди



Автомобиль транспорту. Ош обл-нын бири-бирин кескин алмаштырган тоолуу өрөөндүү жер шартында авт. транспортун өнүктүрүү өзгөчө маанеге ээ. Автомобиль транспорту катнашуугу кыйын тоолуу жерлерди р-ндун борборлору ж-а Ош ш. м-н байланыштырат. Жүктөрдүн 97%и, жүргүнчүлөрдүн 86%и авт. м-н ташылат. Автомобиль жолдорун куруу 30-жылдарда башталган. 1930—40-ж. Ош — Хорог (уз. 884,6 *км*), Ош — Кызыл-Коргон (уз. 107 *км*), Ош — Мырза-Аке, Сары-Таш — Кызыл-Суу, Кадамжай — Хайдаркен, Ош — Араван, Ош — Кызыл-Кыя, Кызыл-Суу — Эркеч-Там ж. б. жолдор курулган. Алгачкы беш жылдыктардын мезгилинде жолдор жалпы элдик курулуш иретинде курулган. 1938-ж. араба-авт. жолунун жалпы уз. 4950 *км*дей болгон. Жол курулушун уюштуруу, аны оңдоо ж-а пайдалануу иштерин Ош обл. жол бөлүмү жүргүзгөн (1939-жылдан). 1963-ж. бул уюмдун карамагында 10 р-ндук жол куруу ж-а эксплуатациялоо участкалары болгон. 1969-ж. январда Ош обл. жол бөлүмү авт. жолдорун эксплуатациялоо б-ча Түш. Башкармасына айланды-рылган. Жүк ташуучу автотранспорт 1929-жылдан иштей баштаган. Анда ГАЗ-АА маркасындагы (жүк көтөрүмдүүлүгү 1,5 *т*) ж-а АМО-3 маркасындагы (жүк көтөрүмдүүлүгү 3 *т*) 73 авт. болгон. Бул автомашиналар Ош — Хорог авт. жолунун курулушун тейлеген. Мындан башка Тышкы соода Эл комиссариатынын, негизинен экспорттук ж-а импорттук жүктөрдү, о. эле чек арачылар м-н Памирде жашаган калк үчүн товарларды ташыган 48 автомашинасы болгон. 1934-ж. Тышкы соода Эл комиссариатынын автотранспорт дирекциясы жоюлуп, анын базасында «Союзтранс» автотранспорт уюму уюшулган. Мунун карамагында ГАЗ-АА ж-а АМО-3 маркасындагы 48 авт. болгон. Ошол эле жылы «Союзтранс» автопаркы жүк көтөрүмдүүлүгү 3 *т* ЗИС-5 маркасындагы 100 авт., ГАЗ-А маркасындагы 5 автобус ж-а 2 жеңил авт. алган. 1934-ж. 16,5 миң *т* жүк ташылып, жүк ташуусу 3743 миң *т/км*ди түзгөн; 2,2 миң жүргүнчү ташылган. Мындан башка дагы 2 автоколонна уюштурулган. Алар: Тентек-Сайдагы ГАЗ-АА маркасындагы 13 автомобили бар пахта даярдоочу автоколонна (№ 1), ошол эле маркадагы 20 автомобили бар Кара-Суу эгин даярдоочу автоколонна (№ 2). 1936-жылдын башында «Союзтранс» дирекциясы жоюлуп, автопаркы 2 уюмга — Памир автотрести м-н Памир жол башкармасына бөлүнгөн. № 1 ж-а № 2 автоколонналардын автопаркында 833 машина болгон. Ош шаарында жүк ж-а жүргүнчү ташуучу Түштүк автотрести уюштурулган. Анын 50 жүк ташуучу машинасы ж-а 3 автобусу болгон. Улуу Ата Мек. согуш башталганда автотранспорттун көпчүлүгү фронтко жөнөтүлгөн. Согуштан кийин Ош ш-нда 32 авт-ден турган автобаза түзүлгөн. Согуштан кийинки жылдары ө. ж. м-н а. ч-нын өнүгүшү эл чарбасынын автотранспортко муктаждыгын күчөткөн. Ушуга байланыштуу 1954-ж. Таш-Көмүр (50 автомашина), Лейлек (30), Кызыл-Кыя (60), Кара-Суу (40), Ош (50) автобазалары түзүлгөн. 1955-ж. Кыргыз ССР авт. транспорту ж-а шоссе жолдору мин-восунун Түштүк обл-тар аралык трести уюшулуп, ал 13 (жүк ташуучу 5, жүк ж-а жүргүнчүлөрдү ташуучу 6, жүргүнчүлөрдү ташуучу 2) автобазаны бириктирген. 1957-ж. трест Ош ж-а Жалал-Абад обл. автотресттерине бөлүнгөн. Алар 1959-ж. обл-тардын кошулушуна байланыштуу кайрадан бир трестке — Ош обл. автотрестине (1969-жылдан *Түштүк өндүрүш автотрести*) айланды-рылган. Ош — Хорог жолу аркылуу жүк ташуучу *Памир автотранспорт өндүрүш бирикмеси* ишке ашырат. Мындан тышкары ведомстволук автотранспорт уюмдары — «Түштүксуукурулуш», «Кыргызтранспорткурулуш», «Ошагроөнөржайкурулуш» ж. б-дын автобазалары ж-а миндеген менчик авт-дер бар. Ош обл-нын автотранспорту пахта, курулуш материалдарын, соода тармактары үчүн ар кандай товарларды, а. ч. продуктуларын ташыйт, гидротехникалык,



Эл чарба жүктөрүн ташуу. Оштогу № 2902 автоколоннасы.

граждандык, айыл-кыштак курулуштарын, кен чыгаруучу карьерлерди. Түштүк өндүрүш автотрестинде бир нече миң автомашина иштейт. Алардын 60%и жүк ташуучу машина, 24%и жүргүнчүлөрдү ташуучу автобус, 16%и такси (1984). 1983-ж. алар 30,3 млн *т* жүк, 150,3 млн жүргүнчү ташыган. Памир автотранспорт өндүрүш бириксмесинин автопаркы жүк ташуучу машиналардан турат. 10-беш жылдыкта 146 млн *т*, 11-беш жылдыктын 4 жылында 149,9 млн *т* жүк ташылган. 1984-ж. Түштүк авт. жол башкармасынын карамагындагы жолдордун уз. 7180 *км* болгон. А. и. 528 *км*и союздук, 2165 *км*и респ., 4487 *км*и обл. мааниде.

Аба транспорту. 1928-ж. июлда Ош ш-ндагы убактылуу самолёт конуучу тилкеге биринчи жолу Ю-2Д самолёту келип конгон. 1965-ж. Ош аэропортуна ИЛ-18 ж-а АН-24 самолёттору коно баштаган. 1974-ж. Ошто жаңы аэровокзал курулган. Ал азыркы мезгилдеги тех. каражаттар м-н жабдылган. Бул болсо Ошту Москва, Новосибирск, Челябинск, Омск, Минеральные Воды, Адлер, Ташкен, Алматы, Караганды, Фрунзе, Дүйшөмбү ж. б. шаарлар м-н аба жолу аркылуу байланышууга мүмкүндүк берди. 1984-ж. обл-та Ош, Жалал-Абад, Баткен, Караван ж. б. аэровокзалдар иштеген. Булар негизинен жүргүнчүлөрдү ж-а бир аз жүк ташууну тейлейт. Обл-тын жер шарты тоолуу болгондуктан авиация өтө зор мааниге ээ. Жерг. авиация жолдору: Караван — Ош — Фрунзе, Баткен — Ош — Фрунзе, Караван — Ош — Фрунзе — Чолпон-Ата — Ташкен ж. б. Респ-нын ичинде жүргүнчүлөрдү ж-а жүктү гражд. авиациянын ЯК-40, АН-2 самолёттору ташыйт. Ош аэровокзалы күн сайын 1,9 миң жүргүнчүнү (жылына 430 миңдей) кабыл алып, жөнөтүп турат.

М. Амизаев, В. Я. Галицкий, Л. И. Полищук, Р. Сабыров

КУРУЛУШ

Ош обл-ндагы эл чарба тармактарынын тез өсүшү курулуш материалдар ө. ж. м-н курулуш индустриясынын өнүгүшүнө байланыштуу. Финансылоонун бардык булактарынан курулуш иштерине берилген капиталдык салымдын өлчөмү 1950-ж. 14,1 млн, 1965-ж. 104,5 млн, 1970-ж. 228,3 млн сомду түзгөн, ал 1980—85-ж. дагы көбөйтүлгөн. Согушка чейинки беш жылдыктардын мезгилинде Ош ш-нда акиташ-кирпич з-ду, Жалал-Абад м-н Кызыл-Кыяда кирпич-черепица з-ду курулган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында (1944) Кызыл-Кыяда кирпич чыгарыла баштаган. Согуштан кийинки жылдары Ош, Жалал-Абад ж-а Кызыл-Кыя курулуш материалдар комбинаттары, Ошто темир-бетон жасалмалар з-ду, керамзит чыгаруучу цех, Көкпич з-ддору иштей баштаган. 1950-жылдардын аягында Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай ж. б. шаарларда курулуш индустриясынын ири базалары түзүлгөн. 1962-ж. Ош ш-нда обл-та биринчи жолу ири панелдүү үй куруу з-ду ж-а темир-бетон жасалмалар з-ду курула баштаган.

Эл жашаган бардык ири пункттарда ө. ж. имараттарын ж-а турак жайларды куруу обл-тын эл чарбасын өнүктүрүүнүн беш жылдык пландарына ылайык жүргүзүлөт. 20-жылдардын ортосунда ж-а алгачкы беш жылдыктарда бир катар айылдарда механикалык-ремонттоо устаканалары, МТСтер, Кара-Суу пахта тазалоо з-ду, Ош жибек куртун асыроо з-ду, Ош ж-а Кызыл-Кыя басмаканалары, Жалал-Абад педагогика техникуму, Ош пилла түрүү ф-касы (1942-ж. уюшулган ВЛКСМ атн. жибек комбинатына негиз болгон), Өзбек музыкалуу драма треатрынын имараты, Кадамжай сурьма комбинаты ж. б. курулган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде Хайдаркен сымап комбинаты, жаңы шахталар, о. эле Ош м-н



Ош ш-ндагы жаңы турак үй.



Жалал-Абад ш-ндагы жаңы турак үйлөр.

Жалал-Абад ш-нда кийим тигүү ф-калары, Жалал-Абад пахта тазалоочу з-ду (1945) ж. б. тургузулган. 1947—48-ж. к-з, с-здордо 12 ГЭС, 1949-ж. куб-туулугу 512 *кВт* келген Жалал-Абад ГЭСи бүткөрүлгөн. Согуштан кийинки жылдары шаарлардын негизги пландары иштелип чыккан. Кийинки 20 жылдын ичинде шаарлар м-н жумушчу посёлкаларында 40тан ашык жаңы ө. ж. ишканалары курулган. Алар: Оштогу Октябрдын 50 жылдыгы атн. кебез кездеме токуу өндүрүш бирикмеси, Майлы-Сайдагы электр лампа з-ду, Жалал-Абад м-н Таш-Көмүрдөгү тамеки-ферменттөө з-ддору, Кара-Суу ж-а Жалал-Абад үй куштар ф-калары, Кара-Суу ж-а Жалал-Абад ун комбинаттары, Кызыл-Кыя бут кийим ф-касы, Ош, Караван ж-а Жалал-Абаддагы сүт з-ддору, Жалал-Абад ж-а Кызыл-Кыядагы курулуш материалдар з-ддору ж. б. Булардан тышкары адистештирилген 70тей цех ж-а участкалар ишке киргизилген. 1961—62-ж. Нарын дарыясында Үч-Коргон ГЭСинин курулуп бүтүшү обл-тын электр кубатына муктаждыгын канааттандырууга, 50-дөн ашык дизель электр станциялары, к-з м-н с-здордогу 16 майда ГЭСти жоюуга, 45 миң гектардан ашык жерди сугарууга мүмкүндүк берди. 1981-ж. кубаттуулугу 450 *мВт* Таш-Көмүр ГЭСин куруу башталган; анын 1-агрегаты 1985-ж., 2-агрегаты 1986-ж., 3-агрегаты 1987-ж. ишке киргизилген. Арзан электр энергиясынын болушу, кубаттуу курулуш индустриясынын түзүлүшү обл-тын аймагында курулушту өнүктүрүп, ар кыл багыттагы көп сандагы объектилерди тургузууга көмөк берди. 1961—85-ж. жалпы (пайдалуу) аянты 9,2 млн $м^2$ турак үйлөр курулган, бул обл-тагы турак жай фондусунун 54%ин түзгөн. Турак жай м-н катар эле эл агартуу ж-а саламаттык сактоо багытындагы объектилер курулууда. 1961—85-ж. жалпысынан 223,1 миң окуучуга эсептелген мектептер, 37,8 миң орундуу мектепке чейинки балдар мекемелери, 6,2 миң орундуу оорукана мекемелери курулган. Маданий ж-а турмуш-тиричилик жактан тейлөө, транспорт ж-а соода мекемелери үчүн имараттардын курулушу да кулач жаюуда. А. ч. объектилери улам көбүрөөк курулуп, сугат тармактары кеңейтилүүдө. 1984-ж. 20,3 миң *га* жайытка суу чыгарылган, 4,5 миң *га* айдоо аянты сугарылган; 16 миң үй, 116,4 миң кой ж-а эчки үчүн малканалар курулган. 80-жылдары Ош обл-нын аймагында курулуш материалдары м-н эмгек ресурстарын көп керектөөчү өндүрүш топтолгон зоналар калыптанды. Алар: Ош, Жалал-Абад, Майлы-Сай, Кызыл-Кыя, Төм. Нарын ж. б. 1985-ж. курулушта иштегендердин саны бир нече миңден ашып, обл-тын эл чарбасында иштегендердин 6,1%инен көбүн түзгөн.

11 ири курулуш уюмдары бар. Алар: «Ошкурулуш», «Жалал-Абадагроөнөржайкурулуш», «Түштүксуукурулуш», «Түштүктранспортжолкурулуш», «Ошмелиорациясуукурулуш», «Түштүкремонттоокурулуш», «Ошкоопкурулуш», «Түштүктиричиликкурулуш», «Ортоазиякөмүркурулуш» треттери, о. эле Ош үй куруу комбинаты. Долбоорлоосмета документтерин негизинен респ. «Кыргызкурулушдолбоор», «Кыргызөнөржайдолбоор», «Колхозагроөнөржайдолбоор» илимий изилдөө ин-ттары ж-а алардын Ош обл. филиалдары түзөт.

Капиталдык салымдардын жалпы өлчөмүнүн өсүшү ж-а нег. фондуларды ишке киргизүү төм. көрсөткүчтөр м-н

Лейлек р-нундагы башкы каналдын курулушу.



мүнөздөлөт: 1966—70-ж. капиталдык салым мурдагы беш жылдыкка салыштырганда 158%ти, нег. фондуларды ишке киргизүү 153%ти, 1971—75-ж. тийиштүү түрдө 112% ж-а 119%, 1976—80-ж. 103% ж-а 101%, 1985-ж. 1980-жылга салыштырганда 118% ж-а 120%ти түзгөн.

Л. И. *Полищук*, Р. *Сабыров*

КОММУНАЛЫК ТУРАК ЖАЙ ЧАРБАСЫ

Коммуналык турак жай чарбасы *турак жай фондусун, суу менен камсыз кылууну, канализацияны, газ менен камсыз кылууну, жылуулук менен камсыз кылууну*, ремонт-эксплуатация кызматын, *аварялык кызматты*, шаар-н кыштактарды жашылдандырып, абаттоону, *көчөлөрдү жарык кылууну*, мейманканалар, мончо ж-а кир жуучу жайларды камтыйт.

Коммуналык чарба Ош обл. коммуналык турак жай башкармасына карайт. Анын ар кыл коммуналык ишканаларды камтыган 21 комбинаты бар. Шаардык комбинаттар: Ош, Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Таш-Көмүр (Майлы-Сай ш-нда коммуналык чарба эл депутаттарынын Майлы-Сай шаардык атко-муна карайт); р-ндук комбинаттар: Ала-Бука, Алай, Араван, Базар-Коргон, Баткен, Жаңы-Жол, Кара-Суу, Лейлек, Ноокат, Совет, Сузак, Өзгөн, Фрунзе, Чаткал. Коммуналык ишкана комбинаттары шаарлар м-н р-ндук борлордо санитардык тазалоо иштерин жүргүзөт, жерг. Советтерге караштуу турак жай фондуларын пайдалануу-ж-а ремонттоону көзөмөлдөйт. Көчө-лөрдү жарык кылат. Шаарлар м-н посёлка, кыштактарды абатташтырып, мончого түшүрүү, кир жуу кызматта-рын көрсөтөт.

1985-ж. бир мезгилде 1435 адам жууна ала турган 24 мончо, бир сме-нада 1317 *кг* кир жууй турган 6 кир жуучу жай, 1357 орундуу 20 мейман-кана иштеген. Коммуналык ишкана комбинаттарында 2 950дөн ашык адам эмгектенет (1986).

Оштогу коммуналык ишканалар комбинатына мончо-кир жуу комби-наты, троллейбус башкармасы, көчө-лөрдү жарыктандыруу тармагын оң-доп, эксплуатациялоочу «Шааржарык» электр тармак мекемеси, санитардык тазалоонун адистештирилген автоба-засы, тех. инвентаризация жүргүзүү бюросу, «Алай» мейманканасы ка-райт. Ош шаар-дык турак жай фондусунун чарба-лык эсептеги ту-рак жай эксплуа-тация конторасы тейлейт. Ош ш-ндагы коммуналык турак жай чарба объек-тилеринде жөнөкөй ремонт иштерин ремонт-курулуш башкармасы жүргү-зөт. Областтын калкына жылына орто эсеп м-н 4 млн сомдук турак жай-ком-муналык төлөнмө кызмат көрсөтүлөт (1986).

М. *Алиев*, Л. И. *Полищук*, Р. *Сабыров*

Коммуналык чарбанын өсүшү

	1940	1960	1966	1971	1984
Суу куурлары, каналнзация					
Көчөлөрдөгү суу куурларынын жалпы уз., *км*	5,5	22,1	60,7	169,5	697
Керектөөчүлөргө жылына берилген суу, млн $м^3$	—	0,8	4,7	7,2	30,1
а. и. калка, ишканалар м-н мекемелердин коммуналык-тиричилик муктаждыктарына берилгени	—	0,8	3,7	4,8	20,5
Көчөлөрдөгү канализация куурларынын жалпы уз., *км*	—	2,5	3,8	41,5	53,5
Нег. коллекторлордун жалпы уз., *км*	—	12,5	12,5	12,5	61,3
Бир жылда агызылган ыпластуу, млн $м^3$	—	0,2	0,2	7,5	23,4
Газ м-н камсыз кылуу					
Газ куурларынын уз., *км*	—	—	35,5	154,9	331,1
Бардык керектөөчүлөргө берилген газ:	—	—	—	193	321
куурлар аркылуу берилген, млн $м^3$	—	—	—	13,2	25
суюлтулганы, миң *т*	—	—	19,7	131,4	262,8
Газ м-н камсыз, кылынган квартиралардын саны, миң					

Шаарды жашылдандыруу ж-а коркгондуруу

	1940	1965	1975	1983
Көчөлөр м-н өткөөлдөрдүн жалпы уз., *км*	88	414	627	756
Төшөлгөн көчөлөрдүн уз., *км*	31	259	515	618,4
а. и. асфальт төшөлгөнү, *км*	—	221	473,6	716,7
Бак-даректардын аянты, *га*	17	239	1170	1271,9



Көчмө дүкөн Кара-Суу р-нунун жайыттарында.

ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ

Улуу Октябрь социалисттик ревясына чейин обл-тын аймагында калкийимди, бут кийимди, турмуш-тиричилик буюмдарын кол өнөрчүлөргө жасаткан же өздөрү жасаган.

Орто Азияда Совет бийлиги орногондон кийин кол өнөрчүлөрдүн сырьё берүүчүлөр м-н чайкоочу соодагерлерге карызы жоюлган. 1926-ж. чейин кол өнөрчүлөр бут кийим ултаруу ж-а аны жамоо, металл буюмдарын (мештин мору, кетмен, керки, балта ж. б. аспаптар м-н эмгек куралдары), жыгач буюмдарын (сандык, бешик, ээр, жыгач күрөк ж. б.), карапа идиштерди жасап калктын муктаждыктарын канааттандырышкан. 1926—28-ж. кол өнөрчүлөрдүн кооперациялашуусу башталган. 1928-ж. Ош ш-нда уюштурулган «Үнөм кудурети» артели бут кийим ултаруучу 100, жамоочу 30 кол өнөрчүнү бириктирген. Артель тери ийлөө иштерин да аткарган. Кийинчерээк кебез ж-а жибек кездеме токуучу «Кайрат», шарап чыгаруучу «Жеңиш» артелдери уюштурулган. Алар ж. б. ушул сыяктуу башка ишканалар негизинен Кыргыз өө. ж. кооперация советинин, Кыргыз ССР жерг. өө. ж. эл комиссариатынын ж-а Инвалиддер кооперация советинин системасына караган. Ремонт жасоочу ж. б. мастерскойлордун ар кайсы кыш-да жайгашып, ар түрдүү ведомство, уюмдардын карамагында болушу калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө системасынын өсүп-өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. Иш эски ыкмалар б-ча жүргүзүлүп, сапаты начар болгон. Аткарылуучу иштин прейскураттары (наркы) ж-а нормасы илимий жактан негизделген эмес. Эски буюмду ремонттогондон көрө, жаңысын сатып алуу арзанга турган (мис., вена отургучу 15—18 сомго ремонттолгон, жаңысы деле ошончо турган). 1938-ж. Ош обл-нда жамалган бут кийимдердин калктын ар бир кишисине эсептелгендеги көрсөткүчү 0,17 жупту түзгөн.

Ош турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын прокат пункту.



Улуу Ата Мек. согуш жылдарында турмуш-тиричилик ишканалары өз ишин согуш мезгилинин талабына ылайык кайра курган. Жабдуулардын бир бөлүгү фронт үчүн продукция чыгаруучу өө. ж. ишканаларына берилген.

Согуштан кийинки мезгилде Ош обл-нда 9 артель болуп, аларда 60—130 адам иштеген. 50-жылдардын 1-жарымында турмуш-тиричилик жактан тейлөө ылдам өнүгө баштайт. Бул мезгилде инвалиддердин кооперациялык артелдери жеке кол өнөрчүлүк кооперация системасына берилип, Ош ш-нда өө. ж. комбинаттары уюштурулган. Калган артелдер мамл. өө. ж. ишканаларын уюштурганга база болгон. Шаарлар м-н р-ндук борборлордо цех, мастерской, ателье ачыла баштаган. Шаардагыга караганда айыл-кыштакта турмуш-тиричилик жактан тейлөө алда канча артта калган. 1960-ж. айыл-кыштакта

турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү шаардагыдан 6,5 эсе аз болгон. 1962-жылдын башында 1959-жылга салыштырганда турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү мастерскойлор м-н комбинаттардын саны 2 эсе, ал эми аткарылган иштин көлөмү 1,5 эсе көбөйгөн. Ош ш-нда кийим тазалоо ж-а боёо цехи, обл-тын аймагында курулуш тетиктерин даярдоочу 4, металл буюмдарын жасоочу 7 мастерской, 25 чач тарач, 11 сүрөткө тартуучу жай ж. б. болгон. 1966-ж. жеке кол өнөрчүлөр кооперациясынын жоюлушуна байланыштуу анын обл. ө. ж. советинин турмуш-тиричилик мастерскойлору жерг. ө. ж. мин-восунун системасына кошулган. 60-жылдарда калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө кызматын жакшыртуу б-ча бир катар чаралар көрүлгөн. Кыргыз ССР Министрлер Советине карштуу Калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө б-ча башкы башкарма (анын карамагына мурда Кыргыз ССР Эл чарба советинин системасында болгон ишканалардын көпчүлүгү берилген), Соода ж-а коммуналык чарба мин-восу уюштурулган; Ош обл. аткомунда калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө бөлүмү түзүлгөн. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө системасын өркүндөтүү м-н катар анын ишканаларынын материалдык базасы чыңдалган, тейлөө чөйрөсү кеңейген. 1965-ж. калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн көлөмү обл. б-ча 1960-жылга салыштырганда 2 эсе өсүп, 3 млн 450 миң сомго жеткен, а. и. айыл-кыштактагы тейлөө 1960-ж. 201,2 миң сомду, 1965-ж. 634 миң сомду түзгөн.

1965-ж. обл-та 733 турмуш-тиричилик ишканасы ж-а пункт болуп, алар калкка 159 түрдүү кызмат көрсөтүшкөн. 1966—70-ж. тейлөө кызматынын көлөмү 2,4 эсе, ал эми айыл-кыштактардагы тейлөөнүкү 4 эсе өскөн. Бул көрсеткүчтүн 50%тен ашыгы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун эсебинен камсыз болгон. Бул жылдары обл-та 300дөн ашык турмуш-тиричилик үйлөрү, ателье, мастерскойлор, кабыл алуу пункттары жаңыдан ачылган. 1971-жылдын башында 1091 турмуш-тиричилик ишканасы иштеген. Калкка 328 түрдүү, а. и. айыл-кыштакта 236 түрдүү кызмат көрсөтүлгөн. Тейлөөнүн өлчөмү калктын ар бир кишисине эсептегенде 6 сом 68 тыйынды, айыл жеринде 3 сом 05 тыйынды түзгөн. Ташкөмүр ш-нда, Пулгөн кыш-нда, Хайдаркен, Кочкор-Ата ш. т. п-ларында, Ленин-Жол, Эски-Ноокат, Араван, Исфана, Баткен, Гүлчө, Караван, Сузак кыш-нда турмуш-тиричилик комбинаттарынын өндүрүштүк типтүү имараттары, Жалал-Абад ш-нда химиялык жол м-н кийим тазалоо ф-касы курулган. Ала-Бука р-нунда турмуш-тиричилик комбинаты ачылган. Оштогу турмуш-тиричилик комбинатынан адистештирилген кийим тазалоо ж-а боёо ф-касы, турмуш-тиричилик комбинаты, «Тиричиликтехникаремонттоо» з-ду ж. б. бөлүнүп чыккан. Жаңы технологиялык жабдуулардын 965 бирдиги орнотулган. 9-беш жылдыкта турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармагына 3,5 млн сом капиталдык салым жумшалган. Типтүү 6 турмуш-тиричилик комбинаты курулуп ишке киргизилген, 2000ден ашуун жаңы технологиялык, энергетикалык ж. б. жабдуулардын бирдиги орнотулган. Тейлөө кызматынын көлөмү дээрлик 2 эсе, ал эми айыл жеринде 2,8 эсе өскөн. Беш жылдыктын ичинде тейлөөнүн жаңы 99 түрү (бардыгы 427) өндүрүшкө киргизилген. Массалык кесиптеги 3,8 миң жумушчу даярдалган. Областтагы турмуш-тиричилик ишканаларында иштегендердин саны 7 миңге жеткен. 10-беш жылдыкта Кара-Суу ш-нда, Октябрь кыш-нда турмуш-тиричилик комбинаттары, Сузак р-нунда бут кийим цехи, Лейлек р-нундагы Интернационал кыш-нда, Ош ш-нын «Түштүк-Чыгыш» микрорайонунда турмуш-тиричилик павильондору, Текстилчилер шаарчасында «Бермет» ательеси, Көк-Жаңгак ш-нда турмуш-тиричилик комбинаты, Ош ш-нда 240 жумушчу иштеген турмуш-тиричилик үйү ж. б. курулган. Жалал-Абад «Тиричиликтехникаремонттоо» з-ду, Ошто «Өтүкчү», «Жекече буйрутма боюнча кийим тигүү», «Тиричилик мебель» ф-калары ж. б. түзүлгөн. 10-беш жылдыкта турмуш-тиричилик кызматтарынын көлөмү 101,7 млн сомду түзүп, 9-беш жылдыкка салыштырганда 24,6 млн сомго көбөйгөн. 6 млн сомдук капиталдык салым өздөштүрүлгөн. Турмуш-тиричилик ишканаларынын саны 424кө көбөйгөн, тейлөө кызматтарынын саны дээрлик 1,5 эсе өскөн. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө айыл-кыштактарда тез темп м-н өнүккөн. Тейлөө кызматтарынын көлөмү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун, жаңы техниканы пайдалануунун, тейлөөнүн жаңы түрлөрү м-н формаларын киргизүүнүн эсебинен көбөйгөн. Турмуш-тиричилик ишканаларын адистештирүү улантылган. 1984-ж. Оштогу турмуш-тиричилик комбинаты м-н Кара-Суу р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын фотоцехтеринин базасында Ош фотокомбинаты, ал эми 1985-ж. бут кийим, тор кийим оңдоо ф-касы уюштурулган.

1985-ж. Ош обл. аткомунун калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө башкармасына 15 р-ндун турмуш-тиричилик ишканалары караган. Алардын ичинде кийим тигүүчү, тор кийим согуучу адистештирилген 52 ателье (25и шаарларда, 27си р-ндун борборлорунда ж-а к-з, с-здордо), кийим, тор кийим, баш кийим тигүүчү 160 мастерской, обл. «Облтазалоо» өндүрүш бирикмеси, «Өтүкчү» ф-касы, 375 чач тарач, кир жуучу жайлар, 27 прокат пункту, 2 «Тиричиликтехникаремонттоо» з-ду, 26 үн жазуу пункту ж-а студиясы (анын 10у шаарларда, 16сы р-ндун, к-з м-н с-здордун борб. чарбактарында) ж. б. ишканалар, туруктуу ж-а көчмө кабыл алуу пункттары бар. 1986-ж. обл-тын калкына 500дөн ашык түрдүү турмуш-тиричилик кызматтары көрсөтүлгөн.

М. Абдурахимов, Э. Дүйсенов

СООДА ЖАНА КООМДУК ТАМАКТАНУУ

Ош ш. — илгертеден эле Орто Азиядагы соода борборлорунун бири. Кашкар, Индия ж-а Кытайга баруучу соода-кербен жолдору ушул жерден кошулган. Азыркы Ош обл-нын аймагында өткөн замандарда соода-акча мамилелери өнүккөн. Буга археологиялык казууларда табылган байыркы тыйындар күбө болот (к. *Тыйын кенчтери*). Айрыкча базар соодасы мыкты өнүккөн. Ош, Өзгөн, Жалал-Абад, Кара-Суу ж. б. жерлердеги базарларда а. ч. продукциялары, Чыгыштын чебер кол өнөрчүлөрү, зергер, уздары жасаган буюмдар соодаланып турган. 19-кылымдын аягы —20-кылымдын башында россиялык ж-а чет өлкөлүк соода-өнөр жай компанияларынын дүкөндөрү, соода конторалары, сатып алуу пункттары пайда боло баштайт. 1917-ж. Түркстан крайынын керек-жарак коомдор союзунун курамында Ош керек-жарак коому түзүлгөн (пайдык капиталы 8231 сом болгон).

Совет бийлиги орноп, соода ишканалары, банктар, кредит мекемелери коомдоштурулгандан кийин сооданын мүнөзү да кескин өзгөрдү, мамл. алгачкы ишканалар түзүлдү. Азыр обл-та соода ж-а коомдук тамактануу обл. 2 ири уюмга — Областтык керек-жарак союзу м-н Областтык аткомдун соода башкармасына карайт. Областтык керек-жарак союзу айыл калкынын дээрлик баарын тейлейт, анын жылдык орт. товар жүгүртүүсү обл-тагы товар жүгүртүүнүн 65,2%ин түзөт (1985). Соода башкармасы обл-тагы бардык шаарларды ж-а Кочкор-Ата ш. т. п-н тейлейт. Областтык керек-жарак союзунун ишканалары (калктан а. ч. азыктарын сатып алуу м-н) ж-а агрардык ө. ж. бирикмелери (жылдык товар жүгүртүүсү 6 млн сомдой) обл-тын калкын жашылча-жемиш продукциялары м-н камсыз кылат. Булардан тышкары, ө. ж. мин-волорунун карамагындагы жумушчуларды тамак-аш ж-а ө. ж. товарлары м-н камсыз кылуу бөлүмдөрү да соода ж-а коомдук тамактануу жагында иш жүргүзөт. Алардын эң



Араван р-нундагы соода комплекси.



Ак-Буура суусунун боюндагы чайкана. Ош.

ирилери: түстүү металлургия ишканаларынын жумушчуларын тейлөөчү Кадамжай, Фрунзе, Найман бөлүмдөрү.

Түш. Кырг-нда айыл калкы басымдуулук кылгандыктан керек-жарак кооперациясынын айылдагы товар жүгүртүүсү шаарга салыштырганда тез өскөн. Бул көрсөткүч 1925-жылдан 1934-ж. чейин 41 эсе, ал эми 1922-жылдан 1982-ж. чейин 23,5 миң эсе өсүп, 493,5 млн сомду түзгөн; чекене соода тармагы 59 эсе көбөйүп, соода ишканаларынын саны 1871ге жеткен. 1984-ж. обл. керек-жарак союзу, 1945 соода ишканасы болгон. Анын 1343ү дүкөн (соода аянты 132534 $м^2$, жылдык товар жүгүртүүсү 500,5 млн сомдон ашык), 756сы коомдук тамактануу ишканалары (30,5 миң орундуу, жылдык товар жүгүртүүсү 28,4 млн сом). Областтык керек-жарак союзунда 2 экспедиция, 1 соодалоочу-сатып алуучу, 2 сырьёлук, 7 дүң соода базалары, пиво з-ду, чарбалык эсептеги 4 нан з-ду, эл керектөө товарларын чыгаруучу комбинат, курулуш башкармасына караштуу монтаж-реклама комбинаты ж. б. бар. Көптөгөн чоң кыш-тарда (Ленин-Жол, Эски-Ноокат ж. б.) обл. керек-жарак союзунун соода комплекстери курулган, алар бардык зарыл товарларды сатуучу дүкөндөрдү камтыйт. Областтык аткомдун Соода башкармасына шаарлар м-н жумушчу посёлкаларындагы 10 соода мекемеси карайт, а. и. Ош ж-а Жалал-Абад ш-ндагы адистештирилген коомдук тамактануу тресттери, Оштогу адистештирилген «Шаардык өнөр жай соода», «Шаардык тамак-аш соода» мекемелери, 68 товар склады, 8 жашылча сактагыч, 8 муздаткыч бар. Мамл. чекене соода ишкана тармагы 529 дүкөндөн (жалпы аянты 52,2 миң $м^2$), 200 майда дүкөнчөдөн, 30,3 миң орундуу 500 коомдук тамактануу ишканасынан турат. Чала фабрикат ж-а даяр тамак-аш сатуучу 20 дүкөн иштейт. Азык-түлүк 299 дүкөндөн сатылат, а. и. 4 универсам, алдын ала буйрутма б-ча товар сатуучу 36 дүкөн, 13 адистештирилген нан-кондитер дүкөнү бар. Ө. ж. товарлары 222 дүкөндө сатылат, анын 150сү адистештирилген. Ө. ж. товарын сатуучу эң чоң дүкөн — «Ош» универсал дүкөнүнүн жылдык товар жүгүртүүсү 7 млн сомдон ашат. Областтык соода башкармасынын системасындагы бардык ишканалардын жылдык товар жүгүртүүсү орто эсеп м-н 350 млн сомго жетет.

1984-ж. обл-та 4712 чекене соода ж-а коомдук тамактануу ишканалары иштеп, алардын жылдык орт. товар жүгүртүүсү 924 млн сомго жеткен. Азык-түлүк сатуучу 661, китеп, комиссиялык, чарбалык, спорттук товарларды сатуучу 93 дүкөн болгон. 1344 дүкөн өзүн-өзү тейлөө ыкмасы б-ча иштейт. Эмгекти башкарууну илимий уюштуруу ж-а ынгайлаштыруу б-ча борб. ин-ттун Кыргыз филиалынын Оштогу борбору (бөлүмү) дүкөндөрдө рекламаны, соода жабдууларын туура пайдалануу га, сооданын технологиясын дайыма өркүндөтүп турууга көмөк берет. Көптөгөн дүкөндөр «Центрсоюздолбоор» ин-ту түзгөн типтүү долбоор б-ча курулган. Бул долбоорду ушул ин-ттун Фрунзедеги филиалы жерг. шартка ылайыкташтырган. Шаарлар м-н жумушчу посёлкаларында жашагандарды дыйканчылык ж-а мал чарба азыктары м-н камсыз кылууда к-з базарлары чоң роль ойнойт. 1985-ж. обл-та 20 филиалы бар 21 к-з базары (12 миң соода орундуу, жалпы аянты 560 $м^2$) иштеген. Базарлар аркылуу 31 миң тдан ашык а. ч. продукциясы сатылат (1985). Анын акчалай өлчөмү 24 млн сомчо болот. Областта бардык товардын сатылышы калктын бир адамына алганда 1975-ж. 452 сомду түзсө, 1983-ж. 579 сомду түзгөн, б. а. 28,1%ке өскөн, ал эми азык-түлүк сатуу 221 сомдон 268 сомго, башка азык-түлүк эмес товарларды сатуу 231ден 311 сомго көбөйгөн.

1985-ж. Ош обл-нын товар жүгүртүүсү респ-дагы жалпы товар жүгүртүүнүн 31,9%ин, ал эми обл-тын коомдук тамактануу ишканаларындагы товар жүгүртүү ошол тармак б-ча респ-дагы товар жүгүртүүнүн 31,6%ин түзгөн. Соода тармагында обл. б-ча 24 миңдей адам иштейт, анын 6,7 миңден көбү жог. ж-а атайын орто билимдүү (1985).

Л. И. *Полищук*, Р. *Сабыров*

Сооданын ж-а коомдук тамактануунун өсүү динамикасы

	1940	1965	1975	1980	1983
Мамл. ж-а кооперациялык соодадагы чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү, млн сом м-н	33,9	262,6	606,0	805,4	940,9
Мамл. ж-а кооперациялык чекене соода тармактарындагы чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү, млн сом м-н	28,7	231,1	539,5	722,9	848,0
Мамл. ж-а кооперациялык соодадагы, коомдук тамактануудa чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү, млн сом м-н	5,2	25,3	53,5	68,1	76,0
Керек-жарак кооперациясынын соода ишканаларында а. ч. азыктарын сатуу б-ча товар жүгүртүүсү, млн сом м-н	—	6,2	13,0	14,4	16,9
Мамл. ж-а кооперациялык соодада калктын ар бир кишисине чекене баа б-ча товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү сом м-н	53	266	452	536	579
Чекене соода ишканаларынын саны (жыл аягында)	1023	2372	3092	3188	3282
Коомдук тамактануу ишканаларынын саны (жыл аягында)	216	660	1160	1332	1430

Ош ш-ның базары.



ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ

Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин Түш. Кырг-нда мусулман диний мекемелери басымдуулук кылган. Динчилердин таасири күчтүү болгон аймактардын бири — Ош уездинде 1897-ж. 176 мектепте 2655 окуучу окуган; сабаттуу адамдар калктын 1,9%ин түзгөн. Булардын көпчүлүгү Россиядан көчүп келгендер болгон.

Азыркы Ош обл-нын аймагында диний эмес алгачкы мектептер 19-к-дын 70-жылдарынын аягында пайда болгон (бул Кырг-ндын Россияга кошулушунун натыйжасы болуп эсептелет). 1878-ж. күзүндө Ош ш-нда 2 класстуу приходдук окуу жайлар эркек балдар ж-а кыздар үчүн өз-өзүнчө ачылган. Кийин 1885-ж. алар 1 класстуу окуу жайга бириктирилип, анда эркек балдар м-н кыздар аралаш окуган. Бирок мына ушул жарыбаган билимге да жерг. бай-манаптар м-н артыкчылык берилген шаардык орустардын балдары гана жете алган. 1886-ж. гана Ош ш-нын жерг. калк жашаган бөлүгүндө орус эмес балдар үчүн орус-тузем мектеби ачылган. Аны бүтүргөндөр көчүрүп жазгыч, тилмеч, ири соода мекемелеринде майда кызматкер болуп иштешкен. Орус-тузем мектептеринде окутуу башка мектептерге караганда жакшыраак болгон, бул анда иштеп жерг. элге билим берүүгө жан-дили м-н умтулган мугалимдердин аракетинин натыйжасы эле.

19-к-дын аягы —20-к-дын башында ири өзбек ж-а кыргыз кыш-нда бир катар айылдык ж-а орус-тузем мектептери ачылган. Мис., 1915-ж. Наманган уездиндеги башталгыч окуу жайларда 45 кыргыз окуган. Ош, Кызыл-Кыя ж. б. жерлерден бир нече адам Шемаха ш-ндагы мектептерде азербайжан агартуучуларынан билим алышкан. Түркстан крайынын окуу жайлар Башкы башкармасына (Ташкен ш.) караган бардык окуу жайларда падышачылыктын элге каршы саясаты жүргүзүлгөн, бирок мугалимдердин прогрессчил бөлүгүнүн күчү, аракети м-н мектептер жерг. калктын ичинде

ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ



Кызыл-Кыя ш-ндагы бала бакча.

сабаттуулардын көбөйүшүнө, эң жөнөкөй илим-билимдин, орус тилинин тарашына шарт түзгөн. 1884-ж. Орустузем окуу жайында шаарда жашаган орус эмес улуттагы чоң кишилер үчүн орус тилин үйрөтүүчү кечки курс ачылган.

Октябрь рев-ясынан кийин элге билим берүүнүн жаңы, социалисттик системасын түзүү иши башталган. 1918-ж. 20-майда Ош ш-нда элге билим берүү совети уюштурулган; августта 95 орундуу бала бакча ачылган. 1918-ж. Ош уездинде 13 мектеп болуп, аларда 939 бала окуган. 1920-ж. Түркстан АССРинде кесиптик билим берүү к-ти уюшулуп, ал 1921-ж. Кызыл-Кыя м-н Сүлүктү көмүр кендеринде курстарды (окуу мөөнөтү 4 жумадан 8 айга чейин) ачат. 1923-ж. Кызыл-Кыяда 40 окуучулук фабрика-завод шакирттик мектеби ачылып, анда жерг. улуттагы окуучулардын өзүнчө окуу тобу болгон. Практикалык иштер үчүн слесардык-механикалык устакана ачылган. 1927-ж. обл-тын аймагында 233 мугалим иштеген 142 жалпы билим берүүчү мектеп болуп, анда 8426 окуучу окуган. 1932-ж. Ош ш-нда а. ч. техникуму *(Ош совхоз-техникуму)*,1936-ж.пилла түрүү ф-касы үчүн жумушчуларды даярдоочу ФЗО (фабрика-заводдо окутуу) мектеби (азыркы № 11 СПТУ) ачылган. Согушка чейинки беш жылдыктардын мезгилинде жалпыга башталгыч билим берүү аяктап, жалпыга милдеттүү жети жылдык билим берүү башталган. 1940-ж. обл-тагы 880 мектепте 144 миң бала окуган; 6 атайын орто окуу жайы, мугалимдер ин-ту (1939-ж. ачылган; *Ош мамлекеттик педагогика институту*) иштеген.

Кара-Суу р-нунун 3-Интернационал атн. орто мектебиндеги чет тил сабагы.



Согуштан кийинки жылдары обл-тын социалдык-экон. структурасына, эл чарбасы м-н маданий өнүгүүнүн талабына ылайык элге билим берүү мекемелеринин бардык түрү өнүктүрүлдү. 50-жылдарда 7 жылдык, 60-жылдардын ортосунда 8 жылдык билим берүү ишке ашырылды. 1975-ж. жалпыга милдеттүү орто билим берүүгө өтүү аяктады, 1984-жылдан мектеп реформасы жүргүзүлүүдө. 1986-ж. обл-та мектепке чейинки балдар мекемелеринин, жалпы билим берүүчү мектептердин, атайын орто окуу жайларынын, кесиптик-тех. билим берүү мекемелеринин кеңири тармактары иштеген.

Мектепке чейинки тарбия. 1986-жылдын башында обл. б-ча бардык ведомстволорго караштуу 565 мектепке чейинки балдар мекемеси (бала бакчалар ж-а яслилер) иштеп, 69,9 миңден ашык бала тарбияланган. Бардык шаарларда, айыл советтеринин борборлорунда, чоң кыш-да бала бакчалар, яслилер бар (к. *Мектепке чейинки балдар мекемелери*).

Жалпы билим берүүчү мектептер. 1986—87-окуу жылында обл-та 427 миң окуучу окуган 866 мектеп иштеп, аларда 32 миңден ашуун мугалим эмгектенген. 601 орто, 159 сегиз жылдык, 93 башталгыч, 6 майып (дудук, сокур ж. б.) балдар мектеби болгон. Кечки 17, сырттан окуучу 19 мектепте 16 миң адам окуган (к. *Жалпы орто билим берүүчү мектептер*). Мектептен тышкары балдар мекемелеринен 25 пионерлер жана мектеп окуучулар үйү, 35 спорттук мектеп, жаш техниктер м-н жаш натуралисттердин 10 станциясы иштеген, алардагы 181 ийримге 2,6 миңден ашык мектеп окуучусу активдүү катышкан (1985).

Кесиптик-тех. билим берүү. 1985-ж. 42 кесиптик-тех. окуу жай иштеп (анын 41и орто билимди кошо берүүчү кесиптик-тех. окуу жай,



Ош педагогика ин-тунун лингафон кабинети.

1 атайын адистик гана берүүчү окуу жай болгон), аларда 25,5 миңден ашык адам окуган. Окуу жайлар эл чарбасынын 21 тармагы үчүн 110 адистик б-ча кадрларды даярдайт (к. *Кесиптик-техникалык окуу жайлар*).

Атайын орто билим берүү. 1985-ж. 16 атайын орто окуу жайы (техникумдар, ар кандай окуу жайлар ж. б.) болгон. Аларда эл чарбасы, саламаттык сактоо, эл агартуу ж-а маданий мекемелер үчүн орто квалификациялуу адистер даярдалат. Кызыл-Кыя тоо-кен техникуму, Ош совхозтехникуму, Жалал-Абад педагогика окуу жайы, Жалал-Абад медицина окуу жайы, зооветеринария техникуму обл-тагы алгачкы атайын орто окуу жайларынан.

Жог. билим берүү. Мугалимдер ин-тунун (1939) базасында түзүлгөн (1951) Ош мамл. педагогика институту ж-а Фрунзе политехника ин-тунун Оштогу кечки факультети иштейт. Алардын күндүзгү, кечки ж-а сырттан окуу бөлүмдөрүндө 1985—86-окуу жылында 6970тен ашык адам окуган. Окуу-тарбия ж-а илимий изилдөө иштерин 46 кафедра, 455 окутуучу жүргүзгөн, а. и. 3 профессор ж-а илимдин доктору, 157 доцент ж-а илимдин кандидаттары бар.

Областтагы элге билим берүү ишинин өнүгүшүнө төмөндөгүлөр чоң салым кошкон: Ф. Касымбеков, Б. Султанов, О. Солтобаев, М. И. Бобух, Т. Ходжаева, Г. Ибраимова, Т. Саткыналиев, М. Сагындыков, У. Юлдашев, В. Ф. Трунов ж. б.

В. Я. Галицкий, Н. И. Карпов

ИЛИМИЙ МЕКЕМЕЛЕР

19-к-дын 4-чейреги —20-к-дын башында алгачкы илимий-практикалык мекемелер — метео ж-а сейсмстанциялары пайда болгон. Биринчилерден болуп метеостанциялар Гүлчөдө (убактылуу, 1878-ж. Памир-Фергана экспедициясы мезгилинде Н. А. Северцов түзгөн; 1881—82-ж. байкоо жүргүзүлгөн), Ошто (1882—1916-ж. байкоолор үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн) ж-а Эркечтамда (1889—1917) уюшулган. Метеостанциялар Ташкен обсерваториясына караган. Анжияндагы катуу жер титирөөдөн кийин И. Ь. Мушкетов м-н Ф. Н. Чернышёвдун демилгеси б-ча Ош ш-нда, Түркстандын башка айрым жерлеринде сейсмстанциялары түзүлгөн. 1913—17-ж. орус адистеринин катышуусу м-н Кырг-ндын түштүгүндө (Ош, Базар-Коргон, Араван ж. б.) колуктарга агрономиялык ж-а зооветеринариялык жардам көрсөтүүчү, о. эле убактылуу пайдалануу үчүн а. ч. машиналарын берүүчү пункттар түзүлгөн. Жалал-Абаддагы пахтачылык тажрыйба плантациясында дан ж-а тех. өсүмдүктөрдү сыноо жүргүзүлгөн.

Совет бийлигинин жылдарында облта бир катар илимий изилдөө мекемелери ж-а уюмдары пайда болду. Алгачкы беш жылдыктардын мезгилинде Ак-Буура, Араван, Кара-Дарыя, Куршаб сугат системалары, о. эле Кызыл-Кыя, Сүлүктү ж. б. шахталар кайра курула баштаган. Ушул эле жылдары геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Сурьма, сымап, нефть, газ ж. б. кендердин запастары табылган. 1933—35-ж. Жар-Көтөн м-н Майлы-Сайдагы нефть кендери өздөштүрүлгөн. 1937-ж. Чаңгыр-Таш нефть промысели ишке киргизилген. 1935-ж. «Гидродолбоор» ин-тунун Орто Азия бөлүмү Түш. Кыргндагы суу-энергетика ресурстарын пайдалануунун схемасын түзгөн.

1951-ж. Ош мамл. педагогика институтун ачылышы м-н илимий изилдөө иштери пландуу жүргүзүлө баштаган. 1951-ж. ин-тта 31 мугалим, а. и. 5 илимдин кандидаты болгон. 1985-ж. ин-ттагы 41 кафедрада 411 мугалим иштеген, алардын 126сы илимий даражага ээ (илимдин доктору—3). Институтта люминесценция, дифференциялык теңдемелер, органикалык эмес синтез, өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, СССРде социалисттик улуттар м-н улуттук мамилелердин ка-



«Алай» р-нундагы «Сары-Могол» с-зунда койдун жүнүн текшерүү.

лыптанышы ж-а өнүгүшү, айыл-кыштактын социалдык-экон. ж-а маданий өнүгүшү, тил системаларынын типологиясы, педагогикалык жогорку окуу жайларда мугалимдерди даярдоонун натыйжалуулугун психологиялык ж-а педагогикалык негиздөө, математика сабагын жалпы билим берүүчү орто мектепте окутууда окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өстүрүү ж-а тарбиялоо ж. б. б-ча изилдөө институтунун зыянкечтери менен илдеттери жана аларга каршы күрөшүүнүн комплексүү ыкмаларын иштеп чыгуу» темасында чарбалык келишим б-ча изилдөө иштери жүргүзүлүүдө.

1963-жылдан Ош ш-нда Фрунзе политехника ин-тунун кечки факультети иштейт. Анда да илимий-теориялык ж-а илимий-колдонмо изилдөөлөр жүргүзүлөт. Кечки факультетте 44 мугалим бар, а. и. 23ү илимдин кандидаты. Чарбалык эсептеги илимий изилдөө сектору бар. Чарбалык келишим б-ча илимий изилдөө иштеринин нег. багыттары: курама темир-бетон жасалмаларын даярдоодо эмгекти ж-а материалдарды үнөмдөөнүн резервдерин аныктоо, ал конструкциялардын сапатын ж-а бекемдигин арттыруу, күйүүчү ж-а майлоочу материалдарды үнөмдөө, транспорттун ишин уюштуруу ж. б.

Кыргызстан пахтачылык тажрыйба станциясы — обл-тагы эксперименттик алгачкы чарба. Анда пахтачылык м-н катар эле кайрак жердеги дыйканчылык, тоют даярдоо, багбанчылык, бакчачылык, жүзүмчүлүк, о. эле жибек куртун асыроо б-ча да илимий изилдөө иштери жүргүзүлөт. Бул станцияда пахтанын жаңы 3 сорту чыгарылган. Пахтачылык жагында кыртышты ишетүүнүн технологиясы, Түш. Кыргндын зоналык өзгөчөлүктөрүн эске алуу м-н (беде себилген аянтты эки катар айдоо) чигит себүүнүн мөөнөтү ж-а нормасы иштелип чыгып өндүрүшкө киргизилген, чигитти илдеттен арылтуунун ыкмалары сунуш кылынган. Топуракты тибине ж-а климаттык шартка жараша пахтанын ар кайсы сорторун сугаруунун режими иштелип чыккан, жөөк б-ча сугаруунун ыкмалары жакшыртылган. «Катта-Талдык» мал чарба станциясында (1977) кыргыз уяң жүндүү кой тукумун жакшыртуу, ал эми «Кызыл-Октябрь» чарбасында уйдун ала-тоо тукумун асыроо б-ча илимий иштер жүргүзүлөт. Кашка-Суу тажрыйба станциясынын (Алай р-ну) илимий кызматкерлеринин түздөн-түз катышуусу м-н койдун алай тукуму чыгарылган.

Бүткүл союздук «Тамеки» илимий-өндүрүш бирикмесинин зоналык тажрыйба станциясындагы илимий иштер тамекинин жог. түшүмдүү, механикалаштырылган ыкма м-н эгүүгө, жыйноого жарамдуу, нег. илдеттерге туруктуу, уу заттары азыраак, жыттуу сорторун чыгарууга багытталган. Станцияда тамекинин эрте бышуучу ж-а жог. түшүмдүү «Ичке жалбырактуу Өзгөн 60», «Өзгөн дюбеги 8» ж. б. сорттору чыгарылган.

Илимий иштер *Сары-Челек биосфера коругунда* да жүргүзүлөт. Ал сейрек учуроочу жаңгак-жемиш ж-а

Жалал-Абад момо-жаңгак тажрыйба станциясында мистенин жылдык өсүшүн аныктоо.



ийне жалбыректуу токой зонасындагы табигый комплексти сактап калуу, аны чарбалык максатта пайдалануу үчүн башка аймактар м-н салыштырып изилдөө максатында уюштурулган. Коруктагы флора ж-а фунаны изилдөө б-ча бир катар иштер аткарылган. Илимий кызматкерлер 28 тема б-ча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшөт. Токой зыянкечтерине каршы күрөшүүнүн ыкмаларын изилдөөгө көп көңүл бурулган. Коруктагы өсүмдүктөрдүн түрлөрү ж-а типтери, о. эле сүт эмүүчүлөр м-н куштардын түрү, саны, таралуусу аныкталган. Жаңгак ж-а жемиш даректарын өстүрүү, аларды көчүрүп тигүү ыкмалары изилденет. 1985-ж. чейин мында илимдин кандидаттыгына 5 диссертация жактаган, илимий эмгектердин 4 жыйнагы чыгарылган; «Табият жыл баяны» жүргүзүлөт, газета-журналдарга 100дөн ашык макала жарыяланган.

1969-жылдан обл-тагы Бүткүл союздук көмүр ө. ж. илимий изилдөө ин-тунун Орто Азия бөлүмүнүн өзгөчө тобу иштейт. Бул топтун нег. илимий изилдөө багыттары: көмүр казуу ж-а ташуу комплекстүү механикалаштыруунун технологиясын, каражаттарын ж-а ыкмаларын жаңылоо ж-а өркүндөтүү; көмүр кендерин өздөштүрүүнүн, иштетүүнүн системаларын жаңылоо ж-а өркүндөтүү, жабдуулар м-н машиналардын жаңы түрлөрүн сыноо ж. б.

1982-ж. Кыргыз ССР мамл. агрардык өнөр жай к-тинин экономика илимий изилдөө ин-тунун Ош бөлүмү уюшулган. Анда ички чарбалык эсепти ж-а коллективдүү көтөрүп иштөөнү өндүрүшкө киргизүү б-ча илимий иштер жүргүзүлөт. Түш. Кырг-н токой-жемиш илимий-өндүрүш бирикмесинде жаңгак-жемиш токойлорун калыбына келтирүүнүн ж-а анын түшүмдүүлүгүн арттыруунун илимий негизделген ыкмаларын иштеп чыгуу б-ча изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Д. дең. 760—2500 *м* бийиктиктеги зоналарда токой өсүмдүктөрүн изилдөөчү 6 таяныч пункту бар. «Кыргыз ССРинин жаңгак-жемиш даректарын өстүрүү боюнча колдонмо», «Жаңгак даректарын бутоо боюнча убактылуу колдонмо», «Кыргыз ССРиндеги жаңгак жана жемиш даректарын өстүрүү боюнча убактылуу сунуштар» ж. б-ды иштеп чыккан. Көбөйтүү үчүн жаңгактын мыкты 260 түрү тандалып алынган, а. и. эрте бышуучу 20 түрү «Кара-Алма» токой чарбасында, Киров, Өзгөн ж-а Гава тажрыйба-көрсөтмө токойчулуктарында миңден ашуун гектар аянтта өстүрүлүп жатат. Ленин токой чарбасында мистенин мыкты 36 түрү тандалып алынган. Жаңгактын 8 түрү мамл. сорт сыноосунан өтүп, ө. ж-лык плантацияда өстүрүү үчүн колдонула баштады.

Медициналык ири мекемелерде, о. эле респ. ж-а бүткүл союздук илимий изилдөө ж-а долбоорлоо ин-ттарынын обл-тагы бөлүм, филиалдарында илимий иштер жүргүзүлүүдө, *гидрометеорология жана айлана чөйрөнү контролдоо мекемелери*, метеостанциялар, сейсмстанциялар ж. б. иштейт. 1986-ж. 1-январда Ош обл-нда илимдин 3 доктору ж-а 170тен ашык кандидаты эмгектенген.

В. Я. Галицкий, Е. М. Мухортова

БАСМА СӨЗ, РАДИО ЖАНА ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ

Басма сөз. Улуу Октябрь социалистик рев-ясына чейин азыркы Кыргндын аймагы Түркстан крайынын Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана, Самаркан обл-тарына кирген. Түркстандагы крайлык, обл. бийликтердин басма сөз органдары азыркы Ош обл-нын аймагына таралган. Алар: «Туркестанский курьер», «Туркестанские ведомости», «Ферганские областные ведомости» газеталары ж. б. Борб. Россиядан да китеп, газеталар келип турган. Түш. Кырг-нда большевиктик идеялардын таралышына лениндик «Правда» газетасы чоң роль ойногон. 1917-ж-дагы февраль рев-ясынан кийин солдат ж-а жумушчу депутаттарынын Түркстан крайлык советинин (1917-ж. сентябрдан Ташкен солдат ж-а жумушчу депутаттар советинин) органы — «Наша газета» орус тилинде чыгарылган. Совет бийлиги үчүн күрөш мезгилинде большевиктик басма сөз үгүт-насыят ж-а уюштуруу б-ча маанилүү иштерди аткарган. Жумушчулар советтери айыл-кыштактарга большевиктик газеталардын жеткирилип турушуна, китепканалар м-н басмаканалардын иш аракетине дайыма камкордук көрүп турган. Орто Азияда Совет бийлиги жеңгенден кийин «Советтик Түркстан» газетасы чыга баштаган. Менчик басмаканалар м-н китеп дүкөндөрү мамлекеттештирилген.

Орто Азиядагы улуттук-мамл. бөлүштүрүүдөн кийин Кыргыз автономия обл-нын түш. аймактарына кыргыз элинин улуттук жазмасынын, басма сөзүнүн ж-а профессионал адабиятынын өнүгүшүнө жол баштаган кыргыз тилиндеги алгачкы газета — «Эркин-Тоо» (1927-ж. августан «Кызыл Кыргызстан», 1956-жылдан «Советтик Кыргызстан») чыга баштаган. Араб алфавитиндеги бул газетанын 1-саны 1924-ж. 7-ноябрда Ташкен ш-нда чыгарылган. 1924-ж. декабрдын аягынан «Эркин-Тоо» газетасы Пишпекте (1926-ж. 12-майдан — Фрунзе) басылган. 1925-ж. 12-мартан орус тилинде «Батрацкая правда» (кийин «Крестьянский путь», 1927-жылдын башынан «Советская Киргизия») газетасы чыга баштаган. 1926-ж. 7-ноябрда жаштардын газетасы — «Ленинчил жаштын» 1-саны жарык көргөн. Ошол эле жылдан ай сайын чыгуучу «Коммунист» журналы (азыр «Кыргызстан коммунисти»— Кыргызстан КП БКнын теориялык ж-а саясий журналы), 1928-жылдан илимий-педагогикалык ж-а адабий журнал — «Жаңы маданият жолунда», кыргыз ж-а орус тилдеринде а. ч. журналы — «Дыйкан» («Дехканин»), 1931-жылдан көркөм адабий журнал — «Чабуул» (1956-жылдан «Ала-Тоо»), 1938-жылдан «Комсомолец Киргизии» газетасы, андан кийин башка респ. газета м-н журналдар чыга баштаган. Албетте, булардын баары тең Түш. Кырг-ндын аймагына таркаган.

Басма сөздүн өнүгүшүндө ВКП(б) БКнын «Жумушчу жана айылдык кабарчылар кыймылы боюнча партиянын кезектеги милдеттери» (1926-ж. 27-август), «Басма сөздө партиялык жетекчиликти жакшыртуу жөнүндө» (1927-ж. 3-октябрь ж. б. токтомдору зор мааниге ээ болгон. Кыргыз АССР БАКтын 1927-ж. 10-ноябрда Жалал-Абад ш-нда өткөн 2-сессиясынан ж-а Кыргыз АССР БАК м-н ЭКСтин жер-суу реформасын жүргүзүү ж-дөгү декретинен кийин түш. аймактар үчүн «Земреформа» газетасы чыгарыла баштаган. Реформа жүргүзүү мезгилинде 500 миң нускада баракчалар, ураандар, газеталар басылып чыккан. 1930-ж. октябрда Ош ш-нда р-ндор аралык «Кызыл пахтачы» газетасы басыла баштады. 30-жылдардын башында Сүлүктү м-н Жалал-Абадда р-ндук, башка калктуу ири пунктарда көп нускалуу газеталар чыга баштаган. 1932-ж. 12-апрелде Ташкен ш-нда «Коммунист» газетасынын 1-саны өзбек тилинде басылып, Араван-Буура, Жалал-Абад, Базар-Коргон ж. б. р-ндорго таралган. Бул газета 10 күндө бир жолу чыккан. 1933-ж. ал 2 беттен туруп, нускасы 7 миңге жеткен. ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун секретариаты 1932-ж. 29-декабрда кабыл алган «Кызыл пахтачы» жана «Коммунист» газеталарынын редакцияларынын иши жөнүндөгү» токтомунда социалисттик курулуштун милдеттерин чечүүдө бул газеталардын чоң роль ойногондугу белгиленген.

1938-ж. Ош округунан Жалал-Абад округу бөлүнүп чыккандан кийин Жалал-Абад ш-нда Кырг-н КП(б)нын Жалал-Абад округдук уюштуруу бюросунун органы «Большевиктик жол» газетасы чыга баштады. Кийинки жылы округдар обл-тарга айландырылгандан кийин Жалал-Абадда обл. 2 газета — «Большевиктик жол» (кыргыз тилинде) ж-а «Большевистский путь» (орус тилинде) чыгарыла баштаган. 1952-ж. алар «Сталиндик жол» ж-а «Сталинский путь», 1956-ж. «Коммунизм туусу» ж-а «Знамя коммунизма» аталган. 1959-ж. Ош ж-а Жалал-Абад обл-тарынын бириктирилишине байланыштуу Жалал-Абад обл. газетасы жабылган.

Ош обл-нда 1938-ж. 13-октябрда өзбек тилинде «Пахта үчүн» (1940—42-ж. ж-а 1960-жылдан «Ленин йули») газетасынын 1-саны (1957—60-ж. өзбек тилинде Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Жог. Советинин ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин органы — «Кыргызстан хакикати» газетасы), 1938-ж. 14-октябрда кыргыз тилинде «Кыргызстан большевиги» (1952-жылдан «Ленин жолу») газетасынын 1-саны, 1938-ж. 7-ноябрда орус тилинде «Ленинский путь» газетасынын 1-саны жарык көргөн. Облсттар бириккенден кийин ушул газеталар партиянын Ош обкомунун ж-а обл. эмгекчи депутаттар (эл депутаттар) советинин органы болуп калды. 30—40-жылдары р-ндук, андан кийин ири ө. ж. ишканалары м-н чарбаларда көп тираждуу газеталар чыга баштаган.

1965-ж. Ош обл. газета басмасы негизделип, ал «Ленин жолу», «Ленинский путь», «Ленин йули» газеталарын чыгарат. 1988-ж. обл. газеталардын жалпы нускасы 153,5 миң болгон. О. эле жалпы 15 р-ндук (нускасы 108,82 миң) ж-а 16 көп тираждуу (32,1



Түштүк телефон-телеграф ретранслятору.

миң) газета чыгарылат. Облсттык, р-ндук ж-а көп тираждуу газеталардын кызматкерлеринин, о. эле жумушчу ж-а айылдык кабарчылардын чыгармачылык иш-аракетин өркүндөтүүнү Кыргызстан журналисттер союзунун Ош обл. бөлүмү жетектейт.

Облсттык газеталар 1929-ж. негизделген Ош обл. басмаканасында басылып чыгат. «Ильич нуру» (Кызыл-Кыя шаардык басмаканасында басылат), «Пахтачы» ж-а «Эмгек жалыны» (бул газеталар Жалал-Абад шаардык басмаканасында басылат) газеталарынан башка р-ндук газеталардын (бардыгы кыргыз тилинде) көпчүлүгү редакциялардын басмакана цехтеринде басылат. Облсттык, Кызыл-Кыя (1931-ж. негизделген) ж-а Жалал-Абад (1930) шаардык басмаканаларынан тышкары Таш-Көмүр ш-нда да басмакана (1937) бар. Басмаканалар жылына орт. 1,1 млн сомдук брошюра, газета, плакат, бланк ж. б. продукцияларды басып чыгарат. Алар Кыргыз ССР Басмамкомунун Ош обл. башкармасына карайт.

Китеп, газеталарды чекене сатуу «Союзпечать» агентствосунун киоскторуу, обл. керек-жарак союзунун ж-а обл. китеп соода уюмдарынын дүкөндөрүү аркылуу жүргүзүлөт. 1984-ж. обл. китеп соода системасында 37 китеп дүкөнү, 1 китепкана коллектору иштеген. Ош ш-нда 12 китеп дүкөнү, а. и. адистештирилген 3 дүкөн бар; алар: «Саясий китептер», «Жазылма китептер», букинисттик дүкөн — «Табылга».

Радио ж-а телекөрсөтүү. 1931-ж. Ош м-н Кызыл-Кыяда алгачкы радио түйүндөрү пайда болуп, обл-ты радиолоштуруу башталган. 1932-ж. Жалал-Абад, Сүлүктү, Базар-Коргон, Караван, Өзгөндө радио түйүндөрү түзүлгөн. Областта ж-а р-ндордо радио уктуруулларды даярдоону, радио уктуруунун кадрларын тандоону 1931-ж. 1-декабрда түзүлгөн Кыргыз респ. радио уктуруу к-ти жүргүзгөн. Ал адегенде респ. Байланыш башкармасына, 1932-ж. майдан Кыргыз АССР БАКына караган. 1932-ж. мартан Араван-Буура р-нунда кыргыз тилинде «Кызыл-пахтачы», өзбек тилинде «Коммунист» радиогазеталары, о. эле Кызыл-Кыяда орус тилинде «Шахтёр» радиогазетасы уктурула баштаган. 1937-ж. Кырг-ндын аймагынын көпчүлүк бөлүгү радиолоштурулуп, бардык калктуу ири пункттарда радио уктуруу түйүндөрү уюштурулган. 1936-жылдын аягында Ош шаардык радио уктуруу тармагынын уз. 10 *км*дей болгон. Ош радиосу 1968-ж. 20-январдан уктуруусун баштаган. Аны Кыргыз ССР телерадио к-тинин Ош обл. башкы редакциясы даярдаган. 1969-ж. чейин радио

Райондук газеталар (1988-ж. 1-январда)

Газеталардын аты	Району	Негизделген жылы	Жумалык саны	Бир санынын орт. нускасы (миң)
«Алга»	Лейлек	1936	3	6,6
«Достук»	Араван	1935	3	7,4
«Жаңы турмуш»	Жаңы-Жол	1936	3	6,8
«Ильич нуру»	Фрунзе	1941	3	5,6
«Колхозчу»	Ноокат	1934	3	10,8
«Коммунизм үчүн»	Совет	1941	3	7
«Күзүрмөн эмгек»	Алай	1933	3	5
«Кызыл Туу»	Баткен	1938	3	5,2
«Ленинчил»	Ленин	1935	3	5,5
«Октябрь туусу»	Өзгөн	1935	3	11
«Пахтачы»	Сузак	1941	3	9,8
«Чаткал оттору»	Чаткал	1983	3	2,5
«Эмгек даңкы»	Ала-Бука	1938	3	5,5
«Эмгек жалыны»	Базар-Коргон	1935	3	4,5
«Эмгек майданы»	Кара-Суу	1938	3	16,2



Ош телестудиясында.

уктуруунун Ош шаардык түйүнү бир программа б-ча иштеген. 1969-жылдан 2, 1972-жылдан 3 программа б-ча иштей баштаган. 1972-ж. радиотелеборбор курулган. Ал Кыргыз радиосунун уктуруулары (1-ж-а 2-программада) ж-а Бүткүл союздук «Маяк» радиостанциясынын уктуруулары м-н Ош обл-ныын бардык аймагын камсыз кылат. 1974-ж. Кыргыз ССР телерадио к-тинин Ош обл. башкы редакциясы Ош облаткомунун телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу к-тине айландырылган. 1984-ж. Ош ш-нда радио уктуруу тармактарынын уз. 44 км.ди түзгөн, 3 программада 29 миң радио точка иштеген. Областтын аймагында 1985-ж. 1-январда 150 радио түйүнү, 202 миң радио точка болгон. Областтын аймагындагы 15 калктуу пункта жашагандар радио уктурууларды 3 программада уга алышат. Ош студиясынын өзүнүн радио уктуруулары суткасына орт. 1 саат, а. и. кыргыз тилинде 0,9 саат, өзбек тилинде 0,1 саат, Москвадан алып уктуруулар 7 саат, Фрунзеден алып уктуруулар 10 сааттый түзөт. 1987-жылдан орус тилинде уктуруулар да жүргүзүлүүдө.

Республикада телекөрсөтүү 1958-ж. башталган. Азыркы Ош обл-ныын аймагында, адегенде Жалал-Абад ж-а анын айланасындагы айыл-кыштактарда жашагандар телекөрсөтүүлөрдү көрө алышкан. Фрунзе — Жалал-Абад радиореле байланышы 1948-ж. түзүлгөн. 1958-ж. Кыргыз радиореле магистралдар башкармасы түзүлүп, ага Ош ш-ндагы радиореле станциясы да кирген. 1969-ж. кубаттуу телестанция курулуп, обл-тын калкынын 30%и Кыргыз телестудиясынын берүүлөрүн көрүүгө ж-а 2 программада радио уктуруларды угууга мүмкүндүк алышкан. 1970-ж. 9-сентябрда Ош телестудиясы өзүнүн алгачкы телекөрсөтүүсүн эфирге чыгарган. 1972-ж. Оштогу радиотелеборбор телекөрсөтүүлөрдү 2 программада (Фрунзе телестудиясы м-н Борб. телестудиянын көрсөтүүлөрүн) бере баштаган. 1985-жылдын башында обл. телестудиянын телекөрсөтүүсү суткалык орто эсеп м-н 0,2 саатты түзгөн (берүүлөрдүн баары кыргыз тилинде). Кеңири белгилүү телекөрсөтүүлөр: «Ыр кесе», «Кытыгы», «Кызыл жоолукчан», «Ак терек, көк терек», «Куудулдар клубу», «Дартка даба дарыгер», «Кырчын» ж. б. 1985-ж. Түш. Кыргындын калкынын 95%и телекөрсөтүүлөрдү көрө алышкан, алардын 30%и — Ош, Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Кара-Суу ш-нда, Хайдаркен ж-а Кызыл-Жар ш. т. п-нда ж. б-да жашагандар 3 программада (респ. ж-а 1—2-бүткүл союздук) телекөрсөтүүлөрдү көрө алышат, обл-тын калкынын 80%тейи 2 программа (респ. ж-а 1-Борб.), 10—15%тейи бир гана респ. программа б-ча телекөрсөтүүлөрдү көрө алышат.

А. Акматов, Ж. Келешбаев

АДАБИЯТ

Ош обл-ндагы кыргыз адабияты бүткүл кыргыз адабияты сыяктуу эле кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынан башат алган. Ага коңшулаш өзбек, тажик элинин рухий маданияты да чоң таасир тийгизген. Кыргындын түштүгүндө көркөм сөз өнөрү түндүктөгү кыргыздардыкынан айырмаланып турат. Түндүктө эпикалык поэзия, баарынан мурда баатырдык дастандар басымдуулук кылса, түштүктө лирикалык ырлар, дастандар көбүрөөк тараган. Айрыкча, сүйүү лирикасы, махабат дастандары — «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй», «Ак Мактым», «Ак Саткын менен Кулмырза» элдин сүйүктүү чыгармалары болгон. Мындай жанрдык салт инсан (жеке) поэзиясынын өкүлдөрү — эл акындарынын чыгармачылыгына таасир тийгизбей койгон эмес. Калктын дээрлик бүт баары сабатсыз болгондуктан кыргыздын көркөм сөз чыгармалары төкмө акындардын чыгармачылыгы аркылуу гана жашап, таркаган. Акындар айыл кыдырып өз чыгармаларын ж-а дастандарды эл алдында аткарып беришкен, көп учурда бири-бири м-н айтышкан. 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында атактуу акындар Токтогул Сатылганов м-н Барпы Алыкуловдун ыр, поэмалары түштүктө кеңири белгилүү болгон. Алар чыгармаларында жөнөкөй эмгекчини даңазалап, адамдын мээнети м-н сулуулугун ырдашкан, бай-манаптардын алкы бузуктугун, залымдугун, дин кызматкерлеринин жойпулугун, алдамчылыгын ашкерелеген (Токтогулдун «Арзыматка», «Өмүр», «Гүл өмүр», «Эшен калпа», «Беш каман», «Кош бол, элим», Барпынын «Ак чепкен берсең албаймын», «Жетим кыз», «Сараң», «Ыйык эшен», «Казыдан келтек жегенде» деген ырлары). Токтогул м-н Барпыдан башка Эшмамбет, Жеңижок сыяктуу демократиялык багыттагы акындар элге таанымал болгон. Эл арасында бирин-серин сабаттуу, окумал адамдар чыгыш авторлорунун китептери м-н таанышы болушкан. Маселен, мусулман мектептеринде, медреселерде дин китептери м-н катар Хафиздин, А. Навоинин, Саадинин чыгармалары окутулган. Түш. Кырг-н Россияга кошулгандан кийин ачылган бирин-эки орус-тузем мектептери м-н гимназияларда орус классиктеринин, асыресе А. С. Пушкин, И. А. Крылов, Л. Н. Толстойдун айрым чыгармалары өтүлгөн. 19-к-дын экинчи жарымында Түш. Кырг-нда жазгыч акын Молдо Нияз жашаган. Ал жазып калтырган санат ырлар бизге чейин эч өзгөрүүсүз жетти. Ал ырларында санат, насыят айтуу м-н катар кыргыз жергесинин булуң-бурчтарын, элдин турмуш-тиричилигин, каада-салттарын сүрөттөгөн.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып өле түштүктө сабатсыздыкты жоюу кулач жайган. Кат-сабаты ачылган эл рухий маданияттын кенчтерине ортоктош болууга мүмкүндүк алды. 20-жылдардын аягы — 30-жылдардын башында басмаканалар ачылып, округдук, р-ндук газеталар чыга баштады, китеп дүкөндөрү м-н китепканалардын тармагы өнүктү. Азыр обл-та жашаган 60тан ашуун улуттар м-н элдердин, этностук топтордун өкүлдөрү, кыргыз, өзбек, тажик, СССРдеги башка элдердин, о. эле дүйнө элдеринин адабияты м-н таныша алат. Жаштарды адабий чыгармачылыкка үндөө, кызыктыруу үчүн жагымдуу жагдай түзүлүүдө. Көптөгөн мектептерде, жог. ж-а орто окуу жайларында адабий ийримдер бар. Түштүктө туулуп-өскөн кыргыз адабиятынын баштоочулары акындар — Ж. Бөкөнбаев м-н Т. Үмөталиев, алардан кийинки муундагы жазуучулар — Ж. Мавлянов, М. Борбугулов, Ш. Абдраманов, Т. Касымбеков ж. б. адабий ийримдерге катышып жүргөндө шык-талантын ойготушкан. 1985-ж. комсомолдун обкомунда, Ош педагогика ин-тунда, Ош ж-а Жалал-Абад педагогика окуу жайларында, «Ленин йолу» газетасынын, Кара-Суу, Жаңы-Жол, Лейлек р-ндук газеталарынын редакцияларында чыгармачыл жаштардын адабий бирикмелери ж-а ийримдери иштеген. Адабий бирикмелер м-н ийримдерге катышкандардын чыгармалары р-ндук, обл., респ. газета-

ларга, жаш авторлордун Фрунзеде чыгуучу «Учкун», «Көктөм», «Родник», «Перевал» альманахтарына басылып турат.

Окуу жайларда, ишканаларда, үюмдарда, к-з, с-здордо адабий кечелер жазуучу-акындар м-н жолугушуулар өткөрүлүп турат. Адабий иш-чаралар-ды уюштуруп, аларды багыттоодо, көркөм адабиятты калк арасына жайылтууда Кыргызстан жазуучулар союзунун Ош обл. бөлүмүнүн ролу чоң. Анда 9 адис адабиятчы бар. Жазуучулар союзунун обл. бөлүмү комсомолдун обкому м-н бирдикте жаш авторлордун кеңешме, семинарларын өткөрүп турат. Аларга Фрунзеден келген белгилүү акын-жазуучулардан да катышат. Жаш жазуучулардын обл. 1-кеңешмеси 1980-ж. июнда, 2-кеңешмеси 1983-ж. июнда өткөрүлгөн. Ош обл-нын аймагында кыргыз адабиятынын белгилүү ишмерлери — А. Токомбаев, К. Баялиев, Ж. Турусбеков, Т. Сыдыкбеков, К. Жантөшев, Ч. Айтматов, Т. Абдымомунов, У. Абдукаимов ж. б. болушкан. Ош жергесине боордош башка республикалардын көрүнүктүү жазуучулары — Я. Смеляков, Е. Гуцало, З. С. Кедрина, Л. И. Лебедева ж. б. келишкен. 30-жылдарда Ошко Ю. Фучик келип, өзүнө тийгизген таасирлер ж-дө «Панждагы күүгүм» очеркинде жазган.

Мыкты адабий чыгармаларды пропагандалоодо элдик театрлар, эки профессионал театр — С. М. Киров атн. *Ош өзбек музыкалык драма театры, Ош кыргыз драма театры* чоң роль ойноодо. Оштук драматург А. Абдугафуровдун «Аталар мурасы», «Гипноз-2», «Абийир ачкычы», «Тапкыч Талмас», «Күлкүнүн күчү» ж. б. чыгармалары Ош ш-нын, Кырг-ндын башка ш-нын, Өзбекстан м-н Тажикстандын театрларында ийгиликтүү коюлуп жатат. Драматург М. Жакыповдун 20дай пьесасы жарык көрдү, алардын айрымдары («Эне уулун чакырат», «Бактыбек», «Кара медальон» ж. б.) респ. ж-а обл. театрларда коюлду.

Кыргызстан жазуучулар союзунун Ош обл. бөлүмүнүн жооптуу секретары К. Ташбаев 10дон ашык ыр, поэма жыйнактардын автору. Алардын айрымдары Москвада басылып чыкты («Направление», «Ритмы времён», «Время — скакун», «Россияне» ж. б.). Т. Мияшев, И. Сулайманов да — жазуучулардын орто муунунун өкүлдөрү. Алардын китептери (Т. Мияшев — «Керме-Тоо», «Алтын аймак» ыр жыйнактары, «Махабат менен коштошуу» повесттер жыйнагы; И. Сулайманов — «Мүнөздөр», «Токой күңгүрөйт», «Ак пахта» ж. б. повесттери) окурмандарга кеңири белгилүү. Кыргыз ж-а өзбек тилдеринде жазган акын, котормочу Т. Адашбаев бир нече ыр китебин чыгарды. Прозачылар А. Камалов («Дарман», «Азиреттин көздөрү»), М. Каримов («Биз да бала болгонбуз», «Ак жол сага адам!»), сатирик акын С. Кадыров («Тикенек», «Шляпа» ыр жыйнактары) адабий майданда өз салымдарын кошуп жатышат. Жаш акындар А. Урбаев, С. Закирова, У. Мамытов, Т. Нурматов алгачкы китептерин чыгарышты. Талапкер авторлор Т. Жороев, Н. Сайдуллаев, А. Акбаров, А. Муратов ж. б-дын чыгармачылык изденүүлөрү келечегинен көп үмүттөндүрөт. Оштук жазуучулардын китептери орус, украин, белорус, латыш, азербайжан, казак, өзбек ж. б. тилдерге которулуп, Фрунзе, Москвада, өлкөбүздүн башка шаарларында басылып чыгууда.

Ош аймагындагы турмуш обл. «Ленин жолу», «Ленин йули», «Ленинский путь» газеталарында, респ. газета-журналдарда үзгүлтүксүз чагылдырылып турат. Ош ш-ндагы, обл-тагы жашоо-турмуштун ар кыл жактары кыргыз жазуучуларынын көптөгөн чыгармаларында чагылдырылган, бул чыгармалардын айрымдары кыргыз адабиятынын алтын фондусуна кирди. Кокон хандыгына каршы эмгекчи элдин күрөшүнө, Россия м-н достук байланыштардын түзүлүшүнө байланышкан 19-к-дагы окуялар Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» романынын өзөгүн түзөт. Революцияга чейинки ж-а рев-я алдындагы элдин ал-абалын, Совет бийлигинин орношу, чындалышы К. Жантөшевдин «Каныбек», М. Абдукаримовдун «Жашагым келет», «Жаңырык», Т. Касымбековдун «Келкел», С. Сасыкбаевдин «Түпкүрдөгү нур», К. Баялиновдун «Боордоштор», Н. Байтемировдун «Тарых эстелиги», С. Өмүрбаевдин «Бороондуу күндөр», С. Калмыковдун «Куран жана маузер», Г. Жильцов м-н Н. Кузмичёвдун «Чек арасыз согуш» романдарында сүрөттөлгөн. Түш. Кырг-нда индустриялаштыруунун ж-а коллективдештируунун жүрүшү Ж. Боконбаев м-н Т. Үмөталиевдин ыр, поэмаларында чагылдырылган. Ж. Мавляновдун «Ачык асман» романында Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде ооруктагы элдин катаал турмушу сүрөттөлөт. Н. Байтемировдун «Жылдызкан», А. Сальниковдун «Жаңы горизонт», М. Борбугуловдун «Элеттик жигит», Ж. Мавляновдун «Бийиктик», Ш. Абдырамановдун «Дыйкандар», «Ак шоола», «Токуучулар» романдары, С. Зайцев, Г. Жильцов, А. Голубевдин «Ош повесттери», С. Сасыкбаевдин «Эженин өмүрү» повести, А. Убукеев, С. Сасыкбаев, И. Сулайманов, К. Бобулов, М. Гапаров, К. Жусубалиевдин аңгеме, повесттери, Т. Үмөталиев, С. Эралиев, С. Жусуев, Б. Сарногоев, К. Ташбаев, Ж. Мамытовдун ыр, пьесалары ж. б. көптөгөн чыгармалар Ош аймагынын азыркы турмушун чагылдырат.

А. Эркебаев



Ч. Айтматовдун окурмандар м-н жолугушуусу. Ош

ТЕАТР

Ош обл-нда театр өнөрүнүн келип чыгышы бул аймакты эзелтен мекендеген элдердин — кыргыз, өзбек, тажик, уйгурлардын ж-а кийинчерээк көчүп келишкен орус, дунган ж. б. улуттардын чыгармачылыгына барып такалат. Элдик майрамдардагы оюн-шоктордо, ырчы, музыканттардын чыгармачылыгында, ырым-жырым, эмгек ж. б. салт ырларын аткарганда театрлаштыруунун элементтери кошо жүргөн. Көчмөн ж-а отурукташкан калктардын эл чыгармачылыгы бири-бирине таасир тийгизген, ошол эле учурда өз алдынчалыгын, өзгөчөлүгүн сактап калган. Кыргыздын ырчы, манасчылары, куудул, шайырлары эл алдында чыгып өнөр көрсөткөндө тигил же бул каарманды туурап, элестетүүгө аракеттенишкен, алардын маанайын, окуя өтүп жаткан жагдайды толук берүү үчүн мимиканы, жандоо-ымдоолорду колдонушкан. Улуу Октябрь рев-ясына чейин жерг. элдерде профессионал театр болгон эмес. Буга ислам ж-а элдин көчмөн турмушу себепкер. Россияга кошулгандан кийин Ош аймагында орус театр маданияты аздап болсо да өнүгө баштаган. 19-к-дын аягынан тартып бул жакка Борб. Россиядан ж-а Түркстан крайындагы чоң шаарлардан профессионал таеатрлардын труппалары гастролго келе баштаган. Алардын репертуары негизинен А. Н. Островский, А. П. Чехов, Н. В. Гоголь, И. С. Тургенев ж. б-дын драмалык чыгармаларынан турган. 1877-ж. Ош ш-ндагы 4-Түркстан линиялык батальонунун аскердик жыйынынын (клубунун) карамагында сахна өнөрүнө ышкыбоздордун ийрими түзүлгөн. Ийримди Н. П. Гамов жетектеген. 1877-ж. 26-декабрда алар алгачкы спектаклдерин («Адамдар соту — кудай соту эмес» драмасын ж-а «Тектүү үй-бүлөдөгү жаңжал» водевилин) коюшкан. Кийинки жылдарда алар А. Н. Островскийдин «Кедейлик кемтик эмес», «Элдүү жерде», «Токой», «Кирешелүү орун» пьесаларын, А. П. Чеховдун «Кол суроо» водевилин аткарышкан. Спектаклдер шаардык паркта же казармада коюлуп, аларга көп адам келген.

Улуу Октябрдын жеңиши Ош аймагында жаңы типтеги демократиялык театрдын, б. а. эмгекчи элдин жашоо-турмушу ж-а күрөшү м-н тыгыз байланышкан театр өнөрүнүн өсүп-өнүгүшүнө жол ачты. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында өз демилгелүү чыгармачыл коллективдер пайда болду. 1918-ж. Ошто Түркстан фронтунун Рев-ячыл аскер советинин концерттик бригадасынын базасында драма ийрими уюшулуп, ал 1919-ж. драмалык труппага айландырылды. Бул труппаны уюштургандардын ж-а ага катышкандардын арасында Б. Назаров, И. Мусабаев, А. Саидов, А. Эшенханов, Ж. Зайнабиддинов, Н. Камалов, Р. Мадазимов болгон. Ушул труппа кийин Өзбек музыкалуу драма театрынын өзөгүн түзөт. 1920-ж. Кызыл-Кыяда комсомолдор өздүк драма ийримин



Ош кыргыз драма театры.

уюштурушкан. Ийримдин спектаклдери негизинен орус тилинде, айрымдары жерг. калктын тилинде коюлган. 30-жылдарда колхоз-совхоз театрларды уюштурула баштайт. 1934-ж. Өзгөндө кыргыз театры ачылган. Жалпысынан 30-жылдардын 2-жарымында Жалал-Абадда, Өзгөндө, Кызыл-Кыяда, Ленин-Жолдо өздүк көркөм чыгармачылыгына катышкандардан театр коллективдери түзүлгөн. Сүлүктү кенинин клубунда бир нече ийримдер калкка коюн коюп турган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Түш. Кыргызстанга Украинадан 2 профессионал театр убактылуу эвакуацияланып келген.

Ышкыбоздордон турган театр коллективинин негизинде 1929-ж. Ошто Өзбек музыкалуу драма театрынын түзүлүшү обл-тын маданий турмушундагы чоң окуя болгон. 1932-ж. бул театр профессионал театрга айландырылды. Жаш артисттер калк арасында үгүтнасият иштерин жүргүзүшүп, өз өнөрлөрү м-н тап душмандарга каршы, социализм үчүн күрөшүшкөн. Бул театрга эң алгач артист болуп кирген өзбек кызы Т. Хасанова эле. 1937-ж. театрга С. М. Кировдун ысмы берилген. 30-жылдардын 2-жарымында театрдын артисттеринин чыгармачылыгы бир кыйла жетилип, репертуары байыды. Театр К. Яшендин «Эки коммунист», «Достор», «Талкалоо», Н. В. Гоголдун «Үйлөнүү», «Текшерүүчү», К. Тренёвдин «Любовь Яровая», Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна», К. Гоцинин «Каныша кыз — Турандот», К. Гольдонинин «Эки мырзанын малайы», Хамзанын «Бай менен батрак», «Майсарынын жоруктары» пьесаларын койгон. Түзүлгөндөн азыркыга чейин театр чет өлкөлүк ж-а орус классиктеринин, советтик, көбүнесе кыргыз, өзбек драматургдарынын 200дөн ашуун пьесасын сахнага чыгарды. Алардын арасында И. Акрамовдун «Адалат», Г. Гулямдын «Ташбалта ашык», К. Яшендин «Нурхон», А. Островскийдин «Добул», М. Шатровдун «Революциянын атынан», Ф. А. Литвинскаянын «Кандуу күндөр», К. Маликовдун «Бийик жерде», Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу», М. Тойбаевдин «Жаңы келин», А. Абдугафуровдун «Өкүнүч», «Ач көздүк», «Мурас», Зульфиянын «Семург», Н. Байтемировдун «Уркуя» пьесалары ж. б. бар. Театрдын чыгармачыл иш-аракетинде Кыргыз ССРинин эл артисттери А. Тарак (А. Т. Файзуллаев), Т. Хасанова, Т. Салиева, Л. Маидова, Р. Муминова, Н. Нематов, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери Х. Хасанов, Г. Бутаев, Ш. Тухтасинов, М. Расулжанова, А. Ураимжанов, А. Шабданова, Г. Бадинов, Өзбек ССРинин эмгек сиңирген артисти Ш. Дадажанов, Казак ССРинин эмгек сиңирген артисти Ф. А. Литвинская, Кыргыз ССРинин маданияты-на эмгек сиңирген ишмерлери Т. Сатаров, А. Абдугафуров ж. б. зор салым

Сахиб Жамалдын «Фатима Сабри» спектаклинен көрүнүш. С. М. Киров ат. Өзбек музыкалуу драма театры.



кошушту. 18 адам СССРдин ордендери ж-а медалдары, 10 адам Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак Грамотасы, 5 адам Өзбек ССР Жог. Советинин Ардак Грамотасы м-н сыйланган. Театрдын чыгармачылык отчёту 1974-ж. Ташкенде, 1979-ж. Фрунзеде зор ийгилик м-н өттү. Кара-Суу р-нундагы К. Маркс ж-а М. И. Калинин атн. к-здордо театрдын филиалдары бар. Театр обл-тагы элдик театрларга, о. эле өздүк көркөм чыгармачылык коллективдерине ар тараптан көмөк көрсөтүп турат.

1972-ж. Ош кыргыз драма театрынын ачылышы обл-та гана эмес респ-да театр өнөрүн өнүктүрүүдөгү илгери кадам болду. Анын труппасынын өзөгүн А. В. Луначарский атн. Мамл. театр ин-тунун (ГИТИС) кыргыз студиясын бүтүп келгендер түздү. 1972—74-ж. театр Жалал-Абаддагы маданият үйүндө иштеген. 1974-ж. Ош ш-ндагы жаңы имаратына көчүп барган. Түзүлгөндөн бери театрда 60тай пьеса коюлду. Алардын ичинде А. Токомбаевдин «Таң алдында», К. Жантөшевдин «Курманбек», Ч. Айтматовдун «Ак кеме», «Фудзиямада кадыр түн», «Көздөн учкан көк жээк», М. Горькийдин «Түпкүрдө», Н. В. Гоголдун «Текшерүүчү», Н. А. Островскийдин «Болот кантип курчуду», М. Гапаровдун «Күнөстүү арал», М. Байжиевдин «Байыркы жомок», Б. Жакиевдин «Жолугушуу», М. Ауэзовдун «Кара көз», У. Шекспирдин «Он экинчи түн», «Гамлет» пьесалары ж. б. бар. М. Горькийдин «Түпкүрдө» пьесасы б-ча спектаклдин премьерасы зор ийгиликке ээ болду. Аны койгон режиссёр И. М. Рыскулов Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгын алган (1977). Театрдын коллективи 1974, 1977, 1983-ж. Фрунзеде чыгармачылык отчёт берди. 1978-ж. Москвада Мамл. академиялык Кичи театрдын сахнасында Ч. Айтматовдун «Ак кеме», М. Горькийдин «Түпкүрдө», М. Байжиевдин «Байыркы жомок», Б. Жакиевдин «Эртең жаңы жыл», Н. Думбадзенин «Тынчсызданба, апа» спектаклдерин көрсөтүп, өз



Т. Абдумомуновдун «Ашырбай» спектаклинен көрүнүш. Ош кыргыз драма театры.



Ч. Айтматовдун «Ак кеме» спектаклинен көрүнүш. Ош кыргыз драма театры.

өнөрүн эл сынына койду. Москвага гастролго баргандан кийин театрдын башкы режиссёру И. М. Рыскулово Кыргыз ССРинин иск-вого эмгек сиңирген ишмери, актёрлор И. Тагаев, Н. Мамбетова, Г. Каниметова, Д. Байтөбөтов, М. Алышпаев, А. Абдыкалыковго Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти деген наам берилди. 16 адам Кыргыз ССР Жог. Советинин Грамотасы м-н сыйланды. Театрдын башкы сүрөтчүсү А. Конушбаев, сүрөтчү Ю. Нурматов, режиссёрлор Б. Абдылдаев, Р. Умарова жигердүү иштешип, оозго алынууда. Алай р-нундагы Гүлчө кыш-нда, Ноокат р-нундагы «Россия» ж-а Тельман атн. к-здордо театрлардын филиалдары бар. Театр жыл сайын Нарын, Ысык-Көл, Талас обл-тарына гастролго барат, Ош обл-н кыдырып оюн коёт.

1985-ж. Кыргыз драма театрынын труппасы 52, Өзбек музыкалуу драма театрыныкы 62 кишиден турган. Областтагы элдик театрларда 160 киши эмгектенген. Элдик театрлар Өзгөн (10 киши), Алай (22), Совет (16), Араван (29) райондук, Жалал-Абад шаардык (27), Оштогу № 1 шаардык (15) маданият үйлөрүндө, Ноокат р-нундагы «Россия» к-зунун маданият үйүндө иштейт. Областта өздүк көркөм чыгармачылык кеңири жайылган. 1985-ж. клубдук мекемелерде 50 миңден ашуун адам катышкан 1900дөн ашык коллективдер, бирикме, ийримдер иштеген, булардын ичинен кыйласы драма ийримдери. Мектептердеги, пионерлер үйүндөгү балдардын өздүк көркөм чыгармачылык коллективдерине 32 миңден ашуун бала катышкан; а. и. 4,6 миңи 302 драма ийриминде.

А. Беделбаев, А. Керимбаева

МУЗЫКА

Ош обл-нын аймагын б. мезгилде мекендеген элдердин музыкасы ж-дө маалыматтар өтө аз. Түш. кыргыздардын элдик обондорун биринчи болуп французиялык окумуштуу-саякатчы Ш. Капю 19-к-дын 70-жылдарында жазып алган. Кийинчерээк сов. илимпоз-чыгыш изилдөөчүлөр, фольклорчулар А. В. Затаевич, В. С. Виноградов Түш. Кырг-ндагы элдик ыр, күүлөрдү чогултушкан.

19-к. — 20-к-дын башындагы Кыргындын түштүгүндөгү кыргыздардын музыка чыгармачылыгында нег. 2 стилистикалык багытты — отурукташкан ж-а жарым көчмөн калктын (а. и. шаарларга жакын жерлерде жашаган дыйкандардын) музыкасын, Алайда ж. б. тоолуу р-ндордогу көчмөн кыргыз уруулардын муз. маданиятын бөлүп көрсөтүүгө болот. Аймактын тоолуу болушуна байланыштуу андагы уруулар обочолонуп жашагандыктан алардын б. музыкасы анча өзгөрүүсүз сакталып калган. Бул музыкалардын бай ыркылыгы ырлардын жорго сөзгө жакын экендигинен көрүнөт. Бул — ыр, обон чыгаруудагы төкмө акындыкка, жамактап ырдоого байланыштуу. Ыр жанрларынын ичинен байыркы салт ырлары — кошоктор, эмгек ырлары (бекбекей, шырылдаң) кеңири таралган. Лирикалык ырлар (секетбай ж. б.) созулма обондуулугу м-н айырмаланат. Түш. Кырг-ндын тоолуу аймактарындагы уруулардын аспаптык музыкасында да байыркы өзгөчөлүктөр сакталган. Кыл кыяк, жыгач ооз комуз ж-а темир комуз кеңири таралган. Революцияга чейин алайлык кыргыздар комузду көп чертишкен эмес.

Шаарларга жакын өрөөндөрдө жашаган кыргыздардын муз. фольклору коңшу элдердин улуттук маданияты м-н өз ара таасир тийгизүү, бири бири байытуу шартында өнүккөн. Кыргыз музыка маданиятына тажик, өзбек муз. аспаптары (дутар, най ж. б.) да кире баштаган, бул элдердин обондорунун кайрыктары кыргыз ырларына таасир тийгизген. «Жар-жар ай» ыры В. С. Виноградовдун пикири б-ча өзбек ыр фольклорунан өздөштүрүлгөн.

Өзбек элдик музыка өнөрүнүн жанрлары — ялла, катта ашуля, макам Ош обл-нда жашаган өзбек калкынын арасында кеңири тарап, муз. маданиятында басымдуулук кылат. Негизинен Ош обл-нда жашаган эл муз. чыгармачылыкта өз ара байланышта болгону м-н өздөрүнүн улуттук (кыргыз, өзбек, тажик ж. б.) өзгөчөлүктөрүн сактап калган.

Кыргыз элдик музыка өнөрүнүн өзгөчө тармагы болгон төкмө акындык Түш. Кырг-нда да өнүккөн. Бул аймакта 19—20-к-да белгилүү акын, ырчылар жашаган. Алардын ичинде атактуу акын Жеңижок болгон. Акындар насыят, арноо, мактоо ж-а айтыш ж. б. ырларды өнүктүрүшкөн. Акындардын



Ош педагогика ин-тунун элдик хор капелласы.

чыгармачылыгында пейзаждык лирика маанилүү орунду ээлеген. Токтогул Сатылгановдун шакирти, кыргыз оозеки поэзиясынын классиги, акын-демократ Барпы Алыкулов Түш. Кырг-нда эң таланттуу ж-а белгилүү акындардын бири болгон.

Улуу Октябрь социалисттик рев-ясына чейин Түш. Кырг-нда манасчылар жокко эсе эле. Совет бийлигинин жылдарында «Манас» эпосун айтуу кеңири тарай баштады. Манасчылардын салтын улантуу, жаштарды Манас айтууга кызыктыруу колго алынууда. Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан тартып эле музыка фольклорунун мыкты салттарын сактоо, өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлө баштаган. 1938-ж. 1-майда Фрунзе ш-нда акындардын ж-а манасчылардын 1-респ. слёту өткөрүлүп, түштүктөн да кыйла өнөрпоздор катышкан.

Кыргыз элинин турмушунда социалдык экон. шарттардын өзгөрүшү отурукташкан ж-а көчмөн кыргыз уруулары-нын ортосундагы музыка чыгармачылыгынын айырмачылыктарын жойгон. Ош обл-нда жашаган калктын муз. маданиятына массалык информация каражаттары аркылуу ж-а маданий-массалык иш-чаралардын жүргүзүлүшүнө жараша түндүк кыргыздарга мүнөздүү ыр-күүлөр, обондор, аспаптар жайыла баштаган. Социалдык-маданий кайра куруулар музыкада жаңы тема, жанрларды, формаларды пайда кылды. Ош обл-нда өз демилгелүү таланттуу обончулар — М. Оморов, Р. Абдыкадыров, Т. Эшпаев, Ж. Мамажанов, Б. Тургунбаев ж. б. жемиштүү эмгектенүүдө. Алар көбүнчө ыр, күү, хор чыгарышат. Негизинен өз демилгелүү обончулар элдик иск-во салттарын азыркы профессионалдык ыр чыгармачылыгы м-н тыгыз байланышта өнүктүрүүдө.

Түш. Кырг-нда Совет бийлиги орногондон кийин профессионалдык музыка өнөрү өнүгө баштаган. 1919-ж. Ош гарнизонунда өз демилгелүү драмалык

Областтык студент жаштар фестивалынын катышуучулары. Ош.



труппа түзүлгөн, анын репертуарында өзбек ж-а кыргыз авторлорунун муз. пьесалары, драмалары болгон. Бул труппанын негизинде 1929-ж. Ошто өзбек музыкалуу драма театры уюшулган. 1934-ж. бул театр Москвада, Ленинградда гастролдо болгон. 1939-ж. май — июнда кыргыз иск-восунун сквада өткөн 1-он күндүгүнө, 1958-ж. кыргыз иск-восу ж-а адабиятынын Москвада өткөн 2-он күндүгүнө катышкан. 1984-ж. Ленинград ш-нда гастролдо болуп келген.

Ош кыргыз драма театрынын (1972), элдик театрлардын (1984-ж. 8 театр), колхоз-совхоз театрларынын койгон спектаклдери да обл-тагы профессионал музыканын калыптанышында чоң роль ойноду. Бул коллективдердин спектаклдерин музыкалаштыруу, бул спектакл-дер үчүн элдик күүлөрдү иштеп чыгуу, концерттерге катышуу профессионал музыканттардын калыптанышына чоң көмөк берген. Азыр Ош обл-нын профессионалдык музыка өнөрү композитор, СССР композиторлор союзунун мүчөсү (1980) Г. С. Чалапиновдун чыгармачылыгы м-н тыгыз байланыштуу. Анын белгилүү чыгармаларынын бири — революционер Т. Жукеев-Пудовкиндин эстелигине арналган симфония. Г. С. Чалапинов негизинен аспаптык музыка («Жаштар бийи», симфониялык оркестрдин аспаптары үчүн 12 пьеса, фортепьяно үчүн пьесалар) ж-а ыр («Бир кызга», «Кош болгун»— сөзү М. Буларкиеваныкы; «Махабатка жалынам»— сөзү элдики) жаатында эмгектенүүдө. Анын чыгармачылыгына көп улуттуу Түш. Кырг-ндын фольклору таасир тийгизген. Ош музыка окуу жайынын окутуучусу, жаш композитор С. Айтикеев бир нече жыл (1985-ж. чейин) Ош ш-нда турган. Ал армян акыны А. Грошинин ырларына аваздык циклдерди, фортепьяно үчүн прелюдия ж-а фугаларды, симфониялык оркестр үчүн сюита, фортепьяно үчүн «Шилтемдер» циклин жазган.

Профессионалдык музыканын калыптанышында муз. билим берүү зор мааниге ээ. 1984-ж. Ош обл-нда 31 балдар музыка мектеби иштеген. 1963-ж. Ошто музыка окуу жайы ачылган. Ош педагогика ин-тунун (1951) музыка факультети, Ош ж-а Жалал-Абад педагогика окуу жайларынын музыка бөлүмдөрү музыка ж-а ыр мугалимдерин даярдайт. Жалал-Абад маданият техникуму (1980) өз демилгелүү үйлөмө ж-а элдик аспаптар оркестрлеринин жетекчилерин даярдайт.



Араван р-нундагы «Пахтачы» с-зунун өздүк көркөм чыгармачылык коллективинин концерти.

Өздүк көркөм чыгармачылык обл-та массалык мүнөздө өнүккөн. 1985-ж. клубдук мекемелерде 1900дөн ашуун өздүк көркөм чыгармачылык коллективи, бирикмеси ж-а ийримдери болуп, аларга 50 миңден ашуун адам катышкан. Элдик деген наамы бар өздүк көркөм чыгармачылык коллективдеринин саны б-ча Ош обл. респ-да алдыңкы орунду ээлейт. 1984-ж. мындай 17 коллектив болгон. Анын ичинде Өзгөн р-нунун элдик филармониясы (1961-ж. Ш. Абдразаков негиздеген; «Алга» с-зунун клубунда), 2 бий ансамбли ж-а аваздык-аспаптык «Паризат» ансамбли (Ноокат р-нунда) бар. Өздүк көркөм чыгармачылыгынын мыкты коллективдери чет өлкөгө барып, концерт беришкен. Совет р-нундагы «Тоо булагы» ансамбли Зелена-Гура (ПЭР) ш-нда, Өзгөн р-нундагы «Ариет» ансамбли Сирия, Иорданияда гастролдо болушкан. Бүткүл союздук ж-а респ. конкурстарга Кара-Суу, Алай, Өзгөн р-ндорунун ж-а Майлы-Сай ш-нын коллективдери катышкан. Ош педагогика ин-тунун хор капелласы хор ырларынын бүткүл союздук ж-а эл аралык конкурстардын лауреаты болгон. 1975-ж. С. Дүйшөналиевдин жетекчилиги м-н бул капелла Таллин ш-нда өткөн хор коллективдеринин эл аралык конкурсунда алтын медаль алган, 1977-ж. Болгариядагы Варна ш-ндагы өткөн конкурста байгелүү 2-орунга чыгып, күмүш медаль м-н сыйланган. 1977-ж. бул хор капелласы Кыргызстан Ленин комсомолунун сыйлыгына татыган. Бир нече жолу респ. «Кыргызстандын студенттик жазы» жаштар фестивалына катышып, жеңүүчү болгон. Коллективдин репертуарында СССР элдеринин ырлары, С. И. Танеев, П. И. Чайковский, Д. Д. Шостакович, Р. К. Щедрин, В. Я. Шебалин, кыргыз композиторлору А. Малдыбаев, М. Абдраев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов ж. б-дын чыгармалары бар. 1984-ж. жалпы билим берүүчү мектептерде ж-а пионер үйлөрүндө балдардын 1074 өздүк көркөм чыгармачылык коллективи (32,5 миң бала катышкан), а. и. 485 хор коллективи (14,7 миң бала), 57 хореографиялык коллектив (670 бала), 385 музыка коллективи (1,5 миң бала) болгон. Кыргыз профессионал композиторлору, ырчылары музыканттары — Б. Абдраимов, А. Жээнбаев, Э. Мойдунов, М. Осмонов, С. Сагыналиев, У. Полотов, Т. Эрматовдор Ош обл-ндагы өздүк көркөм чыгармачылык коллективдеринде өз өнөрлөрүн калыптандырышкан.

Е. Н. Яркова

ЖАСАЛГА-КОЛДОНМО ЖАНА СҮРӨТ ӨНӨРҮ

Азыркы Ош обл-нын аймагындагы тартылган сүрөттөр б. сүрөтчүлөрдүн алгачкы чыгармаларынан болуп эсептелет. Мокок курал м-н *Сол-Үңкүр* үңкүрүнүн беттерине жалгыздан ж-а топ-тобу м-н сүрөттөр тартылган. Ал үңкүр мустье дооруна чейин жашаган аңчыларга тургун жай катары кызмат кылган. Ош ш-нан 5 *км* түн.-батыш тараптагы Сүрөт-Таш тоосунун беттерине тартылган даңазалуу Даван аргымактарынын, тарбагай мүйүздүү бугулардын, тоо текелердин сүрөттөрү б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымына *(Даван* мамлекетинин мезгилине) таандык. Араван кыш-нын жанындагы тартылган эки жуп жылкынын сүрөттөрү да Даван аргымактарына окшоштурулат. Бул жерде тартылган текелердин, кишилердин сүрөттөрүн Ю. А. Заднепровский эң алгачкы мезгилге таандык болушу мүмкүн деп божомолдойт (к. *Араван аска бетиндеги сүрөттөр).* Даван аргымактарына окшош стилде тартылган сүрөттөр Абшыр-Сай суусунун өрөөнүнөн да табылган. Абшыр-Ата шаркыратмасынан 20 *км* түш. тарапта тоо теке ж. б. айбанаттар тартылган сүрөттөрдүн бир нече тобу табылган (к. *Абшыр-Сай аска бетиндеги сүрөттөр).* Таш-Көмүр ш-нан 2 *км* түн.-батыш тараптагы *Таш-Көмүр аска бетиндеги сүрөттөрү* сак урууларына таандык. Анда тоо текелер, жылкылар, күндүн сүрөттөрү тартылган. Фергана кырка тоосунун капталдарында, Көгарт ашуусуна жакын жердеги *Саймалы-Таш аска бетиндеги сүрөттөр* тобу ар кайсы доорлорго таандык. Анда коло доорунда (б. з. ч. 2—1-миң жылдыктар) тартылган сүрөттөр бар. Алар *Ош тургун жайынын* карапаларындагы сүрөттөргө окшош. Б. з. 6—8-к-на таандык сүрөттөр да табылган (к. *Ноокат аска бетиндеги сүрөттөр).*

Байыркы тургун жайлар м-н мүрзөлөрдөн табылган карапалар, үй-тиричилик, кооздук буюмдар, эмгек ж-а аңчылык куралдары ар кайсы маданияттарга (доорлорго) таандык. Ала-Бука р-нунан (к. *Жапа-Салды)* андронов маданиятынын (б. з. ч. 2-миң жылдык) эстеликтерине мүнөздүү учтары конус сымал ичкерген 2 жука коло билерик табылган. Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн р-ндорундагы чуст маданиятына (б. з. ч. 12—11 ж-а 8—7-к.) таандык тургун жайлардан табылган эстеликтерге таш, коло буюмдар, геометриялык оймо-чиймелер (кызыл карапага кара боёк м-н) түшүрүлгөн карана идиштер мүнөздүү. *Чуст маданиятынын* уландысы — *Эйлатан маданияты* колго жасалган карапалар ж-а аларга тартылган сүрөттөрү, станокто жасалган ачык түстүү идиштери, алардын жаңы формалары, түсү ж-а оймо-чиймелери м-н айырмаланат; бул мезгилде коло буюмдардын ордуна темир буюмдар пайда боло баштайт. Эски доордун аягына таандык Шоро-Башат маданиятына колго жасалып, оймо-чийме түшүрүлгөн ж-а боёлгон идиштер, станокто жасалып, ачык түскө кызыл боёк м-н боёлгон идиштер мүнөздүү; идиштерге өсүмдүк сүрөттөрү, оюулар түшүрүлгөн. *Мархамат маданияты* (б. з. ч. 1—4-к.) Даван мамлекетинин өнүккөн мезгилине туура келет. Бул мезгилде станокто жасалып, жошо м-н боёлгон ж-а оюу түшүрүлгөн идиштер пайда боло баштаган. Ю. А. Заднепровскийдин айтуусу б-ча Жаңы-Ноокат кыш-нын жанындагы Темир-Корук мүрзөлөрү-



11—12-к-га таандык карапалар. Ош тарых-маданият музей-коругу.

нөн канаты жалбырак сымал жасалган куштун алтын фигурасы табылган; ал куштун мойнунда көк айнектен көзчөлөр орнотулган шөкөт тагылган. Б. з. 1-кылымдарындагы байыркы чеберлердин иск-восу тууралуу Обишир мүрзөлөрүнөн (Хайдаркен ш. т. п-нын жанында) табылган буюмдар кабар берет. Көргө адамдын сөөгү менен кошо чопо ж-а коло идиштер, кутучалар, күзгү ж-а кооздук буюмдар көмүлгөн. 1—8-к-га таандык Жерге-Тал (Жаңы-Базар кыш-на жакын) мүрзөлөрүнөн коло доголор да табылган. Б. з. 1-к-нан 13-к-га чейин сүрөт өнөрү көчмөн ж-а жарым көчмөн малчылар м-н отурукташкан дыйкандардын маданиятынын негизинде өнүккөн. Б. з. 1—5-к-нда жашаган көчмөн усун урууларынын мүрзөлөрүнөн кооздолуп, кызыл таштан көз салынган сүйрү формадагы алтын медальон, алтын сөйкө, чынжыр, шакек табылган; бул Алайдагы көчмөн уруулардын асыл буюмдарды баалай билгендиги, алардын Фергана, Чыгыш Түркстан, Кара деңиз боюндагы отурукташкан дыйкандар м-н байланышта болгондугуна күбө (к. *Жалпак-Дөбө*). Б. з. 1—4-к-нда жашаган чала көчмөн калктын жерг. *Кара-Булак маданиятына* Лейлек ж-а Баткен р-нундагы мүрзөлөр таандык. Алардан хань кездемелеринин калдыктары, асем буюмдары, сабы инди бийчи аялынын статуэткасы сымал күзгү *(Кара-Булак)*, шакектер, шуру-мончоктор, күзгүлөр *(Туура-Таш)* ж. б. табылган. Демек, муну м-н Кара-Булак маданиятынын калкы скульптура өнөрү м-н тааныштыгын ырастоого болот. Бир көрдө өлгөн адамдын сөөгүнүн ордуна алебастрдан жасалган адамдын статуэткасы көмүлгөн. Адамдын сөлөкөттөрү түшүрүлгөн рельефтик диадемалар ж-а тумарлар, о. эле шарттуу стилде жасалган чакан коло скульптуралар да учурайт. 6—8-кылымдардагы көчмөн түрк урууларынын скульптуралары — балбалдар да кездешет. Гүлчө кыш-нын жанынан таштан чегилип жасалган 2 балбал табылган (к. *Гүлчө балбалдары, Талдык балбалы*). Балбалдын биринде жайык жалпак беттүү эркек киши оң колу м-н бооруна чөйчөк, сол колу м-н белине байланган кылычтын сабын кармап турат; экинчи балбал биринчисинен анча-мынча гана айырмаланат.

Саманилер, Караханилер, Шейбанилер мамлекеттеринин мезгилинде эл-дердин декорациялык-монументтик өнөрү өнүгүп, алар диний курулмалар — мечиттерди, мунараларды, күмбөздөрдү, кооздолгон мемориалдык имараттарды кура баштаган. Алгачкы орто кылымдагы жасалга-колдонмо өнөр чеберлеринин жетишкендиктерин Кара-Булак, Түш. Өзгөн, Уу-Булак, Күлбөс-Кан шаар чалдыбарларынан табылган эстеликтер айгинелейт. Өзгөн архитектуралык комплексинин ж-а *Шах-Фазил күмбөзүнүн* жасалгалары ошол мезгил үчүн көркөмдүүлүгү жагынан жог. деңгээлде тургандыгы м-н айырмаланат. 13-к-дын 1-чейрегинде монголдордун жапырыгында көп шаарлар талкаланып, айрымдары тез эле на-

20-к-дын башындагы аялдардын бой тумары. Ош тарых-маданият музей-коругу.



чарлап кеткен. Аймакта калктын негизин көчмөндөр түзүп калган. Кыргызстанда 20-к-дын башына чейин көчмөн мал чарбачылык басымдуулук кылган. 15—17-к-да шаарлар кайрадан өнүккөн. Көчмөн мал чарбачылыгы м-н көчмөн турмуштун шартында ж-а адамдын сүрөтүн тартууга тыюу салган мусулман дининин тарашына байланыштуу элдин чыгармачылыгы негизинен жасалга-колдонмо өнөрүн өнүктүрүүгө өткөн. Жасалга-колдонмо өнөрү Кырг-ндын түштүгүндө бул аймакты мекендеген элдердин маданиятынын (кыргыз, өзбек, тажик, уйгур, Кырг-н Россиянын курамына киргенден баштап орус, украин элдеринин) негизинде өнүккөн. Ар түрдүү улуттар м-н кыргыздардын маданиятынын өз ара байланышта болгондугу жасалга-колдонмо өнөрүнүн формалары, жасоо ыкмалары, материалдары б-ча бири бирине таасир тийгизгендигине карабастан, элибиздин үрп-адаттык, салттык өзгөчөлүктөрү сакталып калат. Кыргыз жасалга-колдонмо өнөрүндө Орто Азия, Борб. Азия, Казакстан, Волга бою, Кавказ элдеринин маданиятынын жалпылыгы байкалганы м-н анын өзүнө таандык бөтөнчөлүгү да бар. Кыргыз оймо-чиймелеринин нег. түрлөрү түштөгү кыргыздардын жасалга-колдонмо өнөрүндө сакталган; бирок мында өсүмдүк гүлдөрү, оюулар, саймалар басымдуулук кылган. 19-к-га карата элдик иск-во жог. деңгээлге жеткен. Кездемелер, майда буюм салынуучу баштыктар, идиштер, кийимдер, ат жабдыктары, аялдардын кооздук буюмдары, боз үйдүн жабдуулары, чийден жасалган буюмдар кооздугу ж-а тиричилик үчүн зарылдыгы б-ча айырмаланган. Жасалга-колдонмо буюмдар негизинен сөөк, булгаары, жүн, металл, жыгачтан жасалган. Аларга шырдак, ала кийиз, туш кийиз ж. б. кирет. Кызыл ж-а көк түстүү саймалары бар килем композициялык жеткилеңдиги ж-а колоритик гармониялуулугу м-н айырмаланып турат. Элдик зергерлер байыртадан кандоо, чөгөрүү, данакерлөө, гравирлөө, кооздоо, кооз буюмдарга көз салуу ж. б. чеберчиликтерин сактап келишкен. Күмүш билерик, шакек, сөйкө, баш кийим жасоо б-ча таанылган. Уздар м-н чеберлер булгаарыдан түрлүү кооз чөйчөктөрдү, көөкөрлөрдү, жыгачтан оймо-чиймелүү бешик, сандык, каалга, о. эле боз үйгө уук-кереге жасашкан. Алар рельефтүү оймо-чиймелер м-н кооздолгон. Отурукташкан калк м-н көчмөндөр тыгыз байланышта болгон аймактарда турак үйлөрдө оймо-чиймелер геометриялык (гирик) ж-а өсүмдүк (ислими) сүрөттөрүнүн стилинде аткарылган.



Лейлек р-нундагы Кайрагач мечитиндеги түркүктүн жогор жак бөлүгүнөн фрагмент.

Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин жасалга-колдонмо өнөрүндө эски үрп-адаттар м-н катар жаңы салттар да өнүгө баштаган. Жаңы оймо-чиймелер, кыргыздын илгертен келаткан оюулары, кыргыз саймалары ж-а ыкмаларын бүгүнкү күндө элдик чеберлер м-н уздар, «Мурас» элдик көркөм промыселинин Оштогу бирикмесинин (1980-ж. түзүлгөн) чеберлери колдонуп жатышат. Ош обл-нын профессионал жасалга-колдонмо сүрөтчүлөрү сүрөт сюжеттеринде кыргыздын үрп-адаттык ыкмаларын да кеңири колдонушат. Кездемеге түр түшүрүү б-ча сүрөтчү А. И. Эпп тематикасы ж-а колорити б-ча өз алдынча Кырг-ндын б. архитектуралык курулмаларынын эски оймо-чиймелери көчүрүлгөн гобелендерди жараткан. Алар: «Чыгыш мотиви», 1973; «Ош силуэттери», 1876 ж. б. Жасалга-колдонмо сүрөтчү Т. Касымов ала кийизге «Жылкычылар бийи», 1975; «Кербен», 1978; «Каркыралар» 1978; «Баатыр», 1981 ж. б. сюжеттеги окуяларды түшүргөн. Анын токуган чийлери ж-а саймалары көркөмдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. Алар өсүмдүк ж-а айбанаттар дүйнөсүнүн стилинде тартылган мотивдерден жакшы байкалат. Жалал-Абад ж-а Ошто жаш жасалга-колдонмо сүрөтчүлөр Р. Корголдоева ж-а А. Юсупова эмгектенет; алар кездеме токуу, металл ж-а жыгач иштетүүнүн байыркы ж-а азыркы техникаларын жакшы өздөштүрүшкөн.

Түш. Кырг-нда профессионалдык реалисттик иск-во системасы негизинен

Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин калыптанган. Алай, Ош, Өзгөн, Гүлчөнүн адамдарын, кооз жерлерин сүрөткө биринчи жолу бул тарапта 1871-ж. экспедицияда болгон орус илимпозу ж-а саякатчысы А. П. Федченконун аялы тарткан деп айтууга негиз бар. Орто Азиядан тартып алган коллем сүрөттөрү үчүн О. А. Федченко Россия табият тааныу ышкыбоздор коомунун алтын медалы м-н сыйланган. Л. Ф. Строиловдун маалыматы б-ча 1877—78-ж. Түркстанда күйөөсү м-н саякатта болгон М. Уифальви-Буардон Ош обл-нын азыркы аймагынын табиятын, адамдарын, кооз жерлерин сүрөткө тарткан. 1880-ж. Парижде француз тилинде жарыкка чыккан «Париждик аялдын Парижден Самарканга чейин жолдо көргөндөрү» деген китепте анын тарткан фото сүрөттөрү м-н калем сүрөттөрүнөн алынган гравюралар басылган. В. В. Бартольддун 1902-жылкы Ошко токтоп өткөн экспедициясынын составында сүрөтчү-фотограф С. М. Дудин да болгон.

Бул аймакта калктын сүрөт маданиятына тартылуусуна алгачкы профессионал сүрөтчүлөр — жерг. окуу жайлардын сүрөт сабагынын мугалимдери өбөлгө түзгөн. Орус интеллигенциясы колдонгон китеп, журнал, газета-ж-а соода рекламаларындагы сүрөт чыгармачылыгы м-н калкты тааныштырышкан. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында агитациялык-массалык иск-во — өз алдынча сүрөтчүлөр м-н сүрөт сабагынын мугалимдеринин плакаттары, театр оюндары ж-а рев-ячыл майрамдардын жасалгалары активдүү пайдаланылган. Гурунч-Мазар — Жалал-Абад темир жол станцияларынын аралыгындагы «Красный Восток» үгүт поезди, анын вагондору реалисттик мынерадагы сүрөттөр м-н жасалгаланган. Жерг. газеталарда графиканын андан ары өнүгүшүнө негиз болгон калем сүрөттөрү пайда болгон. Лениндик монумент пропагандалоо планын ишке ашыруу 1920-ж. Кызыл-Кыяда кызыл аскерлерге ж-а интернационал жоокерлерге, 1925-ж. Ошто В. И. Ленинге, андан кийинки жылдары жол башчыга, партиянын ж-а Совет мамлекетинин башка ишмерлерине, рев-янын ж-а Гражд. согуштун каармандарына эстелик тургузуудан башталган. С. М. Абрамзондун 1927-жылдын жазынан респ-нын түштүгүнө, а. и. Алайга жасалган тарыхый-этнографиялык экспедициясынын составында сүрөтчү Г. А. Петров иштеген ж-а ал кыргыздын улуттук кийимдери тартылган эки сүрөт альбомун түзгөн. 30-жылдардын ортосунда Ош м-н Кызыл-Кыяда сүрөт тартуу б-ча ийримдер иштеген. 1936-ж. Кызыл-Кыяда кыргыз скульптурасына негиз салуучулардын бири — венгр сүрөтчүсү Л. Месарош үйрөнчүк сүрөтчүлөр м-н иштеген. Ал түштүктөн алган таасирлеринин натыйжасында «Стахановдук забой» монументтик рельефин (1936, бетон) жараткан. Жерг. өз алдынча аракеттенген сүрөтчүлөр профессионал сүрөтчүлөргө (Жалал-Абадда Н. Горшман, Кызыл-Кыяда М. Миллер) Улуу Ата Мек. согуш жылдарында көчүрүлүп келген театрлардын спектаклдерин жасалгалоого көмөктөшкөн. 1947-ж. Жалал-Абадда Токтогулдун эстелигин (скульп. Е. Карно) ачууга даярдашкан. Ош обл-ныи аймагы Кырг-ндын көптөгөн сүрөтчүлөрүнүн чыгармачылыгы м-н байланыштуу. Ош жергесинде кыргыз сүрөт өнөрүнө негиз салуучулардын бири — Гапар Айтиев алгачкы чыгармачылык жолун баштаган. Ал Кара-Суу р-нундагы Төлөйкөн кыш-нда туулуп (1912), өскөн; бул жерде анын сүрөт тартууга кызыгуусу ойгонгон. Г. Айтиев Кыргыз эл агартуу ин-тунда (1928-жылдан Кыргыз педагогика техникуму) окуп жүргөн мезгилинде В. Образцовдун сүрөт студиясына катышкан; ин-ттуу бүтүргөндөн кийин Жалал-Абад педагогика техникумунда сабак берет (1932—34). Бул мезгилде ал өзүнүн «колхоздун секретары Имангазы» эмгегин жаратат (1934). Соц. Эмг. Баатыры, СССР эл сүрөтчүсү, СССР сүрөт академиясынын корреспондент мүчөсү, Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын лауреаты Г. Айтиев өзү туулган жер темасына көп жолу кайрылган («Пахта талаасында», 1947; «Кыргызстандын түштүгүндөгү кеч», 1967; «Арсланбап босогосу», 1969; «Ойго чөмүлүү», 1974; бардыгы тең кендир, май боёк ж. б.). Г. Айтиев туулуп-өскөн жеринде живописте, графикада, скульптурада, театр жасалгалоо өнөрүндө болсун чыгармачылык эргүү м-н эмгектенген. 1932-ж. Жалал-Абад педагогика техникумун белгилүү кыргыз сүрөтчүсү С. М. Акылбеков да бүтүргөн; ал сезим ойготуучу бир катар пейзаждарды («Кыргызстандын түштүгүндө», 1964; кендир, май боёк ж. б.) жараткан. 30-жылдардын аягында

Кырг-ндын түштүгүндө живописчи Л. Ф. Деймант («Кыргызстандын түштүгүндө», 1938; картон, май боёк), графикачы ж-а театр сүрөтчүсү И. А. Белевич (ал Өзгөн колхоз-совхоздук театрында Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» спектаклин жасалгалаган) иштеген.

Согуш алдындагы, Улуу Ата Мек. согуш ж-а согуштан кийинки жылдары Ош ж-а Жалал-Абад обл-тарында азыркы көптөгөн белгилүү сүрөтчүлөрдүн чыгармачылык жетилүү курагы өткөн. Алар: графикачылар — У. Ахунов (1923, Ошто 1949-жылдан иштеген), М. Ө. Өмүркулов (1928, Сузак р-ну, Багыш кыш.), СССР эл сүрөтчүсү, СССР сүрөт академиясынын корреспондент мүчөсү, Лениндик сыйлыктын лауреаты, скульп. Т. С. Садыков (1935, Баткен р-ну, Говсувар кыш.), живописчилер — Б. Жалиев (1935, Кара-Суу р-ну, Кашкар-Кыштак кыш.), А. Исланов (1939, Өзгөн р-ну, Калинин кыш.), М. Т. Акынбеков (1942, Совет р-ну, Алайкуу кыш.), Р. Е. Аманов (1943, Ноокат р-ну, Беш-Барак кыш.), А. Б. Мурзакаримов (1942, Өзгөн р-ну, Сөңгүр кыш.), Ж. Жумабаев (1946, Өзгөн р-ну, Мырза-Арык кыш.) ж. б. Кыргыз сүрөт өнөрүнө негиз салуучу, СССР эл сүрөтчүсү, СССР сүрөт академиясынын анык мүчөсү, СССР ж-а Кыргыз ССР мамл., Ж. Неру атн. сыйлыктардын лауреаты С. А. Чуйков Ош обл-нда бир нече жолу болуп конкреттүү сюжеттерди («Бактылуу энелик», 1937, кендир, май боёк ж. б.) тартуу м-н гана чектелбестен, көргөндөрүнүн көбүн живопись полотнолорунда синтездеген; алардын айрымдары «Кыргыз колхоз сюитасы» ж-а «Биздеде, Кыргызстанда» сериялары кирген. 50—60-жылдары Түш. Кырг-н темасы көптөгөн сүрөтчүлөрдүн эмгектеринде түрү ж-а жанры б-ча ар кыл чагылдырылган. Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, Токтогул атн. мамл. сыйлыктын лауреаты А. И. Игнатьев живописчи «Пахта талаасынын стахановчусу Салиеванын портретин» (1955, кендир, май боёк) ж. б-ды жараткан. Графикачы ж-а живописчи Н. Ф. Еременко 1957—58-ж. «Көк-Жаңгак», «Көк-Жаңгак шахтасында» автолитография ж-а линогравюра, «Тоолуу Кыргызстан» түстүү линогравюра сериялары жаратууда иштеген. Түш. Кырг-н тематикасында кыргыз графикасын негиздөөчү — Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, СССР мамл. сыйлыгынын лауреаты Л. А. Ильина («Пахта терүүчү», 1956, кагаз, акварель; «Туулган жер» ксилографиясы, 1957 ж. б.) ж-а Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү А. Н. Михалёв («Ак алтындын четинде», 1962, кендир, темпера; «Кыргызстандын түштүгүндө. Кадамжай-Хайдаркен», 1965, кендир, темпера) эмгектенишкен. Ф. М. Стукошин обл-тагы алдыңкы жумушчулардын портреттерин («Шахтёр Исраиловдун портрети», 1955; «Шахтёр кыз», 1954; экөө тең кендир, май боёк) тарткан. З. А. Хабибулин «Эшекчен абышка» (1966, шамот), «Абышка» (1967, жыгач) скульптуралык композицияларында Ош көрүнүштөрүн чагылдырган. К. Керимбеков өзүнүн «Тамеки тизүү», 1980; «Пахта терүү», 1981 (экөө тең кендир, май боёк) чыгармаларын обл-тын айыл эмгекчилерине арнаган. 70—80-жылдары сүрөтчү М. Т. Акынбековдун чыгармачылык изденүүсүнүн негизин туулган жер, элдик үрп-адаттар түзгөн. Алар: «Алайкуу өрөөнүндө», 1968; «Менин энелерим», 1970; «Алай оюулары», 1971 (баары кендир, май боёк). Ж. Жумабаев турмушта бала кезден көргөндөрүн «Үпүп кармаган бала», 1976; «Көл боюндагы кыз», 1973 (экөө тең кендир, май боёк) ж. б. сүрөттөрүндө чагылдырган. «Кичи мекен» темасына фрунзелик сүрөтчү А. Садыкова да бир нече жолу кайрылган («Говсувар» пейзажы, 1972; кендир, май боёк ж. б.). Графика б-ча көп эмгектенгендер: У. Ахунов («Ак-Буура», 1968; «Эски Ош», 1969; «Байыркы Сулайман тоонун этегинде», 1969 ж. б.), Л. В. Горбунов («Бийик тоолордо», 1968; «Абшыр разрези», 1969; «Сары-Челек көлү», 1968). Р. С. Шафеев («Хива. Чет-жака», 1970; «Күтүү», 1971; «Күндүн батышы» 1972 ж. б.). Түш. Кырг-н сүрөтчүлөрүнүн чыгармачылык чеберчилигинин өсүшү жог. сүрөт окуу жайларын ж-а сүрөт окуу



Кыргызстан ЛКЖС сыйлыгынын лауреаты, сүрөтчү А. Асранкулов көргөзмө залында. Ош.

жайларын бүтүргөн жаштардын кели-
ши, ар түрдүү сүрөт көргөзмөлөрүнө
катышуу (1962—76-ж. Ош обл-нын сү-
рөтчүлөрү бүткүл союздук, зоналык,
респ., обл. ж-а персоналдык көргөзмө-
лөргө 45 жолу катышкан) 1978-ж.
Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун Ош
областтык бөлүмүн (башкармасынын
председатели — А. Б. Асранкулов)
ачууга өбөлгө түзгөн. 70—80-жылдары
Ош обл-ндагы сүрөт өнөрүнүн өнүгү-
шү тематикасынын ар түрдүүлүгү,
образдардын терең берилиши, сүрөт
тартуунун техникасы ж-а формасынын
жаңыланышы м-н белгиленет. А. Б. Ас-
ранкулов тарыхый-рев-ялык тематика-
ны кош портрет («Граждандык согуш
жылдарында түштүктө комсомол ячей-
каларын уюштуруучулары Касымбе-
ковдордун портрети», 1979; кендир,
май боёк) түрүндө чагылдырып, азыр-
кы жумушчунун мүнөзүн ачып берүүгө
жетишип («Металлургдун портрети»,
1977; кендир, май боёк), айыл эмгеги-
нин өзгөчөлүгүн чагылдырат («Тыт
дарагын бутоо», 1975; кендир, май
боёк). Сүрөтчү А. Бейшеев — колорит-
тин мыкты чебери, ал өзүнүн бир катар
сүрөттөрүндө өткөн окуяларга кайры-
лып, ошону м-н бирге азыркы учурдун
маселелерине ой жүгүртөт («Согуш
жылдары. Машак терүү», 1975; кен-
дир, май боёк ж. б.). Б. Жалиевди ай-
мактын табияты кызыктырган («Оштун
чет-жакасы», 1974; «Туулган айыл»,
1979; баары кендир, май боёк). Эмгек
темасына А. Мурзакаримов («Токто-
гулдун оттору», 1974; «Бригада»,
1971), У. Бекташов («Жумуштан кай-
туу», 1975; «Тамеки станында», 1975)
ж. б. сүрөтчүлөр кайрылышкан. На-
тюрморт тарткан сүрөтчүлөр: А. Ис-
ланов («Ашкабак натюрморту», 1980),
К. Тургунов («Гүлдөр», 1980) ж. б.
Театр жасалгалоо өнөрү б-ча А. Ко-
нушбаев (Ош кыргыз драма театрынын
башкы сүрөтчүсү), Р. Ахмаджанов (Ош
өзбек музыкалуу драма театрынын
башкы сүрөтчүсү) ж. б. театр сүрөтчү-
лөрүнүн эмгектери бар. Ош обл-нда
скульптура өнөрү жай өнүккөн ж-а
фрунзелик сүрөтчүлөрдүн статуялары-
нын көчүрмөлөрүн жасоо м-н гана чек-
телет. 60-жылдардын 2-жарымынан
скульп. Д. В. Хеидзе станоктук пласти-
када (Ош кебез кездеме комбинатынын
жип ийирүүчүсү Э. Турдубаеванын
портрети, 1969, таш; «А. Бейшеновдун
портрети», 1972, каңдалган жез) ж-а
монументтик скульптурада (А. Навои-
нин эстелиги, 1968, бетон; Ф. Дзержин-
скийдин эстелиги, 1981, коло ж. б.) иш-
тей баштаган. Бул жылдары обл-тын
көптөгөн айыл-кыш-нда Сов. Союз. Баа-
тырларына эстеликтер, Улуу Ата Мек-
согушта курман болгон айылдаш жоо-
керлерге монументтер («Аза күткөн
эне», скульп. А. Дроздов, 1970; Ленин
р-ндагы М. И. Калинин атн. к-з
ж. б.) тургузулган. Лениндин скульпту-
раларын жаратуу улантылууда
(В. И. Лениндин бюсту, 1979, скульп.
Д. Жолчуев, арх. К. Назаров, Жаңы-
Жол р-ндагы Караван кыш.;
В. И. Лениндин эстелиги, 1985, скульп.
Н. В. Томский, арх. П. В. Баландин,
Р. К. Цой, И. Исамединов, Ош ш.; к. *Ле-
нин В. И. эстеликтери).* Скульп.
Д. Жолчиевди азыркы темадагы
скульптуралардай эле фольклор тема-
сы да кызыктырат («Бүркүтчү», 1976;
«Манасчы», 1978; «Бакыт», 1979
ж. б.). Көркөм образдарында күн-
дөлүк турмуш поэзиясын берүүгө ум-
тулган Оштун сүрөтчүлөрүнүн кыр-
гыз сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө кошкон
салымы ж-а алардын чеберчилигинин
өскөндүгү сүрөт көргөзмөлөрүндөгү
чыгармалардан байкалат. 1977—81-ж.
обл-тын сүрөтчүлөрү 44 көргөзмөгө
(обл., зоналык, респ., бүткүл союздук
ж-а 1 жолу чет өлкөлүк — Польша,
Катовице) катышкан. Азыр Кыргыз-
стан сүрөтчүлөр союзунун обл. бөлү-
мүндө 14 киши бар. Алар: Р. С. Ама-
нов, А. Б. Асранкулов, А. Б. Бейше-
нов, Л. В. Горбунов, Б. Жалиев, А. Ис-
ланов, Т. К. Касымов, А. О. Момунку-
лов, А. Б. Мурзакаримов, М. Ө. Өмүр-
кулов, Д. В. Хеидзе, Р. С. Шафеев,
А. И. Эпп (1985); Ош ш-ндагы балдар-
дын сүрөт мектебинин окуучулары
р-ндордо уюшулган сүрөт студиялары
ж-а сүрөт ийримдеринин арасында чы-
гармачыл иштерди жүргүзөт. Област-
тын эмгекчилерин сүрөт өнөрүнө тар-
биялоодо Сүрөтчүлөр союзунун обл.
бөлүмүнүн көргөзмө залы (Ош ш.),
элдик сүрөт галереясы (Кара-Суу
р-ндагы Таширов атн. к-з), кыдырма
сүрөт көргөзмөлөрүнүн мааниси зор.

А. А. Ярков

ШААР КУРУУ ЖАНА АРХИТЕКТУРА

Ош обл-ндагы шаар куруу мадания-
тынын ж-а архитектурасынын башат-

тары б. замандын түпкүрүндө жатат.
Байыркы аңчылардын алгачкы тургун
жайлары — Обишир I—V, Таш-Көмүр
ж. б. үңкүрлөрү неолит дооруна таан-
дык. Коло доорундагы (б. з. ч. 2-миң
жылдыктын ортосу) малчы-дыйкан
уруулары на Кайрак-Кумдагы тургун
жайлар, Түш. Ферганадагы күмбөздөр,
Чаян-Дөбөдөн (Ош ш.) табылган кара-
палар тийиштүү. Өзгөн (к. *Дыйкан
шаар чалдыбары),* Кара-Суу (*Отуз-
Адыр*), Ноокат (*Бөрү-Дөбө*) р-ндорунан
соңку коло доорунун чуст маданиятына
таандык дыйканчылык оазистери та-
былган. Ю. А. Заднепровскийдин маа-
лыматтары б-ча бул мезгилде тоо
тектирлеринде жайгашкан Ош тургун
жайы жертөлө сымал тамдары ж-а ка-
рапалары б-ча айырмаланып турат.
Нарын ж-а Кара-Дарыя сууларынын
аралыгынан орун алган Эйлатан шаар
чалдыбары (к. *Эйлатан маданияты)*
Ош оазисиндеги чуст маданиятынан
кийинки мезгилдеги б. шаар (б. з. ч.
7—4-к.) болуп эсептелет. Ош оазисинен
Чуст, Шоро-Башат маданияттарына
ж-а орто кылым мезгилине (14—16-к.)
таандык тургун жайлардын чоң топто-
ру табылган. Түш. Кырг-нды да камты-
ган Даван мамлекетинде (б. з. ч. 2-к.)
чоң-кичине болуп 70тен ашуун шаар
болгон. *Шоро-Башат шаар чалдыбары*
Даван мамлекетиндеги чоңдугу б-ча
үчүнчү шаар болгон деп божомолдонот.
Ю. А. Заднепровскийдин сүрөттөөсү
б-ча ал батыштан чыгышты көздөй
жайгашып, 4 бөлүктөн турган; аянты
70 *гадан* ашык. Уз. 3 *км*дей дубал м-н
курчалган. Шаар чалдыбарынын ба-
тыш бөлүгү мал короо катары пайда-
ланылган. Ортоңку бөлүгүндө куру-
луштардын калдыгы табылган. Чыгыш
бөлүгүндө цитадель жайгашкан. Шоро-
Башат маданиятына таандык турак
жай курулуштарынын архитектурасы
б-ча Оштун чет-жакасындагы (к. *Мир-
залим-Дөбө)* үй-чарбактын калдыктары
кабар берет. Тик бурч формадагы бул
үйдүн (аянты 400 $м^2$) 8 бөлмөсү болгон,
сырткы дубалынын калыңдыгы 2 *м.*
Чарчы формадагы төрт түркүктүү за-
лында (аянты 60 $км^2$ден ашык) дубал-
ды бойлото жылгач сөөрү, ортосунда та-
бынуучу очок орношкон. Жанында
төрт гүл желекчеси формасындагы бөл-
мө жайгашкан. Шоро-Башат мадания-
ты мезгилинде кыш м-н тургузулган ка-
лың чеп, дубалдар көп катмарлуу *Ма-
ды шаар чалдыбарына* да мүнөздүү.
Жазы суусунун сол жээгинде орун ал-
ган *Кызыл-Октябрь шаар чалдыбары*
ж-а *Дөң-Булак шаар чалдыбары* Улуу
Жибек жолундагы чептерден болгон.
Давандын борбору Гуйшуан ш-нын (ал
орто кылымда Касан чеби катары бел-
гилүү) калдыктары азыркыга чейин
сакталып калган. Бул шаардын алгач-
кы мезгилине таандык карапалар та-
былган. Шаар чалдыбарынын чыгыш
бөлүгүн казууда табылган бөлмөлөр
м-н коридор, батыш бөлүгүнөн табыл-
ган арка түрүндө жабылган төрт бөлмө-
лүү үй ж-а коридор 6—8-к-га таандык.
11—12-кылымдарда төрт ыйык жай
(мазар) салынган.

Ош обл-нын шаар куруу маданията-
нын ж-а архитектурасынын тарыхы
ушул аймактын тарыхы м-н ажырагыс
байланышта. 6—12-к-да дыйканчылык
оазистериндеги шаарлар гүлдөп өсүп,
көчмөн малчылар дыйканчылыкка ж-а
отурукташкан мал чарбачылыкка өтө
баштаган. 13-к-да отурукташкан дый-
канчылык маданияты ж-а шаарлардын
көпчүлүгү талкаланып, көчмөн малчы-
лык басымдуулук кылган. Андан ки-
йинки мезгил — элдердин, улуттардын
пайда болуу, калыптануу мезгили.
Тигил же бул мезгилдин шаар куруу
маданияты м-н архитектурасынын өз-
гөчөлүгү өндүргүч күчтөрдүн ж-а өн-
дүрүштүк мамилелердин өнүгүшүнө
жараша болгон. Түрктөрдүн мемо-
риалдык курулмалары Сары-Таш по-
сёлкасынан (Алай р-ну) чыгышты көз-
дөй тараган. Төрт кырдуу таш түркүк-
төр орнотулуп, таш коргондор м-н
курчалган үстү жабык мүрзөлөр б. з.
6—8-к-на таандык (к. *Кара-Бейит).*
Кумпа түрүндөгү же жалпак чатыр-
луу, тар эшиги бар таш курулма —
мугканалар Чаткал кырка тоосунан,
Ала-Бука, Жаңы-Жол р-ндорунан, Те-
рек-Сай ш. т. п-нын жанынан, Орто-То-
кой кыш-нын чет жагынан ж. б. жер-
лерден табылган. Бул курулмалардын
көпчүлүгү б. з. алгачкы кылымдарын-
дагы тоолук көчмөн малчы уруулардан
калган. Б. з. 1—6-к-ндагы дыйкандарга
Кайрагач тургун жайы (Лейлек р-ну)
таандык. Анын орто чениндеги чарбак
тик бурч формадагы имараттан, 6 кату-
луш катмарынан турат. Г. А. Брыки-
нанын пикири б-ча бул курулуштун ар
бир бөлүгү турак, чарбалык ж-а табы-
нуучу жайлар катары салынып бирдик-
түү архитектуралык комплексти түз-
гөн. Имараттын орто чениндө 5 бөлмө-
дөн турган ибадаткана орун алган.
Турак ж. б. бөлмөлөр коридордун



Алай р-нундагы Дароот-Коргон чеби.

айланасына топтолгон. Бөлмөлөрдүн биринен татаал түзүлүштөгү суу чыгаруу курулмасы бар терең кудук табылган. Чарбанын чыгыш бөлүгүндө көлмөсү бар чоң короо жайгашкан. Тепкичтүү терең кудук түрүндө болгон жер астындагы жол дарыяга алып барган.

Орто кылымдын башталышында, мусулман Караханилер мамлекетинин мезгилинде бышкан кыштан салынган порталдуу-чамгарак-кумпалуу диний курулмаларды (мечит, күмбөз, мунара) куруу өнүгө баштаган. Бул 20-к-дын башына чейин, негизинен Орто Азия имарат куруу өнөрүнүн нугунда сактылып келген ж-а ислам дининин тааси-ринде болгон. Түш. Кырг-н Россияга кошулгандан тартып, орус ж-а украин-дердин келиши м-н христиан чиркөө-лөрү курула баштаган. Орто кылымдагы архитектуранын көрүнүктүү эстеликтерине кумпа-порталдуу, ич жагы адегенде кыш м-н кооздолуп, кийин 12-к-да ганч м-н оймо-чиймеленген Шах-Фазил күмбөзү да кирет (азыркы Ала-Бука р-нунун аймагында). Тик бурч формада, бөлмөлөрү периметр б-ча жайгашкан *Соголон* кербен сарайы орто кылымдагы типтүү коомдук имарат болуп эсептелет. Анын дубалы таштан тургузулган. Ортосунда бышкан кыштан салынган курулманын уландысы бар. Кокон мезгилиндеги чеп куруу өнөрүнүн эстеликтерине Дароот-Коргон, Кан ж. б. чептердин калдыктары кирет.

Байыркы шаарлардын гүлдөө мезгилинде ж-а андан кийинчерээк азыркы Ош обл-нын аймагында Ахсикет, Испид-Булан, Исфана, Исфара, Кара-Булак (к. *Кара-Булак шаар чалдыбары*), Караван (к. *Караван шаар чалдыбары*), Куба, Ош, Өзгөн ж. б. шаарлар болгон.

8—10-к-да Ош ошол мезгилдеги типтүү чептерден болгон. Ортосунда цитадель, анын айланасында шахристан, ага уланта рабат жайгашкан. Цитаделде башкаруучунун сарайы ж-а абак (зындан) орун алган. Шаар дубал м-н курчалып, үч дарбазасы болгон. Дубалы тоого (азыркы Сулайман тоосу) барып такалган. Тоонун чокусунда кароол жай болгон. Базардын ичинде мунаралуу мечит жайгашкан. Ош тууралуу 15-к-да Бабур өзүнүн «Бабур-наме...» китебинде эскерет. Орто кылымдагы Оштун ээлеген аянты, архитектуралык өзгөчөлүгү белгисиз, анткени ал азыркы Оштун курулуштарынын астында калган. 1984-ж. Ю. А. Заднепровский казган орто кылымдагы мааланын 10—12-к-да салынган мончосу бар бир бөлүгү шаар мадаониятынын гүлдөгөндүгү ж-а шаардын абатталгандыгы ж-дө кабар берет. Мончонун изилденген 15 бөлмөсүнүн айрымдары гидравликалык ылай (шыбак) м-н шыбалгандыгы аныкталган. О. эле суу куурлары м-н өткөөлдөрүнүн калдыктары табылган. Орто кылымда *Асаф-ибн-Бурхия күмбөзү*, Сулайман тоосундагы күмбөз (16—17-к.), Абдулла хандын мечити курулган. Андан кийинки мезгилдеги архитектуралык эстеликтерге *Мухаммад Юсуп Байхожо оглы мечити* кирет. Ош 18—19-к. Орто Азияга мүнөздүү кууш, ийри-буйру көчөлөрдөн, кембагалдардын жер кепелеринен, ызы-чуулуу базардан, мечиттерден, шаар төбөлдөрүнүн үйлөрүнөн турган. Шаардын нег. көчөлөрү шаарга келүүчү чоң жолдордун уландысы катары калыптанып, өз багытын азыркыга чейин сактап турат. Байыркы Өзгөн ш. Кара-Дарыя ж-а Жазы сууларынын аралыгындагы тектирлер м-н адырларда пайда болгон. Цитадели ж-а шахристаны бөлөк-бөлөк турган 4 дөңсөөдө жайгашкан. Шахристандан түндүгүрөөктө канал өткөн (к. *Өзгөн-Арык*). Шахристанга батышынан ж-а чыгышынан дубал м-н курчалган рабат биригип турат. Шаардын түн. чек арасы Жазы суусу, түш. чек арасы Кара-Дарыя суусу болгон. Орто кылымдагы Өзгөндөн ар кайсы мезгилдерде салынган үч күмбөздөн ж-а байыркы убакта бийикт. 47,7 *мге* жеткен мунарадан турган Өзгөн архитектуралык комплекси сакталып калган.

Кокон хандыгынын мезгилинде аймактагы калктын нег. бөлүгүн көчмөндөр түзгөн. Кыргыздарда көчмөн малчылык 20-к-дын башына чейин басымдуулук кылган. Көчмөн мал чарбачылыгынын ж-а көчмөн тиричиликтин шартында өндүргүч күчтөр, о. эле үй курулушу да жай өнүккөн. Үй курууну өнүгүшүнө өзбектер, уйгурлар, кийинчерээк көчүп келген орустар, украиндердин таасири тийген. Адатта көчмөндөрдүн айылдары сууга жакын, шамалдан ыктоо ойдуңдарда жайгашкан. Көчмөндөрдүн нег. турак жайы көчүп жүрүүгө ыңгайлуу боз үй болгон. Боз үйдүн кереге, уктары, түндүгү ж-а үзүк, туурдуктары муундан муунга өркүндөтүлүп келген; 19-к-да боз үйдүн бир нече канаттан турган керегелери боз үйгө дубал катары кызмат кылган. Боз үйдүн орт. диаметри 5 *м*, орт. бийикт. 3—3,5 *м*. Адегенде тегиз жерге кереге тартылып, ууктун бир учу керегеге, экинчи учу түндүккө бекитилген. Түндүктөн боз үйгө жарык кирген ж-а түтүн сыртка чыккан. Боз үйдүн уук, керегеси сыртынан кийизден жасалган үзүк, туурдуктар м-н жабдылган. Жерге талпак, кийиз төшөлгөн. Боз үй ортодогу коломтого жагылган оттон жылытылып, май шам м-н жарык кылынган (20-к-дан тартып керосин чырак). Боз үйдүн ичинин оң тарабы аялдарга тиешелүү болгон; бул жерде тамак-аш, идиш-аяк сакталган. Сол тарабы эркектерге тиешелүү болуп, анда ат жабдыктары, аңчылыкка, мал чарбачылыгына зарыл буюмдар турган. Кыргыздардын боз үйү Орто Азиядагы башка элдердин боз үйүнөн ички жасалгасы, сырткы көрүнүшү м-н кескин айырмаланган. Боз үйдүн көлөмүнөн, сырткы ж-а ички жасалгасынан анын ээсинин кайсы тапка таандык экендиги байкалып турган.

Кыргыздардын чала көчмөн ж-а отурукташкан турмушка өтүшү м-н көчмөндөрдүн ыңгайлуу кыштоолору кыштак тибиндеги айылдарга айланып, туруктуу турак ж-а чарбалык жайлары салына баштаган. Түш. аймактарда турак үйлөр 19-к-дын биринчи жарымынан тартып курула башталган. Тоолуу аймактардагы айылдарда үйлөр иретсиз, ар кайсы жерде чачыранды жайгашкан. Түштүктө тоо этегиндеги аймактарда кыргыз айылдары тоо боорунда жайгашып, тажиктердин тектирлүү кыштактарына окшоп кеткен. Айрым кыргыз айылдары орус ж-а украин кыштактары сыяктуу сууну же жолду бойлото орун алган. 19-к-дын аягында кыргыздарда балык жон чатырлуу, терезелери көчөнү караган жыгач үйлөр (ал үйлөргө короо жай курулуштары улай салынган) пайда болобаштаган. Алгачкы үйлөр пайдубалсыз салынып, таманы жер, 1 же 2 бөлмөдөн турган. Бөлмөнүн ортосунда боз үйдөгүдөй очок болгон. Бөлмөнүн шыбынан түтүн чыгуу үчүн тешик жасалган. Кичинекей терезе оюктары жыгач капкак м-н жабылып, кээде ал дал шыптын түбүнөн чыгарылган. 19-к-дын башында да кыргыздар кенен морлуу меш-очокторду кура башташкан. Бул меш-очоктор үйгө жылуулукту аз берип, негизинен тамак бышыруу үчүн гана колдонулган.

20-к-дын башында турак үйлөрдүн бир нече тиби тараган. Чоң Алайда, Баткен, Фрунзе р-ндорунда памир тибиндеги үйлөр мүнөздүү. Турак жай, мал сарай, отун, чөп коюлуучу жайлардын баары бир чатырдын астында жайгашкан. Бир гана эшиктен кирген, короо болгон эмес. Дубалы топурактан согулуп, бийик болгон. Жалпак чатырын жоон мамылар (кадалар) тиреп турган. Очок жерде эле, бир аз көтөрүңкү жайгашып, түтүн үйдүн шыбындагы атайы тешик аркылуу чыккан. Фергана тибиндеги үйлөрдүн үстү жалпак, дубалы ылайдан (пакса) же гүбалактан тургузулган. Кире беришинде айваны болгон. Ички дубалдарында оюк-текчелер жасалган. Бул типтеги үйлөрдүн көп түрү болуп, кеңири тараган. Турак үйлөрдүн үчүнчү аралаш тибине орус ж-а тажик-өзбек үйлөрүнүн архитектуралык элементтери мүнөздүү; балык жон чатырлуу, дубалдары оюк-текчелүү, айваны бар. Дубалы негизинен бышырылбаган кыштан тургузулуп, пайдубалы да болгон. Түш.-батышта үйлөр сынч (мамы, када) коюлуп тургузулган. Кийинчерээк бардык жерде бышырылбаган, кээде бышкан кышты пайдаланып келишкен. Коңшулаш элдерден үй куруу ыкмала-

Ош телеграфынын имараты.



рын алуу м-н бирге кыргыздар өздөрүнүн кылымдардан бери келе жаткан үй куруу салттарын, ыкмаларын улантышкан. Алар үйдү ички ж-а сырткы бөлмөлөргө бөлүшпөй эле, көбүнчө чоң бир бөлмө курушкан, бийик дубалдарды тургузушкан эмес, кууш, ийри-буйру көчөлөрдү түзүүдөн алыс болушкан.

Ош обл-ндагы азыркы шаарлардын көпчүлүгүндө шаар курулушу ж-а архитектуранын тарыхый калыптанган өзгөчөлүктөрү сакталган. Эски Ошто бир кабаттуу үйлөргө, туюк дубалдарга кысылган ийри-буйру тар көчөлөр дагы эле бар. 19-к-дын 80-жылдарынын башында эски курулуштардан түштүк-түү карай азыркы Свердлов, Октябрдын 25 жылдыгы, Хохлов ж-а Совет көчөлөрүнүн чегинде европалык типтеги үйлөр салынып, жаңы Ош тез өнүгө баштаган. Бышкан кыштан курулган үйлөрдөн турган маалалар пайда болгон, админ. ж-а коомдук имараттар, ө. ж. ж-а соода объектилери үчүн орун бөлүнгөн. 19-к-да Сүлүктү ж-а Кызыл-Кыя, 20-к-дын башында Көк-Жаңгак шахтёрлордун посёлкалары катары түзүлгөн. Негизинен алардын калкы борб. Россиядан, Украинадан көчүп келгендер болгон. Шахтёрлордун бул посёлкаларындагы эски курулуштарына барак түрүндөгү үйлөр мүнөздүү. Көптөгөн жумушчулар жер тамдарда, жарым подвалдарда жашашкан. Бул үйлөрдүн арасында шахта ээлеринин, падышалык чиновниктердин көрктүү үйлөрү айырмаланып турган. Өзгөн ш-нда байыркы Өзгөндүн көчөлөрүнүн, маалаларынын жайгашуу мүнөзү бир аз сакталган. Туюк дубалдар, тар короолор, орто кылымга таандык курулмалар 20-кылымга чейин жеткен. Жалал-Абад курорт посёлкасы катары дарылык касиети бар минералдуу суу чыккан жерде пайда болгон. Түш. Кырг-ндагы шаарлардын ичинен Жалал-Абад көчөлөрүнүн түздүгү, европалык типте салынган үйлөрдүн көптүгү м-н өзгөчөлөнгөн. Курорттун аймагындагы Кыз-Булак (1868), Аюу-Булак (1878), Ак-Булак (1880) бассейндеринин имараттары 19-к-дын 2-жарымындагы коомдук курулуштардын архитектурасынан кабар берет. Ош — Жалал-Абад авт. жолунун боюнда Кара-Суу кыш. түзүлүп, азыр шаарга айланып, анда ошол кездеги түзүлүшүнүн ж-а композициялык структурасынын белгиси сакталууда. Эски шаарлардагы, негизинен, бир кабаттуу курулуштардын ичинен далай имараттар архитектуралык жактан өзгөчөлөнгөн. Өнөр жай имараттары тар ж-а кунарсыз болгон. Революцияга чейинки Түш. Кырг-ндагы айыл-кыштактар ж-а жумушчу посёлкалары жалпы эле Орто Азияга мүнөздүү типте болуп, тигил же бул улуттун үй куруу белгилери басымдуулук кылган.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин, Гражд. согуш аяктап, басмачылар талкаланган соң Түш. Кырг-нда үй куруу иштери жандана баштайт. Басмачылар талкалаган Сүлүктү ж-а Көк-Жаңгак посёлкалары калыбына келтирилген. Ош, Өзгөн, Кызыл-Кыя, Жалал-Абад ж. б. калктуу пункттарда ө. ж. имараттары, ар кыл коомдук имараттар — мектеп, ооруканa, мончолор курула баштаган. Эски маалалар, көчөлөр абатташтырылган. Жаңы шаарлар — Таш-Көмүр, кийинчерээк Майлы-Сай пайда болгон. Ошол учурда салынган имараттардын архитектурасы 20—30-жылдардагы имарат куруу өнөр стилин чагылдырат. Архитектура ж-а шаар куруунун жаңы формаларын түзүү 40-жылдардан башталган. 1940-ж. архитектор В. К. Змиевский Ошту куруу ж-а реконструкциялоо б-ча алгачкы пландоо документациясын түзгөн. Анда түз ж-а айланма көчөлөр тармагын түзүү сунуш кылынган. 1939—40-ж. ушул эле архитектор 3-беш жылыкка эсептелген Жалал-Абад ш-нын болжолдуу схемалык планын иштеп чыккан. Ош обл-ндагы шаарларды өнүктүрүүнүн ж-а реконструкциялоонун алгачкы негизги пландары согуштан кийин (1949-ж. Оштуку, арх. В. Е. Нусов ж-а Л. Г. Куцемелов; 1950-ж. Жалал-Абад, арх. П. П. Иванов; 1951-ж. Таш-Көмүр, арх. В. С. Энкер ж-а М. Ш. Сулла; 1957-ж. Кызыл-Кыя, Сүлүктү, арх. В. С. Энкер; Өзгөн, арх. В. Е. Нусов ж-а Л. Л. Хворостинская; 1958-ж. Көк-Жаңгак, арх. В. С. Энкер, Г. К. Гольдштейн, М. Ш. Сулла; 1978-ж. Кара-Суу, арх. Н. В. Карпенко, В. И. Иванов ж. б.) түзүлгөн.

Таш-Көмүр ш-ндагы жаңы турак жайлар.



Областтын борборун өнүктүрүүгө айрыкча маани берилген. Бул негизинен бир кабаттуу курулуштарды реконструкциялоонун эсебинен ишке ашырылат. 20-жылдардын аягында 30-жылдардын башында Ош ш-нда алгачкы ири ө. ж. ишканалар — пилла түрүүчү ф-ка, Памир автотранспорт башкармасынын автобазасы курулган. Согуш алдындагы жылдарда Жумушчу-Дыйкан (азыркы Кыргызстан) көчөсүндө педагогика окуу жайынын ж-а мугалимдер ин-тунун, Коммунизм (азыркы Свердлов) көчөсүндө айыл чарба техникумунун имараттары салынган. Андан кийинки жылдарда бир катар ө. ж. ишканалары — авт. ондоочу ж-а насос з-ддору, курулуш индустриясынын ишканалары, текстиль комбинаты, эт комбинаты, сүт з-ду, мебель ф-касы, ири автобазалар ж. б. курулган. 1-негизги план б-ча Ош ш-н суу м-н камсыз кылуу үчүн суу куурларын, шаардын түш. бөлүгүндө Ак-Буура суусуна суу топтогуч курду, көчөлөрдү реконструкциялоо каралган. Шаарда алгачкы аянттар ж-а фонтандар, жаңы жашыл массивдер пайда болуп, Ак-Буура суусунун жайылмасы көрктөндүрүлө баштаган. 1959-ж. Ош педагогика ин-тунун (арх. В. Е. Нусов, Л. Г. Куцемелов) курулушу бүткөн. Массалык турак жай куруу башталган. Адегенде бышкан кыштан, 60-жылдардын 2-жарымынан ири панелдерден турак үйлөр курула баштаган. Мектептерди, бала бакчаларды, ооруканаларды, клубдук мекемелерди куруу 50-жылдардын 2-жарымында эле колго алынган. 60-жылдардын 2-жарымында Ошто партиянын ө. ж. обкомунун ж-а обл. аткомдун (азыркы шаркомдун ж-а шаар аткомдун) имараттары (арх. П. В. Баландин, инженер-конструктору В. И. Суслов) салына баштаган. Ош ш-н реконструкциялоонун ж-а өнүктүрүүнүн жаңы негизги планын 1970-ж. «Кыргызкурулушдолбоор» ин-ту (арх. Н. В. Карпенко, А. В. Мечковская, Г. Г. Соосар ж. б.) иштеп чыккан. 1972-ж. Ош автовокзалы ишке киргизилген. Обкомдун ж-а обл.аткомдун (арх. П. В. Баландин), Кыргыз драма театрынын, Өзбек музыкалуу драма театрынын жаңы имараттарын куруу башталган. 1979-ж. Кыргызстан көчөсүндөгү жаңы турмуш-тиричилик үйү, 1980-ж. Интернациональный көчөсүн бойлой Ак-Буура суусуна салынган көпүрө ишке киргизилген, обл. ооруканасынын, балдар ооруканасынын курулушу аяктаган. Тельман көчөсүндө (базардын жанында) жер астындагы өткөөл курулган. 1983-ж. Кыргызстан, Кызыл-Суу көчөлөрү, Юбилейный проспектиси кесилишкен жерде биринчи 7 кабаттуу турак үй тургузулган. Кыргызстан ж-а Зайнабитдинов көчөлөрүнүн кесилишине 9 кабаттуу үй курулган (1985). Азыр шаарда негизинен беш кабаттуу үйлөр курулуп жатат. Бийик үйлөрдү куруу аймактын сейсмдүүлүгүнө ж-а кыртыштын борпоңдугуна байланыштуу чектелүүдө. 10 миңден ашуун адамга эсептелген «Батыш» микрорайонунун курулушу аяктаган. Гидро куруучулардын мааласынын ж-а Кыргызстан көчөсүндөгү 5-микрорайон тездик м-н курулууда. Үстү жабык жаңы базар курулуп жатат. 8, 7, 2-микрорайондордун курулушу кезекте турат. Жаңы турак жай маалалары абаттандырылган. Кенен көчөлөр ж-а проспектилер жаңы турак жай массивдерин бирине ж-а шаардын борборуна байланыштырып турат.



Фрунзе ш. т. п-ндагы мейманкана.

Ош ш-нын курулушу б-ча нег. долбоорлоо иштерин Фрунзедеги «Кыргызкурулушдолбоор» ин-ту ж-а анын Оштогу бөлүмү аткарган. Тактап айтканда ин-ттун Оштогу бөлүмү Текстилчилер шаарчасы турак жай массивинин, «Түндүк-Чыгыш», «Черёмушки», «Батыш» микрорайондорунун, шаардын борб. бөлүгүнүн, менчик үйлөрдөн турган маалаларды куруу долбоорун иштеп чыккан. Институттун өзү «Түштүк-Чыгыш» микрорайонунун, Текстилчилер шаарчасынын жайгашуу дол-



Ош ш-ндагы саясий агартуу үйү.

боорун түзгөн (1985). «Кыргызкурулушдолбоор» ин-ту Ош обл-ндагы шаарлардын, посёлкалардын ж-а кыштактардын мурунку негизги пландарына түзөтүү киргизип, жаңы негизги пландарды иштеп чыккан. 1988-ж. обл-тагы бардык 9 шаардын (алардын экөө р-ндордун борбору) негизги планы болгон. Областтагы р-ндордун борборунун негизги пландары түзүлгөн. 9 ш. т. п-нын (Восточный, Кочкор-Ата, Кызыл-Жар, Найман, Сары-Таш, Фрунзе, Хайдаркен, Чабай, Шамалды-Сай) негизги пландары иштелип чыккан. 1985-ж. Майлы-Сай ш-нын ж-а Кочкор-Ата ш. т. п-нын негизги пландарынын мөөнөтүнүн жеткендигине байланыштуу «Кыргызкурулушдолбоор» ин-ту аларга түзөтүү киргизген. 1965-жылдан бардык жерде айыл-кыштактарды кайра куруу ж-а жашылдандыруу, топурак дубалдарды бузуп, аларды кашаалар, бак-даректар м-н алмаштыруу башталган. 1985-ж. чейин обл-та 415 айыл-кыштак өнүгүүнүн ж-а реконструкциялоонун негизги пландарын алган, алардын ичинде к-з, с-з ж-а атайын чарбалардын 157 борб. чарбагы, 247 бөлүмдөрү бар. Жылдан жылга айылдарда социалдык маданий ж-а турмуштиричилик объектилер тармагы кеңейтилип, абаттандырууга жумшалган каражат көбөйүүдө. 1971—74-ж. бул максатта бир гана Ноокат р-ну үчүн 17 млндон ашык сом жумшалган. Мында 1976-ж. жалпы маданият турмуштиричилик курулушуна бөлүнгөн акча жалпы капиталдык салымдын 37%ин, 1980-ж. 56%ин түзгөн. 1983-ж. Ноокат р-нундагы «Россия» к-зунун гана киреше 7,5 млн сомго жеткен. Бул к-здо бардык ыңгайлуулуктары бар чарбалык тибиндеги эки кабаттуу үйлөр салынган. Колхоздун борб. чарбагында админ.-маданий борбор ж-а соода-турмуш-тиричилик комплекси түзүлгөн. Бул жерде маданият сарайы, поликлиника, 100 орундуу оорукана, универсал дүкөн, турмуш-тиричилик комбинаты, байланыш бөлүмү, музей, китепкана, бала бакча, муз. мектеп, спорт аянттары курулган. Азыркы архитектуралык деңгээлдеги кыштактар обл-тагы башка чарбаларда, мис., В. И. Чапаев атн. к-здо (Ноокат р-ну), «Биринчи Май» с-зунда (Баткен р-ну), «Отуз-Адыр», «Кара-Суу» с-здорунда (Кара-Суу р-ну) курулуп жатат. Азыр респ-да айылга ылайыкталган турак үйлөрдүн ж-а коомдук, админ. имараттардын түрдүү сериялары иштелип чыгууда. Айылдарды абаттандыруу экон. милдеттерди чечүү м-н тыгыз байланышта жүзөгө ашырылууда. Кыштактарда өндүрүш багытында мал чарба комплекстери, ар түрдүү цехтер ж-а мастерскойлор курулууда. 70-жылдары коомдук имараттардын (маданият ж-а турмуш-тиричилик үйлөрү, мектептер, ооруканалар, бала бакчалар, универсал дүкөндөрү ж. б.) курулушу м-н айыл ж-а шаар архитектурасынын жакындашуу процесси башталган. Мозаикалык панно м-н кооздолгон жаңы имараттар, гүлзарлар ж-а бак-даректар шаардын көчөлөрүнө, жумушчу ж-а айылдык посёлкаларга көрк берет. Көчөлөрдүн сырткы көрүнүшү кыйла жакшырды. Областтын калктуу пункттарындагы маданият ж-а эс алуу парктарында, аянттар м-н көчөлөрдө монумент скульптуралары пайда болду (к. *Эстеликтер* ж-а *Ош шаарынын эстеликтери*). 1962-ж. Ош сүрөт өнөр-өндүрүш өнөрканалары, андан кийин (1976-ж.) Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун Ош обл. бөлүмүнүн ачылышы м-н монументтик-жасалга өнөрүнө, калктуу пункттарды көркөм жасалгалоого айрыкча көңүл бөлүнө баштаган. Областтагы шаар куруу ж-а архитектуранын

Оштогу «Ак-Өргөө» белек-бечкек дүкөнү.





Ош байланыш түйүнүнүн имараты.

өнүгүшүнө Кыргызстан архитекторлор союзунун Ош обл. бөлүмү чоң салым кошкон.

А. В. Аксельруд, К. И. Антипина, П. В. Баландин, К. Назаров

САЛАМАТТЫК САКТОО

Ош аймагында калкты мед. жактан тейлөөнүн уюмдашкан алгачкы формалары ал Россияга кошулгандан кийин пайда болгон. Аскер кызматкерлерин туруктуу атайы жайга жаткызып дарылоого арналган Ош аскер госпиталы Ош уездиндеги алгачкы дарылоо мекемеси болгон. Анын кызматкерлери гражд. калкка да зарыл жардам көрсөтүп турган. Кийин Ош ш-нда госпиталдын ордуна аскер кызматындагылар үчүн лазарет ачылган. 1895-ж. июндан Жалал-Абад ш-нын айланасында минералдуу суу чыккан жерде аптекасы бар санитария-климатологиялык станция (25 орундуу) иштеген. Анда оорулуу аскер кызматкерлери дарыланышкан. Аны Түркстан ж-а Фергана медицина коомдору уюштурган. 19-к-дын 80-жылдарында Ош ш-нда 5 орундуу бейтап адамдарды кабыл алуу жайы ж-а фельдшердик пункт болгон, кийин 1895-ж. шаардык оорукана, 1900-ж. 10 орундуу земстволук-туземдик оорукана ачылган. Врачтар негизинен байларды ж-а шаар төбөлдөрүн тейлеген. 1898-ж. Ош уездиндеги Покровский кыш-нда амбулатория пункту ачылган, аны уездик врач башкарган, бирок оорулууларды негизинен фельдшер кабыл алган. 1906-ж. 3 айылдык врачтык участка (Ош, Базар-Коргон, Жалал-Абадда) түзүлүп, анда врач, фельдшер, акушер ж-а чечекке каршы эмдөөчү иштеген. Штаты өтө аз болуп, падышачылык администрация саламаттык сактоого анча-мынча гана каражат бөлүп турган. Энтузиаст-медиктер жан аябай иштеп, эмгекчил калктын ишенимине киришкен. Буга рев-яга чейинки саламаттык сактоо мекемелерине кыргыздардын (а. и. аялдардын) көбүрөөк көрүнө башташы күбө. Жерг. улуттардын нег. массасы ж-а Россиядан көчүп келген орус кедейлери табыптарга же эмчи-домчуларга кайрылышкан. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынын жеңишинен кийин гана аймакта саламаттык сактоо мекемелеринин тармактары көбөйө баштаган.

Ош уездинде Совет бийлиги орноор замат санитариялык совет уюшулуп, ал 1919-ж. уездик саламаттык сактоо бөлүмү болуп кайрадан түзүлгөн. Дарылоочу-кароочу комплекстүү көчмө врачтык отряддар — дарылоо-санитариялык кербендер уюшулган. Ал мед. кызматкерлерден ж-а үгүт бригадасынан турган. Бул кербендер элди дарылап, чечекке каршы эмдөө жүргүзүшкөн, стационардык дарылануугa муктаж болгондорду ооруканага жаткырышкан, санитария-агартуу ж-а маданий-массалык иштерди аткарышкан. 1928-ж. азыркы Ош обл-нын аймагында 185 орундуу 18 дарылоо мекемеси болгон. 1931-ж. обл. оорукана ачылган. 1937-ж. Ошто, 1938-ж. Жалал-Абадда



ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатынын түр түшүрүү-боёо ф-касында Ош санэпидстанциясынын кызматкерлери абаны текшерүүдө.

шаардык санитария-эпидемиологиялык станция түзүлгөн. Энеликти ж-а балалыкты коргоого зор маани берилген. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Оштогу шаардык ооруканада 2 орундуу төрөт бөлүмү, 1927-ж. 10 орундуу төрөт үйү ачылган. 1940-ж. 35 балдар консультациясы, балдар ооруканалары ж-а бөлүмдөрүндө 20 педиатр, чондор үчүн 1335 орундуу 39 оорукана мекемелеринде 179 врач, 1018 мед. орто билимдүү адис иштеген. 1948-ж. Фрунзе р-нунун Төлөйкөн, Жар-Көтөн айыл советтеринде, Ноокат р-нунун Кичи-Алай айыл советинде, Кара-Суу р-нунун Совет айыл советинде, Кызыл-Кыя ш-нда ооруканалар ачылган. Согуштан кийинки жылдарда Жалал-Абад, Өзгөн ш-нда туберкулёзго каршы бөлүмдөр, Шакафтар посёлкасында сөөк туберкулёзун дарылоочу оорукана, Ош ш-нда ж-а Фрунзе, Базар-Коргон р-ндорунда туберкулёзго каршы санаторийлер ачылган.

1984-ж. Ош обл-нын аймагында обл. саламаттык сактоо бөлүмүнүн системасында 18 шаардык, 14 борб., 4 р-ндук, 40 участкалык, 4 балдар ооруканасы, 4 төрөт үйү, адистештирилген 2 туберкулёз ооруканасы, 1 психиатриялык оорукана, 17 диспансер, 114 поликлиника ж-а поликлиникалык бөлүмдөр, Ош ш-нда 6 шаардык оорукана, 2 обл. (1 балдар) оорукана, 2 төрөт үйү, 6 диспансер, 23 поликлиника ж-а поликлиникалык бөлүмдөр иштеген. Мындан тышкары санитария-эпидемиологиялык станциялар, колхоз-совхоз төрөт үйлөрү (алардын саны 85) ж-а ведомстволук мед. мекемелер болгон. Жалал-Абад курорту, эс алуу үйлөрү, туристтик станциялар, санаторийпрофилакторийлер, балдар санаторийлери, 46 аялдар консультациясы, Кочкор-Ата ш. т. п-нда балдарды дарылоочу ооруканабар. Областта 78 сүт кухнясы иштейт, аларда балдар үчүн күнүгө 40 миң порция сүт аралашмасы чыгарылат. Айыл-кыштактар м-н жайлоолордо көчмө аялдар ж-а балдар консультациялары энелер м-н балдарга дарылоо-алдын алуу б-ча квалификациялуу жардам көрсөтүшөт. Медициналык тез жардам кызматы жолго коюлган. Реанимациялык, кардиологиялык, педиатриялык ж. б. атайын бригадалар уюштурулган. Оорулууларды дарылоодо жасалма бөйрөк, барокамера, лазердик установка, ата мекендик ж-а чет өлкөлүк татаал түзүлүштөгү башка мед. жабдуулар пайдаланылат. 1985-ж. диагноз коюунун ж-а дарылоонун 36 жаңы ыкмасы колдонула баштаган. Областтык консультациялык поликлиника сменасына 500 адамды көрө алат. Областтык илимий мед. китепкана (100 миң китеп бар) иштейт. 1980—86-ж. ооруканадагы орундар 2050гө көбөйүп, алардын саны 19 345ке жеткен. 1986-ж. 10 миң кишиге 107,3 орун туура келген (1975-ж. 102,4 орун). Ири ө. ж. ишканаларында өздөрүнүн медициналык-санитариялык бөлүмдөрү бар. Поликлиникалардын ишканалардагы врачтык участкаларынын саны 37ге жетти. Ишканалардагы саламаттык сактоо пункттары (азыр алардын саны 89) да мед. жардам көрсөтүү формаларын жакшыртууда. Аларда жаңы жабдуулар орнотулган физиотерапия, фотария, ингаляция кабинеттери иштейт. 1985-ж. 50 айылдык врачтык амбулатория, 412 фельдшер-акушердик пункт ж. б. болгон. Айылдык ооруканалардагы орундардын саны 7690го жетти. Айылда жашагандарга мед. жактан тейлөөнүн 17—20 түрү б-ча жардам көрсөтүлөт. Бардык айылдык ооруканалар м-н амбулаториялар жаңы аппа-

Түштүк автотрестинин «Автодорожник» профилакторийи.





Ош обл. ооруканасы.

ратура, санитариялык транспорт м-н жабдылган, врачтар м-н толукталган. Көчмө врачтык амбулаториялар, стоматологиялык ж-а флюорографиялык установкалар иштейт. Санитариялык авиациянын жардамы м-н жог. квалификациялуу адистер обл-тын эң алыскы жерлерине да бара алышат. 10-беш жылдыкта саламаттык сактоого 222,2 млн сом, ал эми 11-беш жылдыкта 260 млндон ашык сом жумшалган.

1986-ж. обл-та 4180 врач, 15 240 мед. орто билимдүү адис (а. и. 1 Соц. Эмг. Баатыры, 28 Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы, 6 Кыргыз ССРинин саламаттык сактоосуна эмгек сиңирген кызматкери) иштеген; медицина илиминин 10 кандидаты, Кыргызстан Ленин Комсомолу сыйлыгынын 1 лауреаты болгон; 450 мед. кызматкер СССРдин ордендери, медалдары, 61 адам Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы ж-а 30 адам респ-нын Саламаттык сактоо мин-восунун Ардак Грамотасы м-н сыйланган. 2 врач Кыргыз ССР Жог. Советине, 4 врач Ош обл. советине, 200дөй врач Жерг. советтерге депутат болуп шайланган. 247 мед. кызматкер СССР саламаттык сактоосунун отличниги, 7 минден ашууну коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү. Мед. орто билимдүү адистерди Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай медицина окуу жайлары даярдайт. Областта саламаттык сактоонун өнүгүшүнө С. И. Мошковская, И. О. Өмүрбекова, К. Г. Гаиббаева, Т. Т. Турахожаева, И. А. Губайдулина ж. б. чоң салым кошкон.

В. Я. Галицкий, Ж. Өмүрзаков

Ош шаардык балдар ооруканасында.



ФИЗКУЛЬТУРА ЖАНА СПОРТ

Революцияга чейин кыргыздарда спорттун улуттук түрлөрү, элдик оюндар, дене көнүгүүлөрү таркалган. Кыргызстан Россиянын курамына кирген-ден кийин спорттун классикалык түрлөрү бир аздан өнүгө баштап, ал эми Совет бийлиги орногондон кийин массалык түрдө жайылган.

Ош ш-нда жалпыга бирдей аскердик окутуунун (ЖБАО) киргизилиши м-н физкультурачылар кыймылы да жайыла баштаган. Кыргызстандагы алгачкы спорт ийримдеринин бири ЖБАОнун Оштогу бөлүмүндө (1920, 19-июнь) пайда болгон. Ийримге катышкандар футбол аянтын куруп, 1920-ж. жайында оюн өткөрүшкөн. Дене тарбиялык машыгууларда гимнастикага көп көңүл бурулган. 1923-ж. Кызыл-Кыя ш-нын шахтёрлору Кырг-ндагы жумушчу табынын алгачкы спорт ийримин түзүшкөн. Ага 59 адам (а. и. 14 кыз) катышкан. ЖБАОнун органдарынын жоюлушу м-н 1923-ж. 22-августа Ош уездик аткаруу к-тинин карамагында физкультура совети уюштурулган, ал Кырг-ндын аймагындагы ушундай алгачкы совет болгон. Анда спорт ийрими (жетекчиси Н. В. Борисов — Ош аскер комиссарынын жардамчысы) иштеп, өздөрү курган гимнастика аянтында майрам сайын оюндарды уюштурган. 1925-ж. Ош ш-нда 3, Кызыл-Кыя ш-нда 1 физкультура ийрими иштеген. 1927-ж. 24-июнда Фрунзе ш-нда Бүткүл кыргызстандык физкультурачылардын майрамы өткөрүлүп, анда Ош кантонунун командасы жеңил атлетика



Ош обл. кесиптик-тех. билим берүү башкармасынын «Барчын» санаторий-профилакторийиндеги спорт залда.

б-ча 3-орунга ээ болгон. 1928-ж. физкультура ж-а комсомол уюмдары жайлоолордо түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, спорттун улуттук түрлөрү б-ча ийримдерди уюштурушкан. 1929-ж. Ош аймагы айыл-кыштак физкультурачыларынын респ. слётуна өз өкүлдөрүн жиберген. 1928—29-ж. жалпы билим берүүчү мектептерде физкультура сабагы акырындык м-н милдеттүү түрдө киргизиле баштаган. Спорттун жаңы түрлөрү улам кеңири тарала баштаган. 1934-ж. Ош — Хорог — Ош велосипед жарышы өткөрүлгөн. 1937-ж. «Кызыл Роза» спорт коомунун Москвада өткөн Бүткүл союздук мелдешинде Ош пилла түрүүчү ф-касынын жеңил атлетикачылары өз тармактарынын өндүрүш коллективдеринин арасынан 2-орунду жеңип алышкан. Областта «СССРди коргоого жана эмгекке даяр» (ГТО) комплексинин киргизилиши физкультура м-н спорттун өнүгүшүнө түрткү берген. Бирок кадрлар жетишпей жатты. Согуштан кийинки жылдары Кырг-ндын түштүгүндө ө. ж. ж-а а. ч. эмгек коллективдери түзүлгөн мезгилде физкультура м-н спорт да кеңири кулач жайды. Бүткүл союздук «Динамо» ж-а «Спартак» спорт коомдорунун обл. советтеринен башка респ. «Колхозчу» (1954), «Алга» (1958), бүткүл союздук «Эмгек резервдери» (1965) ыктыярдуу спорт коомдорунун обл. советтери түзүлгөн. 1986-ж. «Колхозчу» коомунун обл. уюмунда спорттун 16 классикалык ж-а 7 улуттук түрү б-ча машыккандардын саны 70 миңден ашкан. «Алга» коому 30 миңден ашык кишини бириктирет. 1985-ж. обл-та 12 стадион (анын көбү ашарга чогулган энтузиасттардын күчү м-н курулган), 99 тир, 10 сууда сүзүү бассейни, 320 спорт залы (а. и. 18и адистештирилген), 3 178 спорт аянтчалары болгон. Бардык спорт жайларында 300 миң киши машыгат. Областтын көптөгөн ишканаларында жаңы жабдуулар орнотулган физкультура комплекстери иштейт. Оштогу ВЛКСМ атн. жибек комбинатынын «Шёлковик» стадионунда, Майлы-Сай электр лампа з-дунун стадионунда жерг. ж-а респ. мелдештер, кээде зоналык, бүткүл союздук ж-а эл аралык мелдештер өткөрүлүп турат. 1986-ж. обл-та балдар м-н өспүрүмдөрдүн 35 спорт мектептери болгон (к. *Спорт мектептери).* Мектеп окуучуларын физкультурага көнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Физкультура сабагы милдеттүү түрдө өтүлөт, ал эми спорттук шыктуу балдар м-н өспүрүмдөр спорт мектептеринде машыга алышат. Анын бири — балдар м-н өспүрүмдөрдүн спорттук олимпиялык резерв мектеби. Анда 500 окуучу машыгат, мектеп 1977—84-ж. СССР спортунун эл аралык класстагы 2 мастерин (оор атлеттер В. Москалёв, Х. Ю. Юлдашев), СССР спортунун 17 мастерин даярдап чыгарган. Спорттун аскердик-тех. түрлөрүн ДОСААФтын обл. уюму алып барат. Оштогу ДОСААФтын бир-иккен тех. мектебин миңдеген киши бүтүп, кесип алышкан ж-а Сов. Армияда кызмат өтөөгө даярдыктан өтүшкөн. Спортсмендерди даярдоонун борборлорунун бири — Ош шаардык Физкультура үйүндө (1965-ж. курул-

Оодарыш.





Ош ш-ндагы балдар м-н өспүрүмдөрдүн спорт мектептеринин биринде.

ган) спорттук жайлар ж-а аянтчалар комплекси бар. Анда футбол б-ча эл аралык ж-а Бүткүл союздук мелдештер, жеңил атлетика, ГТО комплексинин нормаларын тапшыруу, футбол б-ча респ., обл. мелдештер өткөрүлөт. «Памир» эл аралык альпинисттик лагери (Алай р-нундагы Ачык-Таш капчыгайында) дүйнөгө белгилүү болду. Ал Памир, Алайдагы Ленин, Коммунизм ж. б. чокуларга чыгуу үчүн өлкөбүздүн ар кайсы жерлеринен ж-а чет өлкөлөрдөн келген спортсмендерди кабыл алат.

Областтын спортсмендеринин чебер-чилиги тынымсыз өсүүдө. СССР спортунун мастери наамын биринчи болуп Мадабек Чекиров (1967, классикалык күрөш) алды. 1986-ж. чейин бул наам 114 спортсменге берилген. Азыр жыл сайын 5—6 киши спорттун мастери, 40-тай киши мастерликке кандидат болууда; 600—700 спортсмен 1-разрядчынын нормасын тапшырат. Ош ш-ндагы Физкультура үйүнүн «Алай» футболдук командасы (2-лига) Польша, Афганстан, Иран ж. б. мамлекеттердин командалары м-н эл аралык жолдоштук беттешүүлөрдү өткөргөн. Балдар м-н өспүрүмдөрдүн спорттук олимпиялык резерв мектебинин боксёру И. Мирбабаев (машыктыруучусу В. И. Прозукин) СССРдин чемпиону (1981) болгон, ал эл аралык мелдештерде америкалык (1982) ж-а болгариялык (1979) спортсмендерди жеңип чыккан. М. Садеков. Р. Азимов, И. Сон (оор атлетика), Н. Абдылдаев (бокс) ж-а А. Барсуков (жаа тартуу), А. Ахов (велосипед) ж. б. көптөгөн спортсмендер обл-тын спорттук намысын ийгиликтүү коргошкон. Спортсмендерди 36 минден ашуун машыктыруучу ж-а коомдук инструкторлор (а. и. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген 8 машыктыруучусу) тарбиялайт. Физкультура ж-а спорт уюмдары м-н мекемелеринде 1700 штаттык кызматкер (а. и. 780и жогорку, 726сы атайын орто билимдүү адис) иштейт.

Областта туризм ж-а экскурсия да өнүгүүдө. Областтын аймагында 3 туристтик база («Ош», «Сары-Челек», «Арстанбап») ж-а «Памир» эл аралык альпинисттик лагери жайгашкан. «Памир» альплагери Ачык-Таш капчыгайында д. ден. 3700 *м* бийиктикте жайгашкан. Уюшулгандан бери (1973) Болгария, Чехословакия, ГДР, Польша, Венгрия, Австрия, Швейцария, Испания, АКШ, Италия, Норвегия, Франция, Англия, ГФР, Түркия, Япония, Швеция, Бразилия, Канада, Голландия, Лихтенштейнден келген 2260тан ашуун



Бүткүл союздук чуркоочулар күнүндө. Ош.

альпинистти кабыл алган. «Ош», «Сары-Челек», «Арстанбап» туристтик базалары бир жылда 20 миңге жакын кишини кабыл алат. Оштогу, Жалал-Абаддагы саякат ж-а экскурсия бюролору авиа, темир жол, автобус маршруттарын, ар кыл экскурсияларды уюштуруп турат. Тейлөө кызматынын жылдык көлөмү 2,6 млн сомду түзөт.

А. Турмаматов

ОШ — ОБЛАСТТЫН БОРБОРУ

ТАБИЯТЫ

Шаар Фергана өрөөнүнүн түш.-чыгыш четинде, Кичи-Алай кырка тоосунун түн. этегинде, д. дең. 700—1000 *м* бийиктикте жайгашкан. Мында дөңсөөлүү тоо өндүрү барган сайын түзөң тартып, Талдык ж-а Ак-Буура суулары-нын шиленди конустарынан түзүлгөн жантайыңкы түздүккө өтөт. Ош — Кара-Суу түздүгүнүн бул бөлүгү геоморфологиясы б-ча Чыгыш Фергана түздүгүнүн көп бөлүгүн ээлейт. Рельефинин түзүлүшү б-ча шаар аймагы — негизинен Папан адырла́рынын үболөнгөн тоо тектеринин узак мезгилдер бою агын суулар м-н шиленип келишинен пайда болгон тоо этегиндеги түздүк. Түздүктүн бети бир аз күдүрлүү келип, түндүккө ж-а түн.-батышка карай эңкейиштейт; Ак-Буура суусу ошол эле багытты карай агат. Түздүктө метаморфизмделген акиташ ж-а кумдук тоо тектеринен түзүлгөн палеозойдун сыртка чыгып жаткан фундаменти — Сулайман тоосу көтөрүлүп жатат. Капталдары тик, аскалуу, этеги көбүнчө сел жүргөндө агып келген борпоң шиленди тектер м-н капталган. Сулайман тоосунун батыш тарабында Ош — Кара-Суу түздүгүнүн бир чети болуп эсептелген Жапалак өрөөнүн шаардын жаңы курулган турак жайлары ээлейт. Ак-Буура суусу борпоң шиленди чөкмө тектүү өрөөнүн жирей агып, бүтүндөй тектирлер комплексин пайда кылат. Түштүккө карай өр тарткан сайын өрөөн улам тереңдеп (20 *м*-ден 70— 100 *м*ге чейин), суунун нугу кууштайт.

Шаар аймагы структурасы б-ча Фергана өрөөнүнүн бир чети болуп, түштүгүнөн Кичи-Алай кырка тоосунун этегиндеги Папан адырлары м-н чектешет. Сейсмдик райондоштуруу маалыматары б-ча шаар жайгашкан аймак 9 балл-дуу системага кирет.

Климат шарты б-ча тоолуу Памир-Алай аймагынын түн. субтропиктик алкагына таандык. Климат пайда кылуучу нег. факторлор — радиация, мелүүн кеңдик фронтунан келген ирандык циклону, бийиктик алкактуулук. Жылдык орт. ачык күн 2650 саатты же 62%ти түзөт. Күн эң узак ачык болгон ай июль (343 саат), эң бүркөк ай декабрь (106 саат).

Шаардын жылуу режими негизинен радиация факторлоруна жараша болот. Кышы анча суук эмес, күн тез-тез жылып турат. Январдын орт. темпрасы —3,5 °С. Жазы жылуу, эрте келет. Жайы ысык, кургакчыл; июлдун орт. темп-расы 24,7 °С. Жылдык орт. темп-расы 11,2 °С. Темп-расынын эң жог. амплитудасы 65 °Сге жетет. Абанын эң төм. темп-расы —26 °С, эң жогоркусу 39 °С, шаардын сыртындагы талаада эң төм. темп-ра —31 °С ж-а эң жог. темп-ра 40 °С.

Аязсыз мезгилдин орт. узактыгы 212 күн, эң узагы — 262 күн, эң азы — 179 күн. Жазгы үшүк адатта марттын аягында токтойт, бирок айрым мезгилдерде бир топ кечеңдеши мүмкүн. Күзгү үшүк октябрдын аягында башталат. Кар жылына 70 күндөн ашык жатат ж-а февралдын экинчи жарымында — марттын башында эрип кетет. Атмосфералык циркуляциянын сезондуу тибине байланыштуу жаан-чачын жыл бою өтө ар түрдүү түшөт. Көп жылдык орт. жаан-чачын 350 *мм*. Март — июнь айлары жаанчыл (48%), март — сентябрь айлары кургакчыл келет (7%). Нөшөрлөп катуу жааган жамгырлар айрым учурларда селди пайда кылышы мүмкүн.

Кар катмарынын орт. калыңдыгы 10 *см*, эң калыңы 44 *см*, эң жукасы 6*см*. Шаарга түш. тараптан жүргөн тоо өрөөн желаргысы ж-а фронттук аба

Абанын айлык ж-а жылдык орт. темп-расы (°С)

	I	II	III	IV	V	VI	VII	VIII	IX	X	XI	XII	жылдык
Ош, шаар	—3,5	—0,9	5,7	12,8	18,0	22,3	24,7	23,1	18,1	11,2	4,3	—0,7	11,2
Ош, талаа	—4,1	—0,8	5,6	13,3	18,7	22,9	25,5	23,5	18,5	11,4	4,3	—0,7	11,2

Айлык ж-а жылдык орт. жаан-чачыны *(мм)*

	I	II	III	IV	V	VI	VII	VIII	IX	X	XI	XII	жылдык
Ош, шаар	29	31	48	48	47	25	12	7	5	24	41	33	350
Ош, талаа	27	34	57	42	33	18	7	4	4	27	42	30	325

келгенде батыштан соккон шамал мүнөздүү.

Табигый ландшафты өтө кургактыгы м-н айырмаланат; жер кыртышы жарым чөл ж-а кургак талаа өсүмдүктөрү өскөн кадимки ж-а түштүктүн боз топурагынан турат. Узак мезгилден бери суғаттын таасиринен табигый ландшафты өзгөрүп, топурагы өтө күрдүүлүү м-н айырмаланган өзгөчө типте айланган. Орто Азия оазистеринин маданий ландшафттарына ылайыктуу өсүмдүктөр м-н жаныбарлар мүнөздүү. Суғат каналдары ж-а арык тармактарынын таасиринен топурактын суу ж-а биологиялык режимдери өзгөргөн. Топурактын алгачкы тибинин табигый белгилери топурак кыртышынын түпкүрүндө гана сакталган. Суунун ж-а жылуулуктун мол болушу, вегетация мезгилинин узактыгы даректар м-н далдардын өсүүсүнө жагымдуу шарт түзөт. Кургак талаа ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү маданий өсүмдүктөр м-н алмаштырылып, алар өскөн жерлерге парктарга отургузулуучу даректардын көчөттөрү тигилген. Бул парктар табигый чөйрөгө өзүнчө жарашык берип турат. Шаар аймагында кара жыгач, мажүрүм тал, тыт, теректин ар кандай түрлөрү, жийде, жаңгак, чынар, о. эле зараң, ак чечектин айрым түрлөрү, жемиш бактарынан кайналы, анар, алча, алма, алмурут, шабдалы, жүзүм ж. б. өсөт. Аңыздарга ж-а айдалбай жаткан жерлерге бийик өскөн отоо чөптөр (эрмен, шыбак, шыралжын ж. б.) мүнөздүү.

Шаардын ичинде негизинен түрдүү ландшафтты (талаа, тоо капталдары жарым чөл ж. б.) байырлаган жаныбарлар мекендейт. Алардын көбү шаар калкына «тамакташ» болуп эсептелет (чычкан, келемиш, таранчы), кээси турак жайларга уя салышат (бактек, чабалекей, жарганат).

А. Осмонов

КАЛКЫ

Ош рев-яга чейин Кырг-ндагы эң байыркы, чоң шаар болгон. 1897-жылкы бүткүл россиялык эл каттоонун маалыматы б-ча Оштун калкы 34,2 миңге жетип, Пишпектин калкынан 5 эсе көптүк кылган. Социалисттик курулуш жылдарында анын калкы дагы 5,5 эсеге көбөйдү. Эл каттоолордун маалыматы б-ча шаарда 1926-ж. 29 583, 1939-ж. 33 315, 1959-ж. 70 884, 1970-ж. 120 768, 1979-ж. 168 136, ал эми 1985-ж. 1-январда 214,5 миң киши жашаган.

Калктын табигый көбөйүшү. Оштогу калктын саны негизинен табигый көбөйүүнүн (орто эсеп м-н ар миң кишиге 27 киши), айыл-кыштактардан, башка шаарлардан ооп келгендердин, о. эле шаардык Советтин курамына коңшу айылдарды кошуунун эсебинен өскөн. Шаар калкы жалпысынан көбөйгөнү м-н акыркы жылдарда анын өсүү темпи бир аз басаңдап калды. Бул табигый ж-а механикалык өсүүнүн чектелишинен, шаар аймагын кеңейтүүнү биротоло токтотуудан, жаңы ө. ж. ишканаларын курууну чектөөдөн келип чыгууда.

Калктын табигый өсүшүнүн салыштырмалуу жогору болушуна жерг. калкка мүнөздүү болгон көп балалуулук, өлүмдүн, айрыкча балдардын өлүмүнүн азайышы, шаардыктардын орт. өмүрүнүн барган сайын узарышы, катталган никелердин 1000 кишиге ал-



Ош обл. төрөт үйүндө.

ганда, мис., Фрунзе ш-на салыштырганда, салыштырмалуу санынын жогорулугу ж-а ажырашуулардын азыраактыгы сыяктуу факторлордун таасири тийген. Ушул ж. б. факторлор үй-бүлөлөрдүн санына ж-а ар биринин чоңдугуна да таасир этет. Шаарда 4—5 кишилик үй-бүлөлөр өтө көп. 1979-ж. катталган 32 201 үй-бүлө негизинен 2 (18,7%), 3 (23,6%), 4 (22%), 5 (12%), 6 (8,4%), 7 (5,7%), 8 (4,1%), 9 (2,3%), 10 ж-а андан көп (3,2%) кишиден турган. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн орт. саны 4,4 кишини түзгөн.

Калктын аял-эркек ж-а жаш б-ча бөлүнүшү. Эл каттоолордун маалыматы б-ча шаарда 1926-ж. 15 437 эркек, 13 651 аял (эркектер аялдардан 1786 кишиге көп) болгон. Бул жагынан Ош — СССРдеги узак жылдар бою эркектер көптүк кылган обл. борборлордун бири. Калктын курактык структурасында балдар көптүк кылат. 60 жаштагы ж-а андан улуу адамдардын саны көбөйгөн.

Калктын улуттук курамы. Улуу Октябрь рев-ясына чейин калктын нег. массасын өзбектер түзгөн. 1900—10-ж. Ошто кыргыздардан да, орустардан да болжол м-н миңден гана киши жашаган. Азыр шаар калкы 60тан ашуун улуттардын, элдердин ж-а этностук топтордун өкүлдөрүнөн турат. Алардын ичинде кыргыздар, өзбектер, орустар, татарлар, тажиктер, украиндер, уйгурлар ж. б. бар. Шаарда кыргыздар м-н өзбектердин саны ж-а салыштырма үлүшү тынымсыз өсүүдө. Башка улуттардын өкүлдөрүнүн саны да көбөйүүдө, бирок алардын салыштырма саны улам төмөндөөдө. Көп улуттуулуктун өсүшү шаардыктардын социалдык турмушунун бардык жактарын интернационалдаштырууга, алардын турмуш образдарына жалпы белгилердин пайда болушуна ж-а өнүгүшүнө, достуктун ж-а өз ара жардамдашуунун чыңдалышына көмөк көрсөтүүдө.

Калктын социалдык-таптык түзүлүшүндөгү өзгөрүштөр. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясына чейин Оштун калкы өзүнүн катмарлык курамы ар түрдүү болгонуна карабастан үстөмдүк кылуучу эзүүчү тапка (чиновниктер, админ.-жазалоочу персонал, көпөстөр, ири соодагерлер, ишкана ээлери, дин кызматкерлери ж. б.) ж-а эзилген эмгекчи тапка (кол өнөрчүлөр, кара жумушчулар, малайлар ж. б.) бөлүнгөн. Майда буржуазиялык элементтер, киши жалдаган кожоюндар да бир топ болгон. Майда кустардык ө. ж. ишканалары м-н устаканаларда аз сандагы жумушчулар иштешкен. 1895-ж. шаардагы чоюн куюучу 4 устаканада 12 жумушчу иштеген. 1914-ж. мында 1300 соода жайы, 369 күрүч актоочу артель, «туземдик» типтеги 490 суу май тартуучу жай болгон. Ар бир устаканада орто эсеп м-н 1,4 киши иштеген. 1910—17-ж. шаарда ири ө. ж. ишканалары пайда боло баштап, алардын механикалык кыймылдаткычы барларында 15ке чейин, жокторунда 30дан ашуун жумушчу иштеген. Алар ичеги-карын тазалоочу (10—20 жумушчу), пиво чыгаруучу (84 киши, анын 32си жумушчу) з-ддору, 12—17 жумушчу иштеген тегирмен эле. Революцияга чейинки Ошто бар болгону 1000дей жумушчу жашап, алардын көпчүлүгү кол өнөрчүлүк устаканаларында иштеген. Өнөр жай жумушчуларынын саны 60тан аз гана ашкан. Шаардагы бардык иштеген калктын 52%и а. ч-нда, 24%и кол өнөрчүлүк ж-а 14%и соода жайларында топтолгон.

Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынын жеңиши, шаардын экономикасында социалисттик укладды түзүү ж-а чыңдоо калктын социалдык курамынын өзгөрүшүнө өбөлгө түзгөн. Бүткүл союздук шаар калкын каттоонун маалыматы б-ча 1923-ж. Оштогу 4772 кишинин 44,1%и а. ч-нда, 18,7%и ө. ж-да, 5,9%и соода ишинде, 9,1%и мамл. кызматта иштеген; 7,1%ин багуудагы адамдар, калгандары 15,1%ти түзгөн.

Калктын жашоо каражаттары б-ча бөлүнүшү (тийиштүү коомдук топтун 1000 кишисине алганда)

	Бардыгы	Жумушчулар	Кызматчылар	Колхозчулар
Бардык калк	1000	1000	1000	1000
а. и. мамлекеттин багуусундагы кишилер	117	120	74	479
багуудагы кишилер	425	440	416	240
Бардык эмгекке жарактуулар,	588	562	617	761
а. и. иштеген калк	446	427	501	260

Калктын билим деңгээли. Башкы шаар куруу фактору ж-а социалдык структуранын негизи болгон ө. ж. потенциалы м-н катар шаардыктардын билим ж-а маданий деңгээли да өсүүдө, эмгектик ж-а турмуш-тиричилик шарттары, материалдык абалы жакшырууда.

Калктын коомдук топтор ж-а билим деңгээли б-ча бөлүнүшү (1000 кишиге алганда; 1979-жылкы эл каттоонун маалыматы б-ча)

	Жогорку, бүтө элек жогорку, атайын орто билимдүүлөр	Орто билимдүүлөр	Толук эмес орто билимдүүлөр	Башталгыч билимдүүлөр
Бардык калк	176	231	154	272
жумушчулар	60	255	189	331
кызматчылар	409	153	85	168
колхозчулар	49	527	197	204
Иштеген калк	332	369	177	121
жумушчулар	107	455	252	185
кызматчылар	725	202	54	18
колхозчулар	45	180	110	65

1940-ж. шаардын эл чарбасынын бардык тармагында иштеген жумушчулар м-н кызматчылардын саны 20 миң кишиден ашкан, 1960-ж. 26,2 миң, 1970-ж. 49,7 миң, 1983-ж. 81,5 миң киши болгон. Азыр Ош негизинен жумушчулар м-н кызматчылардын шаары. 1979-жылкы эл каттоонун маалыматы б-ча алар иштеген калктын нег. бөлүгүн түзүп, анын $^3/_5$ү жумушчулар болгон. Негизинен акыл эмгеги м-н иштегендердин үлүшү көбөйүп, кара күч эмгеги м-н начар квалификациялаштырылган эмгекте иштегендердин үлүшү азаюуда.

Калктын жашоо каражаттары б-ча бөлүнүшү. Материалдык өндүрүш тармагына ж-а өндүрүштүк эмес чөйрөгө аялдар м-н жаш муундарды тартуунун натыйжасында иштеген калктын салыштырма салмагы көбөйүүдө. Пенсия м-н камсыз кылуунун жакшырышынын ж-а орт. өмүрдүн узарышынын натыйжасында пенсионерлердин саны да көбөйүүдө. Жогорку ж-а атайын орто билим берүүнүн, окутуунун ж. б. түрлөрүнүн оркүндөшү м-н стипендиаттардын саны ж-а салыштырма салмагы да өсүүдө.

Иштеген калктын курамында жогорку, атайын орто ж-а жалпы билими бар жумушчулар м-н кызматчылардын үлүшү төмөндөөдө. Иштеген калктын ичинен аялдардын билим деңгээлинин өсүү темпи билим алуунун бардык түрлөрү б-ча бир топ жогору. Натыйжада жогорку, бүтө элек жогорку, атайын орто ж-а орто билими бар эркектер м-н аялдардын үлүшү бир кыйла теңелип калды.

Г. Г. Галиулин

ТАРЫХЫ

Ош — Орто Азиядагы эң байыркы шаарлардын бири. Анын пайда болуу датасы белгисиз. Уламыштарда аны Искендер (Александр Македонский), ал турсун Сулайман (Соломон) пайгамбар негиздеген делет. Ферганадагы ири ш. катары ал 9—10-к-дын жазма даректеринде кезигет. СССР ИАдагы Археология ин-тунун Ленинград бөлүмүнүн Ферганага жасаган экспедициясынын (начальниги Ю. А. Заднепровский, 1976—84-ж.) археологиялык иштери Оштун тарыхын бир кыйла узар-



Сулайман тоонун көрүнүшү. 19-к-дагы гравюрадан репродукция.

тып, б. мезгилде эле пайда болгондугун аныктады. Шаардын ж-а Ош оазисинин тарыхынын нег. этаптары белгилүү болду. Дыйкандар отурукташкан эң б. жай бул жерде соңку коло доорунда пайда болгон. Сулайман тоосунун боорунда, азыркы Оштун борборунда бир кыйла ири Ош тургун жайы орун алган. Казуу учурунда чатырдын түркүк-мамылары үчүн оюктары бар 14 жер кепе, ар кайсы турак жайлуу тектирлерден көптөгөн чарбалык курулмалар табылган. Тургун жайдын аймагында адамдын сөөгү идиштер м-н кошо көмүлгөн көрлөр да кездешет. Ош тургун жайынан көптөгөн чопо идиштер (а. и. кооздолгондору да бар), таш буюмдар, эритилген металл куюлуучу калып ж. б. табылган. Алардын бүт комплекси Ферганадагы чуст маданиятынын нег. эстелик материалдарына окшош ж-а ушул маданияттын мезгилине туура келет. Ал мезгил бир нече радиоактивдик көмүртектик аныктоолор м-н да ыраспталат. Оштун аймагынан тургун жайдын негизделген мезгилине таандык материалдар педагогика ин-тун куруу үчүн казылган чуңкурдан ж-а Чаян-Дөбөдөн да табылган. Демек, Ош тургун жайы 3000 жыл илгери негизделип, келечектеги Ошко негиз болгон.

Андан ары отурукташкан дыйкан калктын маданияты бири бирине уланып, үзгүлтүксүз өнүгө берген. Оштун батышындагы Төлөйкөндөн ж-а түштүгүндөгү Өзгөрдөн табылган материалдар кийинки этапка — алгачкы темир дооруна (б. з. ч. 7—6-к.) таандык. Талкаланган тургун жайлардын калдыктары да белгилүү.

Б. з. ч. 4-к. — б. з. 5—6-к-нда Ош айланасы м-н Чыгыш ж-а Батыш өлкөлөрүн байланыштырган Улуу Жибек жолундагы маанилүү пункт болгон. Бул мезгилге көптөгөн коргол-гон үйлөр, Оштун чыгыш чет-жа-касындагы Мирзалим-Дөбө ж-а Чаян-Дөбө, Хожамбаг-Дөбө сыяктуу б. сепилдер таандык. Ош оазисин чыгышынан Мады, түш.-чыгышынан Коргошун-Дөбө, түн.-батышынан Биловур, түштүгүнөн Ак-Буура сыяктуу бекем чептер коргоп турган. Оштун бир катар жерлеринен табылган карапа буюмдар (б. з. ч. 4-к.— б. з. 5—6-к-на таандык) оазистин аймагына эл ошол мезгилдерде отурукташа баштаганын айгинелейт. Оазистин борборундагы тургун жай — б. шаар азыркы куру-луштардын алдында калгандыктан, аны кайсы мезгилге таандык экендигин тактоо мүмкүн эмес. Ош оазисинин ж-а Оштун тарыхындагы жакшы изилденген мезгил б. з. 1-миң жылдыгынын ортосундагы кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн кризисинин ж-а 6—7-к-да феодализмдин калыптанышынын учуруна туура келет.

8—10-к-да Ош чоңдугу б-ча Фергана өрөөнүндөгү үчүнчү шаар болгон. Анда абатталган цитадель, шахристан ж-а рабат бар эле. Аким сарайы м-н түрмө (зындан) цитаделде жайгашкан. Шаар дубал м-н курчалып, ал тоого (азыркы Сулайман тоосуна) чейин жеткен. Тоодо түрктөргө көз

салып туруучу кароол жай болгон. Зор мечит базардын ортосунда жайгашкан. Шаардын Дарбаза-йи-Кух (тоо жактагы), Дарбаза-йи-Аб (суу жактагы) ж-а Дарбаза-йи-Мугкеде (отко табынгандардын зыяратканасына барчу) деген дарбазалары болгон. Ошко жакын жерде чоң рабат — аскер лагери болуп, анда мусулман дини үчүн күрөшүүчүлөр жыйналып турушкан. Орто кылымдагы Ошто өткөн тарыхый окуялар белгисиз, шаар азыркы курулуштардын алдында калгандыктан анын ошол мезгилдеги ээлеген аянты да, чектери да белгисиз. Орто кылымда Оштун нег. бөлүгү Ак-Буура суусунун сол жээгинде — Сулайман тоосунун чыгыш, көбүнесе түн.-чыгыш ж-а түш.-чыгыш жагында орун алган деп болжолдоого болот. Оң жээктен да 10—12-к-га таандык археологиялык материалдар табылган. Мындай ири шаар 9—10-к-да эле түзүлө койгон эмес, ал бир топ илгери, балким 6—7-к-да эле пайда болгон деп болжолдоого негиз бар, мис., «отко табынуучулардын зыяратканасына барчу дарбаза» деген атына караганда ал зыяраткана арабдар Ферганага келгенге чейин эле болгон. Педагогика ин-тунун пайдубалы үчүн казылган андан табылган материалдардан эң б. мезгилден тартып, орто кылымдарга чейинки үзгүлтүксүз турмушту байкоого болот. Оштун тарыхындагы эң б. күбө документ (940—941) — Сулайман тоосунун чокусундагы саманид Наср ибн Ахмаддын ысмы түшүрүлгөн жазуу. Аны 1885-ж. Ферганаын биринчи изилдөөчүсү Н. И. Веселовский окуган. Табылган тыйындар Ошто акча жасоочу жай болгонун далилдейт ж-а Караханилердин Ошто чегилген алгачкы тыйыны 1002-жылга таандык. Феодалдык Оштун абатталышы ж-а маданиятынын өнүккөндүгүн 1984-ж. Сулайман тоосунун чыгыш капталынан табылган орто кылымдагы мааланын материалдарынан байкоого болот. Анда нег. орунду 10—12-к-дагы мончо ээлейт. Азыр анын 15 бөлмөсү тазаланып бүткөн, а. и. гидравликалык ылай (аралашма) м-н шыбалгандары, о. эле жер астынан өткөөл арыктар ж-а суу куурларынын калдыктары бар. Булар — орто кылымдагы Оштун эң алгачкы ж-а эң б. архитектуралык курулмалары. Жазма даректер, нумизматика м-н эпиграфиканын, о. эле археологиянын маалыматтары 10—12-к-да Ош *Саманилер мамлекети* м-н *Караханилер мамлекетинин* курамында Ферганаын ири экон., маданий ж-а соода борбору болгонун далилдейт. Ал өз маанисин 13—15-к-да Жагатай ж-а Тимур тукумдары башкарган мезгилде да жоготкон эмес. Жагатайлар Анжиянда эле эмес, Ошто да тыйын чегип акча жасашканы белгилүү. Сулайман тоосунун түн. жагындагы пахта талаасынан ачылган соңку орто кылымдагы курулмаларга караганда бул мезгилде шаар аймагы бир аз кеңейген деп айтууга болот. Анда Оштун кийинчерээк каралбай калган түн. чет-жакасы орун алганы ачык көрүнөт. Ошто табылган 15-к-дын тыйындары, анын коңшу Кашкар м-н экон. ж-а соода байланышта болгондугун айгинелейт. 15-к-дын аягында бүткүл Ферганаы бийлеген Бабур султан Ош тууралуу тамшанып кеп кылган. Анын «Бабур-наме...» аттуу китебинде Оштун «абасы таза, шаркырап аккан суусу мол, жазы өтө жаркын. Ошту аңыз кылган уламыш көп... Фергана аймагында жанга жагымдуу, таза абасы боюнча Ошко тең келээр бир да шаар жок» деп айтылат. Ал анда 1496—97-ж. Сулайман тоосунун башына өзү курдурган анча чоң эмес жай тууралуу да эскерет.

16—17-к-да феодалдык чабыштардын мезгилинде Ош бир нече жолу бирде моголдордун, кийинчерээк калмактардын кол салуусу м-н талоонуна кириптер болгон. 1762-ж. Ошту Кокон ханы Эрдене басып алган. Кокондуктар кийинчерээк шаарды өздөрүнүн баскынчыл жортуулдары үчүн таяныч аскер жайларынын бирине

20-к-дын башында Ош ш-ндагы идиш-аяк дүкөнү.



айландырышкан. Ал 19-к-дын биринчи отуз жылдыгында кокондуктардын азыркы Тажикстандын түндүгүнө (Хожент ш., азыркы Ленинабад), азыркы Кырг-ндын ички аймактарына (Кетмен-Төбө ж. б.), Жети-Суунун түш. бөлүгүнө ж-а Памир-Алайга жасаган жортуулдары үчүн база болгон. Айлана-тегеректе жашаган кыргыз уруулары кокондук феодалдардын Ошту басып алуусуна дароо эле моюн суна коюшкан эмес. Алар кондуктарга каршы бир нече жолу көтөрүлүшкөн. Мындай чыгуулардын эң ириси 1845-ж. болгон (к. *Кокон көтөрүлүштөрү*). Шаар Кокон хандыгынын башкаруучу төбөлдөрүнүн ичара чыр-чатактары ж-а алар м-н коңшу акимдердин ортосундагы бүлгүнгө учуратуучу согуштардан катуу жапа чеккен.

Оштун калкынын нег. бөлүгү сугат жерлеринде дыйканчылык кылышкан (а. и. шалы эгүү, бакчачылык, багбанчылык), шаарда чебер усталар м-н көптөгөн майда соодагерлер жашаган. Шаардагы ж-а шаардын четжакаларындагы бак-даракка бөлөнгөн эң жакшы турак үйлөр ханга ж-а анын туугандарына, аскер ж-а дин кызматкерлеринен чыккан жакындарына тиешелүү болгон. Алар оор салыктарды салуу м-н шаардын, коңшу кыш-дын ж-а кыргыз айылдарынын эмгекчилерин аёосуз эзип келишкен. Тил албаган салык төлөөчүлөрдү эмгекчилердин камчысы, ал эми салык төлөөдөн таптакыр баш тарткандарды андан да аёосуз жаза күтүп турган. Ош тегерегиндеги айылдары м-н кошо хандыктын админ.-аймактык системасында ар кандай абалды ээлеп, борб. вилайетке (обл-тка) баш ийген бектик, ал эми 19-к-дын 2-жарымында Ош вилаятинин борбору болгон. Соңку орто кылым мезгилине салыштырганда шаардыктар Ак-Буура суусунун сол жээгиндеги бир топ аймакты өздөштүрүшкөн. Ошентсе да, 19-к-дын биринчи отуз жылдыгында шаар Маргалаң м-н Ташкенден бир кыйла кичине болгон. Жалпак чатырлуу жер тамдар м-н кепелер көзгө комсоо көрүнүп, алардын өтө начарлыгы, бак-даректын көптүгү м-н гана байкалбай турган.

Көчмөн ж-а жарым көчмөн кыргыздардын 19-к-дын 50—70-жылдарынын башындагы бир катар көтөрүлүштөрүн (1873—76-ж-дагы эң ири ж-а акыркы көтөрүлүш м-н кошо) Оштун эмгекчилери колдоп турушкан. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар шаарды эки жолу (1873 ж-а 1875-ж.) урушсуз ээлеп, алэми шаардыктар болсо, Оштун бегин камакка алып, Кокондун сарбаздарын кууп чыгышкан; Анжияндагы орус бийлигине өздөрүн камкордукка алуусун сурап, өкүл жиберишкен. 1875-ж. 10-сентябрда алар тегерек-теги кыштактар м-н кыргыз айылдарынын калкы сыйктуу эле полковник М. Д. Скобелевдин орус отрядын меймандостук м-н дасторкон жайып тосуп алышкан. Кокон хандыгы жоюлгандыгы жарыялангандан (1876-ж. 18-март) кийин шаар 1876-ж. жазында ж-а жайында бул аймакта Россиянын позициясын чыңдаган аскердик-илимий Алай экспедициясы үчүн база болгон.

Кыргызстандын Россиянын курамына кириши аяктаган соң, сырткы көрүнүшү ж-а ички турмуш абалы жагынан Ферганын соңку феодалдык шаарларына окшоштугу бар Ош 1876-жылдан Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана обл-нын (мурдагы Кокон хандыгынын аймагында түзүлгөн) Ош уездинин борбору болуп калган. Кийин бул негизинен Оштун шаардык турмушунун өнүгүшүнө оң таасирин тийгизген. 1917-ж. чейин Кокон хандыгынын мезгилине салыштырганда анын аймагы кеңейип, көчөлөрүнүн түзүлүшү ж-а курулушгарынын мүнөзү аздыр-көптүр өзгөргөн. Шаардыктардын саны көбөйүп, калкы көп улуттуу шаарга айланган, калктын кесиптик ж-а социалдык структурасы өзгөрүп, чарбалык-маданий турмушта кээ бир жаңылыктар пайда болгон. Ийри-буйру, кууш ж-а туюк көчөлөрү, топурактан согулган дубалдар м-н тосулган баш аламан үйлөрү бар эски шаар м-н катар бийлик ээлери түштүгүрөөктө Ак-Буранын сол жээгин бойлото жаңы шаарды негиздешкен. Анда уезддик башкаруу ж. б. мекемелерден (почта, казына ж. б.) тышкары солдат казармасы ж-а аптекасы бар лазарет жайгашкан.

19-к-дын аягы —20-к-дын башында дүкөндөр ачылып, россиялык ж-а чет элдик соода-ө. ж. компанияларынын соода конторалары м-н сатып алуучу жайлары пайда болгон. 1914-ж. чейин капиталисттик типтеги салыштырмалуу ири бир нече ө. ж. ишканасы негизделген. Европалык типтеги турак жайдын ичинен чиновниктер м-н көпөс-



Асаф-ибн-Бурхия күмбөзү. Ош тарых-маданият музей-коругу.

төрдүн, бай мещандардын провинциялык орус архитектурасынын үлгүсүндө салынган чарбак үйлөрү заңкайып, шаардык кедейлердин (өзбектер м-н орустардын, о. эле шаарда ж-а шаардын чет-жакасында отурукташкан кыргыздардын) кепелеринен кескин айырмаланып турган. Ушул шаардын эки бөлүгүндө тең айкын көрүнгөн айырма дээрлик Улуу Октябрь рев-ясына чейин сакталган. Эски шаар жерг. калктын бардык чарбалык рухий кызыкчылыктарынын чордону болуп кала берген. Анда маала жамааттары (махалля) бир кыйла роль ойногон. 1882—83-ж. жаңы шаарда 50гө жетпеген үй болуп, чоң үйлөрдүн баары коомдук жайлар болгон (православие чиркөөсү кошо). Мында 150дөй орус жашаган («чептеги» аскерди кошпогондо). Эски шаарда 2800дөй үй, 4 кербен сарай, көптөгөн дүкөндөр болуп, алар да бытылдаган кол өнөрчүлөрдүн устаканалары сыйктуу эле базардын жанында жайгашкан (шаарда бардыгы болуп 852 соода жайы болгон). Алардын фонунда мунаралуу мечиттер заңкайып турган. 1914-ж. жаңы шаарда 140 үй ж-а 1200 адам, негизинен орустар, эски шаарда 6300 үй ж-а 46 миңден ашуун адам жашаган. Шаардыктардын улуттук курамы (1897-ж. Оштун калкы 34,2 миң, 1917-ж. 52 миң киши) этностук жактан өтө ар түрдүү келип, бирок өзбектер басымдуулук кылган. 1900-ж. Ошто 1770 кыргыз жашап, алардын саны шаарда ж-а анын чет-жакаларында отурукташкан кедей кыргыздардын эсебинен көбөйө берген. 19-к-дын аягы —20-к-дын башында шаардыктардын чарбасынын мүнөзүн алардын кирешелеринин булактары б-ча аныктоого болот. Мис., 1897-ж. 17,7 миң шаардыктын нег. кирешеси айыл чарбадан, 8 миңиники кол өнөрчүлүк ж-а кустардык өндүрүштөн, 4,6 миңиники соодагерчиликтен түшкөн.

Түш. Кырг-ндын Россиянын курамына кириши Ошто сооданын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. 1895-ж. 1145 соодагерге күбөлүк берилген. Аймактагы эң ири Ош базарында 1911-ж. 1300 соода жайы болгон. Кыргыз ж-а орус эмгекчилеринин малы, эгини ж. б. а. ч. продуктулары ж-а сырьёлору базарда мануфактура-га ж-а Россиядан алынып келген заводфабрика товарларына алмашылган. Оштун алып сатарлары дан продуктуларын Фергананын пахта өстүрүүчү башка аймактарына ташып чыгарып турушкан. 20-к-дын башында Ошто базар м-н катар стационардык соода да кеңири өнүккөн. 19-к-дын 70-жылдарына салыштырганда шаарда соода мекемелеринин саны өскөн (1908-ж. алардын саны 1035ке жеткен), шаар соодасынын жылдык жүгүртүүсү бир нече млн сомго жеткен. Ош ш. ж-а анын көпөстөрү Кырг-ндын түштүгү м-н Жети-Суу, Фергана ж-а Орто Азиянын башка аймактары ж-а Россия м-н Чыгыш өлкөлөрүнүн ортосундагы тышкы (транзиттик) соодада зор роль ойногон. Оштон шаардын кол өнөрчүлөрү, кыргыз зергерлери м-н уздары жасаган буюмдарды (билерик, шакек, ала кийиз, шырдак, калпак, тебетей, топу, өтүк, килем ж. б.) гана эмес, бул шаар аркылуу Наманганга, Ферганын башка ш-на ташылып өтүүчү Афганстандын, Индиянын, Кашкардын

Мухаммад Юсуп Байхожо оглы мечити.



түркүн буюмдарын да табууга болор эле. Сооданын өнүгүшүнө ж-а ага шаардыктарды тартууга Кырг-ндын Борб. Россия, Орто Азия м-н Казакстандын коңшу аймактарынын ортосундагы экон. карым-катнашынын кеңейиши гана эмес, шаардык кол өнөрчүлөр м-н кустардык өндүрүштүн ж-а Ош уездинин а. ч. товарларынын көбөйүшү да түрткү берген. Калкынын саны ж-а сооданын өнүгүшү б-ча Кырг-ндын эң чоң ш. болгон Ош ошол эле мезгилде ө. ж-нын өнүгүшү б-ча Пишпектен, Караколдон, Ферганадан ж. б. ири ш-нан артта калган. Айыл чарбалык эмес өндүрүштө иштегендер соодагерлерден кыйла көптүк кылган. Алар негизинен кол өнөрчүлөр м-н кустарлар болгон. Ө. ж. ишканаларында иштеген жалданма жумушчулар өтө аз эле. 1908-ж. Ошто 441 майда ө. ж. ишканасы иштеп, алардын жылдык өндүрүшү 41360 сомду түзгөн ж-а баарында биригип 616 жумушчу иштеген (уездде 701 ишкана, 813 жумушчу болгон, жылдык өндүрүшү 178175 сомду түзгөн). Кийинки 5 жыл ичинде булгаары, жыгач, металл, айрыкча а. ч. продукциясын кайра иштеткен майда кустардык ишканалар м-н кол өнөрчүлөр устаканалары көбөйгөн (күрүч актоочу ж-а суу май тартуучу жайлар гана 859га жеткен). Бирок өндүрүш м-н кол эмгегинин мүнөзү дээрлик өзгөргөн эмес, жалданма жумушчулардын саны бир аз гана өскөн. Шаардын энергетикасы жаңы пайда боло баштаган. 1913-ж. жаңы шаардын ичиндеги Як-Калик арыгына чакан ГЭС курулуп, ага «Фрэнсис» тибиндеги (240 ат күчү) гидротурбина ж-а туруктуу ток генератору (55 *кВт*) орнотулган. Электр энергиясы тегирменди иштетип, жерг. байлардын үйүнө жарык берүүчү, 1914—16-ж. «Шимонек» фирмасы ж-а инженер Лебедев Ак-Буура суусун изилдеп, кубаттуулугу 4500 ж-а 5500 ат күчүнө барабар 2 ГЭСтин долбоорун түзүшкөн. Аларды шаардан 10 *км* аралыкта, суунун жог. агымына куруу белгиленген. 2-ГЭС 1914-ж. эски шаардын аймагына курула баштаган. Ага «Фрэнсис» тибиндеги гидротурбина ж-а 2 туруктуу ток генератору (10 *кВт* ж-а 55 *кВт*) орнотулган.

1913-ж. шаардын эң маанилүү 4 ө. ж. ишканасында бардыгы 29800 сомдук товардык продукция чыгарылган. Шаардагы ири ишканалардан пиво з-ду ж-а тегирмен болгон, аларда 105 жумушчу иштеген. Оштун соода ө. ж. ээлерине (алардын ичинде жерг. улутардын өкүлдөрү да аз эмес болгон) шаардын, ал турсун уезддин да олуттуу өлчөмдө чарбалык турмушунун чечүүчү позицияларын, крайдагы ички ж-а тышкы сооданы өз колуна кармап турушкан. Кыргызстандын Россиянын курамына киришинин прогрессивдүү натыйжалары, падышалык жеке бийликтин элге каршы саясатына карабастан өлкөнүн борбордук аймактарындагы элдердин алдыңкы маданияты Оштун экономикасы м-н маданиятынын өнүгүшүнө зор таасир тийгизген. Ошентсе да Улуу Октябрь социалисттик рев-ясына чейин Ош мечит-медреселүү маалелер м-н курчалган «ыйык» Сулайман тоосу м-н бирге Орто Азиядагы мусулман фанатизминин ири очогу болуп кала берген. Мында жүздөгөн мечиттер, элүүдөй башталгыч диний мектеп, бир нече медресе (эң белгилүүсү — «Алымбектин медресеси») иштеген. Аларда жерг. калктын жүздөгөн балдары окуган, бирок алардын бир азы (көбүнчө оокаттуу үй-бүлөдөн чыккандар) гана мусулмандык жакшы билим ала алышкан.

Оштогу алдыңкы орус интеллигенциясынын демилгеси б-ча 1878-ж. 1-июлда чиркөө алдындагы окуу жай, 1886-ж. орус-тузем мектеби ачылган. 19-к-дын аягынан шаарда фельдшер пункту, андан кийин чакан оорукана иштей баштаган. 1900-ж. ветеринария пункту, андан соң агрономиялык ж. б. илимий-практикалык мекемелер (метеостанция мында 1878-жылдан иштеген) ачылган. Шаардыктардын рухий турмушундагы муз.-драмалык кечелер, келип-кеткен артисттердин ж-а драма өнөрүнүн жерг. ышкыбоздорунун оюндары, о. эле саякатчы окумуштуулардын — Памир-Алайга ж-а азиялык чет өлкөлөргө жасалган чет элдик, орус экспедицияларынын катышуучуларынын аскердик чогулуштардагы сөздөрү, лекциялары зор роль ойногон.

19-к-дын аягынан, айрыкча 20-к-дын башынан Ошто ж-а уездде таптык карама-каршылыктар улам курчуй баштаган. 1882-ж. шаардык эмгекчилер м-н чет-жакалардагы кедей дыйкандар оор салыктарга, жерди пайдалануудагы социалдык теңсиздикке ж-а уездик-шаардык бийликтердин эзенбаштыгына каршы биргелешип

чыгышкан. Бул чыгуу 19-к-дын акыркы он жылдыгында Фергана обл-нын түштүгүндөгү эң алгачкы ж-а эң ири элдик толкундоолордун бири болгон. 1898-жылкы Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан Ош ш-нын айрым кишилери жазаланган ж-а Оштун түрмөсүнө отургузулган. Россиялык биринчи буржуазиялык демократиялык рев-я болор алдында Ош ш. падышалык жеке бийликтин саясатына каршы чыккандар сүрүлүп келген жайга айланган. 1903-ж. январда бул жерге саясий жактан ишенимсиз адам катары полициянын көзөмөлүнө алынган Л. Абель 10-аткычтар батальонунда кызмат өтөөгө жиберилген. 1906-жылдын башында Ошко Баку ш-нын жумушчуларынын рев-ячыл чыгууларына ж. б-га катышкандыгы үчүн РСДРП(б)нин. 1902-жылдан берки мүчөсү Д. Е. Чураков айдалып келген. Ош акырындык м-н рев-ячыл социал-демократиянын агитация-пропаганда ишинин борборлорунун бирине айлана баштаган. Революциячыл ишти мындан жашырын социал-демократиялык солдат уюмунун Жаңы Маргалаң гарнизонунан айдалып келген мүчөлөрү, социал-демократ В. В. Особо м-н мурда бирге кызмат өтөшкөндөр да жүргүзүшкөн. Ош гарнизонунун солдаттарына Ташкенден прокламациялар келип турган, атап айтканда, Ташкендин социал-демократтары Оштун солдаттарын ташкендик сапёрлордун рев-ячыл чыгууларын колдоого чакырышкан. 1906-ж. уезддик администрация ташкендик белгилүү большевик В. В. Быховскийдин Ошко келип, коомдук саясий темалар б-ча лекциялар м-н рефераттарды окушунан аябай тынчсызданган. 1906-жылдын аягында ж-а 1907-жылдын башында бийликтер оштук социал-демократтарга ж-а аларга боор тарткандарга каршы бир катар жазалоо чараларын көрүшкөн. Атап айтканда, рев-ячыл маанайдагы Оштогу штраф тарткандардын ротасы таратылган. 1908—10-ж. Түркстан генерал-губернаторунун буйругу б-ча Ошто бир нече адам камакка алынып, ишенимсиз адамдар катары шаардан айдалып жиберилген. 1909-ж. Ош түрмөсүндө камакта жаткандар падышанын түрмөчүлөрүнүн ырайымсыз мамилелерине каршы нааразылык билдиришкен. Бул козголоң Оштун бүткүл коомчулугун толкуткан. Шаардык кедейлер кыргыз эмгекчилеринин



Ош тарых-маданият музей-коругундагы үңкүр комплексинин сырттан көрүнүшү.

улуттук-боштондук үчүн чыгууларын дайыма колдоого алып турган. Алар 1916-жылкы көтөрүлүштү да колдоп чыгышкан. Ал көтөрүлүшкө а. ч. жумуштары кызып турган учурда жерг. калктын эр-бүлөлөрүн аскердик-оорук жумушуна алуу тууралуу падышалык указ себеп болгон эле. 1916-ж. июлдун башында Сулайман тоосунун этегине шаардан ж-а чет-жакалардагы айылдардан келген 10 миңдей киши чогулуп, падышалык указга каршы нааразылык билдиришкен. Алар падыша чиновниктери м-н феодал-бай төбөлдөрдүн өкүлдөрүн таш бараңга алышкан. Оштуктардын бул чыгуусу Ош уездинин Булак-Башы ж. б. болуштарында, Фергана обл-нын коңшулаш уезддеринде, андан кийин пайда болгон элдик толкундоолор сыяктуу эле 1916-ж. жайында ж-а күзүндө ырайымсыз басылган.

Ош ш. м-н Ош уездинин аскер-оорук жумушуна тартылган эр-бүлөлөр падыша бийликтеринин буйруктарын аткаруудан баш тартышып, бир нече жолу иш таштоого чыгышкан. 1916-ж. декабрда оорук жумушчуларын үйлөрүнө жиберүүнү талап кылышып, Ош пахта тазалоочу з-дунун жумушчулары иш ташташкан. 1917-ж. 3-январда Ошко чогулган өзбек, кыргыз аялдары м-н карыялары уезд начальнигинен өз күйөөлөрү м-н жакындарын оорук жумушунан бошотууну талап кылышкан. 1917-ж. 10-мартта көп эл чогулган саясий митингде шаардыктар падышалык жеке бийлик кулатылгандыгы тууралуу кабар угушаары м-н



Ош тарых-маданият музей-коругундагы үңкүр комплексинин ички көрүнүшү.

саясий камактагыларды (алардын көбү 1916-жылкы көтөрүлүштүн катышуучулары болушкан) бошотуу үчүн түрмөнү карай жөнөшкөн.

Февраль рев-ясынан кийин Оштун коомдук-саясий турмушу бир кыйла жанданган. Революциячыл окуяларга Ош гарнизонунун солдаттары жигердүү катышкан. Алар Петроград ж-а Ташкен жумушчуларынын жолун жолдоп, Солдаттар советин түзүүгө аракет кылышкан. 1917-ж. 14-мартта «Ош гарнизонунун солдаттар союзу» түзүлгөн. Анын курамына 16 депутат кирген. 24-мартта «Союздун» 5-заседаниесинде аны Солдат депутаттар совети деп атоо тууралуу чечим кабыл алынган. Ушул ат м-н ал 1918-жылдын башына чейин иштеген. 1917-ж. августтун башында «Жумушчулар жана чайрикерлер союзу» түзүлүп, 21-августта (3-сентябрь) анын базасында Мусулман жумушчу ж-а чайрикер депутаттар совети уюшулган. Ал 31-августта (13-сентябрь) өз өкүлдөрүн Ош Солдат депутаттар советине киргизген. Ош Советиндеги жетекчиликти ээлеп алышкан меньшевиктер м-н эсерлер 1917-жылдын аягына чейин Убактылуу өкмөттүн саясатын жакташып, 25-октябрда (7-ноябрь) ал кулатылган соң «Кокон автономиясы» тарапка өтүшкөн. Алар эмгекчилердин кысымы м-н 1917-ж. 14-декабрда Ош Советин шаардагы ж-а уезддеги Совет бийлигинин органы деп жарыялашкан. Бирок Советтин иш аракети анча өзгөргөн эмес. Башында А. Г. Аношин, Ю. Алиев, Б. Султанов сыяктуу жумушчулар туруп, «Жумушчулар союзу» (1917-ж. мартта түзүлгөн) м-н Мусулман жумушчу депутаттар советине таянган большевиктердин чечкиндүү аракети гана Ош Советин большевиктештирүүгө алып келген. 1918-ж. 17-январда Совет кайра шайланган.

Большевиктик Совет шаар м-н уездде Совет бийлигинин чыныгы органына айланып, советтик курулушту баштаган. 1918-ж. мартта Ош ш-нда большевиктик уюмдун түзүлүшү бул иште зор мааниге ээ. Аны А. Г. Аношин башкарган. 1918-ж. февралда Ош Совети «Жумушчулар союзунун» ж-а Мусулман жумушчу ж-а чайрикер депутаттар советинин депутаттары м-н толукталган. Бул анын рев-ячыл иш аракетин чыңдоого түрткү берген. 1918-ж. 25-апрелде Ош Советинин Аткаруу комитети түзүлгөн. 1918-ж. 4-июнда Ош Советинин 28 мүчөсүнүн 15и большевик, 5өө солчул эсер, 8и партияда жоктор болушкан. Советти большевиктер А. П. Сретенский (Советтин председатели), А. Г. Аношин (Аткомдун председатели), Л. Н. Гречанинов (Советтин председателинин орун басары) жетектешкен. Кийинчерээк, 1919-ж. бийликтин закон чыгаруучу ж-а аткаруучу органдарынын милдети рев-ячыл комитеттерге өткөндө ревкомдун председатели петрограддык жумушчу Спиридонов болуп калган, ревкомдун мүчөлөрүнүн бири Голубков да петрограддык болгон.

Совет биринчи кезекте өндүрүштү эмгекчилердин көзөмөлдөөсүнө койгон. 1918-ж. 4-февралда Ош жумушчулар профсоюзу менчик наабайканалардын ишин контролго алган, ал эми марттан баштап, бардык башка ишканалардын ишин контролдукка ала баштаган. Ошто иштеген профсоюздук уюмдар шаарды коргоого, ачарчылыкка каршы күрөшүүгө жигердүү катышып, өндүрүштү элдин контролдоосуна өткөргөн, контррев-ячыл элементтерге каршы чечкиндүү күрөшкөн. 1918-ж. декабрда эле негизинен жерг. улуттар жашаган шаардын эски бөлүгүндө 16 профсоюз уюму түзүлгөн (1920-ж. сентябрда 3 миңдей мүчөсү бар профсоюздарды жетектөө үчүн Ош парт. уюмунда бюро түзүлгөн). 1918-ж. май айында Ошто элдик банк ачылган. 1918-ж. жазында Ош эл чарба совети түзүлүп, бул болсо жумушчу контролунан ө. ж-ды башкаруунун жаңы формасына өтүүнү билдирген. 1918-ж. бардык ири ишканалар — жип ийрүү мастерскою, булгаары ж-а кирпич з-ддору мамлекеттештирилген. 1919-жылдын башында Ошто тегирмен, пахта тазалоочу з-д ж. б. ишканалар иштей баштаган. Жумушчулар профсоюзу эл чарба советинин жардамы м-н шаарда өтүк ултаруу ж-а жыгач устаканаларын ачкан.

1920-жылдын башында Ош эл чарба совети өз ишин уюштуруу үчүн 300 миң сом акча алган. Анын карамагында 26 ө. ж. ишканасы болгон. 1920-ж. апрелде Ошто кирпич, акиташ, булгаары з-ддору, жип ийрүү ж-а кездеме токуу мастерскойлору (алар 15 кол станокто кебез кездеме токушкан) продукция чыгара баштаган. Аларда 92 жип ийрүүчү ж-а 15 токуучу иштеген. Электр станциясы м-н тегирменде 23 киши болгон. Гражд. согуштун шартында Оштогу ишканалардын даяр продукциясынын 75%и Ош аскерге кийим-кечек даярдоо бөлүмүнө, ал эми 25%и Ош жумушчулар профсоюзуна берилип турган. 1920-ж. өтүкчүлөр, жип ийрүүчүлөр артелдери ж. б. түзүлгөн. Аларда 92 киши иштеген. Ал жылы оштуктар фронтко жардам жумалыгына, Окуучулар жумалыгына, Фергананын ач калган элине жардам жумалыгына ж-а Совет бийлигин чыңдоо үчүн коомдук кыймылдарга катышкан. 1918-ж. 20-майда элге билим берүү совети түзүлгөн. Ага мугалимдер союзунан, жумушчулар профсоюзунан, ата-энелер к-тинен, депутаттар советинен ж-а «Майып жоокерлер союзунан» өкүлдөр кирген. Элге билим берүү совети, андан кийин эл агартуунун жаңы, советтик системасын түзүүгө киришкен. 1920-ж. Ошто 100 орундуу балдар интернаты уюшулган. Ушул эле жылы марттын аягына чейин жерг. калк үчүн бир нече китепкана ачууга даярдалып, анын бири экинчи баскычтагы Ош мектебинде (анда 1130 нуска китеп болгон) ачылган. Совет бийлиги орноор замат Ош санитария совети түзүлүп, ал саламаттык сактоо мекемелерин ж-а эпидемиология кызматын жетектөөнү колуна алган.

Революциянын душмандары алгачкы социалисттик кайра курууларга катуу каршылык көрсөтүшкөн. Совет бийлигин контррев-ядан коргоо үчүн 1918-ж. августта Ошто шаардык ж-а уезддик милиция отряддары уюшулган. Ош Совети 1918-ж. мартта Атайын тергөө комиссиясын түзгөн ж-а 26-ноябрда аскердик трибуналдын курамын бекиткен. Шаарды коргоочулар отряддары, партиялык кошуундар (1919), Кызыл Гвардия отряддары, о. эле чет өлкөлүк жумушчулар м-н дыйкандардан турган «Темир бригаданын» бөлүктөрү (пролетардык рев-я тарабына өткөн мурдагы аскер туткундары) түзүлө баштаган. 1919-ж. мартта Анжиянда К. Либкнехт атн. интернационалдык полк уюшулган. Полкко басмачыларга каршы күрөштө даңкы чыккан чех уулу *Э. Ф. Кужело* командалык кылган. Ош ревкомунун кыраакылыгы м-н Атайын комиссиянын органдары ири кожоюндардан, көпөстөр м-н ө. ж. ээлеринен түзүлгөн жашыруун контррев-ячыл топтун бетин ачкан. Гражд. согуш жылдарында Фергана өрөөнүнө өтүүчү жолдогу биринчи кубаттуу большевиктик таяныч болгон Ош ш. бир нече жолу басмачылардын кол салуусуна дуушар болгон. 1918-ж. июлда Калкожо баштаган ири басмачы отряды Оштун тегерегинде ж-а Ош уездинде бүлүк сала баштаган. 1919-ж. 7-сентябрда контррев-янын бириккен күчтөрү (к. *«Дыйкандар армиясы»)* шаарды кайрадан курчап алышкан. Ош аскер районунун командачысы А. Ситняковскийдин (мурунку казак орус офицери) ж-а гарнизондун олку-солку болуп турган бөлүгүн өз тарабына тартып алган мурдагы эсерлердин чыккынчылыгынан пайдаланып, контррев-ячылар

Түбөлүк оттун жанында. Ош.



8-сентябрдын кечинде шаарды ээлеп алышкан ж-а Совет өкмөтү кулатылды деп жарыялашкан. Оштун парт. уюмдарын жоюшкан. Ош чебине бекинип алышкан большевиктер туруктуулук м-н салгылашкан. 1919-ж. 25—26-сентябрда Кызыл Армиянын бөлүктөрү шаарды козголоңчулардан тазалаган.

1920-ж. Ошко Бүткүл россиялык аткаруу к-ти м-н РСФСР Эл Комиссарлар советинин В. И. Лениндин демилгеси б-ча 1919-ж. октябрда түзүлгөн Түркстан комиссиясынын мүчөсү, Түркстан фронтунун командачысы М. В. Фрунзе келген. Мында ал парт. активдин чогулушун өткөргөн; көптөгөн шаардыктар м-н Ош гарнизонунун бөлүктөрү катышкан митингдерде чыгып сүйлөп, Совет бийлигинин милдеттерин түшүндүргөн ж-а элди социалисттик курулушка активдүү катышууга чакырган. 1919-ж. мартта уюшулган Ош шаардык комсомол ячейкасы (шаардын эски бөлүгүндө июнда уюшулган) да контррев-яны талкалоого өз салымын кошкон.

Ош шаардык парт. уюму өз мүчөлөрүн туруктуулук м-н тарбиялап, толуктап турган, партиянын катарын ага кирип алган жат элементтерден чечкиндүүлүк м-н тазалап, комсомол, профсоюз, *«Кошчу» союзу*, аялдар совети сыяктуу массалык коомдук уюмдарды ийгиликтүү жетектеген; Советтерди чыңдоого жетишип, алгачкы социалисттик кайра курууларга киришкен ж-а Оштогу контррев-ячыл күчтөрдү талкалоого катышкан. Граждсогуш аяктагандан кийин Ош ревкому аткаруу комитетине айланган. 1921-ж. 13-мартта Ош уездиндеги Советтердин 1-съезди болуп, анда Ош уезддик-шаардык аткаруу комитети түзүлгөн. 1921-ж. 12-июлда партияда жоктордун Ош уезддик-шаардык конференциясы болуп, өлкөнүн жаңы экон. саясатка өтүшүн колдоп чыккан. Ош уезддик-шаардык к-ти Түркстан комиссиясынын көрсөтмөлөрүн, РКП (б) БКнын чечимдерин ишке ашырып, эл чарбасын жаңы экон. саясаттын шарттарында өнүктүрүүнүн конкреттүү чараларын иштеп чыккан. Революцияга чейинки майда кол өнөрчүлөрдүн кустардык устаканаларынын базасында ө. ж. ишканалары м-н кол өнөрчүлөр кооперациясынын артелдери түзүлө баштаган.

РСФСРдин курамында Кыргыз автономия обл. түзүлгөндөн (1924-ж. октябрь) кийин ө. ж. ишканаларын түзүү сыяктуу түп-тамырынан кайра куруу иштери күчөгөн. 1927-ж. эле Ошто Кырг-нды ж-а Орто Азиянын башка респ-ларын камсыз кылууга эсептелген жибек куртун асыроочу з-д ишке киришкен, андан соң Ош нан з-ду иштей баштаган. 1928-ж. пилла түрүүчү ф-ка иштей баштаган. 1-беш жылдыкка чейин көбүнчө а. ч. продукциясын иштетүүчү, а. ч. техникасын ремонттоочу, эл көп керектеген товарларды чыгаруучу ө. ж. ишканалары курулган. Буга чейин шаардын ө. ж. өндүрүшү негизинен эски ишканалардын базасында өнүккөн. 20-жылдардын аягында Оштун парт.-сов. кызматкерлеринин алдында капиталдык курулушту кеңири жүргүзүү, Оштун эл чарбасын андан ары өнүктүрүү үчүн эң маанилүү деп эсептелген ө. ж. тармактарын тез өнүктүрүү милдеттери коюлган.

Согушка чейинки беш жылдыктарда пахта тазалоочу з-д, кирпич-акиташ з-ду, эт комбинаты, наабайкана, Памир жол курулушун тейлөө үчүн авторемонт мастерскою ж. б. курулган. Оштогу пилла түрүү ф-касы түп-тамырынан реконструкцияланып, механикалаштырылган ири ишканага айланган. Эски станоктор м-н катар 130 жаңы станок ишке киргизилген. Кадрларды даярдоо жакшырган. 1935-ж. декабрга чейин бул ф-канын 830 жумушчусунун 400ү мамл. экзамендерди тапшыргандыгы тууралуу күбөлүк алышкан. Стахановчулар кыймылы кеңири жайылган. Стахановчулардын патриоттук демилгесин эң биринчилерден болуп колдоп чыккан Кырг-ндагы ишканалардын бири Ош пилла түрүү ф-касы болгон. Бул ф-канын комсомол жумушчулары Т. Бакалова, Е. Арапаева ж-а Р. Хомутбаева новаторлор кыймылынын демилгечилеринен болушкан. 1935-ж. ф-канын коллективи жылдык планын 1-декабрга чейин аткарып, пландан тышкары 0,5 млн сом киреше киргизген. Ошто ачылган завод-фабрика ж-а тоо-кен ө. ж. шакирттик мектептеринде квалификациялуу жумушчу кадрлар даярдалган. Оштун эмгекчилери ондогон к-здорду шефке алып, аларга ар тараптан жардам берип турушкан. Шаардын шефтик бригадалары обл-тын а. ч-н социалисттик кайра курууда зор иштерди жасаган. Согушка чейинки беш жылдыктарда маданий рев-янын бардык нег. милдеттери чечилген. Калктын сабатсыздыгы жоюлган. Жалпы башталгыч билим берүү ишке ашырылган ж-а күн тартибине жалпыга милдеттүү 8 жылдык билим берүүгө даярдык көрүү маселеси коюлган. Маданий-агартуу, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, саламаттык сактоо, чекене соода жүргүзүү мекемелеринин кеңири тармагы түзүлгөн.

1924-ж. Ош округдун, 1926-ж. кантондун, анан кайра округдун, 1939-жылдан обл-тын борбору болгон. Мындай борбор болуу шаардын өнүгүшүнө зор таасир тийгизген. Социализмди куруу мезгилинде Оштун жалпы көрүнүшү абдан өзгөргөн. Шаардын коомдук-саясий, социалдык-экон. ж-а маданий турмушунда көп өзгөрүүлөр болгон. 1913-ж. 35 миң калкы болсо, 1939-ж. ал 45 миңге жеткен.

Социализмдин жеңиши шаардын социалдык структурасына көп өзгөрүүлөрдү киргизген. Бирөөнүн эсебинен жашагандар, адамды адам эксплуатациялоону туудурган бардык себептер, жумушсуздук толугу м-н жоюлган. 1936-ж. шаардагы бардык иштеген калктын 96%ин жумушчулар м-н кызматчылар түзгөн. Элдин турмуш деңгээли бир кыйла жакшырган.

Улуу Ата Мек. согуштун башталышына байланыштуу Оштун экономикасы кыска мөөнөттүн ичинде согуштун талаптарына ылайык кайра курулуп чыккан, ө. ж. негизинен майдан үчүн продукция чыгара баштаган. Оштун эмгекчилери өндүрүштүк тапшырмаларын дайыма ашыра аткарышып, майдандагыдай эмгектенишкен. Согуш жылдарында ликёр-арак з-ду, ГЭС ишке киргизилип, жибек куртун асыроочу з-д бир топ кеңейтилген. 1942-ж. Оштогу пилла түрүүчү ф-ка м-н эвакуацияланып келген Рахманов ийрүү-токуу ф-касы бириктирилип, аладын негизинде Ош жибек комбинаты түзүлгөн. 1945-ж. эт комбинаты ишке киргизилген. Оштун эмгекчилери коргонуу фондусуна да бир топ акча жыйнашкан. Кызыл Армиянын аскерлерине жылуу кийимдерди, белектерди даярдашкан *(Фронтко жардам, Фронттогулардын аялдары менен эне-леринин кыймылы)*, майдандагылар м-н Улуу Ата Мек. согуштун майыптарынын үй-бүлөлөрүнө такай камкордук көрүшкөн. Фашисттер убактылуу басып алган аймактардан көчүрүлгөн советтик граждандарды Оштун эли жылуу тосуп алышып, турак жай, тамак-аш м-н камсыз кылышкан. Алар согуш мезгилинде Ошко келген Польшанын граждандарын да мандай жарып тосуп алышкан. Ошко Ростов университети эвакуацияланып келип, анын илимпоздору аймактын тарыхын, табигый ресурстарын изилдөөгө, жог. квалификациялуу адистерди даярдоого зор салым кошкон. Улуу Ата Мек. согуш майданында көрсөткөн эрдиктери үчүн Оштун миңдеген жоокер-уулдары СССРдин ордендери ж-а медалдары м-н сыйланышкан.

Согуштан кийинки беш жылдыктар мезгилинде шаардын өндүргүч күчтөрү Кыргыз ССРинин ж-а Ош обл-нын эл чарбасынын өнүгүшүнүн беш жылдык пландарына ылайык өнүккөн. 4-беш жылдыкта Ошто авторемонт з-ду курулуп (1947), ишке киргизилген. Ал з-д автомобилдерди, тракторлорду ж-а алардын кыймылдаткычтарын капиталдык ремонттон өткөргөн. Андан соң электр-механикалык з-д, 5-беш жылдыкта кирпич з-ду, 6-беш жылдыкта темир керебеттерди, алюминий идиш-аяктарды жасоочу механикалык куюу з-ду курулган. Согуштан кийинки жылдарда Кырг-ндын ө. ж. тездик м-н өнүкөн. Бул мезгилде Ош курулуш материалдар комбинаты, керамзит чыгаруучу цех ишке киргизилген. 1959-ж. Ош механикалык куюу ж-а мотор ремонттоо з-ддору биригип, кубаттуу насосторду чыгаруучу Ош насос з-ду түзүлгөн. 1962-ж. обл-та биринчи болуп Ош ири панель үй куруу з-ду, 1963-ж. гидротех. курулуш үчүн темир-бетон жасалмалар чыгаруучу з-д ишке киргизилген. 1978-ж. Ошто жылына 400 миң $м^3$ шагыл ж-а кум ылгоочу з-д иштей баштап, турак үй үчүн бөлүктөрдү чыгаруучу үй куруу комбинатын (кубаттуулугу жылына 75 миң $м^2$) реконструкциялоо аяктаган.

Социализмди андан ары куруу мезгилинде Ош ш-нын өнүгүшү бир кыйла ийгиликтерге жетишкен. 1965-ж. ө. ж. дүң продукциясынын көлөмү 370 млн сомду түзгөн. Шаарда 24 орто мектеп ж-а жети жылдык мектеп, обл. кыргыз интернат мектеби, 2 балдар музыка мектеби болгон. Аларда 16,5 миңден ашуун бала окуп, жогорку ж-а атайын орто билимдүү 866 мугалим иштеген. 1962-ж. Пионерлер сарайынын азыркы эки кабат имараты курулуп бүткөн. 60-жылдары Ошто а. ч. техникуму, курулуш ж-а музыка окуу



Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун ж-а облаткомдун имараты.

жайлары, 1951-ж. Мугалимдер ин-ту-нун (1939-ж. негизделген) базасында түзүлгөн педагогика ин-ту иштеген. Шаар калкын маданият үйү, мугалим-дер үйү, 16 клуб, 6 кинотеатр, 30дай кызыл бурч, Өзбек музыкалуу драма театры, музей, 12 китепкана, басмакана тейлеген. Кыргызстан Компартиясы-нын Ош обл. к-тинин органы «Ленин жолу», «Ленинский путь», «Ленин йули» газеталары кыргыз, орус, өзбек тилдеринде чыккан. Мед. тейлөө түп-тамырынан жакшырган. 60-жылдар-дын ортосунда 500дөн ашуун мед. кыз-маткер, а. и. 210 жог. билимдүү адис иштеген. 1966-ж. Ошто 6 ооруканa, төрөт үйү, 5 поликлиника, 8 аптека, 31 бала бакча ж-а ясли (1,5 миң бала тарбияланган), 160тан ашуун дүкөн ж-а ларёк, 70 коомдук тамак-аш мекеме-си болгон. Турак жай фондусу ж-а көчөлөрдү абаттандыруу жолго коюлуп, электр м-н камсыз кылуу ж-а тур-муш-тиричилик жактан тейлөө кыз-маты жакшырган. 1962—65-ж. гана шаарды абаттандырууга 2,5 млндон ашуун сом сарпталган. Почта, радио байланышы, телефон, телеграф да бир кыйла өнүккөн. 1959-ж. 1,8 млн номер-лик автоматтык станция, о. эле шаарлар аралык телефон станциясы ишке кирги-зилген. Фрунзе ш. м-н радиореле бай-ланышы түзүлгөн. 1968-ж. Ошто телекөрсөтүү ж-а радио уктуруу б-ча обл. редакция түзүлгөн. 1970-жылдан Ош телекөрсөтүүсү иштейт.

Шаардык транспорт ийгиликтүү өнүккөн. 1949-ж. Ошто 10 автобус ж-а 40тай жеңил авт. иштесе, 1965-ж. 200дөн ашуун автобус ж-а 280дей жеңил такси болгон. 1965-ж. Кырг-н-дын түштүгүн түндүгү м-н бириктир-ген Фрунзе — Ош авт. жолу (уз. 600 км) курулуп бүткөн. Ош темир жол стан-циясынын жалпы товар жүгүртүүсү 1965-ж. 1940-жылга салыштырганда 4,5 эсе өскөн. Аба транспорту да зор маанiге ээ. 1963-ж. 12-июнда Ош аэропортуна биринчи жолу Фрунзе — Ош аба жолун тейлеген ИЛ-18 само-лёту, ал эми 1965-ж. АН-24 самолёту конгон. 1966-ж. Ош — Москва аба жолу иштей баштаган. Областтын борборун-да бардык зарыл инженердик коммуни-кациясы бар, учурдун талабына жооп берген аэропорт имараты курулуп, респ. ж-а бүткүл союздук маанидеги ар кан-дай багыттагы авиарейстерди такай тейлеп турууга толук мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

70-жылдарга чейин шаар аймагы 4,5 эседен ашуун кеңейген. Эгерде Улуу

Октябрь рев-ясына чейин Ош ш-нын аянты 10 км² гана болсо, 1965-ж. ал 68 км² аянтты ээлеген. 10-беш жыл-дыкта Ошто 27 ири ө. ж. ишканасы, 20 курулуш монтаждоо, 15 транспорт уюму иштеген.

Бүгүнкү Ош —214 миң калкы (1985-ж.; 1959-ж. 68 миң, 1970-ж. 120 миң, 1979-ж. 169 миң киши жаша-ган) бар шаар. Ал респ-нын текстиль ө. ж-нын борборуна айланган. Мында кебез кездеме өндүрүш бирикмесине караган текстиль комбинаты, ВЛКСМ атн. жибек комбинаты, Н. К. Крупская атн. кийим тигүү ф-касы, авторемонт з-ду сыяктуу ири ишканалар иштейт. Тамак-аш, эт-сүт, жерг. ө. ж., курулуш материалдарын чыгаруу, ири соода ж-а калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишканалары бар. Ош жылуу-лук-электр борбору бир катар ө. ж. ишканаларын ж-а шаардын турак үй-лөрүн электр энергиясы, жылуулук м-н камсыз кылат.

1985-ж. Ошто обл-тагы ө. ж. дүң продукциясынын 31%тен ашууну чы-гарылып, обл-тагы жумушчулардын 20%тейи иштеген. Шаардын эмгек кол-лективдеринде 70 миңден ашуун киши эмгектенет. Мында партиялык, проф-союз ж-а комсомол уюмдары, устаттар, партиянын, согуштун ж-а эмгектин ардагерлери жумушчулук ар-намысты, өз коллективи үчүн сыймыктануу сези-мин каркыттап, жумушчулар м-н кызматчылардын, инженердик-тех. кызматкерлердин адистик чеберчили-гин өркүндөтүүгө, квалификациясын жогорулатууга ж-а социалисттик мел-дешти жайылтууга көмөктөшүп, эмгек-чилерди коммунисттик тарбиялоо б-ча ар тараптуу иштерди жүргүзүүдө. Шаар 1984-ж. октябрда Кыргыз ССРи-нин ж-а Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдык юбилейин эпкиндүү эмгек, эң жакшы өндүрүштүк көрсөткүчтөр м-н тосуп алган. 1984-ж. ө. ж. курулуш ж-а транспорт ишкана-лары эмгек өндүрүмдүүлүгүн пландан тышкары өнүктүрүүнүн эсебинен 13 млндой сомдук продукция чыгарыш-кан, өзүнө турган наркты кошумча төмөндөтүүнүн натыйжасында дээрлик 2 млн сом үнөмдөшкөн. КПСС м-н Совет мамлекетинин туруктуу камкордугу-нун натыйжасында ар беш жылдык сайын Оштун экон. ж-а социалдык өнүгүшү, анын калкынын турмуш деңгээлин андан ары жакшыртуу үчүн каражат бөлүү улам көбөйүүдө.

1985-ж. шаарда 2 обл. театр — Кыргыз драма театры, Өзбек музыка-луу драма театры, Ош педагогика ин-ту ж-а Фрунзе политехника ин-тунун кеч-ки факультети, 6 техникум, 28 жалпы орто билим берүүчү мектеп, кесиптик-тех. окуу жайлар, тарых-маданият му-зей-коругу, музыка мектептери иштеген Окуу жайларда ар бир үчүнчү шаардык окуйт. Китепканалардын, клубдук мекемелердин, медициналык-сани-тариялык мекемелердин ж-а спорт курулмаларынын кеңири тармагы да өнүккөн. Шаардын көчөлөрү көркүү да, иреттүү да болуп калды, бак-дарак-тардын аянты көбөйдү.

Ош 1984-жылдан шаардын табигый өзгөчөлүктөрүн эске алуу м-н түзүлгөн жаңы негизги планга ылайык өнүгүүдө. Ак-Буура суусу шаарды экиге бөлүп өтөт. Шаардын борборунда байыртан бери анын символу болуп келаткан Сулайман тоосу заңкайып турат. Шаардын келечектеги курулушу негизинен рельефти ж. б. табигый фак-торлорду эске алуу м-н чечилет. Оштун нег. композициялык борбору баштагы-дай эле суу бойлото жайгашат. Анын сол жээги б-ча шаардын нег. ма-гистралы — Свердлов көчөсү андан ары уланта курулат. Ал көчөдөгү партия-нын обкомунун, обл. аткомдун, Кыргыз драма театрынын имараттары, стадион ж-а парк м-н катар админ., көңүл ачуу, мейманкана ж-а маданий агартуу комплекстери пайда болот. Алар бири бирин толуктоо м-н бирдиктүү архи-тектуралык ансамблге айланат. Шаар-дын нег. аянты азыркы педагогика ин-тунун алдындагы аянттын базасын-да түзүлөт. Борбордук аянттын чыгыш жагы сууга, батышы Сулайман тоосуна такалат. Ошентип Оштун борбору бийик имараттар м-н толукталат. 9 ж-а андан көп кабаттуу имараттар айлана-чөйрө-нүн рельефине айкашып, жарашыктуу композицияны түзөт. Сулайман тоосу-нун тик беттерине тектир-тектир кылып үйлөрдү куруу белгиленген.

Ж. С. Бактыгулов, В. Я. Галицкий, Ю. А. Заднепровский

ЭЛ ЧАРБАСЫ

Ош — обл-тын ири экон. борбору. Мында обл-тагы бардык ө. ж. продук-циясынын 34,1%и, бардык эл керектөө-

чу товарлардын 60%и чыгарылат (1984). 1983-ж. материалдык өндүрүш чөйрөсүндө — ө. ж-да, курулушта, транспорт м-н байланышта, соода м-н коомдук тамактанууда шаардын жумушчулары м-н кызматчыларынын 67%тен ашууну иштеген. Оштун ө. ж. продукциясы бардык союздук республикаларга ж-а 15 чет өлкөгө жөнөтүлүп турат.

Өнөр жайы. Улуу Октябрь социалистик рев-ясына чейин Оштун бардык ө. ж. бир нече майда кустардык ишканалардан — устаканалардан, тегирмендерден, пахта тазалоочу, пиво кайнатуучу ж-а ичеги-карын артуучу жайлардан турган. Чакан электр станциясы иштеген. Шаардын ө. ж. Совет бийлигинин жылдарында гана тездик м-н өнүккөн. 1-беш жылдыкка чейин эле мында көп тармактуу ө. ж-дын өнүгүшү үчүн негиз түзүлгөн. Жибек куртун асыроочу ж-а нан з-ддору негизинен курулуп бүткөн. Пилла түрүүчү ф-ка курулуп, 1928-ж. декабрда ишке киргизилген. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында кийим тигүү ф-касы түзүлүп, негизинен фронттун муктаждыктары үчүн иштей баштаган. 1942-ж. Ош пилла түрүүчү ф-касынын базасында Ош жибек комбинаты түзүлгөн. 1945-ж. шаарда эт комбинаты курулган. Согуштан кийинки мезгилде Ошто энергетика, курулуш материалдар, машина куруу ж-а металл иштетүү, жеңил ж-а тамак-аш, жерг. ж-а жыгач иштетүү ө. ж. тездик м-н өнүгө баштаган. 1985-ж. шаарда 24 ө. ж. ишканасы иштеген; 1984-ж. алар 437 млндон ашуун сомдук товардык продукция чыгарган.

Жеңил өнөр жайы шаар үчүн нег. мааниде. Анын үлүшүнө шаардык ө. ж-дын бардык дүң продукциясынын 70,7%и туура келет. Бул жерде союздук-респ. маанидеги ишканалар — Октябрдын 50 жылдыгы атн. кебез кездеме өндүрүш бирикмеси, ВЛКСМ атн. жибек комбинаты, кийим тигүү ф-касы, жибек куртун асыроочу з-д иштейт.

Машина куруу ж-а металл иштетүү 1940-ж. чейин Памир жол курулушун тейлөөчү мастерскою (1933) катары пайда болгон авторемонт ишканасынан гана турган. 1946—47-ж. «Металлист» артелинин (1939) базасында чоюн куюу цехи түзүлүп, чоюн буюмдарын, металл керебеттерди ж-а алюминий идиш-аяктарды чыгара баштаган. Ошол эле жылы мотор ремонттоо з-ду курулган. 1959-ж. алардын базасында Ош насос з-ду түзүлүп, кубаттуу насосторду чыгара баштаган ж-а тез эле союздук маанидеги ишканага айланган. 1963-жылдан Ош авторемонт з-ду иштейт.

Биринчи беш жылдыктардын мезгилинде шаарда курулуш материалдар ө. ж-нын алгачкы ишканасы кирпич-акиташ з-ду курулган (1929). Согуштан кийинки жылдары курулуш үчүн темир-бетон жасалмалар з-ду ишке киргизилген. 1962-ж. Ош асфальт-бетон заводу түзүлгөн. 1963-ж. Ошто № 4 темир-бетон жасалмалар заводу курулуп, ө. ж-лык ж-а гражд. курулушту бетон ж-а темир-бетон жасалмалары м-н камсыз кыла баштаган. 1968-ж. «Кыргызсуукурулуш-индустрия» өндүрүш бирикмесинин Ош темир-бетон жасалмалар з-ду, 1970-ж. *Ош үй куруу комбинаты* курулган. 1978-жылдан шагыл ж-а кум ылгоо з-ду иштейт. 1979-ж. Ош курулуш материалдар комбинатынын базасында «Ош курулушматериалдар» өндүрүш бирикмеси түзүлгөн. Анын курамында 2 кирпич з-ду, керамзит (1972), акиташ (1973), шагыл ылгоо (1978) заводдору бар.

Шаарда тамак-аш ө. ж. ишканалары — Ош эт-консерва комбинаты, «Ошнанөнөржай» өндүрүш бирикмесинин курамындагы нан з-ду, дан азыктар комбинаты, сүт комбинаты, жашылча-жемиш комбинаты ж. б. иштейт.

Жыгач иштетүү ө. ж. ишканаларына *Ош мебель фабрикасы*, жерг. ө. ж-га «Мурас» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмеси, Ош окуу-өндүрүш ишканасы ж-а үйдөн иштөө комбинаты кирет.

Октябрдын 50 жылдыгы атн. Ош кебез кездеме өндүрүш бирикмесинин жип чыйратуу цехи.



Ошто энергетиканын өнүгүшү 1913-жылдан башталган. Ал жылы шаардын жаңы бөлүгүнүн аймагындагы Як-Калик арыгына чакан ГЭС курулган. Станцияга кубаттуулугу 240 ат күчүнө барабар «Фрэнсис» тибиндеги гидротурбина ж-а 55 *кВт* кубаттуулуктагы туруктуу ток генератору орнотулган. 1914-ж. эски шаардын аймагына, Ак-Буура суусуна 2-ГЭСти куруу башталып, ага кубаттуулугу 300 ат күчүнө барабар «Фрэнсис» тибиндеги гидротурбина, 10 ж-а 55 *кВт* кубаттуулуктагы 2 туруктуу ток генератору коюлган. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин эки станция тең мамлекеттештирилип, 1921-ж. шаардык коммуналык чарба бөлүмүнүн карамагына өткөрүлгөн. Лениндик ГОЭЛРО планы б-ча Ак-Буура суусуна жалпы кубаттуулугу 25000 ат күчүнө барабар бир катар ГЭСтерди куруу белгиленген. 20-жылдардын аягында ишке киргизилген пилла түрүүчү ф-ка негизинен 1-ГЭСтин электр энергиясы м-н иштеген. Станциянын кубаттуулугун күчөтүү максатында ага Оштогу басмачылар талкалап кеткен 2-ГЭСтин жабдуулары орнотулуп, кубаттуулугу 120 *кВт*ка жеткен. 1931-ж. станцияга кубаттуулугу 25 *кВт* 4-генератор орнотулган, ал эми 1933-ж. кубаттуулугу 10 *кВт* генератор 12,5 *кВт*тык генератор м-н алмаштырылган. 1934-ж. Ош эс алуу үйүн электр м-н камсыз кылуу үчүн кубаттуулугу 13,3 *кВт*тык нефть м-н иштөөчү ичинен күймө дизель электр станциясы ж-а кубаттуулугу 8 *кВт*тык генератор орнотулган. Пилла түрүүчү ф-канын энергияга муктаждыгынын өсүшүнө байланыштуу шаарда 220 *кВт* кубаттуулуктагы 2 турбина агрегаты ж-а 188 *кВт*тык 2 генератору бар дизель электр станциясы ишке киргизилген. 1937-ж. ал станцияга 3-дизель коюлуп, кубаттуулугу 284 *кВт*ка жеткен. 1936-ж. Ак-Буура суусуна генераторунун кубаттуулугу 600 *кВт*тык Ош — Кара-Суу ГЭСинин биринчи кезегин куруу аяктаган, ал эми 1941-жылдын башында 1-ГЭСтин иштен чыгып калган 55 *кВт*тык генераторунун ордуна кубаттуулугу 84 *кВт*тык өзгөрүлмө ток генератору орнотулган. Бардык станциялардын жалпы кубаттуулугу 1 068,5 *кВт*ты түзгөн. Улуу Ата Мек. согуштун башында Кырг-нга бир катар ө. ж. ишканалары эвакуацияланып келген. 1942-ж. эвакуацияланып



ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатынын токуу цехи.

келген Рахманов ийрүү-токуу ф-касынын жабдуулары Ош пилла түрүүчү ф-касына колдонула баштаган. Алардын базасында түзүлгөн жибек комбинатын 1943-ж. курулган кубаттуулугу 500 *кВт*тык ГЭС электр энергиясы м-н камсыз кылып турат. 1-ГЭСтин кубаттуулугу өскөн. Мында 1948-ж. 55 ж-а 12,5 *кВт*тык генераторлордун ордуна кубаттуулугу 240 *кВт*тык генератор орнотулган. 50-жылдары дизель электр станциялары пахта тазалоочу (756 ж-а 800 *кВт*) ж-а кирпич-акиташ з-дунда (640 *кВт*) ишке киргизилген. 1956-ж. 500 *кВт*тык 2 гидроагрегаты бар 5-ГЭС ишке киргизилип, ал жылына орто эсеп м-н 5 млн *кВт · с* электр энергиясын иштеп чыгарган. 1958-ж. кубаттуулугу 1020 *кВт*тык «1-Май» ГЭСи иштей баштаган. Электр энергиясынын каатчылыгы 1958-ж. Анжиян — Кара-Суу — Ош ЛЭП-110 *кВт*тык электр линиясын тартуу аяктап, Өзбекстандын Фергана энергия системасынын борборлоштурулган электр м-н камсыз кылуусуна өткөндөн кийин жоюлган. Энергия чарбасын пайдалануу ж-а жетектөө үчүн Электр тармактарынын ж-а подстанцияларынын Ош р-ну түзүлгөн. Ага Оштогу бардык ГЭСтер (алардын кубаттуулугу 3295 *кВт*) ж-а шаардык электр тармактары кирген. Ош — Кара-Суу ГЭСинин 2-агрегаты ишке киргизилгенден кийин электр энергиясын иштеп чыгаруу 5 млн *кВт · с*ка көбөйгөн. Курулуп жаткан кебез кездеме комбинатын, башка ишканаларды ж-а турак жай фондусун электр ж-а жылуулук энергиясы м-н камсыз кылуу үчүн 1963-ж. Ош жылуулук-электр борборунун (ТЭЦ) курулушу башталган. Анын

долбоорун «Өнөржайэнергиядолбоор» ин-ту түзгөн. ТЭЦтин кубаттуулугу 50 миң *кВт*, электр энергиясын иштеп чыгаруу (өз керектөөсүнөн тышкары) 557,8 млн *кВт • с* деп белгиленген. 1-турбина агрегаты ишке 1966-ж., экинчиси 1968-ж. берилген. ТЭЦтин энергиясы керектөөчүлөргө 6, 35 ж-а 110 *кВ* чыңалуу м-н берилип турат. ТЭЦ электр энергиясынан тышкары жылуулук энергиясын да берет. Анын жылуулук чыгаруу кубаты 1599,1 *Гкалды* түзөт. Кийинки мезгилде борборлоштурулган электр м-н камсыз кылууга өткөн соң чакан электр станциялардын бир бөлүгү пайдалануудан чыгарылып, жоюлган. Шаардын өнүгүшү м-н электр энергиясын керектөөнүн өсүшү Ош ТЭЦин кеңейтүүгө ж-а Орто Азиянын бириккен энергия системасына туташууга туура келет.

Транспорт. Байыркы мезгилдерде Улуу Жибек жолунда жайгашкан Ош түрдүү соода кербендери үчүн баштапкы же токтоп өтүүчү жай болуп келген. Аймак Россиянын курамына кошулган соң араба, почта-соода жолдорун салуу башталган. Бирок Улуу Октябрь рев-ясына чейин Ош башка жерлер м-н кербен ж-а мал айдалуучу жалгыз аяк, чанда араба жолдору м-н байланышып турган. Алгачкы Ош — Кара-Суу темир жолу биринчи беш жылдыктардын мезгилинде курулган. Ал Ошту Фергана темир жол алкагы ж-а СССРдин бардык экон. р-ндору м-н байланыштырган. Шаардан ж-а шаар айланасындагы чарбалардан темир жол аркылуу айыл чарба, машина куруу продукциялары, эл керектөөчү товарлар ж. б. ташылып кетип, цемент, карагай, нефть продуктулары, минералдык жер семирткичтер ж. б. ташылып келет. Ошентсе да обл., респ. ичиндеги ж-а респ-лар арасындагы жүктөрдүн нег. бөлүгү (обл-тын борбору м-н байланышканы) авт. транспорту м-н ташылат. Авт.-араба жолдорун салуу 30-жылдары күчөгөн. Азыр Ош — Фрунзе (Кыргыз тракты), Ош — Хорог (Памир жолу) ж. б. авт. жолдору бар. 1983-ж. шаарда жалпы пайдалануудагы авт. транспорту м-н 11,2 млн *т* жүк ташылып, ал обл-тагы бардык ушундай жүктүн үчтөн биринен ашуунун түзгөн. Шаарда обл., респ. ж-а респ-лар аралык маанидеги маршруттарда жүктөрдү, жүргүнчүлөрдү ташуучу *Памир автомобиль транспорт өндүрүш бирикмесинин, Түштүк өндүрүш автотрестинин* администрациялары иштейт. Андан сырткары обл. керек-жарак союзунун, «Ошагроөнөржайкурулуштун» ведомстволук автобазалары ж. б. бар. 1983-ж. шаарда жалпы пайдалануудагы авт. транспорту аркылуу 69,9 млн жүргүнчү ташылып, ал обл-тын авт. транспорту ташыган бардык жүргүнчүлөрдүн 46,5%ин түзгөн. Шаарда 1940-жылдан автобус маршруту иштейт. 1948-ж. 13 автобус маршруту (372,3 *км*) болгон. 1983-ж. шаардын автобустары 45,4 млн жүргүнчү ташыган. Шаарлар аралык автобус маршруттары аркылуу Ош 15 р-ндун борбору ж-а обл-тын бардык шаарлары, Өзбек ж-а Тажик ССРлеринин ш. ж-а р-ндору м-н байланышат. Республикалар аралык автобус маршрутунун уз. 1782,5 *км*. Шаарды анын айланасы м-н байланыштырган 23 автобус маршруттары бар. Алардын жалпы уз. 564 *км*. 1976-ж. кебез кездеме комбинатынан «Түштүк-Чыгыш» микрорайонуна чейин троллейбус маршруту ачылган. Ал аркылуу шаардагы жүргүнчүлөрдүн 8%и ташылат. 1984-ж. күнүнө 18 маршрут (жалпы уз. 220,8 *км*) б-ча 130 жеңил такси, 80 маршруттук такси иштеген.

А б а транспорту 20-жылдардын аягынан өнүгө баштаган. Ош аэропорту 1928-жылдан иштейт. Аба жолдору шаарды 20дан ашык калктуу пункт, а. и. Москва, Фрунзе, Ташкен, Алматы, Самаркан, Баку, Сочи ж. б. м-н байланыштырат. Жерг. аба жолдору: Караван — Ош — Фрунзе, Кызыл-Кыя — Ош — Фрунзе — Чолпон-Ата — Ташкен, Жалал-Абад — Ош — Фрунзе — Чолпон-Ата — Ташкен ж. б. Аларды гражд. авиациянын ЯК-40, АН-2 тибиндеги самолёттору тейлейт. 1974-ж. жаңы Ош аэровокзал комплекси курулган. Күнүнө 1,8 миң жүргүнчү жөнөтүлүп ж-а кабыл алынып турат (1984).

Ош темир жол станциясы.





Ош аэровокзалы.

Курулуш. Ошто 30дан ашуун курулуш ж-а ремонттоо-курулуш уюмдары иштейт. Турак жай ж-а ө. ж. имараттарын, маданий-турмуш-тиричилик жактан тейлөө объектилерин *Ош үй куруу комбинаты, «Ош курулуш»*, «Түштүктранспортжолкурулуш» треспери ж. б. курулуш уюмдары курат. 1983-ж. шаардагы мамл. ж-а кооперациялык ишканалар м-н уюмдар 30,5 млн сомдук нег. өндүрүш фондуларын ишке киргизишкен, ал эми к-здор м-н чарбалар аралык ишканалардын эсебинен бул көрсөткүч 416 миң сомду түзгөн. Жылына 50 миң $м^2$ден ашуун турак жай курулат (1983). Шаарды курулуш материалдары м-н үй куруу комбинаты, темир-бетон жасалмалар з-ддору, «Ошкурулушматериалдар» өндүрүш бирикмеси ж. б. камсыз кылып турат.

Турак жай-коммуналык чарба ж-а турмуш-тиричилик кызматы. Коммуналык чарбанын Ош коммуналык ишканалар ж-а абаттандыруу комбинаты тейлейт. Ага мончо-кир жуучу комбинат, «шаажарык» шаардык электр тармагы б-ча ишкана (көчөлөрдү жарык кылуучу), шаарды санитариялык тазалоо б-ча атайын автобаза, троллейбус башкармасы, техникалык инвентаризациялоо бюросу, «Алай» мейманканасы карайт. Турак жай коммуналык чарба объектилерин утурумдук ремонттон Ош ремонттоо-курулуш башкармасы өткөрөт. Турак жай эксплуатациялоо конторасы Ош шаардык советинин турак жай фондусун эксплуатациялайт ж-а ремонттоп турат, үйдү *суу менен камсыз кылууну, жылуулук менен камсыз кылууну, канализацияны* тейлейт. Шаардыктарга жылына орто эсеп м-н 2 млн сомдук коммуналык кызмат көрсөтүлөт. Жылына шаарды абаттандыруугa 3 млн сомдон ашуун бюджеттик каражат сарпталат. Калкты турмуш-тиричилик жактан турмуш-тиричилик комбинаты (анын курамында 53 чач тарач, 9 үлпөт бюросу, 4 аманат пункту иштеген) тейлейт. Шаарда «Ошоблтиричиликрадиотехника», «Облхимтазалоо» бирикмелери, «Тиричиликтехникаремонттоо» з-ду, «Тиричиликмебель», «Жеке буйрутма боюнча кийим тигүү», «Өтүкчү» ф-калары, турмуш-тиричилик үйү, фотокомбинат, үн жазуу студиясы да иштейт. 1985-ж. шаардын ар бир адамына 66 сомдук турмуш-тиричилик жактан тейлөө кызматы көрсөтүлгөн.

Соода ж-а коомдук тамактануу. Ош Орто Азиядагы соода борборлорунун бири катары илгертен эле белгилүү болгон. Шаардын аймагынан табылган тыйындар мында акча аркылуу соода кылуу алгачкы орто кылым мезгилинде эле өнүккөндүгүн айгинелейт. Шаар ж-а бул аймакта базар соодасы өнүккөн. 20-кылымдын башында туруктуу бир жерде соода жүргүзүү кыдырма ж-а айырбаштоо соодасын сүрүп чыгарган. Дүкөндөр, соода-ө. ж. компанияларынын соода конторалары м-н дүңүнөн сатып алуу жайлары пайда болгон. Совет бийлиги орнотулгандан кийин соода ишканалары, банктар, кредиттик мекемелер мамлекеттештирилип, соонын мүнөзү түп тамырынан өзгөргөн, алгачкы мамл. дүкөндөр пайда болгон. 1985-ж. шаарда 490дон ашуун чекене соода ишканасы иштеп, алардын жалпы товар жүгүртүүсү 182,6 млндон ашуун сомду түзгөн. Ө. ж. товарларын «Шаардык өнөр жай-соода» бирикмеси-

Оштогу универсам дүкөнү.



нин дүкөндөрү сатат. Анын курамында 4 тигилүү кийим, 2 бут кийим, 11 чарбалык товарлар, 19 галантерея, тор кийим, парфюмерия ж. б. адистештирилген дүкөндөрү бар. Өнөр жай товарларынын ири дүкөндөрү: «Айчүрөк», «Гүлкайыр», «Ош» универмагдары. Азык-түлүк товарларын «Шаардык тамак-аш соода» бирикмесинин дүкөндөрү сатат. Анын ири гастрономдору: «Универсам», «Кыргызстан», «Ширин» ж. б. обл. кител сооданын 12 кител дүкөнү ж-а 3 комиссиялык дүкөнү иштейт. Жашылча-жемиш мамл. ж-а кооперациялык дүкөндөрдө сатылат, о. эле Ош базары, «Коомдук тамактануу» трестинин 6 ресторану, 14 кафеси иштейт.

Ю. П. Беляков, Л. И. Полищук, Р. Сабыров

МАДАНИЙ КУРУЛУШ

Алгачкы гражд. мектептер Ошто 1878-ж. ачылган. Алар шаардык эркек балдар окуу жайы ж-а приходдук кыздар окуу жайы болгон. Ал экөө тең эки класстуу эле. 1886-ж. шаардын эски бөлүгүндө орус эмес улуттардын балдары үчүн орус-тузем мектеби ачылган. Жерг. улуттардын сабаты мектептерде ачылып, медреселерде улантылган. Сокурлар үчүн куран окуганды үйрөткөн карыхана мектептери да болгон. Оштон бир нече балдар Шемаха ш-ндагы мектептерде азербайжан эл агартуучуларынан окуган. Совет бийлигинин жылдарында эл агартуу тармагы түп-тамырынан өзгөргөн. 1985—86-окуу жылында шаарда 28 жалпы орто билим берүүчү мектеп (аларда 34 миңдей бала окуган), а. и. майып балдар үчүн күнү узартылган 1 мектеп, 3 сегиз жылдык мектеп, В. В. Терешкова атн. мектеп-интернат, У. Салиева атн. орто мектеп болгон. 3 мектепте айрым сабактар кеңейтилген программа б-ча окутулат. Жумушчу жаштардын 6 мектебинде 1,5 миңден ашуун киши окуган. Балдар м-н өспүрүмдөрдүн спорт мектептери, *жаш натуралисттер станциясы, жаш техниктер станциясы,* 2 музыка мектеби, сүрөт мектеби, шаардык *Пионерлер жана окуучулар үйү* иштейт. Мектептен тышкаркы мекемелерге 6 миңден ашуун бала катышат. Мектептерде 1,6 миңден ашуун мугалим иштейт, алардын 1,3 миңден ашууну жог. билимдүү.

Мектепке чейинки балдар мекемелеринде тарбияланган балдардын саны 1975-жылга салыштырганда 2 эсе көбөйүп, 1986-ж. 20 миңден ашкан. Ошто бардыгы 13,3 миң орундуу 57 бала бакча ж-а ясли бар, а. и. 8,6 миң орундуу 36 бала бакча ведомстволорго карайт. Аларда 445 тарбиячы ж-а 121 мед. кызматкер иштеген.

Шаарда мамл. педагогика институту, Фрунзе политехника институтунун кечки факультети, *мугалимдердин билимин өркүндөтүү институту,* атайын орто окуу жайлар, совхоз-техникум, педагогика окуу жайы, музыка окуу жайы, курулуш техникуму, авт. жол техникуму, технология техникуму, советтик сооца техникуму, бухгалтердик мектеп иштейт; 5 кесиптик-тех. окуу жай эл чарба ишканалары үчүн токуучуларды, куруучуларды, токарларды, тигүүчүлөрдү ж. б. адистерди даярдайт.

Оштогу саламаттык сактоонун алгачкы мекемеси аймактын Россиянын курамына киришинен кийин уюшулган аскер госпитальы болгон. 19-кылымдын 80-жылдарында шаарда 5 орундуу фельдшердик пункту бар чакан оорукана иштеген. 1895-ж. ченде азыркы музыка окуу жайынын ордунда шаардык оорукана ачылган. 1900-жылдан жерг. калк үчүн земство-лук оорукана иштеген. 1 аптека болгон. Жерг. улуттардын нег. бөлүгүн табыптар м-н бүбү-бакшылар дарылаган. Совет бийлигинин жылдарында дарылоо-алдын алуу мекемелеринин кеңири тармагы түзүлгөн. 1985-ж. шаарда 23 поликлиника, обл. оорукана, обл. балдар ооруканасы, Ош ш-нын борб. ооруканасы, 2 төрөт үйү, учук оорулар, психика-неврология, врачтык-физкультура ж. б. диспансерлер, ишканалардын саламаттык сактоо пункттары ж. б. мед.-санитариялык мекемелер иштеген.

Шаарда ат м-н ташылуучу почта 19-к-дын 70-жылдарынын ортосунда пайда болгон. 1926-ж. шаардык почта-телеграф бөлүмү ачылган. Телефон 1925-жылдан иштейт. 1960-ж. Ош шаардык байланыш түйүнүнөн Ош телефон-телеграф станциясы бөлүнүп чыгып, Ош — Фрунзе фототелеграф байланышы түзүлгөн. 1973-ж. Ошто автоматтык телефон байланышы иштей



Ош педагогика ин-ту.

баштаган. 1984-ж. шаарда 20,2 миң номерлүү 9 автоматтык телефон станциясы иштеген. Шаар аймагында почта байланышын Ош почтампты тейлейт. 1985-ж. бул почтампттын 24 байланыш бөлүмү болгон. Күнүнө орто эсеп м-н 44,3 миң кат, 1 миң посылка, 741 акча которуу, 178 миң нуска газета-журналдар тескелет.

Алгачкы коомдук китепкана 1917-ж. 30-июлда ачылган. Ал мугалим И. А. Чесноковдун демилгеси б-ча шаардыктардын каражатына уюшулган. Драма иск-восунун ышкыбоздор ийрими иштеген. Азыркы Ош Кырг-н-дын түштүгүнүн ири илимий ж-а маданий борбору. Мында респ., зоналык ж-а бүткүл союздук илимий мекемелердин 16 бөлүмү ж-а филиалы, *Ош кыргыз драма театры, Ош өзбек музыка драма театры,* Оштун маданият жана эс алуу парктары, *Тарых-маданият музей-коругу* иштейт. Ошто клубдук мекемелер тармагы (5 мамл. ж-а 13 профсоюздук), 33 киноустановка да бар. Областтык китепкана, обл. медициналык-илимий китепкана, обл. профсоюздук базалык китепкана, обл. балдар китепканасы иштейт. Ош ш-нын борб. китепканасы өзүнүн филиалдары ж-а бөлүмдөрү катары 10 шаардык китепкананы бириктирет; 13 профсоюздук, 7 ведомстволук китепканага ж-а мектептердин китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Ошто обл. «Ленин жолу», «Ленинский путь» ж-а «Ленин йули» газеталары чыгат. Областтык басмакана ж-а обл. газета басмасы иштейт. 1985-ж. обл. «Союзпечать» агентствосунун 42 киоскиси, адистештирилген «Союзпечать» ж-а «Филателия» дүкөндөрү, газета сатуучу 17 автомат иштеген. Сатылуучу ж-а жазылып таратылуучу газета-журналдардын бир жолку тиражы 210 миң.

1968-ж. 20-январда «Оштон сүйлөйбүз» радио уктуруусу алгачкы жолу кыргыз тилинде жаңырган. 1970-ж. 9-сентябрда Ош студиясы даярдаган алгачкы телекөрсөтүү эфирге чыккан.

Ош радиореле станциясынын (1948) базасында Ош радиотелеберүү борбору түзүлгөн (1972). Ал Ош обл-на Фрунзе, Ташкен телестудияларынын ж-а Борб. телекөрсөтүүнүн, Кыргыз респ. радиосунун ж-а «Маяк» радиостанциясынын уктуруулярын, Борб. телекөрсөтүүнүн, Ташкен ж-а Ош студиясынын теле ж-а радио уктуруулярын Ташкен ш-на



Ош ш-ндагы Тельман көчөсү.

ж-а Ош обл-на тарттырып берип турат. Ош студиясынын кыргыз ж-а өзбек тилдеринде суткалык радио уктуруулары орто эсеп м-н 1 саатты, кыргыз тилинде телекөрсөтүүлөр 0,2 саатты түзөт.

Шаарда физкультура үйү, Ош шаардык стадиону ж-а «Шелковик» стадиону, 36 спорт зал, ок атуучу 10 тир, сууда сүзүү бассейндери, 6 спорт мектеби иштейт; аларга 2,9 миң киши катышып, 43 штаттык машыктыруучу, а. и. Кыргыз ССРине эмгек сиңирген 5 машыктыруучу эмгектенет. Бүткүл союздук ж-а респ. «Алга», «Спартак», «Динамо», «Колхозчу», «Эмгек резервдери», ыктыярдуу спорт ж-а физкультура-спорт коомдорунун обл. советтери түзүлгөн. Шаар маданиятына *Жазуучулар союзунун. Сүрөтчүлөр союзунун, Журналисттер союзунун. Архитекторлор союзунун* обл. бөлүмдөрү чоң салым кошууда.

Е. П. Коноваленко

ХРОНОЛОГИЯ

Датасы	
700—500 миң жыл мурда	Б. таш доорунда Кырг-ндын түштүгүндөгү адамдар мекендеген аймактар (Хайдаркендин жанындагы Сол-Үңкүр).
50—40 миң жыл мурда	Ортоңку палеолит доорундагы мустье маданияты.
Б. з. ч. 7—6-миң жылдыктар	Мезолит — өндүрүш доорунун башталышы (Хайдаркендин жанындагы Обишир үңкүрлөрү ж-а Таш-Көмүр ш-ның жанындагы үңкүр).
Б. з. ч. 4—3-миң жылдыктар	Неолит — соңку таш доору.
Б. з. ч. 18—8-к.	Коло доору.
Б. з. ч. 2-миң жылдык — б. з. ч. 11—8-к.-дын ортосу	Коло доорунда малчы-дыйкан уруулары пайда болгон. Соңку коло доорундагы б. дыйкан уруулары на таандык Чуст маданияты. Оштогу Сулайман тоо тургун жайы.
Б. з. ч. 7—4-к.	Алгачкы темир доорунда б. Ферганадагы дыйканчылык жамааттарынын Эйлатан маданияты.
Б. з. ч. 7—3-к.	Сак уруулар союзу.
Б.з. ч. 6-к.	Ахеменилер (Иран) аскерлеринин Сыр-Дарыяга чейинки жортуулдары.
Б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосу	Батыш Ферганада б. шаарлар пайда болгон.
Б. з. ч. 4—1-к.	Б. Ферганадагы Даван мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн болжолдуу мезгили.
Б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосу — б. з. 1-миң жылдыгынын ортосу	Дыйкан жамааттардын Шоро-Башат маданияты. Ферганада кул ээлөөчүлүк мамилелердин өнүккөн мезгили.
Б. з. ч. 329-ж.	Сак урууларынын кошуундары Сыр-Дарыяда Александр Македонскийдин аскерлеринин жортуулун токтоткон.
Б. з. ч. 2-к. — б. з. 5-к-ның ортосу	Усун уруулар союзу.
Б. з. ч. 2-к.— б. з. 5-к.	Кытай даректеринин маалыматы б-ча Даван мамлекетинин өкүм сүргөн мезгили.
Б. з. ч. 2-к.	Юандар Ферганаңа басып өткөн.
Б. з. ч. 2-к.	Эл аралык кербен жол — Улуу жибек жолу пайда болгон.
Б. з. ч. 125-ж.	Белгилүү кытай саякатчысы, элчиси Чжан Уян Даванга келип кеткен.
Б. з. ч. 104—99-ж.	Хань генералы Ли Гуан-линин аскерлеринин Даванга эки жолку жортуулу. Давандын хань баскынчыларына каршы күрөшү.
Б. з. 4—5-к.	Фергана Эфталиттер мамлекетинин курамында.
Б. з. 627—649-ж.	Түн. Фергана Батыш Түрк кагандыгына караган. Түш. Ферганаңы жерг. династия башкарган.
639-ж.	Фергана өкүмдары Аляошен бүткүл Ферганаңы убактылуу бириктирген.
715-ж.	Арабдардын Ферганаңы басып ала башташы. Араб кол башчысы Кутейба кагылышта өлтүрүлүп, сөөгү уламыш б-ча Ферганада коюлган.
722-ж.	Фергана падышасы Ат-Тар арабдардан жапа чеккен согдылыктарга баш маанек берген.
739-ж.	Түрк өкүмдары Аилан (Арслан-Таркан) Түн. Ферганаңы кайра каратып алып, аның борбору Касан ш-нда туруп калган.
812-817-ж.	Арабдар Касанды басып алып, Ферганаңы биротоло баш ийдирген.
9—10-к.	Фергана Саманилер мамлекетинин курамында.
940—941-ж.	Саманилер өкүмдары Наср ибн Ахмеддин Сулайман тоодогу жазуусу.
990-ж.	Караханилер Ферганаңы каратып алып, Өзгөндө туруп калышкан ж-а тыйын чыгарышкан. 1002-жылдан Ошто акча чыгаруучу жай болгон.
9—12-к.	Орто кылымдагы Ферганада өнүккөн феодализм мезгили. Экономикасы, шаарлары, маданияты өнүккөн.
10—12-к.	Фергана Караханилер мамлекетинин курамында. Шах-Фазил күмбөзү ж-а Өзгөн архитектуралык комплекси курулган.
13-к-дын башы	Фергана Кидандар мамлекетинин курамында.
1212-ж.	Түн. Ферганаңы найман акими Күчлүк, Түш. Ферганаңы Хорезм шахы Мухаммед каратып алган.
1218-ж.	Ферганага Чынгызхандын аскерлери басып кирген.

1—14-к.	Фергана Жагатай улусунун курамында. Өзгөн улустун маанилүү саясий
1—15-к.	борбору болгон. Ошто Жагатай династиясы тыйын чыгарган.
15-к-дын аягы	Фергана Темирдин (1370—1405) ж-а анын династиясынын ээлигинин кура-
1496—97-ж.	мында. Ага Ош ж-а Түш. Кырг-ндын башка аймактары да кирген.
15-к-дын аягы — 16-к-дын башы	Ферганада султан Бабур башкарган мезгил.
15-к-дын 2-жарымы — 16-к.	Бабурдун буйругу б-ча Оштогу Сулайман тоосуна мазар курулган.
1635—1755-ж.	Кыргыз эли калыптанган.
1762-ж.	
1845-ж.	
1858-ж.	Кыргыздардын могол феодалдарына каршы күрөшү.
1867-ж.	
1871-ж.	Кыргыздардын калмактарга (ойротторго же жуңгарларга) каршы күрөшү.
1873-ж. январь	Кокон феодалдары Ошту каратып алган.
	Оштук кыргыздардын Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшү.
1876-ж. 19-февраль	Түштүктөгү кыргыздар Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө
19-к.	чыгып, Маргалаң ш-н алышкан.
19-к-дын аягы	Алай кыргыздарынын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү.
	Сох кыргыздарынын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү.
1878-ж.	Түштүктөгү кыргыздар Россияга өзүлөрүн камкордукка алуусун сурап
	кайрылышкан.
1884-ж.	Кокон хандыгы жоюлуп, Фергана аймагы Россиянын курамына кирген.
	Кыргызстандын түштүгүндө почта байланышы түзүлгөн.
1885-ж.	Элге билим берүү ж-а саламаттык сактоонун алгачкы мекемелери, метео
1886-ж.	ж-а сейсм станциялары, ирригациялык курулмалар пайда болгон.
1887-ж.	Ошто эркек балдар үчүн шаардык ж-а кыздар үчүн приходдук 2 класстуу
1898-ж. май	окуу жайлар ачылган; алгачкы парк негизделген.
	Ак-Буура суусунун башатын мекенделген көчмөн кыргыздардын толкундоо-
1898—99-ж.	лору.
1905-ж.	Фергана аймагындагы дыйкандар м-н малчылардын толкундоолору.
	Ошто орус-түзөм мектеби ачылган.
1905-ж. апрель	Жалал-Абад курорту негизделген.
1905-ж. ноябрь	Падышачылыктын Орто Азиядагы колониячыл саясатына каршы Анжиян
1905—06-ж.	көтөрүлүшү.
	Кызыл-Кыя таш көмүр кени ачылган.
1907-ж.	Кыргызстандын түштүгүндө социал-демократтардын үгүт-насыят иштери
	башталган.
1908—11-ж.	Кызыл-Кыя шахтёрлорунун иш таштоосу.
	Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү жумушчуларынын толкундоолору.
1912-ж. февраль, 9-апрель, октябрь	Кыргызстандын түштүгүндө эмгекчилердин рев-ячыл чыгууларының күчөшү.
1914-ж.	Кыргызстандын түштүгүндө алгачкы социал-демократиялык топтордун
1914-ж. август	пайда болушу.
1915-ж. май	Скобелев (Фергана) станциясынан Кызыл-Кыяга ж-а Драгомиров станция-
1916-ж. июль — октябрь	сынан Сүлүктүгө кууш темир жол курулган.
	Кызыл-Кыя шахтёрлорунун иш таштоолору.
1917-ж.	
1917-ж. 6-март	Кадамжай сурьма кени ачылган.
1917-ж. 14-март	Сүлүктү кенчилеринин иш таштоосу.
	Гуруч-Мазар — Жалал-Абад темир жолу иштей баштаган.
1917-ж. 16-март	Орто Азиядагы улуттук-бөштондук көтөрүлүшү.
1917-ж. май	
1917-ж. июль— август	Сейдикум каналы (Базар-Коргон р-ну) курулган.
	Кызыл-Кыяда Жумушчу депутаттар совети шайланган.
1917-ж. августтун башы	«Ош гарнизонунун солдаттар союзу» (24-мартган Ош солдат депутаттар
1917-ж. 21-август	совети) уюшулган.
1917-ж. ноябрь	Сүлүктүдө Жумушчу депутаттар совети түзүлгөн.
1918-ж. январь	Ошто биринккен социал-демократиялык топ түзүлгөн.
	Кыргызстандын түштүгүндө биринчи «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзу
1918-ж. 15—16-январь	түзүлгөн.
1918-ж. февраль	Ошто «Жумушчулар жана чайрикерлер союзу» түзүлгөн.
1918-ж. март	Ошто Мусулман жумушчу ж-а чайрикер депутаттар совети уюшулган.
	Сүлүктүдө ж-а Кызыл-Кыяда Совет бийлиги орнотулган.
1918-ж. 25-апрель	Ошто уездик-шаардык элдик милицияны уюштуруу б-ча аскер комиссиясы
1918-ж. май	түзүлгөн.
	Ош уездик Совети шайланган.
1918-ж. 20-май	Кызыл-Кыяда большевиктик ячейка түзүлгөн.
1918-ж. август	Ошто Атайын тергөө комиссиясы түзүлгөн; большевиктик ячейка
	уюшулган.
1918-ж. сентябрь	Ош Советинин аткаруу комитети түзүлгөн.
	Ошто элдик банк ачылган. Кедей дыйкандардын ыктыярдуу «Кызыл-Ай»
1918-ж. октябрь	коому түзүлгөн.
1918-ж. 5-декабрь	Ош уездик элге билим берүү совети түзүлгөн.
1918-ж.	Ош уездинин Каракчы кыш-нда алгачкы малчылар шериктештиги пайда
	болгон.
1918-ж. декабрь	Ош уездик эл чарба совети түзүлгөн. Ноокат болуштугунда «Айым-Арал»
	коммунасы уюшулган.
	Сабатсыздыкты жоюучу алгачкы мектептер ачылган.
	Ош уездик совети уездик-шаардык рев-ячыл к-т болуп өзгөргөн.
	Кызыл-Кыяда Кырг-ндын түштүгүндөгү алгачкы «Жумушчу жаштар союзу» түзүлгөн.
	Ачарчылыкка каршы күрөшүү б-ча Ош уездик комиссиясы түзүлгөн.

1919-ж. март	Анжиянда К. Либкнехт атн. интернационалдык полк түзүлгөн (ал Кырг н-
1919-ж. август — сентябрь	дын түштүгүндө басмачыларга каршы күрөшкө катышкан).
	Ош м-н Жалал-Абадды басмачылардын ж-а ак гвардиячы-кулактардын
1920-ж.	отряддары басып алган. Кызыл Армиянын бөлүктөрү бул шаарларды бо-
1920-ж. март	шоткон. Анжияндын жанында басмачылар талкаланган.
1920-ж. май	Ошто алгачкы футболдук беттешүү өткөрүлгөн.
	Ошто алгачкы комсомол ячейкасы түзүлгөн.
1920-ж. 1-май	Түркстан фронтунун командачысы, ББАКтын ж-а РСФСР ЭКСтин Түрк-
	стан б-ча атайын комиссиясынын мүчөсү М. В. Фрунзе Ошко келген.
1920-ж. 19-июнь	Ошто ж. б. калктуу пункттарда алгачкы коммунисттик ишембилик өткөр-
	гөн.
1920-ж. 29-июнь	Жалпыга милдеттүү аскердик окутуунун Ош бөлүмчөсүндө алгачкы спорт
	ийрими уюшулган.
1920-ж. 17-ноябрь	РКП (б) БКнын «РКП (б)нин Түркстандагы негизги милдеттери жөнүн-
	дө» токтому.
1920-ж. 14-декабрь	Түркстан БАКынын «Жерди пайдалануу жана жерге жайгаштыруу жөнүн-
	дө» токтому.
1920-ж. 22-декабрь	Түркстан БАКтын «Көчмөндөрдү, Россиядан көчүп келгендерди жана
1920—21-ж.	казак-орус станицаларын жерге жайгаштыруу жөнүндө» токтому.
1921-ж.	Биринчи жер-суу реформасы.
1921-ж. январь	«Түркстан жибекчилер» коому түзүлгөн.
	Эмгекчи дыйкандардын съезди (Фергана ш-нда); Советтердин Ош уездик
1921-ж. апрель	1-съезди.
1921-ж. 12-июль	«Кошчу» союзунун Ош уездик уюму түзүлгөн.
1921-ж. декабрь	Партияда жоктордун Ош уездик-шаардык конференциясы.
1923-ж.	«Кошчу» союзунун 1-(уюмдаштыруу) съезди.
1924-ж.	Ошто алгачкы пионер отряддары түзүлгөн.
1924-ж.	Ош ж-а Жалал-Абад округдары түзүлгөн.
1924-ж.	Ошто «Луч» кинотеатры ачылган; А. Навои атн. парк негизделген.
1924-ж. 22-март	Кара-Суу пахта тазалоочу з-ду ишке киргизилген.
1924-ж. 12-июнь	Ош эс алуу үйү негизделген.
	РКП(б) БКнын «Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө»
1924-ж. 14-октябрь	токтому.
	РСФСРдин курамында Кара Кыргыз Автономия обл-н түзүү ж-дө ББАКтын
1924-ж. 7-ноябрь	2-сессиясынын токтому.
	Кыргыз тилинде «Эркин-Тоо» (1927-жылдан «Кызыл Кыргыстан», 1956-
1925-ж. 5—8-март	жылдан «Советтик Кыргызстан») газетасынын 1-саны жарык көргөн.
1925-ж. 10—13-март	Кыргыз АОсундагы дыйкан ж-а батрак аялдардын 1-съезди.
1925-ж. 23—27-март	РКП(б)нин Жалал-Абад ж-а Ош округдук 1-конференциялары.
1925-ж. 27—30-март	РКП(б)нин Кара Кыргыз обл. 1-конференциясы.
1925-ж. 31-март — 3-апрель	Кара Кыргыз АОсунун Советтеринин 1-съезди.
	Кара Кыргыз АОсунун профсоюздарынын 1-съезди.
1925-ж. май	
1925-ж. 1-май	Ошко телефон коюла баштаган.
	Азыркы Ош обл-ныи аймагында В. И. Ленинге алгачкы эстелик тургузул-
1925-ж. 25-май	ган.
	ББАКтын Кара Кыргыз АОсун Кыргыз Автономия обл. деп атоо ж-дөгү
1925-ж. 25-май — 1-июнь	токтому.
	Кыргызстан Комсомолунун 1-конференциясы.
1925-ж. 2—4-ноябрь	РКП(б)нин Кыргыз обл. 2-конференциясы.
1925-жылдын аягы	Кара-Суу ж-а Өзгөндө телефон коюла баштаган.
1926-ж.	Кыргыз АССР Кызыл Крест коомунун Ош обл. к-ти; Бүткүл союздук
	пахтачылык илимий изилдөө ин-тунун зоналык станциясы (1960-жылдан
1926-ж. 26—30-январь	пахта өстүрүү б-ча тажрыйба станциясы) түзүлгөн.
1926-ж. 1-февраль	Кыргызстан комсомолунун обл. 2-конференциясы.
1926-ж. сентябрь	Кыргыз автономия областы Кыргыз АССРине айландырылган.
	Советтик Чыгыш аялдарын азаттыкка чыгаруу кыймылы («Худжум») баш-
1926-ж. октябрь	талган; Жалал-Абад педагогика окуу жайы ачылган.
1926—28-ж.	Кыргызстан керек-жарак коомдор союзу түзүлгөн.
	Кок-Жаңгак таш көмүр кени кайра конструкцияланган; Кырг-ндын түштү-
1927-ж.	гүндө турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү алгачкы артелдер уюшулган.
1927-ж.	Жалал-Абадга 2-жолу шаар статусу (1-жолу 1877-ж.) берилген.
1927-ж.	Өзгөнгө шаар статусу берилген.
	Кара-Кулжа кыш-нда оорукана (азыр Совет р-нунун борб. ооруканасы)
1927-ж.	ачылган.
1927-ж.	Ошто жибек куртун асыроочу з-д ишке киргизилген.
1927-ж. январь	Гүлчө кыш-нда китепкана (азыр Алай р-нунун борб. китепканасы) ачылган.
1927-ж. 8—13-февраль	Жалал-Абад ж-а Ош округдары кантондорго айландырылган.
1927-ж. март	ВКП(б)нин Жалал-Абад ж-а Ош кантондук 1-конференциялары.
	Кыргыз жазмасы араб алфавитинен латын алфавитине өткөрүлгөн; Ош,
1927-ж. 1—7-март	Кызыл-Кыя, Жалал-Абадда Осоавиахим (1951-жылдан ДОСААФ) ячейка-
1927-ж. 7—12-март	лары уюшулган.
	ВКП(б)нин Кыргыз обл. 3-конференциясы.
1927-ж. 5-ноябрь	Кыргыз АССР Советтеринин 1-съезди Кыргыз АССРи түзүлгөндүгү ж-дө
1927-ж. 18—21-ноябрь	декларацияны кабыл алган.
1927-ж.	ВКП(б)нин Жалал-Абад ж-а Ош кантондук 2-конференциялары.
	ВКП(б)нин Кыргыз обл. 4-конференциясы.
	Беш-Батман каналы (Жаңы-Жол р-ну) ишке киргизилген.

1927—28-ж. 2-жер-суу реформасы.
1928-ж. Лазват каналы (Ала-Бука р-ну) ишке киргизилген.
1928-ж. «Катта-Талдык» мал чарба тажрыйба станциясы (1958-жылдан мамл. асыл тукум з-ду) түзүлгөн.
1928-ж. «Россия» к-зу (Ноокат р-ну) уюшулган.
1928-ж. Базар-Коргон (азыр Базар-Коргон р-нунун борб. китепканасы), Исфана (азыр Лейлек р-нунун борб. китепканасы) китепканалары ачылган.
1928-ж. Өзгөн ш-нда ооруканa (азыр Өзгөн р-нунун борб. ооруканасы) ачылган.
1928-ж. Жалал-Абад ж-а Ош кантондору Ош округуна бириктирилген.
1928-ж. Лейлек, Сузак, Өзгөн р-ндору түзүлгөн.
1928-ж. ВЛКСМдин Кыргыз обл. 3-конференциясы.
1928-ж. 3—10-март Ошто самолёт учуп-конуучу тилке курулган. Алгачкы самолёт конгон.
1928-ж. июль Ошто самолёт учуп-конуучу тилке курулган. Алгачкы самолёт конгон.
1928-ж. декабрь Оштогу пилла түрүүчү ф-ка (1942-жылдан жибек комбинаты) ишке киргизилген.
1928-ж. 5-декабрь ВКП(б)нин Жалал-Абад ж-а Ош кантондук 3-конференциялары.
1928—35-ж. Горчаков — Кызыл-Кыя, Кара-Суу — Ош, Жалал-Абад — Көк-Жаңгак, Үч-Коргон — Таш-Көмүр темир жолдору курулган.
1929-ж. Ош кирпич з-ду (азыр № 1 кирпич з-ду) ишке киргизилген.
1929-ж. Жалал-Абад ш-нда Токтогул атн. парк негизделген.
1929-ж. «Кахраман» а. ч. артели (1962-жылдан Араван р-нундагы 22-партсъезд атн. с-з) уюшулган.
1929-ж. «Москва» к-зу (Баткен р-ну) түзүлгөн.
1929-ж. СССР Мамл. банкынын Ош обл. конторасы түзүлгөн (1939—59-ж. СССР Мамл. банкынын Ош ж-а Жалал-Абад обл. конторалары иштеген).
1929-ж. Ош басмаканасы ачылган.
1929-ж. Ошто өзбек музыкалуу драма театры негизделген.
1929-ж. Э. Тельман атн. к-з (Ноокат р-ну) түзүлгөн.
1929-ж. Дыйкан-батрактардын «Жарды-жалчы уюму» түзүлгөн.
1929-ж. январь ВКП(б)нин Кыргыз обл. 5-конференциясы.
1929-ж. 15—25-январь Ошто алгачкы эпкиндүү бригадалар пайда болгон.
1929-ж. апрель Кыргыз АССР Советтеринин 2-съездинде Кыргыз АССРинин Конституциясы бекитилген.
1929-ж. 25—30 апрель ВЛКСМдин Кыргыз обл. 4-конференциясы.
1929-ж. 31-май — 7-июнь Иваново-Вознесенск текстилчилеринин делегациясы Ошко келип кеткен.
1929-ж. 13-ноябрь Эпкиндүүлөрдүн респ. 1-слёту (Ош ш.).
1929-ж. 22-ноябрь Кыргызстандын түштүгүндөгү алгачкы МТСтер (Кашкар-Кыштак, Сакалды, Жалал-Абад, Өзгөн ж. б.) түзүлгөн.
1930-ж. Чапаев атн., «Маданият» (Ноокат р-ну), «Коммунизм» (Сузак р-ну), «Өзгөрүш» Кара-Суу р-ну, (1932-жылдан С. М. Киров атн.) к-здору түзүлгөн.
1930-ж. Оң канат каналы (Сузак р-ну) курулуп бүткөн.
1930-ж. Сузак кыш-нда китепкана (азыр Сузак р-нунун борб. китепканасы) ачылган.
1930-ж. Ош аэровокзалынын алгачкы имараты курулган.
1930-ж. Араван-Буура р-нунда 25 миңчилердин слёту.
1930-ж. июнь ВКП(б)нин Кыргыз обл. 6-конференциясы.
1930-ж. 8—10-июнь Кызыл-Кыя тоо-кен техникуму ачылган.
1930-ж. сентябрь ВЛКСМдин Кыргыз обл. 5-конференциясы.
1930-ж. 5—8-ноябрь Ош — Хорог авт. жолунун (Памир жолу) курулушу башталган.
1931-ж. К. Маркс атн. (Ленин р-ну), «Кызыл-Байрак» (Совет р-ну) к-здору, «Отуз-Адыр» с-зу (Кара-Суу р-ну) түзүлгөн.
1931-ж. Ош м-н Кызыл-Кыяда радио түйүндөрү иштей баштаган.
1931-ж. Кызыл-Кыя басмаканасы негизделген.
1931-ж. Ошто обл. ооруканa негизделген.
1931-ж. 15—17-февраль Кыргызстан к-ачуларынын 1-съезди.
1931-ж. 10-июль Сары-Таш — Эркеч-Там авт. жолунун курулушу башталган.
1932-ж. «Коммунизм» (Ленин р-ну) ж-а «Кызыл-Ай» (азыр Базар-Коргон р-нундагы М. В. Фрунзе атн.) к-здору түзүлгөн.
1932-ж. Көк-Жаңгакта ооруканa ачылган.
1932-ж. 12-апрель «Коммунист» (азыр өзбек тилинде чыгуучу обл. «Ленин йули») газетасынын 1-саны жарык көргөн.
1932-ж. 2—7-июнь ВЛКСМдин Кыргыз обл. 6-конференциясы.
1932-ж. сентябрь Ош а. ч. техникуму (1977-жылдан совхоз-техникум) ачылган.
1933-ж. Кара-Дыйкан каналы (Өзгөн р-ну) ишке киргизилген.
1933-ж. «Кызыл-Малчы» (азыр Ала-Бука р-ндук «Күжүрмөн эмгек») газетасы чыга баштаган.
1933-ж. 7-ноябрь Биринчи ирет Памир жолу аркылуу Оштон Хорогго авт. барган.
1934-ж. У. Салиева атн. к-з (Ноокат р-ну) түзүлгөн. Кыргыз АССРинин 1-спартакиадасы. Ош — Хорог — Ош маршруту 6-ча велосипед жүрүшү уюштурулган.
1934-ж. Көк-Жаңгакта (азыр Көк-Жаңгак ш-нын борб. китепканасы), Эски-Ноокат кыш-нда (азыр Ноокат р-нунун борб. китепканасы) китепкана ачылган.
1934-ж. СССР ИАнын Кургакчыл субтропик токой ин-тунун «Ак-Терек» илимий изилдөө пункту (1968-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунун Токой бөлүмүнүн Түш. Кырг-н мөмө токой тажрыйба станциясы) түзүлгөн.
1934-ж. Бүткүл союздук «Динамо» спорт коомунун обл. совети түзүлгөн.
1934-ж. 10—15-январь ВКП(б)нин Кыргыз обл. 7-конференциясы.
1934-ж. 15-июль «Ленин жолу» (азыр Өзгөн р-ндук «Октябрь туусу») газетасынын 1-саны жарык көргөн.
1934-ж. 19-июль «Кызыл Ноокат» (азыр Ноокат р-ндук «Колхозчу») газетасынын 1-саны жарык көргөн.

1934-ж. декабрь В. В. Куйбышев Ошко келип кеткен.
1935-ж. Араван, Жаңы-Жол, Кара-Суу, Ленин р-ндору түзүлгөн.
1935-ж. «Сталин жолу» (азыр Базар-Коргон р-ндук «Эмгек жалыны»), «Жогорку түшүм үчүн» (азыр Араван р-ндук «Достук»), «Жеңиш жолунда» (азыр Ленин р-ндук «Ленинчил») газеталары чыга баштаган.
1935-ж. Таш-Көмүр кени ишке киргизилген.
1935-ж. Караван (азыр Жаңы-Жол р-нунун борб. ооруканасы), Кара-Суу (азыр Кара-Суу р-нунун борб. ооруканасы), Ленин-Жол (азыр Ленин р-нунун борб. ооруканасы) кыш-нда ооруканалар ачылган.
1935-ж. Ошто эсепчи-бухгалтерлер (1981-жылдан обл. бухгалтердик) мектеби ачылган.
1935-ж. сентябрь Ош обл-нда стахановчулар кыймылы башталган.
1936-ж. «Колхоз турмушу» (азыр Лейлек р-ндук «Алга») ж-а «Колхоз жолу» (азыр Жаңы-Жол р-ндук «Жаңы-Турмуш») газеталары чыга баштаган.
1936-ж. Алай р-ну (азыркы чек арасы б-ча) түзүлгөн.
1936-ж. Гүлчө кыш-нда оорукана (азыр Алай р-нунун борб. ооруканасы) ачылган.
1936-ж. Сурьма тажрыйба-ө. ж. з-ду (азыркы Эмгек Кызыл Туу ордендүү М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинаты) курулган.
1936-ж. 15—21-февраль ВЛКСМдин Кыргыз обл. 7-конференциясы.
1936-ж. декабрь Фрунзеде радиостанция ж-а Ошто радио түйүнү иштей баштаган.
1936-ж. 5-декабрь Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айландырылган.
1936-ж. Чаңгыр-Таш нефть кени ишке киргизилген.
1937-ж. Ош шаардык санитария-эпидемиологиялык ж-а дезинфекция станциялары ачылган.
1937-ж. Таш-Көмүр басмаканасы негизделген.
1937-ж. 28-январь Кыргыз телеграф агентствосу (КырТАГ) уюшулган. Ошто КырТАГдын кабарчылар пункту түзүлгөн.
1937-ж. 20—23-март Кыргыз ССР Советтеринин чукул чакырылган 5-съездинде Кыргыз ССРинин Конституциясы кабыл алынган.
1937-ж. 23-апрель Кыргыз обл. парт. уюму Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясы деп аталган.
1937-ж. 22-май ВЛКСМдин Кыргыз обл. уюму Кыргызстан ЛКЖС деп аталган.
1937-ж. 5—16-июнь Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 1-съезди.
1937-ж. 10—20-октябрь «Коммунизм жолунда» (1965-ж. 1-майдан Кара-Суу р-ндук «Эмгек майданы») газетасы чыга баштаган.
1938-ж. Кызыл-Кыя шаар статусун алган.
1938-ж. Кызыл-Кыя шаардык ооруканасы ачылган.
1938-ж. Фрунзе ш. т. п. түзүлгөн.
1938-ж. Фрунзе р-ну (азыркы чек арасы б-ча) түзүлгөн.
1938-ж. Фрунзе р-ндук ооруканасы ачылган.
1938-ж. Жалал-Абад шаардык санитария-эпидемиологиялык станциясы ачылган.
1938-ж. 23-февраль «Сталиндик жеңиш» (азыр Баткен р-ндук «Кызыл-Туу») газетасынын 1-саны жарык көргөн.
1938-ж. март Ош округунан Жалал-Абад округу бөлүнгөн.
1938-ж. 23—27-май Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Жалал-Абад округдук конференциясы.
1938-ж. 25—30-май Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош округдук конференциясы.
1938-ж. 24-июнь Кыргыз ССР Жог. Советинин 1-чакырылышына шайлоо.
1938-ж. 3—15-июль Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 2-съезди.
1938-ж. 14-октябрь Кыргыз тилинде чыгуучу обл. «Ленин жолу» газетасынын 1-саны жарык көргөн.
1938-ж. 7-ноябрь Орус тилинде чыгуучу обл. «Ленинский путь» ж-а кыргыз тилинде чыгуучу р-ндук «Колхоз турмушу» (азыр Ала-Бука р-ндук «Эмгек даңкы») газеталарынын 1-сандары жарык көргөн.
1939-ж. Ош шаардык Пионерлер ж-а окуучулар үйү ачылган.
1939-ж. Жаңы-Базар кыш-нда оорукана (азыр Чаткал р-нунун борб. ооруканасы) ачылган.
1939-ж. Ош обл. учук оорулуу балдар санаторийи түзүлгөн.
1939-ж. Ош обл. санитария-эпидемиологиялык станция ачылган.
1939-ж. 7—12-февраль Кыргызстан ЛКЖСтин 2-съезди.
1939-ж. 22—25-февраль Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 3-съезди.
1939-ж. 30-апрель Кара-Суу р-нунда 1-Май атн. канал иштей баштаган.
1939-ж. 26-май — 4-июнь Кыргыз иск-восунун Москвадагы 10 күндүгү.
1939-ж. 15—17-август Кыргызстан мугалимдеринин 1-съезди.
1939-ж. сентябрь Жалал-Абад мед. сестралар мектеби (1954-жылдан медицина окуу жайы) ачылган.
1939-ж. сентябрь Ошто Мугалимдер ин-ту (1951-жылдан Ош мамл. педагогика ин-ту) ачылган.
1939-ж. 21-ноябрь Жалал-Абад ж-а Ош обл-тары түзүлгөн.
1940-ж. Ош ш-ныи ичинде автобус жүрө баштаган.
1940-ж. Обл-тыи аймагында телефон аркылуу сүйлөшүүчү алгачкы пункт ачылган.
1940-ж. Ош обл. мамл. архив түзүлгөн.
1940-ж. Сүлүктү шаар статусун алган.
1940-ж. Сүлүктү ж-а Таш-Көмүр шаардык ооруканалары ачылган.
1940-ж. Ала-Бука кыш-нда китепкана (Ала-Бука р-ндук борб. китепкана) ачылган.

1940-ж. 1-март — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 1-конференциясы.
1940-ж. 5—8-март — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Жалал-Абад обл. 1-конференциясы.
1940-ж. 6—7-март — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош обл. 1-конференциясы.
1940-ж. 13—16-март — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 4-съезди.
1940-ж. 20-март — Кыргызстан Компартиясынын 4-съезди атн. Араван каналы ишке киргизилген.
1940-ж. 10—17-апрель — Ноокат каналы курулган.
1940-ж. 19—20-сентябрь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 1-конференциясы.
1940-ж. 27—30-сентябрь — Кыргызстан ЛКЖСтин 3-съезди
1940-ж. 15-октябрь — Көгарт каналынын курулушу башталган.
1941-ж. — «Алга» (азыр Фрунзе р-ндук «Ильич нуру» газетасы) ж-а «Сталинчи» (1965-ж. 1-майдан Сузак р-ндук «Пахтачы» газетасы) газеталары чыга баштаган.
1941-ж. — Фрунзе — Ош. авт жолунун курулушу башталган.
1941-ж. — Ош обл. парт. архив түзүлгөн.
1941-ж. — Райондук «Коммунизм үчүн» газетасы (Совет р-ну) чыга баштаган.
1941-ж. 31-январь — Кыргыз жазмасы латын алфавитинен орус алфавитине өткөн.
1942-ж. — Кызыл-Кыя тамеки-ферменттөө з-ду ишке киргизилген.
1942-ж. — Ош жибек комбинаты түзүлгөн.
1942-ж. — Хайдаркен ш. т. п. түзүлгөн.
1942-ж. — Хайдаркен сымап комбинаты түзүлгөн.
1943-ж. — Таш-Көмүр шаар статусун алган.
1943-ж. 1-март — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 2-конференциясы.
1943-ж. — Көк-Жаңгак шаар статусун алган.
1945-ж. — Жалал-Абад пахта тазалоочу з-ду ишке киргизилген.
1945-ж. — «Жийделик» санаторийи ачылган.
1945-ж. — Ош эт комбинаты ишке киргизилген.
1945-ж. — Республикалык долбоорлоо конторасынын Оштогу бөлүмү (азыр «Кыргызкурулушдолбоор» ин-тунун бөлүмү) түзүлгөн.
1945-ж. 11—12-февраль — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 2-конференциясы.
1946-ж. — Сузак р-ндагы Эгиндүү Көгарт каналы ишке киргизилген.
1946-ж. 25—27-октябрь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 3-конференциясы.
1946-ж. 25—28-ноябрь — Кыргызстан ЛКЖСтин 4-съезди.
1947-ж. — Чабай ш. т. п. түзүлгөн.
1947-ж. — Жалал-Абад аэропорту ачылган.
1947-ж. — Араван (азыр Араван р-нунун борб. китепканасы) ж-а Караван (азыр Жаңы-Жол р-нунун борб. китепканасы) кыш-нда китепканалар ачылган.
1947-ж. — Ош авт. ремонттоо з-ду ишке киргизилген.
1947-ж. сентябрь — Жалал-Абад зооветеринария техникуму ачылган.
1948-ж. — Пулгон кыш-нда китепкана (азыр Фрунзе р-нунун борб. китепканасы) ж-а Кара-Суу р-ндук китепканасы ачылган.
1948-ж. — «Орток» токой чарбасы түзүлгөн.
1948-ж. — У. Салиева атн. Ош обл. кыргыз орто мектеби ачылган.
1948-ж. — Сүлүктү шаардык китепканасы ачылган.
1948-ж. — Кызыл-Үнкүр, Киров, Кара-Алма, Гава (1961-жылдан Гава тажрыйба-көрсөтмө токойчулугу) токой чарбалары түзүлгөн.
1948-ж. — Фрунзе — Жалал-Абад радиореле байланышы иштей баштаган.
1948-ж. — Жалал-Абад мебель ф-касы ишке киргизилген.
1948-ж. — Кыргызстан «Билим» коомунун Ош обл. уюму уюшулган.
1948-ж. 16—17-январь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 3-конференциясы.
1948-ж. 20—24-февраль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Жалал-Абад обл. 2-конференциясы.
1948-ж. 21—23-февраль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош обл. 2-конференциясы.
1948-ж. 21—23-июнь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 4-конференциясы.
1948-ж. 20—22-июль — Кыргызстан ЛКЖСтин 5-съезди.
1949-ж. — Пионерлердин респ. 1-слёту.
1949-ж. — Ош ш-нын биринчи негизги планы түзүлгөн.
1949-ж. — Көк-Таш ш. т. п. түзүлгөн.
1949-ж. — Ош обл. китепкана (1974-жылдан Токтогул Сатылганов атн.) ж-а Таш-Көмүрдөгү китепкана (азыр Таш-Көмүр ш-нын борб. китепканасы) ачылган.
1949-ж. 10—11-январь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 5-конференциясы.
1949-ж. 15—16-январь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 4-конференциясы.
1949-ж. 20—21-январь — Кыргызстан ЛКЖСтин 6-съезди.
1949-ж. 24—26-январь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Жалал-Абад обл. 3-конференциясы.
1949-ж. 10—14-февраль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 5-съезди.
1949-ж. 26—28-февраль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош обл. 3-конференциясы.
1950-ж. — Жалал-Абад ш-нда ВЛКСМ атн. парк негизделген.
1950-ж. — Сары-Таш ш. т. п. түзүлгөн.

1950-ж. — Ленин р-ндук китепканасы ачылган.
1950-ж. — Өзгөн токой чарбасы түзүлгөн.
1950-ж. — «Баткен» аэропорту курулган.
1950-ж. 18—19-февраль — Жалал-Абад ш-нын биринчи негизги планы түзүлгөн.
1950-ж. 28—29-июнь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 5-конференциясы.
1950-ж. 25—28-август — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 6-конференциясы.
1950-ж. — Кыргызстан ЛКЖСтин 7-съезди.
1951-ж. — Ош шаардык китепканасы негизделген.
1951-ж. — Жаңы-Жол ж-а Ала-Бука токой чарбалары түзүлгөн.
1951-ж. — Кызыл-Кыя шаардык китепканасы негизделген.
1951-ж. — Кызыл-Кыя медицина окуу жайы ачылган.
1951-ж. — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош обл. к-тинин Марксизм-ленинизм университети ачылган.
1951-ж. — «Караван» аэропорту ачылган.
1951-ж. — Сүлүктү ж-а Жалал-Абад эт комбинаттары ишке киргизилген.
1951-ж. — Ош мамл. контролдоо лабораториясы (1971-жылдан стандартты ж-а ченегич техниканы көзөмөлдөө лабораториясы) түзүлгөн.
1951-ж. — Таш-Көмүр ш-нын биринчи негизги планы түзүлгөн.
1951-ж. 7-январь — Ош обл. профсоюздар советинин 1-пленуму.
1951-ж. 27—28-январь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 6-конференциясы.
1951-ж. 1-февраль — Ош обл. край таануу музейи (1978-жылдан Тарых-край таануу музейи, 1982-жылдан Ош бириккен тарых-маданият музей-коругу) ачылган.
1951-ж. 8—9-февраль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош обл. 4-конференциясы.
1951-ж. 24—25-февраль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Жалал-Абад обл. 4-конференциясы.
1952-ж. — Кызыл-Жар, Совет, Сумсар, Терек-Сай ш. т. п-лары түзүлгөн.
1952-ж. — Бүткүл союздук «Спартак» ыктыярдуу спорт коомунун Ош обл. совети түзүлгөн.
1952-ж. 11—13-февраль — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 7-конференциясы.
1952-ж. 25—27-февраль — Кыргызстан ЛКЖСтин 8-съезди.
1952-ж. 27—28-февраль — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 7-конференциясы.
1952-ж. 31-август — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык 8-конференциясы.
1952-ж. 6—8-сентябрь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Жалал-Абад обл. ж-а Ош обл. 5-конференциялары.
1952-ж. 20—23-сентябрь — Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын 6-съезди.
1953-ж. — Кочкор-Ата ш. т. п. түзүлгөн.
1953-ж. 24—25-январь — Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 9-конференциясы.
1953-ж. 26—27-декабрь — Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 10-конференциясы.
1954-ж. — Кыргыз респ. «Колхозчу» ыктыярдуу спорт коомунун Ош обл. совети түзүлгөн.
1954-ж. 4—5-январь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 8-конференциясы.
1954-ж. 23—24-январь — Кыргызстан Компартиясынын Жалал-Абад обл. ж-а Ош обл. 6-конференциялары.
1954-ж. 26—28-январь — Кыргызстан ЛКЖСтин 9-съезди.
1954-ж. 10—12-февраль — Кыргызстан Компартиясынын 7-съезди.
1955-ж. — Ош обл. китепкана коллектору уюшулган.
1955-ж. — «Кыргызнефть» өндүрүш бирикмеси түзүлгөн.
1955-ж. 8—9-январь — Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 11-конференциясы.
1955-ж. 26—27-ноябрь — Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 12-конференциясы.
1955-ж. 3—4-декабрь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 9-конференциясы.
1955-ж. 10—11-декабрь — Кыргызстан Компартиясынын Жалал-Абад обл. 7-конференциясы.
1955-ж. 17—18 декабрь — Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 7-конференциясы.
1955-ж. 22—23-декабрь — Кыргызстан ЛКЖСтин 10-съезди.
1956-ж. — Үч-Коргон ГЭСинин курулушу башталган.
1956-ж. — Майлы-Сай шаар статусун алган.
1956-ж. — Майлы-Сай шаардык ооруканасы ачылган.
1956-ж. — Майлы-Сай ш-нда «Октябрь» кинотеатры ачылган.
1956-ж. 24—26-январь — Кыргызстан Компартиясынын 8-съезди.
1956-ж. 19-сентябрь — Ош шаардык орт өчүрүүчү ыктыярдуу коом уюшулган.
1956-ж. октябрь — Ош почтамты ачылган.
1956-ж. декабрь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 16-конференциясы.
1956-ж. 22—23-декабрь — Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 13-конференциясы.
1957-ж. — Шамалды-Сай ш. т. п. түзүлгөн.
1957-ж. — «Шахтёр» санаторий-профилакторийи ачылган.
1957-ж. — Избаскен нефть кени ачылган.
1957-ж. — Жалал-Абад мөмө-жемиш комбинаты (1981-жылдан консерва з-ду) ишке киргизилген.
1957-ж. — Майлы-Суу нефть кени ачылган.
1957-ж. — «Ошоблкурулуш» тресті уюшулган.
1957-ж. — Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Өзгөн ш-нын биринчи негизги пландары түзүлгөн.
1957-ж. — Араван р-ндагы «Коммунизм» к-зунда эки жолку Соц. Эмг. Баатыры А. Анаровдун бюсту орнотулган.
1957-ж. 11-январь — Кыргыз ССРи Ленин ордени м-н сыйланган.
1957-ж. декабрь — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 17-конференциясы.

1957-ж. 28—29-декабрь Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 14-конференциясы.
1958-ж. Кыргыз респ. «Алга» ыктыярдуу спорт коомунун обл. совети түзүлгөн.
1958-ж. Ош ж-а Жалал-Абад ш-нын калкы телекөрсөтүүлөрдү көрө баштаган.
1958-ж. Көк-Жаңгак ш-ның биринчи негизги планы түзүлгөн.
1958-ж. Кара-Суу р-ндагы Кызыл-Шарк кыш-нда эки жолку Соц. Эмг. Баатыры
Х. Ташировдун бюсту орнотулган.
1958-ж. 18—19-январь Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 10-конференциясы.
1958-ж. 1—2-февраль Кыргызстан Компартиясынын Жалал-Абад обл. 8-конференциясы.
1958-ж. 3—4-март Кыргызстан ЛКЖСтин 11-съезди.
1958-ж. 7—8-март Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 8-конференциясы.
1958-ж. 21—23-март Кыргызстан Компартиясынын 9-съезди.
1958-ж. ноябрь Кыргызстан Компартиясынын коллективи ж-а эпкиндүүсү деген наамдар үчүн
мелдеш башталган.
1958-ж. 29-ноябрь Коммунисттик эмгектин Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 15-конференциясы.
1958-ж. декабрь Кыргызстан-Компартиясынын Ош шаардык 18-конференциясы.
1958-ж. 10-декабрь Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык Жалал-Абад обл. 9-конференциясы.
1958-ж. 11-декабрь Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 9-конференциясы.
1959-ж. Кыргызстан Компартиясынын бириктирилип, Ош обл. болуп аталган.
1959-ж. Жалал-Абад ж-а Ош обл. биригүүсү түзүлгөн.
1959-ж. Сары-Челек мамл. биосфера коругу түзүлгөн.
1959-ж. Аркыт ж-а Ачы токой чарбалары түзүлгөн.
1959-ж. 12—13-январь Ошто автоматтык телефон станциясы иштей баштаган.
1959-ж. 1-апрель Кыргызстан Компартиясынын кезексиз чакырылган 10-съезди.
1959-ж. декабрь Ошто автоматтык телефон станциясы иштей баштаган.
1959-ж. 12—13-декабрь Кыргызстан Компартиясынын кезексиз чакырылган 10-съезди.
1960-ж. «Кыргызэнержайдолбоор» ин-тунун Оштогу бөлүмү түзүлгөн.
1960-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 19-конференциясы.
1960-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 11-конференциясы.
1960-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин статусун алган.
Кара-Суу шаар статусун алган.
1960-ж. 21—22-январь «Кызыл-Кыя» аэропорту ачылган.
1960-ж. 28—29-январь Фрунзе ш. т. п-нда (Фрунзе р-ну) М. В. Фрунзеге эстелик тургузулган.
1960-ж. 15—16-февраль Ош аркылуу Тажик ССРиндеги Тоолуу Бадакшан АОсуна жыл бою авт.
1960-ж. 25—27-февраль жол катнашы түзүлгөн.
1960-ж. июль Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 16-конференциясы.
1960-ж. 3-декабрь Кыргызстан ЛКЖСтин 12-съезди.
1961-ж. Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 10-конференциясы.
1961-ж. Кыргызстан Компартиясынын 11-съезди.
1961-ж. Ош телеграф-телефон станциясы ишке киргизилген.
1961-ж. Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 17-конференциясы.
1961-ж. «Түштүксуукурулуш» трести уюшулган.
1961-ж. Кызыл-Кыя ш-нда «Дружба» кинотеатры ачылган.
1961-ж. Майлы-Сай медицина окуу жайы ачылган.
1961-ж. Үч-Коргон ГЭСинин 1-агрегаты ишке киргизилген.
1961-ж. сентябрь Базар-Коргон суу сактагычы (Базар-Коргон р-ну) курулган.
1961-ж. 1—2-сентябрь Ош кебез-кеземе комбинатынын курулушу башталган.
1961-ж. 9—10-сентябрь Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 18-конференциясы.
1961-ж. 19—21-сентябрь Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 11-конференциясы.
Кыргызстан Компартиясынын 12-съезди.
1961-ж. декабрь Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 20-конференциясы.
1962-ж. Ош асфальт-бетон з-ду ишке киргизилген.
1962-ж. Үч-Коргон ГЭСи толук кубаттуулукта иштей баштаган.
1962-ж. «Союзпечаттын» Ош шаардык агентствосу уюшулган.
1962-ж. Кыргызстан журналисттер союзунун Ош обл. болүмү уюшулган.
1962-ж. Майлы-Сай шаардык китепканасы ачылган.
1962-ж. Ошто мед. тез жардам станциясы түзүлгөн.
1962-ж. Жалал-Абад ш-нда «Мир» кинотеатры ачылган.
1962-ж. Ош обл. мугалимдердин билимин оркүндөтүү ин-ту ачылган.
1962-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 12-конференциясы.
1962-ж. 8-январь Кыргызстан ЛКЖСтин 13-съезди.
1962-ж. 26—27-январь Кыргызстан Компартиясынын (конференциясы 1963-ж. 15-январда болгон)
1962-ж. декабрь — ө. ж. ж-а обл. к-ттери иштеген.
1964-ж. Республикалык «Индустриякурулуш» трестинин Оштогу № 4 темир-бетон
1963-ж. жасалмалар з-ду ишке киргизилген.
В. И. Чапаев атн. к-здо (Ноокат р-ну) В. И. Чапаевдин бюсту орнотулган.
1963-ж. Кыргызстан табият коргоо коомунун Ош обл. болүмү түзүлгөн.
1963-ж. Ош ш-нда «Космос» кинотеатры ачылган.
1963-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 21-конференциясы.
1963-ж. январь Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 19-конференциясы.
1963-ж. 12-январь Ош ТЭЦинин курулушу башталган.
1963-ж. 30-март Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 1-конференциясы откон.
1963-ж. 14-май Ош музыка окуу жайы, Фрунзе политехника ин-тунун Оштогу кечки факультети ачылган.
1963-ж. сентябрь Кыргыз ССРи экинчи жолу Ленин ордени м-н сыйланган.
1963-ж. 30-октябрь Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 22-конференциясы.
1963-ж. ноябрь Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 20-конференциясы.
1963-ж. 16-ноябрь Түштүк өндүрүш автотрестинин Оштогу авт. ремонттоо з-ду ишке киргизилген.
1963-ж. декабрь Кыргызстан Компартиясынын 13-съезди.
1963-ж. 27—28-декабрь Баткен р-ндук китепканасы ачылган.
1964-ж. Баткен ж-а Ноокат р-ндук ооруканалары ачылган.
1964-ж. Ош автовокзалы курулган.
1964-ж. Ош обл. Санитариялык агартуу үйү ачылган.

1964-ж. Ошто Текстилчилер шаарчасынын курулушу башталган.
1964-ж. «ЦНИИЭПовцепром» ин-тунун Оштогу филиалы түзүлгөн.
1964-ж. «Кыргызкоммунадолбоор» ин-тунун Оштогу бөлүмү түзүлгөн.
1964-ж. 23—24-январь Муркут кыш-нда (Ноокат р-ну) У. Салиевдин бюсту орнотулган.
1964-ж. 30-апрель Кыргызстан ЛКЖСтин 14-съезди.
1964-ж. сентябрь Ош обл. балдар ооруканасы ачылган.
1964-ж. сентябрь Фрунзе машина куруу техникумунун Жалал-Абаддагы филиалы ачылган.
1964-ж. 9-сентябрь Фрунзе кечки ө. ж. техникумунун Оштогу окуу-консультациялык пункту
1964-ж. 28-сентябрь ачылган.
Жалал-Абад кардиоревматологиялык балдар санаторийи ачылган.
Орто Азиянын шахталарында ж-а кендеринде көмүр казып алуунун технологиясын өркүндөтүү маселесине арналган респ-лар аралык илимий-тех. кеңешме (Ош ш.).
1964-ж. октябрь Ош обл. жалпы билим берүүчү сырттан окуу мектеби түзүлгөн.
1964-ж. декабрь Ноокат ж-а Баткен р-ндору (азыркы чек арасы б-ча) түзүлгөн.
1964-ж. 4-декабрь Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 21-конференциясы.
1964-ж. 18-декабрь Ош насос з-ду ишке киргизилген.
1964-ж. Ош обл-нын айыл-кыш-н кайра конструкциялоо ж-а көрктөндүрүү иштери
1965-ж. башталган.
1965-ж. Найман ш. т. п. түзүлгөн.
«Жалал-Абадайылкурулуш» трести уюшулган.
1965-ж. Ош курулуш техникуму ачылган.
1965-ж. Бүткүл союздук «Эмгек резервдери» ыктыярдуу спорт коомунун Ош обл.
1965-ж. совети түзүлгөн.
Ошто Физкультура үйү ачылган.
1965-ж. январь Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 23-конференциясы.
1965-ж. 23-январь Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 13-конференциясы.
1965-ж. 15-июнь Адабият ж-а иск-во тармагы б-ча Токтогул атн. респ. мамл. сыйлык белгиленген.
1965-ж. июль Майлы-Сай электр-мех. техникуму ачылган.
1965-ж. 12-август Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 2-конференциясы.
1965-ж. 25-август Ош обл. газета басмасы уюшулган.
1965-ж. сентябрь Ош курулуш техникуму ачылган.
1965-ж. 18-октябрь Фрунзе — Ош авт. жолу курулуп бүткөн.
1965-ж. ноябрь Кыргызстан ЛКЖСтин ош шаардык 24-конференциясы.
1966-ж. Фрунзе кооперация техникумунун Жалал-Абаддагы филиалы (1982-жылдан Жалал-Абад кооперация техникуму) ачылган.
Кызыл-Кыя ш-нда «Заря» кинотеатры, Ош ш-нда «Киргизия» кинотеатры
1966-ж. ачылган.
Ош педагогика окуу жайы, «Ош» универсал дүкөнү ачылган.
1966-ж. Найман суу сактагычы (Ноокат р-ну) ишке киргизилген.
1966-ж. Ош обл. тарых ж-а маданият эстеликтерин коргоо коому түзүлгөн.
1966-ж. Ош — Москва авиа маршруту ачылган.
1966-ж. Ош жылуулук электр борбору (ТЭЦ) ишке киргизилген.
1966-ж. 15-январь Ошто «Түштүкремонткурулуш» трести уюштурулган.
1966-ж. 18-февраль Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 22-конференциясы.
1966-ж. 19-февраль Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 14-конференциясы.
1966-ж. 3—4-март Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 13-конференциясы.
1966-ж. 10—11-март Кыргызстан Компартиясынын 14-съезди.
1966-ж. 28-май — Кыргызстан ЛКЖСтин 15-съезди.
11-июнь «Ала-Тоо жазы» иск-во фестивалы.
1966-ж. 28-октябрь Ош обл. Ленин ордени м-н сыйланган.
1966-ж. 11-ноябрь Кыргызстан жазуучулар союзунун Ош обл. бөлүмү уюшулган.
1967-ж. Ош кебез-кеземе комбинатынын 1-кезеги ишке киргизилген.
1967-ж. Ош обл. балдар китепканасы ачылган.
1967-ж. Ош обл. союздар аралык Оз демилгелүү чыгармачылык үйү түзүлгөн.
1967-ж. «Кыргызжолтранспортдолбоор» ин-тунун Оштогу бөлүмү түзүлгөн.
1967-ж. Лейлек р-ндагы Самат кыш-нда Сов. Союз. Баатыры С. Садыковдун бюсту
1967-ж. орнотулган.
Кара-Суу р-ндагы «Катта-Талдык» мамл. асыл тукум з-ду Эмгек Кызыл
1967-ж. 21-июнь Туу ордени м-н сыйланган.
Адабият, иск-во, архитектура ж-а журналистика жагында Кыргызстан
1967-ж. 24-август ЛКЖСтин сыйлыгы белгиленген.
1967-ж. 30-ноябрь Ош обл. профсоюздар советинин союздар аралык 3-конференциясы.
1968-ж. Илим ж-а техника жагында Кыргыз ССРинин Мамл. сыйлыгы белгиленген.
1968-ж. Майлы-Сай электр лампа з-ду ишке киргизилген.
«Кыргызсууиндустриякурулуш» өндүрүш бирикмесинин Оштогу темир-бе-
1968-ж. тон жасалмалар з-ду ишке киргизилген.
Жалал-Абад шаардык кан куюу станциясы (1970-жылдан Обл. кан куюу
1968-ж. станциясы) ачылган.
Ош ш-ның борб. ооруканасы ачылган.
1968-ж. Ош ш-нда А. Навоиге эстелик тургузулган.
1968-ж. «Алай» футболдук командасы түзүлгөн.
1968-ж. «Кыргызагроонөржайдолбоор» ин-тунун Оштогу филиалы ачылган.
1968-ж. Райондук ж-а шаардык коммуналык ишканалар комбинаттары уюшулган.
1968-ж. «Түштүкжолтранспорткурулуш» трести түзүлгөн.
1968-ж. Сузак р-ндагы Качкынчы кыш-нда Сов. Союз. Баатыры Т. Тайгараевдин
бюсту орнотулган.

1968-ж.	Ош ш-нда Токтогул Сатылгановго эстелик тургузулган.
1968-ж.	Араван р-нундагы А. А. Жданов атн. к-здо Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.
1968-ж. январь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 25-конференциясы.
1968-ж. 1-январь	Ош радиотеле берүү борбору негизделген.
1968-ж. 20-январь	Оштон радио уктуруу башталган.
1968-ж. 26-январь	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 23-конференциясы.
1968-ж. 30—31-январь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 15-конференциясы.
1968-ж. 12—13-февраль	Кыргызстан ЛКЖСтин 16-съезди.
1968-ж. 20-февраль	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 14-конференциясы.
1968-ж. апрель	Ош ш-нда обл. төрөт үйү ачылган.
1968-ж. 25-октябрь	Ленин р-нунун комсомол уюму Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.
1969-ж.	«Түштүк-2» телестанциясы ишке киргизилген.
1969-ж.	Ала-Бука ж-а Совет р-ндору (азыркы чек арасы б-ча) түзүлгөн.
1969-ж.	Совет р-ндук китепканасы ачылган.
1969-ж.	Караганды көмүр ө. ж. илимий-изилдөө ин-тунун Орто Азиядагы таяныч пункту түзүлгөн.
1969-ж.	Бүткүл союздук ойлоп чыгаруучулар ж-а рационализаторлор коомунун Ош обл. совети түзүлгөн.
1969-ж. 17—19-май	«Кыргызстан студенттик жазы» фестивалы өткөн.
1969-ж. 23-май	Кесиптик-тех. окуу жайлардын отличниктеринин обл. I-слёту.
1969-ж. 17-июль	Оштогу «Тиричиликтехникаремонттоо» з-ду ишке киргизилген.
1969-ж. декабрь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 26-конференциясы.
1970-ж.	Фрунзе протез-ортопедиялык ишканасынын Оштогу филиалы ишке киргизилген.
1970-ж.	Сууга чөгүүдөн сактоо коомунун Ош обл. уюму түзүлгөн.
1970-ж.	Восточный ш. т. п. түзүлгөн.
1970-ж.	Ош ш-нда автомобилдерди тех. жактан тейлөөчү 1-станция ачылган.
1970-ж.	«Ортоазиякөмүркенкурулуш» трести уюшулган.
1970-ж.	Кыргыз авт. жол конструктордук-технологиялык ин-тунун Оштогу бөлүмү түзүлгөн.
1970-ж.	«Кыргызжердолбоор» ин-тунун Оштогу бөлүмү түзүлгөн.
1970-ж.	Ош үй куруу комбинаты ишке киргизилген.
1970-ж.	Ошто «Мурас» элдик көрком-кол өнөрчүлүк бирикмеси түзүлгөн.
1970-ж.	Жалал-Абад ш-нда Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.
1970-ж.	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 16-конференциясы.
1970-ж. 21-февраль	Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 4-конференциясы.
1970-ж. 27—28-февраль	Кыргызстан ЛКЖСтин 17-съезди.
1970-ж. сентябрь	Фрунзе авт. жол техникумунун Оштогу филиалы ачылган.
1970-ж. 9-сентябрь	Ош телестудиясы иштей баштаган.
1971-ж.	М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинаты Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.
1971-ж.	Майлы-Сай ш-нын 1-негизги планы түзүлгөн.
1971-ж.	Сузак р-нундагы «Коммунизм» к-зу Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.
1971-ж. 5-январь	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 15-конференциясы.
1971-ж. 21-январь	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 24-конференциясы.
1971-ж. 3—5-март	Кыргызстан Компартиясынын 15-съезди.
1971-ж. август	Кыргызстан архитекторлор союзунун «КПССтин 26-съездинин чечимдерине ылайык Ош областында айыл-кыштактарды пландоонун жана куруунун маанилүү маселелери» деген темада көчмө пленуму болгон.
1972-ж.	Ош ш-нда акиташ з-ду ишке киргизилген.
1972-ж.	Ош шаардык Аэрофлот агентствосу ачылган.
1972-ж.	Өндүрүш жагында Кыргызстан ЛКЖСтин сыйлыгы белгиленген.
1972-ж.	Ош радиотеле берүү борбору иштей баштаган.
1972-ж.	«Торткүл» суу сактагычы курулуп бүткөн.
1972-ж.	Ош ш-нда Ж. Бөкөнбаевдин бюсту орнотулган.
1972-ж. январь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 27-конференциясы.
1972-ж. 14-январь	Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 5-конференциясы.
1972-ж. 11-февраль	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 17-конференциясы.
1972-ж. 3—5-март	Кыргызстан ЛКЖСтин 18-съезди.
1972-ж. 14-июнь	Ош турмуш-тиричилик комбинаты ачылган.
1972-ж. 24-октябрь	Ошто Кыргыз драма театры негизделген.
1972-ж. 30-декабрь	Жалал-Абад шаар тарыхынын музейи ачылган.
1973-ж.	Ош ш-нда керамзит з-ду ишке киргизилген.
1973-ж.	Ош ш-нда «Гүлкайыр» универсал дүкөнү ачылган.
1973-ж.	Ош сүт комбинаты ишке киргизилген.
1973-ж.	Жалал-Абад тамеки ферменттөө з-ду ишке киргизилген.
1973-ж.	Кыргыз респ. илимий-тех. информация ж-а пропаганда ин-тунун Оштогу бөлүмү ачылган.
1973-ж.	Дыйканчылык б-ча Кыргыз илимий-өндүрүш бирикмесинин Бүргөндүдөгү таяныч пункту түзүлгөн.
1973-ж.	Илимий-тех. коомдун Ош обл. совети түзүлгөн.
1973-ж.	Эл аралык «Памир» альпинисттик лагери ачылган.
1973-ж. май	Ош обл. мед. илимий китепкана ачылган.
1973-ж. октябрь	Ош обл. автоышкыбоздор коому түзүлгөн.
1973-ж. декабрь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 28-конференциясы.
1974-ж.	Жалал-Абаддагы ремонттоо з-ду ишке киргизилген.
1974-ж.	Фрунзе р-нундагы М. И. Калинин атн. к-здо М. И. Калининдин бюсту орнотулган.

1974-ж.	Ошто аэровокзал комплекси ачылган.
1974-ж.	Ошто Кыргыз ССРинин ж-а Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгынын урматына монумент тургузулган.
1974-ж.	Озгөн ш-нда «Айчүрөк» кинотеатры ачылган.
1974-ж.	Ош ш-нда В. Д. Голубевдин бюсту орнотулган.
1974-ж.	Ош ш-нда Совет бийлиги үчүн курман болгондорго эстелик тургузулган.
1974-ж.	Ош обл. китепкөйлөр ыктыярдуу коому түзүлгөн.
1974-ж.	Ошто Кыргыз драма театрынын азыркы имараты курулган.
1974-ж.	Ош обл. өрт өчүрүүчүлөр ыктыярдуу коому түзүлгөн.
1974-ж.	Сандалаш (Чандалаш) аңчылык заказниги негизделген.
1974-ж. 12-январь	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 25-конференциясы.
1974-ж. 26-январь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 18-конференциясы.
1974-ж. 21—22-февраль	Кыргызстан ЛКЖСтин 19-съезди.
1974-ж. февраль	Ош шаардык өпкө оорулуу балдар санаторийи ачылган.
1974-ж. 9-февраль	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 16-конференциясы.
1974-ж. 1-ноябрь	Кыргыз ССРи Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.
1974-ж. 16-ноябрь	Кызыл-Кыя шаар тарыхынын музейи (1978-жылдан Ош обл. музейдин филиалы) ачылган.
1974—80-ж.	Областта борборлоштурулган китепкана системасы түзүлгөн.
1975-ж.	Кыргызстан архитекторлор союзунун Ош обл. бөлүмү уюшулган.
1975-ж.	«Ошайылкурулуш» (1986-жылдан «Ошагроөнөржайкурулуш») трести уюшулган.
1975-ж.	Ош обл-нын милициясынын даңк музейи ачылган.
1975-ж.	Кара-Суу р-нундагы «Катта-Талдык» с-зунда Улуу Ата Мек. согушта курман болгон айылдаштарына эстелик тургузулган.
1975-ж.	Ош обл-нын аймагында бир катар ботаника, геология, аңчылык ж-а токой заказниктери түзүлгөн.
1975-ж. 28-февраль	Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 6-конференциясы.
1975-ж. декабрь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 29-конференциясы.
1975-ж. 12-декабрь	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 26-конференциясы.
1975-ж. 26—27-декабрь	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 17-конференциясы.
1976-ж.	Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун Ош обл. бөлүмү түзүлгөн.
1976-ж.	Ош ш-нда алгачкы троллейбус маршруту ачылган.
1976-ж.	Ош ш-нда «Семетей» кинотеатры ачылган.
1976-ж.	Папан суу сактагычынын курулушу башталган.
1976-ж.	Ош мамл. педагогика ин-тунун хор капелласына Кыргызстан ЛКЖСтин сыйлыгы ыйгарылган.
1976-ж.	Өндүрүш жагында Кыргыз ССРинин мамл. сыйлыгы белгиленген.
1976-ж.	Кыргызстан дыйканчылык илимий-изилдөө ин-тунун Оштогу бөлүмү түзүлгөн.
1976-ж.	Түш. Кырг-н геологиялык экспедициясы «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.
1976-ж. 16—18-январь	Кыргызстан Компартиясынын 16-съезди.
1976-ж. 26-сентябрь	Ош обл-нын аймагындагы Кулун, Сары-Челек, Көк-Ала көлдөрү мамлекеттин коргоосуна алынган.
1976-ж. 19-декабрь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 19-конференциясы.
1977-ж.	«Центросоюзпроект» долбоорлоо ин-тунун Кыргыз филиалынын Оштогу комплекстүү долбоорлоо бөлүмү түзүлгөн.
1977-ж.	Ош ш-нда «Айчүрөк» универсал дүкөнү ачылган.
1977-ж. 14-январь	Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 7-конференциясы.
1977-ж. 22-апрель	Областтык жог. спорттук чеберчилик мектеби балдар м-н өспүрүмдөрдүн спорттук олимпиялык резерв мектеби болуп түзүлгөн.
1977-ж. 28-октябрь	Ноокат край таануу музейи (1981-жылдан Ош обл. музейинин филиалы) ачылган.
1977-ж. декабрь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 30-конференциясы.
1978-ж.	Ошто шагыл таш ылгоо з-ду ишке киргизилген.
1978-ж.	Ошто Кыргызстан архитекторлор союзунун «Ош областынын шаарлары менен кыштактарын пландоо жана куруу» темасы б-ча көчмө пленум өткөн.
1978-ж.	Жалал-Абад ш-нда «Тиричиликтехникаремонттоо» з-ду түзүлгөн.
1978-ж.	Таш-Көмүр тамеки ферменттөө з-ду ишке киргизилген.
1978-ж.	Ош обл. бал челекчилер коому түзүлгөн.
1978-ж. 21-январь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 20-конференциясы.
1978-ж. 24-февраль	Кыргызстан чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыш коомунун обл. бөлүмү уюшулган.
1978-ж. 28-февраль	Кыргызстан ЛКЖСтин 20-съезди.
1978-ж. апрель	Базар-Коргон р-ну (азыркы чек арасы б-ча) түзүлгөн.
1978-ж. 19—20-апрель	Кыргыз ССРинин жаңы Конституциясы (Негизги закону) кабыл алынган.
1978-ж. июль	Ош тарых-край таануу музейинин үңкүрлөр комплекси ачылган.
1978-ж. 9-декабрь	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 27-конференциясы.
1979-ж.	Кара-Суу ш-нын биринчи негизги планы түзүлгөн.
1979-ж.	Эмгекти илимий уюштуруу, башкаруу ж-а сарамжалдуу пайдалануу б-ча борб. ин-ттун Кыргыз филиалынын Оштогу борбору (тобу) түзүлгөн.
1979-ж.	Ош Өзбек музыкалык драма театрынын азыркы имараты курулган.
1979-ж.	«Ошкурулушматериалдар» өндүрүш бирикмеси түзүлгөн.
1979-ж. 20-январь	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 18-конференциясы.
1979-ж. июль	Ошто «Жеке буйрутма боюнча кийим тигүү» ф-касы ачылган.
1979-ж. 1-июль	Ош «Бут кийим» ф-касы негизделген.
1979-ж. 1-сентябрь	Беш-Арал мамл. коругу уюшулган.
1979-ж. 21-сентябрь	Айылдык кыз-келиндердин комсомолдук-өндүрүштүк коллективдеринин респ. 1-слёту (Ош ш.).

ХРОНОЛОГИЯ

1979-ж. декабрь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 31-конференциясы.
1980-ж.	Ош ш-нда Жеңиш паркы негизделген.
1980-ж.	Ош шаардык балдар оорукканасы ачылган.
1980-ж.	«Арстанбап» пансионаты ачылган.
1980-ж.	Ош ш-ның Кыргызстан көчөсүндө турмуш-тиричилик үйү курулган.
1980-ж.	Ош ш-нда Ф. Э. Дзержинскийдин бюсту орнотулган.
1980-ж.	Кара-Сууда балдар санаторийи ачылган.
1980-ж.	Ош обл. профсоюздук китепкана ачылган.
1980-ж. январь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 21-конференциясы.
1980-ж. 12-январь	Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 8-конференциясы.
1980-ж. 26-январь	Ош «Тиричилик мебель» ф-касы түзүлгөн.
1980-ж. май	Кара-Суу р-нундагы «Кара-Суу» с-зунда Улуу Ата Мек. согушта курман болгон айылдаштарына эстелик тургузулган.
1980-ж. 9-май	Ошто жаш жазуучулардын обл. 1-семинары болгон.
1980-ж. июнь	Жалал-Абад маданият техникуму, Ош сүрөтчүлөр мектеби ачылган.
1980-ж. сентябрь	Чаткал р-ну (азыркы чек арасы б-ча) түзүлгөн.
1980-ж. 3-сентябрь	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 28-конференциясы.
1980-ж. 29-ноябрь	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 19-конференциясы.
1980-ж. 26—27-декабрь	Таш-Көмүр ГЭСинин курулушу башталган.
1981-ж.	«Ошмелиорациякурулуш» трести уюшулган.
1981-ж.	Ош — Хорог авт. жол башкармасы Ленин ордени м-н сыйланган.
1981-ж. 20—22-январь	Кыргызстан Компартиясынын 17-съезди.
1982-ж.	Жалал-Абад ж-а Кызыл-Кыя ш-нда мед. тез жардам станциялары түзүлгөн.
1982-ж.	Сузак гастрит-энтерология балдар санаторийи ачылган.
1982-ж. январь	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 32-конференциясы.
1982-ж. 23-январь	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 9-конференциясы.
1982-ж. 13-февраль	Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 9-конференциясы.
1982-ж. 26—27-март	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 22-конференциясы.
1982-ж. июнь	Кыргызстан ЛКЖСтин 21-съезди.
1982-ж. 31-декабрь	Ноокатта чарбалар аралык балдар санаторийи ачылган.
1983-ж.	Базар-Коргон балдар санаторийи ачылган.
1983-ж.	Ош обл. жаш натуралисттер станциясы ачылган.
1983-ж.	Чаткал р-ндук «Чаткал оттору» газетасы чыга баштаган.
1983-ж.	Чаткал р-ндук «Чаткал» трести уюшулган.
1983-ж.	«Ошкооперациякурулуш» трести уюшулган.
1983-ж.	Ош мамл. ипподрому ачылган.
1983-ж. июль	Ошто жаш жазуучулардын обл. 2-семинары болгон.
1983-ж. 1-июль	Ош «Облхимтаазалоо» ондүрүш бирикмеси уюшулган.
1983-ж. сентябрь	Ошто респ. технология техникуму ачылган.
1983-ж. 3-декабрь	Ошто респ. технология техникуму ачылган.
1983-ж. 10-декабрь	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 29-конференциясы.
1984-ж.	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 20-конференциясы.
1984-ж.	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык 33-конференциясы.
1984-ж. 18-апрель	Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. 23-конференциясы.
1984-ж. 15-декабрь	Профсоюздардын Ош обл. союздар аралык 10-конференциясы.
1985-ж. 19-январь	Ош ш-нда В. И. Ленинге эстелик тургузулган.
1985-ж. май	Кыргыз ССР география коомунун 4-съезди (Ош ш.).
1985-ж. май	Атеизм б-ча Бүткүл союздук конференциясы (Ош ш.).
1985-ж. 14—16-май	Кыргызстан ЛКЖСтин 60 жылдыгына, Москвада өткөн Жаштардын ж-а студенттердин бүткүл дүйнөлүк 22-фестивалына арналган Жалал-Абад — Ош маршруту б-ча жеңил атлөттордун жарышы откорүлгөн.
1985-ж. 24—25-май	Базар-Коргон р-нундагы С. М. Киров атн. токой чарбасында Бал челекчилердин бүткүл союздук семинары.
1985-ж. 31-май	Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык 30-конференциясы.
1985-ж. 19-июнь	Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. 21-конференциясы.
1985-ж. 30-ноябрь	Кыргызстан Компартиясынын 18-съезди.
1985-ж. 20—21-декабрь	
1986-ж. 23—24-январь	

Ю. А. *Заднепровский*, Р. Т. *Сыдыкова*, Э. Х. *Хардина*

БИБЛИОГРАФИЯ

Хорошхин А. П. Сборник статей, касающихся до Туркестанского края. — СПб.: 1876; Деникe Б. П. Искусство Средней Азии. — М.: 1927, с. 15—22; Средняя Азия в учреждениях Академии наук 1917—1927. — Л.: 1927; Культура и искусство киргизского народа Под ред. Лобанова И. С., Куранова Б. Г. и др./. — Фр.: 1939; Якубовский А. Ю. Две надписи на Северном мавзолее в г. Узгенте. Эпиграфика Востока/Вып. 1/. — М — Л.: 1947, с. 27—32; Бернштам А. Н. Архитектурные памятники Киргизии. — М. — Л.: 1950, с. 48—85; Львов Н. И. Киргизский театр: [Очерки истории]. — М.: 1953; Кыргызстанда граждандык согушка жана революциялык окуяларга катышкан адамдардын эскерүүлөрү. — Фр.: 1958; Баранов А. И. Расцвет культуры киргизского народа. — Фр.: 1958; Коканбаев А. Советская милиция в борьбе за упрочение Советской власти в Ферганской долине. — Таш.: 1958, с. 11—16; Культурное строительство в Киргизии: [1930—1941 гг. под ред. Каниметова А. (гл. ред.), Даниярова С. С., Самсонова В. Д.]. Т. 2. — Фр.: 1960; Үсөнбаев К. Ү. Присоединение

Южной Киргизии к России. — Фр.: 1960; Апышева А. Кыргызстандын аялдары — Коммунизмдин активдүү куруучулары. — Фр.: 1961; Измайлов А. Э. Кыргызстандагы Советтик мектептердин тарыхы (1917—1957-жылдар). — Фр.: 1961; Народное хозяйство Ошской области [Стат. сб./ЦСУ Кирг. ССР]. — Ош: 1963; Прибыткова А. М. Конструктивные особенности среднеазиатских минаретов 10—12 вв. — В сб.: Архитектурное наследство./Вып. 17/. — М.: 1964; Гришков И. Г. Электрификация Советского Киргизстана. — Фр.: 1965; Менин республикам. — Фр.: 1966; Зима А. Г. Победа Октябрьской революции в Киргизии. — Фр.: 1966; Каниметов А. К. О развитии народного образования в Киргизии за 50 лет Советской власти. — Фр.: 1967; Чыймылова Б. Д., Үметов Ж. Развитие промышленности в Киргизии в годы довоенных пятилеток. — Фр.: 1967; Мамбетов Б. М. Жаңырган жерде. — Фр.: 1967; Крюков К. С. Реконструкция Среднего Узгенского мавзолея. — В кн.: Архитектурное наследство. /Вып. 16/. — М.: 1967, с. 165—173; Айтмамбетов Д. Культура киргизского народа во 2-й половине 19 и нач. 20 в. — Фр.: 1967; Афанасьев П. П. Расцвет культуры киргизского народа за годы Советской власти. — Фр.: 1967; Өмүркулов М. Октябрь таңы Кыргызстандын түштүгүндө. — Фр.: 1967; Арабские и персидские источники 9—12 вв. о киргизах и Киргизии. — Фр.: 1968; Галицкий В. Я. Пути сообщения. — В кн.: История Киргизской ССР. Т. 1. — Фр.: 1968; Янушевич А. И., Тарбинский Ю. С. Животный мир Киргизии. — Фр.: 1968; Каракеев К. Г. Ленин и развитие Советского Киргизстана. — Фр.: 1969; Научные исследования в Киргизии в годы Великой Отечественной войны: [1941—1945 гг.]. — Фр.: 1969; Соколов Л. П. Физическая культура и спорт в Киргизской ССР: [1917—1963 гг.]. — Фр.: 1970; Токтогонов С. А. Ленинские идеи и радиофикация в Киргизии. — Фр.: 1970; Татыбекова Т. В. И. Ленинди аялдарды азаттыкка чыгаруу жөнүндөгү окуусунун Кыргызстанда ишке ашырылышы жана социалисттик, коммунисттик курулушта аялдардын ролу. — Фр.: 1971; Өмүркулов М. Кыргызстандын эмгекчилери социалисттик революциянын лениндик теориясын ишке ашыруу үчүн күрөшө. — Фр.: 1971; Массон М. Е. Рудник погибели. — Фр.: 1971; Хасанов А., Сагынбаев О., Каратаев Ө. Кыргыз жана орус элдеринин өнүгүү тарыхынан. — Фр.: 1971; Нусов В. Е. Архитектура Киргизии с древнейших времён до наших дней. — Фр.: 1971, с. 17—35; Жунушев А. Лениндик туу астында. — Фр.: 1971; Данияров С. Осуществление ленинской программы культурной революции в Киргизии. — Фр.: 1972; История индустриализации Киргизской ССР. — Фр.: 1972, с. 269—276; Алиев З., Байгуттиев С. Түштүк Кыргызстандын жаратылышы. — Фр.: 1972; Оторбаев К. Советтик Кыргызстандын экономикасы жана маданияты. — Фр.: 1972; Гүлстан. Кыргызстан боюнча саякат. — Фр.: 1972; Янушевич А. И. Редкие звери и птицы Киргизии. — Фр.: 1972, с. 28; Кыргыз ССР тарыхы, т. 2, Фр.: 1973; Исаев А., Картавов М. М. Ош шаары. Крайды тануу боюнча кыскача очерк.— Фр.: 1974; Народное образование, наука и культура в Киргизской ССР за 50 лет. — Фр.: 1974; Абылгазиев Б. Водные ресурсы Киргизии и их охрана. — Фр.: 1975; Элебаева А. Б. Духовная культура. Проблема и перспективы ее развития. — Фр.: 1975; Абакиров А. А. Киргизской книге 50 лет. — Фр.: 1976; Самаганов Ж. Советтик Кыргызстан жазуучулары. Библиографиялык справочник 2-бас.,— Фр.: 1976; Ахунбаев И. К. Развитие медицинской науки и здравоохранения в Киргизии за 50 лет. — В кн.: Славный юбилей отечественной науки. — Фр.: 1976, с. 75—85; Антипина К. И. Кыргыздын элдик искусствосу. — Фр.: 1977; Экономика Киргизии — составная часть народнохозяйственного комплекса СССР. — Фр.: 1977; Үмоталиева Д. Изобразительное искусство Киргизии. — Фр.: 1978; Ибраимов С. Ошская область Киргизстана: [Краткий очерк социально-экономического развития]. — Фр.: 1979; Садыков С. Кыргызстандагы байыркы жазуу эстеликтери. — Фр.:1979; Тологонов Ө. Өнүккөн жана улуттук маданият. — Фр.: 1979; Алиев К., Кадыралиев С. Население Киргизской ССР и развитие народного хозяйства. — Фр.: 1980; Данияров С. С. Культурное строительство в Киргизской ССР в годы довоенных пятилеток. — Фр.: 1980; Максимов М. Повышение качества и эффективности работы сети телевизионного вещания в горных районах Киргизии. — Фр.: 1980; Актанова А. Т., Гужин Г. С. Кыргызстандын шаарлары. — Фр.: 1981; Киргизская Советская Социалистическая Республика./Энциклопедия/. — Фр.: 1982; Каркавцева Л. И. Художники города Ош. — Фр.: 1982; Попова О. Пейзаж в изобразительном искусстве Киргизии. — Фр.: 1982; Токтогонов С. А. и др. От знойных пустынь до снежных вершин.— Фр.: 1982; Художники Советской Киргизии. Сборник.— Фр.: 1982; Эстебесов Н. Становление киргизского радио. — В кн.: Тезисы выступлений молодых учёных на науч. конференции, посвящ. 60-летнему юбилею СССР. — Фр.: 1982, с. 63—64; Беляков Ю. П., Рахимов К. Р. Кыргызстандын энергетикасы. — Фр.: 1983; Горячева В. Д. Средневековые городские центры и архитектурные ансамбли Киргизии. Бурана, Узгенд, Сафид-Булан. — Фр.: 1983; Горячева В. Д., Настич В. Н. Эпиграфические памятники Узгена 12—20 вв. — В сб.: Киргизия при Караханидах. — Фр.: 1983, с. 140—192; Кадырбеков И. Д. Развитие градостроительства Киргизии. — Фр.: 1983; Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы./Энциклопедия/.— Фр.: 1983; Пугаченкова Г. А. Памятники искусства Советского Союза. [Средняя Азия. Справочник-путеводитель].— М.— Лейпциг: 1983, с. 403—404; Беляков Ю. П., Рахимов К. Р. Электроэнергетика Киргизской ССР (Хронологический указатель). — Фр.: 1984; Киргизская ССР в системе народнохозяйственного комплекса страны.— Фр.: 1984; История Киргизской ССР в 5ти томах. Т. 1—3. — Фр.: 1984—97; Токтогонов С., Айдашев Т., Өмүраков С. Биз жашаган шаарлар: Ош областын таануу очерки. — Фр.: 1984; Долинский Л. А. Формирование и развитие киргизской национальной культуры. — В кн.: 60 лет Киргизской ССР и Компартии Киргизии. — Фр.: 1985, с. 30—35; Кульматов Р. С. Проблема природопользования и перспективы развития народного хозяйства Ошской области. В кн.: Материалы IV съезда Географич. об-ва Кирг. ССР.— Фр.: 1985, с. 3—26; Степанов А. Н. Развитие народного образования и музыкально-художественной культуры в Киргизии в 20—30-х годах. — В кн.: Актуальные вопросы развития культуры и искусства. — Фр.: 1985, с. 94—96; Из истории дореволюционного Киргизстана. — Фр.: 1985; Кунин А. И. Под алым стягом Октября. — Фр.: 1985; Жаманбаев А. С. и др. Кыргызстандын көмүрүн сарамжалдуу пайдалануунун жолдору. — Ф.: 1986; Галицкий В. Я., Плоских В. М. Старинный Ош. — Фр.: 1987.

А

АБАКИРОВ Мамыт (1912-ж. т., азыркы Совет р-ну, Чалма кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1931-жылдан Совет р-нундагы «Ленинчил жаш» к-зунун колхозчусу, 1934—41-ж. дыйканчылык бригадасында бригадир, 1945—64-ж. жылкы фермасынын башчысы болуп иштеген. Коомдук малды көбөйтүүдө ж-а анын кунардуулугун арттырууда мыкты ийгиликтерге жетишкен. Ал башкарган ферма 1947-ж. 90 бээден 90 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени, Кызыл Жылдыз, 3-даражадагы Даңк, 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

АБДРАИМОВ Апсамат (1931-ж. т., Кара-Суу р-ну, Сарыпар кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1947-жылдан Кара-Суу р-ндагы С. М. Киров атн. к-здун пахтачылык звеносуна башчы, 1961-жылдан комплекстүү механикалаштырылган пахтачылык бригадасынын бригадири. 1964-ж. ал жетектеген бригада 110 *га* аянттын ар гектарынан 34,5 *ц*ден, 1965-ж. 33,1 *ц*ден пахта жыйнап алган. 1966—70-ж. СССР Жог. Советинин ж-а 1963—67-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБДРАИМОВ Көчкөнбай (1914-ж. т., азыркы Сузак р-ну, Алмалуу-Булак кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1931-жылдан Сузак р-ндагы «Алмалуу-Булак» к-зунда к-зчу, 1945-жылдан жылкы фермасынын башчысы. Жылкы чарбасын өнүктүрүүдө мыкты ийгиликтерге жетишкен. 1946-ж. ал башкарган ферма 40 бээден 40 кулун, 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган. 1985-жылдан пенсияда.

АБДРАЙМОВ Кудайкул (1917, Базар-Коргон р-ну, Совет кыш. — 1982, ошол эле жерде)— а. ч. өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун к-здо иштөөдөн баштаган, кийин МТСте ж. б. чарбаларда иштеген. 1951-жылдан Ленин р-ндагы Ф. Энгельс атн. к-здун председатели. Анын жетекчилиги м-н колхоз р-ндогу алдыңкы чарбага айланган; 1957-ж. ар 100 тубар койдон 115тен козу алып, ар койдон 3,2 *кг*дан жүн кыркып алган. Мамлекетке эт тапшыруусу 150%ке аткарган. 1958-ж. ар 100 тубар койдон 117ден козу алып, жүн сатуусу 136%ке аткарган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1959—71-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

АБДРАИМОВ Матай (1888, азыркы Ленин р-ну, Сакалды кыш. — 1953, ошол эле жерде),— пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1929-ж. коллективдештирүү башталганда биринчилерден болуп к-зго өтүп, к-здук кыймылга активдүү катышкан. Ленин р-ндагы «Сакалды» к-зунда пахтачылык звеносун узак мезгил жетектеген. Ал башкарган звено 1947-ж. 3 *га* аянттын ар гектарынан 97,3 *ц*ден пахта жыйнап алган. Эки Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. (Портрети 168-бетте).

АБДУВАЛИЕВ Муса (1929-ж. т., Ноокат р-ну, Беш-Бадам кыш.) — шахтёр, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1952-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-жылдан Ноокат р-ндагы М. И. Калинин атн. к-здо эсепчи, 1949-жылдан «Жал» шахтасында жумушчу. 1963-жылдан «Кызыл-Кыя» кен башкармасынын Ленин комсомолу атн. шахтада өткөөлчүлөрдүн бригадири. Анын бригадасы жети жылдык планды 113,7%ке аткарган. КПССтин 23 ж-а 25-съезддерине, Кыргызстан Компартиясынын 10, 14 ж-а 16-съезддерине делегат. Кыргызстан Компартиясынын 16-съездинде Кыргызстан Компартиясынын БКсынын мүчөлүгүнө шайланган. Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар, «Шахтёрго Даңк» белгиси, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Портрети 168-бетте.


М. Абакиров


А. Абдраимов


К. Абдраимов


К. Абдраимов

АБДУКАДЫРОВ Абдурашид (1919, Сузак р-ну, Сузак кыш.—1978, ошол эле жерде)— а. ч. өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1935-ж. «Москва» а. ч. артелинде катардагы колхозчудан баштаган. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1945-жылдан Сузак р-ндагы «Москва» к-зунда башкы бухгалтер, 1959-жылдан к-здун председатели. Ал башкарган чарбанын экономикасы чыңдалып, р-ндогу алдыңкы чарбага айланган. 1959-ж. к-здун кирешеси 949 миң сомду түзсө, 1965-ж. 1 млн 629 миң сомго жеткен же 1,7 эсеге өскөн. Жети жылдыкта мамлекетке 18 636 *т* (пландан 939 *т* ашык) пахта тапшырылган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган. Портрети 168-бетте.

АБДУКАРИМОВ Абдумавлян (1922-ж. т., Сузак р-ну, Жар-Кыштак кыш.) — механизатор, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1933-жылдан Сузак р-ндагы «Октябрь» к-зунун талаачылык бригадасында, 1942-жылдан МТСте тракторист болуп иштеген. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1954—57-ж. ал иштеген бригада пахта өстүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишип, пахта аянтынын ар гектарынан 40 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган. 1985-жылдан пенсияда. Портрети 168-бетте.

АБДУЛЛАЕВ Хабиб Мухамедович (1912, азыркы Араван р-ну, Араван кыш. — 1962, Ташкен ш.) — белгилүү өзбек совет геологу. Өзбек ССР ИАнын академиги (1947), президенти (1956—62). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. 1958-жылдан СССР ИАнын корреспондент мүчөсү, геология-минералогия илимдеринин доктору (1946). Орто Азия индустрия ин-тунун геология факультетин бүткөн. 1936-ж. Москва геологиялык чалгындоо ин-тунда, 1940-ж. Орто Азия политехника ин-тунда иштеген. 1941—50-ж. Орто Азия индустрия ж-а Өзбек ССР ИАнын Геология ин-ттарынын директору. 130дан ашык илимий эмгектери (айрымдары дүйнөгө маалым) бар. Ал петрологиянын теориялык маселелерин, кен илими ж-дө окууну, скарн ж-а аны м-н байланыштуу болгон кендердин проблемасын иштеп чыккан. Эл аралык геологиялык конгресстерге бир нече жолу (1950—61) катышкан. Франция геология коомунун ж-а Британия минералогия коомунун мүчөсү (1960). СССР Жог. Советинин 5-чакырылышынын ж-а Өзбек ССР Жог. Советинин (1955—62) депутаты, Өзбекстан КП БКнын мүчөсү (1956—62), КПССтин 22-съездинин делегаты. Лениндик сыйлыктын (1959), Бируни атн. Өзбек ССРинин мамл. сыйлыгынын (1970) лауреаты. Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу, үч Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган. Портрети 169-бетте.


М. Абдраимов


М. Абдувалиев


А. Абдукадыров


А. Абдукаримов

АБДУЛЛА ХАНДЫН МЕЧИТИ («Абдулла хандын чеби») — 16—17-к-дагы архитектуралык эстелик. Ош ш-ндагы Сулайман тоосунун түн.-чыгыш этегинде жайгашкан. Кийинки оңдоолордон ж-а кайра куруулардан (мечит тургузулгандан бери анын тегерегинде 2 *м*-ге чейин калыңдыктагы маданий катмар пайда болгон) алгачкы көрүнүшү өзгөрүп кеткен. Азыркы көрүнүшү тик бурч формасында (15,6×27,4 *м*). Дубалынын калыңдыгы 2,5 *м*ге чейин, ички тосмосунун калыңдыгы 50 *см*. Мечит михрабдуу борбордук бөлүктөн ж-а бурчтары мунаралуу, ар биринин ортосуна түркүктөр орнотулуп, борб. бөлүктүн капталдарына курулган чарчы көлөмдөгү 2 бөлүктөн турат. Чыгышты караган нег. фасады симметриялуу 3 аркалуу композициядан түзүлгөн. Аркалар түркүктөргө (четтеригидеги түркүктөрдүн калыңдыгы 1,25 *м*, ортоңкусунуку 1,62 *м*) такалат. Борб. бөлмө (бийикт. 12 *м*), диаметри 4 *м* келген кумпа м-н жабылган. Ал жайкысын намазга жыгылуучу жай катары пайдаланылган.

АБЖАЛИЕВ Пазыл (1909-ж. т., Жаңы-Жол р-ну, Караван кыш.)— тамекичи, Соц. Эмг. Баатыры (1950). Эмгек жолун 1930-ж. Кызыл-Кыя кен башкармасында шахтёр болуп иштөөдөн баштаган. 1933—43-ж. Ноокат р-ндагы «Караван» к-зунун тамеки өстүрүү бригадасынын бригадири. 1943—46-ж. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1946—70-ж. тамеки өстүрүү звеносунун башчысы. Анын звеносу 1949-ж. 3,1 *га* аянттын ар гектарынан 19,1 ц-ден тамеки жалбырагын жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АБОЛИН Роберт Иванович (1886, Латвия, Рукки кыш. — 1938-жылдан кийин өлгөн) — сов. геоботаник, топурак таануу ж-а физикалык география б-ча адис, Эмгек Баатыры (1927). Биология ж-а а. ч. илимдеринин доктору (1934), профессор (1930). Кыргызстандын ж-а Түш. Казакстандын табиятын изилдеген. 1906-жылдан Петербургда жаңы ачылган Каменноостровски жог. а. ч. курстарынын угуучусу. 1911—12-ж. Забайкалье м-н Якутияда топурак таануу, геоботаника б-ча изилдөөлөрдү жүргүзгөн. 1915—18-ж. көчүрүү башкармасынын экспедициясында Жети-Суунун топурагын, өсүмдүктөрүн, а. ч-нын өнүгүү шарттарын изилдөөгө катышкан. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Ташкенде көптөгөн админ.-чарбалык иштерде иштеген, Түркстан АССР ЭКСтин а. ч. ж-а илимий-тех. бөлүмдөрүн башкарган, анын пландоо комиссиясынын ишине катышкан. 1925—29-ж. ББАКтын өзгөчө Комиссиясынын Казакстандагы ж-а Кырг-ндын түш. аймактарындагы жайыт ж-а жер ресурстарын изилдөө б-ча экспедицияны жетектеген. Бул экспедициянын 2 отряды (Чаткал, Жалал-Абад) азыркы Ош обл-нын аймагында иштеген. Орто Азияны табигый-тарыхый жактан аймактарга бөлүштүрүү б-ча алгачкы схеманы, о. эле конкреттүү аймактардын табигый жылуулук м-н камсыз болушун ж-а аларда түрдүү а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн Кыргындын жылуулук алкактарынын оригиналдуу схема-сеткасын сунуш кылган. 30-жылдары Ленинграддагы Бүткүл союздук өсүмдүк өстүрүү б-ча ин-ттун чөл бюросун жетектеген.

АБРАМОВ Алексей Фёдорович (1925-ж. т., Башкырт АССРи, Белебей р-ну, Даниловка кыш.) — Даңк орденинин кавалери (1944, 1945, 1972). 1936-жылдан Көк-Жаңгак ш-нда жашайт. 1943-ж. сентябрда Ош обл-ныи Сузак р-ндук аскер комиссариатынан


Х. М. Абдуллаев


П. Абжалиев


Р. И. Аболин


А. Ф. Абрамов

Советтик Армиянын катарына чакырылган. Батыш, 2-Белорус, 2-Украин фронтторунун аскер бөлүктөрүндө гитлердик баскынчылардан Ржев, Смоленск, Витебск, Кёнигсберг, Гдыня ж-а Штеттин ш-н бошотууга катышып, көрсөткөн эрдиктери үчүн 3, 2 ж-а 1-дараджадагы Даңк ордендери м-н сыйланган. Согуштан кийин Көк-Жаңгак ш-на кайтып келип, шахтада эмгектенген.

АБРАМОВ МӨҢГҮСҮ Алай кырка тоосунун түш. капталында, Көк-Суунун алабында. Уз. 9 *км*, туурасы 500—1000 *м*, аянты 22,8 $км^2$, анын 6,9 $км^2$ бөлүгүн абляция обл. ээлейт. Башы д. дең. 4960 *м*, этеги 3670 *м*, кар чеги 4150 *м* бийиктикте жатат. Куралуу аймагы (14,6 $км^2$) желпүүр сымал жайгашкан көп камералуу жазы цирктен турат. Татаал өрөөн тибиндеги мөңгүлөргө кирет. 1967-жылдан жыл бою үзгүлтүксүз илимий байкоолор жүргүзүлөт. 1972-ж. кескин алдыга жылган, мындай жылыштар 10—11 жылда кайталанып турат. Мөңгүдөн Кызыл-Суунун оң куймасы Көк-Суу башталат.

АБШЫР-АТА ШАРКЫРАТМАСЫ. Ноокат р-ндагы Абшыр-Сай капчыгайынын чыга беришинен 3 *км* жогорураак жайгашкан. Капчыгайдын оң капталындагы үңкүрдөн (диаметри 1,5 *м*) булак атылып чыгып, эки баскычтуу шаркыратманы (бийикт. 15 ж-а 12 *м*) пайда кылат. Шаркыратма жер алдындагы карсттык көлмөнүн бир четиндеги жарака аркылуу жыл бою бир калыпта (чыгымы 0,3 $м^3/сек$) агып турат. Суу чала минералдашып, составында бир аз кальций м-н магний бар. Шаркыратмага жакын жерде Котур-Булак булагы чыгат. 1975-жылдан геологиялык заказник.

АБШЫР-САЙ — Фергана өрөөнүндөгү суу. Кара-Дарыянын алабында. Уз. 62 *км*, алабынын аянты 230 $км^2$. Кичи-Алай кырка тоосунан башталат, жог. бөлүгүндө кууш ж-а терең капчыгай аркылуу агып, Найман кыш-нан кийин Фергана өрөөнүнө чыгат. Төм. агымы Жылгын-Сай аталат. Ортоңку агымында Абшыр-Сай шаркыратмасы, 89 чакан куймасы бар; ирилери: Маляран, Ширан ж. б. Кар, жаан-чачын сууларынан куралат. Март — июнь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 1,68 $м^3/сек$; эң көбү 13 $м^3/сек$, эң азы 0,51 $м^3/сек$. Сугатка пайдаланылгандыктан Кара-Дарыяга жетпейт. Боюнда Көтөрмө, Найман кыш. жайгашкан.

АБШЫР-САЙ — Ноокат р-нундагы табигый кооз жер. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 25—26 *км*. Кичи-Алай кырка тоосунун түш. капталынан башталган Абшыр-Сай суусу акиташ тоо тегинен түзүлгөн бөксө тоолорду кесип өтүп, кууш терең капчыгайды (уз. 2 *км*, туурасы 20 *м*, салыштырма бийикт. 600—800 *м*ге чейин) пайда кылат. Төм. бөлүгү неогендин конгломерат тоо тектеринен турат. Капчыгайдын таманы д. дең. 1500—2500 *м* бийиктикте жатат. Жылдык жаан-чачыны төм. бөлүгүндө 400 *мм*, жог. бөлүгүндө 800 *мм*ге чейин. Июнь — сентябрда жаан-чачын болбойт. Январдын орт. темп-расы —2°... —10°С, июлдуку 15°С Капчыгайдын чыга беришинен 3 *км* жогору *Абшыр-Ата шаркыратмасы* орун алган, андан алыс эмес жерден Котур-Булак булагы чыгат. Капчыгайдын сол капталында үңкүр, шаркыратмадан 10 *км* жогору Абшыр көлү бар. Шаркыратманын тегереги өзгөчө кооз, суу жээктей бадалдар өсөт; алардын арасында тал-терек, мөмө даректары тигилген. Шаркыратманы даана көрүү үчүн капчыгайдын эки капталына бетон тепкичтер ж-а тектирчелер курулган. Капчыгайда к-здун эс алуу үйү ж-а пионер лагери, байыркы мүрзөлөр жайгашкан. Бир нече жерде аска беттерине сүрөттөр тартылган.

АБШЫР-САЙ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР Абшыр-Сай капчыгайында бир нече жерден табылган. Көк-Жар кыш-нан 5 *км* түш. тараптагы обочо аскада стилдик жагынан Араван ж-а Сүрөт-Таштагы (к. *Араван аска бетиндеги сүрөттөр, Сүрөт-Таш, Ноокат аска бетиндеги сүрөттөр)* даван аргымактарына окшош жылкылардын сүрөттөрү тартылган. Алар көлөмүнүн кичинелиги м-н гана айырмаланышат. 1979-ж. Ю. А. Заднепровский Абшыр-Ата шаркыратмасынан 20 *км* түш. тарапта, суунун башатындагы аскага тартылган сүрөттөрдү изилдеген. Бул жерден тоо теке ж. б. жаныбарлардын сүрөттөрүнүн бир нече тобу табылган.

АБШЫР-САЙ КӨМҮР КЕНИ Ноокат р-нунда, Кызыл-Кыя ш-нан 26 *км* чыгыш тарапта, Алай кырка тоосунун түн. капталында. 1930-ж. табылып, 1941—66-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Көмүрлүү катмарлар юра мезгилинде пайда болгон тоо тектердин арасында кездешип, алардын калыңдыгы 0,1 *м*ден 13,4 *м*ге жетет. Жалпы уз. 38 *км*. Көмүр кларендүү ж-а фюзен-ксилендүү. Кендин жалпы запасы 13,3 млн *т*. 1967-жылдан карьерден жылына 200 миңден ашуун *т* көмүр казып алынат.

АБШЫР-САЙ МРАМОР КЕНИ Ноокат р-нундагы Көк-Жар кыш-нан 40 *км* түш. тарапта, Алай кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан. 1974-ж. табылып, 1974—75-ж. геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагын силур, таш көмүр ж-а антропогендин чөкмө тоо тектери түзөт. Мрамор силур мезгилинде пайда болгон чөкмө тектердин арасында катмар түрүндө жатат. Уз. 3 *км*, калыңдыгы 50—80 *м*. Мрамордун өңү ак, боз, темгилдүү. Запасы 30—40 млн $м^3$. Кооз буюмдарды жасоого, дубалды каптоого болот.

АБШЫР-САЙ СУРЬМА КЕНИ Ноокат р-нунда, Көк-Жар кыш-нан түш. тарапта, Алай кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан. 1946-ж. табылып, 1946—51-ж. геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Кен жаткан аймак силур мезгилинде пайда болгон акиташ теги м-н сланецтерден ж-а аларды жиреп чыккан гранит-диорит, диорит интрузияларынан турат. Кен татаал өзгөрүүлөргө учурап, өтө жаракаланган антиклиналдык түзүлүштүн түн.-батыш капталында жайгашкан. Сурьма кени бири биринен 25—30 *м* аралыктагы эки руда горизонтунан (астыңкысы акиташ теги м-н сланец катмарларынын ортосунда, үстүнкүсү сланецтин арасында) турат. Руда линза ж-а тарамча түрүндө (калыңдыгы 1 *см*ден 25 *см*ге чейин). Негизги минералдары: антимонит, валентинит, кермезит, алардан башка киноварь, реальгар, пирит, арсенопирит, пирротин, халькопирит, марказит, фалерит ж-а флюорит да бар. 1946—50-ж. бир аз казылып, кайра токтотулган.

АВАРИЯЛЫК КЫЗМАТ. Үйлөрдүн жылуулук ж-а суу куурларындагы, канализация ж-а электр тармактарында-гы бузуктарды оңдоо үчүн Ош турак-жай-эксплуатациялоо конторасынын составында авария-эксплуатация кызматы (Училище көчөсү, 14 а) түзүлгөн. Ал Ош ш-ндагы үйлөргө кышкысын жылуулук берүүчү буу казандарды ж-а жылуулук м-н камсыз кылуучу системаларды да өз учурунда ж-а алдын ала ремонттон өткөрөт. 71 киши иштейт (1986). Башка шаарларда ж-а р-ндун борборлорунда үйлөрдүн бузулган жылуулук, суу куурларын, канализация ж-а электр тармактарын *коммуналык ишканалар комбинаттары* оңдойт. Сырттагы газ, электр, жылуулук, суу куурларынын ж-а канализация тармактары м-н линияларынын бузуктарын *газ менен камсыз кылуу* («Ошгаз», «Сүлүктүгаз», «Жалал-Абадгаз» базалары), *электр менен камсыз кылуу* («Шааржарык», Ош ж-а Жалал-Абад электр тармак ишканалары), *жылуулук менен камсыз кылуу, суу менен камсыз кылуу* ж-а *канализация* («Суу-канал») А. к-ы оңдойт. Телефон линияларынын бузулган жерлерин оңдоону тиешелүү байланыш түйүндөрүнүн эксплуатациялоо тех. бөлүмдөрү ишке ашырат.

АВТОБАЗАЛАР. Областта *Түштүк автомобиль өндүрүш трестине* караган 24 автобаза, а. и. 6 жүк ташуучу (Ошто 4; Жалал-Абад, Кызыл-Кыя), 3 жүргүнчүлөрдү ташуучу (Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя), 1 таксомотордук автобаза бар (1986). Калган 14 автобаза жүк ташуучу ж-а жеңил автомашиналар м-н аралаш жабдылган. Жүктөрдү ж-а жүргүнчүлөрдү ташыйт. Алар Кара-Суу, Өзгөн, Таш-Көмүр, Сүлүктү, Көк-Жаңгак ш-нда, Ала-Бука, Алай, Баткен, Жаңы-Жол, Лейлек, Ленин, Ноокат, Совет, Фрунзе р-ндорунун борборлорунда жайгашкан. Булардан тышкары ведомстволук А. да иштейт.

АВТОБУС. Шаардык А. Областта А *1940*-жылдан пайдаланыла баштаган. *ЗИС-16* маркасындагы эки А. Ош ш-ндагы Ленин ж-а Жумушчу-Дыйкан (азыркы Кыргызстан) көчөлөрүү м-н жүрүүчү маршруттарды тейлеген. Маршруттун уз. 8 *км*ге жеткен. 1986-ж. Ошто жалпы уз. 372,2 *км* келген 13 маршрут болгон; аларды күнүнө Ош жүргүнчү ташуучу автобазасынын ЛАЗ-4202, ЛАЗ-695, «Икарус» маркаларындагы 157 А. тейлейт. Аларды башкаруу үчүн 7 диспетчер пункту түзүлгөн.

Шаар аралык А. Ош ш. р-ндордун борборлору, обл-тын шаарлары, Өзбек ССРи ж-а Тажик ССРинин ш., р-ндору м-н А. аркылуу байланышат. Уз 1782,5 *км* келген респ. аралык 14 А. маршруттарында күнүнө 28 А., о. эле уз. 2713 *км* келген 20 шаар аралык маршруттарда күнүнө 48 А. иштейт. Шаар аралык маршруттарды Автовокзалдар м-н автостанциялардын түш. өндүрүш бирикмесинин 3 автовокзалы (Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя ш-нда-гы), 16 автостанция ж-а билет сатуучу 9 касса тейлейт.

Шаар чет-жакасына каттоочу А. Ош ш. өзүнүн чет-жакасындагы айылкыштактар м-н уз. 564 *км* келген 23 А. маршруту аркылуу байланышат. Ал маршруттарды күнүнө орто эсеп м-н 55 А. тейлейт. Областтын А. парктарында А-тун түрдүү маркалары бар. 150 млндон ашык жүргүнчү ташылат (1986).

АВТОВОКЗАЛДАР. Областта Автовокзалдар м-н автостанциялардын түш. өндүрүш бирикмесинин 3 автовокзалы (Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя ш-нда), 16 автостанциясы, а. и. Кара-Суу, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр, Өзгөн ш-нда, о. эле Ала-Бука, Базар-Коргон, Баткен, Бүргөндү (Ленин р-ну), Гүлчө (Алай р-ну), Караван (Жаңы-Жол р-ну), Лейлек, Ленин, Ноокат, Совет, Фрунзе автостанциялары иштейт (1986). Ош автовокзалы (Ош ш., Тельман көчөсү, 33) 1964-ж. курулган. Областтын борборун р-ндордун борборлору, обл-тын бардык шаарлары, калктуу пункттары (Ак-Босого, Сопу-Коргон, Отуз-Адыр, Куршаб, Мырза-Аке, Салам-Алик, Кочкор-Ата, Арстанбап, Шамалды-Сай, Кара-Көл, Токтогул, Сумсар, Талдык, Хайдаркен ж. б.), Оштун чет-жакасы м-н байланыштырат, о. эле респ-лар аралык 14 маршрут б-ча суткасына 610 автобусту тосуп алып, жөнөтүп турат. Ош ш-нын автовокзалынын имаратында билет сатуучу кассалары, күтүү залы ж. б. бар.

АВТОМОБИЛГЕ МАЙ КУЮУЧУ СТАНЦИЯЛАР. Областта 37 станция иштейт (1986). Алар мамл. нефть продуктулар к-тинин обл. башкармасына карайт. 10 нефть базага бөлүштүрүлгөн.

АВТОМОБИЛДЕРДИ ТЕХНИКАЛЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ СТАНЦИЯЛАРЫ, Республикалык «Кыргызавтотехтейлөө» өндүрүш бирикмесинин А. т. ж. т. с. жеңил авт-дерди каңдоо-ширетүү, сырдоо, электр жабдууларын ж-а карбюраторлорду оңдоо ж-а механикалык-слесардык иштерди аткарат; авт. агрегаттарын ж-а тетиктерин ремонттойт; авт-дерди жууйт. Биринчи станция 1970-ж. Ош ш-нда уюшулган; 3 посту болуп, жылына 50 миң сомдук тейлөө иштерин аткарган. Областта 9 А. т. ж. т. с. (47 посту) иштейт (Ош ш., Араван авт. жолу, 2-*км;* Жалал-Абад ш.; Кызыл-Кыя ш.; Майлы-Сай ш.; Өзгөн ш.; Ленин р-ну, Кочкор-Ата ш. т. п.; Жаңы-Жол р-ну, Караван кыш.; Алай р-ну, Гүлчө кыш.). 1985-ж. 1,1 млндой сомдук кызмат аткарылган.

АВТОМОБИЛДЕР (АКЫ ТӨЛӨП) ТОКТОТУЛУУЧУ ЖАЙЛАР. Ош ш-нда акы төлөп авт-дер токтотулуучу 2 жай (Ленин көчөсүндө, «Алай» мейманканасынын жанында; Кара-Суу көчөсүндө) иштейт (1986). Алар Оштогу авт-дерди тех. жактан тейлөө станциясына карайт.

АВТОМОБИЛЬ-ЖОЛ БОЮНЧА КОНСТРУКТОРДУК ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ИНСТИТУТТУН ОШТОГУ БӨЛҮМҮ, Кыргыз а.-ж. б. к.-т. и. О. комплекстүү изилдөө б. (Ош ш., Ленин көчөсү, 287). 1970-ж. түзүлгөн. Илимий изилдөөлөрүнүн нег. багыты: авт. чарбаларында стандарт эмес жабдууларды ремонттоонун ж-а авт-дерди з-ддордо капиталдык ремонттон өткөрүүнүн конструктордук-технологиялык документтерин иштеп чыгуу; авт. ж-а жол чарба өндүрүш жайларын реконструкциялоо ж-а капиталдык ремонттон өткөрүүнүн сметалык документтерин иштеп чыгуу; авт. ж-а жол чарбаларына жаңы техникаларды киргизүү; электр жабдууларын метрологиялык жактан тейлөө ж-а алдын ала сыноо ж. б. Бөлүмдүн 6 сектору бар; алар: курулуш-технологиялык, конструктордук-технологиялык, электр жабдууларынын метрологиясы ж-а аларды алдын

ала сыноо, стандарт эмес жабдууларды даярдоо, жаңы техниканы киргизүү, отун энергетика ресурстары. 53 киши иштейт (1986).

АВТОМОБИЛЬ ЖОЛДОРУ. Авт.-араба жолдору 30-жылдардын башында курула баштаган. 1936—40-ж. жолдор ашарга чогулган элдин күчү м-н курулган. А. ж. 1968-жылдын аягынан Түш. авт. жол эксплуатациялоо-тармактык башкармасына карайт. Ага 15 р-ндук жол-эксплуатациялоо курулуш участкасы, 10 жол-эксплуатациялоо участкасы ж-а жолдорду абаттандыруу б-ча 1 чарбалык эсептеги участка кирет. Бул башкармага жалпы мамл. маанидеги 3 А. ж., респ. маанидеги 14 А. ж., жерг. маанидеги 14 А. ж. карайт (1986). Ош — Хорог (Памир жолу), Ош — Кызыл-Коргон (107 *км*), Ош — Мырза-Аке (78,4 *км*), Сары-Таш — Кызыл-Суу (57 *км*) ж. б. А. ж. иштейт.

АВТОМОТО ЫШКЫБОЗДОР КООМУ, Ош обл. А. ы. к. (совети: Ош., Памир жолу, 1 *км*)— авт., мотоцикл, моторолёрлордун ээлерин, о. эле автомототехника, авт. ж-а мотоцикл туризми м-н спортуна ышкыбоздорду бириктирген ыктыярдуу коомдук уюм. 1973-ж. түзүлгөн. Нег. милдеттери: жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында транспорт каражаттарын башкарууда автомото ышкыбоздорунун жоопкерчилигин күчөтүү ж-а тыкандыгын өркүндөтүү, автомото айдоочуларын транспортту айдоого машыктыруу, автотуризмди ж-а коомдун мүчөлөрүнүн спорттук машыгууларын өркүндөтүү. Авт., мотоцикл, моторолёр, мопед ж-а велосипед айдоочуларды даярдоочу автомектептерди, курстарды, ийримдерди уюштурат. 515 баштапкы уюму, 39 630 мүчөсү (18 134 авт. ышкыбоздору, 10 597 мотоцикл ышкыбоздору, 10 899 транспорту жоктор) бар (1985). Ош шаардык А. ы. к. (совети: Ош ш., к-з базары) 1974-ж. уюшулган. 3 741 авт. ышкыбоздору, 1 312 мотоцикл ышкыбоздору бар (1986).

АГАТАН МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — дарылануууга ж-а ичүүгө жарамдуу минералдуу булактар. Кара-Суу р-ндында. Агатан суусунун Жазы суусуна куйган жеринде, д. дең. 2500 *м* бийиктикте. Жерг. элге илгертен белгилүү. 1976-ж. бургулоо жумуштары жүргүзүлүп, геологиялык маалымат берилген. Булак чыккан жерде юра мезгилинде пайда болгон алевролит, сланец, чопо, кумдук тектери жатат. Алар бүктөлүүгө дуушарланып кеңдик багытта созулуп жаткан жазы антиклиналды пайда кылган. Суу антиклиналдын түн. канатындагы тектоникалык жаракалардан агып чыгат. Суу тунук, туздуу, муздак (12°С), көмүр кычкыл газдуу (CO_2—1,0—0,2 *г*/лге чейин). Бургулоо көзөнөгүнөн агып чыккан суунун чыгымы 0,5 *л/сек*, булактыкы —0,2 *л/сек*, аз минералдашкан. Составы хлорит-гидрокарбонат-натрий-кальцийлүү Сууну ичүү м-н ашказан, бөйрөк, боор ооруларын дарыласа болот.

АГРАРДЫК ӨНӨР ЖАЙ БИРИКМЕСИ, Ош обл. өндүрүштүк А. ө. ж. б. 1983-ж. түзүлгөн (а. ч. башкармасы: Ош ш., Комсомол көчөсү, 3). Бул бириксмеге 26 обл. уюм ж-а ишкана, дыйканчылык, мал чарбачылыгы б-ча ж-а «Тамеки» тажрыйба-селекция станциясынын илимий-өндүрүш бирикмелеринин 3 чарбасы, 15 р-ндук агрардык өнөр жай бирикмеси кирет.

АДВОКАТУРА, Ош обл. А-сы — облтын адвокаттарын бириктирген ыктыярдуу коомдук уюм (президиуму: Ош ш., Училище көчөсү, 29). 1939-ж. Ош обл. түзүлгөндө уюштурулуп, адегенде 12 мүчөсү, 1986-ж. 65 мүчөсү болгон. Жог. органы — жалпы чогулуш, аткаруу органы — президиум (1984-ж. 7 адамдан шайланган). Укук консультацияларынын ишине жетекчилик кылат.

АДЫГИНЕ-ТОО — Түркстан кырка тоосунун түн. тармагы. Исфара ж-а Кожо-Бакырган-Сай сууларынын ортосунда кеңдик багытында жайгашкан. Уз. 30 *км*, туурасы 6 *км*. Д. дең. орт. бийикт. 3170 *м*, эң бийик жери 3852 *м*. Түн. капталы узун келип, бара-бара Таш-Рабат өрөөнүнө өтөт. Түш. капталы кыска ж-а тик. Тоо негизинен кокколоттуу келип, акиташ, сланец, айрым жерлери палеозойдун кумдук тоо тектеринен турат. Талаа (1500—2500 *м* бийиктикте), нивалдык (2500—3000 *м*) ландшафт мүнөздүү, капталдарында сейрек арча өсөт.

АДЫШЕВ Муса Мирзапаязович (1915, Алай р-ну, Гүлчө кыш. — 1980, Фрунзе ш.) — советтик геолог, Кыргыз ССР ИАнын академиги (1961), вице президенти (1974) ж-а президенти (1980). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. Жалал-Абад педагогика техникумун (1935) ж-а Орто Азия мамл. университетинин геология факультетин (1947) бүтүргөн. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Ош обл-нда мектепте мугалим, директор

(1935—38), СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Геология ин-тунда кенже илимий кызматкер (1947) ж-а директору (1952), Кыргыз ССР ИАнын Эмгек Кызыл Туу ордендүү геология ин-тунун директору (1954—75) болуп иштеген. Анын эмгектери Тянь-Шандагы байыркы доордо пайда болгон чөкмө тоо тектердин геологиясын, геохимиясын ж-а кен байлыктарын изилдөөгө арналган. Эл аралык геологиялык конгресстин 22—23-сессияларына (Дели, 1964; Прага, 1968), кендердин пайда болушу б-ча Эл аралык ассоциациясынын ж-а Эл аралык минералогия ассоциациясынын бириккен конференциясына (Токио — Киото, 1970) катышкан. Кыргыз ССР географиялык атласынын башкы редактору. 1975—77-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

АЖЫДААР-ҮҢКҮР — Ноокат р-ндагы Төө-Моюн тоосунун боорундагы карст үңкүрү. Жалпы уз. 110 *м*, туурасы 20 *м*ге чейин, бийикт. 3 *м*дей. Үңкүрдүн эки оозу бар. Биринин оозу кенен дого сымал келип, жар үстүндө жайгашкан, жолдон көрүнүп турат. Экинчиси тоо капталында. Үңкүрдү Кызыл китепке катталган жарганаттар (тик кулак ж-а кош эрин) мекендейт. 1975-жылдан геологиялык заказник.

АЖЫКЕ — Түш. Кырг-ндагы жайлоо. Тар суусунун алабында. Чыгышынан Чакан-Таш тоосу, түш.-батышынан ж-а батышынан Ак-Башат, Чалкан дөңсөөлөрү м-н чектешет. Кара-Кулжа кышнан 40—45 *км* түш.-чыгыш тарапта. Аянты 30 $км^2$, орт. бийикт. 1800—2300 *м*, эң бийик жери 2600 *м* (Чакан-Таш тоосунда). А-нин түш. ж-а чыгыш капталы тик келип, түн.-батышка жантайыңкы. Бор мезгилинде пайда болгон акиташ тектеринен турат. Батыш ж-а түн.-батыш капталы палеоген-неоген мезгилдеринин конгломерат, кумдуу чопо ж-а гипс тектери м-н капталган. Өрөөндөн Ажыке суусу агып өтөт. Климаты континенттик, жылдык орт. темп-расы 3,2°С, январдыкы —15,1°С, июлдуку 15,4° С. Жылдык жаан-чачыны 345 *мм*. Батыш ж-а түн. капталында карагай, арча токою, чыгыш ж-а түш. беттеринде майда бадал, сейрек арча өсөт. Жайлоого талаа, токой, субальп ж-а альп ландшафт алкактары мүнөздүү. Өсүмдүктөрү: карагай, арча, четин, шилби, табылгы, тал, чие, бетеге,



М. Адышев



Р. Ажыкулов

шыбак ж. б. Совет р-нунун малы жайлайт. Жайкысын эмгекчилер эс алышат.

АЖЫКЕ КЕНИ — Совет р-ндагы кооз таш — ангидрит чыккан жер. Кара-Суу темир жол станциясынан 90 *км* аралыкта, Фергана тоо тизмегинин түш. батыш капталындагы Тар суусунун алабында. 1968-ж. табылган. Кен аймагын бор, палеоген-неоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Кендүү катмар бор мезгилинде пайда болгон акиташ тектеринин арасында жайгашкан. Ангидрит катмарынын уз. 1,5 *км*, калыңдыгы 10 *м*. Таштын өңү күрөң, ачык боз, көгүш боз. Кенден блок алуу мүмкүнчүлүгү 50%ке жетет. 1 $м^3$ блоктон 15—20 такта алынат. Болжол запасы 1 млн $м^3$. Ангидрит имараттын ички дубалын каптап, кооздоого жарамдуу.

АЖЫКУЛОВ Рыскул (1898, азыркы Кара-Суу р-ну, Монок кыш. — 1982, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). Кыргыз ССРинин дыйканчылыгына эмгек сиңирген устат (1958). Коллективдештирүү мезгилинде биринчилерден болуп к-зго кирген. 1931-жылдан Кара-Суу р-нундагы К. Маркс атн. к-здун пахта өстүрүүчү бригадасын жетектеген. Анын бригадасы 1964-ж. 130 *га* аянттагы пахтанын ар гектарынан 35,8 *ц*ден, 1965-ж. 123 *га* аянттан 32,6 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

«АЗА КҮТКӨН ЭНЕ» — айылдаш жоокерлерге арналган эстелик. 1970-ж. Улуу Ата Мек. согуштун Жеңиш күнүнүн 35 жылдыгына карата Ленин р-нундагы М. И. Калинин атн. к-здо тургузулган. Скульп. А. Дроздовдун долбоору б-ча курулган. Анча бийик эмес постаментте оң колу м-н мойнуна салынган жоолугун кармап, кайгылуу турган эненин статуясы орнотулган.



Р. Азимов



Т. Айдаров

Эстеликтин алдында түбөлүк от жагылган. Аялдын тулкусунун артында салгылаш учуру чагылдырылган рельефтүү мемориалдык такта турат. Эстелик бетондон жасалган.

АЗИМОВ Розы (1925-ж. т., Сузак р-ну, Баатыры (1944). «Кызыл-Мехнат» к-зу) — Сов. Союз. мүчөсү. 1943-ж. сентябрда Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1944-ж. мартта Ташкендеги В. И. Ленин атн. жөө аскер окуу жайынын курсанттар тобу м-н майданга кеткен. 334-аткычтар дивизиясынын 1124-аткычтар полкуна пулемётчик болуп кабыл алынган. 1944-ж. июнь айында Витебск аймагында душмандын коргонуусун бузуп өтүүдө эрдик көрсөткөн. Батыш Двина дарыясынан биринчилерден болуп өтүп, душмандарга пулемёттон ок жаадырып полктун жоокерлерине чабуул коюуга мүмкүнчүлүк түзгөн. Кармашууда топтун жарадар болгон командирин алмаштырган. Согуштан кийин к-здун председателине орун басар ж-а к-з башкармасынын мүчөсү болуп иштеген.

АЗЫК-ТҮЛҮК ЭМЕС ТОВАРЛАРДЫН КОМИССИОНДУК ДҮКӨНДӨРҮ. 1986-ж. обл-та мындай 14 дүкөн болгон. Алар р-ндун борборлорунда жайгашкан. Калктан сатууга жарактуу ата мекендик ж-а чет өлкөлөрдө чыгарылган жаңы ж-а пайдаланууудан кийинки ремонт, реставрациялоону талап кылбай турган буюмдарды кабыл алат. Ош ш-нда калктан буюмдарды кабыл алуучу 3 адистештирилген дүкөн ж-а 1 кабыл алуу пункту иштейт. Борб. дүкөнү (№ 30, к-з базарында) 1975-ж. ачылган, авт. моторлорун, турмуштиричиликке керектүү электр ж-а радио товарларын, мебель, килем, тигилүү кийимдерди сатат. Соода аянты 140 $м^2$, жылдык товар жүгүртүүсү 3,7 млн сомго жетет.

«АЗЫРКЫ ҮЙ ТИРИЧИЛИГИ» — дүкөндөр. Областта бир нече «А. ү. т.» дүкөндөрү бар; аларга Араван, Карасе р-ндук керек-жарак коомдорунун дүкөндөрү да кирет. Араван р-ндагы дүкөндүн (Араван кыш.) соода аянты 1150 $м^2$, жылдык товар жүгүртүүсү 1,3 млн сом; 23 сатуучу (алардын 11и керек-жарак кооперациясынын отличниктери) иштейт. Базар-Коргон (Базар-Коргон кыш.), Кара-Суу (Кашкар-Кыштак кыш.), Ленин (Ленин-Жол кыш.), Өзгөн (Өзгөн ш.), Фрунзе (Фрунзе кыш.) р-ндорундагы дүкөндөрдүн соода аянттары 625 $м^2$ден, жылдык товар жүгүртүүсү 1 млндон 1,5 млн сомго чейин.

АЙДАРБЕК ЧОКУСУ — Алай кырка тоосундагы Текелик тоосунун эң бийик жери. Көк-Суу ж-а Текелик (Кызыл-Суунун оң куймалары) сууларынын башынан орун алган. Бийикт. 5125 м. Чоку девон м-н карбондун калың катмарлуу доломит, кумдук, мрамор тектеринен туруп, конус формасын түзүп жатат. Түн. тарабы тик, жалама беттүү, түштүгү кырдуу.

АЙДАРОВ Ташпай (1919-ж. т., азыркы Чаткал р-ну, Каныш-Кыя кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1971). Кыргыз ССРинин мал чарбага эмгек сиңирген ишмери (1975). 1939-жылдан азыркы Чаткал р-нундагы «Победа» к-зунда чабан, 1949—58-ж. «Победа», 1958-жылдан «Чаткал» с-зунда (азыркы «Каныш-Кыя» с-зу) баш чабан. 1970-ж. ар жүз тубар койдон 140, 1977-ж. 177ден төл, ар койдон 4,2 *кг*дан жүн кыркып алган. 1975—80-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Эки Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

АЙ-КӨЛ — Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы Ак-Суу суусунун алабында жайгашкан суу агып чыкма көл. Уз. 2,2 *км*дей, туурасы 0,4 *км*, бетинин аянты 1 $км^2$, суунун көлөмү 57 млн $м^3$, д. дең. 2938 *м* бийиктикте. Түштүктөн түн-түү көздөй созулуп жатат. Жер көчкү жүрүп, суунун нугун бөгөп калуудан пайда болгон. Жээктери муз доорунун кесекчелүү борпоң чөгүндүлөрүнөн турат. Суунун деңгээли жайкысын көтөрүлүп, күзүндө ж-а кышында төмөндөйт. Октябрдын аягынан март айына чейин тоңот. Тоодогу кар, мөңгү көп эрип суу кескин көбөйсө, көл жырылып кетиши ыктымал. Көл бөгөтүнүн түбүнөн агып чыккан суу да Ай-

Көл аталат. Ал Сардала суусунун сол куймасы; Сардала суусу Ак-Сууга оң жактан куят.

АЙМАКТЫК-РЕЗЕРВДИК БАТАЛЬОНДОР. Түркстан респ-сынын Советтеринин Борб. аткомунун ж-а Түркстан фронтунун рев-ячыл-аскердик советинин 1920-ж. 15-майдагы Сов. Түркстан эмгекчилеринин таптык абалын эске алуу м-н милдеттүү түрдө аскердик билим берүү ж-дө декретине ылайык түзүлө баштаган. Ош, Жалал-Абад (110 киши), Анжиян (450) ж. б. жерлерде түзүлгөн. Ош шаардык батальону 1920-ж. июнда уюшулган. 179 жоокерден турган, анын 139у өзбек, кыргыздан коргогон. 1920-жылдын аягында Ош батальону 27-Түркстан аткычтар полкуна бириктирилген.

АЙРЫ-ТАМ — кыштак, Ала-Бука р-нундагы Биринчи Май айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаңы-Шаар, Кара-Үңкүр, Жалгыз-Өрүк, Орто-Суу, Совет-Сай, Комсомол, Алма-Бел, Көк-Таш, Булак-Башы, Ак-Башат, Күлпөк-Сай, Чоң-Сай кыш. да карайт. Райондун борбору Ала-Бука кыш-нан 38 *км* түштүк тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 55 *км*. Калкы 2447 (1986). Нег. чарбасы — тамекичилик, мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, ооруканa, маданият үйү ж. б. бар.

«АЙ-СУЛУУ» — Кара-Суу р-ндук керек жарак коомунун универсал дүкөнү (Кара-Суу ш.). 1983-ж. ачылган. Биринчи кабатында кеңири ассортименттеги азык-түлүк товарлары, күнүмдүк зарыл товарлар секцияларга бөлүнүп жайгаштырылган. 2-кабатта кездемелер, тор кийимдер, баш кийимдер ж-а байпактар сатылат. Жылдык товар жүгүртүүсү 700 миңден ашык сом. 19 киши иштейт (1986). Соода аянты 1000 $м^2$.

АЙТИЕВ Гапар (1902, Кара-Суу р-ну, Төлөйкөн кыш. — 1986, Фрунзе ш.) — кыргыздын туңгуч сүрөтчүсү, кыргыз улуттук сүрөт өнөрүн негиздөөчүлөрдүн бири. Соц. Эмг. Баатыры (1982). СССР эл сүрөтчүсү (1971), СССР Сүрөт академиясынын корреспондент мүчөсү (1973). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Фрунзедеги Агартуу ин-тун (кийин педагогика техникуму) бүтүргөн (1932). Москвадагы «1905-жылдын эстелиги» сүрөт окуу жайынан билим алган. 1934-ж. Фрунзеде ачылган респ. 1-сүрөт көргөзмөсүнө «Атанын портрети» (1932), «Колхоз катчысы Имангазы», «Түштүк кызы» (1934) портреттери м-н катышкан. А. узак жылдар бою Кырг-н сүрөтчүлөр союзуна жетекчилик кылып (1940—68), кыргыз сүрөтчүлөрүнө ж-а жалпы респ. сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө зор таасир тийгизген. Анын чыгармалары 1934-жылдан респ., 1944-жылдан жалпы союздук, 1958-жылдан эл аралык көргөзмөлөргө коюлуп келе жатат. 1970-ж. Москвада, 1973-ж. Фрунзеде анын чыгармаларынын өзүнчө көргөзмөсү чоң ийгилик м-н өткөн. Эң мыкты чыгармалары Кыргызстан мамл. сүрөт музейинин, Третьяков галереясынын, Күн Чыгыш маданият музейинин, Алматы ш-ндагы Шевченко атн. сүрөт галереясынын, Львов ш-ндагы сүрөт музейинин менчигине айланган. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун мүчөсү (1967), 1947—77-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты, 1971—77-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун Председателинин орун басары. 1969-жылдан Кыргыз ССР Токтогул атн. Мамл. сыйлыгы к-тинин председатели. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



Г. Айтиев

«АЙЧУРӨК» — универсал дүкөн (Ош ш., Ленин көчөсү, 226). 1977-ж. ачылган. Нег. ассортименти: тигилүү кийимдер, тор кийимдер, килем, галантерея ж-а парфюмерия товарлары, саат, белектер, сувенирлер. Товарларынын 75%и өзүн өзү тейлөө ыкмасы м-н сатылат. 12 секциясында 30 сатуучу, бардыгы 45 киши иштейт (1986). Жылдык товар жүгүртүүсү 4,5 млн сом. Соода аянты 630 $м^2$.

АЙЫРБАС — таш доорунун мустье мезгилине таандык эстелик. Фрунзе р-нундагы Марказ кыш-нын түш. тарабында жайгашкан. Коллекцияларын А. П. Окладников изилдеген. Материалдар бири биринен анчалык алыс эмес 5 жерден табылган. Алар бүт бойдон мустье мезгилине таандык, бардык белгилери б-ча Капчыгай палеолиттик мастерскоюна жакындашып кетет.

АКАДЕМИК АДЫШЕВ КЫРКА ТООСУ Тар ж-а Гүлчө сууларынын ортосунан орун алган. Терек тоосунан Төө-Жайлоо ашуусу аркылуу бөлүнүп, түн.-батышты карай 110 *км*ге созулат. Эң жазы жери 50 *км*. Орт. бийикт. 3260 *м*, эң бийик жери 4785 *м* (Академик Адышев чокусу; түш.-чыгыш бөлүгүндө). Түн.-батышты карай жапыздайт. Структурасы герцин бүктөлүү мезгилинде түзүлүп, меридиан багытындагы көптөгөн тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Ири тармактары: Кызыл-Агын, Жылаңач-Таш, Көк-Булак, Кара-Сорон, Алдаяр ж. б. Капталдарында терең суу өрөөндөрү көп. Кар, муз каптаган шиш чокулуу түш.-чыгышына бийик тоолуу гляциалдык же альп, ортоңку ж-а түн.-батыш бөлүгүндө денудация-эрозиялык, тоо этектерине түрмөктөлгөн жантайыңкы аккумуляция рельефи мүнөздүү. Б. муз каптоонун издери түш.-чыгыш бөлүгүндө көп кездешет. Түш.-чыгышындагы бийик бөлүгү девондун, силурдун сланец, кумдук, жапызыраак түн.-батышы палеогендин, антропогендин кум, чопо, конгломерат тоо тектеринен турат. Бийик чокуларда асылма мөңгүлөр кездешет. Кырка тоого жапыз тоолуу талаа, орто бийик тоолуу шалбаалуу талаа, шалбаа, бадалдуу токой, бийик тоолуу альп, гляциалдык нивалдык ландшафт актары мүнөздүү. Жайыт катары пайдаланылат. Кырка тоо көрүнүктүү илимпоз геолог М. М. Адышевдин ысмынан аталган.

АКАДЕМИК АДЫШЕВ ЧОКУСУ — Академик Адышев кырка тоосунун эң бийик жери. Тоонун түш.-чыгыш бөлүгүндө, Ой-Бала ж-а Көк-Суу сууларынын башталышында. Бийикт. 4785 *м*. Капталдары өтө тик келип, мөңгү м-н капталган. Чокунун негизин палеозойдун чулу тектери (гранит, гранит-диорит) түзөт.

АК-БУУРА — Кара-Суу ж-а Ноокат р-ндорунун аймактары аркылуу аккан суу, Кара-Дарыянын сол куймасы. Уз. 136 *км*, алабынын аянты 2540 $км^2$. Алай кырка тоосунун түн. капталынан башталып, Ак-Буура капчыгайы аркылуу агат. Жог. агымы Кичи-Алай, ортоңкусу Турук аталат. А.-Б. Ош ш. аркылуу агып өтөт. Куймалары: Челкилдек, Кырк-Кечүү, Талды-Булак, Көш-Мойнок (оң), Чугам, Талды-Булак (сол). Апрель — сентябрда кирет. Жылдык орт. чыгымы 21,4 $м^3/сек$; эң көбү 33,1 $м^3/сек$, эң азы 6,25 $м^3/сек$. Сугатка кеңири пайдаланылат. Ош ш-н суу м-н камсыз кылат. Боюнда Төлөйкөн, Папан ж. б. кыш. жайгашкан. Ортоңку агымында Папан суу сактагычы курулган.

АК-БУУРА АҢЧЫЛЫК ЗАКАЗНИГИ Кара-Суу р-нунда, Ош ш-нан ж-а Папан суу сактагычынан түш. тарапта, Ак-Буура суусунун жайылмасында жайгашкан. 1975-ж. кыргоол, чил, кекилик уялоочу жерлерди коргоо үчүн түзүлгөн. Аянты 10 миң *га*. Ош ш-на жакын. Ак-Буура суусунун жайылмасынан Ош обл. аңчылык инспекциясына пайдалануага берилген 2 *га* жерде балык өстүрүүчү чакан көлмөлөр курулган.

АК-БУУРА — ТУРУК КАПЧЫГАЙЫ Алай кырка тоосунун түн. капталында, Ак-Буура (Турук) суусу б-ча түш-төн түн-кө (Кызыл-Чарба ж-а Алчалы кыш-нын аралыгында) 40—45 *км*ге созулат. Таманынын жазы жери 2—2,5 *км*, кууш жери 500—700 *м*, бийикт. 1900—2000 *м*. Капчыгай палеозойдун кумдук, акиташ теги, сланец ж-а гранит, гранит-диорит интрузия тектерин суу жеп, үбөлөнүүсүнөн пайда болгон. Каньон формасында. Капчыгай аркылуу Чал-Куйрук өрөөнү тарапка авт. жолу өтөт. Таманында бадалдуу токой кездешет.

АК-БУУРА ЧЕБИ — көп катмарлуу шаар чалдыбары. Ак-Буура суусунун сол өйүзүндө, Ош ш-нын түш. четинде жайгашкан. Чарчы формада. Батыш тарабында цитадели — бийик дөбө орун алган. Чеп б. з. алгачкы кылымдарында Ош оазисин түштүктөн болуучу жортуулдардан коргоо үчүн курулган. Табылган карапа сынык-тарына караганда ал орто кылымга чейин турган. Алгачкы жолу 1941-ж. А. Н. Бернштам изилдеген.

АК-ЖАР — кыштак, Өзгөн р-нундагы Ак-Жар айыл советинин борбору. Бул айыл советине Какыр, Семиз-Көл, Киров, Кандава, Кара-Баткак, Кузгун, Сасык-Булак кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 22 *км* чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 74 *км*. 1925-ж. негизделген. Калкы 1165 (1986). Нег. чарбасы — тамекичилик, кой багуу. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, китепкана, клуб ж. б. бар.

АК-ЖОЛ — Жаңы-Жол р-нунун аймагындагы суу, Кара-Суунун сол куймасы. Ат-Ойнок кырка тоосунун түш. батыш капталдарынан башталат. Уз. 29 *км*, алабынын аянты 240 $км^2$. 20дай

куймасы бар, ириси — Кичи-Ак-Жол (уз. 14 *км*). Кар, жамгыр сууларынан куралат. Марттын аягы — июнь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 8 $м^3/сек$. Боюнда Ак-Жол, Райкомол кыш. жайгашкан.

АК-ЖОЛ — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Ак-Жол айыл советинин борбору. Бул айыл советине Тегене, Жолборсту, Райкомол, Кара-Тыт, Кечүү кыш. да карайт. Райондун борбору Караван кыш-нан 56 *км* түн.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 40 *км*. Калкы 1323 (1986). Нег. чарбасы — тамекичилик, малчылык. Орто мектеп, бала бакча, клуб, китепкана, фельдшер-акушердик пункт ж. б. бар.

АК-КОРГОН — кыштак, Ала-Бука р-нундагы Ак-Коргон айыл советинин борбору. Бул айыл советине Калинин, Маданият кыш. да карайт. Райондун борбору Ала-Бука кыш-нан 14 *км* түш.-чыгыш тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 66 *км*. 1900-ж. чейин негизделген. Калкы 4110 (1986). Нег. чарбасы — үрөн белендөө.



№ 21 айылдык кесиптик-тех. окуу жайында авт.-трактор иши б-ча сабак учуру.

Кесиптик-тех. окуу жайы, орто мектеп, 2 бала бакча, маданият үйү, оорукана, китепкана ж. б. бар.

АКМАТОВ Ташполот (1929-ж. т., Ноокат р-ну, Кожоке кыш.) — Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты (1978). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1943-жылдан Ноокат р-нундагы «Правда» к-зунда иштөөдөн баштаган. 1959-жылдан Ноокаттагы № 44 жылкы з-дунун баш чабаны. 1981-ж. ар жүз түбар койдон 172ден козу, ар койдон 4,9 *кг*дан жүн алган. 1975-жылдан Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Эки Ленин ордени м-н сыйланган.



Т. Акматов

«АК-ӨРГӨӨ» — Ош ш-ндагы негизинен жерг. ө. ж. ишканалары чыгарган улуттук белек-бечекек буюмдарын сатуучу дүкөн — боз үй (Сулайман тоосунун этеги). 1978-ж. ачылган. 7 киши иштейт (1986). Соода аянты 300 $м^2$. Жылдык товар жүгүртүүсү 0,4 млн сом. Кыргыз боз үйү сымал курулган, бийикт. 10 *м*, туурасы 20 *м*. Алюминий капталган металл каркастардан тургузулган. Төбөсү айнектелген.

«АК-САЙ» — Баткен р-ндагы совхоз (борб. чарбагы: Ак-Сай кыш.): 1980-ж. В. И. Лениндин 100 жылдыгы атн. с-здун ж-а «Москва» к-зунун бригадаларынын базасында түзүлгөн. Нег. чарбасы — эчки багуу. 32 миң *га* (а. и. 29,6 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 28,7 миң эчкиси бар. Ар эчкиден орто эсеп м-н 0,3 *кг*дан тыбыт тарап алынган; кирешеси 3,3 млн сом. 1105 киши иштейт (1986).

АК-САЙ СЫМАП КЕНИ Лейлек р-нунда, Кызыл-Кыя темир жол станциясынын түш.-чыгышында, Катыраң-Тоо кыркасынын түш. капталында жайгашкан. 1926-ж. табылган. Кен аймагында ортоңку палеозойдун карбонаттерриген тектери кеңири таралган. Кен карбондун акиташ тектеринин арасындагы тектоникалык жаракалардын кесилишинде топтолгон. Руда тулкулары жаракалардагы брекчияларда уя, тарам, нокот түрүндө учурайт. Нег. минералы — киноварь. Брекчияланган зоналардын калыңдыгы 1—2 *м*. Айрым жерлеринде көмүскө кристаллданган сымаптын минералдары учурайт.

АК-САЙ ЧОПО КЕНИ Ноокат р-нунда, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 15—20 *км* түш.-чыгыш тарапта, Алай кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. 1975-ж. табылып, 1979-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кендин аймагында мезо-кайназой заманында пайда болгон чөкмө тектер таралган. Кен юранын чала ныкталган чопо, алевролит ж-а аргиллит тоо тек катмарларынан турат. Калыңдыгы 14—125 *м*, уз. 3—4 *км*ге чейин. Чопо

боз, агыш боз, саргыч, кызгылтым түстө. Химиялык-технологиялык касиети б-ча чоподон портланд-цементти, «400» ж-а «500» маркасындагы агломерит алууга болот. Запасы А+В+С категориясы б-ча 33 652 миң $м^3$, $С_2$— 58 879 миң $м^3$. Кен карьерден казылып, Кызыл-Кыя кирпич з-дында пайдаланылат.

АК-СУУ — Лейлек р-нундагы суу, Сыр-Дарыянын сол куймасы. Уз. 93 *км*, алабынын аянты 1170 $км^2$. Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы Ай-Көлгө жакын жерден башталып, адегенде терең ж-а куш капчыгай аркылуу түш.-батышты карай агып, андан кийин түн-кө бурулуп, Фергана өрөөнүнө чыгат. Жог. агымы Зардалы каталат. Ири куймалары: Сумбула, Даташкындайт, Октябрда тартылат. Кар, мөңгү сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 3,81 $м^3/сек$; эң көбү 13,6 $м^3/сек$, эң азы 1,7 $м^3/сек$. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Андарак кыш. жайгашкан.

АК-СУУ — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Калинин айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Сай, Коргонду Караван кыш-нан 70 *км* түш.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 30 *км*. 1930-ж. негизделген. Калкы 2870 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, ооруканa, поликлиника, китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту бар.

АК-СУУ МӨҢГҮСҮ — Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Кожо-Бакырган-Сай суусунун алабынан орун алган. Уз. 6,5 *км*, аянты 6,5 $км^2$, абляция обл-нын аянты 3,8 $км^2$. Көлөмү 0,268 $км^2$. Мөңгүнүн башы д. дең. 4000 *м* бийиктикте. Фирн областы карама-каршы жаткан эки циркти ээлейт. Каптал моренасын этек моренасы улай, дого сымал жалчаны пайда кылат. Мөңгү тартылууда. Андан Ак-Суу агып чыгып, Ак-Мечит суусунун курамы Кара-Суугa куят.

АК-ТАМ — кыштак, Ала-Бука р-нундагы Ак-Там айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жапа-Салды, Гүлстан кыш. да карайт. Райондун борбору Ала-Бука кыш-нан 13 *км* түн.-чыгыш тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 76 *км*. 1900-ж. чейин негизделген. Калкы 2559 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, клуб, китепкана, медпункт бар.

АК-ТАШ — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Ак-Таш айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ленин, Шверник кыш. да карайт. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 10 *км* түш.-батыш тарапта. Калкы 2231 (1987). Нег чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, китепкана ж. б. бар.

АК-ТАШ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы акиташ теги жаткан жер. Алай кырка тоосунун түн. этегинде, Лимбур посёлкасынан (Өзбек ССРи) 6 *км* чыгыш тарапта жайгашкан. 1968—71-ж. изилденген. Силур мезгилинде пайда болгон акиташ тектеринен түзүлгөн. Акиташ теги ири кристаллдуу, мраморлошкон, ак, боз, кара боз түстө; катмарынын калыңдыгы 80 *м*дей, уз. 3,5 *км*. Запасы 1 млн $м^3$. Дубал бетин каптап кооздоого жарамдуу. Кен казып алынууда.

АК-ТЕРЕК — ГАВА ӨРӨӨНҮ Карa-Үңкүр суусунун оң куймасынын өрөөнүн ээлейт. Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. этегинде, түндүктөн түштүктү карай 32 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 3—4 *км*. Д. дең. бийикт. 1600—1800 *м*. Өрөөн жалпы жонунан V формасында болуп, тектоникалык кыймылдан ж-а эрозиядан пайда болгон. Өрөөн аркылуу 16 *км* өйдө карай этек тоолуу рельеф басымдуулук кылат. Сол жагында б. денудациялык түздүктөр бар. Улам жогорулаган сайын өрөөн кууштайт. Кыска ж-а терең кокту-колоттор, кургак сайлар көп. Таманы кууш; эки тектир даана байкалат. Суу жээктери тик жардуу, жогору жагы аскалуу. Тоо беттерине борчук аскалар мүнөздүү. Төмөн жагы неогендин, төрү палеозойдун кумдук, чопо, акиташ тектеринен түзүлгөн. Климаты континенттик. Июндун орт. темп-расы 20,1 °С, январдыкы —2,6 °С. Жылдык орт. жаан-чачыны 901 *мм*. Өрөөн аркылуу Гава (сол куймасы Ак-Терек) суусу агат. Өрөөндүн ландшафты өтө кооз. Суу жээгиндеги жайылмаларда тал, терек, долоно, четин, шилби, ит мурун ж. б., тоо капталдарында мисте өсөт. Улам жогорулаган сайын мисте, ак чечектүү токой мөмө-жемиш ж-а жаңгак токою м-н алмашат. Жаңгак токоюнун арасында жапайы алма, алмурут, алчанын 3 түрү, карагат, айвансари, бүлдүркөн сыяктуу жер жемиштер, о. эле долоно, ак чечек, ак кайың, четин, ыргай, шилби, ит мурун, табылгы ж. б. өсөт. Өрөөндө Өзбек-Гава, Кыргыз-Гава, Жай-Терек кыш. ж-а Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунун Ак-Терек таяныч пункту жайгашкан.

АК-ТЕРЕК КЕНИ — Кара-Суу р-нундагы кум-шагыл жаткан жер. Ош ш-нан 7 *км* түш.-батыш тарапта, Ош — Ноокат авт. жолунун боюнда, Жапалак кыш-нан 3 *км* түш. тарапта. 1965-ж. геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен неогендин төртүнчүлүк мезгилдин башталышында пайда болгон борпоң кум-шагыл чөгүндүлөрүнөн турат. Кесек фракциялар начар жумуруланган, иргелбеген, жалпак формадагысы арбын (11,5—14,6%), чопо бөлүкчөлөрү 14%. Кум ири бүртүкчөлүү, кесектик модулу 12%, органикалык кошундулар ж-а слюда жок. Кум-шагылды бетон даярдоого ж-а жол курулушунда пайдалансa болот. Запасы А+В категориясы б-ча 316 миң $м^3$, $С_1$—8059 миң $м^3$. Кен казып алынууда.

АК-ТӨӨ МӨҢГҮСҮ — Кичи-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 6 *км*, аянты 3,5 $км^2$, көлөмү 0,24 $км^3$. Кыргыз-Ата суусунун сол куймасы Чили-Сайдын алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы д. дең. 4900 *м*, этеги 3850 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4250 *м*. Абляция обл-нын аянты 1,8 $км^2$. Мөңгү тартылууда. Андан Ак-Төө суусу башталып, Кыргыз-Ата суусунун сол куймасы Чили-Сайга оң жактан куят.

АК-ТӨР ТООСУ Кичи-Алай кырка тоосунун чыгышынан орун алган. Түндүгүнөн Талдык, Кум-Бел тоолору, чыгышынан Гүлчө өрөөнү, батышынан Кичи-Алай, түштүгүнөн Каракол тоолору ж-а Кум-Бел ашуусу м-н чектешет. Уз. 50 *км*, эң жазы жери 11 *км*. Орт. бийикт. 3760 *м*, эң бийик жери 4503 *м* (Кум-Бел ашуусунун түштүгүндө). Негизинен палеозойдун акиташ тектеринен түзүлгөн. Батыш ж-а борб. бөлүктөрү зоокалуу. Чокуларын «түбөлүк кар», түн. капталдарын майда мөңгүлөр ээлейт. Түн.-чыгышты карай капталдары жантайыңкы тартып, кырлары кумпа сымал формага өтөт. Жылгаларында шагылдар, ири таш сыныктары көп кездешет. Түш. капталдары тик, кыска ж-а борчуктуу, түндүгү узун келип, фирн талаалары ээлейт. Тоодо Ак-Төр, Кум-Бел ашуулары бар. Негизинен бийик тоолуу альп (3200—3600 *м* бийиктикте) ж-а гляциалдык-нивалдык (3600—400 *м*) ландшафт алкактары мүнөздүү.



П. А. Акуционок

АК-ТУРПАК КЕНИ—Фрунзе р-нундагы кооз таш — селенит чыккан жер. Ак-Турпак кыш-нан 3 *км* түш-төө, Сох өрөөнүндө. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон кызыл түстүү карбонат чөгүндүлөрү түзөт. Кен чопо, аргиллит тектеринде «карст» процессинен пайда болгон. «Ак-Турпак» аттуу табигый үңкүрдө жайгашкан. Аргиллит ж-а селенит катмарлары тик жайгашып, үңкүрдү бойлой батыштан чыгышка созулат. Селенит катмарлары кызыл (үңкүрдүн түш. бөлүгүндө) ж-а боз (үңкүрдүн түн. бөлүгүндө) аргиллиттер м-н кезектешип жатат. Селенит 5—20 *см* калыңдыктагы кабатча ж-а линза түрүндө кездешет. Түсү кызгылтым, агыш, тунук ак. Селенит нык, жибектей жалтырайт. Андан кооз буюмдарды жасаса болот.

АК-ТУРПАК ҮҢКҮРУ Совет р-нунун аймагында Ак-Турпак кыш-на жакын жерде жайгашкан. Үңкүрдүн уз. 120 *м*, туурасы 15—20 *м*, бийикт. 5 *м*ге чейин. Палеогендин гипстүү катмарларында пайда болгон. Аэроиондуулугу б-ча СССРдеги бирден-бир үңкүр (1 $см^3$ абада 24 миң аэроион кездешет; Кочкор дарылоо үңкүрүндө 1 $см^3$ абада 5 миң аэроион). Үңкүрдү мурда жерг. эл ыйык туткан; ага байланыштуу уламыштар бар.

АКУЦИОНОК Пётр Антонович (1922, Витебск обл., Шумилин кыш. — 1943, Гомель обл. Лоев ш. т. п.) — Сов. Союз. Баатыры (1943), кенже лейтенант, аткычтар взводунун командири, 1941-ж. Белоруссиядан эвакуацияланган з-ддун жабдуулары жүктөлгөн эшелон м-н Кырг-нга келген. Таш-Көмүрдө «Капитальная» шахтасында иштеген. 1942-ж. январда Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1943-ж. февралдан Борб. фронтто салгылашкан. Днепр операциясына катышып, эрдик көрсөткөн.

АКЧАБАЕВ Малик (1932-ж. т., Ленин р-ну, Хиля кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1979). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1950-ж.



А. Акчабаев

Ленин р-нундагы М. И. Калинин атн. к-здо колхозчу болуп иштөөдөн баштаган, 1965-жылдан пахтачылык бригадасынын бригадири. Анын бригадасы 10-беш жылдыктын өндүрүштүк тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда аткарып, жог. көрсөткүчтөргө жетишкен. 1979-ж. ар гектар пахта аянтынан 53,5 ц-ден түшүм жыйнап алышкан. 1975—80-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын лауреаты (1978). Ленин ордени м-н сыйланган.

АК-ЧАҢЫЛ ТООСУ — Академик Адышев кырка тоосунун батыш тармагы. Бүлөөлү ж-а Жошолу (Куршабдын оң куймалары) сууларынын алабында чыгыштан батышты карай созулуп жатат. Уз. 32 *км*, туурасы 10 *км*. Орт. бийикт. 3500 *м*, эң бийик жери 4044 *м*. Тоо батыштан чыгышты карай бийиктеп, Академик Адышев кырка тоосуна барып такалат. Батыш бөлүгү негизинен тайпагыраак ж-а жазы. Түш. капталы майда кокту-колоттуу келип, Кичи ж-а Чоң-Бүлөөлү сууларынын өрөөнүнө тик түшөт. Батыш бөлүгү Гүлчө өрөөнүн карай жантайыңкы. Түн.-чыгыш капталы жазы, Жошолу суусунун башы ж-а анын куймалары Кулмамбет, Буктурманын алабында тик капталдуу, аябай тилмеленген. Тоо капталдарына талаа (2200—2600 *м*), шалбаалуу токой ж-а бадал (2600—3100 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (3100—3600 *м*), 3600 *м*-ден жогору нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт; рекреация максаттарында пайдаланылат.

АЛА-БУКА — Ала-Бука р-нундагы суу, Касан-Сай суусунун сол куймасы. Уз. 58 *км*, алабынын аянты 225 *км*^{2}. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Кар, мөңгү ж-а жаан-чачын суулары-нан куралат. Март — июнь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 2,75 *м*^{3}/*сек*, эң көбү 5,83 *м*^{3}/*сек*, эң азы 1,28 *м*^{3}/*сек*. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Ала-Бука кыш. жайгашкан.

АЛА-БУКА — Ала-Бука р-нундагы Ала-Бука айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Сары-Талаа, Кызыл-Ата, Ызар, Кош-Терек, Кош-Алмурут, Келте, Кашкалак, Баймак кыш. да карайт. Ош ш-нан 300 *км* түн.-батыш тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 65 *км*. 1900-ж. чейин негиздеген. Калкы 7866 (1986). Кирпич з-ду, автобаза, 3 орто мектеп, маданият үйү, клуб, кинотеатр, оорукана, поликлиника, аптека, учук оорулар диспансери, санитария-эпидемиология станциясы, муз. мектеп, 2 китепкана, 4 бала бакча ж. б. бар. Кыш-тан 5 *км* түш.-батыш тарапта Касан-Сай суу сактагычы курулган, түн.-чыгыш тарабында Шахфазил күмбөзү (13-к.) жайгашкан.

АЛА-БУКА ЗАКАЗНИГИ Ала-Бука р-нунда. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталында, Өрүктү, Ала-Бука, Чанач, Кызыл-Ата сууларынын алабында. Аянты 25 миң *га*. Азайып бараткан доңуз, элик, тоо эчки, улар, чүткөр ж. б-ды коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

АЛА-БУКА — КАСАН-САЙ ӨРӨӨНҮ обл-тын түн.-батыш бөлүгүндө, Чаткал, Курама кырка тоолору, Афлатун тоосу ж-а Чуст адырларынын аралыгында жайгашкан. Бири биринен обочо жаткан Терек-Сай, Касан-Сай, Ала-Бука өрөөндөрүнөн турат. Аянты 40 *км*^{2}, уз. 75 *км*, туурасы 7,5 *км*-ден 26 *км*-ге чейин, д. ден. бийикт. 800—2000 *м*. Рельефи адыр-күдүрлүү, кокту-колоттуу, капталдары какшыган кургак сайлар м-н тилмеленген. Негизинен антропоген мезгилинин чөкмө тектеринен түзүлгөн. Жер көчкүлөр ж-а тик жардуу коолор, аллювий ж-а пролювий түздүктөрү, тоо этегиндеги делювий-пролювий шилендилери мүнөздүү. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —10... —20°С, июлдуку 20—30°С. Жылдык жаан-чачыны 300—400 *мм*. Өрөөн аркылуу Ала-Бука, Терек (Касан-Сай), Терек-Сай, Чанач ж. б. суулар агат. Касан-Сай суу сактагычы курулган. Боз-тоо, боз-күрөң топурактары кеңири таралган.

АЛА-БУКА РАЙОНУ — обл-тын батыш бөлүгүн ээлеген админ. аймак. 1936-ж. Кызыл-Жар р-нунан бөлүнүп, өзүнчө р-н болуп уюшулган. 1956-ж. ага Чаткал р-ну кошулган. 1963-ж. Жаңы-Жол р-ну м-н биригип, 1969-ж. кайра бөлүнгөн. 1980-ж. Чаткал р-ну андан бөлүнүп кеткен. Түндүгүнөн Чаткал р-ну, чыгышынан Жаңы-Жол р-ну, түштүгүнөн ж-а батышынан Өзбек

ССРи м-н чектешет. Аянты 3 миң *км*^{2}. Калкы 50 167 миң (1986). Район 41 кыш-ты бириктирген 6 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Ала-Бука кыштагы.

Табияты. Райондун аймагы көбүнчө Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш тармактарында ж-а Фергана тоосунун этегиндеги адырлардан орун алган. Рельефи негизинен тоолуу. Чаткал кырка тоосунун капталдарынан түстүү ж-а сейрек кездешүүчү металл кендери ачылган. Сумсар ж-а Гава-Сай кенденинин маанизи зор. Курулуш материалдарына да бай. Климаты континенттик, кургакчыл. Адырларда январдын орт. темп-расы —10°С, июлдуку 30°С, тоолордо январдыкы —20°С, июлдуку 20°С. Жылуу мезгили 178 күн. Жылдык жаан-чачыны бөксө тоолордо 300—400 *мм*, тоолордо 600 *мм*-ге чейин. Суу тармактары көп. Райондун аймагынан Ала-Бука, Касан-Сай, Сумсар, Гава-Сай суулары агып өтөт. Бул суулар р-ндун ж-а коңшулаш Өзбекстандын жерлерин сугарууда пайдаланылат. Суусу моңгү, карлардан куралат. Касан-Сай суусунда суу сактагыч (Касан-Сай) курулган. Д. ден. 1500 *м* бийиктикте ачык, кара боз, 2600 *м* бийиктикте кара кочкул, айрым жерлеринде кара топурак тараган. 1300—2500 *м* бийиктикте (Чаткал кырка тоосунун капталдарында) тоо-токой топурагы басымдуу. Андан жогору тоо шалбаа топурагы мүнөздүү. Тоо этектериндеги түздүктөрдө ж-а адырларда чекенди, андан жогору шыралжын, эрмен-шыбак, бетеге ж. б. ар түрдүү өсүмдүктөр өсөт. Тоо капталдарын жаңгак, д. ден. 3000 *м* бийиктикте арча токою, андан жогору субальп шалбаасы — жайыт ээлейт. Түздүктөрдө ж-а адырларда сойлоп жүрүүчүлөр, кемирүүчүлөр жашайт. Тоолордо тоо эчки, элик, доңуз, кашкулак, коён, суур, түлкү, карышкыр, сейрек кездешүүчүлөрдөн илбирс, зубр, аюу, сүлөөсүн, куштардан карга, торгой, кара таркылдак, кызыл баш өрдөк, улар, кыргоол, сейрек кездешүүчү куштардан ителги, бүркүт, балта жутар, ылаачын, ак кажыр, таз жору, кыргый ж. б. мекендейт.

Калкы көп улуттуу. Кыргыздар (59,1%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), өзбектер (36,3%), тажиктер (3%), орустар (0,6%), татарлар (0,4%), украиндер (0,1%), казактар, немецтер, азербайжандар ж. б. улуттар жашайт. Калкынын орт. жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 16 киши туура келет. Калкынын нег. бөлүгү тоо этектериндеги түздүктөрдө ж-а суунун бойлорунда отурукташкан. Калкы негизинен табигый өсүштүн эсебинен көбөйүүдө.





«1-Май» к-зунун тоют цехинде.

га жердин 55,7%ине дан эгиндери, 6,4%ине тех. өсүмдүктөр, 35,7%ине тоют өсүмдүктөрү эгилет. Киреше негизинен тамекиден (1,2 миң *га*) түшөт. Дыйканчылыктан түшкөн дүң продукциянын бир кыйла бөлүгү тамекиден алынат. Кайрак жерлерде көбүнчө буудай, арпа, сугат жерлерде жүгөрү, буудай ж. б. өстүрүлөт. Тоо этектериндеги түздүктөрдө ж-а адырларда багбанчылык, жашылчачылык ж-а бакчачылык өнүккөн. 1985-ж. р-ндо 177,3 миң *ц* эгин, 31,7 миң *ц* тамеки, 3,7 миң *ц* картошка, 14,7 миң *ц* жашылча, 7,9 миң *ц* коон-дарбыз, 17,2 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган.

Мал чарбачылыгы уяң жүндүү ж-а чала уяң жүндүү кой, сүт-эт беруучу мал багууга адистештирилген. 167,8 миң кой-эчки (а. и. 151,4 миң кой), 68,1 миң бодо мал (а. и. 8,1 миң уй), 4,1 миң жылкы, 18,6 миң үй куштары бар (1986). 1984-ж. р-ндо 3081 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 7757 *т* сүт, 3,9 миң *ц* жүн, 297 миң даана жумурткa даярдалган.

Өнөр жайы начар өнүккөн. Ала-Бука турмуш-тиричилик комбинаты ж-а токой чарбасы гана бар. 1985-ж. алардан 630 миң сомдук товардык продукция өндүрүлгөн. Нег. транспорту — авт. транспорту. Авт. жолдорунун уз. 350 *км*, а. и. асфальтталганы 248 *км*. Нег. авт. жолдору: Ала-Бука — Терек-Сай — Жаңы-Базар, Ала-Бука — Керексан-Сай, Ала-Бука — Караван ж. б.

Элге билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында 30 орто, 4 сегиз жылдык ж-а 5 башталгыч мектепте 13,3 миң окуучу, кесиптик-тех. окуу жайда 655 киши окуган; 22 бала бакчада 1,8 миң-ден ашык бала тарбияланган. 27 китепкана, 6 социалдык-маданият комплекси, 21 клубдук мекеме, 19 кинoустановка, р-ндук оорукана (поликлиникасы м-н), 150 орундуу участкалык оорукана, 40 орундуу р-н аралык учук оорулар диспансери ж. б. (к. *Ала-Бука районунун медициналык-санитариялык мекемелери)* иштейт (1986). Райондук «Эмгек даңкы» (1938—62-ж. «Колхоз турмушу») газетасы чыгат



Ала-Бука р-ндук маданият үйүнүн «Гүл-Тоо» ансамбли «Октябрь» с-зунун кырмашында концерт берүүдө.

(1970-жылдан). Райондун аймагында Шах-Фазил күмбөзү, Ыдырыс пайгамбардын мазары, Күлбөс-Кан шаар чалдыбары ж. б. жайгашкан.

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Ала-Бука кыш., Фрунзе көчөсү, 45). 1940-ж. ачылган. 1980-жылдан Ала-Бука борлоштурулган борб. китепканасы. Ал филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүүчү пункттары катары 27 китепкананы (орто эсеп м-н ар бир айыл советинде 4—5 китепкана), а. и. балдар бөлүмүн бириктирет; балдар бөлүмүнүн (Ала-Бука кыш., Фрунзе көчөсү, 45) 37,8 миң китеби, 2,3 миң окурманы бар. Райондогу к-здук, коомдук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китеп фондусунда орус, кыргыз, өзбек ж-а чет тилдерде 207,7 миң нуска китеби бар; 20,7 миң окурманды тейлейт (1985).

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Ала-Бука кыш., Фрунзе көчөсү, 1). 1969-ж. ачылган. Калкка дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 235 орундуу.

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 15 миң *га* жери 9 сугат системасы — Чанач-Сай (1 канал), Сумсар-Сай (12), Көк-Серек-Сай (12), Касан-Сай (9), Пача-Ата (1), Оруктү-Сай (6), Ызар-Булак (4), Баястан (2), Ала-Бука (3) суулары аркылуу сугарылат (1985). Ири каналдары — Кош-Терек (1968-ж. ишке киргизилген, Чанач-Сай суусунан башталып, уз. 2 *км*, чыгымы каналдын башында 6 $м^3/сек$) ж-а Лазван (1928-ж. ишке киргизилген, Ала-Бука суусунан башталып, уз. 7,9 *км*, чыгымы каналдын башында 5,0 $м^3/сек$). Бул курулмалар р-ндук сугат система башкармасына (Ала-Бука кыш.) карайт. 67 киши иштейт (1986).

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 6 социалдык-маданият комплекси, 21 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 10 айылдык маданият үйү (Ак-Таш, Өрүктү, Көк-Серек ж. б. айыл советтеринде), к-здук 1 клуб («1-Май» к-зу), профсоюздук 2 клуб («Октябрь» с-зу) иштейт (1986). 71 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими (896 киши катышкан) уюшулган.

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Ала-Бука р-нунда поликлиникасы бар р-ндук оорукана, р-ндор аралык 40 орундуу учук оорулар диспансери (Ала-Бука кыш.), 150 орундуу участкалык 2 оорукана (Ак-Коргон кыш.; Биринчи Май айыл совети), 2 айылдык амбулатория (Жой-Белент кыш.; Көк-Серек айыл совети), 17 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), 4 орундуу 2 төрөт үйү (Биринчи Май, Көк-Серек айыл советтери), р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Ала-Бука кыш., Ленин көчөсү, 1), р-ндук ооруканынын мед. тез жардам бөлүмү, 4 аптека иштейт (1986). Райондогу амбулатория-поликлиникалык мекемелер сменасына 340 кишини көрө алат. Стационары 825 орундуу, а. и. 65 орун кош бойлуу аялдар үчүн (р-ндук ж-а участкалык ооруканаларда). 84 врач, 405 мед. орто билимдүү адис, а. и. 7 врач ж-а 32 мед. орто билимдүү адис санитария-эпидемиологиялык станцияда иштейт (1986).

АЛА-БУКА РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1970-ж. чейин калкты турмуш-тиричилик жактан Жаңы-Жол р-нунун турмуш-тиричилик комбинатынын филиалы тейлеген, ал 1970-ж. Ала-Бука р-ндук турмуш-тиричилик комбинаты болуп түзүлгөн. Турмуш-тиричилик комбинатынын (администрациясы: Ала-Бука кыш., Ленин көчөсү, 22) 65 ишканасы, а. и. 9 кийим тигүү ж-а 7 бут кийим мастерскою, 18 чач тарач, 8 фотография, металл ж-а жыгач буюмдарды жасоочу ж-а ондоочу 21 керкана, химчистка, прокат пункту, комплекстүү кабыл алуу пункттары (Ала-Бука, Ак-Коргон кыш.) иштейт (1986).

АЛА-БУКА ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Ала-Бука р-ну, Ала-Бука кыш.). 1951-ж. түзүлгөн. Ага жалпы аянты 46082 *га* жердеги токой карайт.

«АЛАЙ» — Кызыл-Кыядагы бут-кийим өндүрүш бирикмеси (Кызыл-Кыя ш., 25-партсъезд көчөсү, 1). Кыргыз ССРинин жеңил өнөр жай мин-восуна карайт. 1970-ж. түзүлгөн. Филиалы — Жалал-Абад жеңил бут кийим ф-касы. Кызыл-Кыяда мектеп жашындагы балдар ж-а кыздар үчүн булгаары бут кийим ултарат. 1985-ж. 12 млн 800 миң сомдук продукция чыгарылган. 1981-ж. бирикмеге бут кийимдердин сапатын арттыруу максатында башкаруунун комплекстүү системасы киргизилген. 1608 киши, а. и. 250 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт; 15 жумушчу орден м-н сыйланган. Би-

рикменин медпункту, 2 бала бакчасы бар.

«АЛАЙ» — Ош ш-ндагы мейманкана. Областтык аткомдун турак жай ж-а коммуналык чарба башкармасына карайт. Эки корпусу бар; бири Свердлов ж-а Тельман көчөлөрүнүн кесилишинде, 2 кабаттуу, 204 орундуу (1958—60-ж. курулган); экинчиси Ленин ж-а Тельман көчөлөрүнүн кесилишинде, 4 кабаттуу, 189 орундуу (1968-ж. курулган).

«АЛАЙ» — 2-лигадагы футболдук команда. 1968-ж. «Б» классындагы «Шахтёр» командасынын базасында түзүлгөн. 1972-ж. тарап кетип, 1981-ж. Ош ш-ндагы Физкультура үйүнүн карамагында кайра түзүлгөн. Бир нече жолу эл аралык жолдоштук беттешүүлөрдү өткөргөн.

АЛАЙКУУ КЫРКА ТООСУ чыгышынан Фергана тоо тизмеги, батышынан Көк-Суунун алабы, түндүгүнөн Алайкуу өрөөнү, түштүгүнөн Карачал тоосу м-н чектешет. Эркеч, Сабарды, Туюк-Кайыңды, Көл-Кайыңды, Айры-Таш, Кыздар, Кемпир, Боорду, Албас ж-а Үч-Казык тоолорунан турат. Уз. 130 *км*, эң жазы жери 45 *км*. Орт. бийикт. 4190 *м*, эң бийик жери 5300 *м* (Манастын Ээри чокусу). Рельефи таатаал, тоо тармактары тектоникалык жаракалар м-н бөлүнгөн. Тармактары батыш тарабында узун (15—20 *км*), чыгышында кыска (5—10 *км*), капталдары жазы ж-а айдөш. Негизинен палеозой м-н бор мезгилиндеги акиташ теги, сланец, бир аз гранит, мрамор, конгломерат тектеринен турат. Азыркы мөңгүлөр Кыздар, Кашка-Суу, Манастын Ээри, Ой-Бала, Эркеч, Ак-Эчки ж-а Көл-Кайыңды тоолорунда кездешет. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 15—20°С, январдыкы —5... —10°С. Жылдык жаан-чачыны 400—600 *мм*. Шалбаалуу талаа (2300—2700 *м*), токойлуу шалбаа (2700—3100 *м*), токой (2500—3000 *м*), шалбаа (3500—3900 *м*), 3900 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт катары пайдаланылат.

АЛАЙКУУ ӨРӨӨНҮ — Алайкуу, Терек ж-а Фергана тоолору м-н курчалган бийик тоо өрөөнү. Аянты 1454 $км^2$. Уз. 75 *км*, туурасы 15 *км*, орт. бийикт. 2300 *м*, эң бийик жери 3000 *м*. Жеринин бети тоолуу келип түн.-батышты көздөй жантайыңкы. Борб. бөлүгү жайык. Дөңсөөлүү түзүлүштөгү талкаланып тегизделген жондор, б. чөкмө тектер м-н капталган тоо арасындагы түздүктөр, жарыш жайгашкан кырлар ж-а өрөөндөр мүнөздүү. Негизинен бор ж-а юра мезгилинде пайда болгон тоо тектерден түзүлгөн. Көмүрдүн кени бар. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 15,7%С, январдыкы —17,9%С. Жылдык жаан-чачыны 300—500 *мм*. Суулары: Балгынды, Кашка-Суу, Карагатты, Саба-Жарды, Кайыңды, Казык, Терек ж. б. Көлдөрү: Кулун, Көл-Кайыңды. Минералдуу булактары: Кашка-Суу, Айран-Суу. Негизинен талаа-тулаң (2300—2700 *м*), токойлуу шалбаа (2700—3100 *м*), токой (3000—3500 *м*) ландшафты мүнөздүү. Карагай, арча, кайың, четин, чычырканак, тал, терек, бадал ж. б. өсөт. Аюу, карышкыр, түлкү, кашкулак, бугу, аркар, тоо эчки, илбирс, бүркүт, улар, кекилик, суур ж. б. мекендейт. Кой, топоз, жылкы багылат.

АЛАЙ КЫРКА ТООСУ Алай-Түркстан тоо системасына кирет. Кендик багытта 350 *км*ге созулуп жатат. Орт. жазылыгы 70—80 *км* (Фергана өрөөнүнө чейин), эң бийик жери 5539 *м* (Танды-кул чокусу). Тоо орографиялык жактан кескин айырмаланган 3 бөлүктөн турат. Батыш бийик бөлүгүндө тоонун түн. капталы Кыргыз ССРине карап, негизинен Сох д-нын алабын камтыйт; мында бийик чокулуу мөңгүлөр арбын. Кыры аска-зоокалуу келип, 4500—5000 *м* бийиктиктен жогору жатат. Тоонун түн. капталы жазы (60—70 *км*), терең капчыгайлуу өрөөндөр (Кожо-Ашкан, Сох ж. б.) м-н тилмеленип, Жети-Көл (бийик чокусу 4079 *м*), Коргон (5100 *м*), Кулдук-Тоо (5016 *м*), Курук-Сай (5147 *м*), Тескей (3690 *м*) тоо тармактарынан турат. Ортоңку бөлүгү Исфайрам-Сай, Ак-Буура, Талдык (түндүгүндө), Кызыл-Суу (түштүгүндө) суулар.ынын алабын камтыйт; ири мөңгүлөрү (Егоров, Дугов, Ливинский, Федченко, Гезарт, Агарт, Сары-Могол, Кайыңды) бар. Кыры аскалуу, негизинен 4300—4600 *м* бийиктикте жатат. Тоонун түн. капталы (жазылыгы 70—80 *км*) Фергана өрөөнүнө жантайыңкы, баш жагында терең капчыгайлуу кенен өрөөндөр (Кичи-Алай, Кичи-Кичи-Алай, Сүрмө-Таш, Исфайрам-Сай, Шаймерден ж. б.) арбын. Түндүгүндөгү ири тоо тармактары: Коллектор (эң бийик жери 5259 *м*), Кичи-Алай (4933 *м*), Ак-Төр (4501 *м*), Жоо-Жатты (4048 *м*), Гаузан (3273 *м*), Ярунтуз (3670 *м*), Олокон-Тоо (4629 *м*), Талдык (4237 *м*), Теке-Секирик-Бел (2913 *м*) ж. б. Түш. капталы Алай өрөөнүнө тик түшөт, кыска (10—15 *км*); кокту-колоттуу. Чыгыш жапыз бөлүгү Куршаб, Көк-Суу (чыгыш), Алайкуу-Тар сууларынын алаптарын ээлейт. Мында мөңгүлөрү азайып, чокулары жапыздайт да, түн.-чыгышта Какшаал — Фергана тоо тоомдоруна такалат. Кыры 3200—4300 *м* бийиктикте жатып, капталдары тик; кыска ж-а терең капчыгайлуу ири өрөөндөрү (Гүлчө, Көк-Суу, Алайкуу ж. б.), Терек-Тоо (эң бийик жери 4767 *м*), Көк-Булак (4039 *м*), Алайкуу (4733 *м*) сыяктуу тоо тармактары бар. Палеозойдун кумдук, кремнийлүү ж-а көмүрлүү сланец, гнейс, доломит, алевролит, акиташ теги, порфирит, туф, диабаз, юра мезгилинин конгломерат, гравелит, аргиллит тектеринен турат. Айрым жерлерде гранит-диорит, сиенит интрузиялары жиреп чыккан. Тоо этектери ж-а өрөөндөрдүн тамандары палеоген, неоген ж-а антропоген мезгилдеринин чөкмө тектери (калыңдыгы 200 *м*ге чейин) ж-а мөңгү шилендилери м-н капталган. А. к. т-нда сымап, сурьма, темир, боксит, вольфрам, висмут, полиметалл, мышьяк, көмүр ж. б. кендери бар.

Климаты кескин континенттүү; орт. бийиктиктеги бөлүгүндө январдын орт. темп-расы —5... —7°С, июлдуку 14—16°С. Жылдык жаан-чачыны 300—400 *мм*. Ири суулары: Сох, Исфайрам-Сай, Араван-Сай, Ак-Буура, Алайкуу-Тар (түн. капталы), Кызыл-Суунун куймалары (түштүгүндө). Түн капталына кургак талаа ж-а талаа (2000—2200 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа ж-а шалбаа (2600—2800 *м*), арча токой ж-а бадал аралаш сейрек токой (2900—3100 *м*), субальп, альп шалбаа ж-а сейрек бетегелүү талаа (3500—3600 *м*), андан жогору бийик тоо тундралуу талаа ж-а нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Түш. бетинде бийик тоолуу кургак талаа ж-а шалбаалуу талаа ландшафты басымдуу. Ашуулары: Талдык (3615 *м*), Карагуш-Хана (3903 *м*), Жаңы-Даван (4379 *м*), Кара-Казык (4495 *м*), Кайыңды (3997 *м*), Теңизбай (2627 *м*), Теке-Салды (4072 *м*), Жиптик (4175 *м*), Шарт-Даван (3954 *м*), Талдык ашуусу аркылуу союздук мааниндеги Ош — Хорог авт. жолу өтөт. Көп жеринде мөңгүлөр (Ак-Төр, Киндик, Сары-Могол, Арча-Башы ж. б.) жатат.

АЛАЙ (НОРУС-КӨЛ) КЕНИ — Алай районундагы көмүр катмары жаткан жер. Дароот-Коргон кыш-нан 20 *км* түн.-чыгышта жайгашкан. 1954-ж. изилденип, 1971-ж. запасы эсептелген. Кен аймагын юра ж-а антропоген мезгилинин чөкмө тектери түзөт. Көмүрдүн калыңдыгы 1 *м*ге чейинки үч катмары юранын кумдук, чопо, алевролит тектеринин арасында жатат. Күрөң көмүр тибине кирет. Көп күлдүү (20%), күйгендө 24,14 *МДж/кг* жылуулук берет. 300 *м* тереңдикке чейинки запасы 23 млн *т*.

АЛАЙ ӨРӨӨНҮ — кендик багытында созулуп жаткан тоо өрөөнү. Түндүгүнөн Алай, түштүгүнөн Чоң-Алай кырка тоолору, чыгышынан Көк-Суу, батышынан Алай кырка тоосунун тармактары м-н чектешет. Аянты 8,4 миң $км^2$. Уз. 174 *км*, туурасы чыгышында 27 *км*, батышында 3—7 *км*, ортоңку бөлүгүндө 40 *км*. Д. дең. орт. бийикт. 3000 *м*, эң бийик жери 3536 *м* (Төө-Мурун ашуусу), эң жапыз жери 2440 *м* (Катта-Карамык). Өрөөн жалпысынан батышты карай акырындап жантайган түздүк; ага тектирлүү жайылмалар, тоо этегиндеги шиленди түздүктөр, дөбө-дөңсөөлөр, чуңкурчактар мүнөздүү. А. ө. калыңдыгы 700—800 *м*ге жеткен б. ж-а азыркы аллювий-пролювий ж-а гляциалдык борпоң чөкмө тектерге толгон. Өрөөндүн түш. жагы мезозой м-н кайнозой тектеринин калың катмарынан, айрым жерлери бор ж-а неогендин (кызыл түстүү кумдук, конгломерат) тектеринен турат. Өрөөндүн түн. тарабы палеозойдогу бүктөлүүгө дуушарланган деңиз чөкмөлөрүнөн, силурдун кумдук, сланец, девондун акиташ теги, сланец, кумдук, карбондун конгломерат тектеринен түзүлгөн. Кен байлыктары: көмүр, күйүүчү сланец, туз, курулуш материалдары ж. б. А. ө-нүн климаты Орто Азия аба массасынын алмашуусу м-н тыгыз байланышта. Өрөөндү курчаган бийик тоолор аба массаларынын эркин өтүшүнө тоскоол болуп тургандыктан түн. ж-а түн.-батыштан соккон муздак аба массасы жаз, жай айларында Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталдарына, түштүктөн сейрек соккон жылуу аба кышында Алай кырка тоосунун түш.-батыш капталдарына арбын жаан-чачын алып келет. Өрөөндүн этек бөлүктөрү кургакчыл. Жалпысынан өрөөндүн климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы өрөөндүн чыгышында

—17,5°С, батышында —14,4°С, июлдуку чыгышында 9,2°С, батышында 15,3°С. Жылдык жаан-чачыны чыгышында 346 *мм*, батышында 271 *мм*. Өрөөн аркылуу чыгыштан батышка Кызыл-Суу суусу агып өтөт. Байыркы мореналардын арасындагы чөнөктөрдө майда көлдөр көп (Орто-Чукур, Боока-Чукур, Корумду-Чукур). Өрөөн жер астындагы сууларга да бай. Агыш күрөң, коңур каралжын, тоо шалбаа, чымдык, аллювий топурагы басымдуу. Физика-географиялык шартына жараша (туш тарабынан тоолор м-н курчалып, д. дең. бийик абалы, Памир м-н Тянь-Шандын чегинде жатышы) өсүмдүктөрү айланасындагы аймактардан өзгөчөлөнүп турат. Өрөөндүн батышындагы чөл өсүмдүктөрү чыгышты карай талаа, шалбаалуу талаа м-н алмашат. Батыш четинде сейрек арча токою, суу жайылмаларында тал, терек, бадалдар өсөт. Кыртыш суулары жер бетине жакын жайгашкан аймактарды шалбаалуу саздар ээлейт. Мал чарбасы үчүн өрөөндүн мааниси чоң. Анда Кырг-ндын, Өзбекстандын малдары жайлайт. Чабынды жерлери да кеңейүүдө. Жаныбарлардан суур, кара күсөн, түлкү, карышкыр, коён, кекилик, улар, аркар, суусар, аюу, илбирс ж. б. кездешет. Бул жерде «СССРдин кызыл китебине» кирген айбанаттар м-н куштардын 14 түрү мекендейт. Өрөөн аркылуу Ош — Хорог авт. жолу өтөт. А. өндө илгерки чептин (18—19-к.) калдыктары, мазарлар (16-к.) сакталган.

АЛАЙ РАЙОНУ — областтын эң түштүгүндө жайгашкан админ. аймак. 1928-ж. Алай-Гүлчө р-ну болуп уюшулган; ал 1936-ж. Алай ж-а Чоң-Алай р-ндоруна бөлүнүп, 1959-ж. алар кайра Алай р-нуна бириккен. Түш.-чыгышынан ж-а түндүгүнөн Совет, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат, Фрунзе, Баткен р-ндору, түштүгүнөн Тажик ССРи, чыгышынан Кытай Эл Республикасы м-н чектешет. Аянты 12,4 миң *км*². Калкы 60,9 миң (1986). 73 кыш-ты бириктирген 13 айыл советине бөлүнөт. Райондун аймагында Сары-Таш ш. т. п. жайгашкан. Борбору — Гүлчө кыштагы.

Табияты. Район бийик тоолуу Алай өрөөнү м-н Гүлчө өрөөнүндө жайгашкан. Түндүгүнөн Алай, түштүгүнөн Чоң-Алай кырка тоолору м-н курчалат. Райондун эң жапыз жери д. дең. 1560 *м*, ал эми тоо чокулары 5000 *м*ден бийик. Райондун аймагында көмүр, туз, сымап, сурьма, вольфрам, о. эле табигый курулуш материалдардын кендери бар; минералдуу сууларга да бай. Климаты кескин континенттик. Июлдун орт. темп-расы тоолуу өрөөндөрдө 20—25°С, тоолордо 10—15°С, январдыкы тоолуу өрөөндөрдө 7°С ж-а тоолордо —14°С. Жылдык жаан-чачыны 400—600 *мм*. Ири мөңгүлөрү: Абрамов, Корженевский, Корумду, Ленин атн. ж. б. Агын суулары көп; ирилери: Гүлчө, Кызыл-Суу, Көк-Суу ж. б. Райондун түн.-чыгыш бөлүгү м-н орто бийик тоолордун түш. капталдарын күрөң топуактуу буудайыктуу талаа ж-а шалбаалуу талаа, чыгыш капталдарын майда чымдуу, бетегелүү ж-а бетеге-түрдүү чөптүү талаа ээлейт. Бийиктеген сайын талаа ж-а шалбаа бара-бара токой ж-а шалбаага өтөт. Тоолордун кара-күрөң топуактуу тескей беттеринде арча ж-а сейрек токойлор кездешет. Шалбаалуу-талаа топуактуу субальп ж-а альп тилкесиндеги субальп ж-а альп шалбаа талаасы; талаа басымдуулук кылат. Кууш капчыгайларда бадалдар (бөрү карагат, ит мурун, тобулгу), жайылмаларында чычырканак, тал, терек, кайың, нивалдык тилкелерде жер жаздык гүлдөр — рихтерия, мамыры ж. б. өсөт. Ар түрдүү жаныбарлар мекендейт. Райондун түн.-чыгышында кулактуу кирпи, коён, сары чычкан, кашкулак, ач күсөн, түлкү кезигет. Токой тилкесинде кемирүүчүлөрдөн токой чычканы, момолой, арыс чычкан, о. эле суусар, барак куйрук, карышкыр, доңуз, куштардан кыргый, кара таркылдак, каракур, ала карга. бийик тоолордо аркар, тоо эчки, илбирс, суур, куштардан кекилик, улар, бүркүт мекендейт. Тоолордо айрыкча кызыл суур ж-а корум момолою, сууларында жилиңгир, алабуга, ит чабак, сазан балыктары көп. Айбанаттар м-н куштардын сейрек түрлөрүн сактоо ж-а көбөйтүү үчүн Куршаб суусунун жайылмасында Гүлчө аңчылык заказниги түзүлгөн.

Калкы. А. р. рельефинин тоолуу болушуна байланыштуу обл-тагы калк эң сейрек отурукташкан аймак болуп эсептелет. Калкынын орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 4,7 киши туура келет. Кыргыздар (9,7%; 1979-жылкы эл каттоо б-ча), өзбектер (1,1%), орустар (0,6%), татарлар, тажиктер, казактар, уйгурлар ж. б. улуттар жашайт. Калкынын табигый өсүшү 3%ти түзөт.



Чарбасы. Райондун эл чарбасынын негизин өнүккөн мал чарбасы (айрыкча эт, жүн багытындагы кой чарбасы) түзөт. 1986-ж. р-ндогу бардык а. ч. дүң продукциясынын 81%ин мал чарбасы берген. 1987-ж. 1-январда 8 с-з ж-а мамл. адистештирилген чарба иштеген. Жалпы жер фондусу 1243,9 миң *га*, а. и. айыл чарбага жарактуу жери 615,7 миң *га* (же бардык жер аянтынын 49,5%и). Айдоо аянты 24,5 миң *га*, анын 19 миң *га*сы сугат, 5,6 миң *га*сы кайрак жер. 34 *га* жерди көп жылдык өсүмдүк, 16,7 миң *га*ны чабынды ээлейт. Жаздык арпа (3,6 миң *га*), картошка (118 *га*), тоют өсүмдүктөрү (19,4 миң *га*) эгилет. Көпчүлүк жери (572,5 миң *га*) жайыт. Алай р-нунун жайыттарында обл-тагы коңшулаш р-ндордун, Өзбекстан ж-а Тажикстандын к-здору м-н с-здорунун малы жайлайт. Бийик тоолуу өрөөнүндө топоз багылат. 1987-ж. 1-январда 275,0 миң кой-эчки, 14 миң бодо мал, 5,8 миң жылкы болгон. Ө. ж. ишканаларынан Алай турмуш-тиричилик комбинаты бар, ал жылына 472 миң сомдук тигилүү буюмдар чыгарат. Гүлчө кыш-нда май з-ду, нан жабуучу цех иштейт.

Нег. транспорту — автомобиль. Авт. жолунун уз. 790 *км*, а. и. 384 *км*и асфальталган. Райондун аймагы аркылуу Ош — Хорог, Сары-Таш — Эркеч-Там, Сары-Таш — Дароот-Коргон — Карамык, Гүлчө — Сары-Булак, Дароот-Коргон — Кызыл-Кыя авт. жолдору өтөт.

Элге билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында 54 жалпы билим берүү (32 орто, 13 сегиз жылдык, 8 башталгыч) мектептеринде 18,5 миң окуучу, 2 кесиптик-тех. окуу жайда 1170 киши окуган. 1986-ж. 15 бала бакчада 1,2 миң бала тарбияланган. Музыкалык мектеп (Гүлчөдө), 44 китепкана, 10 маданият үйү, 4 клуб, 1 элдик театр, 4 автоклуб,

Жайлоодогу малчыларга врачтар келди.



академиялык элдик хор, сүрөт өнөрканасы болгон. 26 киноустановка, райондук ооруканa ж-а поликлиника, 3 участкалык ооруканa, 3 амбулатория, 26 фельдшер-акушердик пункт ж. б. иштеген (к. *Алай районунун медициналык-санитариялык мекемелери).* 1933-жылдан райондук «Күжүрмөн эмгек» газетасы чыгат. Райондун аймагында Дароот-Коргон, Туюк, Көк-Суу ж. б. тарыхый эстеликтер сакталган.

АЛАЙ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Гүлчө кыш., Киров көчөсү). 1927-ж. ачылган. 1980-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Ал филиалдары, бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары 46 китепкананы (ар бир айыл советинде 3—4 китепкана), а. и. балдар бөлүмүн (Гүлчө кыш., Киров көчөсү) бириктирет; балдар бөлүмүнүн 26,1 миң китеби, 2,7 миң окурманы бар. Эки профсоюздук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китеп фондусунда орус, кыргыз, өзбек ж-а чет тилдерде 286,4 миң нуска китеп бар; жылына орто эсеп м-н 35,2 миңден ашуун окурманды тейлейт.

АЛАЙ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Гүлчө кыш., Адышев көчөсү). 1936-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу жардамын көрсөтөт. Стационары 250 орундуу. Адистештирилген бөлүмдөрү: терапия (30 орундуу), чоң кишилер (15) ж-а балдардын (25) жугуштуу оорулары, хирургия (35), травматология (5), төрөт (30), неврология (15), тери-венера оорулар (20), педиатрия (30) ж. б. Көмөкчү бөлүмдөрү: рентген, стоматология, электркардиография, эмдөө, оорулууларды көрүү кабинеттери, кан куюу бөлүмү, клиникалык-диагноз лабораториясы. 34 врач, 83 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

АЛАЙ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 20 миң *га* жери 8 ири сугат системасы — Сары-Могол (4 канал), Дүйшаалы (7), Гүлчө (4), Ак-Буура (1), Талды-Суу (2), Ачы-Суу (4), Кызыл-Суу (2), Отуз-Адыр (1) суулары аркылуу сугарылат (1986). Бардык каналдардын суу өткөрүмдүүлүгү 3 $м^3$/*сек*га чейин. А. р. и. к. р-ндук сугат система башкармасына (Гүлчө кыш.) карайт. 44 киши иштейт.

АЛАЙ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 21 клубдук мекеме, а. и. р-ндук ж-а шаардык маданият үйлөрү (Гүлчө кыш., Сары-Таш ш. т. п.), 8 айылдык маданият үйү (Чоң-Алай, Үч-Дөбө, Бүлөөлү, Жошолу, Корул, Алай, Калинин айыл советтеринде), 3 профсоюздук клуб («Алай», В. И. Ленин атн., «Правда» с-здорунда), 8 автоклуб иштейт. 59 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими (820 киши катышкан) уюшулган.

АЛАЙ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук ооруканa (поликлиникасы м-н), 260 орундуу 3 участкалык ооруканa (Сопу-Коргон, Дароот-Коргон, Кашка-Суу кыш.), 60 орундуу посёлкалык ооруканa (Сары-Таш ш. т. п.), 3 айылдык амбулатория (Карамык, Кызыл-Коргон, Талды-Суу кыш.), 26 фельдшер-акушердик пункт (ири кышда), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 6 аптека, санитария-эпидемиологиялык станция (Гүлчө кыш.) иштейт (1986). Райондун амбулаториялык-поликлиналык мекемелеринде сменасына 445 киши көрүнөт; стационарлары 510 орундуу, а. и. 85 оруну кош бойлуу аялдар үчүн (р-ндук, участкалык ж-а посёлкалык ооруканаларда). 68 врач, 271 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 7 врач, 27 мед. орто билимдүү адис иштейт.

АЛАЙ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Райондун калкын 1947-ж. чейин «Кызыл артель» (30-жылдары негизделген) комбинаты тейлеген. Анын карамагында чач тарач, фотосүрөт, кийим тигүү цехи болгон. Бул ишканалар ж-а кошумча ачылган 2 чач тарач, 2 фотосүрөт, 2 бут кийим оңдоочу пункт 1947-ж. Ош шаардык ө. ж. комбинатына берилген. 1971-ж. Алай турмуш-тиричилик комбинаты уюшулуп, р-ндогу бардык турмуш-тиричилик ишканаларын бириктирген. Турмуш-тиричилик комбинатынын (администрациясы: Гүлчө кыш.) 58 ишканасы, а. и. 11 кийим тигүү ж-а бут кийим мастерскою, 24 устакана ж-а металл буюмдар жасоочу керкана, 3 мебель ишканасы, 8 чач тарач, 6 фотосүрөт, 8 комплекстүү кабыл алуу пункту (Гүлчө кыш., «Правда», «Социализм», В. И. Ленин атн., «Алай», «Кашка-Суу», «Чоң-Алай» с-здору ж-а Корул айыл совети) иштейт (1986).

АЛАЙ УНИВЕРМАГЫ — Гүлчө кышындагы чоң дүкөн. 1981-ж. ачылган. Алай р-ндук керек-жарак коомуна карайт. 1-кабатында спорт товарлары, бут кийим, байпактар, кафетерия секциялары; 2-кабатында тигилүү кийимдер, трикотаж, галантерея ж-а парфюмерия, сувенир секциялары жайгашкан. Соода аянты 730 $м^2$. Жылдык товар жүгүртүүсү 1,7 млн сомдон ашык (1985). 20 сатуучу иштейт.

АЛАЙ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ — Кызыл-Суунун оң куймасы Ак-Суунун сол өйүзүндөгү тургун жайлар. Алай өрөөнүнүн батыш тарабындагы Карамык-на жакын жайгашкан. 1965-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Эң чоңу — Кызыл-Коргон, чарчы формада (аянты 3 *га*); дубалдарында мунаралары болгон, тегерете аң м-н курчалган. Маданий катмарынын калыңдыгы 1,6 *м*. Анын түн.-батышында Чаардын-Коргон (аянты 0,5 *га*), түн.-чыгышында Кынаат-Коргон (аянты 0,4 *га*) шаар чалдыбары жайгашкан. Бул жерде табылган карапаларга караганда шаар чалдыбарлары 6—8 к-га таандык.

«АЛА-ТОО» — Кара-Суу ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Кара-Суу көчөсү). 1960-ж. ачылган. «Болочок жоокер», «Ким болуу керек» киноклубдары, «Жаш укук таануучу» ж. б. кинолекторийлер иштейт. 1985-ж. 221,6 миң киши кино көргөн.

АЛАШ КЕНИ — Ленин р-нундагы сымап рудасы чыккан жер. Жалал-Абад ш-нын түн.-батышында, Бабаш-Ата тоосунун түш.-батыш капталында. 1957-ж. табылган. Кендин аймагында девон мезгилинде пайда болгон түрдүү калындыктагы акиташ теги жатат. Бул тек тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Сымап рудасы жаракалардын кесилишкен жериндеги зоналарда жайгашкан. Кен тарам, линза, нокот түрүндө. Жайгашуусу бирдей өлчөмдө эмес. Уз. 470 *м*, калыңдыгы 1,5 *мге* чейин. Нег. минералы — киноварь. Андан башка куприт, азурит, малахит кездешет. Руда герцин металлогениялык доордо гидротермден пайда болгон. Кенге геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлө элек.

АЛГА — кыштак, Фрунзе р-нундагы Алга айыл советинин борбору. Бул айыл советине Чуңкур-Кыштак, Мыргылжек, Кайтпас, Бөксө, Бүргөндү, Кожо-Корум кыш. да карайт. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 30 *км* түн.-батыш тарапта, Алты-Арык темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 40 *км*. Калкы 1633 (1986). Нег. чарбасы — мал багуу, пахта өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, ооруканa, маданият үйү, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту бар.

«АЛГА» — Өзгөн р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Мырза-Аке кыш.) 1960-ж. «Алга», «Социализм» ж-а «Коммунист» к-здорунун базасында түзүлгөн. Саан уй багууга ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген. 14,2 миң *га* (а. и. 12,7 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 14,2 миң бодо мал, 12,7 миң койэчкиси бар (1986). Орто эсеп м-н гектарынан 39 *ц*ден тамеки жыйналган, ар бир уйдан жылына 2,5 миң *кг*дан сүт саап алган. Кирешеси 1,3 млн сом, 2025 киши иштейт (1986). Бул с-здо Соц. Эмг. Баатырлары А. Мадымаров, Ш. Санжаров, Ленин орденинин ээлери А. Абдуллаева, А. Бообеков ж. б. эмгек сиңиришкен.

«АЛГА» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Лейлек р-ндук к-тинин ж-а Эл депутаттар советинин р-ндук органы (редакциясы: Исфана кыш.). 1936-ж. негизделген. 1963-ж. чейин «Колхоз турмушу», 1963-жылдан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. Газета редакциянын өзүндөгү полиграфия цехинде басылат. Тиражы 6,6 миң нуска (1986).

«АЛГА» — машина куруу, прибор куруу, көмүр, металлургия, жеңил, нефть, курулуш ж-а курулуш материалдар ө. ж. ишканаларынын жумушчуларынын, инженердик тех. кызматкерлеринин, о. эле атайын орто окуу жайлардын окуучуларынын респ. ыктыярдуу спорт коому. Анын обл. совети (Ош ш., Свердлов көчөсү) 1958-ж. түзүлгөн. Областтагы бул коомдун 86 физкультура коллективин, 30 миң мүчөсүн бириктирет. Советтин коллективинде спорттун 20 түрү б-ча машыгуулар өткөрүлөт. Ош обл-нда 3 стадион, 20 баскетбол, 23 волейбол, 5 городки аянтчасы, 15 спорт залы, 4 сууда сүзүү бассейни бар. Коомдун 40тан ашык мүчөсү респ. курама командасына, бир нече спортсмендери бүткүл союздук «Труд» ыктыярдуу спорт коомунун курама командасына кирет. Көптөгөн спорттук мелдештердин байгесине ээ болгон боксёрлор С. Сарымсаков, Д. Усманов, оор атлетика б-ча респ-нын чемпиону М. Садеков (1982) ж. б. ушул коомдун секцияларында машыгышкан. «А.» обл. советинде спорттун эл аралык класстагы 2 мастери, СССР спортунун 26 мастери, 119 мастерликке кандидат ж-а 1248 1-разрядчы бар (1986). «А.» обл. советинде 50 штаттык адис

ж-а 4,5 миңдей коомдук инструктор ж-а машыктыруучу иштейт.

АЛГАЧКЫ КОЛЛЕКТИВДҮҮ ЧАРБАЛАР — дыйкандардын же малчылардын Совет бийлигинин алгачкы жылдарында түзүлгөн ыктыярдуу өндүрүш бирикмелери. Аларга биргелешип пайдалануу шериктештиги, малчылар шериктештиги, ар кандай артелдер, коммуналар ж. б. кирген. 20-жылдары азыркы Ош обл-нын аймагында пахта өстүрүү, мал чарбачылык ж-а дыйканчылык кооперациялары түзүлгөн. 1918-ж. августта Ош уездинин Каракчы кыш-нда помещиктин фермасынын ордуна алгачкы малчылар шериктештиги уюшулган. Анжиян «Жерсиз дыйкандар союзунун» чечими б-ча 1918-ж. сентябрда помещик Ильинскийдин чарбасында 10 кишиден турган «Айым-Арал» коммунасы түзүлгөн. 1918-ж. сентябрда Кырг-ндын түштүгүндө 4 коммуна болгон. 1919-ж. Анжиян уездинин Жалал-Абад участкасында 7 артель ж-а биргелешип пайдалануу шериктештиги (140 киши кирген) түзүлгөн. 1921—22-ж. жер-суу реформасы өткөрүлгөндөн кийин Жалал-Абад р-нунда 164 артель пайда болгон. 1922-ж. Кырг-ндын түштүгүндө 20дан ашык малчылар шериктештиги болгон. 1927—28-ж-дагы жер-суу реформасы коллективдүү чарбалардын бардык жерде пайда болушуна шарт түзгөн. 43 дыйкан-малчы бирикмеси уюшулган. 1920-жылдын башында Кырг-ндын түштүгүндө 19 пахта өстүрүүчү (28,9 миң киши) ж-а 26 дыйканчылык (18,3 миң киши) шериктештиги, Ош кантонунда 3037 чарбаны бириктирген 164 жерди биргелешип пайдалануу шериктештиги болгон. Коллективдүү чарбалардын баштапкы формалары а. ч-н туташ коллективдештирүүдө чоң роль ойногон.

АЛГАЧКЫ СОВЕТТЕР, Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттарынын А. с-и Кырг-ндын түштүгүндө жумушчу ж-а рев-ячыл маанайдагы солдаттар (Жумушчу ж-а солдат депутаттар совети) топтолгон жерлерде пайда болгон. Социал-демократиялык топтор м-н бирдикте иштеген. 1917-ж. 6-мартта *Кызыл-Кыя* посёлкасындагы шахтёрлор чогулушунда (164 киши катышкан) 13 кишиден турган (А. К. Добрынин, Л. Г. Солнышко, В. А. Елисеев, Ф. Г. Родионов ж. б.) жумушчу депутаттар совети (адегенде комитет аталган) шайланган. 1917-ж. апрелде Советке Москвадагы Декабрь куралдуу көтөрүлүшүнүн (1905) катышуучусу, жумушчу-большевик И. И. Едренкин башчылык кылган. Убактылуу өкмөттүн тушунда Совет 8 сааттык жумуш күнүн киргизүүгө жетишкен, жумушчу милициясын уюштурган, «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзун түзүүнүн демилгечиси болгон. 1917-ж. сентябрда азык-түлүк кооперативинин ишине контролдук кылган. 1917-жылдын аягында шахтадагы бийликти колуна алган. 1977-ж. 16-мартта Сүлүктү посёлкасында Жумушчу депутаттар совети түзүлгөн. Шахтёрлор советинин председателдигине большевик Д. Т. Деканов шайланган. Совет агитациялык ж-а маданий-агартуу иштерин жүргүзүп, жумушчулардын кызыкчылыгын коргогон, алардын «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзуна биригишине көмөктөшкөн, Хожент уезддик совети м-н тыгыз байланышта иштеген. Бул Совет 1917-ж. 11-ноябрда Сүлүктүдө Совет бийлигинин орнотулгандыгын жарыялаган. 1917-ж. 24-мартта «Ош гарнизонунун солдаттар союзунун» базасында Ошто Солдат депутаттар совети уюшулган. Советтер падышалык чиновниктерди башкаруудан четтетишкен. 1917-ж. 21-августта Ошто «Жумушчу жана чайрикерлер союзунун» негизинде Мусулман депутаттар совети түзүлгөн. Жетекчи органы 24 кишиден турган (а. и. Ю. Алиев, К. Абдурасулов, Ш. Нуралиев, Б. Токтаакунов, А. Бутбаев ж. б. болгон). 30-августта Мусулман депутаттар совети 2 өкүлүн (С. Ражиев, К. Абдурасулов) Ош Советинин ишине катышуу үчүн депутат кылып жиберген. 31-августта бул эки Совет бириккен. 1918-ж. 15—16-январда Ош уезддик совети түзүлүп, анын катары эсерлер м-н меньшевиктерден тазаланган. Уезддик советке Покровка, Кара-Дыйкан, Мырза-Аке, Жыланды, Зергер, Аюулуу-Үңкүр кыш-ндагы Советтердин ж-а «Ош уездиндеги дыйкан депутаттарынын бириккен советинин» өкүлдөрү кирген. Советке А. Г. Аношин, Ю. Алиев, Б. Султанов жетекчилик кылган. 1918-ж. 17-январда бийлик Уезддик советке өткөн. 1918-ж. жай айларында Анжиян уездинин Чаңгет, Масы, Ноокат, Көгарт болуштарында, Ош уездинин Көчмөндөр аймагында Советтер түзүлгөн.

АЛГАЧКЫ ЫКТЫЯРДУУ КООМДОР Кырг-ндын түштүгүндө 19-к-дын аягында пайда болгон. 1917-ж. чейин Ош

уездиндеги мындай коомдордун $^1/_3$ и (7 коом ж-а шериктештик) уезддин борборунда иштеген. 1917-ж. Оштогу прогрессчил интеллигенциянын арасында драма ышкыбоздорунун ийрими уюшулган. Анын ишмердиги жерг. коомдук-маданий турмушка таасирин тийгизген. Тарыхый даталарга, юбилейлерге карата ышкыбоздор театр оюндарын коюшуп, муз.-адабий кечелерди өткөрүшкөн. Түркстан археология ышкыбоздорунун ийрими (Ташкен, 1895—1917) уюшулуп, анын ишине Кырг-ндын түш. аймактарында край таануу энтузиасттары (М. Д. Граменицкий ж. б.) чоң салым кошкон. Аларды Ош ш-ндагы байыркы ж-а орто кылым эстеликтери, Памир-Алай ж-а Чыгыш Фергана өндүрүндөгү көрүнүктүү тарыхый-археологиялык эстеликтер кызыктырган. Бул жакка өздөрүнүн эмгектеринде Түш. Кырг-ндын этнографиялык, тарыхый маалыматтарды чогулткан орус география, россиялык ж-а түркстандык илимий коомдордун мүчөлөрү бир нече жолу келишкен. Фергана мед. коому (Жаңы-Маргалаң, 1892—1910) өзүнүн мүчөлөрүнө, а. и. Оштогу ж-а уезддеги медицина кызматкерлерине крайдагы массалык ж-а жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү үчүн инструкцияларды, аспаптарды, дары-дармектерди жөнөтүп, илимий-практикалык жардам көрсөтүшкөн. Түркстан врачтарынын коому (Ташкен, 1899—1900) пайдалуу иштерди жүргүзгөн (ал кийин Түркстан мед. коому деп аталган). Коомдун мүчөлөрү Жалал-Абад санитария-гигиена станциясынын саламаттык сактоо б-ча иштерине көмөктөшкөн. Ошто калктын жакырланган айрым бөлүктөрүнө жардам берүү үчүн түзүлгөн кайрымдуулук коому болгон. Ошто ж-а Ош уездинин Покровка кыш-нда шаарлардын ж-а кыштактардын оокаттуу калк катмарларын бириктирген керек-жарак коомдору иштеген. 1917-ж. чейин Ош уездинде 18 кредит ж-а ссуда-сактык шериктештиги (анын төртөө Ошто) болгон.

АЛГАЧКЫ ЭЛДИК ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛУШТАР. Алардын бири Кара-Суу р-ндагы 1-Май атн. башкы канал. Уз. 12 *км*. С. М. Киров атн. а. ч. артелинин мүчөлөрүнүн чакырыгы б-ча Кара-Суу р-нунун ашарга чогулган к-зчулары 8 күндө куруп бүткөн. 36,6 миң $м^3$ топурак сыртка чыгарылган. Сугат жерлер 192 *га*га көбөйүп, 3 миң *га* жерди сугаруу жакшыртылган. 1939-ж. 30-апрелде суу коё берилген. Кыргызстан Компартиясынын 4-съезди атн. Араван каналы. Уз. 50 *км*. Араван ж-а Кара-Суу р-ндорунун ашарга чогулган к-зчулары 7 күндө куруп бүткөн. 291,5 миң $м^3$ топурак сыртка чыгарылган, каналдын нугуна төшөө үчүн 11,8 миң $м^3$ таш чогултулган. 1940-ж. 20-мартта суу коё берилген. Ноокат каналы. Уз. 55 *км*. Курулушу 1940-ж. 10-апрелде башталган. Алай, Гүлчө, Араван, Куршаб, Өзгөн, Совет, Халмион р-ндорунун ашарга чогулган к-зчулары 7 күндө куруп бүткөн. Араван ж-а Ноокат каналдарынын курулушу м-н реконструкцияланган Араван сугат системасынын уз. 97 *км*ге узарган; кошумча 4,5 миң *га* жаңы жер, а. и. Төө-Моюн чөлүнүн 2 миң *га* жери сугарылган. 452 334 $м^3$ топурак сыртка чыгарылган, каналдын 182 465 $м^2$ нугуна таш төшөлгөн. 54 412 *т/км* жүк ташылган. Көгарт каналы Көгарт суусунан башталат. Курулушу 1940-ж. 15-октябрда башталган. Жалал-Абад обл-нын Караван, Ленин, Сузак р-ндорунун к-зчулары курган. Канал Көгарт суусунун тик (40°) жээги м-н өтүп, анын 3,5 *км*дейи гранит аскалары аркылуу казылган. 1941-ж. январда жер иштери бүткөрүлгөн. Улуу Ата Мек. согуштун башталышы м-н гидротехникалык курулмалардын курулушу токтотулган; 1948-ж. кайра башталып, 50-жылдары бүткөрүлгөн. Отуз-Адыр каналы Куршаб суусунан башталып, Кара-Дөбө тайпак тоосунун талааларына чейин созулат. Уз. 52,4 *км*. 1941-жылдын башында Араван-Буура ирригация башкармасынын катышуусу м-н «Кирводпроиз» долбоорлоо ин-ту изилдөө иштерин жүргүзгөн. Долбоордун авторлору — инженер М. Е. Зенов, башкы инженери А. А. Закутский, курулуш начальниги А. П. Харьков. Курулушу 1941-ж. 1-мартта ашарга чогулган элдин күчү м-н башталган.

АЛДАЯР КЕНИ — Алай р-нундагы таш көмүр чыгуучу жер. Кара-Суу темир жол станциясынан 85 *км* түштүктө, Куршаб суусунун алабында. 1977-ж. кенге алгачкы геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кендин аймагын юра мезгилинин калыңдыгы 420 *м*ге жеткен чөкмө тектери түзөт. Мында көмүрдүн төрт катмары табылган. Экөө ачык карьерден казып алууга жарамдуу. Астыңкы көмүр кат-



А. Алиахунов



Э. Алиев



П. Алимбаев



С. Алимов

марынын калыңдыгы 14 *мге* чейин. Көмүр катмарлары жалпысынан брахиантиклиналды түзүп, анын жантаюу бурчу 15—20°. Түн. ж-а чыгыш канаттарында жер бетине чыгып жатат. Орт. күлдүүлүгү 18%. Күйгөндө 17,48 *МДж/кг* жылуулук берет.

АЛДЫН АЛА БУЙРУТМА (ЗАКАЗ) БОЮНЧА ТЕЙЛӨӨЧУ АЗЫК-ТҮЛҮК ДҮКӨНДӨРҮ. Ош ш-нда 15 дүкөн иштейт, а. и. 5 дүкөнү кебез кездеме өндүрүш бирикмеси, жибек комбинаты, насос з-ду ж. б. ишканалардын эмгекчилерин тейлейт.

АЛИАХУНОВ Абдыкадыр (1902, азыркы Кара-Суу р-ну, Дыйкан-Кыштак кыш. — 1972, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1952). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө активдүү катышкан. 1922—29-ж. парт., сов. ж-а чарбалык уюмдарда жооптуу кызматтарда иштеген. 1949-ж. Кара-Суу р-нундагы «Кызыл-Шарк» к-зуна (азыр Таширов атн. к-з) мүчө болуп кирип, 1950-жылдан пахтачылык бригадасында звенону жетектеген. Алдыңкы тажрыйба, илимдин жетишкендиктерин ж-а техникаларды колдонуу м-н ал башкарган звено 6 *га* аянттын ар гектарынан 72,85 *цден* пахта жыйнап алган. Ленин ордени м-н сыйланган.

АЛИЕВ Эргеш (1905-ж. т., азыркы Ленин р-ну, Сакалды кыш.) — Совет бийлигин чыңдоого активдүү катышкандардан, милициянын генерал-майору. 1931-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-ж. өзыктыяры м-н Кыргыз атчандар дивизионунда кызмат өтөгөн. 1930-ж. «Рабочий» к-зунун (Базар-Коргон р-ну) председатели. 1930—33-ж. басмачыларга каршы күрөшүү б-ча отрядында отделение командири, андан кийин отрядын командири болуп дайындалган ж-а ошол эле мезгилде Базар-Коргон р-ндук милициясынын начальниги-нин милдетин кошо аткарган. Кийинки жылдары Кыргыз ССРинин ар кайсы р-ндук ж-а шаардык ички иштер бөлүмдөрүнүн начальниги, 1943-жылдан Жалал-Абад обл. милиция башкармасынын начальниги. 1948-ж. СССР ички иштер мин-восунун жог. мектебин бүтүргөн. Милициянын Ош облынын ички иштер башкармасынын начальнигинин орун басары болуп иштеген. 1968-жылдан отставкада. Ош ш-нда жашайт. Ленин ордени, Кызыл Туу, 3 Кызыл Жылдыз, 2 «Ардак белгиси» ордендери м-н сыйланган.

АЛИЕВ Юсуп Али Мухамед (1898, Ош ш. — 1970, Өзбек ССРи, Фергана ш.)— кыргыз, өзбек, кедейлеринин арасында рев-ячыл кыймылды уюштуруучулардан, Ош ш-нда Совет бийлигин орнотууга катышкандардын бири. 1919-жылдан Коммунисттик партиянын мүчөсү. 1916-ж. аскер-оорук иштерине айдалган; анда «оорукчулардын» согушка каршы кыймылына катышкан. 1917-ж. Ош ш-на кайтып келген. Мусулман жумушчу ж-а чайрикер депутаттарынын Оштогу советин уюштуруучулардан ж-а уезддик уюмдар м-н өз. ж. ишканаларында жумушчулардын көзөмөлдөөсүн киргизүү кыймылынын демилгечиси болгон. Ош Советин большевиктештирүүгө катышкан. 1917-ж. декабрдан шаардык-уезддик Советте, 1918-ж. июндан анын аткомунда иштеген. 1919-ж. июлда уезддик рев-ячыл к-ттин улут бөлүмүнө башчы болуп дайындалган. 1920-ж. февралда уезддик жумушчу-дыйкан инспекциясынын мүчөсү. Гражд. согуш аяктагандан кийин сов. органдарда жооптуу кызматтарда иштеген.

АЛИМБАЕВ Пахриддин (1892, азыркы Ноокат р-ну, Караван кыш. — 1983, ошол эле жерде) — тамекичи, Соц. Эмг. Баатыры (1950). Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Эмгек жолун 1931-ж. к-здо катардагы колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1946-ж. Ноокат р-нундагы «Кызыл-Кыя» с-зунун тамекичилик бригадасында, кийин звено башчысы болуп иштеген. 1949-ж. анын звеносу 3,4 *га* аянттын ар гектарынан 18,8 *цден* тамеки жалбырагын жыйнап алган. 1951—55-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АЛИМОВ Сали (1900-ж. т., азыркы Сузак р-ну, Жар-Кыштак кыш.) — к-з өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957), Кыргыз ССРинин дыйканчылыгына эмгек сиңирген устат (1945). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1930-ж. катардагы колхозчудан баштап, андан кийин звеньевой болуп иштеген, 1945-жылдан Сузак р-ндагы С. М. Киров атн. к-здун председатели. 1955-ж. ал жетектеген к-з 935 *га* аянттын ар гектарынан 30,97 *цден* пахта жыйнап алган; мал чарба азык-түлүгүн мамлекетке сатуу планын ашыгы м-н аткарган. Эки Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган. 1950—54-ж. СССР Жог. Советинин, 1938—50-ж. ж-а 1955—58-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

АЛМА — кыштак, Ленин р-нундагы Шайдан айыл советинин борбору. Бул айыл советине Бирдик, Жаңы-Арык, Эски-Массы, Жон-Арык, Көк-Айдар, Тоскоол кыш. да карайт. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 6 *км* түн. тарапта, Тентек-Сай темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 29 *км*. Калкы 1030 (1986). Нег. чарбасы — дыйканчылык (тамеки, пахта). Орто мектеп, сегиз жылдык жардамчы мектеп, бала бакча, китепкана, амбулатория ж. б. бар.

АЛМА-БУЛАК КЕНИ—Чаткал р-нундагы молибден ж-а сурьма рудасы чыккан жер. Терек-Сай кыш-нан түш.-чыгыш тарапта, Чаткал кырка тоосунун түш. капталында. Кен 1950-ж. табылып, геологиялык маалымат берилген. Кен аймагын палеозойдун баштапкы шында пайда болгон слюда-кварцтуу сланец ж-а аны жиреп чыккан аплит түсполдуу плагиогранит тектери түзөт. Булар тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Кен негизинен терең жаракалардын кесилишкен жеринде жайгашкан. Жараканы бойлой гидротермдин таасиринен өзгөрүп, кварцташкан, пириттешкен, чанда серпентиндешкен тилкелер жатат. Жаракалардын кесилишиндеги молибден рудада тарамдарынын калыңдыгы 0,6—0,8 *м*, уз. 15 *мге* чейин. Негизги минералдары: молибденит, антимонит, галенит, сфалерит, арсенопирит ж. б.

АЛМАЛЫК КЕНИ — күрөң көмүр чыккан жер. Кызыл-Кыя ш-нан 50 *км* түн.-чыгышта. Алай кырка тоосунун түн. капталында. 1908-ж. алгачкы геологиялык маалымат берилген. Кен аймагында юра мезгилинин көмүрлүү чөкмө тектери жатат. Тоо тек катмарынын калыңдыгы 250 *мге* чейин. Алар бүктөлүүлөргө дуушарланып, түн. канаты тайпак, түштүгү тик жантайган асимметриялык синклиналды түзөт. Көмүр чопо, кумдук, алевролит тектеринин арасында жайгашкан. Калыңдыгы 2—43 *м*, татаал түзүлүштө. Көмүрдүн өңү кара күрөң, гумустуу, күлдүүлүгү 15%. Күйгөндө 17,18 *МДж/кг* жылуулук берет. Жалпы запасы 24 млн *т*, 1962-жылдан карьерден казып алынат.

АЛТЫН-БЕШИК ТООСУ — Түркстан тоосунун түн. тармагы. Сары-Күнгөй ж-а Лейли-Мазар сууларынын (Кожо-Бакырган-Сайдын сол куймалары) аралыгында батыштан түн.-чыгышка 28—30 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 6—7 *км*. Орт. бийикт. 3800—4000 *м*, эң бийик жери 5016 *м*. Жону кырдуу, аскалуу; мөңгүлөрү бар. Капталдары тик, кыска ж-а терең капчыгайлары көп. Карбондун кызыл түстүү конгломерат, кумдук, алевролит, акиташ ж-а порфирит тектеринен турат. Тоого шалбаалуу талаа ж-а арча токою (2800—3000 *м* бийиктикке чейин), сейрек бетегелүү альп талаасы (3200—3300 *мге* чейин), тоо тундралуу талаа (3500—3600 *мге* чейин) ж-а көп жылдык кар, мөңгүлүү алкактар мүнөздүү. Жайыт.

АЛТЫН-ДАРА — Алай р-нундагы суу, Кызыл-Суунун оң куймасы. Уз. 40 *км*, алабынын аянты 480 $км^2$, д. ден. орт. бийикт. 3600 *м*. Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүдөн башталып, кууш капчыгай аркылуу өрөөнгө агып чыгат. Жылдык орт. чыгымы 4,7 $м^3/сек$. эң көбү июнь — июлда, эң азы февралда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Көк-Жар, Жаңы-Шаар ж. б. кыш. жайгашкан.

АЛТЫН-КАЗЫК ТООСУ — Алай кырка тоосунун (Кичи-Алай) түн. тармагы. Тоо кеңдик багытында Косчан, Кырк-


М. Амадалиев


Б. Амиракулов


А. Анаров


Алля Анаров

Кечүү сууларынын аралыгында 30—32 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 4—5 *км*. Орт. бийикт. 2800—3300 *м*, эң бийик жери 4064 *м*. Кыры аска-зоокалуу, мөңгү жокко эсе. Тоо капталдары өтө кыска, суу өрөөндөрүнө тик түшөт. Кууш капчыгайлар да кездешет. Орографиясы б-ча эки бөлүктөн турат; батышы Алтын-Казык, чыгышы Гупукан деп аталат. Силурдун чополуу ж-а көмүрлүү сланец, кумдук, алевролит текторинен турат. Талаа (1900—2000 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа (2700—2900 *м*ге чейин), субальп ж-а альп шалбаасы, сейрек бетегелүү талаа (3100—3200 *м*ге чейин), нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт.

«АЛТЫН-КЫЯ» — Ош педагогика институнун спорттук ден-соолук чыңдоо лагери (Базар-Коргон р-ну, Кызыл-Үңкүр капчыгайы). 1962-ж. «Эдельвейс» деген ат м-н түзүлгөн. 2,5 *га* аянтты ээлейт. Жылына 3 жолу 100дөн адам 12 күндөн эс алып, ден соолугун чыңдашат. Лагердин 3 чоң имараты, чатырлары, жабык спорт павильону (8×12 *м* өлчөмүндө), баскетбол ж-а волейбол аянтчалары, 400 *м* аралыкка чуркоо жолу, сууда сүзүү бассейни бар.

АЛЫКУЛОВ Барпы — кыргыз совет эл ырчысы, кыргыз оозеки поэзиясынын классиги, к. *Барпы* Алыкулов.

АМАДАЛИЕВ Мааткалык (1926-ж. т., Ленин р-ну, Сакалды кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1972). Кыргыз ССР а. ч-нын отличниги (1972). 1964-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1940-ж. Ленин р-нундагы М. И. Калинин атн. к-здо колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1942-жылдан ошол эле к-здо эсепчи, 1951-жылдан пахтачылык бригадасынын бригадири. Ал жетектеген бригада 1971-ж. 121 *га* аянттын ар гектарынан 40 ц-ден, 1972-ж. 119 *га* аянттын ар гектарынан 46,5 ц-ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АМИРАКУЛОВ Беделбай (1940, Совет р-ну, Ак-Кыя кыш. — 1976, о. эле жерде) — жөө күлүк. 1958-ж. орто мектепти бүтүргөн. Жалал-Абад педагогика окуу жайын аяктагандан (1964) кийин мектептерде, Жалал-Абад педагогика окуу жайында машыктыруучу болуп иштеген. 1971-ж. Фергана ш-нда өткөн мелдеште алыс аралыкка (30 *км*) чуркоо б-ча мастерликке кандидаттын нормасын толтурган. О. эле жылы Фрунзе ш-нда өткөн жарышта марафондук аралыкты (уз. 42 *км* 195 *м*) 2 саат 19 минута 23 секундада чуркап өтүп, СССР спортунун мастерлигинин нормасын толтурган; Кыргызстандын жаңы рекордун белгилеген. 1971—74-ж. «Труд» газетасынын байгеси үчүн Москва ш-нда өткөн эл аралык мелдешке, «Правда» газетасынын байгеси үчүн кросс б-ча Бүткүл союздук мелдешке, марафондук аралыкка чуркоо б-ча СССРдин чемпионатына, СССР элдеринин 5-спартакиадасына катышкан. 1971-ж. марафондук аралыкка чуркоо б-ча СССРдеги мыкты 10 жөө күлүктүн катарына кирген.

АНАРОВ Айтбай (1904-ж. т., азыркы Араван р-ну, Ачы кыш.) — к-з өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1930-ж. к-зго мүчө болуп кирген. 1936-ж. чейин «Ачы», «Комсомол» к-здорунун председателинин орун басары, 1936-жылдан Араван р-ндагы «Коммунизм» к-зунун председатели. Ал жетектеген к-з алдыңкы чарбага айланып, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү артып, малдын саны көбөйүп, кунардуулугу жогорулаган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

АНАРОВ Алля (1907, азыркы Араван р-ну, Ачы кыш. — 1979, ошол эле жерде) — а. ч. өндүрүшүнүн новатору, пахтачы, эки жолку Соц. Эмг. Баатыры (1948, 1951). Кыргыз ССРинин дыйканчылыгына эмгек сиңирген устат (1945). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Коллективдештирүү мезгилинде к-зго алгачкылардан болуп кирген. 1936—51-ж. Араван р-ндагы «Коммунизм» к-зунда ал башкарган звено пахтадан жог. түшүм алууга жетишкен. 1951—62-ж. ошол жерде талаачылык, 1962—67-ж. «Пахтачы» с-зунда пахтачылык бригадасын жетектеп, дың жерлерди өздөштүрүүнүн демилгечиси болгон. 1958—62-ж. СССР Жог. Советинин, 1951—59-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Беш Ленин ордени, Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Мурдагы Араван айыл советине анын ысмы берилген, Ошто бир көчө анын атында, Араван кыш-нда бюсту коюлган.

АНАРОВ А. БЮСТУ. 1957-ж. Араван р-ндагы Араван кыш-нда, «Коммунизм» к-зунун башкармасынын имаратынын алдына эки жолку Соц. Эмг. Баатыры, ушул к-здо звеньевой болуп иштеген А. Анаровдун урматына орнотулган. Бюст колодон куюлган. Бийикт. 3 *м* гранит постаментке орнотулган. Постаменттин мандайкы бетине СССР Жог. Советинин Президиумунун 1951-жылдагы указынын тексти жазылган коло такта кадалган. Бул Ош облндагы эмгек каармандарына арналган эстеликтердин алгачкысы. 1982-жылдан мамл. коргоого алынган. Скульп. — К. Г. Кошкин.

АНГРЕН-КӨЛ КЕНИ — Ала-Бука р-ндагы коргошун рудасы жаткан жер. Курама кырка тоосунун түн.-чыгыш капталында. 1946-ж. табылган. Кен аймагын амфибол-биотиттүү гранит-диорит интрузиясы ж-а таш көмүр мезгилинин жанар тоо чөкмө, мезозойкайнозойдун чөкмө тектери түзөт. Бул тектерди эки чоң тектоникалык жарака (Ангрен-Көл ж-а Арашан) кесип өтөт. Жаракалар түн.-батышка карай ондогон *км*ге созулат. Ал гранит-диориттерде гидротермден өзгөргөн, туурасы 50—200 *м*ге чейинки брекчия зонасын пайда кылган. Руда тулкулары тарам ж-а уя түрүндө брекчия зонасында жатат. Негизги минералы — галенит, чанда сфалерит, пирит, халькопирит кезигет. Алар руда тилкесине бир калыпта тараган эмес. Кен үч руда тилкесине (астыңкы, ортоңку, үстүңкү) бөлүнөт. Астыңкы тилке Ангрен-Көл сайынын оозунан башталып 500 *м*ге, ортоңкусу 540 *м*ге, үстүңкүсү 1000 *м*ге чейин созулуп, калыңдыгы 3—6 *м*. Тилкелери фельзит дайкалары м-н кошулат.


Э. Андабеков

АНДАБЕКОВ Эрназар (1905, азыркы Жаңы-Жол р-ну, Кыр-Кечүү кыш. — 1957, ошол эле жерде)— малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1937-ж. Жаңы-Жол р-ндагы «Партизан» к-зуна кирип, жылкычы болуп иштеген. Ал мезгилде к-здун 27 гана жылкысы болгон. 1949-ж. ал жылкылардын санын 1200гө жеткирген. 1946-ж. 50 бээден 50 кулун, 1947-ж. 56 бээден 56 кулун алып, чыгашасыз асыраган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган. Караван кыш-нда бир көчө анын ысмы м-н аталат.

АНДАРАК — кыштак, Лейлек р-ндагы Сумбула айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Суу, Көк-Таш, Жеңиш, Коммуна, Искра, Алга. Суу-Башы кыш. да карайт. Райондун борбору Исфана кыш-нан 12 *км* түш.-батыш тарапта, Пролетарск темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 56 *км*. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 3200 (1986). Нег. чарбасы — мал чарбачылык ж-а дыйканчылык (дан ж-а тоют өсүмдүктөрү). Орто мектеп, бала бакча, оорукана, поликлиника, аптека, клуб, китепкана ж. б. бар.

АНДЫГЕН — Баткен р-ндагы суу, Исфара суусунун сол куймасы. Уз. 41 *км*, алабынын аянты 193 $км^2$. Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы Андыген ашуусунан башталат. 64 майда куймасы бар, эң ириси — Жилкан. Май айында кире баштап, октябрда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 1,08 $м^3/сек$. Жээгинде Говсувар кыш. жайгашкан.

АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮ — Фергана өрөөнүндө кыргыз, өзбек калкынын падышалыктын Орто Азиядагы колонизатордук саясатына ж-а феодалдык эзүүсүнө каршы кыймылы (1898). Көтөрүлүштүн чыгышына орус падышалыгынын ж-а жерг. феодалдардын эзүүсүнүн күчөшү, өкмөт салыгынын оордугу, кыргыз-өзбек дыйкандарынын ку-



А. Г. Аношин

нардуу жерлерин тартып алышы ж. б. себеп болгон. Миссионерлер болсо жерг. элдерди христиан динин кабыл алдыруурга далалатганган. Көпчүлүк эл булардын баарына каршылык көрсөтө баштайт. Элдин нааразылыгын кээ бир атактуу феодалдар, мусулман динчилери дин үчүн согуш ачууга пайдаланып, Анжиян, Ош, Маргалан шаарларында көтөрүлүш чыгарып, Наманганды басып алып, Кокон ханды-гын кайра калыбына келтирүүнү көздөшкөн. А. к-нүн жетекчиси Мадали («Ийикчи») эшен падышалыктын колониячыл саясатына нааразы болгон букаралардын бир тобун артынан ээрчитүүгө жетишкен. 17-май күнү кечинде Миң-Дөбө кыштагына кыргыз, өзбек ж-а кыпчактан 1500—2000 чамалуу адам чогулуп, алар Мадалинин жетекчилиги м-н 2 ротадан турган падыша гарнизонуна кол салат. Падыша аскерлери бир аз гана жоготууга учурап (22 киши өлүп, 24 киши жарадар болгон), көтөрүлүш ырайымсыздык м-н басылган. Көтөрүлүшчүлөрдөн 362 киши соттолуп, а. и. Мадали баш болгон 18 киши дарга асылган. Миң-Төбө болушуна караштуу Кашкар, Тажик, Кутчу кыштактарынын калкы башка жактарга айдалып жиберилген. Анжиян көтөрүлүшү начар даярдалган, көтөрүлүштү жетектеген феодалдар м-н дин кызматкерлери көтөрүлүшкө чыккан негизги массанын антиколониялык маанайда болгондугуна карабастан, элдик кыймылды өз кызыкчылыктары үчүн пайдалануурга умтулушкан. А. к-нүн ырайымсыз басылышы Кырг-ндын түштүгүндөгү ж-а Орто Азиядагы улуттук-боштондук күрөшүнүн күчөшүнө түрткү берген.

АНЖИЯН УЕЗДИ — 1876—1924-ж. Түркстан генерал-губернаторлугунун Фергана обл-ндагы админ.-аймактык бирдик.

АНОШИН Александр Григорьевич (1878, Нижний Новгород губерниясы, Любянцы кыш. —1958, Куйбышев ш.)— Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштүн катышуучусу, Ош ш-ндагы большевиктер тобун уюштыруучу ж-а биринчи председатели. 1917-жылдан Компартия мүчөсү. Уфа ж-а Омск ш-нда 1905—07-ж-дагы революцияга активдүү катышкан, падыша өкмөтүнүн куугунтугунан качып, 1908-ж. Орто Азияга келген. Самаркан ж-а Анжиян ш-нда кондитер болуп иштеген. 1912-ж. армияга чакырылып, империалисттик согуш жылдарында солдаттардын согушка каршы кыймылына катышкан. 1916-жылдан Ош ш-нда жашаган. 1917-ж. Скобелев (азыркы Фергана) ш-ндагы социал-демократиялык уюмга караган РСДРПнын Оштогу бириккен тобуна кирип, анын жетекчилеринин бири болгон. 1918-ж. июнда Ош уездик советинин аткомунун председателдигине шайланган, о. эле уездин аскер комиссары болгон. 1919-ж. февралдан Фергана ш-ндагы сов. мекемелерде жетекчилик кызматта, 1921-жылдан Самара губерниялык аткомунда ж-а кооперация бюросунда ар кандай кызматта иштеген.

АҢЧЫЛАР ЖАНА БАЛЫКЧЫЛАР КООМУ, Ош обл. А. ж. б. к. (башкармасы: Ош ш., Голубев көчөсү, 40) — массалык ыктыярдуу уюм; аңчы-спортсмендерди ж-а ышкыбоз балыкчыларды бириктирет. 1959-ж. уюшулган. 1200 кишиден турат. Кыргыз ССР аңчылар ж-а балыкчылар коомдорунун союзуна карайт. Мамл. аңчылык фондусун ж-а балык запастарын рационалдуу пайдалануу, аң терилерин, балык ж. б. продукцияларды даярдоо планын аткаруу, аңчылыкта ж-а балык кармоодо ээн баштыкка жол бербөө б-ча респ. өкмөттүн иш чараларын аткарууга көмөктөшөт; коомдун мүчөлөрү даярдаган продукциянын эсебин алат, калты коомдун мүчөлүгүнө тартуу, аңчылык ж-а балык кармоо спортуна кызыккандарды даярдоо ж-а окутуу б-ча иш жүргүзөт. Табиятты коргоо, бута атуу, аңчы иттерди асыроо ж. б. секциялары иштейт. 27 баштапкы коомду (4600 киши) бириктирет. 1985-ж. 25 ц илбээсин эти даярдалган. Айбанаттар м-н куштар үчүн аңчылык чарбактарына 12 *т* эгиндин чары, 34 *т* чөп, 184 туз салынуучу аштоо коюлган.

АПТЕКАЛАР. Азыркы Ош обл-нын аймагында биринчи аптека 19-к-дын аягында Ош ш-нда ачылган. Ал көбүнчө калктын оокаттуу бөлүгүн ж-а аскер гарнизонундагыларды тейлеген. 1986-ж. обл-та 169 аптека иштеген. Ар бир р-ндо (көбүнчө р-ндук борборлордо) борб. А., айыл советтеринде орто эсеп м-н 6—8 аптека болгон.

Ош ш-нда чарбалык эсептеги 16, Көк-Жаңгак ш-нда 3, Жалал-Абад ш-нда 5, Таш-Көмүр ш-нда 3, Сүлүктү ш-нда 2, Кызыл-Кыя ш-нда 7 аптека иштейт (к. р-ндор м-н ш-дын мед.-санитариялык мекемелери ж-дөгү макалаларды). Мындан тышкары алдын ала дарылоо мекемелеринде 24 аптека, а. и. Ош ш-нда 3 (обл. тери-венера оорулар диспансеринде, обл. төрөт үйүндө, обл. учук оорулар диспансеринде), Жалал-Абад ш-нда 2 (учук оорулар диспансеринде, төрөт үйүндө), Таш-Көмүр ш-нда (шаардык ооруканада), Кызыл-Кыя ш-нда (балдар ооруканасында), Көк-Жаңгак ш-нда (шаардык ооруканада), Калинин атн. к-здо (обл. онкологиялык диспансерде), Кочкор-Ата ш. т. п-нда (мед.-санитариялык бөлүктө), Хайдаркен ш. т. п-нда (мед.-санитариялык бөлүктө), 10 р-ндук борб. ооруканалар-да (Алай, Базар-Коргон, Баткен, Жаңы-Жол, Лейлек, Кара-Суу, Ноокат, Совет, Сузак, Ленин), 2 айылдык ооруканада (Жаңы-Жол р-нундагы Кызыл-Жар



Хайдаркен ш. т. п-ндагы аптека.

кыш., Фрунзе р-нундагы Фрунзе кыш.) болгон. Областтык аптека тармагында 1518 киши, а. и. 214 дарыгер (провизор), 454 фармацевт иштейт (1986).

АРАВАН — Араван р-нундагы Алла Анаров айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Ачы, Майдан-Тал, Миң-Дөбө, Жаңы-Араван, Каррак, Кара-Булак, Күндөлүк, Октябрь, Сары-Булак, Сасык-Үңкүр, Суткор, Эрке-Кашка кыш. да карайт. Ош ш-нан 27 *км* батыш тарапта, Араван-Сай суусунун боюнда жайгашкан. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 16 368 (1986). Нег. чарбасы — тамеки, пахта өстүрүү, мал чарбачылык. Пахта тазалоочу з-д, нан комбинаты, 5 орто мектеп, 9 бала бакча, оорукана, поликлиника, 4 фельдшер-акушердик пункт, санитария-эпидемиологиялык станция, 3 маданият үйү, кинотеатр, 12 китепкана, аскер даңк музейи ж. б. бар.

АРАВАН АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР Араван кыш-нын четинде, Араван суусунун оң өйүзүндөгү асканын боорына тартылган. Анда 2 жылкынын турпаты чагылдырылган; А. Н. Бернштам аларды даңазалуу даван аргымактарына окшоштурат. Текелердин, адамдардын сүрөттөрү бул жылкылардан көп убакыт мурда тартылган деп болжолдонот.

АРАВАН КЫШТАГЫНДАГЫ ЖЕҢИШ МЕМОРИАЛ КОМПЛЕКСИ Улуу Ата Мек. согуштун жеңишинин 40 жылдыгына карата ачылган. Бийикт. 2 *м* стилобатта Улуу Ата Мек. согушта курман болгон айылдаштардын аты чегилген түркүк, Т-34 танкы ж-а бийикт. 3 *м* постаментте жоокердин бетондон жасалган статуясы (бийикт. 2 *м*) орнотулган. Эстеликтин стилобаты ж-а постаменти мрамор м-н капталган. Эстеликтин алдындагы аянтка бетон плиткалар төшөлгөн. Комплекстин ортосунда орнотулган Т-34 танкы — СССР аймагындагы тарых эстелиги катары ардактуу сереге коюлган 380 танктын бири.

АРАВАН РАЙОНУ — областтагы админ. аймак. 1935-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Өзбек ССРи, чыгышынан Кара-Суу р-ну, түштүгүнөн Ноокат р-ну м-н чектешет. Аянты 1259 *км*^{2}. Калкы 65 миң (1987). Район 487 кышты бириктирген 6 айыл советке бөлүнөт. Борбору — Араван кыштагы.

Табияты. Фергана өрөөнүнүн тоо таянган түш.-чыгыш бөлүгүн ээлейт. Анын түн. бөлүгү түздүктүү келип, түш-ту карай бийиктеп, адырларга өтөт. Түн. бөлүгү д. ден. 500—700 *м*, түштүгү 700—750 *м* бийиктикте. Райондун аймагы табигый ресурстарга жарды. Курулуш материалдарынан чопо, кум ж. б. бар. Климаты кескин континенттик. Жайы ысык, узак; июлдун орт. темп-расы 28°С. Кышы суугураак; январдын орт. темп-расы —3°С. Жылуу мезгили 236 күн. Жылдык жаан-чачыңы 290—300 *мм*. Райондун аймагындагы ири суу — Араван-Сай сугат үчүн кеңири пайдаланылат; түн. бөлүгүнөн Түш. Фергана каналы өтөт. Ачык боз ж-а боз топурак басымдуу. Жеринин көп бөлүгү айдалат. Түздүктөрдө, айдалбаган жерлерде шы-



ралжын-шыбак, адырларда чий, шыбак өсөт. Сойлоп жүрүүчүлөр, кемирүүчүлөр, куштардан коңкарга, торгой ж. б. мекендейт.

Калкы көп улуттуу. Өзбектер (58,9%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), кыргыздар (34,1%), орустар (0,7%), жиктер (0,7%), татарлар (0,5%) ж. б. улуттар жашайт. Калк жыш отурукташкан (1 *км*² жерге 100 киши туура келет). Калкы негизинен табигый өсүштүн эсебинен көбөйүүдө (жылдык өсүшү 1,2%).

Чарбасынын негизин ургаалдуу а. ч. өндүрүшү түзөт. 1986-ж. 5 к-з, 5 с-з болгон. Областтагы а. ч. дүң продукциясынын 5,7%и р-нго туура келет (1985). Бул р-ндо негизинен тех. өсүмдүктөр (тамеки, пахта) өстүрүлөт. Дыйканчылыктан түшкөн дүң продукция р-ндун бардык а. ч. продукциясынын 80%тейин түзөт. 1985-ж. ноябрда а. ч-га жарактуу 639 миң *га* жери болгон; а. и. бак-дарак 989 *га*, айдоо 17,7 миң *га*, жайыт 45,3 миң *га*ны ээлейт; калгандары кысыр жерлер ж-а чабынды. 15,1 миң *га* жерге өсүмдүк өстүрүлөт; анын 16,8%ин дан эгиндери, 39,1%ин тоют өсүмдүктөрү, 40,7%ин тех. өсүмдүктөр (тамеки 2 миң *га*, пахта 2,4 миң *га*, картошка 0,4 миң *га*), жашылча 0,7%ин, коондарбыз 0,4%ин ээлейт. Эгилген өсүмдүктөрдүн бардыгы сугарылат. Мөмө-жемиш бактары ж-а жүзүм р-ндун дээрлик бардык чарбаларында тигилген. Жибекчилик өнүгүүдө. 1985-ж. р-ндо 129,6 миң ц эгин, 57 миң ц тамеки, 77,7 миң ц пахта, 0,8 миң ц картошка, 21,1 миң ц жашылча, 6,2 миң ц коондарбыз, 3 миң ц мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган.

Тоюттун жетишсиздигинен мал чарбасы начар раак өнүккөн. Эт-сүт ж-а жүн-эт багытындагы мал чарбасы басымдуу. Малдын нег. бөлүгү жайкысын көшү р-ндордун жайлоолорунда жайлайт. 1986-ж. 26,4 миң бодо мал (а. и. 10,3 миң уй), 64,7 миң кой-эчки (а. и. 62 миң кой), 2 миң жылкы, 18,7 миң үй куштары болгон; 1671 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 7352 *т* сүт, 1,6 миң *т* жүн, 437 миң даана жумуртка даярдалган.

Өнөр жайы начар өнүккөн. Пахта тазалоочу з-ду, нан з-ду, турмуш-тиричилик комбинаты гана бар. Бул ишканалардан 1985-ж. 6988 миң сомдук товардык продукция чыгарылган. Нег. транспорту — автомобиль. Авт. жолдорунун уз. 165 *км*, а. и. 100 *км*и асфальтталган. Райондун аймагынан Ош — Араван — Мархамат (Өзбек ССРи) — Кызыл-Кыя, Ош — Эски-Ноокат авт. жолдору өтөт.

Элге билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу

Араван кыш-ндагы Жеңиш мемориал комплексинен фрагмент.



жылында 32 жалпы билим берүүчү мектепте 17,2 миң окуучу, 1 кесиптик-тех. окуу жайда 623 киши окуган; 26 бала бакчада 1,9 миң бала тарбияланган. 1986-ж. 1-январда 29 китепкана, 20 клуб, 23 киноустановка, р-ндук оорукана ж-а поликлиника, 95 орундуу 2 участкалык оорукана, 3 айылдык амбулатория ж. б. (к. *Араван районунун медициналык-санитариялык мекемелери)* иштеген. 1935-жылдан «Жогорку түшүм үчүн», 1965-жылдан «Достук» деген ат м-н р-ндук газетасы чыгат.

АРАВАН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Араван кыш., К. Маркс көчөсү). 1974-ж. негизделген. 1974-жылдан Аравандагы борборлоштурулган борб. китепкана. Бригадалык абонементтер уюшулган. Филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүүчү пункттары катары р-ндогу 29 китепкананы (орто эсеп м-н ар бир айыл советинде 5—6дан китепкана), а. и. балдар бөлүмүн (Араван кыш., Ленин көчөсү) бириктирет. Балдар бөлүмүнүн китеп фонду 43,5 миң нуска, окурмандары 2,6 миң. Райондогу 5 к-здук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жактан жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 257 миңден ашык китеп бар. 1985-ж. 26,3 миң окурманды тейлеген.

АРАВАН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Араван кыш., Киров көчөсү). 1935-ж. уюшулган. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 370 орундуу.

АРАВАН РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 19 миң *га* жери 5 ири сугат системасы — Араван-Сай (35 канал), Ак-Буура (11), Исфайрам-Сай (1), Төө-Моюн (12) суулары ж-а Фергана каналы, мындан тышкары 5,4 миң *га* жер Найман суу түйүнү аркылуу сугарылат. Чарбалар аралык 2 ири — 4-партсъезд атн. (19-к-дын аягы — 20-к-дын башында курулган; Араван-Сай суусунан башталат; уз. 39,1 *км*, каналдын башында чыгымы 5 $м^3/сек$) ж-а Араван — Ак-Буура (1968-ж. ишке киргизилген; Ак-Буура суусунан башталат; уз. 13,8 *км*, каналдын башында чыгымы 10 $м^3/сек$) каналдары бар. А. р. и. к. р-ндук сугат система башкармасына (Араван кыш.) карайт.

АРАВАН РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 20 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 10 айылдык маданият үйлөрү (Алля Анаров, Чек-Абад, Дөбө-Коргон, К. Маркс атн., Төө-Моюн ж. б. айыл советтеринде), 1 профсоюздук клуб (Төө-Моюн айыл совети), 2 к-здук клуб (22-партсъезд атн., «Коммунизм» к-здорунда), 6 автоклуб иштейт (1986). Өздүк көркөм чыгармачылыгынын 94 ийрими (2171 киши катышкан) уюшулган.

АРАВАН РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Аймакта р-ндук оорукана ж-а поликлиника, 95 орундуу 2 участкалык оорукана (Дөбө-Коргон ж-а Төө-Моюн айыл советтеринде), 3 айылдык амбулатория (А. А. Жданов атн., «Коммунизм», В. И. Ленин атн. к-здордо), к-здук төрөт үйү, 12 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 5 аптека, р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Араван кыш., Совет көчөсү) иштейт. Райондун амбулатория-лык-поликлиникалык мекемелери сменасына 535 киши көрө алат; стационары 465 орундуу, а. и. 60 оруну кош бойлуу аялдар үчүн. Райондо 87 врач, 387 мед. орто билимдүү адис, а. и. р-ндук санитария-эпидемиологиялык станциясында 8 врач, 28 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

АРАВАН РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Райондун калкын 1965-ж. чейин турмуш-тиричилик жактан «Победа» артели, андан кийин р-ндук керек-жарак кооперациялары ж-а Ноокат турмуш-тиричилик комбинатынын филиалы тейлеген. 1965-ж. Араван турмуш-тиричилик комбинаты ачылып, ага кийим тигүү ж-а бут кийим цехтери, фотосүрөт караган. Турмуш-тиричилик комбинаты (администрациясы: Араван кыш., Ленин көчөсү) 74 ишкананы, а. и. 6 ателье ж-а буйрутма (заказ) б-ча кийим тигүү мастерскойлорун, 22 чач тарач, 6 фотосүрөт ж-а үн жазгыч пункттарын, 9 бут кийим мастерскоюн, о. эле 6 комплекстүү кабыл алуу пунктун (Араван, Гүлбахор, Чек-Абад, Дөбө-Коргон кыш., «Жаңы-Жол» к-зу ж-а «Төө-Моюн» с-зу) бириктирет (1986).

АРАВАН-САЙ — Ноокат ж-а Араван р-ндорунун аймагындагы суу, Кара-Дарыянын мурунку куймасы. Башатында Гезарт, ортоңку агымында Чили-Сай ж-а Кыргыз-Ата аталып, Кичи-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы

мөңгүлөрдөн башталат. Кара-Дарыяга жетпей сугат тармактарына таркап кетет. Уз. 102 *км*, алабынын аянты 1360 $м^2$. Ири куймалары: Кыргыз-Ата, Косчан, Агарт, Ак-Дебе ж. б. Жылдык орт. чыгымы 10,4 $м^3/сек$. Эң көп чыгымы июнь — июлда, эң азы март — апрелде байкалат.

АРАВАН ҮҢКҮРҮ, к. *Чил-Устун*.

АРАЛ — кыштак, Ленин р-нундагы Арал айыл советинин борбору. Бул айыл советине Чарбак-Сай, Черёмушки, Интернационал, Рассвет кыш. да карайт. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 10 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 1634 (1985). Нег. чарбасы — дыйканчылык. Орто мектеп, кесиптик-тех, окуу жай, амбулатория, маданият үйү, китепкана бар.

АРАЛ — кыштак, Сузак р-нундагы Кара-Дарыя айыл советинин борбору. Бул айыл советине Төш, Чаңгыр-Таш кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 25 *км* батыш тарапта, Жалал-Абал темир жол станциясынан 15 *км*. Калкы 3249 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Эки орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, маданият үйү, клуб, универмаг бар.

АРБИТРАЖ, Ош обл. А. — мамл., кооперативдик (к-здордон башка) ж. б. коомдук уюмдардын ортосундагы талаш маселелерди чечүү б-ча туруктуу иштеген нег. орган (Ош ш., Свердлов көчөсү, 221). Областтагы ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын укугун ж-а закондуу кызыкчылыгын коргогун ж-а закондуу кызыкчылыгын коргойт. Закондуу, мамл. ж-а келишимдик тартипти сактоого, социалисттик мененчикти коргоого көмөктөшөт. Эл депутаттар советинин обл. аткому дайындайт. 3 арбитр, 1 башчыдан турат.

АРДАГЕРЛЕР СОВЕТИ, Ош обл. А. с. (Ош ш., Алебастр көчөсү, 31) — эмгек ардагерлерин бириктирген ыктыярдуу коомдук уюм. 1974-ж. ардагерлердин обл. слётунда түзүлгөн. Райондук 15, шаардык 7 ардагерлер советине жетекчилик кылат. Жаштарга совет элинин рев-ячыл, аскердик ж-а эмгек салттарынын негизинде коммунисттик тарбия берүү б-ча парт. ж-а комсомол уюмдарына көмөк көрсөтөт.

АРКЫТ — кооз капчыгай; Кара-Суу суусунун куймасы Кожо-Ата суусунун ортоңку агымында (Жаңы-Жол р-ну), райондун борбору Караван кыштагынан 18—20 *км* түндүк-чыгыш тарапта жайгашкан. Чаткал ж-а Узун-Акмат, Бозбу тоолору, түндүгүнөн Сары-Челек көлү м-н чектешет. Уз. 25 *км*, туурасы 12 *км*, д. дең. бийикт. 1200—4247 *м*. Геологиялык түзүлүшү татаал. Үстүңкү бөлүгү юра ж-а девон (карбонаттуу, боз ж-а кызыл түстүү) катмарлары, акиташ, конгломерат, кумдук, алевролит тектеринен, төм. неогендин конгломераттарынан, чоподон, бор мезгилиндеги чөкмө тоо тек катмарлардан түзүлгөн. Июлдун орт. темп-расы 10°Сден (жог. бөлүгү) 20°Сге (төм. бөлүгү) чейин, январдыкы —10°Сден (жог. бөлүгү)—5°Сге (төм. бөлүгү) чейин. Жылдык жаан-чачыны 450 *мм*. Кар калың түшөт; жазында, жайдын башында ж-а күзүндө жамгыр көп жаайт; июнь — августта жаан-чачын аз болот. Бул жерди жаңгак токою ж-а карагайлуу-көк карагайлуу токой ээлейт.

АРКЫТ ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Жаңы-Жол р-ну, Кызыл-Туу кыш.) 1959-ж. түзүлгөн. Ага рельефи коктуколоттуу ж-а жапыз тоолуу, терең өрөөндөр м-н тилмеленген, жалпы аянты 42 033 *га* жердеги токой карайт.

АРСТАНБАП — кыштак, Базар-Коргон р-нундагы Киров айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жарадар, Бел-Терек, Жай-Терек, Гүмкана, Дашман. Гава, Ак-Терек кыш. да карайт. Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. этегинде, д. дең. 1400 *м* бийиктикте, Арстанбап суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 53 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 89 *км*. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 5851 (1986). Нег. чарбасы — токойчулук. Орто мектеп, сегиз жылдык мектеп, фельдшер-акушердик пункт, амбулатория, клуб, китепкана, универмаг ж. б. бар. Кыштакка жакын пионер лагери, «Арстанбап» туристтик базасы, «Арстанбап» пансионаты жайгашкан. Кыштактын жанында 16—18-к-га таандык күмбөз сакталган.

«АРСТАНБАП» («Арслан-Боб») — курорт тибиндеги ден-соолук чыңдоо пансионаты. 1980-ж. негизделген. Жалал-Абад ш-нан 70 *км*, Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталдарында, д. дең. 1400—1500 *м* бийиктикте жайгашкан. Жайы кургакчыл, жылуу (июлдун орт. темп-расы 20,5°С), кышы жылуу (январдын орт. темп-расы —3°Сге чейин), жазы мелүүн. Жылдык орт. жаан-чачыны 1008 *мм*. Кардын орт. калыңдыгы 70—80 *см*. Салыштырмалуу нымдуулугу 40% ж-а андан көбүрөөк. Пансионат жаңгак токоюнун арасында жайгашкан. 500 орундуу; жылына 7500 киши эс алат. 43 киши, а. и. 3 врач, 3 мед. орто билимдүү адис, 1 тиш врач иштейт (1986).

«АРСТАНБАП» — туристтик база (Базар-Коргон р-ну, Арстанбап кыш.). 1974-ж. түзүлгөн. Жалал-Абад ш-нан 90 *км*, Бабаш-Ата тоосунун этегинде, д. дең. 1700 *м* бийиктикте жайгашкан.



«Арстанбап» туристтик базасы.

1-июндан 5-октябрга чейин иштейт. Коттеждери 360 орундуу; 250 орундуу ашканасы бар.

АРСТАНБАП ЖАҢГАК-МӨМӨ ТОКОЮ Жалал-Абад ш-нын түн.-чыгышындагы Фергана кырка тоосунун капталдарын, Тентек-Сай суусунун алабын (11,2 миң *га* аянты) ээлейт. Токой ж-а сейрек токойлор тоонун бардык капталдарында (токойдун 80%и тоонун түн., түн.-чыгыш ж-а түн.-батыш беттеринде, д. дең. 1200—2100 *м* бийиктикте) өсөт. Д. дең. 1400—1800 *м* бийиктикте, кара күрөң борпоң топурактуу тоо беттери токойдун өсүшү үчүн ыңгайлуу. Мында жаңгакка аралаш алча, алмурут, карагат, кайналы, айвансари, изирик ж. б. мөмө-жемиш даректары, о. эле шилби, ит мурун, аса-муса, карамарт, ыргай ж. б. жыш өсөт. Токой арасындагы ачык аянттарды бийик өскөн шалбаа өсүмдүктөрү ээлейт. Суу боюнда терек, тал, чычырканак, балгын ж. б. кезигет. Жаңгак токоюнун жогорку четинде карагай, ак чечек, кайың, шилби, табылгы өсөт.

АРСТАНБАП КҮМБӨЗҮ — 16—19-к-га таандык тарыхый-архитектуралык эстелик. Арстанбап капчыгайында, Арстанбап кыш-нын (Базар-Коргон р-ну) борборунда жайгашкан. Кумпа чатырлуу күмбөз.

АРСТАНБАП ӨРӨӨНҮ — Базар-Коргон р-нундагы табигый аймак. Бабаш-Ата кырка тоосунун түш.-чыгыш этегинен орун алган. Жалал-Абад темир жол станциясынан 60 *км* түн.-батыш тарапта. Д. дең. бийикт. 1400—2000 *м*. Дөбө-дөңсөөлүү, белестүү келип, айрым жерлери түзөң тартып кетет. Өрөөндүн төрү тар капчыгайлуу келип, корум таш ж-а палеозойдун акиташ тектүү массивдеринен турат. Климаты континенттик. Түндүктөн соккон муздак абаны Бабаш-Ата кырка тоосу тосуп тургандыктан кышы анча суук эмес, кар калың түшөт; январдын орт. темп-расы —3°С. Жазы эрте келип, жаан-чачындуу. Жайы салкын, июлдун орт. темпрасы 20°С. Күзү жылуу, көбүнчө күн ачык болуп турат. Жылдык орт. жаан-чачыны 1000 *мм*. Жылдык орт. салыштырмалуу нымдуулугу 54%. Күн тийүү узактыгы жылына 2800 саат. Жер кыртышына чириндилүү каралжын күрөң топурак мүнөздүү. Жаңгак, алча, алмурут, карагат, кайналы, айвансари, алма, шилби, ит мурун, аса-муса, карамарт, ыргай ж. б. өсөт. Токой арасындагы ачык аянттарды бийик өскөн шалбаа ээлейт. Суу бойлорунда тал, терек, чычырканак, балгын ж. б. өсөт. Аюу, доңуз, карышкыр, суусар, кашкулак, элик, тоо эчки, канаттуулардан улар, кекилик, чил ж. б. кездешет. Өрөөндө «Киров» токой чарбасы бар. Таза абасы климаттык терапияга ж-а эмгекчилердин эс алуусуна ыңгайлуу. Арстанбап кыш-нан 8 *км* түш.-батыш тараптагы көлдүн айланасында дары баткак кени бар.

АРСТАНБАП ШАРКЫРАТМАЛАРЫ Бабаш-Ата кырка тоосундагы Арстанбап (Кара-Үңкүрдүн оң куймасы) суусунда. Арстанбап кыш-на жакын, тоонун этек жагындагы тик аскадан куюлуп түшөт. Мында эки (Чоң ж-а Кичи Арстанбап) шаркыратма бар. Үч баскычтан турган Чоң шаркыратманын жалпы бийикт. 200 *м*дей. Суу аскада эки жак бети жалама зоолуу куушканьонду пайда кылат. Кооздугу жагынан Кичи шаркыратма айрыкча көңүлдү бурат; анын бийикт. 20 *м*дей. Чачыраган майда суу тамчылары күн нуруна чагылышып, көк желе пайда кылат. Аскалардын бети жашыл эңилчектер м-н капталган. Ал шаркыратма айланасындагы табигый кооздуктун

(мөмө-жемиш токою ж. б.) көркүнө көрк кошуп турат. Мурунку убакта шаркыратмалар, айрыкча кичинеси динчилердин зыярат кылган ыйык жери болсо, азыр туристтердин, эс алуучулардын сүйгөн жайына айланган.

АРХИВДЕР — Ош обл-ндагы калктын жеке иштери б-ча ведомстволор аралык бириккен А-и. Областтын бардык р-ндору м-н ш-нда (бардыгы 22) документтерди сактоо, аларды сактоону борборлоштуруу, учётко алуу ж-а пайдалануу максатында 1977-ж. түзүлгөн. Фонддорунда 1931—80-ж-дын документтери б-ча 220 394 иш сакталат. Ош ш а а р-дык архиви: Интернациональный көчөсү, 112.

АРХИТЕКТОРЛОР СОЮЗУ, Кыргызстан А. с-нун Ош обл. бөлүмү (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 2). 1975-ж. уюшулган. Архитекторлордун кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүгө шарт түзөт; мамл. ж-а коомдук уюмдарга обл-тын шаарлары м-н кыштактарын долбоорлоо ж-а курууга көмөктөшөт. Көргөзмөлөр, конкурстар, монументтерди пропагандалоо, шаар куруу, коомдук имараттар ж-а курулмалар, кыштактардын архитектурасы, турак жай ж-а ө. ж. ишканалар архитектурасы, жаш архитекторлор м-н иштөө, аскердик-шефтик иштер б-ча комиссиялары иштейт. 1985-ж. А. с-нун 14 мүчөсү (М. Ш. Асылбеков, М. М. Ахметов, В. П. Баландин, И. Исмаидинов, Р. Мамкин, К. Назаров, В. А. Петренко, Д. М. Секалиев, Т. Сулайманов, М. А. Төлөнбаев, Л. А. Цеалкосова, Р. К. Цой, Ж. Шерматов, Т. Шерматов) болгон. Башкармасынын председателдери: А. Мокенов (1975—77), Б. Умамбеков (1977—83), В. П. Баландин (1984—86), К. Назаров (1986-ж. июлдан).

АРХИТЕКТОРЛОР ҮЙҮ — обл-тагы архитекторлордун чыгармачылык клубу (Ош ш., Кыргызстан көчөсү) 1983-ж. түзүлгөн. Кыргызстан архитекторлор союзунун Ош бөлүмүнүн башкармасы жетектейт. Көргөзмөлөрдү уюштурат, долбоорлорду талкуулайт, архитекторлор м-н чыгармачыл жолугушууларды өткөрөт, сов. архитектуранын жетишкендиктери ж. б. ж-дө лекциялар окулат. Чыгармачылык секция, китепкана иштейт.

АРЧА-БАШЫ МӨҢГҮСҮ Алай кырка тоосунун түн. капталында, Кожо-Ашкан суусунун алабын ээлейт. Уз. 12,3 *км*, аянты 25,4 *км*^{2}; мөңгү этегинин 5,2 *км*^{2}и морена катмарлары м-н капталган. Мөңгүнүн эң чокусу д. ден. 4900 *м*, мөңгүнүн этеги 3100 *м* бийиктикте жатат; кар тилкеси 3900 *м* бийиктиктен башталат. Мөңгүлөр өзүнчө турган 4 камерадан кошулуп жалгыз нег. мөңгүнүн өзөгүн түзөт. Таалаал өрөөн тибиндеги мөңгүгө кирет. Мөңгүнүн этегинен Арча-Башы суусу башталып, Сох суусунун оң куймасы Кожо-Ашкан суусуна куят.

АРЧА-КОНУШ МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосуна Коллектор кырка тоосу тутумдашкан жердеги татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 61 *км*, аянты 5,4 *км*^{2}, көлөмү 0,4 *км*^{3}. Исфайрам-Сай суусунун алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы д. ден. 4900 *м*, этеги 4000 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4500 *м*. Мөңгү тартылууда. Мөңгүдөн Сүрмө-Таш суусунун (Исфайрам-Сайдын сол курамы) жог. агымы — Арча-Конуш башталат.

АРЧА-СУУ КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы молибден ж-а сурьма рудалары чыккан жер. Ала-Бука кыш-нан чыгыш тарапта, Касан дөңсөөсүнүн кырында. 1950-ж. табылган. Аймагында мрамор-лошкон акиташ теги, карбонаттуу кумдук ж-а соңку протерозойдун кварц слюдалуу сланецтери таралган. Алар майда тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген брахиантиклиналдык бүктөлүү м-н байланыштуу болуп, акиташ теги ж-а сланецтин кошулган чегиндеги кварцтуу тилкеде жайгашкан. Рудалуу тилкенин калыңдыгы 10—15 *м*, уз. 70—80 *м*. Рудада 50дөн ашык минерал бар. Негизгилери: молибденит, антимонит, пирит, сфалерит, коргошундун сульфантимонити, өңү өчкөн руда, арсенопирит, вульфенит ж. б.

АСАНОВ Жамантай (1918-ж. т., азыркы Өзгөн р-ну, Кыш-Булак кыш.)— дыйкан, Соц, Эмг. Баатыры (1949). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1936-жылдан Өзгөн р-нундагы «Эркин-Тоо» к-зунда колхозчу, 1945—53-ж. талаачылык бригадасында звено башчы. Ал жетектеген звено дан эгиндерин өстүрүүдө мыкты ийгиликтерге жетишип, 1948-ж. 30,3 *га* буудай аянтынын ар гектарынан 23,1 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. 1976-жылдан союздук маанидеги персоналдык пенсияда.

АСАН-ҮСӨН (КАРА-СУУ) МӨҢГҮСҮ — Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 7 *км*, аянты 6,5 *км*^{2}. Каравшин суусунун (Исфара суусунун куймасы) алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы д. ден. 4800 *м*, этеги 3040 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3800 *м*, абляция обл-нын аянты 5 *км*^{2}, анын 3,9 *км*^{2}и морена м-н капталган. Мөңгүдөн башталган Кара-Суу Ак-Суугa кошулуп, Каравшин суусун (Исфаранын оң курамы) түзөт.


Ж. Асанов


Т. Атабаев


Ө. Атабекова

АСКЕРДИК АЗЫК-ТҮЛҮК ОТРЯДЫ, 21-кошмо Ош А. а.-т. о. 1920-ж. мартта Ош уездинде азык-түлүк чачымын жыйноо үчүн Ош ш. ж-а Кара-Суу, Өзгөн, Куршаб кыш-нда профсоюздардын мүчөлөрүнөн түзүлгөн. 120 адамдан турган. Отряддын агитаторлор тобу, калкты тейлөөчү 2 темир устаканасы, өтүк оңдоочу 1 керканасы болгон. 1920-ж. күзүндө отряддын 1-тобу Ош, 2-тобу Куршаб, 3-тобу Өзгөн р-ндорунда иштеген. Отряддын 5 окуучуйу болгон; дыйкандар арасында 23 митинг ж-а 10 аңгемелешүү өткөргөн; 30 кедейлер комитети ж-а бир катар рев-ячыл к-ттерди уюштурган. 1921-ж. январга чейин азык-түлүк чачымы үчүн 160 миңден ашык пуд эгин ж-а 4617 мал жыйналган. 1921-ж. май айында жүк жүктөлгөн 100 араба ж-а жүк артылган 50дөй унаа Өзгөндөн Ошко жөнөтүлгөн. Кара-Дөбөдө (азыркы «Отуз-Адыр» с-зу) ага басмачылар кол салып, калктын байлыгын коргоодо 70тей адам курман болгон. Алардын сөөгү Ош ш-нын борб. гүл бакчасына коюлган. Отряд 1922-ж. таркатылган.

АСФАЛЬТ-БЕТОН ЗАВОДУ, «Түштүктранспортжолкурулуш» трестинин Ош-тогу А.-б.-з. (администрациясы: Ош ш., Анжиян жолу, 4-*км*) Кыргыз ССР авт. транспорт ж-а шоссе жолдор мин-восуна карайт. 1962-ж. машина-жол станциясынын базасында түзүлгөн. Нег. продукциялары (1986-ж. 1-январь): 6 түрдүү асфальт-бетон аралашмалары (жылына 416 миң *т*), ар түрдүү темир-бетон жасалмалары (10 миң *м*^{3}). Мындан тышкары товардык бетон ж-а арматура, жыгач усталык жасалмалар даярдалат. Жылына орто эсеп м-н 3,77 млн сомдук товардык продукция чыгарат. Заводдун 10 өндүрүш участкасы (Ош, Ак-Терек, Жалал-Абад, Караван, Кашкар-Кыштак, Кызыл-Кыя, Ленин, Өзгөн, Шамалды-Сай) бар. Заводдогу 13 бригадада 161 киши, а. и. 42 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт. 1970-жылдан өндүрүштүн 14 алдыңкысы ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

АТАБАЕВ Токтобай (1933-ж. т., Өзгөн р-ну, Ак-Жар кыш.) — бургулоочу, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1948-ж. Кыргыз ССР геология башкармасынын Түш. Кырг-н геология экспедициясында баштаган. 1950-жылдан бургулоочу мастер. 1973-жылдан геологиялык партияда бургулоо жумуштары б-ча участканын начальниги, андан кийин Чаткал геологиялык экспедициясынын башкы инженери, 1981-жылдан Улуу-Тоо геологиялык чалгындоо партиясынын начальниги. Сымап кендерин чалгындоодо жог. көрсөткүчтөргө жетишкен. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АТАБЕКОВА Өлмөсхан (1922, азыркы Базар-Коргон р-ну, Көк-Айдар кыш. — 1987, ошол эле жерде) — к-з өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун Базар-Коргон р-нундагы Киров атн. к-здо колхозчу болуп иштөөдөн баштаган, 1940—44-ж. пахтачылык бригадасында звено башчысы, 1949—53-ж. бригадир, 1953-жылдан Ленин р-нундагы М. В. Фрунзе атн. к-здун председатели болуп иштеген. Ал жетектеген чарба обл-тагы экон. жактан алдыңкы чарбалардан болуп, айдоо аянты 2 эсе, малынын саны 78%-ке, сүт саап алуу 5 эсе, жүн кыркып алуу 2 эсеге өскөн; ар гектар жерден 24,6 *ц* пахта жыйнап алган. 1958—62-ж. СССР Жог. Советинин ж-а 1959—



Т. Аттокуров



Б. Атышов

84-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты, 1971—75-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин председателинин орун басары болгон. Бир нече жолу Кыргызстан Компартиясынын Борб. к-тине мүчө лүккө шайланган. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

АТАНА — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Кош-Дөбө айыл советинин борбору. Бул айыл советине Торук, Сарыкашка, Семет, Улук, Чие, Мундуз кыш. да карайт. Райондун борбору Караван кыш-нан 16 *км* түш.-чыгыш тарапта, Шамалды-Сай темир жол станциясынан 45 *км*. Калкы 1324 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, аптека, клуб, китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту ж. б. бар.

АТЕЛЬЕ. Ош обл. аткомдун турмуш-тиричилик жактан тейлөө башкармасынын 52 адистештирилген ательеси бар (1986). Алардын 25и шаарларда, 27си р-ндордун борборлорунда ж-а к-здор м-н с-здордун борб. чарбаларында, а. и. 1-разряддагы 2 трикотаж ателеси, 2-разряддагы 5 ателье (Ош ж-а Жалал-Абад ш-нда), кийим тигүү ж-а тигилүү буюмдарды ремонттоо б-ча 1-разряддагы 7 ателье (Ош, Майлы-Сай, Кара-Суу ш-нда ж-а Араван кыш-нда), 2-разряддагы 38 ателье иштейт. Мындан тышкары обл-тын аймагында 160 кийим тигүү, көрпө-мех, тор буюмдар ж-а баш кийим тигүү мастерскойлору (анын 107си кыш-да) бар. Ирирээк ательелер: Ош ш-нда — «Айчүрөк», «Лада», «Чолпон», «Весна», «Бахор», Жалал-Абад ш-нда — турмуш-тиричилик үйү, Майлы-Сай ш-нда — «Алмаз» ж-а турмуш-тиричилик үйү. Бул ательелерде 2382 киши иштейт (1986).

АТ-ЖАЙЛОО Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталын, Кызыл-Арт суусунун (Кызыл-Агын суусунун сол куймасы) алабын ээлейт. Уз. 7,1 *км*, аянты 17,6 *км*^{2} (а. и. 2,4 *км*^{2}и абляция), мөңгүнүн этегинин 3,6 *км*^{2}и морена м-н тегиз капталган. Мөңгүнүн башы д. дең. 6080 *м*, этеги 3900 *м* бийиктикте жатат, кар тилкеси 4100 *м* бийиктиктен башталат. Татаал өрөөн мөңгүлөрүнө кирет. Мөңгүдөн Кызыл-Суунун негизги куймаларынын бири башталат.

АТ-ОЙНОК КЫРКА ТООСУ Кара-Суу, Кара-Кулжа суулары ж-а Нарындын аралыгында, Талас Ала-Тоосу м-н Чаткал кырка тоосунун түтүмдашкан жеринен түш.-чыгышты карай созулуп жатат. Ал аркылуу Ош ж-а Талас облтарын бөлгөн чек ара өтөт. Уз. 70 *км*, туурасы 16 *км*, д. дең. орт. бийикт. 3320 *м*, эң бийик жери 3896 *м*. Палеозой мезгилиндеги акиташ, кумдук, конгломерат ж-а сланец тектеринен турат. Капталдары кокту-колоттуу, түш. капталы жазы ж-а жантайыңкы, түндүгү тик ж-а кыска. Тулаңдуу талаа, бадалдуу токой (жаңгак-мөмө дарактары м-н), субальп шалбаасы, альп ж-а нивал ландшафт тилкелери мүнөздүү.

АТТОКУРОВ Токтосун (1938-ж. т., Алай р-ну, Жаңы-Турмуш кыш.) — философия илимдеринин доктору (1987). 1956-ж. орто мектепти бүтүргөн. 1968-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун Алай р-нундагы «Ленин-Жол» (азыркы «Социализм») к-зунда иштөөдөн баштаган (1956—58). 1963-ж. Кыргыз мамл. университетинин тарых факультетин бүтүргөн. 1963—64-ж. Алай р-нундагы Макаренко атн. орто мектепте иштеген. 1964—65-ж. Кыргыз ССР ИАнын аспиранты. Азыр Ош мамл. педагогика ин-тунда иштейт. Кыргыз ССР «Эл агартуунун отличниги».

АТЫШОВ Боронбай (1930, азыркы Ноокат р-ну, Ата-Мерек кыш. — 1984, ошол эле жерде) — тамекичи, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1946-ж. Ноокат р-нундагы «Россия» к-зунда иштөөдөн баштаган. 1956-жылдан ушул эле чарбада тамеки өстүрүү бригадасынын бригадири. Ал жеткерген бригада тамеки өстүрүүдө мыкты ийгиликтерге жетишип, 1965-ж. 29,5 *га* аянттын ар гектарынан орто эсеп м-н 33,4 *ц*ден тамеки жалбырагын жыйнашкан. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1967—

70-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

АФЛАТУН — Жаңы-Жол р-нундагы суу, Кара-Суунун оң куймасы. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталынан башталат. Уз. 35 *км*, алабынын аянты 863 *км*^{2}. Ири куймалары: Үтүр, Ит-Агар ж. б. Негизинен кар ж-а жамгырдан куралат. Жылдын жылуу мезгилдеринде (май — сентябрь) кирет. Жылдык орт. чыгымы 10,6 *м*^{3}/*сек*, эң көбү 20 *м*^{3}/*сек*, эң аз азы 5,6 *м*^{3}/*сек*. Боюнда Афлатун кыш. жайгашкан.

АФЛАТУН — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Афлатун айыл советинин борбору. Бул айыл советине Коргон, Мукур, Жаңгактуу-Булак, Ит-Агар, Тегирмен-Сай, Байгашка-Терек, Товар-Сай кыш. да карайт. Ит-Агар суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Караван кыш-нан 24 *км* түн.-чыгыш тарапта, Шамалды-Сай темир жол станциясынан 90 *км*. 1922-ж. негизделген. Калкы 1892 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, амбулатория, аптека, маданият үйү, китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын кабыл алуу пункту ж. б. бар.

АФЛАТУН ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Жаңы-Жол р-ну, Афлатун кыш.). 1948-ж. Афлатун, Пача-Ата Ала-Бука ж-а Касан-Сай дача-токойлорунун базасында уюшулган. Ага рельефи кокту-колоттуу ж-а жапыз тоолуу, терең коолуу жердеги жалпы аянты 80 765 *га* токой карайт.

АХСИКЕТ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ — Саманилер мамлекетинин (9—10-к.) Фергана уделинин борборунун калдыгы. Сыр-Дарыянын оң өйүзүндө, Тураргандарды акысыз тамактандыруучу 12 пункт ачкан. Басмачылар 5 эле күн иштеген Гүлчөдөгү пунктту, 6 күндөн кийин Капчыгайдагы пунктту, андан кийин Өзгөндөгү пунктту талкалашкан. Апрелде Ош ш-нда ачарчылыкка учурагандар 45 миңге жеткен. Аларга берилүүчү тамак-аш байлар м-н кулактардан тартып алынган. Комиссиянын кедейлерге үрөн, а. ч. шаймандарын ж-а унаа сатып алуу үчүн акчалай ссуда берүүчү бөлүмү иштеген. 1918-ж. декабрдан 1919-жылдын сентябрынын аягына чейин комиссия жакырларга жардам үчүн 2,2 млн сом сарптаган. 1920-жылдын башында уездде эгин жыйноону уюштурууну жетектеген аскердик азык-түлүк бюросу уюшулгандыгына байланыштуу комиссия жоюлган.

АЧЫК-СУУ МӨҢГҮСҮ Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталында. Уз. 8,3 *км*, аянты 10 *км*^{2}, абляция обл-нын аянты 4,1 *км*^{2}. Кызыл-Суунун сол куймасы Ачык-Суунун алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы д. дең. 5680 *м*, этеги 3700 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4100 *м*. Тик капталдарда жаткан фирн ж-а кар массасы ылдый карай жайык мульдага жылып түшүп, андан мөңгү агымы түн.-чыгышка карай жылат. Учун төө карындар (4,1 *км*^{2}) жаап жатат. Мөңгүдөн Ачык-Суу агып чыгып, Кызыл-Сууга сол тараптан куят.

АЧЫК-ТАШ КЕНИ — Чаткал р-нундагы жез рудасы жаткан жер. Коргон-Дөбө кыш-нан түн. тарапта, Чандалаш кырка тоосунун түш.-батыш капталында, Киндик-Сандык өрөөнүндө. 1956-ж. ачылган. Кен аймагын девондун ортосунда ж-а карбондун башталышында пайда болгон мрамор тектери ж-а аларды жиреп чыккан гранит интрузиясы түзөт. Руда гранит интрузиясынын тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген тилкеде ж-а скарндарда топтолгон. Тилкенин туурасы 60—100 *м*, уз. бир нече *км*ге созулат. Руда тарам, линза, уя түрүндө. Нег. минералдары: малахит, азурит, халькозин, пирит, галенит, сфалерит ж. б.

АЧЫК-ТАШ МӨҢГҮСҮ Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталында, Ленин атн. чокунун түн.-чыгыш тарабынан орун алган. Уз. 5,5 *км*, аянты 5,8 *км*^{2}. Абляция обл-нын аянты 3,5 *км*^{2}, көлөмү 0,2 *км*^{3}. Мөңгүнүн башы д. дең. 4880 *м*, этеги 4100 *м* би-

йиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4200 *м*. Фирн обл. Ленин атн. чокунун түн.-чыгышындагы тармактын, Ленин мөңгүсүн караган батыш бетинде жатат. Жакынкы мезгилде эле Ленин мөңгүсүнүн бир айрыгы болгон. Чегинүүнүн натыйжасында өзүнчө бөлүнгөн. Алардын этек мореналары бир тилкеде жатат. Мөңгүдөн агып чыккан суу Кызыл-Суунун сол куймасы Ачык-Ташка куят.

АЧЫ ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Базар-Коргон р-ну, Ооган-Талаа кыш.). 1959-ж. түзүлгөн. Ага рельефи кокту-колоттуу, жапыз тоолуу, тоолордун чокулары тайпак ж-а капчыгайлардагы тоо беттери тик жердеги жалпы аянты 13 756 *га* токой карайт.

АШКАНАЛАР, обл-тын борборундагы А. Ош шаардык «Коомдук тамактануу» трестине 9270 орундуу 95 ашкана кирайт (1986). 26 ашкана (3464 орундуу) мектептерди, 14 ашкана (1848 орундуу) атайын окуу жайларды, 55 ашкана (3958 орундуу) ишканалар м-н мекемелерди тейлейт. Алардын 10у ачык жерлеги ашкана (596 орундуу).

АЭРОПОРТТОР. Областтын аймагында алгачкы аэропорт 1928-ж. Ошто негизделген. Ош аэровокзалынын биринчи имараты 1930-ж. курулган. 1947-ж. Жалал-Абад, 1950-ж. «Баткен», 1951-ж. «Караван» ж. б. бир катар аэропорттор ачылган. Райондор аралык ж-а обл-тын борбору м-н аба байланыштары түзүлгөн. 1974-ж. Ош ш-нда жаңы аэровокзалдын курулушу м-н Москва, Новосибирск, Адлер, Алматы ж. б. ш-га самолёттор каттай баштады. Баткен — Ош — Фрунзе, Кызыл-Кыя — Ош — Фрунзе — Чолпон-Ата — Ташкен, Жалал-Абад — Ош — Фрунзе — Чолпон-Ата — Ташкен ж. б. аба жолдору иштейт (1985). Жерг. аба жолдорун ЯК-40, АН-2 тибиндеги самолёттор тейлейт.

АЭРОФЛОТ АГЕНТСТВОСУ, Ош шаардык А. а. (Ош ш., Ленин көчөсү, 208). 1972-ж. ачылган. Бардык авиалинияларга б-ча авиабилеттерди сатат. Билетке буйрутмаларды (заказ) кабыл алат ж-а орундарды (броня) сактайт.

АЯЛДАР СОВЕТТЕРИ — өз демилгелүү коомдук уюмдар, аялдардын мас-салык кыймылынын формасы. Аялдарга коммунисттик тарбия берүү, аларды коомдук-саясий ж-а өндүрүштүк иштерге активдүү катыштыруу б-ча зор иш жүргүзөт. 1920-ж. февралда РКП(б)нин Ош уезддик-шаардык к-тинде аялдар союзу уюшулган, ал 15-апрелде аялдар арасында иштөө б-ча уезддик-шаардык бөлүм болуп кайра түзүлгөн. 1924-ж. Куршаб, Өзгөн, Ноокат, Араван кыш-нда уезддик-шаардык аялдар бөлүмүнүн ячейкалары түзүлгөн. 1925-ж. Ош ж-а Жалал-Абад ш-нда аялдар клубу ачылып, анда сабатсыздыкты жоюу мектеби, врачтык ж-а укук б-ча консультация берүү иштеген. 1925-ж. августта Ош округдук аялдар конференциясы болгон. Областтын аймагында 22 шаардык ж-а р-ндук аялдар совети, ишканалар-да, чарбаларда ж-а мекемелерде 816 аялдар совети (5409 киши) иштейт (1986). Областтык аялдар совети (Ош ш., Свердлов көчөсү, 221) 49 аялдан турат. Эне м-н баланы коргоо, кыздар арасында иштөө, жаңы салттар м-н үрп-адаттарды киргизүү ж-а калкка атеисттик тарбия берүү, маданият ж-а турмуш-тиричилик, социалдык-маданий курулуш секциялары иштейт. Ош шаардык аялдар совети (Ош ш., Свердлов көчөсү, 318) 1925-ж. түзүлгөн. Ал совет 29 аялдан турат. Ош ш-нын ишканаларында 59 ж-а жашаган жерине карата 49 аялдар совети түзүлгөн (1986).

АЯНТТАР, Ош ш-ндагы А. Шаардагы алгачкы аянт 50-жылдары педагогика ин-тунун курулушу м-н түзүлө баштаган. 70-жылдары ал Ак-Буура суусунун жайылмасын көздөй кеңейтилген. 1979-ж. ал жерге Өзбек музыкалык драма театрынын имараты курулган. Аянттын борборунда фонтан, Ак-Буура суусунун жайылмасына түшүүчү тепкичтер жасалган. В. И. Ленин атн. аянт шаардын борбору болуп эсептелет. Бул жерде Кыргызстан Компартиясынын обл. к-тинин, обл. аткомдун, совхоз-техникумдун имараттары жайгашкан. Аянттын ортосунда В. И. Лениндин эстелиги тургузулган. Төм. террасага фонтандарды куруу долбоорлонгон. Кыргыз драма театрынын алдында театр аянты түзүлүп жатат. Бул жерде 7 кабаттуу «Интурист» мейманканасы, Тельман м-н Свердлов көчөлөрүнүн кесилишинде жаңы чоң аянт курулууда. Бул аянттын айланасында «Алай» мейманканасынын эски ж-а жаңы имараттары, «Космос» кинотеатры, соода борбору, В. И. Лениндин эстелиги орнотулган гүл бакча, обл. керек-жарак союзунун 7 кабаттуу имараты, байланыш үйү ж. б. жайгашкан.

Б

БААТЫР КОМСОМОЛДОРДУН ЭСТЕЛИГИ. Кыргызстан Компартиясынын Ош шаркому м-н шаараткомунун чечими б-ча оштук комсомолдордун согуш ж-а эмгек майданында көрсөткөн каармандыгынын белгиси катары Ош ш-нын Хохлов көчөсүндөгү гүл бакчада 1974-ж. тургузулган. Өлчөмү 3×4 *м*, мрамор күкүмдөрү аралаш бетон м-н металлдан жасалган стела-дан турат. Арх. П. В. Баландиндин долбоору б-ча курулган.

БАБАШ-АТА КЫРКА ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш бөлүгү. Түш.-батышка созулуп, Унтама, Алаш-Тоо, Аңгырак-Тоо массивдеринен турат. Батышынан Нарын дарыясы, чыгышынан Кара-Үңкүр суусу, түштүгүнөн Фергана өрөөнү м-н чектешет. Уз. 70 *км*, туурасы 25 *км*ге чейин. Д. дең. орт. бийикт. 3480 *м*, эң бийик жери 4427 *м* (Бабаш-Ата чокусу). Палеозойдун сланец ж-а акиташ тектеринен турат; төм. бөлүгүндө сейрек неоген тоо тектери кездешет. Түн.-чыгыш бөлүгү аска-зоокалуу, түш.-батыш бөлүгүнө караганда бийигирээк. Мөңгүлөрү бар. Нарын дарыясынын куймалары Майлы-Суу, Кара-Үңкүр, Кайыңды, Бекече суулары ушул тоодон башталат. Мында Арстанбап, Кызыл-Үңкүр сыяктуу жапайы жаңгак-жемиш токою бар.

БАБКИН Михаил Николаевич (1922, Воронеж обл., Аненский р-ну, Старая Пайда кыш. — 1959, Киев обл., Борисполь ш.) — учкуч, авиация майору, Сов. Союз. Баатыры (1945). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-ж. Көк-Жаңак р-ндук аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1943-ж. июлдан штурмалоочу Кызыл Туулуу Волковыск 198-авиация полкунда Белоруссияны бошотуугa катышып, Польша ж-а Чыгыш Пруссия аймактарында салгылашкан. Душман-дын салгылашуу үчүн 192 жолу согуштук учуу жасаган. Жалгыз өзү душмандын 85 автомашинасын (жүгү м-н), 10 бронетранспортёрун, 5 өзү жүрүүчү орудиясын, 8 самолётун, 5 зениттик ж-а согуштук артиллериясын талкалап, керектен чыгарган. Согуштан кийин Сов. Армиянын катарында кызмат өтөөнү улантып, аскердик кызмат учурунда курман болгон.



М. Н. Бабкин



М. П. Бадигин

БАБУР Захиреддин Мухамед (1483—1530) — Индиянын башкаруучусу, өзбек акыны, прозачы. Тимурлар тукумунан, 12 жашында атасынын ордуна тактыга отурган. 1504-ж. Шейбанихандын (к. *Шейбанилер мамлекети)* тушунда Орто Азиядан куулуп, ошол эле жылы Кабулду каратып алган. Кабулдан Түн.-Батыш Индияга (1519-жылдан) жортуул жасаган. Индияда Улуу Моголдор династиясын (1526—1858) негиздеген. 1493-жылдан 1529-ж. чейинки окуяларды камтыган «Бабурнаме» деген китебинде орто кылымдагы Ош ж-дө да маалымат бар.

БАДИГИН Михаил Петрович (1923-ж. т., Ульяновск обл., Новоспасский р-ну, Суруловка кыш.) — Даңк орденинин толук кавалери, 1944-жылдан КПСС мүчөсү, 1942-ж. февралда Кара-Суу р-ндук аскер комиссариатынан аскердик кызмат өтөөгө чакырылган. 1942-ж-дын ноябрынан 1945-ж-дын майына чейин Улуу Ата Мек. согуштун фронторунда артиллерист, орудия командири болгон. Согушту Сталинграддан баштап Берлинден бүтүргөн. 1944-ж. августта Магрушев плацдармы үчүн салгылашта каармандык ж-а эрдик көрсөткөндүгү үчүн 3-даражадагы Даңк ордени, 1945-ж. 12-январда душмандын Берлинге кире бериштеги коргонуусун ийгиликтүү бузуп өткөндүгү үчүн 2-даражадагы Даңк ордени, Берлин үчүн салгылашта көрсөткөн каармандыгы ж-а эрдиги үчүн 1-даражадагы Даңк ордени м-н сыйланган. Демобилизацияланып келгенден кийин Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. к-тинде инструктор болуп иштеген. Азыр Ошто жашайт.

БАДИНОВ Толибжон (1939-ж. т., Өзбек ССРи, Анжиян обл., Избаскен р-ну, Чуама кыш.)— актёр, Кыргыз ССР эл артисти (1988). 1955—62-ж. С. М. Киров атн. Ош өзбек музыка-



Т. Бадинов

лык-драма театрында иштеген. 1963—70-ж. Ташкен мамл. консерваториясында окуган (ал ошол эле мезгилде Өзбек радио ж-а телекөрсөтүүсүнүн маком самблинин солисти). 1964—73-ж. Ташкен ш-ндагы Мукими атн. театрда иштеген. 1973-жылдан Ош өзбек музыкалык-драма театрында. Аткарган негизги ролдору: Равшан (К. Яшин, «Равшан менен Зулхумор»), Сабир (И. Акрамов, «Адолат»), Ашырбай (Т. Абдумомунов, «Ашырбай»), Сарыташ (Ж. Садыков, «Манастын уулу Семетей») ж. б. Б-дун макомдору жазылган грампластинкалары чыккан. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун грамотасы м-н сыйланган.

БАЗАР-КОРГОН — Базар-Коргон р-нундагы Базар-Коргон айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Беш-Бадам, Жети-Кошкон, Көк-Алма кыш. да карайт. Кара-Үңкүр суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Ош ш-нан 85 *км* түн. тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 36 *км*. Кыштак 1850-ж. негизделген. Калкы 19 миң (1986). Нег. чарбасы — дыйканчылык ж-а малчылык. Май, нан, гранул ж-а тамеки-ферменттөө з-ддору, үй тиричилик комбинаты, базар, автобаза, автостанция, туристтик база ж. б. иштейт. Айылдык кесиптик тех. окуу жайы, 6 орто мектеп, мадания үйү, 3 клуб, р-ндук оорукана, поликлиника, санитария-эпидемиологиялык станция, аптека, муз. мектеп, китепкана, турмуш-тиричилик үйү бар.

БАЗАР-КОРГОН КЕНИ — Базар-Коргон р-нундагы чопо жаткан жер. Жалал-Абад ш-нан 23 *км* түн.-батыш тарапта, Кайырма кыш-нын четинде, Кара-Үңкүр өрөөнүнүн оозунда. 1973-ж. табылган. Кен аймагын антропоген мезгилинин кум-шагыл, чопо борпоң тектери түзөт. Пайдалуу чопо катмары аллювий-пролювий чөгүндүсүнөн пайда болгон лёсс сымал күлботодон турат. Саргыч боз түстө. Калыңдыгы 20 *мге* чейин, уз. 1,3 *км*. Чоподон «100» маркасындагы кирпич даярдоого болот. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 898,9 миң $м^3$.



кыргоол, улар, бүркүт ж. б. мекендейт.

Калкы. Б.-К. р. обл-тагы калк жыш отурукташкан аймактардын катарына кирет. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 39 киши туура келет. Бул р-ндо кыргыздар (54%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), өзбектер (42%), орустар (1,2%), украиндер (0,9%), татарлар (0,5%), уйгурлар, казактар, тажиктер ж. б. улуттар жашайт. Калктын нег. бөлүгү Фергана тоосунун этегиндеги түздүктөрдө отурукташкан.

Чарбасы. Райондун эл чарбасын негизинен өнүккөн ургаалдуу а. ч. түзөт. А. ч-нын башкы тармагы — пахтачылык ж-а тамекичилик. Дыйканчылыктын дүң продукциясы р-ндогу бардык а. ч. продукцияларынын 72,6%ин түзөт. 1986-ж. р-ндо 8 к-з, 1 с-з, 2 токой чарбасы болгон. А. ч-га жарактуу жери 112 миң *га* (а. и. 21 миң *га* айдоо, 0,6 миң *га* бак-дарак, 5,3 миң *га* чабынды, 4,8 миң *га* жайыт). Өсүмдүк эгилүүчү аянты 15,7 миң *га*, а, и. 29%ине дан эгиндери, 28,8%ине пахта, 11,5%ине тамеки, 30,7%ине тоют өсүмдүктөрү эгилет. О. эле картошка (456 *га*), жашылча (228 *га*), коон-дарбыз (87 *га*) өстүрүлөт. 1985-ж. р-ндо 164,9 миң *ц* дан эгиндери, 82,4 миң *ц* пахта, 43,8 миң *ц* тамеки, 18 миң *ц* жашылча, 6,6 миң *ц* коон-дарбыз, 1,9 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган. Мал чарбачылыгы эт-сүт ж-а жүн алууга багытталган. 1987-ж. 1-январда 12,4 миң уй, 108,9 миң кой-эчки, 0,4 миң чочко, 4,4 миң жылкы, 56,1 миң үй куштары (коомдук сектордо) болгон. 1985-ж. райондо 2624 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 8538 *т* сүт, 415 *т* жүн, 56 миң даана жумуртка даярдалган.

Ө. ж-нан Базар - Коргондо май, нан, тамеки-ферменттөө-чү, гранул з-ддору, турмуш-тиричилик комбинаты ж-а Ооган-Талаада кийим тигүү ф-касы, Кызыл-Үңкүр, Гүмкана кыш-нда жыгачтан буюм жасоочу цехтер бар. Нег. транспорту — автомобиль. Авт. жолунун уз. 194 *км*, а. и. 147 *км* и асфальтталган. Райондун аймагы аркылуу Ош — Фрунзе, Ош — Арстанбап авт. жолдору өтөт.

Элге билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында 49 жалпы билим берүүчү мектепте 22,4 миң, 2 кесиптик-тех. окуу жайда 1085 окуучу окуган. 23 бала бакчада 1,8 миң бала тарбияланган. 1986-ж. 1-январда 27 китепкана, 8 социалдык-маданият комплекси, 25 клубдук мекеме, 22 киноустановка (бардык түрү), р-ндук оорукана ж-а поликлини-

Эгин бастыруу.



ка, учук оорулар диспансери, участкалык ооруканa, 6 к-здук төрөт үйү ж. б. (к. *Базар-Коргон районунун медицина-лык-санитариялык мекемелери)* ишкейт. 1979-жылдан р-ндук «Эмгек жалыны» газетасы чыгат. Райондун аймагында пансионат, «Арстанбап» туристтик базасы, пионер лагерлери, Кыргыз ССР ИАнын токой чарбасы б-ча тажрыйба станциясы жайгашкан. Ратайондун аймагында 16-к-га таандык тарыхый эстелик — Арстанбап күмбөзү сакталган.

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Базар-Коргон кыш.). 1928-ж. негизделген. 1979-жылдан борб. китепкана. Ал филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүүчү пункттары катары 27 китепкананы (ар бир айыл советинде орто эсеп м-н 2—4 китепканадан), а. и. 25,2 миң нуска китеп фондусу, 2,7 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Базар-Коргон кыш.) ж-а Совет кыш-ндагы балдар китепканасын (№ 2 филиалы) биригиктирет. Райондогу 7 к-здук, профсоюздук, коомдук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында кыргыз, орус, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 233 миң нуска китеп бар; 24,5 миң окурманды тейлейт (1986).

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Базар-Коргон кыш., Калинин көчөсү, 1). 1978-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 380 орундуу.

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 17 миң *га* жери 4 ири сугат системасы аркылуу сугарылат (1985). Бул сугат системаларына Гава-Сай (12 канал), Кара-Үңкүр (7 канал), Шайдан-Сай (2 канал), Кара-Дарыя (1 канал) суулары ж-а Кара-Үңкүр плотинасынан (бийикт. 25 *м*, уз. 2,4 *км*) турган Кара-Үңкүр суу түйүнү, чарбалар аралык суу бөлгүчтөрү бар 2 негизги канал (Сол жээк ж-а Оң жээк) ж-а Базар-Коргон суу сактагычы (1961-ж. иштей баштаган; көлөмү 22,5 млн $м^3$, суунун үстүңкү бетинин аянты 2,67 $км^2$; Базар-Коргон ж-а Ленин р-ндорунун 18 миң *га* жерин сугарат) кирет. Сугат системаларынын ири каналдары: ичи бетондолбогон Кара-Дарыя каналы (1965-ж. курулган, Кара-Дарыядан башталат; уз. 32,7 *км*, каналдын башында чыгымы 7 $м^3/сек$), Сол канал (1954-ж. курулган, Кара-Үңкүр суусунан башталат; уз. 15,8 *км*, чыгымы 16,5 $м^3/сек$), Жаңы Юкара-Акман каналы (1957-ж. курулган. Сол каналдан башталат; уз. 23,2 *км*, чыгымы 5 $м^3/сек$), Катта-Тегирмен каналы (1898-ж. курулган, Кара-Үңкүр суусунан башталат; уз. 7 *км*, чыгымы 6 $м^3/сек$), Сейдикум каналы (1917-ж. курулган, Сол каналдан башталат; уз. 8,1 *км*, чыгымы 7 $м^3/сек$), Масы каналы (1895-ж. курулган, 1967-ж. реконструкцияланган, Оң каналдан башталат; уз. 1,2 *км*, чыгымы 5,5 $м^3/сек$). Б.-К. р. и. к. р-ндук сугат система башкармасына (Совет кыш.), Кара-Үңкүр суу түйүнү обл. сугат система башкармасына карайт. 66 киши иштейт (1986).

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 8 социалдык-маданият комплекси, 25 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, айылдык 10 маданият үйү (Акман, Беш-Бадам, Киров ж. б. айыл советтеринде), 8 к-здук клуб (М. В. Фрунзе атн., Ф. Э. Дзержинский атн., Октябрдын 60 жылдыгы атн., В. И. Ленин атн. ж. б. к-здордо), 6 автоклуб иштейт (1986). Өздүк көркөм чыгармачылыгынын 127 ийрими (2295 киши катышкан) уюшулган.

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо ооруканa ж-а поликлиника, 75 орундуу учук оорулар диспансери (Совет кыш., Набережный көчөсү, 2), участкалык ооруканa (Ооган-Талаа кыш.), айылдык врачтык амбулатория (Совет кыш., Набережный көчөсү, 1), 21 фельдшер-акушердик пункт, 22 орундуу к-здук 6 төрөт үйү (Караван, Акман, Сейдикум, Беш-Бадам айыл советтеринде; Совет айыл советинде экөө), р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Базар-Коргон кыш., Юбилейный көчөсү), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 4 аптека иштейт (1986). Амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 253 кишини көрө алат; стационары 505 орундуу (анын 115 оруну кош бойлуу аялдар үчүн). Райондо 78 врач, 299 мед. орто билимдүү адис, а. и. 9 врач, 37 мед. орто билимдүү адис санитария-эпидемиологиялык станциясында иштейт (1987).

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Райондун калкын

адегенде ө. ж. комбинатынын ишканалары, 1960-жылдан Ленин р-нунун (ал жылдары азыркы Базар-Коргон р-нунун аймагы Ленин р-нуна караган) турмуш-тиричилик комбинатынын ишканалары тейлеген. 1978-ж. Базар-Коргон турмуш-тиричилик комбинаты түзүлүп, жаңы уюшулган р-ндун турмуш-тиричилик комбинатынын ишканаларын биригиктирген. 1986-жылдан Базар-Коргон турмуш-тиричилик комбинатына караштуу (администрациясы: Базар-Коргон кыш.) 7 турмуш-тиричилик үйү, 46 адистештирилген ишкана (14 чач тарач, 5 фотосүрөт, 2 үн жазуучу студия, 10 кийим тигүү ж-а 6 бут кийим мастерскою ж. б.), Базар-Коргон кыш-нда 3 комплекстүү кабыл алуу пункту иштейт.

БАЗАР-КОРГОН СУУ САКТАГЫЧЫ — Кырг-ндын түштүгүндөгү ири суу сактагычтардын бири Базар-Коргон р-нунун аймагында, Базар-Коргон кыш-нан 75 *км* түш. тарапта жайгашкан. 1958-ж. курула баштап, 1962-ж. ишке киргизилген. Суу сактагычка Кара-Үңкүр (Тентек-Сай) суусу куят. Сыйымдуулугу 22,5 млн $м^3$, анын 20,8 млн $м^3$ көлөмү сугатка сарп кылынат; Ош обл-нын ж-а Өзбек ССРинин р-ндорунун 18 миң *га* жери сугарылат. Уз. 2,4 *км*, туурасы 2 *км*ге чейин, эң терең жери 23 *м*, суу толгондогу аянты 2,67 $км^2$. Плотинасынын эң бийик жери 25 *м*. Суу чыгымы орто эсеп м-н 7,5 $м^3/сек$. Суу сактагыч Кара-Үңкүр суусунун агымын сезон б-ча жөнгө салып турат. Суунун жерге сиңип, коромжуга учуратпоо үчүн 1967-ж. суу сактагычтын таманына полиэтилен плёнкасы төшөлгөн. Балык кармалат.

БАЙЛАНЫШ ТҮЙҮНДӨРҮ. Областта р-ндук-шаардык Б. т. ж-а Ош почтамты иштейт. Областтын бардык шаарларында ж-а р-ндун борборлорунда Б. т. бар, алар 324 байланыш бөлүмдөрүнүн ишин жетектейт. Б. т. күнүнө орто эсеп м-н 108 миң кат, 5 миң посылка, 3 миңден ашык акча которууларды, 460 миң нуска мезгилдүү басмаларды тескейт. Б. т. ж-а почта (байланыш) бөлүмдөрү телеграммаларды кабыл алат ж-а жөнөтөт. Мындан тышкары Араван р-ндук Б. т. жерг. телефон байланышын да камсыз кылат.

БАЙЫРКЫ ТҮРК (РУН) ЖАЗМАСЫ. Орто Азияда б. түрк тилдеринде жазылган 40тай майда текстер (анын 15и Фергана өрөөнүндө, Исфара, Куба, Ашт, Баткен, Алай ж. б. аймактарда) табылган. Асттан табылган коло шакектеги жазуу б. түрк (рун) жазмаларынын эң алгачкы тобуна кирет. Жазуу 7-к-дын 30 — 40-жылдары пайда болгон. Алфавити 37 же 38 геометриялык белгилерден (тамгалардан) турат. Үнсүз тыбыштар үндүү тыбыштардан мурда же кийин келишине жараша 2 вариантта жазылган. 8—9-к. рун жазмасы Фергана өрөөнүндө араб жазуусунун колдонула башташына байланыштуу жоюлган.



Д. О. Байтөбөтов

БАЙТӨБӨТОВ Дүйшөнбек Окошевич (1949-ж. т., Кант р-ну, Үч-Эмчек кыш.) — актёр, Кыргыз ССРинин эл артисти (1988). 1987-жылдан КПСС мүчөсү. 1964-ж. чейин Аламүдүн р-нунун Горная Маевка кыш-ндагы 8 жылдык мектепте окуган; 1966-ж. А. С. Пушкин атн. № 5 кыргыз орто мектебин бүтүрүп, Алай р-нунун Гүлчө кыш-ндагы маданият үйүндө иштеген. 1967—72-ж. Москвадагы А. В. Луначарский атн. театр өнөр ин-тунда (ГИТИС) окуган. Аны бүтүргөндөн азыркы күнгө чейин Ош кыргыз драма театрында иштеп жатат. Аткарган нег. ролдору: Курманбек (К. Жантөшев, «Курманбек»), Шамшы (А. Дыйканбаев, «Мүрөктүн суусу»), Гамлет (В. Шекспир, «Гамлет»), Васька Пепел (М. Горький, «Түпкүрдө»), Ашырбай (Т. Абдумомунов, «Ашырбай»), Ильяс (Ч. Айтматов, «Делбирим») ж. б. «Мен — Тянь-Шань» (Ильяс), «Каныбек» (Түлкүбек) ж. б. фильмдерге тартылган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы менен сыйланган.

БАКЕЕВ Б. МҮРЗӨСҮ Көк-Жаңгак ш-нын шаардык паркында жайгашкан. Бердаалы Бакеев (1867—1931) 1922-ж. Кызыл-Армиянын катарына өткөн. Интернационалдык отрядын катарында (комиссары Клименко) Сузак, Базар-Коргон, Совет аймактарындагы басмачыларды талкалоого катышкан. Кокон-Кыштактын жанында курман болгон. 1960-ж. Б. Б. м-нө бийикт. 2,7 *м* эстелик (обелиск) тургузулган. Автору — Р. О. Вендель.

БАКМАЛ — кыштак, Өзгөн р-нундагы Дөң-Булак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Бабаш-Уулу, Бөксө-Жол, Жаңы-Абад, Дөң-Булак, Өзгөрүш, Төөлөс, Чымбай, Кара-Дарыя, Мичурин кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 3 *км* чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 51 *км*. Калкы 467 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү. Сегиз жылдык мектеп, китепкана, фельдшер-акушердик пункт ж. б. бар. «Тамеки» илимий өндүрүш бирикмесинин Кырг-н зоналык тажрыйба станциясынын лаборатория корпусу жайгашкан.

«БАКЫТ» — Кара-Суу р-нундагы «Кыргызстан» жумушчу кооперация керек-жарак коомунун универсал дүкөнү (Отуз-Адыр кыш.). 1984-ж. ачылган. Товарлардын нег. ассортименти: тигилүү буюмдар, тор буюмдар, кездеме, бут кийим, үй-тиричилигине керектүү товарлар, идиш-аяктар, мебель, велосипед-мотоцикл товарлары, галантерея, парфюмерия, химиялык товарлар, маданий товарлар, канцеляриялык ж-а кинофото товарлар. Жылдык товар жүгүртүүсү 280 миң сом (1985). Соода аянты 1000 $м^2$. Дүкөндүн «Азык-түлүк» бөлүмүнүн соода аянты 288 $м^2$.

БАЛДАРДЫН ӨЗДҮК-КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОЛЛЕКТИВДЕРИ. 1986-ж. элге билим берүү системасында 1074 коллектив болгон (анын 827си билим берүүчү мектептерде ж-а 25и пионерлер үйүндө). Алардын 485и (14,7 миң окуучу катышкан) хор коллективдери, а. и. 48и (1,5 миң окуучу) саясий ырлар ансамбли, 57си (676 окуучу) хореографиялык, 385и (1,5 миң окуучу) муз., 302си (4,6 миң окуучу) драмалык коллектив болгон. Жыл сайын мектептер аралык, р-ндук, шаардык, эки жылда бир жолу обл. ж-а респ. кароолор өткөрүлөт. Областтагы өздүк көркөм чыгармачылык ийримдерге 32,5 миң окуучу катышат (1986).

БАЛДАР КИТЕПКАНАЛАРЫ. Областта шаардык ж-а р-ндук борборлоштурулган китепкана системаларынын (БКС) филиалы же бөлүмү катары 31 балдар китепканасы (к. р-ндор м-н ш-дын борб. китепканалары ж-дө макалаларды), Ош обл. балдар китепканасы, 647 мектеп китепканасы иштейт (1986). Колхоздук, профсоюздук ж. б. ведомстволук китепканаларда балдар фондусу болгон. Райондук ж-а шаардык Б. к-нда балдар адабиятынын фондусу 800 миң нуска китептен турат; 100 миңден ашык окурманы бар (1985). Ош шаардык борбордук китепкананын курамында 4 балдар китепканасы иштейт. Анын үчөө филиал укугунда, бирөө балдар бөлүмү (шаардык балдар китепканаларынын методикалык борбору). Балдар бөлүмү (Ош ш., Юбилейный проспектиси, 42) 1948-ж. шаардык балдар китепканасы катары түзүлгөн. 1985-ж. анда орус, кыргыз, өзбек ж-а англис тилдеринде 57,9 миң нуска китеби, 3,8 миңдей окурманы болгон. № 6 филиал (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 67) 1960-ж. негизделген. 1967-жылдан № 2 Ош шаардык балдар китепканасы. 1985-ж. орус, кыргыз, өзбек тилдеринде 25,9 миң нуска китеби, 2 миңдей окурманы болгон. № 7 филиал (Ош ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү) 1971-ж. № 3 Ош шаардык балдар китепканасы катары негизделген. 1985-ж. орус, кыргыз, өзбек, англис тилдеринде 27,3 миң нуска китеби, 3,2 миңдей окурманы болгон. № 8 филиал (Ош ш., Автозавод көчөсү) 1981-ж. ачылган. 1985-ж. 6,9 миң нуска китеби, 1,6 миң окурманы болгон.

БАЛДАР МЕНЕН ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ СПОРТ МЕКТЕПТЕРИ. Жалал-Абад ш-нда спорт комитетине ж-а шаардык элге билим берүү бөлүмүнө караштуу балдар м-н өспүрүмдөрдүн 2 спорт мектеби иштейт (1986). Спорт комитеттин спорт мектебинде футбол, эркин күрөш, классикалык күрөш, бокс, оор атлетика б-ча машыгуу жүргүзүлөт. Ага 400 спортсмен катышат. Шаардык элге билим берүү бөлүмүнүн спорт мектебинде жеңил атлетика, гимнастика, баскетбол, волейбол б-ча 300 спортсмен машыгат. Жалал-Абад ш-ндагы спорт мектептеринин тарбияланууучуларынын ичинде СССР элдеринин ж-а окуучуларынын бүткүл союздук спартакиадаларында байгеге эө болгондор бар.

БАЛДАР МЕНЕН ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ОШ ШААРЫНДАГЫ СПОРТ МЕКТЕПТЕРИ. Ош ш-нда балдар м-н өспүрүмдөрдүн 6 спорт мектеби иштейт; анын бешөө шаардык элге билим берүү бөлүмүнө, бирөө обл. спорт к-тине карайт (1986). Спорттун 16 түрү б-ча машыгуу жүргүзүлөт, бардыгы 2,9 миң адам катышат. Мектептердин штатында 43 машыктыргыч иштейт; анын 31и жогорку, экөө атайын орто билимдүү. Жыл сайын Оштогу балдар м-н

өспүрүмдөрдүн спорт мектептеринде СССР спортунун 3 мастери, 6 мастерликке кандидат, 70 1-разрядчы даярдалат.

БАЛДАР МЕНЕН ӨСПҮРҮМДӨРДҮН СПОРТТУК ОЛИМПИЯЛЫК РЕЗЕРВ МЕКТЕБИ (Ош ш., К. Маркс көчөсү, 1). 1977-ж. обл. жог. спорттук чеберчилик мектебинин базасында түзүлгөн. Бокс, оор атлетика, ат спорту б-ча баштапкы даярдык берүүчү массалык топтору, окуу-машыгуу ж-а боксёрлор м-н оор атлеттердин чеберчилигин өркүндөтүү топтору бар. Бокс ж-а оор атлетика б-ча 2 жог. чеберчилик тобу СССР спортунун мастерлери м-н мастерликке кандидаттардан түзүлгөн. Бул мектепте 547 адам машыгат (1986).

БАЛДАР ООРУКАНАЛАРЫ. Областта 2 Б. о. — обл. балдар ооруканасы ж-а Ош шаардык балдар ооруканасы иштейт (1986). Областтык балдар ооруканасы (Ош ш., Салиева көчөсү) 1964-ж. ачылган. Балдарга ж-а 14 жашка чейинки өспүрүмдөргө дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 575 орундуу. Адистештирилген бөлүмдөрү: кардиология (50 орундуу), аллергология (50), гематология (50), хирургия (80), урология (40), офтальмология (40), отоларингология (40), жугуштуу оорулар (40), терапия (60), соматика (125), пульмонология (20), гастро-энтерология (15), реанимация (10). Көмөкчү бөлүмдөрү: рентгенология, стоматология, электрокардиология, функционалдык диагностика, аллергология, сурдология, кардиология кабинеттери, физиотерапия бөлүмү, клиника-диагностика, бактериология, биохимия лабораториялары. 102 врач, 266 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986). Ош шаардык балдар ооруканасы (Тынчтык көчөсү, 25) 1980-ж. ачылган. Стационары 350 орундуу. Адистештирилген бөлүмдөрү: жугуштуу оорулар (150 орундуу), ревматология (40), травматология (60), отаринголология (40), соматика (60). 49 врач, 141 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

БАЛДАР ПОЛИКЛИНИКАЛАРЫ, к. *Поликлиникалар*, о. эле р-ндор м-н шаарлардын мед-санитариялык мекемелери ж-дөгү макалаларды.

БАЛДАР САНАТОРИЙЛЕРИ. Областта 950 орундуу 8 балдар санаторийи бар (1985). № 1 областтык учук оорулуу балдар санаторийи (Ош ш., Свердлов көчөсү) 1939-ж. түзүлгөн. Анда 11—17 жаштагы оорулуу балдар дарыланат. 150 орунга эсептелген. 10 врач, 30 мед. орто билимдүү адис, 15 педагог, 8 тарбиячы, муз. жетекчи иштейт. Ош шаардык учук оорулуу балдар санаторийи (Ош ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 40) 1961-ж. түзүлгөн. Анда 3—10 жаштагы оорулуу балдар дарыланат. 150 орунга эсептелген. 5 врач, 30 мед. орто билимдүү адис, 17 педагог иштейт. Ош шаардык пульмонология балдар санаторийи (Ош ш., Фергана көчөсү, 7) 1974-ж. түзүлгөн. Тестиер балдар м-н өспүрүмдөр дарыланат. 150 орунга эсептелген. 6 врач, 18 мед. орто билимдүү адис, 14 педагог иштейт. Базар-Коргон балдар санаторийи (Базар-Коргон кыш.) 1982-ж. түзүлгөн. Дем алуу органдары, ашказан-ичеги оорулуу, темир жетишсиздигинин анемиясынан жабыр тарткан 4—14 жаштагы балдар дарыланат. 80 орунга эсептелген. 2 врач, 12 мед. орто билимдүү адис, 7 тарбиячы иштейт. Жалал-Абад кардиоревматология балдар санаторийи (Жалал-Абад ш., Тайгараев көчөсү, 14) 1964-ж. түзүлгөн. Жүрөк оорулуу балдар дарыланат. 200 орунга эсептелген. 6 врач, 32 мед. орто билимдүү адис иштейт. Кара-Суу балдар санаторийи (Шарк кыш.) 1980-ж. түзүлгөн. Ашказан, ичеги-карыны ооруган 4—14 жаштагы балдар дарыланат. 70 орунга эсептелген. 1 врач, 9 мед. орто билимдүү адис, 2 тарбиячы иштейт. Ноокат чарба аралык балдар санаторийи (Жаңы-Ноокат кыш.) 1982-ж. түзүлгөн. Тез-тез ооруучу 4—14 жаштагы сыркоо балдар дарыланат. 100 орунга эсептелген. 2 врач, 7 мед. орто билимдүү адис иштейт. Сузак гастро-энтерология балдар санаторийи (Жаңы-Дыйкан кыш.) 1982-ж. түзүлгөн. Ашказан, ичеги-карыны ооруган 3—14 жаштагы балдар дарыланат. 50 орунга эсептелген. 2 врач, 5 мед. орто билимдүү адис, тарбиячы иштейт. Бардык Б. с-нде мед. дарылоо м-н катар табигый-климаттык дарылоо да жүргүзүлөт.

БАЛДАР ТОВАРЛАРЫ ДҮКӨНДӨРҮ, Ош ш-ндагы Б. т. д. Областтын борборунда 4 адистештирилген дүкөн иштейт (1987). № 77 «Балдар үчүн товарлар» дүкөнү (Зайнабетдинов көчөсү, 3) 1984-ж. ачылган. Товарларынын нег. ассортименти: тигилүү кийимдер, тор буюмдар, бут кийим, мектеп окуучуларына керектүү товарлар, оюн-



Т. Балтагулов



Барпы Алыкулов

чуктар. Товарлардын 95%и өзүн өзү тейлөө ыкмасы б-ча сатылат. 7 секциясы бар, 23 киши иштейт. Жылдык товар жүгүртүүсү 959 миң сом. Соода аянты 360 $м^2$. «Жаш муун» (Салиева көчөсү, 1) 1974-ж. ачылган. Нег. ассортименти: тигилүү кийимдер, тор кийимдер, бут кийим, оюнчуктар, парфюмерия, мектеп окуучуларына керектүү товарлар, ымыркай балдар үчүн товарлар. Товарларынын 90%и өзүн өзү тейлөө ыкмасы м-н сатылат. 13 секциясы бар, 26 киши иштейт. Жылдык товар жүгүртүүсү 2 млндой сом. Соода аянты 400 $м^2$. № 70 «Балдар үчүн товарлар» дүкөнү (ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 18) 1979-ж. ачылган. Нег. ассортименти: тигилүү кийимдер, тор кийимдер, оюнчуктар, мектеп окуучуларына керектүү товарлар, парфюмерия. 18 киши иштейт. Жылдык товар жүгүртүүсү 1 млндой сом. Соода аянты 200 $м^2$. «Ымыркай балдар үчүн товарлар» дүкөнү (Ленин көчөсү, 260) 1979-ж. ачылган. Нег. ассортименти: тигилүү кийимдер, тор буюмдар. Товарларынын бардыгы өзүн өзү тейлөө ыкмасы б-ча сатылат. 5 киши иштейт. Жылдык соода жүгүртүүсү 1 млндой сом. Соода аянты 40 $м^2$.

БАЛТАГУЛОВ Төрөгелди (1920, Ала-Бука р-ну, Кош-Алмурут кыш. — 1966, Фрунзе ш.) — советтик парт. ишмер. 1940-ж. Фрунзе ш-ндагы мугалимдерди даярдоочу ин-тка кирип, аны бүтүргөндөн кийин р-ндо мугалим, мектеп директору, райононун башчысы, андан кийин партиянын Ала-Бука райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1941-жылдан КПСС мүчөсү. 1943—49-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин Жалал-Абад обкомунун пропаганда б-ча секретары, биринчи секретары, кийин Ош обкомунун секретары, Ош обл. Эмгекчи депутаттар советинин аткомунун председатели. 1955-ж. партиянын Жалал-Абад обкомунун биринчи секретары, Ош ж-а Жалал-Абад областтары кошулгандан кийин Ош обл. Эмгекчи депутаттар советинин аткомунун председатели, андан кийин Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун биринчи секретары. 1962-жылдан профсоюздардын респ. советинин председатели . 1947—51-ж. ж-а 1955—59-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин, 1958—66-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, 3 «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

БАЛТЫРКАН ТОКОЙ ЗАКАЗНИГИ Чаткал кырка тоосунун түш. капталында, Жаңы-Жол р-нунда, Афлатун токой чарбасынын аймагында, Афлатун капчыгайында жайгашкан. Д. дең. бийикт. 1500—2500 *м*. 1975-ж. Тянь-Шандан башка жерлерде кездешпөөчү көк карагай өскөн токой тилкесин коргоо максатында уюшулган. Көк карагайдан башка карагай, жаңгак, ак чечек, алма, катын жаңгак, аса-муса, шилби, табылгы, четин ж. б. өсөт. Аянты 304 *га*.

БАЛ ЧЕЛЕКЧИЛЕР КООМУ, Ош обл. Б. ч. к. — ыктыярдуу коомдук уюм (башкармасы: Ош ш., Свердлов көчөсү, 341). 1978-ж. түзүлгөн. Ош шаардык Б. ч. к-н (ага Ош, Кызыл-Кыя ш-нын, Алай, Араван, Ноокат р-ндорунун бал челекчилери да кирет), Жалал-Абад Б. ч. к-н (Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Майлы-Сай ш-нын, Сузак, Ленин, Базар-Коргон р-ндорунун бал челекчилери да кирет), Өзгөн Б. ч. к-н (Өзгөн, Кара-Суу ш-нын, Совет ж-а Өзгөн р-ндорунун, о. эле Ильичёвка, Мырза-Аке кыш-нын бал челекчилери да кирет) бириктирет. Аарыларды багуу б-ча коомдун мүчөлөрүнө зооветодикалык жардам көрсөтөт, автобазалардан, о. эле коомдун мүчөлөрү иштеген уюмдар м-н ишканалардан транспорт бөлдүрүп алууну уюштурат. 1984-ж. 1-январда коомдун 3352 мүчөсүнүн 733 010 аары уюгу болгон. 1983-ж. 3875 *т* бал тапшырышкан. Ош шаардык Б. ч. к. (башкармасы: Ош ш., Гагарин көчөсү, 265) 1978-ж. түзүлгөн. 2215 мүчөсү бар.

БАРИТТУУ ҮҢКҮР — Ноокат р-ндагы Төө-Моюн тоосунун түш. капталында жайгашкан үңкүр. Үңкүр 1940-ж. академик Д. И. Шербаков тарабынан табылган. Карбондун акиташ тектүү катмарларында пайда болгон. Үңкүрдүн эки оозу бар: атайы казылган (2×2 *м*) ж-а табигый (1,8×2 *м*). Уз. *186 м* (штольня м-н кошо), орт. эни 7 *м*, бийикт. 4,7 *м*. Үңкүрдү каптаган кальцит м-н бариттин кристаллдары өзгөчө кооз көрүнөт. 1940-жылдары академик А. Е. Ферсман изилдеп, анын дүйнөдө кайталангыс жерлери бар экендигин белгилеп кеткен. Азыр анын көп бөлүгү бузулган, суктанарлык жерлери («белгилүү кристаллдары») сейрек кездешет.

БАРИТТУУ ҮҢКҮР КЕНИ — Ноокат р-ндагы оникс кооз ташы бар жер. Төө-Моюн тоосунун түш. капталында, Араван — Эски-Ноокат авт. жолунун бою нда (40—50 *м* сол тарапта), Төө-Моюн ашуусунан 1,5 *км* аралыкта. Кең аймагын таш көмүр мезгилинде пайда болгон акиташ теги түзөт. Оникс кооз ташы «карст» процессинен пайда болгон табигый үңкүрдө жайгашкан. Мында 2 түрдүү мрамор оникси кездешет. Биринчиси — туурасы 0,8—1 *смге* чейинки узатасынан созулган ж-а билинер-билинбес толкун сымал кызгылт, тунук ж-а ак жол-жол сызыкчалуу; экинчиси — кальций карбонаты м-н цементтешкен кызыл, күрт күрөң ж-а саргыч боз чопонун түз, кээде иймеленип, кээде жол-жол катмарчалуу. Оникс катмарынын көпчүлүгү үңкүрдүн түш.-батышында жайгашып, көлөмү 15$м^3$ге жетет. Ташстан кооз майда буюмдарды жасоого болот.

БАРПЫ Алыкулов (1884, азыркы Сузак р-ну, Ачы кыш. — 1949, Фрунзе ш.) — кыргыз совет төкмө акыны, кыргыз оозеки поэзиясынын классиги. Кедей үй-бүлөсүндө туулуп, 8 жашынан байларга жалчы болуп иштеген. Түш. Кырг-нда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө активдүү катышкан. 1918-жылдан кедейлер к-тинин председатели, кийин Жалал-Абад участкасындагы Чаңгет айыл советинин председателинин орун басары. 1920-ж. Масы болушунда «Кошчу» союзунун председатели болуп иштеген. 30-жылдардын башында катуу ооруп, көзү азиз болуп калган. Б. төкмө акын, ойчул катары ж-а элдик оозеки чыгармаларды жакшы билгендиги м-н даңкы чыккан. Рев-яга чейинки ырларында таптык теңсиздикти ашкерелеп, кийин советтик турмушту даңазалап ырдаган. Сузак р-ндагы к-з, респ-нын ар кайсы шаар, кыштактарындагы бир катар көчөлөр Барпынын ысымы менен аталат.

БАСМАЧЫЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШ. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында Орто Азияда контррев-ячыл улуттчулар — басмачылардын кыймылы башталган. Бул бай-манаптар, молдолор, кулактар ж-а улутчул буржуазиянын Совет бийлигине ж-а социалисттик кайра курууларга каршы таптык күрөшүнүн формасы эле. Басмачылардын арасында ак гвардиячылар, кылмышкерлер да болгон. Басмачыларды ислам динин ж-а түрк элдерин бардыгынан жогору койгон идеологдор («Шура-и-Ислам», «Улема», «Алаш» ж. б. уюмдар) башкарган. Алар 1917-ж. контррев-ячыл «Кокон автономиясы» өкмөтүн түзүшкөн. Басмачылар парт. ж-а советтик кызматчыларды, о. эле паранжысын таштаган аялдарды, активисттерди ырайымсыздык м-н кыйнап өлтүрүшкөн. Басмачылар эл чарбасына көп зыян келтирген. 1919-ж. октябрда ферганалык басмачылар м-н «дыйкандар армиясынын» бириккен куралдуу күчтөрү Ош, Жалал-Абадды басып алышкан; Анжиянды курчап алып, Ферганага коркунуч туудурган. Совет бийлиги басмачыларга каршы күрөшүүдө согуштук аракеттерин экон. иш чаралар ж-а саясий-үгүт иштери м-н айкалыштыра жүргүзгөн. 1918-ж. ноябрдан РКП(б)нин Фергана обл. 1-конференциясынын ревяны коргоого чыгуу ж-дө эмгекчилерге кайрылуусуна жооп кылып басмачыларга каршы күрөшүүчү ыктыярдуу отряддар түзүлө баштаган. Эмгекчилерди басмачыларга каршы чыгарууда Орто Азияда эл чарбасын көтөрүү б-ча иш чараларды (салыктын көлөмүн азайтуу, жер-суу реформалары), улуттук саясаттын лениндик принциптерин ишке ашыруу чоң роль ойногон. 1919-ж. октябрда В. И. Ленин дин демилгеси б-ча М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев, Я. Е. Рудзутак башында турган Бүткүл россиялык аткомдун ж-а РСФСР Эл Комиссарлар Советинин Түркстан комиссиясы түзүлгөн. Комиссиянын мүчөлөрү Анжиян, Ош, Кызыл-Кыя ж-а Жалал-Абадда болушуп, басмачыларга каршы күрөшүүгө, эл чарбасын калыбына келтирүүгө ж-а парт. уюмдар м-н Советтерди чыңдоого жардам беришкен (к. *Фрунзе М. В. Кыргызстандын түштүгүндө*). Басмачыларга каршы эмгекчил дыйкандар массасы, дыйкандар отряддары ж-а ыктыярдуу элдик милициянын кошуундары, Кызыл Ар-

миянын улуттук бөлүктөрү, аймактык резервдик батальондор күрөшкөн. Басмачыларды талкалоодо Кызыл-Кыя, Ош, Анжиян коммунисттик уюмдарынын мааниси зор. 1920 ж-а 1923-ж. Алайга Кызыл Армия бөлүктөрүнүн Алай экспедициясы жиберилип, ал аны басмачылардан тазалаган. 1923-жылдын аягында басмачылар негизинен талкаланган. Басмачыларды талкалоодо М. В. Фрунзе, Э. Ф. Кужело, А. Орозбеков, А. Осмонбеков, К. Камчыбеков, Д. Д. Чураков ж. б-дын эмгектери зор. Басмачыларды контррев-ячыл күч катары биротоло жоюу Кырг-ндын түштүгүндө Совет бийлигин чындоого шарт түзгөн. Басмачылардын калдыктары Кытай, Иран, Афганстанга кире качышкан. 1929—30-жылдардын башында басмачылар коллективдештирүүгө тоскоолдук кылууга аракеттенишкен, бирок алардын аракеттери тез эле басылып турган.

БАСМАЧЫЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮҮЧҮ ЫКТЫЯРДУУ ОТРЯДДАР. Рев-яны коргоо үчүн РКП(б)нин Фергана-дагы 1-конференциясында эмгекчилерге кайрылуусуна жооп кылып, 1918-ж. ноябрдан түзүлө башталган. Алгачкы отряддар Кызыл-Кыя (416 адам), Жалал-Абад аймагындагы бир катар кыш-да түзүлгөн. Фергана обл-ндагы ыктыярдуу отряддарга жетекчилик кылуу 1918-ж. 29-ноябрда түзүлгөн оперативдик штабга, кийин Фергана фронтуна тапшырылган. 1920-ж. май айында М. В. Фрунзенин буйругу б-ча чакан отряддар өзүнчө аскердик кошуундарга бириктирилген. А. Осмонбеков (Кетмен-Төбө — Афлатун), Н. Орозалиев (Ала-Бука), К. Исабаев (Көгарт өрөөнү), К. Камчыбеков (Гүлчө) ж. б-дын командачылыгы м-н кыргыз отряддары түзүлгөн.

1921-жылдан басмачыларга каршы күрөшкө эмгекчилерди бириктирүүдө ыктыярдуу отряддар нег. ролду ойногон. 1921-ж. июлда Жалал-Абад, Базар-Коргон р-ндорундагы отряддарда 900дөй адам болгон. 1923-жылдын аягында Түш. Кырг-нда басмачылардын очоктору жоюлуп, ыктыярдуу отряддар таркатылган.

БАТКЕН — б. з. 1-к-на таандык тургун жай. Баткен кыш-нын түн. ж-а түн.-батыш тарабында жайгашкан. Жер үстүндө чачылып жаткан карапа сыныктары табылган. Тургун жайдын ортосунда бузулган дөбөнүн калдыгы сакталган. Табылган карапа сыныктарына караганда мархамат маданиятына (б. з. 1—4-к.) таандык. 1957-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген.

БАТКЕН — Баткен р-нундагы Баткен айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Ош ш-нан 290 *км* батыш тарапта, Исфара темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 22 *км*. 1896-ж.



Баткен кыш-ндагы Орджоникидзе атн. орто мектеп.

негизделген. Калкы 11 407 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. Май з-ду, авт. моторлорун оңдоочу устакана, кесиптик-тех. окуу жайы, 2 орто мектеп, интернат-мектеп, сүрөтчүлөр өнөрканасы, музыкалык мектеп, 3 бала бакча, маданият үйү, санитарча-эпидемиологиялык станция, оорукана, универмаг, турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты ж. б. бар.

БАТКЕН ӨРӨӨНҮ — Түш. Кырг-ндагы тоо аралык өрөөн. Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун түн. этектеринде жайгашкан. Баткен р-нунун аймагында түштүктөн түндүккө созулуп жатат. Уз. 60 *км*, туурасы 24 *км*. Таманынын д. дең. бийикт. 900—1500 *м*. Аянты 270 $км^2$дей. Өрөөндү түштүгүнөн Байтак (бийикт. 1829 *м*), Таштак-Таш (2025 *м*), Кара-Таш (2038 *м*), батышынан Баткен (1331 *м*), Бужун (1377 *м*), Ак-Өтөк (1490 *м*), Досталык ж-а Сүргөн-Таңгасы (1388 *м*), түндүгүнөн Кыңыр-Адыр, Паран (985 *м*), чыгышынан Ак-Таш тоолору курчап жатат. Жеринин бети түнкүдүктү көздөй жантайыңкы, бир аз дүктү көздөй жантайыңкы, бир аз күдүрлүү; тоо этектери какшыган сайлар м-н тилмеленген. Курчап жаткан тоолор силур ж-а таш көмүр мезгилдеринин сланец, акиташ теги, кумдук, алевролит, конгломерат, өрөөндүн таманы неоген м-н антропогендин шагыл, конгломерат, кумдук, чопо ж. б. чөкмө тектеринен түзүлгөн. Климаты кескин континенттик, жайы узак, кургакчыл, кышы кыска, кар аз түшөт. Июлдун орт. темп-расы 25 °С, январдыкы — —5 °С. Жылдык жаан-чачыны 100—300 *мм*. Нег. суулары: Чет-Булак,

Кара-Булак. Табигый чөл, жарым чөл ж-а талаа ландшафты чарбалык иштер үчүн өздөштүрүүдөн аябай өзгөргөн (айрыкча түн. жагы). Боз топуракту. Табигый өсүмдүктөрдөн шыбак, баялыш, бетеге ж. б. кездешет. Өрөөндө мал чарбасы, багбанчылык, тамеки өстүрүү өнүккөн. Гидромелиорация иштери жүргүзүлүүдө. Өрөөндүн экономикасында Төрткүл суу сактагычынын мааниси зор.

БАТКЕН РАЙОНУ — обл-тын түш.-батышын ээлеген админ. аймак. 1933-ж. (азыркы чек арасы б-ча 1984-ж.) түзүлгөн. Чыгышынан Фрунзе р-ну, түш.-чыгышынан Алай р-ну, батышынан Лейлек р-ну, түштүгүнөн ж-а түндүгүнөн Тажик ССРи, түндүгүнөн Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 6,1 миң $км^2$. Калкы 46 миң (1985). Борбору — Баткен кыштагы. Район 44 кыштакты бириктирген 7 айыл советине бөлүнөт.

Табияты. Райондун аймагы Баткен өрөөнүн, түн-төн түш-түү карай созулуп жаткан тоо этектериндеги өрөөндөрдү, Исфара, Сох сууларынын капчыгайларын ж-а Түркстан, Алай кырка тоолорунун түн. капталдарын ээлейт. Көмүр, акиташ, курулуш материалдар кендери казып алынат; нефть, газ, нефелиндүү сиенит ж-а бир аз сымап, сурьма кендери да табылган. Климаты кескин континенттик. Жайы ысык ж-а кургакчыл. Кышы суугураак, аяздуу. Тоо этектериндеги дыйканчылык аймактарда жылдык орт. темп-расы 10 °С, июлдуку 29,2 °С, январдыкы — 4,1 °С. Тоолордо д. дең. 2500 *м* бийиктикте январдын орт. темп-расы —9 °С, июлдуку 15 °С. Тоо этектеринде жылдык жаан-чачыны 100—200 *мм*, тоолордо 300—450 *мм*. Жылуу мезгили 175 күн. Табияты тамеки өстүрүү ж-а багбанчылык үчүн ыңгайлуу. Райондун аймагына топурак м-н өсүмдүктөрүнүн бийиктик зоналдуулугу мүнөздүү. Тоо этектери ачык боз, тоо беттери күңүрт боз, күрөң, андан жогору тоо-токой ж-а тоо-шалбаа топурактуу келет. Тоо этектериндеги айдалбаган жерлерде шыбак, төө тикен, капчыгайларда тал, терек, тоонун тескей беттерине шыбак, чекенди, чий, д. дең.



1500—2700 *м* бийиктикте баялыш, туланг чөптөр өсөт. 2500 *м*ден жогору арча, бадалдар кездешет. 3000 *м*ден жогору жайыт катары пайдаланылучу субальп ж-а альп шалбаасы ээлейт. Жаныбарлары ар түрдүү. Сүт эмүүчүлөрдөн түлкү, коён, кашкулак, суур, доңуз, карышкыр, тоо теке, илбирс, куштардан кыргоол, кекилик, улар, бүркүт ж. б. мекендейт. Сууларында жилингир, каңылтыр, сазан балыктар көп.

Калкы. Райондо негизинен кыргыздар (95,8%и; 1979-жылкы эл каттоо б-ча), о. эле орустар (1,5%), татарлар (0,9%), өзбектер (0,7%), тажиктер (0,5%), украиндер, казактар, уйгурлар ж. б. улуттар жашайт. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 7 киши туура келет. Калкынын нег. бөлүгү тоо этектериндеги түздүктөрдө ж-а суу бойлорунда отурукташкан. Калкы табигый өсүштүн эсебинен көбөйүүдө.

Чарбасы. Райондун эл чарбасынын негизин ургаалдуу а. ч. өндүрүшү түзөт. Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, багбанчылык ж-а кой багуу. Райондогу бардык а. ч. дүң продукциясынын 55,4%и дыйканчылыктан түшөт (1985). Бул р-ндон областтагы а. ч. дүң продукциясынын 3,4%и алынат. 1986-ж. 1-январда 1 к-з, 6 с-з, адистештирилген чарба, малды бордоп семиртүүчү с-з ж-а багбанчылык-жүзүм с-зу болгон. А. ч-га жарактуу 203,3 миң *га* жери бар; а. и. айдоо аянты 13,3 миң *га*, бак-даракгар 2,4 миң *га*, жайыт



Сох суу болгуч каналы.

192,8 миң *га*, чабынды 3,4 миң *га* жерди ээлейт. Эгин (3,5 миң *га;* буудай, арпа, жүгөрү), тамеки (67039 *га*), картошка (50 *га*), жашылча (50 *га*), коондарбыз (41 *га*), тоют кызылчасы өстүрүлөт. Мындан тышкары 622 *га* жүзүм, 1560 *га* мөмө бактары ж-а жер-жемиш аянттары бар. 1985-ж. 74 миң *ц* эгин, 23,3 миң *ц* тамеки, 5 миң *ц* картошка, 10,1 миң *ц* жашылча, 6,3 миң *ц* коондарбыз, 10 миң *ц* жүзүм, 4,7 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган. Бул р-ндун аймагында тамеки жакшы өсөт. Анын орт. түшүмдүүлүгү 38,1 *ц/га*. Өрүктүн мекени. Мал чарбачылыгынын нег. тармагы — уяң жүндүү, чала уяң жүндүү кой ж-а тыбыттуу эчки багуу. 1986-ж. 1-январда 135,5 миң кой-эчки (а. и. 55,2 миң эчки), 9,7 миң уй, 1,6 миң жылкы, 9,3 миң үй куштары (коомдук сектордо) болгон. О. эле жибек курту (жылына 23,4 *т* жибек буласы алынат) багылат. 1985-ж. коомдук сектордон 2328 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 4268 *т* сүт, 306 *т* жүн, 195 миң даана жумурткa алынган. Ө. ж. ишканаларынан май з-ду, турмуш-тиричилик комбинаты, о. эле «Төрткүл» жүзүм с-зу бар. 1985-ж. 2578 миң сомдук товардык продукция чыгарылган. Нег. транспорту — автомобиль. Авт. жолунун уз. 476 *км*, анын 379 *км*и асфальтталган. Башкы авт. жолдору: Хайдаркен — Баткен — Исфана, Баткен — Исфара (Тажик ССРи) ж. б. Авиа жолдору Баткен кыш-н Фрунзе, Ош ш. менен байланыштырат.



«Москва» к-зунда эгин жыйноо.

Элге билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында 32 жалпы билим берүүчү мектептерде 12,9 миң окуучу, 2 кесип-тех. окуу жайында 711 бала окуган, 12 бала бакчасында минден ашык бала тарбияланган. 1986-ж. 29 китепкана, 19 клубдук мекеме, 19 киноустановка, музыкалык мектеп, сүрөтчүлөр өнөркасы, р-ндук оорукана ж-а поликлиника, 2 участкалык оорукана, санитария-эпидемиологиялык станция, 2 айылдык амбулатория, 4 аптека, 18 фельдшер-акушердик пункт (к. *Баткен районунун медициналык-санитариялык мекемелери)* иштеген. 1939-жылдан р-ндук «Кызыл Туу» газетасы чыгат. Райондун аймагында Кан чебинин калдыгы жайгашкан.

БАТКЕН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Баткен кыш., Садовый көчөсү, 3). 1964-ж. негизделген. 1980-жылдан борб. китепкана. Ал филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүүчү пункттары катары 29 китепкананы (ар бир айыл советинде 3—5 китепкана), а. и. 25,9 миң китеби, 2,2 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Баткен кыш., Совет көчөсү) бириктирет. Райондогу 2 профсоюздук, колхоздук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китеп фондусунда орус, кыргыз, өзбек ж-а чет тилдерде 229,6 миң китеп бар. 1985-ж. 28,3 миң окурманды тейлеген.

БАТКЕН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Баткен кыш., Пролетар көчөсү). 1964-ж. ачылган. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 365 орундуу.

БАТКЕН РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондо суулардын ж-а алардын куймалары, «Төрткүл» суу сактагычынан турган 6 ири сугат системасы бар (1986); алар 12 миң *га* жерди сугаруу үчүн пайдаланылат. Сугат системасынын Сох суусунун куймаларынан 16, Сох суусунан 8, Кара-Булак суусунан 5, Шор-Суу суусунан 14, Исфара суусунун куймаларынан 4, Исфара суусунан 70 канал башталат. Ири каналдары: Туташтыруучу канал (суу сактагычка суу толтуруучу канал; 1971-ж. курулган, Исфара суусунан башталат; уз. 19,7 *км*, каналдын башында чыгымы 25 $м^3/сек$), «Төрткүл» каналы (нег. канал, 1973-ж. курулган; суу сактагычтан башталат; уз. 17 *км*, каналдын башында чыгымы 12 $м^3/сек$), суу сактагычтан агып чыгуучу Бетондолбогон канал (Исфара суусуна куюучу канал, 1977-ж. курулган; уз. 7,6 *км*, каналдын башында чыгымы 12 $м^3/сек$). «Төрткүл» суу сактагычы 1972-ж. курулуп бүткөн. Исфара суусунун агымын жөнгө салып турат; бийикт. 20 ж-а 30 *м* келген 2 плотинасы бар, сыйымдуулугу 90 млн $м^3$, суунун үстүнкү бетинин аянты 6,6 $км^2$. Баткен р-нунун 11,5 миң *га*, Тажик ССРинин 2,6 миң *га* жерин сугарат. 136 киши иштейт (1986). Б. р. и. к. р-ндук сугат система башкармасына (Баткен кыш.) карайт.

БАТКЕН РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 19 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 10 айылдык маданият үйү (Кара-Бак, Кара-Булак, Кыштут ж. б. айыл советтеринде), 2 профсоюздук клуб («Биринчи Май», В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгы атн. с-здордо), 7 автоклуб иштейт. Өздүк көркөм чыгармачылыгынын 47 ийрими (688 киши катышкан) уюшулган.

БАТКЕН РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук оорукана (поликлиникасы м-н), 100 орундуу 2 участкалык оорукана (Таян, Самаркандык кыш.), 2 айылдык амбулатория (Бөжөй, Кара-Бак кыш.), 18 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 4 аптека, р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Баткен кыш., Фрунзе көчөсү) иштейт (1986). Райондун амбулатория-лык-поликлиникалык мекемелеринде сменасына 347 киши көрүнөт; стационары 465 орундуу (а. и. 60ы кош бойлуу аялдар үчүн). Райондо 63 врач ж-а 242 мед. орто билимдүү адис, а. и. р-ндук санитария-эпидемиологиялык станцияда 6 врач ж-а 27 мед. орто билимдүү адис иштейт.

БАТКЕН РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1970-ж. чейин р-ндун калкын р-ндук керек-жарак кооперациясына караган кийим тигүү мастерскою ж-а чач тарач тейлеген. 1970-ж. 3 чач тарач, фотосалон ж-а кийим тигүү цехин бириктирген Баткен турмуш-тиричилик комбинаты уюшулган. Турмуш-тиричилик комбинатына (администрациясы: Баткен кыш.) караган 48 ишкана, а. и. 2 фотосүрөт, 8 чач тарач, кийим тигүүчү ателье, бут кийим тигүүчү ж-а ондоочу 3 мастерской,

11 комплекстүү кабыл алуучу пункт (Москва, Рават, Кара-Токой, Кыштут, Сай ж. б. кыш-да) иштейт (1986).

БАТКЕН УНИВЕРМАГЫ (Баткен кыш.). 1970-ж. ачылган. Баткен р-ндук керек-жарак коомуна карайт. Товарларынын нег. ассортименти: кездеме, кийим, тор кийим, бут кийим, оюнчук, маданий товарлар, спорт товарлары, галантерея ж-а парфюмерия. Товарлар секциялар б-ча жайгаштырылган. Жылдык товар жүгүртүүсү 2 млн сомдон ашат. 166 киши иштейт (1986). Соода аянты 760 $м^2$.

БАШ-БУЛАК — кыштак, Кара-Суу р-ндагы Катта-Талдык айыл советинин борбору. Бул айыл советине Карагөгөт, Катта-Талдык, Кичик, Кызыл-Ордо, Садырбай, Эшме, Жаңы-Турмуш кыш. да карайт. Талдык суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 38 *км* түш.-чыгыш тарапта. 1896-ж. чейин негизделген. Калкы 3683 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу. Орто мектеп, клуб, фельдшер-акушердик пункт, турмуш-тиричилик комбинаты, ашкана ж. б. бар.

«БАШКЫ-ТЕРЕК» — Чаткал р-ндагы совхоз (борб. чарбагы: Башкы-Терек кыш.). 1978-ж. Чаткал механикалаштырылган мал чарба станциясынын базасында түзүлгөн. Нег. чарбасы — кой багуу. 9 миң *га* (а. и. 7 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 19,3 миң кою, 179 жылкысы бар (1986). Ар бир койдон 3,2 *кг*дан жүн кыркып алган. Киреше-си 1,7 млн сомдон ашык.

БАШ-НУРА МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун эң чыгыш бөлүгүндөгү таатаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 13,8 *км*, аянты 54,2 $км^2$. Көлөмү 4,74 $км^3$. Чыгыш Кызыл-Суунун алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы д. ден. 6340 *м*, этеги 3690 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300 *м*. Фирн области Чоң-Алай кырка тоосунун Чыгыш-Таңы (6346 *м*) ж-а Эркечтам (5820 *м*) чокуларынын ортосундагы түн. капталды ээлейт. Этегинин эни 3 *км*. Азыр мөңгү чегинүүдө. Андан Чоң-Кызыл-Суунун оң куймасы Нура суусу башталат.

БАШ-ТЕРЕК КЕНИ — Өзгөн р-ндагы күрөң көмүр кени жаткан жер. Өзгөн ш-нан 45 *км* чыгышта, Жазы (Яссы) суусунун сол өйүзүндө. 1945-ж. алгачкы геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагында юра мезгилинин калыңдыгы 500 *м*ге чейинки чөкмө тектери жатат. Алар бүктөлүүлөргө дуушарланып синклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Көмүрдүн эки катмары юраның чопо, кумдук, гравелит ж-а алевролит тектеринин арасында жайгашкан. Калыңдыгы 0,4—3,5 *м*. Көмүр орто күлдүү (16%), кокталат.

БЕК-АБАД — кыштак, Сузак р-ндагы Сайпидин Атабеков айыл советинин борбору. Бул айыл советине Бекей, Жийде, Кайнар, Бостон, Жаңы-Жер, Кашкар-Маала, Кызыл-Багыш, Кыргыз-Абад, Мундуз, Ширин, Өзбек-Абад, Таш-Булак, Түрк-Абад, Чек, Балта-Казы кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 15 *км* түш.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 22 *км*. Калкы 5451 (1986). Нег. чарбасы — дыйканчылык (тамеки, пахта), мал чарбачылык. Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, бала бакча, оорукана, поликлиника, аптека, маданият үйү, китепкана, соода комплекси, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуучу пункту ж. б. бар.

БЕКМУРАТОВ Саид (1901, азыркы Кара-Суу р-ну, Жыл-Келди кыш. — 1966, Фрунзе ш.) — белгилүү кыякчы, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1939). Совет бийлигин чыңдоодо басмачыларга каршы күрөшкө, жер-суу реформасын ишке ашырууга, колхоздоштурууга катышкан. Кыяк тартып, комуз черткенди чоң атасы Калымбеттен үйрөнөт. Кийин Нармат, Айдараалы, Ашыр сыяктуу чоң кыякчылардан таалим алган. 1933-ж. Фрунзеге чакырылып Музыкалуу драма театрында, 1936—61-ж. филармонияда иштеген. «Сырдаш», «Кер өзөн», «Бекарыстан Тайчы», «Ак токту», «Ат кетти», «Шырдакбек», «Паризат», «Бери чык» ж. б. күүлөрү бар. Кыргыз адабияты м-н иск-восунун эки жолу Москвада өткөн он күндүктөрүнө (1939, 1958) катышкан. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

БЕКМУРЗАЕВ Кадыр (1913-ж. т., азыркы Өзгөн р-ну, Татты-Булак кыш.) — а. ч. өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1928-ж. колхозчудан баштаган, артелге биринчилерден болуп өткөн. 1932-жылдан партиялык, советтик кызматтарда, 1944-жылдан Өзгөн р-нунун «Маданият» к-зунун председа-



С. Бекмуратов



К. Бекмурзаев



Бекназар куудул



А. Н. Бернштам

тели болгон. Анын жетекчилигинде к-здун экон-сы бир кыйла чыңдалган. Ал башкарган к-з 1947-ж. 40,5 *га* сугат жердеги буудайдын ар гектарынан 30,4 *ц*ден, 1700 *га* кайрак жерден 18 *ц*ден түшүм алган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

БЕКНАЗАР КУУДУЛ, Бекназар Арзымат уулу (1881, азыркы Талас обл., Токтогул р-ну, Ничке-Сай кыш.— 1953, ошол эле жерде) — эл куудулу, жамакчы. Б. К. томаяктын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы жокчулуктун айынан жалданып иштеш үчүн Арстанбапка жакын Кызыл-Суу кыш-на байыр алып калат. Жети жашында энесинен ажырап, өгөй эненин каарынан 9 жашында үйүнөн безип Арстанбап мазарына келип, андагы шайыктарга кумганчы (даарат-ка суу даярдап бергич) болуп 7 жыл иштеген. Бул жерде ал кожомолдордун аныктык алдамчы экенине көзү жетип, аларды жек көрүү сезими пайда болгон. Ошол себептен динчилердин кылык-жоруктарын ашкерелөө анын негизги темасы болуп калган. Анын «Мусулманчылыктын азабы», «Мусаллага тойгондогу зикир», «Молдолор тооруганда», «Жума намаз эмне үчүн каза болду?», «Жалгыз көздүү жан алгыч» сыяктуу оозеки аңгемелери эл ичинде кеңири тараган. 30-жылдары Токтогул р-ндук театрында иштеген. Ал сагызган, чакчыгай, күкүк, карышкыр, мышык, теке, бука, ит (бөтөнчө күчүктөрдүн) ж. б-дын дабышын куду өзүндөй туурай алган. Б. К. Токтогул акындын шакирттеринин бири болгон.

БЕЛ — кыштак, Ноокат р-ндагы Бел айыл советинин борбору. Бул айыл советине Борбаш кыш. да карайт. Ноокат — Кызыл-Кыя авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 12 *км* батыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 36 *км*. Калкы 3391 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, амбулатория, китепкана ж. б. бар.

БЕЛГИСИЗ КЫЗЫЛ АРМИЯЧЫЛАРДЫН БООРДОШТОР МҮРЗӨСҮ Ноокат р-ндагы Эски-Ноокат кыш-нын борборунда. Анда 1922-ж. р-ндун четжакасында басмачылар өлтүргөн бир нече белгисиз кызыл аскердин сөөгү коюлган. 1925-ж. жерг. калк мүрзөгө эскерүүчү белги орнотушкан. 1984-ж. р-ндук арх-дун долбоору б-ча кызыл жылдыздуу факел түрүндө эстелик тургузулган. Бийикт. постаменти м-н кошо 3,5 *м*. Эстеликтин алдында Түбөлүк от жагылган. Мрамор тактага «Совет бийлиги үчүн курман болгондорго түбөлүк даңк» деген жазуу чегилген.

«БЕЛЕК» — Араван р-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Араван кыш., Ленин көчөсү, 1). 1979-ж. ачылган. Залы 250 орундуу. 1986-ж. 101,2 миң киши кино көргөн.

БЕЛИ-СЫНЫК ТООСУ Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү Кара-Тоо тоосу м-н Кожо-Бакырган-Сай суусунун аралыгында жайгашкан. Уз. 26 *км*, туурасы 10—11 *км*, д. ден. орт. бийикт. 1100—1300 *м*, эң бийик жери 1571 *м*. Ортоңку палеозойдун конгломераттарынан, акиташ тектеринен (борб. бөлүгү), бор ж-а палеогендик катмарлардан (четки бөлүктөрү) түзүлгөн. Кыры тайпак, батыш капталы тик ж-а кыска. Тоого боз талаа (д. ден. 700—900 *м* бийиктикте) ж-а талаа (900 *м*ден жогору) ландшафты мүнөздүү.

БЕРНШТАМ Александр Натанович (1910, Керчь ш. — 1956, Ленинград ш.) — советтик археолог, тарых илимдеринин доктору (1942), Ленинград университетинин профессору (1946—52), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1945). 1940-жылдан

КПСС мүчөсү. Кырг-ндын түштүгүндөгү археологиялык эстеликтерди изилдөөгө көп эмгек сиңирген. Жети-Суу, Тянь-Шань, Памир-Алай ж-а Фергана ны изилдеген; б. з. ч. 2-миң жылдыктан б. з. 15-к-на чейинки Орто Азиядагы археологиялык эстеликтерди доорлорго бөлүштүргөн. Нег. эмгектери: «6—8-кылымдардагы Орхон-Енисей түркөрүнүн социалдык-экономикалык түзүлүшү» (1946), «Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери» (1950), «Чүй өрөөнү» (1950), «Гунндар тарыхынын очерки» (1951), «Борбордук Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын тарыхый-археологиялык очерктери» (1952). Эмгек Кызыл-Туу ордени м-н сыйланган.

БЕШ-АРАЛ МАМЛЕКЕТТИК КОРУГУ — башка жерлерде кездешпөөчү өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсүн мамлекет коргоого алган аймак. Чаткал өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө 1979-ж. уюшулган. Аянты 116,7 миң *га*. Мындан тышкары мамл. токой фондусунун 5389 миң *га* коргоого алынган жери да бекитилип берилген. Чаткал өрөөнүнүн түн.-чыгыш бөлүгү д. ден. 2200 *м*, түш.-батыш бөлүгү 1000 *м* бийиктикте жайгашкан. Рельефи кокту-колоттуу, адыр-күдүрлүү; ортоңку бөлүгүндө түзөңүрөөк. Өрөөндү курчаган тоолор кууш капчыгайлар м-н тилмеленген. Ири суулары: Чаткал суусу ж-а анын оң куймасы — Сандалаш (Чандалаш). Жылдык жаан-чачыны өрөөндүн ортоңку бөлүгүндө 504 *мм*, түш. бөлүгү — Терс суусунун чатында 247 *мм*. Эң жылуу айлары — июль, август; эң кургакчыл айлары — август, сентябрь. Корук аймагында шалбаалуу талаа, саздуу, шалбаалуу жерлер (66 миң *га*дай) бар. Токой ж-а сейрек токой 30 миң *га*ны ээлейт. Өсүмдүктөрдүн 300дөн ашык түрү, а и. сейрек кездешүүчү 30 түрү өсөт. Талааларда аюу чач, шашыр басымдуу. Жоогазын, шыбак, пскем пиязы, чекенди, кызыл от, кымыздык ж. б. да өсөт. Дарак өсүмдүктөрдөн арча, карагай, бадал-дардан мисте, суу жээктеринде терек, тал, кайың, бөрү карагат, ит мурун, табылгы, изирик, долоно, шилби, ыргай, чычырканак ж. б. кездешет. Өрөөндүн төмөн жагында жаңгак, алма, алча, айвансари токою бар. «СССРдин кызыл китебине» шайтан жыгач, Иллария эремурусу, Попов гирчасы, кулунчак, жоогазын, пскем пиязы ж. б. катталган. Жаныбарлар дүйнөсүнө бай. Мында түлкү, тоо теке, элик, кашкулак, суур, кызыл карышкыр, күрөң аюу, кундуз, илбирс ж. б. мекендейт. «СССРдин кызыл китебине» катталган жаныбарлардан мадыл, бүркүт, бакачы, ылаачын, ителги кездешет. Корук 7 токой участкасына (Кара-Кулжа, Башкы-Терек, Чаткал, Кең-Булун, Ак-Таш, Беш-Арал, Араб) бөлүнгөн.

БЕШ-БУЛАК КЕНИ — Фрунзе р-нундагы темгилдүү акиташ теги жаткан жер. Үч-Коргон кыш-нан 3,5 *км* түн.-батыш тарапта, Академик Адышев кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан. 1973—76-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн аймагын девон мезгилинин чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу катмардын 2 түрү белгилүү: 1) арасында жашыл ж-а кызгылт туф катмарчалары бар жука катмарлуу мраморлошкон ачык бозомук түстөгү акиташ теги, 2) акиташ тегинин майда сыныктарынан турган ачык жашыл ж-а кызгылт түстүү туф-карбонат цементтүү брекчия. Кен катмары антиклиналь бүктөлүүсүнүн борб. бөлүгүндө 700—800 *м*ге созулуп жатат. Запасы мол. Акиташ теги, туф ж-а брекчиядан кооз ар түрдүү майда буюмдарды жасоого болот. Имараттын дубалдарын кооздоп каптоого да жарамдуу.

БЕШИК-ЖОН — кыштак, Базар-Коргон р-нундагы Беш-Бадам айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кыргоо, Карача, Жон, Интернационал, Көк-Алма кыш. да карайт. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 5 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 36 *км*. 1900-ж. негизделген. Калкы 2345 (1986); нег. чарбасы — дыйканчылык (тамеки өстүрүү), мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, маданият үйү, китепкана, фельдшер-акушердик пункт жана башкалар бар.

БЕШ-КЕЖИГЕ ТООСУ — Академик Адышев кырка тоосунун бир тармагы. Түштүгү Талдык ашуусу ж-а Алай өрөөнү, түндүгү Сөгөт түздүгү, чыгышы Көк-Суу тоосу, батышы Арчалы, Ак-Босого (Гүлчөнүн алабы) түздүктөрү м-н чектешип, меридиан багытында 30 *км*дей созулуп жатат. Орт. бийикт. 2900 *м*, эң бийик жери 4243 *м*. Түштүктөн түндүктү карай жапыздайт. Бири биринен терең ж-а кууш капчыгайлар м-н бөлүнгөн чакан тоолордон (Катыр, Тулга, Кала, Өлбөс ж-а Көл-Кежиге) турат. Палеозойдун акиташ теги, бор

мезгилинин кызыл түстүү конгломераттуу аскалары, тоо этеги антропогендин чөкмө тектеринен турат. Тоонун капталы тик, аскалуу, чыгышы жантайыңкы. Батышына токой (2700—3000 *м*), альп шалбаасы (3000—4300 *м*), чыгышына субальп ж-а альп шалбаа ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт.

БЕШКЕН — кыштак, Лейлек р-нундагы Бешкен айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кызыл-Байрак, Жаңы-Жол, Кайрагач, К. Маркс атн. Эски-Оочу, Биринчи Май, Лайли, СССРдин 50 жылдыгы кыш. да карайт. Кожо-Бакырган суусунун боюнда жайгашкан. 1936-ж. негизделген. Райондун борбору Исфана кыш-нан 77 *км* түн.-чыгыш тарапта, Пролетарск темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 55 *км*. Калкы 1526 (1986). Нег. чарбасы — дыйканчылык, жүзүм өстүрүү. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, амбулатория, клуб, китепкана ж. б. бар.

«БЕШКЕН» — Лейлек р-нундагы совхоз-комбинат (борб. чарбагы: Бешкен кыш.). 1979-ж. «Коминтерн» с-зунун 2 бөлүмүнүн ж-а «Кулунду» к-зунун «Кайрагач» участкасынын базасында түзүлгөн. Жүзүм өстүрүүгө адистешкен. 26,4 миң *га* (а. и. 18,7 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 400 бодо малы, 9,5 миң кой-эчкиси бар (1986).

БЕШКЕН КЕНИ — Лейлек р-нундагы бентониттик чопо чыгуучу жер. Маргун кыш-нан 8 *км* түн. тарапта, Белик тоосунун түш. этегинде. Кен 1956-ж. табылып, геологиялык жумуштар жүргүзүлгөн. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон тоо тектер түзүп, көпчүлүк жерде аларды антропоген чөкмөлөрү жаап калган. Чопо палеоген тоо тектеринин арасындагы ачык жашыл түстөгү бентониттик чопо катмарларынан турат. Алардын калыңдыгы 5—20 *м*, уз. 820 *м*ге чейин. Чопого жог. даражадагы (33—35) ийилчээктик мүнөздүү. Гранулометриялык составы ж-а аларда кумдун болушуна карай Чыгыш ж-а Батыш участкаларына бөлүнөт. Батыш участкасында чопо сапаты б-ча бургулоодо колдонулуучу чопо эриндилеринин бардык технологиялык шарттарын канаатандырат. Запасы 618 433 *т*. Чыгыш участкасындагы чопонун составында кум болгондуктан, сапаты бир аз начар. Запасы 809 591 *т*. Кен 1957-жылдан карьерден казып алынат.

БЕШ-ҮҢКҮР — Чил-Майрам тоосунун кыр бөлүгүнүн батыш тарабында жайгашкан карст үңкүрү. Араван р-нунун аймагында. Жалпы уз. 250 *м*, тереңдиги 97 *м*. Үңкүрдөн археологдорду кызыктырган карапа шам чырактар, идиш сыныктары, арабча жазуусу бар жез тыйындар табылган. Үңкүрдү мурда жерг. эл ыйык туткан.

«БИЛИМ» КООМУ, Кыргыз ССР «Б.» к-нун Ош обл. уюму (башкармасы: Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 409). 1948-ж. уюшулган. 1963-ж. чейин Кыргыз ССРинин саясий ж-а илимий билимдерди жайылтуу коомунун обл. уюму болгон. Респ. коомдун бир бөлүмү катары Бүткүл союздук «Билим» коомуна карайт. Ош обл-нын калкына илимдин, техниканын, маданияттын жетишкендиктерин, өндүрүштүк алдыңкы тажрыйбаны жайылтат. Конференция, семинар, тематикалык кече, оозеки журнал, лекцияларды өткөрөт. Билимдин ар кандай тармактары б-ча «Лекторго жардам» сериясында китепчелерди чыгарат. 15 р-ндук, 7 шаардык, 526 баштапкы уюмду бириктирет. Ош шаардык «Билим» коому (башкармасы: Свердлов көчөсү, 318) 1948-ж. негизделген. 76 баштапкы уюмду бириктирет, 1720 мүчөсү (а. и. 98и илимдин докторлору, кандидаттары ж-а доценттер) бар (1986).

«БИРИНЧИ МАЙ» — Баткен р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Боз-Адыр кыш.) 1971-ж. «Ленинград» ж-а «Биринчи Май» к-здорунун базасында түзүлгөн. Тамеки өстүрүүгө ж-а мал чарбачылыкка адистешкен. Жеринин аянты 44 миң *га* (а. и. 26,5 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери бар.

БИРК-СУУ КЕНИ — Баткен р-нундагы сымап рудасы чыгуучу жер. Түркстан кырка тоосунун түн. этегиндеги Андыген тоосунда. 13-к-дан белгилүү. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон акиташ тектери түзөт. Тоо тек катмарлары бүктөлүүлөргө дуушарланып, тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Сымап рудасы ошол жаракалар м-н байланышкан ж-а ал негизинен антиклиналдуу түзүлүштөрдүн чегиндеги брекчия зоналарында топтолгон. Кен шток түрүндөгү майда руда түйүндөрүн түзүп жатат. Жалпы уз. 25 *км*, туурасы 0,5—3,5 *км* келген аймакта руда тулкуларынын саны 29га жетет. Сымап алынуучу минерал — киноварь. Андан башка кальцит, пирит, халькопирит, куприт, азурит, кээде

кварц ж-а флюорит кездешет. Алар бардык жерде бирдей таралган эмес. Руда герцин металлогениялык доордун аягында гидротермден пайда болгон. Кен аймагынан 320дан ашык байыркы кен казындысы табылган. Кен 1946—50-ж. казылып, киреше бербеген соң убактылуу токтотулган.

«БИРЛИК» — Ала-Бука р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Ызар кыш.). 1964-ж. А. А. Жданов атн., К. Маркс атн., В. В. Куйбышев атн. к-здордун биригишинен түзүлгөн. Сүт багытындагы мал багуу ж-а тамеки өстүрүүгө адистешкен. 39,3 миң *га* (а. и. 28,3 миң *га* айыл чарбага жарактуу) жери, 4,3 миң бодо малы, 9,5 миң кою бар (1986).

БОЗ-АДЫР — кыштак, Баткен р-нундагы Суу-Башы айыл советинин борбору. Бул айыл советине Бөжөй, Апкан, Кара-Токой кыш. да карайт. Райондун борбору Баткен кыш-нан 33 *км* түш. тарапта, Исфара темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 49 *км*. Калкы 770 (1987). Нег чарбасы: кой багуу, тамеки өстүрүү. Башталгыч мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, аптека, клуб ж. б. бар.

БОЗБУ-ТОО — Чаткал кырка тоосу м-н Нарын дарыясынын аралыгындагы тоо. Чыгышынан Ат-Ойнок кырка тоосун бөлүп турган Кара-Суу суусунан башталып, батышында Пишкаран түздүү м-н бүтөт. Уз. 30 *км*, туурасы 14 *км*, бийикт. 2876 *м*ге чейин (Шилби чокусу). Негизинен палеозой (порфир, туф, кумдук, акиташ), о. эле мезозой тоо тектеринен түзүлгөн. Түш. этектерин палеогендин тектеринен турган адырлар ээлейт. Жарым чөл, кургак ж-а шалбаалуу талаа ландшафты мүнөздүү. Жайыт катары пайдаланылат.

БОЗБУ-ТОО КЕНИ — Жаңы-Жол р-нундагы мрамор ташы жаткан жер. Үч-Коргон темир жол станциясынан 57 *км* түн. тарапта, Бозбу-Тоонун түн. капталында. 1963-ж. табылган. Кен аймагын кайнозой заманында пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Пайдалуу катмар карбондун чөкмө тектеринин арасында жайгашып, каралжын мрамор тегинен турат. Агыш темгилдүү, майда бүртүкчөлүү. 1 $м^3$ тоо тек массасынан 28%ке чейин блок, 17 такта алууга болот. Суукка чыдамдуулугу, жүк көтөрүмдүүлүгү жогору. Запасы 2,7 млн $м^3$. Дубалдарды кооздоп каптоого пайдаланылат.

БОЗ-КАРАГАН — кыштак, Алай р-нундагы Калинин айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаркыштак, Кара-Шоро, Кызыл-Ой, Крупская, Каблан-Көл кыш. да карайт. Гүлчө суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 7 *км* батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 80 *км*. Калкы 907 (1987). Нег. чарбасы — мал чарбачылык. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, медпункт, турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармактары бар.

БОЗ-ЭМЧЕК — ГАВА-САЙ КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы жез ж-а полиметалл рудалары чыгуучу жер. Гава-кыш-нан түн. тарапта, Чаткал кыркa тоосунун түш.-батыш капталында. Кен 9—12-к-дан белгилүү. Кен аймагын таш көмүр мезгилинде пайда болгон доломит м-н акиташ теги ж-а эффузив тоо тектери, каледондун граинит интрузиялары түзөт. Руда халькопирит, пирит, борнит, сфалерит ж. б. сульфиддерден түзүлүп, интрузия м-н карбонат тоо тектеринин кошулган жерлеринде пайда болгон скарндарда же акиташ тектеринде жараканаларда жайгашкан. Алар негизинен гранат-волластонит ж-а гранат-пироксен скарндарына топтолгон. Рудалуу скарн катмарлары түн.-чыгыштан түн.-батышты көздөй 10 *км*ден ашык аралыкка созулат. Кен герцин металлогениялык доорунда гидротерм ж-а контакт метаморфизми (скарн) жолу м-н пайда болгон. Кенде геол. чалгындоо жүргүзүлгөн, бирок азырынча казылбайт.

БОЛОТ ХАН, Исхак молдо Хасан уулу (болжол м-н 1844, Маргалаң уезди, Охна кыш. — 1876, Маргалаң ш.) — Кокон хандыгына каршы күрөштүн жетекчилеринен. Адегенде Кокондогу «Түнкатар» медресесинде, кийин атасы мударис болуп кызмат кылган Маргалаңдагы «Ак медреседе» окуган. Бирок окууну каалабай Сохто, кийин Аңжияндагы Абдымомун аталыктын үйүндө кызмат кылат. 1872-ж. Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлгөн эл Кокон тагынын мураскору Пулат ханды көтөрүлүштү жетектөөгө чакырган. Бирок ал мындай ишенимден баш тарткан. Шер датка баштаган кыргыздын өкүлдөрү Самаркандан кайтып келе жатып, Ташкенде Абдымомундун үйүнөн сыртку кебетеси Пулат ханга окшош Исхакты кезиктирип, аны Пулат хандын ордуна мураскор болууга көндүрүшкөн. 1873—76-ж-дагы Кокон

хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө карапайым кыргыз, өзбек, тажик калкы чыгышкан. Өз кызыктарын көздөгөн феодалдык таптын өкүлдөрү да катышкан. Феодалдар Исхакты Пулат хан деп жарыялашкан. Кийин Пулат хан феодалдардын таасири м-н мурунку хандардын саясатын уланткан. Падыша өкмөтү Пулат хандын бийлигин законсуз деп эсептеп, 1875-ж. Кокон хандыгынын аймагына орус аскерлерин киргизүүгө санкция берген. Көтөрүлүш басылып, 1876-ж. 19-февралда Кокон хандыгы жоюлуп, Фергана области деген ат м-н Россия империясына өткөн. Феодалдардын чыккынчылыгы м-н Пулат хан падышалык бийликтин колуна түшүп, дарга асылган.

БОЛЬШЕВИК — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Жоош айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Жар, Гайрат, Мамажан, Агартуу, Прогресс, Коммунизм, Зарбалык, Калинин, Кызыл-Сарай, Маданият, Кызыл-Кошчу кыш. да карайт. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 10 *км* түш. тарапта. Калкы 2157 (1987). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, оорукана, аптека, китепкана ж. б. бар.

БОСТОН — кыштак, Сузак р-нундагы Кызыл-Туу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Булак, Алмалуу-Булак, Кара-Көл, Алчалуу, Ак-Терек, Кара-Инген, Кызыл-Сеңир, Спасовка, Орто Азия, Сону-Таш, Шатырак кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 14 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 7 *км*. Калкы 3057 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. Орто мектеп, мектеп-интернат, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт ж. б. бар.

БӨКӨНБАЕВ Ж. БЮСТУ. Кыргыз совет акыны ж-а драматург Жоомарт Бөкөнбаевдин ысмын алып жүргөн Ош ш-ндагы мектептин алдында 1972-ж. орнотулган. Бюсттун көлөмү —2 натура, постаментинин бийикт. 1,5 *м*. Бетондон жасалган. Скульп. — В. Савельев.

«БУТ КИЙИМ» («Обувщик»), Оштогу «Б. к.» ф-касы (Ош ш., Кара-Суу көчөсү, 22). 1979-ж. Ош турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын 4 бут кийим цехинин базасында түзүлгөн. Фабрикага бут кийим ултаруучу 6 цех (Кара-Суу көчөсү, 22; Шахтёр көчөсү, 52; Базар көчөсү, 22; Салиева көчөсү, 20 ж. б.), бут кийим оңдоочу адистештирилген 2 мастерской (Базар көчөсү, 22; Түштүк шаарчасы), бут кийим жамоочу 37 мастерской (ирилери: Базар көчөсү, 22; Кара-Суу көчөсү, 22), 7 кабыл алуучу пункт (Кара-Суу көчөсү, 22; Кыргызстан көчөсү, 78 ж. б.) ж-а автомастерской карайт. Фабрика калкты тейлөө иштерин аткарат, р-ндук ж-а шаардык турмуш-тиричилик комбинаттарын желим, таш таман, ж-а картон м-н камсыз кылып турат. 1985-ж. 1 млн 875 миң сомдук 72 түрдүү тейлөө иштерин аткарган. 370 киши иштейт (1986).

БУХГАЛТЕРИЯ МЕКТЕБИ, Ош обл. Б. м. (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 47) бухгалтер-эсепчилер мектеби катары 1935-ж. ачылган. Адегенде ө. ж. ишканалары үчүн бухгалтер-эсепчилердин кечки 1 тобун окуткан. 1940-ж. а. ч. өндүрүшү үчүн бухгалтер-эсепчилердин 2 тобу даярдала баштаган. 1981-жылдан азыркыдай аталат. Ө. ж. ишканалары ж-а айыл чарбасы үчүн бухгалтерлерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 640 кишди окуган, 20 окутуучу иштеген. 80 орундуу жатаканасы, китепканасы (китеп фондусу 12 миң нуска) бар. Ачылгандан бери 10 миңден ашык адис даярдалган.

БҮЛӨӨЛҮ МӨҢГҮСҮ — Үч-Эмчек кырка тоосунун түш. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 2,5 *км*, аянты 3 $км^2$. Кичи-Нарын дарыясынын алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы д. дең. 4340 *м*, этеги 3720 *м* бийиктикте жатат. Андан Бүлөөлү суусу башталып, Буркандын оң куймасы Калча суусуна куят.

БҮЛӨӨЛҮ ТОКОЙ ЗАКАЗНИГИ Алай р-нунун аймагында жайгашкан. 1975-ж. тянь-шань карагайы өскөн токойду коргоо максатында түзүлгөн. Карагай м-н кошо арча, кокту-колоттордо четин, карагат, табылгы, бөрү карагат, ит мурун ж. б. бадалдар жыш өсөт. Аянты 384 *га*, а. и. тянь-шань карагайы 261 *га*ны ээлейт.

БҮРГӨНДҮ — кыштак, Ленин р-нундагы Бүргөндү айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаңы-Арык, Жеңиш, Ноошкен, Кызыл-Кыя, Кокондук, Кичи-Бүргөндү, Курама, Ууру-Жар кыш. да карайт. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 32 *км* түш.-батыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 70 *км*. Калкы 1372 (1985).

Нег. чарбасы — дыйканчылык (дан ж-а тоют өсүмдүктөрү), мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, ооруканна, турмуш-тиричилик комбинаты, клуб, китепкана ж. б. бар.

БҮРКҮТ ҮҢКҮРҮ — неолит дооруна таандык археологиялык эстелик. Ош ш-ндагы Сулайман тоосунда жайгашкан. Эмгек куралдары табылган. А. Н. Бернштамдын маалыматы б-ча үңкүрдөн микролитоид түрүндөгү материал кездешкен. Андан башка жанар тоо тегинен жасалган учтуу таш курал табылган. Б. М. Юнусалиев м-н В. А. Ранов табылган материалды неолит дооруна таандык деп эсептешкен.

«БҮРКҮТЧҮ» — декорациялык скульптура-монумент. 1979-ж. Гүлчө кышнын кире беришинде орнотулган. Анын автору — скульптор Д. Жолчуев атчан кыргыз бүркүтчүнүн жалпы турпатын жараткан. Бийик орнотулган бүркүтчүнүн 5 *млик* келбетинен ыкчамдык м-н күчтүн ташып турганы сезилет. Бетондон куюлуп жасалган.

БЮДЖЕТ. Областтын бюджетинде кирешенин нег. булагы социалисттик чарбадан түшкөн каражаттар болуп эсептелет. Алардын үлүшү 71%ке жетет. Калктан жыйналган салык 16%ти түзөт. Бекитилген кирешенин үлүшү 7,9%, а. и. аткомго караштуу ишканалар м-н уюмдардын бюджетке төлөөсү 4,8%ти түзөт. 1940-ж. обл-тын Б-инин жалпы сарпталышы 63 794,9 миң сомду түзүп, анын 7096,3 миң сому эл чарбасына, 34 549 миң сому эл агартууга, 12 100,3 миң сому ламаттык сактоого, 9 277,7 миңи админ. аппаратка, социалдык камсыздандырууга ж. б. жумшалган. Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде бюджет аркылуу фронт м-н ооруктун муктаждыгын канааттандыруу үчүн көп акча жумшалган. Кийинки жылдары бюджет эл чарбасын калыбына келтирүүгө ж-а өстүрүүгө элдин жыргалчылыгын жогорулатууга керектелген.

Ош шаарынын бюджетинде кирешенин башкы булагынын үлүшү (социалисттик чарбадан түшкөн каражаттар) 75,9%ке жетет, калктан жыйналган салыктар 9%ти түзөт. Бекитилген кирешенин үлүшү 38,1%, а. и. шаар аткомуна караштуу ишканалар м-н уюмдардын бюджетке төлөөсү 2,8%ти түзөт.

Бюджетти түзүүнү ж-а аны көзөмөлдөөнү Эл депутаттар советинин шаардык ж-а обл. аткомунун финансы бөлүмү жүргүзөт. Бюджет ж-дөгү маалыматтар статистикалык жыйнактарда жарыяланат.

Областтын бюджетинин 1960—83-жылдардагы кирешеси (миң сом м-н)

	1960		1970		1983	
	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н
Бекитилген кирешелер, а. и. аткомго караштуу ишканалардан түшкөн пайда	3664,9	8,3	4381,0	4,0	16372,2	7,8
Мамл. салыктар м-н кирешелердин бөлүнгөнү	1181,3	2,6	2000,6	1,8	10235,9	4,8
Башка кирешелер	39859,4	90,9	10306,0	95,7	192767,0	92,0
Бардыгы	309,4	0,8	224,9	0,3	259,9	0,2
	43833,7	100,0	107605,2	100,0	209399,1	100,0

Областтын бюджетинин 1960—83-жылдардагы чыгымдалышы (миң сом м-н)

	1960		1970		1983	
	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н
Эл чарбасына	7911,9	18,0	15486,3	14,3	36477,5	17,4
Социалдык-маданий иш чараларга	33807,0	77,1	89621,1	83,2	163767,5	78,2
а. и. эл агартууга	21506,6	49,0	57065,9	53,0	106827,0	51,0
сакоого	11896,6	27,0	31928,5	29,6	55920,9	26,7
физкультурага	154,0	0,03	53,9	0,05	124,6	0,05
социалдык камсыздандырууга	249,8	0,05	573,4	0,5	895,6	0,4
Башкаруу органдарын карман туруугa	1980,0	0,4	2352,4	2,1	4212,5	2,0
Башка чыгымдар	134,8	0,03	144,8	0,1	4945,3	2,3
Бардыгы	43833,7	100,0	107605,2	100,0	209399,1	100,0

Ош шаарынын бюджетинин 1952—83-жылдардагы кирешеси (миң сом м-н)

	1952		1970		1983	
	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н
Бекитилген кирешелер а. и шаараткомго караштуу ишканалардан түшкөн пайда	5938,7	36,8	1801,1	22,7	5926,7	34,4
Мамл. салыктар м-н кирешелердин эсебинен	578,8	3,6	1048,3	12,7	4820,2	28,0
белүнгөнү	10197,6	63,1	6317,1	77,2	10640,5	61,8
Башка кирешелер	88,5	0,05	144,0	0,1	631,0	3,8
Бардыгы	16136,3	100,0	8262,2	100,0	17198,2	100,0

Ош шаарынын бюджетинин 1960—83-жылдардагы чыгымдалышы (миң сом м-н)

	1960		1970		1983	
	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н	суммасы	жыйынтыгы, % м-н
Эл чарбасына	5933,2	36,7	1142,9	13,8	3469,9	20,1
Социалдык-маданий иш-чараларга	8306,1	57,6	7041,3	85,2	13476,6	78,3
а. и эл агартууга	5619,3	34,8	4360,1	52,7	7372,3	42,8
саламаттык сактоого	2474,2	15,3	2642,0	31,9	6005,8	34,9
физкультурага	461,0	2,8	2,0	0,02	5,8	0,03
социалдык камсыздандырууга	109,1	0,6	37,2	0,4	92,7	0,05
Башкаруу органдарын карман туруугa	897,0	5,7	75,5	0,9	103,7	0,7
Башка чыгымдар	—	—	2,5	0,02	148,0	0,9
Бардыгы	16136,3	100,0	8262,2	100,0	17198,2	100,0

ВЕБЕР Валериан Николаевич (1871, Петербург — 1940, Ленинград) — сов. геолог ж-а палеонтолог, тоо-кен инженери, геология, минералогия илимдеринин доктору (1937). РСФСРдин илим ж-а техникага эмгек сиңирген ишмери (1939). 1897-ж. Петербургда Тоо-кен ин-тун бүтүргөн. 1920-жылдан Ленинград Тоо-кен ин-тунун профессору. 1900—40-ж. Геологиялык к-тте (кийин Бүткүл союздук геологиялык чалгындоо илимий изилдөө ин-ту) иштеген. Орто Азиянын геологиясын системалуу изилдөөгө негиз салуучулардын бири. Мындагы кен жаткан жерлердин бир тобун биринчи жолу мүнөздөп жазган, Фергана ж-а Кара-Тоо (Түш. Казакстан) аймактарынан таш көмүр, нефть ж-а коргошун кендерин ачкан. 1909-жылдан Түркстан-Алай тоо системасын геологиялык картага түшүргөн, бул аймактын палеозойдогу стратиграфиясы м-н тектоникасын, Батыш Фергананын төртүнчүлүк доордогу геологиясы м-н геоморфологиясын алгач изилдеген. Түркстандын жалпы геологиялык картасын түзгөн (1925). Орто Азиянын геологиялык карталарынын редактору. Сейсмология б-ча эмгектери м-н да белгилүү. Портрети 228-бетте.

ВОЛКОВ И. В. МҮРЗӨСҮ Өзгөн ш-нын борборунда, Өзгөн архитектуралык комплексинин жанында жайгашкан. И. В. Волков эскадрондун командири болгон. 1930-ж. 3 жоокер м-н Өзгөнгө кайтып келе жатып, басмачылар м-н атышууда курман болгон. 1982-ж. мүрзөгө эстелик тургузулган. Эстеликтин долбоорун арх. Ж. Иманкулов түзгөн.

ВОРОНИН Василий Степанович (1884, Тула губерниясы — 1945, Ташкен) — 1905—07-ж. Россиядагы рев-яның катышуучусу, Түш. Кырг-нда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштү уюштуруучулардын бири.



В. Н. Вебер



В. С. Воронин



Г. И. Выглазов



И. В. Выходцев

1917-жылдан Компартиянын мүчөсү. 1917-ж. апрелден Кызыл-Кыя Жумушчу депутаттар советинин составына кирген. «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзунун 2-уюштуруу съездинин, Ферғана обл-нын Советтеринин 6-съездинин делегаты. 1918-ж. мартта Кызыл-Кыя кенин мамлекеттештирүүгө катышкан, кийин кен башкаруу к-тинин председатели. 1920-жылдан «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзунун башкармасында, андан кийин Бүткүл союздук «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзунун Түркбюросунун тоо-кен ө. ж. башкармасынын начальниги. Акыркы жылдары Кырг-н м-н Өзбекстандын сов. органдарында иштеген.

ВОСТОЧНЫЙ — Сүлүктү шаар советине караштуу шаар тибиндеги посёлка. Сүлүктү ш. ж-а темир жол станциясынан 12 *км* батыш тарапта. Калкы 5660 (1986). Сүлүктү шахта башкармасынын Кызыл-Булак разрези, май з-ду иштейт. Эки орто мектеп, мектеп-интернат, Сүлүктү музыка мектебинин филиалы, кесиптик-тех. окуу жай, оорукана, төрөт үйү, клуб ж. б. бар. В-дын аймагынан көмүр казып алынат.

ВЫГЛАЗОВ Григорий Исаевич (1919, Батыш Сибирь крайы, Сузун р-ну, Шайдаров кыш. —1942, Темирово ш.) — Сов. Союз. Баатыры (1943). Ефрейтор, парашютист, отделение (аскер бөлүкчөсүнүн) командири. 1939-ж. Ош обл-нын аскер комиссариатынан (Гүлчө кыш.) Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Түн. Кавказ фронтунда Керч үчүн салгылашка катышкан. Өрттөөчү аралашмасы бар бөтөлкө м-н душмандын 3 танкасын, граната м-н 20 душманды жок кылып, сов. аскерлердин чабуулун улантууга шарт түзгөн.

ВЫХОДЦЕВ Иван Васильевич (1893, Алтай губерниясы, Барнаул уезди, Боровский кыш. —1971, Фрунзе ш.) — сов. ботаник, биология илимдеринин доктору (1951), профессор (1953), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1965), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1947). 1967-жылдан КПСС мүчөсү. 1926-ж. Томск университетинин биология факультетин бүткөн. 1927—28-ж. Кыргыз АССР дыйканчылык б-ча Эл комиссариатынын жер жайгаштыруу башкармасында геоботаник ж-а топурак тааныу б-ча адис. 1931—43-ж. Кырг-н мал чарба илимий изилдөө ин-тунун тоют даярдоо бөлүмүнүн башчысы. 1943—44-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалында лаборатория башчысы. 1944—49-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Биология ин-тунун директору. 1952—70-ж. Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунда директордун орун басары ж-а геоботаника лабораториясынын башчысы. Кырг-нда тоют өсүмдүктөрүн изилдөө ж-а аларды чарбалык максатта өздөштүрүүгө чоң салым кошкон. Ош обл-нда жер-суу реформасын иштеп чыгууга (1927—28), Кырг-ндагы табигый жайыт ж-а чабынды жерлерди (а. и. Ош обл. б-ча да) тактоого катышкан. Тоют б-ча Тянь-Шань м-н Алайга жүргүзүлгөн геоботаникалык экспедицияга жетекчилик кылган, тоют базасын өздөштүрүү ж-а жакшыртуунун рационалдуу ыкмалары б-ча сунуштарды иштеп чыгууга, жайыт ж-а чабынды жерлерде чөптөрдүн ботаникалык составын аныктоого көп салым кошкон. В. түзгөн Кырг-ндын геоботаникалык картасы эл чарбасында кеңири пайдаланылган. Ал өсүмдүктөрдү классификациялоо, анын генезиси ж-а жайгашуусу б-ча алкактарга бөлүнүү закон ченемдүүлүк теориясын иштеп чыккан. 100дөн ашуун илимий эмгектин автору. Биология илиминин 7 кандидатын, 1 докторун даярдап чыгарган. Эки «Ардак Белгиси», Эмгек Кызыл Туу ордендери, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ГАВА КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы темир рудасы жаткан жер. Гава кышынан 30 *км* түн.-чыгышта, Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш тармагында. Гава-Сай рудалуу талаасына жакын жайгашкан. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. 1951—64-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын таш көмүр мезгилинде пайда болгон доломит м-н акиташ теги ж-а эффузив тоо тектери, о. эле каледондун гранит-диорит интрузиялары түзөт. Руда акиташ теги м-н гранит-диорит интрузиясынын кошулган жеринде дөго түрүндөгү ичке тилкени түзүп жатат. Мында скарн процесси жүрүп, анын аяктоо мезгилинде тектоникалык терең жарака м-н тилмеленген. Натыйжада жарака аркылуу көтөрүлгөн гидротерм эриндисинен магнетит, галенит, пирит, сфалерит ж. б. минералдар пайда болгон. Тилкенин уз. 1,5 *км*, туурасы 0,5 *м*. Нег. руда — магнетит. Темирдин кондициялык өлчөмү 40%ке чейин. Запасы 1,5 млн т.

ГАВА-САЙ — Ала-Бука р-нундагы суу, Сыр-Дарыянын оң куймасы. Уз. 96 *км*, алабынын аянты 724 $км^2$. Чаткал кырка тоосунун түш. капталынан башталат. Жог. бөлүгүндө терең ж-а кууш капчыгай аркылуу агып, Гава кыш-на жеткенде тектирлүү жайык өрөөнгө өтөт. Эски-Абад кыш. тушта салааларга бөлүнөт. Апрелде кирип, августта тартылат. Жылдык орт. чыгымы 6,02 $м^3/сек$; эң көбү 20,2 $м^3/сек$, эң азы 1,35 $м^3/сек$. Сугатка пайдаланылгандыктан Сыр-Дарыяга жетпейт.

ГАВА-САЙ КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы кооз таштар жаткан жер. Гава кыш-нан 12 *км* чыгышта, Курама кырка тоосунун түш.-чыгыш тармагындагы Гава-Сай суусунун сол өйүзүндө. Кен аймагын карбондун акиташ теги м-н мрамору түзөт. Кооз таштар офит, офикальцит ж-а людвигиттен туруп, майда катмарча, линза (3×10 *м*) түрүндө акиташ теги м-н мрамордун арасында жатат. Офикальциттин сайкалданган бети күзгүдөй жалтырап тунук, саргыч түскө бөлөнүп кооз. Людвигиттин өңү кара, сары темгилдүү. Аларды асыл ж-а кооз таштар катары пайдалануу болот. Болжол запасы 0,5 миң $м^3$.

ГАВА ТАЖРЫЙБА-КӨРСӨТМӨ ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Базар-Коргон р-ну, Гава кыш.) 1948-ж. «Гава» жаңгак с-зунун базасында Гава токой чарбасы катары түзүлгөн. 1961-жылдан азыркыдай аталат. Жалпы аянты 6 275 *га*, а. и. мамл. токой фондусу 4 112 *га*, узак мөөнөткө пайдаланылуучу жери 2 163 *га*. Токой 4 260 *га*, а. и. жаңгак 1005 *га*, алма 824 *га*, мисте 488 *га*, ийне жалбырактуу даректар 1334 *га*, бадалдар 609 *га* жерди ээлейт. Токой өспөгөн жерлер айдоо (265 *га*) ж-а чабынды (938 *га*) катары пайдаланылат. Бул чарбанын нег. иштери — жапайы өскөн мөмө-жемиш ж-а жаңгак жыйноо. 57 киши иштейт (1986). Түш. Кырг-н жаңгак токой башкармасына карайт.

ГАВИАН — Фрунзе р-нундагы суу, Сохтун оң куймасы. Гараты суусу кошулгандан кийин Сохко куят. Уз. 33 *км*, алабынын аянты 237 $км^2$. Курук-Сай тоосунун түн. капталынан агып түшөт. Жог. бөлүгү кууш колот аркылуу агып, ортоңку бөлүгүндө Тескей тоосунан өткөндө өрөөнгө чыгат. Боюнда токой кездешет. Жылдык орт. чыгымы 1,90 $м^3/сек$, эң көбү май — июнда, эң азы январь — февралда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Хайдаркен ш. т. п., Чечме, Ормош ж. б. кыш. жайгашкан.

ГАВИАН КЕНИ — Совет р-нундагы мрамор ташы жаткан жер. Хайдаркен ш. т. п-нан 9—10 *км* түштүктө, Алай кырка тоосунун бир тармагындагы Гавиан суусунун өрөөнүндө. Кен аймагында негизинен карбондун аягы — девондун башында пайда болгон мрамор ж-а мраморлошкон акиташ теги таралган. Мрамор катмарларынын калыңдыгы 80 *м*ге жетип, 2,5 *км*ге чейин созулуп жатат. Алар ак, боз ж-а кызгылт түстө. Составы б-ча кальцийлүү келип, абдан бекем, күзгүдөй сайкалданат. Запасы мол. Ак ж-а боз мраморлор имарат дубалдарын кооздоп каптоого, кызгылт мрамор кооз майда буюмдар жасоого жарактуу.

ГАВСИДИНОВ Гиясидин (1927, Өзбек ССРи, Анжиян обл., Айым р-ну,


Г. Гавсидинов


В. Д. Голубев

Дардак кыш. — 1978, Кара-Суу р-ну, Кызыл-Шарк кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1951). Эмгек жолун Кара-Суу р-нундагы «Кызыл-Шарк» (азыркы Х. Таширов атн.) к-зунда иштөөдөн баштаган. 1945-жылдан пахтачылык бригадасынын бригадири. 1950-ж. анын бригадасы 49 *га* аянттын ар гектарынан 47 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

ГАЗЕТА БАСМАСЫ, Ош обл. Г. б. (Ош ш., Ленин көчөсү, 186). 1965-ж. уюшулган. Областтык «Ленин жолу», «Ленинский путь», «Ленин йули» газеталары басылат. Кыргыз ССРинин басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. к-тинин обл. башкармасына карайт. Областтык газеталардын редакцияларына байланышкан бардык чарбалык ж-а финансы маселелерин чечет. Областтык газеталардын редакцияларында 161 киши иштейт (1986).

ГАЗ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ. Областта газ 1962-ж. коюла баштаган. Турак үйлөр жерг. нефть ажыратуу ишканаларында суюлтулган газ м-н камсыз кылынган. Кийинчерээк ө. ж. ж-а коммуналык керектөөлөр үчүн Кочкор-Атадан чыккан табигый газ пайдаланылган. 1980-жылдан Ош облна табигый газды «Өзбектрансгаз» бирикмеси, ал эми суюлтулган газды Башкырт АССРинин нефть ажыратуучу з-ддору берет. 1986-ж. суюлтулган ж-а табигый газ м-н үзгүлтүксүз камсыз кылуучу «Ошгаз», «Жалал-Абад», «Сүлүктүгаз» базалары, «Кыргызгазкоюу» өндүрүш бирикмесинин № 2 Курулуш-монтаждоо башкармасы (эл чарба курулуштары м-н турак үйлөргө газ коюу б-ча курулуш-монтаждоо иштерин аткарат), суюлтулган газ толтурулган 177 курулма, газды жөнгө салып туруучу 220 пункт иштеген. 262,8 миң квартирага газ коюлган (1986).

ГАЛУЯН КЕНИ — Фрунзе р-нундагы нефрит кооз ташы чыккан жер. Хайдаркен ш. т. п-нан 15 *км* түштүктө, Алай кырка тоосундагы Галуян коктусунун баш жагында. Кен аймагында негизинен девон мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тектер жатат. Аларды Алай кырка тоосунун кырында гранит интрузиялары жиреп чыккан. Кен ири кесекчелүү моңгү чөгүндүсүнүн (моренанын) арасында нефрит сымал тоо тектен чоң таштар түрүндө. Мында нефрит сымал тоо тек акиташ тегинин гранит интрузиясынын чегинде скарндашуусунан пайда болгон. Нефрит күңүрт жашыл түстө, чачышкан тарам түзүлүштө. Таштан кооз ж-а асем буюмдарды жасоого болот.

ГЕЗАРТ МӨҢГҮСҮ — Кичи-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги ири моңгү. Уз. 8,5 *км*, аянты 9,8 *км*. Араван-Сайдын сол курамы Чили-Сайдын төрүндө. Моңгүнүн башы д. дең. 4900 *м*, этеги 3800 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4350 *м*. Көлөмү 0,83 $км^3$. Ал 1914—63-ж. 1 *км*ге чегинген. Моңгүдөн Чили-Сай суусунун сол курамы Гезарт башталат.

ГЕЗАРТ ЧОКУСУ — Кичи-Алай кырка тоосунун эң бийик жери. Кырка тоонун ортоңку бөлүгүндө, Гезарт суусунун (Чили-Сайдын башы) төрүндө жайгашкан. Бийикт. 4955 *м*. Батыш капталы тик аскалуу келип, жылаңач, калган бөлүгү кар, моңгүлүү.

ГЕРЕЗ МӨҢГҮСҮ — Түркстан кырка тоосунун чыгыш бөлүгүнүн түн. тармагы Кара-Бел тоосунун чыгыш капталындагы татаал өрөөн тибиндеги моңгү. Сох суусунун сол курамы Ак-Теректин алабынан орун алган. Уз. 6,1 *км*, аянты 4,1 $км^2$. Моңгүнүн башы д. дең. 5400 *м*, этеги 3560 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4546 *м*. Бетинде бузулган моңгүлөр, жаракалар м-н омурулган муздар кездешет. Моңгүдөн Герез суусу агып чыгып, Ак-Теректин сол куймасы Матчага куят.

ГЕРХАНА КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы полиметалл рудасы жаткан жер. Чуст темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) чыгыш тарапта, Чаткал кырка тоосунун түш. капталында, Герхана суусунун алабында. Кен 1936-ж. табылып, 1947-ж. геологиялык жумуштар жүргүзүлгөн. Кен аймагын антиклиналдык бүктөлүүнүн оң канатындагы

акиташ ж-а кумдуктан турган чөкмө тоо тек катмарлары түзөт. Руда тоо тектерди кесип өткөн тектоникалык жаракаларда топтолгон. Уз. 4 *км*ге чейин, калыңдыгы ар кандай. Кен Батыш, Борб., Чыгыш, Түш.-Чыгыш, Алыскы деген беш чакан участкаларга бөлүнөт. Аралыктары 50—500 *м*. Руда тулкулары катмар арасында катмарча, катмар кошулган жерде линза, уя түрүндө жолугат. Рудага бай зона жарака кесип өткөн катмар аралыктарында топтолгон. Кен 60 *м* терендикке чейин изилденген. Руданын минералдык составы: галенит, сфалерит, пирит, халькопирит, гематит, өңү өчкөн рудалар, марказит ж. б. Гидротермден пайда болгон.

ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ ЖАНА ТАБИЯТ ЧӨЙРӨСҮН КОНТРОЛДОО МЕКЕМЕЛЕРИ, Кыргыз респ. Г. ж. т. ч. к. башкармасынын мекемелери. Нег. милдеттери — обл-тын эл чарбасына метеорологиялык, гидрологиялык, агрометеорологиялык түркүн маалыматтар, о. эле абанын булганышынын деңгээли, көлмөлөрдө ж-а топуракта уу химикаттардын болушу ж-дөгү маалыматтарды билдирүү. Областта 66 гидрометеорологиялык пост ж-а 26 гидрометеостанция иштейт. Ошто 1, Жалал-Абадда 3, Кызыл-Кыяда 1, Ала-Бука р-нунда 2, Алай р-нунда 3, Базаркоргон р-нунда 1, Баткен р-нунда 1, Жаңы-Жол р-нунда 2, Кара-Суу р-нунда 2, Ленин р-нунда 1, Лейлек р-нунда 1, Ноокат р-нунда 2, Совет р-нунда 1, Сузак р-нунда 1, Өзгөн р-нунда 2, Фрунзе р-нунда 2 гидрометеостанция бар. Буларда бардыгы 146 киши иштейт.

ГОЛУБЕВ Владимир Денисович (1899, Орто Азия темир жолунун Фабар станциясы — 1919, Ош ш.) — Ош аймагында басмачыларга каршы күрөшкө катышуучу. Жаш кезинен Карши, Кокон, Чаржоу ш-ндагы менчик дүкөн ээлерине жалданып, кийин Серов ж-а Чымбайдагы (Түркмөнстан) пахта тазалоочу з-ддордо иштеген. 1918-жылдан Кызыл Армиянын катарында Памир чек ара полкунун (Ош ш.) жоокери болуп кызмат өтөгөн. Басмачыларга каршы салгылашта курман болгон. Сөөгү Оштогу шаардык бакта (азыркы Токтогул атн. парк) коюлган. 1959-ж. мүрзөсүнө эстелик тургузулуп, 1974-ж. бюст орнотулган. Ош ш-нда Г-дин ысымы менен көчө, пионер кошууну аталган.

ГОЛУБЕВ В. Д. БЮСТУ 1974-ж. Ош ш-нда Токтогул атн. маданият ж-а эс алуу паркынын чыгыш бөлүгүндө баатыр кызыл аскер В. Д. Голубевдин мүрзөсүндө тургузулган. Бюст колодон куюлуп, бетон м-н мрамордон жасалган бийикт. 3 *м* постаментке орнотулган. Скульп. — Д. В. Хеидзе, арх. — П. В. Баландин.

«ГОРНЫЙ» — эс алуу үйү. 1978-ж. ачылган. Сузак р-нунда, Кара-Алма суусунун башында, Сузак кыш-нан 47 *км* аралыкта жайгашкан. Жайкысын иштейт (12 күндөн 7 сапар). Көгарт жаңгак-мөмө токою м-н курчалган. 120 орундуу. Жылына 840тай киши эс алат. Эс алуучуларды 21 киши, а. и. 1 фельдшер тейлейт.

ГРАЖДАНДЫК АЛ-АБАЛ АКТЫЛАРЫН КАТТОО БӨЛҮМДӨРҮ, ЗАГС бөлүмдөрү. Төрөлүү, өлүү, никелешүү же ажырашуу, аталыкты аныктоо, бала асырап алуу, ар кандай күбөлүктөрдү экинчи жолу берүү, ысымын, атасынын атын ж-а фамилиясын өзгөртүүнү ж. б. фактыларды каттайт. Мындай мекемелер обл-тын бардык шаарларында, о. эле р-ндордун борборлорунда (кыш-да) бар. Алардын адрестери: Ош ш., Ленин көчөсү, 211; Жалал-Абад ш., Ленин проспектиси; Кара-Суу ш., Ленин көчөсү, 2; Көк-Жаңгак ш., Октябрдын 40 жылдыгы көчөсү; Кызыл-Кыя ш., 1-микрорайон; Майлы-Сай ш., Тынчтык көчөсү, 24; Сүлүктү ш., Ломоносов көчөсү, 4; Таш-Көмүр ш., Маданият сарайы; Өзгөн ш., Ленин көчөсү.

ГРОМБЧЕВСКИЙ Бронислав Людвигович (1855, Литва, Ковнатав Ковен губерниясы — 1926, Польша, Варшава ш.) — саякатчы, Орто Азия м-н Борб. Азияны изилдөөчү. Улуту поляк. Орто Азияда (1876-жылдан) аскердик кызмат өтөп, 1880—95-ж. Фергана облында ар кандай аскердик-админ. кызматтарда иштеген. 1892—95-ж. Ош уездинин начальниги; 1895—96-ж. Түркстан генерал-губернатордугунда өзгөчө тапшырмалар б-ча кенже чиновник. 1885-ж. Кашкарга командировкага жөнөтүлгөн. Ал жерде Г. орус-кытай чек ара комиссиясында Россиянын өкүлү катары тоолуу чек ара аймактарын көрүп, Алай ж-а Алайкуунун чыгыш бөлүктөрүндөгү 12 ашууну баяндап жазган, о. эле Кашкардын түштүгү б-ча Хотанга чейин саякат жасаган. 1886-ж. Фергана м-н Жети-Суу обл-тарынын чек ара маселелерин изилдөө максатын-

да Ферганадан Көгарт өрөөнү аркылуу Ортоңку Нарын м-н Суусамырга жөнөйт. 1888-ж. ж-а 1889—90-ж. Орус географиялык коому уюштурган экспедицияга 2 жолу башчылык кылып, Орто Азия ж-а Борб. Азиядагы өлкөлөрдө, Памирде болуп, алардын табиятын, социалдык-экон. абалын, коомдук түзүлүшүн изилдеген; геологиялык, зоологиялык, ботаникалык, тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык материалдарды жыйнаган. 1893-ж. Ферганы Алай өрөөнү ж-а Памир м-н байланыштыруучу жол курулушуна жетекчилик кылат. Орто Азия ж-а Борб. Азия аймактарын ар тараптан изилдөөгө бир кыйла салым кошкон.

ГҮЛБАХАР — кыштак, Араван р-ндагы Керме-Тоо айыл советинин борбору. Керме-Тоо ж-а Кекилик-Учар тоолорунун аралыгында, Ош — Араван авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Араван кыш-нан 10 *км* чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 20 *км*. Калкы 2700 (1987). Нег. чарбасы — пахта өстүрүү, мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана, турмуш-тиричилик үйү ж. б. бар.

«ГҮЛКАЙЫР» — универсал дүкөн (Ош ш., Юбилейный көчөсү, 18). 1973-ж. ачылган. Нег. товарлары: тигилүү ж-а тор кийимдер, асем буюмдар, кездеме, бут кийим, баш кийим, саат, галантерея, парфюмерия, белектер. Товарлардын 90%и өзүн-өзү тейлөө ыкмасы б-ча сатылат. Кийим бычуучу тактасы бар. 12 бөлүмү, 30 сатуучу, бардыгы 41 киши иштейт (1986). Жылдык товар жүгүртүүсү 3,5 млн сом. Соода аянты 630 $м^2$.

ГҮЛЧӨ — Алай р-ндагы Гүлчө айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Кара-Булак, Там-Башат, Таш-Короо, Чакмак кыш. да карайт. Гүлчө суусунун ж-а Ош — Хорог авт. жолунун боюнда жайгашкан. Ош ш-нан 83 *км* түш.-чыгыш тарапта. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 11 885 (1986). Мал чарбасы өнүккөн. Турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты, май заводу, нан комбинаты, 4 орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, 4 бала бакча, р-ндук ооруканa, поликлиника, маданият үйү, 2 китепкана ж. б. бар.

ГҮЛЧӨ БАЛБАЛДАРЫ Гүлчө кыш-на (Алай р-ну) жакын жерден табылган. 1958-ж. К. И. Антипина Ош обл. тарых-маданият музей-коругуна тапшырткан. Кумдук таш тактага жайык жалпак беттүү эркектин келбети чегилип түшүрүлгөн; оң колуна чөйчөк кармап, сол колу төмөн түшүрүлүп, белинде байланган кылычтын сабын таянып турат. Таштын төм. бөлүгү чегилген эмес. 2-балбал биринчисинен анча-мынча эле айырмаланат. Г. б. 6—8-к-да Түш. Кырг-нда түрк урууларынын жашагандыгын айгинелейт.

ГҮЛЧӨ-ДӨБӨ — б. з. 1-к-на таандык археологиялык эстелик. Гүлчө кыш-нда (Алай р-ну) жайгашкан. 1946-ж. А. Н. Бернштам алгачкы изилдөө жүргүзүп, чындалган үй-чарбактын реконструкциясын жарыялаган. Үй бурчтуу 4 чарчы сепил сымал курулган.

ГҮЛЧӨ ЗАКАЗНИГИ Алай р-нунда Гүлчө кыш-нын жанында, Куршаб суусунун жайылмасын ээлейт. 1968-ж. кыргоол уялоочу чычырканак токоюн коргоо максатында уюшулган. Аянты 600 *га*.

ГҮЛЧӨ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — дарылык касиети бар жылуу суу булагы. Гүлчө кыш-нан 7 *км* батыш тарапта, Алай кырка тоосунун түн.-чыгыш капталындагы Жылуу-Суу өрөөнүндө, д. дең. 1570 *м* бийикте жайгашкан. Жерг. элге илгертен белгилүү. Суу карбон мезгилинин акиташ ж-а сланец тоо тек катмарларынан булак түрүндө агып чыгат. Чыгымы 0,5 *л/сек*. Суу тунук, түссүз, даамсыз, саал көкүрттүү суутек жыттанат. Аз минералдашкан (1,8 *г/л*). Составы гидрокарбонат-сульфат-кальций-магнийлүү. Темп-расы 30°С. Суудагы биологиялык активдүү компоненттер: эркин түрүндөгү CO_2 (60 *мг/л*), кремний кислотасы (26,6 *мг/л*) ж-а радон (0,53 *эман*). Муун, нерв, ашказан, тери ооруларын ж. б. дарылоого болот.

ГҮЛЧӨ ӨРӨӨНҮ — Алай кырка тоосунун чыгышындагы бийик тоолуу өрөөн. Аянты 2010 $км^2$. Талдык ашуусунан Боз-Карга кыш-на чейин 95 *км*ге созулат. Туурасы 40 *км*. Басымдуу бийикт. 1900—3000 *м*, эң жапыз жери Гүлчө кыш-нда 1526 *м*. Г. ө. тектоникалык кыймылдан пайда болгон. Бийик тоолуу бөлүгү палеозойдун кумдук, акиташ теги, сланец, өрөөн таманы палеоген-неогендин кум, чопо, конгломерат, антропогендин аллювий тектеринен түзүлгөн. Нег. орографиялык элементтерине Алай кырка тоосунун тармактары (Ак-Башат, Кара-Кокту, Аюу-Тапан, Кыз-Эмчек, Кара-Сарaң, Сарала-

Зоо, Кум-Шоро ж. б.) кирет. Терең ж-а кууш капчыгайлар, кокту-колот, кургак сайлар көп. Ири үңкүрлөр арбын (эң чоңунун уз. 28 *м*, бийикт. 8—12 *м*, кире беришинин туурасы 35 *м*). Климаты континенттик. Июлдун темп-расы 19,2°С, январдыкы —7,6°С. Нег. суусу — Гүлчө; ири күймалары: Терек, Бүлөөлү, Жошолу (оң), Каракол, Мурдаш ж. б. Таттуу-Булак, Жылуу-Суу булактары бар. Күрөң топурак мүнөздүү. Өндүрлөрдө талаа өсүмдүктөрү, тоо беттеринде арчалуу токой өсөт. Карагай өтө сейрек. Жог. бөлүгүн субалпи ж-а альп алкактары ээлейт. Өрөөн малга жайлуу. Туристтик жайларды, пионер лагерлерин курууга ыңгайлуу. Өрөөн аркылуу Ош — Хорог авт. жолу өтөт.

Д, Е

ДАВАН, Даю Юань — Орто Азиядагы б. мамлекет. Ал ж-дө кытай даректеринде Ферганага окшоштурулган маалыматтар бар. Даван б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосунда пайда болуп, 600 жылдан ашык өкүм сүргөн. Д. мамлекетине 1-жолу б. з. ч. 125-ж. кытай элчиси ж-а саякатчысы Чжан Цянь келип кеткен. Б. з. ч. 2—1-к-да Даван шаарлары көп, дыйканчылык өнүккөн өлкө болгон. Калкы 300 миңге жеткен. Даван аргымактары м-н атагы чыккан (к. *Фергана аргымактары*). Кырг-ндын түштүгүндө Даван мезгилине таандык археологиялык Шоро-Башат маданияты ж-а Мархамат маданияты эстеликтери ачылган. Даван мезгилинде чыгыш иран тил тобуна кирүүчү өз алдынча б. фергана эли калыптанган. Кийинки даректерде Даван Лона, Полона, Бохань деген аттар м-н белгилүү.

ДАВАН КЕНИ — Ала-Бука р-ндагы роговик кооз ташы жаткан жер. Гава кыш-нан 15 *км* түн. тарапта, Чаткал кырка тоосунун түш. капталында. 1960-ж. ачылып, 1973—75-ж. геологиялык изилдөө жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын гранит-пироксендүү скарн, роговик, гранит-диорит, метаморфизмделген акиташ теги ж-а серпентинит тоо тектери түзөт. Роговиктин өңү боз, мала кызыл келип, арасында кара ж-а каралжын боз жолжол темгилдүү тилкелер кезигет. Тилкелердин калыңдыгы 0,5—1,5 *см*, алар 19 $м^2$ аянтта 3—5 жолу кайталанып, кезектешип жайгашкан. Роговик катмарынын калыңдыгы 150 *м*, уз. 350—400 *м*. Чыккан блоктордун өлчөмү 20×20×20 *см*ге жетет. Сайкалданган бети жалтырап, кооз оймо-чиймелүү. Таштан кооз буюмдарды жасоого болот.

ДАН АЗЫКТАР КОМБИНАТТАРЫ. Областта ун, акшак, жем даярдоочу 3 ишкана иштейт (1986). Алар: 18 722 *т* ун чыгаруучу Ош комбинаты, 82 193 *т* ун чыгаруучу Жалал-Абад комбинаты, 59 791 *т* ун чыгаруучу Кара-Суу комбинаты.

ДАНГИ КЕНИ — Ноокат р-ндагы оникс кооз ташы жаткан жер. Араван — Эски-Ноокат жолунан 1,5 *км* чыгыш тарапта, Араван-Сай суусунун Данги каньонуна кошулган жеринде. Кендеги мрамор оникси каньондун боорунда линза ж-а туюк карст үңкүрлөрүндө уюма кыртыш түрүндө. Линзалардын уз. 5—8 *м*, калыңдыгы 0,1—0,2 *м*. Түсү кызгылт, чанда жез сымал жол-жол темгилдүү. Таш өтө кооз, блокторго жакшы бөлүнөт. Кооз буюмдарды жасаса болот.

ДАРООТ-КОРГОН — кыштак, Алай р-ндагы Чоң-Алай айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаман-Жар, Кочкорчу, Кызыл-Туу, Сары-Булак, Чак, Жаш-Тилек, Кулчу, Жар-Башы кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 228 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 286 *км*. Калкы 3132 (1987). Нег. чарбасы — малчылык. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, бала бакча, ооруканa, маданият үйү, клуб, китепкана ж. б. бар. 19-к-дын 1-жарымында негизделген.

ДАРООТ-КОРГОН — Кокон хандыгы мезгилиндеги чеп куруу өнөрүнүн тарыхый эстелиги. Дароот-Коргон кышынын (Алай р-ну) жанында жайгашкан. Кокон хандыгынын Д.-К. чеби (анда орус саякатчысы А. П. Федченко болгон) ж-дө 19-к-дагы адабияттарда эскерилет. Төрт чарчы формада. Дубалы топурактан тургузулган, бийикт. 4 *м*. Түн. тарабында гана жалгыз дарбазасы болгон. 1984-ж. Б. А. Дүйшеев изилдеген.

ДАШМАН ЗАКАЗНИГИ. Базар-Коргон р-нунун (Киров атн. токой чарба-



Д. Т. Деканов



А. К. Добрынин

сының) аймагындагы жаңгак-мөмө тосюында жайгашкан. Жаңгак, алма, алмурут, алча, изирик, бөрү карагат, долоно ж. б. баалуу жапайы мөмө-жемиштүү табигый токой аймагын коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Бул токой чарбалык максатта дээрлик пайдаланыла элек. Мында селекция үчүн өтө баалуу жаңгак ж-а мөмө дарактарынын кылымдар бою өскөн түрлөрү кезигет. Аянты 5 миң *га*.

ДЕКАНОВ Даниил Тихонович (1881, Донецк обл., Москва р-ну, Макеевка кыш.—1934, Ташкен ш.)— жумушчу-шахтёр, Донбасста рев-ячыл кыймылга, Орто Азияда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө катышуучу. 1903-жылдан Компартиянын мүчөсү. 1891—1910-ж. Макеевкадагы Орус-Донецк коомунда шахтёр болуп иштеген. 1910-ж. рев-ячыл аракети үчүн Түркстан крайына айдалган. Шураб көмүр шахтасында кара жумушчу, андан кийин Сүлүктү шахтасында он башы кенчи болуп иштеген. 1917-ж. Сүлүктү шахтёрлорунун арасында бириккен социал-демократиялык топту түзгөн. Сүлүктү жумушчу депутаттар советин уюштуруучулардан ж-а анын биринчи председатели. Советтердин бүткүл россиялык 2-съездине Самаркан обл-нан делегат. 1918-ж. мамлекеттештирилген Сүлүктү көмүр кенин башкаруу б-ча тоо-кен к-тинин биринчи председатели болгон. 1919—21-ж. РКП(б)нин Сүлүктү райкомунун жооптуу секретары, Түркстан респ-сынын Борб. эл чарба советинин Тоо-кен бөлүмүнүн казначейи, анын председатели, кийинки жылдары РКП(б)нин Самаркан обкомунун секретары, сов. органдарда жооптуу кызматтарда иштеген.

«ДЕЛЬФИН» — Ош ш-ндагы сууда сүзүү бассейни. Шаардык элге билим берүү бөлүмүнө карайт. 1980-ж. ачылган. Көлмөсүнүн аянты 50×21 *м*. Жыл бою иштейт. 44 балдар ж-а чондор тобун, а. и. № 4 Балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин 2 атайын классын тейлейт. Душ, көлмөгө баруучу жылуу өткөөл, машыгуу залы бар.

«ДЕН СООЛУК ЦЕХИ» — Ош авт. ремонттоо з-дунун сууда сүзүү бассейни. Заводдун жумушчулары, алардын үй-бүлөсү эс ала турган ж-а спорттук машыгууларды өткөрүүчү жай. 1977-жылдан иштейт, көлмөнүн аянты 25×12,5 *м*. Сууда сүзүүнү үйрөтүүчү 2 топ (ар биринде 15 киши), спорттук ж-а ден соолук чындоо топтору бар. Машыктыруучулар жылына орто эсеп м-н 300 адамды сууда сүзүүгө үйрөтөт, массалык разряддагы 60 спортсмен ж-а 1-разряддагы 4 спортсменди даярдайт.

ДЗЕРЖИНСКИЙ Ф. Э. БЮСТУ 1980-ж. Ош ш-нда Октябрдын 25 жылдыгы ж-а Хохлов көчөлөрүнүн кесилишинде бийикт. 3 *м* постаментке орнотулган. Скульп. — Д. В. Хеидзе, арх. — Р. К. Цой.

«ДИНАМО» — Бүткүл союздук физкультура-спорт коому. Областтык совети (Ош ш., Ленин көчөсү, 180) 1934-ж. уюшулган. 28 физкультура коллективин бириктирет (1986). Кызыл-Кыяда «Жаш динамочу», Жалал-Абадда «Дзержинскийчи» балдар клубдары иштейт. Велосипед спорту, оор атлетика, бокс ж. б. б-ча спортсмендерди машыктырат. 2 спорт залы, футбол таалаасы, мылтык атуучу тири, 20 спорт аянтчасы, 2 бута атуучу жайы, тоскоолдуктар аркылуу чуркоо б-ча эки жол тилкеси бар.

ДИСПАНСЕРЛЕР — оорулууларды дарылоо ж-а алардын ден соолугуна системалуу байкоо жүргүзүүчү атайын мед. мекемелер. Областта 17 диспансер иштейт (1984). Областтык үчүк оорулар диспансери (Ош ш., Чкалов көчөсү, 3) 900 орундуу, поликлиникасы сменасына 200 адамды көрө алат; 30 врач, 73 мед. орто билимдүү адис иштейт. Областтык тери-венера оорулар диспансери (Ош ш., Свердлов көчөсү, 243) 225 орундуу, поликлиникасы сменасына 200 адамды көрө алат; 15 врач, 52 мед. орто билимдүү адис иштейт. Областтык онкология диспансери (Кара-Суу р-ну, Шарк айыл совети) 100 орундуу; 15 врач, 41 мед. орто билимдүү адис иштейт. Областтык врачтык-физкультура диспансеринин (Ош ш., Ленин көчөсү, 3) поликлиникасы сменасына 70 кишини көрө алат; 8 врач, 13 мед. орто билимдүү адис иштейт. Областтык психоневрология диспансери (Ош ш., Пионер көчөсү) 220 орундуу, поликлиникасы сменасына 200 кишини көрө алат; 22 врач, 41 мед. орто билимдүү адис иштейт. Ош шаардык үчүк оорулар диспансери (Карасуу көчөсү, 172) сменасына 88 кишини көрө алат; 10 врач, 17 мед. орто билимдүү адис иштейт. Мындан тышкары Жалал-Абад, Сүлүктү, Кызыл-Кыя ш-нда, Ала-Бука, Базар-Коргон, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн р-ндорунда да Д. бар. Калк райондук, шаардык ж. б. ооруканаларда (к. р-ндук ж-а шаардык мед.-санитариялык мекемелер ж-дегү макалаларды) да Д-дин кызматынан пайдалана алышат.

ДМИТРИЕВКА (мурунку Таран-Мазар) — кыштак, Сузак р-нундагы Архангельск айыл советинин борбору. Бул айыл советине Архангельск, Калмак-Кырчын, Канжыга, Сары-Булак, Жоон-Күңгөй, Люблинко, Саты, Таран-Мазар, Үрүм-Башы кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 70 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 48 *км*. Калкы 1663 (1987). Нег. чарбасы — мал чарбачылык, бал челек кармоо. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, аптека, маданият үйү, 2 клуб, китепкана ж. б. бар.

ДОБРЫНИН Александр Константинович (1892, Армавир ш. — 1967, Ташкен ш.) — Кызыл-Кыя рев-ячыл кыймылына катышуучу. 1918-жылдан Компартия мүчөсү. 1912-ж. большевиктик адабияттарды таркаткандыгы үчүн Түркстанга айдалып келген. Кызыл-Кыя көмүр кенинде иштеп, шахтёрлордун рев-ячыл күрөшүнө активдүү катышкан. Кызыл-Кыя жумушчу депутаттар советинин биринчи составына шайланган (1917). Совет бийлигинин орношу м-н «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзунун башкармасынын чечими б-ча Сүлүктүгө профсоюздук ишке жөнөтүлөт. 1918-ж. октябрдан Скобелев шараткомунун иш башкаруучусу, ошол эле мезгилде шаардын коргонуу начальниги болгон. 1919-жылдан Ош уездиндеги Көчмөн р-нунун милиция ж-а Ош парт. кошуунунун начальниги болуп иштеген. 1920-ж. Э. Ф. *Кужело* командалык кылган Фергана аттандар бригадасында аскер комиссары, Казан полкунда рота командири болуп кызмат өтөгөн. Гражд. согуш аяктаган соң крайлык азык-түлүк бюросунда, Өзбекстандын чарба органдарында жооптуу кызматтарда иштеген.

ДОҢУЗ-СУУ — Өзгөн р-нундагы суу, Жазы суусунун оң куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталат. Жог. агымы Саз аталат. Уз. 44 *км*, д. дең. орт. бийикт. 2000 *м*, аянты 192 *км*^{2}. Мөңгү ж-а жамгыр суулары-нан куралат. 20дай чакан куймасы бар. Жылдык орт. чыгымы 2,74 *м*^{3}/*сек*, март — июнь айларында кирет. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Доңуз-Тоо кыш. жайгашкан.

ДОҢУЗ-ТОО — сак урууларына таандык жез казандар табылган жер. Өзгөн р-нунун аймагындагы Жазы суусунун оң куймасы Доңуз-Суунун өрөөнүндө жайгашкан. Бул казандар обл. тарых-маданият музей-коругунда сакталууда.

ДОҢУЗ-ТОО — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш тармагы. Зындан-Суу ж-а Доңуз-Тоо сууларынын (Жазынын оң куймалары) аралыгында. Уз. 28 *км*, туурасы 6 *км*, д. дең. орт. бийикт. 2100—2200 *м*, эң бийик жери 2354 *м*. Кыры тайпак, түш.-батышты карай жапыздайт. Капталдары жантайыңкы. Бийик түн.-чыгыш бөлүгү юра мезгилинин алевролит, конгломерат, аргиллит, жапыз түш.-батыш бөлүгү бор ж-а палеоген мезгилдеринин кызгылт түстүү конгломерат, кумдук, чопо, мергель тектеринен түзүлгөн. Көмүр кени бар. Жайыт, чабынды катары пайдаланылат. Жаңгак токою өсөт.

ДОСААФ, ДОСААФтын Ош обл. уюму — Армия, Авиация ж-а Флотко көмөктөшүүчү ыктыярдуу коом (к-ти: Ош ш., Араван шоссеси, 2-*км*), эмгекчилердин массалык өз алдынча ыктыярдуу коргонуу уюму. 1927-ж. Коргонууга, авиацияга ж-а химиялык курулушка көмөктөшүүчү коом катары түзүлгөн. Алгачкы ячейкалары Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя ш-нда уюшулган. 1948—51-ж. армияга (ДОСАРМ), авиацияга (ДОСАВ) ж-а флотко (ДОСФЛОТ) көмөктөшүүчү обл. уюм катары аракеттенген. 1951-жылдан азыркыдай аталат. Өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоого ж-а уландарды аскер кызматына даярдоого, социалисттик Ата Мекенди коргоого дайым даяр турууга, гражд. коргонуу б-ча чара көрүүгө, спорттун тех. ж-а аскердик-колдонмо түрүн өнүктүрүүгө, эл чарбасы үчүн кадрларды аскердик-колдонмо маанайдагы тех. кесиптерге даярдоого, эмгекчилерге аскердик-пат-

риоттук тарбия берүүгө көмөктөшөт. ДОСААФтын обл. уюму 22 р-ндук ж-а шаардык, 1 928 баштапкы уюмун (548 642 мүчөсү) бириктирет. Областтык ДОСААФ системасында бириккен техн. мектеп, 3 авт. мектеби, обл. радиотехника мектеби, спорттук-аткычтар клубу, ишчил ит үйрөтүүчүлөр клубу, 6 р-ндук ж-а шаардык спорттук-тех. клубу, спорттун 16 түрү б-ча 61 спорттук-тех. секция иштейт (1986). 1985—86-окуу жылында эл чарбасы үчүн 8 325 адис даярдалган. ДОСААФтын Ош шаардык уюму (к-ти: Свердлов көчөсү, 202) 316 баштапкы уюмду (92 500 мүчөсүн) бириктирет (1986). Спорттук-тех. клубу бар.

ДОСААФтын БИРИККЕН ТЕХНИКАЛЫК МЕКТЕБИ (Ош ш., Белинский көчөсү, 8). 1947-ж. ачылган. Автомашина айдоочуларды, о. эле ушул кесиптин негизинде уландарды Сов. Армияда кызмат өтөөгө даярдайт. Мектепте 1988-ж. жүздөгөн киши окуп, 16 окутуучу иштеген.

«ДОСТУК» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Араван р-ндук к-тинин ж-а р-ндук Эл депутаттар советинин органы (редакциясы: Араван кыш., Совет көчөсү, 22). 1935-ж. негизделген. 1965-ж. чейин «Жогорку түшүм үчүн», 1965-жылдан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде, жумасына 3 жолу чыгат. Редакциядагы басмаканада басылат. Тиражы 7,4 миң нуска (1986).

ДОСУЕВ Коргол, к. *Коргол.*

ДӨБӨ-КОРГОН, к. *Төбө-Коргон.*

ДӨБӨ-КОРГОН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Араван суусунун төм. агымында, Төбө-Коргон кыш-нын (Араван р-ну) жанында, Мазар-Дөбө шаар чалдыбарынан түш. тарапта жайгашкан. Түш. бөлүгү бийигирээк келип, тик бурч формасында. 1957-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Казуу учурунда табылган карапаларга караганда 9—12-к-га таандык.

ДӨҢ-БУЛАК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ. Жазы суусунун сол өйүзүндө, Дөң-Булак кыш-нын жанында, Өзгөн ш-нан 5 *км* чыгыш тарапта жайгашкан. Терең ак м-н курчалган. Аянты 8 *га.* Түн. бөлүгүндө цитадели бар; аны 1954-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Маданий катмарынын (көп катмарлуу) калыңдыгы 10 *м*дей. Шоро-Башат маданиятына (б. з. ч. 4—1-к.) таандык. Улуу Жибек жолунун боюнда чеп катары пайда болгон. Экинчи катмары б. з. 1-к-на, кийинки катмарлары 6—8-к-га, акыркы катмары 8—9-к-га таандык.

«ДРУЖБА» — Кызыл-Кыя ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Биринчи Май көчөсү, 148). 1961-ж. ачылган. «Китеген — экранга», «Ден соолук» кинолубдары иштейт. Залы 400 орундуу. 1985-ж. 324 миң киши кино көргөн.

«ДРУЖБА» — Сузак р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Октябрь кыш.). 1963-ж. «Кызыл-Октябрь», «Ленин-Жол», 20-партсъезд атн. к-здордун базасында түзүлгөн. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки, дан эгиндерин өстүрүү, сүт өндүрүү. 20,4 миң *га* (а. и. 16,8 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,5 миң бодо мал, 8,4 миң кой, 4 миң чочкосу бар (1986).

ДУБАНА КӨЛҮ — Чаткал кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан кооз көл. Чаткал өрөөнүнүн төрүндө-гү Дубана суусунун сол куймасы Карачанагы мөңгүнүн таасиринен пайда болуп, д. дең. 3000 *м* бийиктикте жатат. Аянты 0,54 *км*^{2}. Кар, жаан-чачын сууларынан куралат. Айланасында карагай, арча, кайың, ар түрдүү бадал өсөт. Көлдөн Кара-Токо суусу агып чыгат.

ДУГОВ МӨҢГҮСҮ — Коллектор кырка тоосунун түш. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 5,5 *км*, аянты 4,5 *км*^{2}. Кырка тоонун Исфайрам-Сай ж-а Шаймерден сууларынын алаптарын бөлүп турган тармагынан орун алган. Мөңгүнүн башы д. дең. 4700 *м*, этеги 4000 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4500 *м*. 1935—73-ж. жылына 25—70 *мге* тартылган; кийин тартылуу басаңдаган. Мөңгүдөн агып чыккан суу Арча-Конушка куят.

ДҮКӨНДӨР. Областтагы соода башкармасынын системасында 299 азык-түлүк дүкөнү (жалпы соода аянты 21,3 миң *м*^{2}), а. и. 4 универсам (Ош, Таш-Көмүр ш-нда), 15 товарларды буйрутма (заказ) б-ча алдын ала сатуучу. 13 атайын нан-кондитердик азыктарды сатуучу дүкөн иштейт (1986). Эң ирилери: «Кыргызстан» универсамы, «Ширин» гастроному (Ош ш.); бул дүкөндөрдүн жылдык товар жүгүртүүсү 2 млн сомдон ашык. 222 дүкөндө (а. и. 143 атайын дүкөндөрдө) ө. ж. товарлары сатылат. Алардын соода аянты 26,8 миң *м*^{2}. Ирилери: «Үй тиричилик товарлары» (Жалал-Абад ш.), «Гүлкайыр», «Айчүрөк», «Ош» универмагдары ж. б.; «Ош» универмагынын жылдык товар жүгүртүүсү 7 млн сом.

Областтын борборунда (Юбилейный проспектиси) дайыма жайма базар (ярмарка) болуп турат. Анын жалпы соода аянты 0,8 миң *м*^{2}; 400 соода точкасы бар. Анда ө. ж. товарлары ж-а азык-түлүктөр сатылат. Областтык соода башкармасынын 68 кампасы бар. Алардын жалпы аянты 34,4 миң *м*^{2}; сыймдуулугу 3,3 миң *м*^{3} 8 жашылча сактоочу кампа, сыймдуулугу 0,9 миң *м*^{3} 8 муздаткыч иштейт. Областтык керек-жарак союзуна 1945 соода ишканасы карайт, а. и. соода аянты 132,5 миң *м*^{2} ж-а жылдык товар жүгүртүүсү 500,6 млн сомду түзгөн 1343 дүкөн иштейт. Ири кыш-да (Сузак р-нундагы Кара-Дарыя, Кара-Суу р-нундагы Кашкар-Кыштак, Ноокат р-нундагы Эски-Ноокат кыш. ж. б.) соода комплекстери бар, анда түрдүү дүкөндөр иштейт. Айыл-кыш-дагы ири универсам дүкөндөр: Алай, Баткен (р-ндордун борборлорунда), «Бакыт» (Отуз-Адыр кыш.), «Кыз-Бурак» (Алабука кыш.), «Кызгалдак» (Араван кыш.), «Манас» (Базар-Коргон кыш.).

ДЫЙКАНДАР. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясына чейин Кырг-ндын түш. бөлүгүнүн калкынын 88%и айылкыштактарда жашаган. Анын көп бөлүгүн эмгекчил дыйкандар (букаралар) түзгөн. Социализмди куруу жылдары ж-а аны өркүндөтүүдө механикалаштыруунун деңгээлинин жогорулашы, чарбаларда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү, айрым колхозчулардын эл чарбасынын башка тармактарына иштеп кетиши, о. эле бир катар к-здордун с-здорго айландырылышы обл-тын социалдык түзүлүшүндө дыйкандардын азайышына алып келген. Ошентип, 1959-ж. колхозчулар 49,3%ти түзсө, 1979-ж. 22%ке чейин, б. а. 2 эсеге азайган. К-з дыйкандарынын катарында механизаторлордун ж. б. жаңы техникаларда иштеген кадрлардын саны ж-а салыштырмалуу салмагы өсүүдө. 2 же андан көп адистик б-ча иштеген механизаторлордун саны, о. эле облтын к-здорунда кесиптик-тех. окуу жайын бүтүргөн электриктер, ремонтчулар, куруучулар д. у. с. адистер көбөйүүдө. А. ч. өндүрүшүн механикалаштыруу ж-а техникалаштыруу колхозчулардын эмгегинин мүнөзүн өзгөртүп, ал бара-бара индустриялашкан эмгектин түрлөрүнө өтүүдө. Колхозчулардын билим деңгээли бир кыйла өстү. 1959-жылкы эл каттоо б-ча 1000 колхозчунун 250сү жог. же орто билимдүү болсо, 1979-ж. 764кө (а. и. 31 жог., толук эмес жог. ж-а атайын орто билимдүү) жеткен. Көп колхозчулар, айрыкча механизаторлор бир кыйла жог. билимге ээ болуу м-н индустриялуу эмгектин өкүлдөрү катары өндүрүштө акыл эмгеги м-н күч эмгегин айкалыштырып, чыгармачылык м-н эмгектенишет.

«ДЫЙКАНДАР АРМИЯСЫ» — 1918-ж. ноябрь — декабрь айларында Жалал-Абад аймагындагы Көгарт өрөөнүндө басмачылардан коргонуу максатында түзүлгөн майда отряддар бирикмеси. Түркстан респ-сынын чечими б-ча «Д. а.» Кызыл Армиянын Ферганадагы обл. штабына баш ийген. Бирок респ-нын аскер комиссары, чыккынчы Осиповдун көрсөтмөсү б-ча «Д. а-нын» катарына ак гвардиячы офицерлер кирип кетип, Совет бийлигине каршы козголоңдорду уюштурушкан. 1919-ж. мартта анын катарында 1080 адам болгон. Командачы К. Монстров башында турган кулак армиясынын штабы корбашылар м-н Совет бийлигине каршы биргелешип күрөшүү үчүн келишим түзгөн. 1919-ж. сентябрдын башында «Д. а-нын» контрреволюциячыл отряддары Жалал-Абад, Ошту басып алып, Анжиянды курчашкан. 1919-жылдын аягында аны Кызыл Армиянын бөлүктөрү талкалаган.

ДЫЙКАН-КЫШТАК — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Төлөйкөн айыл советинин борбору. Бул айыл советине Өзгөр, Төлөйкөн, Учар, Кыргызстан кыш. да карайт. Ош ш-нан 2 *км* түш. тарапта ж-а р-ндун борбору Кара-Суу ш-нан 25 *км* түш. тарапта жайгашкан. Калкы 5700 (1987). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, оорукана, клуб, китепкана, маданият үйү, ашкана ж. б. бар.

ДЫЙКАНЧЫЛЫК ТАЯНЫЧ ПУНКТУ, Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж-дын Кыргызстан дыйканчылык илимий-өндүрүш бирикмесинин Бүргөндүдөгү пункту (Фрунзе р-ну, Бүргөндү кыш.). 1973-ж. түзүлгөн. Ишинин нег. багыты: жемиш бактары м-н жүзүмдүн сортун изилдөө, кенен катарлуу жүзүм түптөрүнүн натыйжалуулугун изилдөө, таштак жерлерди өздөштүрүүнүн агротехникалык ыкмаларын иштеп чыгуу ж. б. Бир бөлүмү (мөмө-жемиш, субтропик бактар) бар, 8 кызматкер иштейт (1986).

ДЫЙКАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Кара-Дарыянын имерилишинин түн. че-



И. И. Едренкин

тиндеги оң жээктен орун алган. Өзгөн ш-нан 5 *км* чыгыш тарапта. Аянты 5 *га*. Бир нече маданий катмардан турат. Соңку коло доорунун Чуст маданиятынын катмары ачылган, ал мезгилде Дыйкан шаар чалдыбары Өзгөн оазисинин борбору болгон. Үстүңкү катмарлары Шоро-Башат маданиятына таандык.

ЕДРЕНКИН Иван Иванович (1890, Брянск обл., Трубчёвск ш. — 1948, Кызыл-Кыя ш.) — Кырг-нда Совет бийлигин орнотуугa ж-а чыңдоого активдүү катышуучу. 1917-жылдан Компартиянын мүчөсү. Москва куралдуу көтөрүлүшүнө (1905) катышкан. 1906-жылдан Петербургда саясий адабияттарды тарката ндыгы үчүн камалган. 1908-жылдан Түркстанда. Адегенде Шураб (Тажикстан), кийин Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя көмүр кендеринде иштеген. 1911-ж. иш таштоого катышкан шахтёрлордун жетекчилеринен болгон. 1917-ж. апрелден Кызыл-Кыя жумушчу депутаттар советинин председатели. 1918-ж. Кызыл-Кыяда большевиктердин алгачкы тобун уюштурган. 1920—21-ж. Анжиян р-ндук эл чарба советинин председатели ж-а Москвага пахта жөнөтүү б-ча атайын өкүл. 1921—23-ж. Түркстан АССРинин тоо-кен ө. ж. башкармасынын начальнигине орун басар, Өзбек ССРинин эл чарба советинде, «Орто Азия көмүр» трестинде жооптуу кызматкер, 1938—48-ж. Сүлүктү ж-а Кызыл-Кыя кендеринде директор болуп иштеген. Кызыл-Кыя ш-ндагы анын мүрзөсү тарыхый эстелик катары мамлекеттин коргоосуна алынган.

Ж

ЖАЗУУ ЧЕГИЛГЕН ТАШТАР — табыттын үстүнө коюлуучу эстеликтер. Оштогу Сулайман тоонун этегинде, б. көрүстөндөн табылган. Арабча наск ж-а сульс жазуулары м-н жазылган 10дой таш Ош обл. тарых-маданият музей-коругуна чогултулган. Жазуулар негизинен 4—10 саптан турат, 13—14-к-га таандык. Таштагы жазуулардын баары дин кызматкерлерине, шайыктарга, имамдарга, сопуларга арналган. Айрым жазуулары чечмеленген.

ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУ, Кыргызстан Ж. с-нун Ош обл. бөлүмү (Ош ш., Свердлов көчөсү, 312). 1966-ж. уюшулган. Адабиятчылардын жог. деңгээлдеги идеялык-көркөм чыгармаларды жаратуусуна, кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүсүнө, адабият м-н турмуштун байланышын ж-а ССРдеги улуттук адабияттардын өз ара байланышын чыңдоого шарт түзөт. Проза, поэзия, сын, котормо секциялары иштейт. Адабият бирикмелери м-н ийримдеринин (Кыргызстан ЛКЖСтин обл. к-тиндеги «Багыт», Ош мамл. педагогика ин-тундагы Ж. Бөкөнбаев атн., Ош педагогика окуу жайындагы Ж. Турусбеков атн., Жалал-Абад педагогика окуу жайындагы А. Осмонов атн., «Ленин йули» газетасындагы «Илхом») иштерине багыт берет. Жаш жазуучулардын обл. семинарларын өткөрөт. Областта Ж. с-нун 8 мүчөсү (А. Абдугафуров, М. Жакыпов, А. Камалов, М. Каримов, Т. Мияшев, И. Сулайманов, К. Ташбаев, С. Кадыров) иштейт (1988). Жооптуу секретарлары: Ш. Абдраманов (1966—71), И. Сулайманов (1971—76), К. Ташбаев (1976-жылдан).

ЖАЗЫ — Өзгөн р-нундагы суу, Кара-Дарыянын оң куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталат. Башаты Чабай суусу, ал Кулубек суусу м-н кошулгандан кийин Ж. аталат. Уз. 122 *км*, алабынын аянты 2620 $км^2$. 80ден ашык куймасы бар. Ирилери: Зындан-Суу, Доңуз-Суу, Зергер, Байбиче, Кара-Төбө, Беш-Терек, Улуу-Чат, Салам-Алик, Доңуз-Тоо, Жыланды ж. б. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Апрель — август айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 34,2 $м^3/сек$. Өрөөнүндө Кара-Шоро минералдуу булактары бар. Боюнда Мырза-Аке, Жыланды, Ильичёвка, Ак-Терек ж. б. кыш. жайгашкан.

ЖАЗЫ ЗАКАЗНИГИ Өзгөн р-нунда: Өзгөн ш-нын жанында, Жазы суусунун жайылмасында, Өзгөн токой чарбасынын аймагында жайгашкан. 1975-ж. суу жайылмасында кыргоол уялоочу камыштуу, чычырканактуу ж-а сууда сүзүүчү куштар кыштоочу саздуу жерлерди коргоо максатында түзүлгөн. Аянты 5 миң *га*.

ЖАЗЫ ӨРӨӨНҮ — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында субмеридиан багытта жайгашкан кооз өрөөн. Байбиче, Торгой-Дөбө, Доңуз-Тоо, Зергер-Тоо, Токсон-Кемпир тоолору курчап жатат. Сур-Таш ж-а Мырза-Аке ашуулары аркылуу Өзгөн өрөөнү м-н байланышат. Өзгөн ш-нан 70 *км* чыгыш тарапта, Ош ш-нан 130 *км*. Уз. 200 *км*, туурасы 5—6 *км*. Адыр-күдүрлүү рельеф, альп тибиндеги мөңгүлөрдүн аракетинен пайда болгон «төө карындар», палеозой ж-а юра мезгилдеринин чөкмөлөрүнөн пайда болгон б. начар тилмеленген денудациялык рельеф ж-а шиленди түздүктөрү мүнөздүү. Жог. бөлүгү — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталын кесип өткөн терең капчыгай, чатына жакын — тоо тизмегиндеги түздүк. Климаты мелүүн континенттик. Июлдун орт. темп-расы 14°—20°С, январдыкы —8°Сден —15°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 1000 *ммге* чейин. Нег. суусу — Жазы ж-а анын куймалары. Өрөөндүн тоо этегиндеги бөлүгүн жарым чөл, 1200—1600 *м* бийиктикте бадал, шалбаалуу талаа ж-а токой (арча, карагай, долоно, шилби, изирик, четин, табылгы ж. б.), 3100—3600 *м* бийиктикте субальп ж-а альп ландшафт алкактары ээлейт. Андан *Кара-Шоро минералдуу суусу* ж-а дары баткак кендер чыгат. Өрөөн жайыт катары пайдаланылат. Ал аркылуу Өзгөн — Кара-Шоро авт. жолу өтөт.

ЖАЙЛОО СОВЕТТЕРИ — 1927—32-ж. көчмөн ж-а чала көчмөн калк жашаган Кырг-ндын тоолуу аймактарындагы, а. и. Ош обл-нын аймагындагы мамл. бийликтин мезгилдүү органы. 1927-ж. чейин мындай аймактарда малчылардын көчмөн турмушуна байланыштуу советтер үчүн иштөө ыңгайсыз болгон. Малчылар жайлоого көчкөн мезгилде жерг. советтик аппарат таркап кетүүчү же калктын нег. бөлүгү алардын таасиринен четтеп калуучу. Тоолуу жайыттарда көчмөндөрдүн 10 миңдеген түтүнүнө бай-манаптар катуу таасир тийгизген; алар сакталып калган уруулук үрп-адаттарды пайдалануу м-н админ. башкарууну өз колдоруна алышып, законсуз салыктарды жыйнашкан, көп малга ээ болгон, жайыттарды ж-а жайлоону ээлеп, кедейлер м-н батрактарды эзип келишкен. Ж. с. 15-майдан 15-сентябрга чейин (жайлоо мезгили) иштеген. Алгачкы Ж. с. Кырг-нда Суусамыр жайлоосунда (ал жерде Чүй, Нарын, Талас, Жалал-Абад кантондорунун ж-а Казакстандын жакынкы аймактарынын калкы жайлаган) уюшулган. Кийин Алай өрөөнүндө, Капчыгай болушунун Ажыке жайлоосунда, Чаткал ж-а Кызыл-Кыя өрөөндөрүндө, Өзгөн р-нунун Сазы жайлоосунда, Кызыл-Кыя р-нунун жайлоосунда түзүлгөн. Ж. с. ал аймактарда мамл. тартипти сактоону, коомдук коопсуздукту, рев-ячыл закондуулукту коргоону камсыз кылып турган; көчмөн калктын маданий-чарбалык жактан өнүгүшүнө көмөктөшкөн, жерг. маанидеги бардык маселелерди чечкен, мамл. бийликтин жог. органдарынын токтомдорун ишке ашырышкан, бардык уюмдардын ишине жетекчилик кылган, финансы органдарына салыкты өз убагында чогултууга көмөктөшкөн. Ж. с-нде комсомол, профсоюз, пионер ж-а коргонуу уюмдары, сот органдары ж-а милиция, элге билим берүү ж-а саламаттык сактоо бөлүмдөрү иштеген. Советтердин респ. ж-а кантондук маанидеги коммунисттик топтору иш жүзүндө парт. к-ттер болгон; жайлоодогу бардык парт. иштер алардын колуна топтолгон.

«ЖАЛ» — Ноокат р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кызыл-Булак кыш.). 1974-ж. «Көк-Жар» с-зунан бөлүнүп чыккан. Сүт багытындагы уй багуу ж-а тамеки өстүрүүгө адистешкен. 39 миң *га* (а. и. 25,9 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 969 бодо мал, 20 миң кой-эчкиси бар (1986). Тамеки аянтынын ар гектарынан 36,3 *ц*ден түшүм жыйнап, ар койдон 3,15 *кг*дан жүн кыркып алган. Кирешеси 11,4 млн сомду түзөт.

ЖАЛАЛ-АБАД — областка караштуу шаар. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш тармагы Айып-Тоонун этегинде, Көгарт өрөөнүндө, д. дең. 755—800 *м* бийиктикте, Фрунзе — Ош авт. жолунун боюнда, Ош ш-нан 54 *км* түн.-чыгыш тарапта жайгашкан. Калкы 72,1 миң (1986). 1887-ж. шаар статусун алган. 1913-ж. 4,5 миң киши жашаган. 1916-ж. темир жол жеткирилген. 1924—28-ж. Жалал-Абад округунун, 1927—28-ж. кантондун, 1939—59-ж. обл-тын борбору. Кырг-ндын ө. ж. ж-а маданий борборлорунун бири.

Металл иштетүү, жеңил, тамак-аш ж. б. ө. ж. тармактары өнүккөн. Ж.-А-да пахта тазалоочу ж-а жыгач иштетүүчү з-ддор, кондитердик бирикме, мебель ж-а кийим тигүү ф-калары, курулуш



Жаңы курулган район.

материалдар комбинаты, жер казуучу техникаларды ремонттоо ж-а тамеки ферменттөө з-ддору ж. б. бар. Майлы-Сай — Жалал-Абад — Ош газ кууру курулган. Темир жол аркылуу Фрунзе, Ош, Көк-Жаңгак, Кара-Суу ш. ж-а Фергана өрөөнүнүн экон. борборлору м-н байланышат. Аэропорту бар. Шаарда жалпы билим берүүчү 8 орто, 1 сегиз жылдык мектеп, 2 жумушчу жаштар мектеби, педагогика окуу жайы, зооветеринария техникуму, кооперация техникуму, Фрунзедеги машина куруу техникумунун филиалы, маданият техникуму, медицина окуу жайы, 3 кесиптик-тех. окуу жай, 7 кинотеатр, 8 клуб, 2 эс алуу ж-а маданият паркы, маданият үйү, обл. бириктирилген тарых-маданият музей-коругунун филиалы, пионерлер үйү, жаш техниктер ж-а жаш натуралисттер станциялары, 2 балдар-өспүрүмдөр спорт мектеби, балдардын музыка мектеби, шаардык бириктирилген ооруканa ж-а балдар ооруканасы, кардиоревматологиялык санаторий, төрөт үйү, 3 поликлиника ж. б. иштейт. Шаардагы тарых ж-а маданият эстеликтерин 1981-ж. шааратком мамл. коргоого алган. Шаардан 5 *км* түш.-чыгыш тарапта союздук маанидеги Жалал-Абад курорту жайгашкан. Шаарды кеңейтүү ж-а реконструкциялоо үчүн Жалал-Абад шаарынын негизги планы түзүлүп, ишке ашырылып жатат.

«ЖАЛАЛ-АБАД АГРАРДЫК ӨНӨР ЖАЙ КУРУЛУШ» — Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. трести (Жалал-Абад ш., Шопоков көчөсү, 4). 1965-ж. түзүлгөн. 7 механикалаштырылган көчмө колоннасы (анын бирөө Ярославль обл-нда иштейт) бар. Курулуш-монтаждоо иштеринин жылдык көлөмү 18,3 миң сомду түзөт (1985). 2264 киши, а. и. 482 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт. 83 киши СССР ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган. Треститн өзүнүн турак жай фондусу, бала бакчалары бар. 1986-ж. чейин «Жалал-Абад айыл курулуш» аталган.

ЖАЛАЛ-АБАД БАТКАК КЕНИ — Жалал-Абад ш-нан 5 *км* түш.-чыгыш тараптагы чым көндүү дары баткак жаткан жер. Айып-Тоонун батыш капталында, д. дең. 1070—1075 *м* бийиктикте. 1932-жылдан белгилүү. Кен эки башка саздак участкадан турат. Жалпы аянты 7520 $м^2$. Эң үстүндө кумдуу топурак (калыңдыгы 0,2—0,3 *м*), астында каралжын күрөң түстөгү эзилген чым көң баткагы (калыңдыгы 1,5 *м*) жатат. Дары баткактын 0,25 *ммден* кесек бүртүкчөлөрү м-н булганышы 4,7%, өсүмдүк калдыктарының чириши 82%ке жетет. Баткактын суюк ылайы 47—78% ж-а сульфат натрийлүү, өтө карбонаттуу (коэффициенти 0,18—0,89). Запасы 20,2 миң *т* (1962). Кендин ж-а ал жерден чыккан минералдуу суунун базасында Жалал-Абад курорту иштейт.

ЖАЛАЛ-АБАД ЗООВЕТЕРИНАРИЯ ТЕХНИКУМУ (Жалал-Абад ш., Цимлянский көчөсү, 80). 1947-ж. мал чарба мектебинин базасында негизделген. Колхоз м-н совхоздор үчүн кенже зоотехник, ветеринар-механизатор, ветеринар-фельдшер ж-а электр-техниктерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 1 389 киши (а. и. 547 киши сырттан окуу бөлүмүндө) окуган; 43 окутуучу иштеген, анын бирөө а. ч. илимининкандидаты. 320 орундуу жатаканасы, 20 миң китептүү китепканасы бар. Жылына 130—150 орто билимдүү адис бүтүп чыгат; уюшулгандан 6 миң адис даярдалган (1986).

ЖАЛАЛ-АБАД КАНТОНУ — 1926 — 28-ж-дагы админ.-аймактык бирдик. Борбору Жалал-Абад ш. болгон. Айым, Жалал-Абад, Көгарт, Базар-Коргон, Майкен, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар, Чоң-Алай, Чаткал болуштарын бириктирген. 1928-ж. Ош кантону м-н бириктирилип, Ош округу аталган.

ЖАЛАЛ-АБАД КОНСЕРВА ЗАВОДУ (Жалал-Абад ш., Кыргызстандын 50 жылдыгы көчөсү, 8). Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тине карайт. 1957—81-ж. Жалал-Абад керек-жарак коомунун жашылча-жемиш комбинаты, 1981-жылдан азыркыдай аталат. 30 түрдүү консерва продукцияларын (бадыраң, помидор, томат пюре, компот, кыям ж. б.) даярдайт (1985). Жылына 6,5 млн шарттуу банка консерва чыгарат.

ЖАЛАЛ-АБАД КООПЕРАЦИЯ ТЕХНИКУМУ (Жалал-Абад ш., Октябрдын 50 жылдыгы көчөсү, 30). 1966-ж. Фрунзе кооперация техникумунун филиалы катары негизделген, 1985-жылдан азыркыдай аталат. Өнөр жай товарларын иликтөө ж-а соодалоону уюштуруу, азык-түлүк товарларын иликтөө ж-а соодалоону уюштуруу, бухгалтердик эсеп, тамак-аш даярдоонун технологиясы, муздаткыч компрессор машиналары ж-а аларды орнотуу, коомдук тамак-аш ж-а соода ишканаларынын машиналары м-н жабдуулары б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 1080 окуучу окуп, 45 окутуучу иштеген. 600 орундуу жатаканасы ж-а китепканасы (фонду 40 миң китеп) бар. Техникум ачылгандан бери 3,5 миң адис даярдап чыгарган (1986).

ЖАЛАЛ-АБАД КУРОРТУ — бальнеологиялык дары баткактуу курорт. Жалал-Абад ш-нан 5 *км* чыгыш тарапта. Көгарт өрөөнүндөгү Айып-Тоонун батыш капталында, д. дең. 975 *м* бийиктикте жайгашкан. Фрунзе ш-нан 550 *км* аралыкта (аба, темир жол ж-а авт. жолдору аркылуу катташат). Курорт аймагына арча, мисте, кара жыгач, ак акация ж. б. даректар отургузулган. Климаты континенттик. Кышы анча суук эмес, кар жылына 80 күндөн ашык жатат; январдын орт. темпрасы —2°Сге жакын. Жаз эрте келет, жылуу, кар марттын 2-жарымында кетет. Жайы ысык, кургакчыл, июлдун орт. темп-расы 27°С. Жылдык жаан-чачыны 500 *ммдей*; негизинен күз-кыш мезгилдеринде жаайт. Жылдык орт. салыштырмалуу нымдуулугу 52%тей. Күн тийүү узактыгы жылына 2787 саат. Дарылоодо негизинен минералдуу суулар ж-а баткак пайдаланылат. Жалал-Абаддын дарылык касиети бар минералдуу булактары жерг. элге 10-к-дан бери эле белгилүү. Суунун химиялык анализи алгачкы жолу 1877-ж. алынган. Ошол эле мезгилде округдун аскердик мед. инспекторунун талабы б-ча ванна ж-а лазарет салынган. Курорт 1900-ж. курула баштаган. 1922-ж. жерг. бай Айып-Булакка има-



Жалал-Абад курорту. Экинчи корпусу.

рат салдырган. Курорттун дарылоочу азыркы жайлары 1954—68-ж. курулган. Мында 75—130 *м* терендиктен бургуланып чыгарылган минералдуу суулары (к. *Жалал-Абад минералдуу суусу)* ж-а дары баткак кени пайдаланылат. Суулары ванна, душка түшүү, ичүүдө ж-а сугатка кеңири колдонулат. Курортто муун, борб. ж-а четки нерв системасынын дарттарынан, карын боор, өт баштыкчасынын сезгенүүсүнөн, тери, бөйрөк, гинекологиялык оорулардан жапа чеккендер дарыланат. Курорттун сыйымдуулугу 505 орун, анын 50 оруну балдарды дарылоого ылайыкталган; поликлиникасы, аэросолярий ж-а климаттык сере бар. Бассейн ж-а айыктыруучу физкультура залы бар баткак м-н дарылоочу жаңы имарат ишке киргизилген. Курортто 1979-жылдан амбулаториялык дарылоо жүргүзүлөт.

ЖАЛАЛ-АБАД МАДАНИЯТ ТЕХНИКУМУ (Жалал-Абад ш., Чехов көчөсү, 2). 1980-ж. негизделген. Китепканачыларды, маданий-агартуу кызматкерлерин (үйлөмө ж-а эл аспаптар оркестрлеринин жетекчилерин), клуб иштери б-ча режиссёрлорду даярдайт. 1985—86-окуу жылында 318 адам окуган, 40 окутуучу иштеген. 130 орундуу жатаканасы, китепканасы (15 миң китеп) бар. 390 адис даярдалган (1985).

ЖАЛАЛ-АБАД МЕДИЦИНА ОКУУ ЖАЙЫ (Жалал-Абад ш., Курорт көчөсү, 2). 1939-ж. мед. сестраларды даярдоочу мектеп (1-жолу 35 киши кабыл алынган) катары түзүлгөн; 1954-жылдан мед. окуу жай. Жалпы ж-а балдар профилиндеги мед. сестраларды, санитар-фельдшерлерди, акушерлерди, фельдшер-лаборанттарды, тиш техниктерин даярдайт. 1985—86-окуу жылында 1600 адам окуган; 73 окутуучу, а. и. Кыргыз ССР эл агартуусунун 1 отличниги, СССР саламаттык сактоосунун 4 отличниги иштейт. 740 орундуу жатаканасы, китепканасы (45 миң китеп), окуу жайдын тарыхы музейи бар. Ийримдер ж-а клубдар иштейт, өздүк көркөм чыгармачылыгы өнүккөн. Ачылгандан бери 9 миңден ашык адис даярдалган (1985).

ЖАЛАЛ-АБАД МИНЕРАЛДУУ СУУ-СУ — Жалал-Абад ш-нан 5 *км* түн.-чыгыш тарабтагы дарылануурга ж-а ичүүгө жарактуу минералдуу ысык булактар. Айып-Тоонун батыш канталында, д. ден. 980 *м* бийиктикте. Суу жерг. элге байыртан белгилүү. Булактар ж-дөгү алгачкы маалымат 1874-ж. адабияттарда кездешет. Курорт аймагына 1915—29-ж. геологиялык ж-а гидрогеологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Мында Айып-Булак, Кыз-Булак, Ак-Булак, Жаңы-Булак, Шор-Булак, Узун-Жалча, Чаңгыр-Таш деп аталган 7 булак бар. Булактар чыккан жерде антропогендин лёсс сымал кум-топурагы (калыңдыгы 30 *м*), юра ж-а бор мезгилдеринде пайда болгон гравелит, кумдук, алевролит, чопо ж. б. чөкмө тектер жатат. Дебити 21 *л/сек.* темпрасы 21—43,5°С. Суу тунук, даамсыз, аз минералдашкан (1,1—1,7 *г/л*), саал көкүрттүү суутек жыттанат. Жалпысынан суунун составы сульфат-гидрокарбонат-хлорид-натрий-кальцийлүү. Суу ашказан, боор, өт ж. б. ооруларына шыбаа берет. Бул арашан суунун базасында Жалал-Абад курорту иштейт. Имараттарды жылытууга, ичүүгө да пайдаланылат. Бөтөлкөлөргө куюлуп (жылына 20 млн бөтөлкө) Жалал-Абад № 27 деген ат м-н соода тармактарына жөнөтүлөт.

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ — 1939—59-ж-дагы админ.-аймактык бирдик. Борбору Жалал-Абад ш. болгон. Аянты 30,3 миң *км*². 10 р-нду бириктирген; 1 шаары, 2 ш. т. п. болгон. 1959-ж. Ош обл-на бириккен.

ЖАЛАЛ-АБАД ОКРУГУ — 1924—26-ж-дагы админ.-аймактык бирдик. Борбору Жалал-Абад ш. болгон. 1927-жылдан Жалал-Абад кантону, 1928-ж. Ош кантонуна биригип, Ош округу аталган. 1938-ж. мартта Ош округунан бөлүнүп, Жалал-Абад округу аталган. 1939-ж. Жалал-Абад обл. болуп өзгөргөн.

ЖАЛАЛ-АБАД ПЕДАГОГИКА ОКУУ ЖАЙЫ, А. С. Пушкин атн. Ж.-А. п. о. ж. (Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 22а). 1926-ж. негизделген. Башталгыч класстардын мугалимдерин, мектепке чейинки балдар мекемелери үчүн тарбиячыларды, физкультура мугалимдерин даярдайт. Сырттан окуу бөлүмү бар. Сабак орус, кыргыз ж-а өзбек тилдеринде өткөрүлөт. 1985—86-окуу жылында 1984 студент окуган. 180 окутуучу, а. и. 1 Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими, 16 Кыргыз ССР элге билим берүүнүн отличниги иштеген. 900 орундуу жатаканасы, китепканасы (фонду 82 миң китеп), Кырг-ндын ж-а ушул окуу жайдын тарыхы музейи бар.

ЖАЛАЛ-АБАД ПРИБОР РЕМОНТТОО ЦЕХИ, Фрунзе прибор ремонттоо з-дунун Ж.-А. п. р. ц. (Жалал-Абад ш., Кыргызстандын 60 жылдыгы көчөсү). 1969-жылдан иштейт. Жыгач өлчөө техникасын, электр приборлорун, монометр, бензин колонкаларынын касса аппараттарын ремонттойт, таразаларды тех. жактан көзөмөлдөйт. 26 киши иштейт. 223 миң сомдук иш аткарат (1986).

ЖАЛАЛ-АБАД РЕМОНТТОО ЗАВОДУ (Жалал-Абад ш.) Кыргыз ССР мамл. агрардык өн. ж. к-тине карайт, 1974-ж. Фрунзедеги «Айылчарбаремонт» ремонттоо з-дунун мастерскоюнун базасында түзүлгөн. Д-37 транспорт кыймылдаткычын ремонттойт. Жылына 2550 даана кыймылдаткыч (1984) ж-а пайдаланылган тетиктерди өндөйт. Жылдык дүң продукциясынын көлөмү 1 млн сом.

ЖАЛАЛ-АБАД «ТИРИЧИЛИК ТЕХНИКА РЕМОНТТОО» ЗАВОДУ (Жалал-Абад ш., Строитель көчөсү, 46). 1978-ж. Кыргыз ССР турмуш-тиричилик жактан тейлөө мин-восунун курулуш-ремонт башкармасы ж-а Ош «Тиричилик техника ремонт» з-дунун Майлы-Сай, Жалал-Абаддагы филиалдарынын базасында түзүлгөн. Турмуш-тиричиликке керектүү металл буюмдарын жасайт, бардык маркадагы саат-

тарды, турмуш-тиричилик приборлорун, автомобилдерди ремонттойт. Майы-Сай, Көк-Жаңгак ш-н, обл-тын түш. р-ндорун тейлейт. Заводдун 60 мастерскою ж-а калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө б-ча кабыл алуучу пунктары (ирилери: Жалал-Абад ш., П. Лумумба көчөсү; Майлы-Сай ш., колхоз базарында; Кочкор-Ата ш. т. п., Ленин-Жол, Октябрь кыш.) иштейт. 1985-ж. калкка тейлөөнүн 55 түрү б-ча 429,8 миң сомдук кызмат көрсөтүлгөн. 156 киши иштейт (1986).

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК БАСМАКАНАСЫ (Жалал-Абад ш., Токтогул көчөсү, 24). 1933-ж. негизделген. Кыргыз тилинде «Большевиктик жол» ж-а орус тилинде «Большевистский путь» (1952-жылдан «Сталиндик жол» ж-а «Сталинский путь», 1956-жылдан «Коммунизм туусу» ж-а «Знамя коммунизма») газеталары басылган. Азыркы мезгилде «Эмгек жалыны», «Пахтачы» газеталары, Ленин р-ндагы К. Маркс атн. к-здун «Коммунизм үчүн», «Москва» к-зунун «Ленин жолу», Сузак р-ндагы К. Маркс атн. к-здун «Колхоз чындыгы», «Кыргызнефть» өндүрүш бирикмесинин (Кочкор-Ата ш. т. п.) «Нефтяник Киргизии» көп нускалуу газеталары, о. эле түрдүү китеп, бланк, этикетка ж. б. басылат. Кыргыз ССР басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. к-тинин Ош обл. башкармасына карайт. Жылына 360 оттиск-басма табак китеп продукциясын, 116 миң нуска газета, 9 616 мин оттиск-басма табак бланк басып чыгарат. 79 киши иштейт (1986).

ЖАЛАЛ-АБАД ШААР ТАРЫХЫНЫН МУЗЕЙИ (Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 1). Жалал-Абад ж-а Ош обл-тары бириккенге (1959) чейин Жалал-Абад обл. край тааануу музейи иштеген. 1962-ж. анын фондусу Ош обл. музейине берилген. 1972-ж. коомдук башталышта кайра уюшулган. Көргөзмө аянты 44 *м*². 1978-жылдан Ош обл. музейинин филиалы (к. *Тарых-маданият музей-коругу).* Көргөзмө аянты 123 *м*², 890дон ашык экспонаттары бар (1987). Музейдин көргөзмөлөрүнөн шаар аймагын өздөштүрүүнүн тарыхы, шаардыктардын Улуу Октябрь революсына чейинки ж-а андан кийинки коомдук турмуш абалы, тиричилиги м-н таанышууга болот.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ МАДАНИЯТ ЖАНА ЭС АЛУУ БАГЫ. Жалал-Абад ш-нда 2 бак бар (1986).

Токтогул атн. маданият ж-а эс алуу багы 1929-ж. шаардын борб. бөлүгүндө түзүлгөн. Аянты 7,5 *га.* Зарап, эмен, чынар, ак кайың, кара жыгач өсөт. 7 аттракцион, оюн автоматтары, жайкы театр, бий аянтчасы, биллиард ойноочу жай ж. б. иштейт. Мамл. бириккен саясий башкарманын (ОГПУ) кызматкерлерине эстелик тургузулган. ВЛКСМ атн. маданият ж-а эс алуу багы 1950-ж. куруучулар жашаган микрорайондо түзүлгөн. Аянты 17,5 *га.* Зарап, кара жыгач, эмен ж. б. өсөт. 4 аттракцион иштейт.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ ЭСТЕЛИКТЕР. Жалал-Абад ш-нда 39 тарых ж-а маданият эстеликтери (анын төртөө респ. мааниде) бар (1986), аларды 1981-ж. шааратком мамл. коргоого алган. Архитектура эстеликтерине курорттун аймагында жайгашкан «Кыз-Булак» (1868), «Айып-Булак» (1876), «Ак-Булак» (1880) бассейндеринин имараттары кирет. Булар 19-к-дын 2-жарымындагы коомдук курулмалар ж-дө түшүнүк берет. Тарых эстеликтери: Ленин көчөсүндөгү № 18 имарат, анда 1918-ж. револючыл к-т жайгашкан; Токтогул атн. паркта Мамл. бириккен саясий башкарманын (ОГПУнун) кызматкерлеринин мүрзөсүнө тургузулган эстелик; вокзал аянты, анда 1920-ж. М. В. Фрунзе чыгып сөз сүйлөгөн; Октябрь көчөсүндөгү эски тегирмен, анда 1925-ж. крайдагы алгачкы динамо-машина орнотулган. Сов. Союз. Баатыры Е. К. *Мазков* жашаган үй ж-а анын мүрзөсү тарых эстелиги катары мамл. коргоого алынган. Иск-во эстеликтерине В. И. Лениндин эстелиги (авторлору А. Клоцман, Г. Бубель, А. Мартынов), фронтто курман болгон жалал-абаддыктардын эстелиги (скульп. Н. Т. Войлиненко, арх. А. Г. Тютюнников) ж. б. кирет. Көп нускада жасалган скульптуралар да бар.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН БИРИККЕН ООРУКАНАСЫ (Пушкин көчөсү, 91). 1927-ж. ачылган. Шаар калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 455 орундуу.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ, Н. В. Гоголь атн. Ж.-А. ш. б. к. (Жалал-Абад ш., В. И. Ленин атн. аянт). 1938-ж. негизделген. 1976-жылдан борб. китепкана. Ал балдар бөлүмүн (Жалал-Абад ш., Октябрь көчөсү, 288), бир нече фи-

лиалын (Жалал-Абад ш., Красин көчөсү, 116; Москва көчөсү, 62; Октябрдын 50 жылдыгы көчөсү, 18) бириктирет. Шаардагы 5 профсоюздук, 2 ведомстволук, 3 коомдук ж-а бардык мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында кыргыз, өзбек, англис, немец, француз тилдеринде 151,9 миң нуска китеп бар; орто эсеп м-н 14,4 миң окурманды тейлейт.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда 7 клубдук мекеме, а. и. шаардык маданият үйү, 6 профсоюздук клуб («Жалал-Абад айыл курулуш» трести, Жалал-Абад курорту, жүк ташуучу автобаза ж. б-да) иштейт (1986). 39 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими уюшулган; аларга 863 киши катышат.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда 1 оорукана ж-а чоң кишилер үчүн 2 поликлиника, сменасына 130 киши көрүнүүчү тиш поликлиникасы (Чехов көчөсү, 52), 150 орундуу шаардык балдар ооруканасы (Ленин көчөсү), 130 орундуу төрөт үйү, аялдар консультациясы (1-Май көчөсү, 15), 100 орундуу тери-венера оорулар диспансери (Дыйкан чолок көчөсү, 4), 500 орундуу учук оорулар диспансери (Железнодорожный чолок көчөсү, 24), 2 балдар консультациясы (Красноармейский көчөсү, 7; Тоголок Молдо көчөсү, 76), кардиология-ревматология балдар санаторийи (Тайгараев көчөсү, 6), шаардык санитария-эпидемиология-лык станция (Курорт көчөсү, 25а), кан кую станциясы (Глинка көчөсү, 22), мед. тез жардам станциясы (Совет көчөсү, 12), 5 аптека иштейт (1986). Амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 1695 кишини көрө алат; стационары 1335 орундуу. Шаарда 316 врач, 833 мед. орто билимдүү адис, а. и. обл. учук оорулар диспансеринде тийиштүү түрдө 19 ж-а 114, тери-венера оорулар диспансеринде 6 ж-а 34, шаардык балдар ооруканасында 61 ж-а 142, төрөт үйүндө 22 ж-а 71, санитария-эпидемиологиялык станцияда 12 ж-а 71, мед. тез жардам станциясында 6 врач ж-а 23 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — шаарды өнүктүрүүнүн ж-а реконструкциялоонун нег. багыттарын аныктаган документ. Жалал-Абад ш-нын алгачкы схемалык планын 1939—40-ж. арх. В. К. Зминевский түзгөн, ал 3-беш жылдык мезгилинде ишке ашырылууга эсептелген. 1945-ж. алгачкы ирет шаардын топографиялык картасын түзүү ж-а инженердик изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Биринчи нег. планды 1950-ж. П. П. Иванов түзгөн. Бул план б-ча шаар аймагы турак жай, ө. ж. ж-а курорт зоналарына бөлүнгөн. Канализация ж-а суу куурларын куруу каралган. Орто кылымдан калыптанган кууш, эски тарабы топурак дубалдар м-н тосулган көчөлөр реконструкцияланган (1950—65). Кийин көчөлөр туз-дөлүп, кеңейтилген ж-а асфальт төшөлгөн. Шаардын борбору ж-а парк зоналары жаңыланып курула баштаган. Ө. ж. ишканалары, педагогика окуу жайы, турак жай ж-а коомдук жайлар — маданият үйү, кең экрандуу кинотеатр, мектептер ж. б. көптөгөн админ. имараттар курулууда. 1962-ж. «Кыргыз долбоорлоо» ин-ту «Жалал-Абад шаарынын жайгашуу схемасын» иштеп чыккан (арх. Н. В. Карпенко). Анда шаар аймагын кеңейтүү маселеси каралган. 1973-ж. ушул эле ин-т 2000-ж. чейинки 2-негизги планды (арх. Н. В. Карпенко, А. А. Мечковская, Б. Б. Бараканов, Т. А. Тугова) түзгөн. 1975-ж. бул долбоорго түзөтүүлөр киргизилген. Мында шаардын түн. ж-а түш. бөлүгүндө 2 ө. ж.-кампалар зонасын, шаардын чыгыш ж-а батыш бөлүктөрүнө 2 турак жай р-нун ж-а шаардын бардык зонаны бириктире турган борб. бөлүгүн түзүү долбоорлонгон. Шаардын борбору Айып-Тоо дөңсөөсүндөгү (анда курорт жайгашкан) шаардык парк м-н бир комплексти түзөт. Курулуштун композициясы шаардын ландшафты м-н айкалышып турат. Ага шаардын борборуна тушкан микрорайондордун көп кабатуу (7—9 кабат) үйлөрү көрк кошуп турат. Шаар улам өсүп, Айып-Тоо этегинен Көгарт дарыясынын жайылмасына чейин кеңейүүдө. Бул жерде бак-даракгар отургузулуп, коомдук мекемелер да жайгашкан. Келечекте кең бульварга туташ эки чоң аянтты куруу маселеси каралууда. Шаардын чыгыш тарабында аянт ачык, анын борборунда админ., чыгышында маданият ж-а соода комплекси, түндүгүндө окуу жай зоналары жайгашкан. Шаардын батыш тарабындагы экинчи аянт түюк; анын борборунда жашыл гүл бакча ж-а аны айланта соода комплекси, театр имараты, китепкана, спорт сарайы, кинотеатр ж. б. курулган. Нег. көчөлөрү — Ленин, Чехов, Шопоков; азыркы учурда долбоорлонуп жаткан Северный, Авиастроительный көчөлөрү турак жай р-ндорун, ө. ж.-кампалар зоналарын, шаардын борборун, темир жол вокзалын ж-а автовокзалды бири бири м-н байланыштырат. Авт., темир жол ж-а аба жолдору аркылуу башка калктуу пункттар м-н байланышат. Шаар аркылуу өтүүчү авт. транспорту шаардын чети м-н өтөт. Темир жол турак жай зонасынан ө. ж.-кампалар зонасына которулат.

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1929-жылдан шаардын калкын турмуш-тиричилик жактан ар түрдүү артелдер, кийинчерээк бут кийим мастерскойлорун ж-а темир устаканаларын, фотография ж-а чач тарачтарды бириктирген ө. ж. комбинаты, о. эле кийин кийим тигүү мастерскоюна айланган «Спецодежда» артели тейлеген. 1952-ж. саат оңдоочу, кийинчерээк тиричилик техникаларын оңдоочу пункттар ачылган. 1962-ж. шаардык турмуш-тиричилик комбинаты түзүлгөн. Ага шаардагы бардык турмуш-тиричилик ишканалары, а. и. химиялык жол м-н кийим тазалоо ф-касы, тор кийимдер ж-а кийим тигүү ателье-си, саат ж-а тиричилик техникаларын оңдоочу мастерскойлор кирген. 1971-ж. саат ж-а тиричилик приборлорун оңдоочу ишканалар турмуш-тиричилик комбинатынан бөлүнүп чыгып, Оштогу «Тиричилик техника ремонттоо» з-дуна анын филиалы катары өткөрүлгөн. 1975-ж. чейин турмуш-тиричилик комбинатынын Көк-Жаңгак ш-нда филиалы болгон. Жалал-Абад турмуш-тиричилик комбинаты (администрациясы: Пушкин көчөсү, 2) 91 ишканы, а. и. 15 ателье ж-а кийим тигүү мастерскойлорун (ирилери: Токтогул көчөсү, Ленин көчөсү, Матросов көчөсү, «Спутник» микрорайону, к-з базары), тор кийимдер ателье-син (Красноармейский көчөсү), бут кийим цехин (Ленин көчөсү) бириктирет (1986).

ЖАЛГЫЗ-ӨРУК КЕНИ — Ала-Бука р-ндагы нефрит кооз ташы чыккан жер. Гава кыш-нан 10 *км* түн. тарапта, Кан-Сай коктусунун башында. Кен аймагын таш көмүр мезгилинин башталышында пайда болгон акиташ тектери түзөт. Аларды гранит-диорит интрузиясы жиреп чыккан. Акиташ тектери интрузия м-н кошулган жерлерде мрамордошуп, айрым жерде доломиттешип калган. Бул зонада калындыгы 1 *м*, уз. 10 *мге* жеткен эпидозиттин тулкулары, о. эле калындыгы 1 *смге* жеткен тарам түрүндөгү нефрит кезигет. Нефрит ачык жашыл түстө. Андан кооз ж-а асем буюмдарды жасоого болот.

ЖАЛПАК-ДӨБӨ — б. з. 1—5-к-на таандык мүрзөлөр. Алай өрөөнүндө, Сары-Таш ш. т. п-нан 25—30 *км* түш.-чыгыш тарапта жайгашкан. 100гө жакын дөбө мүрзөлөр бар. Алар б. з. башында ж-а кийинчерээк Борб. ж-а Батыш Тянь-Шань тоолорунун этектерин мекендеген усун урууларына таандык. Адамдардын сөөгү тобу м-н коюлган мүрзөлөр да кездешет. Карапа идиштер, оймо-чиймелүү ж-а кызыл акак көздүү сүйрү медальон, алтын сөйкө, асем чынжыр, шакек ж. б. табылган. Мүрзөлөрдөн жебенин темир учтары, бычак, шамшар, жибек кездеменин айрындылары кездешет. Бул жердеги калктын Фергана, Чыгыш Түркстан, Кара деңиз бойлорундагы отурукташкан элдер м-н карым-катнашта болгондугун табылган буюмдар айгинелейт.

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕР. Улуу Октябрь рев-ясына чейин Кырг-ндын түштүгүндө диний мектептер болгон. Алгачкы гражд. мектептер 19-к-дын 70-жылдарында пайда боло баштаган. 1917-ж. чейин обл-тын аймагында бир нече тузем мектептери, медреселерде 17 диний мектеп (анда куран окууну үйрөткөн) иштеген. Россиядан көчүп келгендердин кыштактарында башталгыч мектептер болгон. 1922-ж. 16 мектепте (580 окуучу) жог. билими жок 30 мугалим иштеген. 1986—87-окуу жылында обл-та 866 жалпы билим берүүчү мектеп (ар кайсы улуттагы 427 миң окуучу), а. и. 601 орто мектеп, 159 сегиз жылдык, 93 башталгыч мектеп, жетилбеген балдар үчүн 6 мектеп (1224 окуучу) болгон. Иштеген жаштар үчүн 17 кечки ж-а 19 сырттан окуу мектеби (16 миң окуучу) иштеген. Областта 7 мектеп-интернат (6 миң окуучу), мектептерге караштуу 90 интернат, 3 балдар үйү түзүлгөн. Окуу кыргыз, орус, өзбек, тажик тилдеринде, 75 мектепте орус ж-а кыргыз тилдеринде өткөрүлөт. Эмгекке үйрөтүү ж-а кесип тандоого багыттоочу (жог. класстын 15 миң окуучусу) 17 мектеп аралык окуу-өндүрүштүк комбинат иштейт; 95 мек-

тепте авт. айдоо, 223 мектепте а. ч. машиналарын айдоо үйрөтүлөт. 31 миң мугалим (жог. билимдүүсү 18 миң), а. и. 54 Кыргыз ССРине эмгек сиңирген мугалими, 92 СССР эл агартуунун отличниги, 1051 Кыргыз ССР эл агартуунун отличниги иштейт. Ош ш-нда 28 жалпы билим берүүчү мектеп (33 781 окуучу), а. и. 2 мектеп-интернат, жетилбеген балдар үчүн 1 мектеп (узартылган күндөгү), 6 кечки мектеп (1570 окуучу) бар (1985). Үч мектепте айрым сабактар — чет тили (М. В. Ломоносов атн. орто мектеп; Ленин көчөсү, 97), математика (ВЛКСМ атн. орто мектеп; Урицкий көчөсү, 2), физика (К. Маркс атн. орто мектеп; Ташкен көчөсү, 5) кеңейтилген программада окутулат. Окуу кыргыз, орус, өзбек тилдеринде өткөрүлөт.

ЖАНАЙДАРТАК МӨҢГҮСҮ — Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Кызыл-Суунун сол куймасы Кызыл-Агын суусунун алабында жайгашкан. Уз. 7,2 *км*, аянты 16,8 *км*², көлөмү 0,6 *км*³. Мөңгүнүн башы д. дең. 6640 *м*, этеги 4300 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 5100 *м*. Ж. м. — Корженевский мөңгүсүнүн ири оң тармагы.

ЖАН-ЧЫКТЫ — Лейлек р-нунун аймагындагы ботаникалык заказник. Исфана кыш-нан батыш тарапта, Ак-Суунун алабындагы Төө-Жайлоо капчыгайында жайгашкан. Аянты 80 *га*. Кырг-нда ушул гана аймакта өсүүчү жоогазынды (Түн. Памир-Алайдагы жерг. түрү) коргоо максатында 1975-ж. уюшулган.

ЖАҢЫ-АКМАН — кыштак, Базар-Коргон р-нундагы Акман айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жараке, Кош-Коргон, Кайырма, Таш-Булак, Колот, Коргон-Жар кыш. да карайт. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 6 *км* түш.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад темир жол станциясынан 22 *км*. Калкы 1228 (1987). Нег. чарбасы — дыйканчылык, мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, клуб, амбулатория, китепкана ж. б. бар.

ЖАҢЫ-АРЫК — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Жаңы-Арык айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Терек, Правда, Таш-Арык кыш. да карайт. Куршаб суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 23 *км* чыгыш тарапта. 1896-ж. негизделген. Калкы 4527 (1987). Нег. чарбасы — дыйканчылык (дан эгиндери, жүзүм, жашылча, тамеки өстүрүү). Тамеки ферменттөөчү з-д иштейт. Орто мектеп, амбулатория, клуб, 2 китепкана, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар.

ЖАҢЫ-БАЗАР — кыштак, Ноокат р-нундагы Көк-Бел айыл советинин борбору. Бул айыл советине Көк-Бел, Чеч-Дөбө, Жар-Коргон, Фёдоров, Кожоке, Кичи-Алай кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 15 *км* чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 85 *км*. 1800-ж. негизделген. Калкы 990 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, бала бакча, оорукана, поликлиника, аптека, 2 китепкана, 2 клуб, маданият үйү, турмуш-тиричилик комбинаты бар.

ЖАҢЫ-БАЗАР — кыштак, Чаткал р-нундагы Чаткал айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Таш, Беш-Арал, Курулуш кыш. да карайт. Чаткал суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Каныш-Кыя кыш-нан 20 *км* түш.-батыш тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 180 *км*. Калкы 2102 (1985). Нег. чарбасы — кой багуу. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, поликлиника, аптека, 2 клуб, китепкана ж. б. бар.

ЖАҢЫ-БАЗАР ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Эски-Ноокат кыш-нан 8 *км* түш.-батыш тарапта жайгашкан. *Мархамат маданиятына* таандык. Чарчы формада. Аянты 10 *га*. Түш. тараптагы дубалынын жанынан цитадель орун алган. Дубалдарында мунаралар орнотулган. Шаарга түн. тараптан киришкен. 50-жылдары Ю. А. Заднепровский изилдеген.

ЖАҢЫ-ЖОЛ — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Жаңы-Жол айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кой-Таш, Таштак, Терс кыш. да карайт. Райондун борбору Караван кыш-нан 56 *км* түн.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 40 *км*. Калкы 1953 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, поликлиника, клуб, китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту ж. б. бар.

ЖАҢЫ-ЖОЛ РАЙОНУ — обл-тын түн.-батышында жайгашкан админ. аймак. 1935-ж. уюшулган. Батышынан



Ала-Бука р-ну, түн.-батышынан Чаткал р-ну, чыгышынан Ленин р-ну, түн.-чыгышынан Токтогул р-ну, түштүгүнөн ж-а түш.-батышынан Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 3,5 миң *км*². Калкы 68,1 миң (1986). Район 67 кыш-ты бириктирген 12 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Караван кыш. Райондун аймагында Таш-Көмүр ш., Кызыл-Жар ш. т. п. жайгашкан.

Табияты. Райондун аймагы Кара-Суу суусунун алабын (Нарын дарыясынын оң куймасы) бүт ээлейт. Жери тоолуу. Түн., түн.-батыш бөлүгүндө Чаткал, түштүгүндө Бозбу-Тоо, чыгышында Ат-Ойнок кырка тоолору жайгашкан. Алардын аралыгында батыштан чыгышка Караван түздүгү созулуп жатат. Көмүр, курулуш материалдар кени ачылган. Климаты континенттик. Жайы ысык, кышы анча суук эмес. Январдын орт. темп-расы тоо этегинде ж-а тоо өрөөндөрүндө — 2... —3°С, июлдуку 24—25°С; тоолордо январдын орт. темп-расы —4...—5°С, июлдуку 18—22° С. Жылдык орт. жаан-чачыны р-ндун түш. бөлүгүндө 290 *мм*, түн. ж-а түн.-чыгыш тарабында 600—650 *мм*ге чейин. Аймакта ачык боз, кара күрөң топурак басымдуу, айрым жерлердин топурагы коңур, кара кочкул, кара топурактуу келет. Өрөөндөрдө чекенди сымал өсүмдүктөр, андан жогору шыбак, эрмен, буудайык чөптөр, тоо беттеринде мисте, бадам, жаңгак, алча, чекилдек, алма, д. дең. 3000 *м*ге чейин арча, карагай, көк карагай, ак чечек өсөт. Андан жогору субалып ж-а альп шалбаасы ээлейт. Райондун аймагында Пача-

Ата, Кара-Суу ж-а алардын куймалары Афлатун, Ит-Агар суулары агат; Сары-Челек көлү ж-а Сары-Челек мамлекеттик биосфера коругу жайгашкан. Бул жерде сүт эмүүчүлөрдүн 50дөн ашык ж-а куштардын 160 түрү (доңуз, элик, тоо эчки, аркар-кулжа, аюу, мадыл, кашкулак, чүткөр, кекилик, улар, көгүчкөн) мекендейт. Зубр, бугу ж-а элик-багыш байырлатылган.

Калкы. Райондо кыргыздар (91,6%; 1979-ж. эл каттоо б-ча), өзбектер (4,8%), орустар (1,8%), тажиктер (0,9%), украиндер (0,8%), татарлар (0,4%), уйгурлар, казактар, дунгандар ж. б. жашайт. Калкынын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 15 адам туура келет.

Чарбасы. А. ч-нын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, кой чарбачылык. Эчки чарбасы өнүккөн. Райондо 5 к-з, 4 малды бордоп семиртүү с-зу, мамл. мөмө-жемиш питомниги, 3 токой чарбасы бар. Район обл-тын а. ч. дүң продукциясынын 5,7%ин берет (1985). Райондун а. ч. дүң продукциясынын 58,2%и дыйканчылыктан түшөт. А. ч-га жарактуу 208,9 миң *га* жери бар; анын 21,9 миң *га*сын айдоо, 0,7 миң *га*сын бак-дарак, 5,7 миң *га*сын чабынды, 182,2 миң *га*сын жайыт ээлейт (1986). Дан эгиндери (5,8 миң *га*), пахта (1,6 миң *га*), тамеки (1,3 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (8,9 миң *га*) эгилет; о. эле картошка (80 *га*), жашылча (77 *га*), коон-дарбыз (25 *га*) өстүрүлөт. 1985-ж. коомдук сектордон 91,7 миң *ц* эгин, 50 миң *ц* пахта, 38,9 миң *ц* тамеки, 4,6 миң *ц* картошка, 13,6 миң *ц* жашылча, 5,8 миң *ц* коон-дарбыз, 23,6 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган. Токой чарбаларында жаңгак, алма, алмурут, алча, мисте, бадам ж. б. мөмө-жемиштер терилет ж-а мамлекетке жог. сапаттагы бал өткөрүлөт. Мал чарбасы негизинен уяң ж-а чала уяң жүндүү кой, тыбыттуу эчки багууга адистешкен. 1987-ж. р-ндо 226,5 миң кой-эчки (а. и. 92,2 миң эчки), 12,7 миң бодо мал (а. и. 2,6 миң уй), 6,7 миң жылкы, 0,2 миң чочко, 1,3 миң үй куштары болгон. 1985-ж. коомдук сектордон 3911 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 6056 *т* сүт, 534,2 *т* жүн, 195 миң даана жумуртка алынган. Ө. ж. ишканаларынан нан, май з-ддору, турмуш-тиричилик комбинаты, токой чарбасы иштейт. Алар 1985-ж. 2592 миң сомдук продукция чыгарган. Транспортунун нег. түрү — авт. транспорту. Авт. жолунун уз. 480 *км*, а. и. 413 *км*и асфальтталган. Райондун аймагы аркылуу Таш-Көмүр — Караван — Ала-Бука, Караван — Үч-Коргон (Өзбек ССРи) авт. жолдору өтөт. 1951-жылдан Караван кыш-нда аэропорт иштейт.

Элге билим берүү, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында 39 жалпы билим берүүчү орто мектепте 20,1 миң, 2 кесиптик-тех. окуу жайында 1000ден ашык окуучу окуган; 21 бала бакчада 1,8 миңден ашык бала тарбияланган. 38 китепкана, 47 клубдук мекеме, 23 киноустановка, р-ндук оорукана ж-а поликлиника, 4 участкалык ооруканa, 7 аптека иштейт (1986). 1934-жылдан «Жаңы-Турмуш» газетасы чыгат.

ЖАҢЫ-ЖОЛ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Караван кыш., Карл Маркс көчөсү, 27). 1947-ж. негизделген. 1976-жылдан р-ндогу борбордук китепкана болуп эсептелет. Анын филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүүчү пункттары катары 35 китепкананы (ар бир айыл советинде 3 китепкана), а. и. 37 миң китеби, 2,6 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Караван кыш., Карл Маркс көчөсү, 27) бириктирет. Райондогу 2 профсоюздук, 5 коомдук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларынын фондусунда кыргыз, орус, өзбек, чет элдик тилдерде 266,4 миң китеп бар; 34,4 миң окурманды тейлейт (1985).

ЖАҢЫ-ЖОЛ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Караван кыш., Фрунзе көчөсү). 1935-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 325 орундуу.

ЖАҢЫ-ЖОЛ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 11,5 миң *га* жери 5 ири сугат системасы аркылуу сугарылат. Алар: Пача-Ата (10 канал), Кожо-Ата (4), Афлатун (8), Ак-Жол (9), Нарын (1). Ири каналдардын бири — Бешбатман (1927-ж. курулган; Пача-Ата суусунан башталат; уз. 9,7 *км*; каналдын башында чыгымы 8 $м^3/сек$). Калган каналдардын чыгымы 3 $м^3/сек$-га чейин. Ж.-Ж. р. и. к. р-ндук сугат система башкармасына (Караван кыш.) карайт. 42 киши иштейт (1986).

ЖАҢЫ-ЖОЛ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 47 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 14 айылдык маданият үйү (Ак-

Жол, Афлатун, Жаңы-Жол, Караван ж. б. айыл советтеринде), к-здук клуб (*М. В.* Фрунзе атн. к-з), 3 профсоюздук клуб («Кызыл-Туу», «Кызыл-Жар», «Жаңы-Жол» с-здорунда), 6 автоклуб иштейт (1986).

ЖАҢЫ-ЖОЛ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук оорукана ж-а поликлиника, поликлиникалары м-н 220 орундуу 4 участкалык оорукана (Жаңы-Жол, Кызыл-Жар, Ак-Суу, Кызыл-Туу кыш.), 3 айылдык амбулатория (Кашка-Суу, Афлатун кыш.; Кошдөбө айыл совети), ири кыш-да 27 фельдшер-акушердик пункт, р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 7 аптека, р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Караван кыш., Фрунзе көчөсү) иштейт. Амбулатория-лык-поликлиникалык мекемелер сменасына 590 адамды көрө алат; стационары 525 орундуу, а. и. 67си кош бойлуу аялдар үчүн. Райондо 97 врач, 404 мед. орто билимдүү адис, а. и. р-ндук санэпидстанцияда 8 врач ж-а 42 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ЖАҢЫ-ЖОЛ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1965-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан р-ндогу ө. ж. комбинатынын ишканалары тейлеген. 1965-ж. кийим тигүү ж-а бут кийим мастерскойлорун, чач тарач, фото сүрөттү бириктирген Жаңы-Жол турмуш-тиричилик комбинаты ачылган. Турмуш-тиричилик комбинатынын (администрациясы: Караван кыш.) 54 ишканасы, а. и. 13 кийим тигүү ж-а 10 бут кийим мастерскою, 9 чач тарач, 6 фото сүрөт, о. эле 9 комплекстүү кабыл алуу пункту (Караван, Успеновка, Афлатун, Ак-Жол, Кашка-Суу, Ак-Суу, Кара-Жыгач кыш.; Кош-Дөбө айыл советинде) ж. б. иштейт (1986).

ЖАҢЫ-ЖОЛ ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Жаңы-Жол р-ну, Жаңы-Жол кыш.) 1951-ж. түзүлгөн. Аймагына өрөөндөр м-н кезмектешкен коктуколоттуу орто ж-а бийик тоолор мүнөздүү. Жеринин жалпы аянты 53 859 *га*.

ЖАҢЫ-НООКАТ — кыштак, Ноокат р-ндагы Жаңы-Ноокат айыл советинин борбору. Бул айыл советине Темир-Корук, Кызыл-Тейит кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 5 *км* батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 51 *км*. Калкы 12 933 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Эки орто ж-а сегиз жылдык мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, 4 китепкана, 2 бала бакча, амбулатория, аптека, төрөт үйү, балдар санаторийи, маданият үйү, кинотеатр, турмуш-тиричилик комбинаты бар.

ЖАҢЫ-НООКАТ, Сахаба-Мазар — байыркы көрүстөн. Ноокат р-ндагы «Маданият» к-зунун аймагында жайгашкан. Көрүстөнгө арабча жазуулары бар таштар бейит белги катары коюлган. Ал таштар (100дөн ашык) ар кайсы мезгилдерге таандык. Жазуулары 2—7 саптан туруп, датасы белгиленген эмес.

ЖАҢЫ-ТАЛАА — кыштак, Совет р-ндагы Карагуз айыл советинин борбору. Бул айыл советине Калматай, Кара-Жыгач, Жетим-Дөбө, Насирдин, Алтын-Күрөк, Кеңеш, Пор кыш. да карайт. Тар суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 18 *км* түш.-батыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 100 *км*. Калкы 830 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар.

«ЖАҢЫ-ТУРМУШ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Жаңы-Жол райондук к-тинин ж-а Эл депутаттар советинин р-ндук органы (редакциясы: Караван кыш., Карл Маркс көчөсү, 17). 1936-ж. негизделген. 1936—62-ж. «Колхоз жолу», 1963-жылдан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. Редакциянын өзүндөгү полиграфия цехинде басылат. Тиражы 6,8 миң (1986).

ЖАҢЫ-ТУРМУШ — кыштак, Алай р-ндагы Жошолу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ленин-Жол, Коммунизм, Миязды, Орто-Суу, Аюу-Тапан, Осоавиахим кыш. да карайт. Жошолу суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 15 *км* чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 97 *км*. Калкы 760 (1986). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, китепкана, клуб ж. б. бар.

ЖАПАЙЫ МӨҢГҮСҮ — Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Каравшин суусунун алабында жайгашкан. Уз. 5,6 *км*, аянты 5,6 $км^2$, анын 1,5 $км^2$дейи (этеги) морена чөкмөлөрү м-н туташ капталь-


Р. Жапышев

ган. Мөңгүнүн башы д. ден. 4680 *м*, этеги 3400 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3800 *м*. Мөңгүдөн Жапайы суусу башталып, Каравшин суусуна (Исфаранын оң курамы) куят.

ЖАПА-САЛДЫ — археологиялык эстеликтер табылган жер. Ала-Бука р-нундагы Жапа-Салды кыш-на жакын жерден Е. В. Дружинина ийрейген учтары конус сымал 2 жука коло билерик тапкан. Б. з. ч. 2-миң жылдыктагы Андронов маданиятына мүнөздүү. Кыргызстандын түштүгүн ушул маданиятка тиешелүү уруулар мекендегендигин айгинелейт. Табылган бул буюмдар обл. тарых-маданият музейкоругунда сакталууда.

ЖАПЫШЕВ Рысбай (1933-ж. т., Алай р-ну, Будалык кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1986). Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты (1976). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. 1948-жылдан Гүлчө р-нундагы «Октябрь» к-зунда (азыркы Алай р-нундагы В. И. Ленин атн. к-з) жардамчы чабан болуп иштеп, 1960-жылдан баш чабан. Кой чарбасын өнүктүрүүдө мыкты натыйжаларга жетишип, 1985-ж. ар 100 тубар токтудан 127ден козу, 5,2 *кг*дан жүн кыркып алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери м-н сыйланган.

«ЖАРДЫ-ЖАЛЧЫ УЮМУ». ВКП(б)нин Кыргыз обл. 5-конференциясынын чечими б-ча 1929-ж. 25-ноябрда мурдагы «Кошчу» союзунун ордуна түзүлгөн. Жерсиз ж-а жери аз дыйкан м-н батрактардын кызыкчылыгын коргогон. Туташ коллективдештирүүнүн негизинде бай-манаптар м-н кулактарды тап катары жоюуда, көчмөн ж-а чала көчмөн чарбаларды отурукташтырууда, кыргыз айылдарынын эмгекчилерин к-з м-н с-здорго тартууда, коллективдүү чарбаларды чыңдоодо чоң роль ойногон. «Ж.-ж. у-нун» ячейкалары Ош обл-нын бардык жеринде түзүлгөн. 1932-ж. 5-октябрда «Ж.-ж. у.» ВКП(б)нин Кыргыз обкомунун бюросунун чечими б-ча жоюлган, бирок мындай уюмдар Ноокат, Өзгөн, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар р-ндорунда 2-беш жылдыктын алгачкы жылдарына чейин атайы калтырылган.

ЖАТАН (ЯТАН) КӨМҮР КЕНИ Ноокат р-нунда, Ош ш-нан 40 *км* түш.-батышта, Жатан кыш-нын жанында, Алай кырка тоосунун түн. этегинде. 1961-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагында юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тектер жатат. Көмүр катмарлары юранын чопо, алевролит, аргиллит тектеринин арасында топтолгон. Мында көмүрдүн пайдалуу 6 катмары бар. Алардын төртөөнүн калыңдыгы 2 *м*ге чейин. Астыңкы көмүр катмарыныкы 16 *м*. Көмүр гумустуу, метаморфизмделиши б-ча күрөң көмүр тибине кирет. Күлдүүлүгү 15%. Күйгөндө 17 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы 38,6 млн *т*.

ЖАТАН (ЯТАН) ЧОПО КЕНИ Ноокат р-нунда. Эски-Ноокат кыш-нан 7 *км* түш.-чыгышта, Алай кырка тоосунун түн. этегинде. 1949-ж. табылып, 1957-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын силурдун чополуу сланецтери, кумдук, акиташ теги, юра мезгилинин чопо, көмүрлүү чопо, алевролит, аргиллит тектери түзөт. Пайдалуу чопо катмары юранын алевролит, аргиллит тектеринин арасында жатат. Калыңдыгы 12—35 *м*, уз. 2 *км*ге созулат. Чопонун чоюлгуч касиети жогору. Кирпич ж-а карапа буюмдарын жасоого жарамдуу.

ЖАШ НАТУРАЛИСТТЕР СТАНЦИЯСЫ — окуучулардын арасында жаш натуралисттер м-н иштөө б-ча уюштуруу ж-а инструкциялык-методикалык борбор (Ош ш., Больничный көчөсү, 30). 1983-ж. ачылган, буга чейин Жаш техниктер ж-а натуралисттердин обл. станциясынын (1976) курамында болгон. Зоология, ботаника, табиятты коргоо, фенология, ит асыроочу, гүл өстүрүүчү ж. б. ийримдерге (21 ийрим) 310 окуучу катышат; 12 педагог иштейт (1985). Мындан тышкары облтагы 427 мектепте табиятты сүйүүчүлөрдүн 773 ийрими ишгеп, ага 15 220 пионер ж-а окуучу катышат.

ЖАШ ТЕХНИКТЕР СТАНЦИЯСЫ — балдардын тех. чыгармачылыгын өнүктүрүү б-ча уюштуруу ж-а инструкциялык-методикалык борбор. Мектептерде ж-а мектептен тышкары мекемелерде окуучулардын тех. чыгармачылыгын өркүндөтүүгө ж-а кесип тандоосуна көмөктөшөт. Областтын ири кыш-

нда 9 Ж. т. с. иштейт (1986). 160 тех. ийримдерге 2307 пионер ж-а окуучу катышат. Областтык Ж. т. с. (Ош ш., Кара-Суу көчөсү) 1983-ж. түзүлгөн, буга чейин Ош обл. жаш техниктер ж-а натуралисттер станциясынын (1976) курамында болгон. 27 ийримге 340 киши катышат. Семинарлар, конкурстар, слёттор, пионерлер м-н окуучулар чыгармачылыгынын көргөзмөлөрүн өткөрөт. Ийримдердин мүчөлөрү Бүткүл союздук «Жаш техниктер — Мекенге!» кароосуна активдүү катышышат. Областтагы 270 мектептин 657 ийриминде 16 088 окуучу тех. чыгармачылыгын өнүктүрөт.

«ЖАШТЫК» — Фрунзе р-нундагы кең экрандуу кинотеатр (Фрунзе кыш.). 1980-ж. ачылган. «Ким болуу керек», «Светофор», «Жаш укук таануучу», «Атеист», «Ден соолук» ж. б. киноклубдары иштейт. Залы 400 орундуу. 1985-ж. 43 миң киши кино көргөн.

ЖАШЫЛДАНДЫРУУ. 40-жылдардын башында Ош шаардык коммуналык чарбага караштуу жашылдандыруу чарбасы б-ча контора (к. *«Жашылдандыруу чарбасы»*) түзүлгөндөн тартып обл-тын калктуу пункттарын пландуу түрдө жашылдандыруу башталган. Область б-ча 1940-ж. коомдук пайдаланылуудагы бак-даракгар 17 *га*, 1965-ж. 239 *га*, 1975-ж. 1170 *га*, 1984-ж. 1271,9 *га* аянтты ээлеген. 13 *маданият жана эс алуу парктары*, а. и. үчөө (жалпы аянты 33,5 *га*) Ош ш-нда, экөө (жалпы аянты 25 *га*) Жалал-Абад ш-нда, о. эле башка шаарларда, посёлкаларда ж-а р-ндордун борбор кыш-нда бар (1986).

«ЖАШЫЛДАНДЫРУУ ЧАРБАСЫ», **Жашылдандыруу чарбасынын Оштогу** башкармасы (Ош ш., Ленин көчөсү, 271). 40-жылдары Ош шаар коммуналык чарбасынын жашылдандыруу б-ча конторасы катары түзүлгөн. 1979-жылдан азыркыдай аталат. Гүл өстүрөт ж-а сатат, даректардын, бадалдардын көчөттөрүн кыркуу ж-а идишке отургузуу иштерин аткарат, сугат тармактарын капиталдык ремонттон өткөрөт ж-а бак-даректарга көз салат. Чарба үчүн жер алгач Ак-Буура суусунун жайылмасынан, кийин Ленин көчөсүнөн (2 *га*) бөлүнүп берилген. Өсүмдүктөр үчүн биринчи жылыткыч жай (аянты 450 $м^2$) 50-жылдардын аягында ишке киргизилген. 1984-ж. «Жашылдандыруу чарбасына» «Кеңеш» с-зунун айлынан (Кара-Суу р-ну) жалпы аянты 19,5 *га* кошумча жер бөлүнүп берилген. Питомнигинин аянты 19,25 *га*, жылыткычынын аянты 4500 $м^2$. Чарбада 296 киши иштейт.

ЖАШЫЛ-КӨЛ — Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы чакан тоо көлү. Лейлек р-нунун аймагында, Ак-Суунун алабында жайгашкан. Ай-Көлдөн 3—4 *км* түн.-батыш тарапта. Аянты 0,18 $км^2$. Д. ден. бийикт. 2600 *м*. Көл чанагы өрөөндүн чөгүп кетишинен пайда болгон. Көлгө майда өзөндөр куюп, андан агып чыккан суу Ак-Суугa кошулат.

ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ КОМБИНАТЫ, Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тинин Оштогу Ж.-ж. к. (Ош ш., Бешкөпүрөк көчөсү, 131). 1956-ж. жашылча туздоочу цех катары түзүлгөн. А. ч. продуктуларын кайра иштетет ж-а консервалайт. Жылына 10 млндон ашуун банка консерва чыгарат. Комбинатта 152 киши иштейт, а. и. 20 киши коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү.

ЖДАНОВ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Араван р-нундагы чарба (башкармасы: Кочубай кыш.). 1951-ж. «Агроном» ж-а


Араван р-нундагы Жданов атн. к-здун борб. чарбагы.

«Кызыл-Абад» к-здорунун базасында түзүлгөн. 1958-ж. «Москва» к-зу бириктирилген. Чарбасынын нег. тармагы мал чарбачылык ж-а тамеки өстүрүү. 11,7 миң *га* (а. и. 9,2 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,4 миң бодо мал, 8 миңден ашуун кою бар (1986).

«ЖЕКЕ БУЙРУТМА БОЮНЧА КИЙИМ ТИГҮҮ», Оштогу «Ж. б. б. к. т.» ф-касы (Ош ш., Кыргызстан көчөсү). 1979-ж. Ош шаардык турмуштиричилик комбинатынын базасында түзүлгөн. 7 кийим тигүүчү, 1 мех, 1 тор кийимдер ателъесин, 12 кийим оңдоп тигүүчү мастерскойду, 2 кийим бычуучу тактаны, 9 кабыл алуу пунктун ж. б-ды бириктирет. 1979-ж. чейин кийим тигүү б-ча калкты Ош ш-ндагы ө. ж. кооперациясынын (30—40-жылдары түзүлгөн) «Швейник», «Побуой» артелдери тейлеген. 50—60-жылдары

шаардык турмуш-тиричилик комбинатынын кийим тигүү мастерскойлору м-н ательелери иштеген. Алар: «Весна» (1957), «Айчүрөк» (1965), «Бермет» (1971) ж. б. Бул ф-канын 44 турмуш-тиричилик ишканасы, а. и. 9 мода ательеси — «Айгүл» (Кыргызстан көчөсү, 78), «Лада» (Кыргызстан көчөсү, 78), «Айчүрөк» (Руставели көчөсү, 19), «Бахор» (Свердлов көчөсү, 424), «Бермет» (Юбилейный проспектиси, 20), «Чолпон» (Свердлов көчөсү, 322), «Весна» (Свердлов көчөсү, 268), «Чала фабрикаттар» (Базар көчөсү, 22), «Шёлковик» (Петров көчөсү), о. эле эт комбинатында, кебез кездеме өндүрүш бирикмесинде, байланыш башкармасында кабыл алуу пункттары, кийим бычуучу такталар («Ош», «Гүлкайыр», «Толкун», «Назик» универсал дүкөндөрүндө) иштейт. Тейлөөнүн 122 түрү, а. и. ө. ж. ишканаларында ж-а күн мурунтан катталуу б-ча тейлөө кызматы аткарылат (1986).

ЖЕЛ-ТИИБЕС ЗАКАЗНИГИ — Жаңы-Жол р-нунун аймагындагы ботаникалык заказник. Таш-Көмүр ш-нан батыш тарапта. Аянты 800 *га*. Түш. жарым чөлдүн эталондук участкасын коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Бул аймакта караган ж-а мисте өсөт.

ЖЕҢИЖОК, Көкө уулу Өтө (1860, азыркы Талас обл., Покровка кыш. — 1918, Жаңы-Жол р-ну, Кара-Суу кыш.) — ырчы, төкмө акын. Кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, көрүнгөндүн эшигинде ооокат кылып жүрөт. Ала оорусу м-н ооруп, Ташкара деген байдын каарына калган Өтө Аксыдагы таякелерине качып барып, Кербен (азыркы Караван) кыш-нда Бекмурат дегендин үйүндө баш пааналап туруп калат. Кийин Кара-Суу кыш-ндагы жакын таежеси Айыкеникинде жүрөт. Таежеси аны оорусунан таза айыктырып алат ж-а айылга жалданып келген өзбек молдолорунан окуттуруп, сабатын ачат. Ырчы болууну эңсеген Өтө кайсы айылга акын, комузчу, манасчы келсе, ошолордун жанынан чыкпай, оңтою келген учурда ырдай коюп оозго алына баштайт. Караван базарында эки жеңи карысынан жок кемсел кийген жаш Өтө шарият жайын ырдаган Нурмолдо м-н айтышып («Нурмолдо менен Жеңижок»), жеңип чыгат. Ушул окуядан кийин ал Жеңижок атыгып кеткен. Жеңижоктун аалам, жер-суу, адам баласынын турмуштагы орду, милдети, табият м-н байланышы ж-дө терең ой жүгүртүп ырдашы анын өз алдынча, билимдүү, ойчул акын болгондугун айгинелеп турат. Ал тарбиялык мааниси терең, укмуштуу акылына уюй турган кептерди сапаттап айткан чоң нускоочу акын, айтыштын жеңилбеген устаты, «Манас», «Семетей», «Кожожаш», «Эр Төштүк» сыяктуу эпосторду күндөп-түндөп айткан жомокчу, төкмө акын, жаза ж-а окуй билген билимдүү адам болгон.

ЖЕҢИЛ ӨНӨР ЖАЙ ТЕХНИКУМУНУН ОКУУ-КОНСУЛЬТАЦИЯ ПУНКТУ, Фрунзедеги кечки ж. ө. ж. т. Ошогу о.-к. п. (Ош ш., Салиева көчөсү, 5). 1963-ж. ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатында ачылган. 1967-жылдан Октябрдын 50 жылдыгы атн. кебез кездеме өндүрүш бирикмесинде иштейт. Пахтадан жип ийрүү, кебез кездеме токуу, кездемени жасалгалоо, текстиль ишканаларын жабдуу б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 297 киши окуган, 17 окутуучу иштеген. Ачылгандан бери 930дан ашуун адис даярдалган (1985).

ЖЕҢИШ ҮҢКҮРҮ — СССРдеги лабиринт тибиндеги ири термокарст үңкүрлөрдүн бири. Ноокат р-нунун аймагында, Косчан тоосунун түн. капталында, Ноокат кыш-нан 6 *км* түн. тарапта жайгашкан. Таш көмүр мезгилинин үбөлөнгөн акиташ тектеринде пайда болгон. Жалпы уз. 1500 *м*. Геологиялык ж-а спелеологиялык изилдөөлөр үчүн мааниси зор.

ЖЕРГЕ ЖАЙГАШТЫРУУ БОЮНЧА ДОЛБООРЛОО ИНСТИТУТУ, Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тине караштуу Кыргыз мамл. Ж. ж. б. д. и-нун Оштогу филиалы (Ош ш., Комсомол көчөсү, 3). 1970-ж. Ош комплекстүү экспедициясынын базасында түзүлгөн. Областта жерди пайдалануу б-ча мамл. органдардын чечимдерин ишке ашырууга көмөктешөт; жерди толук, сарамжалдуу ж-а натыйжалуу пайдалануу долбоорлойт; жерди пайдалануу чек араларын тактайт. Филиалдын 3 долбоорлоо, мелиорация ж-а жердин күрдүүлүгүн жакшыртуу, долбоорлорду даярдоо, тех. бөлүмдөрү ж-а инженердик изилдөө экспедициясы бар; 152 кызматкер иштейт (1986).

ЖЕРГЕ-ТАЛ — байыркы мүрзөлөр жайгашкан жер. Жаңы-Базар кыш-нан түш. тарапта, Жерге-Тал капчыгайынын батышында. 75 дөбө-мүрзөдөн турат. Адамдын сөөгү катакомба, жер-

ма көрлөрдө ж-а таш табыттарда (бир, экиден ж-а чогуу) коюлган мүрзөлөр кездешет. Чопо идиштер, темир бычактар, доголор, коло буюмдар, асем буюмдар табылган. 1—8-к-га таандык. 1950-ж. А. К. Кибиров, 1955-ж. Ю. А. Заднепровский, 1981-ж. Ы. Комбердиев изилдеген.

ЖЕР-СУУ РЕФОРМАЛАРЫ — 20-жылдары Орто Азияда, Казакстанда, Дагстанда ж. б. улуттук аймактарда орто ж-а кедей дыйкандардын пайдасы үчүн Совет бийлигинин жүргүзгөн социалдык-экон. кайра куруулары. Кырг-ндын түштүгүндө 1921—22 ж-а 1927—28-ж. жүргүзүлгөн. 1921—22-ж-дагы Ж.-с. р. падышалык бийликтен калган колониализмдин калдыктарын жоюуга багытталган. Элдердин ж-а улуттардын жерди ж-а сууну бирдей укукта пайдалануу, кулактардын, байларды жеринен ажыратуу, орто дыйкандардын ашыкча жерлерин алуу, айыл-кыштактарды мал айдалуучу жолдордон ж-а чоң арыктардан алыс көчүрүү, дыйкандарга ж-а кедей дыйкандарга жер бөлүп берүү милдетери коюлган. РКП(б) БКнын 1920-ж. 29-июндагы токтомунун, Түркстан Компартиясынын 5-съездинин, Бүткүл Түркстан Советтеринин 9-съездинин чечимдеринин негизинде кеңири саясий-уюштуруу ж-а түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Советтер рев-ячыл к-ттердин милдетин аткарып калган. 1921-ж. январда 800 делегат катышкан эмгекчи дыйкандардын Ферганадагы съездинде Жалал-Абад, Базар-Коргон ж-а Өзгөн р-ндорунда жүргүзүлгөн иш чаралар жактырылган. 1921-ж. февралда парт. ж-а сов. органдар Жалал-Абад р-нунун аймагында Ж.-с. р-н ишке ашырууга киришкен. 1921—22-ж. басмачылардын катуу каршылыгына карабастан Ош уездинде 556 кыргыз ж-а орус кедейлерине жер берилген. Базар-Коргон р-нунда 8 кыштын кулактарын тап катары жоюудан бошогон жерлерден 1099 теше жер аянты жер жайгаштыруу фондусуна өткөрүлгөн. Кедейлер м-н батрактар жерди бөкер пайдаланышкан ж-а ар кандай алык-салыктардан бошотулган. Көчмөн ж-а чала көчмөн чарбалар отурукташкан. Алгачкы коллективдүү чарбалар, артелдер, коммуналар пайда болгон. Бирок басмачылардын жорттуулдарынын кесепетинен ж-а байманаптардын кедейлерге тийгизген таасиринен Ош, Жалал-Абад аймактарында 1927-ж. чейин патриархалдык-феодалдык мамилелердин калдыктары ж-а жерди пайдалануу социалдык теңсиздик сакталып келген. Бүткүл союздук аткомдун ж-а РСФСР Эл Комиссарлар Советинин 1927-ж. 4-июлдагы токтомунун, Кыргыз АССРинин БАКнын 1927-ж. 12-ноябрдагы 2-сессиясынын чечиминин, Кыргыз АССР БАКнын ж-а Эл Комиссарлар Советинин декретинин негизинде 1927—28-ж. экинчи Ж.-с. р. жүргүзүлгөн. Анын нег. милдеттери: өзү иштебей жерди пайдалануу жоюу, жерсиз ж-а жери аз дыйкандарга жер ж-а а. ч. шаймандарын берүү. Кыргыз АССР БАКында Борб. жер бөлүштүрүү комиссиясы, эки кантондук (Ош, Жалал-Абад кантондук аткомдорунда), 15 болуштук жер бөлүштүрүү комиссиясы, бардык айыл-кыштактарда реформага көмөктөшүүчү топтор түзүлгөн. Борб. жер бөлүштүрүү комиссиясында Борб. үгүт комиссиясы уюшулган. Ж.-с. р-на байланыштуу 1927-ж. 1-сентябрдан үгүттөө иштери башталган. Реформа жүргүзүлүүчү аймактарда 25 үгүт араба иштеген, «Жер реформасы» газетасы, үгүт баракчалары чыгарылган. 27-июлдан 6-сентябрга чейин кедейлердин жардамы м-н Ичкилик болушунда байлардын жалган эле майдаланылып бөлүштүрүлдү деп жашырган 121 чарбасы, мүлкүн жашырган 237 чарбасынын бети ачылган. 1927-ж. 11-декабрдан реформаны ишке ашыруу башталган. 21-декабрда Жалал-Абад аймагында байлардын 18 чарбасы, 1 соодагер чарбасы жоюлган; 4000ден ашык танап (1 танап $^1/_6$ *га*га жакын) жер конфискацияланып, 55 чайрикерге жер берилген. Ош аймагында 11 күндүн ичинде 1107 кедей м-н батрак 13 459 танапка жакын сугат ж-а 43 танап кайрак жер, 164 ат, 140 өгүз, 22 соко ж. б. айыл чарба шаймандарын, о. эле акчалай жардам алышкан. 1927—28-жылдардагы реформанын учурунда түзүлгөн жалпы жер фондусу 45 777 *га* сугат ж-а 22 831 *га* кайрак жерден турган. Бардыгы 18 587 чарбанын жери толук жайгаштырылган. Жаңы коллективдүү чарбалар түзүлгөн. Дыйкандар орто эсеп м-н жылына 1356 миң сом өлчөмүндө эзүүчүлөргө төлөөчү жер салыгынан кутулушкан. Реформанын натыйжасында дыйкан чарбаларын коллективдештирүү ж-а отурукташтыруу, айыл-кыштактарды ор-

токтоштуруруга, бул жерде социалистик мамилелерди өнүктүрүүгө шарт түзүлгөн; өндүргүч күчтөрдүн өнүгүүсүнө тоскоолдуктар жоюлган. Эзүүчүлөр табын жоюудан баштаган Ж.-с. р. айыл чарбасын туташ коллективдештирүү м-н аяктаган.

ЖИБЕК КОМБИНАТЫ, Кыргыз ССР жеңил ө. ж. мин-восуна караштуу Оштогу ВЛКСМ атн. Ж. к. (Ош ш., Гагарин көчөсү, 108). 1928-ж. Ош пилла түрүү ф-касы катары негизделген. 1942-ж. ага Москва аймагынан эвакуацияланып келген Рахманов ийрүү-токуу ф-касы (125 токуу станогу) м-н биригип, азыркыдай аталат. 1948-ж. түр түшүрүлбөй боёлгон кездеме чыгаруучу ф-ка ишке киргизилген. 1949-ж. жаңы жабдууларды орнотуу м-н Ж. к. толук өндүрүш циклин (пилланы алуудан жибек кездеме чыгарууга чейин) өздөштүргөн. 1952-ж. ийрүү-токуу ф-касынын 2 кабат корпусу, 1963-ж. дагы бир токуу цехи, 1982-ж. боёп түр салуучу жаңы өндүрүшү ишке киргизилген. 8—9-беш жылдыктарда жаңы техниканын базасында реконструкциялоодон кийин жибек кездемелерин чыгаруу 14 эсеге өскөн. Азыр Ж. к. жибек сырьёсун, таза ж-а жасалма жибек кездеме, кездемелердин кесиндилеринен продукция чыгарат. Продукциясы РСФСР, Тажик ССРи, Өзбек ССРи, Түркмөн ССРи ж-а Казак ССРине жөнөтүлөт. Пилла түрүү өндүрүшүнөн чыккан калдыктардан жасалган боз кендир Бельгияга экспорттолот. Өндүрүштүн жалпы жылдык көлөмү 88 млн 300 миң сомду түзөт.

ЖИБЕК КУРТУН АСЫРООЧУ ЗАВОД (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 122). Аймакта жибек кездеме токуунун өнүгүшүнө байланыштуу 1927-ж. негизделген. Ө. ж. үчүн ж-а асыл тукум тыт жибек куртунун жумурткасын даярдап, Орто Азия респ-лары м-н Казакстандагы жибекчилик чарбаларына жөнөтөт. Ишканадагы жумуштун көлөмү кардарлардын муктаждыгына жараша жылына 600—1000 *кг* жибек куртун даярдайт. Заводдо 50 киши, а. и. 10 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт.

ЖИЙДЕ — кыштак, Өзгөн р-нундагы Ийри-Суу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Терек, Жаңгакты, Өстүрүү, Ор-Казган, Кара-Колот, Корс-Этти, Кыргызстан, Чаңгет кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 25 *км* түн. тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 72 *км*. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 1 396 (1986). Нег. чарбасы — мал багуу. Орто мектеп, р-ндук оорукананын тери-венера оорулар диспансери, клуб, китепкана ж. б. бар.

«ЖИЙДЕ» — Сузак р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Жийде кыш.). 1973-ж. Кара-Дарыя суусунун жайылмаларында дагы дың жерлерди (1,5 миң *га*) өздөштүрүү үчүн түзүлгөн. 1983-ж. Сузак р-нунун чарбаларынан с-зго кайрак жер берилген. 1986-ж. 806 *гадан* ашык дың жер өздөштүрүлгөн. Жүзүм өстүрүүгө адистештирилген.

ЖИЙДЕЛИ-САЙ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы карст үңкүрү, табият эстелиги. Шаймерден суусунун оң жээгинде, Фрунзе ш. т. п-на жакын жайгашкан. Жалпы уз. 180 *м*. Түрдүү кристаллдык ж-а минерал заттардын тамчылап агышынан пайда болгон. Бир нече залдан турат. Төм. залында жылуу көлмө бар. 1975-жылдан геологиялык заказник.

ЖИЙДЕЛИ-САЙ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы керамикалык сланец кени чыккан жер. Кадамжай ш. т. п-нан 2 *км* түш.-чыгыш тарапта, Шаймерден суусунун алабында. 1968-ж. табылган. Кен аймагында силурдун кум-чополуу текстери, кварцит ж-а девондун чополуу сланецтеринин арасындагы бир өңчөй, өңү каралжын, боз сланец тоо тегинен турат. Составында серицит м-н хлорит 60—70%, талаа шпаты 20—25%, кварц 5%. Запасы 128 453 миң $км^3$. Сланецтен «500», «600» ж-а «700» маркасындагы керамзиттик шагыл алууга болот.

ЖИПТИК — Баткен р-нундагы суу, Каравшин суусунун негизги куймасы. Алай кырка тоосунун түн. капталынан агып түшөт. Уз. 24 *км*, алабынын аянты 185 $км^2$, д. дең. орт. бийикт. 3800 *м*. Суу Шуровский мөңгүсүнөн башталып, адегенде түн.-батышты, анан батышты карай агып, Миң-Теке суусу кошулгандан кийин Киндик аталат. 7 куймасы бар. Жылдык орт. чыгымы 2—3 $м^3/сек$. Июнь — сентябрь айларында кирет. Эң көп чыгымы июнь — июлда, эң азы февралда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Өрөөнү жайыт.

ЖИПТИК ӨРӨӨНҮ — Ак-Буура суусунун алабындагы кооз өрөөн. Уз. 40 *км*-дей, туурасы 5 *км*ге чейин. Эң бийик жери 3900 *м*, жапыз жери 2100 *м*

(Кожокелең). Өрөөндүн капталдары тик, аскалуу келип, негизинен палеозойдун акиташ теги, төм. бөлүгү бор м-н палеогендин кызыл түстүү конгломерат аскалары, неогендин кумчополуу тектеринен турат. Ой-Тал, Мазар ж. б. каптал өрөөндөрүндө бул тоо тектердин калыңдыгы 100—150 *мге* жетип, тар каньондорду пайда кылат. Өрөөндөрдүн жог. бөлүгү корумдар, б. мореналар, чөгүндү тектер м-н капталган. Кышы суук, жайы мелүүн. Январдын орт. темп-расы —10...—14°С, июлдуку 15—16°С. Жылдык жаан-чачыны 300—500 *мм*. Нег. суулары: Жиптик, Кайынды. Негизинен арча токою, шалба ээлейт. Өрөөндө Кожокелең кыш. жайгашкан. Жайыт.

ЖОГОРКУ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭМГЕК БИРИКМЕЛЕРИ. Окуучуларды эмгекке тарбиялоо ж-а кесип тандоо б-ча багыт берүү үчүн жайкы каникул учурунда уюштурулат, мектептер м-н өндүрүш коллективдеринин ортосундагы байланышты чыңдайт. Областта мектеп окуучуларынын жайкы эмгек ж-а эс алуу лагерлери, окуучулардын өндүрүштүк бригадалары, мектеп токойчулугу ж. б. эмгек бириктмелери иштейт. Алгачкы өндүрүштүк бригада Сузак р-нундагы И. В. Мичурин атн. орто мектепте 1964-ж. түзүлгөн. Окуучулардын 473 өндүрүштүк бригадасы (20 миң окуучу) обл-тын с-з, к-з талааларында, 476 бригада мектеп ремонттоодо (11,9 миң окуучу), 98 бригада (2,5 миң окуучу) кесек тоют даярдоодо, 15 бригада мектеп токой чарбасында (475 окуучу) эмгектенет. Бирикме 1 млн сомдук жумуш (бардык түрү б-ча) аткарган (1985).

ЖОЙБЕЛЕНТ — кыштак, Ала-Бука р-нундагы Өрүктү айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жданов, Чолок-Тума, Сапалак, Орто-Токой, Өрүктү, Күйгүмөн кыш. да карайт. Райондун борбору Ала-Бука кыш-нан 8 *км* батыш тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 73 *км*. Калкы 1831 (1986). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, бала бакча, маданият үйү, амбулатория, китепкана ж. б. бар.

ЖОЛБАЕВ Рустам (1914, азыркы Лейлек р-ну, Тогуз-Булак кыш. —1971, Сүлүктү ш.) — шахтёр, Соц. Эмг. Баатыры (1957). Ардактуу шахтёр (1949). Эмгек жолун 1932-ж. Сүлүктү кен башкармасынын № 4 шахтасында тирөөч коюучу болуп иштөөдөн баштап,



Р. Жолбаев

1949-жылдан ушул эле шахтада навалоотбойщиктердин бригадири болуп иштеген. Көмүр казууда эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун алдыңкы ыкмаларын өндүрүшкө киргизген. Анын бригадасы 5 жылдык планды 3 жыл 11 айда аткарып, пландан ашык 1100 *т* көмүр казып чыгарган. 1955—59-ж. Кыргыз ССР жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

ЖОЛ КЫЙМЫЛЫ (Ош ш.) Ош ш-нын жол тармагында 8 нег. көчө бар. Алар: Юбилейный проспектиси (2,3 *км*), Ленин (уз. 7,4 *км*), Свердлов (8,1 *км*), Кыргызстан (4,3 *км*), Касымбеков (3,3 *км*), Тельман (3,3 *км*), Кара-Суу (2,5 *км*), Интернациональный (2,9 *км*) көчөлөрү. Ошто жалпы уз. 337 *км* көчөлөр м-н жолдор, борб. базардын жанында 1 жер астынан өткөөл бар. Шаардагы транспорт паркында 19064 автомашина, а. и. 8106 мамл. авт., 304 мотоцикл, 5292 менчик жеңил машина, 2637 менчик мотоцикл бар (1986). Ж. к-нын ургаалдуулугу (жылына 6—7%ке) өсүп, нег. көчөлөрдөн саатына 480—520 транспорт каражаттары өтөт. 1985-ж. Ошто 82 жол кырсыгы катталып, анын 44үү айдоочулардын, 38и жөө жүрүүчүлөрдүн күнөөсү м-н болгон. Ж. к-н жөндөө ж-а көзөмөлдөө иш чаралары жолдо жүрүү эрежелеринин негизинде светофор сигнализациясынын, жол белгилеринин ж-а жол сызыктарынын жарадамы аркылуу Ош шаардык авт. инспекциясы көзөмөлдөйт. Шаарда 2708, а. и. көлөмдүү 1149 жол белгиси, 22 светофор орнотулган. Светофор сигнализациясын, жол белгилерин коюуну ички иштер башкармасынын адистештирилген монтаждоо-эксплуатациялоо участкасы тейлейт.

ЖОШОЛУ — Алай р-нундагы суу, Куршабдын оң куймасы. Алай кырка тоосунун түн.-батыш капталынан башталат. Уз. 40 *км*, алабынын аянты 285 $км^2$, д. дең. орт. бийикт. 2700 *м*. Ж-нун 16 куймасы бар; ирилери: Ар-Төбө, Кызыл-Булак (оң), Кулмамбет, Бекпута (сол). Жылдык орт. чыгымы 2,2 $м^3/сек$. Эң көп чыгымы июнда,


А. Жумабаев


Т. Жумабаев


А. Жумабаева

азы февралда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Гүлчө, Өрүктү, Миязды, Орто-Суу ж. б. кыш. жайгашкан.

ЖОШОЛУ ӨРӨӨНҮ — Алай р-нунун аймагындагы тепши сымал өрөөн. Гүлчө кыш-нын түн. тарабында. Уз. 38 *км*, туурасы 3 *км*. Өрөөн терең ж-а кыска кокту-колоттуу; кургак сайлар көп кездешет. Жошолу суусунун чатынан Кара-Токту өрөөнүнө чейин Ак-Башат тоосу (бийикт. 2808 *м*) созулуп жатат. Өрөөндүн таманы тегиз келип, каптал беттери анча бийик эмес. Айрым жерлеринде үңкүрлөр кездешет. Ошондуктан бул жер «Үңкүр-Башы» аталат. Үңкүрлөрдүн эң ириси Жал-Камышта (уз. 28 *м*, бийикт. 8—12 *м*, оозунун эни 35 *мге* чейин). Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 19,2°С, январдыкы —7,6°С. Өрөөн аркылуу Жошолу суусу (куймалары: Талды-Булак, Кара-Кокту, Кызыл-Булак ж. б.) агат. Майда булактар көп. Өндүрлөрүнө талаа, тоо беттерине бадал-арча токою, жогору бөлүгүнө субалпы ж-а альп ландшафты мүнөздүү. Тоо этектеринде четин, карагат, ыргай, шилби, ит мурун, табылгы, чөптөрдөн шыбак, сарындыз, арча чөп, буудайык, бетеге, өрөөндүн таманында тал, терек, чычырканак, долоно, шилби ж. б. өсөт. Түзөң жерлеринде арпа ж-а беде эгилет. Өрөөндө Жошолу кыш. жайгашкан. Жайыт.

ЖУМАБАЕВ Алахун (1896, азыркы Кара-Суу р-ну, Дыйкан-Кыштак кыш. — 1976, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1951). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1945-жылдан Кара-Суу р-ндагы «Кызыл-Шарк» (азыр Х. Таширов атн.) к-зунда бригадир болуп иштеген. 1950-ж. анын бригадасы 50 *га* аянттын ар гектарынан 46,66 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

ЖУМАБАЕВ Ташмамат (1924-ж. т., Ош р-ну, Таштак кыш.) — Сов. Союз. Баатыры (1943). Ош шаардык аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1942-ж. ноябрдан 1943-ж. февралга чейин запастык полкто, 1943-ж. марттан Борб. фронтто Кызыл Туулуу 193-аткычтар дивизиясынын 685-аткычтар полкунун отделение командири. Днепр дарыясы үчүн салгылашууда каармандык көрсөткөн. Душмандын бир нече пулемёт, замбирек ж-а танктарын талкалаган. 1944—45-ж. Харьковдогу артиллерия окуу жайынын курсанты. 1945-ж. майдан 1947-жылдын июнуна чейин гвардиялык дивизиялардын биринде взвод командири. Кийинки жылдарда Кыргындагы р-ндук аскер комиссариатында жетекчилик кызматтарда иштеген.

ЖУМАБАЕВА Анакыз (1929-ж. т., Ленин р-ну, Чоң-Курулуш кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1975). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. Ленин р-нундагы М. В. Фрунзе атн. к-здун пахтачылык бригадасынын бригадири. Ал жетектеген бригада 9-беш жылдыктын тапшырмасын мөөнөтүнөн мурда аткарган (1974). Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

ЖУМУШЧУЛАР. 1917-ж. чейин Кыргындын түштүгүндө жалданма гана Ж. болгон. 1892-ж. Ош уездиндеги майда устаканаларда 260 жумушчу, 1913-ж. 1736 (1 устаканада орто эсеп м-н 1) жумушчу иштеген. Пахта тазалоочу ирирээк ишканаларда 4—5 жумушчу, 1913-ж. Кыргызстандын түштүгүндө 419 май бышуучу мастерскойдо 449 жумушчу болгон. Жалданма Ж. негизинен тоо-кен ишканаларында (Сүлүктү, Кызыл-Кыя кендеринде) топтолгон. Совет бийлиги орногондон кийин, социалисттик курулуш процессинде обл-та жаңы типтеги ө. ж. Ж-ы ж-а көп улуттуу Ж. отряд өсүп чыккан. Ө. ж-ды калыбына келтирүү мезгилинде жалданма Ж-дын жалпы саны 3 миңге жеткен. Социализмдин өркүндөө шартында Ж-дын саны ж-а салыштырма

салмагы өскөн, алардын квалификациялык-кесиптик ж-а тармактык структурасында бир кыйла өзгөрүүлөр болгон. Областтын калкынын составында Ж-дын салыштырма салмагы 36,5%тен (1959) 59,2%ке (1979) өсүп, респ-дагы Ж-дын 25%ин түзгөн. 1970-ж. ж-а 1979-ж. шаар калкынын 67,6%ин, 1970-ж. айыл калкынын 47,6%ин, 1979-ж. 55,0%ин түзгөн; б. а. 70-жылдары Ж. калктын көпчүлүк бөлүгүн түзө баштаган. 1970-ж. 1000 жумушчунун 26сы гана жог., толук эмес жог. ж-а атайын орто билимдүү болсо, 1979-жылдагы эл каттоо б-ча ал 63кө жеткен.

ЖУМУШЧУЛАР МЕНЕН ЧАЙРИКЕРЛЕР СОЮЗУ» — пролетардык интернационализм маанайдагы демократиялык коомдук уюм. 1917-ж. августта Ош уездинде оорук иштеринен кайтып келген жерг. жумушчулар түзгөн. Большевик Ю. Алиев (Киев коргонуучу-дунун мурунку жумушчусу) баш болгон кыргыз, өзбек жумушчулары м-н чайрикерлеринен турган. 2-сентябрга чейин алардын мүчөлөрү 600гө жеткен. Бул союздун демилгеси б-ча 3-сентябрда Мусулман депутаттар совети (Мусулман жумушчу ж-а чайрикерлер депутаттар совети деп да аталган) түзүлүп, ал 13-сентябрда Оштогу Советке бириккен. 1918-ж. күзүндө союздун мүчөсү Булак-Башы болушунда 2520га, Өзгөн болушунда 900гө, Гүлчө болушунда 360ка жеткен. Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштө большевиктердин тиреги болгон.

ЖУМУШЧУ, СОЛДАТ ЖАНА ДЫЙКАН ДЕПУТАТТАР СОВЕТТЕРИ, к. *Алгачкы советтер.*

ЖУРНАЛИСТТЕР СОЮЗУ, Кыргызстан Ж. с-нун Ош обл. бөлүмү (башкармасы: Ош. ш., Ленин көчөсү, 186). 1962-ж. уюшулган. Областтагы мезгилдүү басма сөз, радио уктуруу ж-а телекөрсөтүү кызматкерлерин биріктирген 20 баштапкы уюму бар (1988). Очерк ж-а публицистика, айыл чарба, ө. ж., маданият, р-ндук журналисттердин ж-а көп нускалуу газеталардын иштери б-ча комиссия ж. б. секциялары бар. Конференциялары 1962, 1964, 1966, 1969, 1971, 1973, 1976, 1979, 1981, 1983, 1985, 1986-ж. өткөн. Башкармасынын председателдери: А. Ажыбеков (1962—70), А. Б. Бөрүбаев (1970—86), Т. А. Алдыраков (1986-жылдан).


Э. Жусупов

ЖУСУПОВ Эшенкул (1915-ж. т., азыркы Ленин р-ну, Кыла кыш.)— к-з өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1957). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Эмгек жолун 1937-жылдан к-здо иштөөдөн баштаган. 1945—61-ж. Ленин р-нундагы Калинин атн. («Хиля») к-здун председатели. Ал башкарган к-з 1955—56-ж. пахта аянтынын ар гектарынан 30,3—33,3 *ц*ден түшүм жыйнап алып, мамлекетке сүт, эт, жумуртка ж. б. айыл чарба продуктуларын тапшыруу б-ча пландарын ашыгы м-н аткарган. 1955—59-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ ПАРТСЪЕЗД АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Араван р-нундагы чарба (башкармасы: Араван кыш.). 1929-ж. «Кахраман» артели катары түзүлүп, 1930 ж-а 1958-ж. бир катар чарбалар м-н бириккен, 1962-жылдан азыркыдай аталат. Чарбасынын нег. тармагы — пахта, тамеки өстүрүү. 17,5 миң *га* (а. и. 10,7 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,4 миң бодо мал, 7,2 миң кою бар (1986).

ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ ПАРТСЪЕЗД АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Базар-Коргон р-нундагы чарба (башкармасы: Бешик-Жон кыш.). 1929—35-ж. анын аймагында 7 чакан к-з болгон. Бир нече жолу ирилешкенден кийин (1950, 1954, 1959-ж.) К. Маркс атн. к-з болуп түзүлгөн; 1963-жылдан азыркыдай аталат. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, мал багуу. 10 миң *га* (а. и. 9,8 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 21,9 миң кою бар (1986).

ЖЫЛГЫНДЫ ЗАКАЗНИГИ Ленин р-нунун аймагында. Токойдун негизин түзүүчү баалуу дарак — мисте өскөн аймакты коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Жалпы аянты 300 *га*, анын 206 *га*сын сейрек өскөн мисте ээлейт.

ЖЫЛКЫ ЗАВОД № 44 — Ноокат р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Жаңы-Базар кыш.). 1964-ж. № 44 жылкы з-дунун, «Көк-Бел» ж-а И. В. Сталин атн. к-здордун базасында түзүлгөн.

Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, кой багуу, о. эле асыл тукум кыргыз жаңы жылкылары асыралат. 72,5 миң *га* (а. и. 26,6 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,3 миң бодо мал, 38,1 миң койэчкиси бар (1986).

ЖЫЛУУЛУК МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ. Областтын аймагында биринчи жылуулук электр борбору Майлы-Сай ш-нда иштей баштаган. 1951—56-ж. бул жерде 4 турбина агрегаты ишке киргизилген. Имараттар негизинен мешке от жагуу ж-а жерг. майда буу казандар аркылуу жылытылган. Отун катары негизинен көмүр пайдаланылган. Кийин нефть ж-а табигый газ жагыла баштаган. 1963-ж. Ош жылуулук электр борборунун курулушу башталган; 1966-ж. анын 1-агрегаты, 1968-ж. 2-агрегаты ишке киргизилген; 1599,1 миң *Гкал* жылуулук иштеп чыгарган. Областта коммуналык ишканалар комбинаттарына караштуу 61 буу казан, а. и. Ошто 11 (газ жагылат), Жалал-Абадда 12 (газ жагылат), Ташкөмүрдө 3, Сүлүктүдө 2, Көк-Жаңгакта 1, Кызыл-Кыяда 1 (азыр Ош жылуулук электр борборуна карайт), Кара-Сууда 2 (р-н м-н кошо), Өзгөндө 4 (р-н менен кошо), Ала-Бука р-нунда 1, Алай р-нунда 2, Араван р-нунда 3, Базар-Коргон р-нунда 1, Баткен р-нунда 2, Жаңы-Жол р-нунда 3, Лейлек р-нунда 2, Ленин р-нунда 3, Ноокат р-нунда 2, Совет р-нунда 2, Сузак р-нунда 2 (көмүр жагылат), Фрунзе р-нунда 2 (көмүр ж-а газ жагылат) буу казан иштейт. 1985-ж. 285,2 миңден ашык *Гкал*, а. и. турак жайларды жылытуу үчүн 207,3 миңден ашык *Гкал*, ө. ж. ж-а коммуналык керектөөлөр үчүн 77,9 миң *Гкал* жылуулук берилген; Ош ш-нда 83,5 миңден ашык *Гкал*, а. и. турак жайларды жылытуу үчүн 77,01 миң *Гкал* жылуулук иштелип чыгарылган. Шаарларда, ш. т. п-ларда, к-здор м-н с-здордо ишкана, мектеп, оорукана ж. б. ведомстволук буу казандары иштейт.

ЖЫЛУУЛУК ЭЛЕКТР БОРБОРУ, Оштогу Ж. э. б. (Ош ш., Юбилейный проспекти, 2). 1966-ж. ишке киргизилген. Нег. отуну — мазут. Ош ш-н электр ж-а жылуулук энергиясы м-н камсыз кылат. Электр энергиясы бирдиктүү Орто Азия энергия системасына кошулган. Жылуулук энергиясы ж-а тех. суу (жылытуу үчүн) обл-тын борборундагы ө. ж. ишканаларын ж-а турак жай-коммуналык сектордун технологиялык муктаждыктарына пайдаланылат. Ишке киргизилгенден 1984-ж. чейин 3,5 млрд *кВт* с электр энергиясынын ж-а 7,2 млн *Гкал* жылуулук иштеп чыгарган. Шаардын жылуулукка болгон муктаждыгынын өсүшүн канааттандыруу үчүн 1981-ж. өндүрүмдүүлүгү 100 *Гкал* • *с* суу ысытуучу кошумча казан ишке киргизилген. 1981 ж-а 1983-ж. 2 буу казан реконструкцияланып, алардын буу иштеп чыгаруусу көбөйгөн. Сууну химиялык жол м-н тазалоо иштери жакшыртылган. 1984-ж. Ж. э. б-нун составына Кызыл-Кыя ш-ндагы кубаттуулугу саатына 100 *т* буу чыгаруучу казан кошулган. 291 киши, а. и. 154 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт.

ЖЫЛУУ-СУУ МӨҢГҮЛӨРҮ — Алай кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан татаал өрөөн тибиндеги 2 мөңгү. Сох суусунун оң курамы Кожо-Ашкан суусунун башында жайгашкан. Аларды меридиан багытында созулган тоо тармагы бөлүп турат. Батышындагы мөңгүнүн уз. 4,6 *км*, аянты 7,1 *км*^{2}; башы д. дең. 4800 *м*, этеги 3890 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4400 *м*. Чыгышындагы мөңгүнүн уз. 5,7 *км*, аянты 6,4 *км*^{2}; башы д. дең. 4500 *м*, этеги 4200 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300 *м*. Мөңгүлөрдөн Сох суусунун башаты Жылуу-Суу башталат.

З

ЗАДНЕПРОВСКИЙ Юрий Александрович (1924-ж. т., Ленинград обл., Гатчина ш.). Ленинград университетинин тарых факультетин бүтүргөн (1950). Тарых илиминин доктору (1979). СССР ИАнын археология ин-тунун Ленинград бөлүмүнүн улук илимий кызматкери, Фергана экспедициясынын начальниги. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 170тей эмгеги жарык көргөн, а. и. 100дөйү Кыргындын б. тарыхына ж-а археологиясына арналган. Кырг-н м-н Өзбекстандын аймагына 30 археологиялык экспедиция жасаган. Соңку коло доорунун Чуст



Ю. А. Заднепровский

маданиятына таандык байыркы эстеликтерди изилдеген. Ош тургун жайы ж. б. калк журт кылган жерлерди казып, изилдеген. Б. з. ч. 4—1-к-га таандык Шоро-Башат маданиятын, Өзгөн, Мады ж-а Ош ш-н изилдеген. Байыркы мезгилдеги көчмөндөрдүн маданият тарыхынын маселелерин изилдөөгө чоң салым кошкон. Монографиялары: «Ош областынын түштүк аймактарындагы археологиялык эстеликтер (б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосу — б. з. 1-миң жылдыгынын ортосу)», «Фергананын байыркы дыйканчылык маданияты» ж. б.

ЗАЛЛЯУТДИНОВ Фаттых (1887, туулган жери белгисиз — 1918, Хожент уезди, Наус болушу, Гулякондоз кыш.) — Сүлүктүдө Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштүн активдүү катышуучусу. 1918-жылдан Компартия мүчөсү. 1912-ж. Казан университетинин студенттеринин рев-ячыл козголоңуна активдүү катышкандыгы үчүн падыша өкмөтү аны Түркстанга сүргүнгө айдаган. Сүлүктү көмүр кенинде тирөөч коюучу болуп иштеген, падышалык тартипке ж-а Убактылуу өкмөткө каршы шахтёрлордун рев-ячыл күрөшүн жетектеген. 1917-ж. мартта Сүлүктүдөгү бириккен социал-демократиялык топко кирген. «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзун түзүү б-ча Түркстан тоо-кен ө. ж. ишканаларынын өкүлдөрүнүн 1-съездине делегат. 1917-жылдан Сүлүктү жумушчулар советинин мүчөсү. 1918-ж. мартта жумушчулар аны мамлекеттештирилген Сүлүктү көмүр кен башкармасынын з-ддук к-тине шайлаган.

«ЗАРЯ» — Кызыл-Кыя ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (К. Маркс көчөсү, 15). 1966-ж. ачылган. Залы 300 орундуу. Жылына 300—400 миң киши кино көрөт.

ЗЕРГЕР — Өзгөн р-нундагы суу, Жазы суусунун оң куймасы. Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталынан башталган Талды-Суу м-н Түрпү-Суунун кошулушунан пайда болот. Уз. 54 *км* (Талды-Суу м-н Түрпү-Суу кошулган жерден Жазыга чейин 33 *км*), алабынын аянты 216 *км*^{2}. Уз. 10 *км*ден ашкан 4 чоң, 9 майда куймасы бар. Марттын аягы — июнь айларында кирет. Көп жылдык орт. чыгымы 2,92 *м*^{3}/*сек*. Боюнда Тосой ж. б. кыш. жайгашкан.

ЗОР-КУМ-ТӨР МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 4,6 *км*, аянты 6,4 *км*^{2}, көлөмү 0,34 *км*^{3}. Ак-Буура суусунун жог. агымы Кичи-Алай (чыгыш) суусунун алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы д. дең. 4 980 *м*, этеги 4000 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4400 *м*. Кийинки жылдары мөңгүнүн 2,5 *км*^{2}-дей аянты эрип кеткен. Азыркы мезгилде да тынымсыз тартылууда. Мөңгүдөн Кичи-Алай (чыгыш) суусунун оң куймасы Зор-Кум-Төр башталат.

ЗЫНДАН КЕНИ — Өзгөн р-нундагы таш көмүр чыгуучу жер. Өзгөн ш-нан 35 *км* чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында. 1945-ж. геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Кен Өзгөн көмүр бассейнинен (түн.-батыш тарабынан) орун алып, 20 *км*^{2} чамасындагы аянтты ээлеп жатат. Аймагында негизинен юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары таралган. Көмүр катмарлары негизинен кумдук, алевролит ж-а аргиллит тоо тектеринин арасында жайгашкан. Мында көмүрдүн калыңдыгы 0,8—2,8 *м* келген 2 катмары бар. Көмүр жог. сапаттуу отунга жарактуу, орт. күлдүү, коксто-лот. Күйгөндө 24,48 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы 48 млн *т*.

ЗЫНДАН-СУУ — Өзгөн р-нундагы суу, Жазынын оң куймасы. Уз. 36 *км*, алабынын аянты 247 *км*^{2}. Фергана тоо тизмегинин түш. капталынан башталып, капчыгай аркылуу агат. Тоодон чыкканда өрөөнү кеңейип, салааларга бөлүнөт. Алабында булактар көп, жер көчкү болуп турат. Жылдык орт. чыгымы 2,61 *м*^{3}/*сек*. Апрель — августта кирет. Сугатка пайдаланылат.

И

ИЖЕВАТКИН Г. П. МҮРЗӨСҮ Ленин р-нундагы Сакалды айыл советинин аймагында. Григорий Петрович Иже-

ваткин жыйырма беш минчилердин катарында Кырг-ндын айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн Москвадан жиберилген. Сакалдыдагы МТСтин саясий бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1930-ж. 12-майда басмачылар өлтүргөн. Мүрзөсүнө эстелик тургузулган.

ИЗБАСКЕН КЕНИ — Ленин р-нундагы нефть м-н газ чыгуучу жер. Жалал-Абад ш-нан 55 *км* түн.-батыш тарапта, Фергана өрөөнүнүн түн.-батышында. Нефтинин табигый түрдө агып чыгышы жерг. элге байыртадан белгилүү. 1946-жылдан геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлүп, 1950-жылдан нефть, 1957-жылдан күйүүчү газ алына баштаган. Кен аймагында неоген мезгилинде пайда болгон конгломерат, кумдук, чопо, палеогендин акиташтеги, чопо катмарлары бар. Нефть палеоген тоо тектериндеги кумдуктун арасында 4 горизонтту түзүп жатат. Кен аянты 1,0×0,5—7×1,0 *км*. Нефть 2400 *м*ге чейинки тереңдикте кезигет. Газ бор мезгилинин аягында пайда болгон тоо тек катмарында топтолгон. Мында газдын ө. ж-лык маанидеги 8 горизонту бар. Аянты 2×0,5 *км*. Кенден жылына 56,7 миң *т* нефть, 6,6 млн $м^3$ газ алынат (1973).

ИИРЕК — кыштак, Өзгөн р-ндагы Кара-Таш айыл советинин борбору. Бул айыл советине Коргон, Үңкүр, Элчибек, Ынтымак кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 42 *км* түш. тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 84 *км*. Калкы 249 (1987). Мал чарбасы өңүккөн. Сегиз жылдык мектеп ж. б. бар.

ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ИНФОРМАЦИЯ ЖАНА ПРОПАГАНДА ИНСТИТУТУНУН ОШТОГУ БӨЛҮМҮ, Кыргыз ССР мамл. пландоо к-тинин респ. И.-т. и. ж. п. и. О. б. (Ош ш., Свердлов көчөсү, 333). 1973-ж. түзүлгөн. Ишинин негизги багыттары: ишканалар м-н уюмдарда илимий-тех. пропаганданы уюштуруу, ишканалар м-н уюмдарды маалымый материалдар м-н камсыз кылуу ж-а илимий-тех. маселелер б-ча методикалык жардам көрсөтүү. 5 кызматкер иштейт (1986).

ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК КООМДОР (обл. совети: Ош ш., Свердлов көчөсү, 205) — илимий кызматкерлерди, а. ч., өнөр жай, курулуш, транспорт, байланыш, тейлөө чөйрөсүнүн адистерин, жог. окуу жайлардын окутуучулары м-н студенттерин, атайын орто окуу жайлар м-н кесиптик-тех. окуу жайларда окугандардын ыктыярдуу массалык уюмдары. И.-т. к-дун уюмдары илимий-тех. прогресстин комплекстүү программасын ишке ашырууга ж-а анын жетишкендиктерин эл чарбасында колдонууга, коомдордун өндүрүштө натыйжалуулугун ж-а иштин сапатын жогорулатууга, эмгек өндүрүмдүүлүгүн тездетүүгө, экономиканы ургаалдуу өнүктүрүү жолуна өтүүгө көмөктөшөт. И.-т. к-дун обл. совети 1973-ж. түзүлгөн. Укуктуу уюм катары 1975-жылдан иштейт. И.-т. к. 377 баштапкы уюмду (2 185 киши иштейт) бириктирет (1986). И.-т. к-дун обл. советинде обл. 6 тармактык башкарма (автотранспорт ж-а шоссе жолдор, жеңил өнөр жайы, индустрия курулуш, соода, айыл чарба, жерг. ө. ж. ж-а коммуналык-тиричилик жактан тейлөө) иштейт. Калган тармактык башкармалар И.-т. к-дун Кыргыз респ. советине түздөн-түз караштуу.

ИЛЬИЧЁВКА — кыштак, Өзгөн р-ндагы Ильичёвка айыл советинин борбору. Бул айыл советине Прогресс, Жыланды, Калта, Красный Маяк, Кызыл-Дыйкан, Ленин-Жолу, Фрунзе кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 10 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 59 *км*. Калкы 4023 (1986). Нег. чарбасы — мал багуу, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, клуб, ашкана, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар.

«ИЛЬИЧ НУРУ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Фрунзе р-ндук к-тинин ж-а Эл депутаттар р-ндук советинин органы (редакциясы: Фрунзе кыш.). 1941-ж. негизделген. 1965-жылдан азыркы чейин «Алга», 1965-жылдан жумасына 3 жолу чыгат. Тиражы 5,6 миң (1986). Кызыл-Кыя шаардык басмаканасында басылат.

ИНЖЕНЕРДИК ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ, Кыргыз мамл. И. и. и-нун Оштогу бөлүмү (Ош ш., Свердлов көчөсү, 287). Кыргыз ССР мамл. курулуш к-тине карайт. 1976-ж. түзүлгөн. Нег. илимий иштери — инженердик изилдөө. 8 кызматкер иштейт (1986).

ИНКУБАТОРДУК ҮЙ КУШТАР СТАНЦИЯСЫ, Ош обл-ндагы И. Ү. к. с. (Ош ш., Степной көчөсү, 63). 1950-ж. негизделген. 1982—83-ж. реконструкцияланган; кубаттуулугу жылына 600 миң жөжө чыгаруучу «Универсал-55» маркасындагы 2 инкубатор орнотулган. 1 млндон ашык жөжөнү Ош ш., Алай, Араван ж-а Кара-Суу р-ндорунун

калкына ж-а чарбаларына сатат (1985). 1984-жылдан станцияда чабал жөжөлөрдү асыроо үчүн 50 миң күрп тоогу бар чарба уюшулган. 40 киши иштейт (1986).

ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ. 1979-жылкы эл каттоо б-ча обл-тын бардык калкынын (1959-ж. 18,2%ин 13,6%) кызматкерлер түзгөн. 1979-ж. жалпы калктын 20,7%и акыл эмгеги м-н эмгектенген кызматкерлердин үлүшүнө туура келген. И. шаар калкынын 30,6%ин, айыл-кыш. калкынын 15,6%ин түзгөн. Акыркы кезде жог. ж-а атайын орто билимдүү адистердин саны тез өсүүдө. Областта ар миң адамга жог. ж-а атайын орто билимдүү 50дөй адис туура келет. 1979-ж. акыл эмгеги м-н эмгектенген ар миң адамдын 979у жог. ж-а орто билимдүү (толук ж-а толук эмес). 1985-ж. обл-тын эл чарбасында жог. билимдүү 7450 инженер, 17 790 техник, 1950 агроном, зоотехник ж-а ветеринар, 4100 атайын орто билимдүү адис, 3540 врач, 12 689 мед. орто билимдүү адис эмгектенген. Калгандары маданият, иск-во тармагында, мамл., чарбалык ж-а коомдук иштерде иштешет. Областтын эл чарбасында иштеген жог. билимдүү адистердин 24%тейи КПСС мүчөсү. Областтын И-сынын өкүлдөрү коомдук-саясий иштерге — Совет бийлигинин, профсоюздардын шайланма органдарынын, «Билим» ж-а ойлоп чыгаруучулар м-н рационализаторлор коомдорунун иштеринде, басма сөз органдары м-н кызматташып иштөөгө активдүү катышат.

ИППОДРОМ, Ош мамл. И. (Кара-Суу р-ну, Төлөйкөн кыш.). 1983-ж. ачылган, курулушу улантылууда. Ош ш-нан 14 *км* түш. тарапта, Кара-Кышмак капчыгайында жайгашкан. Негизинен асыл тукум кыргыз жаңы жылкыларын таптайт. Улуттук оюндар (оодарыш, кыз куумай, тыйын эңмей, аламан байге) ж. б. мелдештер өткөрүлөт. Талаасында ат чабылуучу кум төшөлгөн айланма жолу (уз. 1600 *м*) бар; трибунасы 3 миң орундуу. Жыл сайын негизинен Өзгөн ж-а Ноокат р-ндорунун чарбаларынан алып келинген 250 асыл тукум жылкы тапталат. И-дун аймагында ашкана, ветеринариялык изолятор, И-ду тейлөөчүлөр үчүн бөлмөлөр ж. б. бар.



Б. Исаев



С. Исаков



Ю. В. Исламов

ИСАЕВ Беделбай (1911-ж. т., азыркы Совет р-ну, Токбай-Талаа кыш.) — а. ч. өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1929-ж. к-здо иштөөдөн баштаган. 1937—40-ж. «Ленинчил жаш» к-зунда (Совет р-ну) мал ферма башчысы, 1940—41-ж. Чалма айыл советинин председатели, 1941-жылдан «Ленинчил жаш» к-зунун председатели. 1947-ж. ал жетектеген к-з р-ндогу алдыңкы чарбага айланып, коомдук малдын саны көбөйгөн, алардын кунардуулугу жогорулаган; бодо мал 112,8%, кой 132%, жылкы 111%ке көбөйгөн. 1951—59-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ИСАКОВ Ора (1927-ж. т., Кара-Суу р-ну, Баш-Булак кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1943-ж. М. В. Фрунзе атн. а. ч. артелинде катардагы к-зчудан баштаган, 1947-жылдан жумушчу, 1954-жылдан «Каттa-Талдык» мамл. асыл тукум кой өстүрүү з-дында баш чабан. 1954—57-ж. ар 100 тубар койдон 115—116дан козу, 4,9 *кг*дан жүн алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

ИСЛАМОВ Юрий Верикович (1968, Базар-Коргон р-ну, Гүмкана кыш. —1987, Афганстан) — жоокер-интернационалист, кенже сержант, Сов. Союз. Баатыры (1988). 1986-жылдан КПСС мүчөлүгүнө кандидат. 5-класска чейин Мичурин атн. мектепте (Арстанбап кыш.) окуган, кийин Свердлов обл-нын Талица ш-ндагы № 55 орто мектепти бүтүргөн. 1985-ж. Урал токой-техникалык ин-туна өтүп, анын 2-курсунан Советтик Армиянын катарына чакырылган. 1987-ж. 31-октябрда буктур-



Т. Исмаилов



И. Исмаилова

мага кабылган жолдошторунун кутулуп кетишине шарт түзүп, акыркы огу калганча атышып, акыркы гранатасы м-н курчап алган душмандарды өзү м-н кошо жок кылган. Ленин ордени, «Каармандыгы үчүн» медалы м-н сыйланган. Талица ш-нда эстелик тургузулган.

ИСМАИЛОВ Татен (1929, Казак ССРи, Чымкент обл., Борисов кыш. —1976, Кара-Суу р-ну, Баш-Булак кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. Адегенде жумушчу, 1947-жылдан «Катта-Талдык» мамл. асыл тукум кой өстүрүү з-дунда баш чабан болуп иштеген. Жыл сайын ар 100 тубар койдон 105—110дон, 1965-ж. 133төн козу алып. аман эсараган (оторундагы 670 койдун ар биринен 4 *кг*дан жүн кыркып алган). Эки Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган

ИСМАИЛОВА Инахон (1921-ж. т., Кара-Суу р-ну, Дыйкан-Кыштак кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1947). Эмгек жолун к-здо иштөөдөн баштаган. 1943-жылдан «Кызыл-Шарк» (азыр Х. Таширов атн.) к-зунун пахтачылык бригадасында звено башчысы. Ал жетектеген звено 1945-ж. 5 *га* жердеги пахтанын ар гектарынан 58 *ц*, 1946-ж. 68,4 *ц*, 1947-ж. 4 *га* жерден 91,3 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

ИСПИД-БУЛАН (Сафид-Булан, Сафид-Бүлөң) — орто кылымга таандык шаар чалдыбары. Фергана өрөөнүнүн түн.-чыгыш бөлүгүндө, Ала-Бука р-ндагы Гүлстан кыш-нын (мурда Мазар кыш., кийин Сафид-Бүлөң) жанында жайгашкан. «Испид-Булан» деген ат м-н арабдардын Ферганаңы басып алгандыгы ж-дө Жемал Каршинин (13-к.), о. эле калкты мусулмандаштыруу ж-дө жерг. көрүстөндөрдөн табылган таштардын (кайрак) бетиндеги 12—15-к-га таандык жазууларда эскерилет. 16-к-дан Сафид-Булан аталат. Сопулар м-н шайыктардын табынуучу жайы катары белгилүү. Чалдыбардын нег. бөлүгү курулуш имараттарынын астында калган.

ИСФАЙРАМ-САЙ — Фрунзе р-нунун аймагы аркылуу аккан суу. Алай кыркa тоосунун түн. капталынан башталган Кичи-Алай (батыш) ж-а Сүрмө-Таш сууларынын кошулушунан түзүлөт. Фергана өрөөнүндө толугу м-н суугатка бөлүштүрүлүп кетет. Уз. 122 *км*, алабынын аянты 2 220 *км*^{2}. Ири куймалары: Тегирмеч, Түз-Ашуу ж. б. Июль — сентябрь айларында кирет. Негизинен кар, мөңгү сууларынан турат. Жылдык орт. чыгымы 22 *м*^{3}/*сек*. Боюнда Кара-Жыгач, Үч-Коргон, Кубасай ж. б. кыш. жайгашкан.

ИСФАЙРАМ-САЙ ӨРӨӨНҮ — Алай, Кичи-Алай ж-а Коллектор кырка тоолорунун аралыгындагы өрөөн. Аянты 2 220 *км*^{2}, уз. 130 *км*дей, туурасы 0,5 *км*ден 14 *км*ге чейин, таманынын д. ден. бийикт. 1000—3000 *м*. Кичи-Алай (уз. 50 *км*), Исфайрам (42 *км*) ж-а Шибе (30 *км*) өрөөндөрүнөн турат. И.-С. өнө палеозойдун сланец, алевролит, кумдук ж-а конгломерат тектеринен турган терең кокту-колоттуу тик капталдуу, гляциалдуу рельеф, о. эле мезозойдун кумдук ж-а конгломерат тектеринен турган тик капталдуу ж-а жардуу, көбүнчө тектирлүү, эрозияга учураган рельеф мүнөздүү. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 10—13 С, январдыкы —16°Сден —20°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 300—400 *мм*. Өрөөн аркылуу Исфайрам-Сай, Шибе суулары агат. Тоо капталдарында шилби, ит мурун, табылгы, арча, кайың, терек өсөт. Ортоңку ж-а төм. бөлүктөрүнүн таманы чабынды ж-а айдоо, жог. бөлүгү жайыт. Өрөөндө Үч-Коргон, Кара-Жыгач, Кара-Кыштак, Майран, Пум, Чакмак кыш. жайгашкан.

ИСФАНА — Лейлек р-нундагы суу. Түркстан кырка тоосунун түн. тармагы Алтын-Бешик тоосунун түн. капталынан башталат. Төм. агымында Кара-Суу ж-а Андар-Сай аталат. Уз. 335 *км*, алабынын аянты 539 *км*^{2}. Уз. 10 *км*ден ашкан 31 куймасы бар. Кар ж-а жер астындагы суулардан куралат. Май — июнь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 0,2—0,5 *м*^{3}/*сек*. Сыр-Дарыяга жетпей сугатка бөлүнүп кетет. Боюнда Исфана кыш. жайгашкан.

ИСФАНА — тарыхый аймак. Лейлек р-нунун борбору Исфана кыш-нын айланасында. Исфана кыш-нын борбо рунда суунун сол өйүзүндө 9—16-к-га таандык Исфана шаар чалдыбары, Кара-Булак кыш-нда Кара-Булак шаар чалдыбары, андан түштүгүрөөк Кара-Булак мүрзөлөрү жайгашкан. Аймак байыркы мезгилдерден бери Уструшаны рустагына кирген. Бул жерден Уструшаны рустагынан Ферганага сообда жолу өткөн.

ИСФАНА — Лейлек р-нундагы Исфана айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Самат, Голбо, Большевик, Гагарин, Акбулак, Чкалов кыш. да карайт. Сүлүктү ш-нын түш. тарабында, Кара-Суу өзөнүнүн боюнда, д. ден. 1350 *м* бийиктикте жайгашкан. Ош ш-нан 340 *км* батыш тарапта, Пролетарск темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 42 *км*. Калкы 12 179 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Нан з-ду, кондитер цехи, нефть база, кирпич з-ду иштейт. Төрт орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайдын филиалы, маданият үйү, турмуш-тиричилик комбинаты, кинотеатр, 2 клуб, 4 китепкана, р-ндук ооруканa, санитария-эпидемиология станциясы, тарых ж-а край таануу музейи, мейманкана ж. б. бар.

ИСФАН-ЖАЙЛОО ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин бир тармагы, Кара-Суу (чыгыш), Кайыңды ж-а Кара-Үңкүр сууларынын суу бөлгүчү. Базар-Коргон ж-а Ленин р-ндорунун аймагында. Уз. 34 *км*, туурасы 6 *км*. Д. ден. орт. бийикт. 3000 *м*, эң бийик жери 3701 *м*, кыры негизинен тайпак келип, б. түздүктүн калдыктары кездешет. Капталдары кокту-колоттуу, капчыгайлуу (Эспе, Жаңгакты) ж-а тик. Тоодон Жаңгакты, Шалдырак, Эспе, Кайыңды-Суу (Кара-Суунун куймалары), Кызыл-Үңкүр суулары башталат. Негизинен карбон м-н девондун андезит-базальттуу порфирит, туф, кумдук, сланец, конгломерат тектеринен турат. Ландшафтына токой, бадалдуу талаа ж-а шалбаалуу талаа (2600—2700 *м*ге чейин), жаңгак токойлуу, бийик чөптүү шалбаа (3000—3500 *м*), андан жогору нивалдык-гляциалдык алкактар мүнөздүү. Жайыт, айрым жерлери чабынды катары пайдаланылат.

ИСФАРА — Кыргыз, Тажик ж-а Өзбек ССРлеринин аймагындагы суу. Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталып, Чоң Ферганa каналына куят. Уз. 130 *км*, алабынын аянты 3240 *км*^{2}. Ири куймалары: Жиптик, Кишемиш, Теминген ж. б. Апрель — сентябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 16,4 *м*^{3}/*сек*. Эң көп чыгымы 48,1 *м*^{3}/*сек*, эң азы 4,2 *м*^{3}/*сек*. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Исфара ш. жайгашкан.

ИСФАРА (Ас пара, Испара)— Фергананын түш.-батыш бөлүгүндөгү тоолуу тарыхый аймак. Истархи ж-а Ибн Хаукалдын (9—10-к.) эмгектеринде таш көмүр кенине бай аймак катары эскерилет. Аймактын башкы шаарлары — Бамкахуш, Тамахуш. И. 15-кдагы шаар катары Бабурдун эмгектеринде да эскерилет.

ИСФАРА ӨРӨӨНҮ Түркстан кырка тоосунун түн. капталында, Кыргыз ССРи м-н Тажик ССРинин чек арасында. Уз. 82 *км*, орт. жазылыгы 32 *км*. Басымдуу бийикт. 3200—3600 *м*, эң жапыз жери 830 *м*. Өрөөндүн төм. бөлүгүн адыр сымал жапыз тоолор, жог. (түш.) бөлүгүн капталдары тик, кууш капчыгайлуу бийик тоо түзөт. Түн. жагы палеоген ж-а неоген мезгилдеринде пайда болгон кум м-н чоподон, түш. бөлүгү палеозойдун кристаллдуу (акиташ теги, сланец, кумдук) тоо тектеринен турат. Климаты континенттик; июль айынын орт. темп-расы 21,9°С. Жылдык жаан-чачыны 112 *мм*, тоолуу бөлүгүндө 200—350 *мм*. Агын суулары: Исфара ж-а анын куймалары (Каравшин, Кишемиш, Киндик ж. б.). Өрөөндүн башында жалпы аянты 88,7 *км*^{2} болгон 34 чакан мөңгү бар. Кумдак күрөң топурак басымдуу. Түн. жагына эфемер шыбактуу чөл ж-а кургак талаа ландшафт мүнөздүү; тоо беттеринде бетеге, кылкан чөп, тарак баш, арча, бадал өсөт. Бийик тоолуу бөлүгүн субальп ж-а альп тилкелери ээлейт. Өрөөндө Исфара ш. (Өзбек ССРи) жайгашкан. Жайыт катары ж-а дыйканчылыкка пайдаланылат.

К

КАБАРЧЫ ПУНКТТАРЫ. Ош ш-нда Кыргыз Телеграф Агентствосунун, Кыргыз мамл. телекөрсөтүү ж-а радио-

уктуруу к-тинин, респ. газеталардын («Советская Киргизия», «Советтик Кыргызстан» ж-а «Мугалимдер газетасы») К. п. иштейт. Кыргыз ТАГдын К. п. (Ош ш., Свердлов көчөсү, 329) 1937-ж. уюшулган. Борбордук респ. ж-а бүткүл союздук басмага, ТАССка материал даярдайт; штаттан тышкары кабарчылары бар. Кыргыз ССР мамл. телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу к-тинин К. п. (Ош ш., Кара-Суу көчөсү) 60-жылдардан иштей баштаган. Кийин Кыргыз респ. радиоуктуруу ж-а телекөрсөтүүнүн кабарчылары кыдырып иштеген. 1976-ж. кайра уюшулган. Ай сайын радиоуктуруулар үчүн 38 минуталык материалдар ж-а телекөрсөтүүгө 3—5 киносюжет даярдалат. 1971-ж. «Мугалимдер газетасынын» (Ош ш., Свердлов көчөсү), 1984-ж. «Советская Киргизия» ж-а «Советтик Кыргызстан» газеталарынын (Ош ш., Ленин көчөсү) К. п. түзүлгөн.

«КАДАМЖАЕЦ» — Фрунзе ш. т. п-ндагы спорт клубу. М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинатынын физкультура уюмунун базасында уюшулган. Спорт зал, чуркоо жолу (уз. 400 *м*), секирүү ж-а снаряд ыргытуу секторлору, футбол талаасы, баскетбол, волейбол, городки, теннис ойноочу аянтчалары, 1500 орундуу стадиону бар. «К.» спорт клубу түзүлгөндөн бери СССР спортунун 3 мастерин (Н. Чащина — спорттук гимнастика; Ю. Фомин — городки, В. Казанцев — тоо туризми), 450дөй спорттун мастерлигине кандидатты ж-а 1-разрядчыларды даярдаган. Клуб 3 миңден ашык физкультурниктер м-н спортсмендерди бириктирет.

КАДАМЖАЙ СУРЬМА КЕНИ—Фрунзе р-ндагы сурьма чыгуучу жер. Алай кырка тоосунун түн. капталында, Шаймерден суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Кен байыртадан эле белгилүү болгон. 1914-ж. А. А. Чернов м-н С. П. Александров изилдеген. 1933-жылдан геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлө баштаган. Кен аймагын силур, девон ж-а карбондун карбонат, терриген чөкмө тоо тектери (сланец, кумдук, гравелит, акиташ теги) түзөт. Руда негизинен карбондун акиташ теги м-н девондун сланецтери кошулган жерде, тектоникалык процесстерден пайда болгон роговик-жаспероид брекчияларында топтолгон. Кен зонасынын уз. 2 *км;* 600 *м* тереңдикте жатат. Брекчия кабаттарынын калың-дыгы 25—30 *м*ге жетет. Руда тулкусу негизинен татаал кабатча, кээде тарам же линза түрүндө. Руда өтө чачкын же бардык жерде бирдей таралбаган. Аны түзүүчү нег. минерал — антимонит. Мындан тышкары пирит, сфалерит, галенит, халькопирит ж. б. минералдар кездешет.

КАДАМЖАЙ СУРЬМА КОМБИНАТЫ, Эмгек Кызыл Туу орденүү М. В. Фрунзе атн. К. с. к. (Фрунзе р-ну, Фрунзе ш. т. п.). СССР түстүү металл министрлигинин сурьма-сымап тармагына кирет. 1925-ж. «Сейрек элементтер» трестинин кен издөө партиясы 1914-ж. ачылган кендин биринчи схемасын түзгөн. 1936-ж. тажрыйбаө. ж. з-ду курулган. 1940-ж. СССР Жог. Советинин Президиумунун Указы б-ча ишканага М. В. Фрунзенин ысмы берилген. 8-беш жылдыктын тапшырмаларын аткарууда жетишкен ийгиликтери үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 14 түрдүү продукция чыгарат (1985), сурьма ж-а анын кошулмаларын алуу б-ча өлкөлөрдөгү алдыңкы ишкана болуп эсептелет. Комбинаттын системасында кен казып алуу, кен ылгоо ж-а металлургиялык өндүрүштөр, көмөкчү цехтер комплексинин 2 кен башкармасы (Кадамжай ж-а Терек-Сай кен башкармалары) иштейт. 60-жылдары Кадамжай металлынын эң мыкты маркалары дүйнөлүк эталон катары таанылган. Комбинаттын продукциялары Осака, Дамаск, Лейпциг, Монреаль, Брюссель ш-ндагы көргөзмөлөрдө көрсөтүлгөн; чет өлкөлөргө көп экспорттолот. Анын 87%тен ашыгы Мамл. сапат белгиси м-н чыгарылат. Кен казып алуучулар, кен ылгоочулар, металлургдардын арасында эмгегине жараша СССРдин ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган, Ардактуу кен казып алуучу ж-а Ардактуу металлург наамдары ыйгарылган жерг. улуттук кадрлардан Соц. Эмг. Баатыры С. Тешеев, СССР Жог. Советинин депутаты З. Маматов ж. б. бар. Иштегендердин үлүшүнө көбүрөөгү коммунисттик эмгектин ударниги. В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейине карата юбилейлик Ардак грамотасы, СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына карата юбилейлик Ардак белгиси м-н сыйланган. Маданият сарайы, эмгекке даңк музейи, геология музейи, «Кадамжаец» спорт клубу, алдын алуу санаторий-профилакторийи, эс алуу жайы, бала бакчалары, пионер лагери, көмөкчү чарбасы бар.


А. Кадыров


А. Казаков


Т. Кайназаров

КАДЫРОВ Абдулхамит (1930-ж. т., Араван р-ну, Араван кыш.)— пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. 1948-жылдан Араван р-ндагы «Коммунизм» к-зунун пахтачылык бригадасында звено башчысы, 1956-жылдан бригадир, 1959-ж. к-здун председатели, 1960-жылдан дыйканчылык бригадасынын бригадири. 1957-ж. анын звеносу 15 *га* пахта аянтынын ар гектарынан 67 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган.

КАДЫРОВ Зайдулла (1886, туулган ж-а өлгөн жери, жылы белгисиз) — Кырг-нда рев-ячыл кыймылдын жетекчилеринин бири. Сүлүктүдө Совет бийлигин орнотууга ж-а чыңдоого катышкан. 1918-жылдан Компартиянын мүчөсү. Сүлүктү көмүр кенинде иштеген. 1917-ж. мартта кенде социал-демократиялык топту түзүүнүн демилгечилеринен болуп, аны большевиктештирүү үчүн күрөшкөн. 1917-ж. Сүлүктү жумушчу депутаттар советинин председатели, «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзун түзүү б-ча уюштуруу съездинин делегаты, Сүлүктү заводдук к-тинин мүчөсү. 1918—29-ж. Сүлүктү тоо-кен башкармасында жетекчи кызматта: Сүлүктү р-ндагы большевиктер тобун ж-а ячейкасын уюштуруучулардан, Түркстан компартиясынын Сүлүктү р-ндук к-тинин президиумунун мүчөсү. 1921-ж. Сүлүктү р-ндук парт. к-тинин жооптуу секретары.

КАЗАКОВ Абдуллажан (1906, азыркы Өзбек ССРи, Анжиян обл., Пахта-Абад р-ну, Маданият кыш. — 1976, Ленин р-ну, Бүргөндү кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1933-жылдан Ленин р-ндагы К. Маркс атн. к-здун пахтачылык бригадасында звено башчысы. 1955-ж. анын звеносу 88 *га* пахта аянтынын ар гектарынан 45 *ц*ден, 1956-ж. 48,3 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

КАЗЫК ӨРӨӨНҮ Алайкуу кырка тоосунун батышында, Совет р-нунун аймагында. Уз. 40—50 *км,* туурасы 10—15 *км*. Д. дең. орт. бийикт. 2600 *м*. Тоголок-Таш, Кара-Чомолок, Кызыл-Агын, Миң-Теке, Бугу-Булак ж. б. тоолор м-н бөлүнгөн үч өрөөндөн (Чоң-Казык, Кичи-Казык, Орто-Казык) турат. Жог. бөлүгү жазы, төмөн жагы кууш капчыгайлуу. Негизинен силур м-н девондун акиташ теги, сланец, гранит, гнейс тектери таралган. Жайы салкын (июлдун орт. темп-расы 15°С), кышы суук (январдыкы —13°С). Жылдык жаан-чачыны 450—500 *мм*. Суулары: Чоң-Казык, Орто-Казык, Кичи-Казык. Токойлуу талаа (2100—2300 *м*), токой (2300—2900 *м*), субальп (2900—3200 *м*) ж-а альп (3200—3900 *м*) ландшафт алкагы мүнөздүү. Жайыт.

КАЙНАЗАРОВ Толубай (1900, азыркы Өзгөн р-ну, Татты-Булак кыш.) — дыйкан, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун 1933-ж. «Эркин» к-зунда иштөөдөн баштаган. 1943—45-ж. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1945-жылдан Өзгөн р-ндагы «Куршаб» с-зунун дыйканчылык бригадасында звено башчысы. 1947-ж. ал башкарган звено 18 *га* буудай аянтынын ар гектарынан 31,72 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган. 1960-жылдан пенсияда.

«КАЙНАР» — Өзгөн р-ндагы совхоз (борб. чарбагы: Ленин кыш.). 1979-ж. «Куршаб» с-зунун музоо асыроо комплексинин базасында түзүлгөн. Чабал музоо-торпокторду асыроого адистештирилген. 16,5 миң *га* (а. и. 15,2 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 3,6 миң бодо мал, 9,4 миң кой-эчкиси бар (1986).

КАЙРАГАЧ — б. з. 1—6-к-на таандык тургун жай. Ленин р-ндагы Кайрагач кыш-на жакын Кожо-Бакырган-Сай суусунун сол өйүзүндөгү кууш тектирчеде жайгашкан. 1958-ж. Ю. А. Заднепровский ачкан. 1969-жылдан Г. А. Брыкина изилдөөдө. Тургун жайдын борб. бөлүгүндөгү чарбакты казган.



Ө. Кайыпов



Н. С. Калашников

Бул жакшы чыңдалган төрт бурч формасында 6 бөлмөдөн турган имарат. Ар кандай мезгилдерде курулган турак жайлар, чарбалык ж-а сыйынуучу жайлар бирдиктүү архитектуралык комплекси түзөт. Ар кандай көлөмдөгү бөлмөлөрдүн бардыгы коридорго тегерете курулган. Бөлмөлөрдүн аянты 13—15 $м^2$, айрымдары гана 25 $м^2$ден. Бөлмөлөрдүн бардыгынан карапалар табылган. Карапалардын көбүндө тамга басылган. Алгачкы мезгилдерде имараттын астында түштүктөн түндүктү карай төмөндөп сууга чыккан тепкичтүү өткөөлү болгон. Имарат суу м-н жакшы камсыз кылынып турган. Анын чыгыш бөлүгүндө көлмөлөрү бар чоң короо болгон. Имараттардын биринен терең кудук табылган. Имараттын борб. бөлүгүндө 5 бөлмөдөн турган храм болгон, алардын үчөө биринен бирине өтүүчү эшик аркылуу байланышкан. Биринчи бөлмөнүн батыш бурчунда төрт чарчы чоң бөлмөгө өтүүчү эшик болгон. Адамдардын ар кандай скульптуралары табылган.

КАЙРАГАЧ МЕЧИТИ — Лейлек р-нунун Кайрагач кыш-ндагы архитектуралык эстелик. Гузар (маала) тибинде салынган жалпак чатырлуу чакан имарат. Кышкы жабык бөлмөдөн ж-а жыгач тиреөчтөргө жабылган чатырлуу айвандан турат. Имарат бышырылбаган кыштан ж-а паксадан тургузулган. Кышкы бөлмөсүнүн төбөсүнө устундар — аарчылган жумуру жыгачтар жаткырылып, шыбына ар кандай өсүмдүк сүрөттөрү м-н геометриялык оймо-чиймелер тартылган. Дубалдары анча терең эмес оймо-чиймелер м-н кооздолгон. Болжол м-н 19-к-дын аягы —20-к-дын башына таандык.

КАЙЫҢДЫ-БУЛАК — Совет р-нундагы суу. Алайкуу кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Уз. 36 *км*, алабынын аянты 240 $км^2$. Тардын жог. агымы Алайкууга сол жактан куят. Алабынын д. дең. орт. бийикт. 3100 *м*. Башталышы Кыздар аталат. Өрөөнү карагай токойлуу. К.-Б-ка оң жактан 6 суу куят. Жылдык орт. чыгымы 1,33 $м^3/сек$, эң чоң чыгымы июнь-июлда, эң азы мартта байкалат. Суратка пайдаланылат. Жээгинде Кайың-Талаа кыш. жайгашкан.

КАЙЫҢ-СУУ КЕНИ — Чаткал р-нундагы чопо кени жаткан жер. Каныш-Кыя кыш-нан 1,5 *км* түн. тарапта, Чаткал кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. 1982-ж. табылган. Кен аймагында антропогендин борпоң чөгүндү тоо тектери кеңири таралган. Чопо катмары элювий чөгүндүсүнөн пайда болуп, өңү саргыч күрөң, боз. Калыңдыгы 0,8—8,8 *м*, уз. 1,5 *км*. Гранулометриялык составы: күлбото 41—44%, кумдуу чопо 18—22%, глинозём 10,8—14,6%, карбонаттар 13,1—16,3%. Нымдалганда жакшы чоюлат. Суу сиңиримдүүлүгү 24,5—30,1%. Запасы 219 мин *м*.

КАЙЫПОВ Өскөнбай (1911, азыркы Ленин р-ну, Бүргөндү кыш. —1987, Майлы-Сай ш.) — а. ч. өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. 1931-ж. к-зго кирген. 1932-жылдан чарбалык уюмдарда ар кандай кызматтарда иштеген. 1951-жылдан Ленин р-нундагы К. Маркс атн. к-здун председатели. Ал жетектеген к-з 1954-ж. 800 *га* пахта аянтынын ар гектарынан 37,3 цден, 1956-ж. 38,3 цден түшүм жыйнап алган. Чарбада коомдук малдын саны көбөйүп, кунардуулугу бир кыйла артканын. Эки Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган. 1954—58-ж. СССР Жог. Советинин, 1963—67-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

КАЛАМАН-ТАГ КЕНИ — Кара-Суу р-нундагы акиташ тоо теги чыккан жер. Ош ш-нан 15 *км* батыш тарапта, Каламан-Таг тоосунун түш. капталында. 1954-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагын девон мезгилинде пайда болгон акиташ, сланец, кумдук тектери түзөт. Пайдалуу катмардын калыңдыгы 87 *м*, уз. 3,5 *км*. Акиташ теги боз, агыш түстө. Акиташ тегин 1230°С темп-рада бышырса аз магнезиялуу 1-сорттогу акиташ алууга болот. Запасы А категориясы б-ча 2368 миң *т*, В категориясы б-ча 514 миң *т*.

КАЛАШНИКОВ Николай Семёнович (1918, Пишпек ш.—1944, Каунас ш.) — *Сов. Союз.* Баатыры (1945). 1942-жылдан КПСС мүчөсү. Фрунзе айыл чарба техникумун бүтүрүп, Өзгөн р-нундагы Ленин кыш-нда зоотехник болуп иштеген. 1935-ж. Ош шаардык аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Ташкендеги В. И. Ленин атн. жөө аскер командирлер окуу жайын бүтүрүп (1938), ошол окуу жайда иштеген. 1942-ж. М. В. Фрунзе атн. Аскер Академиясын бүтүргөн. 1942-ж. май айынан Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Гвардиялык 19-танкалык бригаданын моторлоштурулган автоматчылар батальонунун командири. 1944-ж. Селец-Бобр айгагындагы (3-Белорус фронту) салгылашта командир катары өзүнүн жөндөмдүүлүгүн ж-а каармандык көрсөткөн. Анын батальону Березина дарыясынан биринчи болуп өтүп, душмандын жүгү м-н 190 автомашинасын, 500 арабасын, өзү жүрүүчү 5 замбиректин, 35 бронетранспортёрун, 2 батареясын, 2 темир жол эшелонун талкалаган ж-а колго түшүргөн.

КАЛДАМА АШУУСУ Фергана тоо тизмегинде, Көгарт сууларынын башында. Д. дең. бийикт. 3062 *м*. Тоо кырларынын ашуудан салыштырмалуу бийикт. 300—400 *м*. Негизинен силур-девондун акиташ теги, мрамор, сланец тектеринен турат. Ашуу июлдан ноябрдын башына чейин ачык. Ал аркылуу Ош обл-н Нарын обл. м-н байланыштырган авт. жолу өтөт. Ашуунун мойногу түзөң шагылдуу ж-а кумдуу, түн.-чыгыш капталы тигирээк. Чарбачылыкта мааниси чоң.

КАЛИНИН М. И. БЮСТУ. Фрунзе р-нундагы М. И. Калинин атн. к-здун башкармасы жайгашкан имараттын алдында 1974-ж. орнотулган. М. И. Калининдин 0,5×0,4 *м* көлөмүндөгү интерьер үчүн жасалган бюсту (аны скульптор С. Шапошников 1965-ж. мрамордон жасаган) параллелепипед формасында, бийикт. 2 *м* постаментке жайгаштырылган. Постаменттин үстүнкү бети темир-бетондон ташка окшоштурулуп жасалган.

КАЛМУРЗА-ТӨР КЕНИ — Кара-Суу р-нундагы тоо хрусталы жаткан жер. Папан кыш-нан 18 *км* түш.-чыгыш тарапта, Ак-Буура ж-а Гүлчө сууларынын аралыгында. 1966-ж. табылып, изилденген. Кен аймагында лава тоо тектери таралган. Алардын арасында сүттөй аппак кварц тарамдары (20) кезигет. Тарамдардын калыңдыгы 0,2—0,5 *мге*, чанда 3 *м*, уз. 5—300 *м*. Бул тарамдарда топтошкон тоо хрусталынын кристаллдары кезигет. Алардын өлчөмү 3×1 *смге* чейин. Кристаллдар тригон, призма түрүндө, төбөсү ромбоэдр. Тоо хрусталынан зергерлик баалуу ж-а кооз белектик буюмдардын көптөгөн түрүн жасоого болот.



А. Камчыбеков

КАЛЧА ПИРОКСЕНИТ КЕНИ Баткен р-нунда, Калча кыш-нан 4 *км* түш.-чыгыш тарапта, Сох дарыясынын сол өйүзүндө. 1973—75-ж. табылып, изилденген. Кен силур мезгилинде пайда болгон сланецтин арасында жайгашкан, 50×160 *м* аянттагы пироксенит штогунан турат. Пироксенит ири кристаллдуу, ачык жашыл түстө. Иретсиз жайгашкан кристаллдар тоо текке ар кандай иреңдеги кубулжуган чаар ала кооз түстү берип турат. Таш өтө жаракалуу, ошондуктан блок дээрлик чыкпайт. Оңой сайкалданат. Запасы 1,5 млн $м^3$. Майда кооз буюмдарды жасаса болот.

КАЛЧА СЕЛЕНИТ КЕНИ Баткен р-нунда, Калча кыш-нан 4—6 *км* чыгышта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде. 1970-ж. табылып, 1970—72-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон кумдук, чопо, акиташ тектери түзөт. Селенит калыңдыгы 30—35 *м* акиташ тегинин арасында линза, уя түрүндө жатат. Мында 20га жакын селенит линзасы табылып, алардын калыңдыгы 20 *смге* чейин. Кызгылтым, мала кызыл түстө. Була сымал майда кристаллдардан турат. Запасы 10 млн *т*дай. Кооз белек буюмдарын жасаса болот.

КАМАН МӨҢГҮСУ — Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Кызыл-Суунун (батыш) алабында жайгашкан. Уз. 12 *км*, аянты 27 $км^2$. Мөңгүнүн башы д. дең. 6700 *м*, этеги 3700 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300 *м*. Мөңгүдөн Каман суусу (Кызыл-Суунун сол куймасы) башталат.

КАМЧЫБЕКОВ Айты (1915, азыркы Өзгөн р-ну, Татты-Булак кыш.) — дыйкан, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Эм-



К. Камчыбеков

гек жолун 1932-ж. к-здо иштөөдөн баштаган. 1944-ж. Өзгөн р-нундагы «Эркин» к-зунда дыйканчылык бригадасында звено башчысы. 1947-ж. ал башкарган звено 24 *га* буудай аянтынын ар гектарынан 31,6 ц-ден түшүм алган. Ленин ордени м-н сыйланган.

КАМЧЫБЕКОВ Кадырбек (1882, Ош уезди, Алай-Гүлчө болушу, Дүйшаалы айылы — 1937, өлгөн жери белгисиз)— Совет бийлигин орнотууга активдүү катышуучу. Кыргыз каншасы атыккан Курманжан датканын небереси. 1921-жылдан Компартиянын мүчөсү. 1918—20-ж. Кашкар-Кыштак болуш советинин председатели. 1921—23-ж. басмачыларга каршы күрөшүүчү Гүлчө ыктыярдуу милиция отрядынын командири. Гүлчө-Алай аймагында күч алган басмачыларды талкалоого катышкан. Басмачыларды талкалоодо отряддын күчүн билгичтик м-н пайдаланган-дыгы ж-а каармандыгы үчүн Кызыл-Жылдыз ордени менен сыйланган.

КАН — Кокон хандыгынын чеби. Баткен р-нунун аймагында 18-к-дын аягы —19-к-дын орто ченинде Кытайдын чек арасына жакын бийик дөңсөөдө тургузулган. Бажыкана ж-а айланасындагы көчмөн калктан зекет чогултуучу жер катары кызмат кылган. Анда Кокон хандыгына каршы көтөрүлүштөрдү басуу үчүн гарнизон турган. Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин бул чеп пайдаланылбай калган. Ал тик тектирде жайгашкандыктан, жакшы сакталган. Азыр паксадан тургузулган дубалдарынын айрым жерлери, мунараларынын кумпалары, ички курулуштары урап калган. Сакталып калган дубалдарынын бийикт. 2—2,7 *м* (алгачкы бийикт. 3,2 *м*), дубалдарынын жазылыгы түбүндө 0,8 *м*, үстүндө 0,3 *м*. Дубалдарында (0,7 ж-а 1 *м* бийиктикте) 2 катар чакмак тартибинде жайгашкан ок атуучу тешиктер болгон. Чептин түш. бөлүгү чарбалык иштер үчүн курулса керек, түн. бөлүгүнүн бурчтарында ж-а ортосунда мунаралар тургузулган. Алар чептин түш. бөлүгүнөн түн. бөлүгүнө кишини өткөрбөй тосуп турат. Чептин ортосунда дубалга жанаша салынган таш пайдубал сакталган. Түн.-батыш бөлүгүндө төрт бурчтуу 3 курулуштун калдыктары бар. Чептин ичинде дубалга жабыштырыла салынган үйлөр болгон. Чептен орто кылымга ж-а Кокон мезгилине мүнөздүү карапа сыныктары табылган. Курулуштардын калдыктары, карапа сыныктары бул аймакты калк орто кылымда эле мекендегендигин айгинелейт. Чепти археологдор М. Э. Воронец, Т. Г. Оболдуева, Ю. Д. Баруздин, Ю. А. Заднепровский, Д. Ф. Винник изилдеген.

КАН АКИТАШ КЕНИ Фрунзе р-нунун аймагында Фергана ш-нан түш.-батыш тарапта, Катырач тоосунун түн. этегинде. 1973—75-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын мезозойдун чөкмө тектери түзөт. Үлүлдүү акиташ теги бор мезгилинде пайда болуп, ичке тилке түрүндө кеңдик багытында 2—3 *км*ге чейин созулуп жатат. Калыңдыгы 10—20 *м*. Жакшы сайкалданат. Блоктуулугу жакшы. Жылмалап сайкалданган бети кочкул сары түстө болуп, кооз. Запасы 1 млн $м^3$. Имараттардын дубалын кооздоп каптоого пайдаланса болот.

КАНАЛДАШТЫРУУ. 1940-ж. обл-тын шаарлары м-н посёлкаларынын коомдоштурулган турак жай фондусунун 0,5%ине ыплас суулар агуучу куурлар орнотулган. 1985-ж. чейин шаардык коомдоштурулган турак жай фондусунун 67%и каналдар м-н камсыз кылынган. Ош, Кызыл-Кыя ш-нда каналдаштыруу тармактары бар. Уз. 54,5 *км*. 55 коллектор (а. и. Ош ш-нда 32, Кызыл-Кыя ш-нда 14, Баткен р-нунда 9 коллектор) иштейт. Алардын баары Ош суу куурлар ж-а «Сууканал» каналдаштыруу тармактар башкармасына (1981-жылдан) карайт. Шаарлар м-н ш. т. п-ларда ведомстволук канал тармактары иштейт.

КАНИГУТ ҮҢКҮРҮ (жерг. аталышы — Заук-Кур) — Баткен р-нунун аймагындагы үңкүр, тарыхый рудник, табият эстелиги. Сары-Тоонун чыгыш четинде, Самаркандек кыш-нан 18 *км* батыш тарапта жайгашкан. Кырг-ндагы эң чоң үңкүр. Үңкүрдүн жалпы уз. 3000 *м*ден ашык. Девон м-н карбондун гипстүү акиташ тектеринде пайда болгон. Катмар аралыгынын жикке ажыроосунан ж-а рудадагы карст процессинин активдешүүсүнөн, о. эле илгери руданы казып алуудан пайда болгон үңкүрлөр системасынан турат. Үңкүр жерг. калкка байыртадан белгилүү. Азыркы мезгилде кен алынган оюктар кой, ылгалып алынган тоо тектеринин калдыктарына толгон. Сталактиттер дээрлик жокко эсе. Дат сымал жошо м-н капталган 18 чоң көңдөй, терең жаракалар, көп сандаган оюктар, көптөгөн майда, тар тешиктер ж-а туннелдер бар. Капыстан табылган археологиялык табылгаларга карата окумуштуулар үңкүрдүн айланасындагы аймактарда адамдар кул ээлөөчүлүк мезгилде эле мекендегендигин аныкташкан. 6—7-к-да үңкүрдөн коргошун, темир казып алынган. Бул жерден табылган чарчы формадагы 23 фергана тыйыны 18-к-дын аягы —19-к-дын башында да руда казып алынгандыгын айгинелейт. Кокон хандыгы мезгилинде жерг. кыргыздар үңкүрдөн коргошун казып алып тургандыгы ж-дө маалыматтар бар. 1850-ж. кокондук корбашы бир нече желдети м-н үңкүрдүн оозунан белгисиз тилде жазылган жазууну көргөн. Кийинчерээк үңкүрдүн оозу бузулуп, жазуу жоголгон. «Канигут» аталышы («Ажал кени») Кокон ханы Кудаяр м-н байланыштуу, ал өлүм жазасына тартылгандарды жомокто айтылчу кенди издөө ж-а күмүш казып алуу үчүн үңкүргө түшүргөн. 1920-ж. үңкүрдү геологдор изилдешип, байыркы ж-а орто кылымдагы кен ылгоонун планы м-н разрезин түзүп чыгышкан, кирип-чыга турган эшиктерин ж-а анын өлчөмдөрүн белгилешкен. Үңкүрдүн уз. 1 *км*ден ашык. Нег. оозу 9×8 *м* өлчөмүндө, тоонун түш.-чыгыш капталындагы капчыгайга кире бериштен орун алган. Болжол м-н 1 *км*дей оң тарапта дагы бир эски оозу бар. Үңкүрдүн жанында таштан салынган турак жайдын урандылары жатат, алар кондук кенчилер жашаган жай болсо керек. Үңкүрдүн чыкчу оозу кирчү оозунан 50 *м* жогору, эң терең чуңкуру оозунан 34 *м* төмөн жайгашкан. Жарганаттар (ири така тумшук ж-а бухара, азия делдең кулак, тик кулак жарганаттар), чүткөр мекендейт. 1975-ж. геологиялык заказник болуп жарыяланган. 1976 ж-а 1984-ж. В. М. Плоских изилдеген.

КАН КУЮУ СТАНЦИЯСЫ, Ош обл. К. к. с. (Жалал-Абад ш., Мичурин көчөсү, 4). 1968-ж. Жалал-Абад шаардык К. к. с. катары ачылган. 1970-жылдан азыркыдай аталат. Кан даярдоо ж-а куюуга уюштуруу-методикалык жактан жетекчилик кылат, кан берүүчүлөрдү (донорлорду) комплекттөө, кандын ж-а препараттарды даярдоо, сактоо иштерин аткарат, обл-тагы алдын ала дарылоо мекемелерин кан ж-а препараттар м-н камсыз кылып турат, кан куюу кызматында иштегендер үчүн семинарларды уюштурат. Кан берүүчүлөрдү комплекттөө ж-а мед. жактан текшерүү, кан ж-а анын компоненттерин даярдоо, плазма кургатуу, акысыз кан берүүчүлөрдөн кан даярдоо б-ча кыдырма бригада бөлүмдөрү, клиникалык, бактеорологиялык, стандарттуу кан сары суусу, кандын белокторун фракцияга бөлүү лабораториялары бар. 14 врач, 33 мед. орто билимдүү адис, 8 инженердик-тех. кызматкер иштейт (1986). Ош шаардык К. к. с. (Ош ш., Ленин көчөсү, 157) 1977-ж. Ош шаардык оорукананын К. к. с. бөлүмүнүн негизинде түзүлгөн. 5 врач, 20 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

КАНЫШ-КЫЯ — Чаткал р-нундагы Каныш-Кыя айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл совтине Айгыр-Жал, Башкы-Терек, Коргон-Сай, Кызыл-Токой кыш. да карайт. Чаткал суусунун боюнда жайгашкан. Ош ш-нан 229 *км* түн.-батыш тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 180 *км*. Калкы 2082 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу. Нан з-ду иштейт. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жай, бала бакча, ооруканa, клуб, китепкана, медпункт ж. б. бар.

КАПЧЫГАЙ ӨРӨӨНҮ түштүгүнөн Алайкуу, Академик Адышев кырка тоолору, түндүгүнөн Фергана тоо тизмеги м-н чектешет. Уз. 80 *км*, туурасы 5—6 *км*. Таманы д. дең. 1200—2000 *м* бийиктикте жатат. Кууш капчыгайлуу, кокту-колоттуу. Фергана тоо тизмеги тарабы жантайыңкы, Алайкуу жагы тик. Негизинен палеозойдун сланец, алевролит, кум-шагыл, конгломерат, акиташ тектеринен түзүлгөн. Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 15°С), кышы суук, ызгаардуу (январдыкы — 16°С). Жылдык жаан-чачыны 300 *мм*. Өрөөн аркылуу Тар суусу агат. Негизинен талаа (1300—1600 *м*), токойлуу талаа (1600—1900 *м*), токойлуу шалбаа (1900—2500 *м*) ландшафты мүнөздүү. Дыйканчылыкта пайдаланылат. Жайыт, чабынды жерлери бар.

КАПЧЫГАЙ ПАЛЕОЛИТ КЕРКАНАСЫ — мустье доруна таандык таш курал жасоочу жай. Капчыгай өрөөнүндө, Фергана ш-нан 40 *км* түш. тарапта жайгашкан. 1956-ж. П. Т. Ко-

нөпля ачкан. 1957—59-ж. П. Т. Конопля, В. А. Ранов, 1959-ж. А. П. Окладников жетектеген палеолит отряды изилдеген. Тоонун батыш ж-а түш. капталдарынан, чокусунан иштетилген таштардын сыныктары, таш буюмдар ж-а алардын сыныктары көп табылган. 2 миңден ашык таш куралдар, нуклеус ж. б. жыйналган.

КАРА-АЛМА — кыштак, Сузак р-нундагы Кара-Алма айыл советинин борбору. Бул айыл советине Орток, Туура Жаңгак, Үрүмбашы кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 66 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 52 *км*. 1934-ж. негизделген. Калкы 866 (1987). Токой чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, медпункт, маданият үйү, китепкана бар.

КАРА-АЛМА КЕНИ — Сузак р-нундагы марганец рудасы жаткан жер. Жалал-Абад ш-нан 50 *км* түн.-чыгышта, Фергана тоо кыркасынын түш.-батыш этегиндеги Кара-Алма суусунун алабында. 1937-ж. табылып, 1942-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын мезозойдун чөкмө тектери түзөт. Руда чөкмөдөн пайда болуп, бор мезгилинин кумдук катмарында топтолгон. Ал негизинен кварц-марганец түү кумдук, чанда кумдуктуу марганец конкрецияларынын кабатчалары м-н линзаларынан турат. Марганецтин өлчөмү кумдук катмарчасында 0,35—1,93%, конкрецияларда 18%ке чейин. Негизги минералы — пиролюзит. Жалпы запасы C_1 категориясы б-ча 82 128 *т*. C_2—201 804 *т*.

КАРА-АЛМА ӨРӨӨНУ — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы кооз жер. Көгарт суусунун алабында, Сузак р-нунда. Жалал-Абад ш-нан 48 *км* түн.-чыгыш тарапта. Уз. 28 *км*, туурасы 1—2 *км*. Жалпы аянты 192 $км^2$. Д. дең. 3705 *м* бийиктикте жатат. Бийик бөлүгү аскалуу, корумшагылдуу, төм. бөлүгүнүн рельефи анча кескин өзгөрбөй, жалпак жондордон, адырлардан турат. Климаты мелүүн континенттик; январдын орт. темп-расы —2,3°С, июлдуку 23,5°С. Жылдык жаан-чачыны 900—1000 *мм*. Өрөөн аркылуу Кара-Алма суусу (Көгарт суусунун оң куймасы) агат. Төм. бөлүгүнүн (1000—2000 *м*) көбүн жаңгак, мөмө-жемиш токою, бадалдар ээлейт. Андан жогору субальп ж-а альп ландшафт алкактары жатат. Токоюнда элик, аюу, кашкулак, каман, каракур, кыргоол, кекилик, чүткөр ж. б. жаныбарлар бар. Жаңгак токойлуу К.-А. ө.— кооздугу жагынан сейрек кездешүүчү жерлердин бири. Эс алуу жайларына айланууда. Пионер лагери ж-а токой чарбасы бар. Өрөөндө Кара-Алма, Марча ж. б. кыш. жайгашкан.

КАРА-АЛМА ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Сузак р-ну, Кара-Алма кыш.). 1948-ж. «Кара-Алма» ж-а «Саты» жаңгак с-здорунун базасында түзүлгөн. Жалпы аянты 38 809 *га*.

КАРА-БАК — кыштак, Баткен р-нундагы Кара-Бак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Торпок, Чоң-Гара, Зар-Таш, Чоң-Талаа, Ак-Өтөк, Жаңы-Жер, Чет-Кызыл кыш. да карайт. Райондун борбору Баткен кыш-нан 12 *км* түн. тарапта, Исфара темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 20 *км*. Калкы 4395 (1987). Нег. чарбасы — кой багуу, жүзүм, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, амбулатория, аптека, клуб, китепкана ж. б. бар.

КАРА-БЕЙИТ — Сары-Таш ш. т. п-нан (Алай р-ну) чыгыш тарапта жайгашкан мүрзөлөр. 100дөй дөбө-мүрзөдөн турат. 1961-ж. Ю. Д. Баруздин бир нече дөбө-мүрзөлөрдү казган. Алардын бири төрт бурчтуу таш коргондор м-н тосулуп, түн.-батыш бөлүгүндө түркүк орнотулган. Адамдын сөөгү топурак көрлөргө коюлуп, таш тактылар м-н жабылган. Алар 6—8-к-да жашаган түрк уруулары на таандык. Төрт кырлуу таш түркүк өлүктүн башына орнотулган. Анда бир нече руни жазуусу м-н белгилер чегилген. Бул Түш. Кырг-ндагы эпиграфикалык жалгыз эстелик болуп эсептелет.

КАРА-БЕЛ — б. з. 1-к-на таандык мүрзөлөр. Кара-Булак кыш-нан 8 *км* түн.-батыш тарапта жайгашкан. 22дей мүрзөдөн турат. 1959-ж. Ю. Д. Баруздин казанактуу 3 дөбө мүрзөнү казган. Алардан чопо идиштер, коло күзгү, мончоктор, темир бычак, сүрмө таш, хойлордун баш сөөктөрү табылган. Мүрзөлөр жерг. чала көчмөн калктын Кара-Булак маданиятына таандык.

КАРА-БУЛАК — б. з. 1-к-на таандык дөбө мүрзөлөр. Кара-Булак кыш-нын түш. четинде жайгашкан. 900дөн ашык казанактуу жарма ж-а төрт чарчы жөнөкөй көрлүү мүрзөлөрдөн турат. 1954—59-ж. Ю. Д. Баруздин 140тай, 1976-ж. В. П. Мокрынин 20дан ашык мүрзөнү казган. Адамдын сөөгү жыгачтан жасалган табыттарга ж-а калыпка салып коюлган. Адамдын денеси

катырылып коюлган мүрзөлөр да кездешет. К.-Б. мүрзөлөрүндө жибек кездемелер, себеттер, жыгач идиштер ж. б. жакшы сакталган. Эркектердин сөөгү коюлган көрлөрдөн куралдар (жаа, жебе, темир бычак, канжар), аялдардын сөөгү коюлган көрлөрдөн ар кандай кооздук буюмдар (а. и. сабы индиялык бийчи аялдын коло статуэткасы түрүндөгү күзгү) табылган. Мүрзөлөр жерг. чала көчмөн калкка (Кара-Булак маданиятына) таандык.

«КАРА-БУЛАК» — Лейлек р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кара-Булак кыш.). 1977-ж. түзүлгөн. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. 26,1 миң *га* (а. и. 18,2 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 17,9 миң кой-эчкиси бар (1986).

КАРА-БУЛАК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Лейлек р-нунун борбору Исфана кыш-нан түш.-чыгыш тарапта, Кара-Булак кыш-нын аймагында жайгашкан. 1958—65-ж. Г. А. Брыкина казган. Жошо м-н боёлуп, оймо-чиймелер чийменген карапалар анын б. з. 1-к-нда пайда болгондугун аныктап турат. Бул жерде 6—8-к-да калк жашагандыгы 1964-ж. кыштактын түш.-батыш четиндеги чакан капканы казууда аныкталды. Кыштактын борборунан казылган сүйрү формадагы чоң дөбө 11—12-к-га таандык. Ал бир нече жолу бузулуп, кайра топурактан согулуп тургузулган бийик цоколдун үрандыларынан турат. Дөбө түндүктөн түштүктү карай 100 *м*ге созулуп жатат. Туурасы 60 *м*, талкаланган калган бийикт. 8 *м*. Түш. бөлүгүндө дөбө чоң дубалга барып такалат. Турак жайлары ж-а кампа-сарайлары төрт бурчтуу ж-а чарчы формада. Адамдар жашаган бөлмөлөрдө ар кандай супалар, очок-тор, чарбалык жайларында эгин сактаган кампалары болгон. Караханилер мамлекетинин өкүмдарларынын атынан чыгарылган (негизинен Өзгөндө) коло тыйындар, колдо ж-а станокто жасалган карапа буюмдары, идиштер, чоң май бышкычтар, металл буюмдар (темир бычак, орок, жебенин учу, канжар, тиричилик буюмдары) табылган. Айнектердин ж-а айнектен жасалган буюмдардын табылышы бул жерде айнек чыгаруунун өнүккөндүгүн айгинелейт. Дөбөдөн 400 *м* түш. тарапта карапа жасалуучу керкана, анын жанынан металл иштетүүчү керкананын калдыктары табылган. Эки жерде дөбөнү карай куурлар төшөлгөн. Бул шаар суу м-н камсыз кылынып тургандыгын айгинелейт. Рельефтин ыңгайлуу болушуна байланыштуу шаар чалдыбарынын чындоолору болгон эмес. Шаардан 4 *км* түш.-батыш тарапта гана дубал тургузулган. Азыр шаар чалдыбарынын аймагын бүт жаңы курулуштар ээлейт. Курулуш жумуштарынын учурунда табылган материалдарга караганда шаар 5 *га* аянтты ээлеген деп болжолдоого болот. Жазма даректерге караганда бул чалдыбар Асбаникат шаары деп божомолдонот.

КАРА-БУУРА КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы яшма кооз ташы жаткан жер. Кара-Буура кыш-нан 30 *км* түштүктө, Талас Ала-Тоосунун кырындагы Кара-Буура ашуусунан 2—3 *км* түштүктө жайгашкан. Кен аймагында кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон трахит-базальт, порфирит, туф, кумдук ж-а сланец тоо тектери жатат. Пайдалуу катмар яшма сымал кремнийлүү тоо тектен түзүлүп, чыгышка созулат. Калыңдыгы 50—100 *м*, уз. 1 *км*ге жетет. Яшма кара, кара күрөң түстө, ник, бир аз жаракалуу. Блоктуулугу 30×30×30 *см*ге жетет. Запасы мол. Кооз буюмдарды жасоого болот.

КАРАВАН — кыштак, Ак-Булак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Булак, Жин-Жеген кыш. да карайт. 1982-жылдан Кызыл-Кыя шаар советине карайт. Калкы 6065 (1985). Нег. чарбасы — уй багуу, жашылча өстүрүү. Кыштакта «Кызыл-Кыя» совхозуна, 3 орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, маданият үйү, кинотеатр, оорукана ж. б. бар.

КАРАВАН — Жаңы-Жол р-нундагы Караван айыл советине каштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл сове-

Караван кыш-ндагы универмаг.



тине Крупская, Коминтерн, Мамай, Устукан, Ворошилов кыштактары да карайт. Ош ш-нан 305 *км* түн.-батыш тарапта. Шамалды-Сай темир жол станциясынан 80 *км*, 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 10 670 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. 2 орто мектеп, нан з-ду, мектеп-интернат, кесиптик-тех. окуу жайы, р-ндук борб. оорукана, поликлиника, райондук санитария-эпидемиологиялык станция, турмуш-тиричилик үйү, кинотеатр, 6 бала бакча, маданият ж-а эс алуу паркы бар.

КАРАВАН ТҮЗДҮГҮ, Караван — Көк-Жар түздүгү. Алай кырка тоосунун түн. этегинде. Түндүгүнөн Дастар, Улуу-Тоо тоолору, түштүгүнөн Гаузан тоосу, чыгышынан Бел-Өрүк адырлары, батышынан Исфайрам-Сай өрөөнү м-н чектешет. Уз. 28—30 *км*, туурасы 16—18 *км*. Д. дең. бийикт. 1200—1500 *м*. Түздүк негизинен тегиз, чет-жакалары майда жылга жыбыттуу. Айрым жерлерине эрозияга учураган рельеф мүнөздүү. Палеоген-неоген ж-а антропогендин чөкмө ж-а шиленди тектери таралган. Климаты континенттик. Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 28°С). Жылдык жаан-чачыны 200—250 *мм*. К. т-ндө Абшыр-Сай ж-а Исфайрам-Сай суулары каналдарга бөлүнүп кетет. Негизинен боз топуракту. Кургак талаа ж-а талаа ландшафты мүнөздүү. Тамеки, дан өсүмдүктөр ж. б. эгилет. Түздүктө Кызыл-Кыя ш., Караван, Үч-Коргон кыш. жайгашкан.

КАРАВАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Жаңы-Жол р-нунун борбору Караван кыш-нан түш.-батыш тарапта, Борб. Ферганада Чаткал ж-а Тянь-Шанга кеткен б. кербен жолдун боюнда жайгашкан. Орто кылымдан бери «Кербен» деген ат м-н шаар ж-а дубан катары белгилүү. Аль-Мукаддаси (10-к.) ж-а Истахринин (11-к.) эмгектеринде эскерилет. Шаардын урандылары дөбө түрүндө азыркыга чейин сакталып калган. Алар Пача-Ата суусуна жакын, Караван кыш-нын тегерегинде таралган. Биринчи жолу 1948-ж. А. Н. Бернштам изилдеген. Ошол убакта радиусу 3—4 *км* аянтта 24 дөбө (Күлүк-Дөбө, Кутчу-Дөбө, Алибер-Дөбө ж. б.) болгон.

КАРАВШИН, Керавшин — Баткен р-нундагы суу, Исфара суусунун сол куймасы. Уз. 46 *км*, алабынын аянты 895 $км^2$, д. дең. орт. бийикт. 3600 *м*. Суу куралуу областына кирет. Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүдөн башталып, токойлуу капчыгай аркылуу агат. Киндик суусу (оң куймасы) кошулгандан кийин өрөөнү жайылып, жай агат. Ири куймалары: Киндик (оң), Орто-Чашма (сол). Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 5—7 $м^3/сек$, эң көбү июнь — июлда, эң азы февраль — мартта байкалат. Суугатка пайдаланылат.

КАРАГАЧ НЕФТЬ КЕНИ Лейлек р-нунун аймагында, Сүлүктү ш-нан 32 *км* түн.-чыгышта, Карагач өрөөнүндө жайгашкан. 1973-ж. табылган. Кен аймагын палеоген-неоген мезгилинин чөкмө тектери түзөт. Алар бүктөлүүлөргө дуушарланып, антиклиналдык түзүлүш пайда болгон. Нефть антиклиналдык бүктөлүүнүн түн. канатындагы 2430—2440 *м* тереңдикте жаткан неогендин майда бүртүкчөлүү кумдук ж-а алевролит тектеринде топтолгон. Нефтинин бургулоо көзөнөгүнөн чыккан дебити суткасына 192 $м^3$. Нефтинин тыгыздыгы 0,866 $г/см^3$, составындагы күкүрт 0,05%, акциздик чайыр 28,0%, селикогендик чайыр 10,6%, парафин 5,4%, кокс 0,44%, күл 0,005%ти түзөт.

КАРАГОЙ-МАЗАР — Кичи Алай тоосунун түн. капталындагы арча өскөн табигый кооз аймак. Ноокат р-нун аймагында, Карагой ж-а Мазар (Кыргыз-Ата суусунун башы) сууларынын алабынан орун алган. Уз. 30 *км*дей, туурасы 4 *км*, д. дең. орт. бийикт. 2500—2800 *м*, эң жапыз жери 1900 *м*. Аянты 200 $км^2$дей. Өрөөндүн таманы антропоген: мезгилинин борпоң чөкмө, өрөөндү караган тоо капталдары астыңкы палеозойдун акиташ теги, кремнийлүү ж-а сланец тектерине толгон. Тоо капталдары аскалуу, тик, терең кокту-колоттор көп. Карагой, Мазар суулары ж-а алардын куймалары агып өтөт. Климаты кескин континенттик, июлдун орт. темп-расы 24,8°С, декабрдыкы — 26,7°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 600—800 *мм*. Талаа (1900—2200 *м* бийиктикте; бетеге, ар түркүн чөп ж-а бадалдар басымдуу), шалбаалуу талаа (2200—3000 *м;* оскүлөң шалбаа жылгыны, буудайык, каз таман, шимүүр, кой жалбырак ж. б.), шалбаалуу токой (2200—3200 *м:* шалбаа жылгыны, шалбаа каз таманы, кой жалбырак, шимүүр ж. б.), субалпы шалбаалуу талаа (2800—3300 *м:* бетеге, шалбаа жылгыны, кымыздык, кадимки гашум, каз таман, көбүргөн, ырач ж. б.), альп шалбаа (3000—3200 *м*ден жогору; сейрек

бетеге, тоо сулусу, ырач, мамыр чөп ж. б.) ландшафт алкактары мүнөздүү. Тоолордун түн. ж-а түн.-чыгыш капталдарында арча өсөт. Мазар-Тоонун ж-а анын айланасынын кооз ландшафты эс алуу жайларын уюштурууга өтө ыңгайлуу.

КАРАГОЙ МӨҢГҮСҮ — Кичи-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы таал өрөөн тибиндеги мөңгү. Араван-Сай суусунун алабында. Уз. 7,2 *км*, аянты 4,8 $км^2$. Мөңгүнүн башы д. дең. 4800 *м*, этеги 3600 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4200 *м*. Фирн областы төрдө жатат. Этеги морена чөкмөлөрү м-н туташ капталган. Мөңгүдөн Кыргыз-Атанын башаты Карагой суусу башталат.

КАРА-ДАРЫЯ — Кыргыз ж-а Өзбек ССРлеринин аймактары аркылуу аккан дарыя, Сыр-Дарыянын сол куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталган Кара-Кулжа ж-а Алай кырка тоосунун түн. капталынан башталган Тар суулары кошулгандан кийин К.-Д. аталат. Нарын дарыясы м-н кошулуп, Сыр-Дарыяны түзөт. Башында кууш, ортосунда ж-а аягында кеңири өрөөндөр аркылуу агат. Уз. 180 *км*, алабынын аянты 30 100 $км^2$. 200гө жакын куймасы (ирилери: Жазы, Көгарт, Кара-Үңкүр, Куршаб, Араван-Сай, Абшыр-Сай), алабында 40тай көл бар. Кар, мөңгү ж-а жер астындагы суулардан куралат. Жай мезгилинде кирет. Сугатка пайдаланылат. Жылдык орт. чыгымы 121 $м^3/сек$. Эң көбү 676 $м^3/сек$, эң азы 28,9 $м^3/сек$. К.-Д-дан ж-а анын куймаларынан көптөгөн сугат каналдары (Чоң-Фергана, Отуз-Адыр, Увам, Алтыбай ж. б.) башталат. К.-Д-да Куйган-Жар тосмосу, Анжиян суу сактагычы курулган. Боюнда Өзгөн ш., көптөгөн кыш. жайгашкан.

КАРА-ДАРЫЯ ОАЗИСИ — отурукташкан дыйканчылык өнүккөн б. аймактардын бири. Кара-Дарыянын оң өйүзүндө тургун жайлардын тобу жайгашкан. 8 *км* аянтта 70ке жакын (бардыгы 90дон ашык) эстелик топтолгон. К.-Д. о. соңку коло доорунда өздөштүрүлгөн. Бул мезгилге таандык Чуст маданиятынын 3 тургун жайы бар. Тургун жайлардын көпчүлүгү Шоро-Башат маданиятына (б. з. ч. 4—1-к.) таандык. Ал мезгилде оазисте байыркы канал (азыркы Өзгөн-Арык) курулган ж-а оазистин борбору Кара-Дарыя шаар чалдыбары болгон. Орто кылымга таандык 3 тургун жайдын бирин Ю. А. Заднепровский изилдеген.

КАРА-ДАРЫЯ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ — Шоро-Башат маданиятына таандык (б. з. ч. 4—1-к.) археологиялык эстелик. Кара-Дарыянын оң өйүзүндө, Тар ж-а Кара-Кулжа сууларынын кошулган жеринде жайгашкан. Тегерете аң м-н курчалган, чарчы формада, аянты 10 *га*дай. Батыш тарабындагы дубалына жакын цитадель жайгашкан. 1958—59-ж. Ю. А. Заднепровский казган.

КАРА-ДӨБӨ — кыштак, Фрунзе р-нундагы Кара-Дөбө айыл советинин борбору. Бул айыл советине Көң, Кожо, Валакыш, Какыр кыш. да карайт. Кадамжай — Кызыл-Кыя авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 37 *км* чыгыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 7 *км*. Калкы 3657 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КАРА-ДӨБӨ КЕНИ — Өзгөн р-нундагы таш көмүр жаткан жер. Өзгөн ш-нан 68 *км* чыгыш тарапта, Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталында. Кен жерг. элге илгертен эле белгилүү. 1941—45-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен 20 $км^2$ чамасындагы аянтты ээлейт. Кен аймагына негизинен юра мезгилинде пайда болгон тоо тек катмарлары тараган. Көмүр негизинен кумдук, алевролит, аргиллит тоо тектеринин арасында жатат. Мында көмүрдүн 22 катмары бар, алтоонун калыңдыгы 0,5 *м*ден ашат. Көмүр жог. сапаттуу. Күйгөндө 24,56 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы 98,6 млн *т* (1973).

КАРА-ЖАР — Совет р-нундагы Кара-Кулжа суусунун оң өйүзүндө уз. 2 *км* тилкеде чар-жайыт жайгашкан мүрзөлөр. 1954-ж. Ю. А. Заднепровский 10 мүрзөнү казган. Жапма көрлөрдө адамдардын сөөгү м-н кошо Шоро-Башат маданиятына таандык кооздолгон идиштер, ийик, сарматтардын жазы алкактуу коло күзгүлөрү, мончоктор ж. б. көмүлгөн. Шоро-Башат маданиятына таандык табылган идиштер бул дөбө мүрзөлөр Ферганадагы жапма көрлүү мүрзөлөрдүн ичинен эң алгачкыларынан экендигин далилдейт.

КАРА-ЖЫГАЧ — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Кара-Жыгач айыл советинин борбору. Бул айыл советине Сыны, Тор-Камыш, Чарба, Дардак-Дө-

бө, Кара-Ой, Кызыл-Бейит, Разан-Сай, Күрп-Сай кыш. да карайт. Афлатун суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Караван кыш-нан 35 *км* түн.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 90 *км*. Калкы 956 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал (негизинен эчки) багуу. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КАРА-ЖЫГАЧ — кыштак, Фрунзе р-нундагы Майдан айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Кыштак, Пум, Аустан, Майдан, Кароол, Керегеташ кыш. да карайт. Алай кырка тоосунун этегинде, Исфайрам-Сай суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 55 *км* чыгыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 20 *км*. Калкы 1663 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб ж. б. бар.

КАРА-ЖЫГАЧ АСКАЛАРЫ — табият эстеликтери, аскалар. Жаңы-Жол р-нундагы Жаңы-Жол кыш-нын жанында, Кара-Суунун сол өйүзүндө. Уз. 1 *км*, бийикт. 50 *м*ге чейин жетет. Үбөлөнүүнүн натыйжасында кызыл кумдуктардан көптөгөн кароол мунаралуу чепти элестеткен урчуктар, мамылар, аскалар пайда болгон. 1975-жылдан геологиялык заказник.

КАРА-КАЗЫК МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Шаймерден суусунун сол курамы Ак-Суунун алабында жайгашкан. Уз. 4,6 *км*, аянты 3,6 *км*, көлөмү 0,16 *км*^{3}. Мөңгүнүн башы д. дең. 5000 *м*, этеги 3800 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4160 *м*. Мөңгүдөн Кара-Казык суусу башталат да, Арча-Башы суусу м-н кошулуп, Ак-Сууга оң жактан куят.

КАРА-КАМАР — Мархамат мадания-тына (б. з. 1—4-к.) таандык тургун жай. Лейлек р-нунун борбору Исфана кыш-нан батыш тарапта, Ак-Суунун кичи куймасынын боюнда жайгашкан. 1956-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Жер бетинен байкалбайт. Жар боорунан маданий катмары кездешип, андан оймо-чиймелер түшүрүлүп, жошо м-н боёлгон карапалар табылган. Бул Кырг-ндын түштүгүндө мындай карапалар таркаган жерлердин эң четки батыш бөлүгү болуп эсептелет. Жардын боорунан табылган мүрзөдө баланын сөөгү м-н кошо 3 карапа идиш коюлган.

КАРАКОЛ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — көмүр кычкыл газдуу минералдуу муздак булактар. Фергана тоо тизмегинин батыш ж-а чыгыш капталдарында. Булактардын жер астынан агып чыгып, газ бөлүп турганы жерг. элге илгертеден белгилүү болсо да, анда геологиялык жумуштар 1951-ж. жүргүзүлгөн. Булактар тоонун эки капталында бол. гондуктан, алар Батыш Каракол ж-а Чыгыш Каракол деп аталат. Батыш Каракол Ош ш-нан 150 *км* чыгыш тарапта, Кара-Кулжа өрөөнүнүн батыш жагындагы Каракол суусунун оң өйүзүндө, д. дең. 3100 *м* бийиктикте. Мында юра мезгилиндеги алевролит-м-н кумдук тоо тек катмарлары антиклиналь бүктөлүүсүн түзүп жатат. Суу жер бетине бүктөлүүнүн оң канатынан булак түрүндө чыгат. Чыгыш Каракол Ат-Башы кыш-нан 115 *км* түш.-батыш тарапта, Арпа суусунун сол куймасы Караколдун боюнда, д. дең. 3250 *м* бийиктикте. Мында силур мезгилиндеги мраморлошкон акиташ тектери синклиналь бүктөлүүсүн түзөт. Суу бүктөлүүнүн борб. бөлүгүндөгү тектоникалык жарака аркылуу, шагыл таштардын арасынан жер бетине булак түрүндө агып чыгат. Булактардын дебити 0,4—5 *л/сек*. Химиялык составы ж-а физикалык касиеттери б-ча бул эки булак бири биринен анча айырмаланбайт. Суу муздак (5°—9°С), тузсуз, жытсыз, даамы кычкыл (pH—6,5) келип, составы гидрокарбонат-кальций-магнийлүү. Жалпы минералданышы 0,91—1,16 *мг/л*. Суудан көмүр кычкыл газы бөлүнүп турат. Анын эрүү түрүндө суудагы өлчөмү 560—916 *мг/л* (Батыш Каракол), 360—963 *мг/л* (Чыгыш Каракол). Батыш Каракол булагынын суусу минералданышы, химиялык ж-а газ составы б-ча Кавказдагы белгилүү «Боржомиге» (Екатаран булагы) жакын, ал эми Чыгыш Каракол нарзан сууларына кирет.

КАРА-КОРУМ — Чаткал р-нундагы суу, Чаткалдын оң куймасы. Уз. 33 *км*, алабынын аянты 125 *км*^{2}. Пскем кырка тоосунун түш.-чыгыш капталынан агып түшөт. Алабынын д. дең. орт. бийикт. 2850 *м*. Жети куймасы бар; ириси — Чолок-Жарты-Суу. Кар, жаанчачын сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 2,5 *м*^{3}*/сек*. Эң көбү майда, азы январда байкалат. Сугатка пайдаланылат.

КАРА-КОЧКОР — кыштак, Совет р-нундагы Кара-Кочкор айыл советинин борбору. Бул айыл советине Октябрь, Сары-Булак, Кашка-Жол, Жаңы-Талап, Жийдели, Ак-Кыя кыш. да карайт. Кара-Кулжа суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 11 *км* түн.-батыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 80 *км*. Калкы 2225 (1986). Нег. чарбасы — мал чарбачылык ж-а үрөн даярдоо. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КАРА-КӨЛ — Ноокат р-нундагы суу, Араван-Сайдын оң куймасы. Кичи-Алай кырка тоосунун түн.-батыш капталынан агып түшөт. Уз. 41 *км* (Айыр-Ташты кошкондо), алабынын аянты 387 *км*^{2}. Алабынын д. дең. орт. бийикт. 2900 *м*. Айыр-Таш суусу Алтын-Казык тоосунун түш., Алай кырка тоосунун түн.-батыш капталынан башталган майда суулардан түзүлүп, адегенде капчыгай аркылуу агып, кууш өрөөнгө чыгат. Ортоңку бөлүгүндө Косчан аталып, Жер-Арык суусу м-н кошулат да, К.-К-дү түзөт. Жылдык орт. чыгымы 3,86 *м*^{3}*/сек*. Эң көбү июнда, эң азы февралда байкалат. Ири куймалары: Шаңкол (сол), Жаңы-Сай, Жар-Коргон (оң) ж. б. Суусу Араван-Сайга жетпей сугат тармактарына бөлүнүп кетет.

КАРА-КӨЛ — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы чакан туюк көл. Көгарт суусунун оң куймасы Ачы-Сайдын алабында жайгашкан. Аянты 0,1 *км*^{2}. Көл чанагы д. дең. 1300 *м* бийиктикте жатат. Көл кар ж-а жаанчачын суулары менен толукталып турат.

КАРА-КУЛЖА — Совет р-нундагы суу, Кара-Дарыянын оң куймасы, Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталынан башталат. Каракол ж-а Уйгум суулары кошулгандан кийин К.-К. аталат. Уз. 104 *км*, алабынын аянты 1200 *км*^{2}. 200дөн ашык куймалары бар. Ирилери: Шоорук-Жылга, Үч-Сейит, Кашка-Суу, Көк-Жаңгак ж. б. Кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Апрель — сентябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 21,3 *м*^{3}*/сек*. Алабында Кара-Кулжа ж. б. кыш. жайгашкан.

«КАРА-КУЛЖА» — Совет р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кара-Кочкор кыш.). 1976-ж. «Совет» с-зунан бөлүнүп чыккан. Тамеки өстүрүүгө ж-а саан уй багууга адистештирилген. 25,8 миң *га* (а. и. 18,8 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,1 миң уй, 22,8 миң кой-эчкиси бар (1986).

КАРА-КУЛЖА — Совет р-нундагы Кара-Кулжа айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Тельман, Биринчи Май, Сары-Камыш кыш. да карайт. Кара-Кулжа суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Ош ш-нан 105 *км* чыгыш тарапта. Калкы 7611 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу. Эки орто мектеп, 8 жылдык мектеп-интернат, кесиптик-тех. окуу жай, 2 бала бакча, маданият үйү, оорукана, поликлиника, санитария-эпидемиологиялык станция, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар.

КАРА-КУЛЖА МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — дарылануу ж-а ичүүгө жарамдуу муздак булак. Совет р-нунун аймагында, Кара-Кулжа суусунун оң өйүзүндө, Муз-Төр ж-а Уйгум сууларынын аралыгында жайгашкан. Д. дең. 2700—2900 *м* бийиктикте. Булак жерг. элге илгертен белгилүү. 1953-ж. геологиялык маалымат берилген. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон кумдук, сланец, акиташ теги түзөт. Бул тектер бүктөлүүгө дуушарланып ири антиклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Булак антиклиналдык бүктөлүштүн түн. канатындагы тектоникалык жаракадан агып чыгат. Суу тунук, көмүр кычкыл газдуу, мала туз даамданат. Темп-расы 8—9°С. Составы б-ча гидрокарбонат-хлорит-натрийлүү. Чыгымы 1 *л/сек*. Ичеги-карын ооруларын ичүү жолу м-н дарыласа болот.

КАРА-КУЛЖА ӨРӨӨНҮ Фергана тоо тизмегинин чыгыш бөлүгүндө Токсон-Кемпир, Көк-Жаңгак, Тасырак-Сай тоолорунун арасында кеңдик багытта жайгашкан. Совет р-нунун аймагында. Уз. 104 *км*. туурасы 24 *км* ге чейин. Д. дең. бийикт. 3200—3400 *м*, эң жапыз жери 780 *м*, эң бийик жери 4900 *м* (Үч-Сейит массивинде). Жеринин бети адыр-күдүрлүү келип, мезозойдо пайда болгон кумдук, сланец, алевролит, чопо, конгломерат, Тар дарыясына жакын неоген ж-а антропогендин конгломераттары м-н борпоң тоо тектеринен түзүлгөн. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 5,3°С, январдыкы —14,8°С. Жылдык жаан-чачыны 571 *мм*. Өрөөндө 31 мөңгү бар. Ири суулары — Кара-Кулжа ж-а анын куймалары. Сары топурактуу маданий алкак (600—1000 *м*), каралжын боз топурактуу талаа (1000—2000 *м*), кара тоо топурактуу, бийик чөптүү талаа ж-а токой (2500—3000 *м*) ландшафты мүнөздүү. Түздүктөрдө бетеге, шыбак, ит

мурун, шыраалжын, улам жогорулаган сайын табылгы, кайың, жаңгак, андан ары карагай, арча өсөт. Нивалдык зонада тундра өсүмдүктөрү басымдуу. Ессентуки тибиндеги минералдуу булактар бар. Өрөөндө Кара-Кулжа кыш. жайгашкан. Негизинен жайыт катары пайдаланылат.

КАРА-МАРТ — кыштак, Сузак р-нундагы Кыз-Көл айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Тоок, Жаңы-Арык, Кашка-Терек, Кара-Булак, Ак-Булак, Жылан-Темир, Каду, Катыраңкы, Кыз-Көл, Кызыл-Кыя, Сары-Булак кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 40 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 40 *км*. Калкы 2317 (1987). Негизги чарбасы — кой багуу. Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, бала бакча, амбулатория, маданият үйү, китепкана ж. б. бар.

КАРАМЫК — кыштак, Алай р-нундагы Жекенди айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Тейит, Жекенди, Шибээ кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 268 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 327 *км*. Калкы 1505 (1987). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, оорукана, китепкана ж. б. бар.

КАРАСАН ЗАКАЗНИГИ Лейлек р-нун Түркстан кырка тоосунун түн. капталын Лейли-Мазар, Жети-Көпүрө, Урам сууларынын алабындагы тоо капталдарын ээлейт. Аянты 15 миң *га*. Азайып бараткан доңуз, чүткөр, элик, тоо эчки, улар ж. б-ды коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

КАРА-СУУ — Жаңы-Жол р-нундагы суу, Нарын д-нын оң куймасы. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш ж-а Ат-Ойнок кырка тоосунун түш.-батыш капталынан башталып, жог. бөлүгүндө кууш ж-а терең капчыгай, ортоңку ж-а төм. бөлүктөрүндө токойлуу кенен өрөөн аркылуу агат. Уз. 85 *км*, алабынын аянты 2800 $км^2$. 30дан ашык куймасы бар. Ирилери: Ак-Жол, Турдук (сол), Кожо-Ата, Афлатун (оң) ж. б. Кар ж-а жаан-чачын сууларынан куралат. К.-С-нун алабында 7 көл бар; ириси — Сары-Челек. Марттын аягынан сентябрдын башына чейин кирет. Жылдык орт. чыгымы 41,2 $м^3/сек$. Эң көп чыгымы май айында, азы январда байкалат. Боюнда Ак-Жол, Аркыт, Тегене ж. б. кыш. жайгашкан.

КАРА-СУУ — Кара-Суу суусунун жог. агымында жайгашкан кооз жер. Узундугу 700—800 *м* бийиктикте, Ош — Фрунзе авт. жолунун боюнда жайгашкан. Анжиян — Жалал-Абад темир жолундагы станция. Облусттагы ө. ж-луу борборлордун бири. Жеңил (пахта тазалоочу з-д) ж-а тамак-аш (май экстракциялоо з-ду, дан азыктар комбинаты) ө. ж. өнүккөн. Автостанция, автомобилдерге май куюучу станция, автобаза, райондук коммуналык ишканалар комбинаты, «Ай-Сулуу» универмагы (жылдык товар жүгүртүүсү 700 миң сомдон ашык), маданият үйү, «Ала-Тоо» кинотеатры, май-экстракциялоо з-дунун клубу, шаардык маданият ж-а эс-алуу паркы ж. б. иштейт. Шаарда 4 орто мектеп, мектеп-интернат, балдардын спорт ж-а музыка мектептери, Акмат тоосунун түш. капталында, Жаңы-Жол р-нунун аймагында жайгашкан. Д. дең. бийикт. 1500—4000 *м*. Каптал беттери таш көмүр м-н пермь мезгилдеринде пайда болгон акиташ, кумдук, алевролит тектеринен түзүлгөн. Таманында протерозойдун жашыл түстүү катмарлары, неогендин конгломерат, алевролит, чопо тектери жатат. Июлдун орт. темп-расы 10—20° С, январдыкы —3° С...—10° С. Жылдык жаан-чачыны 800 *мм*. Суунун жайылмасында чакан сугат жерлери бар. Төм. бөлүгүн мисте, бадам аралаш өскөн сейрек токой, андан жогору тоолуу чала саванна, кызыл от, түркүн чөптүү, кылкандуу талаа, шалбаа ээлейт. Өрөөндө Кара-Камыш бөгөт көлү бар; анын жээктеринде кайын, ак чечек, карагай жыш өсөт. Көлдүн уз. 1,5 *км*, туурасы 0,5 *км*, д. дең. 1870 *м* бийиктикте жатат.

КАРА-СУУ — Кара-Суу р-нундагы шаар (1960-жылдан), Кара-Суу р-нунун борбору. Ош ш-нан 24 *км* түн. тарапта. Ош — Кара-Суу түздүгүндө, д.



Кыргызстан Компартиясынын Кара-Суу р-ндук к-тинин имараты.

шаардык борб. ж-а райондук китепканалар, райондук борб. оорукана, ук оорулар диспансери, поликлиника, бала бакчалар, пионерлер үйү, жаш техниктер станциясы, стадион ж. б. маданий агартуу мекемелери бар.

КАРА-СУУ — кыштак, Алай р-нундагы Будалык айыл советинин борбору. Бул айыл советине Маркс, Кайнама, Кум-Шоро, Октябрь, Орто-Дөбө кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 18 *км* түш.-чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 101 *км*. 1938-ж. негизделген. Калкы 482 (1986). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, китепкана ж. б. бар.

КАРА-СУУ ЗАКАЗНИГИ — Жаңы-Жол р-нунда. Ат-Ойнок кырка тоосунун түш.-батыш капталын, Кызыл-Суу, Түндүк сууларынын (Кара-Суунун сол куймалары) алабын ээлейт. Аянты 62,6 миң *га*. Азайып бараткан доңуз, элик, тоо эчки, улар, чүткөр ж. б-ды коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

КАРА-СУУ МАЙ-ЭКСТРАКЦИЯ ЗАВОДУ (Кара-Суу ш., Кара-Суу көчөсү, 1). 1952-ж. курулган. Пахта м-н соянын акталган майларын, фосфативдүү тоют чыгарат. Соя ж-а пахта күнжаралары, чигит улпагы аралаш тоют даярдоодо пайдаланылат. Калдыктарынын бир бөлүгү самын кайнатуучу з-ддорго жөнөтүлөт. Суткасына 380 *т* чигит, 190 *т* соя буурчагы кайра иштетилет. Жылына 13—14 миң *т* өсүмдүк майын чыгарат. 1985-ж. 10,2 млн сомдук продукция берген. 500 киши иштейт (1985).

КАРА-СУУ ОАЗИСИ — отурукташкан дыйканчылык өнүккөн байыркы аймактардын бири. Соңку коло доорунда дыйкандар кеңири өздөштүргөн. Отуз-Адыр ж-а Ош тургун жайлар тобуна кирген Чуст маданиятынын 30дай тургун жайы бар. Эйлатан маданияты м-н Шоро-Башат маданияты мезгилинде дыйканчылык өнүккөн. Мархамат маданиятынын эстеликтери да көп. Өзгөрдө ж-а Папан өрөөнүндө катакомба ж-а жапма көрлүү дөбө мүрзөлөр изилденген. Түрк урууларынын сөөгү минген аты м-н кошо коюлган мүрзөлөр ж-а *Талдык балбалы* К.-С. о-нде б. түрк урууларынын 6—8-к-да жашагандыгын айгинелейт. Орто кылымга таандык тургун жайлар аз.

КАРА-СУУ РАЙОНУ — областтын борб. бөлүгүндөгү админ. аймак. 1935-ж. түзүлгөн. Чыгышынан Өзгөн, түштүгүнөн ж-а түш.-чыгышынан Алай, батышынан Ноокат ж-а Араван р-ндору, түндүгүнөн Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 2,9 миң $км^2$. Калкы 202,8 миң (1986). Район 123 кыштакты бириктирген 15 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Кара-Суу ш. Райондун аймагында обл-тын борбору — Ош ш. жайгашкан.

Табияты. Район Ош — Кара-Суу түздүгүн, Алай кырка тоосунун түн. тармактарын, адырларды ж-а Кичи-Алай өрөөнүнүн бир аз бөлүгүн ээлейт. Ош — Кара-Суу түздүгү д. дең. 800—1200 *м* бийиктикте жатып, Орто-Тоо (бийикт. 1184*м*), Кароол-Тоо (1115 *м*), Сулайман тоолору ж-а Отуз-Адыр адырлары м-н курчалган. Аймагында көмүр (Алмалык) ж-а курулуш материалдар кени бар. Климаты континенттик, түзөң бөлүгүндө жайы кургакчыл, ысык, кышы анча суук эмес, кар аз түшөт. Январдын орт. темпрасы —3,3° Сден (өрөөндөрдө) —6,9° Сге чейин (тоолордо). Жылдык орт. жаан-чачыны 300—500 *мм*, жылуу мезгили 200—225 күндү түзөт. Ири суулары: Ак-Буура, Куршаб, Талдык ж. б. Д. дең. 1700 *м* бийиктикке чейинки түздүктөр, адырлар ж-а тоо этектеринде боз, тоолордо күрөң топурак басымдуу. Андан жогору карбонаттуу күрөң топурак мүнөздүү. Талаада ж-а шалбаалуу талаада бетеге, буудайык, тулаң, табылгы, бөрү карагат, ит мурун ж. б. өсөт. Алай кырка тоосунун түн. капталдарынын (2000 *м*ден 2600 *м* бийиктикке чейин) топурагы кочкул күрөң келет; арча токою ээлейт. 2500—3500 *м* бийиктикте субальп ж-а альп шалбаа тилкеси жатат. Бетеге, ала бөйү, үлпүлдөк ж. б. өсөт. Түздүктөрдө ж-а адырларда чөлдө жашоочу сойлоочулар, кемирүүчүлөр, куштардан карга, торгой, токой тилкесинде ж-а андан жогору токой чычканы, момолой чычкан, арыс, арс чычкан, суусар, барак куйрук, карышкыр, доңуз, кашкулак, куштардан кыргый, таркылдак, каракув, чар карга ж. б., бийик тоолордо аркар, тоо теке, илбирс, сары чычкан, куштардан кекилик, улар, бүркүт ж. б. кездешет. Сууларда жилингир, алабуга, сазан ж. б. балыктар жашайт. Сейрек кездешүүчү айбанаттар м-н куштарды коргоо ж-а көбөйтүү максатында Ак-Буура суусунун жог. агымында Ак-Буура аңчылык заказниги түзүлгөн.

Калкы. Кара-Суу р-ну обл-тагы калк



жыш жайгашкан р-ндордун бири. Орт. жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 75 киши туура келет. Кыргыз (51,7%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), өзбек (38,2%), орус (2,3%), уйгур (2,3%), татар (1,5%), тажик (0,9%) ж. б. улуттар жашайт. Шаар калкы 9,8% (Кара-Суу ш.). Калкы табигый өсүштүн эсебинен көбөйүүдө.

Чарбасынын негизин ургаалдуу өнүккөн а. ч. ж-а ишпеп чыгаруучу ө. ж. түзөт. Райондо 7 к-з, 6 с-з, 2 бордоп семиртүүчү с-з, тажрыйба станциясы, үй куштар ф-касы бар. А. ч-нын нег. тармагы — пахта, тамеки өстүрүү ж-а кой багуу. А. ч. дүң продукциясы р-ндо өндүрүлгөн бардык продукциянын 73%ин түзөт. Областтын а. ч. дүң продукциясынын 12,5%ин алынат. Ашуул р-ндон алынат. А. ч-га жарактуу 190,3 миң *га* айдоо, 3,3 миң *га* жемиш-бактары, 12,9 миң *га* чабынды, 113,7 миң *га* жайыт) жери бар. Айдоо жеринин 7,3 миң *га*сын эгиндери, 10,4 миң *га*сын пахта, 3,8 миң *га*сын тамеки, 17,2 миң *га*сын тоют өсүмдүктөрү (268 *га*), жашылча (641 *га*), картошка (212 *га*), жүзүм (468 *га*), мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш (1465 *га*) өстүрүлөт. 1985-ж. р-ндогу коомдук сектордон 275,1 миң *ц* дан эгиндери, 215,4 миң *ц* пахта, 113,6 миң *ц* тамеки, 8,3 миң *ц* картошка, 20,2 миң *ц* жашылча, 24,5 миң *ц* жүзүм, 25,2 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган.

Мал чарбасы уяң ж-а чала уяң жүндүү кой, эт-сүт багытындагы мал чарбасына адистештирилген. 52 миң бодо мал (а. и. 22,3 миң уй), 291,7 миң кой-эчки (а. и. 285,4 миң кой), 8,1 миң жылкы, 2,1 миң чочко, 454,5 миң үй кушу бар (1986). 1985-ж. 4846 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 16 711 *т* сүт, 831 *т* жүн, 38 873 даана жумурткa өндүрүлгөн.

Ө. ж. тармагынан пахта тазалоочу, авт. ремонттоочу, май экстракциялоо з-ддору, ун комбинаты иштейт. Бул ишканалар обл-тагы о. ж. продукцияларынын 4,2%ин чыгарат. Жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. басымдуу. Ө. ж. ишканаларынын бардыгы Кара-Суу ш-нда жайгашкан. Транспортунун негизги түрү — автомобиль. Авт. жолунун уз. 314 *км*, а. и. 286 *км*и асфальтталган. Райондун аймагы аркылуу союздук маанидеги Ош — Хорог (Памир жолу), Ош — Фрунзе, Ош — Озгөн, о. эле Ош — Эски-Ноокат, Ош — Араван авт. жолдору өтөт. Райондун аймагында Ош аэропорту жайгашкан. Бул аэропорт аркылуу күнүнө 1,8 миң, жылына 430 миңдей жүргүнчү келип-кетип турат.



Кара-Суу май-экстракция з-дунда.

Элге билим берүү, маданияты, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында 105 жалпы билим берүүчү мектепте 55,4 миң окуучу, 2 кесиптик-тех. окуу жайда 1200 киши окуган; 50 бала бакчада 5,2 миң бала тарбияланган. 55 китепкана, 15 социалдык-маданий комплекси, 39 клубдук мекеме, 40 киноустановка, р-ндук оорукана ж-а поликлиника, балдар поликлиникасы, 8 участкалык оорукана ж. б. иштейт. Райондук «Эмгек майданы» газетасы чыгат. Район аймагында байыркы түрк уруулары жашаган тургун жайлар жайгашкан (к. *Кара-Суу оазиси*).

КАРА-СУУ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Кара-Суу ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 11). 1948-ж. негизделген. 1976-жылдан р-ндун борб. китепканасы. Филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүү пункттары катары р-ндогу 55 китепкананы (ар бир айыл советинде 4 китепкана), 30,8 миң китеби ж-а 2,4 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Кара-Суу ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 11) бириктирет. Райондогу 5 профсоюздук, 10 к-з ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларынын фондусунда кыргыз, орус, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 370,1 миң нуска китеп бар. 1985-ж. китепканалары 39,3 миң окурманды тейлеген.

КАРА-СУУ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Кара-Суу ш., Тельман көчөсү, 1). 1935-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 540 орундуу.

КАРА-СУУ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 43 миң *га* жери 8 ири сугат системасы аркылуу сугарылат. Алар: Ак-Буураның оң жээги (15 канал), Ак-Буураның жог. агымы (7 канал), Отуз-Адыр (7), Араван — Ак-Буура (3), Мады булактары (3), Кайырма (2), Савай (1), Талды-Сай (1). Колхоздор аралык 8 ири каналы бар; алардын төөнүн суу өткөрүү мүмкүнчүлүгү 5 $м^3$/*сек*га чейин. Алар: Араван — Ак-Буура каналы (1986-ж. курулган, Ак-Буура суусунан башталат; уз. 21,5 *км*, каналдын башында чыгымы 25 $м^3$/*сек*), Увам (19-к-дын аягы —20-к-дын башында курулган, Ак-Буура суусунан башталат; уз. 12 *км*, чыгымы 18 $м^3$/*сек*), Як-Калик (19-к-дын аягы — 20-к-дын башында курулган, Ак-Буура суусунан ж-а Увам каналынан башталат; уз. 5,5 *км*, чыгымы 12 $м^3$/*сек*),



Папан суу сактагычы.

Оң жээк (башкы канал, 1961-ж. курулган, Ак-Буура суусунан башталат; уз. 3,7 *км*, чыгымы 25 $м^3$/*сек*). Мындан тышкары р-ндун 12 миң *га* жери Куршаб суу түйүнү аркылуу (администрациясы: Жаңы-Арык кыш.) сугарылат; ага Отуз-Адыр каналы (1955-ж. курулган, Куршаб суусунан башталат; уз. 52,4 *км*, чыгымы 25 $м^3$/*сек*) да кирет. Папан суу сактагычы толтурулууда. Долбоордогу көлөмү 260 млн $м^3$. Бул курулмалар р-ндук сугат тармактар башкармасына (Кара-Суу ш.) карайт. Ирригациялык курулмаларда жалпысынан 146 киши иштейт (1986).

КАРА-СУУ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 15 социалдык-маданият комплекси, 39 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 23 айылдык маданият үйү (Катта-Талдык, Папан, Мады, Төлөйкөн, Кашкар-Кыштак, Нариман ж. б. айыл советтеринде), 6 профсоюздук клуб («Кеңеш», «Отуз-Адыр», «Катта-Талдык» с-здорунда, Кара-Суу май-экстракциялоо з-дунда), 2 к-здук клуб (Х. Таширов атн. ж-а С. М. Киров атн. к-здордо), 7 автоклуб иштейт (1986). Өздук көркөм чыгармачылыгынын 127 ийрими (2122 киши катышат) уюшулган.

КАРА-СУУ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук оорукана ж-а поликлиника, балдар поликлиникасы (Кара-Суу ш., май-экстракциялоо з-ду), 600 орундуу 8 участкалык ооруканa («Төлөйкөн», «Кара-Суу», «Отуз-Адыр», «Папан», «Катта-Талдык», «Кеңеш», «Учкун» с-здорунда; М. И. Калинин атн. к-здо), 3 айылдык амбулатория («Кыргызстан» с-зунда; М. В. Фрунзе ж-а М. И. Калинин атн. к-здордо), 50 орундуу учук оорулар диспансери (Кара-Суу ш., Памир көчөсү, 1), 100 орундуу обл. онкология диспансери (Шарк айыл советинде), 60 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), 5 орундуу к-здук төрөт үйү (Папан айыл советинде), 175 орундуу к-здук ооруканa (В. И. Ленин атн. к-здо), Кашкар-Кыштак кыш-нда поликлиника (К. Маркс атн. к-здо), р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (С. М. Киров атн. к-здо), р-ндук ооруканадагы мед. тез жардам бөлүмү, 13 аптека иштейт. Райондук амбулатория-поликлиникалык мекемелери сменасына 805 кишини көрө алат, стационары 1365 орундуу (а. и. 235и төрөт үйлөрдө). Райондо 206 врач, 700 мед. орто билимдүү адис (а. и. р-ндук санэпидстанцияда 17 врач, 101 мед. орто билимдүү адис) иштейт (1986).

КАРА-СУУ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1962-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан ө. ж. комбинатынын ишканалары тейлеген. 1962-ж. ө. ж. комбинатынын базасында р-ндун бардык турмуш-тиричилик ишканаларын бириктирген Кара-Суу турмуш-тиричилик комбинаты түзүлгөн. Турмуш-тиричилик комбинатынын (Кара-Суу ш., Жумушчу-Дыйкан көчөсү, 134) 166 ишканасы. а. и. 11 кийим тигүү, 36 бут кийим, 21 металл буюмдарын ж-а авт. транспортун ондоочу мастерской, 61 чач тарач, комплекстүү кабыл алуу пункттары (Октябрь, Сарай, 18-Партсъезд, Кеңеш ж. б. кыш-да) иштейт (1986).

КАРА-СУУ ТҮЗДҮГҮ, Ош — Кара-Суу түздүгү Фергана өрөөнүнүн чыгышында. Чыгышынан Отуз-Адыр, батышынан Анжиян, түштүгүнөн Лалан, Ноокат адырлары м-н чектешет. Уз. 70—80 *км*. жазылыгы 40—50 *км*, д. ден. орт. бийикт. 1013 *м*. Түздүктөн Ош, Чил-Майрам тоолору көтөрүлүп жатат. Түндүктү карай жантайыңкы. Жери түз, майда дөңсөөлөр кездешет. Антропогендин кум-чополуу тектери ж-а лёсс (калыңдыгы 25 *м*ге чейин) м-н капталган, боз топурактуу. Жайы ысык (июл. дун орт. темп-расы 25—30°С), кышы анча суук эмес (январдыкы —3...—4°С). Жылдык жаан-чачыны 250—300 *мм*. Түздүк аркылуу Ак-Буура, Шаркан-Сай суулары агат. Жарым чөл, кургак талаа ж-а талаа ландшафты басымдуу. Пахта, тамеки, рапс, тоют өсүмдүктөрү, жашылча-жемиш өстүрүлөт. Түздүктө Ош, Кара-Суу ш. ж-а бир нече кыш. жайгашкан.

КАРА-СУУ ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — шаарды өнүктүрүүнүн ж-а кайра конструкциялоонун негизги багыттарын аныктаган маанилүү документ. Кара-Суу ш. Ош — Жалал-Абад авт. ж-а темир жолдорунун боюнда поселка катары пайда болгон. 1960-ж. шаар статусун алган. Кара-Суу ш. ж-а ага жанаша жайгашкан С. М. Киров атн. к-здун борб. чарбагы архитектуралык-долбоорлоо жагынан маданий-тиричилик өнүгүшү ж-а эмгек байланыштары б-ча бирдиктүү калк пунктун түзөт. Бир нече миң кишиге эсептелген К.-С. ш. н. п-н (С. М. Киров атн. к-здун борб. чарбагы м-н кошо) 1979-ж. «Кыргызкурулушдолбоор» ин-ту иштеп чыккан (арх. Н. В. Карпенко, В. А. Иванов, Е. Н. Афонина, Н. В. Собко, В. М. Ярышева, инженери Т. З. Жантиева). Шаар курулушу турак жай району ж-а ө. ж. объекттеринин 2 тобуна бөлүнөт. Гигиеналык талапка жооп берген ишканалар м-н кампалар шаардын четине чыгарылат. 5 микрорайондон турган турак жай зонасын куруу долбоорлонгон. Ал шаардын коомдук борбору болуп эсептелет. 4 микрорайон шаардын борборуна туташ жайгашкан, 5-микрорайон андан темир жол аркылуу бөлүнүп турат. Ар бир микрорайондо балдар мекемелери бар коомдук борбор комплексин куруу каралган. Башкы көчө — Ленин көчөсү. Анда коомдук-админ. мекемелер жайгашат. Паркта, аллеялар шаардын борборун микрорайондор м-н байланыштырып турат. Шаардын борбору админ., соода, маданий-агартуу, спорт ж-а балдар мекемелер комплекстерине бөлүнгөн. Админ. комплекси мурдагы админ. имараттардын базасында долбоорлонууда. Бул комплекске шаардын борб. аянты (Ленин көчөсүндө куруу долбоорлонгон), Кыргызстан Компартиясынын, Кыргызстан ЛКЖСтин райкомдорунун, р-ндук советтин аткомунун имараттары кирет. Борбордун 2-зонасын соода ж-а маданий-агартуу комплекси түзөт. Мында маданият үйү ж-а музей, соода ж-а коомдук тамак-аш жайлары, мейманкана, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. жайгашкан. Спорт ж-а балдар секторлорун маданият ж-а эс алуу паркынын аймагында куруу долбоорлонгон. Шаар аркылуу өтүүчү транспорттор үчүн шаардын сыртында айланып өтмө жол курулат. Шаардын борб. Ленин көчөсүнүн эки жагын бульварга айландыруу каралууда.

КАРА-ТАЙ КЕНИ — Кара-Суу р-ндагы кум-шагыл жаткан жер. Ош ш-нан 20 *км* чыгыш тарапта. Талдык суусунун боюнда. 1955-ж. табылган. Кен аймагын антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң чөгүндү тоо тектер түзөт. Кен аллювий чөгүндүсүнөн пайда болуп, андагы кум-шагыл катмары 3,5 *км*ге созулуп жатат. Шагыл жакшы жумуруланып, жылмаланган. Кенде кой таштар 3,7%, шагыл 73,4%, кум 22,9%. Кумдун арасында 12—13%ке чейин чаң м-н чопо бар. Кендин запасы 7823 миң $м^3$. Кумду жуун чоподон арылткандан кийин бетонго кошсо болот. Шагылды Ош ш-ндагы курулуш мекемелери пайдаланууда.

КАРА-ТАШ КЕНИ — Сузак р-нундагы кум жаткан жер. Маркай кыш-нан 1,5 *км* чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин батыш тармагы Сүрөөнтөбө бөксө тоосунун түш. капталында жайгашкан. 1953-ж. табылган. Кен аймагын мезозой заманынын төкмө тектери түзөт. Кум катмары бор мезгилинин төкмө тектеринин арасында жатат. Калыңдыгы 19—25 *м*. Уз. бир нече *км*ге созулат. Кум начар камдашкан. Негизинен кварц, кремний, чанда талаа шпаты ж-а төкмө тектердин сыныктарынан турат. Кумда 0,15тен 0,6 *мм*ге чейинки фракция басымдуу. Аз санда 20 *мм*ге чейинки шагылдар кездешет. Салыштырма салмагы 2,52—2,57. Запасы 465,7 миң $м^3$. Кумду чопо м-н чаңдан арылтып жуун кум шыбакка пайдаланса болот.

КАРА-ТЕҢГЕ КЕНИ — Алай р-ндагы ванадий рудасы жаткан жер. Карамык кыштагынан чыгышта, Алай кырка тоосунун батыш бөлүгүндөгү бөксө тоолордо. 1943—46-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагында силурдун аягында пайда болгон терриген катмарлары жатат. Руда чопо-кремнийлүү сланецтердин арасындагы тектоникалык жаракаларда топтолгон. Мында кремнийлүү тектердин бычырап-талкалануусунан пайда болгон брекчия тилкесинде ванадийдин кайра (экинчи ирет) жаралган минералдары кезигет. Минералдар брекчиянын беттеринде, жаракалар м-н коңулдарда жука кабык, өңөр түрүндө. Тилкенин уз. 170 *м*ге жетет. Ванадийдин рудадагы кондициялык өлчөмү чамалуу болгондуктан, кен азырынча казылбайт.

КАРА-ТЕСКЕЙ КЕНИ — Сузак р-нундагы кварцтуу кум жаткан жер. Жалал-Абад ш-нан 10 *км* түн.-чыгыш тарапта, Көгарт суусунун боюнда. 1945-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон чопо, алевролит, гравий тоо тек катмарлары түзөт. Алардын арасында кумдун 4 кабаты бар. Алардын калыңдыгы 2 *м*, 1,5 *м*, 3,3 *м* ж-а 10 *м*. Уз. 50 *м*. Кабаттардын эки чети кум топурак (калыңдыгы 1—20 *м*) м-н жабылып калган. Кум негизинен кварцтан турат. Кумдан жог. сапаттагы тунук айнек алууга болот. Запасы 77 миң *т*. Кенде күңүрт түстөгү айнек идиштерди чыгарууда колдонулуучу саргыч боз ж-а саргыч кызыл кумдуктун (запасы 154 миң *т*) кабаттары да бар.

КАРА-ТӨР МӨҢГҮСҮ — Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Исфара суусунун алабында. Уз. 6,6 *км*, аянты 10,8 $км^2$. Мөңгүнүн башы д. ден. 5480 *м*, этеги 3360 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3820 *м*. Фирн обл. кырка тоонун кырларына чейин жетип, анда циртер жайгашкан. Мөңгүдөн Миң-Теке суусу (Теминген суусунун оң куймасы) башталат.

КАРА-ҮҢКҮР, Тентек-Сай — Базар-Коргон р-нундагы суу, Кара-Дарыянын оң куймасы. Уз. 127 *км*, алабынын

аянты 4130 *км*². Фергана ж-а Бабаш-Ата кырка тоолорунан башталган Кызыл-Үңкүр ж-а Арстанбап сууларынын кошулушунан пайда болот. Жылдык орт. чыгымы (Арстанбап ж-а Кызыл-Үңкүр суулары кошулгандан кийин, Чарбак кыш. туште) 29,6 *м*³/*сек*; эң көбү 85,7 *м*³/*сек* (май), эң азы 9,64 *м*³/*сек* (январь). Ири куймалары: Арстанбап, Кызыл-Үңкүр, Шайдан-Сай, Жазы-Кечүү ж. б. Сугатка кеңири пайдаланылат. Суусун толук пайдалануу үчүн Базар-Коргон суу сактагычы (көлөмү 22 млн *м*³) курулган. Боюнда Кызыл-Үңкүр, Ооган-Талаа, Арстанбап,Чарбак, Совет, Базар-Коргон ж. б. кыш. жайгашкан. Алабын жаңгак-жемиш токою ээлейт.

КАРА-ҮҢКҮР ӨРӨӨНҮ — Фергана тоо тизмегинин бир тармагы м-н Бабаш-Ата кырка тоосунун аралыгындагы кооз жер. Базар-Коргон ж-а Ленин р-ндорунун аймагында. Жалпы уз. 100 *км*, жазылыгы 8—12 *км*. Таманынын д. дең. бийикт. 600—1400 *м*. Ооз тарабы (түш.-батыш) жайык (70 *км*ге чейин), улам өрдөгөн сайын кууштап, тектирлүү. Чарбак кыш. тушта Кызыл-Үңкүр өрөөнүнө ж-а Арстанбап өрөөндөрүнө бөлүнөт. Өрөөндүн төм. бөлүгү неоген-палеоген ж-а антропогендин конгломерат, кумдук, чопо, шагыл таш, кумдуу чопо, төр жагы карбон, девон ж-а бор мезгилдеринин чөкмө тектеринен турат. Өрөөн аркылуу Кара-Үңкүр суусу агат. Климаты континенттик; кышы суук, январдын орт. темп-расы —3°Сден —17°Сге чейин. Жайы төм. бөлүгүндө кургакчыл, ысык, тоолуу бөлүгүндө салкын (15—22°С). Жылдык жаан-чачыны 400—1000 *мм*. кар калың түшөт. Өрөөнгө шыбактуу кургак талаа (800—1300 *м* бийикте), талаа (1300—1800 *м*), шалбаа, жаңгак-жемиш токою (1800—2600 *м*), субальп (2600—3200 *м*), альп (3200—3500 *м*), гляциалдык-нивалдык (3500 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Пахта, тамеки, жашылча-жемиш, тоют өсүмдүктөрү эгилет; жог. бөлүгү жайыт ж-а чабынды. Музоо баш, чаян, курбака, сары жылан, сур майда аламан, кум чычкан, чил, думбул, аарчыл чымчыктар, көк карга, торгой мекендейт. Базар-Коргон суу сактагычы курулган.

КАРАХАНИЛЕР МАМЛЕКЕТИ — 10-к-дын 2-жарымынан 13-к-дын башына чейин азыркы Орто Азия, асыресе Кыргызстанды бийлеп турган алгачкы феодалдык мамлекет. К. м-нин пайда болушу ж-а анын тарыхында Борб. Тянь-Шандагы көчмөн чигил, ягма, карлук ж-а түргөш уруулары чоң роль ойногон. К. м-н башкаруучулардын башкы наамдары — арслан-хан ж-а бугра-хан. Караханилердин башчысы Сатук Бугра-хан Абд ал-Керим биринчи болуп ислам динин кабыл алып, казатка чакыруу м-н 10-кылымдын 2-жарымынын башынан Борб. Тянь-Шандын түш.-чыгыш бөлүгүн Кашкарга бириктирген. Анын жакын мурасчыларынын учурунда түрктөрдүн жаңы мамлекетине Борб. Тянь-Шандын түн. ж-а түн.-чыгыш бөлүгү, о. эле Жети-Суу аймагы кошулган. 1069—70-ж. К. м. бирине көз карандысыз Чыгыш ж-а Батыш кагандыктарына бөлүнгөн. Бул эки кагандык өз алдынча уделдерге бөлүнүп, алар өз ара такай кагылышып турушкан. Бул К. м-нин кулашынын нег. себептеринен болгон. 12-к-дын 30-жылдарынын башында кидандар чыгыш Караханилерди басып алып, 1141-ж. батыш карахани урууларынын биргелешкен күчүн ж-а селжуктардын султаны Санжарды талкалаган. Кидандардын гурханы Чүй ж-а Талас өрөөндөрүндөгү жерг. элдерди түздөн-түз башкарып калган. Караханилердин калган башка ээликтеринде гурхандар салык жыйноо м-н гана чектелип, алардын ички иштерине кийлигишпей, админ.-саясий түзүлүшкө олуттуу өзгөрүүлөр киргизилген эмес. 1211-ж. Хорезм шахы Мухаммед батыш Караханилерди басып алат. Чыгыш Караханилер кагандыгында бийлик найман-дар канзаадасы Кучлукка өтөт.

КАРА-ШИБЕ — неолит дооруна таандык таш куралдар табылган жер. Дароот-Коргон кыш-нан (Алай р-ну) 1,5 *км* батыш тарапта, Түз-Суунун боюнан табылган. Көбүнчө уз. 4—5,5 *см* таш куралдардын сыныктары кездешет. В. А. Ранов аны Орто Азиядагы неолит доорундагы «ысар» маданиятына таандык деп эсептейт.

КАРА-ШОРО МИНЕРАЛДУУ СУУ — Өзгөн р-нундагы дарылыкка ж-а ичүүгө жарамдуу минералдуу муздак суу булактары. Өзгөн ш-нан 80 *км* чыгыш тарапта, Кара-Шоро өрөөнүнүн ортоңку бөлүгүндө, Жазы ж-а Коңур-Дөбө сууларынын кошулган жеринде, д. дең. 2300 *м* бийиктикте жайгашкан. Жерг. элге илгертен белгилүү. 1948—54-ж. сууну пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн геол. изилдөөлөр

жүргүзүлгөн. Суу булак түрүндө ж-а терендиги 70—130 *м* келген 14 бургулоо көзөнөгүнөн чыгат. Суу химиялык составы б-ча көмүр кычкыл хлорид-гидрокарбонат натрийлүү, минералдашы 2,4—3,4 *л*/*сек*; көмүр кычкыл гидрокарбонат-хлорид натрийлүү, чыгымы 5,3төн (№ 51 бургулоо көзөнөгүндө) 15 *л*/*минутага* чейин. Түсү, жытсыз, даамы кычкыл, суунун темп-расы 7,6—14,5°С. Бөйрөк, боор, ичеги-карын, кан басымы, диабет ооруларына пайдалуу. Өзгөн ш-нда бөтөлкөлөргө куюштурулуп, «Кара-Шоро» деген ат м-н соода тармактарына ж-а дарылоо мекемелерине жөнөтүлөт.



И. Каримов



Саалы Каримов



С. Каримов

КАРГАША КЕНИ — Өзгөн р-нундагы таш көмүр чыгуучу жер. Өзгөн ш-нан 60 *км* чыгыш тарапта, Фергана кырка тоосунун түш.-батыш капталында. Мындагы көмүр жерг. элге илгертен белгилүү. 1942—55-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен эни 9 *км*, уз. 13 *км* аянтты ээлеп, «сол өйүз», «оң өйүз» ж-а «түндүк-чыгыш» аталган үч участкадан турат. Аймагында негизинен юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары таралган. Көмүр негизинен кумдук, алевролит, аргиллит ж-а көмүрлүү сланецтердин арасында кездешет. Көмүр катмарларынын саны 33төн 55ке чейин. Алардын 5—8-катмарынын калыңдыгы 0,5 *м*ден ашат. Кендеги көмүр гумустуу, коксстолот. Күйгөндө 34,3 *МДж*/*кг* жылуулук берет. Запасы 170,5 млн *т* (1973).

КАРИМОВ Иманжан (1906-ж. т., азыркы Кара-Суу р-ну, Нариман кыш. — 1978, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1947). 1958-жылдан КПСС мүчөсү. 1930-ж. биринчилерден болуп к-зго кирген. 20 жылдан ашуун Кара-Суу р-ндагы Ленин атн. к-здо звено башчысы болуп иштеген. Анын звеносу жыл сайын пахтадан мол түшүм жыйнаган. 1947-ж. 3 *га* аянттын ар гектарынан 86 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган. 1955—59-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

КАРИМОВ Саалы (1935-ж. т., Ноокат р-ну, Кыргыз-Ата кыш.) — сов. илимпоз, математика илимдеринин доктору. Ош мамл. педагогика ин-тун бүтүргөн. 1964-жылдан Ош мамл. педагогика институнда окутуучу, андан кийин кафедра башчысы. Илимий эмгектери: «Айырмалык теңдемелердин сызыктуу эмес системасынын мезгилдүү чыгарылышы жөнүндө», «Тегиздиктеги «тез кыймылдын» тынч абалдагы чекитинин туруктуулугун алмаштыруу учурундагы кичине параметрлүү дифференциалдык теңдеменин туундусунун кээ бир класстарын чыгаруу асимптотикасы».

КАРИМОВ Сайит (1896-ж. т., азыркы Сузак р-ну, Алмалы-Булак кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1949). Эмгек жолун 1932-ж. «Алмалы-Булак» к-зунда иштөөдөн баштаган. 1947-жылдан жылкычы. 1948-ж. 58 бээден 58 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КАРЛ МАРКС АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Ленин р-нундагы чарба (башкармасы: Бүргөндү кыш.). 1931-ж. 6 майда чарбанын ордуна уюшулган. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. 30,2 миң *га* (а. и. 17,6 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1 миңден ашык бодо мал, 20,1 миң кою бар (1986).

КАРЛ МАРКС АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Совет р-нундагы чарба (башкармасы: Ылай-Талаа кыш.). 1932-ж. уюшулган. 1950, 1956 ж-а 1959-ж. башка колхоздор м-н биригип, ирилешкен. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. 31,2 миң *га* (а. и. 22,7 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1 миңден ашык бодо мал, 42 миң кой-эчкиси бар (1986).

КАРЛУКТАР МАМЛЕКЕТИ — 8-к-дын ортосунда Түрк кагандыгы кыйрагандан кийин негизинен азыркы Кыргызстандын аймагында пайда болгон мамлекет. 746—766-ж. карлуктар Түн. Тянь-Шандан огуз уруусун сүрүп чы-



А. Карымшаков

гып, өзүлөрүнүн мамлекетин негиздеген. Башчысына жабгу (ягбу) деген наам берилген. Ордосу Суяб ш-нда (азыркы Токмок ш-на жакын жерде). К. м-не Сыр-Дарыянын ортоңку агымынан баштап, Кашкарга чейинки аймак караган. Буга Фергана өрөөнүнүн бир бөлүгү — Ош обл-нын азыркы чыгыш тарабы да кирген. К. м. 751-ж. Талас суусунун боюндагы Атлахтын жанында кытай аскерин талкалоодо чечүүчү ролду ойногон. 8—9-к-да карлуктар Жунгария м-н Чыгыш Түркстанда үстөмдүк кылуу үчүн уйгурлар м-н тынымсыз согушуп келген. К. м-нде алгачкы феодалдык мамиле өнүгө баштаган. Жабгунун (кийин кагандын) бийлиги номиналдуу болгон. Карлуктарда көчмөн мал чарбасы м-н катар курулуш иштери, тоо-кен промысели, дыйканчылык да өнүккөн: көчмөндөрдүн отурукташуусу башталган. 8-к-да карлуктардын бир бөлүгү мани ж-а христиан дининин несторий бутагын тутушкан. 960-ж. карлуктар ислам динин кабыл алышкан. 13-к-да монголдордун жортуулуна катышкан. 15-к-дын аягы —16-к-дын башында калыптана баштаган кыргыз ж-а өзбек элдеринин арасына сиңип кеткен.

КАРООЛ — кыштак, Өзгөн р-нундагы Кароол айыл советинин борбору. Бул айыл советине Мырза-Арык, Шераалы, Орто-Арык, Жан-Шоро кыш. да карайт. Кара-Дарыянын жайылмасында, Ош — Өзгөн авт. жолуна жакын жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 6 *км* түш.-батыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 42 *км*. Калкы 2115 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, кой багуу. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, кесиптик-тех. окуу жайы ж. б. бар.

КАРЫМШАКОВ Абдыкадыр (1898, азыркы Сузак р-ну, Алмалы-Булак кыш. —1979, ошол эле жерде) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1930-ж. к-зго кирген. Дыйканчылык бригада сында бригадир, кийин «Соку-Таш» ж-а «Алмалы-Булак» к-здорунда председатель болуп иштеген. 1941—45-ж. Сов. Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Армиядан келгенден кийин дыйканчылык бригадасын жетектеген. 1946-жылдан жылкычы болуп иштеген. 1948-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени, медалдар, «СССР социалисттик айыл чарбасынын отличниги» төш белгиси м-н сыйланган. 1947—51-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

КАСАН — жакшы чындалган чакан чеп, б. шаардын калдыгы. Өзбек ССРи м-н Кыргыз ССРинин чек арасында Касан-Сай ш-нан (Өзбек ССРи) түндүгүрөөктө жайгашкан. 1885-ж. Н. И. Веселовский казган. А. Н. Бернштам (1948) м-н Ю. А. Заднепровскийдин (1951, 1983) изилдөөлөрү шаардын тарыхый мезгилдерин аныктоого мүмкүндүк берет. Б. з. ч. 2—1-к-да Даван мамлекетинин борбору болгон. Табылган карапалар К-дын алгачкы дооруна таандык. Кийинки доорго (6—8-к.) шаардын чыгыш бөлүгүндөгү бөлмөлөр м-н коридор (1951-ж. казылган), шаардын батыш бөлүгүндөгү 4 бөлмөлүү үй ж-а коридор (1983-ж. ачылган) кирет. 6—8-к-да шаарда Түн. Ферганадагы түрк өкүмдарларынын ордосу болгон. 11—12-к-да 4 мазар, тыйын акча чыгаруучу жай курулган. К-дын тарыхынын акыркы мезгили 13—16-к-га таандык. Шаарда тиричилик б. з. ч. 2—1-к-дан б. з. 16-к-на чейин (анча-мынча үзгүлтүк м-н) болуп турган.

КАСАН-САЙ — Ала-Бука р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Сыр-Дарыянын оң куймасы. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталынан башталат. Уз. 75 *км*, алабынын аянты 1780 *км*^{2}. Жог. агымында Чаткалды-Сай аталып, өрөөнү кууш. Касан-Сай кыш. тушта түштүктү карай агып, Нарын дарыясына жетпей сугатка бөлүнүп кетет. Ири куймалары: Терек, Өрүктү, Ала-Бука. Төм. агымында Кукумбай, Чуст, Аксы-Сай ж. б. каналдар курулган. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Апрель — июль айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 10,9 *м*^{3}/*сек*. Апрелде кирип, октябрда тартылат. Ала-Бука суусунун чатынан жогору Орто-Токой суу сактагычы курулган (1947). Боюнда Касан-Сай, Төрө-Коргон кыш. жайгашкан.

КАСАН-САЙ КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы сурьма рудасы чыккан жер. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталындагы Касан-Сай суусунун сол өйүзүндө. 1935-ж. табылып, 1940—60-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын протерозой заманынын аягында пайда болгон акиташ теги м-н сланецтер түзөт. Руда негизинен алардын кошулган жеринде, кээде акиташ тегинин арасындагы брекчия кабаттарында кезигет. Руда кабатча түрүндө барит, кварц, кальцит, антимонит, сфалерит ж. б. сейрек кездешүүчү минералдардан турат. Брекчия кремнийлешкен тоо тек сыныктарынан түзүлүп, алар кварц ж-а антимонит, кээде барит, кальцит м-н цементтелген. Руда тулкуларынын уз. 50—100 *м*ге созулуп, калындыгы 1,6—2,8 *м*ге жетет. Кен герцин металлогениялык доордо гидротермден пайда болгон.



С. Ф. Касымбеков



Ф. Касымбеков

КАСЫМБЕКОВ Санжар Фазылбекович (1902, Ош ш. —1924, Самаркан обл., Дархан кыш.) — парт. сов. кызматкер. Контрреволюцияга ж-а басмачыларга каршы активдүү күрөшкөн. 1918-жылдан Компартиянын мүчөсү. Ф. *Касымбековдун* уулу. Ош ш-нда «Окуучулар союзун» уюштурган, падыша өкмөтүнө каршы эмгекчилердин демонстрацияларын уюштуруунун демилгечиси болгон. Ошто Совет бийлиги орногондон кийин калкты азык-түлүк м-н камсыз кылуу жагында иштеген. Кызыл Гвардия отрядында саясий-тарбия иштерин жүргүзгөн. Түркстан Компартиясынын 2-съездинин (1918, декабрь) делегаты. Ош ш-нда коммунисттик ячейка, профсоюз ж-а комсомол уюмдарын уюштурууга, Анжиянда Совет бийлигин орнотууга, Ташкендеги контрреволюциячыл козголоңду басууга ж-а Закаспий фронтундагы согушка катышкан. Басмачыларга каршы күрөшүү ж-а шаарды басмачылардан коргоо б-ча ыктыярдуу Ош отрядынын командири. 1919-ж. октябрдан РКП(б)-нин Ош шаардык мусулман уюмунун председателине орун басар, 1920-ж. февралдан Ош уезддик-шаардык к-тинин председатели. Түркстан фронтунун рев-ячыл аскер советинин атайын бөлүмүндө тергөөчү. Хожент ш-на профсоюз иштерин уюштурууга жиберилген. Ошол эле учурда Хожент уездинин сакчылар начальниги болуп иштеген. 1924-ж. 8-ноябрда басмачылар кыйнап өлтүргөн. Ош ш-ндагы көчөгө анын ысмы берилген.

КАСЫМБЕКОВ Фазылбек (Фазль-Алибек, Мырза Фазылбек ажы; 1863, азыркы Тоолуу Бадакшан АОсу, Шугнан кыш. —1919, Ош ш.) — тарыхчы, эл агартуучу ж-а саякатчы. Улуту тажик. Рев-яга чейинки Ош ж-а бүткүл Фергана аймагындагы интеллигенция өкүлдөрүнөн. Чыгышты изилдөөчү. Алдыңкы көз караштагы, Фергана аймагынын маданиятына чоң салым кошкондордон. 19-к-дын 70-жылдарында Касымбековдордун үй-бүлөсү Ферганага көчүп келишкен, ал жерден Фазылбек Маргаландагы жог. диний мектепти — Султан Мурадбектин медресесин бүтүргөн. 80-жылдардын аягы — 90-жылдардын башында К. Ошто жашап, өмүрүнүн үзүрлүү бөлүгүн өткөргөн. Билимдүүлүгү, чыгыш элдеринин ж-а орус тилин жакшы билиши илимий экспедицияларга катышууга, талаа иштеринин ыкмаларын тез өздөштүрүүгө ж-а өркүндөтүүгө, изилдөөлөргө пайда келтиришине мүмкүндүк берген. 1885-жылдан Тянь-Шань, Кашкар (1885, 1886), Гиндукуш, Тибет, (1888—90), Алай (1893), Памир (1903, 1904) ж. б. жактарга жасалган бир катар орус илимий экспедицияларына катышкан. Экспедицияларда тилмеч, жол көрсөтүүчү, чарбалык иштерди башкаруучунун милдетин аткарган. Метеорологиялык байкоо жүргүзүп, этнографиялык, зоологиялык коллекцияларды, статистикалык ж-а жалпы географиялык маалыматтарды жыйнап, дипломатиялык тапшырмаларды аткарган. Ал экспедицияга кылган кызматы үчүн 2 алтын, күмүш, коло медалдар (а. и. Орус география коомунун медалдары) м-н сыйланган. Чыгыш элдеринин тарыхы м-н маданиятына кызыккан, өзүнүн мекени — Бадакшандын тарыхын изилдеген, орто азиялык авторлордун сейрек кездешкен чыгармаларын чогулткан. 1907-ж. Бадакшандын 1809—1907-ж-дагы соңку тарыхын жазган. Анын эмгеги 19-к-дын башында жазылып бүткөн Мырза Сан-Мухаммед Бадахшинин эмгегинин уландысы болуп калды. Эл агартууга, кедей-кембагалдардын балдарын окутууга көп

көңүл бурган. Оштогу орус-тузем мектебинде көп жыл мугалим болуп иштеген, кийин ал жерде жаңы ыкма б-ча иштөөчү мектеп ачууга жетишкен (1910). 1914—17-ж. Ошто демократиялык маанайдагы жаштардын тобун жетектеген. 1917-ж. ушул жерде уулу С. Ф. *Касымбеков* м-н «Окуучулар союзун» түзгөн; анын мүчөлөрү прогрессчил көз карашта болуп, динге ж-а дин кызматкерлерине каршы күрөшкөн, ачарчылыкка учурагандар үчүн каражат чогултушкан, адабий-муз. кечелерди, спектаклдерди уюштурушкан. 1919-ж. 14-февралда басмачылар өлтүргөн.

КАТТА-КАРА-СЕЛ МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түн. капталындагы арта салма-өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 4,3 *км*, аянты 3,7 *км*^{2}, көлөмү 0,27 *км*^{3}. Исфайрам-Сайдын оң курамы, Кичи-Алайдын алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы д. дең. 4750 *м*, этеги 4100 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4500 *м*. Кийинки мезгилде тарылууда. Мөңгүдөн Кара-Сел суусу (Кичи-Алайдын куймасы) башталат.

«КАТТА-ТАЛДЫК», Кыргызстан мал чарба илимий өндүрүш бирикмесинин Оштогу «К.-Т.» мал чарба тажрыйба станциясы (Кара-Суу р-ну, Баш-Булак кыш.). Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тине карайт. 1928-ж. «К.-Т.» с-зунун базасында түзүлгөн. 1958-жылдан мамл. асыл тукум кой з-ду, 1977-жылдан азыркыдай аталат. Ишинин нег. багыттары — уяң жүндүү кыргыз кой тукумунун продуктуулугун арттыруу. 33 773 *га* (а. и. 29 527 *га* а. ч-га жарактуу) жери, 48 бодо мал, 785 жылкы, 35 505 кою бар (1986). 1985-ж. ар 100 тубар койдон 105тен козу, 4,5 *кг*дан жүн алган. 1967-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Станцияда 1 бөлүм (мал чарба), 9 илимий кызматкер (1 илимдин кандидаты) иштейт (1986). Станциянын ишине Соц. Эмг. Баатыры Т. Полотов, Т. Исмаилов ж. б. чоң салым кошкон.

КАТТА-ҮҢКҮР — Катырак тоосунун түн.-чыгыш капталында жайгашкан карст үңкүрү. Фрунзе р-нунун аймагында, Фрунзе ш. т. п-нан 7 *км* батыш тарапта. Үңкүрдүн уз. 30 *м*, көлөмү 1410 *м*^{3}, бийикт. 8 *м*ге чейин, туурасы 12 *м*дей. Акиташ тектүү катмарда пайда болгон. Үңкүрдүн боорунда сүрөттөр тартылган, алар кайсы мезгилге таандык экендиги азырынча аныктала элек. Үңкүрдү мурда жерг. эл ыйык тутуп, сыйынышкан.

КАТЫНАРТ АШУУСУ — Алай кыркатоосундагы ашуу. Алай (түш.) ж-а Гүлчө (түн.) өрөөндөрүн байланыштырат. Д. дең. бийикт. 3514 *м*. Тоо кыркаларынын ашуудан салыштырмалуу бийикт. 200—300 *м*. Ашуунун бели анча татаал эмес. Тоо кырлары тайпак, түздүктүн калдыктары кездешет. Негизинен палеозойдун акиташ тектеринен түзүлгөн. Ашуу аркылуу Ош — Хорог авт. жолу өтөт.

КАТЫРАҢ — кыштак, Лейлек р-нундагы Катырак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаңы-Турмуш, Өзгөрүш кыш. да карайт. Козу-Багыш суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Исфана кыш-нан 55 *км*, чыгыш тарапта, Пролетарск темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 114 *км*. Калкы 2525 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, кесиптик-техн. окуу жайдын филиалы, бала бакча, оорукана, аптека, китепкана ж. б. бар.

КАТЫРАҢ ТООСУ Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө, Сох ж-а Шаймерден сууларынын аралыгында. Уз. 44 *км*, эң жазы жери 8 *км*. Д. дең. орт. бийикт. 2990 *м*, эң бийик жери 3373 *м* (Катырак чокусу). Түн. капталы айдош, Фергана өрөөнүн карай жапыздайт, түш. капталдары тик (35—40°). Палеозой заманында пайда болгон акиташ тегинен, тоо этектери неогендин борпоң чөкмөлөрүнөн турат. Капталдарын талаа ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү, токой, альп ж-а субальп шалбаасы өөлейт. Жайыт.

КАЧУРА ТООСУ (Ак-Богуз кырка тоосу) — Фергана тоо тизмегинин түн.-батыш тармагы. Кулун көлүнүн түштүгүндө, Кулун ж-а Кара-Кулжа сууларынын аралыгында кеңдик багытта 34 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 10 *км*, д. дең. орт. бийикт. 3800—4000 *м*, эң бийик жери 4497 *м*. Кыры аска-зоокалуу ж-а мөңгүлүү, капталдары тик, капчыгай, кокту-колоттуу. Негизинен юра мезгилинин конгломерат, гравелит, кумдук, аргиллит тектеринен турат. Батыш бөлүгүнө талаа ж-а шалбаалуу талаа (2300—2500 *м* бийиктикке чейин), шалбаа-токой-бадалдуу (2800—2900 *м*), субальп ж-а альп шалбаалуу талаа, сейрек бетегелүү талаа, чыгыш бийик бөлүгүнө субальп ж-а альп шалбаалуу талаасы (2900—3300 *м*), андан жогору бийик тоо тундралуу талаа ж-а гляциалдык-нивалдык алкактар мүнөздүү. Жайыт.

КАЧЫКЕЕВ Сармат (1893, азыркы Чүй р-ну, Шамшы кыш.—1963, Жаңы-Жол р-ну, Караван кыш.)— Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими (1944). 1903—11-ж. Токмоктогу татар мектебинде окуган. 1911—14-ж. Уфа ш-ндагы «Галия» атн. мугалимдер мектебинде окуп, оорусуна байланыштуу бүтпөй калган. 1915—17-ж. Ташкенде ги жаңы соода комитетинин тамак-аш дүкөнүндө иштеген. 1919—18-ж. Ташкенде ачылган 9 айлык Крайлык мугалимдерди даярдоо курсунда окуган. 1919-жылдан Жаңы-Жол р-нундагы Кара-Жыгач башталгыч мектебинде мугалим болуп иштей баштап, өмүрүнүн акырына чейин Жаңы-Жол ж-а Ала-Бука р-ндорунун мектептеринде мугалим, балдар үйлөрүндө ж-а мектептерде директор болуп эмгектенген. Областта агартуу ишинин өнүгүшүнө чоң салым кошкон. 1946—50-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты, Ленин ордени (1951), Кызыл Жылдыз (1946), Эмгек Кызыл Туу (1949) ордендери м-н сыйланган.



С. Качыкеев



Д. Н. Кашкаров

КАШКАР-КЫШТАК — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Кашкар-Кыштак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Алга-Бас, Бек-Жар, Кенжекул, Жар-Ооз, 18-партсъезд, Анжиян-Махалла, Тажик-Махалла кыш. да карайт. Ош — Фрунзе авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 10 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 0,5 *км*. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 9131 (1987). Нег. чарбасы — мал багуу, пахта, тамеки өстүрүү. Эки орто мектеп, оорукана, поликлиника, аптека, клуб, ашкана ж. б. бар.

КАШКАР-КЫШТАК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Кара-Суу р-нундагы Кашкар-Кыштак кыш-нын четинде, Ош — Кара-Суу авт. жолунун боюнда жайгашкан. 1941-ж. А. Н. Берштам изилдеген. Төрт бурчтуу формада, аянты 4 *гадай*; түш.-чыгышты карай бийиктеп кетет. Табылган карапаларга караганда анын алгачкы мезгили *Шоро-Башат маданияты* мезгилине туура келет, кийинки мезгилин орто кылымга таандык карапалар айгинелейт. Азыр анын айрымагын курулуштар ээлейт.

КАШКАРОВ Даниил Николаевич (1878, Рязань ш. —1941, Новгород обл., Хвойный станциясы) — сов. зоолог-эколог, биология илимдеринин доктору (1934), профессор. 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Москва университетинин физика-математика факультетинин табият бөлүмүн (1903) ж-а медицина факультетин (1908) бүтүргөн. Академик М. А. Мензбирдин окуучусу. 1919—33-ж. Орто Азия университетинин (Ташкен) биология факультетинин омурткалуулар зоологиясы кафедрасынын башчысы. 1934—41-ж. Ленинград университетинде иштеген. Орто Азиянын (а. и. Түш. Кырг-ндын) табиятын изилдөөлөргө жетекчилик кылган. 1923-ж. Орто Азия башкы музейинин (Ташкен) экспедициясынын составында Батыш Тянь-Шанды, а. и. Пскем өрөөнүн, Сары-Челек көлүн ж-а анын айланасын (Аркыт, Кара-Камыш, Кичи-Кара-Катын-Сай, Кара-Суу ж. б.), 1924—27-ж. Арстанбап, Кетмен-Төбө, Узун-Акмат өрөөндөрүнүн омурткалуу жаныбарлар дүйнөсүн изилдеген. Жаныбарлардын экологиясы б-ча СССРдеги алгачкы жыйнактын автору.

КАШКА-СУУ — кыштак, Алай р-нундагы Кашка-Суу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Кабак, Кызыл-Эшме, Кабык, Сары-Могол, Ачык-Суу кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 200 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 240 *км*. Калкы 1521 (1987). Нег. чарбасы — мал багуу. Орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана ж. б. бар.

КАШКА-СУУ — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Кашка-Суу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаңы-Айыл, Кара-Дөбө, Сөгөт кыш. да карайт. Райондун борбору Караван кышнан 13 *км* түш.-батыш тарапта, Шамалды-Сай темир жол станциясынан 87 *км*. Калкы 2356 (1985). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, амбулатория, маданият үйү, китепкана ж. б. бар.

КАШКА-СУУ МӨҢГҮЛӨРҮ Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталында, Алтын-Дара суусунун алабын ээлейт.

Анда азыр этек мореналары туташ жаткан өрөөн тибиндеги үч мөңгү бар. Анын экөө (Ортоңку ж-а Батыш К.-С. м.) — ири мөңгүлөр. Ортоңку мөңгүнүн уз. 5,5 *км*, аянты 4,8 *км*^{2}. Мөңгүнүн башы д. дең. 5500 *м*, этеги 3940 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300 *м*. Батышындагы мөңгүнүн уз. 5,5 *км*, аянты 5,9 *км*^{2}. Башы д. дең. 5500 *м*, этеги 4080 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт 4500 *м*. Мөңгүлөрдөн Кашка-Суу башталып, Миң-Теке м-н кошулат да, Алтын-Дарага (Кызыл-Суунун сол куймасы) куят.

КЕДЕЙЛЕР КОМИТЕТИ — айыл-кыштак кедейлеринин уюму, пролетариат диктатурасынын кыш-дагы таяныч пункту. 1918-ж. октябрдан Ош уездинин айыл-кыш-нда түзүлө баштаган. Алгачкы К. к. (айыл-кыштак кедейлер союзу) Жазы ж-а Куршаб болуштарында пайда болгон. 1918-ж. декабрда Кырг-ндын түштүгүндө 20дан ашык К. к. болгон. Агрардык маселелерди чечүүгө, коллективдүү чарбаларды түзүүгө, кулактардын ж-а байлардын жерлерин конфискациялоого катышып, Советтер түзүлө элек жерлерде алардын функциясын аткарган (к. *«Кызыл-Ай»*). Жумушчу табы м-н эмгекчил дыйкандардын союзун чыңдоодо көрүнүктүү роль ойногон. К. к-нин негизинде 1920-ж. сентябрда *«Кошчу» союзу* түзүлгөн.

КЕКИЛИК-УЧАР — Базар-Коргон р-нундагы суу, Кара-Үңкүрдүн сол куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы булактардан башталат. Уз. 39 *км* (Шаркыратманы кошкондо). Алабынын аянты 198 *км*^{2}, д. дең. орт. бийикт. 1200 *м*. Жог. агымында Шаркыратма аталат. Жапыз тоону ж-а адырларды аралап агат. Суу тартылган мезгилде айрым учурда соолуп да калат. Жылдык орт. чыгымы 0,67 *м*^{3}/*сек*. Негизинен кар, жаан-чачын ж-а булак сууларынан куралат. Сугатка пайдалангандыктан Тентек-Сайга (Кара-Үңкүргө) жетпейт. Боюнда Кара-Жыгач кыш. жайгашкан.

«КЕҢЕШ» — Кара-Суу р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кеңеш кыш.). 1960-ж. «Төлөйкөн» с-зунан бөлүнүп чыккан. Жашылча өстүрүүгө, сүт өндүрүүгө адистештирилген. 11,7 миң *га* (а. и. 7,9 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,9 миң бодо мал, 3,3 миң коюбар (1986).

КЕҢЕШ — кыштак, Өзгөн р-нундагы Баш-Дөбө айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кош-Коргон, Кызыл-Кырман, Жаңы-Жол кыш. да карайт. Жазы суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 7 *км* түн.-батыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 60 *км*. 1930-ж. негизделген. Калкы 707 (1987). Нег. чарбасы — дыйканчылык (тамеки, беде уругу, жүгөрү өстүрүү). Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КЕҢКОЛ КӨЛҮ Базар-Коргон р-нунун аймагында, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы Кызыл-Үңкүр өрөөнүнүн баш жагынан орун алган. Д. дең. 1840 *м* бийиктикте жатат. Уз. 700 *м*, туурасы 100—120 *м*, аянты 0,1 *км*^{2}, тереңдиги 20—25 *м*. Көл б. моренанын өрөөндү бөгөп калышынан пайда болгон. Бөгөттүн бийикт. 50—60 *м*. Көлдөн Кеңкол суусу агып чыгып, Отуз-Адыр суусу м-н кошулуп, Кызыл-Үңкүр суусун түзөт. Көлдү курчаган тоо капталдары тик, анда арча, карагайтокою, көлдүн башталышындагы чакан дельтачада тал, терек жыш өсөт. Көлдө көк чаар, сазан, жилингир ж. б. балыктар бар.

КЕҢКОЛ ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин меридиан багытында жаткан бир тармагы. Базар-Коргон р-нунун аймагындагы Кара-Үңкүр ж-а Кара-Суу (чыгыш) сууларынын алабында жайгашкан. Уз. 26 *км*дей, туурасы 4—5 *км*, орт. бийикт. 3400 *м*, эң бийик жери 3755 *м*. Тоонун Кара-Суу (чыгыш) өрөөнүнө түшкөн түн. капталы кыска, тик. Түш. капталы жазыраак келип, чыгыш тарабы гана тик, капчыгайлуу. Силур м-н девондун туф, порфирит, акиташ, сланец ж-а кумдук тектеринен турат. Түш. капталына (3000 *м*ге чейин) жаңгак-жемиш токойлуу шалбаа, түндүгүнө шалбаалуу талаа ж-а бийик чөптүү шалбаа, 3500 *м*ге чейин субальп ж-а альп шалбаасы, андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт, айрым жерлери чабынды.

КЕПЕЛҮҮ-САЙ КЕНИ — Жаңы-Жол р-нундагы кум-шагыл жаткан жер. Таш-Көмүр темир жол станциясынан 5—6 *км* түш.-батышта, Нарын дарыясынын боюнда. 1970-ж. табылып, 1980-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын неоген ж-а антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң аллювий ж-а пролювий чөгүндүлөрү түзөт. Пайдалуу кум-шагыл катмары неогендин начар камдашкан

конгломерат катмарынан турат. Калыңдыгы 10—30 *м*, уз. 1,5 *км*ге жакын. Ири шагылдар 10%, майда шагылдар 50%, кум 40%ти түзөт. Кум-шагылда чак 20—22%ке чейин. Ири шагылдарды майдалап, «200», «300» маркасындагы бетон жасоого болот. Запасы 10700 миң *м*^{3}.

КЕРЕЙ КЕНИ — Ленин р-нундагы тиитан рудасы чыккан жер. Жалал-Абад ш-нан 70—80 *км* түн.-батыш тарапта, Бабаш-Ата тоосунун түш. капталында. 1949-ж. геологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Кен аймагын силур м-н девондун чөкмө ж-а аны жиреп чыккан ультра негиздүү интрузия тектери түзөт. Руда габбро-диабаз штогунда жайгашкан. Ал майда чачыранды сепкил түрүндө кездешкен ильменит минералынан турат. Андан башка кошунду катары марганец, ванадий, жездин минералдары бар. Кендеги титандын кондициялык өлчөмү 3,44%ке чейин.

КЕСИПТИК-ТЕХНИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАР эл чарбасынын ар кандай тармактары үчүн квалификациялуу жумушчу кадрларын даярдайт. Областта 41 орто ж-а 1 атайын К.-т. о. ж. (27 айылдык, 15 шаардык) бар (1985). Орто К.-т. о. ж-да (25 миң окуучу) окуу мөөнөтү 1—3 жыл; аларда кесипке даярдоо м-н кошо жалпы орто билим берилет. Эл чарбасынын 21 тармагы үчүн 110 адистик б-ча кадрларды даярдайт. Өндүрүштүк окуу өнөр жайларда ж-а а. ч. өндүрүшүндө өткөрүлөт.

Кесиптик-тех. орто окуу жайлары (1985-ж. 1-январь)

№/№	Адреси	Түзүлгөн жылы	Нег. адистиктери	Окуучуларынын саны	Инженер, педагогдордун саны
1	2	3	4	5	6
№ 1	Жалал-Абад ш.	1936	Кыш-ды электрлештирүү ж-а байланыш б-ча электр монтёру, тракторист, багбан, тамекичи, бал челекчи ж. б.	1029	102
№ 3	Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 204	1972	Токарь, слесарь-ремонттоочу, шыбакчы-сырдоочу, электр м-н ширетүүчү, жыгач уста ж. б.	360	24
№ 7	Кызыл-Кыя ш., Биринчи Май көчөсү, 12	1942	Экскаватор машинисти, тоо-кен машиналарынын машинисти, өткөөлчү ж. б.	911	65
№ 8	Кызыл-Кыя ш., Караван кыш.	1958	Тамекичи, тракторист, газ ж-а электр м-н ширетүүчү, автокран машинисти, мелиорация иштери б-ча механизатор, токарь ж. б.	1330	126
№ 9	Ленин р-ну, Бүргөндү кыш.	1959	Тамекичи, кеңири профилдеги тракторист-машинист, электр м-н ширетүүчү, трактор айдоону билген чабан ж. б.	773	66
№ 11	Ош ш., Голубев көчөсү, 36	1936	Токуучу, кийим тигүүчү моторист, жеке буйрутма б-ча кийим тигүүчү.	807	69
№ 12	Ош ш., Западный көчөсү, 1	1956	Арматурщик, монтаждоочу, электр м-н ширетүүчү, сырдоочу.	1211	120
№ 16	Ош ш., Касымбеков көчөсү, 4	1964	Токуучу, жип ийрүүчү, жылмалоочу, электрик, даяр продукция контролёрлору ж. б.	849	100
№ 21	Ала-Бука р-ну, Ак-Коргон кыш.	1970	Столяр-куруучу, жыгач уста, тракторист-машинист, бульдозерист, аялдардын жеңил кийими б-ча бычмачы ж. б.	655	62
№ 29	Совет р-ну, Кара-Кулжа кыш.	1973	Слесардык иштерди билген авт. айдоочу, кеңири профилдеги тракторист-машинист ж. б.	476	39
№ 31	Лейлек р-ну, Кулунду кыш.	1975	Айыл курулушу б-ча мастер, тамекичи, тракторист-машинист, трактор айдоону билген чабан ж. б.	508	44
№ 33	Фрунзе р-ну, Марказ кыш.	1976	Кеңири профилдеги тракторист-машинист, тракторист-машинист, а. ч. өндүрүшүндө электр жабдуулары б-ча электр монтёру, малчы ж. б.	400	42
№ 34	Баткен р-ну, Самаркандек кыш.	1976	Тракторист-машинист, слесардык иштерди билген авт. айдоочу ж. б.	489	45
№ 36	Сузак р-ну, Октябрь кыш.	1936	Тамеки сорттоочу, жашылча өстүрүүчү мастер, тракторист-машинист, наабайчы, камыр жууруучу машиналардын машинисти, кондитер ж. б.	771	99

1	2	3	4	5	6
№ 38	Өзгөн р-ну, Кароол кыш.	1979	Шыбакчы, плита жабыштыруучу, сырдоочу-шыбакчы, слесарь-сантехник, кыш кыноочу ж. б.	791	48
№ 44	Алай р-ну, Дароот-Коргон кыш.	1979	Кыш кыноочу, кеңири профилдеги тракторист-машинист, столяр, жыгач уста, трактор айдоону билген чабан ж. б.	443	37
№ 46	Чаткал р-ну, Каныш-Кыя кыш.	1980	Электр монтёр, мал чарба ферма механизатору, кеңири профилдеги тракторист-машинист ж. б.	360	21
№ 52	Базар-Коргон р-ну	1981	Тамекичи, а. ч. курулушу б-ча тракторист-машинист, авт. айдоочу, мастер-наладчик ж. б.	485	38
№ 53	Жаңы-Жол р-ну, Кызыл-Туу кыш.	1982	Трактор айдоону билген чабан, кыш кыноочу, кеңири профилдеги тракторист-машинист ж. б.	354	28
№ 54	Ноокат р-ну, Жаңы-Базар кыш.	1982	Столяр-куруучу, жыгач уста, кеңири профилдеги тракторист-машинист, малды ветеринариялык кароодон өткөрүүчү ж-а имаратты дезинфекциялоочу оператор ж. б.	398	51
№ 57	Баткен р-ну, Баткен кыш.	1980	Электр монтаждоочу, айыл курулушу б-ча мастер, жыгач уста, шыбакчы, сырдоочу ж. б.	222	33
№ 58	Ноокат р-ну, Жаңы-Ноокат кыш.	1984	Кеңири профилдеги тракторист-машинист, тамекичи.	138	17
№ 59	Кара-Суу р-ну	1966	Кеңири профилдеги тракторист-машинист, авт. айдоочу, а. ч. өндүрүшүндө электр жабдуулары б-ча электр монтёру ж. б.	664	68
№ 60	Өзгөн р-ну, Куршаб кыш.	1940	А. ч. өндүрүшүндөгү электр жабдуулары ж-а ремонттоо б-ча электр монтёру, кеңири профилдеги тракторист-машинист, машина м-н уй саачу саанчы ж. б.	1145	109
№ 63	Базар-Коргон р-ну, Базар-Коргон кыш.	1962	Мал чарба фермаларынын механизатору, малчы, тракторист-машинист ж. б.	600	46
№ 64	Кара-Суу р-ну, Баш-Булак кыш.	1965	Трактор айдоону билген чабан, а. ч. өндүрүшүндөгү электр жабдуулары б-ча электр монтёру, сүттү алгачкы иштетүүчү оператор, малды ветеринариялык кароодон өткөрүүчү ж-а имаратты дезинфекциялоочу оператор ж. б.	602	38
№ 65	Араван р-ну	1966	А. ч. өндүрүшүндө электр жабдуулары б-ча электр монтёру, кеңири профилдеги тракторист-машинист, авт. айдоочу, мал чарба фермаларынын механизатору, жыгач уста ж. б.	603	57
№ 66	Ленин р-ну, Шамалды-Сай ш. т. п.	1966	Жашылча өстүрүү б-ча мастер, сүттовар фермаларын тех. жактан тейлоочу мастер-наладчик, тракторист-машинист ж. б.	628	67
№ 67	Алай р-ну, Гүлчө кыш.	1970	А. ч. өндүрүшүндө электр жабдуулары б-ча электр монтёру, трактор айдоону билген чабан, сырдоочу-шыбакчы ж. б.	628	66
№ 68	Ленин р-ну, Арал кыш.	1979	Сырдоочу-шыбакчы, болот ж-а темир-бетон жасалмаларын монтаждоо б-ча кыш кыноочу-монтаждоочу, электр м-н ширетүүчү, кыш кыноочу, жыгач уста ж. б.	570	42
№ 69	Жаңы-Жол р-ну, Караван кыш.	1971	Авт. айдоону ж-а слесардык иштерди билген кеңири профилдеги тракторист-машинист, эт багытындагы мал чарба оператору ж. б.	651	43
№ 70	Кызыл-Кыя ш., Школьный көчөсү, 45	1923	Столяр-жыгач уста, слесарь-газ м-н ширетүүчү, арматурщик-электрик, автокран машинисти, электр м-н ширетүүчү, жыгач уста.	796	80
№ 71	Кок-Жаңгак ш., Ремесленный көчөсү, 20	942	Электр м-н ширетүүчү, слесарь-сантехник, газ м-н ширетүүчү, столяр-жыгач уста, токарь, кийим тигүүчү-моторист, машинист.	531	33

1	2	3	4	5	6
№ 72	Фрунзе р-ну, Совет ш. т. п.	1974	Кийим тигүүчү-моторист, сырдоочу-шыбакчы, жыгач уста, электр м-н ширетүүчү, эркектердин сырт кийими б-ча бычмачы ж. б.	372	31
№ 73	Сүлүктү ш., Сегизинчи талаа	1980	Электр б-ча слесарь, экскаватор машинисти, авт. ремонттоочу слесарь ж.б.	638	48
№ 74	Таш-Көмүр ш., Чапаев көчөсү, 7	1961	Столяр-жыгач уста, шыбакчы-плита жабыштыруучу, кыш кыноочу, слесарь-сантехник, газ м-н ширетүүчү, арматурщик ж. б.	401	36
№ 75	Жалал-Абад ш., Шопоков көчөсү, 35	1955	Столяр-жыгач уста, шыбакчы, плитө жабыштыруучу, кыш кыноочу-жыгач уста, электр ж-а газ м-н ширетүүчү ж. б.	1295	86
№ 76	Майлы-Сай ш.	1964	Ашпоз, монтаждоочу, электр вакуум жабдууларын оңдоочу, плита жабыштыруучу, токарь ж. б.	559	51
№ 77	Кочкор-Ата ш. т. п.	1980	Нефть ж-а газ казып алуу б-ча оператор, моторист-дизелист, кыш кыноочу, электр монтёру, авт. айдоочу ж. б.	231	20
№ 78	Ош ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү	1982	Турмуш-тиричилик машиналарын ж-а приборлорун оңдоо б-ча слесарь-электрик, чач тарач, фотограф, бычмачы, өтүкчү ж. б.	310	24
№ 79	Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 66	1965	Токарь, текстиль өндүрүшү б-ча слесарь-ремонттоочу, секретарь-машинистка, троллейбус айдоочу, авт. ремонттоочу ж. б.	309	21

КЕЧКЕ-СУУ МӨҢГҮЛӨРҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы Кечке-Суу суусунун төрүндө жайгашкан 2 мөңгү (Оң ж-а Сол К.-С. м.). Оң тараптагы мөңгүнүн уз. 11,3 *км*, аянты 22,5 $км^2$, көлөмү 2,1 $км^3$. Татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Башы д. ден. 6280 *м*, этеги 3700 *м*, кар чеги 4100 *м* бийиктикте жатат. Сол тарабындагы мөңгүнүн уз. 5,3 *км*, аянты 10,2 $км^2$, көлөмү 0,5 $км^3$. Чуңкурчак тибиндеги мөңгү. Мөңгүнүн башы д. ден. 5400 *м*, этеги 4100 *м*, кар чеги 4900 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүлөрдөн Кызыл-Суунун сол куймасы Кечке-Суу өзөнү башталат.

КИЙИМ ТИГҮҮ ФАБРИКАЛАРЫ. Областтын аймагында Кыргыз ССР жеңил ө. ж. мин-восунун 3 ф-касы (Ош, Жалал-Абад, Майлы-Сай ш-нда), жерг. ө. ж. мин-восунун 4 ф-касы (Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр ш-нда, Фрунзе ш. т. п-нда) ж-а Бүткүл союздук «Динамо» физкультура-спорт коомунун (Кызыл-Кыя ш-нда) кийим тигүү ф-касы иштейт (1986). Жалал-Абад ф-касы балдар кийимин, ымыркай балдардын кийим комплекти, аялдардын халат-көйнөктөрүн тигет; жылына 9,2 млн сомдук продукция чыгарат. Көк-Жаңгак ф-касы матрац, куртка тигет. Жылына 6 млн сомдук продукция чыгарат. Кызыл-Кыя ф-касы 5 түрлүү спорт кийимдерин тигүүгө адистештирилген. Жылына 1,4 млн сомдук продукция чыгарат. Майлы-Сай ф-касы эркектердин, балдардын шымын тигүүгө адистештирилген. Жылына 8,3 млн сомдук продукция чыгарат. Сүлүктү ф-касы шейшеп тигет, 5 млн сомдук продукция чыгарат. Таш-Көмүр ф-касы ымыркай балдар үчүн шейшептерди тигет. Жылына 2 млн сомдук продукция чыгарат. Кадамжай ф-касы (Фрунзе ш. т. п.) балдардын ич кийимин, эркек балдардын көйнөгүн тигет. Жылына 2 млндон ашык сомдук продукция чыгарып, мамлекетке өткөрөт.

КИНОУСТАНОВКАЛАР— кинофильм көргөзүүчү жабдуулар комплекси. Областтын аймагында К. алгачкы жолу 20-к-дын башында Сүлүктү, кийин Ош ж. б. шаарларда коюлган. Областтагы Кыргыз ССР Мамл. кино к-тинин ж-а Кыргызстан профессиялык союздар советинин кино б-ча советинин системасында 487 К. иштейт (1986). Стационардык К. кинотеатрларда, маданият үйлөрүндө, клубдарда, мектептерде, ижарага алынган жайларда орнотулган. Мындан тышкары көчмө автоклубдар иштейт.

КИНО ЫШКЫБОЗДОР КЛУБУ, Ош обл. кино ышкыбоздорунун клуб-лабораториясы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 205). Обл. профсоюздар советине карайт. 1976-ж. ачылган. Областтын кино ышкыбоздорунун 31 ийрими ж-а студиясы үчүн окуу-методикалык борбор

болуп эсептелет. Областтын кино ышкыбоздор ийримдери ж-а студия жетекчилери м-н кинодраматургия, режиссура, операторлук чеберчиликти жогорулатуу ж-а кинотехника б-ча консультация, семинарларды өткөрөт. Кино ышкыбоздорунун фильмдеринин карроо-конкурстарын уюштурат, айылдык коллективдерге шефтик жардам көрсөтөт, профессионал кинематографисттер м-н кино ышкыбоздорунун чыгармачылык байланышын өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Кино өнөрүн калк арасына пропагандалайт. 40 орундуу залы, плёнканы өңүнө чыгаруучу лаборатория, фильмге үн берүүчү ж-а монтаждоочу жабдуулары бар. 1983-ж. обл. конкурста кино ышкыбоздорунун 30га жакын кинофильмдери көрсөтүлүп, анын жетөө респ. конкурста байгелүү орундарды ээлеген. «Ак-Куу» (Майлы-Сай маданият үйү) ж-а «Луч» (Өзгөн р-нундагы «Тамеки» тажрыйба-селекция станциясы) киностудияларына элдик деген наам берилген. «Ак-Куу» киностудиясынын режиссёру — Ю. С. Чебыкин (1972-жылдан), «Луч» киностудиясыныкы — К. Байбубаев (1971-жылдан). Областта 327 кино ышкыбоздору бар (1985).

«КИРГИЗИЯ» — Ош ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Ш. Руставели көчөсү). 1966-ж. ачылган. Медицина, укук, атеисттик темада кинолекторийлер иштейт. Залы 625 орундуу. 1985-ж. 500 миңдей адам кино көргөн.

КИР ЖУУЧУ ЖАЙЛАР. Областтын аймагында алгачкы К. ж. ж. 60-жылдарда пайда болгон. 1968-ж. Ош ш-нда сменасына 1000 *кг* (кургак салмагы б-ча) ж-а Жалал-Абад ш-нда сменасына 500 *кг* кир жууй ала турган К. ж. ж. ишке киргизилген. 1973-ж. Кызыл-Кыя, 1976-ж. Алай, Совет ж-а Жаңы-Жол мончо-кир жуучу комбинаттары иштей баштаган; алардын ар бири сменасына 50 *кг*дан кир жууй алат. Ош обл. аткаруу к-тинин коммуналык чарба ж-а абаттандыруу башкармасына караштуу сменасына 1317 *кг* кир жууй ала турган 6 кир жуучу жай иштейт (1986).

КИРОВ — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Сарай айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жданов, Социализм, Тельман, Присавай кыш. да карайт. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 2 *км* түш. тарапта. Калкы 5578 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, амбулатория, клуб, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар.

КИРОВ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Кара-Суу р-нундагы чарба (башкармасы: Киров кыш.). 1930-ж. «Өзгөрүш» к-зу болуп түзүлгөн. 1932-жылдан азыркыдай аталат. 1951—59-ж. Э. Тельман атн. ж-а А. А. Жданов атн. к-здор м-н биригип ирилешкен. Тамеки, пахта өстүрүүгө адистештирилген. 5,7 миң *га* (а. и. 4,9 миң *га* а. ч. жарактуу) жери, 866 бодо мал, 2,8 миң коюн бар (1986).

КИРОВ ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (кеңсеси: Базар-Коргон р-ну, Гүмкана кыш.). 1948-ж. С. М. Киров атн. жаңгак с-зунун базасында уюшулган. Чарбага жарактуу жалпы аянты 32 748 *га* жери (а. и. 20 985 *га*сы мамл. токой фондусуна, 11 763 *га*сы көп жылдык пайдалануага берилген) бар. 12 443 *га* аянтты токой (а. и. 4762 *га*сын жаңгак, 1964 *га*сын арча, 1905 *га*сын алма, 1305 *га*сын жазы жалбыракту дарактар, 2507 *га*сын бадалдар) ээлейт. Ачык аянттар айдоо (956 *га*), чабынды (659 *га*), жайыт (11 148 *га*) катары пайдаланылат.

КИРПИЧ ЗАВОДДОРУ. Областта кирпич чыгаруу б-ча «Ош курулуш материалдар» бириксмеси (2 кирпич з-ду бар) алдыңкы орунду ээлейт. Мындан тышкары Жалал-Абад курулуш материалдар комбинаты (жылына 58 млн кирпич чыгарат) ж-а Кызыл-Кыя курулуш материалдар комбинаты (18 млндон ашык кирпич), о. эле Сүлүктү кирпич з-ду (10,5 млндон ашык кирпич) иштейт.

КИТЕП ДҮКӨНДӨРҮ. Областтык китеп соода системасында 37 китеп дүкөнү ж-а 1 китепкана коллектору, а. и. адистештирилген «Саясий китеп» (Кыргызстан көчөсү), «Жазылып алма китептер» (Ленин көчөсү, 131), букинистик «Табылга» (Свердлов көчөсү, 248) дүкөндөрү бар. Ири К. д. Жалал-Абад ш-нда (№ 1, универсал; жылдык товар жүгүртүүсү 189 миң сом), Фрунзе ш. т. п-нда (универсал; товар жүгүртүүсү 87 миң сом), Майлы-Сай ш-нда (универсал; товар жүгүртүүсү 86 миң сом) иштейт. Сатып алуучулар үчүн өзүн өзү тейлөө ыкмасы бардык дүкөндөрдө киргизилген. К. д-нүн жылдык жалпы товар жүгүртүүсү 3 млндой сом, жалпы соода аянты 2 миң $м^2$. Бардык К. д-ндө 200дөй киши иштейт.

КИТЕПКАНА КОЛЛЕКТОРУ, Ош обл. К. к. — адистештирилген китеп соодалоо мекемеси (Ош ш., Ленин көчөсү, 274). 1955-ж. негизделген. Китепканаларды адабияттар ж-а китепканада колдонулуучу техникалар м-н камсыз кылат; китепканалар үчүн китептерди даярдайт; обл-тын китепканаларына алардын фондун комплекттөө үчүн библиографиялык-консультациялык жардам көрсөтөт; китепканаларды алардын тибине, маданий-экон. профилине ж-а алар тейлеген р-ндордун калкынын улуттук составына жараша комплекттейт. К. к-нда комплекттөө б-ча совет иштейт, аны м-н бирдикте калк көп талап кылган же аз талап кылган адабияттарга разнарядка түзүлөт. Областтын 1441 китепканасына, а. и. Кыргыз ССР Маданият мин-во системасынын 587 китепканасы, о. эле профсоюздук, мед., к-здук китепканалар, мектеп, партиялык, жог. окуу жайлар, атайын орто окуу жайлар, кесиптик-тех. ж-а тех. окуу жайлар ж. б. ведомстволордун кабинеттери үчүн китептерди комплекттейт (1986). Жылдык товар жүгүртүүсү 600 миң сом (1985).

КИТЕПКАНАЛАР. Ош обл-нын аймагындагы алгачкы мамл. К. 20-жылдардын аягында Ош ш., Гүлчө кыш., андан кийин Сузак, Көк-Жаңгак (азыр шаар), Жалал-Абад (азыр шаар) кыш-нда пайда болгон. 1940-ж. обл-тын шаарларында 41 китепкана (196 миң нуска китеп ж-а журнал), айылдык жерлерде 154 китепкана (197 миң нуска китеп ж-а журнал) иштеген. 40—50-жылдары К. калк жашаган бардык ири кыш-да ачылган. 70-жылдардын башында обл-та 400дөн ашык китепкана болгон. 1974—80-ж. мамл. массалык К. тармагы борборлоштурулган; р-ндун же ш-дын аймагында жайгашкан Кыргыз ССР Маданият мин-во системасынын бардык К-ы ошол р-ндун же ш-дын борборлоштурулган К. системасына (БКС) караган. БКСтин уюштуруу-методикалык борбору болуп балдар бөлүмү ж-а филиалы бар (р-ндук БКСтин китеп берүүчү пункттары да иштейт) борб. китепкана эсептелет. Анын китептерди бир жерден комплекттөө, китепканалар үчүн китептерди даярдоо, информациялык-библиографиялык ж-а методикалык иштерди аткаруучу структуралык бөлүмчөлөрү бар. 1986-ж. обл-тагы К-дын саны 1940-жылга караганда 4,2 эсе, китеп-журналдар 25 эсе көбөйгөн. Областтык 4 китепкана (чоң кишилер үчүн областтык китепкана, областтык балдар китепканасы, областтык базалык профсоюздук китепкана, областтык медицина-лык илимий китепкана), 584 филиал, бөлүм, китеп берүүчү пункттарды бириктирген р-ндук ж-а шаардык 22 БКС иштейт (1986). Мындан тышкары профсоюздук (алар 53), колхоздук, парт. кабинеттердин ж. б. ведомстволордун К-ы, коомдук, мед. ж-а тех. К., окуу жайлардын, мектептердин К-ы бар.

КИТЕПКӨЙЛӨР КООМУ, Ош обл. китепкөйлөрдүн ыктыярдуу коому (башкармасы: Ош ш., Свердлов көчөсү, 203). Басылып чыккан китептерди пропаганда-лоону жакшыртууга, аларды эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүүдө активдүү пайдалануга, адабияттарды таратууга коомчулукту кеңири тартууга көмөктөшүүчү ыктыярдуу массалык коомдук уюм. 1974-ж. түзүлгөн. 15 райондук, 7 шаардык, 1107 баштапкы уюмду (171 899 киши) бириктирет (1986). Ош шаардык коому (Свердлов көчөсү, 318) 1974-ж. түзүлгөн. 68 баштапкы уюмду (10 миң киши) ж-а 20 эмгек коллективин (15 120 киши) бириктирет.

КИЧИ-АЛАЙ КЫРКА ТООСУ — Алай кырка тоосунун түн. тармактарынын бири. Ноокат, Фрунзе, Кара-Суу р-ндорунун аймагында кеңдик багытта созулуп жатат. Уз. 78 *км*, туурасы 20 *км*, орт. бийикт. 5770 *м*, эң бийик жери 4955 *м* (Уларлы чокусу). Кырка тоо Кичи-Кичи-Алай, Кичи-Алай өрөөндөрү м-н Караван — Көк-Жар, Ноокат, Папан өрөөндөрүнүн ортосунан орун алган. Тоону Кыргыз-Ата өрөөнү экиге бөлүп, батышы Кичи-Алай, чыгышы Олокон-Тоо аталат. Түн. капталы узун, жантайыңкы. Түштүгү кыска ж-а тик келип, майда кокту-колоттуу, капчыгайлуу. Ортоңку палеозойдун акиташ теги, сланец, мрамор, конгломераттарынан түзүлүп, айрым жерлерде гранит, гранит-диорит тектери жиреп чыккан. Кырка тоодон Исфайрам-Сай, Ак-Буура сууларынын куймалары, Абшыр-Сай, Араван-Сай суулары башталат. Түш. капталдарына шалбаалуу талаа ж-а сейрек токой-бадалдуу шалбаа, түн. капталдарына талаа ж-а шалбаалуу талаа (2300 *м*ге чейин), бийик чөптүү шалбаа, арча, бадалдуу токой (2300—3000 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы, бетегелүү талаа (3000—3400 *м*), андан жогору тундра талаасы ж-а глициалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт, чабынды ката-

ры пайдаланылат. Мазар өрөөнүндө Кыргыз ССР ИАнын арча токоюн изилдеген илимий станциясы бар.

КИЧИ-АЛАЙ ӨРӨӨНҮ — Алай ж-а Кичи-Алай кырка тоолорунун ортосунда жаткан тектоникалык-эрозия өрөөнү. Кичи-Алай суусунун (Ак-Буураның оң куймасы) алабын ээлейт. Аянты 350 $км^2$ге жакын, уз. 30 *км*, туурасы 6 *км*, таманынын д. дең. бийикт. 2200—3000 *м*. Таманы түзөң, чыгышты ж-а түш.-чыгышты карай бир аз жантайыңкы, суу кашаттары, морена тектеринен пайда болгон оёң-чуңкурлар даана байкалат. Тоо капталдары тик, кокту-колоттуу, айрым жерлери (чыгыш бөлүгү) жарлуу. Өрөөндүн таманы антропоген чөкмөлөрүнөн, тоо беттери ортоңку палеозойдун акиташ, сланец, гнейс, гранит ж. б. тоо тектеринен турат. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —10°С-ден —15°Сге чейин, июлдуку 15—16°С, жылдык жаан-чачыны 250—600 *мм*. Суулары: Жиптик, Киндик, Кашка-Суу, Кичи-Алай, Сары-Могол; көлдөрү: Киндик ж-а Кичи-Алай ж. б. Өрөөндүн таманында ж-а тоо этектей кара күрөң, тоо жогорулаган сайын бозомтук күрөң тоо ж-а субальп, альп шалбаалуу талаа топуректары мүнөздүү. Өсүмдүктөрү: арча, чычырканак, тал, түркстан алчасы, уу коргошун, бетеге ж. б. Жаныбарлары: тоо эчки, бугу, суур, кашкулак, аюу, илбирс, карышкыр, бүркүт, улар, кекилик; балыктары: каңылтыр ж-а көк чаар. Талаа (2100—2400 *м*), токой аралашкан шалбаалуу талаа (2400—2900 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы, сейрек бетегелүү талаа (2900—3200 *м*), нивалдык гляциалдык (3200—3300 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт.

КИЧИ-КАРАГОЙ МӨҢГҮСҮ — Кичи-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 4,3 *км*, аянты 4,1 $км^2$, көлөмү 0,02 $км^3$. Араван-Сай суусунун нег. курамы Кыргыз-Атанын төрүндө жайгашкан. Мөңгүнүн башы д. дең. 4850 *м*, этеги 3950 *м* бийиктикте. Кар чегинин бийикт. 4250 *м*. Кийинки мезгилде чегинүүдө. Мөңгүдөн башталган суу (Кыргыз-Атанын алабы) Карагойго куят.

КИЧИ-КАРАКОЛ — кыштак, Алай р-нундагы Үч-Дөбө айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Жай, Чоң-Каракол, Кызыл-Алай, Ак-Босого, Кежиге кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 60 *км* түш. таранта, Ош темир жол станциясынан 130 *км*. Калкы 657 (1987). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КИЧИ-КИЧИ-АЛАЙ ӨРӨӨНҮ түштүгүнөн Алай, түндүгүнөн Кичи-Алай кырка тоолору м-н чектешет. Исфайрам суусунун жог. бөлүгүндө кендик багытта созулуп жатат. Фрунзе р-нунун аймагында. Уз. 50 *км*дей, туурасы 1—2 *км*. Таманынын д. дең. бийикт. баш жагында 3640 *м*, ортосунда 2360 *м*, аягында 1660 *м*. Капталдары тик, батыштыкы карай жантайыңкы. Тар капчыгайлар, кум-шагылдуу жалпак беттер, корумдуу ойдундар, б. мореналар кеңири таралган. Негизинен палеозойдун гранит, акиташ тектери басымдуу. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы —16...—20°С, июлдуку 10—13°С. Өрөөн аркылуу Исфайрам-Сай, Шибе суулары агып өтөт. Өрөөндү курчаган тоолор мөңгүлүү. Негизинен токойлуу шалбаа (2600—2900 *м*), токой (2300—3000 *м*), субальп (2500—3200 *м*), альп (3200—3600 *м*) ландшафт алкактары мүнөздүү. Беттерде арча, суу бойлорунда чычырканак, тал, терек, кайың ж. б. өсөт. Жайыт.

КИЧИ-КУЛУН КӨЛҮ — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы тоо көлү. Тар суусунун алабында, Совет р-нунун аймагында жайгашкан. Уз. 500 *м*дей, эң жазы жери 200 *м*, көл бетинин аянты 0,45 $км^2$. Көл чанагы д. дең. 2505 *м* бийиктикте жатат. Кечкү бөгөп калуудан пайда болгон; батышты карай кууштаган сүйрү формада. Көлдү курчаган тоолор тик, жээги борпоң ж-а талкаланган тоо тектерден турат. Көлдөн агып чыккан суу Ойтал суусуна куят.

КИШЕМИШ — Баткен р-нунун аймагындагы суу, Исфара суусунун оң курамы. Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы Кишемиш мөңгүсүнөн башталат. Уз. 36 *км*, алабынын аянты 524 $км^2$. Мөңгү, кар сууларынан куралат. Май — октябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 3,19 $м^3/сек$.

КИШЕМИШ МӨҢГҮСҮ — Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Кишемиш суусунун алабында жайгашкан. Уз. 9,6 *км*, аянты 5,8 $км^2$. Мөңгүнүн башы д. дең. 5020 *м*, этеги 3120 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3726 *м*. Мөңгүдөн Исфара суусунун оң курамы Кишемиш суусу башталат. Мөңгү бара-бара чегинүүдө.

КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕР. Областта 303 *мамл.* к. м. (а. и. 23 шаардык ж-а р-ндук, 182 айылдык маданият үйү, 98 автоклуб), о. эле 38 к-здук ж-а 123 профсоюздук (а. и. 61и айыл жеринде, 33ү шаар ж-а ш. т. п-ларда) *К. м.*, 29 автоклуб иштейт (1985).

КЛЮЕВ МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түн. капталындагы (батыш бөлүгүндө) татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 4,2 *км*, аянты 5,3 $км^2$. Сох суусунун сол курамы Ак-Теректин алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы д. дең. 4400 *м*, этеги 2880 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3600 *м*. Фирн областы бийик аскалуу сеңир аркылуу бөлүнгөн эки циркте жатат. Мөңгүдөн Ак-Терек суусунун оң курамы Түтөк-Суу башталат.

КӨӨН АСЫРООЧУЛАР КООМУ, Ош обл. К. а. к. (башкармасы: Ош ш., Вокзал көчөсү, 41) — көөн асыроочу ыкыбоздордун ыктыярдуу коомдук уюму. Көөн чарбасын өнүктүрүүгө көмөктөшөт, көөн асыроого жаңы киришкендерге консультация берет, коомдун мүчөлөрүнө продукциясын сатууга жардамдашат. 4 шаардык ж-а 8 р-ндук коомду (1907 мүчө) бириктирет. 1985-ж. обл-тын көөн асыроочулары мамлекетке 437 *т* көөн этин өткөргөн.

КОЖО-АРЫК — кыштак, Ноокат р-нундагы Кулатов айыл советинин борбору. Бул айыл советине Беш-Буркан, Ынтымак, Баглан, Таш-Булак, Кызыл-Булак, Ак-Чал, Кош-Дөбө кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 48 *км* батыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 19 *км*. Калкы 5070 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Эки орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пунктү ж. б. бар.

КОЖО-АТА — Жаңы-Жол р-нунун аймагындагы суу, Кара-Суунун оң куймасы. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталынан башталат. Уз. 33 *км*, алабынын аянты 280 $км^2$. Кар, жамгыр сууларынан куралат. Марттын аягынан июндун аягына чейин кирет. Жылдык орт. чыгымы 4,96 $м^3/сек$. Сары-Челек көлүнө куят. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Кызыл-Туу, Аркыт кыш. жайгашкан.

КОЖО-АШКАН — Баткен р-нунун аймагындагы суу, Сох суусунун оң курамы. Жылуу-Суу ж-а Гөөмүш сууларынын кошулушунан пайда болот. Уз. 57 *км*, алабынын аянты 1060 $км^2$. 15 куймасы бар; ирилери: Тилбе, Арча-Башы, Жаңы-Даван, Жылуу-Суу ж. б. Июнь — сентябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 4,56 $м^3/сек$. Өзөнүндө шаркыратма ж-а босоголор кездешет. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Кожо-Ашкан, Зардалы кыш. жайгашкан.

КОЖО-АШКАН ЗАКАЗНИГИ Баткен р-нунда. Кожо-Ашкандын (Сохтун куймасы) алабын, Кулдук-Тоонун түш. капталын ээлейт. Аянты 16 миң *га*. Азайып бараткан тоо эчки, элик, доңуз, улар, чүткөр ж. б-ды коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

КОЖО-АШКАН ӨРӨӨНҮ Алай кырка тоосу м-н Кулдук-Тоонун ортосунда. Аянты 120 $км^2$, уз. 42 *км*, туурасы 12—30 *км*. Д. дең. 1800—4000 *м* бийиктикте жатат. Батышы кууш, тармактанган тик капчыгайлардан турат, чыгышы жайык. Палеозойдун сланец, акиташ тектеринен түзүлгөн. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы —20°С, июлдуку 18°С, жылдык жаан-чачыны 350—500 *мм*. Өрөөн аркылуу Жылуу-Суу, Уялуу-Суу, Кулп ж. б. суулар агат. Өрөөндү караган тоо капталдарында 26 мөңгү бар. Жылуу-Суунун өрөөнүндө 18 кайнар булак бар (темп-расы 50°Сден жогору). Өрөөнгө күрөң тоо топурагы мүнөздүү. Өсүмдүктөрү: арча, караган, табылгы, тал, ит мурун, четин, чычырканак, бетеге, шыбак ж. б. Жаныбарлары: карышкыр, илбирс, сүлөөсүн, коён, кашкулак, тоо эчки, бугу, суусар, бүркүт, улар, кекилик ж. б. Жайыт катары пайдаланылат. Айрым жеринде шалы эгилет.

КОЖО-БАКЫРГАН-САЙ, Козу-Баглан — Лейлек р-ну ж-а Тажик ССРинин Ленинабад обл-ндагы суу, Сыр-Дарыянын сол куймасы. Уз. 117 *км*, алабынын аянты 2150 $км^2$. Түркстан кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Баш жагы (Оромдун чатына чейин) Лайли-Мазар, ортоңку агымында Козу-Баглан, төм. агымында Кожо-Бакырган-Сай аталат. Жог. ж-а ортоңку агымында кууш капчыгайлар аркылуу агат. Аучи-Калачи кыш. туштa өрөөнгө чыгып, кеңейет ж-а суусунун көпчүлүгү сугат каналдарына бөлүнүп кетет. Ири куймалары: Өрөм, Жети-Көпүрө, Бөрк-Суу. Негизинен кар, мөңгү ж-а жер астындагы суудан куралат. Апрелде кирип, октябрда тартылат. Жылдык орт. чыгымы Андаркан кыш-на жакын

11 $м^3/сек$; эң көбү 100 $м^3/сек$, азы 3,4 $м^3/сек$. Боюнда Лейлек, Андаркан, Тагап, Кызыл-Чарба, Өзгөрүш ж. б. кыш. жайгашкан.

КОЗУ-БАЛА — Лейлек р-нунун аймагындагы суу, Кожо-Бакырган-Сай суусунун сол куймасы. Түркстан кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Негизинен кар, мөңгү сууларынан куралат. Уз. 40 *км*, алабынын аянты 331 $км^2$. Жай мезгилинде кирет. Жылдык орт. чыгымы 1,5 $м^3/сек$.

КОЗУ-БАГЛАН, к. *Кожо-Бакырган-Сай.*

КОЙ ЖАНА ЖЫЛКЫ ЧАРБА КОМПЛЕКСТЕРИН ДОЛБООРЛОО ИНСТИТУТУ — СССР мамл. агрардык ө. ж. к-тинин кой ж-а жылкы чарба комплекстерин, имараттарын ж-а курулмаларын типтүү ж-а эксперименттик долбоорлоо б-ча борб. илимий изилдөө ж-а долбоорлоо ин-тунун Оштогу филиалы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 287). 1964-ж. түзүлгөн. Айыл чарба өндүрүш ж-а граждандык турак жай объекттерин долбоорлоо, типтүү долбоорлорду бирибирине байланыштыруу, айыл-кыштактардын ж-а инженердик иштердин нег. пландарын иштеп чыгуу. Ин-ттун инженердик-технологиялык, архитектуралык-курулуш, смета түзүү иштери, техникалык, автомобилди көзөмөлдөө тобу бөлүмдөрү бар; 124 кызматкер иштейт (1986).

«КОКОН АВТОНОМИЯСЫ» — Түркстандагы буржуазиялык-улутчул пантүрктүк өкмөт. Ал 1917-ж. 26—29-ноябрда (9—12-декабрь) Кокондо өткөн мусулмандардын атайын чакырылган крайлык 4-съездинде жарыяланган. Съезд «Түркстан элдик советин» түзүү ж-дө чечим кабыл алып, андан автономия өкмөтү түзүлгөн. «Кокон автономиясынын» органы контррев-ячыл «Улема» ж-а «Шура-и-Ислам» уюмдарынан, басмачыларды шыктандырган саясий топтордон турган. Аны меньшевиктер, эсерлер, монархиячылар, чет элдик империалисттер ж-а ак гвардиячылар колдогон. Убактылуу буржуазиялык-улутчул өкмөт Түркстанда Совет бийлигин жоюп, Кокон хандыгын калыбына келтирүүнү ж-а Орто Азия халифтигин уюштурууну көздөгөн. Өзүнө ыктагандардан, басмачылардан куралдуу отряддарды түзүшкөн. 1918-ж. 28-январда Совет бийлигине каршы куралдуу күрөшкө чыгышкан. Кокон ревкому 400 адамдан турган куралдуу отряд топтоп, аларга 29-январда Кызыл-Кыядан (196 адам), Скобелевден (322), Чимиондон (48) отряддар жардамга келген. 1918-ж. 19—22-февралда Кызыл Гвардиянын бөлүктөрү «автономиячылардын» көтөрүлүшүн баскан.

КОКОН КӨТӨРҮЛҮШТӨРҮ. Кокон хандыгынын феодалдык эзүүсүнө каршы эң ири көтөрүлүштөрдүн бирин 1845-ж. алайлык кыргыздар баштаган.

Ал Ош айланасындагы калкты да камтыган. Убактылуу хан болуп турган Мусулманкулдун жетекчилиги м-н Ташкен көтөрүлүшүн басууга катышкан алайлык кыргыздар (өзбектердин колдоосу м-н) Кокондо аскер күчтөрүнүн жоктугунан пайдаланып, Үч-Коргонго келип, Ошту курчап алышкан. Бирок ал жердеги урушта хан аскерлеринен талкаланган. Хандык эзүүгө каршы көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчүнүн негизин эл массасы түзгөн. Аларга бир катар кыргыз феодалдары да катышып, кийин көтөрүлүшчүлөргө чыккынчылык кылышкан. 1847—48-ж. Наманган вилайетинде, 1862-ж. Алайда көтөрүлүш болгон. 1867-ж. алайлык кыргыздар Садык Серкердин жетекчилиги м-н кокондук Кызыл-Коргон чебин курчап, басып алган. Алар Кокон хандыгынын өкүмдары Кул датканы өлтүрүшкөн, бирок Кокондон келген жазалоочу отряд көтөрүлүштү ырайымсыздык м-н баскан. 1870-ж. Алайда ири көтөрүлүш башталып, Кудаяр хан Бухара эмиринен жардам сурап кайрылууга аргасыз болгон. Ушул мезгилден баштап Кыргндын түштүгүндө такай толкундоолор болуп турган ж-а ал Кокон хандыгынын эзүүсүнө, салыктарга каршы, Россияга кошулуу үчүн элдик согушка айланган. 1871-ж. жерг. башкаруучулардын салган оор салыгына каршы Сох өрөөнүнүн кыргыздары көтөрүлүшкө чыгышкан. Андан көп өтпөй Алайда көтөрүлүш башталып, кийин Кырг-ндын түштүгүнүн бардык аймагында кагылыштар болуп турган. 1873-жылдан көтөрүлүш Фергана тоосунун этегиндеги бүт аймакты, андан кийин Фергананын борб. бөлүгүн камтыган. Ал көтөрүлүштөргө кыргыздардан башка өзбек, тажик кедейлери да катышкан. Кыргыздардын ичкилик уруусунан чыккан Исхак Молдо Хасан уулу (Болот хан) көтөрүлүшчүлөрдүн жетекчилеринин бири болгон. Анжияндык кыргыздардын көтөрүлүштөрүн Мамыр Мергенов, чаткалдык кыргыздардын көтөрүлүштөрүн Момун Шамурзаков жетектеген. 1873-ж. Кокон хандыгынын жазалоолорунан шекшип, кыргыздардын 20 миң ж-а кыпчактардын 10 миң түтүнү (150 миңдей киши) тоого көчүп кетишкен. 1873-ж. жазында көтөрүлүш башталаар м-н көтөрүлүшчүлөр Түркстан генерал-губернаторунун милдетин аткаруучу Г. А. Колпаковскийге жардам сурап кайрылышкан, бирок ал жардам берүүдөн баш тарткан. 1873-ж. Фергананын батыш бөлүгүндөгү көчмөндөр токмоктук ж-а Россиянын камкордугуна өткөн Кырг-ндын түндүгүндөгү башка уруулар м-н байланышып турушкан. Ошол эле жылы күзүндө көтөрүлүшкө катышкан кыргыздардын өкүлдөрү Россиянын камкордугуна өтүүнү каалаган 42 уруу (132,5 миң түтүн) кыргыз, өзбек, кыпчактардын тизмеси м-н Хожент уездинин начальнигине кайрылышкан. Анжияндын тегерегиндеги кыргыздардын 1700 түтүнү Россияга баш ийген Токмок уездине көчүп кетишкен. Көтөрүлүшкө чыккан көчмөн малчыларды отурукташкан дыйкандар да колдошкон. Падышалык бийлик качкындарды Кокон хандыгына кайра кууп жиберип, ал ж-дө Кудаяр ханга билдирген. Бул 19-к-дын 70-жылдарында Россиянын ички ж-а тышкы саясий кырдаалынын начардыгы, бул аймакта падышалык аскер күчтөрүнүн жетишсиздиги м-н түшүндүрүлөт. Падышалык өкмөт жаңы жерлерди басып алууга умтулганы м-н келечекте Англиянын бул аймактагы иштерге киришерин эске алып, Кокон хандыгына ооз жүзүндө көз карандысыздыгын калтырган. 1875-ж. көтөрүлүшчүлөрдүн кысымынан Кудаяр хан, андан кийин тактыга отурган Насреддин хан Түркстан генерал-губернатордугуна качып кеткен. Көтөрүлүшчүлөр Коконду ээлеп алышкан. Ушуга байланыштуу падышалык өкмөт Кокон хандыгынын аймагына орус аскерлерин кийрүүгө санкция берген. Кокон хандыгынын кулашын калк өзүнүн узакка созулган күрөшүнүн натыйжасы катары көрүп, Россияга кошулгандан кийин тынчтык турмуш үчүн мүмкүнчүлүктөр ж-а шарттар түзүлөт деп ойлошкон. Айрым аймактарда динчил феодалдар уюштуруп, Исхак (Болот хан) жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн кошуундары күрөштү уланта беришкен. Алар падышанын туруктуу аскерлерине туруштук бере албай 1876-ж. Алай тоолоруна куулган. 19-февралда падыша Александр II Кокон хандыгын Россияга кошуу ж-дө санкция берген. Болот хан колго түшүрүлүп, 1-мартта Маргалаң ш-нда элдин көзүнчө «кылмышкер» катары өлүм жазасына тартылган. Кокон хандыгынын кулашына биринчиден ички социалдык-экон. себептер ж-а көп жылдарга созулган кыргыздардын (өзбек ж-а тажик эмгекчилери колдогон) элдик-боштондук күрөшү шарт түзгөн.

КОКОН УЕЗДИ —1876—1924-ж-дагы Түркстан генерал-губернатордугунун Фергана обл-ндагы админ. аймактык бирдиги.

КОКОН ХАНДЫГЫ 18—19-к. Орто Азиядагы феодалдык мамлекет. Фергана өрөөнүндө түзүлгөн. Борбору — Кокон шаары. Өзбектердин миңг уруусунан чыккан хандар башкарган. 1710-ж. ченде династиянын негиздөөчүсү Шахрук бий Бухара эмирдигине көз карандысыз чакан ээликти түзгөн. Анын небереси Ирдана бийдин (1774-ж. ченде өлгөн) тушунда К. х. Анжиян, Наманган, Маргалаң, Кокон вилайеттерин, о. эле кыргыздардын Ош ж-а Алай жерлерин караткан соң, Бухара эмиринен биротоло бөлүнүп чыккан. К. х-нын алгачкы мезгилинде кыргыз уруулары, бөтөнчө Кубат бий башкарган кушчу уруусу м-н Кожо бий башкарган оштук кыргыздар активдүү саясий роль ойногон. Бирок алар кокон башкаруучуларына улам көз каранды болуп отуруп, акыры К. х-на биротоло баш ийген. Алим хан (1800—1809), Омор хан (1809—22) ж-а Мадали хан (1822—42) башкарган тушта Ташкен, Хожент, Каратегин, Дарваз, Куляб ж. б. жерлерди каратып, Орто Азиядагы ири мамлекетке айланган. Кыйла кандуу кармаштардан кийин Кетмен-Төбө, Борб. Тянь-Шань, Талас, Чүй ж-а Ысык Көл өрөөндөрүн басып алып, ал жерлерге Кетмен-Төбө, Куртка, Пишпек (Фрунзе), Олуя-Ата (Жамбыл), Ак-Мечит (Кызыл-Ордо) чептерин курган. К. х-нын калкы негизинен дыйканчылык, көчмөн ж-а жарым көчмөн мал чарбачылык м-н оокат кылган. Кол өнөрчүлүк өнүгүп, хандыктын кошуна өлкөлөр, бөтөнчө Россия ж-а Чыгыш Түркстан м-н соода байланышы жанданган. Ошондой болсо да хандыкта чарбанын натуралдык уклады үстөмдүк кылып, хан башында турган феодалдык монархия орногон. Ири вилайеттерди хан дайындаган акимдер ж-а кушбектер башкарган. Кыргыздар-

ды башкаруу үчүн чептерде хан адам-
дары — акимдер дайындалып, уруу-
урук бирикмелеринин башчылыгына
бийлер м-н манаптар бекитилген. Хан-
дыктын админ. системасы ж-а жер
ээлөө структурасы үстөмдүк кылуучу
таптын кызыкчылыгын көздөп, дый-
кандарды баш көтөртпөөгө ылайык-
талган. Кыргыз эли кокон аскер-
лери басып киргенден баштап аларга
каршылык көрсөтүшүп, күрөштү хан-
дык жоюлганга чейин токтоткон эмес.
1848-ж. Ысык-Көл ойдуңунда улуттук-
боштондук кыймыл башталып, Кара-
кол, Барскон, Коңур-Өлөң чептериндеги
кокон ханынын акимдери куулуп чы-
гарылган. Бирок көтөрүлүш жеңилип,
жерг. элди аёосуз эзүү улантыла бер-
ген. Хандык Мадалинин бийлигинин
(1822—42) аягынан начарлай баш-
таган. Бул учурда феодалдык өз ара
чабыштар, эл көтөрүлүштөрү күчөгөн.
Ушундай шартта Бухара эмири Нас-
рулла К. х-нан Хожентти, хандыктын
борбору Коконду басып алып, ага
өзүнүн акимин койгон. Бухара акими-
нин ж-а анын адамдарынын куугун-
туктоолору, зордук-зомбулугу Фергана
өрөөнүндөгү калктын нааразылыгын
туудурган. Мындан пайдаланган кыр-
гыз феодалдары Алим хандын көп
жылдан бери Чаткал, Таласта жашы-
нып жүргөн бир тууганы Шераалыны
хандыкка (1842—45) көтөрүп, Кокон-
догу Бухара феодалдарын кууп чыгыш-
кан. Шераалынын ж-а анын ордуна
келген Кудаяр хандын (1845—75, үз-
гүлтүк м-н), Мала хандын (1858—62)
башкарган убагында дыйкандардын
таптык күрөшү ырбап, башкаруучу
төбөлдөрдүн ич-ара феодалдык чабы-
шуулары күчөгөн. Кыргыз феодалдары
бул күрөшкө активдүү катышып, мак-
саттарын жүзөгө ашырууга аракетте-
нишкен. Алардын бири алайлык Алым-
бек датка 18-к-дын ортосунда Кокондо
көрүнүктүү роль ойноого жетишкен.
1809 жана 1821-ж. Жети-Сууда,
1847-ж. Ташкенде көтөрүлүштөр чык-
кан. 1857—59-ж. хандыктын аймагын-
да кайрадан көтөрүлүш жанданган.
1873-ж. Наманган вилайети жалпы
элдик көтөрүлүштүн кучагына тарты-
лып, кыргыз ж-а өзбек дыйкандары,
кол өнөрчүлөрү өз эркиндиги үчүн кү-
рөшкөн. Көтөрүлүштү миңг династия-
сынын тактыга талапкери Болот хан-
дын ысмын алган Исхак Молдо Хасан
уулу жетектеген. Көтөрүлүш 4 жылга
созулган. Анын натыйжасында К.

х-нын ички тиреги биротоло бошондо-
гон. Бул мезгилде хандыкка падыша-
лык орус аскерлери да катуу сокку
урган. Ысык-Көл (1855), Чүй ж-а Тянь-
Шань (1863), кыргыздары Россиянын
курамына киргенден кийин 1865-ж. 17-
майда орус аскерлери Ташкенди алып,
1873—76-ж-дагы Кокон көтөрүлүшүн
басып, бүткүл Фергананы ээлеген. Кө-
төрүлүштүн Алайдагы акыркы очогу
алайлык кыргыздардын кол башчысы
Курманжан датка генерал Скобелевдин
отрядына багынып берген. 1876-ж. 19-
февралда К. х. жоюлуп, анын ордуна
Россия империясынын Түркстан гене-
рал-губернатордугуна караган Фергана
обл. түзүлгөн.

КОЛЛЕКТОР ТООСУ — Алай кырка
тоосунун түн. тармагы. Шаймерден
(Исфайрам-Сай суусунун куймасы) ж-а
Сүрмө-Таш (Көк-Суу суусунун куйма-
сы) сууларынын аралыгында жайгаш-
кан. Батыштан түш.-чыгыш ж-а түн-
дүккө карай жапыздап, 55 *км*ге со-
зулат. Туурасы 13—15 *км*, д. деңг. орт.
бийикт. 4300—4600 *м*, эң бийик жери
5259 *м*. Түн.-батыш капталы жанта-
йыңкы, түш.-чыгышы тик ж-а кыска.
Кырында мөңгүлөр жатат. Бийик ба-
тыш бөлүгү пермдин сиенит-диорит,
диорит ж-а гранит-диорит, ортоңку бө-
лүгү девондун доломит, доломиттүү
акиташ теги, жапыз түн.-чыгышы кар-
бондун конгломерат, гравелит, кумдук,
аргиллит тектеринен түзүлгөн. Тоого
негизинен талаа (1800—1900 *м* бийик-
тикке чейин), шалбаалуу талаа ж-а
шалбаалуу токой (арча, бадал; 1900—
2900 *м*), субальп ж-а альп шалбаа-
сы, шалбаалуу талаа ж-а сейрек бете-
гелүү талаа, түбөлүк кар мөңгүлүү
гляциалдык-нивалдык ландшафт ал-
кактары мүнөздүү. Жайыт.

КОЛХОЗ БАЗАРЛАРЫ. Областтагы
калк жашаган ири пункттарда 21 К. б.
ж-а алардын 20 филиалы (жалпы соода
аянты 560 миң $м^2$) иштейт (1986). Мын-
дан тышкары 5 миң соода орундуу
150 павильону бар. Булардын калкты
а. ч. азык-түлүгү м-н камсыз кылууда
мааниси зор.

КОЛХОЗДОР (коллективдүү чарба-
лар) — коомдук өндүрүш каражатта-
ры м-н коллективдүү эмгектин неги-
зинен социалисттик чарба жүргүзүү
максатында ыктыярдуу бириккен дый-
кандардын кооперация уюму. Ош обл-
нын аймагында алгачкы коллективдүү
чарбалар 1918-ж. пайда болгон. Кол-
хоздоштуруу 1929-ж. башталып, неги-

зинен 1932-жылдын аягында аяктаган.
1940-ж. обл-та 528 к-з болуп, бир ка-
тар ирилештирүүдөн кийин 1955-ж.
195 к-з калган. Областта 63 к-з бар
(1986). Алардан 240 млндон ашык
сомдук дүң продукция өндүрүлгөн
(1985).

«КОЛХОЗЧУ» — газета, Кыргызстан
Компартиясынын Ноокат р-ндук к-ти-
нин ж-а Эл депутаттар р-ндук совети-
нин органы (редакциясы: Эски-Ноо-
кат кыш.). 1934-ж. негизделген.
1937-ж. чейин «Кызыл-Ноокат»,
1937—58-ж. «Колхозчу», 1959—62-ж.
«Коммунист», 1965-жылдан азыркы-
дай аталат. Кыргыз тилинде жумасына
3 жолу чыгат. Тиражы 10,8 миң нуска
(1986). Редакциядагы полиграфия це-
хинде басылат.

«КОЛХОЗЧУ» — ыктыярдуу спорт
коому. Совхоз ж-а айыл жериндеги
ишкана, уюм, мекемелердин жумушчу-
лары, колхозчулар, инженер-техник
кызматкерлер, айыл мектептеринин,
атайын орто окуу жайлардын окуучу-
лары, айылдык интеллигенция ж. б. ка-
тышат. Областтык совети (Ош ш., К.
Маркс көчөсү, 2) 1954-ж. түзүлгөн.
15 райондун физкультурачылары м-н
спортсмендерин (а. и. техникумдардын
окуучуларын), 450дөн ашуун физкуль-
тура коллективин (72 миңден ашык
адам) бириктирет (1986). Сузак р-нунун
ж-а обл. ыктыярдуу спорт коомунун
советтерине караштуу балдар м-н өспү-
рүмдөрдүн 2 спорт мектеби иштейт.
2 стадион, 2 сууда сүзүү бассейни, ок
атуучу тир, 178 баскетбол, 439 волей-
бол, 8 городки аянтчасы, 63 футбол
талаасы бар. Спорттун классикалык
16 ж-а улуттук 7 түрү б-ча секция-
лар м-н топтордо 54 миңдей адам
машыгат. Коомдун обл. советинде 178
штаттык кызматкер (алардын 25и жог.
ж-а 54ү атайын орто билимдүү), 8 миң
коомдук инструктор ж-а 6 миңдей спорт
калыстары (судьялары) иштейт. Обл.
«К.» уюмунда СССР спортунун 12 мас-
тери ж-а СССР спортунун мастерлигине
кандидаттары бар (1985).

**КОММУНАЛЫК ИШКАНАЛАР ЖА-
НА АБАТТАНДЫРУУ КОМБИНАТЫ,**
Ош К. и. ж. а. к. (администрациясы:
Ош ш., К. Маркс көчөсү, 3). 1968-ж.
Ош обл. аткомдун жерг. чарба бөлү-
мүнүн ишканалары м-н тейлөө кызма-
тынын базасында түзүлгөн. К. и. ж. а.
к-на мончо-кир жуучу комбинат,
«Шааржарык» электртармак ишкана-
сы, санитариялык тазалоо б-ча адис-
тештирилген автобаза, троллейбус баш-
кармасы, тех. инвентаризация бюросу,
«Алай» мейманканасы карайт. Област-
тын борборун жарык кылуу, санитария-
лык тазалоо ж-а абаттандыруу, шаар-
дык советтин турак жай фондун экс-
плуатациялоо ж-а ремонттоо иштерин
аткарат. Комбинаттын мейманканала-
ры, мончолору, кир жуучу жайлары
калкка жылына 2 млндой сомдук тей-
лөө кызматын көрсөтөт. Шаарды абат-
тандыруу үчүн жылына бюджеттик
3 млндон ашык сом жумшалат. 690
киши иштейт (1986).

**КОММУНАЛЫК ИШКАНАЛАР КОМ-
БИНАТТАРЫ.** Областтын калктуу
пункттарын көрктөндүрүү, шаарлар
ж-а р-ндордун борборлорунун көчөлө-
рүн жарыктандыруу, санитариялык та-
залоо, жерг. советтердин турак жай
фондусун ремонттоо ж-а пайдаланууну
көзөмөлдөө иштерин аткарат. Калкты
мончо-кир жуучу жай, мейманкана
кызматы м-н тейлейт. 1968-ж. чейин
шаардык ж-а р-ндук советтердин жерг.
чарбалык бөлүмдөрү, 1986-жылдан
азыркыдай аталат. Эл депутаттар со-
ветинин Ош обл. аткомуна обл. турак
жай-коммуналык чарба башкармасы-
нын 21 К. и. к. карайт (1985). Алар
жылына 8 млндой сомдук тейлөө кыз-
матын аткарат, шаарлар м-н р-ндордун
борборлорун көрктөндүрүүгө 7 млндон
ашык сом жумшайт.

«КОММУНИЗМ» — Араван р-нундагы
колхоз (башкармасы: Араван кыш.).
1952-ж. «Пахта-Дөбө», «Пахта-Абад»,
«Янги-Араван» к-здорунун базасында
түзүлүп, 1960-ж. К. Маркс атн. к-зго
бириккен. Чарбасынын нег. тармагы —
тамеки өстүрүү, мал багуу. 17 миң *га*
(а. и. 9,3 миң *га* а. ч-га жарактуу)
жери, 2,4 миң бодо мал, 8,2 миң кою
бар (1986).

«КОММУНИЗМ» — Ленин р-нундагы
колхоз (башкармасы: Сакалды кыш).
1932—33-ж. чакан чарбалардын база-
сында түзүлгөн. 1948—52-ж. «Комму-
низм», К. Е. Ворошилов атн., «Кызыл-
Кыргызстан», «Ленинград» к-здору м-н
биригип, ирилешкен. Чарбасынын нег.
тармагы — пахта, тамеки өстүрүү, кой
багуу. 12.5 миң *га* (а. и. 7,7 миң *га*
а. ч-га жарактуу) жери, 14,7 миң кою
бар (1986).

«КОММУНИЗМ» — Сузак р-нундагы
колхоз (башкармасы: Сузак кыш.).
1930-ж. менчик чарбалардын базасын-
да түзүлгөн. Чарбасынын нег. тарма-
гы — пахта өстүрүү, мал багуу. 11,2

миң *га* (а. и. 7,7 миң *га* а. ч-га жа-
ракту) жери, 4434 бодо мал, 300 жыл-
кысы бар (1986).

«КОММУНИЗМ ҮЧҮН» — газета.
Кыргызстан Компартиясынын Совет
р-ндук к-тинин ж-а Эл депутаттар
р-ндук советинин органы (редакциясы:
Кара-Кулжа қыш., Кыргызстандын
50 жылдыгы көчөсү). 1941-ж. негизделген. Кыргыз тилинде, жумасына 3 жолу
чыгат. Тиражы 7 миң нуска (1986).

КОММУНИСТТИК ИШЕМБИЛИКТЕР — коомдун жыргалчылыгы үчүн эмгекчилердин ыктыярдуу, акысыз иштешинин формасы; эмгекке коммунисттик мамиле кылуунун бир көрүнүшү; социалисттик мелдештин алгачкы формаларынын бири. Областтын аймагында биринчи коммунисттик ишембилик 1920-ж. 1-майда Ош ш-нда уюшулган. Ош уезддик-шаардык парт. к-тинин комиссиясы эмгекчилерди 1-майда Ош окуу жайынын ж. б. имараттардын курулушу ж-а көчөлөргө таш төшөө үчүн Ак-Буура суусунун нугунан таш терип, аларды жээкке жыйноого үндөгөн. 1920-ж. июлда Ош уездик-шаардык парт. к-тинде К. и-ди өткөрүү үчүн туруктуу бюро түзүлгөн. 1920-ж. 1-августка чейин Ошто шаарды тазалоо үчүн 3 жолу ишембилик өткөрүлүп, ага 1860 адам катышкан. 1-беш жылдыкта, Улуу Ата Мек. согуш ж-а андан кийинки мезгилдерде Кыргызстандын түштүгүндөгү чарбалык ж-а маданий курулушта К. и. экон. ж-а саясий жактан чоң роль ойногон. 1969-ж. апрелде обл-тын калкы 1-ишембиликтин 50 жылдыгына арналган Бүткүл союздук коммунисттик ишембиликке катышкан. 1970-ж. апрелде В. И. Ленинди туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата Бүткүл союздук коммунисттик ишембилик өткөрүлгөн. Ушул мезгилден баштап В. И. Ленин-дин туулган күнүнө карата жыл сайын Бүткүл союздук коммунисттик ишембиликтер өткөрүлөт. Бүткүл союздук К. и. СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына (1972-ж., апрель), В. И. Ленинди туулган күнүнүн 110 жылдыгына (1980-ж., апрель), СССРдин түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына (1982-ж. 18-декабрь) карата өткөрүлдү. В. И. Ленинди туулган күнүнүн 114 жылдыгы ж-а Кыргыз ССРи м-н Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата өткөрүлгөн коммунисттик ишембиликке (1984-ж. 21-апрель) Ош ш-нда 81,6 миңдей киши катышкан. 1,44 млн сомдук дүн продукция, а. и. 70 миң сомдук эл керектөөчү товарлар чыгарылган.

КОМСОМОЛ — кыштак, Сузак р-нундагы Барпы айыл советинин борбору. Бул айыл советине Боз-Чычкан, Жаңы-Айыл, Жар-Кыштак, Канды, Миң-Өрүк, Ачы, Беш-Мойнок, Маркай, Пригородный, Сай, Таштак, Дөбөй, Туркмаала, Үлгү, Төөлөс, Чокмор, Чокодөбө, Чаңгет-Сай кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 13 *км*. Жол станциясынан 5 *км*. Калкы 1167 (1986). Нег. чарбасы — дыйканчылык (тамеки, пахта), мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, маданият үйү, универмаг, китепкана, медпункт ж. б. бар.

КОҢУР-СУУ МӨҢГҮСҮ — Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Кызыл-Суунун (батыш) сол куймасы Каман суусунун алабында жайгашкан. Уз. 7,6 *км*, аянты 12,4 *км*^{2}, а. и. 5,6 *км*^{2} (мөңгүнүн учу) морена чөкмөлөрү м-н туташ капталган. Этеги 3640 *м*, кар чеги 4100 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Каман-Суунун сол куймасы Конур-Суу башталат.

«КООМДУК КООПСУЗДУК КОМИТЕТТЕРИ» («ККК») — Убактылуу өкмөт бийлигинин органы. Биринчи комитет Кырг-ндын түш. аймактарында 1917-ж. мартта Ош ш-нда түзүлгөн. 1917-ж. майда Ак-Буура, Алай, Гүлчө, Өзгөн, Жалал-Абад ж. б. болуштарда «КККлар» иштей баштаган. Буржуазия, аскер ж-а төбөлдөр администрациясынын өкүлдөрүнөн турган. Соодагерлердин, ири чиновниктердин, байлардын кызыкчылыгын көздөгөн. Большевиктерди куугунтуктап, эмгекчилердин рев-ячыл чыгууларын баскан. Ош «коомдук коопсуздук комитети» Ош эсер-меньшевиктик солдат депутаттар советинин макулдугу б-ча иштеген. 1918-жылдын башында советтерди большевиктештиргенден кийин жоюлган.

КООМДУК ТАМАКТАНУУ. Областта соода башкармасына караган 523 ашкана (31,4 миң орундуу), а. и. 16 ресторан (2,5 миң орундуу), 75 кафе (3,6 миң орундуу), 14 бар (600 орундуу), 256 ашкана (21,5 миң орундуу), 22 чала фабрикат ж-а даяр тамак-аш азыктар дүкөнү, 4 чала фабрикат цехи иштейт (1986). Ири ишканалары — «Ош», «Ак-Буура», «Чолпон» (Ош ш.),

«Жалал-Абад» (Жалал-Абад ш.) ресторандары. Ош ж-а Жалал-Абад ш-нда «Коомдук тамактануу» треспери иштейт. Соода башкармасынын К. т. ишканаларынын жылдык товар жүгүртүүсү 42 млн сомду, өзү даярдап чыгарган продукциясы 30 млн сомду түзөт. Областтык керек-жарак союзуна караган К. т-нун чарбалык эсептеги 14 бирикмесинин 756 ишканасы (30,5 миң орундуу) бар. Алардын жылдык жалпы товар жүгүртүүсү 28 млн сом. Айрым шаарлар м-н жумушчу посёлкаларындагы К. т-ну ведомстволордун жумушчуларды жабдуу бөлүмдөрү жүргүзөт.

КОРГОЛ Досуев (1890, азыркы Жаңы-Жол р-ну, Токтобек-Сай кыш. — *1962*, Токтогул р-ну, Токтогул с-зу) — төкмө акын, комузчу. Атасы Досу дыйканчылык, усталык, мергенчилик м-н оокат кылган чебер комузчу болгон. К. комуз черткенди атасынан үйрөнүп, *Ныязалы* комузчудан таалим алган. Ырчылык өнөрү 14 жашында башталган. Токтогул Сибирден келгенден кийин аны м-н бирге жүрүп, ырчылык, комузчулук өнөрүн өркүндөткөн ж-а андан «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Нуржан», «Кедейкан» аттуу дастандарды үйрөнгөн. К-дун ырлары («Эски заман», «Ак-Бакай», «Куйручукка жооп», «Терме» ж. б.) кыскалыгы, сөздөрүнүн курч, таамайлыгы м-н айырмаланат. Анын көп айтыштары, арноолору, дин кызматкерлерин ашкерелеген сатиралык ырлары, термелери, сүйүү ырлары ж. б. чыгармалары бар. К-дон Токтогулдун «Алымкан», «Терс кайрык» ж. б. ыр, күүлөрү жазылып алынган.

КОРГОН — кыштак, Лейлек р-ндагы Кара-Суу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Суу, Чоюнчу, Лейлек кыш. да карайт. Козу-Баглан суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Исфана кыш-нан 42 *км* чыгыш тарапта, Пролетарск темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 100 *км*. Калкы 1022 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, маданият үйү, китепкана ж. б. бар.

КОРГОШУН ДӨБӨ I ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Кара-Суу ш-нан түш. тарапта жайгашкан. Төрт бурч формасында аянты 1 *га*дан ашык; түн.-чыгыш тарабында цитадели бар. 1941-ж. А. Н. Бернштам изилдеп, чептин реконструкциясын түзгөн. Табылган карапаларга караганда Мархамат мадаониятына (б. з. 1—4-к.) таандык.



Д. Коргол



Н. Л. Корженевский

КОРГОШУН ДӨБӨ II ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Эски-Ноокат қыш-нын түш. четиндеги сайдын оң жэгинде жайгашкан. 1954-ж. Т. Г. Оболдуева изилдеген. Орто кылымдагы Ноокат ш-на (10—12-к.) окшоштурулат.

КОРЖЕНЕВСКИЙ Николай Леопольдович (1879, Витебск губерниясы, Невельск уезди, Завережье қыш. — 1958, Ташкен ш.) — сов. географ ж-а гляциолог, география илимдеринин доктору (1937), Өзбек ССР ИАнын корреспондент-мүчөсү, Өзбек ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1939), профессор (1937), Орто Азия университетинин физикалык география кафедрасынын башчысы (1937—58). Орто Азиянын табиятын, айрыкча Тянь-Шандын ж-а Памир-Алайдын мөңгүлөрүн, суусун ж-а орографиясын изилдеген. Көптөгөн саякаттарды жасап, Орто Азиянын мөңгүлөрүн кеңири изилдеп, алардын каталогун биринчи түзгөн (1930). 70ке жакын чоң мөңгү ж-а бир канча тоо чокуларын, а. и. Кырг-ндын аймагында Түн., Батыш ж-а Ички Тянь-Шандын, Памир-Алай тоолорунун табиятын, мөңгүлөрүн изилдеген. Изилдөө иштерин Ошто (1901—05) кызмат өтөп жүргөн убагында баштаган. 1903—37-ж. Алай, Түркстан, Чоң-Алай тоолоруна, Алай өрөөнүнө 7 жолу экспедиция жасап, ал жерлердин климатын, мөңгүлөрүн ж-а көлдөрүн, рельефтин типтери м-н формаларын, белдерди ж-а ашуу жолдорун жазган. Анын ири эмгектери Алай өрөөнүнүн табиятына ж-а байыркы мөңгүлөрүнө (1930), Исфайрам (1936), Сох (1948) сууларынын алабындагы ж-а Алай кырка тоосундагы (1955) мөңгүлөргө, сууларга ж-а алардын орографиясына арналган. Анын ысмы м-н Чоң-Алай кырка тоосундагы

мөңгү ж-а чоку аталган. Эки орден м-н сыйланган.

КОРЖЕНЕВСКИЙ МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы эң ири мөңгү. Кызыл-Суунун (Батыш) сол куймасы Жанайдартак суусунун алабынан орун алган. Дрит тибиндеги тоо-өрөөн мөңгүлөрүнө кирет. Уз. 22,5 *км*, аянты 89,1 $км^2$. Башы д. дең. 6210 *м*, этеги 3880 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүнүн этеги морена м-н туташ капталган. 1928-ж. бул мөңгүгө келип, аны толук жазып кеткен сов. географ ж-а гляциолог Н. Л. Корженевскийдин ысмынан аталган.

КОРУМДУ МӨҢГҮЛӨРҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы Корумду суусунун төрүндө жайгашкан үч мөңгү (Чыгыш, Ортоңку ж-а Батыш К. м.). Чыгыш Корумду мөңгүсү — татаал өрөөн тибинде. Уз. 6,2 *км*, аянты 13,9 $км^2$, көлөмү 0,6 $км^3$. Башы д. дең. 5440 *м* бийиктикте, этеги 3900 *м* бийиктикте жатат. Ортоңку Корумду мөңгүсү өрөөн тибиндеги мөңгүгө кирет. Уз. 5,5 *км*, аянты 3,9 $км^2$, көлөмү 0,2 $км^3$. Башы д. дең. 5330 *м*, этеги 3820 *м* бийиктикте жатат. Батыш Корумду мөңгүсү — өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 3,4 *км*, аянты 4,9 $км^2$, көлөмү 0,3 $км^3$. Башы д. дең. 4700 *м*, этеги 4020 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүлөрдөн Кызыл-Суунун сол куймасы Корумду суусу куралат.

«КОСМОС» — Ош ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Тельман көчөсү). 1963-ж. ачылган. «Жаш киномеханик», «Атеист», «Ден соолук» кино клубдары иштейт. 400 орундуу 2 кино залы бар. 1985-ж. 1 млндон ашык киши кино көргөн.

КОЧКОР-АТА — жер астындагы мавзолей. Ош ш-нан 102 *км* аралыкта, Рахманжан атн. к-здун (Ленин р-ну) аймагында жайгашкан. Жер үстүнөн байкалбай, суу жеп кеткен арыктын боюнан табылган. 1966 ж-а 1981-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Бул — бышкан кыштан жер астында тургузулган кумпалуу, 4 чарчы табыт. Көрдүн түбүн карай тепкичтер жасалган. 11—12-к-дарга таандык. Азыркы мезгилде биротоло талкаланган. Ички көрүнүшүнүн сүрөттөрү гана сакталып калган.

КОЧКОР-АТА — Ленин р-нундагы шаар тибиндеги посёлка (1953-жылдан). Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. этегинде, Фрунзе — Ош авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 17 *км* батыш тарапта, Тентек-Сай темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 25 *км*. Калкы 16,1 миң (1986). Посёлкага жакын жерден нефть кени чыккан. К.-А.-да «Кыргыз нефть» өндүрүш бирикмеси, пластмасса буюмдар, май з-ддору, балдардын ден соолугун калыбына келтирүүчү оорукана иштейт. Кызыл-Кыя тоо-кен техникумунун кечки бөлүмү, 4 орто мектеп, музыка мектеби, мектеп-интернат, оорукана, маданият үйү, пионерлер үйү, «Нефтяник» маданият үйү, жайкы кинотеатр, маданият-а эс алуу багы ж. б. бар. В. И. Ленинге эстелик тургузулган, даңк аллеясы ачылып, Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго түбөлүк от жагылган. Көп нускалуу «Нефтяник» газетасы чыгат.

КОЧКОР-АТА КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы полиметалл рудасы жаткан жер. Чаткал кырка тоосунун түш. капталында, Касан суусунун сол куймасы Кочкор-Ата суусунун ортоңку агымында жайгашкан. 1956-ж. табылган. Кен аймагын таш көмүр мезгилинде жиреп чыккан гранит-ж-а гранодиорит тоо тектери түзөт. Аларды түнчыгышка созулган тектоникалык жарака зонасы кесип өтөт. Бул зонада тоо тектер талкаланып, серициттешип, хлориттешип өзгөрүүлөргө дуушарланган. Руда тулкулары майда тарамча, уя, линза түрүндө тектоникалык жараканы бойлой жайгашкан. Калың-дыгы 1—2 *см*ден 0,5 *м*ге чейин. Руда составы б-ча галенит-сфалерит-түү, пирит-арсенопириттүү ж-а гематит-магниттүү болуп бөлүнөт.

КОЧКОР-АТА МИНЕРАЛДУУ СУУ-СУ — Ленин р-нундагы дарылык касиети бар минералдуу жылуу суу булактары. Кочкор-Ата ш. т. п-нан 8 *км* түн.-батыш тарапта, Кочкор-Ата сайында д. дең. 2100 *м* бийиктикте жайгашкан. 1954-ж. табылып, 1961—62-ж. химиялык составы изилденген. Суу палеоген мезгилиндеги чөкмө терде топтолгон. Бургулоо көзөнөктөрүнөн чыгат. Мында 110—2773 *м* терең-дикте минералдуу суулуу 8 горизонт бар. Бургулоо көзөнөктөрүндөгү суунун чыгымы суткасына 13,7—1728,0 $м^3$, темп-расы 25—49°С. Суунун жалпы минералданышы 69,2 *г/л*, составы хлорид-натрий-кальцийлүү. Сууда кремний кислотасы 37,7 *мг/л*. Органикалык заттар арбын. Суудан бөлүнгөн газда метан, көмүр кычкыл газы, суутек, көмүр кислотасы ж-а азот бар. Ашказан ж-а муун ооруларын дарылоого болот. Мында жылуу сууга түшүү жолу м-н дарылоочу мекеме иштейт.


С. Кочкорова


Т. Т. Кочубаев

КОЧКОРОВА Сарахан (1928, Кара-Суу р-ну, Калинин кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1957-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1942-ж. колхоздо иштөөдөн баштаган. 1948—50-ж. пахтачылык звеносун башкарган. 1947-ж. ар бир *га* пахта аянтынан 88,6 *ц*ден түшүм жыйнап алган. 1951—55-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси», «Энелик даңк» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

КОЧУБАЕВ Тойчу Тагаевич (1922, Араван р-ну, Чек-Абад кыш. — 1981, ошол эле жерде) — а. ч. өндүрүш ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1966). Кыргыз ССРинин дыйканчылыкка эмгек сиңирген устаты (1958). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Советтик Армияга кызмат өтөп келгенден кийин, 1946-жылдан «Кызыл-Толкун» к-зунда председателдин орун басары болуп иштеп, 1954-ж. А. А. Жданов атн. колхоздун председателдигине шайланган. 1965-ж. колхоз б-ча 1200 *га* пахта аянтынын ар гектарынан 36 *ц*ден түшүм жыйнап алынган. Мамлекетке пахта сатуунун 7-беш жылдык планы 4708 *т*га ашык, эт сатуу 107%, сүт 106% ж-а жүн 100%ке аткарылган. 1947-жылдан «Жаны-Жол» к-зунун председатели, 1979-жылдан тоют топтоо б-ча колхоздор аралык бирикменин директору. 1966—74-ж. СССР Жог. Советинин ж-а 1963—67-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

КОЧУБАЕВ — кыштак, Араван р-нундагы Чек-Абад айыл советинин борбору. Бул айыл советине Пахтачы, Жар-Кыштак, Чөгөм, Максим-Тобу, Көк-Ала-Баш, Төлөйкөн, Жакшылык, Агроном кыш. да карайт. Райондун борбору Араван кыш-нан 6 *км* батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 40 *км*. Калкы 3041 (1987). Нег. чарбасы — тамеки, пахта өстүрүү. Орто мектеп, мектеп-интернат, бала бакча, амбулатория, аптека, маданият үйү, китепкана ж. б. бар. А. ч. өндүрүш ишмери, Соц. Эмг. Баатыры Т. Т. *Кочубаевдин* ысмынан аталат.

КОШ-БУЛАК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ. Жазы суусунун сол өйүзүндөгү тумшукта жайгашкан. Түш. тарабы кең (200 *м*), түндүк тарабы куушураак (150 *м*) чарчы формада. Түн. ж-а чыгыш жактары терең аң, түш. ж-а батыш жактары зоокалуу тик жарлар м-н курчалган. 1954-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Табылган карапаларга караганда Шоро-Башат маданиятына (б. з. ч. 4—1-к.) таандык.

КОШ-ТЕКТИР БОТАНИКАЛЫК ЗАКАЗНИГИ Ала-Бука р-нунун аймагында. Кыргызстандагы сары гүлдүү эң кооз мандалак өскөн жерлерди коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Аянты 30 *га*.

КОШУЛУШ — кыштак, Алай р-ндагы Бүлөөлү айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кичи-Бүлөөлүү, Чоң-Бүлөөлүү, Көл-Чаты кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 37 *км* түш.-чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 114 *км*. Калкы 61 (1986). Мал чарбасы өнүккөн.

«КОШЧУ» СОЮЗУ — Орто Азиядагы кедей ж-а орто дыйкандардын массалык интернационалдык уюму. Түркстан Компартиясынын 5-съездинин (1920, сентябрь) чечими б-ча кедейлер комитети м-н кедейлер союздарынын ордуна түзүлгөн. 1921-ж. декабрда «К.» с-нун Олуя-Атада өткөн уюмдаштыруучу 1-съезди жерг. улуттардан чыккан дыйкандарды социалисттик агрардык кайра куруулларга ж-а коомдук-саясий иштерге тартуу, дыйкандардын маданият деңгээлин жогорулатуу, аларды эзүүчүлөрдөн ж-а мусулман дин кызматкерлеринин таасиринен арылтуу милдеттерин койгон. «К.» с. Түш. Кырг-нда Совет бийлигин чыңдоодо көрүнүктүү роль ойногон. 1921-ж. январда «К.» с-нун Жалал-Абад, апрелде Ош уездик уюмдары уюшулган. 1921-жылдын аягында «Кошчу» уюмдары Кырг-ндын түштүгүндөгү көптөгөн кыш-да түзүлгөн. Жер-Суу рефор-

маларын өткөрүүгө, алгачкы коллективдүү чарбаларды уюштурууга, азык-түлүк салыктарын жыйноого, өздөрүнүн өкүлдөрү аркылуу профсоюздардын ж-а сов. мекемелердин иштерине катышкан. 20-жылдардын аягында «К.» с. өзүнүн милдетин ишке ашырып, 1929-ж. а. ч-нын коллективдештирилишине байланыштуу «Жарды-Жалчы уюму» болуп өзгөртүлгөн.

КӨГАРТ — Сузак р-нундагы суу, Кара-Дарыянын оң куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталат. Уз. 105 *км*, алабынын аянты 1370 *км*^{2}. Алабында 60тан ашык өзөн бар. Ирилери: Үрүм-Башы, Кара-Алма, Кара-Март, Чаңгет ж. б. Кар, мөңгү, булак сууларынан куралат. Апрель — июль айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 18,1 *м*^{3}*/сек*. Сугатка кеңири пайдаланылат. Боюнда Жалал-Абад ш., Сузак, Багыш, Октябрь, Мундуз, Жоон-Күнгөй ж. б. кыш. жайгашкан.

КӨГАРТ — кыштак, Совет р-нундагы Алайкуу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Партсъезд кыш. да карайт. Сөөк ж-а Көгарт сууларынын кошулушундагы өтөктө жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кышынан 130 *км* түш.-чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 208 *км*. Калкы 1910 (1986). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, турмуш-тиричилик комбинаты, китепкана ж. б. бар.

КӨГАРТ АШУУСУ Фергана тоо тизмегинде, Көгарт суусунун башынан орун алган. Д. дең. бийикт. 3319 *м*. Ашуунун бели түзөң, түн.-чыгыш капталы тигирээк, түш.-батышы бир аз жантайыңкы. Негизинен силур м-н девондун мрамор, сланец, акиташ тектеринен турат. Кышында калың кар жатат. Июнь — сентябрь айларында ачык. Сузак ж-а Тогуз-Торо р-ндорун байланыштырган авт. жолу өтөт.

КӨГАРТ КЕНИ — Сузак р-нунун аймагындагы кум-шагыл чыгуучу жер. Жалал-Абад ш-нан 8 *км* түн.-чыгыш тарапта, Көгарт суусунун кашатында. 1967—68-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Аймагы антропоген мезгилинде пайда болгон аллювий чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Петрографиялык ж-а гранулометриялык составы ар түрдүү: химиялык жактан туруктуу ж-а катуу келген кварцтуу кумдуктар м-н кремнийлер (80%), оңой талкалана турган жумшак сланецтер м-н алевролиттер (4%) ж-а химиялык туруктуулугу аз акиташ теги, доломит ж. б. (25%ке чейин) кезигет. Шагыл (40 *мм*-ден кесеги) 45%, кум 15,8%ке чейин, чаң 12%. Запасы А+В категориясы б-ча 6549 миң *м*^{3}, С$_1$ 7970 мин *м*^{3}. Шагылы «300», «400» маркаларындагы бетон даярдоого жарамдуу. Кен карьерден казып алынат.

КӨГАРТ ӨРӨӨНҮ Сузак р-нунун аймагында, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш тармактары Серүүн-Дөбө, Айып-Тоо, Чаңгыр-Таш, Акман, Кутурган тоолорунун аралыгында жайгашкан. Уз. 90 *км*, туурасы 12 *км*. Таманынын д. дең. бийикт. 700—2000 *м*. Жог. тоолуу бөлүгү Фергана тоо тизмегинин нег. суу бөлгүчү ж-а анын айрыктары м-н чектелген бир нече өрөөн, капчыгайларга (Жошо, Орток, Кара-Алма, Үрүмбашы, Кызыл-Суу ж. б.) бөлүнүп кетет. Төм. түзөң бөлүгү жайык. Тектоникалык жактан К. ө.— аллювий чөкмө тектери толгон синклиналь. Адырлар негизинен неогендин конгломерат, чопо, тоолуу бөлүгү юранын чополуу сланец тектеринен турат. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы түздүк бөлүгүндө —4,3°С, июлдуку 26,3°С. Жылдык жаан-чачыны 468—900 *мм*. Өрөөндөн *Көгарт* суусу агып өтөт. Жарым чөл ж-а кургак талаа (700—1000 *м* бийиктикте), талаа (1000—1300 *м*), жаңгак-жемиш токою (1400—2400 *м*), шалбаалуу талаа, субальп ж-а альп ландшафт алкактары мүнөздүү. Өрөөндө Жалал-Абад ш., Сузак, Бек-Абад, Октябрь, Жийде, Михайловка кыш. жайгашкан.

КӨК-АЛА — Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш тармагында Гава-Сай суусунун алабында жайгашкан көл. Жер көчкүнүн өрөөндү бөгөп калышынан пайда болгон. Ала-Бука р-нунун аймагында. Д. дең. 2606 *м* бийиктикте. Уз. 1,5 *км*, туурасы 0,5 *км*, тереңдиги 100—130 *м*, суу бетинин аянты 0,84 *км*^{2}. Жээктери тик (40—60°), аскалуу. Ноябрдан июнга чейин тоңот. Жайында суунун темп-расы 19,5—21°С. Көлгө бир нече суу куюп, андан суу бөгөттүн асты м-н сарыгып агып чыгат. Тоо беттеринде субальп ж-а альп өсүмдүктөрү, жапалак арча өсөт. 1976-ж. Кыргыз ССР Министрлер Совети республикасы мамл. өзгөчө маанилүү суу объектиси катары белгилеген.

КӨК-БЕЛЕС МӨҢГҮСҮ — Түркстан кырка тоосунун (чыгыш бөлүгүнүн) түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Сох суусунун сол куймасы

Калаймахмуддун алабында жайгашкан. Уз. 5,6 *км*, аянты 3,2 *км*^{2}. Мөңгүнүн башы д. дең. 5080 *м*, этеги 3120 *м*. Мөңгүдөн Калаймахмуд суусунун сол куймасы башталат.

КӨК-ЖАҢГАК — обл-ка караштуу шаар (1943-жылдан). Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында, Көгарт өрөөнүндө, д. дең. 1500 *м* бийиктикте жайгашкан. Жалал-Абад ш-нан 28 *км*, Ош ш-нан 88 *км* түн.-чыгыш



«Суусундук» өргөөсү.

тарапта. Шаар аймагында январдын орт. темп-расы —10°С, июлдуку 20°С. Жылдык жаан-чачыны 450 *мм*. 1896-ж негизделген. Шаарда «Көк-Жаңгак» көмүр шахтасы, кийим тигүү ф-касы, машина куруу з-ду, нан з-ду ж. б. иштейт. Беш орто мектеп, 1 башталгыч, 1 кечки мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, оорукана, поликлиника, маданият сарайы, кинотеатр, турмуш-тиричилик үйү ж. б. бар. 1985-ж. «Күжүрмөн эмгекке даңк» музейи ачылган. Көп нускалуу «Путь горняка» газетасы чыгат. Совет бийлигин орнотууда ж-а Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган; к. *Көк-Жаңгак шаарынын негизги планы*.

КӨК-ЖАҢГАК ГИПС КЕНИ Сузак р-нунда, Көк-Жаңгак ш-нын түш. тарабындагы Акман тоосунда жайгашкан. 1926-ж. табылып, 1952-ж. изилденген. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон кумдук, чопо, алевролит, аргиллит, доломит тектери түзөт. Пайдалуу катмар чопо тектеринин арасындагы кант сымал массивдүү аппак гипстен турат. Калындыгы 90—95 *м*. Гипстен кооз буюмдарды жасоого болот. Запасы С категориясы б-ча 403 миң *м*^{3}.

КӨК-ЖАҢГАК ТАШ КӨМҮР КЕНИ Сузак р-нунда, Көк-Жаңгак ш-нын түш. тарабында, Жалал-Абад ш-нан 30 *км* чыгышта, Акман тоосунда жайгашкан. Жерг. элге илгертен белгилүү. Кен аймагын силур-девондун чөкмө тектери ж-а юра м-н бор мезгилдеринин континенттик чөкмөлөрү түзөт. Көмүр юра мезгилинин гравелит, кумдук ж-а чополуу катмарларынын арасында жатат. Мында 14кө чейин көмүр кабаттары бар. Калыңдыгы 1,0—15,8 *м*. Көмүр гумустуу, жалбырттап күйүүчү таш көмүр тобуна кирет. Жылуулук берүү энергиясы 18,47 *МДж/кг*, орт. күлдүүлүгү 17,3%. Көмүр кокталат. Жалпы запасы 159,1 млн *т*. Көмүр Октябрь рев-ясына чейин эле (1890, 1914—16) казып алынып келген. Өнөр жайлык мааниде 1931-жылдан казыла баштаган. Азыр жылына 600 миң *т* көмүр казылып, Орто Азия респ-ларына жөнөтүлөт.

КӨК-ЖАҢГАК ШААРДЫК ООРУКАНАСЫ (Октябрь көчөсү, 53). 1932-ж. ачылган. Шаар калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 290 орундуу.

КӨК-ЖАҢГАК ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Көк-Жаңгак ш., Октябрдын 40 жылдыгы бульвары). 1934-ж. ачылган. 1977-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Ал балдар бөлүмүн (Көк-Жаңгак ш., Горняцкий чолок көчөсү), филиалын (Көк-Жаңгак ш., Комсомол көчөсү) бириктирет. Шаардагы профсоюздук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китеп фондусунда орус, кыргыз, өзбек, англис, немец, француз тилдеринде 105,7 миң китеп бар; жылына 9 миң окурманды тейлейт (1985).

КӨК-ЖАҢГАК ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда 2 профсоюздук клубдук мекеме иштейт (1986). Аларда 9 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими ж-а чыгармачыл бирикме (180 киши катышкан) уюштурулган.

КӨК-ЖАҢГАК ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда поликлиникасы ж-а мед. тез жардам бөлүмү бар шаардык оорукана, шаардык санитария-эпидемиологиялык станция (Октябрь көчөсү, 53), аялдар ж-а балдар консультациясы (Октябрдын 40 жылдыгы бульвары), 3 аптека бар; 45 врач, 182 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 4 врач, 23 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

КӨК-ЖАҢГАК ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — шаарды өнүктүрүүнүн

ж-а реконструкциялоонун негизги багыттарын аныктаган маанилүү документ. Көк-Жаңгак ш. 20-к-дын башында шахтёрлордун посёлкасы катары пайда болгон. Гражд. согуш мезгилинде басмачылар талкалаган. Аны калыбына келтирүү 1928-ж. башталган. 1943-ж. шаар статусун алган. Көк-Жаңгактын алгачкы негизги планын (арх. В. С. Энкер, Г. К. Гольдштейн ж-а М. Ш. Сулла) 1958-ж. «Өзбек мамлекеттик шахта долбоор» ин-ту иштеп чыккан. 1958—63-ж. үйлөр бош жерлерге курулган. 1980-ж. экинчи негизги планды «Кыргыз мамлекеттик курулуш долбоор» ин-ту (арх. Г. Р. Чмонин, А. Т. Стрижаченко, И. Д. Кадырбеков, К. Сурабалдиев, инженери Т. З. Жантиева) иштеп чыкан. Архитектуралык долбоорлоо структурасы шаардын табигый шарттарын, мурунку курулуштарды эске алуу м-н тагыраак чечилүүдө. Өндүрүш-кампалар зонасы шахта чарбалары жайгашкан аймакта түзүлөт ж-а бул тарапка калк жашаган зонадагы өө. ж. объектилери көчүрүлөт. Өндүрүш-кампалар зонасы м-н турак жай зонасынын ортосуна бак-дарак отургузуу каралган. Турак жай микрорайондору шаардын борб. бөлүгүнө ж-а парктарга жакын салынууда. Шаардын борборунда админ.-ишкердик, маданий-агартуу, соода, спорт, дарылоо, окуу, балдар мекемелеринин комплекстери түзүлүүдө. Бул имараттар дөңсөөлөрдө тектиртектир түрүндө салынып, дөңсөөнүн үстүнө парктар түшөт. Админ.-ишкердик комплекси аянт м-н кошо Октябрь көчөсүндө жайгашат. Транспорт жүрүүчү негизги көчө турак жай, өндүрүш-кампалар зонасы аркылуу шаардын борборун аралап, дача аймагына чейин созулат.

КӨК-ЖАҢГАК ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1975-ж. чейин Көк-Жаңгак ш-нын калкын турмуш-тиричилик жактан Жалал-Абад турмуш-тиричилик комбинатынын филиалы тейлеген, ал 1975-ж. өз алдынча ишкана болуп уюшулган. Көк-Жаңгак турмуш-тиричилик комбинатынын 12 турмуш-тиричилик пункту, а. и. турмуш-тиричилик үйү (Ленин көчөсү), кийим тигүүчү ателье (Ленин көчөсү), 3 чач тарач (Ленин ж-а Совет көчөлөрү, к-з базары), 1 сүрөткө түшүрүү (Ленин көчөсү), 3 бут кийим мастерскою, прокат пункту (турмуш-тиричилик үйүндө) ж-а 2 комплексттүү кабыл алуу пункту (борб. базарда, кийим тигүү ф-касында) иштейт (1986).

«КӨК-ЖАР» — Ноокат р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Көк-Жар кыш.). 1963-ж. «Социализм» ж-а «Правда» к-здорунун базасында түзүлгөн. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, мал багуу. 18 миң *га* (а. и. 12,5 миң *га*, а. ч-га жарактуу) жери, 1,8 миң бодо малы, 8,5 миң кой-эчкиси бар (1986).

КӨК-ЖАР — кыштак, Ноокат р-нундагы Кызыл-Октябрь айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жийде, Каранай, Борбаш, Нарай, Сарыканды, Алашан кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 25 *км*, батыш тарапта жайгашкан. Калкы 1450 (1986). Нег. чарбасы — үрөн бележдөө, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, маданият үйү, үй-тиричилик комбинаты, клуб ж. б. бар.

КӨК-КИЙИК МӨҢГҮСУ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы чуңкурчак тибиндеги мөңгү. Уз. 4,7 *км*, аянты 7,4 *км*^{2}. Кызыл-Суунун алабында жайгашкан. Башы д. ден. 5250 *м*, этеги 3700 *м* бийиктикте. Фирн областы мөңгүнү бөлүп, така сымал ийилген тоо кыры м-н торолгон кенен өрөөндө жайгашкан. Этеги дээрлик морена м-н капталган. Мөңгүдөн Кызыл-Суунун (чыгыш) сол куймасы Көк-Кийик суусу башталат.

КӨК-СУУ — Алай р-нундагы суу, Кызыл-Суунун (батыш) оң куймасы. Уз. 65 *км*, алабынын аянты 1105 *км*^{2}. Алай кырка тоосунун түн. капталындагы Абрамов мөңгүсүнөн башталып, капчыгайлуу өрөөн аркылуу түштүктү карай агат. Ири куймалары: Асан-Коргон, Тегерек, Мух-Бел, Кулжа-Башы (оң), Ой-Бала, Дүңгүрөмө, Кара-Бел (сол). Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Кышында тартылып, жайында (майдын аягы — сентябрдын башы) кирет. Жылдык орт. чыгымы 6,3 *м*^{3}/*сек*. Эң көп чыгымы июль — августта, азы февраль — мартта байкалат. Боюнда Жар-Башы, Кочкорчу кыш. жайгашкан.

КӨК-СУУ (чыгыш) — Алай р-нундагы суу. Кашкар дарыясынын алабында. Алайкуу кырка тоосунан башталат. Уз. 80 *км*, алабынын аянты 976 *км*^{2}. Жог. агымында кууш өрөөн м-н агып, ылдамдыгы 2—3 *м*/*сек*га жетет. Өзөнү ичке келип, көптөгөн босоголор кезигет. Ортоңку агымында өзөнү кеңейип, оң жактан Кызыл-Суу кошулгандан кийин чыгышты (КЭРге) карай агат. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 14,7 *м*^{3}/*сек*. Май айында кире баштап, октябрда тартылат. Ири куймасы — Кызыл-Суу (22,5 *км*). Боюнда Эркеч-Там кыш. орун алган.

КӨК-СУУ ТООСУ — Алай кырка тоосунун бир тармагы. Анын башкы суусулуп жатат. Көк-Суу (чыгыш) ж-а Алайкуу сууларынын (куймалары м-н) аралыгын ээлейт. Уз. 45 *км*, туурасы 10—15 *км*. Д. ден. орт. бийикт. 4000 *м*, эң бийик жери 4786 *м* (Муз-Зоо чокусу). Негизинен палеозойдун сланец ж-а акиташ тектеринен түзүлгөн. Кокту-колоттуу, тоо беттери тик (25—50°). Байыркы муз каптоонун издери Ой-Бала ж-а Тай-Кечүү капчыгайларында байкалат; морена, цирк ж-а тепши сымал төрлөр, корумдар тоонун бардык жеринде бирдей мүнөздүү.

КӨК-ТАШ — Майлы-Сай шаар советине караштуу шаар тибиндеги посёлка. Майлы-Суу суусунун боюнда жайгашкан. Майлы-Сай ш-нан 18 *км* түш.-чыгыш тарапта, Тентек-Сай темир жол станциясынан 45 *км*. Калкы 3,3 миң (1986). Орто мектеп, амбулатория, китепкана, клуб ж. б. бар. Посёлкага жакын жерден нефть чыгат.

КӨМҮР КАЗЫП АЛУУЧУ ИШКАНАЛАР. Алгачкы К. к. а. и. обл-тын аймагында Сүлүктүдө ж-а Кызыл-Кыяда пайда болгон. 1903-жылдан Алмалык кени, 1916-жылдан Таш-Көмүр кени, 1919-жылдан Көк-Жаңгак кени казып алына баштаган. Азыр көмүр «Көк-Жаңгак» (Көк-Жаңгак ш., 1985-ж. 480 миң *т* таш көмүр казып алынган), «Северный» (Таш-Көмүр ш., 1985-ж. 400 миң *т* таш көмүр казып алынган), ЛКЖС атн. (Кызыл-Кыя ш-нан 6 *км* чыгыш тарапта, 1985-ж. 360 миң *т* күрөң көмүр казып алынган), Шахта 6/18 (Сүлүктү ш., 1985-ж. 130 миң *т* күрөң көмүр казып алынган), Шахта 2/4 (Сүлүктү ш-нан 15 *км* чыгыш тарапта, 1985-ж. 120 миң *т* күрөң көмүр казып алынган) шахталарынан ж-а «Абшыр» (Кызыл-Кыя ш-нан 22 *км* чыгыш тарапта, 1985-ж. 620 миң *т* күрөң көмүр казып алынган), «Кара-Суу» (Таш-Көмүр ш-нан 15 *км* түн. тарапта, 1985-ж. 590 миң *т* таш көмүр казып алынган), «Алмалык» (Ош ш-нан 23 *км* түн.-батыш тарапта, 1985-ж. 440 миң *т* күрөң көмүр казып алынган), «Кызыл-Булак» (Сүлүктү ш-нан 15 *км* чыгыш тарапта, 1985-ж. 340 миң *т* күрөң көмүр казып алынган) разрездеринен казып алынат (1986). 1985-ж. бардык К. к. а. и. 3876 миң *т*, а. и. 2293 миң *т* көмүр карьерден (50,2%и) ачык түрдө казып алган. Казып алынган көмүр ылгануш, сорторго ажыратылат. Сорттолгон көмүр обл-тын керектөөчүлөрүнө ж-а Өзбекстандын жакынкы р-ндоруна жөнөтүлөт. Эленген майда көмүр Өзбек, Казак ССРлеринин ж-а Фрунзе ш-нын электр станцияларына керектелет. К. к. а. и. СССР ө. ж. министерствосунун карамагында.

КӨТӨРМӨ — кыштак, Ноокат р-нундагы Кыргыз-Ата айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кыргыз-Ата, Тельман, Борко, Кара-Ой, Кара-Таш, Таш-Булак кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 8 *км* түш.-чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 47 *км*. Калкы 1963 (1988). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, аптека, амбулатория, төрөт үйү, клуб, китепкана ж. б. бар.

КӨЧӨЛӨРДҮ ЖАРЫКТАНДЫРУУ. Областтагы калктуу пункттардын көчөлөрүн шаардык ж-а р-ндук коммуналык ишканалар комбинаттары жарыктандырат. Область б-ча жалпы уз. 700 *км* көчөгө 25 миңден ашык электр чырагы орнотулган. Ош ш-нын көчөлөрүн жарыктандыруу тармагын эксплуатациялоо, ремонттоо ж-а реконструкциялоо иштерин электр тармактык «Шаар жарыктандыруу» ишканасы ишке ашырат. Областтын борборунун көчөлөрүнүн 80%тен ашыгы жарыктандырылган, 10,5 миң электр чырагы орнотулган; жарык берүү үчүн тартылган электр зымдын уз. 330 *км*, а. и. темир-бетон түркүгүнө тартылган зымдын уз. 271 *км* (1986).

КРЕТИНИН Иван Терентьевич (1931-ж. т., Алтай крайы, Краснощёков р-ну) — механизатор, Соц. Эмг. Баатыры (1966). Коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү (1960). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1946-ж. тракторист болуп иштөөдөн баштаган. 1951-жылдан Кадамжай кенинде, алгач бургулоочу-өткөөлчү, кийин көмүр жүктөөчү машинанын машинисти, 1960-жылдан өткөөлчүлөрдүн комплекстүү бригадасынын бригадири болуп иштеген. Анын бригадасы материалдарды сарамжалдуу сарптоо м-н өткөөл иштеринин


И. Т. Кретинин


В. Г. Крикун


Э. Ф. Кужело


К. Кулатов

өзүнө турган наркын арзандаткан. Жети жылдыктын (1959—65) өндүрүштүк тапшырмаларын жылына 119—128%ке аткарган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

КРИКУН Василий Гаврилович (1918-ж. т., азыркы Сузак р-ну, Октябрь кыш.) — Сов. Союз. Баатыры (1943). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согушка чейин ветеринар-фельдшер болуп иштеген. 1942-ж. ноябрдан фронтто; старший сержант, Кызыл Туулуу 315-аткычтар дивизиясынын 362-аткычтар полкунда отделение командири. Мелитополь ш. үчүн салгылашта эрдик көрсөткөн. Душмандын бронепоездин жарган. Автоматчылар тобу м-н душмандын штабын талкалап, штаб офицерин туткунга алган. Душмандын 18 танкын, 6 автомашинасын, 5 замбирегин иштен чыгарган (1943). 1944-ж. аскер окуу жайында окуган. Согуштан кийин Анжияндагы мончокир жуучу комбинаттын директору, Жалал-Абаддагы «Коминтерн» артелинин председатели. 1978-жылдан пенсияда, Новосибирск ш-нда жашайт. Ленин ордени м-н сыйланган.

КУЖЕЛО Эрнест Францевич (1896, Австрия-Венгрия, Кутенберг ш. — 1934, Николаев ш.) — Түркстан АССРиндеги Гражд. согуштун баатыры, СССРде социалисттик курулушка активдүү катышкан. Улуту чех. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. 1914-ж. орус армиясына өз ыктыяры м-н өтүп, чех-словак корпусунда рев-ячыл иштерди жүргүзгөн. Бобруйск жумушчу ж-а солдат депутаттар советинин председатели, ошол эле мезгилде Советтик аскер секциясынын председатели (1917). 1918-ж. августта Кокондогу чет өлкөлүк коммунисттер к-тинин председатели, 3-Интернационал атн. бириккен отряддын командири. 1919-ж. сентябрда Анжиян-Ош согуш р-нунун командачысы, декабрдан Фергана өзүнчө атчандар бригадасынын командири. 1920—21-ж. М. В. Фрунзенин буйругу б-ча К-нун командачылыгы м-н Фергана атчандар бригадасы басмачыларды, Бухара эмирдигинин аскерлерин ж-а контрреволюциячыларды талкалоого катышкан. 1921—23-ж. 1-Фергана айлыктык атчандар полкуна, Ош уездинин Өзгөн-Алай тоолуу р-нунда тапшырма м-н жүргөн өзгөчө бөлүктөргө командалык кылган. 1924-жылдан СССР рев-ячыл аскер советинде, Бүткүл россиялык эл чарба советинде жооптуу кызматтарда иштеген. Николаев кеме куруу з-дунун директору. Ленин ордени, эки Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

КУЙБЫШЕВ В. В. КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨ. ВКП(б) БКнын ж-а СССР Эл Комиссарлар Советинин пахта даярдоо б-ча өкүлү катары 1934-ж. 5-ноябрдан 20-декабрга чейин Ото Азиянын пахта эгүүчү аймактарында болгон. Декабрдын ортосунда Ош ш-на келип, Ош эс алуу үйүнө токтогон. Ош пахта тазалоочу з-дунун ж. б. обл-тагы пахта тазалоочу ишканалардын иши м-н таанышкан. Бардык пахта эгилүүчү р-ндордо болуп, пахтаны жыйноого байланыштуу шарттарды терең териштирген. Сугат тармактарынын абалына ж-а үрөн белендөөнү өнүктүрүүгө кызыккан. Аларды жакшыртуу б-ча конкреттүү сунуштарды киргизген.

КУЛАТОВ Төрөбай Кулатович (1908, азыркы Ноокат р-ну, Кызыл-Булак кыш. — 1984, Фрунзе ш.) — сов. мамл. ж-а парт. ишмер. 1932-жылдан КПСС мүчөсү. 9 жашынан 16 жашына чейин кулактарга жалданып иштеген. 1926—33-ж. темир жолдо жумушчу, Кызыл-Кыядагы «Жал» шахтасында забойщик. 1932—33-ж. «Жал» шахтасында шахта к-тинин председатели. 1934-ж. көмүр казуучулар союзунун шахта к-тинин председатели. 1936-ж. Ош обл. парт. мектепти бүтүргөн. 1937-ж. «Жал» шахтасында парторг. 1938-ж. Кызыл-Кыя шаар советинин аткомунун председателинин орун басары, «Кыргыз көмүр» трест башчысынын орун басары. 1938—45-ж. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин, 1945—78-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун председатели, 1946—78-ж. СССР Жог. Советинин Президиумунун председателинин орун басары. 1938-жылдан Кыргызстан Компартиясынын Борб. к-тине мүчө ж-а бюро мүчөсү. 1937—79-ж. СССР Жог. Советинин, 1938—80-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. 1961-ж. КПСС БКнын Жог. парт. мектебин бүтүргөн. Беш Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, башка 4 орден, медалдар м-н сыйланган.

КУЛБАЕВ Камбар (1903, азыркы Базар-Коргон р-ну, Кыргыз-Гава кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1931-ж. к-зго мүчө болуп кирген, 1936—46-ж. Ленин р-ндагы Фрунзе атн. к-здо дыйканчылык бригадасынын бригадири, кийин к-здун председатели. 1946-жылдан жылкычы болуп иштеген. 1947-ж. бекитилип берилген 50 бээден 50 кулун алып, аман асырап, жог. өндүрүштүк көрсөткүчтөргө жетишкен. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

КУЛБАЕВ Маман (1914, азыркы Базар-Коргон р-ну, Кыргыз-Гава кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун 1936-ж. к-здо иштөөдөн баштаган. 1937—48-ж. Ленин р-ндагы С. М. Киров атн. к-здун дыйканчылык бригадасына бригадир, жылкы фермасынын башчысы. 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

КУЛДАМА КЕНИ — Алай р-ндагы сымап рудасы жайгашкан жер. Карамык кыш-нын түш. тарабында. Алай кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндөгү Көк-Суунун алабында. 1957-ж. табылып, 1958—62-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын девон мезгилинде пайда болгон акиташ теги ж-а кумдук-сланецтүү чөкмө-эффузив тоо тек катмарлары түзөт. Аларды диабаз дайкалары, гранит-диорит массиви ж-а диорит-порфир, кварцтуу порфир сыяктуу тарам түрүндөгү тоо тектер жиреп чыккан. Тоо тек катмарлары


К. Кулбаев


М. Кулбаев

түн.-батыш тарапка жантайып (60—70°) жатат. Алар тектоникалык жаракалар м-н чыгыштан батышка карай төмөндөп кетүүчү үч тектирче тилкеге бөлүнөт. Кен ортоңку тилкедеги акиташ теги м-н анын үстүндө жаткан тертоптолгон. Руда негизинен киновардан түзүлүп, кварц-карбонат материалдары м-н цементтелген акиташ-сланец брекчияларынын линза түрүндөгү кабатчаларында жайгашкан. Кенде 4 руда кабатчасы белгилүү. Киноварь сейрек ж-а чачыранды майда бүртүкчөлөр түрүндө, негизинен цементте кезигет. Кээде антимонит, сейрек учурда пирит, халькопирит, гематит учурайт.

КУЛДУК МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 5,8 *км*, аянты 4,9 $км^2$, көлөмү 0,2 $км^3$. Кызыл-Суунун сол куймасы Шибе суусунун алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы д. дең. 5300 *м*, этеги 3500 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Шибенин сол куймасы Кулдук суусу башталат.

КУЛДУК-ТОО — Алай кырка тоосунун түн. тармагы. Фрунзе р-нунун аймагында, Кожо-Ашкан, Сох ж-а Хайдаркен өрөөндөрүнүн аралыгын ээлейт. Кеңдик багытта созулуп, уландысы Курук-Сай аталат. Уз. 31 *км*, туурасы 7—8 *км*, д. дең. орт. бийик. 4100—4300 *м*, эң бийик жери 5016 *м*. Түн. капталы узун ж-а жантайыңкы, Сох ж-а Хайдаркен өрөөнүнө карай жапыздайт. Түштүгү кыска ж-а тик. Капталдары Сох суусунун куймалары м-н тилмеленген. Силурдун ж-а карбондун сланец, акиташ, конгломерат тектеринен турат. Талаа (1800—1900 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа ж-а шалбаалуу токой (арча, бадал; 2800—3800 *м*ге чейин), андан жогору бийик тоо тундралуу талаа ж-а түбөлүк кар, гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү.

«КУЛУНДУ» — Лейлек р-нундагы колхоз (башкармасы: Кулунду кыш.). 1954-ж. В. И. Ленин атн., В. М. Молотов атн., «Булак-Башы» к-здорунун базасында түзүлгөн. Чарбасынын негизги тармагы — тамеки өстүрүү, мал багуу. 59 миң *га* (а. и. 40 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,8 миң бодо мал, 22,6 миң кой-эчкиси бар (1986).

КУЛУНДУ — кыштак, Лейлек р-нундагы Кулунду айыл советинин борбору. Бул айыл советине Коммунизм, Ленин, Интернационал, Булак-Башы, Кольцо кыш. да карайт. Райондун борбору Исфана кыш-нан 50 *км* түн.-чыгыш тарапта, Пролетарск темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 18 *км*. Калкы 5567 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү. Орто мектеп, кесиптик-техн. окуу жайы, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КУЛУН КӨЛҮ — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы көл. Совет р-нунун аймагында, Тар суусунун оң куймасы Кулун суусунун башында жайгашкан. Уз. 4,6 *км*, туурасы 700 *м*. Көл чанагы д. дең. 2856 *м* бийиктикте жатат. Суусу тунук, тузсуз. Кулун өрөөнүн жер көчкү бөгөн калуудан пайда болгон. Жээги борпоң ж-а талкаланган тектердин шиленди-леринен, айрым жеринде палеозойдун акиташ тектүү аскалар м-н торолгон. Көлдү курчаган тоолор д. дең. 4255—4441 *м*, көлдүн бети 1200—1300 *м* бийиктикте жатат. Бөгөттүн бийикт. 120 *м*, туурасы 200 *м*дей. Каптал жак беттери тик (40—60°), аскалуу ж-а эшилме шагыл таштуу. Айланасы өтө кооз. Аны курчап турган тоолордун түн. капталында карагай, түш. беттеринде арча, суу жээктей тал-терек өсөт. 1976-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советти респ-дагы мамл. өзгөчө маанидеги илимий ж-а маданий жактан баалуу суу объектилеринин катарына киргизген.

КУМ-БЕЛ КӨМҮР КЕНИ Өзгөн р-нунун аймагында, Өзгөн ш-нан 45 *км* түн. тарапта, Саз суусунун жог. агымында, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш этегинде жайгашкан. 1943-ж. табылып, 1981—82-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын триас-юра мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Көмүр юра мезгилинин жалпы калыңдыгы 250 *м*ге чейинки чопо, кумдук, алевролит, аргиллит тектеринин арасында жайгашкан. Мында көмүрдүн 30 катмары бар. Алардын калыңдыгы 0,9—4,9 *м*. Көмүр таш көмүр түрүнө кирет. Күлдүүлүгү 16%. Күйгөндө 17,28 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы 150 млн *т*дан ашык.

КУРАМА КЫРКА ТООСУ Тажик, Өзбек ж-а Кыргыз ССРлеринин чек арасында жайгашкан. Түш.-чыгышы-нан Фергана өрөөнү м-н чектешет. Сыр-Дарыя ж-а Ангрен дарыяларынын суу бөлгүчү. Түш.-батыштан түн.-чыгышка 120 *км* созулуп, Чаткал тоосуна барып такалат. Эң жазы жери 15 *км*. Орт. бийикт. 2690 *м*, эң бийик жери 3769 *м*. Ангрен дарыясына караган түн.-батыш бети тик ж-а кокту-колоттуу, Фергана өрөөнү тарабы жантайыңкы. Негизинен палеозойдун метаморфизмделген сланецтери ж-а карбонат, эффузив тоо тектеринен түзүлгөн. Көп болүгүн аларды жиреп чыккан гранит, гранит-диорит ж-а аляскит интрузиялары ээлейт. Тоо тек катмарлары ири бүктөлүүлөргө дуушарланып, жалпысынан түн.-батыш, түн.-чыгышка багытталган тектоникалык ири жарака-лар м-н тилмеленген. Кен байлыктарынан калай, күмүш, жез, коргошун, цинк, флюорит, сейрек кездешүүчү металл кендери бар. 9—10-к-дан алтын м-н күмүш казып алынган. Ландшафтында жарым чөл ж-а кургак талаа (2000 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу, сейрек бадалдуу талаа (2000—2500 *м*), шалбаалуу токой (2500—2800 *м*), андан жогору субальп ж-а альп шалбаасы, сейрек бетегелүү талаа алкактары басымдуу. Жайыт.

КУРБУ-ТАШ — кыштак, Өзгөн р-нундагы Жалпак-Таш айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Терек, Маркс, Киров, Кысык-Алма, Туз-Бел, Үч-Каптал кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 29 *км* түш. тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 19 *км*. Калкы 1278 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КУРМАНЖАН ДАТКА, Курманжан Маматбек кызы (1811, Гүлчө аймагы — 1907, азыркы Кара-Суу р-ну, Мады кыш.)— Алайдагы кыргыздардын башкаруучусу. «Алай канышасы» деген ат м-н белгилүү. 18 жашында атасы кудалап койгон Садиар уулу Кулуга күйөөгө барган бирок аны ачык, атасынын төрүндө 3 жыл отурган. 1832-ж. ал күйөөсү м-н ажырашып, Алайды башкарган Алымбек датканы

жактырып, ага турмушка чыккан. Аны м-н 29 жыл чогуу жашап 5 баладуу болгон. Элди башкарууда Алымбектин ишеничтүү жардамчыларынан болуп калган. 1862-ж. Кокон ханынын сарыйында козголоңчулар Алымбек датканы өлтүрүшкөндөн кийин, Алайды башкарууну Курманжан биротоло өз колуна алган. 1864-ж. Кокон ханынын каршы алайлык кыргыздардын күрөшүн басуу үчүн аскерлери м-н жардамга бара жаткан Бухара эмири Саит Музаффар-Эддин Ошко келип, Мады чебин каратат. Ошол учурда эмир Курманжанга кезигип, анын алайлык кыргыздарга болгон таасири зор экендигин түшүнөт да, «мусулман



Курманжан. 1907-ж.

салтын» бузуп, аял кишиге — Курманжанга «датка» деген мансап даражасын ыйгарган. Курманжан датканын уулдары Абдылдабек, Батырбек, Махмудбек, Хасанбек, Камчыбек Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөшкөн. Бирок алардын күрөшү феодалдык мүнөздө болуп, өз кызыкчылыктарын көздөгөн. Курманжан феодалдык таптын өкүлү болгондуктан үстөмдүк кылуучу таптын кызыкчылыгын жактаган. 1876-ж. Кокон хандыгы жоюлгандан кийин, Түркстан генерал-губернаторунун Кырг-ндын түштүгүн Россиянын карамагына кошуу ж-дө талабына каршы алайлык кыргыздар тоого (Кашкарга чектеш Көк-Сууга) көчүп кетишкен. Аларды баш ийдирүү үчүн генерал М. Д. Скобелевдин отряды жиберилет. Курманжандын уулдары Абдылдабек, Камчыбектер падышанын жазалоочу отряддарына каршылык көрсөтүшкөн. Генерал М. Д. Скобелев Ош уездинин начальниги майор Ионовго, даткага жолугуп, жарашуу ж-дө макулдашуу ишин тапшырган. 1876-ж. Курманжан датка М. Д. Скобелевге кыргыздардын Россияга кошула тургандыгын билдирген. Уулдары Махмудбек, Хасанбек, Батырбек ак падышанын бийлигин таанышкан. Улуу уулу Абдылдабек Афганстанга качып кеткен. Небережери Камчыбеков Кадырбек, Карабеков Жамшидбек Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшүшкөн. Чөбөрөлөрүнүн бири — Кыргызстандагы белгилүү илимпоз, академик М. Адышев болгон. Курманжандын сөөгү Оштогу Сулайман тоосунун этегине Сары-Мазар көрүстөнүнө коюлган.



В. И. Куров

КУРОВ Василий Иванович (1915-ж. т., Саратов обл., Новоузенск ш.) — Даңк орденинин толук кавалери. 1941-ж. Өзгөн райондук аскер комиссариатынан армияга кызмат өтөөгө чакырылган. Улуу Ата Мекен согушта Түш.-Батыш, 3-Украин, 1-Белорус фронтторунда зениттик пулемётчик катары салгылашкан. 1944-ж. 21-июлда душмандын бомбардировщигин атып түшүргөндүгү үчүн 3-даражадагы Даңк ордени, Кицербург ш-н бошотууда 6 душманды туткундап, душмандын чалгындоочу самолётун жок кылгандыгы үчүн 2-даражадагы Даңк орденин, Берлинди алууда 11 душманды туткундагандыгы үчүн 1-даражадагы Даңк орденин алган. Армиядан келгенден кийин Новоузенск ш-нда эмгектенген. Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.

КУРУКОЛ ЗАКАЗНИГИ Ала-Бука р-нунда, Ала-Бука токой чарбасынын аймагында жайгашкан. 1975-ж. Тянь-Шань карагайы өскөн аймакты коргоо

максатында уюшулган. Заказникте карагайдан башка четин, ак чечек, долоно, аса-муса, изирик, табылгы, сары жыгач, зараң ж-а ит мурундун бир нече түрү өсөт. Аянты 348 *га*.

КУРУК-САЙ ТООСУ — Алай кырка тоосунун түн. тармагы. Сох, Ак-Терек, Жашыл-Көл, Кык өрөөндөрүнүн аралыгында кеңдик багытта созулуп жатат. Уз. 35 *км*, туурасы 5—6 *км*. Д. дең. орт. бийикт. 4000—4300 *м*, эң бийик жери 5147 *м* (Аскалуу чокусу). Жону тайпак. Капталдары тик (35—50°), кокту-колттуу. Девон м-н карбондун акиташтуу доломит, акиташ тектеринен турат. Талаа (1800—1900 *м* бийиктикке чейин), субалып ж-а алып шалбаалуу талаа ж-а сейрек бетегелүү талаа (3200—3400 *м*ге чейин), андан жогору түбөлүк кар, моңгүлүү ландшафт алкактары мүнөздүү.

КУРУЛУШ — кыштак, Ленин р-нундагы Ноокен айыл советинин борбору. Бул айыл советине Коминтерн, Параканда, Кара-Булак, Киров, Рахманжан, Кызыл-Жылдыз кыш. да карайт. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 6 *км* батыш тарапта, Тентек-Сай темир жол станциясынан 20 *км*. 1931-ж. негизделген. Калкы 1806 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КУРУЛУШ УЮМДАРЫ. Областта 10 курулуш уюму — «Ошкурулуш», «Ош агроөнөр жай курулуш» (1986-ж. чейин «Ош айыл курулуш»), «Жалал-Абад агроөнөр жай курулуш», «Түштүк суу курулуш», «Түштүк транспорт жол курулуш», «Түштүк тиричилик ремонт курулуш» ж. б. иштейт (1986). Кыргыз ССР суу чарба мин-восунун «Ош мелиорация-суу курулуш» трести (Ош ш., Кара-Суу көчөсү) 1981-ж. түзүлгөн. Бул трестке 7 механикалаштырылган көчмө колонна карайт. Айыл-кыштактарда сугат каналдарын ж-а суу өткөрүүчү куурлар тармагын курат. 1985-ж. 14 740 миң сомдук подряддык иштерди аткарган. 1860 киши иштейт (1986). Кыргыз ССР коммуналык чарба мин-восунун «Түштүк ремонт курулуш» трести (Ош ш., Голубев көчөсү, 3) 1966-ж. түзүлгөн. Бул трестке шаардык ж-а р-ндук ремонт курулуш башкармалары, Ош сантехникалык ж-а жол курулуш башкармалары карайт. 1985-ж. 13 468 миң сомдук подряддык иштер аткарылган. 1889 киши иштейт (1986)

СССР көмүр ө. ж. мин-восунун «Орто Азия көмүр казуу курулуш» трести (Ош ш., Свердлов көчөсү, 333) 1970-ж. түзүлгөн. Бул трестке 3 шахта курулуш-башкармасы карайт. Ө. ж. курулуштары, шахта, турак жайларды курат ж-а ремонттойт. 1985-ж. 9662 миң сомдук подряддык иштер аткарылган. 1140 киши иштейт (1986). Кыргызстан керек-жарак союзунун «Ош кооперация курулуш» трести (Ош ш., Тельман көчөсү, 99) 1983-ж. түзүлгөн. Бул трестке 2 механикалаштырылган көчмө колонна ж-а 1 курулуш-монтаждоо башкармасы карайт. Соода комплекстерин ж. б. объекттерди курат ж-а ремонттойт. 1985-ж. «Ош курулуш» трестинен (1986-жылдан «Ош агроөнөр жай курулуш») Ош үй курулуш комбинаты (Ош ш., Юбилейный проспекти) бөлүнүп чыккан. Турак үйлөрдү, мектепке чейинки балдар мекемелерин курат. 1985-ж. 12 869 миң сомдук подряддык иштер аткарылган. 798 киши иштейт (1986). Мындан тышкары обл-тын аймагында түрдүү ведомстволор м-н мин-волордун 40тан ашык курулуш бөлүмдөрү иштейт.

КУРУ-ТЕГЕРЕК КЕНИ — Чаткал р-нундагы жез жаткан жер. Чандалаш тоосунун түн. капталында, Куру-Тегерек суусунун башында. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. 1963-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын таш көмүр мезгилинин баштапкы синклиналды түзүп жатат. Акиташ тегин кварцтуу диорит ж-а кварцтуу диорит-порфирдин шток сымал кичирээк интрузиялары жиреп чыккан. Руда тулкулары акиташ тегинин интрузия м-н кошулган жерлериндеги скарн кабаттарында жайгашкан. Алар линза ж-а тарамча түрүндө. Минералдык составы ар түрдүү. Нег. минералдары: магнетит, пирит, пирротин, халькопирит ж. б.

КУРШАБ — Алай, Кара-Суу, Өзгөн р-ндорунун аймагындагы суу, Кара-Дарыянын сол куймасы. Алай ж-а Академик Адышев кырка тоолорунан башталат. Башы Гүлчө ж-а Жошолу суулары кошулгандан баштап К. аталат. Уз. 157 *км*, алабынын аянты 3750 *км*^{2} (Кырг-ндын аймагында 3200 *км*^{2}). К-га 50дөй суу ж-а өзөн куят. Ирилери: Жошолу, Терек, Бүлөө-

лу ж. б. Алабында жалпы аянты 10,3 *км*^{2} келген 31 моңгү бар. Негизинен кар, моңгу сууларынан куралат. Май — сентябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 24,6 *м*^{3}/*сек*. Боюнда Гүлчө, Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон ж. б. кыш. жайгашкан.

«КУРШАБ» — Өзгөн р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Ленин кыш.). К. Е. Ворошилов атн., 1960-ж. «Путь Ленина», «Социализм», «Жаңы-Талап» к-здорунун базасында түзүлгөн. Урөн белендөөгө адистешкен. 188 миң *га* (а. и. 14,1 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,7 миң бодо мал, 15 миң кой-эчкиси бар (1986). Дан эгиндеринин орт. түшүмдүүлүгү 23,3 *ц*/*га*; кирешеси 11 млндой сом. 2756 киши иштейт (1986).

КУРШАБ ӨРӨӨНУ Алай, Кара-Суу, Өзгөн р-ндорунун аймагында, Отуз-Адыр, Төөчү, Өзгөн, Жаман-Адыр, Кемпир-Рабат адырлары ж-а Академик Адышев кырка тоосунун тармактары м-н курчалып, Куршаб суусунун алабында жайгашкан. Уз. 50 *км*дей, туурасы 30—35 *км*, д. дең. бийиктиги 950 *м*. Рельефи түзөң, түн.-батышты карай эңкейиш (3°). Куршаб, Кара-Тарык суулары, Кара-Дарыянын шилендилеринен ж-а борпоң тектерден турат. Лёсс чөкмөлөрү (катмарынын калыңдыгы 10—15' *м*) кездешет. Кышы мелүүн, жайы ысык. Январдын орт. темп-расы —4,5°С, июлдуку 28—30°С. Жылдык жаан-чачыны 300—350 *мм*. Кемпир-Рабат капчыгайында Анжиян суу сактагычы курулган. Өрөөн аркылуу Куршаб суусу агат. Табигый өсүмдүктөрү: камыш, өлөң, ак тикен, чычырканак ж. б. Өрөөндө Ленин, Куршаб, Савай, Жаңы-Арык ж. б. кыш. жайгашкан.

КУРШАБ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Өзгөн р-нундагы Кызыл-Октябрь айыл советинин аймагында жайгашкан. 1956-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеп, Түн.-Куршаб I шаар чалдыбары деп атаган. 1967-ж. Д. Ф. Винник изилдеген. Бир нече маданий катмардан турат. Төм. катмарынан соңку коло доорундагы Чуст маданиятына, жог. катмарынан Шоро-Башат маданиятына (б. з. ч. 4—1-к.) таандык материалдар табылган.

КУТМАН-КӨЛ — Бабаш-Ата кырка тоосунун түн. капталында, Майлы-Суу суусунун алабындагы көл. Ленин р-нунун аймагында. Д. дең. 2835 *м* бийиктикте жатат, уз. 1,5 *км*, туурасы 600 *м*, суу бетинин аянты 0,1 *км*^{2}. Керей суусунун көчкү бөгөп калышынан пайда болгон. Жээги моңгү шилендилери м-н корумдардан пайда болгон кесек борпоң тектерден турат. Суусу плотинадан сарыгып чыгат. Моңгү суулары м-н толукталып турат. Август айынын аягында деңгээли эң жог. чегине жетет. Кышкысын тоңот. Андан Кара-Суунун сол куймасы Каракол суусу агып чыгат.

КУУ-МАЙДАН — кыштак, Ноокат р-нундагы Кеңеш айыл советинин борбору. Бул айыл советине Шаңкол, Арбын, Чегеден, Ак-Терек кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кышнан 12 *км* чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 55 *км*. Калкы 2738 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылыгы. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

«КҮЖҮРМӨН ЭМГЕК» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Алай р-ндук комитетинин ж-а Эл депутаттар советинин р-ндук органы (редакциясы: Гүлчө кыш.). 1933-ж. негизделген. 1933—36-ж. «Кызыл малчы», 1937—62-ж. «Социалисттик чарба», 1966-жылдан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде, жумасына 3 жолу чыгат. Тиражы 5 миң (1986). Редакциянын полиграфия цехинде басылат.

КҮЛБӨС-КАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ 10-к-га таандык. Чаткал өрөөнүнүн борб. бөлүгүндө, Чаткал суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Цитадель, шахристан ж-а рабаттан турат. Цитадель ж-а шахристаны мунаралуу калың дубалдар м-н курчалган. Бул шаар чалдыбарды казууда турак жай, чарбалык ж-а өндүрүш курулуштарынын калдыктары ачылган. Курулуштардын дубалдары бышырылбаган кыштан тургузулган. Чопо идиштер, күл, айбанаттардын сөөгү ж-а тыйындар табылган. К.-к. ш. ч. 11—12-к-дагы жазуу даректеринде эскерилет. Ардланкент шаары деп божомолдонот. 1950-ж. А. К. Кибиров ачкан.

КҮМҮШ-АЗИЗ — кыштак, Сузак р-нундагы Ырыс айыл советинин борбору. Бул айыл советине Арал-Сай, Жар-Кыштак, Кайнар, Кургак-Көл, Кыр-Жол, Ладан-Кара, Дөмөр, Масадан, Тотуя, Сасык-Булак, Чымчык-Жар, Ырыс кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 3 *км* чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 6 *км*. Калкы 4014



С. Ю. Күчүков

(1987). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

КҮРП-САЙ СУУ САКТАГЫЧЫ Нарын дарыясында энергетикалык максатта курулган. Ленин р-нунун аймагында. Күрп-Сай суусунун чатынан 3 *км* жогору жайгашкан. Уз. 40 *км*, жазы жери 1 *км*, эң терең жери 113 *м*, сыйымдуулугу 370 *м*, суу толгондогу аянты 12 $км^2$. Мындагы ГЭСтин электр энергиясы Орто Азия бириктүү энергия системасына кошулат. Плотинасынын уз. 360 *м*, туурасы 10 *м*, бийикт. 113 *м*. Жалпы суу чыгаруу мүмкүнчүлүгү 972 $м^3/сек$. Нарын дарыясынын жумалык агымын жөнгө салып турат.

КҮҮЛӨМӨ МӨҢГҮСУ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 5 *км*, аянты 5,1 $км^2$, көлөмү 0,2 $км^3$. Кызыл-Суунун сол куймасы Күүлөмө суусунун төрүнөн орун алган. Башы деңиз деңгээлинен 4900*м*, этеги 3240 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Күүлөмө суусу башталат.

КҮЧҮКОВ Сулайман Юсупович (1889, Ош уезди, Алай-Гүлчө болушу — 1932) — Совет бийлигин орнотууга активдүү катышуучу. Сулайман бала кезинде Ташкендеги мал базарга келип, атасынан адашып калат. Аны бир башкыр көпөс багып алып, окуугa жашы жеткенде Оренбургдагы Неплюев кадет корпусуна окуугa берет. 1911-ж. ал корпусту бүтүп поручик наамын алган. Граждандык согушка катышып «өзгөчө каармандыгы үчүн...» ордени м-н сыйланган. Согушта жарадар болуп, Кыргызстанга кайтып келгенден кийин Ош ш-нда мамл. жылкы чарбасынын башчысы болуп иштейт. 1918—19-ж. Кызыл Армиянын ыктыярдуу отрядынын, 1920-ж. январдан ноябрга чейин Кыргыз атчандар дивизионунун, андан кийин полктун командири. Басмачыларга каршы салгылашта оор жарадар болуп отставкага чыккан. Кийин админ. кызматтарда иштеген.

«КЫЗ-БУРАК» — Ала-Бука р-ндук керек-жарак коомунун универсал дүкөнү (Ала-Бука кыш.). 1982-ж. ачылган. 1-кабатында спорт, галантерея, парфюмерия, канцелярия товарлары, бут кийимдер, 2-кабатында тигилүү кийим, кездеме, баш кийим сатылат. Жылдык орт. товар жүгүртүүсү 2,2 млндой сом. Соода аянты 760 $м^2$. 19 киши, а. и. 11 керек-жарак кооперациясынын отличниги иштейт.

«КЫЗГАЛДАК» — Араван р-ндук керек-жарак коомунун ө. ж. товарлар дүкөнү. 1982-ж. ачылган. Сатылуучу негиз. товарлардын ассортименти: тигилүү кийим, кездеме, тор кийим, бут кийим, байпак, галантерея, парфюмерия товарлары. Жылдык орт. товар жүгүртүүсү 2,8 млндон ашык сом. Соода аянты 625 $м^2$. 16 сатуучу иштейт.

КЫЗ-МАЗАР — тарыхый эстелик. Тар суусунун сол өйүзүндө, Совет р-нундагы В. И. Ленин атн. к-здун аймагында жайгашкан. Орто кылымга таандык ар кайсы жерде чачылып жаткан кыштардан ж-а анча байкалбаган таш дөбөлөрдөн турат. Беттеринде арабча ж-а араб-фарсча жазуулар чегилген таштар табылган. Уламышка караганда бул жерде кооз, бийик мавзолейлер, күмбөздөр, калктуу кыштак болгон экен.

«КЫЗЫЛ-АЙ» — Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы кедей дыйкандардын ыктыярдуу коомдук уюму. 1918-ж. майда Сузакта, Кара-Сууда, Жалал-Абадда ж-а Базар-Коргон, Жалал-Абад участкаларынын айыл-кыштактарында, 28-майда Кызыл-Кыя Советинде түзүлгөн. «К.-А.» кедейлер комитеттери сыяктуу эле эгиндерин каткандарга, сүткорлорго каршы күрөшүп, ачарчылыкка учурагандар үчүн бекер тамак-аш берүүнү уюштурган. Кыштактарда Совет бийлигинин таянычы болуп калган. Жумушчулар табы м-н эмгекчил дыйкандардын союзун чыңдоодо көрүнүктүү роль ойногон. 1920-ж. сентябрда аның орду-на социалдык составы б-ча дыйкандардын ар кандай катмарларын бириктирген «Кошчу» союзу түзүлгөн.

КЫЗЫЛ-АЛМА ГАЗ КЕНИ Ленин р-нунда, Фергана тоо тизмегинин түш. этегиндеги адырда, Майлы-Суу ж-а Нарын дарыясынын аралыгында жайгашкан. 1968-ж. табылган. Кен мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон тоо тектердин антиклиналдык түзүлүшүндө жатат. Газ 2780 *м* терендикте кезектешип, арасында чопо м-н граве-литтин катмарчалары бар кумдук ж-а

алевролитте топтолгон. Газ жаткан аянт 2800,5 $км^2$. Газдуу кабаттын калыңдыгы 32 *м*. Суткалык дебити 174 миң $м^3$. Газдын составында метан 73—77,8%, этан 2,3—7,7%, пропан 0,8—1,37%, бутан 0,3—0,56%, пентан *м-н жог.* сапаттагы газ 0,3%, азот ж-а сейрек кездешүүчү газ 20%ти түзөт. Чалгындалган запасы 1419 млн $м^3$ (1974). Ош ө. ж. ишканаларын газ м-н камсыз кылат.

КЫЗЫЛ АРМИЯ БӨЛҮКТӨРҮНҮН АЛАЙГА ЖАСАГАН ЭКСПЕДИЦИЯЛАРЫ. Алайдын тоолуу аймактарында бекинген басмачыларды талкалоо максатында уюштурулган. Биринчи экспедиция 1920-ж. 20-майдан 2-июнга чейин жасалган. Аскер бөлүктөрү өзүнчө Фергана атчандар бригадасынын полкторунан ж-а Кыргыз отрядынан (150 атчан жоокер) турган. Э. Ф. *Кужело* жетектеген отряд Алай өрөөнүндөгү басмачыларды талкалаган. М. В. Фрунзе Түркстан фронтунун приказы м-н кыргыз дивизионунун биримдүүлүгүн ж-а тартиптүүлүгүн белгилеп, Э. Ф. Кужелонун отрядына алкыш жарыялаган. Экинчи экспедиция 1923-ж. 3-августтан 25-сентябрга чейин болгон. Ага Фергананын кыргыздар жашаган аймактарынын милиция отряддары ж-а Кызыл Армиянын аткычтар полкунун аткычтар взводу катышкан. Натыйжада басмачылардын калдыктары талкаланып, багынып беришкен.

КЫЗЫЛ-АРТ АШУУСУ Чоң-Алай тоосунда, Кыргыз ж-а Тажик ССРлеринин чек арасында, Кызыл-Арт суусунун батышынан орун алган. Д. дең. бийикт. 4280 *м*. Ашуунун бели түзөң, түн. капталы тик, түштүгү жантайыңкы, бараба Памирдин тайпак тоолоруна өтөт. Негизинен палеоген м-н неогендин кызыл түстүү чопо, алевролит, кумдук, конгломерат тектеринен түзүлгөн. Жыл бою ачык, ал аркылуу Ош — Хорог авт. жолу өтөт.

КЫЗЫЛ-БОЛАТ КЕНИ — Ноокат р-нундагы оникс кооз ташы жаткан жер. Алай кырка тоосунун түн. этегинде, Кызыл-Болат дөңсөөсүндө жайгашкан. 1982-ж. табылган. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон акиташ теги түзөт. Бул тектер тектоникалык жаракалар м-н тилмеленип, аларды бойлой карст үңкүрлөрү пайда болгон. Кен үңкүрлөрдө топтолуп, эки түрдө кезигет. Биринчиси линза сымал катмар түрүндө. Калыңдыгы 0,5 *м*, уз. 20 *м*. Оникс ак, күрөң, саргыч, боз, күрөң түстүү жол-жол темгилдерден туруп, кооз көрүнөт. Экинчиси самсаалаган ж-а шиш сымал сталактит ж-а сталагмиттерден турат. Сталактит шиштеринин бийикт. 1,1—1,5 *мге*, диаметри 0,1—0,3 *мге* жетет. Оникстин өңү күрөң сары, боз күрөң. Кендин запасы 15,0—16,0 $м^3$.

КЫЗЫЛ-БУЛАК — кыштак, Фрунзе р-нундагы Көтөрмө айыл советинин борбору. Бул айыл советине Маданий-Курулуш, Кара-Шоро, Көтөрмө, Гайрат, Кескен-Таш, Кара-От, Жалгыз-Булак, Ак-Кыя кыш. да карайт. Шаймерден капчыгайында, Ак-Суу суусунун ж-а Фергана — Хамза-Абад авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 12 *км* түш. тарапта, Маргалаң темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 48 *км*. Калкы 1154 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, райондук турмуш-тиричилик комбинатынын кийим тигүү цехинин филиалы, клуб, китепкана ж. б. бар.

КЫЗЫЛ-БУЛАК САНАТОРИЙИ — Фрунзе р-нундагы климаттык курорт. Фрунзе (Кадамжай) ш. т. п-нан 12 *км*, Ош ш-нан 150 *км* аралыкта (Оштон автобус каттайт). Алай кырка тоосунун түн. капталында, д. дең. 1250 *м* бийиктикте, Ак-Суу өрөөнүндө жайгашкан. Айланасында арча токою, бадалдар (а. и. ит мурун, изирик, карагат, чие ж. б.) өсөт. Климаты континенттик. Кышы анча суук эмес, кар аз түшөт, январдын орт. темп-расы —3°С. Жаз ж-а күз айлары жылуу. Жайы ысык, июлдун орт. темп-расы 22°С. Жылдык жаан-чачыны 350 *ммдей*, негизинен апрель — июнь айларында жаайт. Жылдык орт. салыштырма нымдуулугу 56%. Жылына 2700 саат күн тиет. Курорт аймагынын кооз ландшафты, өтө иондошкон таза тоо абасы климат-терапиясында мааниси зор. 250 орундуу, кургак учуктан дарылайт.

КЫЗЫЛ ГВАРДИЯНЫН ОШТОГУ ОТРЯДЫ. 1918-ж. июнда Ош ш-нда 150 ыктыярдуулардан (кийинчерээк 70—80, 1919-ж. июлда 160 кишиге жеткен) түзүлгөн. Рев-ячыл тартипти колдоп, шаарды басмачылардын кол салуусунан коргогон. Кызыл Гвардиянын уставы б-ча 1918-ж. декабрда Ош уездинде иштеген өзүн-өзү коргоочу 8 отряд (486 киши) м-н бирге Кызыл

Гвардиянын уезддик-шаардык штабына (1918-ж. октябрда түзүлгөн) башчы формада. Аянты 12 *га*. Табылгын 1919-ж. жайында Араван, Гүлчө, Өзгөн аймактарындагы басмачыларга каршы күрөшкөн. Ош ш-нда ж-а уездинде Совет бийлигин чыңдоого чоң салым кошкон.

«КЫЗЫЛ-ЖАР» — Жаңы-Жол р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кызыл-Жар кыш.). 1962-ж. чакан чарбалардын ордуна түзүлгөн. Тамеки өстүрүү, сүт саап алууга адистештирилген. 19 миң *га* (а. и. 12,6 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,3 миң бодо мал, 12,2 миң кою бар (1986).

КЫЗЫЛ-ЖАР — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Үч-Коргон айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жылкол, Кум, Нарын кыш. да карайт. Нарын дарыясынын боюнда жайгашкан. Райондун борбору Караван кыш-нан 66 *км* түш.-чыгыш тарапта, Үч-Коргон темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 4 *км*. Калкы 3015 (1987). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, поликлиника, маданият үйү, китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту ж. б. бар.

КЫЗЫЛ-ЖАР — кыштак, Совет р-нундагы Кызыл-Жар айыл советинин борбору. Бул айыл советине Терек, Коо-Чаты, Кайың-Талаа, Чычырканак кыш. да карайт. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 11 *км* түш.-чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 193 *км*. Калкы 861 (1987). Кой, топоз багуу өнүккөн. Орто мектеп, оорукана, аптека, клуб, китепкана ж. б. бар.

КЫЗЫЛ-ЖАР — Таш-Көмүр шаар советине караштуу шаар тибиндеги посёлка (1952-жылдан). Жаңы-Жол р-нунун аймагында жайгашкан. Таш-Көмүр ш-нан 20 *км* түш.-батыш тарапта, Үч-Коргон темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 25 *км*. Калкы 3529 (1987). Эки орто меткеп, бала бакча, оорукана, китепкана, клуб ж. б. бар.

КЫЗЫЛ-ЖАР ШААР ЧАЛДЫБАРЫ б. з. 1—4-к-на таандык. Жаңы-Жол р-нундагы «Кызыл-Жар» с-зунун аймагында, Нарын дарыясынын оң өйүзүндө жайгашкан. 1930—33-ж. Б. А. Латынин изилдеп, аны Үч-Коргон I шаар чалдыбары деп атаган. 1978-ж. Ю. А. Заднепровский негизинен чептин дубалдарын казган. Дубалдарында мунаралары бар ж-а цитадели бийик,

суусунун алабында. Чыгышындагысы капталтибиндеги мөңгү. Уз. 5,0 *км*, аянты 6,2 *км*^{2}, көлөмү 0,1 *км*^{3}; башы д. деңг. 5200 *м*, этеги 3820 *м* бийиктикте жатат. Батышындагысы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 3,7 *км*, аянты 4,2 *км*^{2}, көлөмү 0,1 *км*^{3}. Башы д. деңг. 5120 *м*, этеги 3740 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүлөрдөн Кызыл-Суунун сол куймасы Кызыл-Күңгөй суусу башталат.

КЫЗЫЛ-КЫШТАК — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Кызыл-Кыштак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Анжиян, Бел-Кыштак, Жаңы-Кыштак, Маркс, Коммунист, Кызыл-Байрак кыш. да карайт. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 23 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 5 *км*. Калкы 5484 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, оорукана, аптека, клуб, китепкана ж. б. бар.

КЫЗЫЛ-КЫЯ — областка караштуу шаар (1938-жылдан). Фергана ойдуңунун түш. четинде, Кичи-Алай кырка тоосунун этегинде, д. деңг. 918 *м*



Кыргызстан Компартиясынын Кызыл-Кыя шаркому ж-а райаткомунун имараты.

бийиктикте, Фрунзе р-нунун аймагында жайгашкан. Фергана темир жолунун акыркы станциясы, авт. жолдор тоому. 1901-ж. негизделген. Кыргызстандагы көмүр казып алынуучу эски борборлордун бири. Шаардын дүң продукциясынын 55%ин көмүр казып алуу түзөт. Жеңил, тамак-аш, эт-сүт ж. б. ө. ж. тармактары өнүккөн. Шаарда Кызыл-Кыя шахта башкармасы, «Алай» бут кийим өндүрүш бирикмеси, сүт з-ду, тамеки ферменттөө заводу, электр механикалык мастерскойлор, курулуш материалдар комбинаты ж. б. иштейт. Тоо-кен техникуму, медицина окуу жайы, 2 кесиптик-тех. окуу жай, шаардык бириккен ж-а балдар ооруканалары, поликлиника, төрөт үйү, «Шахтёр» маданият сарайы, шаардык маданият үйү, 2 кинотеатр, Кызыл-Кыя шаар тарыхынын музейи, басмакана ж. б. бар. Шаарда И. И. *Едренкинге* ж-а Улуу Ата Мекстогушта курман болгондорго эстеликтер тургузулган. Эски кен казылган аймакта Кызыл-Кыя шаар чалдыбары жайгашкан. Көп нускалуу «За уголь» газетасы чыгат. К.-К. шаар советине 1982-жылдан Ак-Булак айыл совети (борбору Караван кыш. м-н) карайт; к. *Кызыл-Кыя шаарынын негизги планы*.

«КЫЗЫЛ-КЫЯ» — совхоз-завод (дирекциясы: Кызыл-Кыя ш.). 1928-ж. Кызыл-Кыя шахта башкармасына көмөкчү чарба катары түзүлгөн. 1932-жылдан «Орто Азия көмүр» трестинин № 1 «К.-К.» с-зу, 1982-ж. Кызыл-Кыя консерва з-дуна бириккенден кийин «К.-К.» совхоз-заводу аталат. 8,8 миң *га* (а. и. 5,7 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,5 миңден ашык ую бар (1986). Сүт саап алуу, жашылча өстүрүү ж-а аларды кайра иштетүүгө адистешкен. 1985-ж. гектарынан 213 *ц*-ден ашык жашылча жыйналган, ар уйдан 2 миң *кг*дан ашык сүт саап алынган; кирешеси 4,8 млн сом. 1155 киши иштейт (1986). «К.-К.» совхоз-заводунда Соц. Эмг. Баатырлары П. Абжалиев, А. Кыпчаков, Т. Мажакыпов ж. б. эмгектенишкен.

КЫЗЫЛ-КЫЯ КӨМҮР КЕНИ Фрунзе р-нунун аймагында Кичи-Алай кырка тоосунун түн. этегинде, Кызыл-Кыя ш-нын түш.-чыгыш четинде жайгашкан. 1898-жылдан казылат. Кен аймагында палеозой, мезозой ж-а кайнозойдун чөкмө тоо тек катмарлары жатат. Көмүр юра мезгилинде пайда болгон кумдук, гравелит, алевролит чопо тектеринин арасында топтолгон. Мында 23 көмүр катмары бар. Алардын калыңдыгы 28,7 *м*ге чейин. Көмүр күрөң, гумустуу. Күйгөндө 16,72 *МДж/кг* жылуулук берет. Күлдүүлүгү 13,71%ке жетет. Баланстык жалпы запасы 105,8 млн *т* (1964). Кенден жылына 700 миң *т*га жакын көмүр казып алынат.

КЫЗЫЛ-КЫЯ МЕДИЦИНА ОКУУ ЖАЙЫ (Кызыл-Кыя ш., Стаханов көчөсү, 17). 1951-ж. ачылган. Санитар-фельдшер, акушер, жалпы ж-а балдар медицина сестраларын даярдайт. 1985—86-окуу жылында 913 окуучу окуган, 42 окутуучу иштеген. Китепканасы (22 миң китеп) бар.

Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы эки мөңгү. Кызыл-Күңгөй

Ачылгандан бери 6 миңден ашык адис даярдалган.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-КЕН ТЕХНИКУМУ (Кызыл-Кыя ш., Школьный көчөсү, 80). 1930-ж. негизделген. Кечки (Кочкор-Ата ш. т. п-нда) ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү бар. Жер астынан көмүр казып алуу, тоо-кен электр-механика, ө. ж. ж-а граждандык курулуш, бухгалтердик эсеп б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 858 киши, а. и. сырттан окуу бөлүмүндө 213 киши окуган; 31 окутуучу иштеген. Китепканасы (31 миң китеп) бар.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БАСМА-КАНАСЫ (Кызыл-Кыя ш., Школьный көчөсү, 14). 1931-ж. негизделген. «Ильич нуру» (Фрунзе р-ну) ж-а Кызыл-Кыя шахта башкармасынын («За уголь», көп нускалуу) газеталарын, бланк-этикетка чыгарат. Кыргыз ССР басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. к-тинин Ош обл. башкармасына карайт. Жылына 435,6 миң нуска газета, 1,95 млн бланк чыгарат. 25 киши иштейт (1988).

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААР ТАРЫХЫНЫН МУЗЕЙИ (Кызыл-Кыя ш., Биринчи Май көчөсү, 109). 1974-ж. коомдук башталышта түзүлгөн. 1978-жылдан Ош бириккен тарых-маданият музейкоругунун филиалы. Экспозиция аянты 180 $м^2$, экспонаттардын саны 1487 (1986). Экспозициясы шаардын тарыхын ж-а андагы жаралган эмгек ийгиликтерин чагылдырат. 1985-ж. музейге 12,3 миң киши келип көргөн.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ орто кылымга таандык. Кызыл-Кыя ш-нын аймагында жайгашкан. 9—12-к-дагы кен казуучулардын тургун жайы. 1974-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН БИРИККЕН ООРУКАНАСЫ (Ленин көчөсү, 3). 1938-ж. ачылган. Шаардын калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 455 орундуу.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Кызыл-Кыя ш., Биринчи Май көчөсү, 85). 1951-ж. негизделген. 1974-жылдан Кызыл-Кыя борб. китепканасы болуп эсептелет. 5 филиалын (№ 1, Кызыл-Кыя ш., Тынчтык көчөсү, 12; № 2, Кызыл-Кыя ш., Үч-Коргон көчөсү, 124; № 3, Кызыл-Кыя ш., Дзержинский посёлкасы; № 4, Ак-Булак айыл совети, Караван кыш.; № 5, «Кызыл-Кыя» с-зу), балдар бөлүмүн (Кызыл-Кыя ш., Биринчи Май көчөсү, 152) ж-а № 6 балдар филиалын (Караван кыш.) бириктирет. 3 профсоюздук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз, өзбек, чет элдик тилдерде 162 миң китеп бар; жылына 12,8 миң окурманды тейлейт (1985).

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда 2 мамл. ж-а 4 профсоюздук клубдук мекеме, шаардык маданият үйү, айылдык маданият үйү (Ак-Булак айыл совети, Караван кыш.), «Шахтёр» маданият үйү (Клуб көчөсү, 4) ж. б. иштейт (1986). Өздүк көркөм чыгармачылыгынын 22 ийрими уюштурулган, аларга 315 адам катышат. 1985-ж. 250дөн ашык концерт (69,8 миң адам көргөн) берилген, 193 лекция ж-а доклад окулган. Шаардык маданият үйү (Кызыл-Кыя ш., Үч-Коргон көчөсү) 1970-ж. ачылган.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда оорукана (поликлиникасы м-н), 125 орундуу балдар ооруканасы (поликлиникасы м-н, сменасына 125 оорулууну кабыл алат; Үч-Коргон көчөсү), 130 орундуу төрөт үйү (поликлиникасы м-н, сменасына 100 аял кабыл алат; Биринчи Май көчөсү), 50 орундуу учук оорулар диспансери (поликлиникасы м-н, сменасына 50 киши кабыл алат; Тынчтык көчөсү, 7), 75 орундуу тери-венерология диспансери (поликлиникасы м-н, сменасына 75 киши кабыл алат; Үч-Коргон көчөсү), Караван кыш-нда 65 орундуу участкалык оорукана, стоматология поликлиникасы (сменасына 100 адам кабыл алат, Үч-Коргон көчөсү), шаардык санитария-эпидемиологиялык станция (Үч-Коргон көчөсү), 15 саламаттык сактоо пункту, 2 фельдшер-акушердик пункт, мед. тез жардам станциясы (Үч-Коргон көчөсү), 7 аптека иштейт (1986). Амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 980 адам кабыл алат, стационары 900 орундуу (а. и. 90 оруну кош бойлуу аялдар үчүн). Шаарда 158 врач, 582 мед. орто билимдүү адис, а. и. шаардык санэпидстанцияда 7 врач, 43 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — шаарды өнүктүрүүнүн ж-а реконструкциялоонун негизги багыттарын аныктаган шаар курулушунун маанилүү документи. Кызыл-

Кыя ш. адегенде шахтёрлордун посёлогу катары негизделген. Жумушчулар тар жер тамдарда, барактарда ж-а казармаларда жашаган. Совет бийлиги орногондон кийин посёлокту абаттандыруу иштери башталган. 20-жылдардын башында жумушчулар үчүн мончо, бир нече жатакана курулуп, оорукана жабдылып, мектеп ачылган. 30-жылдары коомдук ж-а турак жайларды куруу кулач жайган. Шахта, турак жай, мектеп, бала бакча, клубдарды куруу үчүн өкмөт каражат бөлө баштаган. 1938-ж. Кызыл-Кыя шаар статусун алган. 1939-ж. Шахтёрлор двореци курулган. Ошол мезгилдеги имараттардын архитектурасы 20—30-жылдардагы стиль б-ча түзүлгөн. Согуштан кийинки жылдарда интенсивдүү курулуштар эч плансыз эле курулган. 1957-ж. «Орто Азия мамлекеттик шахта долбоорлоо» ин-ту биринчи негизги планды (арх. В. С. Энкер) түзгөн. Планда негизинен төрт бурчтук формасында, көчөлөрдү көбүнчө кенен долбоорлоо каралган. Шаардын борб. бөлүгү реконструкцияланган. Бир кыйла маанилүү турак жайлар 1959—65-ж. шаардын чыгыш бөлүгүнө түшкөн. 1964-ж. Кыргыз мамл. курулуш долбоорлоо ин-ту Кызыл-Кыя ш-нын 2-негизги планын (арх. А. Мокенов), 1971-ж. ушул эле ин-т жаңы негизги планды (арх. Г. Н. Анкудинов, Б. Б. Бараканов, А. А. Мечковская) иштеп чыккан. Жаңы негизги план б-ча турак жайлар негизинен бош жерлерге курулат. Шамалдын негизинен түш.-чыгыштан болуп турушун эске алуу м-н турак жайларды шаардын чыгыш тарабына куруу каралууда. Биринчи Май көчөсүндөгү ж-а темир жолдун батыш жагындагы менчик үйлөр сакталып, алардын арасына дагы үйлөр салынат. Ө. ж.-кампалар зонасы турак жайлардан түн. ж-а батыш тарапта болуп, 2 негизги ө. ж. районун түзөт. Кеңдик багытта жаткан чоң көчө негизги 2 турак жай районун шаардын борбору ж-а батыштагы ө. ж. зонасы м-н байланыштырат. Меридиан багытындагы негизги көчө шаардын борб. бөлүгү аркылуу өтүп, менчик үйлөр турган р-нду түн. ө. ж. зонасы ж-а Ош — Исфана авт. жолу м-н туташтырат. Шаардын борборунда администрация, маданият-соода, спорт ж-а эс алуу зоналарын түзүү долбоорлонгон. Негизги планда шаарды абаттандыруу каралып, жашылдандырууга көңүл бурулган. Башкы жолу Биринчи Май ж-а Кулатов көчөлөрү болуп кала бермекчи.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1932-ж. чейин Кызыл-Кыянын калкын турмуш-тиричилик жактан өз алдынча иштеген кол өнөрчүлөр, андан кийин «Красная заря», «Биринчи Май» (1936-жылдан) артелдери ж-а ө. ж. комбинаты (1942-жылдан) тейлеген. 1956-ж. «Биринчи Май» артелинин ж-а ө. ж. комбинатынын базасында ө. ж. турмуш-тиричилик комбинаты түзүлүп, ал 60-жылдардын башында Кызыл-Кыя турмуш-тиричилик комбинатына айланган. 1964-ж. админ.-аймактык бөлүштүрүүдө аймактардын өзгөрүшүнө байланыштуу Үч-Коргон, Кадамжай (азыр Фрунзе) ш. т. п-лары м-н Караван кыш-ндагы турмуш-тиричилик пункттары р-ндук турмуш-тиричилик комбинаттарына бириктирилген. 1969-ж. жыгач иштетүү цехинин базасында курулуш-ремонттоо башкармасы түзүлгөн. 1969-ж. Ошто «Тиричилик техника» з-ду уюшулуп, ал Кызыл-Кыядагы бардык турмуш-тиричилик приборлорун ж-а машиналарын оңдоочу мастерскойлорду бириктирген. 1983-ж. кийимди химиялык жол м-н тазалоочу ж-а боёочу цех, шаардын кир жуучу жайлары Оштогу «Облхимтазалоо» өндүрүш бирикмесине кошулган. Кызыл-Кыя турмуш-тиричилик комбинаты (администрациясы: Совет көчөсү, 57) 38 мекемени, а. и. бут кийим оңдоочу 8 мастерской (ирилери: Биринчи Май көчөсү, Тынчтык көчөсү, 1-микрорайон), жеке буйрутма б-ча кийим тигүү ж-а оңдоочу 2 мастерской (Ак-Булак айыл совети, Караван кыш.; Биринчи Май көчөсү), буйрутма б-ча кийим тигүүчү ж-а оңдоочу 7 ишкана (ирилери: Биринчи Май көчөсү, 28; Совет көчөсү, 20; Ленин көчөсү, 10; Караван кыш.), тор кийимдерди согуучу ж-а оңдоочу 1 ишкана (Биринчи Май көчөсү, 28), 5 сүрөткө түшүү (ирилери: Биринчи Май көчөсү; Үч-Коргон ш. т. п.: 1-микрорайон), 11 чач тарач (ирилери: Биринчи Май көчөсү, Тынчтык көчөсү), прокат пункту (Биринчи Май көчөсү, 28), мончо (Биринчи Май көчөсү) ж. б-ды бириктирет (1985).

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШАХТЁРЛОРУНУН ИШ ТАШТООСУ. Иш таштоо 1905-ж. апрелде чыккан. 1885 ж-а 1902-жыл-

дардагы экон. иш таштоолордон айырмаланып, бул иш таштоодо жумушчулар эмгек акыны көбөйтүү, штрафтарды жоюуну гана талап кылбастан, 8 сааттык жумуш күнүн, сөз, чогулуш ж-а союз түзүү эркиндигин, эмгекчилердин тилектештигинин күнү — 1-Майды майрамдоону талап кылышкан. Шахтёрлордун саясий талаптары бүт өлкөдөгү иш таштаган жумушчулардын ураандарына үндөшүп, россиялык пролетариат м-н таптык-интернационалдык тилектештигин билдирген. Кендин администрациясы Жаңы-Маргаландан жазалоочу отряд чакырткан. Ал көп улуттуу Кызыл-Кыя шахтёрлорунун 4 күнгө созулган иш таштоосун баскан; 2 киши оор жарадар болуп, 12 киши камакка алынган. Бул иш таштоо Россиядагы буржуазиялык-демократиялык рев-янын алгачкы жылдары түш. кыргызстандык кенчилердин биринчи чыгууларынан болгон.

КЫЗЫЛ-ОКТЯБРЬ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ. Жазы суусунун сол өйүзүндө, Өзгөн — Шоро-Башат авт. жолунун боюнда, бийик тумшукта жайгашкан. Эки тарабынан суу, түштүгүнөн аң м-н курчалган. Бир нече маданий катмарлардан турат; үч бурчтук формасында. Бул чыңдалган чеп Жазы суусундагы кечмеликти коргоп турган. 1964-ж. Ю. А. Заднепровский казган. Соңку коло дооруна таандык Чуст маданияты мезгилинде отурукташуу башталып, кийин Улуу Жибек жолунун боюнда Шоро-Башат маданиятына таандык чеп курулган. Кийинчерээк б. з. 10—12-к-нда тургун жай болгон.

КЫЗЫЛ-САЙ КЕНИ — Лейлек р-нундагы чопо катмары жаткан жер. Кольцо темир жол станциясынан 0,5 *км* батышта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде. 1975-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң чөкмө тектер түзөт. Чопо катмары эол чөгүндүлөрүнөн пайда болгон. Уз. 1—2 *км*ге созулуп, калыңдыгы 2—20 *м*. Өңү боз, майда көзөнөктүү. Запасы 729 миң $м^3$. Чопо карьерден казып алынууда, «125» маркасындагы кирпич жасалат.

КЫЗЫЛ-СУУ (батыш) — Алай р-нундагы суу. Аму-Дарыянын алабында, Вахш дарыясынын оң куймасы. Алай өрөөнүнүн чыгышындагы Төө-Мурун суу бөлгүч кыркасынын батыш капталынан башталат. Жог. агымы Айлама ж-а Кара-Суу аталат. Уз. (Кыргыз ССРинин аймагында) 222 *км*, алабынын аянты 7680 $км^2$. Ири куймалары: Кызыл-Агын, Алтын-Дара, Ачык-Таш, Жанайдартак, Каман-Суу (сол), Көк-Суу (оң). Негизинен мөңгү, кар, булак сууларынан куралат. Июнь — сентябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 56,5 $м^3/сек$. Боюнда Сары-Таш ш. т. п., Дароот-Коргон, Жекенди ж. б. кыш. жайгашкан.

КЫЗЫЛ-СУУ (чыгыш) — Алай р-нундагы суу. Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталынан башталып, Алай өрөөнү аркылуу чыгышты карай агып, Кытайга өтөт. Таримдин куймасы, жалпы уз. 831 *км*, а. и. биздин респ-нын аймагында уз. 31 *км*. Алабынын аянты (Кыргыз ССРинин аймагында) 1675 $км^2$. Ири куймалары: Көк-Суу, Ой-Бала ж. б. Негизинен кар, жаан-чачын сууларынан куралат. Май — сентябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 25 $м^3/сек$.

КЫЗЫЛ-СУУ — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Кызыл-Суу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Миялы, Ак-Жар, Учкун, Мык-Дөбө, Коргон, Талаа кыш. да карайт. Гүлчө суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 70 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 1800 (1987). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, оорукана, клуб, китепкана, ашкана ж. б. бар.

КЫЗЫЛ-СУУ МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы дендрит тибиндеги мөңгү. Уз. 16,9 *км*, аянты 43 $км^2$. Мөңгүнүн башы д. дең. 6610 *м*, этеги 3780 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүнүн учу морена м-н текши капталган. Мөңгүдөн Кызыл-Суу (чыгыш) суусу башталат.

КЫЗЫЛ-ТАШ МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 4,5 *км*, аянты 5,3 $км^2$, көлөмү 0,4 $км^3$. Кызыл-Суунун сол куймасы Тарама суусунун алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы д. дең. 4600 *м*, этеги 3900 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Кызыл-Таш суусу башталып, Тарамага куят.

КЫЗЫЛ-ТОО — кыштак, Өзгөн р-нундагы Кызыл-Тоо айыл советинин борбору. Бул айыл советине Калинин, Доңуз-Тоо, Эркин-Тоо, Карчабек кыш. да карайт. Жазы суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 30 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 75 *км*.

Калкы 1965 (1987). Кой чарбасы *өнүккөн*. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, китепкана, клуб ж. б. *бар*. Кыштактын жанында, Доңуз-Тоо капчыгайында пионер лагери жайгашкан.

«КЫЗЫЛ-ТУУ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Баткен р-ндук к-тинин ж-а Эл депутаттар р-ндук советинин органы (редакциясы: Баткен кыш., Ленин көчөсү, 1). 1938-ж. негизделген. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. Адегенде «Сталин жеңиши», 1966-жылдан азыркыдай аталат. *Тиражы* 5 миң нуска (1986).

«КЫЗЫЛ-ТУУ» — Жаңы-Жол р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кызыл-Туу кыш.). 1978-ж. «Жаңы-Жол» с-зунун 2 бөлүмүнүн базасында түзүлгөн.



«Кызыл-Туу» с-зунда тамеки тизүү.

Чарбасынын нег. тармагы — эчки багуу, тамеки өстүрүү. 46,6 миң *га* (а. и. 17,5 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 205 бодо мал, 53,4 миң эчкиси бар (1986).

КЫЗЫЛ-ТУУ — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Кызыл-Туу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Аркыт, Жылгын, Жол-Сай кыш. да карайт. Райондун борбору Караван кыш-нан 65 *км* түн.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 58 *км*. 1932-ж. негизделген. Калкы 3738 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, эчки багуу. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жай, маданият үйү, оорукана, поликлиника, 2 китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту ж. б. бар. «Сары-Челек» туристтик базасы жайгашкан.

КЫЗЫЛ-ҮҢКҮР — кыштак, Базар-Коргон р-нундагы Кызыл-Үңкүр айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Булак, Көсө-Терек, Катар-Жаңгак, Жаңы-Кечүү кыш. да карайт. Үңкүр суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 64 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 97 *км*. 1900-ж. негизделген. Калкы 414 (1987). Токой чарбасы өнүккөн. Жыгачтан буюм жасоочу цех иштейт; орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар. Кыштакка жакын «Медик» пионер лагери жайгашкан.

КЫЗЫЛ-ҮҢКҮР ӨРӨӨНҮ — Кара-Үңкүр суусунун алабынан орун алган кооз жер. Батышынан Бабаш-Ата, түндүгүнөн Кеңкол кырка тоолору, чыгышынан Тогуз-Булак тоосу м-н курчалат. Базар-Коргон р-нунун аймагында. Уз. 32 *км*, туурасы 16 *км*ге чейин. Д. дең. орт. бийикт. 2905 *м*, эң жапыз жери 1000 *м*. Өрөөндүн таманы палеогендин түркүн түстүү чөкмө тектеринен (кумдук, акиташ ж. б.) турат. Капталдары палеозойдун акиташ, кристаллдуу сланец тектеринен түзүлгөн. Климаты мелүүн. Январдын орт. темп-расы —4°С... —10°С, июлдуку 15—20°С. Жылдык жаан-чачыны 700—900 *мм*, айрым бийик жерлеринде 1200 *мм*ге чейин. Кышында кар калың түшөт. Суулары (Кызыл-Үңкүр, Күрөбөс, Күмүш, Шайдан-Сай ж. б.) Кара-Дарыянын алабына кирет. Д. дең. 1840 *м* бийиктикте Кеңкол көлү орун алган. Коңур күрөң тоо топурак басымдуу. Токоюнда жаңгактан башка алма, алча, карагат, өрүк, кайналы, дан куурай ж. б. өсөт.

КЫЗЫЛ-ҮҢКҮР ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (администрациясы: Базар-Коргон р-ну, Кызыл-Үңкүр кыш.). 1948-ж. уюшулган. Жеринин жалпы аянты 57 915 *га*.

КЫЗЫЛ-ШАРК — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Савай айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кең-Сай, Көчкөн-Жар, Кыдырша, Октябрь, Присавай, Савай, Курбан-Кара, Султан-Абад кыш. да карайт. Ош — Фрунзе авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 9 *км* түн.-чыгыш тарапта. Калкы 2871 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, оорукана, аптека, маданият үйү, китепкана, ашкана, турмуш-тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү ж. б. бар.

КЫМЫЗДЫКТЫ МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түш. тармагынын



А. Кыпчаков

түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 7,3 *км*, аянты 6,2 *км*^{2}. Кызыл-Суунун (чыгыш) оң куймасы Көк-Суунун алабынан орун алган. Башы деңиз деңгээлинен 4600 *м*, этеги ж-а кар чеги 4300 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Кымыздыкты суусу (Көк-Суунун сол куймасы) башталат.

КЫПЧАКОВ Абдулла (1918-ж. т., азыркы Ноокат р-ну, Караван кыш.) — тамеки өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1950). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1932-ж. катардагы колхозчудан баштаган. 1947-жылдан Ноокат р-ндагы «Кызыл-Кыя» с-зунун тамекичилик звеносун жетектеп, жог. өндүрүштүк көрсөткүчтөргө жетишкен. Анын звеносу 1949-ж. 3,5 *га* аянттан 24,5 *ц*ден тамеки жалбырагын жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

КЫПЧЫЛМА — капчыгай, кооз жер. Фергана тоо тизмегинин түш.-батышындагы Жазы өрөөнүнүн ортоңку бөлүгүн ээлейт. Жазынын оң куймасы Чыттыдан төмөн, 1950 *м* бийиктиктен башталып, капчыгайдын кууш оозунан (1820 *м* бийиктикте) бүтөт. Уз. 7 *км*ге жакын, өтө кууш, терең каньон бөлүгү 1 *км*ге созулат; туурасы 50—60 *м*. Капчыгай палеозойдун акиташ, филлит, сланец, кумдук текте-ринен турган жерди Жазы суусу жеп, кесип өтүшүнөн пайда болгон. Капталдары тик, бир кыйла жери жалама зоокалуу. Чыгыш жак бети 700—800 *м*ге жеткен тик аскалуу. Сол жак бетинде чолок жуука сайлар, эшилме корум таштар көп. Зоокаларды жардырып жол салганга чейин адам аска-жарларга жармашып, терең капчыгайдан арап өтүүчү экен. Өзөндүн нугу зоокалардан түшкөн зор таштар м-н торолгон. К-нын ичи каксоо, өсүмдүктөргө жарды; бадал, арча сейрек, сары карагай чанда учурайт. Капчыгай аркылуу авт. жолу өтөт.

«КЫРГЫЗ АГРАРДЫК ӨНӨР ЖАЙ ДОЛБООРЛОО» ИНСТИТУТУНУН ОШТОГУ КОМПЛЕКСТҮҮ ДОЛБООРЛОО БӨЛҮМҮ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 359). Колхоздор аралык курулуш уюмдарынын респ. бирикмесине карайт. 1968-ж. «Кыргыз колхоз долбоорлоо» ин-тунун Оштогу филиалы катары негизделген. 1986-жылдан азыркыдай аталат. Областтын айыл-кыштактары үчүн имараттарды, курулуштарды, турак жай үйлөрүн ж. б. долбоорлойт. Бөлүмдүн геологиялык изилдөө, курулуш, негизги план, курулуш технологиясы, смета секторлору бар. 117 кызматкер иштейт (1986).

КЫРГЫЗ-АТА — Ноокат р-нундагы суу, Араван-Сай суусунун оң куймасы, Кичи-Алай кырка тоосунун капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Башты — Карагой ж-а Коргон суулары. Уз. 42 *км*, алабынын аянты 298 *км*^{2}. Негизинен мөңгү, кар, булак суулары нан куралат. Жылдык орт. чыгымы 4,8 *м*^{3}/*сек*. Май — сентябрь айларында кирет. 6 куймасы бар; ирилери: Шамшалы (оң), Коргон, Карагой (сол).

КЫРГЫЗ-АТА ЗАКАЗНИГИ Ноокат р-нунун аймагында. Кичи-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы Кыргыз-Ата капчыгайын ээлейт. 1975-ж. көк гүл, колхикум, курокус, шафран, түркстан ж-а фергана жоогазындары өскөн жерлерди коргоо максатында түзүлгөн. Аянты 30 *га*.

КЫРГЫЗ-АТА КЕНИ — Ноокат р-нундагы ташка айланган жыгач каллыктары жаткан жер. Эски-Ноокат кыш-нан 5—6 *км* түштүктө. Оштун майда тоолорунда. 1956-ж. табылган. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон кызыл түстүү кумдук түзөт. Жыгачтын калдыгы хальцедон м-н кварцка ширелип, таш болуп катып калган. Өңү ачык күрөң, мала кызыл, көгүш. Майда бүртүкчөлүү, темгилдүү. Жыгачтын структурасы, жылдык тегерек темгилдери, жаракалары начар сакталган. Блоктуулугу 10×10×5 *см*. Жылмалап сайкалдаганда кооз оймо-чиймелерди пайда кылат. Белек-бечкек буюмдарын жасоого жарамдуу.

КЫРГЫЗ-ГАВА ЗАКАЗНИГИ. Ленин р-нунда, Гава суусунун алабында, Бабаш-Ата тоосунун этектерин ээлейт. 1975-ж. ошол жерде гана өсүүчү жерг. кооз юнона гүлүн коргоо максатында түзүлгөн. Аянты 50 *га*.

«КЫРГЫЗ ЖОЛ ТРАНСПОРТ ДОЛБООРЛОО» ИНСТИТУТУНУН ОШТОГУ БӨЛҮМҮ (Ош ш., Алай көчөсү, 35). Кыргыз ССР авт. ж-а шоссе жолдор мин-восуна карайт. 1967-ж. Кыргыз ССР авт. ж-а шоссе жолдор мин-восунун авт. жолдор башкармасынын жол эксплуатациялоо бөлүмүнүн Оштогу секторунун базасында түзүлгөн. Жол чарба объектилерин, авт. жолдорун ж-а чакан көпүрөлөрдү долбоорлойт. 27 кызматкер иштейт (1986).

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ОШТОГУ ОКУУ КОНСУЛЬТАЦИЯ ПУНКТУ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 331) 1965-ж. Ош педагогика ин-тунда түзүлгөн. Ош ш-нда ж-а Ош обл-нын аймагында жашап, Кыргыз мамл. университетинин сырттан окуу бөлүмүндө окуган студенттерге окуу-методикалык жардам көрсөтөт. Студенттер үчүн лекциялар м-н консультацияларды Ош педагогика ин-тунун окутуучулары өткөрөт. 1985—86-окуу жылында 540 студент окуган.

«КЫРГЫЗНЕФТЬ» — СССР нефть ө. ж. мин-восунун өндүрүш бирикмеси (администрациясы: Кочкор-Ата ш. т. п., Ленин көчөсү, 44). 1955-ж. «Избаскен», «Чаңгыр-Таш» ирилештирилген нефть промыселдеринин ж-а аларды тейлеген бургулоо конторалары-нын базасында түзүлгөн. Бул бирикмеге Кырг-н бургулоо жумуштарынын башкармасы, структуралык-массивдик бургулоонун нефть чалгындоо экспедициясы, курулуш-монтаждоо башкармасы, технологиялык транспорт башкармасы кирет (1986). Бирикме нефть м-н газды казып алуу иштерин аткарат. Жылдык аткарган иштеринин көлөмү 6 млн сомдон ашык. 3900дөн ашык адам иштейт, а. и. 1700 коммунистик эмгектин эпкиндүүсү, 31 бригада, 10 цех ж-а участкага коммунисттик эмгектин коллективи наамы берилген. Бирикменин «Нефтяник» маданият сарайы, Спорт сарайы, эс алуу жайы, пионер лагери, 6 бала бакчасы бар.

«КЫРГЫЗ ӨНӨР ЖАЙ ДОЛБООР», Мамл. ө. ж. комплекстүү долбоорлоо ин-тунун Оштогу бөлүмү (Ош ш., Ленин көчөсү, 186). 1959-ж. түзүлгөн. Өнөр жай объекттеринин жалпы курулушун долбоорлойт. 4 сектору (курулуш, электр-механикалык, санитариялык-тех., смета), автордук көзөмөл тобу ж. б. бар; 63 кызматкер иштейт (1986).

КЫРГЫЗ ССР ИАнын ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАН МӨМӨ-ЖЕМИШ ТОКОЙ ТАЖРЫЙБА СТАНЦИЯСЫ, к. *Мөмө-жемиш токой тажрыйба станциясы.*

КЫРГЫЗ ССРи ЖАНА КЫРГЫЗСТАН КОМПАРТИЯСЫНЫН ТҮЗҮЛГӨНДҮГҮНҮН 50 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН МОНУМЕНТ. 1974-ж. Ош ш-нда, Сулайман тоосунун этегине тургузулган. Гүлдүн үч жалбырагы формасында тегерек постаментке орнотулуп, жебиреген байракта Кыргыз ССРинин Герби тартылган. Бийикт. 20 *м*, пайдубалынын диаметри 9 *м*. Бетондон жасалып, сыртынан шыбалган. Архитектор К. Назаровдун долбоору б-ча тургузулган.

«КЫРГЫЗСТАН» — Кара-Суу р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Жаңы-Арык кыш.). 1963-ж. «Отуз-Адыр» с-зунун бир бөлүмүнүн базасында түзүлгөн. Багбанчылык ж-а жүзүм өстүрүү өнүккөн. 7 миң *га* (а. и. 1,5 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери бар (1986).

«КЫРГЫЗСТАН» — азык-түлүк сатылуучу универсал дүкөнү (Ош ш., Дзержинский көчөсү, 64). Товарларынын 78%ке жакыны өзүн өзү тейлөө ыкмасы м-н сатылат. Жылдык товар жүгүртүүсү 2 млн 250 миң сом (1986). Соода аянты 230 *м*^{2}.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 1916-ЖЫЛКЫ КӨТӨРҮЛҮШ (үркүн) 19-кылымдын аягы — 20-кылымдын башында Орто Азия м-н Казакстанда түзүлгөн социалдык-экономикалык ж-а саясий кырдаалда колониялык ж-а жерг. феодалдык эзүүнүн кескин күчөшүнөн, өзгөчө биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде эмгекчилердин турмуш абалынын абдан начарлап кетишинен улам чыккан. Ал эми эгин жыйноо кычап турган учурда жерг. улуттардын 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерин аскердик оорук иштерине алуу ж-дө падышалык бийликтин 1916-ж. 25-июндагы указы көтөрүлүштүн башталышына шылтоо болгон. Көтөрүлүш 1916-ж. 4-июлда Хожентте башталган. 19-июлда Анжиян уездинин Алтынкул болушунда, 11-июлда Базар-Коргон болушунда чыгып, Анжиян, Наманган, Маргалаң, Кокон ж-а Ош уезддеринин көптөгөн болуштарына таркаган. Ош уездинде Булак-Башы болушунун Кожо-Абад ж-а Чакар кыш-нын эмгекчилери биринчилерден болуп көтөрүлүшкө чыгышкан. Көтөрүлүш бардык жерде жерг. феодалдарга, кызмат ээлерине, падышалык бийликтин өкүлдөрүнө каршы багытталган. Тез эле Кыргызстандын башка аймактарына жайылып, ага аздык-көптүр аралашпаган бир да айыл же кыштак калган эмес. Кыргызстандын түндүгүндө айрыкча Чүй өрөөнү, Ысык-Көл аймагы ж-а Кочкор жакта көтөрүлүш өтө курч

мүнөздө өөрчүгөн. Июль айынын башында аскердик-оорук иштерине жумушчуларды алуу ж-дө кабар угулаар м-н Ошто толкундоолор болуп, Сулайман тоонун этегине 10 миңдей эл чогулган. Алардын арасында шаардыктар гана болбостон, бир катар айыл-кыштактардын өкүлдөрү да болушкан. Чогулгандар: «Биз согушпайбыз», «Уулдарыбызды бербейбиз»,— деп кыйкырышып, падышалыктын чиновниктерин, байларды, молдолорду таш м-н урушкан. Бирок бул көтөрүлүш стихиялуу чыгып, чар жайыт болуп, бирдиктүү жетекчилери ж-а программасы болбогондуктан, тез эле басылган. Анын катышуучуларын падышалык бийлик ырайымсыздык м-н жазалаган. Түн. Кыргызстандын жерг. калкынын басымдуу бөлүгү туулган жерин таштап падышалыктын отряддарынан коргонуп, Кытайга көчө качкан (үркүн). Көтөрүлүш басылып калгандыгына карабастан, саясий жактан мааниси зор. Ал падышалык Россиянын четжакаларындагы эзилген элдердин арасында да рев-ячыл күрөштүн резервдерин ачып, Россияда рев-ялык кризистин жетилип келе жаткандыгын көрсөттү, Улуу Октябрь рев-ясынын алдында аймактагы эмгекчилерди революциячылдаштырууга көмөктөшкөн. Бул көтөрүлүш рев-ячыл кыймылдын составдык бөлүгү болгон. Ленинчил большевиктердин уюштуруу ж-а саясий ишмердигинин натыйжасында жумушчу табынын социализм үчүн, дыйкандардын жер үчүн, Россия элдеринин улуттук-боштондук ж-а тынчтык үчүн күрөшүн жалпы элдик кыймылга бириктирүү процесси жүргөн.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ ЭМГЕКЧИЛЕРДИН В. И. ЛЕНИНГЕ КАЙРЫЛУУСУ. Партиянын ж-а Совет мамлекетинин жаңы экон. саясатын турмушка ашыруучу чарбалык курулуш программасы м-н бирге Ош уезддик советтеринин 11-съездинде (1922-ж. 22-октябрь) кабыл алынган. Кайрылууда «Биз, делегаттар, чоң баскан колдуу он миңдеген жумушчу жана дыйкандардын өкүлү Түркреспубликанын алыскы аймагынан биздин урматтуу жол башчыбыз Владимир Ильичке жүрөктөн чыккан саламын жиберет жана ишиңиздеги эң жакшы ийгиликтерди каалайт. Ишеним коюңуз, басмачылар бүлүндүргөн Ош уезди жакынкы арада гүлдөгөн талаага айланат»,— деп жазылган.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ ЭМГЕКЧИЛЕРДИН РЕВОЛЮЦИЯЛЫК ЧЫГУУЛАРЫ (1905—07) — Россиядагы 1-буржуазиялык-демократиялык рев-янын составдык бөлүгү. Түркстан жумушчуларынын, а. и. Кызыл-Кыя шахтёрлорунун, Сүлүктү кенчилеринин жазгы иш таштоолору Чыгыш Ферганада 1905-ж. кышында (ачарчылыкка байланыштуу) ж-а жазында кыргыз, өзбек дыйкандарынын толкундоолору м-н коштолгон. Дыйкандардын күрөшү ар кандай формада (салык төлөөдөн, иштеп берүү милдетинен баш тартуу, шайлоодо байлардын койгон кишисин шайлоого каршы чыгуу, болуштук ж-а айылдык старчындарды өлтүрүү ж. б.) болгон. Наманган уездинин Багыш ж. б. бир катар болуштарында, Ош уездинин Булак-Башы болуштугунда шайлоолор үзгүлтүккө учуратылган; Чаткал болуштугунда «баш аламандыктан» болуштарды шайлоо болбой, кийинкиге калтырылган. 1905-ж. жай, күзүндө жалпы эле Түркстан крайындагыдай Кырг-ндын түш. аймактарында да рев-ячыл кыймылдар өөрчүп отурган. Бул падышалык администрацияны чочута баштаган. Түркстан байланышчыларынын ноябрь айындагы иш таштоолору Ош ж. б. бир катар уезддердин башкаруучуларын почта ташуу үчүн атайын жигиттерди жалдоого аргасыз кылган. Түркстан социал-демократтарынын үгүттөөсүнүн таасири м-н Ферганага өрөөнүнүн шаарларындагы солдаттар арасында, а. и. Оштогу 9-ротанын казармасында толкундоолор (1905-ж. ноябрь, декабрь) чыккан. Түркстан гарнизондорунда аскердик-рев-ячыл уюмдарды түзүүгө аракет жасалган. 1905-ж. Москвадагы Декабрь куралдуу көтөрүлүшү басылгандан кийин падышалыктын жазалоо саясаты бардык жерде күчөгөн. Революциячыл кыймылдын басаңдашына карабастан, 1906—07-ж. Кырг-ндын түш. аймактарында эмгекчил дыйкандардын чачыранды козголоңдору болуп турган. Фергана ж-а Самаркан обл-ндагы падышалык бийлик кедей-дыйкандар эзүүчүлөргө каршы кол салышканды-гын чочулоо м-н белгилеген. 1906-ж. ноябрда Анжиян уездинин Майлы-Сай болушунда бийге кол салышкан. Кырг-ндын түш. аймактарынын калкы падышага салык төлөөдөн баш тартышып (айрыкча Самаркан обл-нын Хожент уездинде), өкмөт үчүн иштеп бе-

рүүчү көптөгөн милдеткердикти үзгүлтүккө учуратышкан. Биринчи россиялык рев-янын жеңилишине карабастан, саясий сабактары ж-а тажрыйбасы көп улуттуу эмгекчилер массасына таасирин тийгизген. Революциячыл окуялардын учурунда интернационалдык тилектештик чыңдалып, орус жумушчулары ж-а дыйкандары м-н кыргыз эмгекчилеринин ортосундагы күжүрмөн кызматташтыктын башталышына негиз болгон.

КЫРГЫЗСТАН КОММУНАЛЫК ДОЛБООРЛОО ИНСТИТУТУНУН ОШТОГУ БӨЛҮМҮ (Ош ш., Совет көчөсү, 1). Кыргыз ССР турак жай коммуналык чарба мин-восуна да карайт. 1964-ж. түзүлгөн. Иштеринин нег. багыттары — обл-тын ш-ндагы ж-а р-ндордун борборлорундагы турак жайлардын, агартуу, саламаттык сактоо, маданият, социалдык камсыздоо, калкты турмуштиричилик жактан тейлөө, атайын ж-а жог. окуу жай, пионер лагерь, пансионат, соода ж-а коомдук тамак-аш ишкана объекттерин, долбоорлоо ж-а илимий изилдөө ин-ттардын, админ. ж-а коомдук имараттардын, коммуналык чарба объекттерин капиталдык ремонттон өткөрүү иштеринин долбоорлоо-сметалык документтерин иштеп чыгуу; шаарларды ж-а р-ндун борборлорун абаттандыруу, коммуналык-инженердик коммуникацияларды ж-а курулмаларды, өндүрүш базаларын ж-а ремонт-курулуш уюмдарын, үй башкармаларын, коммуналык ишканалар комбинаттарын куруу ж-а реконструкциялоо. Бөлүмдүн 6 сектору (архитектура, электр-технологиялык, санитария-тех., жол изилдөө, смета, долбоорлорду түзүү) бар. 87 кызматкер иштейт (1986).

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ ДОЛБООРЛОО ИНСТИТУТУНУН ОШТОГУ БӨЛҮМҮ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 323). Кыргыз ССР мамл. курулуш к-тине карайт. 1945-ж. негизделген. Иш аракетинин нег. багыты — турак жай-гражд. курулуш объектилерин долбоорлоо. 86 кызматкер иштейт (1986).

КЫРГЫЗ-ЧЕК — кыштак, Кара-Суу р-ндагы Мады айыл советинин борбору. Бул айыл советине Каарман, Учкун, Жайылма, Октябрь, Чагыр, Социализм, Мады, Беш-Кепе, Лаглан, Тээке кыш. да карайт. Ош — Хорог авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 26 *км* түш. тарапта. Калкы 2900 (1985). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Эки орто мектеп, ооруканa, клуб, маданият үйү, 2 китепкана ж. б. бар.

КЫРГЫЗСТАН ПАХТАЧЫЛЫК ТАЖРЫЙБА СТАНЦИЯСЫ, Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тинин дыйканчылык б-ча Кыргыз илимий-өндүрүш бирикмесинин К. п. т. с. (Кара-Суу р-ну). 1926-ж. Бүткүл россиялык пахта өстүрүү б-ча илимий-изилдөө ин-тунун Кыргызстан зоналык станциясы катары түзүлгөн. 1960-жылдан азыркыдай аталат. Иштеринин негизги багыты: пахтанын эрте жетилүүчү туруктуу сортторун чыгаруу; сугат ж-а кайрак жерлерде чигит эгүү ыкмаларын иштеп чыгуу ж-а өркүндөтүү; жер семирткичти чачуунун нормасын, мөөнөтүн ж-а ыкмасын иштеп чыгуу; биологиялык ыкмаларды колдонуу м-н өсүмдүктү илдеттен ж-а зыянкечтерден сактоо жолдорун өркүндөтүү, мөмө-жемиш даректары м-н жүзүмдүн сортторуна тажрыйба жүргүзүү ж. б. Сегиз бөлүмү (дыйканчылык, механикалаштыруу, агрохимия, сугат ж-а жибекчилик, селекция, багбанчылык ж-а жашылча өстүрүү, тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү ж-а өсүмдүктөрдү коргоо, админ.-чарбалык) бар. 59 киши, а. и. 7 илимдин кандидаты иштейт (1986).

Л

ЛЕЙЛЕК КЕНИ — Лейлек р-ндагы мрамор ташы жаткан жер. Өзгөрүш кыш-нан 5 *км* түш. тарапта, Лейлек суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. 1973—75-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Силур, девон мезгилдеринде пайда болгон карбонат-терриген чөкмө тектери ж-а антропогендин борпоң чөгүндүлөрүнөн турат. Мрамор катмарлары девондун тоо тектеринин арасында жатат. Калындыгы 1200—1300 *м*. Мрамор майда бүртүкчөлүү, ак, агыш боз ж-а каралжын боз түстөрдө, көбүнчө жол-жол темгилдүү келип, кооз чиймелер учурайт. Оңой кесилип, жакшы сайкалданат. Блоктуу-

лугу 0,5—5 $м^3$. Запасы 3240 миң $м^3$. Мрамор имараттардын дубалдарын кооздоп каптоого ж-а кооз буюмдарды жасоого жарактуу.

ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ — областтын батыш бөлүгүндөгү админ. аймак. 1928-ж. түзүлгөн. Чыгышынан Баткен р-ну, калган тарабы Тажик ССРи м-н чектешет. Аянты 4,7 миң $км^2$. Калкы 70,7 миң (1987). 47 кыш-ты бириктирген 8 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Исфана кыштагы. Райондун аймагында Сүлүктү ш. ж-а Восточный ш. т. п. жайгашкан.

Табияты. Райондун аймагын Фергана өрөөнүнүн бир аз бөлүгү (мында Кырг-ндын эң жапыз жери жайгашкан; д. деңг. 394 *м*), адырлар, бөксө тоолор, капчыгайлар ж-а Түркстан кырка тоосунун түн. капталдары (эң бийик жери 5390 *м*, Сабах чокусу) ээлейт. Кен байлыктарынан Сүлүктү күрөң көмүр кени, Лейлек мрамор кени ж-а табиглий курулуш материалдары бар. Климаты кескин континенттик, жайы ысык, кургакчыл; кышы суугураак. Январдын орт. темп-расы өрөөндөрдө —4°С, июлдуку 25—29°С, тоолордо январдын орт. темп-расы —9°С, июлдуку 15—20°С. Жылдык орт. темп-расы 10°С. Жылдык жаан-чачыны дыйканчылык өрөөндөрдө 150—300 *мм*, тоолордо 400—600 *мм*. Суулары: Ак-Суу, Кара-Суу, Лейлек. Агыш күңүрт боз, жогорураак коңур, андан жогору тоо-токой ж-а тоо-шалбаа топурагы мүнөздүү. Д. деңг. 1500 *м* бийиктикте айдалбаган жерлерде шыбак, төө тикен, 1500—2700 *м* бийиктикте бетеге-тулаң, 2500 *м*ден жогору арча ж-а сейрек токой өсөт. 3000 *м*ден жогору жайыт катары пайдалануучу субальп ж-а альп шалбаасы ээлейт. Жаныбарлары ар түрдүү. Сүт эмүүчүлөрдөн түлкү, коён, кашкулак, сары чычкан, карышкыр, тоо эчки, илбирс, куштардан кыргоол, кекилик, улар, бүркүт ж. б. мекендейт.

Калкы. Лейлек р-ну обл-тагы калк сейрек отурукташкан аймактарга кирет. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 13 киши туура келет. Кыргыз (65%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), өзбек (27,4%), тажик (5,4%), татар (0,7%), орус (0,5%), украин, уйгур, казак, дунган ж. б. улуттар жашайт. Табигый өсүштүн эсебинен көбөйүүдө.

Чарбасы. Чарбасынын негизин ургаалдуу өнүккөн а. ч. өндүрүшү түзөт.





«Коминтерн» с-зунда тоют топтоо.

Нег. тармагы — мал чарбасы (уяң ж-а чала уяң жүндүү кой, тыбыттуу эчки, эт-сүт багытындагы уй багуу) ж-а тамеки өстүрүү. Райондо 2 к-з, 4 с-з, малды бордоп семиртүүчү с-з, адистештирилген чарба бар. Район областтын а. ч. дүң продукциясынын 3,3%ин берет (1987). Мал чарбасы р-ндун а. ч. дүң продукциясынын 52,8%ин түзөт. 1987-ж. 187,1 миң кой-эчки (а. и. 4,4 миң эчки), 10,5 миң уй (а. и. 2,5 миң саан уй), 2,6 миң жылкы, 1,6 миң чочко, 1,9 миң үй кушу (коомдук сектордо) болгон. 1984-ж. коомдук сектордон 2872 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 5955 *т* сүт, 472,3 *т* жүн, 52 миң даана жумуртка алынган. А. ч-на жарактуу 212,8 миң *га* жердин (же р-ндун аймагынын 52%и), 30 миң *га*сы айдоо, 4,6 миң *га*сы бак-дарак, 4,8 миң *га*сы чабынды, 174 миң *га*сы жайыт. 25 миң *га* жерге өсүмдүк өстүрүлөт, а. и. дан эгиндери 15 миң *га*, тамеки 0,7 миң *га*, тоют өсүмдүктөрү 8,4 миң *га* жерди ээлейт. О. эле картошка (118 *га*), жашылча (147 *га*), коон-дарбыз (45 *га*) өстүрүлөт. 1984-ж. р-ндун коомдук секторунда 122,7 миң *ц* эгин, 14,7 миң *ц* тамеки, 10,1 миң *ц* картошка, 20,6 миң *ц* жашылча, 5,9 миң *ц* коон-дарбыз, 7,5 миң *ц* жүзүм, 4,7 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган. Ө. ж. начар өнүккөн. Лейлек турмуштиричилик комбинаты анча-мынча гана тигилүү буюмдарды чыгарат (1984-ж. 650 миң сомдук товардык продукция чыгарган). Транспортунун нег. түрү — авт. транспорту. Авт. жолунун уз. 493 *км*, а. и. 374 *км*и асфальт-талган. Райондун аймагы аркылуу Ош — Исфана, Сүлүктү — Исфана ж. б. авт. жолдору өтөт.

Элге билим берүү, маданияты, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында р-ндогу жалпы билим берүүчү 46 мектепте 17,7 миң окуучу, кесиптик-тех. окуу жайында 508 киши окуган; 18 бала бакчада 1,4 миң бала тарбияланган. 19 китепкана, 20 клубдук мекеме, 19 киноустановка, 4 оорукана (к. *Лейлек районунун медициналык-санитариялык мекемелери)* иштейт (1985). 1936-жылдан р-ндук «Алга» газетасы чыгат.

ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Исфана кыш., Совет көчөсү, 38) 1928-ж. ачылган. 1979-жылдан Лейлек борбордук китепканасы болуп эсептелет. Өзүнүн филиалдары, бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары райондогу 29 китепканаы (орто эсеп м-н ар бир айыл советининде 3—4 китепкана), а. и. балдар бөлүмүн (Исфана кыш., Совет көчөсү, 38) бириктирет. Райондогу 2 к-здук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китеп фондусунда кыргыз, орус, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 370,1 миң китеби бар. 28,3 миң окурманды тейлейт (1985).

ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Исфана кыш.). 1928-ж. уюшулган. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 300 орундуу.

ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 11,2 миң *га* жери 5 ири сугат системасы аркылуу сугарылат. Ак-Суу суусунан 13, Исфана-Сай суусунан 20, Тоо-Жайлоо суусунан 8, Кожо-Бакырган-Сай суусунан 24, Арка суусунан 1 канал башталат. Чарбалар аралык ири Кулунду каналы (1955-ж. курулган, Кожо-Бакырган-Сай суусунан башталат; уз. 32 *км*, каналдын башында чыгымы 6 $м^3$/*сек*) бар. Курулмалар

р-ндук сугат система башкармасына (Кулунду кыш.) карайт. 61 киши иштейт (1986).

ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 20 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 10 айылдык маданият үйү (Баткен, Жаңы-Жер, Кара-Суу ж. б. айыл советеринде), 2 к-здук клуб (В. И. Ленин атн. ж-а Самат атн. к-здордо), профсоюздук клуб («Өзгөрүш» с-зунда), 6 автоклуб иштейт (1986). 61 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими (1374 киши катышкан) уюшулган.

ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук оорукана, поликлиника, 160 орундуу участкалык 3 оорукана (Интернационал, Андарак, Катыраң кыш-нда), айылдык амбулатория (Бешкен кыш-нда), 6 орундуу к-здук 2 төрөт үйү (Кулунду ж-а Исфана айыл советеринде), 23 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, санитария-эпидемиологиялык станция (Исфана кыш.), 6 аптека иштейт (1986). Амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 350 кишини кабыл алат: стационары 460 орундуу (а. и. 80 оруну р-ндук жана участкалык ооруканаларда кош бойлуулар үчүн). Райондо 70 врач, 252 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1967-ж. чейин р-ндун калкына турмуш-тиричилик жактан «Многопром» артели (30-жылдары түзүлгөн) тейлеген. 1967-ж. 5 мастерскойду (кийим тигүү, килем токуу, жыгач устакана, темир устакана, бут кийим) бириктирген Лейлек турмуш-тиричилик комбинаты ачылган. Райондо турмуш-тиричилик комбинатынын (администрациясы: Исфана кыш., Свердлов көчөсү, 4) 61 ишканасы, а. и. 6 кийим тигүү, 13 бут кийим, 6 сүрөткө түшүрүү, 2 үн жазгыч пункт, 17 чач тарач, 7 комплекстүү кабыл алуу пункту (Андарак, Кулунду, Бешкен, Өзгөрүш ж. б. кыш-да) иштейт (1986).

ЛЕНИН — кыштак, Өзгөн р-нундагы Ленин айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кайнар, Социализм кыш. да карайт. Ош — Өзгөн авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 14 *км* түш.-батыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 34 *км*. 1924-ж. негизделген. Калкы 13 024 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Беш орто мектеп, мектеп-интернат, 2 бала бакча, оорукана, поликлиника, төрөт үйү, аптека, клуб, турмуш-тиричилик комбинаты бар.

ЛЕНИН — кыштак, Сузак р-нундагы Ленин айыл советинин борбору. Бул айыл советине Гавриловка кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кышнан 25 *км* түн.-чыгыш тарапта, Багыш темир жол станциясынан 10 *км*. Калкы 2821 (1987). Нег. чарбасы — жүзүм өстүрүү, кой багуу. Орто мектеп, кеиптик-тех. окуу жай, бала бакча, амбулатория, маданият үйү, китепкана, турмуш-тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү, ашкана бар.

ЛЕНИН АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Фрунзе р-нундагы чарба (башкармасы: Кара-Дөбө кыш.). 1950-ж. 3 майда чарбанын базасында түзүлгөн. Алгач «Большевик», 1967-жылдан азыркыдай аталат. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү ж-а мал багуу. 41,5 миң *га* (а. и. 8,5 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,8 миң бодо мал, 13,5 миң кой-эчкиси бар (1986).

ЛЕНИН АТЫНДАГЫ СОВХОЗ — Алай р-нундагы чарба (борб. чарбагы: Кызыл-Коргон кыш.). 1958-ж. «Коммунизм», М. И. Калинин атн., В. И. Ленин атн. к-здордун базасында түзүлгөн. 1960-ж. «Гүлчө» ж-а К. Маркс атн. к-здор кошулган. Чарбасынын нег. тармагы — кой чарбасы. 166,3 миң *га* (а. и. 48,66 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2 миңден ашык бодо мал, 53 миң кой бар (1986).

ЛЕНИН АТЫНДАГЫ ЧОКУ — Чоң-Алай кырка тоосундагы эң бийик чоку. Кыргыз ССРи (Ош обл.) м-н Тажик ССРинин чек арасында. Бийикт. 7134 *м* (бийикт. б-ча СССРде үчүнчү орунда). Кырка тоонун чоку көтөрүлүп турган кыры кар, моңгү м-н капталган. Кар чеги түндүгүндө 4200 *м*, түштүгүндө 4500 *м* бийиктикте жатат. Түн. капталында Корженевский (уз. 19,5 *км*), Ленин (9,5 *км*) ж-а Каман (8,1 *км*), түштүгүндө Чоң-Суук-Дара (25,2 *км*) ж-а Кичи-Суук-Дара (13,1 *км*) моңгүлөрү башталат. Чокуга сов. альпинисттерден биринчи болуп 1934-ж. В. Абалаков, К. Чернуха ж-а И. Лукин (1988-ж. чейин 500дөн ашык альпинист) чыккан.

ЛЕНИН В. И. ЭСТЕЛИКТЕРИ. Улуу көсөмгө алгачкы эстелик 1925-ж. 1-майда Ош ш-нын эски бөлүгүндө

клубдун алдында тургузулган. Бул эстелик советтердин округдук съездинин чечими б-ча элден чогултулган акча каражаттарынын эсебинен орнотулган; ал азыр Исфана кыш-на



Жаңы-Жол р-нунун Караван кыш-ндагы В. И. Лениндин бюсту.

көчүрүлгөн. Согуш жылдарына чейин областта В. И. Лениндин бир нече тираждалган эстеликтери ж-а бюсту (1930-ж. Кызыл-Кыя ш-нда, Ош эс алуу үйүндө) орнотулган. Согушка чейин скульп. С. Меркуровдун долбоору б-ча жасалган эстелик 15 жылдай мектепте сакталып, 1959-ж. Ош машина экскаватор станциясынын коммунисттери Улуу Октябрь майрамына карата Ош ш-нын борб. гүл бакчасына орнотушкан. Скульп. А. Клоцман, Г. Бубель, А. Мартыновдун долбоору б-ча 1956-ж. Жалал-Абад ш-нда В. И. Ленинге эстелик тургузулган; ал 1970-ж. реконструкцияланып, азыр трибуна м-н бириги турат. 1958-ж. жол башчыга Көк-Жаңгакта (скульп. Н. Рубинштейн), 1966-ж. Ош ш-нда (скульп. В. Буякин, арх. П. Баландин) эстелик тургузулган. 1979-ж. май айында Кыргызстан Компартиясынын Жаңы-Жол р-ндук к-тинин имаратынын алдында (Караван ,кыш-нда) Лениндин бюсту постаментке орнотулган. Бюсттун артында желбиреген тууну же рев-ячыл жалынды элестеткен рельеф тартылган. Бюст бетондон жасалып, таш сымал жылмаланган. Скульп. — Д. Жолчиев, арх. — К. Назаров. 1985-ж. май айында СССР эл сүрөтчүсү, Соц. Эмг. Баатыры, скульп. Н. В. Томскийдин долбоору б-ча Ош ш-нын борб. аянтына В. И. Ленинге эстелик тургузулган. Эстеликти орнотууга Сов. Армиянын жоокерлери, долбоорлоочулар ж-а куруучулар коллективдери, шаардын эмгекчилери, студенттер, арх. А. Мокенов, А. В. Баландин, Р. К. Цой, И. Исамединов ж. б. катышкан. Бийикт. 11 *м* коло статуя трибуна м-н биригип турган призма түрүндөгү бийик постаментке (бийикт. 12 *м*) ж-а тепкичтүү стилобатка (бийикт. 2,5 *м*) орнотулган. Жол башчынын башын өйдө көтөрүп, келечекти карай оң колун созуп ж-а пальтосунун этеги желге желбиреп турган элеси берилген. Постаменти гранит ж-а бетондон жасалган. 1928-жылдан В. И. Лениндин ысмын алып жүргөн Чоң-Алай кырка тоосунун эң бийик чокусунда (7134 *м*) да улуу көсөмгө эстеликтер орнотулган; 1934-ж. В. И. Лениндин соратниги, мамл. ж-а партиялык ишмер, Памир экспедициясынын жетекчиси Н. В. Крыленконун көрсөтмесү б-ча альпинисттер К. Чернуха, В. Абалаков, И. Лукин улуу көсөмдүн гипстен жасалган бюстун биринчи жолу чокуга жеткирип орнотушкан. 1954-ж. В. Рацек жетектеген экспедиция гипстен жасалган бюстту керамика бюсту м-н алмаштырышкан. 60-жылдардын башында Ленинграддагы «Красный выборжец» з-дунун жумушчулары Ленинге металлдан монумент жасап, чокуга орнотууну чечишкен. Скульп. О. Мануйлова 1918-ж. эле Москвада жасаган улуу көсөмдүн барельефи 1969-ж. чокуга орнотулган. Областтын көптөгөн кыш. м-н ш-нда В. И. Ленинге эстеликтер тургузулган.

«ЛЕНИНГРАД» — Ленин р-нундагы колхоз (башкармасы: Сакалды кыш.). 1977-ж. «Коммунизм» к-зунун «Кызыл Кыргызстан» ж-а «Ленинград» бөлүмдөрүнүн базасында түзүлгөн 6 миң *га* (а. и. 4 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,1 миң бодо малы бар. Пахта өстүрүүгө (гектарынан 12,3 *ц*) ж-а сүт алууга (ар уйдан 2,3 миң *кг* сүт) адистешкен. Жылдык киреше 4,2 млн сом. 1552 киши иштейт (1986).

«ЛЕНИН-ЖОЛ» — Ленин р-нундагы колхоз (башкармасы: Алма кыш.). Азыркы к-здун аймагында алгачкы а. ч. артелдери 1928—33-ж. пайда болгон. 1950-ж. «Жаңы-Турмуш» ж-а «8-Март» к-здорунун базасында түзүлгөн. 1962-жылдан азыркыдай аталат. Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү

ж-а мал багуу. 10,9 миң *га* (а. и. 7,2 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 834 бодо мал, 12,5 миң кою бар (1986).

ЛЕНИН-ЖОЛ — Ленин р-нундагы Ленин-Жол айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Бөгөт, Беш-Жыгач, Апыртан, Кызыл-Туу кыш. да карайт. Фрунзе — Ош авт. жолунун боюнда жайгашкан. Областтын борбору Ош ш-нан 105 *км*. түн. тарапта, Тентек-Сай темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 20 *км*. Калкы 10451 (1987). Нег. чарбасы — тамеки, пахта өстүрүү ж-а мал багуу. Төрт орто мектеп, сегиз жылдык мектеп, музыкалык мектеп, 7 бала бакча, кесиптик-тех. окуу жайдын филиалы, авт. айдоочуларды даярдоочу мектеп, р-ндук борб. оорукана, поликлиника, санитария-эпидемиологиялык станция, төрөт үйү, маданият үйү, 2 кинотеатр, клуб, китепкана, турмуш-тиричилик комбинаты бар.

«ЛЕНИН-ЖОЛУ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун ж-а Эл депутаттар обл. советинин органы (редакциясы: Ош ш., Ленин көчөсү, 209). 1938-жылдан кыргыз тилинде чыгат. Биринчи саны «Кыргызстан большевиги» деген ат м-н 1938-ж. 14-октябрда жарык көргөн. 1939-ж. 96 саны, 1940-ж. 131 саны, кийинки жылдары жылына 140—260тан саны чыккан. Газета уюштуруу ж-а тарбия иштерин жүргүзөт, обл-тын эмгекчилеринин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтат ж-а чыгармачыл активдүүлүгүн өнүктүрөт. СССР ж-а Кыргызстан журналисттер союзунун ардак дипломдору м-н бир нече жолу, 1981-ж. уюштуруу ж-а тарбиялык иштери үчүн ж-а 10 миңинчи санынын чыгышына байланыштуу Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Бир жолку тиражы 72,8 миң (1985). 1978-жылдан жылына 250 саны чыгат. Ош басмаканасында басылат.

«ЛЕНИН ЖУЛИ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун ж-а Эл депутаттар обл. советинин органы (редакциясы: Ош ш., Ленин көчөсү, 209). Өзбек тилинде чыгат. 1932-ж. ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун ж-а Араван-Буура райкомунун органы катары негизделген. Биринчи саны Ташкенде басылган. 1938-ж. чейин «Коммунист», 1938—40-ж. «Пахта үчүн», 1940—42-ж. «Ленин йули», 1957—60-ж. «Кыргызстан хахикаты», 1960-жылдан азыркыдай аталат. 1979-жылдан жылына 250 саны чыгат. Кыргызстан журналисттер союзунун ардак дипломдору м-н бир нече жолу, 1983-ж. грамотасы м-н сыйланган. Редакцияда Түш. Кырг-ндагы көптөгөн жаш адабиятчыларды бириктирген «Илхом» ийрими иштейт. Күнүмдүк тиражы 43 миң (1985). Областтык басмаканада басылат.

ЛЕНИН МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы дендрит тибиндеги ири мөңгү. Уз. 13,5 *км*, аянты 55,3 $км^2$. Кызыл-Суунун оң куймасы Ачык-Таш суусунун төрүндө жайгашкан. Ленин атн. чокунун түн. тарабында. Мөңгүнүн башы д. ден. 7136 *м*. этеги 3760 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 5300 *м*. Мөңгүдөн Кызыл-Суунун куймасы Ачык-Таш суусу башталат.

ЛЕНИН РАЙОНУ — областтын түн. бөлүгүндөгү админ. аймак. 1928-ж. түзүлгөн (1960-ж. Базар-Коргон р-ну м-н биригип, 1978-ж. кайра бөлүнгөн). Батышынан ж-а түн.-батышынан Жаңы-Жол р-ну, түндүгүнөн Токтогул р-ну, чыгышынан Базар-Коргон р-ну, түштүгүнөн Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 2,5 миң $км^2$. Калкы 76,1 мин (1987). Район 56 кыш-ты бириктирген 8 айыл советине бөлүнөт; р-ндун аймагында 1 шаар (Майлы-Сай), 3 ш. т. п. (Кочкор-Ата, Көк-Таш, Шамалды-Сай) жайгашкан. Борбору — Ленин-Жол кыштагы.

Табияты. Райондун түш. ж-а түш.-батыш (Фергана өрөөнү жак) бөлүгү түзөң (д. ден. бийикт. 600—800 *м*). Түздүк түн.-чыгышты карай бийиктеп, адырлар тилкесине (д. ден. бийикт. 800—1200 *м*), андан ары Бабаш-Ата кырка тоосуна (4485 *м*) өтөт. Кен байлыктарынан нефть, газ, курулуш материалдары ж. б. бар; минералдуу ысык суулары белгилүү. Климаты мелүүн континенттик; кышы анча суук эмес (январдын орт. темпрасы түздүктөрдө —2°С —4°С, тоолордо —4°С —10°С), жайы ысык (түздүктөрдө 27°С, тоолордо 10—20°С). Жылдын орт. темп-расы 9°С. Жылдык жаан-чачыны түздүктөрдө ж-а адырларда 300—400 *мм*, тоолордо 1000 *мм*-ге чейин. Адырларда мистелүү сейрек токой кездешет; кылкандуу өсүмдүктөр, шыбак көп өсөт. 1100—2200 *м* бийиктикти токой тилкеси ээлейт. Токой тилкесинде ж-а андан жогору аркар, илбирс, доңуз, элик, тоо эчки,



коён, түлкү, карышкыр, суусар, суу күсөн, арс чычкан, кекилик, кыргоол, улар, бүркүт ж. б. мекендейт.

Калкы. Райондун аймагында кыргыз (57,6%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), өзбек (27,7%), орус (6,6%), татар (3,6%), украин (1,2%), уйгур (1,2%), тажик (0,4%), казак (0,2%), дунган ж. б. улуттар жашашат. Калкынын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 30 киши туура келет. Шаар калкы 20%ти түзөт. Калкы негизинен Фергана тоо этектериндеги түздүктөрдө отурукташкан, табигый өсүштүн эсебинен көбөйүүдө.

Чарбасы. Чарбасынын негизин жакшы өнүккөн а. ч. түзөт. Район обл-тын а. ч. дүң продукциясынын 8,1%ин берет (1985). 9 к-з, 3 с-з, малды бордоп семиртүүчү с-з, мамл. токой чарбасы бар. Айыл чарба дүң продукциясынын 69,2%ин дыйканчылык түзөт. Негизинен пахта ж-а тамеки өстүрүүгө адистешкен. 140,6 миң *га* (а. и. 21,7 миң *га* айдоо, 0,3 миң *га* бак-дарак, 1,4 миң *га* чабынды, 116,6 миң *га* жайыт) жери бар (1984). Дан эгиндери (3,7 миң *га*), пахта (8,8 миң *га*), тамеки (1,4 миң *га*), картошка (711 *га*), коон-дарбыз (234 *га*) эгилет. 1984-ж. р-ндогу коомдук сектордон 102,3 миң *ц* эгин, 180,6 миң *ц* пахта, 34,7 миң *ц* тамеки, 10,9 миң *ц* картошка, 67,1 миң *ц* жашылча, 20,4 миң *ц* коон-дарбыз, 2,5 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер жемиш жыйналган. Кийинки жылдары жибекчилик өнүгүүдө. Мал чарбасы негизинен жүн багытындагы кой, эт-сүт багытындагы уй асыроого адистешкен. 1987-ж. 13,7 миң уй (а. и. 3,9 миң саан уй), 102 миң кой, 3,1 миң жылкы, 630 чочко, 7,8 миң үй кушу (коомдук сектордо) болгон. 1984-ж. р-ндогу коомдук сектордон 3048 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 9768 *т* сүт, 385 *т* жүн беленделген. Райондун ө. ж. «Кыргызнефть» өндүрүш бирикмеси ж-а 3 ишканадан турат. 1984-ж. 200,5 миң *т* нефть, 105,7 млн $м^3$ газ алынган; электр-тех. ж-а тигилүү буюмдар чыгарылат. Нег. транспорту — автомобиль. Авт. жолунун уз. 310 *км*, а. и. асфальтталганы 220 *км* (1984). Райондун аймагы аркылуу Фрунзе — Ош, Майлы-Сай — Кочкор-Ата — Ленин-Жол авт. жолдору, Үч-Коргон — Таш-Көмүр темир жолу, Майлы-Суу — Жалал-Абад газ кууру өтөт.


«Москва» к-зунда пахта терүү.

Элге билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо. 1985—86-окуу жылында жалпы билим берүүчү 29 мектепте (а. и. 1 атайын, 6 сегиз жылдык, 5 башталгыч) 20,5 миң, 3 кесиптик-тех. окуу жайында 1450

окуучу окуган; 24 бала бакчада 2,7 миңден ашык бала тарбияланган. 27 китепкана, 8 социалдык-маданият комплекси, 28 клубдук мекеме, 30 киноустановка, р-ндук оорукана ж-а поликлиника, 2 участкалык ооруканa, балдар ооруканасы ж. б. бар. 1933-жылдан р-ндук «Ленинчил» газетасы чыгат.

ЛЕНИН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Ленин-Жол кыш., Совет көчөсү) 1950-ж. ачылган. 1976-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Ал филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүүчү пункттары катары 27 китепкананы (ар бир айыл совети-нде орто эсеп м-н 4—5 китепкана), а. и. 22,7 миң нуска китеби, 2,8 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Ленин-Жол кыш.) ж-а балдар китепканасын (Кочкор-Ата ш. т. п-нда) бириктирет. Райондогу 3 профсоюздук, 9 к-здук ж-а мектептердеги бардык китепканаларга методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларынын фондусунда кыргыз, орус, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 204,2 миң нуска китеби бар. Орто эсеп м-н 39,2 миң окурманды тейлейт.

ЛЕНИН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Ленин-Жол кыш., Больничный көчөсү, 13). 1935-ж. ачылган. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 300 орундуу.

ЛЕНИН РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 21,5 миң *га* жери 7 ири сугат системасы аркылуу сугарылат. Майлы-Суу сууна 6 канал, Чоң-Наманган каналынан 3 канал, Кара-Үңкүр суусунан 8 канал, Шайдан-Сай суусунан 3 канал, Маасы суусунан 5 канал башталат. Чарбалар аралык Майлы-Суу (сол канал; 1973-ж. курулган, Майлы-Суу суусунан башталат; уз. 20,3 *км*, каналдын башында чыгымы 12 $м^3/сек$), Оң тармак (1955-ж. курулган, Кара-Үңкүрдөн башталат; уз. 5,9 *км*, чыгымы 11,5 $м^3/сек$), Ноокат (1964-ж. курулган, Оң тармак каналынан башталат; уз. 6,1 *км*, чыгымы 5$м^3/сек$) каналдары бар. Курулмалар р-ндук сугат системалар башкармасына (Ленин-Жол кыш.) карайт. 75 киши иштейт (1986).

Ленин р-нундагы Майлы-Суу суу бөлгүч курулмасы.



ЛЕНИН РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 8 социалдык-маданият комплекси, 28 клубдук мекеме, р-ндук маданият үйү, 11 айылдык маданият үйү (Арал, Бүргөндү, Достук ж. б. айыл советтеринде), 7 к-здук клуб («Ленин-Жол», К. Маркс атн., «Москва», «Коминтерн», «Коммунизм» ж. б. к-здордо), 3 профсоюздук клуб, «Нефтяник» маданият сарайы (Кочкор-Ата ш. т. п., 1954-ж. курулган, 600 орундуу), 6 автоклуб иштейт (1986). 178 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими (2635 адам катышкан) уюшулган.

ЛЕНИН РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук ооруканa (поликлиникасы м-н), мед.-санитариялык бөлүм (Кочкор-Ата ш. т. п., Садовый көчөсү, 4), 100 орундуу участкалык 2 ооруканa (Сакалды, Бүргөндү кышында), айылдык амбулатория (Шайдан айыл совети, Достук кыш.), 22 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Ленин-Жол кыш., Восточный көчөсү, 1), 150 орундуу калыбына келтирип дарылоочу балдар ооруканасы (Кочкор-Ата ш. т. п.) иштейт (1986). Райондук амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 450 адамды көрө алат, стационары 800 орундуу (а. и. 65 оруну р-ндук ж-а участкалык ооруканалардын төрөт үйлөрүндө). Райондо 122 врач, 481 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 8 врач, 48 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ЛЕНИН РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1960-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан ар түрдүү артелдер ж-а ө. ж. комбинаттары тейлеген. 1960-жылдан чач тарач, бут кийим, кийим тигүү, кирпич, так-тай белендөө, каңылтыр темир, кийиз бышыруу цехтерин бириктирген Ленин турмуш-тиричилик комбинаты иштей баштаган. Райондогу турмуш-тиричилик комбинатына (администрациясы: Ленин-Жол кыш., Шайдан көчөсү, 31) 69 ишкана, а. и. 2 ателье, 14 кийим тигүү мастерскою, 9 бут кийим мастерскою, 21 чач тарач, 11 сүрөткө түшүү салону, 5 комплекстүү кабыл алуу пункту (Ленин-Жол, Момбеков, Бүргөндү кыш.; Шайдан айыл советинде ж-а СССРдин 50 жылдыгы атн. с-здо) ж. б. карайт (1985).

«ЛЕНИНСКИЙ ПУТЬ» — газета (редакциясы: Ош ш., Ленин көчөсү, 186). Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. к-тинин ж-а Эл депутаттар обл. советинин органы. 1-саны 1938-ж. 7-ноябрда Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош округдук к-тинин, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ош округу б-ча уюштуруу к-тинин ж-а Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош шаардык к-тинин органы катары орус тилинде жарык көргөн. 1938-ж. 8, 1939-ж. 116, кийинки жылдары жылына 130—260тай саны чыккан. 5 кабарчы пункту, 200дөн ашык айылдык-жумушчу кабарчылары бар. Коомдук кабыл алуу күндөрү, ачык каттар күнү, тегерек столдо жолугушуулар, укук консультациялары, окурмандар конференциялары өткөрүлүп турат. «Жумушчу эстафетасы» штабы иштейт. Бир нече жолу СССР, Кыргызстан журналисттер союзунун ардак дипломдору, эстелик медалдары ж-а грамоталары, 1981-ж. 10 миңинчи санынын чыгышына карата Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. 1979-жылдан жылына 250 саны чыгат. Тиражы 25 миң (1985). Областтык басмаканада басылат.

ЛЕНИН ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Ленин р-ну, Тоскоол кыш.). 1960-ж. түзүлгөн. Жалпы аянты 122 357 *га*.

«ЛЕНИНЧИЛ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Ленин р-нун ж-а Эл депутаттар р-ндук советинин органы (редакциясы: Ленин-Жол кыш., Токтогул көчөсү, 10). 1935-ж. негизделген. 1962-ж. чейин «Жеңиш жолунда», 1965-жылдан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. Тиражы 5,5 миң (1985). Редакциянын полиграфия цехинде басылат.

ЛУТФУЛЛИН Сульги (1923-ж. т., Алматы ш.)— Сов. Союз. Баатыры (1945). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1938-жылдан Өзгөн элдик сотунда (Өзгөн ш-нда) өкүм чыгаруучу болуп иштеген. 1942-ж. Өзгөн р-ндук аскер комиссариатынан Сов. Армиянын катарына чакырылган. 1943-жылдан согушка катышкан. Истребителдик-танкка каршы 493-Беричевский полкунун составында Воронеж ж-а 1-Украина фронторунда салгылашкан; орудия командири катары Львов, Ярославль багытында, Висла дарыясынын батыш жээгинде душмандын 8 танкын, 2 бронетранспортёрун талкалаган. 1945-ж. январда Одер дарыясынын батыш жээгиндеги Герцог-Сбольдау кыш. үчүн салгылашта душмандын 3 танкын, 1 бронетранспортёрун иштен чыгарган. Согуштан кийин Өзгөндө иштеген. 1951-ж. Ленинград жог. соода мектебин бүтүрүп, Анжиян шаарынын соода тармагында эмгектенген.



С. Лутфуллин

«ЛУЧ» — Ош ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Свердлов көчөсү, 206). 1924-ж. ачылган. Залы 440 орундуу. 1984-ж. реконструкцияланган.

«ЛЮДМИЛА» — Ош ш-ндагы № 34 ө. ж. товарлар дүкөнү (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 6) 1980-ж. ачылган. Жылдык товар жүгүртүүсү 1,5 млн сом.

М

«МАДАНИЯТ» — Ноокат р-нундагы колхоз (башкармасы: Жаңы-Ноокат кыш.). 1930-ж. «Москва», «Зарибдар», «Кызыл-Тейит» к-здорунун базасында түзүлгөн. Чарбасы негизинен сүт багытындагы уй асыроо ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген. 27,2 миң *га* (а. и. 10,3 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,5 миңдей ую, 2,6 миң кой ж-а эчкиси бар (1986).


А. Мадымаров


Т. Мажакыпов


Е. К. Мазков


Л. Маидова

МАДАНИЯТ ЖАНА ЭС АЛУУ ПАРКТАРЫ. Областтын Ош, Жалал-Абад, Майлы-Сай, Өзгөн, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр ш-нда, Жаңы-Жол, Совет, Ленин, Ала-Бука, Алай, Базар-Коргон, Сузак р-ндорунда, Кочкор-Ата ш. т. п-нда М. ж. э. п. иштейт. Восточный, Кызыл-Жар, Сумсар, Шамалды-Сай ш. т. п-ларында парк зоналары бар. Алгачкы парк 1878-ж. Ош ш-нда түзүлгөн.

МАДАНИЯТ ҮЙЛӨРҮ. Областта Кыргыз ССР маданият мин-восуна карашты 23 шаардык ж-а р-ндук, 182 айылдык М. ү. иштейт (1986). Ош (2),


Таш-Көмүр ш-ндагы «Шахтёр» маданият үйү.

Жалал-Абад (1), Кызыл-Кыя (1 шаардык ж-а 1 айылдык), Сүлүктү, Таш-Көмүр ш-нда, Кызыл-Жар, Сары-Таш ш. т. п-ларында, Шакафтар посёлкасында мамл. шаардык М. ү. бар. Майлы-Сай, Сүлүктү, Көк-Жаңгак ж. б. шаарлар м-н р-ндордо профсоюздук М. ү. иштейт.

МАДЫМАРОВ Абдулла (1919-ж. т., Өзгөн р-ну, Мырза-Аке кыш.) — дыйкан, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Эмгек жолун 1930-ж. С. М. Будённый атн. а. ч. артелинде иштөөдөн баштаган. 1946—52-ж. дыйканчылык бригадасында звено башчысы. 1947-ж. анын звеносу 32 *га* аянттын ар гектарынан 30,8 *ц*ден түшүм алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

МАДЫ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Ош ш-нан 12 *км* чыгыш тарапта авт. жолунун боюнда адырларда ж-а авт. жолунан түн. тараптагы азыркы Мады кыш-нын ордунда жайгашкан. 1941-ж. А. Н. Бернштам, 1956, 1982, 1984-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Академик В. В. Бартольд М. ш. ч-н орто кылымдагы Медва ш-на окшоштурат. 1982 ж-а 1984-ж-дагы казуулар шаар чалдыбары Шоро-Башат маданияты мезгилинде (б. з. ч. 4—1-к.) пайда болгондугун аныктаган. Ал убакта кыштан бекем дубал тургузулган. Бул шаарда турмуш 13-к-да гана кайра жандана баштаган; тиричиликтин акыркы мезгили 13—18-к-ды камтыйт. Медва ш-нын урандысы азыркы Мады кыш-нын ордунда болушу мүмкүн.

МАЖАКЫПОВ Тажыбай (1906, азыркы Ноокат р-ну, Караван кыш. — 1985, ошол эле жерде) — тамеки өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1950). Коллективдештирүү мезгилинде к-зго биринчилерден болуп өткөн. Адегенде катардагы колхозчу, 1936-жылдан тамеки өстүрүү бригадасынын бригадири болуп иштеген. 1949-ж. анын бригадасы 16 *га* аянттын ар гектарынан 19,34 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы, «СССРдин социалисттик айыл чарбасынын отличниги» төш белгиси м-н сыйланган.

МАЗКОВ Евдоким Константинович (1922, Казак ССРи, Ак-Төбө обл., Мартук станциясы — 1980, Жалал-Абад ш.) — учкуч, Сов. Союз. Баатыры (1944). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Орто мектепти Жалал-Абад ш-нан бүтүргөн. Жалал-Абад ш-нан Сов. Армиянын катарына чакырылган. 1941—42-ж. Чкалов ш-ндагы учкучтардын жог. мектебинде окуган. 1943-жылдын апрелинен Түш.-Батыш ж-а 3-Украин фронтторунда болуп, Белгород, Донбасс, Запорожье, Кривой Рог, Никополду бошотууга катышкан. 85 согуштук учуу жасап, душмандын 89 автомашинасын, 7 танк, 26 замбиregин, 8 дзот, ок-дары сактаган. Түндүк Балтиканы бошотууга катышкан. 1943-жылдын сентябрынан авиазвенонун командири, 1944-ж. Балтика боюндагы салгылашта оор жарадар болгондон кийин капитан наамында отставкага чыккан. Смоленск обл-нын Шумячь р-нундагы Форпост кыш-нда слесарь болуп иштеген. Кийин Жалал-Абад ш-нда жашаган.

луучу 4 кампасын, 19 вагонун, 2 ротадай аскерин жок кылган. Запорожье аймагында Днепр дарыясындагы темир жол көпүрөсүн сүрөткө тартып алуу б-ча өтө татаал тапшырманы аткарган. Түндүк Балтиканы бошотууга авиазвенонун командири, 1944-ж. Балтика боюндагы салгылашта оор жарадар болгондон кийин капитан наамында отставкага чыккан. Смоленск обл-нын Шумячь р-нундагы Форпост кыш-нда слесарь болуп иштеген. Кийин Жалал-Абад ш-нда жашаган.


Майлы-Сай электр лампа з-дунун цехтеринин биринде.

МАИДОВА Лайлихан (1916-ж. т., Ош ш.) — Кыргыз ССР эл артисти (1957). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун өздүк көркөм чыгармачылык ийриминде иштөөдөн баштаган. 1929-жылдан Өзбек музыкалык драма театрында иштеген. Комедиялуу ж-а татаал мүнөздөгү ролдорду чеберчилик м-н аткарган. Ал аткарган ролдор: Майсары (Х. Хамза, «Майсарынын жоруктары»), Турандот (К. Гоцци, «Туран дот каныша»), Любовь Яровая (К. Тренев, «Любовь Яровая»), Адолат (И. Акрамов, «Адолат») ж. б. Кыргыз иск-восунун Москвада өткөн биринчи (1939) ж-а кыргыз иск-восу м-н адабият-нускалуу «Майлы-Сай оттору» газетасы чыгат. М. С-да бириккен шаардык оорукана, электр лампа з-дунда, кийим тигүү фабрикасында медпункттар, кардиология бөлүмү ж. б. иштейт (к. *Майлы-Сай шаарынын негизги планы*).

МАЙЛЫ-САЙ КУРОРТ ЗОНАСЫ — Ленин р-нундагы бальнеологиялык курортко ылайыктуу аймак. Үч-Коргон темир жол станциясынан 26 *км* түш.-батыш тарапта, Майлы-Сайдын жанында, Фергана өрөөнүнүн түн.-чыгыш бөлүгүндө, д. дең. 850 *м* бийиктикте жайгашкан. Климаты мелүүн континенттик. Кышы мелүүн, кыска, кар көп

жатпайт (январдын орт. темп-расы —3°С), жайы кургакчыл, ысык (июлдуку 27°С). жылдык жаан-чачыны 300 *ммдей* (негизинен март — июль айларына туура келет). Жылдык орт. салыштырмалуу нымдуулугу 40%тей. Дарылоочу нег. табигый фактору — сульфид, хлорид ж-а сульфиддүү, хлорид-гидрокарбонат-натрийлүү суу булактары (к. *Майлы-Сай минералдуу суусу*).

МАЙЛЫ-САЙ МЕДИЦИНА ОКУУ ЖАЙЫ (Майлы-Сай ш., Тынчтык көчөсү, 52). 1961-ж. ачылган. Фельдшер, акушер, жалпы ж-а балдар медицина сестраларын даярдайт. 1985—86-окуу жылында 500 окуучу окуп, 58 окутуучу иштеген. Китепканасы (25 миң китеп) бар. Ачылгандан бери 3565 мед. орто билимдүү адис даярдалган.

МАЙЛЫ-САЙ МИНЕРАЛДУУ СУУ-СУ — Ленин р-нундагы дарылык касиети бар жылуу суу булактары. Жалал-Абад ш-нан 50 *км* түн.-батыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин этегинде. Д. дең. 2200 *м* бийиктикте. Суу элге илгертен белгилүү. Алгачкы бургулоо жумуштары 1901-ж. жүргүзүлгөн. Минералдуу суу палеоген мезгилинин ар кандай калыңдыктагы (91—348 *м*) кумдук, конгломерат каттарында (майлы-сай антиклиналынын борб. бөлүгү) жайгашып, тектоникалык жаракалар аркылуу жер бетине агып чыгат. Бургулоо көзөнөктөрүнөн чыккан суунун дебити 2—3,5 *л/сек*. Химиялык составы б-ча көбүнчө хлор-натрийлүү, хлор-гидрокарбонат-натрийлүү. Булактын суусу түссүз, күкүрттүү суутек жыттанат. Составында күкүрттүү суутек 3,1—20,8 *г/л*, көмүртек 4,2 *мг/л*, азот 3,5 *мг/л*, фенол 10 *мкг/л*. Кырг-нда бирден бир күкүрттүү суутек-көмүртектүү суу. Тери ж-а муун ооруларына киринүү жолу м-н дарылоого жарамдуу.

МАЙЛЫ-САЙ НЕФТЬ КЕНИ Жаңы-Жол р-нундагы Караван кыш-нан 50 *км* чыгыш тарапта, Караван — Үч-Коргон авт. жолунун боюнда, Фергана тоо тизмегинин түш. этегинде. Кен элге илгертен белгилүү. 1901-ж. бургулоодо нефть фонтаны атылып, 5000 *т*дан ашык нефть алынган. Кен антиклиналь бүктөлүшүн түзүп жаткан кумдук, алевролит ж-а акиташ тоо тек кабаттарында топтолгон. Кабаттардын калыңдыгы 64—217 *м*. Нефть метандуу класска кирет; 300°С-ге чейин ысытып ажыратууда 75% метандуу углеводдор, 18% нафтен, 14,6% ароматтуу углеводдор бөлүнүп алынат. Нефть палеоген мезгилинде деңиз шартында пайда болгон. Бургулоо көзөнөгүнө түшүрүлгөн насос м-н сордуруп алынат.

МАЙЛЫ-САЙ СТАДИОНУ (Майлы-Сай ш.). СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгы атн. электр лампа з-дуна карайт. 1952-ж. ачылган. 4 чуркоо жолчосу, 1 волейбол, 2 баскетбол, 1 городки аянтчасы, жеңил атлетика сектору, чоң теннис аянты, спортзал, сууда сүзүү бассейни, башкы футбол талаасынан тышкары дагы бир — запастагы футбол талаасы бар.

МАЙЛЫ-САЙ ШААРЫНЫН БИРИККЕН ООРУКАНАСЫ (Майлы-Сай ш., Мичурин көчөсү). 1956-ж. негизделген. Шаардын калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 360 орундуу. Адистештирилген бөлүмдөрү: терапия (60 орун), чоң кишилер ж-а балдардын жугуштуу оорулары (60), хирургия (40), наркология (60), педиатрия (50), төрөт ж-а гинекология (50), учук оорулар (40). Көмөкчү бөлүмдөрү: рентген, флюорография, стамотология, тиш протездөө, электрокардиография, физиотерапия, эмдөө, оорулууну көрүү, кардиология, эндокринология, функционалдык диагностика кабинеттери; наркология, кан куюу, тез жардам бөлүмдөрү; клиникалык диагностика, биохимия. бактериология лабораториялары ж. б. 1985-ж. 7,9 миң оорулуу жаткырылып, 1,8 миң операция жасалган, 8,3 миң оорулуу диспансердик байкоого алынган. Оорукананын поликлиникалык бөлүмү (Мичурин көчөсү) сменасына 360 адамды кабыл алат. Медицинанын 23 профили б-ча врачтык кабыл алуу жүргүзүлөт. Оорукананын карамагында аялдар консультациясы (Мичурин көчөсү, 34), ири ишканаларда 5 мед. пункту, шаардык санитария-эпидемиологиялык станциясы (Мичурин көчөсү) ж-а 5 аптекасы бар. Шаарда 92 врач, 295 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 6 врач, 25 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

МАЙЛЫ-САЙ ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Майлы-Сай ш., Островский көчөсү, 6). 1962-ж. негизделген. 1975-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. 3 филиалын (№ 1 филиалы, Майлы-Сай ш., Гоголь көчөсү; № 2 филиалы, Көк-Таш ш. т. п.; № 3 филиалы, Майлы-Сай ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 2) ж-а балдар бөлүмүн (Майлы-Сай ш., Островский көчөсү, 6) бириктирет. Балдар бөлүмүнүн 42,8 миң китеби, 3,5 миң окурмандары бар. Шаардагы профсоюз, коомдук уюмдардын ж-а мектептердин китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Фондусунда кыргыз, орус, өзбек ж-а чет тилдерде 40,4 миң нуска китеп бар. Китепканалары 9,8 миң окурмандары тейлейт (1985).

МАЙЛЫ-САЙ ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда профсоюздук клубдук мекемелер, а. и. электр лампа з-дунун маданият үйү (Тынчтык көчөсү), «Строитель» клубу (Ленин көчөсү, 98), кийим тигүү ф-касынын клубу (Театр көчөсү) ж. б. иштейт (1986). Маданият сарайы 1944-ж. ачылган; залы 600 орундуу. Өздүк көркөм чыгармачылыгынын ж-а чыгармачыл коллективдердин 44 ийрими (1354 киши катышкан), а. и. хор коллективи (273 киши), үгүт бригадасы (18 киши) ж. б. иштейт.

МАЙЛЫ-САЙ ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ, к. *Майлы-Сай шаарынын биримкен ооруканасы.*

МАЙЛЫ-САЙ ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — шаарды өнүктүрүүнүн ж-а реконструкциялоонун багытын аныктаган шаар курулушунун негизги документи. Майлы-Сай өнүгүп келе жаткан шаар. Жумушчу посёлкасы катары пайда болуп, 1956-ж. шаар статусун алган. Бир типтүү (окшош) ж-а кошумча долбоорлор б-ча негизинен 2 кабат үйлөр курула баштаган. 1971-ж. иштелип чыккан негизги план б-ча 2 жаңы микрорайон курулган. Негизги планда каралгандай көчөлөрү түз пландаштырылган. Шаар Майлы-Сай суусун бойлой 10 *км*ге созулат. Маданият сарайы ж-а В. И. Лениндин эстелиги турган аянт шаардын композициялык борбору болуп эсептелет. Ал жерде админ. имараттар да салынган. Көчөлөрү асфальтталып, бак-дарак тигилген. Негизги — Ленин ж-а Тынчтык көчөлөрү турак жай р-ндорун шаардын борбору, ө. ж. ж-а эс алуу зоналары м-н байланыштырат.

МАЙЛЫ-САЙ ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Шаар калкын турмуш-тиричилик жактан 1957-ж. кийим тигүү ж-а саат оңдоочу, чач тарач, сүрөткө тартуу мастерскойлордун базасында түзүлгөн Майлы-Сай турмуш-тиричилик комбинаты тейлейт. 1960-ж. Сары-Бээ кыш-нда кийим тигүү мастерскою, 1965-ж. Майлы-Сай ш-нда «Алмаз» ателье ачылган. Азыр турмуш-тиричилик комбинатынын 26 ишканасы иштейт (1986). Алар: турмуш-тиричилик үйү (Майлы-Сай ш., Завод көчөсү), жекече буйрутма б-ча кийим тигүүчү ателье (ирилери: Ленин көчөсү, 14; Тынчтык көчөсү, 54; ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү; Тынчтык көчөсү, 54), сүрөткө тартуу (Завод көчөсү, борб. базар, автостанция), бут кийим оңдоочу 6 мастерской (ирилери: Завод көчөсү, автостанция, Октябрдын 50 жылдыгы көчөсү), 1 бут кийим ултараччу мастерской (Сары-Бээ кыш.), 8 чач тарач (ирилери: Ленин көчөсү, Завод көчөсү, борб. базар), прокат пункту (Завод көчөсү), комплекстүү кабыл алуу пункттары (электр лампа з-ду, Завод көчөсү, борб. базар) ж. б. Калкты кыдырып тейлөө өнүккөн.

МАЙЛЫ-САЙ ЭЛЕКТР ЛАМПА ЗАВОДУ (Майлы-Сай ш.) СССР электртехника министерствосуна карайт. 1968-ж. 100 млн лампочка чыгарууга эсептелген биринчи кезеги ишке киргизилген. Жылына 50 түрдүү 395 млн лампочка, о. э-ле люстра, бра, нур чачыраткыч, электр шамдары, термос колбасы ж. б-ды чыгарат (1985). Продукциялары Болгария, ГДР, Польша, Куба, Иран, Афганстан, Сомали ж. б. өлкөлөргө экспорттолот. Ишканада 8000 киши иштейт. Заводдун санаторий-профилакторийи, маданият үйү, кинотеатры, пионер лагери, музейи бар.

МАЙЛЫ-САЙ ЭЛЕКТР-МЕХАНИКА ТЕХНИКУМУ (Майлы-Сай ш., К. Маркс көчөсү, 80). 1965-ж. ачылган. Анын базалык ишканасы — Майлы-Сай электр лампа заводу (1967). Жарык кылуучу электр приборлору ж-а установкалары, металл иштетүүчү станокторду ж-а автоматтык линияларды монтаждоо ж-а эксплуатациялоо, электр вакуум приборлор өндүрүшүнүн жабдууларын б-ча адистерди даярдайт. 3 окуу-лаборатория корпусу, механикалык, электр монтаж ж-а слесардык участкалары, 14 лабораториясы, 16 кабинет, спорт комплекси, китепканасы (фонду 40 миң китеп) бар. 1985—86-окуу жылында 820 студент, а. и. кечки бөлүмүндө 264 студент окуган; 46 окутуучу иштеген. Бардыгы 2,8 миңден ашуун адис даярдалган.

МАЙЛЫ-СУУ — Ленин р-нундагы суу, Кара-Үңкүрдүн оң куймасы. Уз. 87 *км*, алабынын аянты 748 *км*^{2}. Бабаш-Ата тоосунун батыш ж-а түн.-батыш капталдарынан башталып, Майлы-Сай ш-на чейин батышка, андан кийин түштүктү карай агып, Кара-Үңкүргө куят. Башкы агымында Керей, Кызкоргон суусунун чатынан Сары-Суу, Даван-Сайдын чатынан М.-С. аталат да, терең ж-а тик капчыгайлар аркылуу өтүп, ортоңку бөлүгүндө нугу кеңейип, токойлуу өрөөн м-н агат. Избаскен кыш-нан Фергана өрөөнүнө чыга бериште сугат каналдарына бөлүнөт. Суунун башталышында (4000 *м* бийикте) жалпы аянты 3,2 *км*^{2}ге жеткен 9 мөңгү бар. Кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 8,75 *м*^{3}/*сек*, эң көбү апрель — майда, азы январь — февралда байкалат. Суусу мартта кирип, октябрда тартыла баштайт. Алабында 4 көл бар. Сугатка кеңири пайдаланылат. Боюнда Избаскен, Көк-Таш кыш. ж-а Майлы-Сай ш. жайгашкан.

МАЙЛЫ-СУУ КӨМҮР КЕНИ Ленин р-нунда. Майлы-Сай ш-нан 10 *км* түн.-чыгышта, Майлы-Суу м-н анын сол куймасы Сары-Бээнин аралыгында жайгашкан. Кен илгертен белгилүү. 1962-ж. чейин казып алынып турган. 1972-ж. жаңы карьер участкасын табуу максатында кайрадан изилденген. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон кумдук, алевролит, чопо, гравелит чөкмө тектери түзөт. Алардын жалпы калыңдыгы 275 *м*. Көмүр кеңдик багытта созулган антиклиналдык түзүлүштүн канаттарындагы чөкмө тектердин арасында эки катмарды түзүп жатат. Астыңкысынын калыңдыгы 10 *м*ге, үстүңкүсүнүкү 2 *м*ге чейин. Көмүрдүн күлдүүлүгү 10%, таш көмүрдүн Д маркасына кирет. Жылуулук берүү энергиясы 27,16 *МДж/кг*. Запасы 15 млн *т*.

МАЙЛЫ-СУУ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — Ленин р-нундагы дарылык касиети бар жылуу суу. Избаскен кышнан 18 *км* түш.-чыгышта, Фергана тоо тизмегинин түш. этегинде, д. дең. 2100 *м* бийиктикте. Суу 1965-ж. бургулоо учурунда табылып, изилденген. Избаскен нефтилүү антиклиналь түзүлүшүнүн батыш чет-жакасында жайгашып, палеоген мезгилинде пайда болгон кумдук ж-а чопо тектеринин (калыңдыгы 263 *м*) арасындагы акиташ тоо тек катмарында топтолгон. Суунун темп-расы 21°С. Химиялык составы б-ча хлорид-натрий-калий тибине кирет. Чыгымы 6,5 *л/сек*. Жалпы минералданышы *29—36*дан 57,5 *г/л*ге чейин. Өңү саргыч, даамы ачуу-туздуу, күкүрттүү суутек жыттанат. Составында бром 0,024 *мг/л*; йод 0,015 *мг/л*; фенол 0,01 *мг/л*; органикалык көмүр кычкыл газы 0,03 *мг/л*ге чейин. Муун ооруларын кириңүү жолу м-н дарыласа болот.

МАЙЛЫ-СУУ НЕФТЬ ЖАНА ГАЗ КЕНИ Жаңы-Жол р-нда. Жалал-Абад ш-нан 65—70 *км* түн.-батыш тарапта. Фергана тоо тизмегинин түш. этегинде. Кен 1907-жылдан белгилүү. 1943-ж. бургулоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен жаткан аймак негизинен мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон чөкмө тектерден турат. Нефть кени кеңдик багытта созулуп жаткан Майлы-Суу IV антиклиналь бүктөлүүсүндө кумдук, алевролит, акиташ тектеринен турган кабаттарда (калыңдыгы 10—80 *м*) топтолгон. Нефть аз күкүрттүү, жог. парафиндүү. Мындан газ 1962-ж. табылган. Нефть тереңдикке түшүрүлгөн насос м-н алынып, газ бургулоо көзөнөгү аркылуу өзү чыгат.

МАКАНОВ Орозбай (1931, Фрунзе р-ну, Бел кыш. — 1983, Хайдаркен ш. т. п.) — жумушчу, Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1963-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1947-ж. «Бирлик» к-зунда эсепчи болуп иштөөдөн баштаган, кийин айыл советинин секретары болуп иштеген. 1955-жылдан Хайдаркен сымап комбинатынын металлургия з-дунда жумушчу. 8-беш жылдыктын пландарын аткарууда жог. көрсөткүчтөргө жетишкен. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган. 1967—71-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

МАМАРАСУЛОВ Сабиткул (1911, Сузак р-ну, Сузак кыш. — 1975, ошол эле жерде) — к-з өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1948), 1940-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Эмгек жолун 1930-ж. Сузак р-нундагы Ленин атн. к-здо иштөөдөн баштаган. 1937-жылдан пахта өстүрүүчү бригаданын звено башчысы. 1946-ж. ал жетектеген звено 5 *га* аянттын ар гектарынан 84 *ц*ден, 1947-ж. 4,76 *га* аянттын ар гектарынан 90,2 *ц*ден пахта жыйнап алган. 1948—59-ж. Ленин атн. к-здун председатели. Төрт Ленин ордени, 2


О. Маканов


С. Мамарасулов


К. Мамасалиев


А. Маматурдиев

Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган.

МАМАСАЛИЕВ Калдар (1908, Өзбек ССРи, Фергана обл., Ак-Коргон кыш. — 1976, Ленин р-ну, Сакалды кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Коллективдештирүү мезгилинде к-зду уюштурууга активдүү катышкан. Ленин р-нундагы «Коммунизм» к-зунун пахтачылык бригадасында звено башчы. Бир нече жыл катары м-н алдыңкарган звено пахтадан жакшы түшүм алып келген. 1947-ж. 3 *га* аянттын ар гектарынан 89,3 *ц*ден, 1948-ж. 6 *га* аянттын ар гектарынан 73 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

МАМАТУРДИЕВ Ашыралы (1899-ж. т., азыркы Кара-Суу р-ну, Дыйкан-Кыштак кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1951). 1950-жылдан КПСС мүчөсү. 1925—48-ж. көмүр кенинде бургулоочу, 1948-ж. Кара-Суу р-ндагы «Кызыл-Шарк» (азыркы Таширов атн.) к-зунда к-зчу болуп иштеген. 1949-жылдан ушул чарбанын пахтачылык бригадасында звено башчы. 1950-ж. анын звеносу 6 *га* аянттын ар гектарынан 66,3 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

МАМЛЕКЕТТИК АВТОМОБИЛЬ ИНСПЕКЦИЯСЫ — СССР ички иштер министрлигинин жолдо жүрүү коопсуздугун камсыз кылуучу орган. Облусттун аймагында М. а. и. 30-жылдары Эмгекчи депутаттар советинин обл., шаардык ж-а р-ндук аткомдоруна караштуу ички иштер башкармалары м-н бөлүмдөрүндө түзүлгөн. Көчөлөр м-н жолдордо жүргөн транспорт кыймылын жөнгө салат; транспорт каражаттарын айдоого укуктуу күбөлүк берет; автотранспортторду туура пайдаланууга, алардын бузук жүрбөшүнө контролдук кылат; автотранспортторду ж-а автотранспорт-жол кырсыктарын каттайт. Ош обл. М. а. и-нын адреси: Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 359; Ош шаардык М. а. и-нын адреси: Ош ш., Кара-Суу көчөсү.

«МАНАС» — Базар-Коргон р-ндук керек-жарак коомунун универмагы (Базар-Коргон кыш.). 1981-ж. ачылган. Негизги ассортименти: мебель, чарбалык товарлар, кийим, кездеме, бут кийим, тор кийим. Соода секциялар б-ча жүргүзүлөт. Соода аянты 1125 *м*^{2}. Жылдык товар жүгүртүүсү 2 млн сом. 22 киши иштейт (1986).

«МАНАС» — Баткен р-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Баткен кыш.). 1967-ж. ачылган. «Светофор», «Болочок жоокер» киноклубдары, «Ден соолук», «Өспүрүм жана закон» кинолекторийлери иштейт. Залы 447 орундуу.

МАҢГЫТ — кыштак, Араван р-ндагы К. Маркс айыл советинин борбору. Бул айыл советине Төлөйкөн, Кесек, Кызыл-Коргон, Жаңы-Арык кыш. да карайт. Райондун борбору Араван кышнан 5 *км* түш. тарапта, Ош темир жол станциясынан 41 *км*. Калкы 1387 (1985). Нег. чарбасы — тамеки, тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, төрөт үйү, маданият үйү, китепкана, турмуш-тиричилик комбинаты бар.

МАРГАЛАҢ (СКОБЕЛЕВ) УЕЗДИ 1876—1924-ж. Түркстан генерал-губернаторлугуна караштуу Фергана облындагы админ.-аймактык бирдик.

МАРКАЗ, Айрыбаз — кыштак, Фрунзе р-ндагы Марказ айыл советинин борбору. Бул айыл советине Достук, Көк-Талаа, Маяк, Арпа-Сай, Кара-Дөбө, Пылдырак кыш. да карайт. Кадамжай — Кызыл-Кыя авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 25 *км* чыгыш тарапта, Кувасай темир жол станциясынан

10 *км*. 1922-ж. негизделген. Калкы 3385 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, багбанчылык, мал багуу. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана, турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуучу пункту ж. б. бар.

МАРКАЙ (АК-ЧОПКУЛ) КЕНИ — Сузак р-нундагы минерал боёгу чыгуучу жер. Көк-Жаңгак ш-нан 14 *км* түш.-чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин батыш тармагындагы Серүүн-Дөбө бөксө тоосунда. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. 1952 ж-а 1957-ж. геологиялык жумуштар жүргүзүлгөн. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон көмүр, кумдук, чопо, алевролит тектеринин өз ара кезектешип жайгашуусунан түзүлгөн катмарлар түзөт. Боёк заты кабат, линза, уя, таарамчалар түрүндө көмүр катмарынын үстүнкү бөлүгүндө жайгашкан. Линзалардын калыңдыгы 0,2—5 *м*. Боёк негизинен темир кычкылы (32,2%), темир м-н бокситтин кошулмаларынан турат. Күкүм сымал, түсү ачык, сары, күрөң, кээде кара күрөң. Боёктун сапаты жакшы, андан лак даярдоого болот. 1 $м^3$ тоо тектен 15 *кг* боёк чыгат. Запасы 90 миң *т*. Кенди жер үстүнөн эле көмүр м-н кошо казып алуу ыңгайлуу. 1935-ж. чейин аз-аздан казып алынып турган.

МАРКСИЗМ-ЛЕНИНИЗМ УНИВЕРСИТЕТИ, Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун М.-л. у. (Ош ш., Ленин көчөсү). 1951-ж. негизделген. Парт. агартуу системасынын жог. звенодогу окуу жайы, Жалал-Абадда ж-а Майлы-Сайда (1978-жылдан) филиалдары бар. Окуу мөөнөтү 2 жыл. Окуу күндүзү ж-а сырттан окуу түрүндө өткөрүлөт (1976-жылдан). 2 бөлүмдүү парт.-чарбалык активдер факультети ж-а 5 бөлүмдүү идеологиялык кадрлар (пропагандисттер, саясий информаторлор, агитаторлор ж. б.) факультети бар. Ачылгандан бери 8 миң киши бүтүргөн.

МАРХАМАТ МАДАНИЯТЫ (б. з. 1—4-к.) б. Даван мамлекети өкүм сүргөн мезгилге туура келет. Фергана аймагын ж-а Түш. Кырг-ндын тоолуу аймактарын дыйкандардын өздөштүрүшү м-н мүнөздөлөт. 1954-жылдан Даван мамлекетинин борбору Мархамат шаар чалдыбарынын атынан аталат. М. м-на станокто жасалып, жошо м-н оймо-чиймелер тартылган карапа идиштер мүнөздүү. Өлгөн адамдын сөөгү тиричилик ж-а кооздук буюмдары, о. эле койдун ж-а куштун эти бүтүн бойдон кошо жапма көрлөрдө көмүлгөн. М. м-на Темир-Корук сыяктуу дөбө мүрзөлөрү мүнөздүү. Байыркы ферганалыктар чыгыш иран уруулларынын бир бутагын түзгөн. Даван мамлекети мезгилинде өз алдынча б. Фергана эли түзүлгөн.

МАСАИТОВ Атажан (1897, азыркы Кара-Суу р-ну, Нариман кыш. — 1977, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1950-жылдан КПСС мүчөсү. 1931-ж. к-зго мүчө болуп кирген. 1932-жылдан Нариманов атн. (азыркы Ленин атн.) к-здун пахтачылык бригадасынын звено башчысы. 1947-ж. анын звеносу 3 *га* аянттын ар гектарынан 85,5 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

МАТИЕВ Ажымат (1905-ж. т., азыркы Сузак р-ну, Алмалуу-Булак кыш.) — колхоз өндүрүшүн уюштыруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун 1922-ж. баштаган. Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформасын өткөрүүгө активдүү катышкан. 1930-ж. алгачкылардан болуп к-зго өткөн. 1934-жылдан Сузак р-нундагы «Алмалуу-Булак» (азыркы К. Маркс атн.) к-зунун председатели. Ал башкарган к-здун экономикасы бир кыйла чыңдалып малдын саны көбөйүп, кунардуулугу арткан. 1947-ж. бодо мал 120%, кой-эчки 108,9%, жылкы 108,9%ке көбөйүп, сүт саап алуу 113%ке, жүн кыркып алуу 110%ке өскөн. 1953—60-ж. Алмалуу-Булак айыл советинин председатели, 1960—87-ж. к-здо жылкы ферма башчысы болуп иштеген. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

МАШРАПОВА Тургун (1928-ж. т., Кара-Суу р-ну, Кызыл-Ордо кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1972). 1964-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун «Кызыл-Дыйкан» к-зунда иштөөдөн баштаган. 1945—58-ж. «Большевик» к-зунда колхозчу, 1958—64-ж. жумушчу, 1964-жылдан Кара-Суу р-нундагы «Кара-Суу» с-зунда бригадир. Аның бригадасы 8-беш жылдыктын план тапшырмасын 109%ке аткарып, 100 *га* аянттын гектарынан 26 *ц*ден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган. СССР Жог. Советинин 9-чакырылышына депутат.

МЕБЕЛЬ ФАБРИКАЛАРЫ. Областтын Ош, Жалал-Абад ш-нда ж-а Кан кыш-нда (Фрунзе р-ну) М. ф. иштейт (1986). Алар Кыргыз ССР жерг. ө. ж. мин-восуна карайт. Ош ж-а Кан ф-калары мектеп, бала бакча, канцелярия үчүн мебелдер, багбанчылык, огороддо иштөө үчүн эмгек куралдарын чыгарат. Бул ф-калардын чыгарган продукциялары-нын жылдык көлөмү 1,5 млн сомду түзөт. Жалал-Абад ф-касы 1948-жылдан иштейт. Китеп, идиш-аяк коюучу шкаф, балдар үчүн керебет, театрлар үчүн кресло, жылмаланган тыгын, паркет чыгарат. Чыгарган продукциянын жылдык көлөмү 2,5 млн сомдон ашат. Фабрикаларда 386 киши иштейт.



А. Масаитов



А. Матиев



Т. Машрапова

МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЗ ЖАРДАМ КЫЗМАТЫ. Областтын Ош (1962-ж. түзүлгөн) Жалал-Абад (1982-ж. түзүлгөн) ж-а Кызыл-Кыя (1982-ж. түзүлгөн) ш-нда 3 мед. тез жардам станциясы иштейт (1985). Алардын керектүү жабдуулар м-н жабдылып адистештирилген Ошто (Ленин көчөсү, 118) реанимациялык, 2 кардиологиялык, 2 педиатриялык, Жалал-Абадда (Совет көчөсү, 12) кардиологиялык ж-а педиатриялык, Кызыл-Кыяда (Ленин көчөсү, 3) кардиологиялык бригадалары бар. О. эле шашылма мед. тез жардамдын 27 бөлүмү, а. и. бешөө шаардык борб. ооруканаларда, 22си р-ндук ж-а участкалык ооруканаларда иштейт (к. р-ндордун ж-а шаарлардын медицина-лык-санитариялык мекемелери макалаларын). М. т. ж. к-нын бардык бөлүмдөрүндө телефон коюлуп, санитариялык авт. транспорту м-н камсыз кылынган; ал эми Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак шаарлары ж-а Кара-Суу, Ноокат, Ленин, Жаңы-Жол р-ндорундагы санитариялык автомашиналар рация м-н жабдылган. 1985-ж. медициналык тез жардам системасында 70 врач иштеген; шаарларда 172,5 миң чакырууларды, р-ндордо 157 миңдей кайрылууларды тейлеген.

МЕЙМАНКАНАЛАР. Рев-яга чейин Ош ш-на келген соодагерлер үчүн базардагы кербен-сарай мейманкана катары пайдаланылган. 30-жылдары Ош ш-нда Ак-Буура суусунун боюна азыркы соода техникуму м-н Памир автотранспорт өндүрүш бирикмесинин аймагына мейманкана курулган. Калктуу башка пункттарда коноктор чайканаларга түнөшкөн. 1941-ж. Жалал-Абад ш-нда 100 орундуу 2 кабат, 1946-ж. Көк-Жаңгакта 15 орундуу, Кызыл-Кыяда 50 орундуу, Таш-Көмүрдө 30 орундуу мейманканалар курулган. 1946—50-ж. Ош ш-нда 66 орундуу мейманкана курулуп, кийин ал имараттын бир бөлүгү «Кыргыз көмүр» башкармасына берилген, ал эми мейманкана үчүн 24 орун бөлүнгөн. 1958—60-ж. Ош ш-нда 2 кабаттуу ж-а 1968-ж. 4 кабаттуу мейманкана курулуп, кийин алар «Алай» аталган. Азыр областтык коммуналык чарба системасында жалпы аянты 8219 $м^2$ 1317 орундуу 20 мейманкана, булардан тышкары к-з, с-здордун, ири ишканалардын ж-а ведомстволордун М-ы да иштейт (1986).

МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАР МЕКЕМЕЛЕРИ. Мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялайт. Областтын бардык шаарларында, айыл советтеринин борборлорунда, ири кыш-нда ведомстволордун 547 М. ч. б. м. (64,6 миң бала тарбияланат) иштейт (1986). Адистештирилген 3 бала бакча (№ 25, № 37, № 56; бардыгы Ош ш-нда) ж-а жетилбеген балдардын 12 тобу бар. Бардыгы 2,5 миң тарбиячы, 718 мед. адис иштейт. 289 М. ч. б. м. атайын типте салынган жайларда орун алган. Ош ш-нда 57 М. ч. б. м. (13,3 миң орундуу), а. и. 3 ясли (639 орундуу), 6 бала бакча (671 орундуу), 48 ясли-бала бакча (12 193 орундуу) бар.

МЕСКИН-САЙ ЗАКАЗНИГИ Ала-Бука р-нун аймагында. Ала-Бука токой чарбасындагы карагай токоюн коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Аянты 483 *га*.



Н. И. Мешков



Х. Мирабдазизов

МЕТЕОСТАНЦИЯЛАР, к. *Гидрометеорология жана айлана-чөйрөнү контролдоо боюнча мекемелер.*

МЕШКОВ Николай Иосифович (1930-ж. т., Воронеж обл., Воробьевск р-ну, Никольский кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1988), Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген механизатору (1974). 1957-жылдан КПСС мүчөсү. 1947-ж. Ивановка орто мектебинин 9-классын бүтүргөн. 1947—50-ж. Токмоктогу айыл чарбасын механикалаштыруу-электрлештирүү техникумунда окуган. 1950-ж. МТСте механик, 1951-ж. Красная Речка мелиорация отрядынын старший механиги, 1953-ж. Красная Речка МТСинде механик болуп иштеген. 1953—55-ж. Воронеждеги айыл чарба ин-тунда окуган. 1956-жылдан Ош обл-ндагы Караван МТСинде башкы инженер, 1958-жылдан директор. 1961—62-ж. «Киргизсельхозтехника» р-ндук бөлүмүнүн башкармасы. 1962-жылдан Ленин р-ндагы «Кызыл-Жар» с-зунун директору. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин 2 Ардак грамотасы м-н сыйланган. 1967—71, 1985-ж. Кыргыз ССР Жог. Советине депутат.

МИЛИЦИЯ — коомдук тартипти, социалисттик менчикти, граждандардын, өндүрүш, мекеме, ишканалардын укугун ж-а алардын закондуу кызыкчылыгына жасалган кылмыш иштеринен ж. б. коомго жат көрүнүштөрдөн коргоочу мамл. орган. 1918-ж. январдын аягында Ошто уезддик-шаардык элдик милицияны уюштуруу б-ча аскер комиссиясы түзүлгөн. 1918-ж. 5-февралда бул комиссиянын кеңсесинде Оштун коомдук уюмдарынын бириккен кеңешмеси болуп, анда элдик М-ны түзүү ж-а аны конфискацияланып алынган куралдар м-н жабдуу ж-дө маселе коюлган. Оштун Элдик М-сынын биринчи начальниги болуп Б. Султанов дайындалган. Совет бийлигин чындоо мезгилинде М. пролетариат диктатурасынын органы болуу м-н рев-яның жеңгендерин коргоп гана тим болбостон, Кызыл Армия түзүлгөнчө анын функциясын аткарган, элге үгүт ж-а саясий-тарбия иштерин жүргүзгөн. Ош уезддик-шаардык ревкомдун сунушу б-ча милиция кызматкерлери айыл, болуш ревкомдоруна ж-а мусулман калкынын арасында газеталарды таратып турушкан. Гражд. согуш ж-а Кырг-ндын түштүгүндө басмачыларга каршы күрөш мезгилинде жер жерлерде М-нын милдетин аткарган коргонуу отряддары ж-а ыктыярдуу отряддар түзүлө баштаган. 1918-жылдын орто ченинде Сүлүктү кенининбольшевиктери 200 шахтёрдон ж-а дыйкандан турган коргонуу отрядын түзүшкөн. Аларды П. Кудайбергенов м-н Х. Гизатулин жетектеген. 1918-ж. декабрдын аягында Кыя кенинде ыктыярдуу отряд түзүлүп, анын катарына 50 киши ж-а 28 М. кызматкери кирген. Легутов ж-а А. Султанов үрөн себүү ж-а түшүм жыйноо мезгилдеринде эгинди басмачылардан сактоо үчүн орус жумушчулары м-н кыргыз кембагалдарынан бирдиктүү ыктыярдуу отряд уюштурушкан. Өзгөн болушунда басмачыларга каршы күрөшүү үчүн Н. Нурманбетов, К. Жумабаев башында турган кыргыз кедейлери, батрактар ыктыярдуу отряд түзүшкөн. Гражд. согуштун аягында Фергана обл-нын (ага Түш. Кырг-ндын көпчүлүк бөлүгү да кирген) 4 уезди б-ча 3740 милиция кызматкери (а. и. 832си мамл. милициянын жоокерлери, 2908 ыктыярдуулар) болгон. Гүлчөдөгү ыктыярдуу М. отрядына К. Камчыбеков командалык кылган. Ал Алай өрөөнүндөгү басмачыларды талкалагандыгы үчүн Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган. Басмачыларга каршы күрөштө көптөгөн М. кызматкерлери (Б. Султанов, А. Орозбеков, А. К. Добрынин, Л. Зигмунчик, Ж. Карабеков, С. Касымбеков, А. Алиев, И. Сарымсаков, К. Козубеков ж. б.) эрдик көрсөтүшкөн. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында М. аскердик милдет өтөөдөн качкандар м-н күрөшүү, эвакуацияланып келгендерди, ата-энелеринен адашкан балдарды жайгаштыруу, тууган-туушкандарын жоготкондорго аларды издөөгө көмөктөшүү

иштерин да аткарган. Согуштан кийинки мезгилде М-нын уюмдашуу структурасы өркүндөтүлгөн. Облгы бардык милиция кызматы облкомдун ички иштер башкармасынын составына кирген. Коомдук тартипти сактоо ж-а кылмышкерлер м-н күрөшүү б-ча М-нын милдети ж-а укугу 1975-ж. 8-июндагы СССР Жог. Советинин Президиумунун указында белгиленген. Ош обл. ички иштер башкармасынын (Ош ш., Ленин көчөсү, 180) составына уголовный розыск (кылмышкерлерди издеп табуу), паспорт кызматы, мамлекеттик авт. инспекциясы, социалисттик менчикти уурдоого каршы күрөшүү, өспүрүмдөр м-н иштөө инспекциясы бөлүмдөрү ж. б. кирет. 600-дөн ашык алдын алуу б-ча советтер түзүлгөн. Областтык ички иштер башкармасы шаардык (Ош шаардык ички иштер башкармасы: Ош ш., Хохлов көчөсү, 128) ж-а р-ндук ички иштер бөлүмдөрүн жетектейт. 1975-ж. Ош обл-ның М. кызматкерлеринин Даңк музейи ачылган. Областтык М-нын ар бир сегизинчи кызматкери «Милиция отличниги» деген ардактуу наамга татыктуу болгон.

МИҢ-ЖАР МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 8 *км*, аянты 10,2 $км^2$, мөңгүнүн башы д. дең. 5850 *м*, этеги 3680 *м* бийиктикте жайгашкан. Кар чеги 5100 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүнүн этеги морена катмары м-н текши капталган. Мөңгүдөн Миң-Жар суусу башталып, Кызыл-Сууга сол тараптан куят.

МИҢ-ТЕКЕ МӨҢГҮСҮ Түркстан кырка тоосунун түн. капталында, Исфара суусунун алабында жайгашкан. Уз. 5,4 *км*, аянты 5,6 $км^2$. Башы д. дең. 5000 *м*, этеги 3400 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3720 *м*. Фирн обл. кеңири аймакты ээлеген өрөөн тибиндеги мөңгү. Андан Теминген суусунун оң куймасы Миң-Теке суусу башталат.

МИҢЧИЛЕР КЫИМЫЛЫ — эмгекчилердин массалык патриоттук кыймылы, Улуу Ата Мек. согуш жылдарындагы эпкиндүүлүктүн формасы. Кыргызстандын түш. аймактарында 1942-ж. апрелде пайда болгон. Нижний Тагил вагон куруу з-дунун жумушчуларынын жолун жолдоп, Памир автотрестинин (Ош ш.) авт. оңдоо устаканасынын темир устасы А. Е. Ляпер технологияны жакшыртуу м-н сменалык тапшырмасын 1650%ке аткарган. Апрелдин орто чениндеӨштун ө. ж. ишканаларында миңчилерден 18 киши иштеген. Бул кыймыл Ташкөмүр, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак ж. б. жумушчулар топтолгон борборлордун жумушчуларынын арасына кеңири тараган. Партиянын Ош обл. к-ти ж-а обл. аткаруу к-ти колдоого алган.

«МИР» — Жалал-Абад ш-ндагы кең экрандуу кино театр (Токтогул көчөсү, 45). 1962-ж. ачылган. «Чебурашка», «Буратино», «Болочок жоокер» киноклубдары, «Жаш укук таануучу» кинолекторийи ж. б. иштейт. Залы 405 орундуу. 1985-ж. 2 млн 281 миң киши кино көргөн.

МИРАБДАЗИЗОВ Халил (1914, Пишпек ш. — 1978, Ош ш.,) — парт. ж-а мамл. ишмер, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1929-ж. Фрунзе — Токмок темир жолунун курулушунда иштөөдөн баштаган. 1930—38-ж. сов. мекемелерде, 1938-жылдан комсомолдук ж-а парт. кызматтарда иштеген. 1950—53-ж. Ош райкомунун, 1954—55-ж. Ош обкомунун секретары, 1956—60-ж. Ош (кийин Кара-Суу) райкомунун биринчи секретары. Анын жетекчилиги м-н р-ндун экономикасы чыңдалган, а. ч. өсүмдүктөрүнүн, айрыкча пахтанын түшүмү жогорулаган, коомдук малдын кунардуулугу арткан. Эки Ленин ордени, 3 «Ардак Белгиси», Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган. 1947—51 ж-а 1959—63-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

МИРЗАЛИМ-ДӨБӨ — Шоро-Башат маданиятына (б. з. ч. 4—1-к.) таандык тургун жай. Ош ш-нын чыгыш четжакасында жайгашкан. 1979—80-ж. Ю. А. Заднепровский казып изилдеген. Б. з. ч. дыйкандардын үй-чарбагы табылган. Ал төрт бурч формасында, аянты 450 $м^2$; 8 бөлмөдөн турат, сырткы дубалынын калыңдыгы 2 *м*. 4 түркүктүү кең бөлмөсүнүн аянты 60 $м^2$; дубалды бойлото жыгач супа жасалган, бөлмөнүн ортосунда табынуучу очок жайгашкан. Катарындагы бөлмө 4 гүл желекчеси сымал өзгөчө формада салынган. Бул тургун жайдан мустье дооруна таандык 8 таш курал да табылган.

МИТАЛИПОВ Мейман (1932-ж. т., Фрунзе р-ну, Кыргыз-Кыштак кыш.) — пахтачы-механизатор, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1957-жылдан КПСС



М. Миталипов



Ж. Мойдунов

мүчөсү. Эмгек жолун 1945-ж. к-здо иштөөдөн баштаган, кийин тракторист. 1955-жылдан Халмион МТСинде бригадир-механик. 1959-жылдан 21-партсъезд атн. к-здо пахтачылык бригадасынын бригадири. 1956-ж. анын бригадасы 100 *га* аянттын ар гектарынан 30,1 цден пахта жыйнап алган, анын 68%и машина м-н жыйналган. 1971-ж. Ош айыл чарба техникумун бүтүргөн. Азыр «Бүргөндү» с-зунда бригадир. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган. 1980—84-ж Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

МИХАЙЛОВКА — кыштак, Сузак р-нундагы Көгарт айыл советинин борбору. Бул айыл советине Комсомол, Подгорный, Үч-Малай кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 40 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 15 *км*. Калкы 3481 (1986). Нег. чарбасы — үрөн белендөө. Орто мектеп, клуб ж. б. бар.

МОЙДУНОВ Жумакадыр (1938-ж. т., Өзгөн р-ну, Кызыл-Кыштак кыш.)— жүгөрү өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1988). 1966-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун Өзгөндөгү курулуш-монтаждоо башкармасында жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. Кийинчерээк, 1971-ж. чейин Өзгөн р-нундагы «Яссы» с-зунда ар кандай жумуштарда иштеген. 1976-жылдан жүгөрү өстүрүүчү бригадада топ башы. Анын тобу 1987-ж. 56 *га* жүгөрүнүн ар гектарынан 158,3 цден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

МОЛДО НИЯЗ (1826, азыркы Фрунзе р-ну, Шаймерден суусунун бою— 1896, ошол эле жерде)—19-к-дагы кат тааныган белгилүү кыргыз акындарынын бири. Анын өмүрү ж-а чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар аз. Чыгармаларын өз колу м-н жазган. Ат-Башы, Нарын, Жумгал, Кочкор, Суусамыр, Чүй өрөөндөрүндө болуп, чыгармаларын элге окуп берген, кол жазмаларын эл арасына таркаткан. Бул аймактардан анын кол жазмалары азыр да табылууда. М. Н-дын «Санаты»—19-к-да кыргыз тилинде жазылып калган адабий, тарыхый, философиялык зор мааниси бар жапдан жалгыз эстелик. «Санат» мазмуну б-ча Орто Азиядагы түрк элдеринин поэзиясы м-н тамырлаш. «Санат» 2000-ден ашык саптан туруп, Орто Азияга кеңири таркаган насталик м-н жазылган. Анда өмүр, өлүм, аалам, жакшылык, жамандык сыяктуу философиялык мазмундагы темалар м-н катар, 19-к-дын 2-жарымынан кийинки кыргыз жергесиндеги тарыхый шарттар да мүнөздөлөт. «Санатта» 1865-ж. падышалык аскерлердин Ташкен м-н Чымкент ш-на кирип келиши, ферганалык кыргыздардын Кудаяр хандын кордугуна чыдабай жер которушу, Кашкарга качып барган кыргыздарга Жакып-бек бийдин көрсөткөн кордугу да чагылдырылган.

МОМБЕКОВ Юсуп (1926, Ленин р-ну, Хиля кыш.—1983, ошол эле жерде) — а. ч. өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1973). 1957-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1942-ж. «Кызыл-Жылдыз» к-зунда иштөөдөн баштаган, кийин «Бүргөндү» к-зунда эсепчи; бухгалтер, К. Маркс атн. к-здо башкарманын орун басары, 1961-жылдан өмүрүнүн акырына чейин М. И. Калинин атн. к-здун председатели болуп иштеген. Ал жетектеген чарбанын экономикасы чыңдалып, 1973-ж. мамлекетке а. ч. продукцияларын тапшыруруну ашыгы м-н аткарган. Эки Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган. 1971—75 ж-а 1980—84-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

МОМБЕКОВ (мурдагы Хиля) — кыштак, Ленин р-нундагы Момбеков айыл советинин борбору. Бул айыл советине Чек, Бостон, Курулуш, Кочкор-Ата, Көк-Таш, Жаңы-Кыштак, Жазгак кыш. да карайт. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 25 *км* батыш тарапта, Тентек-Сай темир жол станциясынан 20 *км*. Калкы 2165 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, участкалык оорукана, аптека, турмуш-тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү бар.

МОМИНОВА Разияхан (1918-ж. т., Ош ш.) — Кыргыз ССР эл артисти (1940). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Балдар үйүндө тарбияланган. Өздүк көркөм чыгармачылык коллективинин катышуучусу. 1932-жылдан Оштогу Өзбек музыкалык драма театрында иштеген. Ал аткарган ролдор: Кымбат (У. Исмаилов, «Рустам»), Күмүшай (М. Ашрафи, «Бороон»), Жамийла (Х. Хамза, «Бай менен батрак»), Оксана (К. Яшен, «Оккупанттарга өлүм»). Өзбек, уйгур, кыргыз классикалык бийлерин чебер аткарган. Ал аткарган «Анжиян полькасы» бий иск-восунун алтын фондусуна кирген. Кыргыз иск-восунун Москвада өткөн он күндүгүнө (1939) катышкан. 40—50-жылдары Ош обл. ж-а шаардык Эл депутаттар советине бир нече жолу шайланган. Эки «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган. 1982-жылдан театрдын башкы балетмейстери.

МОНЧОЛОР. Областта көпчүлүк пайдалануучу алгачкы М. 30-жылдары Ош (100 адам жуунуучу), Жалал-Абад (87), Кара-Суу (10), Көк-Жаңгак (72) ш-нда курулган. 1970-жылга чейин дагы 835 орундуу 13 мончо пайдаланууга берилген. Областтык атком дун турак жай-коммуналык чарба башкармасына караштуу 1435 орундуу 24 мончо иштейт (1986). Ош, Жалал-Абад, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Ташкыш-ндагы М. шаардык ж-а р-ндук коммуналык ишканалар комбинатта-рына карайт. Жылына орто эсеп м-н 400 миң сомдук кызмат аткарылат. Мындан тышкары ведомстволук М. м-н душтар да иштейт.

«МОСКВА» — Баткен р-нундагы колхоз (башкармасы: Баткен кыш.). 1929-ж. менчик чарбалардын базасында уюшулган. Чарбасынын нег. тармактары — тамеки өстүрүү ж-а сүт багытындагы уй багуу, 70 миң *га* (а. и. 39 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,5 миң ую, 27 миң кою бар (1986).

МОСКВА (мурдагы Бужум) — кыштак, Баткен р-нундагы Кара-Булак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Булак-Башы, Кара-Булак, Кызыл-Жол, Базар-Башы, Кызыл-Бел кыш. да карайт. Ош — Исфана авт. жолунун боюнда, Төрткүл суу сактагычынын чыгыш тарабында жайгашкан. Райондун борбору Баткен кыш-нан 8 *км* түш.-чыгыш тарапта. Исфана темир жол



Ю. Момбеков



Р. Моминова

станциясынан (Тажик ССРи) 28 *км*. Калкы 4370 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, кой багуу. Орто мектеп, бала бакча, амбулатория, маданият үйү, китепкана ж. б. бар.

МӨМӨ-ЖЕМИШ КАЙРА ИШТЕП ЧЫГАРУУЧУ ИШКАНАЛАР. Областта Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тинин 9 ишканасы бар; алар: Ош ш-ндагы мөмө-жемиш шарап комбинаты ж-а мөмө-жемиш-жашылча комбинаты, Жалал-Абад ш-ндагы консерва заводу, Октябрь жүзүм совхоз комбинаты, жашылча-жемиш консервалардын чыгаруучу Кызыл-Кыя консерва з-ду (жылына 7,4 млн шарттуу банка), жылына 2 млн сомдук продукция чыгаруучу Сузактагы «Жийде» жүзүм совхозу, Баткендеги «Төрткүл» жүзүм совхозу (1,5 млн сомдук продукция чыгарат), Лейлектеги «Бешкен» с-зу (30 миң сомдук продукция чыгарат), Кара-Суудагы «Кыргызстан» с-зу (5,5 млн сомдук продукция чыгарат).

МӨМӨ-ЖЕМИШ ТОКОЙ ТАЖРЫЙБА СТАНЦИЯСЫ (Жалал-Абад ш., Жданов көчөсү, 130). Кыргыз ССР ИАсынын биология ин-тунун токой бөлүмүнө карайт. 1934-ж. СССР ИАсынын Кургак субтропик ин-тунун «Ак-Терек» таяныч пункту катары түзүлгөн. Ал 1945-ж. СССР ИАнын Токой ин-тунун «Арстанбап» мөмө-жемиш токой тажрыйба станциясы болуп өзгөргөн. 1953-жылдан Кыргыз ССР ИАнын ботаника ин-туна, 1963-жылдан Кыргыз ССР Министрлер Советинин токой чарба ж-а жаратылышты коргоонун башкы башкармасына карайт. Кыргыз ССР ИАнын биология ин-тунда токой бөлүмү түзүлгөндөн (1966-жылдан) азыркыдай аталат. Станциянын изилдөөлөрү жаңгак ж-а мисте аянтарын түзүү ыкмаларын иштеп чыгууга, алардын селекциясын, биологиясын ж-а экологиясын изилдөөгө, мистенин

жаңы түрлөрүн ж-а сортторун чыгарууга багытталган. Станциянын 1 бөлүмү (субтропик өсүмдүктөр бөлүмү) бар; 6 кызматкер, а. и. 2 илимдин кандидаты иштейт (1985).

МУГАЛИМДЕРДИН БИЛИМИН ӨРКҮНДӨТҮҮ ИНСТИТУТУ, Ош обл. М. б. ө. и. (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 37). 1962-ж. ачылган. Мугалимдердин ж-а элге билим берүүнүн башка кызматкеринин квалификациясын жогорулатуучу окуу-методикалык мекеме. 20 методикалык кабинети, китепканасы (китеп фондусу 3,5 миң) бар. Ар түрдүү күндүзгү ж-а күндүзгү-сырттан окуу курстарын, методикалык семинарларды уюштурат; ар кыл формада консультация берет. Респ. М. б. ө. и., Ош мамл. педагогика ин-ту, Кыргызстан педагогика илимий-изилдөө ин-ту м-н бирге педагогикалык окууларды, илимий педагогикалык конференцияларды, педагогикалык көргөзмөлөрдү өткөрөт. Окуу-методикалык адабияттарды чыгарат. 1986-ж. ин-тта 4 миңден ашуун киши кайра даярдоодон өткөн. 34 киши иштейт (1986).

МУГХАНА — жер бетинде таштан узата салынган, үстү кумпалуу же жалпак жабылган, эшиги тар күмбөз (б. з. ч. 2-к. — б. з. 6—7-к.). Бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү коюлган. Дубалдарынын көлөмү, түргузулушу ж-а саны б-ча айырмаланат. Фергана өрөөнүнүн түн.-батыш бөлүгүндө Кара-Мазар ж-а Чаткал кырка тоолорунун өрөөндөрүндө жайгашкан. Бул жерлерде 200дөн ашык М. казылган. Алар чала көчмөн тоолук малчыларга таандык. Бул уруулардын эфталиттер м-н байланыштырышат. Ала-Бука р-нундагы М-ларды 1951-ж. А. К. Кибиров, 1955 ж-а 1974-ж. Ю. А. Заднепровский изилдешкен. Терек-Сай ш. т. п-на жакын, Орто-Токой кыш-нда Касан-Сай суусунун оң өйүзүндө Чычырканак дөбө мүрзөлөрүнөн да М-лар табылган. Түн.-чыгыштагы эң четки М-лар тобу Пача-Ата суусунун (Жаңы-Жол р-ну) жог. бөлүгүндө кезигет. Казылган М-лар б. з. 1-кылымдарына таандык.

МУЗЕЙЛЕР. Областта мамл., коомдук ж-а мектеп М-и бар. Оштогу биринкен *Тарыхый-маданият музей-коругу* (мунун 4 филиалы — Жалал-Абад шаар тарыхынын музейи, Кызыл-Кыя шаар тарыхынын музейи, Ноокат край таануу музейи, Өзгөн археология-архитектура музейи бар), 14 коомдук музей (а. и. 3 мемориалдык, 9 эмгек даңкы, 2 орто окуу жайларынын музейи) иштейт (1986). Мемориал М-дин экспозициялары Ош обл-нда туулган белгилүү адамдар — Кыргыз ССР БАКнын Президиумунун 1-председатели *А. Орозбеков* (Фрунзе р-ну, Орозбеков кыш.), алгачкы к-здоштуруу учурундагы активисттердин бири Кыргыз АССР БАКнын мүчөсү У. *Салиева* (Ноокат р-ну, Салиева атн. к-з), Сов. Союз. Баатыры Т. *Тайгараевдин* (Сузак р-ну, «Дружба» с-зу) өмүрүнө ж-а ишмердигине арналган. Эмгек даңкы М-и ири ишканаларда (Кадамжай сурьма комбинаты, Майлы-Сай электр лампа з-ду ж. б.) уюшулган. Мектеп М-и окуу процессинде ж-а мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоодо маанилүү иш аткарат. Областта 62 мектеп музейи бар, о. эле 292 мектеп залында, 10 класста ж-а 148 бурчта музейге ылайыктуу экспозициялар коюлган.

МУЗЫКА МЕКТЕПТЕРИ, Балдардын М. м. Балдарга баштапкы муз. билим берет, окуучуларды атайын орто музыка окуу жайларына өтүүгө даярдайт. Баардык шаарларда, р-ндун борборлорунда, ш. т. п-ларда, к-з ж-а с-здордун борб. чарбактарында ачылган. Эмгек коллективдеринде, жалпы билим берүүчү мектептерде, мектепке чейинки балдар мекемелеринде маданий-массалык иштерди жүргүзөт, өздүк көркөм чыгармачылык коллективдерине көмөк көрсөтөт. Областта 31 балдар музыка мектеби иштейт, аларда 1985—86-окуу жылында 5370 бала окуган; 19 мектеп (2573 окуучу) кыш-да, 4 мектеп ж-а алардын 10 филиалы чарбалардын борб. чарбактарында жайгашкан. Жылына 500дөн ашык окуучу бүтүрүп чыгат. Ош ш-нда 2 М. м. бар. № 1 балдар музыка мектеби (Свердлов көчөсү, 315) 1956-ж. ачылган. Бөлүмдөрү: фортопиано, эл аспаптары — баян, аккордион, комуз, кыяк, рубаб; кылдуу аспаптар — скрипка, виолончель, контрабас; үйлөмө аспаптар; урма аспаптар. 1985—86-окуу жылында 60 мугалим иштеген, 582 окуучу окуган, 48 окуучу бүтүрүп чыккан. П. И. Чайковский атн. № 2 балдар музыка мектеби (Свердлов көчөсү, 240) 1959-ж. ачылган. Бөлүмдөрү: фортопиано, кылдуу аспаптар, үйлөмө аспаптар, орус эл аспаптары, кыргыз эл аспаптары. 1985—86-окуу жылында 37 окутуучу иштеген, 331 окуучу окуган, 21 окуучу бүтүрүп чыккан.

«МУРАС» — Ош элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмеси (Ош ш., Юбилейный проспектиси, 252). 1970-ж. Фрунзедеги «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин филиалы катары түзүлгөн. 1973-жылдан азыркыдай аталат. Ар түрдүү эл керектөөчү үй-тиричилик буюмдарын, белек-бечкектерди чыгарат. Сайма саюу, карапа буюмдарын жасоо, килем токуу, жыгач, таш, металл, сөөк, булгаарыдан буюм жасоо ж. б. иштерди аткарат. Жылына 3,5 млн сомдук продукция чыгарат; 610 киши иштейт (1985). Жалал-Абад ш-нда, Алай ж-а Фрунзе р-ндорунда үйдөн иштөө цехтери бар.

МУРДАШ КЕНИ — Алай р-нундагы сымап рудасы жаткан жер. Гүлчө кыш-нын түн. тарабында, Алай кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Кен 1956-ж. табылган. Кен аймагын таш көмүр мезгилинде пайда болгон түрдүү түстөгү акиташ теги, сланец ж-а эффузив тоо тектери түзөт. Кен акиташ теги м-н сланец тоо тектеринин кошулган жериндеги майда тектоникалык жаракалар м-н кальциттешкен ж-а талкаланган зоналарда жатат. Алардын узундугу 260 *м*, туурасы 30—40 *м*ге жетет. Руда негизинен чарыранды, сепкил, линза, уяча ж-а тарамчалар түрүндө. Нег. минералы — киноварь.

МУРЗУБРАИМОВ Бектемир (1940-ж. т., Өзгөн р-ну, Ничке-Сай кыш.) — химия илимдеринин доктору (1986), профессор (1987). 1967-жылдан КПСС мүчөсү. 1956-ж. орто мектепти бүтүрүп, о. эле жылы Ош мамл. педагогика ин-туна өткөн. 1962-ж. ин-тту бүтүргөндөн кийин жарым жылча мектепте иштеген. Кыргыз мамл. университетинин аспирантурасында окуган. 1965-жылдан Ош мамл. педагогика ин-тунда (окутуучу, кафедра башчысы, проректор, биология факультетинин деканы) иштейт. 130дан ашык илимий эмгектери бар. Алардын көпчүлүгү СССР ИАнын журналына ж-а союздук конференциялардын материалдарына жарыяланып, чет элдик тилдерге которулган. М-дун жетекчилигинде Ош мамл. педагогика ин-тунун химиктери амиддер м-н турмуш-тиричилик үчүн маанилүү элементтердин аракеттенүүсүнүн илимий негиздерин иштеп чыгышып, жаңы натыйжалуулукка ээ болгон биоактивдүү препараттарды синтез-



Б. Мурзубраимов



Т. Мусаев

дөөдө эмгектенип жатышат. СССР эл агартуу ж-а элге жог. билим берүүнүн, Кыргыз ССР элге билим берүүнүн отличниги. В. И. Лениндин 100 жылдыгына карата «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы, СССР ИАнын Н. С. Курнаков атн. эстелик медалы менен сыйланган.

МУРКУТ — кыштак, Ноокат р-ндагы Биринчи Май айыл советинин борбору. Бул айыл советине Меркит, Кеңеш, Герей-Шорон, Толман, Ай-Тамга, Додон, Жайылма, Он-Эки-Мойнок кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 35 *км* батыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 10 *км*. Калкы 1878 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар. У. Салиеванын музейи иштейт.

МУСАЕВ Тешебай (1894-ж. т., азыркы Кара-Суу р-ну, Дыйкан-Кыштак кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1951). Улуу Октябрь социалисттик рев-ясына чейин байларга жалданып иштеген. 1932-ж. Кара-Суу р-ндагы «Кызыл-Шарк» (азыркы Х. Таширов атн.) к-зуна мүчө болуп кирген. 1945-жылдан чарбадагы дыйканчылык бригадасынын бригадири. 1950-ж. анын бригадасы 310 *га* аянттын ар гектарынан 45,6 цден пахта жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

МУХАММАД ЮСУП БАЙКОЖО УУЛУНУН МЕЧИТИ — 20-к-дын башындагы архитектуралык эстелик. Ош ш-нда Алебастрова ж-а Тельман көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан. Гузар (маала) мечиттин үлгүсүндө салынган. «Г» тамгасы формасында, жайында (айван) ж-а кышында намазга жыгылуучу (михрабдуу) 2 жайдан турат. Намазга жыгылуучу кышкы



Д. И. Мушкетов

жай айван м-н кеңдиги 1,2 *м* келген 2 эшик аркылуу байланышат. Адегенде бышырылбаган кыштан тургузулуп, бети бышкан кыш м-н капталган. Кийинки ремонт убагында бышырылбаган кыш бышкан кыш м-н алмаштырылган. Түш. тарабындагы узунураак дубалы оюктар аркылуу 3 бөлүккө бөлүнөт. Намазга жыгылуучу кышкы бөлмөнүн башкы эшиги мечиттин чыгыш тарабында жайгашкан. Айваны да чыгыш тарабында жайгашып, оймо-чиймелер м-н кооздолгон эки кабаттуу бөлүктөн турат. Мечиттин оймо-чиймелер м-н кооздолгон шыбы ж-а түркүктөрү өзгөчө көрк берип турат. Айвандын үстүнө жаткырылган устунда мечиттин мусулман жыл саноосу (хижра) б-ча 1328-ж. (1909—10-ж.) курулгандыгы, курман-дыкка чалынган Мухаммад Юсуп Байкожо уулунун, оштук жыгач усталарын, мечиттин шыбын оймо-чиймелери м-н кооздогон хоженттик сүрөтчүлөрдүн аты жазылган.

МУШКЕТОВ Дмитрий Иванович (1882, Петербург ш. — 1938, Магадан обл.) — тектонист-геолог, Ленинград тоо-кен ин-тунун профессору. Караколдон (Пржевальск) Ферганага чейин, Нарын аймагын, Чил-Майрам ж-а Чил-Устун тоолорунун палеозойдогу стратиграфиясын изилдеген. 1908-ж. Чыгыш Фергана геологиялык картасын тартуу иштерин баштап, аны 1916-ж. аяктаган. Орто Азиянын тектоникасынын нег. проблемаларын камтыган эмгектери белгилүү. «Түркстандын геологиялык очерктери» эмгеги (1925) схемалуу геологиялык карталар м-н толукталган.

МЫКТЫ-ПОШО ШААР ЧАЛДЫБАРЫ б. з. ч. 3-к. — б. з. 1-к-на таандык. Араван р-нундагы Керки-Дөң кыш-нан 4—5 *км* түн.-батыш тарапта жайгашкан. Ю. А. Заднепровский, Н. Г. Горбунова, О. Береналиев изилдеген. Көп бурчтук формасында. Түндүгүнөн суу жеп кеткен жарлар, батышынан ж-а чыгышынан терең аң, кокту-колот м-н курчалган. Түш. тарабында дарбазасы болгон. Шаар чалдыбарынын ордунда бир нече дөңсөөлөр бар. Түн. тарабында чоң дөбө — цитаделдин урандысы сакталган. Жошо м-н кооздолгон карапа буюмдар ж. б. табылган.

МЫРЗА-АКЕ, Таштак — кыштак, Өзгөн р-нундагы Мырза-Аке айыл советинин борбору. Бул айыл советине Адыр, Бавыр, Большевик, Киров кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 12 *км* чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 62 *км*. Калкы 10 362 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү ж-а мал (кой, уй) багуу. Үч орто мектеп, ооруканa, поликлиника, 3 бала бакча, 2 клуб, китепкана ж. б. бар.

Н

НАВОИ А. ЭСТЕЛИГИ. 15—16-к-дагы өзбек акыны ж-а ойчулу А. Навоиге 1968-ж. Ош ш-дагы А. Навои атн. парктын кире беришинде тургузулган. Эстеликтин бийикт. 2,2 *м*. Бетондон жасалган. Постаментинин бийикт. 2*м*. Скульп.—Д. А. Хеидзе.

НАЗАРОВ МӨҢГҮСУ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 7 *км*, аянты 6,1 $км^2$, көлөмү 0,25 $км^3$. Кызыл-Суунун сол куймасы Кызыл-Агындын алабында жайгашкан. Башы д. ден. 6000 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн башталган суу Жанайдартак суусуна (Кызыл-Агындын башаты) оң тараптан куят.

НАЙМАН — Ноокат р-нундагы шаар тибиндеги посёлка (1965-жылдан). Райондун борбору Эски-Ноокат кышнан 27 *км* батыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 30 *км*. Калкы 2,4 миң (1986). «Түштүк суу курулуш» трестинин ж-а обл. агрардык өнж. к-тинин механикалаштырылган көчмө колонналары, Найман суу түйүнүнүн башкармасы жайгашкан. Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, 3 бала бакча, 2 мед. пункт, 2 клуб, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар. Н-дын жанында Улуу-Тоо кени ачылган.

НАЙМАН СУУ САКТАГЫЧЫ Ноокат р-нунун аймагында, Көк-Жар кыш-нан 5—6 *км* түштүгүрөөктө жайгашкан. 1963-ж. курула баштап. 1968-ж. ишке

киргизилген. Кыргыз-Ата, Чиле-Сай, Косчан, Шаңкол, Абшыр-Сайдан суу алат. Сыйымдуулугу 39,5 млн $м^3$, уз. 8 *км*, жазы жери 2 *км*, терең жери 37,6 *м*, суу толгондогу аянты 4,23 $км^2$. Плотинанын уз. 265 *м*, туурасы 6 *м*, эң бийик жери 40,5 *м*. Араван р-нундагы Төө-Моюн талаасынын 6 миң *га* жери сугарылат. Суу чыгымы 15,2 $м^3$/сек. Суу толтуруу ж-а суутелемеханикалаштырылган.

НАЙМАН СУУ ТҮЙҮНҮ(администрациясы: Найман ш. т. п.) — Ноокат р-нундагы ирригациялык курулмалардын комплекси; ага Кыргыз-Ата суусунун (1 канал) сугат системасы, Найман каналы (5) ж-а *Найман суу сактагычы* кирет. Чарба аралык ири Найман (1966-ж. курулган, Чили-Сай суусунан башталат; уз. 21,8 *км*; каналдын башында чыгымы 28 $м^3$/сек), Төө-Моюн (1966-ж. курулган, Найман суу сактагычынан башталат; уз. 14,6 *км*, каналдын башында чыгымы 10 $м^3$/сек), Кыргыз-Ата (1966-ж. курулган, Кыргыз-Ата суусунан башталат; уз. 12 *км* каналдын башында чыгымы 8 $м^3$/сек), Айланып өтмө каналы (1966-ж. курулган, Найман каналынан башталат; уз. 8,6 *км*, каналдын башында чыгымы 13,2 $м^3$/сек), Абшыр-Сай (1963-ж. курулган, Абшыр-Сай суусунан башталат; уз. 3,9 *км*, каналдын башында чыгымы 20 $м^3$/сек) каналдары бар. Н. с. т. обл. сугат система башкармасына карайт. 78 киши иштейт (1986).

НАМАНГАН УЕЗДИ —1876—1924-ж. Түркстан генерал-губернатордугунун Фергана обл-ндагы админ.-аймактык бирдик.

НАН ЗАВОДДОРУ.Областта 9 нан з-ду иштейт (1986); алар: Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Кара-Суу, Кадамжай, Жалал-Абад (жылына 4500 *т* нан азыктарын бышырат), Таш-Көмүр (3400 *т*), Көк-Жаңгак (1760 *т*), Кочкор-Ата (1500 *т*) нан заводдору. Сумсар ж-а Терек-Сай ш. т. п-ларында жылына 430 *т* ж-а 150 *т* нан бышыруучу наабайканалар иштейт.

НАН-КОНДИТЕР ӨНДҮРҮШ БИРИКМЕСИ, Кыргыз ССР Мамл. агрардык ө. ж. к-тинин Жалал-Абад Н.-к. ө. б. (администрациясы: Жалал-Абад ш., Алымкулов көчөсү, 1). 1973-ж. кондитер ф-касынын (1959) базасында түзүлгөн. 5650 *т* кондитердик (90 түрлүү) ж-а 19 900 *т* нан азыктарын (30 түрлүү) чыгарат. Продукциясы респ-нын 70тен ашуун соода ишканаларына ж-а уюмдарына жөнөтүлөт. 200дөн ашык коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт (1986).

НАРИМАН — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Нариман айыл советинин борбору. Бул айыл советине Алимдөбө, ВЛКСМ, Жаңы-Махалла, Кара-Тай, Куранкол, Нурдар, Жийделик, Кызыл-Мехнат, Маңгар, Ачы, Кара-Дөбө кыш. да карайт. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 20 *км* түш. тарапта, Ош темир жол станциясынан 4 *км*. Калкы 3360 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, ооруканa, китепкана, клуб ж. б. бар.

НАРЫН — дарыя, Сыр-Дарыянын негизги курамы. Ал обл-тын аймагы аркылуу Жаңы-Жол ж-а Ленин р-ндорунун чек арасы б-ча өтөт. Борб. Тянь-Шандын Ак-Шыйрак кырка тоосундагы Петров мөңгүсүнөн башталат. Уз. 534 *км*, обл-тын аймагында 43 *км*. Үч-Коргон кыш. туштa жылдык орт. чыгымы 420 $м^3$/*сек*. Дарыяга Үч-Коргон, Таш-Көмүр, Күрп-Сай, Камбар-Ата ГЭСтери курулган. Дарыядан каналдар башталат, насос аркылуу суу сордуруп алынат. Боюнда Таш-Көмүр ш., Шамалды-Сай ш. т. п., Кызыл-Жар кыш. ж. б. жайгашкан.

НАРЫН I АКИТАШ КЕНИ Жаңы-Жол р-нунда. Нарын дарыясынын боюнда жайгашкан. 1955-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын карбондун чөкмө тектери түзөт. Кен ортосун кумдук тоо теги бөлүп турган эки катмардан турат; астыңкы катмардын калыңдыгы 60—80 *м*, үстүңкүсүнүкү 45—65 *м*. Акиташ теги агыш, бозомук, саргыч темгилдүү келет. Арасында доломиттешкен түрлөрү бар. Акилөөчү акиташ, портланд-цемент, кальций карбидин алууга, курулуш ташы, бетон шагылы катары пайдаланууга жарактуу. Запасы C_1 категориясы б-ча 7302 миң *т*.

НАРЫН II АКИТАШ КЕНИ Жаңы-Жол р-нунда. Фергана тоо тизмегинин түш.этегинде. 1954-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын карбондун кумдук, сланец, алевролит, конгломерат ж-а акиташ тектери түзөт. Акиташ тек катмарынын калыңдыгы 80 *м*; өңү агыш боз, бозомук. Портланд цементи м-н курулуш акиташын алууга жарамдуу.

НЕМАТОВ Нематжан (1941-ж. т., Ош ш.) — актёр, Кыргыз ССР эл артисти (1980). Эмгек жолун 1957-ж.


Н. Нематов


И. С. Немцев


С. С. Неуструев


С. Нишанов

Ош өзбек музыкалык драма театрынын сахнасында иштөөдөн баштаган. Аткарган башкы ролдору: Кочкарёв (Н. Гоголь, «Үйлөнүү»), Ашырбай (Т. Абдумомунов, «Ашырбай»), Дөөтбай (Ч. Айтматов, «Биринчи мугалим») ж. б. Киного да тартылган (Зуннахун, «Каныбек»). Режиссёр катары М. Мирзарахимовдун «Мени бала көрбөгүлө», А. Абдугафуровдун «Тапкыч Талмас», «Гипноз-2» ж. б. спектаклдерди түзүүгө катышкан. Өзбекстанда өткөн кыргыз адабияты м-н иск-восунун 10 күндүгүнүн (1969) катышуучусу. Кыргыз ССР Жог. Советинин, Өзбек ССР Жог. Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

НЕМЦЕВ Иван Спиридонович (1924-ж. т., Кемин р-ну, Быстровка ш. т. п.)— Сов. Союз. Баатыры (1943). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Оштогу балдар үйүнүн тарбиялануучусу. 1942-ж. августта Сов. Армияга чакырылганга чейин Жалал-Абад авт. трестинде слесарь болуп иштеген. Улуу Ата Мек. согушта 116-аткычтар дивизиясынын 548-аткычтар полкунун пулемёт расчётунун отделение командири. 1943-ж. 3-августта Нелхаев кыш-нын жанында душмандын ок атуучу 7 точкасын жок кылып, өзүнүн бөлүгүн душмандын коргонуусун бузуп, чабуулга өтүшүнө шарт түзгөн. Демобилизацияланган-дан кийин мурунку кесибин улантканган.

НЕУСТРУЕВ Сергей Семёнович (1874, Нижний Новгород ш.—1928, Сызрань ш.) — сов. топурак таануучу, географ, саякатчы. Москва университетинин табият таануу бөлүмүн бүтүргөн (1898). Волга бою, Урал, Түркстан, Батыш Сибирь ж-а Түн. Кавказдын табиятын изилдеген. 80ден ашык эмгеги жарыяланган. 1908—14-ж. Түркстан крайына жасалган жер которуу башкармасынын 8 экспедициясын жетектеген, анын 4 экспедициясы Кырг-н аймагында иштеген. 1909-ж. Олуя-Ата уездин ж-а Кырг-ндын Талас өрөөнүн изилдеген топурак таануу-ботаникалык экспедициясын жетектеген. 1911—24-ж. мындай изилдөөлөр Самаркан обл-нын Фергана, Хожент уезддеринде (аларга азыркы Лейлек р-нунун көп бөлүгү кирген) да жүргүзүлгөн. Анжиян (1911), Наманган (1912), Ош (1913) ж-а Хожент (1914) уезддеринин аймактарында маршруттук-чалгындоо иштерин аткарган. Тоо этегиндеги жарым чөл топурагынын зоналык тибин (боз топурактын структурасын, морфологиялык өзгөчөлүгүн, механикалык составын, пайда болуу ж-а таралуу шарттарын) аныктаган. Орто Азияда лёсстун пайда болушуна ж-а таралышына көп көңүл бөлүп, аларды пролювийде пайда болгон деген идеяны жактаган. Анын эмгектери азыркы Ош обл-нын аймагын изилдеген физикалык-географиялык ж-а топурак таануу-географиялык иштердин алгачкыларынан болуп эсептелет.

НИШАНОВ Сабиржан (1904, азыркы Кара-Суу р-ну, Дыйкан-Кыштак кыш.—1969, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1951). 1935-ж. Кара-Суу р-нундагы «Кызыл-Шарк» (азыркы Х. Таширов атн.) к-зуна мүчө болуп кирген. 1944-жылдан пахтачылык бригадасынын бригадири. 1950-ж. анын бригадасы 56 *га* аянттагы пахтанын гектарынан 45,18 *цден* түшүм жыйнап алган. Эки Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

НОГОЕВА Саадат (1921-ж. т., Ленин р-ну, Ноокен кыш.)— пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1934-ж. к-здо иштөөдөн баштаган. Механизаторлор курсун бүтүргөндөн кийин трактор чу ж-а Сакалды МТСинде бригадир. 1958-жылдан Рахманжан атн. к-здун пахтачылык бригадасынын бригадири. 1961-ж. анын бригадасы пахтанын ар гектарынан 24,5 *цден*, 1965-ж. 32,8 *цден* түшүм жыйнап алган. Ошол эле жылы пахта жыйноочу машина м-н өзү 162,7 *т* пахта терген. 1966—74-ж. СССР Жог. Советинин, 1959—75-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. 1963—76-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

НООКАТ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР Араван-Сай суусунун оң өйүзүндө капчыгайдын бетинде тартылган. Бул жерде да Араван ж-а Сүрөт-Таштагы сүрөттөргө окшош Даван аргымактарынын жалгыздан турган сүрөттөрү, эчки-теке, тамгага окшош белгилер, музыка аспаптары, адамдардын сөлөлөрү түшүрүлгөн.

НООКАТ КРАЙ ТААНУУ МУЗЕЙИ 1977-ж. 28-октябрда коомдук башталышта (Эски-Ноокат кыш.) уюшулган. 1981-жылдан Ош бириккен тарых-маданият музей-коругунун филиалы. Көргөзмөсүнүн аянты 109 $м^2$. Музейдин нег. фондунда 1728 даана буюм сактагылат. Музейге жылына 3 миңдей киши кирет.

НООКАТ ӨРӨӨНҮ Кичи-Алай кырка тоосунун түн. тарабындагы Бел-Өрүк ж-а Көк-Бел адырларынын ортосунан орун алган. Уз. 45 *км*, туурасы 12 *км*, аянты 120 $км^2$дей, д. деңг. 1200—1700 *м* бийиктикте. Чили-Сайдын шилендиэңкейиштейт да, акырындык м-н адырларга өтөт.Өрөөн сайлар м-н тилмелеинип, тектирлүү, түн.-чыгышты карай эңкейиш. Таманы чыгышында неогендин конгломерат, кумдук, алевролит, мергель, гипс, батышында антропогендин шагыл, кум, чопо ж. б. тектери м-н толгон. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —12°С, июлдуку 24—25°С. Жылдык жаан-чачыны 300 *мм*ге чейин. Өрөөн аркылуу Араван-Сай суусу ж-а анын куймалары Кыргыз-Ата, Чили-Сай, Шаңкол агат. Булактар көп. Өрөөндө тамеки, дан эгиндери, көп жылдык өсүмдүктөр, жашылча-жемиш өстүрүлөт. Кургак талаа ж-а талаа, каптал беттерине арча, бадал аралашкан шалбаалуу талаа ж-а шалбаа ландшафт алкактары мүнөздүү.

НООКАТ РАЙОНУ — обл-тагы админ.-аймактык бирдик. 1928-ж. түзүлгөн. Батышынан Фрунзе р-ну, түштүгүнөн Алай р-ну, чыгышынан ж-а түн.-чыгышынан Кара-Суу р-ну, түндүгүнөн Араван р-ну, түн.-батышынан Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 4,4 миң $км^2$. Калкы 138,2 миң (1986). 68 кыш-ты бириктирген 12 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Эски-Ноокат кыштагы.


С. Ногоева

Райондун аймагында Найман ш. т. п. жайгашкан.

Табияты. Райондун рельефинде адырлуу тоо этектери ж-а тоо аралык депрессиялар басымдуу. Аймагында Ноокат өрөөнү (д. дең. бийикт. 1200—1700 *м*) ж-а ага туташ адырлар, Кичи-Алай кырка тоосу (4454 *м*), Караван — Көк-Жар түздүгү жатат. Көмүр, сурьма, вольфрам, курулуш материалдар кендери бар. Климаты континенттүү. Жайы ысык, кургакчыл. Кышы анча суук эмес, кар аз жаайт. Ноокат өрөөнүндө январдын орт. темп-расы —2,6°С, июлдуку 24,4°С, Кичи-Алай өрөөнүндө январдыкы — 6,9°С, июлдуку 15,5°С. Жылдык орт. жаан-чачыны 270—300 *мм*.Райондун аймагынан Кыргыз-Ата, Абшыр-Сай суулары башталып, агып өтөт. Райондун суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу үчүн Найман суу сактагычы курулган. Каралжын боз, күрөң, кара күрөң, шалбаалуу тоо топурактары басымдуу. Өсүмдүктөрү ар түрдүү. Түздүктөрдө (д. дең. 1200 *м* бийиктикке чейин) эрмен, шыбак, адырларда (1200—1500 *м* бийиктикте) чекенди, андан жогору (1500—2200 *м*) бетеге, буудайык, тулан, үлпүлдөк, тобулгу, бөрү карагат, ит мурун ж. б. өсөт. 2000—2800 *м* бийиктикте арча токою, андан жогору (2800—3400 *м*) субальп, альп шалбаалуу талаа ж-а гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары эөлейт. Түздүктөрдө ж-а адырларда кемирүүчүлөр, сойлоочулар, куштардан торгой ж. б., токой тилкесинде токой чычканы, арыс, суусар, түлкү, барак куйрук, карышкыр, тоо эчки, сары чычкан, доңуз, кекилик, кашкулак, илбирс, аркар, куштардан кыргый, таркылдак, каракур, чар карга, улар, бүркүт ж. б. мекендейт. Сууларында жилингир, алабуга, сазан ж. б. бар.

Калкы. Район обл-тагы калк жыш



жайгашкан аймактардын бири. 1 *км*^{2} жерге 32 киши туура келет (обл-ка салыштырганда 1,3 эсе көп). Кыргыз (69,3%), өзбек (26,3%), орус (1,8%), татар (0,6%), украин, казак, тажик, уйгур ж. б. улуттар жашайт. Шаар калкы (Найман ш. т. п.) 1,9%ти түзөт.

Чарбасы. А. ч. ургаалдуу өнүккөн район. Нег. тармактары — тамеки өстүрүү ж-а эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы. Район обл-тын а. ч. дүң продукциясынын 11,2%ин берет. Райондогу а. ч. продукциясынын 78%и дыйканчылыктан түшөт. Райондо 8 к-з, 4 с-з, жылкы з-ду, адистештирилген чарба, малды бордоп семиртүүчү база бар. Айыл чарбага жарактуу 191,7 миң *га* (а. и. 38,5 миң *га* айдоо, 7,5 миң *га* чабынды, 6,2 мин *га* бак-дарак, 106 миң *га* жайыт) жери бар. Дан эгиндери (29,9 миң *га*), (3,3 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (9,5 миң *га*), картошка (960 миң *га*), жашылча (199 *га*) өстүрүлөт. А. ч. дүң продукциясынын 22%и мал чарбачылыгынан түшөт. 25,6 миң уй, 115 миң кой, 5,4 миң жылкы, 25,7 мин үй куштары бар (1987). Нан з-ду ж-а турмуш-тиричилик комбинаты иштейт. Бул ишканалардан 1985-ж. 2372 миң сомдук товардык продукция алынган. Нег. транспорту — авт. унаасы. Авт. жолунун уз. 373 *км* (1984), а. и. асфальтталганы 270 *км*. Аймагынан Ош — Эски-Ноокат — Кызыл-Кыя, Кызыл-Кыя — Араван авт. жолдору өтөт.

Билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында жалпы билим берүүчү 68 мектепте 36,9 миң, 2 кесиптик-тех.

«Россия» кинотеатрынын маданият-спорт комплекси.



окуу жайында 586 окуучу окуган. 43 бала бакчада 3,2 миң бала тарбияланат. 44 китепкана, 31 клубдук мекеме, 31 киноустановка, р-ндук ооруканана ж-а поликлиника, 4 участкалык ооруканана ж. б. иштейт. 1935-жылдан райондук «Колхозчу» газетасы чыгат.

НООКАТ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Эски-Ноокат кыш.). 1934-ж. негизделген. 1978-жылдан Ноокат р-ндук борб. китепкана болуп эсептелет. Филиалдары, бөлүмдөрү ж-а китеп берүүчү пункттары катары р-ндогу 44 китепкананы (ар бир айыл советинде 3—4 китепкана), а. и. балдар бөлүмүн (Эски-Ноокат кыш.) бириктирет. Эки профсоюздук, 8 к-здук, мектеп ж-а коомдук китепканаларга методикалык жардам көрсөтөт. Китеп фондусунда орус, кыргыз, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 307 миң китеби бар. 34,7 миң окурманды тейлейт (1985).

НООКАТ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Эски-Ноокат кыш., Ленин көчөсү). 30-жылдары негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационарлары 55 орундуу, адистештирилген 8 бөлүмү бар.

НООКАТ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондо Найман суу түйүнү ж-а 7 ири суу системасы бар, алар аркылуу 25,8 миң *га* жер сугарылат. Кыргыз-Ата суу системасына 9, Шаңколго 7, Чили-Сайга 13, Абшыр-Сайга 10, Чачма-Сайга 2, Исфайрам-Сайга 1 канал карайт. Колхоздор аралык 17 канал бар; алардын экөөнүн (Сасык-Бука, 1972-ж. курулган; Найман каналынан башталат, уз. 8,1 *км*, чыгымы 8*м*^{3}/*сек*; Көтөрмө, 19-к-дын аягы — 20-к-дын башында курулган, Кыргыз-Ата суусунан башталат, уз. 5,5 *км*, чыгымы 5 *м*^{3}/*сек*) суу өткөрүү мүмкүнчүлүгү 5 *м*^{3}/*сек*. Н. р. и. к. р-ндук сугат система башкармасына (Эски-Ноокат кыш.) карайт. 74 киши иштейт (1986).

НООКАТ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 31 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 16 айылдык маданият үйү (Кыргыз-Ата, Биринчи Май, Бел, Гүлстан ж. б. айыл советтеринде), 3 колхоздук клуб «Бел-Өрүк», У. Салиева атн., «Ленинизм» к-здорунда), 4 профсоюздук клуб («Көк Жар» с-зунда, № 44 жылкы з-дунда ж. б.) иштейт (1986). Өздүк көркөм чыгармачылыгынын ж-а чыгармачыл бирикмелердин 238 ийрими уюштурулган, аларга 3,8 миң киши катышат.

НООКАТ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук ооруканана ж-а поликлиника, 325 орундуу 4 участкалык ооруканана (Жаңы-Базар, Коммунизм, Көк-Жар кыш-нда; Жал айыл советинде), 5 айылдык амбулатория («Маданият», Э. Тельман атн., «Бел-Өрүк», «Ленинизм», У. Салиева атн. к-здордо), 50 орундуу учук оорулар диспансери (Чечме-Сай айыл советинде), 20 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), 13 орундуу к-здук 3 төрөт үйү (Жаңы-Ноокат, Кыргыз-Ата, Биринчи Май айыл советтеринде), р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Чапаев кыш., Межколхозный көчөсү), р-ндук ооруканада тез жардам бөлүмү, 8 аптека иштейт (1986). Райондогу амбулаториялык-поликлиникалык мекемелер сменасына 660 киши кабыл алат, стационары 745 орундуу, а. и. 131 оруну кош бойлуу аялдар үчүн. Райондо 114 врач, 634 мед. орто билимдүү адис, а. и. райондук санэпидстанцияда 15 врач, 48 мед. орто билимдүү адис иштейт.

НООКАТ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1959-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан «Большевик», «Обод», «Жаңы-Турмуш» артелдери, кийин р-ндук ө. ж. комбинатынын артелдери (40-жылдары негизделген) тейлеген. 1959-ж. ө. ж. комбинаты ө. ж. турмуш-тиричилик комбинаты болуп өзгөргөн. 1963-жылдан турмуш-тиричилик комбинаты. Ноокат р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын (администрациясы: Эски-Ноокат кыш.) 84 ишканасы, а. и. 2 ателье (Эски-Ноокат кыш., Найман ш. т. п.), 14 кийим тигүү мастерскою, бут кийим оңдоочу ж-а тигүүчү 15 мастерской (ирилери: Эски-Ноокат кыш., Жаңы-Ноокат кыш.), 10 фотосүрөт, 18 чач тарач, үн жазуучу 3 пункт, металл буюмдарды жасоочу 6 керкана, тактай даярдоочу 2 керкана, о. эле комплекстүү кабыл алуучу 5 пункт (Уч-Бай, Гүлстан, Эски-Ноокат ж. б. кыш.) иштейт (1986).

НООКАТ ЧОПО КЕНИ Ноокат р-нунда. Эски-Ноокат кыш-нан 10—15 *км* түн.-чыгыш тарапта, Алай кырка тоосунун түн. этегинде. 1956-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын бор мезгилинде


Ныязалы Борошев

пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Пайдалуу катмар монтмориллонит составындагы чоподон турат. Алардын арасында катмарча ж-а линза (калындыгы 0,1—11,3 *м*) түрүндөгү үлүл-акиташ теги кезигет. Чопо катмарынын калыңдыгы 65—82 *м*. Чопо ныктыгы, чоюлгуч,бир аз гипстелген. Карапа ж-а чопо ылайын даярдоого жарактуу. Запасы В категориясы б-ча 2400,6 миң $м^3$, C_1— 4705,4 миң $м^3$.

НОТАРИАТ КОНТОРАЛАРЫ — мамл. мекемелер; келишимди, ишеним кагазды, мурас укугун күбөлөндүрөт, өлгөн адамдардын мүлкүн сактоо иштерин аткарат ж-а мурасчы болуу укугу ж-дө же мурасчысы жоктугу ж-дө күбөлүк берет, үй-мүлкүн ээлеп алууга тыюу салат, документтердин көчүрмөлөрүнүн тууралыгын ж-а анын көчүрмөсүн күбөлөндүрөт, документте ж. б-да коюлган колдун аныктыгын ырастайт. Областтын бардык шаарларында — Ошто 2 контора (Кара-Суу көчөсү, 30), Жалал-Абадда (Совет көчөсү, 4), Кара-Сууда (Памир көчөсү, 22), Көк-Жаңгакта (Ленин көчөсү, 35), Кызыл-Кыяда (1-Май көчөсү, 36), Майлы-Сайда (Ленин көчөсү, 17), Сүлүктүдө (Ломоносов көчөсү, 11), Таш-Көмүрдө (Ленин көчөсү, 6), Өзгөндө (Ленин көчөсү), о. эле р-ндордун борбор кыштактарында иштейт.

НУРА МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү, Кызыл-Суунун (чыгыш) алабында. Уз. 13,8 *км*, аянты 54,2 $км^2$. Мөңгүнүн башы д. дең. 6340 *м*, этеги 3520 *м* бийиктикте жатат. Өрөөн тибиндеги бир нече мөңгүнүн биригишинен түзүлөт. Мөңгүнүн негизги өзөгү тоонун кыры б-ча чыгышты карай созулат. Мөңгүдөн Кызыл-Суунун оң курамы Нура суусу башталат.

НЫЯЗАЛЫ Борошев (1856, азыркы Жаңы-Жол р-ну, Кичи-Ак-Жол кыш.— 1941, ошол эле жерде) — комузчу ж-а ырчы, 30дан ашык күүнүн автору. Акын Токтогул Сатылгановдун, ырчы ж-а комузчу Атай Огомбаевдин, төкмө акын Алымкул Үсөнбаевдин устаты болгон. Комузда чебер ойноп, элдик ырларды жакшы аткарган. Тамашалуу ырларды комуздун коштоосу ж-а кыймыл-аракети м-н абдан күлкүлүү аткарган. Анын күүлөрү («Кер толгоо», «Сары Барпы», «Кара өзгөй», «Арсар күү», «Короо күзөтүү», «Өттү, кетти балалык» ж. б.) курч сюжеттүү ж-а уккулуктуу. Совет бийлиги мезгилинде Ныязалынын чыгармачылыгы ж-а комузда чебер ойноосу ар тараптуу өнүккөн. Колхоз курулушуна активдүү катышкан. Бүткүл кыргызстандык 1-ж-а 2-олимпиадаларга (1936, 1937) катышып, 1-орунду жеңип алган. Комузчу Б. Кулболдиев м-н музыкант Н. Р. Миронович анын «Арсар күүсүнүн» негизинде «Концертинону» түзүшкөн.

О

ОБИШИР — б. з. 1-к-ндагы б. мүрзөлөр, Хайдаркен ш. т. п-нан батыш тарапта, Обишир үңкүрүнүн жанында. 60-ж-дын аягы—70-ж-дын башында Х. Дуке м-н Э. Кадыров казган. Мүрзөлөр жер үстүнөн байкалбайт, ал суу жеп кеткен сайдын жээгинен байкалган. Көрдөн чопо идиштер, темир бычак, кичине коло идиштер, кутуча, күзгү ж-а асем буюмдар табылган. Хайдаркен өрөөнүндө б. з. 1-к-нда жашаган дыйкан элдин изилденген жалгыз эстелиги.

ОБИШИР I—V Баткен р-нундагы Сох суусунун баш жагында жайгашкан үңкүрлөр тобу. Мезолит дооруна (б. з. ч. 9—7-миң жылдыктар) таандык. Археологдор үчүн Обишир I ж-а V үңкүрлөрүнүн мааниси зор. Экөөнөн тең таш куралдар ж-а айбандардын көп сандаган сөөктөрү табылган. Үңкүрлөр байыркы аңчылардын айбан терилерин сыйрып, ийлөөчү, таштан курал жасоочу туруктуу жайы болгон. Үңкүрлөрдөн таштан жасалган кескич, кыргыч ж. б. куралдар табылган. Калган үңкүрлөр археологиялык табылгага жарды. Үңкүрлөрдүн эң чоңу Обишир I, анын туурасы 12—14 *м*, тереңдиги 6 *м*, бийикт. 20 *м*. Аларды 1965-ж. Өзбек ССР ИАнын Фергана-дагы палеолит доорун изилдөөчү отряды, атап айтканда М. Р. Касымов ж-а У. И .Исламов ачкан. 1966—67, 1969—71 ж-а 1973-ж. казуу иштери жүргүзүлгөн. Үңкүрлөргө жакын жерде Обишир дөбө мүрзөлөрү жайгашкан.

ОБЛАСТТЫК АСКЕР КОМИССАРИАТЫ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 294) — жерг. аскер башкармасынын органы. СССР Куралдуу Күчтөрүндө кызмат өтөөгө милдеттүү адамдардын эсебин алат, аларды Сов. Армиянын катарына чакырат. Өз милдетине жараша сөзсүз түрдө аткарылуучу иштер б-ча приказ ж-а көрсөтмө берет. Областтагы р-ндук нын ишине жетекчилик кылат. Ош шаардык аскер комиссариатынын адреси: Ош ш., Ленин көчөсү, 107.

ОБЛАСТТЫК БАЗАЛЫК ПРОФСОЮЗ КИТЕПКАНАСЫ (Ош ш., Урицкий көчөсү, 6). 1980-ж. «Ош курулуш» трестинин профсоюздук китепканасынын базасында түзүлгөн. Ош ш-нын профсоюздарынын борб. китепканасы катары 13 филиалын ж-а 2 китеп берүү пунктун бириктирет. Областтагы 53 профсоюз китепканалары үчүн уюштуруу-методикалык жардам көрсөтөт. Башка ведомстволордун китепканалары м-н профсоюз китепканаларын жетектейт. Методикалык, комплекстөө ж-а китепканалар үчүн китеп тескөө, тейлөө, китеп фондусун пайдалануу ж-а өздөштүрүү бөлүмдөрү бар. Областтык профсоюз китепканаларынын 595,79 миң китеби, 66,1 миң окурманы бар (1985).

ОБЛАСТТЫК БАЛДАР КИТЕПКАНАСЫ (Ош ш., Ленин көчөсү, 186). 1967-ж. уюшулган. Областтагы балдар китепканаларынын уюштуруу-методикалык, библиографиялык борбору ж-а китепканада балдар м-н иштөө б-ча обл. маданият органдарынын базасы болуп эсептелет. 50 орундуу окуу залы, абонемент, маалымат-библиографиялык бөлүмү ж. б. бар. 1—8-класстын окуучуларын, мектеп жашына чейинки балдарды, балдарга китеп окутуучу уюштуруучуларды, балдар адабияты б-ча адистерди ж-а китепканада балдар м-н иштегендерди тейлейт. Адабият көрсөткүчтөрүн ж-а край таануу б-ча методикалык көрсөтмөлөрдү чыгарат. Китепкананын орус, кыргыз, өзбек, англис тилдеринде 20,98 миң китеби, 6 миң окурманы бар (1986).

ОБЛАСТТЫК БАСМАКАНА (Ош ш., Ленин көчөсү, 209). 1929-ж. негизделген. Областтык *«Ленин жолу»*, *«Ленинский путь»*, *«Ленин йули»* газеталары, көп тираждуу «Текстильщик» (Ош жибек комбинаты), «Голос текстильщика» (кебез кездеме өндүрүш бирикмеси), «Экран жаңылыктары» газеталары, бланк ж-а этикетка-сүрөт продукциялары басып чыгарылат. 34,1 млн нуска газета, 8,3 млн басма табак-оттиск бланк ж. б. продукциялары чыгарат (1985). Машина м-н, кол м-н терүү ж-а басып чыгаруу цехтери бар. 93 киши иштейт (1986).

ОБЛАСТТЫК БИРИККЕН ООРУКАНА (Ош ш., Верхнеувамский көчөсү). 1931-ж. негизделген. Областтагы калкка дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 815 орундуу. Адистештирилген бөлүмдөрү: терапия (40 орун), кардиология (60), гастроэнтерология (35), эндокринология (20), чоңдордун (60) ж-а балдардын (60) жугуштуу оорулары, кесиптик патология (45), хирургия (45), нейрохирургия (45), торокалдык-кан тамыр (45), травматология (45), урология (45), неврология (45), офтальмология (40), отоларингология (45), проктология (50), жаак-бет (45), гематология (20), нефрология (25), а. и. реанимация (10) ж-а ургаалдуу терапия (61) ж. б. Көмөкчү бөлүмдөрү: рентген, флюорография, стоматология, электр-кардиография, функционалдык диагностика, травматология, аллергология, сурдология, кардиология кабинеттери; физиотерапия, чоң кишилер үчүн айыктыруу физкультурасы, кан куюу бөлүмдөрү; клиникалык диагностика, бактериология, биохимия, цитология, патология-гистология лабораториялары. 149 врач, 438 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ОБЛАСТТЫК КЕРЕК-ЖАРАК СОЮЗУ, Ош обл. керек-жарак коомдорунун союзу (башкармасы: Ош ш., Свердлов көчөсү, 294). Кыргыз керек-жарак союзуна карайт. 1926-ж. түзүлгөн. Массалык коомдук чарбалык уюм. Иш-аракети өндүрүш каражаттарынын коомдук (коллективдин) менчигине негизделген. Айыл-кыш-да сооданы өнүктүрөт, товар жүгүртүүнүн жерг. ресурстарын таап, пайдаланат, эмгекчилерди тейлөөнү жакшыртат. Областтын керек-жарак кооперация системасына аймактык-өндүрүштүк белгилери б-ча түзүлгөн коомдор (кооперативдер), алардын р-ндук союздары кирет. О. к.-ж. с-на 6 р-ндук керек-жарак коому, 10 керек-жарак коому, 5 жумушчу кооперациясы, 3 айылдык керек-жарак

коому, 1 шаардык керек-жарак коому, 3 кооперациялык соода, 14 даярдоо конторасы, чарбалык эсептеги чекене соода бирикмеси, 7 дүң соода базасы, 2 экспедиторлук автобаза, пиво з-ду, чарбалык эсептеги 4 нан з-ду, реклама-монтаждоо комбинаты, калк керектөө-чү товарларды чыгаруучу комбинат, курулуш башкармасы, Эмгекти, башка-рууну ж-а рационализацияны илимий жактан уюштуруу б-ча борб. ин-ттун Кыргыз филиалынын Оштогу бөлүмү, «Кооперация курулуш» трести, 2 сырьё базасы, сатып алуу-соода базасы карайт. 1945 соода ишканасы, а. и. жылдык товар жүгүртүүсү 500,6 млн сомдук 1343 дүкөнү, жылдык товар жүгүртүүсү 28,4 млн сомдук 30,5 миң орундуу 756 коомдук тамактануу ишканасы иштейт.

ОБЛАСТТЫК КИТЕПКАНА (Ош ш., Ленин көчөсү, 11). 1949-ж. Ош ш-дык китепканасынын базасында уюшулган. 1974-жылдан Т. Сатылганов атында. Универсал фондусу бар илимий китеп-кана, областтагы мамл. китепканаларга методикалык жардам көрсөтүүчү бор-бор болуп эсептелет. Орус, кыргыз, өзбек, англис ж-а немец тилдеринде чыккан китептерди топтойт ж-а сактайт. Китеп фондусу 850 миңден ашуун. Сейрек кезигүүчү басылма-лардан «Библия Василия Кореня» (1692), В. А. Жуковскийдин чыгарма-ларынын толук жыйнагы (1902) ж. б. бар. Жылына 10 миңден ашык жаңы китеп ж-а 40 миң ойлоп табуучулар-дын эмгектерин ж-а атайын тех. ада-бияттарды, 320 наамдагы газета, жур-налдарды алат. Парт. ж-а сов. орган-дарга, эл чарба адистери м-н илимпоз-дорго библиографиялык жактан жар-дам берет. Китеп көргөзмөлөрүн, окур-мандар үчүн конференциялар ж-а ада-бий кечелерди уюштурат. Библиогра-фиялык көрсөткүч чыгарат. 50 орундуу окуу залы, тейлөө, китепканалар ара-лык абонемент, илимий-методикалык, маалымат-библиографиялык, комп-лекттөө (айырбаштоо фонд сектору м-н), каталог түзүү ж-а тескөө, патент, өспүрүмдөр, информациялык сектор бөлүмдөрү бар. 9 миң окурманды тейлейт (1985).

ОБЛАСТТЫК КООПЕРАЦИЯЛЫК СООДА БИРИКМЕСИ (администрация-сы: Ош ш., Тельман көчөсү, 99). Област-тык керек-жарак союзуна карайт. Менчик көмөкчү чарбасы барлардан а. ч. продуктуларын сатып алып, аны кайра элге сатат. Бул бирикмеге Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя шаардык кооперациялык соода бирикмелери ж-а Базар-Коргон, Кара-Суу, Ленин, Ноокат, Өзгөн р-ндук кооперациялык соода бирикмелери кирет (1986). Жыл-дык товар жүгүртүүсү 18 миң сом-дой.

ОБЛАСТТЫК МАМЛЕКЕТТИК АР-ХИВ (Ош ш., Чкалов көчөсү, 21). 1940-ж. шаардык архивдин базасында түзүлгөн. Ош обл. аткомунун архив бөлүмүнө карайт. Мекемелердин, уюм-дардын, ишканалардын к-з ж-а с-а-дордун, жерг. башкаруучу органдар-дын, юстициялардын, прокуратуралар-дын, коомдук уюмдардын документ-терин, Совет бийлигин орнотуугa ж-а чыңдоого активдүү катышкандар, Сов. Союз. Баатырлары, согуштун ж-а эмгектин ардагерлеринин өздүк фонд-дорун учётко алып, комплекттейт ж-а сактайт. Жалал-Абад м-н Кызыл-Кыяда филиалдары бар. Советтик мезгилдеги документтер 1075 фондго чогултулган; 154526 иш сакталат (1985).

ОБЛАСТТЫК МЕДИЦИНАЛЫК ИЛИ-МИЙ КИТЕПКАНА (Ош ш., Верхне-увамский көчөсү, 12). 1973—ж. Респ. мед. илимий китепкананын Оштогу филиалынын базасында түзүлгөн. Областтагы 29 дарылоо-алдын алуу мекемелери, медицина окуу жайлары, мед. илимий информациянын методи-калык борбору болуп эсептелет. Алфа-виттик ж-а предметтик каталог, тематикалык картотекаларды түзөт, обл-тын мед.-санитариялык мекеме-рине сунуш кылынган адабияттардын тизмесин түзүп, жөнөтөт. Китеп фонду-су 55 миңдей нуска. 60 орундуу 2 окуу залы, маалымат-библиографиялык бө-лүмү, абонементи бар, китепканалар аралык абонементтин кызматынан пай-даланылат. 2,5 миң окурманды, а. и. 1,3 миң практик-врачты тейлейт.

ОБЛАСТТЫК ПИОНЕР УЮМУ — бал-дардын ж-а өспүрүмдөрдүн массалык, өз демилгелүү коммунисттик коомдук уюму. Нег. милдеттери (тарбиялоо): ВЛКСМдин болочок мүчөлөрүн ж-а резервин даярдоо. Кыргызстан ЛКЖСтин обл. к-тинин жетекчилиги м-н иштейт. Алгачкы пионер отряд-дары 1923-ж. Ош ш-нда 9 жылдык мектепте (азыркы М. В. Ломоносов атн. орто мектеп) түзүлгөн. Биринчи пионерлер: Фёдор Балаев, Владимир Василяга, Мария Викленко, Милий

Таранов, Александр ж-а Григорий Золотарёвдор, Константин Кобызев, Ольга Попова. 1925-ж. күзүндө Ош округунда 10 пионер отряды, 1926-жылдын аягында 346 пионерди бирик-тирген 22 пионер отряды болгон. 1927-ж. июль айында пионерлер иш таштоого катышкан англиялык тоо-кен жумушчулары үчүн каражат жыйнаш-кан. 1932-ж. коммунисттик ишемби-ликте айыл-кыштак мектептери үчүн китеп, окуу куралдарын чогултушкан. 30-жылдары пионерлер окуудагы эпкиндүүлүк үчүн социалисттик мел-дешке, сабатсыздыкты жоюу иштерине катышкан. Улуу Ата Мек. согуш жыл-дары Түш. Кырг-ндын пионерлери өзү-лөрү эгин эгишип, пахта өстүрүш-көн. 1942-ж. күзүндө аларга бөлүнүп берилген жерден 797 *т* эгин, 100 *т* пахта жыйнашкан. Алай р-нунан пионер Айбосунов жай мезгилинде 240 эмгек күн иштеп тапкан. Фрунзе ш-ндагы № 3 мектептин пионерлери-нин «Кыргызстан пионери» танкы үчүн каражат топтоо ж-дө чакырыгына жооп иретинде Жалал-Абад ш-нын пионерлери 500 миң сом чогултушкан. Тимурчулар командалары майданда-гылардын үй-бүлөсүнө, балдар үйлөрү-нө жардам беришкен. 1942-ж. январдан 1946-ж. чейин Ош обл-нын комсо-молдору м-н пионерлери балдар үй-лөрүнө 380 миң сом акча, 2167 *пуд* эгин, 1216 *пуд* азык-түлүк, бут кийим ж-а кийимдердин 2000ден ашык комплекти, 3,5 миң нуска китеп чогул-туп жөнөтүшкөн. Токтогул р-ндагы «Эмгек» орто мектебинин пионерлери-нин демилгеси б-ча 1942-жылдан мектептерде 25 үй куштар фермасы түзүлүп, анда окуучулар м-н пионер-лер иштеген. Согуштан кийинки мез-гилде пионерлердин нег. милдети терең билим алуу, дене тарбияны чындоо, коомго паидалуу эмгектенүү болуп калган. 1952-ж. обл. пионер уюмунда 85 миңдей пионер болгон. 50—60-жыл-дары обл-та пионер лагери, пионер үйлөрү көбөйүп, балдардын өздүк көркөм чыгармачылыгы өнүккөн. Түр-дүү ийримдер, спорт секциялары түзүлүп, олимпиадалар өткөрүлгөн. 1985-ж. обл. пионер уюмунда 245 690 пионерди бириктирген 737 пионер кошууну, 8314 пионер отряды болгон. Пионер кошуундары ж-а отряддары оң флангага жүрүү укугуна ээ болуу үчүн социалисттик мелдешке катышат. 1985-ж. оң флангага жүрүүчү 149 кошуун, 1531 отряд болгон. Областта интернационалдык достуктун 590 клу-бу, 440тай «Булгаары топ» клубу, 630дан ашык «Жашыл патруль» отряды, 30дан ашык «Көгүлтүр патруль» отряды, милициянын жаш досторунун 415тей отряды, чек арачылардын жаш досторунун 150дөй отряды, Кызыл Армиянын жаш дос-торунун 200дөн ашык отряды, өспүрүм-дөрдүн өрттөн сактоо б-ча ыктыярдуу 500дөн ашык кошууну, жол кыймылы-нын жаш инспекторлорунун 400дөй отряды болгон. 1000ден ашык отряд тимурчулар кыймылына, 660 отряд бүткүл союздук аскердик-спорттук «Зарница» оюнуна катышат. «СССР — менин Мекеним» экспедициясынын 748 штабы иштейт. Ар бир пионер отряды октябряттар тобуна коллектив-дүү вожатый. Пионер уюму октябрят-тарды шефке алып, октябряттар майра-мын өткөрүп, кенже мектеп окуучу-ларын пионерге өткөрүүгө даярдайт. Ош шаардык пионер уюмунда 15690 пионер, 27 кошуун (5 оң флан-гада жүрүүчү кошуун), 407 пионер отряды (110 оң флангада жүрүү-чү отряд), 80 «Жашыл патруль» от-ряды, 2 «Көгүлтүр патруль» отряды, милициянын жаш досторунун 8 отря-ды, чек арачылардын жаш досторунун 7 отряды, Советтик Армиянын жаш досторунун 9 отряды болгон. Ар бир кошуунда «Булгаары топ», интер-ционалдык достуктун клубдары, жол кыймылынын жаш инспекторлорунун отряды, тимурчулар отряды, «Зарница» батальону, «СССР — менин Мекеним» экспедициясынын штабы бар.

ОБЛАСТТЫК ПРОФЕССИЯЛЫК СОЮЗДАР СОВЕТИ — областтын профсоюз уюмдарынын жетекчи ор-гаңы (Ош ш., Кара-Суу көчөсү, 161). 1951-ж. түзүлгөн. Профсоюз конферен-цияларында шайланат. Президиумду башкаруучу председателдин жетекчи-лиги м-н иштейт. Уюштуруу-массалык, өндүрүштүк-массалык иштер ж-а эмгек акы, маданий-массалык, эмгекти кор-гоо ж-а коопсуздук техникасы, турак жай ж-а турмуш-тиричилик, мамл. со-циалдык камсыздандыруу, укук кон-сультация, Бүткүл союздук ойлоп та-буучулар м-н рационализаторлор коому ж. б. бөлүмдөрү бар. Илимий-тех. коом, туризм ж-а экскурсия, интуризм, кино б-ча советтер иштейт. 1976-ж. укук ин-спекциясы, 1984-ж. агрардык ө. ж. бө-лүмү түзүлгөн. Союздар аралык өздүк

көркөм чыгармачылык үйү иштейт. 1974-ж. профсоюз курстары ачылган. Кыргызстандын түштүгүндө админ.-аймактык бөлүнүшүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу Ош обл-нын профсоюздарынын структурасы да өзгөрүп турган. 1924-жылдын октябрына чейин азыркы Ош обл-нын аймагы Түркстан АССРинин аймагына кирген. 1924-жылдан (Кыргыз АОсу түзүлгөн жыл) ал Ош ж-а Жалал-Абад округдары, 1927—28-ж. Ош ж-а Жалал-Абад кантондору, 1928—38-ж. Ош округу, 1938—39-ж. Ош ж-а Жалал-Абад округдары, 1939-жылдан Ош ж-а Жалал-Абад областтары болуп турган; 1959-ж. алар бир гана Ош обл-на бириккен. Ага жараша профсоюздардын жетекчи органдары да өзгөргөн. 1924-ж. Фергана обл-ндагы Анжиян уездинин профсоюздар бюросунун Ош бөлүмү, 1924—26-ж. Кыргыз АОсунун профсоюздар советинин округдук профсоюздар бюросу, 1927—28-ж. Кыргыз АССР профсоюздар советинин кантондук профсоюздар бюросу, 1928-жылдан Кыргыз АССРинин (1936-жылдан Кыргыз ССРинин) профсоюздарынын Респ. советинин Ош округдук профсоюздар бюросу иштеген. 1939-ж. Жалал-Абад ж-а Ош обл-тарынын түзүлгөндүгүнө байланыштуу округдук профсоюздар бюросу жоюлуп, тармактык профсоюздардын обл. комитеттери, 1951-ж. январда Кыргыз ССР профсоюздарынын Респ. советинин составында Ош обл. профсоюздар совети түзүлгөн. 1963—64-ж. Ош обл-нда 2 профсоюздар совети — ө. ж. ж-а айылдык профсоюздар советтери иштеген. 1964-ж. бул эки обл. совет профсоюздардын Ош обл. советине бириккен. Областта профсоюздардын 13 тармактык к-ти иштейт (1986). Көмүр өнөр жай жумушчулар профсоюзунун Кыргыз аймактык к-ти түзүлгөн.

ОБЛАСТТЫК СОТ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 268) — областтын жог. сот органы. 1925-ж. Жалал-Абад ж-а Ош округдук соттору түзүлүп, 1927-ж. Жалал-Абад ж-а Ош кантондук, 1928—30-ж. кайрадан округдук соттор болуп өзгөргөн. 1939-жылдан Жалал-Абад (1959-ж. чейин) ж-а Ош О. с-тору болгон. 1959-ж. бул экөө жалгыз Ош О. с-уна бириккен. 1-инстанциядагы сот катары Закон О. с-ко берген гражд. ж-а кылмыш иштерин карайт. Областтык эл депутаттар совети 5 жылдык мөөнөт м-н шайлайт. Председателден, председателдин 2 орун басарынан, соттун мүчөлөрүнөн (1985-ж. 13 мүчө-сү) ж-а элдик заседателдерден турат. Гражд. иштер б-ча сот коллегиясы, кылмыш иштери б-ча коллегиясы, президиуму иштейт. Сот коллегиялары р-ндук (шаардык) эл соттору м-н элдик судьялардын чыгарган чечимдери, өкүмдөрү ж-а аныктамаларына каршы кассациялык дооматтарды ж-а протесттерди карайт. О. с-тун президиуму Эл сотторунун закондуу күчүнө кирген чечимдерине, өкүмдөрүнө ж-а аныктамаларына, элдик судьялардын токтомдоруна, о. эле кассациялык дооматтар ж-а сот коллегиялары чыгарган аныктамаларды карайт; сот коллегияларынын председателинин отчётторун угат. Областтык Эл депутаттар советине отчёт берип турат.

«ОБЛАСТТЫК ХИМЧИСТКА» ӨНДҮРҮШ БИРИКМЕСИ, (администрациясы: Ош ш., Кара-Суу көчөсү, 20). 1983-ж. Оштогу «Химчистка» ф-касынын (1972-ж. Ош шаардык турмуштиричилик комбинатынан бөлүнгөн) базасында түзүлгөн. Мурда шаардык ж-а турмуш-тиричилик комбинаттарына (Жалал-Абад, Майлы-Сай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Кызыл-Кыя, Алай, Өзгөн, Ленин, Совет, Ноокат, Фрунзе) караган химиялык жол м-н тазалоочу ж-а боёочу цехтерди, пункттарды бириктирген. Бирикменин составына Ош ж-а Жалал-Абад ф-калары, химиялык жол м-н тазалоочу ж-а боёочу ири 3 цех, о. эле кир жуучу цех (Ош ш., Кара-Суу көчөсү, 20; Свердлов көчөсү, 626; Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 54), 14 туруктуу кабыл алуу пункту (Ош —5, Кызыл-Кыя —2, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр ш-нда; Кочкор-Ата, Фрунзе ш. т. п-ларында; Эски-Ноокат ж. б. кыш-да) ж-а 8 кыдырып кабыл алуучу пункт кирет. Кир кийимкечектер обл-тын бардык пункттарында кабыл алынат. 273 киши иштейт (1986).

ОЙ-КАЙЫҢ ЗАКАЗНИГИ Алай р-нунун аймагында. Чоң-Ой-Кайың суусунун алабында жайгашкан. Сейрек кездешүүчү Памир-Алай (ошол жерде гана өсүүчү) кооз алайкан өсүмдүгүн коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Аянты 50 *га*.

ОЙЛОП ЧЫГАРУУЧУЛАР МЕНЕН РАЦИОНАЛИЗАТОРЛОР КООМУ, Бүткүл союздук О. ч. м. р. к-нун Ош обл. совети (Ош ш., Свердлов көчөсү, 205). Областтагы Бүткүл союздук ойлоп чыгаруучулар м-н рационализаторлор

дун баштапкы уюмдарынын советтерин бириктирет. 1969-ж. негизделген. Нег. милдеттери эмгекчилерди ойлоп чыгаруу ж-а рационализатордук иштерге тартуу; ойлоп чыгаруу ж-а рационализатордук иштерде закондуулуктун сактоосун, ойлоп чыгаруулар м-н рационализатордук сунуштарды, өнөр жай үлгүлөрүн өз учурунда карап, өндүрүшкө киргизүүнү көзөмөлдөө; колхоздор советинин коомдук конструктордук ж-а патенттик бюролордун ишин өркүндөтүү; кароо, конкурс, көрбаштапкы уюмду (203 668 киши) бириктирет (1986). 1985-ж. область б-ча коомдун ишине 6567 адам катышат, ойлоп чыгаруу (10869 миң сомдук) өндүрүшкө киргизилген (1985).

ОЙ-ТАЛ — кыштак, Совет р-нундагы Ой-Тал айыл советинин борбору. Бул айыл советине Көндүк кыш. да карайт. Тар суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыштан 75 *км* чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 158 *км*. Калкы 1054 (1986). Нег. чарбасы — мал чарбачылык. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайдын филиалы, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана, турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту ж. б. бар.

ОК АТУУЧУ ТИРЛЕР. Областта 91 о. а. т. иштейт (1986). Алардын 73ү Кыргыз ССР эл агартуу мин-восуна, бирөө атайын орто окуу жайына, 10у кесиптик-тех. билим берүү системасына, жетөө ДОСААФка карайт. Ош ш-нда 10 о. а. т. иштейт. Областта ок атуу спорту б-ча 14 миңден ашык киши машыгат. 5,7 миң разрядчы-спортсмендердин ичинен жылына 15—20 киши 1-разряддын нормасын тапшырат. Секцияларда 8 штаттык машыктыруучу ж-а 115 коомдук башталыштагы инструкторлор иштейт. Бардык О. а. т-де күнүнө 1680 спортсмен машыгат.

«ОКТЯБРЬ» — Ала-Бука р-ндагы совхоз (борб. чарбагы: Ак-Коргон кыш.). 1963-ж. р-ндогу 3 чарбанын базасында уюшулган. Сүт саап алууга ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген. 13,9 миң *га* (а. и. 9,1 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,3 миң бодо мал, 12 миң кою бар (1986).

ОКТЯБРЬ — кыштак, Сузак р-ндагы Октябрь айыл советинин борбору. Бул айыл советине Багыш, Кедей-Арык, Кызыл-Туу, Сары-Булак, Беш-Бала, Сафаровка кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 27 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 20 *км*. Калкы 6999 (1986). Нег. чарбасы — мал чарбачылык, үрөн даярдоо, тамеки өстүрүү. 2 орто мектеп, музыка мектеби, 3 бала бакча, ооруканa, кинотеатр, 2 китепкана ж. б. бар.

«ОКТЯБРЬ» — Майлы-Сай ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр. 1956-ж. ачылган. 12 кинолекторий иштейт. 300 орундуу 2 залы бар.

ОКТЯБРЬ ЖҮЗҮМ СОВХОЗ КОМБИНАТЫ — Сузак р-нундагы чарба (борб. чарбагы: Ленин кыш.). 1946-ж. уюшулган. 1957-ж. «Кызыл эмгекчи» к-зу, 1959-ж. М. В. Фрунзе атн. к-з м-н бириккен. Нег. чарбасы — жүзүм өстүрүү, мал чарбачылык. 4,9 миң *га* (а. и. 3,9 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,2 миң бодо мал, 134 жылкысы бар (1986). Совхоздун заводу (1968) суткасына 35 *т* жүзүм ж-а 150 *т* мөмө-жемишти кайра иштетет. 1985-жылдан шире ж-а алкоголсуз суусундуктарды чыгарууга өткөн.

«ОКТЯБРЬ ТУУСУ» — газета (редакциясы: Өзгөн ш., Ленин көчөсү, 125), Кыргызстан Компартиясынын Өзгөн райкомунун ж-а Эл депутаттарынын райондук советинин органы. 1935-ж. негизделген. Адегенде «Сталин жолу», 1936—57-жылдан «Ленин жолу», 1957—62-жылдан «Ленин туусу», 1965-жылдан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. Тиражы 11,0 миң нуска (1986). Редакциядагы цехте басылат.

ОКУУЧУЛАРДЫН ЭМГЕК ЖАНА ЭС АЛУУ ЛАГЕРЛЕРИ — жогорку класстын окуучуларынын эмгек бириктемелеринин бири. Жай мезгилинде р-ндук ж-а шаардык элге билим берүү бөлүмдөрү а. ч. ишканалары м-н бирге колхоз, совхоздордун базасында уюштурат. 1985-ж. ушундай 76 лагерь Лейлек, Сузак, Совет, Жаңы-Жол, Алай ж. б. р-ндордо түзүлүп, анда жог. класстын 17 миң окуучусу эмгектенип (күнүнө 4 саат), эс алышкан.

ОЛОКОН-ТОО — Алай кырка тоосунун түн. тармагы. Талдык, Ак-Буура сууларынын аралыгында кеңдик багытында 34 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 10 *км*. Орт. бийикт. 4000—4200 *м*, эң бийик жери 4629 *м*. Тоонун кыры асказоокалуу, мөңгүлүү, түн. капталдары



Г. Ормонова



А. Орозбеков

тик, түштүгү узун, кокту-көлоттуу. Силурдун аягында сланец, кумдук, катмарланган кремний ж-а диабаз, девон м-н карбондун кремнийлүү сланец, филлит, акиташ тектеринен турат. Түн. капталына талаа (1900—2100 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа ж-а шалбаалуу токой (арча, бадал; 2100—3000 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы, сейрек бетегелүү талаа (3000—3300 *м*), түш. капталына шалбаалуу талаа ж-а шалбаалуу токой (2700—2900 *м*ге чейин), субальп ж-а альп шалбаалуу талаа, сейрек бетегелүү талаа (2900—3200 *м*), нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү.

ООГАН-ТАЛАА — кыштак, Базар-Коргон р-нундагы Могол айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кайнар, Кара-Ой, Чкалов, Правда, Чарбак, Бувакол, Кызыл-Суу кыш. да карайт. Кара-Үңкүр м-н Арстанбап суулары кошулган жердеги тектирде жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 38 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 71 *км*. 1850-ж. негизделген. Калкы 1738 (1986). Токой ж-а мал чарбасы өнүккөн. Үйдөн иштөөгө ылайыкталган кийим тигүү цехи, жемиш иштетүүчү пункт иштейт. Орто мектеп, ооруканa, клуб ж. б. бар.

ООРУКАНАЛАР — дарылоо-алдын алуучу стационардык мед. мекемелер. Областта 18 шаардык, 15 р-ндук борбордук, 4 р-ндук, 4 балдар, 2 обл., 2 адистештирилген учук оорулар, 1 психиатриялык, 42 участкалык ооруканa иштейт (1986); к. *Областтык бириккен ооруканa, Балдар ооруканасы, Ош шаарынын борбордук ооруканасы, Төрөт үйлөрү, Диспансерлер*, о. эле обл-тын ш. м-н р-ндорундагы шаардык ж-а р-ндук борб. ооруканалар, мед.-санитариялык мекемелер ж-дөгү макалаларды.

ОРДО-ШАХ КЕНИ — Араван р-нундагы гипс кени жаткан жер. Үч-Коргон кыш-нан 6 *км* түш.-чыгышта, Кызыл-Кыя ш-нан 17 *км* аралыкта. Алай кырка тоосунун түн. этегинде. 1953—54-жылдары геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагында мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон чөкмө тектер кеңири таралган. Гипс бор мезгилинин үстүңкү катмарындагы чопо тоо тектердин арасында эки горизонтту түзүп жатат. Алардын калыңдыгы 4,9 ж-а 6 *м*; 93,6%и гипстен, 5%ке чейин ангидриттен турат. Гипс ак, тыгыз массивдүү, көмүскө кристалданган. Технологиялык касиети б-ча 1-сорттогу курулуш ж-а калып гипсин алууга болот. Бирок, адегенде жанчып майдалоо ж-а ысытуу керек. Запасы А+В+С категориясы б-ча 1133 мин т.

ОРМОНОВА Гүлбара (1920-ж. т., Алай р-ну, Шарт кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). Эмгек жолун 1940-ж. «3-Интернационал» к-зунда иштөөдөн баштаган. 1955-жылдан к-здун баш чабаны, 1958-жылдан Алай р-нундагы «Алай» с-зунда баш чабан, 1977-жылдан «Сары-Могол» с-зунда чабан. 1965-ж. ар бир ириктен орт. 5,2 *кг*дан жүн кыркып, тирүүлөй салмагын 70 *кг*га жеткирген. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган. 1967—75-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

ОРМОШ — кыштак, Фрунзе р-нундагы Бирлик айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаңы-Коргон, Чечме, Бел, Жал, Сырт, Эшме, Кичи-Хайаркен, Моло, Тескей, Сур-Таш кыш. да карайт. Ош — Сүлүктү авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 56 *км* түш.-батыш тарапта, Фергана темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 91 *км*. Калкы 735 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү. Орто мектеп, 2 бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб ж. б. бар.

ОРОЗБЕКОВ Абдыкадыр (1889, Фергана обл., Маргалан уезди, Охна кыш. — 1938) — сов. парт. ишмер. 1918-жылдан Компартия мүчөсү. 1909—16-ж. наабайканада жалданып иштеген. Кыргында Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөн. 1917-ж. Анжиян ш-ндагы нан бышыруучу ишкананын жумушчуларынын кыймылына жетекчилик кылган: мастерлердин, жумушчулардын ж-а кызматчылардын Фергана профсоюз башкармасынын мүчөсү. Совет бийлигин орногондон кийин Кызыл Гвардия отрядынын командири болуп туруп, Фергана ш-нын ишканаларын, шаардын чет-жакаларында коргонууну уюштурган. 1919—23-ж. Чимион ж-а Вуадил р-ндук рев-ячыл к-ттин председатели, Мархамат р-ндук к-тинин председатели, Маргалаң уезддик аткаруу к-тинин президиумунун мүчөсү. 1924—25-ж. Ош округдук рев-ячыл к-ттин жер бөлүштүрүү бөлүмүнүн башчысы, 1925-жылдан РКП(б)нин округдук к-тинин жооптуу секретары. Кыргыз автономия обл-нын обл. аткомунун 1-пленумунда Облаткомунун Президиумунун председателдигине шайланган. 1927—37-ж. Кыргыз АССР Борб. аткаруу к-тинин председатели. Түркстан респ-сынын Алтын белгиси (1924), Эмгек Кызыл Туу ордени (1932), ысымы жазылган курал м-н сыйланган. Анын ысмы м-н совхоз, Фрунзе р-нундагы Охна кыш., Фрунзе ш-ндагы көчө аталган.

ОРОЗБЕКОВ — кыштак (мурунку Охна), Фрунзе р-нундагы Орозбеков айыл советинин борбору. Бул айыл советине Фрунзе, Кулду, Таш-Кыя, Чал-Таш кыш. да карайт. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 12 *км* түш.-батыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 45 *км*. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 7340 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. 2 орто мектеп, сегиз жылдык мектеп, бала бакча, амбулатория, фельдшер-акушердик пункт, клуб, 2 китепкана, турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуучу пункту ж. б. бар. Кыштакта А. Орозбековдун мемориалдык музейи иштейт.

ОРТОК ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (кеңсеси: Сузак р-ну, Орток кыш.) 1948-ж. Жаңгак с-зунун базасында уюшулган. Ага жалпы аянты 15 205 *га* жердеги токой карайт.

ОРУС-БУЛАК КЕНИ — Фрунзе р-нундагы карбонат-серпентинит брекчия кени жаткан жер. Совет ш. т. п-нан 7—8 *км* батыш тарапта, Катыраң-Тоонун түн. тармагында, Орус-Булак өрөөнүндө жайгашкан. 1972—73-ж. изилденген. Кен аймагын палеозойдун чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу катмар тектоникалык жараканы бойлой жайгашып, серпентиниттин майда сыныктарынан пайда болгон брекчиядан турат. Кен аймагынын аянты 20×50 мден 50×200 *м*ге чейин. Брекчия оной



М. С. Осипов



А. Осмонбеков

кесилип, жакшы сайкалданат. Жылмаланган бети жылтырак, кооз оймочиймелүү келет. Кочкул жашыл түстүү фонунда кызгылтым, жашыл ж-а күрөң такчалар кооз көрүнөт.

ОСИПОВ Михаил Степанович (1929-ж. т., Казак ССРи, Андреев р-ну, Лепсы кыш.) — тарыхчы, экономика илимдеринин доктору, профессор. 1956-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз мамл. университетин бүтүргөн. Кыргызстан а. ч. ин-ту м-н Пржевальск педагогика ин-тунун марксизм-ленинизм кафедраларында иштеген. 1959-жылдан доцент, Ош мамл, педагогика ин-тунун саясий экономия кафедрасынын башчысы. Негизги эмгектери: «Кыргызстанда колхоздук менчиктин өнүгүшү» ж. б. Кыргыз ССР эл агартуунун отличниги.

ОСМОНБЕКОВ Арстаналы (1885, Наманган уезди, Кырк-Уул болушу, Тегене кыш.—1945, Жаңы-Жол р-ну, Афлатун кыш.) —Түркстандагы граждсогуштун ж-а Кырг-ндын түш. аймактарында социалисттик курулуштун активдүү катышуучусу. Наманган ш-ндагы орус-тузем мектебинде окуган. 1916—17-ж. аскер-оорук жумуштарында (Белоруссияда), «Ооруктагылардын» согушка каршы кыймылына катышкан. 1917-ж. февралда 5-курулуш бригаданын рев-ячыл к-тинин мүчөсү. Кызыл Гвардия ж-а элдик милиция отряддарын түзүүгө катышкан. 1920-ж. май айынан басмачыларга каршы күрөшүүчү ыктыярдуу отрядын командири. 1921-ж. февралдан ыктыярдуу милициянын Кыргыз атчандар өзгөчө дивизионунун командири. Парт. ж-а чарбалык жетекчи кызматтарда иштеген. Жаңы-Жол р-нунда к-з башкармасы болуп иштеген. Кыргыз АССР Советтеринин 1-уюштуруу съездине делегат болуп шайланган. Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.



П. С. Осташков

ОСТАШКОВ Павел Степанович (1891, Дон обл., Ефремостепановский р-ну, Твердомебовка кыш. —1933, Өзгөн р-ну Мырза-Аке кыш.)— Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшүүчүлөрдөн. 1921-жылдан Компартия мүчөсү. 10 жашынан кулактарга жалданып иштеген. Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин коргонуу отрядынын, кийин чалгындоо эскадронунун командири. 1919-ж. Кужелонун отрядында Фергана, Кокон, Наманган аймагындагы басмачыларга каршы күрөшкөн. Мырза-Аке айыл советинин председателдигине шайланган, 1929-ж. С. М. Будённый атн. к-зду уюштуруунун демилгечилеринен ж-а биринчи председатели болгон. Колхоздоштуруу мезгилинде Сүлүктү, Ноокат, Өзгөн аймактарында баш көтөргөн басмачыларга каршы күрөшкөн. Басмачылар өлтүргөн. Эстелик тапанча, мылтык м-н сыйланган. Мүрзөсүнө (Өзгөн р-ну, Мырза-Аке кыш.) эстелик тургузулуп, мамл. коргоого алынган. Мырза-Аке кыш-нда бир көчө анын ысмы м-н аталат.

«ОТУЗ-АДЫР»— Кара-Суу р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кара-Дөбө кыш.). 1931-ж. № 38 пахта с-зу катары түзүлгөн. 1951-жылдан азыркыдай аталат. Беде үрөнүн белендөөгө адистештирилген. 11,3 миң *га* (а. и. 8,3 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 973 бодо мал, 4 миң кою бар. Кирешеси 11,1 млн сом; 1959 киши иштейт (1986).

ОТУЗ-АДЫР — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Отуз-Адыр айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Дөбө, Курбан-Кара, Кыш-Абад, Савай-Арык, Сары-Колот, Фархат, Чечен-Махалла, Ак-Колот, Кызыл-Абад кыш. да карайт. Райондун борбору ж-а темир жол станциясы Кара-Суу ш-нан 15 *км* түш. тарапта. Калкы 3484 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, клуб, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар.

ОТУЗ-АДЫР — соңку коло доорунa таандык чуст маданиятынын тургун жайлар тобу. Кара-Суу оазисинде, Талдык-Суунун дельтасында жайгашкан 24 тургун жайдан турат. Булардын борбору Хожамбаг-Дөбө тургун жайы болсо керек. Ал чуст маданияты мезгилинде Ферганадагы дыйканчылык өнүккөн ири оазис болуп эсептелет.

ОХНА ӨРӨӨНҮ — Фрунзе р-нунун аймагында, Алай кырка тоосунун батыш бөлүгүнүн түн. этегинде. Уз. 35 *км*, туурасы 13 *км*ге чейин. Түндүгүнөн Катыраң-Тоо, чыгышынан Пурапим-Тоо, батышынан Катыраң-Башы, Шиме-Тоо, түштүгүнөн Шыбалы-Тоо, Кардаган, Курсала тоолору м-н чектешет. Өрөөндүн таманы д. дең. 1250—1600 *м* бийиктикте жайгашып, чыгышты карай жантайыңкы. Түн. жагындагы тоолордун капталдары тигирээк, түштүгүндөгүлөрүнүкү жантайыңкы, капчыгайлар бар. Климаты негизинен континенттик, январдын орт. темпрасы —3...—10°С, июлдуку 15—20°С. Ири суусу — Охна ж-а анын куймасы Пешкаут. Талаа (бетеге, ыраң ж. б.) ж-а кургак талаа (шыбак, баялыш ж. б.) ландшафт мүнөздүү. Тоо беттеринде арча өсөт. Өрөөндөн Оросбеков атн. кыш. орун алган. О. ө. аркылуу авт. жолу өтөт.

«ОШ»— туристтик база (Ош ш., түштүк-чыгыш р-н, автостанциядан 5 *км*, аэропорттон 15 *км* аралыкта). 1974-ж. түзүлгөн. Д. дең. 1200 *м* бийиктикте жайгашкан. 1-июндан 4-октябрга чейин иштейт. 250 орундуу 4-разряддагы коттеджди ери, 250 орундуу ашканасы, буфет, чайкана, туристтер кабинети, китепкана, эс алуу бөлмөсү ж. б. бар.

«ОШ»— борб. универсал дүкөн (Ош ш., Свердлов көчөсү, 173). 1966-ж. ачылган. Негизги ассортименти: тигилүү кийимдер, тор кийимдер, килем, бут кийим, кездеме, галантерея ж-а парфюмерия товарлары, мектеп окуучуларына керектүү товарлар, белектер. Товарлардын 85%и өзүн өзү тейлөө ыкмасы м-н сатылат. Кездеме бычуучу жайы бар. Дүкөндүн 18 секциясында 80 киши иштейт. Жылдык товар жүгүртүүсү 7 миң сом. Соода аянты 940 $м^2$.

ОШ АВТОРЕМОНТ ЗАВОДУ (Ош ш., Памир жолу, 1-*км*). Кыргыз ССР автотранспорт ж-а шоссе жолдор минвосуна карайт. 1963-жылдан иштейт. ГАЗ-51, ЗИЛ-130 маркасындагы автдерди капиталдык ремонттон өткөрөт, бардык маркадагы авт. шиналарын жаңыртат, тех. ж-а мед. кычкылтек иштеп чыгарат, резина буюмдарды ж. б. продукцияларды даярдайт. Иштеген 300 кишинин 60тайы коммунистик эмгектин эпкиндүүсү (1986). Ишлекси ж-а жылыткыч жайда жашылча өстүрүү чарбасы бар.

«ОШ АГРАРДЫК ӨНӨР ЖАЙ КУРУЛУШ» ТРЕСТИ — (Ош ш., Ленинабад көчөсү, 6). Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тине карайт. 1975-ж. «Ош айыл курулуш» трести катары түзүлгөн, 1986-жылдан азыркыдай аталат. 7 механикалаштырылган көчмө колонна-сы (ПМК), адистештирилген курулуш механизация башкармасы бар. Мал чарба комплекстерин ж. б. объектилерди курат. 2255 киши, а, и. 200дөй коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт. Турак жайлары, балдар бакчалары, эс алуу жайы ж. б. бар.

ОШ АЭРОВОКЗАЛЫ. 1928-ж. Ошто самолёт учуп-конуучу тилке, 1930-ж. аэровокзалдын 1-имараты курулган. Гражд. авиациянын ТУ-154, ТУ-134, ЯК-40 тибиндеги самолёттору конот. Учууну Кыргыз гражд. авиация башкармасынын Оштогу бириккен авиаотряды тейлейт. Аба жолдору обл-тын борборун 20дан ашык шаарлар (Москва, Фрунзе, Ташкен, Алматы, Самаркан, Баку, Сочи ж. б.) м-н байланыштырат. Күнүнө 1,8 миңден ашык, жылына орто эсеп м-н 430 миңдей жүргүнчүнү кабыл алып ж-а жөнөтүп турат. 1974-ж. жаңы аэровокзал комплекси курулган. Долбоорунун автору — арх. А. Захарченко.

ОШ БАЗАРЫ (Ош ш.) — Орто Азиядагы эң байыркы базарлардын бири. 1750 соода орундуу (а. и. 500 орундуу павильону бар). Соода аянты 12 *га*. Товарларды сактоочу жайы, тез бузулуп кетүүчү продуктуларды сактоочу муздаткыч камерасы, 68 орундуу мейманканасы бар.

ОШ БИРИКТИРИЛГЕН ТАРЫХ-МАДАНИЯТ МУЗЕЙ-КОРУГУ (Алебастр көчөсү, 31). 1982-ж. уюшулган. Анын комплексине Ош ш-ндагы музейдин имараты, Сулайман тоосунун корукка алынган айлана-чөйрөсү, анын этегиндеги архитектура эстеликтери, тоонун түш. капталындагы коло доорунa таандык *Ош тургун жайы* кирет. Жалал-Абад, Кызыл-Кыя ш-ндагы, Ноокат кыш-ндагы филиалдарын, Өзгөн ш-ндагы архитектуралык эстеликтерди ж-а археологиялык-архитектуралык музейди бириктирет. Музей-корук 1949-ж. Ош обл. край таануу музейинин негизинде түзүлгөн. 1951-ж. 1-февралдан көрүүчүлөрдү кабыл ала баштаган. Экспонаттар коюлуучу аянты 65 $м^2$; 268 экспонат коюлган. 1951-жылдан Фергана обл. край таануу музейи ж-а СССР ИАнын Археология ин-тунун Ленинград бөлүмүнүн илимий экспедициялары ж-а археологиялык казуулары музей-коруктун фондун түзүүгө чоң жардам берген. 1962-ж. Ош музейине Жалал-Абад музейинин фонду өткөрүлүп берилген. 1964-ж. экспонаттар коюлуучу аянты 420 $м^2$ге кеңейген. 1968-ж. башкы имаратка улай аянты 272 $м^2$ экспонаттар коюлуучу залдын корпусу, 1974-ж. админ. корпус (2-кабатында экспонаттар коюлуучу залдары бар) курулган. 1978-ж. край таануу музейи тарых-край таануу музейи болуп өзгөртүлүп, ага Сулайман тоосунун боорундагы үңкүр комплекси кошулган. Музей 13 залдуу 2 кабаттан (аянты 752 $км^2$) турат. Табият, илимий фонддор, Совет мезгилине чейинки тарых, Совет мезгилинин тарыхы, маданий-массалык бөлүмдөрү бар. Илимий-жыйноо, илимий-агартуу иштерин жүргүзөт. Негизги фондунда 29252 иш сакталат. 36 илимий кызматкер иштейт. 1985-ж. музейди 154,3 миң киши келип көргөн.

ОШ КАНТОНУ —1927—28-ж. Кыргыз АССРиндеги админ.-аймактык бирдик. Борбору Ош ш. болгон. Араван-Буура, Куршаб, Өзгөн, Капчыгай, Алай-Гүлчө, Ноокат-Турук, Ичкилик, Исфайрам, Кулжа, Баткен-Бужум, Ак-Буура болуштары кирген. Коңшулаш респ-лар м-н чек араны тактоо учурунда Өзбек ССРинин кыргыздар көбүрөөк жашаган Исфана, Чапкулак ж-а Бакса-Исфана болуштары (азыркы Лейлек р-нунун аймагы) О. к-на өткөн. 1928-ж. Жалал-Абад кантону м-н биригип, Ош округу болуп түзүлгөн.

ОШ КЕБЕЗ КЕЗДЕМЕ ӨНДҮРҮШ БИРИКМЕСИ, Октябрдын 50 жылдыгы атн. О. к. к. ө. б. (Ош ш., Касымбеков көчөсү, 8а). Кыргыз ССР жеңил ө. ж. мин-восуна карайт. 1961-ж. курулушу башталган. 1967-ж. 1-кезеги (№ 1 ийрүү-токуу ф-касы, 60 миң ийик) ишке киргизилген. 1975-ж. май айында толук комплекси (боёо-түр түшүрүүчү ж-а 2 ийрүү-токуу ф-касы) иштей баштаган. 53 нег. ж-а көмөкчү цех иштейт (1986). Жылына 99,2 млн *м* кездеме чыгарат. Ишкана ич кийимдик кебез ж-а гүлдүү кездемелерди (13 артикулдагы), о. эле ватин, орогуч ж-а мүшөк-кап материалдарын, тех. салфетка, кебез

чыгарат. Продукциясы негизинен 1-сорт ж-а «Жаңылык» индекси м-н чыгарылат. Өндүрүштө 11 миң киши, 1300 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт. Бирикмеде «Эки беш жылдыкты 1 беш жылдыкта» кыймылынын демилгечиси — токуучу Л. Б. Богачёва, СССР Жог. Советине депутат — токуучу Д. Кадырова эмгектенет. 120 киши ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган. Китепкана, клуб, Фрунзедеги кечки жеңил ө. ж. техникумунун окуу-консультация пункту, эмгек даңкы музейи, турак жайлары, бала бакчалары, пионер лагери бар.

ОШ КИЙИМ ТИГҮҮ ФАБРИКАСЫ Кыргыз ССР жеңил ө. ж. мин-восуна карайт. 1964-ж. Кыргыз ССР жеңил ө. ж. мин-восунун кийим тигүү-бут кийим ф-касынан өз алдынча ишкана катары бөлүнүп чыккан. Эркектердин ж-а балдардын көйнөгүн тигет. Жылына 7474 млн сомдук 42 түрдүү 1,4 млн көйнөк чыгарат (1985).

ОШ КӨРҮСТӨНДӨРҮ обл-тын борборунда ж-а анын чет-жакаларында 19 көрүстөн (көпчүлүгү мусулмандардыкы, бирөө еврейлердики, бирөө христиандардыкы) бар, шаар аймагындагы көрүстөндөрдүн жетөөнө азыр сөөк коюлбайт. 1975-ж. шаардын түш.-батышында жаңы көрүстөн ачылган. Ал мусулман, христиан ж-а еврейлердин сөөктөрү коюлуучу зоналарга бөлүнөт. 19-к-дын 2-жарымында пайда болгон (1975-ж. жабылган) христиандардын көрүстөнүндө (Хохлов көчөсү) Улуу Ата Мек. согуштун эвакуация госпиталында (темир жол станциясынын сыртында, Оштогу эс алуу үйүндө ж-а ВЦСПСтин санаторийинде жайгашкан) жарааттан өлгөн жоокерлердин сөөгү коюлган. Бул көрүстөндө Сов. Союз. Баатыры Д. Ж. Пичугиндин, чехословакиялык «кызыл сенатор» И. П. Лакотанын мүрзөсү бар. Согуш жылдарынан кийин мусулман көрүстөндөрүндө мүрзөлөргө күмбөздөр, эстеликтер коюла баштаган. 1934-ж. чейин Совет бийлигин орнотуууда курман болгондордун сөөгү шаардын борборунда, чиркөөнүн жанына (азыр В. И. Ленин атн. гүл бакча) коюлуучу. Бул жерге 50-жылдардын аягында мемориалдык такталар кадалган стилобаттар орнотулган. 1974-ж. эстелик ачылып, Түбөлүк от (архитектору Р. К. Цой) жагылган.

ОШ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Кара-Суу р-нунда. Ош ш-нан 4 *км* түн.-батыш тарапта, Ак-Буура суусунун боюнда. 1955-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын антропогендин борпоң чөгүндүлөрү түзөт. Кум-шагыл кени Ак-Буура суусунун оң өйүзүндө кашат тектирин түзүп жатат. Жалпы чалгындалган аянты 88,31 *га*. Калыңдыгы 10—15 *мге* чейин. Петрографиялык составында гранит, диорит, диабаз, сланец ж-а акиташ тектери бар.

Шагылды «300» ж-а «500» маркасындагы бетонго, кумду шыбакка колдонсо болот. Запасы А категориясы б-ча 165 мин $м^3$; В —177,9 миң $м^3$; С — 1756,5 миң $м^3$.

«ОШ КУРУЛУШ», СССРдин 60 жылдыгы атн. «О. К.» тресті (Ош ш., Свердлов көчөсү, 316). Кыргыз ССР курулуш-монтаждык-восуна карайт. 1957-ж. «Ош облусттук курулуш» тресті катары түзүлгөн. 1970-ж. «Ош шаар курулуш» ж-а «Ош областтык өнөр жай курулуш» треттери бириккенден кийин азыркыдай аталат. Ош, Жалал-Абад, Майлы-Сай, Таш-Көмүр, Сүлүктү, Кызыл-Кыя ш-нда, Фрунзе, Хайдаркен ш. т. п-нда курулуш уюмдары (14) Кызыл-Кыя, Майлы-Сай ш-нда 2 ө. ж. ишканасы бар. 9-беш жылдыкта 284 объектти (а. и. 29,6 миң $м^2$ турак жай, текстиль комбинаты, Кара-Суу ш-ндагы үй куштар ф-касы, Кызыл-Кыя ш-ндагы нан з-ду, жашылча, жемиш сактоочу бир нече жайларды) эксплуатацияга берип, 124 млн сомду өздөштүргөн. 10-беш жылдыкта 138 млн сом өздөштүрүп, 313 миң $м^2$ турак жай, сүт ж-а шагыл ылгоо з-ддорун, 240 жумушчу орундуу турмуш-тиричилик үйүн, жалпысынан 14 880 окуучуга эсептелген бир нече мектеп, бала бакчалар, ооруканалар, поликлиникалар, шаар аралык телефон станциясын, элдик кол өнөрчүлөр комбинатын, Кызыл-Кыя сүт з-дун ж. б. объекттерди курган. Трест б-ча курулушта 3200дөн ашык ө. ж-да 450дөн ашык киши иштейт (1986). Треттин турак жай-пайдалануу конторасы, 6 бала бакчасы, пионер лагери, эс алуу базасы бар.

«ОШ КУРУЛУШ МАТЕРИАЛДАР» ӨНДҮРҮШ БИРИКМЕСИ (администрациясы: Ош ш., Ноокат жолу, 1-*км*). Кыргыз ССР курулуш материалдар ө. ж мин-восуна карайт. 1979-ж. Ош курулуш материалдар комбинатынын ж-а шагыл ылгоо з-дунун базасында түзүлгөн. 2 кирпич, акиташ, керамзит, шагыл ылгоо з-ддору бар. № 1 кирпич з-ду (Ош ш., Ноокат жолу, 1-*км*) 1929-жылдан иштейт, жылына 51,3 млн даана көндөй керамзит кирпич чыгарат. 264 киши иштейт (1986). № 2 кирпич з-ду (Ош ш., 1-Культурный көчөсү, 106) 30-жылдары негизделген, жылына 31,1 млн даана кадимки керамзит кирпич чыгарат. 239 киши иштейт. Заводдор кирпичти Ош кенинен ташылып келинген чоподон бышырат. Акиташ з-ду (Ош совхоз-техникумунун аймагы) 1972-ж. ишке киргизилген. Жылына 9,5 миң $т$ 3 түрдүү акиташ чыгарат. 26 киши иштейт. Заводдун өзүнүн карьеринен ж-а «Араван-17» карьеринен алынган акиташ иштетилет. Керамзит з-ду (Ош ш., Юбилейный проспектиси) 1973-ж. курулган. Жылына 56,4 миң $м^3$ керамзит шагылын чыгарат. 49 киши иштейт. Сырьё Чүй өрөөнүндөгү Ак-Суу кенинен алынып, Беловодский станциясынан темир жол аркылуу з-дго жеткирилет. Шагыл ылгоочу з-д (Ош ш., Южный посёлкасы) 1978-ж. курулган. Жылына 367,8 миң $м^3$ 2 фракциядагы шагыл (талкаланган) ж-а кум чыгарат. 79 киши иштейт. Өзүнүн Катта-Хаз карьеринен алынган кум-шагыл иштетилет. Бирикмеде 106 эмгектин ардегери, 42 коммунисттик эмгектин ардадүүсү, 16 үй-бүлө династиясы эмгектенет (1986); турак жайлары, бала бакчасы бар.

ОШ КУРУЛУШ ТЕХНИКУМУ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 50). 1965-ж. негизделген. Өнөр жай ж-а гражд. курулуш, гражд. а. ч. курулушу, имараттар м-н курулмалардын санитариялык-тех. түзүлүшү б-ча адистерди даярдайт. Кара-Көл ш-нда филиалы бар. 1985—86-окуу жылында 1570, а. и. кечки бөлүмүндө 590, сырттан окуу бөлүмүндө 230 киши окуган; 55 окутуучу иштеген. 400 орундуу 2 жатаканасы, китепканасы (китеп фондусу 40 миң нуска) бар. Ачылгандан бери 3 миңден ашык адис даярдалган.

ОШ КЫРГЫЗ ДРАМА ТЕАТРЫ (Ош ш., Ленин көчөсү, 162). 1972-ж. Жалал-Абад маданият үйүндө иштеген элдик театрдын базасында түзүлгөн. Театрдын труппасы А. В. Луначарский атн. Москва мамл. театр ин-тунун бүтүрүүчүлөрүнөн турган. Биринчи койгон спектакли — А. Токомбаевдин «Таң алдында» пьесасы. 1985-ж. чейин 60тан ашык спектакль (Ч. Айтматов, «Көздөн учкан көк жээк»; У. Шекспир, «Гамлет»; Н. Гоголь, «Текшерүүчү»; Н. Думбадзе, «Тынчсызданба, апаке»; А. Абдулин, «Он үчүнчү башкарма»; М. Байжиев, «Байыркы жомок» ж. б.) коюлган. Театр 1974, 1976, 1983-ж. Фрунзе ш-нда, 1978-ж. Москвадагы Мамл. академиялык Кичи театрдын сахнасында спектаклдерин коюп, чыгармачылык отчёт берген. 1982-ж. Тбилиси ш-нда өткөн Бүткүл союздук жаштар спектаклдеринин фестивалынын лауреаты. Театрдын ишмердигине актёрлор ж-а режиссёрлор — А. Абдыкалыков, М. Алышпаев, Д. Байтебөтов, Г. Каниметова, Н. Мамбетова, К. Тагаев, И. М. Рыскулов ж. б. чоң салым кошушкан. Режиссёру — Б. Абдылдаев (1980-жылдан), башкы сүрөтчүсү А. Конушбаев (1972-жылдан). Чыгармачыл коллективинде 52 киши иштейт (1986). Театрдын имараты 1974-ж. курулган.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК МУЗЫКА ОКУУ ЖАЙЫ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 198). 1963-ж. ачылган. Фортепиано, кылдуу аспаптар, үйлөмө аспаптар, кыргыз эл аспаптары, орус эл аспаптары, ырдоо, хор дирижёру, музыка теориясы б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 320 киши окуган, 93 окутуучу (анын үчөө Кыргыз ССР эл агартуу отличниги) иштеген. 295 орундуу жатаканасы, китепканасы (3,3 миң китеп) бар. Ачылгандан бери 1260 адис даярдалган (1985).

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКА ИНСТИТУТУ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 331). 1951-ж. Мугалимдер ин-тунун (1939) базасында түзүлгөн. 6 факультети, сырттан окуу ж-а даярдоо бөлүмдөрү, 41 кафедрасы, 34 лаборатория, окуу мастерскою, 10 лингафон кабинети, окуу эсептөө борбору, агробиостанциясы, китепканасы (китеп фондусу 680 миң нуска) иштейт. Филология, чет тилдер, физика-математика, биология, педагогика, музыка, география (1985-жылдан) ф-ттери бар. 1985—86-окуу жылында 5908 студент, анын 2016сы сырттан окуу бөлүмүндө окуган. Нег. илимий изилдөөлөрү: катуу нерселердин радиациялык физикасы, дифференциалдуу теңдемелер, органикалык эмес синтез, жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо, СССРде социалисттик улуттар м-н улуттук мамилелердин калыптанышы ж-а өнүгүшү, тил системасынын типологиясы, кыштактардын социалдык-экон. ж-а маданий жактан өнүгүшү, педагогика жог. окуу жайларында мугалимдерди

даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуунун психологиялык-педагогикалык негизи. 411 окутуучу, а. и. 3 профессор ж-а илимдин доктору, 124 доцент ж-а илимдин кандидаты иштейт (1986). Институтта Ж. Бөкөнбаев атн. адабий ийрим, хор капелласы (Кыргызстан ЛКЖС сыйлыгы, 1976), элдик театр уюшулган.

«ОШ НАН ӨНӨР ЖАЙ»ӨНДҮРҮШ БИРИКМЕСИ (Ош ш., Гүлчө көчөсү, 136). 1977-ж. Ош нан з-дунун базасында түзүлгөн. Нан, булочка ж-а кондитер азыктарын (51 түрлүү) чыгарып, Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Кара-Суу ш-ларын: Фрунзе, Хайдаркен ш. т. п-ларын ж. б. калктуу пунктгарды тейлейт. Жылына 6 млндой сомдук товардык продукция чыгарат. 1978-ж. продукция сапатын комплекстүү башкаруу системасы, 1983-жылдан эмгекти уюштуруу ж-а стимулдаштыруунун бригадалык ыкмасы киргизилген. Бул бирикмеге Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Кара-Суу, Кадамжай нан з-ддору карайт.

ОШ НАСОС ЗАВОДУ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 44). СССР химия ж-а нефть машина куруу мин-восуна карайт. 1939-ж. «Металлист» артели катары негизделген. 1946—47-ж. артель куюу-механикалык ишканасы болуп өзгөргөн, ал 1959-ж. ирегелеш жайгашкан мотор ремонттоо з-ду м-н бириктирилип (1947), бургулоо көзөнөгү аркылуу жер астынан суу сордуруу үчүн насос чыгаруучу электромеханикалык з-д болуп түзүлгөн. АПВ тибиндеги насостордун биринчи партиясы 1960-ж. чыгарылган. 1965-ж. СССР химия ж-а нефть машина куруу мин-восуна өткөрүлүп, азыркыдай аталат. Биринчи жолу 1968-ж., 2-жолу 1981-ж. реконструкцияланган. Азыр завод бургулоо көзөнөгүнө түшүрүлүп суу сордуруучу ЭЦВ тибинде электр кыймылдаткычтуу насосторду чыгарууга адистештирилген (жылына 42 миң насос чыгарат). Насос темп-расы 25°Сге чейинки сууда иштөөгө эсептелген, о. эле шаар-кыштак ж-а а. ч-н суу м-н камсыз кылууда ж-а кыртыш суларын сордурууда колдонулат. Заводдо мындан тышкары «Ак-Буура» үй тиричилик насосу, насостордун тетиктери, сыйымдуулугу 2 лден 100 лге чейинки алюминий казандары, пластмассадан жасалган тиричилик буюмдары чыгарылат (1986). Продукциясы Монголия, Ирак, Афганстан, Вьетнам, Лаос, Югославия, Мали, Алжир, Ливия ж. б. өлкөлөргө экспорттолот. 900 киши иштейт. 14 бригада, 8 бөлүм ж-а 2 участка коммунисттик эмгектин коллективи деген наамга ээ.

ОШ ОБЛАСТТЫК КОМСОМОЛ КОМИТЕТИ, Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. к-ти — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. ласттык уюмунун жетекчи органы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 318). Областтык комсомол конференцияларында шайланат ж-а андай конференциялар м-н жог. комсомол органдарына отчёт берип турат. Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. к-тинин ж-а Кыргызстан ЛКЖСтин Борб. к-тинин жетекчилигинде иштейт. ВЛКСМдин Уставына ылайык 4 айда бир жолу пленардык заседание өткөрөт. Областтык комсомол уюмуна күнүмдүк жетекчилик кылуу үчүн бюро, а. и. секретарларды шайлайт, к-ттин бөлүм башчыларын, туруктуу комиссиялардын председателдерин, «Комсомолдук прожектордун, обл. штабынын составын бекитет. Комсомолдун 15 р-ндук, 7 шаардык к-тине жетекчилик кылат, алардын отчётторун угат, комсомолдук кадрларды тандоо, жайгаштыруу ж-а тарбиялоо б-ча иш алып барат. 1924—26-ж. обл-тын азыркы аймагында Ош ж-а Жалал-Абад округдары болгон. 1927—28-ж. алар кантондор, андан кийин кайра округдар болуп өзгөргөн. 1939-ж. Ош ж-а Жалал-Абад областтары болуп түзүлүп, 1959-ж. бир гана Ош обл-на бириккен. Ага жараша комсомол уюмдарынын жетекчи органдарынын аталыштары да өзгөрүп турган. Кыргызстандын түштүгүнүн комсомолдорунун ишине 1920—24-ж. Ош уездкому (1924-ж. округдук к-т болуп түзүлгөн), 1927—28-ж. уюштуруу бюросу башында турган кантондук к-ттер, андан кийин округдук к-ттер м-н обкомдор жетекчилик кылышкан. 1963—64-ж. айылдык ж-а өнөр жай обкомдору, 1964-жылдан Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обкому иштеген. Комсомолдордун обл. 23-конференциясында (1984-ж., 15-декабрь) обкомдун составына 89 мүчө, 13 обкомдун мүчөлүгүнө кандидат ж-а 23 текшерүү комиссиясынын мүчөсү шайланган. Областтык комсомол комитетинин бюросу 11 адамдан турат. Биринчи секретары — А. Сражданов (1985-жылдан).

ОШ ОБЛАСТТЫК КОМСОМОЛ УЮМУ Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обл. уюму. 1918-жылдын аягы —1919-жылдын

башында Кызыл-Кыя м-н Сүлүктүнүн большевиктеринин демилгеси б-ча 120 адамды бириктирген биринчи «Жумушчу жаштар союзу» түзүлгөн. 1919-жылдын январында Ташкен ш-нан Ош ш-на жиберилген. «Эмгекчи жаштардын социалисттик союзунун» өкүлдөрүнүн активдүү катышуусу м-н комсомолдук ячейка уюшулган. Оштун жаштарынын 1-чогулушу 1920-ж. мартта болгон. Бул чогулуш Россия Коммунисттик Жаштар Союзунун Устабы м-н Программасын жактырган. 1920-ж. Ош уездинде 8 комсомол уюму (400 киши) болгон. 1920-ж. январда Фергана өрөөнүнүн Коммунисттик Жаштар Союзунун обл. 1-съездине Ош уездинин 8 ячейкасынан 30 делегат катышкан. Гражд. согуш жылдарында Ош уездинин комсомолдору өз мүчөлөрүнүн 40%ин Кызыл Армиянын катарына, 15%ин азык-түлүк даярдоочу отряддарга жиберишкен. 1920-ж. комсомол Александр Прошенковдун командачылыгы м-н комсомолдук пулемёт отряды түзүлгөн. Бул отряд чет жакадагы кыштактарды басмачылардан коргогон, Мадамин-бек, Эргеш, Көр-Шермат ж. б. корбашылардын басмачыларына каршы күрөшкөн. Басмачыларга каршы күрөшкө Жалал-Абад, Өзгөн ж-а Куршаб р-ндорунун жаштары активдүү катышкан. Фергана өрөөнүнүн комсомолдору ыктыярдуу элдик милицияны уюштурууда чоң салым кошкон. Ош уезддик-шаардык к-тинин айрым комсомол уюмдары бүт ячейкалары м-н ыктыярдуу отрядларга өтүшкөн. Басмачыларды талкалагандан кийин комсомолдор тарбиялык иштерди колго алышып, жаштарды патриархалдык-феодалдык ырым-жырымдардын таасиринен ж-а айылдык жаштарды диний фанатизмден арылтууга, сабатсыздыкты жоюуга киришкен. 1928-жылга карата ВЛКСМдин катарында 2355 мүчөсү ж-а 14 мүчөлүккө кандидаты (анын 145и кыз-келин) болгон. Алар 4 болуштук к-тке, 3 айылдык к-тке ж-а 80 ячейкага бириккен. Комсомолдор алгачкы элдик ирригациялык курулуштарда иштешкен, жер-суу реформасын жүргүзүүгө, а. ч-н коллективдештирүүгө катышкан. 30-жылдардын акырында Кызыл-Кыяда 6 комсомолдук-жаштар бригадалары түзүлгөн, алар күндүк нормаларын 110—120%ке аткарышкан (к. *Эпкиндүүлөр кыймылы, Стахановчулар кыймылы).* 1938-ж. Ош ш-нда 130 эпкиндүү комсомол өндүрүштө иштеген. 1940-ж. обл. комсомол уюмунда 884 баштапкы уюмга бириккен 25155 адам болгон. Областтык комсомол уюмунун структурасы Кыргызстандын түштүгүнүн админ.-аймактык бөлүнүшүнүн өзгөрүшүнө жараша өзгөрүп турган. 1924-ж. Жалал-Абад ж-а Ош округдары түзүлгөн, 1927—29-ж. бул округдар кантондор, андан кийин кайрадан округдар болуп өзгөргөн. 1939-ж. Ош ж-а Жалал-Абад областтары түзүлүп, 1959-ж. алар бир гана Ош обл-на бириккен. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Кырг-ндын түштүгүнөн 15 миңден ашык комсомол согушка кеткен. Майданга кетпей калган комсомолдор (15807 адам) фронтко жардам көрсөтүү б-ча кыйла иштерди аткарышкан. Кызыл Армия үчүн курал-жарак чыгарууга акча чогултушкан. Фронтко 3350 посылка жөнөтүлгөн. Майдандагылардын үй-бүлөсүнө берилүүчү жардам фондуна 124700 сом акча, 5647 пуд эгин, 4824 пуд күрүч ж. б. азык-түлүктөр чогултулуп, фондуга өткөрүлгөн. Согуштан кийинки жылдары партиянын ишенимдүү жардамчысы — обл. комсомол уюму обл-тын эл чарбасын андан ары өнүктүрүүгө активдүү катышкан. Комсомолдор каражаттарды үнөмдүү ж-а тыкан пайдалануу м-н өзүнчө фондуга акча топтоону уюштурушкан. Оштук жаш жумушчулар, а. и. 1630 комсомол ВЛКСМдин 40 жылдыгына карата бул фондуга 3 млн 150 миң сом киреше киргизген. Комсомолдор эң оор участкаларда иштешкен. Областтын эл чарбасы квалификациялуу жумушчулар, пахтачылар, малчылар, механизаторлорго муктаж болгондуктан, комсомолдор м-н жаштар кесиптик-тех. окуу жайларда окушуп, адистикке ээ болушкан. 70-жылдары жаштардын студенттик курулуш отряддары түзүлгөн. 1973-жылдан обл. комсомол уюму партиянын тапшырмасы б-ча жүгөрүдөн түшүм алууга шефтик кылышкан. Соц. Эмг. Баатыры Ө. Атабекованын демилгеси м-н 1973-ж. Базар-Коргон р-нунун М. В. Фрунзе атн. к-зунда орто мектепти бүтүргөн 16 кыздан комсомолдук-жаштар пахтачылык бригадасы түзүлгөн. Бул демилгени обл-тын комсомолдору колдогон. 1984-ж. обл-тын эл чарбасында эмгектенген 1924 комсомолдук-жаштар бригадасынын 567си кыздар бригадасы болгон. 1983-ж. обл-тын комсомолдук-

жаштар коллективдери 9250 гектардын ар гектарынан 92,2 *ц*ден, 52 бригада 100 *ц*ден жүгөрү алышкан. 1984-ж. обл-тын эл чарбасында 116 254 комсомол (а. и. 18 175и 1924 комсомолдук-жаштар коллективдеринде) эмгектенген. Областта ВЛКСМдин 281 516 мүчөсү, 8718ден ашуун комсомол коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү, 207 коммунисттик эмгектин жаштар коллективдери бар (1986). 1983-ж. жайында 2670тен ашык комсомол студенттик курулуш отряддарында иштеген.

Ош областтык конференциялар

Конференциялар	өткөн датасы
1-конференция	1920-ж. 19—20-январь
2-конференция	1945-ж. 11—12-февраль
3-конференция	1946-ж. 25—27-октябрь
4-конференция	1948-ж. 21—23-июнь
5-конференция	1949-ж. 10—11-январь
6-конференция	1950-ж. 28—29-июнь
7-конференция	1952-ж. 12—13-февраль
8-конференция	1954-ж. 4—5-январь
9-конференция	1955-ж. 3—4-декабрь
10-конференция	1958-ж. 18—19-январь
11-конференция	1959-ж. 12—13-декабрь
12-конференция	1962-ж. 8-январь
13-конференция	1965-ж. 23-январь
14-конференция	1966-ж. 8-февраль
15-конференция	1968-ж. 30—31-январь
16-конференция	1970-ж.
17-конференция	1972-ж. 11-февраль
18-конференция	1974-ж. 26-январь
19-конференция	1976-ж. 19-декабрь
20-конференция	1978-ж. 21-январь
21-конференция	1980-ж. 12-январь
22-конференция	1982-ж. 13-февраль
23-конференция	1984-ж. 15-декабрь
24-конференция	1987-ж. 10-январь

ОШ ОБЛАСТТЫК ПАРТИЯ КОМИТЕТИ, Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. к-ти — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Ош областтык уюмунун жетекчи органы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 221); обл. партиялык конференция шайлайт. Өз ишинде КПССтин Программасы м-н Уставын, КПССтин ж-а Кыргызстан Компартиясынын съезддеринин, КПСС БКнын ж-а Кыргызстан Компартиясынын Борб. к-тинин пленумдарынын чечимдерин жетекчиликке алат. Обкомдун пленумдарында парт. комиссиянын председатели, бөлүм башчылары, кыргыз, орус ж-а өзбек тилдеринде чыгарылуучу обл. газеталардын редакторлору бекитилет. Учурдагы маселелерди кароо ж-а алардын аткарылышын текшерип туруу үчүн секретариат түзүлгөн. Уюштуруу иштери, пропаганда ж-а агитация, ө. ж.-транспорт, жеңил ө. ж. ж-а эл керектөөчү товарлар, курулуш, а. ч. ж-а тамак-аш ө. ж., соода ж-а турмуш-тиричилик жактан тейлөө, парткомиссия, финансы-чарбалык бөлүмдөрү, жалпы бөлүм бар. Шаарлар (обл-ка баш ийген) м-н 15 р-ндун парт. ж-а комсомол к-ттеринин, 48 223 коммунисти бириктирген 1897 баштапкы уюмдун, 1681 парт. топтун, 1372 цехтик парт. уюмдун ишине жетекчилик кылат (1986). Алардын ишин ар дайым текшерип, шаардык ж-а р-ндук к-ттердин отчётторун угуп турат, жетекчи кадрларды тандоо ж-а жайгаштыруу иштерин жүргүзөт, обл-тагы чарбалык ж-а маданий курулушка парт. жетекчилик кылат. Биринчи уезддик-шаардык к-т 1918-ж. мартта шайланган. Ош уезддик-шаардык к-тинин биринчи председатели А. Г. Аношин болгон. Кыргыз АОсу түзүлгөндөн кийин 1924-ж. уезддик-шаардык парт. к-ттер Ош ж-а Жалал-Абад округдарынын парт. к-ттери болуп өзгөргөн. 1927-ж. январда Ош ж-а Жалал-Абад округдары кантондорго айландырылып, алардын аймагында 20 болуштук түзүлгөн. 1928-ж. бул эки кантон 10 р-ндон турган бир гана Ош округуна бириккен. 1938-ж. 11-мартта Ош округунан Жалал-Абад округу бөлүнгөн. 1939-ж. алар Ош ж-а Жалал-Абад обл. болуп өзгөртүлгөн. Бул өзгөрүштөргө жараша обл. парт. уюмдун жетекчи органынын аталышы да өзгөрүп турган. 1963—64-ж. Кыргызстан Компартиясынын өнөр жай ж-а айыл чарба обкомдору, 1964-жылдан Ош обкому иштеген. Обкомдун 1988-ж. 24-декабрдагы пленумунда шайланган обком бюросунун составы: Р. С. Кульматов (1-секретарь), мүчөлөрү — Н. П. Давыдов (2-секретарь), С. Бахапова (секретарь), Е. А. Донченко (секретарь), Б. Сыдыков (секретарь), Б. Абилова, Э. Журабаев, Б. Ж. Жураев, Н. И. Коньков, А. Мамеев, А. А. Сыдыков, Н. М. Чепелев, Н. Ф. Щевцов, мүчөлүккө кандидаттар — А. Ф. Артеменко, А. Жекшенкулов. Партия обкомунун ж-а Эл депутаттарынын обл. советинин басма сөз органдары — «Ленин жолу», «Ленинский путь», «Ленин йули» газеталары.

ОШ ОБЛАСТТЫК ПАРТИЯ УЮМУ, Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. уюму. Кыргызстандын түштүгүндө агитация-пропагандалык иштерди жүргүзүүдө большевиктердин алгачкы аракетери Россиядагы биринчи буржуазиялык-демократиялык рев-я жылдарында солдаттардын, жумушчулардын, шахтёрлордун, нефтичилердин арасында башталган. Биринчи революционерлердин катарында Бакудан Ошко полициянын көзөмөлүнө жиберилген Д. Е. Чураков, Жаңы-Маргалаң гарнизонунан Оштогу штрафтык ротага которулган социал-демократ В. В. Особо, Ташкенден келген большевик В. В. Быховский ж. б. болгон. 1910-ж. Сүлүктүдө жумушчу Д. Т. Деканов рев-ячыл иштерди жүргүзгөн, 1917-ж. мартта анын жетекчилиги м-н бул жерде РСДРПнын тобу түзүлгөн. 1917-ж. майдын акырында ушундай эле топторду Ош ш-нда большевиктер А. Г. Аношин, К. Кабулжанов, М. Сарымсаков уюштурушкан. 1910-ж. Кызыл-Кыяга 1905—07-жылдагы рев-янын катышуучулары И. В. Михалёв, М. Гафуров, 1912-ж. келген. 1917-жылдын 1-жарымында Кызыл-Кыя кенинде РСДРПнын тобу (И. И. Едренкин, В. С. Воронин, Л. Г. Солнышко ж. б.) түзүлгөн. РСДРПнын уюмдарында большевиктерден башка Убактылуу өкмөт колдогон меньшевиктер да болгон. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин Сүлүктүдө (1917, ноябрь), Кызыл-Кыяда (1918, февраль), Ошто (1918, март) парт. к-ттер жетектеген өз алдынча большевиктик уюмдар бөлүнүп чыккан. 1918-жылдын башында большевиктердин демилгеси м-н биринчи «Жумушчу жаштар союзу» Кызыл-Кыяда, кийинчерээк Ошто да түзүлгөн. 1918-ж. июль — августта уезддин борбору Ошто 26 коммунист, 1918-жылдын аягында 100 коммунист, Кызыл-Кыяда 456 коммунист, Сүлүктүдө 116 коммунист болгон. 1918-ж. парт. ячейкалар өнөр жай ж-а уезддик борборлордо гана уюшулган. Кыштактарда солчул эсерлердин, бай-манаптардын ж-а кулактардын таасири күчтүү болгон. Ош уезддинин парт. уюму кедей дыйкандарга таянып, айыл Советтерине шайлоо өткөрүшкөн (к. *Алгачкы советтер*), кедейлер комитеттерин түзүшкөн, маданий курулушту жайылткан, ири жер ээликтерин, ишканалар м-н банктарды мамлекеттештирген, ачарчылык ж-а контррев-яга (к. *«Кокон автономиясы»*) каршы күрөшкөн. Гражд. согуш башталгандан тартып эле Кырг-ндын түштүгүнүн парт. уюмдары жумушчулар м-н коммунисттерди контррев-яның очогун басууга мобилизациялай баштаган. Революциянын ийгиликтерин коргоо отряддары, ыктыярдуулар отряддары түзүлгөн. Кызыл-Кыя шахтёрлорунан биринчи жумушчу кошуунду уюштурулган. Ал 1918-жылдын аягына чейин кенди, Үч-Коргон кыш-н ж-а коңшу кыш-ды басмачылардан коргогон. Басмачылар ж-а кулактардын «дыйкандар армиясы» 1919-ж. сентябрдын башында Ош м-н Жалал-Абадды басып алышкан, парт. уюмдар м-н комсомолдук ячейкалар талкаланган. Бул шаарларды Кызыл Армиянын отряддары бошоткондон кийин (1919-ж. сентябрдын аягы) жаңы парт. ячейкалар түзүлгөн (к. *Ош шаардык партия уюму)*. 1919-ж. 8-октябрдан Ош ш-нын эски бөлүгүндө 7 кишиден шайланган (жетекчиси К. Кабулжанов) парт. к-т иштей баштаган. 1919-ж. 8-октябрда В. И. Лениндин демилгеси м-н Бүткүл россиялык борб. аткомдун ж-а РСФСР Эл Комиссарлар Советинин Түркстан иштери б-ча комиссиясы (М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев ж. б.) түзүлүп, ал партиянын бардык күчүн басмачылар м-н контррев-яга каршы күрөшкө багыттаган. Гражд. согуштун оор кырдаалына карабастан Кызыл-Кыя м-н Сүлүктүнүн парт. уюмдары көмүр казып алууну калыбына келтирген. 1920-ж. 1-майда Кырг-ндын түштүгүнүн жумушчулары биринчи коммунисттик ишембиликке чыгышкан. Ошто эл чарба совети, элге билим берүү совети иштеген. Социалисттик кайра курууга жерг. уюмдар жетекчилик кылышкан. 1920-жылдын аягында парт. 20 ячейка (9у Ош ш-нда ж-а 11и Ош уезддинде) иштеген. Ош уезддик-шаардык парт. уюмунда 1,4 миңден ашык коммунист (а. и. 500ү партиянын мүчөлүгүнө кандидат) болгон. Ош уездинде 15 болуштук, 163 айылдык рев-ячыл к-т, 17 кедейлер к-ти иштеген. Кыргыз Автономия обл. түзүлгөнгө (1924) чейин Кырг-ндын түштүгүндө 1000ден ашык коммунистти бириктирген 4 шаардык ж-а 14 айылдык парт. ячейка болгон. 1924-ж. азыркы Ош обл-нын аймагында 2 округ — Жалал-Абад ж-а Ош округдары түзүлгөн, алардын курамында 39 болуштук болгон. 1927-ж. январда округдар кантон болуп кайра түзүлгөн. 1928-ж. Ош ж-а Жалал-Абад кантондору 10 р-ндон турган бир гана Ош округуна бириккен. 1938-ж. 11-мартта Ош округунан Жалал-Абад округу бөлүнүп чыккан. 1939-ж. 21-ноябрда бул округдар Ош ж-а Жалал-Абад обл. болуп кайра түзүлгөн; алар 1959-ж. бир гана

Ош обл-на бириккен. Бул өзгөрүүлөргө жараша парт. уюмдардын түзүлүшү да өзгөргөн. Кыргызстандын түштүгүнүн партиялык уюмдары уюшулгандан баштап эле улуттук кадрлардын өсүшүнө камкордук көргөн, гражд. согушта бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү мезгилинде айыл-кыштактагы патриархалдык-феодалдык мамилелерин үстөмдүк кылышын жоюуга, ө. ж. м-н транспорттун өнүгүшүнө, сабатсыздыкты жоюуга, жер-суу реформасын (1921—22-ж. ж-а 1927—28-ж.) жүргүзүүгө, көчмөндөрдү отурукташтырууга, аялдарды азаттыкка чыгарууга (к. *«Хужум»*) бардык күчүн жумшаган. Партиялык уюмдар тоолуу аймактардагы малчылар м-н иштөөнү өркүндөтүшкөн (к. *Жайлоо советтери),* парт. ж-а советтик органдардын жетекчилиги м-н Кырг-ндын түштүгүндө 1930-ж. чейин 98 к-з, 20 пахтачылык шериктештиктери түзүлүп, аларга 23 155 түтүн кирген. Парт. уюмдар эл агартууну, саламаттык сактоону, маданияты өнүктүрүүгө да көп көңүл бөлгөн; эпкиндүүлөр кыймылын, стахановчулар кыймылын, миңчилер кыймылын шыктандырган, алгачкы элдик ирригациялык (сугат) курулуштарды уюштурган. 1938-жылдын башында Ош ж-а Жалал-Абад округдук к-ттеринде 1768 коммунистти бириктирген партиянын 27 р-ндук к-ти ж-а 1 шаардык к-ти иштеген. 1939-ж. Жалал-Абад обл-нын парт. уюмунда 1567 коммунист, Ош обл-нын парт. уюмунда 3266 коммунист болгон. 1940-жылдын июлуна чейин Жалал-Абад обл-нын парт. уюму 129,5%ке өскөн. Айрым р-ндордо парт. уюмдардын өсүү проценти андан да жогору болгон. Ал Баткен р-нунда 478%ке, Чаткал р-нунда 247%ке, Совет р-нунда 270%ке жеткен.

Улуу Ата Мек. согуштун алгачкы күндөрүнөн баштап обл. парт. уюмдар өз иштерин согуштук кырдаалга жараша жүргүзө башташкан. Эмгекчилер «Бардыгы — фронт үчүн, бардыгы — жеңиш үчүн» деген ураан м-н иштешкен. Партиянын Ош ж-а Жалал-Абад обкомдорунда көмүр-руда кен бөлүмдөрү түзүлгөн. Жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. ишканалары да фронттун муктаждыктарын канааттандыруу үчүн иштеген. А. ч. эмгекчилери да күжүрмөндүүлүк м-н эмгектенишкен. Коргоо фондуна 10 миң тдан ашык азык-түлүк жеткирген «кызыл арабалар» түзүлгөн. *Фронттогулардын аялдары менен эне-леринин кыймылы, фронтко жардам кыймылы* кулач жайган. Согуштун башталышында Кырг-ндын түштүгүндө 463 баштапкы парт. уюм (партиянын 6404 мүчөсү ж-а мүчөлүгүнө кандидаты) болгон. 1941-ж. ВКП(б)нин катарына 708 адам кабыл алынган. 1942-жылга карата Ош обл-нын парт. уюмунда партиянын 2892 мүчөсү ж-а 1310 мүчөлүккө кандидаты болуп, анын 1600дөн ашыгы фронтко кеткен. Ош обл-нан фронтто бардыгы 8 миңден ашык коммунист салгылашкан. Оштуктардын ичинен согуштагы эрдиктери үчүн миндеген кишилер ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган; 20 кишиге Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган.

Улуу Ата Мек. согуш аяктагандан кийин Ош обл. кыска мөөнөттүн ичинде өндүрүштүн согушка чейинки деңгээлине жеткен ж-а андан да ашып кеткен. Согуштан кийинки мезгилде обл. парт. уюмдун иштери социализмди андан ары өнүктүрүүгө ж-а коммунисттик курулушту жайылтууга, парт. турмуштун ж-а социалисттик закондуулуктун ленидик нормаларын чыңдоого, партия м-н элдин байланышын чыңдоого багытталган. Транспортту, байланыш ж-а информация каражаттарын, соода-ны, турак-жай коммуналык, турмуштиричилик ж-а мед. жактан тейлөөнү, калктын материалдык ж-а рухий дүйнөсүн өнүктүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишилди. Областтык парт. уюмдун активдүү ж-а күжүрмөн иштеринин натыйжасында эл чарбасынын бардык тармактарында жетекчи кадрлар м-н адистерди тандоо ж-а тарбиялоонун негизинде Кырг-ндын түштүгү кыска мөөнөттүн ичинде индустриясы өнүккөн, а. ч. мыкты механикалаштырылган, илими ж-а маданияты өнүккөн алдыңкы социалисттик аймакка айланды. 1984-ж. 1-январда обл. парт. уюмунда 1779 баштапкы парт. уюм, 55тен ашык улуттагы 46 213 коммунист (анын 12857си же 27,8%и аялдар м-н кыз-келиндер), 1986-ж. КПССтин 48 223 мүчөсү болгон.

ОШ ОБЛАСТТЫК САНИТАРИЯЛЫК АГАРТУУ ҮЙҮ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 244). 1964-ж. уюшулган. Санитариялык агартуу ишин жетектөөчү, кеңеш берүүчү, методикалык-уюштуруу борбору болуп эсептелет. Мед. ж-а гигиеналык билимдерди пропагандалоочуларга

методикалык жактан жардам көрсөтөт. Санитариялык агартуу, медицина кызматкерлери, мугалимдер, мектепке чейинки балдар мекемелеринин тарбиячыларына сабак өткөрөт. Жарыялануучу мед. темадагы макалаларды рецензиялайт, санитариялык-агартуу эскертүүлөрдү, баракчаларды чыгарат. Областтын алдыңкы адистеринен турган методикалык совет иштейт. Область-ча 1967-жылдан Ош (Ош ш., Ленин көчөсү, 157), 1959-жылдан Жалал-Абад (Жалал-Абад ш., Октябрь көчөсү, 274), 1964-жылдан Кызыл-Кыя (Кызыл-Кыя ш., Үч-Коргон көчөсү, 121) шаардык С. а. үлөрү иштейт.

«ОШ ОБЛАСТТЫК ТИРИЧИЛИК РАДИОТЕХНИКА» БИРИКМЕСИ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 32). 1981-ж. Көмүр ш-ндагы 4 радиоателеөнүн базасында түзүлгөн. Областтын бардык ш-нда, р-ндун борборлорунда ж-а ири калктуу пункттарындагы 52 мастер-ак-кара ж-а түстүү телевизор, радиоколлективдүү пайдаланылуучу антенны орнотот. Тейлөөнүн жылдык көлөмү 1 млн сомдой. 311 киши иштейт (1986).

ОШ ОБЛАСТТЫК ЭЛ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ — областтын мамл. бийлик органы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 221). 1977-ж. октябрга чейин — Ош обл. эмгекчи депутаттар совети. Жалпы, тең укуктуу ж-а тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү м-н 2,5 жылдык мөөнөткө шайланат. Кыргыз ССР Жог. Советине ж-а анын Президиумуна отчёт берип турат. Өз укуктарынын чегинде экон. ж-а социалдык өнүгүүнүн маселелерин чечет; экон. ж-а социалдык өнүгүүнүн планын, обл-тын бюджетин ж-а анын аткарылышы ж-дөгү отчётторду бекитет; өзүнө баш ийген мамл. органдардын, ишканалардын, мекемелердин ж-а уюмдардын ишин жетектейт; закондорду, мамл. ж-а коомдук тартипти сактоону, граждандардын укуктарын коргоону камсыз кылат, өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоого көмөктөшөт. Областтык Советтин ишмердигине Кыргызстан Компартиясынын Ош обкому түздөн-түз жетекчилик кылат. Сессиялары жылына 4төн кем эмес жолу чакырылып турат. Ар бир чакырылыштын биринчи сессияларында Ош областтык эл депутаттар советинин аткаруу к-ти шайланып, Советтин туруктуу комиссиялары түзүлөт; элдик контроль бөлүмдөрүнүн жетекчилери, о. эле аткомго караштуу комиссиялардын составы бекитилет. 1985-ж. 16 туруктуу комиссия түзүлгөн. Алар: план-бюджет; ө. ж.; энергетика; транспорт ж-а байланыш; курулуш ж-а курулуш материалдар ө. ж.; а. ч.; соода, коомдук тамактануу ж-а эл керектөөчү товарлар; турак жай-коммуналык чарба ж-а шаарды көркөндүрүү; калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө; саламаттык сактоо, социалдык камсыздандыруу ж-а физкультура; эл агартуу; маданият; аялдардын эмгеги ж-а турмуш-тиричилик маселелери, эне м-н баланы коргоо; жаштар иши; социалисттик закондуулук ж-а коомдук тартипти сактоо; жаратылышты коргоо ж-а табигый ресурстарды рационалдуу пайдалануу б-ча комиссиялар. 1982-ж. 18-чакырылган обл. Эл депутаттар советинин составына 300 депутат, а. и. 111 жумушчу, 64 колхозчу, 125 кызматчы (алардын 165и КПСС мүчөсү ж-а мүчөлүккө кандидат), 75и ВЛКСМдин мүчөсү, 172си аял (117си 30 жашка чейинкилер) шайланган. 1985-ж. 24-февралда 19-чакырылган обл. советке шайлоо болгон. 300 депутат шайланып, анын 58,3%ин жумушчулар м-н колхозчулар, 54,7%ин КПСС мүчөлөрү, 45,3%ин партияда жоктор, 47,3%ин аялдар түзгөн. Областтык совет 7 шаардык советтин (обл-ка баш ийген), 15 р-ндук советтин, 13 посёлкалык советтин, 147 айыл советинин ишин жетектейт. Ош обл. советинин башаты Ош уезддик совети (к. *Алгачкы Советтер)* болгон. Уезддик совет 1918-ж. декабрда уезддик-шаардык ревком (к. *Революциячыл комитеттер)* болуп түзүлгөн. 1924-ж. азыркы Ош обл-нын аймагында Жалал-Абад ж-а Ош округдары, 1927—28-ж. Жалал-Абад ж-а Ош кантондору, андан кийин кайрадан округдар болуп түзүлгөн. 1939-жылдан Жалал-Абад ж-а Ош областтары түзүлүп, 1959-ж. Ош обл-на бириккен. Ага жараша ушул аймактагы мамл. бийликтин органы — Советтер кайрадан түзүлүп турган. Кыргызстан Компартиясынын обкомунун ж-а обл. Эл депутаттар советинин басма сөз органдары — «Ленинский путь», «Ленин жолу», «Ленин йули» газеталары.

ОШ ОБЛАСТТЫК ЭЛ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИНИН АТКАРУУ КОМИТЕТИ — обл. Эл депутаттар советинин

аткаруучу ж-а тескөөчү органы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 221). Председатели, анын 4 орун басары, секретары ж-а 5 мүчөсү обл. советинин депутатынан шайланат. Облатком жылына 1 жолу аны шайлаган Советке, өзүнөн жог. аткаруучу ж-а тескөөчү органдары — Кыргыз ССР Министрлер Советине, о. эле эмгек коллективдеринин чогулушунда ж-а граждандардын жашаган аймактары б-ча болгон жыйындарда шайлоочуларга отчёт берип турат. Айына 1ден кем эмес жолу заседание өткөрүлөт, обл. Советтин компетенциясына кирген бардык маселелерди карайт. Обл. советтин аткомунда 38 бөлүм, комитет ж-а башкарма бар (1985). Алар төмөнкүлөр: обл. пландоо комиссиясы; бөлүмдөрү — финансы, архитектура ж-а курулуш, элге билим берүү, саламаттыкты сактоо; башкармалары — а. ч., коммуналык чарба, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө, маданият, капиталдык курулуш, соода, кесиптик-тех. билим берүү, ички иштер, суу чарба, байланыш ж. б. Функционалдык бөлүмдөрү аткомго, ал эми тармактык башкармалары ж-а бөлүмдөрү аткомго ж-а тиешелүү министерстволорго же мамл. к-ттерге баш ийишет. Масчылыкка ж-а алкоголизмге каршы күрөшүү, көзөмөлдөө, балакатка жете элек балдар м-н иш алып баруу б-ча комиссиялар түзүлгөн. Облаткомдун составы облсоветтин ар бир чакырылышынын 1-сессиясында шайланат. 1987-ж. облсоветтин 20-чакырылышынын 1-сессиясында аткомдун мүчөлүгүнө Н. М. Чепелов (председатели), Ж. Бекболотов, Н. И. Коньков (председателдин 1-орун басарлары), А. Б. Абдурахменова, А. Тажыбаева (орун басарлары), Ү. С. Кийизбаев (обл. пландоо комиссиясынын председатели), Ж. Исаков (секретары), М. Алиев, Д. А. Алимова, Р. С. Кульматов, Э. Мирзахалилов, Л. Н. Михеева, М. С. Нарматова, Н. Ф. Шевцов, З. Юсупов (аткомдун мүчөлөрү) шайланышкан.

ОШ ОБЛАСТТЫК ЭЛДИК КОНТРОЛЬ КОМИТЕТИ — партия м-н өкмөттүн директиваларын, мамл. план м-н тапшырмаларын обл-тын аймагында жайгашкан бардык башкармалардын, ведомстволордун, ишканалардын ж-а мекемелердин аткарышын көзөмөлдөп текшерүүчү орган (Ош ш., Училище көчөсү, 4). Алгачкы мамл. текшерүү органы 1918-ж. түзүлгөн, ал үзгүлтүксүз өркүндөтүлүп турган. 1963—65-ж. парт.-мамл. контроль к-ти иштеген. 1963-ж. февралда Кыргызстан Компартиясынын обкомунда ж-а обл. аткомунда Ош обл. айыл чарба ж-а өнөр жай парт.-мамл. контроль к-ттери түзүлгөн. Областта 7 шаардык к-т түзүлүп, обл. ж-а шаардык к-ттердин 52 мүчөсү болгон. 1965-ж. декабрда парт.-мамл. контроль органы элдик контроль органы болуп өзгөргөн. Комитет Кыргыз ССР ж-а СССР элдик контроль к-ттеринө баш иет. Областтык эл депутаттар советинин сессияларында түзүлөт. Ведомстволорду: уюштуруу, суу чарба ж-а айыл чарба, курулуш ж-а курулуш индустрия, өнөр жай, транспорт ж-а байланыш, соода ж-а калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө, илим, маданият ж-а саламаттык сактоо, пландоо-финансы органдары, жалпы бөлүм, тамак-аш ж-а кайра иштетүүчү өнөр жай. Областта 7 шаардык ж-а 15 р-ндук элдик контроль к-ти, 49 200дөн ашык элдик текшерүү, 1900дөн ашык элдик контроль тобу, 200дөй штаттан тыш кары инспектор иштейт (1985). Областтык советтин 19-чакырылышынын 1-сессиясында 13 кишиден турган обл. элдик контроль к-ти түзүлгөн. О. о. э. к. к-нин председатели — Н. Ф. Шевцов (1965-жылдан). Ош шаардык парт.-мамл. контроль к-ти көмөкчөшүүчү 73 топту (803 киши) ж-а 150 постту (579 киши) бириктирген. Штаттан тышкары 4 бөлүмү (курулуш, өнөр жай, транспорт, байланыш, нанды үнөмдөө) ж-а даттануу бюросу болгон. Штаттан тышкары 13 инспектор иштеген. Ош шаардык к-тинин биринчи председатели К. Изюмов болгон. Ош шаардык элдик контроль к-ти (Ош ш., Свердлов көчөсү, 318) 309 элдик контроль тобун, 242 цехтер тобун, 59 постту жетектейт.

ОШ ОБЛАСТЫНА УБАКТЫЛУУ ЭВАКУАЦИЯЛАНЫП КЕЛГЕН ӨНӨР ЖАЙ ИШКАНАЛАРЫ ЖАНА МЕКЕМЕЛЕРИ. 1941-ж. июлда 1942-ж. декабрдын аягына чейин Кырг-нга 66 ири ө. ж. ишканасы эвакуацияланып келген. Ош пилла түрүү ф-касынын өндүрүш аянтына Рахманов жибек токуу ж-а түр салуу ф-каларынын жабдуулары жайгаштырылып, аның негизинде ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинаты түзүлгөн. Жылына 1 млн *м* кездеме токулган. Комбинаттын ийрүү-

токуу ф-касы 1942-ж. август — декабрь айларында парашют жасалуучу 17,6 миң *м* жибек токуган. Эвакуацияланып келген Башраев ЦЭСинин машиналары м-н механизмдери Таш-Көмүр ДЭСинде колдонулган. Никитов сымап комбинатынын (Донбасс) нег. фонду Хайдаркан сымап комбинатына бириктирилген. 1945-жылдын башында Кадамжай сурьма комбинатында күкүрт ж-а электролит сурьмасын чыгаруучу Москвадан эвакуацияланып келген з-д иштей баштаган. Кен чыккан жерде 2 з-д ишке киргизилген. Натыйжада металл сурьмасын алуу көбөйгөн. Согуш башталгандан 1942-ж. июлга чейин Ош ш-нда Тельман ж-а Кыргызстан көчөлөрүнүн кесилишиндеги имаратта Кызыл Армиянын жарадар жоокерлери м-н командирлери үчүн госпиталь иштеген. 1942-ж. сентябрда Ош ш-на Ростов ш-нан университет ж-а педагогика институту көчүрүлүп келген, алар госпиталь жоюлгандан кийин бошогон имаратка жайгашкан. Ростовдук окумуштуулар Ош ш-нда турган мезгилинде 25 экспедиция уюштурушкан, 220 лекция окушкан, аймактын топурагын, флорасын, туз, көмүр, курулуш материалдар кендерин изилдешкен. Согуш жылдарында Ош обл-нда Украинанын драма театрлары иштеген. 1942-ж. 23-майдан Ош ш-нда Сталин (азыркы Донецк) мамл. украин драма театрынын гастролу өткөн. Бул театр Жалал-Абад ш-нда 5 ай иштеген. Аскердик госпиталдарга, аскерге чакыруу пункттарына, к-з, с-здорго оюн коюшуп, өздүк көркөм чыгармачылык коллективдерине жардам көрсөтүшкөн. 1943-ж. май айынан Ош ш-нда Херсон ш-нын украин музыкалык драма театрынын гастролу башталган. Бул театр Кызыл-Кыя м-н Сүлүктүнүн жумушчуларына 42 концерт, акысыз 2 спектакль коюп беришкен. Эвакуацияланып келген калкты тосуп алуу, жайгаштыруу ж-а аларды ишке орноштурууга обл. эвакуация иштери б-ча комиссия жетекчилик кылган.

ОШ ОКРУГУ —20—30-ж. Кыргыз АОсунун түштүгүндөгү админ. аймак. 1924-ж. түзүлгөн. Борбору — Ош ш. 1927—28-ж. Жалал-Абад кантону сыяктуу эле Ош кантону болуп турган. 1928-ж. бул эки кантон бир гана О. о-на бириккен. 1938-ж. мартта О. о-нан Жалал-Абад округу бөлүнүп чыккан. 1939-ж. 21-ноябрда бул эки округ Ош ж-а Жалал-Абад областтары болуп түзүлгөн.

ОШ ӨЗБЕК МУЗЫКАЛЫК-ДРАМА ТЕАТРЫ, С. М. Киров атн. О. ө. м.-д. т. (Ош ш., Свердлов көчөсү). 1929-ж. түзүлгөн. 1937-ж. советтик ж-а партиялык ишмер С. М. Кировдун ысмы берилген. Чыгармачыл коллективинин негизин өзбек ж-а кыргыз авторлордун пьесаларын койгон өз демилгелүү драмалык труппа түзгөн. 1934-ж. театр Ташкенде ж-а Ленинградда гастролдо болуп, 70тен ашык актёрун С. М. Киров кабыл алган. Москвада өткөн Кыргыз иск-восунун биринчи он күндүгүнө (1939), Кыргыз иск-восу ж-а адабиятынын экинчи он күндүгүнө (1958) катышкан. Репертуарында рев-яга чейинки орус пьесалары, өзбек, кыргыз, түркмөн, тажик, казак драматургдарынын, башка боордош советтик респ-лардын ж-а чет өлкөлүк авторлордун өзбек тилине которулган чыгармалары бар. Театрдын сахнасында коюлган 280 спектаклдин арасында Хамзанын «Бай менен батрак», «Майсарынын жоруктары», К. Яшендин «Эки коммунист», К. Гоццинин «Каныша Турандот», «Эки мырзанын малайы», К. Маликовдун «Бийик жерде», Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу», А. Абдугафуровдун «Мурас», «Өкүнүч», «Ач көздүк», А. Н. Островскийдин «Добул», М. Шатровдун «Революциянын атынан» ж. б. бар. Театр ишине Кыргыз ССР эл артисттери — А. Маидова, Р. Моминова, Н. Нематов, Т. Салиева, А. Т. Тарак (Файзуллаев), Т. Хасанов, Т. Бадинов, А. Шабданова, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери — Г. Бутаев, М. Расулжанова, Ш. Тухтасинов, Р. Ураимжанова, режиссёрлор — Ф. А. Литвинская, И. М. Рыскулов, С. Юлдашев, Э. Мурадов, С. Умаров, Ж. Махмудов, М. Гулямов ж. б. зор салым кошкон. 1984-ж. чейин театрда 5 киши Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти, 2 киши Өзбек ССРинин эмгек сиңирген артисти, 2 киши Кыргыз ССРинин маданиятка эмгек сиңирген кызматкери наамына татыктуу болушкан. Чыгармачыл коллективи 70 кишиден турат. Башкы режиссёру — М. Гулямов, башкы дирижёру — З. Шакиров, башкы балетмейстери — Ю. Махмудов (1985). Театрдын имараты 1979-ж. курулган (арх.— М. Курмушуев).

«ОШ ПАХТА ДАЯРДОО ӨНӨР ЖАЙЫ» — Оштогу пахта даярдоочу

ж-а кайра иштетүүчү ө. ж. бирикмеси (администрациясы: Ош ш., Привокзальный көчөсү, 258). 1976-ж. уюшулган. Составында 18 р-ндун даярдоо пункту, Жалал-Абад ж-а Кара-Суу пахта тазалоочу з-ду бар.

ОШ ПЕДАГОГИКА ОКУУ ЖАЙЫ (Ош ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 73). 1966-ж. негизделген. Башталгыч класстын мугалимдерин, бакчалар үчүн тарбиячыларды ж-а муз. жетекчилерди, музыка ж-а ыр мугалимдерин даярдайт. Сабак орус ж-а кыргыз тилдеринде өткөрүлөт. 1985—86-окуу жылында 1624, сырттан окуу бөлүмүндө 360 киши окуган; 230 окутуучу, а. и. СССР эл агартуусунун 15 отличниги иштейт.

ОШ СОВЕТТИК СООДА ТЕХНИКУМУ (Ош ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 71). 1965-ж. негизделген. Тамак-аш даярдоонун технологиясы, товарлар б-ча товар иликтөө ж-а азык-түлүк товарларын соодалоону уюштуруу, соодадагы бухгалтердик эсеп б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 1256 киши, а. и. 430 киши сырттан окуган; 38 окутуучу ж-а өндүрүштүк окутуунун 10 мастери иштеген. 18 кабинети, лабораториялык окуу корпусу, 450 орундуу жатаканасы, китепканасы (45 миң китеп) бар. Ачылгандан бери 5 миңден ашык адис даярдалган.

ОШ СОВХОЗ-ТЕХНИКУМУ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 229). 1932-ж. айыл чарба техникуму катары негизделген. 1977-жылдан азыркыдай аталат. Айыл чарба механизациясы, гидромелиорация, агрономия, өсүмдүктөрдү коргоо б-ча адистерди даярдайт. 16 миңдей *га* жери, 6 цехтүү мастерскою, окуу полигону, китепканасы (фонду 85 миң нуска), техникумдун тарыхы музейи бар. 1985—86-окуу жылында 2140, а. и. сырттан окуу бөлүмүндө 700 киши окуган; 80 окутуучу, а. и. Кыргыз ССР элге билим берүүнүн 20 отличниги иштеген. Сов. Союз. Баатыры И. С. Решетник, Соц. Эмг. Баатырлары Т. Кочубаев, Д. Рафикова, Т. Машрапова, М. Миталипов техникумдун бүтүрүүчүлөрүнөн болгон. Ачылгандан бери 8 миңден ашык адис даярдалган.

ОШ СҮТ КОМБИНАТЫ Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тине карайт. 1973-ж. Ош сүт з-дунун базасында түзүлгөн. Ош, Баткен, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Өзгөн сүт з-ддорун бириктирет. Жылына 74 миң тдан ашык сүт кайра иштетип (1985), 45 түрлүү продукция чыгарат. 15тен ашык автоматташтырылган ж-а чала автоматташтырылган сүт агуучу линия ж-а аппарат иштейт.

ОШ ТЕМИР-БЕТОН ЖАСАЛМАЛАР ЗАВОДУ (Ош ш., ө. ж. зонасы) СССР Суу чарба мин-восунун «Кыргыз суу курулуш индустрия» өндүрүш бирикмесине карайт. 1968-ж. ишке киргизилген. Ташкендеги «Өнөр жай курулуш» ин-тунун долбоору б-ча курулган. Алгач 20 түрдүү жасалмаларды чыгарып, анын 80%ин бетон лотоктору түзгөн. 1983-ж. з-д реконструкцияланып, лоток жасап чыгаруу 13 *км*ден 160 *км*ге чейин, негизги фондусу 2,6 млн сомдон 5,5 млн сомго чейин өскөн. 1985-ж. темир-бетон жасалмаларын чыгаруу 52,5 миң $м^3$ ге, ал эми товардык продукциянын көлөмү 6 млн сомго жеткен. 220 типтүү өлчөмдөгү ирригациялык ж-а ө. ж., турак жай темир-бетон жасалмаларын чыгарат. Жог. басымга (15 атмосфера басымы) чыдамдуу болот өзөктүү куурларды, центрифугалоо жолу м-н даярдалган куурлар-ды, жог. вольттуу электр линиялар үчүн түркүктөрдү, резервуар тетиктерин, галерея ж-а «Г» сымал блокторду, каналдардын ичине төшөлүүчү бетон такталарды чыгарууэздөштүрүлгөн. Заводдун жылына 4 миң $м^3$ тактай белендөөчү цехи бар.

ОШ ТЕХНОЛОГИЯ ТЕХНИКУМУ, Республикалык О. т. т. (Ош ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 79). 1983-ж. ачылган. Кийим тигүү өндүрүшү, кездеме токуу өндүрүшү, фототехника, бухгалтердик эсеп б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 390 киши окуган, 28 окутуучу иштейт. Спорт ж-а жыйналыш залдары, кийим тигүү б-ча окуу мастерскою, китепканасы (30 миң нуска китеп) бар.

ОШ ТИРИЧИЛИК МЕБЕЛЬ ФАБРИКАСЫ (Ош ш., Южный посёлкасы). 1980-ж. түзүлгөн. Калктын мебелин жасоо, аларды ремонттоо ж-а тактай тилүү б-ча иштерди аткарат. Фабриканын сандык жасоочу цехи (Ош ш., колхоз базары), стандарттуу мебель жасоочу цехи ж-а стандарт эмес мебелдерди чыгаруу цехи (Южный посёлкасы), 4 кабыл алуу пункту (анын экөө колхоз базарынын аймагында, бирөө Ошто кебез кездеме өндүрүш бирикмесинде, бирөө Эски-Ноокат кыш-нда), о. эле мекемелердин ж-а калктын мебелин оңдоо б-ча кыдырып тейлөөчү бригадасы бар. 1985-ж. тейлөөнүн 33 түрү б-ча 502,2 миң сомдук иш аткарылган. 146 киши иштейт (1986).

ОШ ТИРИЧИЛИК ТЕХНИКА РЕМОНТТОО ЗАВОДУ (Ош ш., Западный көчөсү, 4). 1969-ж. Ош тиричилик комбинатынын татаал тиричилик техникасын ж-а саат ремонттоо мастерскойлорунун базасында уюшулган. Чоюн мештерди, металл буюмдарын, балдар мекемелери үчүн жабдууларды, а. ч. шаймандарын жасайт, металл буюмдарын, бардык маркадагы саатарды, татаал турмуш-тиричилик техникасын ремонттойт. Областтын түн. райондорун, Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Өзгөн, Кара-Суу ш-н тейлейт. 92 мастерской, а. и. 30у айыл-кыштактарда (ирилери: Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Өзгөн, Сүлүктү ш-нда; Кашкар-Кыштак, Араван, Гүлчө, Үч-Коргон, Эски-Ноокат, Исфана, Баткен ж. б. кыш-да), Ош ш-нда турмуш тиричилик жактан тейлөө б-ча 50 точкасы (ирилери: Западный көчөсү, 8; Кыргызстан көчөсү, 78; Базар көчөсү; Гагарин көчөсү; Свердлов көчөсү ж. б.) иштейт. 1985-ж. 1 млн 60 миң сомдук тейлөө кызматы көрсөтүлгөн. 352 киши иштейт (1986).

ОШ ТОВАРДЫК ЭКСПЕРТИЗА БЮРОСУ (Ош ш., Ленин көчөсү). Кыргыз ССР соода-өнөр жай палатасына карайт. 1964-ж. түзүлгөн. Областка түшкөн ө. ж. ж-а азык түлүк товарларын, жабдууларды, курулуш материалдар м-н сырьёлорунун сапатын ж-а санын аныктайт, сатуучулар м-н кардарлардын ортосундагы талаш маселелерди чечет. Бюронун иши респ-нын Министрлер Совети бекиткен Кыргыз ССР соода-ө. ж. палатасынын уставынын негизинде жүргүзүлөт. 44 ишкана ж-а уюм О. т. э. б-нун аныктамучөсү болуп эсептелет (1986). 13 эксперт иштейт.

ОШ ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Кара-Суу р-ну, Озгур кыш.). 1947-ж. түзүлгөн. Жалпы аянты 380204 *га*.а. и. 64994 *га*сын (3898 *га*сы карагай, 11990 *га*сы арча) токой ээлейт.

ОШ ТУРАК ЖАЙ ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО КОНТОРАСЫ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 47а). Ош шаардык турак жай фондун пайдаланууучу мамл. чарбалык эсептеги уюм (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 47). 1979-ж. түзүлгөн. Ош шаар советинин турак жай фондусун эксплуатациялайт ж-а ремонттойт, үйдүн ичине орнотулган суу куурларын, канализацияларды, жылуулук, электр тармактарынын так иштөөсүн көзөмөлдөп турат. 11 мааланын буу казандарын башкарат. Буу казандарды ж-а жылуулук тармактарын күнүмдүк ж-а алдын ала ремонттон өткөрөт. Авария — эксплуатациялоо кызматы иштейт. 235 киши эмгектенет (1986).

ОШ ТУРГУН ЖАЙЫ — соңку коло доорунун чуст маданиятына таандык. Ош ш-ндагы Сулайман тоосунда жайгашкан (Ош ш.), 1970-ж. Е. В. Дружининаначкан. 1978—84-ж. Ю. А. Заднепровский м-н Е. В. Дружинина изилдеген. Тургун жай тектирчелерде жайгашып, кеңири аянтты ээлейт. Изилденген тектирчеде чатырды көтөрүп туруучу түркүктөр үчүн казылган чуңкурлар бар. 14 жер там ачылган. Адамдардын сөөгү идиш-аяктар м-н кошо көмүлгөн көрлөр табылган. Оокат сакталуучу кампа катары пайдаланылуучу 150дөн ашык аңгектер тазаланган. Көптөгөн бүтүн ж-а сынган идиштер табылган, а. и. оймо-чийме м-н кооздолгон эң сонун идиштердин үлгүлөрү бар. Таштан жасалган, а. и. эритилип куюлган ар түрдүү буюмдар да көп. Радиоуглероддук изилдөөлөргө караганда бул тургун жай б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягы — 1 миң жылдыктын башында жашаган адамдарга таандык.

ОШ ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КОМБИНАТЫ (Ош ш., Тельман көчөсү, 48). 1972-жылдан өз алдынча чарбалык эсептеги ишкана катары иштейт. Буга чейин шаар калкын турмуш-тиричилик жактан шаардык ө. ж. комбинаты м-н шаардык турмуш-тиричилик комбинатынын базасында 1963-ж. түзүлгөн Ош турмуш-тиричилик комбинаты тейлеген. Комбинат 1972-ж. 52 ишкананы бириктирип, калкка тейлөөнүн 37 түрүнөн кызмат көрсөткөн. Бул комбинаттын турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү 103 точкасы, а. и. 53 чач тарач, 9 үлпөт бюросу, 4 прокат пункту (Кара-Суу көчөсү, 2; Кыргызстан көчөсү, 78; Салиева көчөсү, 42; Свердлов көчөсү, 268;) ж. б. иштейт (1986). Калкты тейлөөнүн 110 түрү б-ча иш аткарат. 429 киши иштейт (1986).

ОШ ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ҮИҮ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 78). 1980-ж курулган. «Бут кийим» ф-касынын мастерскойлору, кабыл алуу пункттары, «Жекече буйрутма боюнча кийим тигүү» ф-касынын тор кийимдер ж-а кийим тигүү ателъеси, турмуш-тиричи-

лик жактан тейлөө комбинатынын чач тарач ж-а прокат пункту, Ош «Тиричилик техника» з-дунун мастерскойлору (саат оңдоочу, зергердик ж-а тиричилик техникасын оңдоочу) адис-



Ош турмуш-тиричилик үйү.

тештирилген бөлүмдөрү бар. Тиричилик техникасын, зергердик буюмдарды, саат, бут кийим оңдоо, документтер үчүн фотосүрөттөрдү даярдоо б-ча тезинен тейлөө кызматы уюшулган. О. т.-т. ү. калкты тейлөөнүн 210 түрү б-ча кызмат көрсөтөт.

ОШ УЕЗДДИК СОВЕТИНИН ЖЕР-СУУ БӨЛҮМҮ. 1918-ж. августта жер бөлүштүрүү к-тинин базасында түзүлгөн. Бөлүмдүн составына дыйкандардан 22 өкүл кирген. Ал жер бөлүштүрүүчү ж-а гидротехникалык коллегиялардан турган. Жер ж-дө декреттин, совет өкмөтүнүн ж. б. жер маселеси б-ча закон жоболорунун негизинде жер участкаларын, айыл чарба шайманын ж-а унаанын эсебин алган. Жазы, Куршаб, Өзгөн болуштарында дыйкандарга чектелген жерлерди закондоштурган. Коммуна, артелдерди ж. б. алгачкы коллективдүү чарбаларды түзүүгө көмөктөшкөн.

ОШ УЕЗДДИК ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ СОВЕТИ. Элге билим берүү уюштыруу ж-а өнүктүрүү, эмгекчилерди мектептерди курууга тартуу үчүн 1918-ж. 20-майда түзүлгөн. Депутаттар советинин, мугалимдер союзунун, жумушчулар профсоюзунун, ата-энелер комитетинин ж. б. уюмдардын өкүлдөрүнөн турган. Алгач 13 мектепти (939 окуучу) бириктирген. Жерг. калктын балдары үчүн жаңы мектептерди уюштырууга 185,2 миң сом бөлүнгөн. 1918-ж. августта жоюлуп, анын иштери Ош уездик советинин аткаруу к-тинин эле билим берүү бөлүмүнө өткөн.

ОШ УЕЗДДИК ЭЛ ЧАРБА СОВЕТИ — Совет өкмөтүнүн алгачкы мезгилинде-ги өндүрүштү уюштыруу ж-а тескеп салуу б-ча уездик мекеме; ал уездик Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттар советинин жалпы көзөмөлүндө иш-теген. 1918-ж. сентябрда мамлекеттештирилген ө. ж. ишканаларында жумушчулардын көзөмөлүн жетектөө, ө. ж. сырьёлорун ж-а даяр продукцияны, жумушчу күчүн эсепке алуу үчүн ж-а аларды сарамжалдуу бөлүштүрүү, калктын чарбалык муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн түзүлгөн. Азык-түлүк, мамлекеттештирүү, жол-курулуш, турак-жай, шаардык чарба бөлүмдөрү болгон. Адегенде О. у. э. ч. с-не Ош ш-ндагы 6 ж-а Кара-Суудагы 1 ө. ж. ишканалары, 1920-ж. 26 ө. ж. ишканасы караган. Областтын экономикасынын өнүгүшүнө байланыштуу анын функциялары Ош обл. аткаруу к-тинин тиешелүү башкармаларына өткөн.

ОШ УЕЗДИ — 1876—1924-ж. Түркстан генерал-губернатордугунун Фергана обл-ндагы админ. аймак.

ОШ ҮЙ КУРУУ КОМБИНАТЫ (Ош ш., Юбилейный проспектиси). Кыргыз ССР Курулуш мин-восуна карайт. 1970-ж. № 2 курулуш-монтаждоо башкармасы ж-а ири панель үй куруу з-дунун базасында түзүлгөн. 1978-ж. ж-а 1980-ж. реконструкцияланган. Ири панелдүү үйлөр үчүн темир-бетон жасалмаларын чыгарат ж-а Жалал-Абад, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Кызыл-Кыя ш-нда, Фрунзе ш. т. п-нда панелден үй курат. Ишканада 790 киши иштейт, алардын 250сү коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү. Спорт залы бар.

ОШ ФИЗКУЛЬТУРА ҮЙҮ (Ош ш., К. Маркс көчөсү, 1). 1965-ж. шаардык спорт комитетинде уюшулган. 2 футбол талаасы (көк чым ж-а жыгач таарынды сы төшөлгөн), чакан 2 футбол талаасы, 2 баскетбол ж-а 2 волейбол аянтчасы, 8 чуркоо жолчосу, узундукка секирүү б-ча 3 чуңкур, ядро түртүү ж-а диск ыргытуу б-ча секциясы, 60 орундуу мейманкана, душ, чечинүүчү жай, чарбалык короосу бар. О. ф. ү-нүн базасында футбол б-ча эл аралык ж-а бүткүл союздук, жеңил атлетика, ГТО, футбол б-ча респ. ж-а обл. мелдештер өткөрүлөт.

ОШ ФОТОСҮРӨТ КОМБИНАТЫ — Ош обл. аткомунун турмуш-тиричилик жактан тейлөө башкармасынын адистештирилген ишканасы (администрациясы: Ош ш., Ак-Буура көчөсү, 6а).

1984-ж. Ош турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын ж-а Кара-Суу турмуш-тиричилик комбинатынын фотоцехтеринин базасында түзүлгөн. Фотосүрөт комбинатынын 31 фотография пункту (ирилери: Кыргызстан көчөсү, 78; Тельман көчөсү, 48; Кара-Суу көчөсү, 22; Свердлов көчөсү, 424; Касымбеков көчөсү; Базар көчөсү; Навои атн. парк ж. б.) ж-а 5 үн жазуу пункту (Кыргызстан көчөсү, 78; Тельман көчөсү, 48 ж. б.) иштейт. 1985-ж. тейлөөнүн 45 түрү б-ча 359 миңдей сомдук кызмат аткарылган. 130 киши иштейт (1986).

ОШ — ХОРОГ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛУ. Областтын борбору м-н Памирдеги Хорог ш-н (Тажик ССРи, Тоолуу Бадакшан АОсунун борбору) байланыштырат. 1876-ж. Ош — Гүлчө жолу, 1893-ж. Гүлчө — Сары-Таш жолу, былган. 1931-ж. «Памир курулуш» башкармасы кура баштаган. Жол курулушуна интернационалдык бригадалар да катышкан. Хорог ш-на биринчи авт. 1933-ж. 7-ноябрда келген. 1936—37-ж. жолдун боюна турак жайлар курулуп, эл отурукташа баштаган. 1948-ж. жолду көрктөндүрүү иштери башталган. 5 жол-эксплуатациялоо участогу түзүлгөн. 1960-ж. Алай өрөөну м-н Тажик ССРинин Тоолуу-Бадакшан автономия областынын ортосунда жыл бою авт. катнашы түзүлгөн. О.— Х. а. ж-нун 700 *км*дейи асфальтталган (1984). Памир авт. жол башкармасы Эл достугу ордени м-н сыйланган (1981). Бул башкарма системасында 1500 киши иштейт (1986).

ОШ ЧЕБИ. 1919-ж. май айында мурдагы аскер казармасынын ордуна (азыркы жаңы шаардын борборунда, Ленин ж-а Ломоносов көчөлөрүнүн кесилишинде) басмачылардын кол салуусунан шаарды коргоо үчүн тургузулган. Казарманын айланасы топурак сокмо дубал (бийикт. 3,5 *м* калыңдыгы 1,5 *м*) м-н айландыра курчалган. Анда бири биринен 2 *м* аралыкта жайгашкан мылтык атуучу көзөнөкчөлөрү ж-а чепке жанаша жайгашкан нег. көчөлөрдүн каршысында пулемёт орнотулуучу 3 аянтча болгон. Дубал сыртынан бир нече катар тикенек зымдар м-н тосулган. 1920-ж. май айында бул чепте М. В. Фрунзе гарнизондун жоокерлеринин алдында чыгып сөз сүйлөгөн. Азыркы кезде чептин дубалдарынын урандылары гана сакталып калган.

ОШ ШААРДЫК ЖАРЫКТАНДЫРУУ ЭЛЕКТР ТАРМАКТАРЫ ИШКАНАСЫ. (Ош ш., Привокзальный көчөсү). 1976-ж. түзүлгөн. Ош ш-ндагы көчөлөрдү жарыктандыруу тармагын эксплуатациялайт, ремонттойт ж-а реконструкциялайт. Көчөлөрдү жарык кылуу үчүн карагайга тартылган зымдар (уз. 330 *км*) м-н кабелдерге (уз. 6,8 *км*) жарык берүүчү 10 миңден ашык электр лампасы туташтырылган. 55 киши иштейт (1986).

ОШ ШААРДЫК КОМСОМОЛ КОМИТЕТИ, Кыргызстан ЛКЖСтин Ош шаардык к-ти — Ош шаардык комсомол уюмунун жетекчи органы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 318). Комсомолдун шаардык конференциясында шайланат, ага ж-а өзүнөн жог. комсомолдук органдарга отчёт берип турат. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Ош шаардык комитети ж-а Кыргызстан ЛКЖСтин Ош областтык комитети жетекчилик кылат. ВЛКСМдин Уставына ылайык 3 айда 1 жолу пленардык кеңешме өткөрөт. Шаардын комсомол уюмуна дайыма жетекчилик кылып туруу үчүн бюро, а. и. секретарларын шайлайт, к-ттин бөлүм башчыларын, туруктуу комиссиялардын председателдерин ж-а «Комсомолдук прожектордун» штабын бекитет. Райкомдун укугунда Ош ш-нын 9 комсомол к-тине, 244 баштапкы комсомол уюмуна жетекчилик кылат. Алардын отчётторун угат, комсомолдук кадрларды тандоо, аларды туура жайгаштыруу ж-а тарбиялоо б-ча иш жүргүзөт. Ош ш-нда биринчи комсомолдук ячейка 1920-ж. мартта түзүлгөн (к. *Ош шаардык комсомол уюму*). Ош ш-нын комсомол уюмун 1924-ж. чейин уездик к-т, 1924—26-ж. округдук к-т, 1927—28-ж. уюштуруу бюросу башында турган кантондук к-т, андан кийин кайра округдук к-т башкарган. Комсомолдун жетекчи органынын аталышы админ. аймактын атынын өзгөрүшүнө жараша алмашып турган. Комсомолдун шаардык 33-конференциясында (1984-ж. декабрь) комсомолдун шаардык к-тинин составына шаардык к-ттин 69 мүчөсү, 15 мүчөлүккө кандидаты ж-а текшерүү комиссиясынын 15 мүчөсү шайланган. Шааркомдун бюросу 9 адамдан турат. Комсомолдун шааркомунун биринчи секретары — Ж. А. Баялиев (1980-ж. августтан).

ОШ ШААРДЫК КОМСОМОЛ УЮМУ — Кыргызстан ЛКЖСтин Ош

шаардык уюму. 1920-ж. мартта өткөн шаардык жаштардын 1-чогулушунда Жаштар Советинин рев-ячыл к-тинин Уставы ж-а Программасы жактырылган. Оштун алгачкы комсомолдорунун ичинде бир туугандар Михаил ж-а Степан Михайленко, Федя Шпак, Кудайберген Ниязов, Алимжан Юсупов, Даниил Кордуб, Вася Бабенко, Борис Нестеренко ж. б. болгон. 1920-ж. 1-майда бардык комсомолдор биринчи коммунисттик ишембиликке катышкан. Гражд. согуш жылдарында шаардын комсомолдорунун 40%тен ашыгы басмачыларга ж-а контрреволюцияга каршы күрөшкөн. Комсомолдор ыктыярдуу кошуундардын ж-а Кызыл Армия отряддарынын катарында кулактардын козголоңун басууга катышкан. Көптөгөн ячейкалардын бүт комсомолдору Кызыл Армияга өтүшкөн. Жаштар отряддары күндүз өндүрүштө иштеп, кечинде аскер ишин үйрөнүшкөн, ал эми түнкүсүн күзөткө чыгышкан. Жумушчу Хрипченко командалык кылган отряд, комсомол Александр Прошенковдун пулемёт отряды ж. б. бөтөнчө эрдик көрсөтүшкөн. Гражд. согуш аяктагандан кийин Оштун комсомол уюму ш-дын ишканаларын ж-а өндүрүштү калыбына келтирүүгө катышкан, жаштар арасында саясий-тарбия иштерин жүргүзгөн. Ош ш-нда-гы пилла түрүү ф-касынын комсомолдук-жаштар бригадасы алгачкы эпкиндүүлөрдөн болушкан. Ушул ф-канын жумушчулары — комсомолдор Т. Бакалова, Е. Арапаева, Р. Хомутбаева шаардагы стахановчулар кыймылынын демилгечилеринен болушкан. 1937-ж. шаардык комсомол уюмунун катарында 68 парт.-комсомолдук топ (1100 адам), 1938-ж. 98 парт.-комсомолдук топ (2726 адам) болгон. Өндүрүштө иштеген 340 жаш стахановчулар м-н эпкиндүүлөрдүн 130у комсомолдор болушкан. Комсомолдор сабатсыздыкты жоюуга, чала сабаттуулардын сабатын өркүндөтүүгө катышкан. Ош комсомол к-ти сабатсыздыкты жоюучу мектептер үчүн 153 адамды бөлгөн. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында шаардын ө. ж. ишканаларында 1500 комсомол иштеген. Көптөгөн комсомолдор фронтко аттанып, согушка жардам кыймылына катышкан. Согуштан кийинки жылдары Оштун комсомолдору эл чарбасын андан ары өнүктүрүүгө жигердүү катышышкан. 1948-ж. шаардын ө. ж. ишканаларында 500дөн ашык комсомол ж-а 76 комсомолдук-жаштар бригадасы (397 адам) иштеген. Алардын көпчүлүгү күндүк нормаларын 150—200%ке аткарышкан. ВЛКСМдин 40 жылдыгына карата Оштун 3,5 миңден ашык жаш жумушчулары, а. и. 1630 комсомол каражатты үнөмдүү пайдалануунун эсебинен комсомолдук жыйымга 3 млн 150 миң сом пайда келтиришкен. 60—70-жылдары Оштун комсомолдору эмтекке коммунистче мамиле кылуу кыймылына катышкан. 1985-ж. шаардын эл чарбасында 20 миңдей комсомол иштеген. Кийим тигүү ф-касынын, № 2902 автоколоннасынын, «Түштүк ремонт курулуш» трестинин ремонттоо курулуш башкармасынын, сүт комбинатынын комсомол уюмдары эмгекте чоң ийгиликтерге жетишкен. 1985-ж. 1-январда ЛКЖСтин Ош шаардык уюмунда 244 баштапкы комсомол уюму ж-а р-ндук к-ттин укугунда 9 к-т, Кыргызстан ЛКЖСтин 33977 мүчөсү, 297 комсомолдук-жаштар эмгек коллективи болгон. Ош шаардык комсомолдук 34 конференция өткөрүлгөн.

Ош шаардык комсомолдукконференциялар

конференциялар	өткөн датасы
16-конференция	1956-ж. декабрь
17-конференция	1957-ж. декабрь
18-конференция	1958-ж. декабрь
19-конференция	1959-ж. декабрь
20-конференция	1961-ж. декабрь
21-конференция	1963-ж. декабрь
22-конференция	1963-ж. январь
23-конференция	1965-ж. ноябрь
24-конференция	1965-ж. январь
25-конференция	1968-ж. ноябрь
26-конференция	1969-ж. январь
27-конференция	1972-ж. декабрь
28-конференция	1973-ж. январь
29-конференция	1975-ж. декабрь
30-конференция	1977-ж. декабрь
31-конференция	1979-ж. декабрь
32-конференция	1982-ж. январь
33-конференция	1984-ж. январь
34-конференция	1987-ж. январь

ОШ ШААРДЫК КООМДУК ТАМАКТАНУУ ТРЕСТИ (Ош ш., Ломоносов көчөсү, 6). 1959-ж. уюшулган. Кондитер цехи ж-а чала фабрикат цехин, 14,4 миң орундуу 252 ресторан, кафе ж-а ашканасы бар чарбалык эсептеги 9 ишканаңы бириктирет (1986). Треститин жалпы товар жүгүртүүсүнүн 24,14%и ресторан, 10,56%и кафе, 65,3%и ашканага туура келет. Треститин адистештирилген 1272 орундуу 20 лагманкана, 280 орундуу 14 мантукана, 1072 орундуу 16 чайканасы иштейт. 2 миң *т* жашылча сакталуучу базасы,

30 *т* азык-түлүк сакталуучу борб. кампасы, эмгек куралдары ж-а тара сакталуучу кампалары бар. Жалпы товар жүгүртүүсү 20,82 млн сомдой; өзү чыгарган продукция 15 млн сомду түзөт (1986).

ОШ ШААРДЫК ӨНӨР ЖАЙ СООДА БИРИКМЕСИ (Ленин көчөсү, 131). 1963-ж. «Шаардык аралаш соода» бирикмесинен бөлүнүп чыккан. Соода аянты 12031 $м^2$ 83 дүкөндү, 44 палатка ж-а киосканы, аянты 3531 $м^2$ 6 кампаны бириктирет. Адистештирилген 56 дүкөнү (11 чарбалык товар), 19 галантерея, трикотаж, парфюмерия, 4 тигилүү кийимдер, 2 бут кийим, 4 маданий товарлар ж. б. дүкөндөрү бар. «Аялдар үчүн товарлар», «Эркектер үчүн товарлар», «Жаштар үчүн товарлар», «Үй тиричилиги үчүн товарлар» дүкөндөрү иштейт. Эң ири универсал дүкөндөрү: «Ош», «Мир», «Айчүрөк», «Гүлкайыр», «Толкун», «Чебушкы», «Аялдар үчүн товарлар».

ОШ ШААРДЫК ПАРТИЯ КОМИТЕТИ, Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык к-ти — Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Ош шаардык уюмунун жетекчи органы (Ош ш., Ленин көчөсү, 318). Шаардык парт. конференция шайлайт. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Ош обкомунун түздөн-түз жетекчилигинде иштейт. КПССтин Уставына ылайык бюро, а. и. секретарлар шайланат, шааркомдун бөлүм башчылары, парт. комиссиянын председатели дайындалат. Уюштуруу, пропаганда ж-а агитация, ө. ж., жалпы бөлүмдөрү бар. 267 баштапкы, 138 цехтик парт. уюмдун, 229 парт. топтун ишине жетекчилик кылат (1986); парт. уюмдардын ж-а парт. комиссиянын иштери б-ча отчёторду системалуу түрдө угуп турат, коммунисттердин эсебин алат. Чарбалык ж-а маданий курулуштарга парт. жетекчилик кылат. Биринчи жолу уездик-шаардык парт. к-т 1918-ж. мартта шайланган. Ош уездик-шаардык к-ттин биринчи председатели А. Г. Аношин болгон. Кыргыз Автономия обл. түзүлгөндөн кийин (1924) уездик-шаардык к-ттер округдук парт. к-ттер болуп өзгөргөн. 1927-ж. январда Ош ш.— Ош кантонунун борбору, 1928-ж. кайрадан округдун борбору болгон. Ага жараша Ош шаардык парт. уюмунун жетекчи органынын аталышы да өзгөрүп турган. 1945-ж. июлдан 1947-жылдын апрелине чейин партиянын Ош шааркомунун 1-секретарлыгынын милдетин Н. Примбердиев аткарган. 1971-ж. 13-октябрда 1-секретарь болуп Т. С. Сарбанов шайланган; 1982-ж. 12-июлдан 1983-жылдын 3-декабрына чейин М. А. Жээнбеков иштеген, 1986-ж. февралдан А. А. Сыдыков иштейт.

Партиянын шаардык 30-конференциясы (1985-ж. ноябрь) катарында партиянын 101 мүчөсү, 13 мүчөлүккө кандидаты бар шаардык к-тти, шаардык парт. уюмдун 25 кишиден турган текшерүү комиссиясын шайлаган. Партиянын шаардык к-тинин бюросу 11 кишиден турат. Алар: А. А. Сыдыков (1-секретарь), А. Л. Дьяченко, Л. Г. Касымов, Б. С. Кошоев, Ш. М. Ахмедов, Б. Б. Ахмедова, В. Ф. Калинин, Ж. А. Баялиев, С. И. Макеев, В. П. Наумов, Г. Х. Карасаева (1986). Партиянын шаардык к-тинин имараты 1966-ж. курулган. Арх.— А. В. Баландин.

ОШ ШААРДЫК ПАРТИЯ УЮМУ, Кыргызстан Компартиясынын Ош шаардык уюму. Кыргызстандын түштүгүндө рев-ячыл идеянын ж-а марксизмдин таралышы 1905-жылкы рев-яның жеңишинен кийин Россиянын борб. ж-а батыш аймактарынан бул жакка айдалган социал-демократтардын үгүттөө иштери м-н байланышкан. Революционерлердин арасында Бакудан Ошко полициянын көзөмөлүнө жиберилген Д. Е. Чураков, Жаңы-Маргалаң гарнизонунан Оштогу штрафтык ротага которулган В. В. Особо, Ошко ж-а Ферганадагы башка шаарларга келип-кетип туруучу ташкендик большевик В. В. Быховский ж. б. болгон. 1907-жылкы репрессия бул аймактагы рев-ячыл кыймылдын басандашына алып келген. 1910—15-ж. большевиктердин үгүттөө-пропагандалоо иштери кайра жанданып, 1917-ж. февралдан кийин большевиктердин рев-ячыл иштери жакшы уюштурула баштаган. 1917-ж. майдын аягында Ош ш-нда РСДРПнин легалдык тобу түзүлгөн. Ага большевиктер А. Г *Аношин*, К. Кабулжанов, М. *Сарымсаков*, Б. Султанов ж. б. киришкен. 1918-ж. мартта РКП(б)-нин уездик к-тинин биринчи председатели болуп А. Г. Аношин шайланган. 1918-ж. июль — августта Оштун парт. (большевиктер) уюмунда 26 гана адам болгон. Алар Советтер м-н бирге Ош-шында биринчи социалисттик түзүлүштү ишке ашыруу үчүн күрөшкөн. Парт. ячейкалар контрреволюциячыл козголоңдо ж-а сентябрда «дыйкандарармия

сы» Ошту басып алган учурда жоюлуп калган. 1919-ж. 24—26-сентябрда Кызыл Армия отряддары Ошту бошоткондон кийин шаарда парт., чарбалык ж-а маданий-агартуу иштери жүргүзүлгөн, шаардын орустар ж-а мусулмандар жашаган бөлүгүндө жаңы парт. ячейкалар түзүлгөн. 1919-ж. 8-октябрда Ош ш-нын эски бөлүгүндө парт. чогулуш болуп, анда 7 кишиден турган парт. к-т (К. Кабулжанов баш болгон) шайланган. Улуу Октябрь социалистик рев-ясынын 2-жылдыгынын урматына шаарда РКП(б)нин катарына кабыл алуу жарыяланган. 1919-ж. 15-ноябрда атайын түзүлгөн кабыл алуу комиссиясы арыз берген 55 кишинин ичинен 36 кыргыз ж-а өзбектин партияга кабыл алган. 1919-ж. декабрда экинчи жолу партиянын катарын тазалоо (биринчиси 1919-ж. май айында болгон) жүргүзүлгөн, анын натыйжасында парт. уюмдар жат элементтерден арылган; шаардын коммунисттеринин жаңы тобунда 22 мүчө ж-а 3 тилектеш, эски шаардын козголоңго чейинки парт. уюмундагы 100 коммунисттен партиянын 36 мүчөсү ж-а 5 тилектеши калган. 7 кишиден турган партиянын жаңы уезддик-шаардык к-ти шайланган; парт. кошуун түзүлүп, ага С. *Касымбеков* командир болуп дайындалган. 1919-ж. декабрда жерг. улуттардын коммунисттерин биріктирген мусулман парт. бюросу түзүлгөн. 1919-ж. 27-декабрда шаарда кыргыз м-н өзбектерден 75 коммунист, 1920-жылдын башында 107 коммунист болгон. Ош парт. уюму өзүнүн эң мыкты өкүлдөрүнөн ыктыярдуулар кошуундарына ж-а элдик милицияга, азык-түлүк отряддарына ж-а Кызыл Армиянын катарына жиберип турушкан. Оштун коммунисттеринин демилгеси м-н биринчи коммунисттик ишембилик, фронтко жардам, жарадар кызыл армиячыларга жардам, мектепке жардам жумалыктары ж. б. Совет бийлигин чыңдоо үчүн коомдук кыймылдар, Чыгыш аялдарын азаттыкка чыгаруу ж-а аларды социалисттик курулушка катыштыруу (к. *«Хужум»*) кыймылдары уюштурулган. Ош шаардык парт. уюму комсомолго, профсоюзга, *«Кошчу» союзуна*, аялдар советтерине ж. б-га жетекчилик кылган. Советтердин чыңдалышына жетишкен, экономикага биринчи социалисттик жаңылануунуу киргизген, контрреволюция м-н басмачыларга каршы күрөшкө жетекчилик кылган. Ушул эле мезгилде партия мүчөлөрүнүн жалпы билимин ж-а саясий деңгээлин жогорулатууга көп көңүл бөлүнгөн. 20-жылдардын аягында сов. ж-а парт. кызматкерлерди даярдоочу Ош район аралык сов.-парт. мектеп түзүлгөн. Парт. уюмдардын структурасы өркүндөтүлгөн. Ош ш. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында уезддин, 1924-ж. округдун, 1927-ж. кантондун, 1928-ж. кайрадан округдун борбору болгон. 1939-жылдан Ош облнын борбору. Админ.-аймактык өзгөрүүлөргө жараша Оштун парт. уюмдарынын аталыштары да өзгөрүп турган. 1939-ж. Ош шаардык парт. уюму 14 баштапкы уюмдан туруп, партиянын 129 мүчөсүн ж-а 79 мүчөлүккө кандидатын биріктирген. Шаардык парт. 1-конференциянын ачылышына карата (1940-ж. 1-март) Ош ш-нын парт. уюму 24 баштапкы парт. уюмдан турган (476 коммунист, а. и. партиянын 262 мүчөсү ж-а 214 мүчөлүгүнө кандидаты; 214 жумушчу, 62 аял болгон). Оштун коммунисттери жер-суу реформасын жүргүзүүгө, алгачкы элдик ирригация курулуштарына катышкан. Оштун парт. уюму эпкиндүүлөр кыймылын, стахановчулар кыймылын колдогон, биринчи беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда аткарууда оштук жумушчулардын к-з м-н с-здорго шефтик кылууда, сабатсыздыкты жоюуга демилгечи болгон. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Ош шаардык парт. уюму ишмердигин согуш кырдаалына жараша багыттаган, шаардын экономикасын ж-а элден чогулган каражаттарды фронтко жумшаган. Парт. уюмдун аракети м-н Оштун ө. ж. кыска мөөнөтүн ичинде Кызыл Армия үчүн продукция чыгарууга өткөн. Шаардын парт. уюму фронттогулардын аялдары менен энелеринин кыймылын, фронтко жардам кыймылын кубаттаган, эвакуацияланган сов. граждандар м-н поляктарды жайгаштыруу б-ча ишти жетектеген. Согуштан кийинки жылдары парт. уюмдардын жетекчилеринин билим деңгээли кыйла жогорулады. Саясий ийримдер түзүлүп, парт. активдин семинарлары такай өткөрүлүп турган, марксизм-ленинизмдин кечки университети иштеген. Шаардык парт. уюмдун ишмердиги негизинен ө. ж. м-н курулушту башкарууну кайра түзүү, коммунисттерди чарбанын тармактары б-ча кызматка коюуну жакшыртуу, парт. уюмдардын структурасын өркүндөтүүгө багытталган. Парт. уюмдардын жетекчилиги м-н шаардыктардын күжүрмөн эмгегине, СССР элдеринин достугу ж-а өз ара жардамдашуусуна байланыштуу Ошто жакшы өнүккөн өндүрүш ж-а маданият комплекси түзүлгөн. Шаардык парт. уюмунда 267 баштапкы, 138 цехтик парт. уюму, 229 парт. тобу болгон; алар 45 улуттун өкүлдөрүнөн турган 7233 коммунистти биріктирет (1986). Шаардык парт. 31 конференция өткөрүлгөн.

Ош шаардык партиялык конференциялар

Конференциялар	өткөн датасы	шайланган 1-секретарлары
1-конференция	1940-ж. 1-март	П. И. Колосов
2-конференция	1943-ж. 1-март	Г. Д. Сулейкин
3-конференция	1948-ж. 16—17-январь	Н. Г. Нарожный
4-конференция	1949-ж. 15—16-январь	Г. К. Вахитов
5-конференция	1950-ж. 18—19-февраль	Г. Х. Вахитов
6-конференция	1951-ж. 27—28-январь	Г. Х. Вахитов
7-конференция	1952-ж. 27—28-февраль	Г. Х. Вахитов
8-конференция	1952-ж. 31-август	Э. Т. Базарбаев
9-конференция	1953-ж. 24—25-январь	Э. Т. Базарбаев
10-конференция	1953-ж. 26—27-декабрь	Э. Т. Базарбаев
11-конференция	1955-ж. 8—9-январь	В. П. Москвитин
12-конференция	1955-ж. 26—27-ноябрь	В. П. Москвитин
13-конференция	1956-ж. 22—23-декабрь	В. П. Москвитин
14-конференция	1957-ж. 28—29-декабрь	В. П. Москвитин
15-конференция	1958-ж. 29-ноябрь	В. П. Москвитин
16-конференция	1960-ж. 21—22-январь	В. П. Москвитин
17-конференция	1960-ж. 3-декабрь	Р. Менсеитова
18-конференция	1961-ж. 1—2-сентябрь	Т. Аманалиев
19-конференция	1963-ж. 12-январь	Т. Аманалиев
20-конференция	1963-ж. 16-ноябрь	Т. Аманалиев
21-конференция	1964-ж. 4-декабрь	Т. Аманалиев
22-конференция	1966-ж. 15-январь	Т. Аманалиев
23-конференция	1968-ж. 26-январь	Т. Аманалиев
24-конференция	1971-ж. 21-январь	Э. Абакиров
25-конференция	1974-ж. 12-январь	И. Касендеев
26-конференция	1975-ж. 12-декабрь	И. Касендеев
27-конференция	1978-ж. 9-декабрь	Р. С. Кульматов
28-конференция	1980-ж. 29-ноябрь	С. А. Аблесов
29-конференция	1983-ж. 3-декабрь	Р. С. Матыев
30-конференция	1985-ж. 30-ноябрь	Р. С. Матыев

ОШ ШААРДЫК СТАДИОНУ (Ош ш., К. Маркс көчөсү, 1). Шаардык спорт к-тине карайт. Футбол аянты, 400 метрлик асфальт төшөлгөн чуркоо жолу, секирүү ж-а снаряд ыргытуу б-ча секторлору, баскетбол, волейбол, кол тобу ойнолуучу аянтчалары бар. Трибунасы 15 миң орундуу. Мейманканасы 40 орундуу.

ОШ «ШААРДЫК ТАМАК-АШ СООДА» БИРИКМЕСИ (башкармасы: Ленин көчөсү, 131). 1963-ж. «Шаардык аралаш соода» бирикмесинен бөлүнүп чыккан. Жалпы соода аянты 10,3 миң $м^2$ 126 соода ишканасы бар. 9 чарбалык эсептеги дүкөндү, 85 чекене соода кылуучу тармакты, 21 айнек идиштерди кабыл алуучу пунктту, аянты 6135 $м^2$ 7 кампа, 2 муздаткычты (көлөмү 250 $м^3$), жылына 7500 *т* азык-түлүктү идиштерге салуучу цехти биріктирет (1986). Эң ири дүкөндөрү — «Универсам», «Ширин», «Кыргызстан» гастрономдору.

ОШ ШААРДЫК ЭЛ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 318) — Оштогу мамл. бийлик органы (1977-ж. октябрга чейин Ош шаардык Эмгекчи депутаттар совети). Жалпы, тең укуктуу ж-а тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү м-н 2,5 жылдык мөөнөткө шайланат. Ош обл. Эл депутаттар советине отчёт берип турат. Өз укуктарынын чегинде мамл., чарбалык ж-а социалдык-маданий курулуш маселелерин чечет; экон. ж-а социалдык өнүгүүнүн планын, шаардын бюджетин ж-а анын аткарылышы ж-дөгү отчёттору бекитет; өзүнө баш ийген мамл. уюмдардын, ишканалардын ж-а мекемелердин ишин жетектейт; Закондорду мамл. ж-а коомдук тартипти сактоону, граждандардын укуктарын коргоону камсыз кылат; өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоого көмөктөшөт. Сессиялары жылына 4төн кем эмес жолу чакырылат. Шаардык советтин ар бир чакырылышынын 1-сессиясында Ош шаардык Эл депутаттар советинин аткаруу комитети шайланып, Советтин туруктуу комиссиялары түзүлөт, элдик контролдун шаардык к-тинин составы ж-а аткаруу к-тинин комиссиясы бекитилет. 1982-ж. 18-чакырылган Ош шаардык Эл депутаттар советинин составына 335 депутат шайланган; а. и. 207 жумушчу, 128 кызматчы, 157 КПСС мүчөсү, 91 ВЛКСМдин мүчөсү, 168 аял, алардын 64ү 24 жашка чейинкилер; илимий даражасы бар 4 депутат болгон. 1985-ж. 24-февралда шаардык советтин 19-чакырылышына шайлоо болуп өткөн. Жумушчулар м-н кызматчылар, коммунисттер м-н партияда жоктор (335

депутат) шайланган. Депутаттык топ түзүлүп, анын ишине Ош областтык Эл депутаттар советинин ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаттары активдүү катышат. Ош шаардык советинин Ош солдат депутаттар советинин (к. *Алгачкы советтер*) негизинде түзүлгөн. 1918-жылдын декабрынан 1923-ж. чейин Ош шаардык советинин ж-а шаардык аткаруу к-тинин милдетин Ош уездик-шаардык рев-ячыл к-ти аткарган (к. *Революциячыл комитеттер*).

ОШ ШААРДЫК ЭЛ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИНИН АТКАРУУ КОМИТЕТИ — Ош шаардык Эл депутаттар советинин аткаруучу ж-а тескөөчү органы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 318). Шаардык Советтин депутаттарынан председатели, председателдин орун басары, секретары ж-а мүчөлөрүнөн турган аткаруу комитети шайланат. Аткомдун кеңешмеси айына 2ден кем эмес жолу өткөрүлөт. Өнөр жайы, транспорт ж-а байланыш, соода ж-а коомдук тамактануу, табиятты коргоо, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, турак жай-коммуналык чарба ж-а абаттандыруу, саламаттыкты сактоо ж-а маданий агартуу иштери б-ча бөлүмдөрү бар. 1985-ж. 4-мартта Ош шаардык советинин 19-чакырылышынын 1-сессиясында 11 адамдан турган аткаруу комитетинин составы шайланган. Председатели — В. Ф. Калинин. Шаардык аткаруу комитети аны шайлаган шаардык советке, обл. аткаруу комитетине, о. эле эмгек коллективдеринде ж-а гражданддардын жашаган аймактары б-ча болгон жыйындарда шайлоочуларга отчёт берип турат.

ОШ ШААРЫНДАГЫ ЭСТЕЛИКТЕР. Шаар аймагында 30дан ашуун тарых ж-а маданият эстеликтери бар. Археология эстеликтерине Ош тургун жайы, *Ак-Буура чеби, Чаян-Дөбө шаар чалдыбары,* Өзгөр II, Төлөйкөн дөбө-мүрзөлөрү кирет. Ош ш-ндагы археологиялык эстеликтердин бардык маданий катмары коргоого алынган. Маданий катмар жаткан жерлерди пайдалануудан мурда ал жерлерде археологиялык изилдөөлөр жүргүзүлөт. Мис., педагогика ин-тун куруу үчүн казылган чуңкурдан б. з. ч. 2—1-миң жылдыкка таандык материалдар табылган. Архитектуралык ж-а шаар куруу эстеликтерине орто кылымдагы суу куурлары жеткирилген мончосу бар маала (10—12-к.) 16-к. — 20-к-дын башына таандык *Мухаммад Юсуп Байхожо уулу мечити, Асаф ибн Бурхия күмбөзү,* Сулайман тоосундагы мавзолей (16—17-к.), оймо-чиймелер м-н кооздолгон чиркөө ж-а турак үйлөр кирет. Шаар тарыхынын эстеликтери: 1920-ж. М. В. Фрунзе чыгып сөз сүйлөгөн Ленин көчөсүндөгү № 117 үй, Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөштө курман болгон кызыл аскер боордошатор мүрзөсү, В. Голубевдин мүрзөсү, басмачыларга каршы күрөш мезгилиндеги чептин дубалдарынын уранды-лары (Ленин көчөсүндө) ж. б. Иск-во эстеликтерине Ош ш-нда 20-жылдардын ортосунда пайда болгон В. И. Ленниндин скульптуралары (биринчи эстелик 1925-ж. 1-майда орнотулган) кирет. Кийин М. И. Калинин (1965; скульп. Н. Н. Лодягин), А. Навои (1968), Токтогул (1968), Ж. Бөкөнбаев (1972), В. Голубев (1974), баатыр комсомолдорго (1974), В. И. Ленинге (1986) эстелик тургузулган.

ОШ ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Ош ш., Тельман көчөсү, 5). 1951-ж. негизделген. 1976-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Филиалдары ж-а бөлүмдөрү катары 10 шаардык китепкананы (№ 1 филиалы, Урицкий көчөсү, 6; № 2 филиалы, ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 35; № 3 филиалы, Юбилейный проспекти-си, 36; № 4 филиалы, ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 19а; № 5 филиалы, Белинский көчөсү, 67; № 9 филиалы, Салиева көчөсү, 22б) бириктирет, анын төртөө балдар китепканалары. Ири ө. ж. ишканаларында бригадалык абонементтер ачылган. Шаардагы 13 профсоюздук, 7 ведомстволук, о. эле мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз, өзбек ж-а чет тилдерде 292,6 миң нуска китеп бар. 31,3 миң окурманды тейлейт (1985).

ОШ ШААРЫНЫН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Ош ш., Ленин көчөсү, 156). 1968-ж. түзүлгөн. Стационары 320 орундуу. Адистештирилген бөлүмдөрү: терапия (60 орундуу), жугуштуу оорулуу чоң кишилер ж-а балдар үчүн (50), хирургия (50), травматология (40), гинекология (40), офтальмология (40), отоларингология (40). 73 врач, 151 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986). 1985-ж. 8,1 миң оорулуу дарыланган, 3 миңдей операция жасалган. Поликлиникасы (Ленин көчөсү, 320) сменасына 250 адамды кабыл ала алат.

ОШ ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда мамл. 5 клубдук мекеме (а. и. 2 шаардык маданият үйү, 3 автоклуб), о. эле 13 профсоюздук клуб, а. и. кебез кездеме өндүрүш бирикмесинин 600 орундуу клубу (Юбилейный проспектиси) ж-а жибек комбинатынын 270 орундуу клубу (Гагарин көчөсү, 108) иштейт (1986). Шаардык № 1 маданият үйү (Свердлов көчөсү) 1927-ж. ачылган.

ОШ ШААРЫНЫН КӨЧӨЛӨРҮ. Эски шаардын көчөлөрү стихиялуу баш аламан калыптанган. Курулуштар эч кандай долбоорсуз эле курулган; бийик дубалдар м-н тосулган кууш, ийри ж-а туюк көчөлөр көп болгон. Нег. көчөлөрү шаарга келген илгерки чоң танган. Мис., Анжиян багытындагы Свердлов ж-а Ленин көчөлөрү, Каратиси ж-а Кыргызстан көчөсү өсүп чыккан. Көчөлөрдүн мурунку аттары жердин өзгөчөлүгүнө (Тоолуу, Бешкөпүрөк, Мажүрүм-Тал, Үч-Көчө, Сай-Көчө), коңшулаш калктуу пункттарга (Кара-Суу, Анжиян, Араван, Алай, Ноокат), калкынын улуттук составына (Тажик, Татар, Өзбек, Кыргыз) жараша болгон. Көп көчөлөрдүн азыркы аттары тарыхый окуяларга (Жеңиш, Юбилейный, Октябрдын 25 жылдыгы, ВЛКСМдин 50 жылдыгы ж. б.) байланышкан. К-гө эл аралык пролетариаттын жол башчыларынын (К. Маркс, Ф. Энгельс, В. И. Ленин), Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдүн (В. Д. Голубев, Т. Ф. Хохлов, У. Салиева), Гражд. согуштун баатырларынын (В. И. Чапаев, Н. А. Щорс, Г. И. Котовский), Улуу Ата Мек. согуштун баатырларынын (Д. Н. Пичугин, М. Жалил, С. Рахимов), советтик мамл. ж-а парт. ишмерлердин (Я. М. Свердлов, М. В. Фрунзе, К. Е. Ворошилов, Ф. Э. Дзержинский ж. б.) ысмы коюлган. Көп көчөгө илимпоздордун (М. В. Ломоносов, И. В. Курчатов, С. П. Королёв), орус ж-а совет адабиятынын, сүрөт ж-а музыка иск-восунун классиктеринин (Л. Н. Толстой, А. П. Чехов, А. М. Горький, А. С. Пушкин, Ф. М. Достоевский, В. В. Маяковский, Хамза, Айни, Г. Гулям, И. Е. Репин, В. И. Суриков, М. П. Мусоргский, И. И. Глинка) ысымдары берилген. Айрым көчөлөр боордош респ-лардын борборлорунун, ири шаарлардын урматына (Ашхабад, Киев, Москва, Ленинград, Ташкент д. у. с.) аталган. Бир катар көчөлөр Кыргызстандын админ. р-ндорунун ж-а ш-нын (Ала-Бука, Алай, Өзгөн, Жалал-Абад, Баткен көчөлөрү) атын алып жүрөт. Нег. көчөлөрү: Свердлов, Ленин, Кыргызстан, Тельман, Гагарин көчөлөрү, Юбилейный проспектиси.

ОШ ШААРЫНЫН МАДАНИЯТ ЖАНА ЭС АЛУУ ПАРКТАРЫ. Областтын борборунда 3 парк бар (1986). Токтогул атн. маданият ж-а эс алуу паркы (Свердлов — Голубев көчөлөрү) 1878-ж. генерал-губернатордун шаардык багы катары түзүлгөн. 1918-ж. бул бакта, Ак-Буура суусунун боюна кызыл аскер В. Д. Голубевдин сөөгү коюлган. Комсомолдордун демилгеси м-н бул бак шаардык маданият ж-а эс алуу багына айландырылган. 1934-жылдан Токтогулдун ысмында. 1968—69-ж. бактын нег. дарбазасы реконструкцияланып, Токтогул Сатылгановго эстелик тургузулган. Аянты 12 *га.* Терек, мажүрүм тал, арча, зараң, ак чечек ж. б. (даректын 20 түрү) өсөт. Бактын түндүгүнөн канал өтөт. Түш. бөлүгүндө 1500 орундуу жайкы театр курулган; бий аянтчасы, оюн автоматтары бар. Жеңиш атн. маданият ж-а эс алуу багы 1980-ж. «Түштүк Чыгыш» турак жай микрорайонунда, Ак-Буура суусунун боюнда түзүлгөн. Аянты 15 *га.* Тал, бадалдар өсөт. 800 орундуу жайкы театр курулууда. Бактын түш. тарабында эс алуу зонасы, бассейн бар. Навои атн. маданият ж-а эс алуу багы 1924-ж. Ак-Буура суусунун боюнда түзүлгөн. Аянты 6,5 *га.* Сууну бойлото байтеректер отургузулган. Бактын кире беришинде Алишер Навоиге эстелик тургузулган. Свердлов көчөсүнөн Ак-Буура суусуна чейин фонтандар каскады курулган. Чайкана, балдар ойноочу авт. шаарчасы ж. б. бар.

ОШ ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Ош ш-нда 25 дарылоо-алдын алуу мекеме иштейт (1986). Алар: областтык ооруканa (поликлиникасы м-н), областтык балдар ооруканасы (поликлиникасы м-н), Ош шаардык балдар ооруканасы, Ош шаарынын борбордук ооруканасы, поликлиникалары бар чоңдордун ж-а балдардын 6 шаардык ооруканасы, поликлиникасы (Тельман көчөсү, 36) сменасына 400 адам кабыл ала турган жугуштуу оорулуу чоң кишилер (60 орундуу) ж-а балдардын № 2

шаардык ооруканасы, поликлиникасы сменасына 154 киши кабыл ала турган № 3 шаардык оорукана (стационары терапиялык 100 орундуу ж-а невролгиялык 40 орундуу), Ош кебез кездеме өндүрүш бирикмесинин мед. бөлүмү — стационары 150 орундуу (Касымов көчөсү, 7), поликлиникасы 350 адамдык (Салиева көчөсү, 3), 25 медпункт. Курууучулар үчүн сменасына 250 адам кабыл ала турган мед. санитария бөлүмү бар. Оштогу СССРдин 60 жылдыгы атн. текстиль комбинатынын сменасына 250 адам кабыл алуучу поликлиника, 100 орундуу стационары бар мед. санитария бөлүмү, Кыргыз ССР Саламаттык сактоо мин-восунун 4-Башкы башкармасынын сменасына 50 адам кабыл ала турган поликлиникасы (Свердлов көчөсү), 50 орундуу оорукана иштейт. Оэле 6 диспансер (анын бешөө обл.), 2 төрөт үйү, чоңдор үчүн 2 (№ 4 ж-а № 6) ж-а балдар үчүн 3 шаардык поликлиникасы, 3 стоматологиялык поликлиника (анын 1 обл., 1 балдар үчүн), ишканалар м-н окуу жайларда 30 фельдшердик медпункт, 2 санитария-эпидемиология станциясы, 1 шаардык дезинфекция станциясы бар. Шаардын амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 5 миң адамды кабыл ала алат, стационары 3 745 орундуу, 994 врач, 2 536 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ОШ ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — облусттун борборун өнүктүрүү ж-а реконструкциялоонун негизги багыттарын аныктаган шаар курулушунун документи. Шаар соода жолунун боюнда тургун жай катары пайда болгон. Ош 9—10-к. цитадель, шахристан, рабат бөлүктөрүнөн турган ошол мезгилге мүнөздүү кадимки чеп болгон. 17—19-к-да тар, ийри көчөлүү, ызы-чуулуу базары, чайкана, мечит, кедейлердин кепелери ж-а чарбагы бар шаарга айланган. Кырг-ндын түш. аймактары Россияга кошулган жылы (1876) Ошто 20 миң киши жашаган. Шаардын борборунда топурактан согулган бир кабат үйлөр жыш тургузулган, бийик дубалдуу кууш көчөлөрдө эски мечиттер ж-а медреселер заңкайып турган. 19-к-дын 80-жылдарынын башында эски Оштун түш. тарабына үйлөр салынып, жаңы шаар пайда боло баштаган. Ушул мезгилде шаарды кууруну пландаштыруруга алгачкы аракеттер жасалган. Жаңы маалалар кыштан тургузулуп, админ. ж-а коомдук имараттар, соода объекттери үчүн орун аныкталган. Совет бийлиги мезгилинде Ош шаарын кууу ж-а реконструкциялоонун биринчи пландаштырылган документин 1940-ж. «Кыргыз мамлекеттик долбоорлоо» тресті нег.



Ош ш-ндагы студенттер шаарчасы.

пландын схемасы түрүндө (арх. В. К. Змиевский) түзгөн. Ал план б-ча шаарда төрт бурчтуу ж-а радиус сымал көчөлөрдү куруу сунуш кылынган. 1949-ж. ушул эле долбоорлоо уюму топографиянын негизинде Оштун 1-негизги планын (долбоордун авторлору арх. В. З. Нусов, А. Г. Куцемелов, инж. Л. Л. Хворостинская) түзгөн. 50—60-жылдары түзүлгөн негизги план б-ча педагогика ин-тунун алдына жаңы аянт курулуп, турак жай маалалары кеңейтилген, бак-даракгар отургузулган, спорт курулмалары курулган, Ленин көчөсү реконструкцияланып, Ак-Буура суусунун бою абаттандырылган. 1970-ж. «Кыргыз мамлекеттик долбоорлоо институту» 220 миң кишиге эсептелген шаардын жаңы негизги планын (долбоордун авторлору арх. Н. В. Карпенко, А. А. Мечковская, Г. Г. Соосар ж. б.) иштеп чыккан. Бул план б-ча шаар турак жай, ө. ж. кампалар ж-а кампалар зоналарына бөлүнөт. Шаардын архитектура-план структурасы Ак-Буура суусунун, Сулайман тоосунун тектирлүү дөңсөөлүү рельефине жараша негизделип чечилген. Жашылдандырылып көрктөндүрүлгөн. Абаттандырылган Ак-Буура-нын жайылмасы башкы композициялык борбор болуп эсептелет. Ак-Буура суусун бойлото админ. имараттар м-н комплекстер курулган. Админ. имараттар курулган Свердлов көчөсү башкы көчөнүн милдетин аткарат. Бул көчөдө театрдын, партиянын обкому м-н облаткомунун имараттары жайгашкан. Шаар курулушунда негизги орунду Сулайман тоосу ээлейт. Шаар транспортунун мындан аркы өнүгүшүн эске алуу м-н автотранспорт

байланышы үчүн жол шаардын сыртына салынат. Кийинчерээк шаардын чек арасынын өзгөрүшүнө ж-а көп баттуу үйлөрдү курууга байланыштуу негизги планга түзөтүүлөр киргизген. 1971-ж. Кыргыз мамл. курулуш долбоорлоо ин-ту 227 миң кишиге эсептелген 1-кезегинин (1990-ж. чейин), 227 миң кишиге эсептелген 2-кезегинин (2000-ж. чейин) долбоорун иштеп чыккан; анда 4—5 кабаттуу, айрым жерлерде 9—12 кабаттуу үйлөр курулгизген түзөтүүсүнүн негизинде шаардын борборунун так пландоо долбоору түзүлөт (1985). Борбордук композициялык ядросун обком м-н облаткомдун имараттары түзөт. Шаардын борбору долбоорлонуп жаткан обл. маанидеги админ. мекемелер комплексинин айланасына топтолот. Борбордо обл. ж-а шаардык маанидеги маданий-агартуу ж-а соода мекемелерин, о. эле мемориалдык комплексти куруу каралууда. Оштун борбору долбоорлонуп, ал шаардын план-структурасынын маанилүү составдык бөлүгү катары калыптанууда. Борб. зонага түндүгүнөн Ак-Буура суусунун жог. тектирлеринде жайгашкан шаардык базардын аймагы туташат. Борбордун түн.-батыш тарабына Сулайман тоосунун айланасына эс алуу зонасы — ири парк түзүлөт. Келечекте Свердлов көчөсү м-н катар Тельман, Ленин, Кыргызстан, Гагарин көчөлөрү ж-а Юбилейный проспектиси шаардын нег. көчөлөрү болмокчу.

ОШ ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1937-жылдан шаар калкын турмуш-тиричилик жактан кийим тигүүчү, өтүкчү, жыгач уста, темир усталарды бириктирген ө. ж. кооперациялары тейлей баштаган. 40—50-жылдары бул артелдерден шаардык ө. ж. комбинаты (Алай р-нунда филиалы болгон) ж-а шаардык турмуш-тиричилик комбинаты түзүлгөн; алар 1963-ж. Ош турмуш-тиричилик комбинатына бириккен. 1969-ж. турмуш-тиричилик комбинатынан «Тиричилик техника» з-ду, 1972-ж. «Химчистка» ф-касы ж-а турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты, 1979-ж. «Жекече буйрутма боюнча кийим тигүү» ж-а «Бут кийим» ф-калары бөлүнүп чыккан. 1980-ж. «Тиричилик мебель» ф-касы, 1981-ж. Ош областтык «Тиричилик радиотехника» бирикмеси, 1984-ж. фотокомбинат түзүлгөн. О. эле шаарда чач тарач, аманат пункттары, үн жазуу студиялары, турмуш-тиричилик үйлөрү иштейт. Оштогу адистештирилген ишканалардын бир бөлүгү областтын р-ндорун, шаарларын тейлейт.

ОШ ЭЛЕКТР ТАРМАК ИШКАНАСЫ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 102). СССР энергетика мин-восунун Кыргыз ССР электрлештирүү ж-а энергетика б-ча Башкы өндүрүш башкармасына карайт. 1965-ж. «Сельэнерго» ж-а Ош РЭСинин базасында обл-тын электр тармак чарбаларын тейлөө максатында түзүлгөн.

ОШ ЭС АЛУУ ҮЙҮ (Ош ш., Голубев көчөсү, 82). 1924-ж. түзүлгөн. 1927-жылдан Кырг-н профсоюздарына карайт. Согушка чейинки мезгилде маалдуу иштеген. 100 миңден ашык адам ден соолугун чыңдаган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында аскер госпиталы болгон. 319 орундуу. Жылына 9 587 киши эс алат. 110 кызматкер (а. и. 1 врач, 1 фельдшер) иштейт.

ОШ «ЭТ, КОНСЕРВА КОМБИНАТ» БИРИКМЕСИ (администрациясы: Ош., Кара-Суу көчөсү, 1). Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тине карайт. 1973-ж. түзүлгөн. Анын 6 ишканасы бар. Эң ирилери Ош ж-а Жалал-Абад ш-нда. О ш эт комбинаты (Кара-Суу көчөсү, 1) 1945-ж. курулган. Реконструкциялангандан ж-а консерва цехинде үзгүлтүксүз иштөөчү 2-линия ишке киргизилгенден кийин кубаттуулугу арткан. Жылына 9400 тдай эт иштетилет (1985). Жалал-Абад эт комбинаты (ВЛКСМ көчөсү, 20) 1951-ж. иштей баштаган. Колбаса цехи бар. Жылына 6500 *т* эт иштетилет. Мындан тышкары Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Сүлүктү, Таш-Көмүр эт комбинаттары бар. Бирикме б-ча жылына 26 500 тдай эт иштетилет; 700дөй киши, а. и. 291 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт. Бирикменин пионер лагери бар.

ӨЗГӨН — шаар, Өзгөн р-нунун борбору. Д. дең. 1012 *м* бийиктикте, Кара-Дарыя суусунун (Сыр-Дарыянын ала-

бы) оң өйүзүндө, Ош — Кара-Кулжа авт. жолунун боюнда, б. Өзгөн ш-нын ордунда жайгашкан. Ош ш-нан 68 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 44 *км*. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —3,2°С, июлдуку 23,6°С. Жылдык жаан-чачыны 549 *мм*. Ө. — Кырг-ндагы б. шаар. Б. з. ч. 2—1-к-да пайда болгон. Орто кылымдагы араб, фарси, түрк тилдеринде жазылган даректерден белгилүү. Азыркы мезгилде б. Өзгөндүн калдыгы ж-а архитектуралык курулмалары сакталган. Маданий катмары 4,5 *м*ге чейин. Кара-Дарыя ж-а Жазы сууларынын аралыгындагы бийик тектирчелер м-н адырларда жайгашкан. Цитадель ж-а шахристан терең коолор, Кара-Дарыянын жээгин бойлото казылган аңдар м-н курчалып, өзүнчө жайгашкан 4 дөбөдөн орун алган. Цитадель ортоңку дөбөдө (Өзгөн III), ага чыгышынан ж-а батышынан жаңаша жаткан дөбөлөрдө (Өзгөн I, II, IV) шахристан жайгашкан; бул дөбөлөр орто кылымдан бери көрүстөн катары пайдаланылат. Шахристандын түн. тарабынан б. *Өзгөн-Арык* каналы (андан көптөгөн арыктар таркайт) өтөт. Шахристанга шаардын чет-жакасы — рабат туташат, ал чыгыш ж-а батыш жагынан дубал м-н тосулган. Шаардын түн. чеги Жазы суусу, түш. чеги Кара-Дарыя суусу болгон. Бул жерде курулуштардын калдыктары — шаар чалдыбары ж-а байыркы доорго таандык дөбөлөр сакталган. Орто кылымдагы мүрзөлөрдөн жазуу чегилген таштар табылган. Андагы жазуулардан шаардын тарыхы, топографиясы, Фергана өрөөнүнүн экономикасы ж-а маданий турмушу ж-дө маалымат алууга болот. Бул жазуулар 12—15-к-га таандык. Өзгөн тууралуу алгачкы маалыматтар 9—10-к-га таандык. Бул мезгилде ал көлөмү б-ча Ферганадагы төртүнчү (Ахсикент, Куба, Оштон кийинки) шаар болгон. Миянрудан дубанына (борбору — Хайлам) кирген Саманилер мамлекетинин чет-жакадагы ири соода борбору болуп эсептелген. 10-к-дын 30-жылдарында Ө-дө кол өнөрчүлүк м-н соода өнүккөн, алгачкы тыйын акчалар чыгарылган. Караханилер династиясынын күч алышынан тартып Ө. алардын уделдик борбору болуп калган. 10-к-дын аягында илекхандардын батышка карай баскынчыл жортуулдары ушул жерден башталган. 11-к-дын 2-



Өзгөн маданият үйү.

жарымынан 13-к-га чейин. Ө. Караханилер мамлекетиндеги Фергана уделинин борбору болгон. 10—12-к-да шаардын аянты 12—15 $км^2$ге жеткен. Тимурдун бийлиги (14-к.) мезгилинде баштагыдай эле соода ж-а саясий борбор б-ча кала берген. Кийин Ө. ири саясий ж-а админ. борбор катары маанисин жогото баштайт. Орто кылымдын аягында шаардын аймагы бир кыйла кичирейип чакан шаарга айланган. Бабурдун китебинде Ферганадагы 8 шаардын ичине кирген эмес. 19-к-дын башында Кокон хандыгына өткөн. Кырг-н Россиянын курамына кошулганда Анжиян уездинин карамагына кирген. 1917-ж. октябрда Ө-дө Совет бийлиги орнотулган. 1924-ж. Кара-Кыргыз автономия обл. түзүлгөндө Ош округундагы Өзгөн болушунун борбору болуп калган. Өзгөн ш. Совет бийлиги мезгилинде кайра жаралды. Тамак-аш ө. ж. өнүккөн. Шаарда кургак сүт, нан, пиво ж-а минералдуу суу з-ддору, килем ж-а улуттук сайма өнөрчүлүк комбинаты, элдик театр ж. б. иштейт. Шаарда 5 орто мектеп, сегиз жылдык мектеп, муз. мектеп, р-ндук борб. оорукана, поликлиника, 8 бала бакча, маданият үйү, «Айчүрөк» кинотеатры, 2 маданият ж-а эс алуу паркы бар. В. И. Ленинге, М. В. Фрунзеге, Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстеликтер тургузулган. Шаардын борборунда *Өзгөн архитектуралык комплекси* жайгашкан. Шаар *Өзгөн шаарынын негизги планы* б-ча өсүп жатат.

ӨЗГӨН — Өзгөн р-ндагы совхоз (борб. чарбагы: Өзгөн ш.). 1963-ж. В. И. Ленин атн., К. Маркс атн., «Победа» к-здорунун базасында түзүлгөн. Сүт саап алууга ж-а тамеки өстүрүүгө адистешкен. 7 миң *га* (а. и. айыл чарбага жарактуу 6,1 миң *га*) жери, 2,8 миң бодо мал, 2,4 миң кой-эчкиси бар.

ӨЗГӨН АРХЕОЛОГИЯЛЫК-АРХИТЕКТУРАЛЫК МУЗЕЙИ (Өзгөн ш.).

1982-ж. Өзгөн архитектуралык комплексинин базасында Ош бириккен тарых-маданият музей-коругунун филиалы катары түзүлгөн. Өзгөн оазисинин б. тарыхы б-ча экспонаттар үчүн мавзолейден жай бөлүнгөн, анын аянты 67 $м^2$. Экспозициянын негизин археологиялык казууларда табылган жерг. материалдар түзөт.

ӨЗГӨН АРХИТЕКТУРАЛЫК КОМПЛЕКСИ — орто кылымдын архитектура эстелиги. Өзгөн ш-нын борборунан түштүгүрөөктө, Кара-Дарыя суусунун жайылмасынан жогорураак тектирчеде, б. Өзгөн ш-нын (к. *Өзгөн түштүк шаар чалдыбары*) аймагында жайгашкан. Порталдары жаңаша салынган 3 мавзолейден ж-а алардан 150 *м* түн.-батыш тарапта жайгашкан мунарадан турат. Союздук-респ. маанидеги эстелик катары 1923-ж. мамлекеттин коргоосуна алынган. А. П. Федченко, Н. А. Северцов, Б. Н. Засыпкин, А. П. Якубовский, А. Н. Бернштам, В. Е. Русов, Ю. А. Заднепровский, О. Беренлиев, Д. Ф. Винник, В. Д. Горячева, Ж. Иманкулов, Г. А. Пугаченкова ж. б. изилдеген. 11—12-к-га таандык. Түндүк, Ортоңку ж-а Түштүк деп шарттуу аталган мавзолейлер адегенде Караханилер мамлекетинин өкүмдарларынын күмбөзү болгон. Адегенде Ортоңку мавзолей (11-к-дын башы) курулган. Ал сырткы беттеринин жалпы уз. 13,07 *м*, түбү чарчы келген курулуш. Эшиги бар батыш фасады ж-а түш. фасады портал түрүндө салынган. Түш. фасадындагы оюкта б. мезгилде кооз кашаа-панжара коюлган. Арткы чыгыш фасадында да кашаа м-н коозделгон оюк бар. Түн. фасадынын оюгу жок, туюк. Эстеликтин бурчтарына бети түркүн кыш м-н кыналып, оймо-чиймеленип кооздолуп, 1/4 ине чейин жерге киргизилген колонна-түркүктөр орнотулган. Алардын үстүнө мавзолейди айланта карниз коюлган. Карниздин үч катары «дандана» (кыштарды кырынан кыноо) тибинде курулган. Мавзолейдин дубалдары ж-а кумпасы сары чопо ылай м-н жабыштырылган кыштан тургузулган. Ортоңку мавзолейде орто азиялык мавзолейлердин порталынын архитектуралык образы толук эле сакталган, бирок батыш фасадында сүйрү оюмдун ордуна кырдуу кыштар туурасынан коюлуп, рама жасалган. Порталдардагы оймо-чиймелүү «П» сымал рамалар кыштарды чыгынкы кыноо аркылуу түзүлгөн. Ич жагында дубал кумпага тирелип ж-а анча бийик эмес сегиз бурчтук аркылуу кошулган. Сегиз бурчтук ж-а тромптун үстүңкү катары кооз оймо-чиймелер м-н жыш кооздолгон. Түндүк мавзолей 1152-ж. Ортоңку мавзолейге жаңаша салынган. Анда мавзолей курулган мезгил ж-а Батыш Караханилер мамлекетинин өкүмдары Хусейн Хасан ибн Алинин аты оюлуп жазылган. Бул мавзолейдин карнизи, бурчтарындагы түркүктөрдүн оймо-чиймелери Ортоңку мавзолейдикине окшош. Түндүк мавзолейди курганда Ортоңку мавзолейдин туюк дубалы оюлуп, бул эки мавзолейди байланыштырган. Мавзолейдин түбү сырт жагынан 12,3×10,6 *м* келген тик бурчтук. Бирок ич жагында мавзолейдин астанасы дубалды калыңдатып же жукартуунун эсебинен төрт жагы тең 7,55 *м*ден чарчы формага келтирилген. Кирүүчү эшиги бар батыш фасады порталдуу, түн. фасады оюлуп, темир панжара м-н тосулган, чыгыш фасады туюк. Фасаддарынын бийикт. 10,6 *м*. Порталын кооздоодо кыштарды кыноо ж-а ганч оймолору, о. эле оймо-чиймелүү терракота да кеңири колдонулган. Терракотадагы куфи ж-а насх жазмалары, о. эле порталдын оюгундагы оймо-чиймелер өтө кызыгууну туудурат. Ич жагы кооздолгон эмес. Дубал кумпага тромп ж-а анча бийик эмес сегиз бурчтуктар аркылуу туташат. Тромптордогу аркаларда сүйрү оюктар бар. Кумпасы ж-а дубалдары ак ылай м-н кыналган кыштан (бир катар) тургузулган. Түштүк мавзолей терракотадагы жазууларга караганда 1187-ж. курулган. Анын түбү сырт жа-

Өзгөн архитектуралык комплекси. Мунара.



гынан тик бурчтук (10,27 *м* × 7,8 *м*), ич жагынан чарчы (ар бир жагы 6,4 *м*) формада. Батыш жактары кируучу фасады башка фасаддарынан бийик болуп (бийикт. 10,4 *м*), портал катары өзүнчө бөлүнүп турат. Андагы оймо-чиймелер өтө кооздугу м-н өзгөчөлөнөт. Ганч оймо-чиймеси кире беристеги арканын шыбына гана жасалган. Түн. ж-а түш. капталдарында оюктары бар. Түн. фасадындагы оюк Түштүк мавзолейди Ортоңку мавзолей м-н байланыштырат. Түштүк фасадындагы оюк темир панжара м-н тосулган. Чыгыш фасады туюк. Ич жагында дубал арка ж-а сегиз бурчтук аркылуу кумпага туташат. Археологиялык казуулардын учурунда (1963, 1971—73) мавзолейлердин ичинен ар кайсы мезгилде көмүлгөн мусулмандардын 60 сөөгү табылган. Мунара 11-к-дын 2-жарымында курулган. Төрт бөлүктөн турат; алар: ар бир тарабы 8,7 *м* ж-а бийикт. 90 *см* келген подиум же стилобат; диаметри түп жагында 8,7 *м* ж-а уч жагында 8,4 *м*, бийикт. 5,1 *м* болгон сегиз кырдуу цоколь; түбүнүн диаметри 8,4 *м* келген конус сымал түркүк; түркүктүн учундагы фонарь. Бул бөлүктөрдүн көлөмдөрүнө караганда мунара алгачкы мезгилинде бийикт. 44,7 *м*ден кем болбосо керек. Кийинчерээк анын үстүнкү бөлүгү жер титирөөдөн кулап түшкөн. 1923-ж. бүтүн калган бөлүгүндө 20-к-дын башындагы анжияндык усталардын стилинде 5 метрлик фонарь орнотулган. Эстеликтин азыркы бийикт. 27,4 *м*. Мунаранын цоколу кыштан оймо-чиймелентилип салынган, ар кайсы жеринде тик бурчтуу чакан оюктар бар. Алар көп кырдуу кыштар м-н оймо-чиймеленип кырдалган. Цоколдун 3 капталы жылмакай келип ганч оймо-чиймеси м-н кооздолгон; түн.-батыш капталы кыштардан кыналып түрдөнтүлгөн, чыгыңкы жерлердин ортосу оймо-чиймеленген. Кире бериш жери цоколдун түш. капталында. Ал арка сымал оюлган. Андан саат жебесинин айлануусуна тескери багытка, өйдө фонарга карай өзөктү аралап кыштан курулган буралып чыкма кууш тепкич кетет. Мунаранын өзөгү жыш оймо-чиймеленген. Рельефтүү оймо-чиймелер жылмакай ганч оймо-чиймелери м-н кезектешип жайгашат. Мунара мусулмандарды азанга чакыруруга арналган, согуш учурунда кароол пункту катары пайдаланылган. 1923, 1927—28-ж. Ө. а. к. бир аз бекемделип, тазаланган, айрым жерлери реконструкцияланган. 1975—83-ж. Б. Н. Засыпкин, В. Е. Нусов, Б. В. Помаскиндин долбоору б-ча реставрациялоо-калыбына келтирүү иштери жүргүзүлгөн.

ӨЗГӨН-АРЫК — Өзгөн р-нунун аймагындагы б. канал. Б. з. ч. 3—1-к-да курулган. 1968—72-ж. археолог О. Береналиев изилдеген. Кара-Кулжа суусунан башталат. Адырды жондоп чыгыштан батышты карай Өзгөн ш-н аралап, Кызыл-Кырман кыш-нан өтүп барып бүтөт. Уз. 37 *км*, эң терең жери 2,5 *м*ге чейин, эң кең жери 30 *м*. Каналдын өз өрөөнү, нугу, жээктери бар, бул болсо андан илгертен эле суу үзүлбөй агып жаткандыгын далилдейт. 50-жылдары Ю. А. Заднепровский каналдын боюнан 90дон ашык тургун жайды белгилеген.

ӨЗГӨН ОАЗИСИ — отурукташкан дыйканчылык маданияты өнүккөн б. айматардын бири. Дыйкандардын алгачкы тургун жайлары б.з.ч. 2—1-миң жылдыктардын чегинде пайда болгон. Мында чуст маданиятынын 13 эстелиги жайгашкан. Алардын чордону дыйкан тургун жайы болгон. Б.з.ч. 1-миң жылдыктын ортосунда тургун жайлардын саны кескин көбөйүп, Шоро-Башат маданиятына тиешелүү чоң *Кара-Дарыя оазиси* (70 эстелик), ири Шоро-Башат шаар чалдыбары (*Даван* мамлекетинин Ю шаары деп болжолдонот) сыяктуу б. шаарлар пайда боло баштайт. Чыңдалган тургун жайлар Улуу Жибек жолундагы таяныч тармактарга айланган. Ага жакын жерлерди сак уруулары ж-а казанактуу мүрзөлөрдү калтырган жарым көчмөн уруулар мекендеген. Орто кылымда *Караханилер мамлекетинин* Фергана уделинин борбору — Өзгөндүн өсүшүнө байланыштуу тургун жайлардын саны азаят. Бул мезгилге таандык 10дой тургун жай белгилүү.

ӨЗГӨН РАЙОНУ — областтын борб. бөлүгүндө жайгашкан админ. аймак. 1928-ж. түзүлгөн. Батышынан ж-а түш.-батышынан Кара-Суу р-ну, түш.-батышынан Кара-Суу р-ну, түштүгүнөн Алай ж-а Совет, түндүгүнөн ж-а түн.-батышынан Сузак р-ндору, чыгышынан Ысык-Көл обл., батышынан Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 3,4 миң *км*². Калкы 143,1 миң (1987). 101 кыш-ты бириктирген 16 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Өзгөн шаары.

Табияты. Райондун аймагы Алай



(Академик Адышев кырка тоосу) ж-а Фергана кырка тоолору кошулган жерде жайгашкан; өзөн-суулар м-н көп тилмеленген дөңсөөлүү бийик түздүк. Аймагынын көпчүлүк бөлүгүн Өзгөн-Куршаб өрөөнү ээлейт. Ал Фергана өрөөнүнөн Академик Адышев кырка тоосунун этегиндеги адырлар (*Отуз-Адыр* ж. б.) ж-а Фергана кырка тоосунун бир тармагы (Сууганды) аркылуу бөлүнөт. Түш. жагынан Академик Адышев кырка тоосунун бир тармагы, түндүгүнөн ж-а чыгышынан Фергана кырка тоосу курчап турат. Фергана кырка тоосу р-ндун рельефиндеги эң бийик жер. Райондун аймагы ар түрдүү табигый ресурстарга бай. Бул жерде Орто Азиядагы эң ири *Өзгөн көмүр бассейни* жайгашкан; бассейнде 30дан ашык кен бар. Туюк, Каргаша, Бешкокталат. Үлүл таштарынын ири кендери (Сары-Таш, Куршаб), чопо (Мырза-Аке), гипс, кум-шагылдын кени, минералдуу суулар (Кара-Шоро), дары баткактар (Чымбай) табылган. Климаты континенттик; жайы ысык, кышы анча суук эмес, кар калың түшөт. Өзгөн-Куршаб өрөөнүндө январдын орт. темпрасы —3,2°С, июлдуку 23,6°С, тоолордо январдыкы —10°С, июлдуку 15°С. Жылдык орт. темп-расы 11°С. Жылдын жылуу мезгили 210—235 күн. Жылдык жаан-чачыны 350—600 *мм*, Фергана кырка тоосунун капталдарында 900 *мм*дей. Агын суулары көп. Кыргызстандагы ири дарыялардын бири Кара-Дарыя (куймалары: Куршаб, Жазы, Ийри-Суу) ушул жерден башталып, агып өтөт. Алардын бардыгы негизинен жазжай мезгилдеринде кар м-н мөңгүдөн, ал эми кышкысын жер астындагы суулардан куралат. Өзөндердүн суусу мол. Алар р-ндун, обл-тын ж-а Өзбек ССРинин коңшулаш р-ндорунун жерлерин сугарууга пайдаланылат. Кара-Дарыянын Фергана өрөөнүнө чыга беришиндеги Кемпир-Абад жылгасына Анжиян суу сактагычы курулган. Райондун аймагынын топурагы ар түрдүү, бул жерден шалбаалуу ж-а шалбаа-саз топурагы (Кара-Дарыя, Куршаб, Жазы сууларынын жайылмаларында), боз (1500 *м* бийиктикке чейин), тоолуу күрөң (1800—2000 *м*), тоо-токой (1100—2800 *м*), тоо-шалбаа (2800 *м*ден жогору) топурактары кездешет. Өсүмдүктөрү ар түрдүү.

К а л к ы . Район обл-тагы калк жыш жайгашкан аймактарга кирет. Калктын орт. жыштыгы 1 $км^2$ге 40 киши. Кыргыздар (1979-жылкы эл каттоо б-ча 68,4%), өзбектер (23,6%), орустар (3,8%), украиндер (1,3%), татарлар (0,6%), уйгурлар, тажиктер, казактар, дунгандар ж. б. жашайт. Шаар калкы 24,1%ти түзөт. Калктын нег. бөлүгү калктуу ири пункттар (Өзгөн ш., Ленин, Мырза-Аке, Ильичёвка ж. б. кыш.) жайгашкан Өзгөн-Куршаб өрөөнүндө топтолгон. Калк негизинен табигый өсүштүн эсебинен көбөйүүдө.

Ч а р б а с ы . Райондун чарбасынын негизин жог. деңгээлде өнүккөн ургаалдуу а. ч. түзөт. А. ч-нын нег. тармагы— тамеки өстүрүү ж-а чала уяң жүндүү кой багуу. Областтын а. ч. дүң продукциясынын 10,7%и Ө. р-на тийиштүү (1984). Райондун а. ч. дүң продукциясынын 55,9%ин дыйканчылык берет. Райондо 11 с-з, малды бордоп семиртүүчү с-з, адистештирилген чарба, мамл. мөмө-жемиш питомниги, «Тамеки» тажрыйба селекция станциясы бар. А. ч-га жарактуу жери 258,2 миң *га* (р-ндун жалпы аянтынын 76,3%), а. и. 50 миң *га* айдоо, 1,3 миң *га* бак-дарак, 28 миң *га* чабынды, 179 миң *га* жайыт. Дан эгин (17,5 миң *га*), тамеки (1,6 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (22,4 миң *га*), картошка (185 *га*), жашылча ж-а коондарбыз (229 *га*) эгилет. 1984-ж. р-ндун коомдук секторунда 381,7 миң *ц* эгин, 70,4 миң *ц* тамеки, 14,6 миң *ц* картошка, 25 мин *ц* жашылча, 16,4 миң *ц* коондарбыз, 1,7 миң *ц* жүзүм, 28,9 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер-жемиш жыйналган. Мал чарбасы р-ндогу а. ч. дүң продукциясынын 44%ин берет. 49,6 миң уй (а. и. 19,6 миңи саан уй), 325,2 миң кой-эчки, 4,2 миң чочко, 13,3 миң жылкы, 35,1 миң үй куштары (коомдук сектордо) бар (1986). 1984-ж. р-ндун коомдук секторунда 6775 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 20 199 *т* сүт, 905,1 *т* жүн, 760 миң даана жумуртка алынган. Райондогу 6 ишкана ж-а турмуш-тиричилик комбинаты обл-тын ө. ж. чыгарган товардык продукциянын 0,8%ин берет (1985). Ишканалардын бардыгы Өзгөн ш-нда (к. *Өзгөн* ш. макаласын). Башка р-ндор ж-а шаарлар м-н авт. транспорту аркылуу байланышат. Авт. жолдорунун уз. 767 *км* (1985), а. и. асфальтөшөлгөнү 479 *км*. Райондун аймагынан Ош — Өзгөн — Кара-Кулжа, Өзгөн — Ийри-Суу, Өзгөн — Жалал-Абад, Өзгөн — Мырза-Аке — Сары-Булак авт. жолдору өтөт.

Э л г е б и л и м б е р үү , м а д а н и я т , с а л а м а т т ы к с а к т о о . 1985—86-окуу жылында р-ндогу 66 орто (а. и. 3 кечки), 13 сегиз жылдык, 14 башталгыч мектепте 38,7 миң окуучу, 2 кесиптик-тех. окуу жайда 2 миң дей киши окуган; 22 бала бакчада 3,1 миң бала тарбияланган. 55 китепкана, 28 клубдук мекеме, 32 киноустановка, 3 оорукана, 3 поликлиника, 2 диспансер, 43 фельдшер-акушердик пункт, 2 спорт мектеби, 2 пионер үйү бар. 1962-жылдан Өзгөн элдик театры иштейт. Райондук «Октябрь туусу» газетасы чыгат.

ӨЗГӨН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Өзгөн ш., Ленин көчөсү, 123). 1928-ж. ачылган. 1975-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Тейлөө, комплекттөө ж-а иштеп чыгуу, бирдиктүү китепкана фондусун пайдалануу, методикалык ж-а библиографиялык иштер бөлүмдөрү, 47,7 миң китеби, 5,5 миңдей окурманы бар (1985). Филиалдары, бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары р-ндогу 54 китепкананы (ар бир айыл советинде 3—4төн китепкана), а. и. балдар бөлүмүн бириктирет. Балдар бөлүмүнүн (Өзгөн ш., Ленин көчөсү, 123) 45 миң китеби, 3,3 миң окурманы бар. Мырза-Аке кыш-нда ага караштуу балдар китепканасы иштейт. Райондогу профсоюздук 7 китепканага, о. эле мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Анын китепканалары 49,6 миң окурманды тейлейт (1985).

«Яссы» с-зунун кырманында.



ӨЗГӨН РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Өзгөн ш., К. Маркс көчөсү, 157). 1928-ж. ачылган. Райондун калкына дарылоо ж-а оорунун алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 425 орундуу.

ӨЗГӨН РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондун 22,4 миң *га* жери 5 ири сугат системасы аркылуу сугарылат. Кара-Кулжа суусунун системасында 3, Кара-Дарыяда 8, Жазыда 12, Куршабда 6, Зергерде 7 канал бар. Чарбалар аралык 19 канал бар, а. и. 4 каналдын суу өткөрүмдүүлүгү 5 $м^3$/*секдан* ашат. Алар: Өзгөн (к. *Өзгөн-Арык*, б. з. ч. 3—1-к-да курулган, Кара-Кулжа суусунан башталат; уз. 36,4 *км*, каналдын башында чыгымы 6 $м^3$/*сек)*, Мырза (1981-ж. курулган, Кара-Дарыядан башталат; уз. 9,2 *км*, чыгымы 5 $м^3$/*сек)*, Кара-Дыйкан (1933-ж. курулган, Жазы суусунан башталат; уз. 12,4 *км*, чыгымы 5$м^3$/*сек*), Кочкор-Ата (19-к-дын аягы— 20-к-дын башында курулган, Куршаб суусунан башталат; уз. 18 *км*, чыгымы 8 $м^3$/*сек)*. Ө. р. и. к. р-ндук сугат система башкармасына карайт. 76 киши иштейт (1986).

ӨЗГӨН РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 1 маданият-спорт комплекси, 13 маданият комплекси, 38 клубдук мекеме, а. и. маданият үйү, 15 айылдык маданият үйү (Ак-Жар, Зергер, Ийри-Суу, Кызыл-Октябрь ж. б. айыл советтеринде), 11 профсоюздук клуб («Кайнар», «Куршаб», «Яссы» ж. б. с-здордо), 7 автоклуб иштейт (1986). 123 өздүк көркөм чыгармачылык ийримдери ж-а чыгармачыл бирикмелери (1960 киши катышкан) уюшулган. Райондук маданият үйү (Өзгөн ш., Ленин көчөсү, 38) 1928-ж. ачылган.

ӨЗГӨН РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук борб. оорукана (поликлиникасы м-н), 425 орундуу 2 оорукана (Ленин, Мырза-Аке кыш.), 25 орундуу участкалык оорукана ж-а 50 орундуу тери-венера оорулар диспансери (Ильичёвка кыш.), 4 айылдык амбулатория (Ильичёвка, Салам-Алик, Бостон, Маркс кыш.), 43 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), р-ндук ооруканаанын тез жардам бөлүмү, 9 аптека, р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Өзгөн ш., Гагарин көчөсү, 16) иштейт (1986). Амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 870 кишини көрө алат; стационарлары 1025 орундуу (а. и. 100 оруну кош бойлуу аялдар үчүн). 161 врач, 700 мед. орто билимдүү адис (а. и. санэпидстанцияда 25 врач, 54 мед. орто билимдүү адис) иштейт (1986).

ӨЗГӨН РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1956-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан «Госпром» артели (30-жылдары негизделген), кийинчерээк «Орток» ж-а «Чекист» артелдери тейлеген. 1956-ж. ө. ж. комбинаты түзүлгөн. 1962-ж. анын кыш куюу, токуу ж. б. айрым цехтери өз алдынча ишкана катары бөлүнүп чыккандан кийин ал турмуш-тиричилик комбинаты болуп өзгөргөн. Өзгөн турмуш-тиричилик комбинатынын (администрациясы: Өзгөн ш., К. Маркс көчөсү, 10) 101 ишканасы, а. и. 11 кийим тигүү, 18 бут кийим ишканасы, 2 жыгаччылык устаканасы, кебез тытуучу 2 мастерской, металл буюм жасоо ж-а оңдоочу 10 устакана, 39 чач тарач, 8 сүрөткө түшүү, 2 прокат пункту (Өзгөн ш., Титов көчөсү; Ленин кыш.), о. эле кыштактарда (Ильичёвка, Кызыл-Тоо, Чаңгет, Кызыл-Кырман, Кызыл-Сеңир, Мырза-Аке, Шоро-Башат, Өзгөрүш, Кыргызстан ж. б.) 23 комплекстүү кабыл алуу пункттары иштейт (1986).

ӨЗГӨН ТОКОЙ ЧАРБАСЫ (конторасы: Өзгөн р-ну, Мырза-Аке кыш). 1950-ж. уюшулган. Жалпы аянты 69 326 *га*.

ӨЗГӨН ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ шаарды өнүктүрүп куруу ж-а реконструкциялоонун нег. багытын аныктаган документ. Өзгөн р-нунун азыркы борборундагы көчөлөр м-н маалалардын жайгашуусунун айрым өзгөчөлүктөрү б. Өзгөндөн калган. Шаар тепкичтенген эки тектирде жайгашкан. Көчөлөрү ийри, кууш, көпчүлүгү туюк. Алардын эки жагында чубалган узун дубалдар, бир азыраак чарбагы бар тар короолор, орто кылымдагы курулмалар (к. *Өзгөн архитектуралык комплекси)* сакталган. Өзгөн 1927-ж. шаар статусун алган. 20—30-ж. Өзгөндө жерг. маанидеги ө. ж. ишканалары, мектептер, дарылоо ж-а маданий-агартуу мекемелери, админ. имараттар курула баштаган. Курулуштар плансыз курулуп келген. 1957-ж. гана биринчи негизги план түзүлүп (арх. В. Е. Несунов, инженери Л. Л. Хворостинская), турак үйлөрдү, маданият ж-а турмуш-тиричилик имараттарын комплекстүү куруу каралган. Суу

өткөргүч куурларды куруунун биринчи кезеги бүткөн, орто кылымда курулган көчөлөр м-н маалалардын бир бөлүгү реконструкцияланган, 50 миң кишиге эсептелген экинчи негизги планды Кыргызстан мамл. курулуш долбоорлоо ин-ту 1978-ж. иштеп чыккан (арх. Н. В. Карпенко, А. А. Мечковская, Е. Н. Афонина). Негизги планды түзүүдө шаар ар кыл милдет аткаруучу аймактарга бөлүнүп ж-а буга чейин шаарды курууда байкалган кемчиликтер эске алынган. Шаар үч ө. ж.-кампа зонасына ж-а турак жай зонасына бөлүнөт. Калк жашоочу аймагы 2 турак жай массивинен (бири Кара-Дарыя суусунун боюндагы өйдөкү тектирде жайгашып, 3 микрорайондон) турат. Негизги план б-ча мында 3—5 кабаттуу имараттар курулууга тийиш. Экинчи массив ылдыйкы тектирде жайгашат. Мында 1 кабаттуу курулуштар курулмакчы. Шаардын чыгыш ж-а батыш бөлүктөрүндө, о. эле шаар чегинен 2 *км* түн. тарапта ө. ж.-кампалар зонасы түзүлөт. Курулуш негизинен шаардын борборунда жүргүзүлөт, ал ошол эле мезгилде турак жай массивдеринин да борбору болуп калат. Анда архитектуралык-мемориалдык ж-а парк зоналары бар. Шаардын ортосун пландаштырууда жер шарты эске алынган. Мында админ. имараттарды камтыган коомдук борбор жайгашкан. Шаардын чордону Ленин көчөсү болот, анда админ.-коомдук ж-а маданий максаттагы имараттардын комплексин куруу каралган. Шаардын борбору жөө жүрүүгө арналган аллеялар аркылуу турак жай р-ндору м-н туташат. Карагайлуу шаардык спорт комплекси жайгашат. Өзгөндүн нег. көчөлөрү — Ленин ж-а К. Маркс көчөлөрү. Шаарды айланып өтмө авт. жолун куруу каралып жатат.

ӨЗДҮК КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КОЛЛЕКТИВДЕРИ. Областтын *клубдук мекемелеринде* өздүк көркөм чыгармачылык бирикмелеринин, ийримдеринин 1900дөн ашуун коллективи иштейт. Жылына орто эсеп м-н 11 миң концерт ж-а спектакль коюшат. 1974—85-ж. обл-тын мыкты коллективдери — Совет р-нундагы маданият үйүнүн «Тоо-Булагы» ансамбли Зелена-Гура ш-нда (Польша), Ош педагогика ин-тунун хор капелласы Болгарияда (1977, күмүш медаль м-н сыйланган), Өзгөндүн «Ариет» ансамбли Сирия, Иорданияда болуп, концерт беришкен. Кара-Суу, Алай, Өзгөн р-ндорунун ж-а Майлы-Сай ш-нын коллективдери бүткүл союздук ар кандай конкурстарга катышкан. 17 коллектив, а. и. 8 элдик театр, филармония (Өзгөн р-нундагы «Алга» к-зунун клубунда), 2 бий ансамбли (Ош № 1 ж-а Майлы-Сай маданият үйлөрүндө), 2 ыр ж-а бий ансамбли (Ноокат районундагы р-ндук ж-а Кыргыз-Ата айылдык маданият үйлөрүндө), агитация бригадасы (Майлы-Сай маданият үйүндө), ышкыбоздордун «Ак-Куу» (Майлы-Сай маданият үйүндө) ж-а «Луч» (Өзгөн р-нундагы «Тамеки» тажрыйба селекция станциясында) киностудиялары, Ноокат р-нундагы Э. Тельман атн. к-здун «Паризат» аваздык-аспаптык ансамбли элдик наамын алып жүрүшөт. Областта өздүк көркөм чыгармачылыгына 50 миң киши катышат (1986).



Ала-Бука р-нунун темир комузчулар ансамбли.

ӨЗДҮК КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ҮЙҮ, Ош обл. профсоюздардын союздар аралык Ө. к. ч. ү. (Ош ш., Свердлов көчөсү, 205). 1967-ж. түзүлгөн. Профсоюз уюмдарына алардын клубдук мекемелерине чыгармачылык ж-а уюштуруу жагынан жардам берет, өздүк көркөм ж-а тех. чыгармачылыгын өнүктүрүүгө шарт түзөт, эмгекчилерди саясий-идеялык, эмгекке, адеп-ахлактык-эстетикалык жактан тарбиялоого көмөктөшөт, чыгармачыл коллективдердин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтат ж-а пропагандалайт.

ӨРТТӨН САКТОО. Өрткө каршы күрөшүү кызматы обл-тын бардык шаарларында ж-а көптөгөн кыштактарында аскерлештирилген ж-а кесиптик Ө. с. кызматы катары түзүлгөн. Өрткө каршы күрөшүүчү алгачкы команда (8 киши) 20-жылдары Ош ш-нда уюшулган. Анын суу толтурулган челеги бар бир нече арабасы болгон. Ө. с. жылдан жылга өркүндөтүлүп, тех. жактан жакшы жабдылып турган; 50-жылдары Ош обл. аткаруу к-тинин ички иштер башкармасына караган. Областта Зил-130, ГАЗ-53, Урал-375 автомобилдери м-н жабдылган 34 Ө. с. бөлүктөрү иштейт (1986).

ӨРТТӨН САКТОО КООМУ, Ош обл. ыктыярдуу Ө. с. к. (совети: Ош ш., Свердлов көчөсү, 339) — калкты өрткө каршы иш-чараларга катышууга кеңири тартуу максатын көздөгөн массалык уюм. 1974-ж. түзүлгөн. Өрттөн сактоо органдарына өрткө каршы күрөшүү ж-а алдын алуу иштерин жүргүзүүгө көмөктөшөт. Лекция, көргөзмөлөрдү, өрттөн сактоо-колдонмо спорту б-ча мелдештерди өткөрөт. Өспүрүмдөрдүн ыктыярдуу өрттөн сактоо кошуундарынын ишине багыт берет. 3 шаардык (Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя), 3 р-ндук (Өзгөн, Ленин, Фрунзе) ыктыярдуу Ө. с. к-н бириктирет. Коомдун 41 425 мүчөсү бар (1986).



ПАКАНА-АДЫР КЕНИ — Өзгөн р-нундагы акиташ теги жаткан жер. Ленин кыш-нан 7 *км* түн.-батышта. 1946-ж. табылып, 1956-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Аймакта палеоген мезгилинде пайда болгон чөкмө тектер таралган. Акиташ теги, мергель м-н кызыл түстүү чопонун ортосунда жайгашкан 4 катмардан турат. Алар бири биринен түзүлүшү, составы б-ча айырмаланат. Жалпы калыңдыгы 44 *мге* чейин. Акиташ тегинин өңү боз, агыш боз, майда бүртүкчөлүү, массивдүү. Химиялык составындагы кальций кычкылы 53,6% магний кычкылы 0,85%. Технологиялык касиети б-ча акиташ тегин 1000°С ысыктыкта бышыргандан кийин 1-сорттогу акилөөчү курулуш материалын алууга болот. Запасы А категориясы б-ча 218 миң *т*, В —197 миң *т*, С —340 миң *т*.

ПАЛАЛ-ООЗ — кыштак, Баткен р-нундагы Дара айыл советинин борбору. Бул айыл советине Авгол, Раут, Кан, Чек, Сары-Талаа, Палал, Ташты-Калаң кыш. да карайт. Сох суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Баткен кыш-нан 80 *км* түш.-чыгыш тарапта, Исфара темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 90 *км*. Калкы 186 (1987). Нег. чарбасы — кой багуу, багбанчылык, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

«ПАМИР» — эл аралык альпинисттик лагерь (Алай р-ну, Ачык-Таш капчыгайы). 1973-ж. СССР Министрлер Советинин Физкультура ж-а спорт к-ти уюштурган. Ош ш-нан (авт. жолу б-ча) 320 *км* аралыкта, д. ден. 3700 *м* бийиктикте жайгашкан. Аба ырайы жакшы учурда спортсмендер Ош ш-нан Алай р-нуна самолёт м-н жеткирилет. Альплагерь Памирдин Ленин, Коммунизм чокуларына чыккан чет элдик альпинисттерди кабыл алат. 1986-ж. чейин 2267 альпинистти кабыл алган.



«Памир» эл аралык альплагеринде.

ПАМИР АВТОМОБИЛЬ ТРАНСПОРТ ӨНДҮРҮШ БИРИКМЕСИ (администрациясы: Ош ш., Гагарин көчөсү, 275). 1935-ж. Памир авт. жол башкармасы катары түзүлгөн. 1936—41-ж. Памир авт. транспорт аскердик башкармасы, 1968—74-ж. Памир авт. транспорт өндүрүш трести, 1974-жылдан азыркыдай аталат. Ош — Хорог авт. жолу аркылуу эл чарба жүктөрүн ташуу камсыз кылынат. 2 автобазаны (Ош ш., Хорог ш.) бириктирет. Автопаркы 5 автоколоннадан турат. Жылына



Д. И. Панфилов



А. Парпиев

250 миң *т* жүк ташылат. Ош б-ча 1120 киши иштейт (1986).

ПАМИР-АЛАЙ — Орто Азиядагы тоо системасы. Фергана өрөөнүнүн түш. тарабындагы кырка тоолорду бириктирет. 3 нег. бөлүктөн (Памир, Тажик депрессиясы ж-а Ысар-Алай) турат. Ысар-Алай тоолоруна Алай кырка тоосу ж-а Түркстан кырка тоосу кирет. «Памир-Алай» деген терминди 1886-ж. И. В. Мушкетов киргизген.

ПАМИР ЖОЛУ, к. *Ош — Хорог автомобиль жолу.*

ПАНФИЛОВ Дмитрий Иванович (1913-ж. т., Оренбург губерниясы, Буртен кыш.) — лейтенант, Сов. Союз. Баатыры (1945). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. Согушка чейин Жалал-Абад обл. керек-жарак союзунда шофёр болуп иштеген. 1941-ж. Жалал-Абад р-ндук аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган, Москваны коргоого катышкан. 1943-ж. Саратов танк аскер окуу жайын бүтүргөн. Батыш, Калинин, 2-Украин фронторунда салгылашкан. 1944-ж. октябрда анын ротасы Будапештке баруучу жол боюнан коргонуу чебин ээлеп, душманды талкалоодо бөтөнчө эрдик көрсөткөн. Ленин ордени, Кызыл Жылдыз, 2-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган. Согуштан кийин Жалал-Абадда авт. транспорт системасында иштеген.

ПАПАН — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Папан айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Терек, Алчалы, Ата-Мерек, Бөрү, Карагур, Кожо-Келең, Кызыл-Туу, Тогуз-Булак кыш. да карайт. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 75 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 35 *км*. Калкы 2346 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, оорукана, клуб ж. б. бар.

ПАПАН ОЙДУҢУ Ак-Буура суусунун алабында, Ноокат өрөөнүнүн чыгышында; Кичи-Алай тоосу, Көк-Белж-а Кара-Сөгөт адырлары м-н курчалган. Ош ш-нан түш. тарапта, Кара-Суу р-нунун аймагында. Кеңдик багытта 23 *км*ге чейин созулат. Туурасы 4—5 *км*. Таманы д. дең. 1200—1600 *м* бийиктикте жатып, тегерегиндеги тоолор м-н адырлардан 600—700 *м* төмөн. Таманы антропогендин аллювий, пролювий чөкмөлөрү (кум, чопо, шагыл ж. б.) м-н толуп, түндүктү карай жантайыңкы. Ойдуң аркылуу Ак-Буура суусу өтөт, ал Каптар капчыгайы гүштa суу сактагычка айланган. Климаты кескин континенттик, кургакчыл; июлдун орт. темп-расы 25—26°С, январдыкы —4...—5°С. Жылдык жаанчачыны 300—350 *мм*. Ойдунда Алчалы, Папан кыш. жайгашкан. Тоо капталдары чабынды, жайыт.

ПАПАН СУУ САКТАГЫЧЫ Кара-Суу р-нунун аймагында. Каптар капчыгайында, Ак-Буура суусунун нугуна курулган. 1983-ж. ишке киргизилген. Уз. 8,5 *км*, эң жазы жери 1,6 *км*, эң терең жери 100 *м*, суу толгондогу аянты 7,1 $км^2$, көлөмү 260 млн $м^3$. Плотинасынын уз. 107 *м*, туурасы 20 *м*, бийикт. 100 *м*. Суу сактагычтан 39,6 миң *га* жер сугарылат.

ПАРПИЕВ Абдурашид (1914, Ош ш.— 1975, Кара-Суу р-ну, Көк-Таш кыш.) — Даңк орденинин толук кавалери. 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-ж. февралда аскерге чакырылган. 1943-ж. апрелден 1945-ж. май айына чейин Түш.-Батыш, 3-Украин, 1-Белорус фронторунда салгылашкан. Улук сержант, замбирек командири. Ковель, Лодзь, Кунто, Варшава, Гнезно, Позчань ш-н бошотууга, Берлинди штурмдоого катышкан. 1944-ж. Никополь — Кривой-Рог операциясында көрсөткөн эрдиги үчүн 3-даражадагы, Мацеюв станциясы үчүн салгылаштагы каармандыгы үчүн 2-даражадагы, Берлин операциясында көрсөткөн эрдиги үчүн 1-даражадагы Даңк ордендери м-н сыйланган. Согуштан кийин Кара-Суу р-ндундагы М. И. Калинин атн. к-здун башкы бухгалтери, 1962-жылдан председатели болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

ПАРТИЯЛЫК АРХИВ. Кыргызстан Компартиясынын Ош обл. к-тинин П. а-и (Ош ш., Ленин көчөсү, 186). 1941-ж. түзүлгөн. Областтын парт. ж-а комсомол уюмдарынын иш процессинде чогулган документтер м-н материалдарды сактайт, коомдук илимдердин өнүгүшүнүн документтик базасы болуп эсептелет. Архивге обл. парт. ж-а комсомол к-ттер, р-ндук парт. к-ттер, саясий бөлүмдөр, 738 парт. баштапкы уюм, 561 комсомол уюму, р-ндук к-ттин укугунда 77 комсомол к-ти документтерин сактоого тапшырат. 1941-ж. 2 фонду болуп, аларда 383 иш сакталган. 1986-ж. 1338 парт. ж-а 117 комсомолдук иштер, бардыгы 163 917 иш чогулган. Жылына 5 миңден ашык иш сактоого өткөрүлөт. 5 кызматкер иштейт (1986).

ПАРТИЯЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯЛАР. 1925-ж. 10—13-мартта Жалал-Абад ж-а Ош округдарынын парт. 1-конференциялары, 1927-ж. 8—13-февралда, 1927-ж. 5-ноябрда, 1928-ж. 5-декабрда Жалал-Абад ж-а Ош кантондорунун парт. конференциялары, 1938-ж. 23—27-майда Жалал-Абад округунун парт. конференциясы, 25—30-майда Ош округунун парт. конференциясы өткөн. 1940-ж. 5—8-мартта Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Жалал-Абад обл. парт. 1-конференциясы Жалал-Абадда анын ишине 141 делегат чечүүчү ж-а 45 делегат кеңеш берүүчү добуш м-н катышкан. Конференция обл. парт. к-ттин ж-а текшерүү комиссиясынын отчётторун талкуулаган. 1940-ж. 6—7-мартта Кыргызстан Коммунисттик (большевиктер) партиясынын Ош обл. парт. 1-конференциясы Ошто өтүп, ага партиянын 1428 мүчөсү ж-а 2327 мүчөлүккө кандидаттардан өкүл болуп 234 делегат чечүүчү ж-а 69 делегат кеңеш берүүчү добуш м-н катышкан. Конференция обл. парт. к-ттин ж-а текшерүү комиссиясынын отчётторун талкуулаган. Областтык к-ттин 43 мүчөсү ж-а 13 мүчөлүккө кандидатынан турган обкомдун жаңы составы ж-а 7 кишиден турган текшерүү комиссиясы шайланган. 1959-ж. Жалал-Абад ж-а Ош областтары бир гана Ош обл-на бириккен. Жалал-Абад обл. парт. 1-конференциясы 1940-ж. 5—8-мартта, 2-си 1948-ж. 20—24-февралда, 3-сү 1949-ж. 24—26-январда, 4-сү 1951-ж. 24—25-февралда, 5-си 1952-ж. 6—8-сентябрда, 6-сы 1954-ж. 23—24-январда, 7-си 1955-ж. 10—11-декабрда, 8-си 1958-ж. 1—2-февралда, 9-су 1958-ж. 10-декабрда өткөн. Жалал-Абад обл. к-тинин биринчи секретарлыгына (парт. конференциялардын өтүүсүнө жараша) Н. Д. Ващук, А. Булла, К. Д. Жаналиев, Б. А. Аламанов (3 жолу), Т. Б. Балтагулов (3 жолу) шайланышкан. Ош обл. парт. 1-конференциясы 1940-ж. 6—7-мартта, 2-си 1948-ж. 21—23-февралда, 3-сү, 1949-ж. 26—28-февралда, 4-сү 1951-ж. 8—9-февралда, 5-си 1952-ж. 6—8-сентябрда, 6-сы 1954-ж. 23—24-январда, 7-си 1955-ж. 17—18-декабрда, 8-си 1958-ж. 7—8-мартта, 9-су 1958-ж. 11-декабрда, 10-су 1960-ж. 15—16-февралда, 11-си 1961-ж. 9—10-сентябрда өткөн. Ош обл. парт. к-тинин биринчи секретарлыгына (парт. конференциялардын өтүүсүнө жараша) П. И. Колосов, Н. Г. Нарожный (2 жолу), А. И. Иманалиев, Д. Г. Тойгомбаев (2жолу), Б. П. Яковлев, М. А. Абдыкулов, Т. Б. Балтагулов (2 жолу) шайланган. Обл. парт. 9-конференциясында обл. парт. к-ттин составы шайланган эмес, Кыргызстан Компартиясынын 10-съездине делегаттар гана шайланган. 1962-ж. декабрдан Ош обл. парт. к-ти өнөр жай ж-а айыл чарба обл. парт. к-ттери болуп бөлүнгөн. Мына ошого жараша 1963-ж. 15-январда обл. ө. ж. парт. к-тинин ж-а 19-январда обл. а. ч. парт. к-тинин конференциялары өткөрүлгөн. Ф. М. Чупров (ө. ж. обкому) ж-а А. С. Сүйүмбаев (а. ч. обкому) обл. парт. к-ттердин биринчи секретарлары болуп шайланышкан. 1964-ж. Ош обл. өнөр жай ж-а айыл чарба к-ттери Ош обл. парт. к-ти болуп бириккен. Кийинки өткөн конференциялары: 12-си 1964-ж.,18-декабрь, 13-сү 1966-ж.,19-февраль, 14-сү 1968-ж. 20-февраль, 15-си 1971-ж. 5-январь, 16-сы 1974-ж. 9-февраль, 17-си 1975-ж. 26—27-декабрь, 18-си 1979-ж. 20-январь, 19-су 1980-ж. 26—27-декабрь, 20-сы 1983-ж. 10-декабрь, 21-си 1985-ж. 20—21-декабрь. Ош обл. к-тинин биринчи секретарлыгына конференциялардын өтүшүнө жараша А. С. Сүйүмбаев (2 жолу), С. И. Ибраимов (4 жолу), Т. К. Кошоев (2 жолу), Р. С. Кульматов (1983) шайланган.

ПАХТА ТАЗАЛООЧУ ЗАВОДДОРУ. Областта Кыргыз ССР жеңил ө. ж. минвосуна караштуу 2 П. т. з. бар (1986). Жалал-Абад п. т. з-ду (Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү, 55) 1945-жылдан иштейт. Жылына 25 миң *т* пахта буласын тазалайт. Заводдун эс алуу үйү, бала бакчасы бар. Кара-Суу п. т. з-ду (Кара-Суу ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 1) 1924-ж. негизделген. Завод 100 миң *т*га жакын



Л. Ф. Петренко



Д. Е. Пионт

пахтаны кайра иштетип, 30 миң *т* була чыгарат. Китепканасы, клубу бар.

«ПАХТАЧЫ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Сузак р-ндук к-тинин ж-а р-ндук Эл депутаттар советинин органы (редакциясы: Сузак кыш., Тельман көчөсү, 14). 1941-ж. негиздел. ген. 1941—56-ж. «Сталинчи», 1956—62-ж. «Ленин жолу», 1965-жылдан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. Тиражы 9,8 миң (1986). Жалал-Абад басмаканасында басылат.

ПАЧА-АТА — Жаңы-Жол р-нундагы суу, Сыр-Дарыянын оң куймасы. Чаткал кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Уз. 130 *км*, алабынын аянты 443 *км*^{2}. Башында Кийик-Сай аталып, кууш өрөөн аркылуу өтөт. Нанай кыш-нан кийин Карабала өрөөнүнө чыгат. Төм. агымында Үңкүр-Дөбө тоосун кесип өтүп салааларга бөлүнөт. Заркен кыш-нан Наманган-Сай аталып, Сыр-Дарыяга оң жактан куят. Куймалары: Чанач, Миң-Жылкы, Кашка-Суу ж. б. Негизинен кар ж-а булак суулары нан куралат. Апрель — августта кирет. Жылдык орт. чыгымы 6,2 *м*^{3}/*сек*. Өрөөнүндө Кашка-Суу, Эски-Абад, Жаңы-Коргон, Караван ж. б. кыш. жайгашкан.

ПЕТРЕНКО Леон Филиппович (1895, Курск обл., Столицев р-ну, Дежёвка кыш.— 1952, Сүлүктү ш.) — шахтёр, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун малай болуп иштөөдөн баштаган. 1913-жылдан Донбасс ж-а Подмосковьеде шахталарда иштеген. Гражд. согуштун катышуучусу. 1939-жылдан Кызыл-Кыя кенинин № 4 шахтасында, 1946-жылдан Сүлүктү кен башкармасынын шахталарында иштеген. Өндүрүш планын күнүнө 150—180%ке аткарган. Эки Ленин ордени, Социалисттик мелдеш боюнча «Көмүр өнөр жай министерствосунун отличниги» белгиси, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ПИОНЕР ЛАГЕРЛЕРИ — мектеп окуучулары м-н пионерлердин жайкы эс алуучу жайлары. Окуучулардын жайкы каникул мезгилинде өнөр жай ж-а айыл чарба ишканаларынын профсоюз уюмдары уюштурат. Алгачкы П. л-н 30-жылдары Кызыл-Кыя, Сүлүктү ш-нын көмүр ө. ж. кызматкерлеринин профсоюз уюмдары уюштурган. 50-жылдары 10, 60-жылдары 28, 70-жылдары 38 П. л. түзүлгөн. Областтын аймагында 64 пионер лагери (34 миң бала үчүн), а. и. 39у (26,6 миң бала үчүн) шаардан тышкары табият-климаттык шарттары ыңгайлуу кооз жерлерде (Кызыл-Үңкүр, Арстанбап капчыгайлары, Базар-Коргон р-ну; Карагында), санаторий тибиндеги 4 пионер лагери (2,4 миң окуучу үчүн Фрунзе, Алма капчыгайы, Сузак р-ну) жайгашкан. Шаардык 21 пионер лагери (15,2 миң окуучу; маданият үйлөрүндө, шаардык парктар м-н бактардын аймагында) жайгашкан. Базар-Коргон, Өзгөн, Лейлек р-ндорунда) бар. П. л-нде 1200 тарбиячы, 1050



«Салам-Алик» пионер лагеринде.

пионер вожатый, 300 мед. кызматкер, 240 дене тарбия кызматкерлери иштейт (1985).

ПИОНЕРЛЕР МЕНЕН ОКУУЧУЛАР ҮЙЛӨРҮ — мектептен тышкары окуу-тарбия иштерин уюштуруу ж-а инструкция-методикалык борборлору. Областта 25 П. м. о. ү. иштейт (1986). Шаарлар м-н р-ндордун борборлорунун ар биринде, о. эле ири кыштактарда бар. Элге билим берүүнүн шаардык ж-а р-ндук бөлүмдөрү, комсомол к-тери жетектейт. Курс, семинар, лекция-

ларды уюштуруп, пионер майрамын, слёт, көргөзмө, спартакиада, туристтик жүрүштөрдү өткөрөт. Бардык П. м. о. ү-ндө 308 (а. и. 80 тех., 73 өздүк көркөм чыгармачылык, 19 туристтик-край тааныу, 12 спорт ж. б.) ийримдерге 10230 пионер ж-а окуучу катышат. Ош шаардык П. м. о. ү. (Ош ш., Свердлов көчөсү, 310) 1939-ж. түзүлгөн. Техникалык чыгармачылык, көркөм тарбия, массалык-уюштуруу бөлүмү бар. Бардык ийримдерде жылына 40тай пионер-инструкторлор даярдалат. 1985—86-окуу жылында 27 багытта 69 ийрим (1125 мүчө) иштеген. Китепканасы (10 миң китеп) бар. 29 педагог иштейт (1986).

ПИОНТ Денис Ефремович (1903-ж. т., азыркы Сузак р-ну, Спасовка кыш.)— айыл чарба өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-ж. «Красный Октябрь» а. ч. артелинин дыйканчылык бригадасынын бригадири, 1931-жылдан Жалал-Абад МТСинин трактористи, кийин, трактористтердин бригадири, устаканада механик, ремонт мастерскоюнун башчысы. 1946-жылдан Сузак МТСинин директору. Ал жетектеген МТС өндүрүштө чоң ийгиликтерге жетишкен. 1956-ж. алар тейлеген к-здор 4685 *га* аянттын ар гектарынан 28,1 *ц*ден пахта жыйнап алган. 1955-ж. МТС мамл. каражаттан 105 миң, 1956-ж. 133 миң сомду үнөмдөгөн. 1959—63-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

ПИЧУГИН Дмитрий Николаевич (1907, Новосибирск губерниясы, Колывань р-ну, Колывань кыш.—1947, Ош ш.) — лейтенант, Сов. Союз. Баатыры (1945). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-ж. июндан Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 2-Белорус фронтунда 49-армиянын, 42-Смоленск аткычтар дивизиясынын 44-аткычтар полкунда чалгынчылар взводунун командири. 1944-ж. Могилёв шоссесинде (Белоруссия) Кызыл Армиянын Днепр дарыясынан кечип өтүү алдында чалгындоо операциясына катышып эрдик көрсөткөн. 1946-ж. аскерден келип, өмүрүнүн акырына чейин Ошто жашаган.

ПИШКАРАН ТҮЗДҮГҮ — Чил-Майрам, Чил-Устун тоолорунун Камбар-Ата ж-а Шаркан-Сай адырларынын аралыгындагы аймак. Аянты 100 *км*^{2}. ден ашык. Уз.150 *км*дей, туурасы 30—70 *км*. Д. дең. бийикт. 750—900 *м*. Тоо этегиндеги борпоң делювий-пролювий тектери ж-а батыш тарапка бир аз жантайыңкы аллювий түздүктөрү мүнөздүү. Жайы ысык, кышы анча суук эмес. Июлдун орт. темп-расы 28—30°С, январдыкы — 1°С...—2°С. Жылдык жаан-чачыны 200—250 *мм*.



Д. Н. Пичугин

ПОЛИКЛИНИКАЛАР — оорулууларга дарылоо-алдын алуу б-ча мед. жардам көрсөтүүчү мекемелер. Областта 114, Ош ш-нда 23 поликлиника иштейт (1986). Ош ш-ндагы обл. ж-а шаардык ооруканаларда, диспансерлерде, ө. ж. ишканаларынын мед.-санитариялык бөлүктөрүндө, Жалал-Абад, Майлы-Сай, Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр, Кара-Суу, Өзгөн, Көк-Жаңгак ш-нда балдар ж-а стоматологиялык ири П. иштейт. Райондук борб. ооруканаларда, кыштактарда да П. бар. Участкалык ооруканаларда, айылдык амбулаторияларда, фельдшер-акушердик пункттарда, ишканалар м-н жог. окуу жайлардын ден соолукту чыңдоо пункттарында амбулаториялык кабыл алуу жүргүзүлөт. Ош шаардык № 4 поликлиникасы (Комсомол көчөсү, 154) сменасына 280 адам кабыл алат. 1985-ж. 139,3 миң адам көрүнгөн, 17 врач, 51 мед. орто билимдүү адис иштейт. Ош шаардык № 6 поликлиникасы (Ош ш., Южный посёлкасы, Автозавод көчөсү, 1) сменасына 500 адам кабыл алат. 1985-ж. 104,7 миң адам көрүнгөн. 17 врач, 39 мед. орто билимдүү адис иштейт. Ош стоматологиялык № 1 поликлиникасы (Кыргызстан көчөсү, 14) сменасына 450 адам кабыл алат. 1985-ж. 77,8 миң адам көрүнгөн, 13,8 миң киши дарыланган. 22 врач, 18 мед. орто билимдүү адис иштейт. Ош шаардык балдар стоматологиялык поликлиникасы (Ленин көчөсү, 3) сменасына 150 бала кабыл алат. 1985-ж. 55 миң бала көрүнгөн, 19,3 миң бала дарыланган. 26 врач, 20 мед. орто билимдүү адис иштейт. Ош борб. балдар поликлиникасы (Ленин көчөсү, 121) сменасына 150 бала кабыл алат. 1985-ж. 170,3 миң бала көрүнгөн. 27 врач, 45 мед. орто билимдүү адис иштейт.



Т. Полотов

ПОЛОТОВ Тойчу (1907, азыркы Кара-Суу р-ну, Башы-Булак кыш.—1977, ошол эле жерде)— малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1960-жылдан КПСС мүчөсү. 1930-ж. Ош р-нундагы М. В. Фрунзе атн. к-зго кирген. 1943-жылдан «Катта-Талдык» асыл тукум з-дында баш чабан. 1957-ж. ар жүз тубар койдон 125тен козу, 4,9 *кг*дан жүн кыркып алган. 1958-ж. 112ден козу, 5,8 *кг*дан жүн кыркып алган. 1959—67-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

ПОЧТА, Почта байланышы. 19-к-да областтын аймагында ат араба м-н ташылуучу почта пайда болгон. 1926-ж. Ош почта-телеграф байланыш бөлүмү иштеп, Ош ж-а Жалал-Абад почта-телеграф округу түзүлгөн. Ош почта-телеграф байланыш округуна Гүлчө, Покровка почта-телеграф бөлүмдөрү, Ош шаардык байланыш бөлүмдөрү кирген. Жалал-Абад почта-телеграф бөлүмү Көгарт, Базар-Коргон, Михайловка почта агентстволорун биріктирген. Ошол эле жылы Эркеч-Там почта-телеграф бөлүмү ачылган. 1929-ж. Ош почта-телеграф округунда кат ташуучу 20 киши иштеп, алар 60 калктуу пунктту тейлеген. Кат жумасына орто эсеп м-н 3 жолу таркатылган. Почта ташуу үчүн жалпы уз. 630 *км* 15 маршрут ачылган. 1940-ж. 16 почта-телеграф байланыш конторасы, 16 байланыш бөлүмү, 40 байланыш агентствосу болгон; 350 айылдык почтальон иштеген. 1950-ж. р-ндук 19 байланыш конторасы, 18 байланыш бөлүмү, 58 байланыш агентствосу болгон; 281 почтальон иштеген. 1956-ж. Ош байланыш түйүнү Ош почтамты болуп өзгөргөн. 1970-ж. обл-та 276 байланыш ишканасы, 11 көчмө бөлүмү болгон. Азыр обл-та р-ндук ж-а шаардык 22 байланыш түйүнү, 324 байланыш бөлүмү, 24 почта ташуучу авт. иштейт (1986). Самолёт м-н П. 11 рейсте ташылат. Область б-ча күнүнө орто эсеп м-н 108 миң кат, 5,7 миң посылка, 3,6 миң акча которуулары, 461 миң газета ж-а журналдар таркатылат. 37 байланыш ишканаларында почта-кассалык иштер «Онега» системасындагы электрондук комплекстүү машиналарда аткарылат.

ПОЧТАМТ, Ош П-ы (Ош ш., Свердлов көчөсү, 320). 1956-ж. Ош шаардык байланыш түйүнүнүн базасында түзүлгөн. Шаар аймагында почта байланыш иштерин уюштурат, шаардык 24 байланыш бөлүмүнүн ишин жетектейт. Почта күнүнө 29 автомобиль, 4 маршруттук автобус м-н ташылат. Күнүнө 44,3 миң кат, 1 миң посылка, 740 акча которуулары тескелет, 178 миң нуска газета-журналдар таратылат. 403 киши, а. и. 123 коммунистик эмгектин эпкиндүүсү иштейт (1986). 4 киши ордендер м-н сыйланган. Шаардык байланыш бөлүмдөрүнүн почта индекстери —714001ден 714026га чейин.

ПРОКАТ — буюмдарды убактылуу пайдалануугa берүү. Областтын шаарлары м-н р-ндорунун борборлорунда 27 П. пункту иштейт (1986). Прокат буюмдарынын фонду 997 миң сомду түзөт. Ош, Кызыл-Кыя, Жалал-Абад ш-нда, Кара-Суу ж-а Фрунзе р-ндорунун турмуш-тиричилик комбинаттарында ири П. пункттары бар. П. пункттарында 30 киши иштейт (1986). О ш а а р д ы к П. пункту 1972-ж. шаардык турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатына кошулган. Ош ш-нда 6 П. пункту, а. и. турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын (Салиева көчөсү) үй-бүлө үлпөт залында, турмуш-тиричидик үйүндө, кебез кездеме өндүрүш бирикмесинин жанында, «Весна» ателье сында (Свердлов көчөсү), эс алуу үйүндө иштейт. Ош ш-ндагы П. пункттарында 13 киши эмгектенет (1986).

ПРОКУРАТУРА — мамл. орган. Бардык ишканалар, кызматтагылар, ведомстволор, жооптуу кызматта иштегендер ж-а граждандар, жерг. советтердин буйрук берүүчү ж-а аткаруучу органдары коомдук ж-а кооперация уюмдарынын закондорду так аткаруусун көзөмөлдөйт. 1925-ж. Жалал-Абад ж-а Ош округдук П-лары түзүлүп, алар 1927-ж. кантондук П-лар, 1928-жылдан округдук П-лар аталган. 1939-жылдан Жалал-Абад обл. П-сы (1959-ж. чейин) ж-а Ош обл. П-сы иштеген. 1959-ж. ал экөө биригип, О ш о б л а с т т ы к П-сын (Ош ш., Свердлов көчөсү, 283) түзгөн. П-ны обл-тын прокурору башкарат. Аны Кыргыз ССРинин Прокурору 5 жылдык мөөнөткө дайындайт. Ал обл-тын бардык шаарларындагы

(Ош ш., Комсомол көчөсү, 6; Жалал-Абад ш., Совет көчөсү, 6; Кара-Суу ш., Ленин көчөсү, 181; Кызыл-Кыя ш., Биринчи Май көчөсү, 36; Майлы-Сай ш., Ленин көчөсү, 15; Сүлүктү ш., Гоголь көчөсү, 2; Таш-Көмүр ш., Биринчи Май көчөсү; Өзгөн ш., Ленин көчөсү) ж-а райондордун борборлорундагы (кыш-дагы) П-лардын ишин жетектейт.

ПРОТЕЗ ЗАВОДУ, Фрунзедеги ортопедиялык протез ишканасынын Оштогу филиалы (Ош ш., Коргон-Дөбө көчөсү, 20). 1970-ж. түзүлгөн. Согуштан, эмгектен ж-а бала кезинен инвалид болгондорго протез, корсет, бандаж, атайын бут кийимдерди жасайт. Негиштери — атайын бут кийим (1050 жуп), протез (650 даана) жасоо. Продукциясынын жылдык көлөмү 96 миң сомду, а. и. буйрутма б-ча жасалган продукциясы 4 миң сомду түзөт (1986).

ПРОФЕССИЯЛЫК СОЮЗДАР, Ош облынын профсоюздары — өндүрүштө, маданият ж-а тейлөө чөйрөсүндө эмгекчилердин кызыкчылыгын көздөгөн коомдук уюмдар. 1917-ж. июль—августта Түш. Кырг-нда Кызыл-Кыя, Сүлүктү көмүр, чым көң, кен ө. ж. жумушчуларын биріктирген «Тоо-кен жумушчулар» профсоюзу пайда болгон. Ал Совет бийлигин орнотуу мезгилинде большевиктердин тиреги болгон, Совет бийлигин чыңдоо учурунда элдик бийликти, эмгекчилердин кызыкчылыгын көздөп, бай-манаптарга каршы чечкиндүү күрөшкөн. Кара Кыргыз автономия обл-нын уюшулушу (1924) м-н Түш. Кырг-нда профсоюз кыймылы өскөн. Ош округунда сов. органдардын, жер ж-а токой чарбаларынын, эл агартуу, коммуналык чарба, байланыш, текстиль ө. ж., мед.-санитариялык кызматкерлер, металлисттер, булгаары ийлөөчүлөр, куруучулар ж-а тоо-кен жумушчуларынын профессиялык союздарын биріктирген Ош округдук профсоюздар бюросу түзүлгөн. Профсоюздар бюросу профсоюз уюмдарын уюштуруп, анын катарына пролетарларды ж-а батрактарды тартышкан. Профсоюздар маданий-агартуу иштерин жүргүзүп, сабатсыздыкты жоюуга көмөктөшкөн. Өзгөндө сабатсыздыкты жоюу б-ча 60 орундуу мектеп, Ош ш-нда 90 орундуу мектеп ачылган. 20—40-жылдары профсоюздар кызыл чайкана, кызыл бурч, кызыл үйлөр м-н тыгыз байланышта иштеп, шаардыктар айылкыштактарды шефке алышкан. Профсоюз бюросу обл. парт. к-т м-н бирдикте «Информатор» дубал газетасын чыгарышып, өзбек ж-а кыргыз тилдерин окутуучу курстарды уюштурушкан. Мед.-санитариялык эмгек профсоюзунда илимий ийрим иштеген. Профсоюз бюросу жерг. бюджет каражаттарынын эсебинен Ош округунда 56 мектеп ачкан, китепканалардын газеталар м-н камсыз болуп турушун, кызыл үйлөрдүн, кыштактардагы мектептердин ишин көзөмөлдөшкөн. Профсоюздар жумушчулар м-н дыйкандардын эмгектеги күжүрмөндүүлүгүнүн демилгечилеринен ж-а уюштуруучуларынан болушкан, майдандагылардын үй-бүлөсүнүн, эвакуацияланып келгендердин материалдык мутаждыктарын канааттандырууга көмөктөшкөн, парт. ж-а комсомол уюмдары м-н бирге фронтко жардам кыймылына шарт түзүшкөн, СССРдин оккупациядан бошотулган аймактарына жардам беришкен. 1924-ж. чейин Кырг-н Түркстан АССРинин курамында болуп, кийинчерээк Түш. Кырг-ндын админ.-аймактык бөлүнүшүнө байланыштуу профсоюздардын структурасы да өзгөрүп турган. Бул жерде 1924—26-ж. Жалал-Абад ж-а Ош округдары, 1927—28-ж. Жалал-Абад ж-а Ош кантондору, 1928—38-ж. 10 райондон турган Ош округу, 1938—39-ж. Ош ж-а Жалал-Абад округдары болгон. 1939-ж. Жалал-Абад ж-а Ош обл-тары түзүлгөн. 1959-ж. бул областтар жалгыз Ош обл-на бириккен. Мындай өзгөрүштөргө жараша профсоюздардын жетекчи органдарынын аталыштары да өзгөрүп турган. 1951-ж. Кырг-н профсоюздар советине караштуу Ош обл. профсоюздар совети түзүлгөн. 1951-ж. 7-январда Ош обл. профсоюздар советинин 1-пленуму өтүп, анда обл. профсоюздар советинин председатели, секретары, президиумунун мүчөлөрү шайланган. 1963—64-ж. обл. ө. ж. ж-а айыл чарба профсоюздар совети иштеген. 1963-ж. мартта айыл-кыштак профсоюздарынын 1-конференциясында Ош обл. айыл-кыштак профсоюздар совети түзүлгөн. Анын 35 мүчөсү, 9 мүчөлүккө кандидаты, 7 кишиден турган президиуму, текшерүү комиссиясы болгон. Областтык айыл-кыштак профсоюздар советинин эл агартуу (10), маданият (10), медицина кызматкерлеринин (10). мамл. мекемелердин (10) р-ндук к-ттери иштеген. 1964-ж. обл. айыл чарба ж-а ө. ж. профсоюздар советтери Ош обл. профсоюздар советине бириккен. Проф-

союздар аймактын экономикасынын өнүгүшүнө, социалисттик мелдештерди ж-а эмгекке коммунистче мамиле кылуу кыймылын уюштурууга чоң салым кошкон. Профсоюздардын активдүү катышуусу м-н эмгек коллективдери өндүрүштү уюштурууну жакшыртуу, эмгек тартибин бекемдөө, сапаттуу продукция чыгаруу, сарамжалдуулук ж-а үнөм үчүн иштерди аткарууда. Профсоюздар эмгекчилерди шаарлардын, калк жашаган пунктардын, чарбалардын, ишканалардын социалдык-экон. өнүгүү пландарын иштеп чыгарууга тартат. Илимий-тех. прогрестин өнүгүшүнө, эмгекчилердин эмгек, турмуш-тиричилик ж-а эс алуу шарттарын жакшыртууга кам көрөт. Ош обл-ндагы эмгек коллективдерин 94 профсоюздук клуб ж-а маданият үйү, 29 автоклуб тейлейт (1985). Бардык клубдук мекемелердин 61и кышда, 33ү шаарлар м-н ш. т. п-ларда жайгашкан. Профсоюздук клуб мекемелеринде 171 штаттык маданият кызматкери, коомдук башталышта 902 киши иштейт. 53 профсоюздук китепкана (к. *Китепканалар),* областтык базалык профсоюздук китепканада 595794 китеп болуп, алар 66 миң окурманды тейлейт. 8,3 миң орундуу пионер лагерлери, 1,2 миң орундуу санаторий тибиндеги 4 лагерь, 68 окуучулардын эмгек ж-а эс алуу лагерлери иштейт. 1984-ж. пионер лагерлеринде 49 миң бала эс алган. Жылдан жылга профсоюздук ыктыярдуу спорт коомдорунун спорттук иштери жакшырууда. Жылына жумушчу, кызматкерлерди тейлөө үчүн социалдык камсыздоо бюджети көбөйүүдө. 1972-ж. ал 17 685,6 миң сомго жеткен; эмгекчилердин санаторий-курорттук дарылануусуна ж-а эс алуусуна обл. профсоюздар совети 998 миң сом, ал эми 1984-ж. 70,32 млн сом акча сарпталган. Профсоюздардын мүчөлөрүнүн саны да өсүүдө. 1963-ж. 1-майда 81802 киши, 1970-ж. 1-январда 261 000, 1975-ж. 24-февралда 324000, 1980-ж. 26-январда 484215, 1985-ж. 1-январда 506041 мүчөсү болгон. 1985-ж. 1-январда профсоюздардын мүчөлөрү 13 обл. тармактар б-ча к-ттердин (медицина кызматкерлеринин; мамл. соода ж-а керек-жарак кооперациясы; жерг. ж-а коммуналык, турмуш-тиричилик жактан тейлөө ө. ж.; айыл чарбасы; эл агартуу, жог. окуу жайлар ж-а мектептер, илимий мекемелер; курулуш; мамл. мекемелер; авт. транспорту ж-а шоссе жолдор; текстиль ж-а жеңил ө. ж.; электр станциялар ж-а электр техника ө. ж.; байланыш; маданият; тамак-аш ө. ж.) профсоюздар уюмдарына ж-а Кырг-н көмүр ө. ж. жумушчуларынын аймактык профсоюздук кютине биригет (1985). Профсоюздардын жетекчи органы — обл. профсоюздар совети, жог. органы — профсоюздардын обл. союздар аралык конференциясы. Профсоюздардын конференциялары обл. профсоюздар советинин ж-а текшерүү комиссиясынын отчётторун угат, обл. профсоюздар советинин ж-а текшерүү комиссиясынын составын шайлайт. Экономиканы өнүктүрүү, өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, эл чарбасын башкаруу, эмгекчилерге коммунистик тарбия берүү ж. б. маселелерди карайт. Ошто обл. союздар аралык 10 конференция өткөн (1985). Областтык профсоюздар советинин председатели болуп 1-конференцияда И. А. Шалухин, 2—6-конференцияларда Б. Т. Примов, 7—10-конференцияларда К. А. Абдыразаков шайланган.

ПРОФСОЮЗДУК КУРСТАР, Ош обл. П. к-ы (администрациясы: Ош ш., Карасуу көчөсү, 161). 1974-ж. профсоюз кадрларын ж-а активдерин даярдоо, билимин өркүндөтүү үчүн түзүлгөн. Окуу мөөнөтү 3—15 күн; 3 күндүк мөөнөттөгү курстарда профсоюз к-тинин туруктуу комиссиясынын председателдери, 5 күндүк курстарда цехтик профсоюз к-тинин председателдери, 6 күндүк курстарда профсоюз к-тинин председателдери, 15 күндүк курстарда обл-тагы профсоюздук киноустановкалардын киномеханиктери окуйт. Окутуу Н. М. Шверник атн. ВЦСПСтин жог. мектебинин профсоюз кадрларынын квалификациясын өркүндөтүү иштеп чыккан программа б-ча жүргүзүлөт. 40 орундуу жатаканасы, китепканасы (5800 миң китеп) бар (1986). Методикалык совет иштейт. Ачылгандан бери 25 миң киши окуган.

ПСКЕМ КЫРКА ТООСУ Чаткал, Сандалаш ж-а Пскем сууларынын аралыгында түндүктөн түш.-батышты карай созулуп жатат. Уз. 141 *км,* туурасы 20 *км.* д. дең. орт. бийикт. 3800—4000 *м,* эң бийик жери 4299 *м* (Беш-Төр чокусу). Тоо түндүктү карай бийиктеп, Беш-Төр чокусунан тартып мөңгүлөр кездешет. Тоо капталдары тик (40—45°), кокту-колоттуу капчыгайлар м-н тилмеленген. Аюу-Төр чокусунан (4025 *м*) түштүккө карай экиге бөлүнөт. Тоонун бийик түн. бөлүгү соңку ордовиктин 500 *м* калыңдыктагы бозомтук жашыл кумдук, порфирлүү диабаз, сланец ж-а ортоңку девондун кызыл түстүү кумдук, гравелит, конгломерат, сланец, акиташ тектеринен турат. Айрым жерлерде палеозойдун башталышында жиреп чыккан гранит, гранит-диорит интрузиялары бар. Түш. жапыз бөлүгү карбондун доломит ж-а доломиттешкен акиташ, кремний тектеринин катмарларынан турат. Тоо тектер бүктөлүүлөргө дуушарланып, деформацияланган, түш. ж-а түш.-чыгышка багытталган тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Тоодон Пскем, Чаткал сууларынын ондогон куймалары башталат. Талаа ж-а шалбаалуу талаа (2200—3000 *м*), андан жогору субальп ж-а альп шалбаа, сейрек бетегелүү ж-а тундралуу талаа, гляциалдык-нивалдык ландшафт мүнөздүү.

Р

РАБАТ — б. з. 1-к-ндагы ж-а орто кылым мезгилиндеги байыркы кенчилердин тургун жайы. Баткен р-нундагы Рабат кыш-нын түштүгүндө жайгашкан. 1957-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Үч дөбөдөн турат. Үстүңкү катмарында калыңдыгы 1 *м*ге жеткен шлак жатат. Анда металл ж-а руда эритилүүчү имараттын калдыгы, металл эритүүчү меш, о. эле эритилип кууюлуучу түтүк ж-а карапалар табылган.

РАДИОТЕЛЕБОРБОР — Кыргыз ССР мамл. телекөрсөтүү ж-а радио уктыруунун респ. радиотелеборборунун Оштогу филиалы. 1968-ж. 20-январда «Оштон сүйлөйбүз» алгачкы радио уктыруусу 1970-ж. 9-сентябрда Ош студиясынын ак-кара түстөгү телеберүүсү эфирге чыккан. Борбор Ош радиотелестудиясынын радио ж-а телекөрсөтүү сигналдарын түзүүчү тех. каражаттарды эксплуатациялайт ж-а бул сигналдарды Ош радио уктыруу ж-а телекөрсөтүү борборуна берет. Радиореле линиялары б-ча сигналдар Респ. радио телеборборунун коммутациялык-бөлүштүргүч аппаратына берилет, андан кийин Фрунзе радиотелеборбору аркылуу эфирге чыгат. Ош студиясынын радио уктырууларынын суткалык орт. көлөмү 1 саатты (кыргыз ж-а өзбек тилдеринде), телекөрсөтүү (кыргыз тилинде) 0,2 саатты түзөт.

РАДИО УКТЫРУУ ЖАНА ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ БОРБОРУ, Ош Р. у. ж. т. б. 1972-ж. түзүлгөн. Ош обл-на Фрунзе, Ташкен телестудияларынын ж-а Бүткүл союздук телекөрсөтүүнүн программаларын (1,2) ж-а «Маяк» радиостанциясынын уктырууларын тарттыруучу тех. каражаттарын тейлейт. Бүткүл союздук телекөрсөтүүнүн, Ташкен ж-а Фрунзе радио, телестудияларынын программаларын кабыл алып, Ош телестудиясынын программаларын Фрунзе, Ташкен ш-на, обл-тын аймагына берип турат. Борбор шаар аралык көп каналдуу телефон сигналдарын Фрунзе ш-нан Ташкен ш-на, Ош облнын ш-на берип, кайра кабыл алат. Бийик тоолордо радиореле станциясы, Ош ш-нда телемунарасы бар. Фрунзе — Жалал-Абад радиореле байланышы 1948-ж. түзүлгөн. 1958-ж. Кыргыз радиореле байланыш башкармасы түзүлгөн, ага Ош ш-ндагы радиореле станциясы карайт.

РАДИО УКТЫРУУ ТҮЙҮНҮ, Ош Р. у. т. (Ош ш., Свердлов көчөсү, 321). 1931-ж. уюшулуп, Ош ш-нда радио коюла баштаган. 1936-ж. шаардык радио уктыруу тармагынын уз. 10 *км*ди түзгөн. Жаңы шаарды көздөй 4 радио тармагы (линиясы) тартылган 1500 радио точкасы болгон. Ош радиостудиясы даярдаган алгачкы радио уктыруу 1968-ж. 20-январда эфирге чыккан. 1969-ж. чейин Ош шаардык радио уктыруу түйүнү 1 программа б-ча иштеген. 1969-жылдан радио уктыруу 2 программада, 1973-жылдан 3 программада уктырулат. 1984-ж. Ош ш-нда радио уктыруу тармагынын уз. 244 *км*ге жеткен, 21 895 миң радио точка болгон. Ош студиясынын радио уктырууларынын суткалык орт. көлөмү 1 саатты, а. и. кыргыз тилинде 0,9 саатты, өзбек тилинде 0,1 саатты, Москвадан уктыруу 7 саатты, Фрунзе ш-нан уктыруу 10 саатты түзөт. Областтын аймагында 150 радио түйүнү, 202 миң радио точкасы бар (1985). 3 программадагы радио уктырууларды областтын 21 калктуу пункту уга алат.

РАЗЗАКОВ Искак Раззакович (1910,



И. Р. Раззаков



Д. Рафикова



И. С. Решетник

Лейлек р-ну, Коросон кыш.—1979, Москва ш.)— сов. мамл. ж-а парт. ишмер. 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1918-жылдан Ленинабаддагы балдар үйүндө тарбияланган. Ташкендеги педагогика техникумун (1931), Москвадагы пландоо ин-тун (1936) бүтүргөн. 1936—38-ж. Өзбек ССР мамл. пландоо к-тинде экономист, 1939—41-ж. председателдин орун басары, председатели. 1941—44-ж. Өзбек ССР эл агартуу комиссары, Өзбек ССР Эл Комиссарлар Советинин председателинин орун басары. 1944—45-ж. Өзбекстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация б-ча секретары. 1945—50-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатели. 1950—61-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борб. К-тинин биринчи секретары. 1961-ж. августтан СССР мамл. экон. советинин мүчөсү, тамак-аш ө. ж. бөлүмүнүн начальниги. 1965—67-ж. СССР мамл. пландоо к-тинин аппаратында. 1952—61-ж. КПСС БКнын мүчөсү, 1946—66-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. Эки Ленин ордени, 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордени, башка 2 орден, медалдар м-н сыйланган.

РАФИКОВА Дилорам (1940, Араван р-ну, Чек-Абад кыш.) — пахтачы, агроном-механизатор, Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1957-ж. Араван р-нундагы А. А. Жданов атн. к-здо иштөөдөн баштаган. 1960-ж. пахта жыйноочу машинанын механик-айдоочусу; 1965-жылдан пахтачылык бригадасынын бригадири. Анын бригадасы 1971-ж. ар гектардан 50 цден түшүм жыйнаган; өзү машина м-н 250 *т* пахта терген. 1982-жылдан к-здун биология лабораториясынын башчысы, 1983-жылдан к-з председателинин орун басары, 1984-жылдан Ленин атн. к-здун председатели. 1967—75-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ КОМИТЕТТЕР (революциялык комдор) — Совет бийлигинин Гражд. согуш ж-а басмачыларга каршы күрөшүү мезгилиндеги убактылуу атайын органдары. Көпчүлүк жерде жергиликтүү Советтин аткаруу комитетинин милдетин аткарган. 1918-ж. 5-декабрда Ош уездик Совети уездик шаардык Р. к. болуп түзүлгөн. Ош уездинде 15 болуштук, 99 айылдык Р. к. болгон. Жалал-Абад р-ндук Р. к-ине 3 болуштук, 20 айылдык, Кашкар-Кыштак р-ндук Р. к-ине 3 болуштук, 37 айылдык Р. к. кирген. Бийликтин шайланма органдары Советтерден ж-а аткаруу к-ттеринен айырмаланып, Р. к. (3—5 кишиден турган) жог. партиялык, сов. органдар ж-а аскер командасы тарабынан дайындалган. Р. к. негизинен аскердик ж-а гражд. бийликтин буйруктарын милдеттүү түрдө аткарышкан. Эл массасына таянып, контррев-ячыл чыгууларды баскан, Совет бийлигине каршы чыккан уюмдарды таркаткан, ири феодалдардын жерин, малын конфискациялап, ө. ж. ишканалары м-н банктарды мамлекеттештирген, жумушчу-дыйкандар милициясын ж-а басмачыларга каршы күрөшүүчү ыктыярдуу отряддарды түзгөн, Совет бийлигинин азык-түлүк саясатын жүргүзүүгө көмөктөшкөн ж-а азык-түлүктү, ө. ж. сырьёлорун ж-а ресурстарын так эсепке алган, аларды муктаждыктарына жараша фронтко, ө. ж. борборлоруна туура бөлүштүрүлүшүнө көз салган. Р. к. иштеген мезгилден баштап, Россиядан көчүп келгендер жашап жаткан аймактарда жерди пайдаланууда (к. *Жер-Суу реформалары)* улуттук теңсиздик жоюлган, басмачылар негизинен талкаланып, социалисттик экономиканы ж-а маданиятты өркүндөтүүгө негиз салынган. Р. к. өз милдетин аткарган соң жоюлуп (1923), бийлик жерг. Советтин аткомуна өткөн.

РЕМОНТТОО-КУРУЛУШ БАШКАРМАСЫ, Ош Р.-к. б. (администрациясы: Ош ш., Касымбеков көчөсү). Ош обл.

аткаруу к-тинин турак жай-коммуналык чарба башкармасына карайт. 1979-ж. уюшулган. Турак жай-коммуналык чарбага караштуу объекттерди ремонттойт. Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Өзгөн ш-нда, Ала-Бука р-нунда участкалары бар. Жылына 600—700 сомдук ремонт иштерин бүткөрөт. 129 киши иштейт (1985).

РЕШЕТНИК Иван Семёнович (1924, Түш. Казакстан обл., Пахта-Арал р-ну, Ново-Троицк кыш.—1968) — капитан, Сов. Союз. Баатыры (1943). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-ж. Ош шаардык аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Жөө аскерлер окуу жайын бүтүргөн. 1943-жылдан Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 309-Пирятинск аткычтар дивизиясынын 957-аткычтар полкунун 3-аткычтар батальонунун пулёмет взводунун командири. Днепр үчүн салгылашта эрдик көрсөткөн. 1943-ж. Монастырск-Шучинка участкасында өзүнүн взводу м-н Днепрдин оң жээгине биринчи өтүп, Шучинка ж-а Рыбинск калктуу пункттарын душмандардан бошотушкан.

РИШТАН МИНЕРАЛДУУ СУУСУ — Фрунзе р-нундагы жылуу булактар чыккан жер. Риштан ш. т. п-нан 18 *км* түш. тарапта. Суу палеоген мезгилинде пайда болгон чөкмө тектердин арасындагы акиташ тектеринен булак түрүндө агып чыгат. Бургулоо көзөнөгүнөн да чыгарылган. Суунун темп-расы 20,5°С, химиялык составы б-ча хлорид-сульфид-натрий-калийлүү. Булактардын чыгымы 0,71 *л/сек*, бургулоо көзөнөгүнөн чыккан суунуку 4 *л/сек*га жетет. Суунун жалпы минералданышы 2,8—4,3 *г/л*, көмүр кычкыл газы 160 *мг/л*, йод 6,8 *мг/л*. Суу белгилүү Мацеста, Талга, Сергиев сууларына окшош. Киринүү жолу м-н тери ж-а кызыл жүгүрүк ооруларын дарылоого болот.

РИШТАН ОЗОКЕРИТ КЕНИ — Фрунзе р-нунда, Алай кырка тоосунун түн. этегинде. Алгачкы геологиялык маалымат 1915-ж. берилген. Кен аймагында неоген мезгилиндеги деңиз шартында пайда болгон чопо, кумдук, акиташ тектери жайгашкан. Алардын эни 270—320 *м*, уз. 9 *км*ге чейин. Кен чопо катмарынын арасындагы калыңдыгы 0,3—4,2 *м* болгон 5 кумдук кабатчасында топтолгон. Кумдукта озокерит 5—8%. Кен 5 *м* тереңдикке чейин гана изилденген; запасы 253 миң *т*.

РИШТАН ЧОПО КЕНИ Фрунзе р-нунда. Риштан ш. т. п-нан 14 *км* түштүктө, Алай кырка тоосунун түн. этегинде. 1970-ж. табылган. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон кумдук м-н чопонун катмарлары түзөт. Көпчүлүк жерде алардын үстүн антропоген чөкмөлөрү жаап калган. Пайдалуу катмар кызгылтым түстөгү чоподон турат. Анын калыңдыгы 60 *м*ге, уз. 7—8 *км*ге жетет. Чопо жог. даражадагы ийилгичтик, суукка чыдамдуу, эрибес касиеттерге ээ. Ошондуктан андан дренаж түтүктөрүн жасоого болот. Запасы 6 млн $м^3$.

«РОССИЯ» — Ноокат р-нундагы к-з (башкармасы: Өсөр кыш.). 1929-ж. азыркы «Россия» к-зунун аймагында 8 а. ч. артели, 1957-ж. алардын базасында «3-Интернационал», «Үлгү», «Өсөр» к-здору түзүлгөн. 1963-ж. «Өсөр« к-зу «Россия» к-зу деп аталган. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, мал чарбачылык. 15 миң *га* (а. и. айыл чарбага жарактуу 8,7 миң *га*) жери, 1,2 миң бодо мал, 7 миң кой-эчкиси бар (1985).



«Россия» к-зундагы жаңы турак үйлөр.

РСФСР ТЕКСТИЛЬ ЖУМУШЧУЛАРЫНЫН КЫРГЫЗСТАН ПАХТАЧЫЛАРЫНА ШЕФТИК ЖАРДАМЫ. 1929-ж. 18-июнда ВКП(б) БКнын чет өлкөлөрдөн пахта сатып алууну токтотуп, өлкөдө пахта өстүрүүнү көбөйтүү ж-дөгү чечимине жооп катары ВКП(б)нин Киров обкому Москва, Иваново-Вознесенск ж-а Ленинград обл-ндагы текстиль ө. ж-нын жумушчуларына Орто Азиядагы пахта өстүрүүчүлөргө шефтик жардам көрсөтүү үчүн кайрылган. Кыргызстандан 4 киши Иваново-Вознесенскиге барган. Текстиль ө. ж-нын жумушчулары Орто Азия пахтачылары м-н социалисттик мелдеш өткөрүү ж-дө генералдык келишим түзүшкөн, алар Орто Азиянын пахта өстүрүүчү аймактарындагы профсоюздук уюмдар, пахта тазалоочу з-ддор, к-здор, с-здор, кооперативдерде такай иштөө үчүн өз араларынан жумушчуларды бөлүп берүүгө милдеттенишкен. Иваново-Вознесенск обл-нын ф-каларына Ош, Фрунзе, Анжиян округдары бекитилген. 1929-ж. 13-ноябрда Ош ш-на пахтачылар м-н социалисттик мелдеш ж-дө келишим түзүү үчүн Иваново-Вознесенск обл-нан текстиль жумушчуларынын делегациясы келген. Алар Ош пилла түрүү ф-касы, бир катар к-здор, жибек куртун асыроочу з-ддогу чогулуштарга катышып, сөз сүйлөшкөн. Текстилчилердин шефтик жардамы ар түрдүү формада болгон, алар эмгек акысынын бир бөлүгүн пахтачыларга жардам фондуна өткөрүшкөн же бул фонд үчүн бир нече саат акысыз иштеп беришкен. «Красная роза» ф-касынын механикалык цехи иш планын ашык аткаргандыгы үчүн алган 1000 сом сыйлыгын Орто Азия үчүн трактор сатып алууга өткөргөн. «Красное веретено» ф-касынын жумушчулары эмгек акысынын 2%ин пахтачыларга жардам фондуна бөлүшкөн. Орто Азияда трактор колоннасын түзүү үчүн Текстилчилер профсоюзунун Борбордук к-ти 10 миң сом бөлүп берген. 1930-ж. пахта жыйноого жардамдашуу үчүн Орто Азияга 695 кишиден турган бригада, а. и. 50 киши Кырг-нга келген. Чигит эгүү мезгилинде текстилчилер союзунун Ярославль округдук бөлүмү 5 кишиден турган ремонттоо ж-а 4 кишиден турган саясий бригадаларын жиберген. Иванов обл-нан келген ремонттоочу бригада Ош округунда устакананы жабдып, бир нече мала, культиваторлорду курап чогултушкан, соко, чигит сепкичтерди оңдошкон. СССРдин борб. аймактарынан пахтачыларга трактор, а. ч. машиналары жөнөтүлүп турган; бул а. ч-нын социалистик кайра курулушуна, пахта өстүрүүнүн бир кыйла өсүшүнө түрткү берген.

РУСТАК — админ.-аймактык бирдик; алгачкы орто кылымда Ферганадагы дубан. Ар бир Р. феодалдык өз алдынча ээлик болгон. Орто кылымдагы географтар Миян-Рудан, Бискент, Селат, Жог. ж-а Төм. Несья, Асбара (Исфара), Некад, Урест, Нежм, Вагизия Р-тарын белгилеп кеткен.

С

САБАТСЫЗДЫКТЫ ЖОЮУ МЕКТЕПТЕРИ. Алгачкы мектеп 1918-ж. октябрдан Кызыл-Кыя ш-нда (Элдик үй) иштей баштаган. 1920-ж. сентябрда Ош уездинде сабатсыздыкты жоюу б-ча 12 мектеп болгон. Өзбек мектептеринде чоң кишилер үчүн кечки курстар ачылган. Сабатсыздыкты жоюу б-ча бүткүл россиялык өзгөчө комиссия түзүлгөндөн кийин (1920) Ош уездинде да ушундай комиссия 1921-ж. январда түзүлгөн. 1924-ж. Кырг-ндын түштүгүндө сабатсыздыкты жоюу б-ча 38 мектеп иштеген. 1930-ж. 10-мартта С. ж. м-нде 24316 киши, а. и. 2664 аял билим алган. Согуш алдындагы жылдары обл-тын калкынын 70%и, 9—40 жашка чейинкилердин 82%и сабаттуу болушкан.

САДЫКОВ Самат (1920, Лейлек р-ну, азыркы Самат кыш.—1945, Германия, Фризак ш.) — кенже сержант, Сов. Союз. Баатыры (1945). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1940-ж. Сүлүктү р-ндук аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1943-ж. марттан Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Белоруссия, Польша жерлерин душмандан бошотушуп, Берлинди алышкан. Ал гвардиялык 4-атчандар дивизиясынын 16-аткычтар полкунун 1-эскадронунда пулемёт расчётунун командири болгон. Быдгощ ш. (Польша) үчүн салгылашта каармандык көрсөтүп, душмандын ок атуучу



С. Садыков



У. Садыков



С. Саипова

8 точкасын, 30дан ашык жоокерин жок кылган. 1945-ж. Фризак ш-нда бөтөнчө эрдик көрсөтүп, душмандын көп жоокерин, офицерлерин ж-а техникаларын талкалаган. 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш, Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган. Анын ысмы м-н кыштак, с-з, көчө, мектеп аталган.

САДЫКОВ С. БЮСТУ — 1967-ж. Лейлек р-нундагы Самат кыш-нда, Сов. Союз. Баатыры С. Садыков атн. мектептин алдындагы аянтта орнотулган. Жалпы бийикт. (постаменти м-н кошо) 2,4 *м*. Бюст бетондон жасалган. Постаментте «Советтер Союзунун Баатыры Самат Садыков. 1920—1945» деген жазуу бар. 1982-ж. мамл. коргоого алынган. Скульп.— А. Кравинский.

САДЫКОВ Убайдулла (1902, азыркы Кара-Суу р-ну, Мады кыш.—1978, ошол эле жерде) — а. ч. өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Жаш кезинен жалданып иштеген. 1930-жылдан к-здо бригадир, председателдин орун басары. 1939-ж. М. И. Калинин атн. к-здун председатели болуп шайланган. Анын жетекчилиги м-н к-здун экономикасы чыңдалып, а. ч. өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү жогорулаган, малдын саны көбөйүп, кунардуулугу арткан. 1956-ж. ал башкарган к-з 1520 *га* пахтанын ар гектарынан 29,5 *цден* түшүм жыйнап алган. Эки Ленин ордени, 3 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган. 1954—58-ж. СССР Жог. Советинин, 1951—55-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

САИПОВА Санавар (1928, Кара-Суу р-ну, Шарк кыш.—1983, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Эмгек жолун Кара-Суу р-нундагы «Шарк» а. ч. артелинде колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1946-ж. Калинин атн. к-здо пахтачылык бригаданын звено башчысы. 1947-ж. 5 *га* аянттын гектарынан 86 *цден* түшүм алган. Ленин ордени м-н сыйланган.

САЙМАЛЫ-ТАШ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР — ар кайсы доордо таштарга чегилген оймо-чийме ж-а сүрөттөрү бар жер. Фергана кырка тоосундагы Көгарт ашуусуна жакын Саймалы-Таш өрөөнүндө. 1902-ж. Н. Г. Хлудов ачкан, 1946-ж. Б. М. Зима изилдеген. 1950-ж. А. Н. Бернштам толук изилдөө жүргүзгөн. Кийинчерээк Н. Л. Подольский, Г. А. Помаскина, Я. А. Шер изилдеген. Коло дооруна (б. з. ч. 2—1-миң жылдыктар) таандык сүрөттөрдөн турат. Эчки, бугулардын сүрөттөрү сак урууларынын дооруна ж-а гунн-сармат урууларынын мезгилине таандык. Сүрөттөрдүн эң кийинкилери 6—8-к-га тиешелүү.

САКАЛДЫ — кыштак, Ленин р-нундагы Сакалды айыл советинин борбору. Бул айыл советине Чоң-Багыш, Бобуй, Аримжан, Чек, Кагазды, Кызыл-Кыргызстан кыш. да карайт. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 14 *км* түш.-батыш тарапта, Тентек-Сай темир жол станциясынан 10 *км*. 1934-ж. негизделген. Калкы 2055 (1986). Нег. чарбасы — мал багуу, пахта, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, поликлиника, ооруканa, аптека, китепкана ж. б. бар.

САКТЫК КАССАЛАР, мамл. эмгек сактык кассалары. Областта 232 сактык кассасы ж-а бир башкармасы иштейт (1986). Тейлөө кызматынын 60тай түрүн аткарат. Акча-буюм утуш аманаттарын, өзү сурап алганга чейинки аманаттарды, мөөнөттүү, кошумча взносу бар аманаттарды, шарттуу, утуш, күнүмдүк эсептеги аманаттарды, жаштардын сыйлык аманаттарын кабыл алат; мамл. заёмдор м-н акча-буюм утуш лотереяларын сатат ж-а кабыл алып, наркын төлөп берет; коммуналык тейлөө кызматы үчүн акы төлөөнү кабыл алат. 1984-ж. 1-январга чейин акча сактагандар 225 миңге жетип, сакталган акчалардын суммасы 20 655 миң сомду түзгөн; ар бир кишинин сактаган акчасынын орт. көлөмү 700



Т. Салиева



У. Салиева

сом болгон. Областтын борборунда 23 сактык касса (а. и. 8и 1-разряддагы сактык касса) бар. Оштогу Борб. сактык касса 1922-жылдан, Жалал-Абаддагы Борб. сактык касса 1933-жылдан иштейт.

САЛАМ-АЛИК — Түш. Кырг-ндагы кооз жер. Өзгөн р-нунун аймагында. Жазы (Яссы) суусунун сол жээгинде, жапыз тоолуу жерден орун алган. Өзгөн ш-нан 34 *км* түн.-чыгышта. Уз. 9—10 *км*, туурасы 3—4 *км*, аянты 40 *км*^{2}. Д. деңорт. бийикт. 1270—1700 *м*. эң бийик жери 2384 *м* (Ак-Башат чокусу). Бор ж-а юра мезгилдеринде пайда болгон кызыл, боз түстөгү чөкмө тектерден (кумдук, чопо, акиташ) турган кокту-колоттуу, орто бийиктеги тоо басымдуу. Климаты мелүүн, июлдун орт. темп-расы 17°С, январдыкы —6°С, жылдык жаан-чачыны 863 *мм*. Булак көп. Кара күрөң ж-а кара көң топурактуу. С.-А-тин ландшафтынын кооздугун ыңгайлуу орографиялык түзүлүшү ж-а неоген мезгилиндеги жылуу субтропиктик климаттык шартта өскөн токой флорасынын азыркыга чейин сакталып калган ж-а тоолордун кырына чейин таралган жапайы жаңгак-жемиш токою түзөт. Анын арасында кыргыз алмасы, алча, бадам, кайың, ак чечек, ыргай, ак кайың, табылгы, долоно, шилби ж. б., ал эми токой арасындагы ачык аянттарда бийик чөптүү шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Жаңгак-жемиш токоюнун кызыл түстүү жарлар м-н айкалышкан көркү, жагымдуу климаты эс алууга, туризмдин өнүгүшүнө шарт түзөт. С.-А. токоюнан жаңгак, алма ж-а бадам жемиши жыйналат. Салам-Алик суусунун боюнда пионер лагерлери бар.

САЛАМ-АЛИК — кыштак, Өзгөн р-нундагы Октябрь айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Терек, Ара-Көл, Кош-Этер, Кызыл-Байрак, Кызыл-Чарба, Октябрдын 15 жылдыгы кыш. да карайт. Жазы суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 30 *км* чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 90 *км*. Калкы 1053 (1986). Кой чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, бала бакча, клуб, фельдшер-акушердик пункт, китепкана ж. б. бар. Кыштакка жакын 2 пионер лагери жайгашкан.

САЛИЕВА Турсунхан (1922-ж. т., Ош ш.) — актёр, Кыргыз ССР эл артисти (1974). 1952-жылдан КПСС мүчөсү. 1935-жылдан Оштогу С. М. Киров атн. Өзбек музыкалык драма театрында, 1940-жылдан Ташкендеги М. Мукими атн. театрда, 1944-жылдан кайрадан С. М. Киров атн. Ош өзбек музыкалык драма театрында иштеген. Ал трагедиялуу, курч мүнөздөгү ролдорду ойногон. Нег. ролдору: Кабаниха (А. Островский, «Добул»), Толгонай (Ч. Айтматов, «Саманчынын жолу»), Васса (М. Горький, «Васса Железнова»), Тангабике (М. Карим, «Ай тутулган түндө») ж. б. Кыргыз ССР ж-а Өзбек ССР Жог. Советтеринин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

САЛИЕВА Уркуя (1910, азыркы Ноокат р-ну, Меркит-Мүркүт кыш.—1934, ошол эле жерде) — Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдөн. Кыргында к-з уюштурууга активдүү катышкан. 1929-жылдан Компартия мүчөсү. Кыргыз кыз-келиндеринин ичинен биринчилерден болуп комсомолго, кийин партияга өткөн. Эзүүчү таптарга каршы ж-а аялдарды азаттыкка чыгаруу үчүн күрөшкөн. 1928-ж. Меркит-Мүркүт айыл советинин председателдигине шайланган. 1929-ж. райондогу алгачкы «Кызыл-Аскер» к-зун уюштурган. 1934-ж. Кыргыз АССР БАКынын мүчөсү. Тап душмандарынын колунан курман болгон. Фрунзе ж-а Ош ш-нда көчөлөргө, Ноокат р-нундагы бир к-зго, Оштогу орто мектепке С-нын ысымы берилген. О. эле ал ж-дө документ тарыхый роман (Н. Байтемиров, «Тарых эстелиги») жазылган, «Уркуя» аттуу көркөм фильм (1971) тартылган. Мемориалдык музей ачылган. Ал туулуп өскөн кыштакта бюст орнотулган.

САЛИЕВА АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Ноокат р-нундагы чарба (башкармасы: Муркут кыш.). 1928-ж. «Кызыл-Аскер» а. ч. артели катары негизделген, 1934-жылдан азыркыдай аталат. 1939-ж-а 1962-ж. бир топ чарбалар бириктирилип ирилештирилген. Колхоз сүт

өндүрүүгө ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген. 24,4 миң *га* (а. и. 14,6 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2 миң бодо мал, 11,8 миң кой-эчки бар (1985).

САЛИЕВА АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕП, Уркуя Салиева атн. обл. кыргыз орто мектеби (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 409) — кыргыз кыздары окуучу обл-тагы алгачкы мектептердин бири. 1948-ж. ачылган. Биринчи окуу жылында 200 окуучу кабыл алынган. Областтын бардык р-ндорунан келген 8—10-класстардын кыздары окуйт. 1974-ж. жаңы окуу корпусу ж-а жатакана курулган. Мектепте 25 окуу кабинети, кесип тандоого багыт берүү кабинети, У. Салиеванын музейи, китепканасы (китеп фонду 11 миң нуска) бар. Окуу 1 сменада өтүлөт. 1984—85-окуу жылында 440 окуучу окуган; 40 мугалим ж-а тарбиячы, а. и. Кыргыз ССР эл агартуунун 90 отличниги иштейт. Ачылгандан бери мектепти 3 миңден ашык окуучу бүтүргөн.

САЛИЕВА У. БЮСТУ 1964-ж. Меркит-Мүркүт кыш-ндагы (Ноокат р-ну) Уркуя *Салиеванын* сөөгү коюлган бактын орнотулган. 1980-ж. ал жерден алынып, У. Салиеванын мемориалдык музейинин имаратына коюлган. 1968-ж. Уркуянын мүрзөсүнө к-здун каражаттары м-н эстелик тургузулган. Бюсттун постаменти м-н жалпы бийикт. 2,8 *м*. Постаменттин астыңкы бетинде «Уркуя Салиева. 1910—1934» деген жазуу бар. Каптал беттери декоративдүү розеткалар м-н кооздолгон. Бетондон жасалган. Скульп.— Г. Сатаров.

«САЛКЫН» — Ош ш-ндагы гриль-бар (Интернационал көчөсү). 1983-ж. шаардык «Коомдук тамактануу» трести ачкан. 100 орундуу. Жылдык орт. товар жүгүртүүсү 0,2 млн сом (1985). Ысык ж-а муздак тамак, суусундуктар, пиво, о. эле улуттук тамак-аштар — шишкебек, бешбармак, күлчөтай ж. б. берилет. Арх. Б. Усманбековдун долбоору б-ча курулган. Жасалгалоо үчүн түрдүү түстөгү таштар, жумуру шагыл, гипс пайдаланылган. Ичи улуттук стилде жасалгаланган.

«САЛТАНАТ» — Таш-Көмүр ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Чернышевский көчөсү). 1972-ж. ачылган. «Болочок жоокер», «Светофор» киноклубдары, «Ден соолук», «Өспүрүм жана закон» кинолекторийлери иштейт. Залы 447 орундуу. Орто эсеп м-н жылына 297,1 миң киши кино көрөт (1985).

САМАНИЛЕР МАМЛЕКЕТИ — 875—999-ж. Орто Азия ж-а алар м-н чектеш түш.-батыш аймактарды ээлеген феодалдык мамлекет. Борбору — Бухара ш. Саманилер династиясын негиздөөчүлөр Балх ш-на (Түн. Афганстан) жакын жердеги Саман кыш-нан чыгышкан. Азыркы Ош обл-нын аймагы С. м-не кирген. Саманилер иерархиясынын 2-баскычында вазир турган, ага граждандык ж-а аскердик 10 ведомствонун бардыгы — гвардия, полиция, финансы иштер, почта, сот ж. б. баш ийген. Жерг. башкаруу органдарында ири феодалдар м-н аскер башчыларынан дайындалган акимдер турушкан. С. м-нин тушунда Бухара, Самаркан, Нишапур, Мерв, Герат, Балх сыяктуу маанилүү шаарлар болуп, аларда соода, кол өнөрчүлүк, илим ж-а иск-во өнүккөн. Ош, Өзгөн, Хожент шаарлары Фергана өрөөнүндөгү ири шаарларга айланган. 10-к-дын аягында так талашуу, феодалдардын козголоңу, элдик кыймылдардын натыйжасында С. м. начарлай баштаган. Ошол мезгилде Борб. Тянь-Шань м-н Жети-Сууда пайда болгон күчтүү Караханилер мамл. бириксмеси (к. *Караханилер мамлекети)* бул саясий кырдаалдан пайдаланып, Аму-Дарыясына чейинки С. м-нин ээлигин басып алган, ал эми дарыянын Түш. тарабындагы жерлер Газневилерге өткөн.

САМАРКАНДЕК — кыштак, Баткен р-нундагы Самаркандек айыл советинин борбору. Бул айыл советине Паскы-Арык, Ак-Татыр, Говсувар, Үч-Дөбө, Көк-Таш, Жаңы-Бак, Достук, Капчыгай, Рабат, Ак-Сай кыш. да карайт. Ош — Исфана авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Баткен кыш-нан 42 *км* түш.-батыш тарапта, Шураб темир жол станциясынан (Таажик ССРи) 6 *км*. Калкы 3601 (1986). Нег. чарбасы — кой, эчки багуу, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, сегиз жылдык мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, клуб, ооркана, китепкана ж. б. бар.

САНАТОРИЙЛЕР. Областта 9 санаторий, а. и. Фрунзе р-нунда жалпы терапия профилиндеги Кызыл-Булак санаторийи (1954-ж. негизделген; 250 орундуу) ж-а 8 балдар санаторийи (к. *Санаторий-профилакторийлер, «Арстанбап»)* иштейт (1985).

САНАТОРИЙ-ПРОФИЛАКТОРИЙЛЕР — эмгекчилерди санаторийде жаткырып ооруну алдын ала дарылоочу мекемелер. Санаторийде дарылануугa муктаж болгондор профсоюз к-тинин



Ш. Санжаров

социалдык камсыздандыруу комиссиясынын чечими б-ча жөнөтүлөт. Акысыз же жарым-жартылай акы төлөнүүчү жолдомо берилет. Дарылоо мөөнөтү 24 күн, жылына 14—15 смена кабыл алат. Областта жалпы терапия профилинде 12 профсоюздук С.-п. (873 орундуу) иштейт (1984). Ири С.-пде электр нур м-н дарылоо, суу ж-а баткак м-н дарылоо кабинеттери бар. 4 С.-пде («Автодорожник», «Жийделик», «Металлург», «Майлы-Сай» электр лампа з-дунун С.-п-инде) балдар ата-энелери м-н чогуу ден соолугун чыңдайт.

САНЖАРОВ Шарап (1932-ж. т., Өзгөн р-ну, Дөң-Булак кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмгек сиңирген устаты. Кара-Суу р-нундагы В. В. Куйбышев атн. к-здо малчы, 1956-жылдан «Коммунизм» к-зунда чабан, 1960-жылдан Өзгөн р-нундагы «Алга» с-зунда баш чабан. 1965-ж. ар жүз тубар койдон 120дан козу алып, ар биринен 5 кедан жүн кыркып алган. 1974—79-ж. СССР Жог. Советинин ж-а 1963—67-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери, медалдар м-н сыйланган.

САНИТАРИЯ - ЭПИДЕМИОЛОГИЯ СТАНЦИЯЛАРЫ (санэпидстанциялар) — областтын аймагында мамл. санитариялык көзөмөлдү ишке ашыруучу, санитариялык алдын алуу ж-а эпидемияга каршы чараларды көрүүчү ж-а иштеп чыгуучу адистештирилген негизги мекемелер. Областта 1 обл., 15 райондук, 7 шаардык санэпидстанция иштейт (1985). Облсттык санэпидстанция (Ош ш., Школьный көчөсү, 53) 1939-ж. түзүлгөн. Санитариялык гигиена, токсикология, эпидемиология, дезинфекция, өтө коркунучтуу жугуштуу оорулар, физика-химиялык ыкмаларды колдонуу м-н изилдөө бөлүмдөрү ж-а ушуларга тиешелүү лабораториялары бар. 30 врач, 45 мед. орто билимдүү адис иштейт. Ош шаардык санэпидстанция (Ош ш., Хохлов көчөсү, 153) 1937-ж. түзүлгөн. 20 врач, 38 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986). Ош шаардык дезинфекция станциясы (Ош ш., Совет көчөсү, 1) 1971-ж. негизделген. Жугуштуу оорулууларды ооруканаларга жайгаштырат, дезинфекция, дезинсекция, дератизация жүргүзөт. 7 врач, 144 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

САРЧАБАЕВ Халдар (1899, Жалал-Абад ш.—1921, ошол эле жерде) — Жалал-Абадда Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөштүн активдүү катышуучусу. 1919-жылдан Компартия мүчөсү. Бала кезинен байдын малын баккан. 1917-ж. июлда убактылуу өкмөттүн саясатына нааразы болгон эмгекчилердин митингисине катышкан. 1917-ж. декабрдан ыктыярдуу элдик милициянын катарында кызмат өтөгөн. 1919-жылдан басмачыларга каршы күрөшүүчү Жалал-Абад ыктыярдуу отрядынын аскер комиссары. 1920-ж. февралдан РКП(б)нин Жалал-Абад р-ндук к-тинин мүчөсү. Кийинки жылдары парт. ж-а мамл. кызматтарда иштеген. Басмачыларга каршы күрөштө курман болгон. Анын ысымы м-н Жалал-Абад ш-нда бир көчө аталган.

САРЫ-БУЛАК — кыштак, Совет р-нундагы Сары-Булак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Терек-Саз, Кара-Булак, Конокбай-Талаа, Кызыл-Булак, Тогуз-Булак, Сары-Күнгөй кыш. да карайт. Кара-Кулжа — Гүлчө авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыштагынан 25 *км* түш. тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 118 *км*. Калкы 1051 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу, дыйканчылык. Орто мектеп, бала бакча, турмуш-тиричилик үйү, клуб, китепкана, оорукана ж. б. бар.

САРЫ-БУЛАК КУМ КЕНИ Сузак р-нунда. Сары-Булак кыш-нан 8,5 *км* түн.-батыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин батыш этегинде. 1950-ж. табылган. Кен аймагын бор мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары түзөт. Кен арасы чопо катмарчасы м-н бөлүнгөн, начар камдашкан эшилме кумдуктун 3 катмарынан турат. Алардын жалпы калындыгы 125 *м* (чопонуку 3,5—15 *м*). Негизинен кварц (90%) м-н талаа шпатынан (8%) турат; слюда, органикалык кошунду жокко эсе. Кварц куму агыш боз ж-а кызгылтым түстө, майда бүртүкчөлүү. Көзөнөктүү бетон ж-а силикат кирпичин даярдоого жарактуу. Запасы А+В категориясы б-ча 10896 мин $м^3$, C_1—12 401 $м^3$. Карьерден казып алынып, азырынча курулушка ж-а жол курууга пайдаланылат.

САРЫ-БУЛАК ЧОПО ЖАНА КУМ КЕНИ Сузак р-нунда. Октябрь кыш-нан 2—3 *км* түн.-чыгышта, Сары-Булак суусунун оң өйүзүндө. 1972-ж. табылган. Кен аймагын бор мезгилинин кызыл түстүү чөкмөсү, антропогендин борпоң тектери түзөт. Анда чопонун, кумдун ж-а кумдуу чопонун курулушка керектүү катмарлары жатат. Астында бор мезгилинин кызыл түстүү чопо катмары жайгашкан. Калындыгы 1,3—6,7 *м*ге чейин. Жакшы жуурулат. Жошо алууга жарамдуу. Запасы В+C_1 категориясы б-ча 15538 мин $м^3$. Үстүндө майда бүртүкчөлүү начар камдашкан полимиктүү кум жатат. Кумду жолго, курулушка пайдаланса болот. Запасы 3849 мин $м^3$. Булардын жанында лёсс сымал чопо катмары да бар. Ал боз, бозомтук түстө. Жакшы нымдалат. Калындыгы 3,5 *м*ге чейин. Чоподон «100» маркасындагы кирпич жасоого болот. Запасы В+C_1 категориясы б-ча 15 538 $м^3$.

САРЫ-БЭЭ — кыштак, Совет р-нундагы Капчыгай айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Таш, Терек-Суу кыш. да карайт. Тар суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борб. Кара-Кулжа кыш-нан 39 *км* түш.-чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 130 *км*. Калкы 920 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу, бал челек кармоо. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, турмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту, клуб бар.

САРЫ-БЭЭ КЕНИ — Ленин р-нундагы таш көмүр жаткан жер. Таш-Көмүр ш-нан 22 *км* түш.-чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин түш. этегиндеги Сары-Бээ суусунун Майлы-Сууга куйган жеринде. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. 1952-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары аяктап, запасы эсептелген. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Көмүр катмарлары чопо, алевролит тектеринин арасында жайгашкан. Мында көмүрдүн ө. ж-лык маанидеги эки катмары бар. Үстүңкүсү 1,45 *м*, астыңкысы 7,3 *м* калыңдыкта. Көмүр таш көмүр маркасына кирет. Күлдүүлүгү 10%ке чейин. Жылуулук берүү энергиясы 20,41 *МДж/кг*. Запасы А категориясы б-ча 0,1 млн *т*, В—0,9 млн *т*, C_1—5,6 млн *т*, C_2—11,7 млн *т*.

САРЫ-КАМЫШ ГАЗ КЕНИ Фрунзе р-нунда. Алай кырка тоосунун түн. этегинде, Фергана ш-нан (Өзбек ССРи) 18 *км* түш.-батыш тарапта жайгашкан. 1955-ж. ачылган. Кен аймагы мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон чөкмө тоо тектерден түзүлгөн. Газ бор ж-а юра мезгилдеринин көмүрсүз геологиялык свиталарындагы кумдуктарда топтолгон. Газдуу кабатчалар 310—360 *м* тереңдикте жатып, калыңдыгы 5—7 *м*ге чейин. Газдын адегендеги чыгымы 400 мин $м^3$/*сутка*. Составында метан 83,3%, этан 6,6%, пропан 2,7%, бутан 0,5%, пентан м-н жог. сапаттагы газ 0,8%, кислород 0,4%, суу 5,7%. Салыштырмалуу салмагы 0,592—0,653, күйгөндө 28,0—32,4 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы 743 млн $м^3$.

САРЫ-КАМЫШ ГЛИЕЖ КЕНИ Жаңы-Жол р-нунда. Таш-Көмүр ш-нан 6—7 *км* түш.-чыгышта, Сары-Камыш суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. 1949-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Пайдалуу катмар көмүрдүн жер астында табигый өрттөнүшүнөн бышкан (күйгөн) чопо ж-а алевролит, кумдук, акиташ тектеринен турат. Глиежди жог. маркадагы портланд цементти алууда активдүү минералдык кошунду катары колдонсо болот. Запасы C_1 категориясы б-ча 1600 мин $м^3$.

«САРЫ-МОГОЛ» — Алай р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Талды-Суу кыш.). 1978-ж. «Алай» с-зунун 2 бөлүмүнүн ж-а «Талды-Суу» участкасынын базасында түзүлгөн. Нег. чарбасы — кой багуу. 82,6 миң *га* (а. и. 40,1 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 909 миң ую, 34,5 миң кою бар (1986).

САРЫ-МОГОЛ ЗАКАЗНИГИ Алай р-нунун аймагында Сары-Могол кышнан 3 *км* аралыкта жайгашкан. 1975-ж. Алай өрөөнүндө гана өскөн Костычев кундуз гүлү өскөн аймакты коргоо максатында ботаникалык заказник катары уюшулган. Аянты 60 *га*.

САРЫ-МОГОЛ МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түш. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 4,2 *км*, аянты 4,5 $км^2$, көлөмү 0,4 $км^3$. Кызыл-Суунун оң куймасы Сары-Моголдун төрүндө жайгашкан. Башы д. дең. 4740 *м*, этеги 4280 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4400 *м*. Жайык төрдөн башталып, далы сымал

жазы «тил» м-н аяктайт. Этегинде чакан морена көлү жатат. Андан башталган суу Сары-Моголго оң тараптан куят.

САРЫМСАКОВ Мухамед Кадыр (1886, Ош ш.— өлгөн жылы ж-а жери белгисиз) — Ошто Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөштүн активдүү катышуучусу. 1918-жылдан Компартиянын мүчөсү. 1917-ж. ооруктагы жумуштан кайтып келгенден кийин Ошто Мусулман жумушчулары м-н чайрыкерлер депутаттар советин түзүүнүн демилгечилеринен ж-а Ош ш-ндагы биринкен социал-демократиялык топтун мүчөсү болгон. 1918-ж. январда бийликти өз колуна алган Ош уездик советин большевиктештирүүгө катышкан. 1918-ж. марттан РКП(б)нин Ошкан. 1918-ж. марттан РКП(б)нин Оштогу уюмунун мүчөсү. 1918-ж. июлда эски Оштун мусулмандар жашаган бөлүгүндө большевиктердин тобун уюштурган, 1919-жылдан ушул уюмдун к-тинин мүчөсү ж-а председатели. Парт. ячейкаларды түзүү б-ча Өзгөчө уездик комиссиянын составына киргөн. 1920-ж. февралдан уездик парт. 1-конференцияда шайланган уездик-шаардык комиссияда, кийин партиялык ж-а мамл. кызматтарда иштеген.

САРЫ-ТАЛАА КЕНИ — Фрунзе р-нундагы габбро кооз ташы жаткан жер. Сары-Талаа кыш-нан 2 *км* түш.-батыш тарапта, Алай кырка тоосунун түн. этегинде. Кен 1955-ж. табылып, 1968—71-ж. изилденген. Кендин аянтын силур ж-а девон мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары ээлеп жатат. Аларды габбро тоо текторинин интрузиясы жиреп чыккан. Интрузиянын эни 700 *м*дей, уз. 10—12 *км*ге созулуп, ал боз, ачык ж-а каралжын боз түстөгү габбро-норит тоо тектеринен турат. Таш оңой иштетилет ж-а жакшы сайкалданат. Жылманган беттеги оймо-чийме өтө кооз ж-а оригиналдуу. Имараттардын дубалдарын кооздоо үчүн, о. эле майда кооз буюмдарды жасоого пайдаланса болот.

САРЫ-ТАШ — Алай р-нундагы шаар тибиндеги посёлка (1950-жылдан). Алай өрөөнүндө, Талдык ашуусуна жакын, д. дең. 3200 *м* бийиктикте, Ош — Хорог авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыштан 103 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 198 *км*. Калкы 1046 (1986). Гидрометеостанция жайгашкан. Орто мектеп, бала бакча, аптека, оорукана, маданият үйү, клуб, китепкана, ашкана бар.

САРЫ-ТАШ КЕНИ — Өзгөн р-нундагы үлүлдүү акиташ тектери жаткан жер. Жаңы-Арык кыш-нан 12 *км* түш. тарапта, Алай кырка тоосунун түн.-батыш тыш капталында жайгашкан. 1977-ж. табылган. Кен аймагын палеоген мезгилиндеги деңиз шартында пайда болгон чопо, кумдук, акиташ тектери түзөт. Кендин жалпы аянты 300 $км^2$. Пайдалуу катмар үлүлдүү акиташ тегинен турат. Анын калыңдыгы 20,5—31,3 *м*. Таш оңой кесилип, жакшы сайкалданат. Өңү саргыч күрөң келип, кооз оймолорду пайда кылат. Запасы А категориясы б-ча 3204 миң $м^3$, А+В+С—16946 миң $м^3$, В—13742 миң $м^3$. 1978-жылдан казылып, имарат дубалдарын кооздоп каптоого кеңири пайдалануюда.

САРЫ-ТАШ МӨҢГҮСҮ — Түркстан-Алай тоо системасындагы Матча тоо тоомунун түн.-чыгыш капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Сох суусунун сол курамы Ак-Теректин алабында. Уз. 4,0 *км*, аянты 4,1 $км^2$. Башы д. дең. 4500 *м*, этеги 2800 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн башталган Сары-Таш өзөнү Матча суусуна (Ак-Теректин сол куймасы) оң жактан куят.

«САРЫ-ЧЕЛЕК» — туристтик база (Жаңы-Жол р-ну, Аркыт кыш.). 1975-ж. түзүлгөн. Д. дең.2020 *м* бийиктикте, Ош ш-нан 250 *км*. түн.-батышта Сары-Челек көлүнүн жанында жайгашкан. 1-июндан 15-сентябрга чейин иштейт. Коттеждери 240 орундуу. 200 орундуу ашканасы, буфет, чайхана, туристтер кабинети, китепкана (окуу залы м-н), жайкы кинотеатр, бий, биллъярд, теннис, спорт ж-а балдар ойноочу аянтчалары, жайкы ачык бассейни, туристтер үчүн керектүү буюмдарды ж-а жабдыктарды берүүчү прокат пункту, турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү бөлмөсү, медпункт, «Союзпечать», «Сувенир», күндөлүк керектелүүчү буюмдар сатылуучу киоскилери, жеңил автомобилдер токтотулуучу жайы бар. Турбазадан 1 *км* аралыктагы Аркыт кыш-нда почта, сактык кассасы, дүкөн иштейт. Турбазада жерг. маршруттар б-ча бир күндүк, 2—4 күндүк жүрүштөр уюштурулган. Жалгыздан, үйбүлөсү ж-а 7 жаштан өткөн балдары м-н келген ата-энелерди, өз алдынча келген туристтерди тейлейт.

САРЫ-ЧЕЛЕК БИОСФЕРА КОРУГУ — Жаңы-Жол р-нунун аймагындагы табигый кооз аймак. Чаткал ж-а Ат-Ойнок кырка тоолорунда жайгашкан. 1959-ж. уюшулган. 1979-ж. ЮНЕСКОнун чечими б-ча биосфера коруктарынын эл аралык тармагына киргизилген. Коруктун негизги милдети — мөмө-жемиштүү жаңгак токой комплексин, анын фаунасын калыбына келтирүү, изилдөө ж-а коргоо. Аянты 23,8 мин *га*, а. и. 8,7 миң *га*сын токой, 15,7 миң *га*сын шалбаа, талаа, аскалар, айдоо, курулуштар ж-а Сары-Челек көлү ээлейт. Д. дең. эң төмөн жайгашкан жери 1200 *м*, эң бийик жери 4247 *м* (Мүз-Төр чокусу). Рельефине терең өрөөндөр, капчыгайлар м-н тилмеленген тоолор мүнөздүү. Жалама зоолор, оркойгон аскалар, шагылдуу беттер да кездешет. Сары-Челек көлүнүн түш. жагында жапыз дөбөлөрдүн («Тоскоолдун») арасындагы чуңкурларды Кыла-Көл, Ийри-Көл, Бакалы-Көл, Арам-Көл, Чөйчөк-Көл, Чача-Көл көлдөрү ээлейт. Сары-Челек көлү жер титирөөдө жер көчкү өрөөндүн таманын бөгөп калуудан пайда болгон. Кожо-Ата суусу коруктун аймагын экиге — батыш ж-а чыгыш бөлүктөргө бөлөт; анда үңкүрлүү капчыгайлар көп кездешет. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы —7,2°Сге чейин, июлдуку 21°С. Жылдык жаан-чачыны 807 *мм*, абанын салыштырма нымдуулугу 61%. Жаңгак (1,6 миң *га*), алма, алча, алмурут, карагат, чие, бадам, ит мурун, карагай, көк карагай, долоно, дан куурай, о. эле дарылык касиети бар (аюу чач, шашыр, көк чай чөп), эфир майлуу (арча, шалфей), тоют өсүмдүктөрү да өсөт. Токоюнан жаңгак, алма, алча, мисте ж. б. жыйналат. Корукту сүт эмүүчүлөрдүн 30, сойлоочулардын 8, жерде-сууда жашоочулардын 2, балыктын 4 ж-а куштардын 160тай түрү мекендейт. Анда 600дөй каман, 90 элик, 250 тоо теке, 20 аюу, 150 бугу, 18 зубр, 4 миндей суур бар. Сүлөөсүн, кашкулак, чүткөр да көп кездешет. Өсүмдүктүн 13 түрү, айбанаттардын 15 түрү «Кыргыз ССРинин Кызыл китебине» катталган. Табият комплексин изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Туризм өнүккөн.

САРЫ-ЧЕЛЕК КӨЛҮ Жаңы-Жол р-нунун аймагында, Чаткал кырка тоосу Ат-Ойнок кырка тоосуна такалган жеринде, Кожо-Ата суусунун алабында жайгашкан. «Тоскоол» деп да аталат. Д. дең. 1873 *м* бийиктикте, уз. 7,5 *км*, орт. жазылыгы 650 *м* (эң жазы жери 2280 *м*, кууш жери 300 *м*). Аянты 4,92 $км^2$. Орт. тереңдиги 98 *м*, эң терең жери 234 *м*. Тереңдиги б-ча Кырг-нда 2-орунду (Ысык-Көлдөн кийин) ээлейт. Мындан 10 миң жылча илгери жер титирөөдөн жер көчкү өрөөндүн таманын бөгөп калышынан пайда болгон. Ошондуктан көлдүн келбети тоо өрөөнүнө окшоп узатасынан жатат. Жээги көбүнчө тик, жардуу келип, булуң-буйткалуу. Көлгө Сары-Челек суусу (чыгымы жайында 1—3 $м^3/сек$, кышында 0,6 $м^3/сек$) ж. б. майда суулар куюп, андан Тоскоол суусу (Кожо-Ата суусунун куймасы) агып чыгат (чыгымы жайында 3—4 $м^3/сек$). Көл түбүндөгү тектоникалык жаракалардан булактар чыгат. Эң жог. деңгээли майдын аягында, эң төмөнкүсү декабрда байкалат да, экөөнүн айырмасы 40—50 *см*ден ашпайт. Декабрь — апрель айларында тоңот. Эң жог. темп-расы (19,8°С) августтун аягында, эң төмөнкүсү (0°С) февралда байкалат. Түбүнөн кошулган жер астындагы суулардын темп-расы жогору болгондуктан, кышында түбүндөгү темпра 5°Сден төмөн түшпөйт. Суунун үстүңкү бетинен түбүнө карай минералдык туздардын көбөйүшү (200 *мг/л*-ден 500 *мг/л*ге чейин) мүнөздүү. Бир *л* суудагы минералдуу калдыктардын орт. өлчөмү 280 *мг*. 16 *м* тереңдикке чейин көлдүн түбү көрүнөт. Көлдү курчаган тоолор (Чаткал, Ат-Ойнок ж. б.) негизинен палеозойдун акиташ, сланец ж. б. чөкмө тектеринен турат. Көлгө сазан, каңылтыр ж-а ондатра коё берилген. Көлдүн айланасындагы жердин кооздугун, табигый шартын, байлыгын, дүйнөнүн башка жеринде болбогон өсүмдүктөрдүн, айбанаттардын чарбалык ж-а илимий жактан эске алып, бул аймактын табиятын коргоо максатында 1959-ж. *Сары-Челек биосфера коругу* уюшулган.

САСЫК-ҮҢКҮР — мустье мезгилинде (таш доору) б. адам жашаган үңкүр. Чил-Устун кырка тоосунун батыш этегинде, Араван р-нундагы Сасык-Үңкүр кыш-на жакын жайгашкан. Диаметри 8 *м*ге жакын, туурасы 13 *м*, уз. 37 *м*, бийикт. 15 *м*. Башкы залы кесек уранды (таштар) м-н толгон. Тоо тарапты караган кыйгач оозу бар. Кыргыз археология отряды (1967—68) изилдеген. Жетекчилери В. А. Ранов ж-а Б. М. Юнусалиев. 0,8—1,1 *м* терең-диктен 2 кыргыч ж-а таш куралдардын сыныктары табылган. Тоо массивин-



А. Сатыбалдиев



Н. А. Северцов

деги карст үңкүрлөрүнүн тобуна кирет. 1975-ж. бул тоодогу үңкүрлөрдүн баары геологиялык корук деп жарыяланган. Чоң така тумшук жарганат, тик кулак жарганат мекендейт.

САТЫБАЛДИЕВ Алтымыш (1900-ж. т., Ноокат р-ну, Герей-Шорон кыш.) — шахтёр, Соц. Эмг. Баатыры (1947), 1948-жылдан КПСС мүчөсү. 1914-жылдан Кызыл-Кыя темир жолунда, 1928-жылдан «Жал» шахтасында жумушчу, забойщик, 1952-жылдан бургулоочу болуп иштеген. Өндүрүштүк тапшырмасын 130—150%ке аткарган. СССР Жог. Советинин 8-чакырылышынын, 1947—55-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

САФИД-БУЛАН, к. *Испид-Булан*.

САХАБ МАЗАРЫ, к. *Жаңы-Ноокат көрүстөнү*.

САЯКАТ ЖАНА ЭКСКУРСИЯ БЮРОСУ. Областта ушундай 2 бюро иштейт (1986). Ош С. ж. э. б. (Ош ш., Ош туристтик базасы) 1968-ж. уюшулган. Жерг. калктын өлкөбүздүн шаарлары, союздук респ-лардын борборлоруна саякатка баруусун ж-а курулуштар, ишканалар, кызыктуу жерлерге экскурсия жасоолорун уюштурат. Жылына темир жол маршруту б-ча 200дөй, самолёт аркылуу 2800дөй, авт. маршруту б-ча 55400 киши саякатка, 234 миң киши экскурсияга чыгат. Тейлөө кызматынын жылдык көлөмү орто эсеп м-н 1,7 млн сомду түзөт. Жалал-Абад С. ж. э. б. (Жалал-Абад ш., Совет көчөсү, 8) 1980-ж. Жалал-Абад аймагында жашаган калкты тейлөө үчүн уюшулган. Жылына темир жол аркылуу 100, самолёт аркылуу 200дөй киши саякатка чыгат, 28,5 миң киши экскурсия кылышат. Тейлөө кызматынын жылдык көлөмү орто эсеп м-н 157 миң сомду түзөт.

САЯСИЙ-АГАРТУУ ҮЙҮ, Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун С.-а. ү. (Ош ш., Свердлов көчөсү, 221) — идеологиялык кадрларды ж-а парт. активдерди идеологиялык-теориялык жактан даярдоочу методикалык борбор. 1960-ж. негизделген. Маркстик-лениндик теория, КПССтин саясаты ж-а коммунисттик курулуш маселелери б-ча илимий-практикалык конференциялар, семинарлар ж-а курстарды өткөрөт. Үгүт ж-а пропагандынын натыйжалуулугун изилдейт, идеологиялык иштеги алдыңкы тажрыйбаларды жыйынтыктайт ж-а жайылтат, методикалык бюллетендерди чыгарат, кеңеш берүүлөрдү уюштурат. Парт. агартуу, пропаганданын массалык формасы, комсомолдук саясий-агартуу ж-а пропагандалоонун тех. каражаттары секцияларынан турган коомдук методикалык совет иштейт. С. а. ү-нүн имаратында (1978-ж. курулган) 600 ж-а 200 орундуу 2 кеңешме залы, 7 предметтик-методикалык кабинети бар (арх.— А. Голованов, В. Петренко, А. Панасенко).

СЕВЕРЦОВ Николай Алексеевич (1827, Воронеж —1885, Воронежге жакын) — орус зоологу, зоогеограф, саякатчы, Орто Азия ж-а Казакстандын зоогеографиясына негиз салуучу. 1846-ж. Москва университетин бүтүргөн. 1857—79-ж. Тянь-Шандын борб. бөлүгүн, Кызыл-Кумду изилдеп, Памирдин флорасы ж-а фаунасы б-ча көп материалдар чогулткан. Орто Азиянын табиятына 1-жолу комплекстүү географиялык мүнөздөмө берген. Палеарктиканын Зоогеографиялык бөлүнүшүнүн принциптерин иштеп чыккан. Кырг-ндын аймагын изилдөөгө көп эмгек сиңирген. 1864—68-ж. Түркстан экспедициясы мезгилинде Түн. (1864) ж-а Батыш (1864—66) Тянь-Шань тоолору м-н тоо этектерин, Талас өрөөнү м-н Чаткалдын (1864) баш жагын (азыркы Лейлек р-нунун батыш бөлүгүн, 1868) изилдеген. Орто Азиянын, а. и. Кыргындын табигый ресурстары, жерг. калктын турмуш-тиричилиги, экономикасы, аймактагы саясий кырдаал б-ча баалуу материал жыйнаган. Зоолог, зоогеограф катары аны Тянь-Шандын органикалык дүйнөсү өзгөчө кызыктырган. Анын коллекциясындагы өсүмдүктөрдүн 3000 түрүнүн 700ү илимде жаңы ачылыш болуп эсептелет. Омурткалуу жаныбарлардын коллекциясы (400 түрү) көптүгү ж-а толуктугу б-ча айырманып турат. Түркстан аймагын 4 зоогеографиялык участкага (областка) бөлүп, азыркы Ош обл-нын аймагын төртүнчү түш.-батыш участкага (ал мезгилде изилдене элек) кошкон. Фергана өрөөнү Россияга кошулгандан кийин (1876) Фергана-Памир илимий экспедициясына жетекчи болуп келген. Экспедиция 1877-ж. Тар (төм. ж-а ортоңку агымы) ж-а Гүлчө сууларынын өрөөндөрүн, Алай кырка тоосун (Талдык ж-а Шарт ашуулары аркылуу) ж-а Алай өрөөнүн (Сары-Таш өрөөнүн) изилдеп, геологиялык ж-а зоогеографиялык коллекцияларды чогултткан, бийиктиктерди ж-а астрономия пункттарын аныктаган, о. эле топографиялык съёмкаларды жасаган. 1878-ж. комплекстүү экспедиция Фергана өрөөнүнүн түздүк бөлүгүн, Төм. Нарын, Кетмен-Төбө өрөөнүн, Алай кырка тоосунун ар кайсы бөлүктөрүн, Тар ж-а Гүлчө өрөөндөрүн, Баш-Алай ж-а Чыгыш Памирди комплекстүү изилдеген. Гүлчө м-н Ошто метеорологиялык байкоолорду жүргүзгөн.

СЕЙДИКУМ — кыштак, Базар-Коргон р-нундагы Сейдикум айыл советинин борбору. Бул айыл советине Аркалык, Жаңы-Абад, Жаш-Ленин, Дөш, Дукур, Көк-Алма, Кыргыз-Гава, Кызыл-Ай, Тойчубек-Чек, Турпак-Коргон, Үч-Булак, Кажыр-Абад, Чек, Чоң-Курулуш кыш. да карайт. Базар-Коргон — Кокон-Кыштак авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 8 *км* түш.-батыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 51 *км*. 1937-ж. негизделген. Калкы 145 (1986). Негизги чарбасы — пахта өстүрүү.

СЕЙСМ СТАНЦИЯЛАРЫ, Кыргыз ССР сейсмология ин-тунун С. с.— жер титирөөлөрдү каттоочу, о. эле алынган маалыматтарды алгачкы жолу тактоочу илимий мекемелер. Областта 9 С. с. иштейт. Алар: «Ош» (1976-ж. түзүлгөн; Кара-Суу р-ну, Төлөйкөн кыш.), «Сопу-Коргон» (1971-ж. түзүлгөн; Алай р-ну, Сопу-Коргон кыш.), «Баткен» (1977-ж. түзүлгөн; Баткен р-ну, Жарадар кыш.), «Арстанбап» (1969-ж. түзүлгөн; Базар-Коргон р-ну, Арстанбап кыш.), «Аркыт» (1969-ж. түзүлгөн; Жаңы-Жол р-ну, Аркыт кыш.), «Чабай» (1976-ж. түзүлгөн; Фрунзе р-ну, Чабай ш. т. п.), «Салам-Алик» (1976-ж. түзүлгөн; Өзгөн р-ну, Октябрдын 15 жылдыгы кыш.), «Терек-Сай» (1976-ж. түзүлгөн; Ала-Бука р-ну), «Кызыл-Жар» (1972-ж. түзүлгөн; Таш-Көмүр ш., Кызыл-Жар ш. т. п.). 35 киши иштейт.

«СЕМЕТЕЙ» — Ош ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Юбилейный проспекти, 8). 1976-ж. ачылган. «Светофор», «Жаш укук таануучу», «Атеист» кинолекторийлери иштейт. 400 ж-а 200 орундуу 2 залы бар. 1982-ж. кичи залы балдар үчүн «Сейтек» кинозалы болуп кайра жабдылган. 1985-ж. 66,1 миңдей киши кино көргөн.

СЕРГЕКТИК КООМ ҮЧҮН КҮРӨШ, Ош обл. ыктыярдуу С. к. ү. к. коому (башкармасы: Ош ш., Свердлов көчөсү, 203). Сергек турмуш сүрүү, аракечтикке каршы кыймылды жайылтуу, турмушка ичимдиксиз социалисттик жаңы салттарды ж-а үрп-адаттарды киргизүүгө көмөктөшүүчү коомдук уюмдар. 1985-ж. түзүлгөн 7 шаардык, 15 р-ндук коомду бириктирет.

СЕРҮҮН ДӨБӨ ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин түш. тармагы. Көгарт өрөөнү м-н Чаңгет өрөөндөрүн бөлүп жатат. Тоо кеңдик багытында 30 *км*ге созулат. Туурасы 12 *км*. Д. ден. орт. бийикт. 2210 *м*, эң бийик жери 2469 *м*. Тоо батыштан түш.-чыгышты карай 1800 *м*ден 2600 *м*ге чейин бийиктеп, андан түш. ж-а түш.-чыгышты карай кайра жапыздайт (2000 *м*ге чейин). Курчап жаткан өрөөндөрдүн таманынан 700—1300 *м* көтөрүңкү. Түн. ж-а түш. капталдары кокту-колоттуу. Аскалуу тик капталдарына жер көчкүлөр мүнөздүү. Түн. капталында байыркы көчкүлөрдүн издери сакталган. Түн. ж-а батыш капталдарында жер көчкү көп жүрөт. Негизинен силурдун кумдук, сланец, спилит, порфирит, акиташ, базальт, диабаз ж. б. тектеринен турат. Батыш ж-а түн.-батышында юра мезгилинин тектери жер бетине чыгып жатат. Тоодон Көгарт ж-а Чаңгет сууларынын куймалары башталат. Түш. капталына кургак талаа, буудайык-түркүн чөптүү талаа, суу бойлоруна ж-а 1200—2000 *м* бийиктикке жаңгак токою, буудайык-түркүн чөптүү шалбаалуу талаа ж-а зараң-долонолуу сейрек токой ландшафты мүнөздүү. Көк-Жаңгак ш. тушта таш көмүр казып алынат, жайыт. Тоонун чыгыш бөлүгү чабынды, түн.-батышында Жалал-Абад курорту орун алган.

СИНИЦЫН Николай Михайлович (1909, Петербург ш.—1958, Ленинград ш.) — геолог, Ленинград Мамл. университетинин профессору, геология-мине-



Н. М. Синицын



П. Т. Слюсаренко

ралогия илимдеринин доктору. Фергана ойдуңун курчаган тоолордун геологиясын, өзгөчө Түш. Фергана сурьмасымап жайгашкан тилкени анын чегинде кендердин жайгашуу ж-а пайда болуу шарттарынын закон ченемдүүлүгүн аныктоо максатында изилдеген. Бул изилдөө Кыргызстандын түштүгүндө чалгындоо иштерин жүргүзүүгө багыт берип, бир катар кендерди ачууга шарт түзгөн. Бир катар геологиялык карталарды ж-а Тянь-Шань м-н Памирдин тектоникалык схемасын түзгөн.

СЛЮСАРЕНКО Пётр Тимофеевич (1928-ж. т., Араван р-ну, Ачы кыш.) — куруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. 1947-жылдан слесарь, арматурачы, андан кийин Жалал-Абад айылдык башкармасынын механикалаштырылган көчмө колоннасынын комплекстүү бригадасында бригадир болуп иштеген. Анын бригадасы иш нормасын жылына ашыгы м-н аткарат. 8-беш жылдыктын планын 120—130%ке аткарган. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

СОВЕТ — кыштак, Базар-Коргон р-нундагы Совет айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кызыл-Октябрь, Могол-Коргон, Шыдыр, 1-Май, Карачыгач, Аук, Сейит-Казы кыш. да карайт. Кара-Үңкүр суусунун сол өйүзүндө, Ош—Фрунзе авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 4 *км* түн. тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 35 *км*. 1894-ж. негизделген. Калкы 5532 (1986). Негизги чарбасы — тамеки, пахта өстүрүү, мал багуу. «Айыл чарба химия» бирикмеси, «Ош мелиорация суу курулуш» трестинин механикалаштырылган көчмө колоннасы, Базар-Коргон сугат система башкармасы ж. б. жайгашкан. Эки орто мектеп, 3 бала бакча, үчүк оорулар диспансери, амбулатория, аптека, маданият үйү ж. б. бар.

«СОВЕТ» — Совет р-нундагы совхоз (борб. чарбагы: Кара-Кулжа кыш.). 1964-ж. 7 чакан чарбанын базасында түзүлүп, 1976-ж. андан «Кара-Кулжа» с-зу бөлүнүп чыккан. Нег. чарбасы — үрөн белендөө, мал багуу. 27,7 миң *га* (а. и. 23 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 904 бодо мал, 4,7 миң кой-эчкиси бар (1986).

СОВЕТ — Фрунзе р-нундагы шаар тибиндеги посёлка (1952-жылдан). Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 77 *км* түн.-батыш тарапта. Калкы 1700 (1986). Резина-тех. буюмдарын ж-а балдар мебелин жасоочу мебель ф-касы иштейт. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, оорукана, клуб, китепкана ж. б. бар.

СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОТУЛУШУ ЖАНА ЧЫҢДАЛЫШЫ. Кыргызстандын түштүгүндөгү Советтер Февраль рев-ясынын жеңишинен кийин алгачкы жумушчулар ж-а жерг. гарнизондордун рев-ячыл маанайдагы солдаттары топтолгон Кызыл-Кыяда (1917-ж. 6-март), Сүлүктүдө (16-март), Ошто (24-март) түзүлгөн (к. *Алгачкы советтер*). Ош жумушчу ж-а солдат депутаттар советинде эсерлер басымдуулук кылган ж-а алар убактылуу өкмөттүн жерг. органдары м-н келишкич саясатты жүргүзүшкөн. 1917-ж. күзүндө эл массасынын нааразылыктарынын өсүшүнө байланыштуу Советтер большевиктеше баштаган. Петроград м-н Москвада Улуу Октябрь социалисттик рев-ясы жеңгенден кийин бардык жерде, а. и. Кырг-нда да Совет бийлиги орной баштаган. 1917-ж. ноябрда Жумушчу депутаттар советтери Сүлүктүдө ж-а Хожент уездинде Совет бийлиги орногондугун жарыялаган. Ноябрдын аягында Кызыл-Кыя совети, декабрда Жалал-Абад совети бийликти өз колуна алган. 1918-ж. 15—16-январда Ош уезддик совети кайра шайланган. Анын курамына Покровка, Кара-Дыйкан, Мырза-Аке, Жыланды, Зергер, Аюу-Үңкүр кыш-ндагы Советтердин өкүлдөрү кирген. 17-январда Ош уездик совети большевиктешип,пролетариат диктатурасынын органына айланган. Ушундан баштап уездде Советтердин уюмдашуусу кеңири таралган. 1918-ж. 30-апрелде Түркстан Советтик Социалисттик Автономия Республикасын жарыялаган Түркстан Советтеринин 5-съезди аймакты советтештирүү-

дөгү маанилүү окуя болду. Съезддин ишине Ош уезддик советинин большевиктери А. Г. Аношин, Б. Султанов, Л. Н. Гречанинов катышкан. Съезддин кийин Кырг-ндын түштүгүндөгү айлыкыш-да Совет бийлигин чыңдоо улантылган. 17-майда Булак-Башы болушунун аткому, Наманган уездинин Тоолуу участкасындагы болуш советтери, Хожент уездинин Исфана участкасында айыл ж-а болуш советтери, Жазы болушунда мусулман депутаттарынын Жыланды айыл аткому шайланган. 1918-ж. июнга чейин Ош уездинин көпчүлүк болуштарында, Анжиян уездинин Жалал-Абад ж-а Базар-Коргон р-ндорунда, Наманган ж-а Хожент уезддеринин тоолуу (кыргыз) болуштарынын дээрлик баарында Совет бийлиги орногон. 1918-ж. 7-сентябрда Ош уездик совети айыл аткомдорун уюштуруу ж-а Советтердин болуштук съездерин өткөрүү үчүн инструкторлорду жөнөткөн. Совет бийлиги жеңгенден кийин тез эле социалисттик кайра куруу иши башталган. Бийликтин борб. органдарынын декреттерин ж-а токтомдорун ишке ашырып, Советтер ири эксплуататорлордун жерлерин ж-а мүлкүн конфискациялап, ө. ж. кендерди мамлекеттештирген, контррев-ячыл уюмдарды тараткан, сабатсыздыкты жоюу, *ачарчылыкка каршы күрөшүү боюнча комиссияларды* түзгөн. Советтер жүргүзгөн социалдык-экон. кайра куруулар бир жагынан чет өлкөлүк капиталга таянган эзүүчү таптардын катуу кармаштарын туудурса (к. *«Кокон автономиясы»*, *«Дыйкандар армиясы»*, *Басмачыларга каршы күрөш*), экинчи жагынан эл арасында Совет бийлигинин беделин көтөргөн (к. *Совет бийлигин чыңдоо үчүн коомдук кыймыл*, *Кыргызстандын түштүгүндөгү эмгекчилердин В. И. Ленинге кайрылуусу*). 1919-ж. октябрда ББАКтын ж-а РСФСР ЭКСинин Түркстан комиссиясынын түзүлүшү ж-а ал жүргүзгөн лениндик улут саясаты Орто Азияда Совет бийлигинин чыңдалышына зор көмөк берген.

СОВЕТ БИЙЛИГИН ЧЫҢДООДОГУ КООМДУК КЫЙМЫЛДАР. 1918-ж. мартта Кырг-ндын түштүгүндө Кызыл Армияга көмөктөшүүчү кыймылдар кеңири жайылган. Май айында Ош ш-нын эски бөлүгүнүн калкы гана Кызыл Армия үчүн 12 миң сом чогултушкан, өз ыктыяры м-н 86 киши Кызыл Армиянын катарына өткөн. Гражд. согуш жылдарында Фронт жумалыгы, жарадар ж-а оорулуу кызыл аскерлер жумалыгы ж. б. өткөрүлгөн. Курман болгон кызыл армиячылардын үй-бүлөсүнө жардам берүү үчүн каражат чогултулган. 1920-ж. 21-январдан 28-январга чейин Жалал-Абад р-ну б-ча элдик банкка эл өз ыктыяры м-н 559017 сом өткөргөн. 1920-ж. 1-майда Гражд. согушта бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү үчүн Кырг-ндын түштүгүндөгү 1-*коммунисттик ишембилик* өткөрүлгөн. 20-жылдары окуучулар жумалыгы, сууну пайдалануу жумалыгы, коомдук өнүдүрүш жумалыгы, Волга бою, Петроград ж-а Москванын ачарчылыкка учураган калкына жардам жумалыгы кулач жайган. Ошону м-н бирге эмгекчилер басмачылар бүлүндүргөн мектептерди, ө. ж. ишканаларын, сугат каналдарын ж. б-ды калыбына келтирүүдө акысыз иштеп беришкен.

СОВЕТ БИЙЛИГИН ЧЫҢДОО ҮЧҮН КУРМАН БОЛГОН БООРДОШТОР МҮРЗӨЛӨРҮ Фрунзе р-нундагы Үч-Коргон, Ноокат р-нундагы Эски-Ноокат. Жаңы-Жол р-нундагы Караван, Совет р-нундагы Көгарт кыш-нда бар. 1931-ж. Үч-Коргон кыш-ндагы мүрзөгө Назриддин корбашынын басмачыларын талкалаган рев-ячыл отряддын жоокери И. В. Дударёв, 1933-ж. Молотов (Үч-Коргон) партия уюмунун секретары В. А. Дермишев м-н милиционер Э. Мамажановдун сөөгү коюлган. Азыр бул мүрзө темир кашаа м-н тосулуп, жазуусу бар такта орнотулган. Эски-Ноокат кыш-ндагы мүрзөгө 1922-ж. Ноокат р-нунун чет-жакасында басмачылар өлтүрүп кеткен белгисиз кызыл армиячылардын сөөгү коюлган. 1925-ж. мүрзөгө чакан бейит белги орнотулган. 1984-ж. бийикт. 3,5 *м* (постаменти м-н) эстелик тургузулуп, Түбөлүк от жагылган. Мрамор тактага «Совет бийлиги үчүн курман болгондорго түбөлүк данк» деген жазуу чегилген. Караван кыш-ндагы мүрзөгө 1931-ж. тап душмандарынын колунан курман болгон кедейлер к-тинин инспектору Абдыкалыков, р-ндук эл сотунун председатели Ж. Алдасов, «Тамеки союзунун» председатели М. Базаралиев, р-ндук эл сотунун председатели С. Мукамедиевдин сөөгү коюлган. 1934-ж. мүрзөгө коюлган эстеликтин ордуна 1975-ж. бийикт. 5,2 *м* жаңы эстелик тургузул-

ган (скульп.— И. В. Пиксаков). Көгарт кыш-ндагы мүрзөгө 1927-ж. басмачылардын колунан курман болгон чек арачы Андрей Сидоров, кийин В. Оховкин, Я. Бердников, И. Вовкин, В. Свещёвский, Н. Жуков, И. Шогандын сөөгү коюлган. 1967-ж. мүрзөгө бийикт. 3,3 *м* эстелик (пирамида формасында) тургузулган. Ош ш-нын борб. гүл бакчасындагы мүрзөгө 1919—33-ж. 100дөн ашык кишинин, а. и. Ош милициясынын начальниги Б. Султанов (1919), «Науман» мектебинин (азыр Октябрдын 25 жылдыгы атн. орто мектеп) мугалими А. Осмонов (1920), Ош азыктүлүк отрядынын жоокерлери А. Тиллябаев, К. Ахмедов, А. Юсупжанов ж. б., комсомол чалгынчылар В. Земсков, М. Михайличенко, Н. Линц (1921), Ош округдук мамл. биринкен саясий башкармасынын (ОГПУ) начальниги нин орун басары Т. Ф. *Хохлов* (1929), Оштогу чек ара комендатурасынын чапчаң тобунун начальнигинин орун басары П. Я. Осадчий ж-а катардагы жоокерлер В. Бессонов, П. Павленко, Л. Лавода, А. Понамаренко (1929), Ош ОГПУсунун кызматкерлери Тихонов, Олос, Андреев, Болдорев (1930); атчандар дивизионунун командири М. Т. Колесник (1932) ж. б. бар. 50-жылдары бейиттерге мемориал такта кадалган стилобат орнотулган. 1974-ж. боз мрамордон жылдыз чегилген түркүк түрүндө жаңы эстелик тургузулган. Анын түбүндөгү кара мрамор плитада Түбөлүк от жагылган. Түркүккө «Совет бийлиги үчүн күрөштө курман болгондорго түбөлүк даңк» деп жазылган. Эстеликтин автору — арх. Р. К. Цой.

СОВЕТ РАЙОНУ — областын чыгышындагы админ. аймак. 1937-ж. түзүлгөн. Түш.-батышынан Алай р-ну, түндүгүнөн Өзгөн р-ну, түн.-чыгышынан Нарын обл., түш.-чыгышынан Кытай Эл Республикасы м-н чектешет. Аянты 5,7 миң *км*^{2}. Калкы 58,6 миң (1987). 42 кыш-ты биріктирген 10 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Кара-Кулжа кыштагы.

Табияты. Район Фергана ж-а Алай кырка тоолорунун кошулушунда, Тар ж-а Кара-Кулжа сууларынын алабында жайгашкан. Аймагынын көп бөлүгүн кырка тоолор, тоо тармактары (Үч-Сейит, Тасыракай, Академик Адышев, Алайкуу ж. б.) ж-а тоо өрөөндөрү (Алайкуу, Кара-Кулжа, Кулун, Капчыгай ж. б.), р-ндун батышындагы бир аз аймакты Кара-Дарыянын жа-



Совет р-ндагы эс алуу жайы.

йылмасы ж-а тоо этектери ээлейт. Д. ден. эң бийик жери 4900 *м* (Үч-Сейит), эң жапыз жери 780 *м*. Табигый байлыктары азыраак; минералдуу суулар (Кара-Кулжа, Кулун, Терек ж. б.) ж-а курулуш материалдары (чопо, кум ж. б.) бар. Климаты континенттик. Кышы суук, кар калың түшөт. Январдын орт. темп-расы — 10°С...—14,8°С, жайы ысык, кургакчыл; июлдуку 15—25°С. Жылдык жаан-чачыны 350—571 *мм*. Суулары: Тар ж-а анын куймалары (Кулун, Терек, Алайкуу, Богуз ж. б.), Кара-Кулжа ж-а анын куймалары (Сур-Таш, Тасыракай ж. б.). Кулун, Көл-Кайыңды ж. б. көлдөрү бар. Райондун аймагы бийик жайгашкандыктан, анын топурагы м-н өсүмдүктөрүнүн өзгөчө болушуна шарт түзгөн. Кара-Дарыя ж-а Тар суулары нын жайылмасы (р-ндун батыш бөлүгүндөгү чакан ойдуң) саздуу келет. Андан бийигирээк каралжын боз топуратуу адырларды шыбак, чекенди өскөн жарым чөл, кара кочкул карбонат топуратуу орто тоолордун түн. капталын буудайыктуу талаа ж-а шалбаалуу талаа ээлейт. 1600—3000 *м* бийиктикте кара боз топуратуу Фергана кырка тоосу ж-а Академик Адышев кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндө арча ж-а сейрек токой өсөт. Шалбаалуу талаа топуратуу субальп ж-а альп тилкеси (3000—4000 *м*) субальп ж-а альп шалбаалуу талаасы, талаа ээлейт. Суулардын жайылмасында чычырканак, тал, терек, кайың ж. б., нивалдык тилкеде мамыры ж. б. өсөт. Тоо этектери м-н орто тоолордо кулактуу кирпи, коён, сары чычкан, кашкулак, ач көзөн, түлкү, токой тилкесинде кемирүүчүлөрдөн токой чычканы, момолой, арс, арс чычкан, о. эле суусар, барак куйрук, карышкыр, доңуз, куштардан кыргый, таркылдак, каракур,



чар карга ж. б., тоолордо аркар, тоо эчки, илбирс, куштардан кекилик,улар, жору, бүркүт мекендейт. Тоолордо кызыл суур ж-а буурул момолой көп. Сууларда жилингир, көк чаар, сазан балыктары жашайт.

Калкы. Райондун рельефи тоолуу болгондуктан обл-тагы калк аз отурукташкан аймактарга кирет. Калктын жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 10 киши туура келет (обл-тагыга караганда 2,5 эсе аз). Улуттук состав бир кылка. Кыргыздар (98,7%), о. эле өзбектер (0,5%), орустар (0,4%), татарлар (0,2%), украиндер (0,1%), тажиктер, казактар, уйгурлар ж. б. жашайт.

Чарбасы. Райондун чарбасынын негизин мыкты өнүккөн мал чарбачылыгы түзөт. Чарбасынын нег. тармагы — чала кылчык, кылчык жүндүү ж-а эттүү кой багуу. Район областтын а. ч. дүң продукциясынын 4,3%ин ж-а мал чарба продукциясынын 7,2%ин берет (1985). Мал чарба дүң продукциясы р-ндон алынган бардык а. ч. продукциясынын 61,5%ин түзөт. 4 к-з, 5 с-з, 1 мал бордоп семиртүүчү с-з бар. 1987-ж. 322 миң кой-эчки (а. и. 289 миң кой), 18 миң уй, 11,8 миң жылкы, 5,5 миң үй кушу (коомдук сектордо) болгон. 1984-ж. р-ндогу коомдук сектордон 3552 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 4399 *т* сүт, 992 *т* жүн, 123 миң даана жумуртка алынган. А. ч-га жарактуу 350,5 миң *га* (а. и. 17,2 миң *га* айдоо, 178 *га* бакдарак, 23,5 миң *га* чабынды, 309,6 миң *га* жайыт) жери бар. Дан эгиндери 4,4 миң *га*, тамеки 0,4 миң *га*, тоют өсүмдүктөрү 11,4 миң *га* жерге эгилет. О. эле картошка (87 *га*), жашылча (36 *га*) ж. б. өстүрүлөт. 1984-ж. р-ндогу коомдук сектордон 50,1 миң *ц* эгин, 11,1 миң *ц* тамеки, 6,6 миң *ц* картошка, 3,8 миң *ц* жашылча, 2,8 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер жемиш жыйналган. Өнөр жайы дээрлик жокко эсе. Райондук турмуш-тиричилик комбинаты бир аз тигилүү буюмдарды чыгарат



«Кара-Суу» с-зундагы мал чарба комплекси.

(1984-ж. 433 миң сомдук товардык продукция даярдаган). Басмакана бар. Авт. транспорту нег. мааниде. Авт. жолдорунун уз. 538 *км*, а. и. 338 *кми* асфальтталган. Райондун аймагы аркылуу Өзгөн — Кара-Кулжа — Кызыл-Жар, Кара-Кулжа — Сары-Булак — Гүлчө авт. жолдору өтөт.

Элге билим берүү, маданият, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында жалпы билим берүүчү 38 мектепте 17,9 миң окуучу, 1 кесиптик-тех. окуу жайында 476 киши окуган. 1986-жылдын башында 9 бала бакчада 782 бала тарбияланган. Муз. мектеп, 29 китепкана, элдик театр, 27 клубдук мекеме, 23 киноустановка, р-ндук оорукана ж-а поликлиника, 2 участкалык оорукана, 28 фельдшер-акушердик пункт ж. б. (к. *Совет районунун медициналык-санитариялык мекемелери)* иштеген. Райондук «Коммунизм үчүн» газетасы чыгат.

СОВЕТ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Кара-Кулжа кыш.). 1969-ж. айылдык китепкананын базасында ачылган. 1980-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Окурмандарды тейлөө, китепканалар үчүн китептерди комплекттөө ж-а тескөө, бирдиктүү фондду пайдалануу, методикалык ж-а библиографиялык иштер бөлүмдөрү бар. Окуу залы 29 орундуу (1985). Филиалдары, бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары 23 китепканаы (орто эсеп м-н ар бир айыл советинде 2—3 китепкана), а. и. 18 миң китеби, 1,9 миң окурманы, 12 орундуу залы бар балдар бөлүмүн (Кара-Кулжа кыш.) бириктирет. Райондогу к-здук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 194,5 миң китеп бар; 23,4 миң окурманды тейлейт.

СОВЕТ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Кара-Кулжа кыш., Совет көчөсү, 3). 1969-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 250 орундуу.

СОВЕТ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондо 2 ири сугат системасы бар, алар м-н 7,5 миң *га* жер сугарылат. Кара-Кулжа сугат системасынын 6 каналы ж-а Тар сугат системасынын 7 каналы бар. Бардык каналдардын суу өткөрүү мүмкүнчүлүгү 5 $м^3$/*сек*дай. Курулмалар р-ндук сугат система башкармасына (Кара-Кулжа кыш.) карайт. 30 киши иштейт (1986).

СОВЕТ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 10 социалдык-маданият комплекси, 27 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, айылдык 11 маданият үйү (Алайкуу, Кара-Кочкор, Сары-Булак ж. б. айыл советтеринде), 8 профсоюздук (Сидоров атн., Сагындык атн., «Кара-Кулжа»—2 ж. б. с-здордо) ж-а 2 колхоздук клуб («Ленинчил жаш», «Кызыл-Байрак» к-здорунда), 5 автоклуб иштейт (1986). 996 киши катышуучу 66 өздүк көркөм чыгармачылык ийримдери уюшулган.

СОВЕТ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук оорукана ж-а поликлиника, 75 орундуу 2 участкалык оорукана (Чалма айыл совети, анда поликлиника да бар; Кызыл-Жар ш. т. п.), айылдык амбулатория (Сары-Булак кыш.), 28 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), 10 орундуу 3 к-здук төрөт үйү, р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Кара-Кулжа кыш., Совет көчөсү, 3), р-ндук оорукана-да мед. тез жардам бөлүмү, 3 аптека иштейт. Райондун амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 270 киши кабыл алат, стационары 325 орундуу (а. и. 60 оруну кош бойлуулар үчүн). Райондо 54 врач, 278 мед. орто билимдүү адис, а. и. р-ндук санитария-эпидемиология станциясында 5 врач ж-а 37 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

СОВЕТ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1962-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан ө. ж. комбинаты ж-а чач тарач (1960-ж. Кара-Кулжа кыш-нда ачылган) тейлеген. 1962-жылдан Өзгөн турмуш-тиричилик комбинатынын филиалы ачылып, ал 1969-ж. Совет р-ндук турмуш-тиричилик комбинаты болуп уюшулган. Комбинаттын (администрациясы: Кара-Кулжа кыш., Гагарин көчөсү, 29) 39 ишканасы, а. и. 10 кийим тигүү мастерскою, 8 бут кийим мастерскою, 7 айылдык турмуш-тиричилик үйү, чач тарач, 4 сүрөткө түшүү жайы, прокат пункту, 7 комплекстүү кабыл алуу пункттары (Кара-Кулжа, Тельман кыш-нда, «Кызыл-Байрак» к-зунда ж. б.) иштейт (1986).

СОВЕТТИК ТЫНЧТЫК ФОНДУНУН ОШ ОБЛАСТТЫК БӨЛҮМҮ (совети: Ош ш., Свердлов көчөсү, 221) — тынчтык, эркиндик, көз карандысыздык ж-а социалдык прогресс үчүн күрөшкөн элдерге жардам катары советтик эмгекчилердин ыктыярдуу каражат чогултуусуна көмөктөшкөн коомдук уюм. 60-жылдары уюшулган. Эмгекчилерди патриоттук ж-а интернационалдык жактан тарбиялоо, КПССтин ж-а Совет өкмөтүнүн тышкы саясатын пропагандалоо ж-а түшүндүрүү иштерин жүргүзөт. Райондук ж-а шаардык 22 бөлүмдү, Советтик тынчтык фондусунун 300дөн ашык көмөк көрсөтүүчү комиссияларын бириктирет. 1985-ж. обл. б-ча тынчтык фондусуна 500 миңдей сом чогултулуп, өткөрүлгөн. Ош шаардык бөлүмү (совети: Ош ш., Свердлов көчөсү, 318) 100дөн ашык көмөк көрсөтүүчү комиссияларды бириктирет.

СОВХОЗДОР (советтик чарбалар) — мамл. а. ч. ишканалары. 1918-ж. помещиктердин мамлекеттештирилген чарбаларынын ордуна түзүлө баштаган. Областта 109 с-з бар (1986). Алар жылына 185,9 миң сомдук дүң продукция берет (1985).

СОГОЛОҢ (Соболоң) — орто кылымга таандык кербен сарай. Кара-Шоро аймагында, Жазы суусунун өрөөнүнөн ашуу аркылуу Арпа өрөөнүнө өткөн кербен жолунун боюнда жайгашкан. 1974-ж. Е. В. Дружинина ж-а Ю. А. Заднепровский изилдеген. Батыштан чыгышты карай түз бурч формасында тургузулган. Узунунан жайгашкан бөлмөлөрдүн орду байкалат. Дубалдары таш плитадан тургузулган. Кербен сарайдын ортосунда мазардан урап түшкөн бышырылган кыштардын калдыктары жатат.

СОКУРЛАР ЖАНА ДҮЛӨЙ-ДУДУКТАР КООМУ, Кыргыз ССР С. ж. д.-д. к-нун Ош обл. бөлүмү (башкармасы: Ош ш., Нагорный көчөсү, 129). 50-жылдары сокурлар (1937) ж-а дүлөй-дудуктар (1949) коомдорунун биригишинен түзүлгөн. Областтын р-ндору м-н шаарларындагы көрүү ж-а угуу органдары б-ча инвалиддердин 22 баштапкы уюмдарын бириктирет, ал инвалиддерди коомдук пайдалуу эмгекке тартат. Нег. милдеттери: инвалиддердин эсебин алуу ж-а аларга жардам көрсөтүү; саясий-тарбия, маданий-массалык иштерди жүргүзүү; спорттук мелдештерди өткөрүү; коомдун мүчөлөрүн жумушчу ж. б. адистиктерге үйрөтүү. Ош ш-нда Фрунзедеги окуу-өндүрүш ишканаларынын № 2 филиалы (Больничный чолок көчөсү) ж-а Ош окуу-өндүрүш ишканасы (1954-ж. негизделген; Калинин көчөсү, 118), Жалал-Абад ш-нда окуу-өндүрүш ишканасы (1956-ж. түзүлгөн; Фрунзе көчөсү, 32) иштейт. Алар турмуш-тиричилик буюмдарын, тигилүү кийимдерди кездеме ж-а картон буюмдарын ж. б. чыгарат. Кара-Суудагы дүлөй-дудук балдар мектебине шефтик кылат.



Л. Г. Солнышко

СОЛНЫШКО Леонтий Георгиевич (1883, Саратов губерниясы, Озерки кыш.—1953, Ангрен ш.) — Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө катышуучу. 1917-жылдан КПСС мүчөсү. 1908-жылдан Кызыл-Кыя шахтасында иштеген. 1917-ж. апрелден Кызыл-Кыя жумушчу депутаттар советинин катарында. 1917-ж. июлдан РСДРП(б)нин Кызыл-Кыя тобунун мүчөсү. 1918-ж. мартта мамлекеттештирилген Кызыл-Кыя көмүр кен башкармасынын тоо-кен з-ддук к-тине шайланган. РКП(б)нин Фергана обкомунун чечими б-ча демилгелүү топтун катарында Сүлүктү, Шураб кендери, «Санто» ж-а Чимион нефть промыселинде большевиктик ячейкаларды уюштуруу иштерин жүргүзөт. 1918—20-ж. Кызыл-Кыя жумушчу депутаттар советинин аткомунун председатели, кендеги күжүрмөн кошуундарынын саясий иштери б-ча комиссары. 1920-ж. январдан декабрдын аягына чейин Кызыл-Кыя р-ндук рев-ячыл к-тинин председатели. 1921-жылдан Кызыл-Кыя кен к-тинин, кендин жумушчу-дыйкан инспекциясынын председатели. Кийин Көк-Жаңгак кенинин директору, Өзбекстандын ө. ж-нда жооптуу кызматкер болуп иштеген.

СОЛ-ҮҢКҮР — мустье дооруна таандык карст үңкүрү. Хайдаркен ш. т. п-нын (Фрунзе р-ну) чет-жакасында жайгашкан. Өрөөндүн деңгээлинен 30—40 *м* бийиктикте турат. Үңкүрдүн кире бериш бөлүгү бийик (12—13 *м*) ж-а кең (20 *м*) келип, төбөсүнөн урап түшкөн топуракка толгон. Үңкүрдүн төрүнө чейинки уз. 50—60 *м*, анын тегерек кең оозу чыгышты карап турат. Дубалдары ж-а шыбы ыш м-н каптал-

ган. Чалгындоо үчүн казылган 4,4 *м* терендиктен бир нече таш буюмдар, күл, жаныбарлардын сөөктөрү ж. б. табылган. Жалгыздан ж-а топ-топ болуп тартылган сүрөттөр кездешет. 1954-ж. П. Т. Конопля, 1955—56-ж. А. П. Окладников ж-а П. Т. Конопля изилдеген. 1980-жылдан У. Исламов изилдеп жатат; ал мустье дооруна чейинки мезгилге (алгачкы палеолит) таандык материалдарды тапкан.

СООДА-ӨНӨР ЖАЙ КОМПАНИЯЛАРЫ — 19-к-дын 80-жылдарынын ортосунда иштеген менчик ишканалардын монополиялык уюмдары. Ири көмүр кен компаниялары: «Орто Азия тоо-кен ишеним шериктештиги» (1884-ж. пайда болгон, Сүлүктү күрөң көмүр кенин казып алуучулардын алгачкыларынан), «Сүлүктү таш көмүр кени. А. М. Вербов жана К°» (1909-ж. негизделген, россиялык банктар м-н тыгыз байланышта болгон), «Кызыл-Кыя» Орто Азия акционердик коому (1912-ж. Кырг-ндын түштүгүндө эң ири көмүр казып алуучу Н. Д. Батюшковдун ишканасынын базасында түзүлгөн), «Көк-Жаңгак» акционердик коому (биринчи дүйнөлүк согуш жылдары негизделген). Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында нефть кендерин англиялык акционерлерге караштуу «Фергана нефть өнөр жай коому», мындан тышкары «Фергана нефть өнөр жай шериктештиги» иштеген. Компаниялар Түш. Кырг-ндын экономикасынын башка тармактарын да камтыган. Орто Азиядагы россиялык ири фирмалар а. ч. машиналарда чыгарылган буюмдарды сатууну монополиялаштырган (Ошто германиялык «Зингер» компаниясынын бир бөлүмү болгон). Жүн ж. б. мал чарба продукцияларын германиялык Г. В. Дюршмидттин фирмасы, «Стукен жана К°» фирмалары сатып алышкан. Франциялык бир компания жаңгак жыгачын жырткычтык м-н даярдаган. Жибек ө. ж. сырьёсу (жибек пилласын сатып алуу ж-а жибек буласын тышка жөнөтүү) италиялык ж-а франциялык капиталисттердин («Бауэр», «Бир туугандар Коломбилер» ж. б.) колуна топтолгон. С. ө.-ж. к. Кырг-ндын түштүгүндө патриархалдык-феодалдык мамилелердин бузулушуна, көп укладдуу экономиканын пайда болушуна, калктын социалдык жактан бөлүнүшүнүн күчөшүнө, карама-каршы таптардын өсүшүнө алып келген.

СОПУ-КОРГОН — кыштак, Алай р-нундагы Алай айыл советинин борбору. Бул айыл советине Аскалы, Таргалак, Терек, Көлдүк, Жерге-Тал, Чий-Талаа кыш. да карайт. Гүлчө суусунун оң өйүзүндө, Ош — Хорог авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 42 *км* түш. тарап-та, Ош темир жол станциясынан 120 *км*. Калкы 2100 (1987). Мал чарбачылыкөнүккөн. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, поликлиника, клуб, китепкана, кесиптик-тех. окуу жайынын ж-а турмуш-тиричилик комбинатынын филиалдары ж. б. бар.

СОТ-МЕДИЦИНАЛЫК ЭКСПЕРТИЗА БЮРОСУ, Ош обл. С.-м. э. б. (Ош ш., Ленин көчөсү, 157). 1959-ж. уюшулган. Юстиция органдарынын талабы б-ча экспертизаларды жүргүзөт. Сот-химиялык, сот-биологиялык, физика-тех. ж-а лаборатория бөлүмдөрү бар. Шаарларды, р-ндорду ж-а ш. т. п-ларды тейлейт. 1985-ж. 52 жолу кылмыш орду иликтенген, калкка 34 лекция окулуп, тергөө органдарынын кызматкерлери үчүн 9 семинар өткөрүлгөн. Областтык бюродо ж-а анын обл-тын аймагындагы бөлүмдөрүндө 19 сот-мед. эксперт иштейт (1986).

СОТ-ЭКСПЕРТИЗА ЛАБОРАТОРИЯСЫ — Кыргыз ССР Юстиция министерствосу респ. сот экспертиза илим-изилдөө лабораториясынын Оштогу филиалы (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 409). 1964-ж. обл-тагы сот-тергөө органдарын тейлөө максатында түзүлгөн. Сот-авто-тех., сот-кол жазма, сот-бухгалтерия, сот-химия түрлөрү б-ча экспертиза жасайт. 6 кызматкер иштейт (1986).

СОХ — Баткен р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Сыр-Дарыянын сол куймасы. Алай ж-а Түркстан кырка тоолору кошулган жерде, Матча тоо тоому туштан башталат. Кожо-Ашкан суусунун чатынан С. аталат. Фергана өрөөнүнө чыга бериште Сыр-Дарыяга жетпей сугат каналдарына бөлүнүп кетет. Уз. 124 *км*, алабынын аянты 3510 *км*^{2}. Ири куймалары: Түтөк-Суу, Туура-Суу, Кожо-Ашкан, Гараты, Кыштут, Роут ж. б. Апрель — майда ташкындап, августта тартылат. Мөңгү, кар ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 42,1 *м*^{3}*/сек*, эң көбү 58,9 *м*^{3}*/сек*. Сугатка пайаланылат. Алабында жалпы аянты 258,7 *км*^{2} келген 276 мөңгү бар. Боюнда Кокон ш., Зардалы, Сары-Коргон, Сарыканды, Сох ж. б. кыш. жайгашкан.

СОХ ӨРӨӨНҮ Алай кырка тоосунун батыш бөлүгүндө түштүктөн түндүккө созулуп жатат. Баш жагы Кожо-Ашкан, Арча-Башы, Ак-Терек өрөөндөрүнөн турат. Жалпы уз. 145 *км*ден ашык, туурасы 33 *км*ден 64 *км*ге чейин. Өрөөндүн Зардалыдан Канигутка чейинки бөлүгү (уз. 85 *км*) д. дең. 700—1800 *м*, баш жактары (Кожо-Ашкан, Арча-Башы, Ак-Терек) 1800—3500 *м* бийиктикте жатат. Капталдары тик аскалуу, палеозойдун сланец, акиташ, гранит-диорит тектеринен турат. Зардалы кыш-нан төмөнүрөөк капчыгайга айланат. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 19—28°С, январдыкы 2°С...—18°С. Жылдык жаанчачыны 100—600 *мм*. Өрөөн аркылуу Сох суусу ж-а анын куймалары агып өтөт. Өрөөндүн төм. түзөң ж-а адырлуу бөлүгүн (500—800 *м* бийиктикте) жарым чөл, андан жогору 1300 *м* бийиктикке чейин кургак талаа, 1300—1800 *м* бийикте буудайык-түркүн чөптүү талаа, 1800—3000 *м* бийиктикте бетегелүү талаа, 3000—3500 *м* бийиктикте субальп ж-а шалбалуу талаа, 3500—3900 *м* бийиктикте альп, 3900 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары ээлейт. Төмөнкү түз аймактарында тамеки, жаан-чачындуу жерлеринде кайрак арпа, буудай эгилет.

СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК ТОПТОР. Кыргызстандын түштүгүндө социал-демократтардын алгачкы пропагандалык иштери Россиядагы биринчи буржуазиялык-демократиялык рев-я учурунда (Оштун калкы ж-а солдаттар, о. эле шахтёрлор м-н нефтичилердин арасында) башталган. Д. В. Чураков (революциячыл иштери үчүн Бакудан Ош ш-на айдалып келген), социал-демократ В. В. Особонун (Жаңы Маргалан уездинен Оштогу штрафтык ротага жөнөтүлгөн) кызматташтары ж-а пикирдештери, Ташкенден келген большевик В. В. Быховский ж. б. алгачкы пропагандисттерден болушкан. Биринчи социал-демократиялык топ 1917-ж. мартта Сүлүктү көмүр кенинде түзүлгөн. Аны рев-ячыл иштери үчүн Түркстан аймагына айдалып келген донецкилик шахтёр, 1903-жылдан РСДРПнин мөчөсү Д. Т. *Деканов* уюштурган. Ал уезддик борбордун (Хожент ш., азыр Ленинабад) большевиктери ж-а Самаркан обл. большевиктер борборунун жетекчиси А. Н. Фролов м-н тыгыз байланышта болгон. Сүлүктү социал-демократиялык тобунун составына большевиктер З. Кадыров, Ф. Залляутдинов, К. Д. Каюров, Н. Краснов, С. А. Кирасиров ж. б. кирген. Скобелевдеги социал-демократиялык топ м-н тыгыз байланышта иштеген Кызыл-Кыя кенинин социал-демократиялык тобу 1917-ж. мартта уюм катары биротоло түзүлгөн. Ал обл. «Эркиндик Туусу» газетасын чыгарууга катышып, жумушчуларга чоң таасир тийгизген. Анын иштерин Москвадагы Декабрь куралдуу көтөрүлүшүнүн (1905) катышуучусу И. И. *Едренкин* ж-а большевик П. Д. Крутиков жетектеген. 1917-ж. майдын аягында Ошто социал-демократиялык топ (адегенде негизинен меньшевиктер м-н эсерлерден турган) түзүлгөн. Анын катарына большевиктер А. Г. Аношин, К. Кабулжанов, М. Сарымсаков, Б. Султанов ж. б. да киришкен. С.-д. т. эмгекчил жумушчулар м-н дыйкандардын арасында буржуазиялык-демократиялык революциядан социалисттик рев-яга өтүүгө көмөктөшүү үчүн үгүттөө иштерин жүргүзгөн. 1918-ж. С.-д. т-дун негизинде большевиктик партиялык уюмдар пайда болгон.

СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЯТ КОМПЛЕКСТЕРИ обл-тын айыл-кыштактарындагы калктын социалдык-маданият деңгээлин көтөрүү ж-а идеялык-тарбиялык иштерди жогорулатуу максатында 1980-жылдан түзүлүүдө. С.-м. к-не маданият үйлөрү, клубдар, китепканалар, киноустановкалардан тышкары «Билим» коомунун, ДОСААФтын баштапкы уюмдарынын башкармалары, балдардын спорттук коомдорунун советтери, мектептер, медициналык мекелер, соода ж-а турмуш-тиричилик точкалар кирет. С.-м. к-нин багыт берүүчү иштерин макулдашылган бирдиктүү пландын негизинде багыт берүүчү совети аткарат. Алгачкы С.-м. к. Ноокат р-нунун Кыргыз-Ата ж-а Кыр-Көл, Кара-Суу р-нунун Мады, Араван р-нунун Төбө-Коргон, Фрунзе р-нунун Кара-Дөбө, Сузак р-нунун Октябрь ж-а Ленин айыл советтеринде түзүлгөн. Азыр 97 айыл советинде С.-м. к. бар.

«СОЮЗПЕЧАТЬ», Ош обл. «С» агенттиги (Ош ш., Ленин көчөсү, 256). 1962-ж. «С-тын» обл. бөлүмүнүн (1949) ордуна түзүлгөн. Борб., респ., обл., шаардык, р-ндук газета-журналдарды жазылуу б-ча ж-а чекене соода жайлары аркылуу таркатат; мезгилдүү

басылмаларга жазылууну түздөн-түз байланыш бөлүмдөрүндө, басма сөзгө жазылууну коомдук таркатуучулар аркылуу жүргүзөт. Чекене соода тармагы тептер, китепчелер, канцелярия, парфюмерия, галантерея товарлары, белекбечекектер, төш белгилер (значоктор) сатылат. «С-тын» 4 шаардык ж-а р-ндук агентстволору (Жалал-Абад, Ош, Кара-Суу ш., Ленин-Жол кыш.), обл-тын бардык шаарлары м-н р-ндорунун борборлорунда уюшулган 18 шаардык ж-а р-ндук бөлүмдөрү бар. «С-тын» соода тармагы 146 киоск, 3 адистештирилген дүкөн, газета сатуучу 35 автоматтан турат (1986). Жазылуу б-ча ж-а чекене соода жайлары аркылуу таркатылган газета-журналдардын 1 жолку тиражы 95 миң нусканы, товар жүгүртүүсү 9,5 миң сомду түзөт. «С-тын» Ош шаардык агентствосу (Ош ш., Ленин көчөсү, 256) 1962-ж. «С-тын» шаардык бөлүмүнүн базасында түзүлгөн. 41 киоск, 2 адистештирилген дүкөн, газета сатуучу 17 автомат иштейт. Жазылуу б-ча ж-а чекене соода жайлары аркылуу таркатылган газета-журналдардын 1 жолку тиражы 21 миң нусканы, товар жүгүртүүсү 1,6 миң сомду түзөт.

СӨӨК АШУУСУ Фергана тоо тизмегиндеги Сөөк суусунун башталышында. Бийикт. 4024 *м*. Ашуу юранын конгломерат, гравелит, кумдук, аргиллит тектеринен турат. Мойногу түзөн, капталдары анчалык тик эмес. Мал ашыруууда мааниси чоң. Алайкуу ж-а Арпа өрөөндөрүн байланыштырат. Июль айында ачылып, августта жабылат.

«СПАРТАК» — жерг. ө. ж., коммуналык чарба, байланыш, авт. транспорт ж-а шоссе жол жумушчулары м-н кызматчылары, маданият, эл агартуу, соода, медицина, мамл. мекемелер, геология, гражд. авиация кызматкерлери, атайын орто окуу жайлардын окуучуларынын бүткүл союздук ыктыярдуу спорт коому. Областтык совети (Ош ш., К. Маркс көчөсү, 56) 1952-ж. түзүлгөн. Анын составына Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя советтери кирет. Алар ыктыярдуу спорт коомунун 31 миңден ашык мүчөсүн, 83 физкультура коллективин, баскетбол ж-а теннис б-ча 2 балдар-өспүрүмдөр спорт мектебин (1,5 миң окуучу катышкан) бириктирет. 5 спорт залы, 3 сууда сүзүү бассейни, 10 футбол талаасы, 2 ок атуучу тири, 3 баскетбол ж-а 2 волейбол аянтчалары бар (1986).

СПОРТ АЯНТТАРЫ, к. *Спорт курулмалары.*

СПОРТ ЗАЛДАРЫ. Областта 320, ал. мектептерде 263, жог. окуу жайларында 4, атайын орто окуу жайларында 4, кесиптик-тех. окуу жайларында 8, спорт к-ттеринде 4 спорт залы бар; Ош ш-нда 36 спорт залы иштейт. Аларда күнүнө 37 миң киши машыгат.

СПОРТ КУРУЛМАЛАРЫ. Областта 12 стадион, 91 ок атуучу тир, 10 сууда сүзүү бассейни, 320 спорт залы (а. и. 5 бокс, 4 күрөш, 2 гимнастика, 5 спорт оюндары, 2 оор атлетика б-ча), спорттун ар кандай түрлөрү б-ча 3178 аянтча



Ноокат р-нундагы «Россия» к-зунун стадиону.

ж-а талаа (1069 баскетбол, 1562 волейбол, 14 городки, 262 кол тобу, 10 теннис аянтчасы ж-а 150 футбол талаасы) бар (1986). Ош ш-нда 3 стадион, 36 спорт залы, 10 ок атуучу тир, 4 бассейн, 227 оюн аянтчалары бар. Бардык С. к-нын секцияларында жылына 300 миңдей киши машыгат.

СПОРТ МЕКТЕПТЕРИ. Областта 35 балдар-өспүрүмдөр С. м. (14 миң окуучу катышкан) иштейт. Алардын 30у Эл агартуу мин-восуна, калгандары (а. и. олимпия резервинин спорт мектеби да) Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Майлы-Сай, Көк-Жаңгак ш-нын спорт к-ттерине карайт. Спорттун 17 түрү — баскетбол, бокс, эркин ж-а классикалык күрөш, волейбол, спорттук гимнастика, ат спорту, ок атуу, жаа тартуу, жеңил атлетика, сууда сүзүү, кол тобу, теннис, оор атлетика, футбол, шахмат, дойбу б-ча машыгуу өткөрүлөт. С. м. жог. квалификациялуу спортсмендерди (жылына орто эсеп м-н спорттун 7 мастерин, 27 мастерликке кандидатын,

1-разряддагы 180, калган разряддагы 4 миңден ашык) даярдайт. Секцияларда 200 штаттык тренер (а. и. 115 жог. билимдүү ж-а 50 дене тарбия б-ча орто билими барлар) машыктырат (к. *Жалал-Абад балдар-өспүрүмдөр спорт мектептери, Ош балдар-өспүрүмдөр спорт мектептери).*

«СПОРТ ТОВАРЛАРЫ» — дүкөн (Ош ш., Батыш микрорайону). Негизинен спорттук кийимдер ж-а буюмдар өзүн өзү тейлөө ыкмасы б-ча сатылат. Жылдык товар жүгүртүүсү 300 миң сомдон ашык. 8 киши иштейт (1986). Соода аянты 360 $м^2$.

«СПУТНИК» — Сузак р-нундагы кең экрандуу кинотеатр (Сузак кыш.). 1968-ж. ачылган. Залы 300 орундуу. Орто эсеп м-н жылына 856 миң киши кино көрөт (1985).

«СПУТНИК ЮНОСТИ» — Жалал-Абад шаардык стадиону (Жалал-Абад ш.). Футбол талаасы, узундукка чуркоо б-ча 400 *м*лик жолчосу, секирүү ж-а снаряд ыргытуу б-ча секторлору, волейбол, баскетбол, кол тобу аянтчалары, секирүү, жаан-чачындуу күндөрү кыска аралыкка чуркоо ж-а жалпы дене тарбия б-ча машыгуу үчүн үстү жабык павильону бар. Трибунасы 5 миң орундуу. Трибунанын астында админ. ж-а чарбалык жайлар жайгашкан.

СССРдин 50 ЖЫЛДЫГЫ АТЫНДАГЫ СОВХОЗ — Ленин р-нундагы чарба (борб. чарбагы: Арал кыш.). 1966-ж. М. В. Фрунзе, «Коммунизм», Ф. Э. Дзержинский атн. к-здордун участкаларынын базасында «Арал» с-зу болуп түзүлгөн. 1975-жылдан азыркыдай аталат. 1981-ж. чейин пахта өстүрүүгө адистештирилген. Азыр чарбасынын негизги тармагы — мал чарбачылык. Фрунзе ш-н жашылча, коон-дарбыз м-н камсыз кылып турат. 4,1 миң *га* (а. и. 2,2 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1 миң бодо малы бар (1985).

СТАДИОНДОР. Областта 12 стадион иштейт. Анын жетөө Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр ш-нын спорт к-ттерине, экөө «Колхозчу» ыктыярдуу спорт коомуна (Ош ш. ж-а Сузак р-ну), үчөө «Алга» ыктыярдуу спорт коомуна (Майлы-Сай ш. ж-а Ленин, Фрунзе р-ндору) карайт. Бардык С-до күнүнө 2400 киши машыгат (1986).

СТАНДАРТ ЖАНА ӨЛЧӨӨ ТЕХНИКАСЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ БОЮНЧА ЛАБОРАТОРИЯ, Респ. мамл. стандарт **башкармасынын Оштогу стандарт ж-а өлчөө техникасын көзөмөлдөө б-ча лабораториясы** (Ош ш., Зайнабетдинов көчөсү, 106). 1951-ж. Ош обл. «Коммерприбор» бөлүмүнүн базасында Кыргыз ченеп-өлчөө башкармасынын мамл. текшерүү лабораториясы катары түзүлгөн. 1957-ж. Кыргыз мамл. текшерүү лабораториясынын Ош обл. бөлүмү болуп өзгөргөн. 1971-жылдан азыркыдай аталат. Стандарт ж-а өлчөө каражаттарын мамл. көзөмөлгө алат. Лабораториянын эл чарбасын метрологиялык маалыматтар м-н камсыз кылуу; башкаруу системасынын продукция сапатын стандарттоо; тоо-кен өнөр жайын ж-а машина курууну стандарттоо; механикалык ж-а сызыктуу-бурч өлчөөлөрдүн метрологиясы; электр-магниттүү, радио жылуулук-тех. өлчөөлөрдүн метрологиясы ж. б. бөлүмдөрү бар. 57 кызматкер иштейт (1986).

СТАРАЯ ПОКРОВКА — кыштак, Өзгөн р-нундагы Кызыл-Октябрь айыл советинин борбору. Бул айыл советине Алга, Кремль, Кызыл-Октябрь, Кызыл-Сеңир, Кочкор-Ата, Беш-Абышка, Гузар, Куршаб кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 17 *км* түш.-батыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 30 *км*. Калкы 1781 (1986). Тамеки өстүрүү, мал чарбачылык өнүккөн. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, турмуш-тиричилик үйү, клуб, китепкана ж. б. бар.

СТАХАНОВЧУЛАР КЫЙМЫЛЫ Кыргызстандын түштүгүндө ж-а Ош ш-нда 1935-жылдын 2-жарымында жайылтылган. 1935-ж. 22-сентябрда Кызыл-Кыя кенинин С. М. Киров атн. шахтасындагы А. Сониндин бригадасы кендин тарыхында биринчи жолу нормадагы 22 *т*нын ордуна 100 *т* көмүр казып алган. 12-октябрда Д. Сулаймановдун бригадасы (Сүлүктү кени) пландагы 326%ке аткарган. Ошто комсомолдор Т. Бакалова, Е. Арапаева, Р. Хамутбаева (Ош пилла түрүү ф-касынын жумушчулары) С. к-нын демилгечилеринен болушкан. 1935-ж. 25-октябрда алар биринчилерден болуп пландагы 3 станоктун ордуна 5 станокту тейлөөгө өтүшкөн. 1935-ж. 27-октябрда ф-када 12, 28-октябрда 21, 1-ноябрда 68, 7-декабрда 95, 1936-ж. 1-апрелде 390 киши стахановчу болгон. Стахановдун ыкмасы б-ча иштөөнүн натыйжасында Ош пилла түрүү ф-касында жылдык план 1935-жылдын 1-декабрына чейин

100,2%ке аткарылган. 1937-ж. январда Ош пилла түрүү ф-касында 85 кишини биріктирген туташ (стахановчулар) бригадалар уюшулган. 1935-ж. 14—16-декабрда Стахановчулардын бүткүл кырг-ндык 1-кеңешмеси өткөн. Анда Бүткүл союздук ө. ж. м-н транспорттун стахановчуларынын 1-кеңешмесинин жыйынтыктары ж-а республикадагы ишканалардан стахановдук ыкма м-н иштөөнү киргизүү б-ча кезектеги милдеттер талкууланып, С. к-н жайылтууга шарт түзгөн. Кыймыл обл-тагы бардык ө. ж-ды, транспортту, курулушту камтыган. 1935-жылдын аягы 1936-жылдын башында Ошто ж-а Кырг-н-дын түштүгүндөгү башка пункттарда стахановдук сменалар, суткалар, беш күндүктөр, он күндүктөр өткөрүлүп, з-ддордун, ф-калардын, шахталардын, цехтердин бүтүндөй коллективдери стахановчо иштөөгө өтүшкөн. С. к. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында ж-а согуштан кийинки жылдарда да болуп турган. Социалисттик коомдун өнүккөн азыркы мезгилинде С. к. жөнгө салынган пландарды, социалистик жогорулатылган милдеттенмелерди алуу ж. б. формаларына айланган.

СТОМАТОЛОГИЯЛЫК ПОЛИКЛИНИКА, к. *Поликлиникалар*, о. эле р-ндор м-н шаарлардын медициналык-санитариялык мекемелери макалаларын.

СТУДЕНТТИК КУРУЛУШ ОТРЯДДАРЫ (СКО). Областтагы биринчи курулуш отряды 1968-ж. Токтогул ГЭСинин курулушунда иштөө үчүн Ош мамл. педагогика ин-тунун студенттеринен (25 студент) түзүлгөн. 50 миңдей сомдук капиталдык салым өздөштүргөн. Ош СКОсу Ленин, Сузак, Араван, Ноокат р-ндорундагы (1972—73) 5 миң малга ылайыкталган мал чарба комплекстерин, Папан суу сактагычын (1973—74), Алай, Совет, Ноокат, Базар-Коргон р-ндорундагы (1977—83) айылдык жалпы билим берүү мектептерин курууга, Кызыл-Кыя ш-нда, Баткен (1977), Алай р-ндорундагы (1978—79) алаамат кырсыктар келтирген зыяндарды калыбына келтирүүгө катышкан; Баткен (1979), Лейлек (1979—83) р-ндорундагы дың жерлерди өздөштүргөн. 1979 ж-а 1981-ж. СКОнун катарында бир отряд эмгек акы албастан иштеп, тапкан маянасын 1979-ж. тынчтык фондуна ж-а 1981-ж. Кашкар-Кыштак балдар үйүнө (Кара-Суу р-ну) которушкан. Ош СКО Якутияда (1973), Смоленск обл-ндагы Гагарин ш-нда (1976—79), Ярославль обл-ндагы «Кыргызстан» с-зунда (1980—82), Казак ССРинин Торгой обл-ндагы дың жерлерде иштешкен. 1973-жылдан обл-та ГДРдин Фрайберг тоо-кен академиясынын ж-а Фрунзе политехника ин-тунун интернационалдык студенттери эмгектенип келе жатышат. Областтагы курулуш отряддарынын бардык иштерин СКО-нун штабы башкарат, ал 1971-ж. Кыргызстан ЛКЖСтин Ош обкомунда түзүлгөн.

СУЗАК — Сузак р-нундагы Сузак айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Арал, Благовещенка, Жаңы-Дыйкан, Кыргыш. да карайт. Көгарт өрөөнүндө жайгашкан. Ош ш-нан 65 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 7 *км*. Калкы 16175 (1987). Нег. чарбасы тамеки, пахта өстүрүү, мал багуу. Төрт орто мектеп, 4 бала бакча, 2 клуб, маданият үйү, кинотеатр, ооорукана, поликлиника, райондук санитария-эпидемиология станциясы, турмуш-тиричилик комбинаты, 4 китепкана ж. б. бар.

СУЗАК ГАЗ КЕНИ Сузак р-нунда, Сузак кыш-нын түн. тарабында, Фергана тоо тизмегинин түш. этегинде. Кен аймагында бор, палеоген ж-а неогендин чөкмө тектери кеңири таралган. Тоо тектер бүктөлүүгө дуушарланып, асимметриялык антиклиналь түзүлүшүн пайда кылган. Газ жашыл, боз түстөгү чопо ж-а алевролиттин жука кабатчалары м-н бөлүнүп турган боз, күрөң боз кумдук катмарларында топтолгон. Пайдалуу катмарлардын жалпы калыңдыгы 70 *мге* чейин. Газдын чыгымы 200 миң $м^3$/*сутка*, буфердеги басымы 130 $кг/см^2$.

СУЗАК РАЙОНУ — обл-тын түн.-чыгышындагы админ. аймак. 1928-ж. түзүлгөн. Түндүгүнөн ж-а түн.-батышынан Базар-Коргон р-ну, түш.-чыгышынан Өзгөн р-ну, түн.-чыгышынан Нарын обл., батышынан ж-а түштүгүнөн Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 2,8 миң $км^2$. Калкы 139,4 миң (1986). 125 кыш-ты биріктирген 13 айыл советине болүнөт. Борбору — Сузак кыштагы. Райондун аймагында Жалал-Абад, Көк-Жаңгак ш. жайгашкан.

Табияты. Район Кара-Дарыя (оң тарабы), Ийри-Суу, Көгарт сууларынын кең өрөөндөрүн, Фергана тоо



тизмеги ж-а Кара-Алма, Кызыл-Суу, Орток сууларынын тоолуу кууш өрөөндөрүн ээлейт. Райондун түш.-батышындагы өрөөндүү бөлүгү түзөң (бийикт. 600—1000 *м*) келип, ал түндүгүндө ж-а түн.-чыгышында адырлар (бийикт. 1000—1200 *м*) м-н курчалат, бул адырлар түн.-чыгышында 3705 *м* бийиктикке чейинки тоо тизмегине өтөт. Аймагынын д. дең. орт. бийикт. 1650 *м*, эң бийик жери 3705 *м*. Кен байлыктарынан көмүр (Көк-Жаңгак), нефть, газ (Чаңгыр-Таш), курулуш материалдары казып алынат. Башка жерлерден кезиккен жаңгак токою (Кара-Алма токою ж. б.) р-ндун табият тартуулаган байлыгы болуп эсептелет. Климаты мелүүн континенттик. Кышы анча суук эмес, жайы ысык, кургакчыл. Январдын орт. темп-расы өрөөндөрдө —2°С...—4° С, тоолордо январда —4°С...—10°С, июлда 10—20°С. Жылдык жаан-чачыны өрөөндөр м-н адырларда 350—450 *мм*, тоолордо 900 *мм*ге чейин. Ири суулары: Көгарт ж-а анын куймалары (Коду, Жошо, Орток, Үрүмбашы, Кызыл-Суу, Аюубек). Сугат үчүн Анжиян суу сактагычынын ж-а Кара-Дарыя каналынын мааниси чоң. Түздүктөрү ачык боз топуракту келип, айдалбаган жерлерде чөл өсүмдүктөрү (шыбак, баялыш ж. б.) өсөт. Андан жогору күңүрт боз топуракту адырларды мисте өскөн жарым чөл, сейрек токойлуу чөл ээлейт. Д. дең. 1100—2200 *м* бийиктикте кара күрөң топуракту келип, жаңгак токою (күңгөй бетинен тышкары), күңгөй беттеринде алма өсөт. 2300—3000 *м* бийиктикте ж-а андан жогору субальп ж-а альп шалбаасы ээлейт. Аркар, илбирс, доңуз, элик, эчки-теке, коён, түлкү, карышкыр, суусар, суу күзөн, арыс, кекилик, кыргоол, улар, бүркүт мекендейт.

Калкы. Райондун аймагы обл-тагы калк жыш жайгашкан аймактардын катарына кирет. Калкынын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 50,6 киши туура келет. Кыргыздар (52,3%, 1979-жылкы эл катто б-ча), өзбектер (37%), орустар (3,2%), украиндер (1%), татарлар (0,8%), тажиктер, уйгурлар, казактар, дунгандар ж. б. жашайт. Калктын нег. бөлүгү Сузак, Октябрь, Бек-Абад, Комсомол, Бостон, Ленин, Михайловка, Кара-Алма ж. б. кыш. жайгашкан Көгарт өрөөнүндө топтолгон.

Чарбасы. Райондун эл чарбасынын негизги мыкты өнүккөн ургаалдуу айыл чарбасы түзөт. Негизги чарбасы — тамеки, пахта өстүрүү, кой, уй багуу. Район обл-тын а. ч. дүң продукциясынын 9,8%ин берет. Райондун а. ч. дүң продукциясынын 68%и дыйканчылыктан алынат. 9 к-з, 6 с-з, 1 мал бордоп семиртүүчү с-з, 1 мөмө-жемиш ж-а жүзүм с-зу, 1 үй куштар ф-касы, 1 үрөн белендөөгө адистештирилген



«Жийде» с-зунун дың жерлерин өздөштүрүү.

с-з, 1 чарбалар аралык бирикме бар. А. ч-га жарактуу 198,3 миң *га* (а. и. 48,4 миң *га* айдоо, 27 миң *га* көп жылдык өсүмдүк, 14,3 миң *га* чабынды, 132,4 миң *га* жайыт) жери бар. Дан эгиндери (16,2 миң *га*), пахта (5,6 миң *га*), тамеки (2,9 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (18,9 миң *га*) эгилет; о. эле картошка (284 *га*), жашылча (456 *га*), коон-дарбыз (245 *га*) өстүрүлөт. Жүзүм 1,7 миң *га*ны ээлейт. 1984-ж. коомдук сектордон 255,7 миң *ц* дан эгиндери, 79,7 миң *ц* пахта, 68,2 миң *ц* тамеки, 1,9 миң *ц* картошка, 15,1 миң *ц* жашылча, 139,8 миң *ц* жүзүм, 20,3 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер жемиш жыйналган. Мал чарбасы а. ч. дүң продукциясынын 32%ин түзөт. 1987-ж. 46,2 миң уй (а. и. сааны 18,5 миң), 256,6 миң кой-эчки (а. и. 255,4 миңи кой), 6,8 миң чочко, 8,6 миң жылкы, 475,8 миң үй куштары (коомдук сектордо) болгон. 1984-ж. р-ндогу коомдук сектордон 5739 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 16690 *т* сүт, 719,5 *т* жүн, 1,6 млн даана жумуртка алынган.

Өнөр жайдан турмуш-тиричилик комбинаты, токой чарбасы, мөмө-жемиш ж-а жүзүм с-зу гана бар. Бул ишканаларда 1984-ж. 3168 миң сомдук товардык продукция белгиленген. Авт. транспорту нег. мааниде. Авт. жолунун уз. 1099 *км*, а. и. асфальт төшөлгөнү 868 *км*. Райондун аймагы аркылуу Фрунзе — Ош, Жалал-Абад — Октябрь— Көгарт — Казарман, Жалал-Абад — Ийри-Суу авт. жолдору, Көк-Жаңгак — Жалал-Абад — Кара-Суу темир жолу өтөт; Жалал-Абад аэропорту райондун аймагында.

Элге билим берүү, маданияты, саламаттык сактоо. 1985—86-окуу жылында 85 жалпы билим берүүчү мектептерде (бардык түрү б-ча) 39 миң окуучу, кесиптик-тех. окуу жайында 250 киши окуган. 34 бала бакчада 2,9 миң бала тарбияланган. 52 китепкана, 42 клубдук мекеме, 49 киноустановка (бардык түрү), борб. ооруканасы, Октябрь ооруканасы, 3 участкалык оорукана, 2 поликлиника, 38 фельдшер-акушердик пункт иштейт (1985).

СУЗАК РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Сузак кыш.). 1930-ж. негизделген. 1979-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Филиалдары, бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары р-ндогу 52 китепкананы (орто эсеп м-н ар бир айыл советинде 4 китепкана), а. и. 17,7 миң китеби ж-а 2,3 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Сузак кыш.) бириктирет. Тейлөө, китептерди комплекттөө ж-а тескөө, бирдиктүү фондду пайдалануу, методикалык ж-а библиографиялык иштер бөлүмү бар. Райондогу профсоюздук, 8 колхоздук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз, өзбек ж-а чет элдик тилдерде 326 миңден ашык нуска китеп бар, жылына орто эсеп м-н 37 миңдей окурманды тейлейт.

СУЗАК РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Сузак кыш., Больничный көчөсү) 1928-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 380 орундуу.

СУЗАК РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондо 3 ири сугат системасы бар. Алар аркылуу 32,5 миң *га* жер сугарылат. Көгарттан 46 канал, Кара-Дарыядан 15 канал, Чаңгет суусунан 6 канал башталат. Чарбалар аралык 17 канал бар; бешөөнүн суу өткөрүмдүүлүгү 5 $м^3/сек$. Алар Башкы Сол канал (1963-ж. курулган, Көгарт суусунан башталат; уз. 12,7 *км*, каналдын башында чыгымы 8 $м^3/сек$), Башкы Оң канал (1930-ж. курулган, Көгарт суусунан башталат, уз. 13,2 *км*, чыгымы 7 $м^3/сек$), Көгарт каналы (1946-ж. курулган, Көгарт суусунан башталат, уз. 6,7 *км*, чыгымы 7 $м^3/сек$). Оң кемпир-Рабат каналы (1979-ж. курулган, Анжиян суу сактагычынан башталат, уз. 32,5 *км*, чыгымы 34 $м^3/сек$), Кара-Дарыя бириктирүүчү каналы (1981-ж. курулган. Оң Кемпир-Рабат каналынан башталат, уз. 5,7 *км*, чыгымы 12 $м^3/сек$). Курулмалар р-ндук сугат система башкармасына (Сузак кыш.) карайт. 112 киши иштейт (1986).

СУЗАК РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 13 айылдык социалдык-маданият комплекси, 42 клубдук мекеме, а. и. райондук маданият үйү, 18 айылдык маданият үйү (Архангельский, Барпы, Кара-Алма ж. б. айыл советтеринде), 9 колхоздук клуб (В. И. Ленин атн., Октябрдын 40 жылдыгы атн., «Коммунизм», «Москва» ж. б. к-здордо), профсоюздук 6 клуб («Дружба», «Көгарт» ж. б. с-здордо), 8 автоклуб, 49 киноустановка иштейт. Өздүк көркөм чыгармачылыгынын 166 ийрими (2282 киши катышкан) уюшулган (1986).

СУЗАК РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук оорукана (поликлиникасы м-н), 175 орундуу Октябрь ооруканасы (Октябрь кыш.), 215 орундуу 3 участкалык оорукана (Бек-Абад, Чаңгыр-Таш, Михайловка кыш.), 150 орундуу учук оорулар ооруканасы (Достук кыш.), ичеги-карын оорулуу балдар санаторийи (Жаңы-Дыйкан кыш.), 5 айылдык амбулатория («Жийде» с-зу, Кара-Март, Барпы кыш.), 25 орундуу 5 к-здук төрөт үйү (М. Ф. Фрунзе атн. к-з, Жаңы-Дыйкан, Кызыл-Байрак, Шатырак, Кыр-Жол кыш.), ири кыш-да 38 фельдшер-акушердик пункт, р-ндук санитария-эпидемиология станциясы (Сузак кыш., Тельман көчөсү), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 13 аптека иштейт. Амбулатория-поликлиника мекемелери сменасына 613 киши кабыл алат, стационары 920 орундуу. Райондо 329 врач, 562 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 13 врач, 48 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

СУЗАК РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1968-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан р-ндук керек-жарак кооперациясынын кийим тигүү мастерскою, бут кийим мастерскою, чач тарач тейлеген. 1968-ж. кошумча ачылган чач тарач, бут кийим, кийим тигүү, жыгач уста мастерскойлорун, металл буюмдарды ремонттоочу цехти ж. б-ды бириктирген Сузак турмуш-тиричилик комбинаты түзүлгөн. Комбинаттын (администрациясы: Сузак кыш.) 70 ишканасы, а. и. 11 кийим тигүү мастерскою, 17 бут кийим мастерскою, 20 чач тарач, о. эле 6 комплекстүү кабыл алуу пункту (Сузак, Благовещенка, Таштак, Ленин ж. б. кыш-да) иштейт (1986).



Т. Сулайманов

СУЗАК ЧОПО КЕНИ Сузак р-нунда. Жалал-Абад ш-нан 20 *км* батышта, Акман бөксө тоосунун чыгыш жак этегинде. 1972-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын палеоген-неогендин кумдук, чопо, конгломерат чөкмө тектери түзөт. Чопо катмарынын уз. 1800 *м*, орт. калыңдыгы 23,3 *м*. Өңү кызгылтым, мала кызыл. Бирин-серин куму бар, сууда жакшы эзилип, чоюлган жумшак ылайды пайда кылат. Бул кендин чопосуна 20% Жалал-Абад кенинин чопосун кошуп, «100», «150» маркасындагы кирпич бышырууга болот. Запасы А+В категориясы б-ча 911 миң $м^3$, $С_1$—1336 миң $м^3$ (1975).

СУЛАЙМАНОВ Турсунаалы (1897, азыркы Кара-Суу р-ну, Нариман кыш.—1971, ошол эле жерде) — к-з өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1938-жылдан КПСС мүчөсү. 1930-ж. мүчө болуп өтүп, 1932-ж. Н. Нариманов атн. к-здун председатели болуп шайланган. Көп тармактуу чарбаны башкарып, алдыңкы чарбалардын катарына кошкон. 1956-ж. 810 *га* пахта аянтынын ар гектарынан 32 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени, 3 Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган. 1958—62-ж. СССР Жог. Советинин, 1951—54 ж-а 1955—56-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты.

СУЛАЙМАН ТООСУ (Беракух) Ош ш-нын так ортосунда, Ак-Буура суусунун сол жээгинен орун алган. Уз. 3 *км*, туурасы 1,5—2 *км*, д. дең. бийикт. 1176 *м*. Палеозойдун акиташ тектеринен турат. Капталдары тик, аскалуу. Этегинде ж-а курчап турган түздүктөрүндө антропогендин борпоң тектери жатат. Тоо капталдарына жарым чөл ландшафты мүнөздүү. С. т-нун чыгыш ж-а батыш тараптарында анча бийик эмес калдык тоолор (Орто-Тоо, Чил-Майрам, Чил-Устун ж. б.) жайгашкан. С. т. Өзгөн хандыгынын вазири Султан Мази-Сулаймандын (15-к-дын башы) ысмынан аталган. Сулаймандын жайкы резиденциясы болгон. Жерг. эл ж-а четтен келгендер тоого чыгышып,


Б. Султанов


Кадырмат Султанов


К. Султанов


А. А. Сунчалиева

жөн гана сейилдешкен. Эл көп каттагандыгынан пайдаланып, дин кызматкерлери, ислам динин таратуучу майданга (аренага) айландырышкан. Молдолор элди алдоо максатында Сулайман пайгамбардын тактысынын табылгандыгы ж-дө сөз таратышкан. Ошентип Өзгөн вазири Сулайман-пайгамбарга, ал эми анын эс алуучу жайы — Сулайман тактысына айланып, «ыйык» даңкка ээ болгон. Мурда анын чокуларынын биринде атактуу *Бабурдун* кичинекей ак үйү турган. Азыр тоонун чокусуна куур аркылуу суу чагарылып, айланасына бак-дарак тигилген; эмгекчилердин эс алуучу жайына айланган. Боорунан үңкүр казылып, анда Түш. Кырг-ндын тарыхын тааныштыруучу бир нече залдан турган өзүнчө музей ачылган (1977). 1972-жылдан геологиялык заказник.

СУЛТАНОВ Балтакожо (1884, Ош ш.— 1919, ошол эле жерде) — мугалим, Ош уездинде Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө активдүү катышуучу. 1918-жылдан Компартия мүчөсү. Оштогу Мусулман жумушчу ж-а чайрикер депутаттар советин түзүүчүлөрдөн. 1917-ж. декабрдан Ош советинин мүчөсү. Советтердин крайлык 3-съездинин (1917), Ош уездик Солдат, жумушчу ж-а дыйкан депутаттар советинин депутаты. Совет бийлиги орнотулгандан кийин Ош ш-нда милициянын начальниги (1918), андан кийин уездик тергөө комиссиясынын начальниги болуп иштеген. 1918-ж. апрелде Түркстан АССРин жарыялаган Советтердин Бүткүл түркстандык 5-съездинин делегаты болгон. Элге билим берүү, сов. мектептерди көбөйтүүгө көп көңүл бөлгөн. Рев-яның душмандары өлтүргөн.

СУЛТАНОВ Кадырмат (1905, азыркы Алай р-ну, Сопу-Коргон кыш.—1957, Ленин р-ну, Ленин-Жол кыш.) —сов. мамл. ж-а партиялык ишмер. Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1929-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1927-ж. баштаган. Комсомолдук, мамл., парт. ж-а чарбалык уюмдарда иштеген. 1948-жылдан Кыргызстан Компартиясынын Лейлек р-ндук к-тинин, 1951—57-ж. Ленин райкомунун 1-секретары.Анын жетекчилиги м-н р-н пахта ж-а мал чарбасы б-ча жог. көрсөткүчтөргө жетишкен. 1951—59-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

СУЛТАНОВ Камал (1911-ж. т., азыркы Ленин р-ну, Чоң-Багыш кыш.)— пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1971). Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын лауреаты (1976), Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Ленин р-ндагы «Коммунизм» к-зунда 1941-жылдан пахтачы. 1959-жылдан бригаданын бригадири. Анын бригадасы 1976-ж. 75 *га* гектарынан 55,8 *ц*ден, 1977-ж. 57 *ц*ден пахта жыйнаган. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 3-даражадагы Эмгек даңкы ордендери м-н сыйланган.

СУМСАР — Ала-Бука р-нундагы суу, Сыр-Дарыянын оң куймасы. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш тармагы Көк-Ала тоосунун чыгыш капталынан башталган Көк-Ала-Сай ж-а Айырма сууларынын кошулушунан түзүлөт. Уз. 54 *км*, алабынын аянты 324 $км^2$. Жети куймасы бар. Негизинен кар ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 0,97 $м^3/сек$. Апрель — июль айларында кирет, сентябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Сумсар ш. т. п. жайгашкан.

СУМСАР — Чаткал р-нундагы шаар тибиндеги посёлка (1952-жылдан). Сумсар суусунун ж-а Сумсар — Ош авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Каныш-Кыя кыш-нан 140 *км* түш.-батыш тарапта, Чуст темир жол

станциясынан (Өзбек ССРи) 45 *км*. 1935-ж. негизделген. Калкы 5731 (1986). Металл эритүү з-ду, май з-ду, кийим тигүү ф-касы, турмуш-тиричилик комбинаты иштейт. 3 орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жай, 2 бала бакча, ооруканa, төрөт үйү, 2 клуб, 2 китепкана ж. б. бар.

СУМСАР КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы полиметалл рудасы жайгашкан жер. Чуст темир жол станциясынын (Өзбек ССРи) чыгышында. Сумсар суунун боюнда, Чаткал кырка тоосунун түш. этегинде. Кен жерг. элге илгертен эле белгилүү. 1936-ж. алгачкы геологиялык маалымат берилген. Кен талаасы бир нече $км^2$ аянтты ээлеп, геологиялык түзүлүшү б-ча бирдей шарттагы Түн., Борб., Кызыл-Сай, Түш.-Чыгыш, Орто Аралык, Түш., Алыскы сыяктуу бири бирине жакын жайгашкан участкалардан турат. Кен аймагын девон мезгилинин доломит, акиташ, кумдук, конгломерат тектери ж-а аларды жирең чыккан гранодиорит штоктору ж-а порфирит дайкалары түзөт. Тоо тектер бүктөлүүгө дуушарланып, «Чоң-Сумсар» брахиантиклиналь структурасын пайда кылган. Бул түзүлүштү Чоң-Көл, Кушарт тектоникалык терең жаракалары кесип өтүп, кен талаасын майда бөлүкчөлөргө бөлүп турат. Мында негизинен тектоникалык жаракаларды бойлой бир нече руда тулкулары табылган. Алар доломит тоо тегинде талкаланып, өзгөргөн тилкелерде линза, катча, мамы түрүндө жатат. Руда тилкесинин жалпы уз. 1800 *м*, орт. калыңдыгы 6,5 *м*. Руда галенит, сфалерит, халькопирит ж. б-дан турат. Кен 1950-жылдан казып алынат. Алгачкы жылдары ачык карьерден казып алынса, кийин жер астынан алынат.

СУНЧАЛИЕВА Алия Абдуллаевна (1926-ж. т., Ош ш.) — токуучу, Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1975-жылдан КПСС мүчөсү. 1941-ж. кесиптик-тех. окуу жайды бүтүргөндөн бери Оштогу ВЛКСМ атн. жибек комбинатында иштеген. 8-беш жылдыкта пландык тапшырмаларын аткарууда саны ж-а сапаты б-ча жакшы көрсөткүчтөргө жетишкен. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган. Кыргызстан Компартиясынын 16-съездинин делегаты.

СУРЬМА ЖАНА СЫМАП КЕНДЕРИ кварц ж-а кварц-флюориттүү гидротермалдык метасоматоздон куралат. Кен катмары үстүңкү жылып туруучу катмарлардын жылтылдак сланецтери м-н контролдонуп турат. Кадамжай сурьма кени, сымап Кыштут-Адырак-Коо, Хайдаркен, Чабай, Бирк-Суу сымап кендери бар. Сымап кени Түркстан кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан. 1927-ж. ачылган. Силурдун карбонат ж-а терриген тектеринен турат. Сымап Ак-Суу антиклиналдык түзүлүшүнө туура келет, линза, тарам, уяча түрүндө кездешет. Негизги минералы — киноварь, пирит, халькопирит, гематит, лимонит ж. б. кездешет. Чабай кени Кызыл-Кыя ш-нан түш.-чыгыш тарапта, Алай кырка тоосунун этегинде жайгашкан. 1914-ж. Д. И. Шербаков ачкан, 1942-жылдан казып алынат. Руда доломит, акиташ, серпентинит тектеринин брекчияларынан түзүлөт. Бирк-Суу кени Андыген тоосунун (Түркстан кырка тоосу) түн. этегинде жайгашкан. 13-к-дан белгилүү. Геологиясын биринчи жолу 1915-ж. В. Н. Вебер кагазга түшүргөн. 1951-жылдан «Орто Азия түстүү металл чалгындоо» трести ж-а Кыргыз ССРинин Геология башкармасы геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзөт. Негизги минералдары — киноварь, халькопирит, галенит, сфалерит. Кыштут-Адырак-Коо кендер тобу Алай ж-а Түркстан кырка тоолорунун түн. этегинде жайгашкан. 1917 ж-а 1934-ж. В. Н. Вебер байыртадан кен казып алуучу жерлерди изилдеген. Негизги минералдары — киноварь, бир аз халькопирит, пирит кездешет.

СУУГА ЧӨГҮҮДӨН САКТОО, Ош обл. С. ч. с. уюму (совети: Ош ш., Калинин көчөсү, 123) — агын суулар, каналдар, көлмөлөрдө сууга чөгүп бара жаткан адамдардын өмүрүн сактап калуу максатында уюшулган ыктыярдуу коомдук уюм. 1970-ж. түзүлгөн. Негизги милдеттери: сууда болуучу бөөдө кырсыктардын алдын алуу б-ча эскертүү, түшүндүрүү ж-а уюштуруу иштери, С. ч. с. коомунун мүчөлөрүн ж-а анын активдерин сууга чөгүп бара жаткан адамдарды сактап калуу б-ча көрүлүүчү чараларга үйрөтүү, сууга чөгүүдөн сактоо станцияларын көбейтүү, алардын ишин жетектөө ж-а көзөмөлдөө, сууда сүзүүнү массалык үйрөтүүгө көмөктөшүү. 1072 баштапкы уюму (431260 мүчөсү) бар. Ош шаардык С. ч. с. уюму (совети: Больничный көчөсү, 30) 1972-ж. түзүлгөн. 138 коллективдүү ж-а 77230 жеке мүчөсүн бириктирет.


Ш. Сүйөркулов

СУУДА СҮЗҮҮ БАССЕЙНДЕРИ. «Спартак», «Алга», «Эмгек резервдери» ыктыярдуу спорт коомдорунун обл. советтеринин, Ош шаардык билим берүү бөлүмүнүн, шаардык ж-а райондук спорт комитеттеринин 10 С. с. б. (а. и. алтоонун үстү ачык) иштейт (1986). Ош ш-нда үстү жабык С. с. б. (суусу жылытылган) бар. Алар автомобиль ремонттоо заводуна, шаардык элге билим берүү бөлүмүнө (к. *«Дельфин»)*, телеберүү борборуна, «Түштүк жол транспорт курулуш» трестине карайт. 10 физкультура коллективинде суууда сүзүү б-ча секциялар (Ош ш-нда 7, Майлы-Сай ш-нда —2, Фрунзе р-нунда —1) иштейт. 600 киши машыгат. Штаттык 4 тренер ж-а 32 коомдук тренер иштейт.

СУУ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ. 30-жылдарга чейин обл-тын азыркы аймагынын калкы сууну арык, кудук, көлмө ж. б-дан алышкан. 1940-ж. шаардык, посёлкалык ж-а айылдык Советтердин турак жайларынын 1,5%и суу куурлары м-н камсыз кылынган. 50-жылдары Ош ш. куурлар аркылуу Ак-Буурадан алынган суу м-н камсыз болуп турган. 50—60-жылдары Жалал-Абад, Кара-Суу, Өзгөн, Таш-Көмүр ш., Кызыл-Жар, Шакафтар (Чаткал р-ну) ш. т. п-лары, Ала-Бука, Алай, Баткен, Жаңы-Жол, Лейлек, Ленин, Ноокат, Совет, Сузак, Өзгөн, Фрунзе р-ндоруна суу куурлары жеткирилген. 1968-ж. чейин коммуналык С. м. к. к. шаардык ж-а р-ндук Советтердин аткомдорунун жерг. чарба бөлүмдөрүнө караштуу болгон, 1968-жылдан коммуналык ишканалар комбинатына карайт. 1981-жылдан обл-ты С. м. к. к-нун көпчүлүк тармактарын Ош обл. суу куурларканалдаштыруу чарбасы —«Сууканал» тейлейт. «Сууканал» системасынын 15 насос станциясы, 45 бургулоо көзөнөгү, суу топтоочу көлмөсү бар. Суу куурларынын уз. 503,9 *км*, маалалар б-ча куурлардын уз. 89,4 *км*. Ош ш-нда таза суу топтоочу 5, Кызыл-Кыяда 4, Ноокат р-нунда 2 көлмө бар. Областтын ири калктуу пункттарындагы үйлөр, ишканалар, мекемелер суу куурлары ж. б. курулмалар м-н камсыз кылынган. Шаарлар м-н посёлкалардагы турак жайлардын 70%тен ашыгына суу киргизилген. Орто эсеп м-н күнүнө 74 миң $м^3$ суу берип турган. Ведомстволор суу м-н чарбалардын эсебинен камсыз кылынат. Жалпы область б-ча суу чыгаруучу 1518 бургулоо көзөнөгү иштейт.

СҮЙЛӨШҮҮ ПУНКТТАРЫ. Областтын аймагында алгачкы С. п. 1940-жылдан иштей баштаган. 1986-ж. 1-январда 335 С. п. болгон, а. и. 30у күнү-түнү иштөөчү С. п. обл-тын бардык ш-нда ж-а р-ндордун борборлорунда, о. эле Кулунду (Лейлек р-ну), Сопу-Коргон (Алай р-ну), Октябрь (Сузак р-ну), Мырза-Аке ж-а Ленин (Өзгөн р-ну), Үч-Коргон (Фрунзе р-ну) кыш-нда, Кызыл-Жар ж-а Хайдаркен ш. т. п-нда бар. 1950-ж. чейин күнүнү иштөөчү 1 сүйлөшүү пункту (Ош ш-нда) болгон. Бардык С. п. абонентерге шаар аралык телефон сүйлөшүүлөрү б-ча кызмат көрсөтөт.

СҮЙӨРКУЛОВ Шамшидин (1929-ж. т., Ленин р-ну, Шайдан кыш.) — хирург, Соц. Эмг. Баатыры (1978), Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы (1976), Саламаттык сактоонун отличниги (1974). Кыргыз мамл. медицина ин-тун бүтүргөндөн (1954) кийин Ленин р-ндук ооруканасынын хирургу, 1968-жылдан хирургия бөлүмүнүн башчысы. 1966-ж. «1-категориядагы хирург-врач» наамына татыктуу болгон. Азыркы медицина илиминин жетишкендигин ж-а хирургия иштериндеги тажрыйбасын колдонуу м-н калкты мед. жактан тейлөөдө ири ийгиликтерге жетишкен. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

СҮЛҮКТҮ — шаар (1940-жылдан), темир жол станциясы. Түркстан кырка тоосунун түн. капталында, д. дең. 1380 *м* бийиктикте жайгашкан. Ош ш-нан 350 *км* батыш тарапта. Карамагына Восточный (Кыш-Булак) ш. т. п. да карайт. С. көмүр кенин өздөштүрүүнүн негизинде пайда болгон. 1868-ж. кенге биринчи болуп падыша армиясынын полковниги Фабицкий шахта курдурган. 1871-ж. Кокон хандыгынын жасоолдору шахтаны өрттөп жиберишкендиктен көмүр казуу токтотулган. Ал 1895-ж. кайра иштей баштаган. Кенге Россиянын борб. аймактарынан бир нече революционер сүргүнгө айдалып келген. Ошондон кийин С-дө рев-ячыл уюмдар пайда болгон. Улуу Октябрь социалисттик

рев-ясы жеңгенден 4 күндөн кийин Орто Азия б-ча С-дө биринчи болуп бийлик Жумушчу депутаттар советине өткөн. Азыр С.— өнөр жайы өнүккөн шаар. Анда «Сүлүктү» көмүр кен башкармасы, кирпич, сүт, нан з-ддору, турмуш-тиричилик ж-а эт комбинаттары, кийим тигүү ф-касы, басмакана иштейт. Шаарда 6 орто мектеп, сегиз жылдык мектеп-интернат, муз. ж-а спорт мектептери, кесиптик-тех. окуу жай, маданият үйү, тарых ж-а край таануу музейлери, оорукана, 2 поликлиника, 3 медпункт, төрөт үйү, аптекалар, 3 кинотеатр бар. Көп тираждуу «Путь шахтёра» газетасы чыгат.

СҮЛҮКТҮ АКИТАШ КЕНДЕРИНИН ТОБУ Лейлек р-нунда. Сүлүктү ш-нын аймагында, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. Аймакта Сүлүктү I, Сүлүктү II, Сүлүктү III деген кендер бар. Алар 1939-жылдан белгилүү. Кен аймагын силурдун кумдук, сланец, акиташ, конгломерат тектери түзөт. Пайдалуу катмар акиташ тегинен турат. Өңү ак, агыш, кара темгилдүү. Калыңдыгы 20—30 *м*, уз. 2,5 *км*ге чейин. Кендердеги акиташ тегин цемент даярдоого ж-а айнек жасоого кошунду катары пайдаланса болот. Запасы Сүлүктү I кениники 40 млн *т* (C_2 категориясы б-ча), Сүлүктү II—1,5 млн *т* (C_1), Сүлүктү III—33 млн *т* (В) ж-а 225 миң *т* (C_1).

СҮЛҮКТҮ ГИПС КЕНИ Лейлек р-нунда. Сүлүктү ш-нан 1,5—2,7 *км* чыгыш тарапта, Бел-Алма тоосундагы Каттагеологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын мезозой-кайнозойдун чөкмө тектери түзөт. Гипс 2 горизонтко топтолуп, анын бирөө бор мезгилинин аягында пайда болгон, экинчиси палеогендин тоо тек катмарларында жатат. Биринчисинин жалпы калыңдыгы 5,7—11 *м*, уз. 1100 *м*ге чейин созулат. Экинчисинин жалпы калыңдыгы 0,3—2 *м*. Гипстин өңү ак, майда бүртүкчөлүү, жакшы сайкалданат. Кооз майда буюмдарды жасоого жарактуу. Запасы 1693 миң *т*.

СҮЛҮКТҮ ГЛИЕЖ КЕНИ Лейлек р-нунда. Сүлүктү ш-нын жанында, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде. Мында бири биринен көп алыс эмес жайгашкан 3 участка (Коросон, Бел-Алма, Орто-Туз) бар. Алар 1930-жылдан белгилүү. Кен аймагында юра мезгилинде пайда болгон көмүрлүү чөкмө тектер кеңири таралган. Кен жер астында табигый өрттөнгөн көмүр м-н байланышта болуп, конгломерат, гравелит, кумдук ж-а чопонун күйгөн катмарларынан турат. Глиеж катмарлары 200—300 *м*ге чейинки терендикте кезигет. Уз. 4—6 *км*, туурасы 6—50 *м*. Глиежди портланд-цементке ж-а бетонго аралаштыра турган кошунду катары пайдалануга болот. Запасы 26 млн *т*.

СҮЛҮКТҮ ЗАКАЗНИГИ Лейлек р-нунун аймагында. Мала кызыл жоогазын ж-а Корольков жоогазыны өскөн аймакты коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Аянты 30 *га*.

СҮЛҮКТҮ КВАРЦТУУ КУМ КЕНИ Лейлек р-нунда. Сүлүктү ш-нан 3 *км* түн.-чыгышта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. 1936-ж. табылып, 1941 ж-а 1947-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын мезозой м-н кайнозойдун чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу катмар бор мезгилинин аягында пайда болгон кварцтуу кумдан турат. Анын 2 катмары бар. Алар бири биринен 3,2 *м* калыңдыктагы чопо катмары м-н бөлүнүп турат. Үстүңкү катмардын куму майда бүртүкчөлүү, чополуу, калыңдыгы 12,5 *м*. Астыңкы катмардыкы майда ж-а орт. бүртүкчөлүү, таза, калыңдыгы 15—20,5 *м*. Кумдун өңү агыш, бозомтук агыш түстө. Химиялык, технологиялык касиети б-ча кум металлургия ж-а айнек ө. ж-на, о. эле жол курулушуна, бетонго ж-а курулуш ылайына жарамдуу. Запасы А+В категориясы б-ча 521 миң $м^3$, C_1—42 миң $м^3$. Ачык карьерден казып алынат.

СҮЛҮКТҮ КӨМҮР КЕНИ Лейлек р-нунда. Пролетарск т. ж. станциясынан (Тажик ССРи) 42 *км* түш. тарапта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. Кен жерг. элге мурдатан эле белгилүү. 1952—55-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагында триас-юра мезгилинде пайда болгон гравелит, кумдук, алевролит, көмүрлүү сланец ж-а көмүр катмарлары жайгашкан. Мында көмүрдүн пайдалуу 9 катмары бар. Алардын калыңдыгы 0,6—9,4 *м*, уз. 22 *км*. Көмүр күрөң, бир өңчөй аз күлдүү (12,7%). Жалпы запасы 241,7 млн *т* (1975). Кен 1968-жылдан казылат, азыр жылына 720 миңдей *т* көмүр алынат.

СҮЛҮКТҮ ШААРЫНЫН БИРИКТИРИЛГЕН ООРУКАНАСЫ (Сүлүктү ш., Деканов көчөсү). 1940-ж. ачылган. Калкка дарылоо-алдын алуу б-ча

жардам көрсөтөт. Стационары 310 орундуу.

СҮЛҮКТҮ ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Сүлүктү ш., Ломоносов көчөсү). 1948-ж. негизделген. 1979-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Окурмандарды тейлөө, китеп комплекттөө ж-а тескөө, бирдиктүү фондду пайдалануу уюштуруу, методикалык ж-а библиографиялык иштер бөлүмдөрү бар. 2 филиалын (Пушкин ж-а Жороев көчөлөрү), 50,1 миң нуска китеби ж-а 3,8 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Ломоносов көчөсү) бириктирет. Шаардагы профсоюздук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларынын китеп фондусунда кыргыз, орус, өзбек ж-а чет тилдерде 160,1 миң китеби бар, орто эсеп м-н 10,7 миң окурманды тейлейт (1985).

СҮЛҮКТҮ ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда 3 клубдук мекеме, а. и. маданият үйү (1982-ж. ачылган) ж-а 2 профсоюздук клуб иштейт. 1985-ж. аларда 32 концерт (4,6 миң киши кирген) берилип, 57 лекция ж-а доклад окулган.

СҮЛҮКТҮ ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда балдар (Ломоносов көчөсү) ж-а чоң кишилер (Пушкин көчөсү) үчүн поликлиникасы бар шаардык бириккен оорукана, балдар ж-а аялдар консультациялары (Пушкин көчөсү), 75 орундуу р-ндук учук оорулар диспансери (Гоголь көчөсү), шаардык ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 2 аптека, шаардык санитария-эпидемиология станциясы бар. Аларда 50 врач, 194 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 5 врач, 29 мед. орто билимдүү адис, учук оорулар диспансеринде 2 врач, 15 мед. орто билимдүү адис иштейт. Шаардын амбулатория-поликлиника мекемелери сменасына 250 киши кабыл алат, стационары 385 орундуу (а. и. 35 төрөлгөн балдар ж-а кош бойлуулар үчүн).

СҮЛҮКТҮ ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — негизинен шаарды өнүктүрүүгө ж-а реконструкциялоого багытталган шаар курулушунун негизги документи. Сүлүктү ш. Орто Азиядагы көмүр казып алынуучу эски борбор-лордун бири. Өнөр жай үчүн көмүр казып алуу 1868-ж. башталган. Ушул жылы тоо-кенчилердин посёлкасы — Сүлүктү негизделген. Гражд. согуш жылдарында басмачылар шахталар м-н посёлканы талкалап кетишкен. 20-жылдардын 2-жарымында шахталар калыбына келтирилип, посёлканы кайра куруу ж-а абаттандыруу иштери башталган. 1940-ж. Сүлүктү шаар статусун алган. Шаардын 1-негизги планын 1957-ж. Ташкендеги «Орто Азия мамлекеттик шахта долбоорлоо институту» түзгөн (арх. В. С. Энкер). Рельефинин татаалдыгына байланыштуу шаар аймагын өзүнчө участкаларга бөлүп пландаштырууга туура келген. Түз көчөлөр ж-а маалаларды анча чукул эмес эңкейиш жерлерге гана куруу сунуш кылынган. 1957-ж. долбоор б-ча жаңы шахталардын жанында турак жай комплексинин курулушу башталган. 1982-ж. «Кыргыз мамлекеттик курулуш долбоорлоо институтунун» долбоору (арх. Е. Н. Афонина, Л. К. Рыжкова, Г. Р. Чмонин, И. Д. Кадырбеков, инженери Г. А. Журба) б-ча 25 миң кишиге эсептелген 2-негизги план иштелип чыккан. Бул план б-ча Сүлүктү агломерациясын кеңейтүү каралган. Курулуш турак жай зонасынан ж-а коомдук борбордон турат. Агломерациянын ж-а шаардын борбору Восточный посёлкасы болуп калат. Бул жерде шаар калкынын көпчүлүгү ж-а коомдук имараттардын негизги бөлүгү жайгаштырылат. Бир, эки кабаттуу курулуштар м-н катар эле 4 кабаттуу имараттар да курулат. Админ., соода ж-а маданият комплексинен турган борборго чет-жакасындагы бак-даректуу зона м-н бириккен бак туташат. Негизги планда Сүлүктү ш-н кошумча жашылдандыруу ж-а толук абаттандыруу каралган. Негизги көчөсү — Совет көчөсү. Өзүнчө маданият-тиричилик ж-а соода мекемелери бар. Кирпичный посёлкасы м-н Сүлүктү ш-нын обочолонгон турак жай курулуштары агломерациянын борбору м-н Совет көчөсү аркылуу байланышат. Курулуштун архитектуралык композициясы турак жай ж-а коомдук имараттар, ээн аянттары ж-а башкы көчөлөр м-н айкалышып турат.

СҮЛҮКТҮ ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Сүлүктүнүн калкын 1960-ж. чейин турмуш-тиричилик жактан «Красная заря» артели (30-жылдары негизделген) тейлеген. 1960-ж. 4 цехти (кийим тигүү, бут кийим, кондитер, лимонад) ж-а чач тарачты бириктирген Сүлүктү турмуш-тиричилик комбинаты түзүлгөн. Комбинатка

(администрациясы: Совет көчөсү, 52) 23 ишкана, а. и. жекече буйрутма б-ча кийим тигүүчү ж-а кийим оңдоочу 5 ателье ж-а мастерской (ирилери: Сүлүктү ш., Ломоносов көчөсү; Восточный ш. т. п.), жекече буйрутма б-ча бут кийим ултаруучу ж-а оңдоочу 4 мастерской (ириси — Сүлүктү ш., Ломоносов көчөсү, 22), 8 чач тарач (ириси — Сүлүктү ш., Ломоносов көчөсү), 4 сүрөткө түшүү жайы (ирилери: Сүлүктү ш., Ломоносов көчөсү; Восточный ш. т. п.), 2 комплекстүү кабыл алуу пункту (Сүлүктү ш., Ломоносов көчөсү; колхоз базары), мончо ж-а кир жуучу жай (Сүлүктү ш., Гоголь көчөсү) карайт (1986).

СҮРМӨ-ТАШ — Фрунзе р-нундагы суу, Исфайрам-Сайдын сол курамы. Алай ж-а Коллектор кырка тоолорунун ашташкан жеринен башталат. Уз. 30 *км*, алабынын аянты 363 *км*^{2}, д. дең. орт. бийикт. 3400 *м*. Алабында жалпы аянты 44,7 *км*^{2} 75 мөңгү бар. Эң ири куймасы — Топон (оң). Жылдык орт. чыгымы 5,78 *м*^{3}/*сек*, эң көбү июнь — июлда, эң азы февраль— мартта байкалат. Негизинен кар ж-а булак суулары менен куралат. Сугатка пайдаланылат.

СҮРӨТ ӨНӨР МЕКТЕБИ (Ош ш., Кара-Суу көчөсү, 123). 1980-ж. ачылган. Мектеп жашындагы балдарга сүрөт өнөрү б-ча жалпы билим (иск-во тарыхы, композиция, графика, живопись б-ча) берет. Окуу мөөнөтү 4 жыл, даярдоо классы бар. 1985—86-окуу жылында 150 бала окуган; 5 окутуучу иштейт.

«СҮРӨТ-ТАШ» — аска бетиндеги сүрөттөр. Ош ш-нан 5 *км* түн.-батыш тарапта, Сүрөт-Таш тоосунун капталындагы Орто-Тоо акиташ тектүү массивде. Көбүнчө жалгыз турган жылкынын сүрөттөрү (30дай сүрөт) тартылган. Ташка чегилип тартылган курмандык чөйчөктөрүнүн сүрөттөрү да бар. Булар Ферганада адамдар жылкыны ыйык туткандыгына күбө болот. Академик М. Е. Массондун изилдөөсү б-ча «чиймеленген таштар» б. з. ч. 1-миң жылдыкка таандык ж-а Даван мамлекетинин аргымактарына арналган. Кийинки изилдөөлөрдө жылкынын, о. эле тарбайган мүйүздүү маралдын ж-а текелердин тартылган сүрөттөрү б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымына таандык экендиги такталды. Сүрөттөр көп тартылган жер адамдардын жылкыга ж-а башкы кудай — күнгө сыйынуучу жайдын милдетин аткарган.

СҮРӨТЧҮЛӨР СОЮЗУ, Кыргызстан С. с-нун Ош обл. бөлүмү (Ош ш., Хохлов көчөсү, 25). 1976-ж. уюшулган. Идеялуу, жог. көркөмдүүлүктөгү чыгармаларды жаратууга ж-а аларды пропагандалоого, сүрөтчүлөрдүн ж-а иск-во чеберлеринин кесиптик деңгээлин өркүндөтүүгө көмөктөшөт. Жылына 15ке чейин обл. бир орундагы ж-а көчмө көргөзмөлөрдү уюштурат. Ош сүрөтчүлөр мектебине, башка мекемелерге, ишканаларга ж-а чарбаларга шефтик жардамын көрсөтөт. Сүрөт тартуу секциясы иштейт. Жасалга-колдонмо иштерине көп көңүл бурат. 13 мүчөсү (Р. Е. Аманов, А. Б. Асранкулов, А. Б. Бейшенов, Л. В. Горбунов, Б. Д. Жалиев, А. Исланов, Т. К. Касымов, А. О. Момункулов, А. Б. Мурзакаримов, М. Ө. Өмүркулов, Д. В. Хеидзе, Р. С. Шафеев, А. И. Эпп) бар (1986). Башкармасынын председатели — Кыргыз ССРинин иск-вого эмгек сиңирген ишмери А. Б. Асранкулов (1976-жылдан).

СҮТ ИШТЕТҮҮЧҮ ӨНӨР ЖАЙ ИШКАНАЛАРЫ. Областта Ош сүт комбинаты ж-а Караван, Базар-Коргон, Шамалды-Сай май з-ддору (жылына 8 млндон ашык сомдук продукция чыгарышат) караган Жалал-Абад комбинаты иштейт.

СЫЙДАМ-АШУУ — Алайкуу тоосундагы ашуу. Сыйдам (Алайкуунун сол куймасы) суусунун башталышында, Совет р-нунун аймагында. Бийикт. 3865 *м*. Бели түзөң, эки капталы жантайыңкы. Девон м-н карбондун акиташ теги, доломит, мрамор тектеринен турат. Ашуу аркылуу мал ашырылат.

СЫҢАР-ЖАР МӨҢГҮСҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Кызыл-Суунун сол куймасы Сыңар-Жар суусунун башынан орун алган. Уз. 4,0 *км*, аянты 4,5 *км*^{2}, көлөмү 0,1 *км*^{3}. Башы д. дең. 5100 *м*, этеги 3660 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3900 *м*. Мөңгүдөн Сыңар-Жар суусу башталат.

СЫРТТАН ОКУУ ОРТО МЕКТЕБИ, Ош обл. жалпы билим берүүчү С. о. о. м. (Ош ш., Ленин көчөсү, 353). 1964-ж. негизделген. Өндүрүштөн ажыратпастан жалпы билим берет. Областтын райондору м-н шаарларындагы сырттан окуу мектептеринин окуу-методикалык борбору болуп эсептелет. Мектепте 5 окуу-консультация пункту

(Оштогу ири ишканаларда ж-а Кара Суу р-нундагы Фуркат атн. орто мектепте) иштейт. 1985—86-окуу жылында 605 адам окуган; 27 мугалим иштеген, алардын 8и Кыргыз ССР эл агартуунун отличниги. Методикалык кабинет, китепкана (фонду 9 миң китеп), окуу-консультация пункттарында түрдүү предметтер б-ча окуу-методикалык бурчтары бар.

СЮРПРИЗ ҮҢКҮРҮ Ноокат р-нунун аймагында. Жалгыз-Арча тоосунун батыш учунда, Данги каньонунда, Араван-Сай суусунун деңгээлинен 70 *м* бийиктикте жайгашкан. Таш-Көмүр мезгилинин акиташ тегинде пайда болгон. 1976-ж. А. Я. Жуканин тапкан. Үңкүрдүн жалпы уз. 500 *м*дей, бийикт. 5 *м*. Кальциттин кристаллдары өтө көп, суулардын жемиришинен пайда болгон.

Т

ТАБИЯТТЫ КОРГОО КООМУ, Кыргыз ССР табиятты коргоо коомунун Ош обл. бөлүмү (совети: Ош ш., Свердлов көчөсү, 198)— республикадагы табигый байлыктарды рационалдуу пайдалануу үчүн өкмөттүн иш-чараларына көмөктөшүүчү ыктыярдуу коомдук уюм. 1963-ж. түзүлгөн. 15 р-ндук ж-а 7 шаардык бөлүмдү бириктирет. Табиятты коргоо, табигый ресурстарды пайдалануу ж-а кайра калыбына келтирүү маселелери б-ча КПССтин, СССР Конституциясынын, Кыргыз ССР Конституциясынын программаларынын жоболорун, табиятты коргоо б-ча партия м-н өкмөттүн чечимдерин, табиятты коргоо б-ча Кыргыз ССРинин Законун пропагандалайт; шаар м-н кыш-тарды жашылдандыруу ж-а табиятты коргоо иш-чараларына калктын калың катмарын тартуу б-ча иштерди жетектейт. Коомдун обл. советинин жерди коргоо, абаны коргоо, сууну коргоо, жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, токойду ж-а бак-дарактарды коргоо, кен байлыктарын коргоо, өспүрүмдөр секциялары иштейт. 525 миң мүчөсү бар (1986). Коомдун Ош шаардык бөлүмү (совети: Свердлов көчөсү, 312) 1967-ж. түзүлгөн. 36 200 мүчөсү бар.

ТАЙГАРАЕВ Туку бай (1923, Сузак р-ну, Кедей Арык кыш.— 1944. Латыш ССРи, Рундене кыш.) — сержант, Сов. Союз. Баатыры (1945). 1942-ж. Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 2-Прибалтика фронтунда 3-сокку берүүчү армиянын 219-Йдрицк дивизиясынын 375-аткычтар полкунда отделение командири. 1944-ж. 19-июнда Рундене кыш-нын жанындагы салгылашта эрдик көрсөткөн. Жоокерлердин тобуна (11 киши) душмандын ооругуна өтүп, алардын шоссеге чегинүүчү жолун тосуп салуу ж-дө тапшырма берилген. Жоокерлердин тобу курман болушса да, берилген тапшырманы аткарышкан. Аты жок бул бийиктиктин урматына 11 жоокер бийиктиги аталган. Лудзе ш-ндагы паркта аларга эстелик тургузулган.



Т. Тайгараев

ТАЙГАРАЕВ АТЫНДАГЫ СОВХОЗ — Сузак р-нундагы чарба. 1965-ж. 5 чарбанын базасында түзүлгөн. Сүт саап алууга ж-а жашылча өстүрүүгө адистешкен. 7,3 миң *га* (а. и. 5,5 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,3 миң бодо мал, 420 жылкысы бар (1985).

ТАЙГАРАЕВ Т. БЮСТУ 1968-ж. Сузак р-нундагы Качкынчы кыш-нда, Сов. Союз. Баатыры Т. Тайгараев атн. с-здо р-ндун комсомолдору м-н жаштары чогулткан каражатка тургузулган. Бюст граниттен жасалган. Скульп. белгисиз (1985).

ТАКСИ. Ош ш-нда жүргүнчүлөрдү Ош таксомотор автобазасынын жеңил ж-а маршруттук Т-лери ташыйт. Ош ш-нын көчөлөрүндө күнүнө 130 жеңил Т., маршруттук 80 Т. (РАФ-2203 типиндеги чакан автобустар) иштейт; маршруттук Т-лер 18 маршрут (уз. 220,8 *км*) б-ча каттап турат (1984). Областтын таксомотордук паркын тейлеген Түштүк өндүрүш автотрестинин жүздөгөн машиналары бар.

ТАЛДЫК — Кара-Суу р-нунун аймагындагы суу. Ак-Төр тоосунун түн. капталынан башталып, Кара-Дарыяга жетпей (Лаңгер кыш. туштa) сугат тармактарына бөлүнүп кетет. Уз. 69 *км*, алабынын аянты 346 *км*². Негизинен кар, булак ж-а жамгыр суулары-нан куралат. Апрелде кирип, августта

тартылат. Кээде кышкысын соолуп калат. Көп жылдык орт. чыгымы 1,28 $м^3/сек$. Эң көбү 9,6 $м^3/сек$, азы 0,2 $м^3/сек$. Боюнда Мады, Баш-Булак, Лаңгер, Ак-Жар, Катта-Талдык ж. б. кыш. жайгашкан.

ТАЛДЫК АШУУСУ Алай кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндө. Бийикт. 3615 *м*. Алай ж-а Гүлчө өрөөндөрүн байланыштырат. 1930—32-ж. ашуу аркылуу Ош — Хорог авт. жолу салынган. Белинде девондун кумдук, чополуу сланец, акиташ теги чыгып жатат. Түн. бети тик (55—60°), жол 12 айланма (серпантин) аркылуу көтөрүлөт; альп ж-а субальп ландшафты мүнөздүү. Түштүгү жантайыңкы. Ашуунун белинде Ош — Хорог жол курулушун жетектеген инженер Ю. М. Грушкого эстелик тургузулган. Ашуу жыл бою ачык.

ТАЛДЫК БАЛБАЛЫ. Оштук край изилдөөчү В. Р. Зотов Кара-Суу р-нундагы Талдык суусунун өрөөнүнөн тапкан. Балбал табылган жерди 1978-ж. Ю. А. Заднепровский м-н Е. В. Дружинина изилдеген. Суунун сол өйүзүндө бир нече дөбө мүрзөлөрдүн жанынан үстүнкү бөлүгү гана калган балбал (77×26 *см*) табылган. Таштын бир бетине адамдын бет келбети чегилген. Бул Кыргындын түштүгүнөн табылган 6—8-к-дагы түрк урууларынын мезгилине таандык 2-балбал. *Ош бириктирилген тарыхмаданият музей-коругунда* сакталып турат.

ТАЛДЫ-СУУ — кыштак, Алай р-нундагы Сары-Могол айыл советинин борбору. Бул айыл советине Нура, Арча-Булак, Көк-Суу, Кургак, Көк-Булак кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 145 *км* түш.-батыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 220 *км*. Калкы 1153 (1986). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, оорукана, китепкана ж. б. бар.

«ТАМЕКИ», Кыргызстан зоналык «Тамеки» илимий-өндүрүш бирикмесинин тажрыйба-селекция станциясы (Өзгөн ш.-2). 1973-ж. Бүткүл союздук тамеки ж-а махорка ин-тунун Фрунзедеги тажрыйба-селекция станциясы (ОСС ВИТИМ) катары түзүлгөн. 1965-ж. Бүткүл союздук тамеки жана махорка ин-тунун Кыргындагы тажрыйба-селекция станциясы болуп өзгөрүп, Талас обл-нын Киров р-нуна көчүрүлгөн. 1974-жылдан азыркыдай аты м-н Өзгөн ш-нда. Ишинин нег. багыты: тамекинин түшүмдүүлүгү, сапаттуу мыкты сортторун чыгаруу; жерди иштетүү, тамекини жыйноо ж-а аны иштетүү технологиясын өркүндөтүү; эмгекти көп талап кылган процесстерди механикалаштыруу; тамеки зыянкечтери ж-а илдеттерине каршы күрөшүү үчүн чараларды колдонуу. Жерди 4—5 жыл бою алмаштырбай тамеки көчөтүн өстүрүү ыкмасын ж-а күн энергиясын натыйжалуу пайдалануунун негизинде түшүм жыйналгандан кийин энергияны аз сарптоочу технологияны иштеп чыгуу зор мааниге ээ. Станциянын 3 лабораториясы (селекция, агротехника, жыйналган тамекини иштетүү) бар (1985). 35 кызматкер, а. и. 3 илимдин кандидаты иштейт. Станциянын иши а. ч. илимдеринин доктору Н. И. Осадчийдин ысымы м-н байланышкан, ал 50-жылдары Кырг-ндагы тамеки өстүрүүнүн технологиясына негиз салган.

ТАМЕКИ ФЕРМЕНТТӨӨ ЗАВОДДОРУ. Областта Кыргыз ССР мамл. агрардык ө. ж. к-тине каштуу 3 тамеки ферменттөө з-ду иштейт (1986). 1973-ж. долбоордук кубаттуулугу 5000 *т* тамеки ферменттөөчү Жалал-Абад з-ду (Жалал-Абад ш., Промышленный көчөсү, 8) ишке киргизилген. Ачылгандан бери анын кубаттуулугу 2 эсе өскөн. Чыгарган продукциясы өлкөнүн 48 тамеки ф-касына жөнөтүлөт. Өндүрүштө 252 киши иштейт, алардын 75и коммунистик эмгектин эпкиндүүсү. Кызыл-Кыя з-ду (Кызыл-Кыя ш-нан 6 *км* обочо, 61-темир жол разъезди) тамеки кампаларынын базасында 1942-ж. түзүлгөн. 1963-ж. 6300 *т* тамекини камерада иштетүүчү өндүрүш корпусу, 1982-ж. кубаттуулугу 10 миң *т* келген цех курулган, 1984-ж. з-ддун кубаттуулугу дагы 10 миң *т*га өскөн. Жылына орто эсеп м-н 180 млн сомдук продукция чыгарат. Продукциянын сапатын комплекстүү башкаруу системасы иштейт. 360 киши иштейт, анын 136сы коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү. Бала бакча, китепкана, эс алуу зонасы бар. Таш-Көмүр з-ду (Таш-Көмүр ш., Юбилейный көчөсү) 1978-ж. курулган, жылына 7000 *т* тамеки ферменттейт. Жылына 10 миң тдан ашык продукция чыгарып, өлкөнүн 50дөн ашык шаарларына жөнөтөт (1986). 1981-ж. продукциянын сапатын комплекстүү башкаруу системасы киргизилген. 240-тан ашык киши иштейт.



А. Тарак



А. Тарыхчиев

ТАМЧЫ НЕФТЬ КЕНИ Лейлек р-нунда. Сүлүктү темир жол тармагындагы Карагачы темир жол станциясынан 11,5 *км* түн.-чыгышта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде, 1976—82-ж. геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагында негизинен палеоген ж-а неогендин боз, бозомук жашыл, ачык күрөң түстөрдөгү кумдук, алевролит, чопо, акиташ теги, мергель ж-а неогендин бозомук күрөң, коңур күрөң түстөгү гравелит, чополуу кумдук, алевролит, кумдуктуу чопо катмарлары кеңири таралган. Алар бүктөлүүгө дуушарланып, антиклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Антиклиналдын уз. 6 *км*, туурасы 1 *км*ге жакын. Нефть палеогендин кумдук ж-а чополуу алевролит текстеринде кезигет. Нефтилүү катмарлар 2330—2796 *м* тереңдикте жатат. Бургулоо көзөнөгүндөгү нефтинин суткалык чыгымы 0,2 $м^3$. Составындагы акциз чайыры 28—36%, селикогелий чайыры 10,3—15,6%, парафин 10,5—16,2%, кокс 4,5—4,8%.

ТАР — Совет р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Кара-Дарыянын сол куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш ж-а Алайкуу кырка тоосунун түн. капталдарынан башталган Алайкуу ж-а Кара-Бел сууларынын кошулушунан түзүлөт. Кара-Кулжа м-н кошулуп Кара-Дарыяны түзөт. Уз. 192 *км*. Алабынын аянты 4420 $км^2$. 40тан ашык куймасы бар. Ирилери: Кайыңды-Булак, Терек, Эшек-Арт, Чоң-Казык ж. б. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Апрелде кире баштап, октябрда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 45,7 $м^3/сек$, эң көбү июнь — июлда (214 $м^3/сек$), эң азы январь — февралда (8,9 $м^3/сек$) байкалат. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Алайкуу, Кызыл-Жар, Кара-Кулжа кыш. жайгашкан.

ТАРАК Абдулла Файзуллаев (1869, Наманган ш.,—1944, Ташкен ш.) — ырчы, обончу, Кыргыз ССР эл артисти (1940), Өзбек ССРинин эл ырчысы (1939). Ош өзбек музыкалык-драма театрынын алгачкы актёрлорунун бири. Орто Азия эл ырларын аткарган. Анын ырлары грампластинкага жазылып алынган. Кыргыз искусунун Москвада өткөн 1-он күндүгүнө (1939) катышкан. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы м-н сыйланган.

ТАР КАПЧЫГАЙЫ Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында түш.-чыгыштан түн.-батышка Тар суусу аккан багытта 35—40 *км*ге созулат (Ой-Тал ж-а Ылай-Талаа кыштагынын аралыгында). Капталдары тик, таманынын жазы жери 1,5—2,0 *км*, кууш жери 300—500 *м*. Таманынын д. дең. орт. бийикт. 2200 *м*. Капчыгай ортоңку палеозойдун акиташ теги, кумдук, сланец ж. б. тектерди суу жеп кетүүдөн пайда болгон. Төмөнкү бөлүгүнүн таманы төртүнчүлүк мезгилдин чөкмө тектерине толгон. Жог. бөлүгүндө ал тектер жокко эсе. Капчыгайдын капталдарында жарым чөл, кургак талаа ж-а талаа ландшафты жалама, тик аскалуу беттер м-н айкалышып жатат. Таманынын айрым жеринде сейрек бадал токою кездешет.

ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЭСТЕЛИКТЕРИН КОРГОО КООМУ, Ош обл. т. ж. м. э. к. к. (совети: Ош ш., Свердлов көчөсү, 221) — ыктыярдуу коомдук уюм. 1966-ж. түзүлгөн. Тарых ж-а маданият эстеликтерин коргоо, пайдалануу, табуу, каттоо ж-а реставрациялоо, аларды пропагандалоо б-ча мамл. органдарга көмөктөшөт. Коом 8 шаардык, 15 р-ндук, 1208 алгачкы уюмдан турат; алардын 125 миң мүчөсү, 600 коллективдүү мүчөсү (к-з ж-а с-здордо) ж-а 382 өспүрүмдөр секциясы бар (1986). Ош шаардык уюму 1966-ж. түзүлгөн. 21 950 мүчөсүн бириктирет (1986).

ТАРЫХЧИЕВ Ахун (1903-ж. т., азыркы Базар-Коргон р-ну, Кыргыз-Гава кыш.) — к-з өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1939-жылдан КПСС мүчөсү. 1930-ж. биринчилерден болуп к-зго өтүп, аны чыңдоого активдүү катышкан. Ошол эле жылы «Кыргыз-Гава» к-зунун председатели болуп шайланган. Анын жетекчилиги м-н чарбанын экономикасы бир кыйла чыңдалып, айыл

чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү көбөйгөн, малдын саны ж-а анын кунардуулугу арткан. 1948-ж. 50 бээден 50 кулун алынган. Ленин ордени, медалдар ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ТАСЫРАКАЙ ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш тармагы. Совет р-нунун аймагында. Кара-Кулжа, Тар ж-а Тасыракай сууларынын аралыгында батыштан чыгышка 40—42 *км*ге созулат. Туурасы 6—7 *км*. Орт. бийикт. 2800—3300 *м*, эң бийик жери 4383 *м*. Кыры аска-зоокалуу, капталдары кыска, аты аталган суулардын өрөөнүнөн тик түшөт; кокту-колоттуу. Девондун кумдук, сланец, карбондун кумдук, алевролит, сланец тектеринен турат. Талаа ж-а шалбаалуу талаа (2400—2500 *м* бийиктикке чейин), шалбаа-токойлуу бадал (2500—3100 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы, сейрек бетегелүү талаа (3100—3300 *м*), гляциалдык-нивалдык ландшафт алкатары бар. Жайыт.

ТАШ-БУЛАК — кыштак, Сузак р-нундагы Таш-Булак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Арал, Дмитриевка, Доскана, Гүлстан, Эшме кыш. да карайт. Райондун борбору Сузак кыш-нан 15 *км* түн.-чыгыш тарапта, Жалал-Абад темир жол станциясынан 4 *км*. Калкы 3622 (1987). Нег. чарбасы — тамеки, тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, медпункт, маданият үйү, клуб, китепкана ж. б. бар.

ТАШИРОВ Хайтахун (1902, азыркы Кара-Суу р-ну, Арча-Мазар кыш.— 1962, Кара-Суу р-ну, Кызыл-Шарк кыш.) — к-з өндүрүшүн уюштуруучулардын бири. Эки жолку Соц. Эмг. Баатыры (1951, 1957). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Колхоз уюштурууга активдүү катышкан ж-а «Кызыл-Шарк» а. ч. артелине биринчилерден болуп өткөн. 1939-ж. ушул к-здун председатели болуп шайланган. Анын жетекчилиги м-н 1948-ж. к-здогу 310 *га* жердин ар гектарынан 30 *ц*, 1949-ж. 31 *ц*, 1950-ж. 43,6 *ц* пахта жыйналган. Кийинки жылдары ошол эле ирилештирилген к-зду башкарган. 1956-ж. 1030 *га* аянттын ар гектарынан 34,2 *ц*, 1957-ж. 1100 *га* аянттын ар гектарынан 33 *ц*ден пахта алган. Ошол жылы мамлекетке жүн тапшыруу планы 134,3%ке, эт тапшыруу 120,8%ке аткарылган. Беш Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, медалдар м-н сыйланган. 1946—62-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. «Кызыл-Шарк» к-зунда ж-а Кызыл-Шарк кыш-ндагы орто мектепке анын ысмы берилген.



Х. Таширов

ТАШИРОВ Х. БЮСТУ 1958-ж. Кара-Суу р-нундагы Кызыл-Шарк кыш-нда (эки жолку Соц. Эмг. Баатыры Х. Таширов атн. к-здо) орнотулган. Колодон куюлган. Бюсттун көлөмү кишинин көлөмүнөн эки эсе чоңойтулган. Граниттен жасалган постаментинин бийикт. 3,7 *м*. Бюст орнотулган постаментте баатырдын сиңирген эмгегинин урматына бюст орнотуу ж-дө СССР Жог. Советинин Президиумунун Указынын тексти чегилген коло такта кадалган. Бюст мамл. коргоого алынган. Скульп. О. Д. Минькова, арх. А. М. Люблинский, Х. Таширов атн. к-здун сүрөт галереясында баатырдын мрамордон жасалган бюсту (скульп. Н. Н. Лодягин; 1957) сакталып турат.

ТАШ-КӨМҮР — обл-ка караштуу шаар (1943-жылдан). Нарын дарыясынын оң жээгинде, Фрунзе — Ош авт. жолунун боюнда жайгашкан. Темир жол станциясы. Ош ш-нан 166 *км* түн.-батыш тарапта. Т.-К-гө Кызыл-Жар, Шамалды-Сай ш. т. п-лары да карайт. Ушул аймактагы көмүр бассейнин өздөштүрүүдө (1890-ж. чейин) пайда болгон. Улуу Октябрь рев-ясы ж-а гражд. согуш мезгилинде көмүр казып алуу токтоп калган; 1930-ж. көмүр

«Чебурашка» бала бакчасы.



кени кайра ачылып, азыркы шаардын ордуна шахтёрлордун кичинекей посёлкасы курулган. Азыр шаар — республикадагы көмүр казып алуунун негиз. борлорунун бири. Т.-К. Кырг-нда казып алынган көмүрдүн 22%тен көбүн берет. Шаарда шахта башкармасы, тамеки ферменттөө, нан, сүт, з-ддору, кийим тигүү ф-касы, эт ж-а турмуш-тиричилик комбинаттары, бастакана иштейт. Эки кесиптик-техокуу жайы, 6 орто, бир башталгыч ж-а кечки мектеп, муз. мектеп, кинотеатр, маданият үйү, 2 клуб, 9 китепкана, пионер үйү, оорукана ж-а аптека бар.

ТАШ-КӨМҮР АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨР Таш-Көмүр ш-нан 2 *км* түш.-батыш тарапта (Кара-Суу капчыгайындагы кыя жолдо) жайгашкан. Геологдор тапкан. 1978-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Бозбу-Тоонун бетиндеги таштарга теке, жылкы, күндүн сүрөттөрү тартылган. Сүрөттөр тартылган бул таштар *Ош бириктирилген тарых-маданият музей-коругуна* тапшырылган.

ТАШ-КӨМҮР ГЛИЕЖ КЕНИ Жаңы-Жол р-нунда. Таш-Көмүр ш-нан 6,5 *км* түш. тарапта, Ат-Ойнок кырка тоосунун түш. этегинде, Нарын дарыясынын оң өйүзүндө жайгашкан. 1943-ж. табылган. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон алевролит, чопо, граволит, кумдук тоо тектери түзөт. Пайдалуу глиеж катмары көмүрдүн табигый өрттөнүүсүнөн бышкан кумдук ж-а аргиллиттен пайда болгон. Калың-дыгы 60—70 *м*, уз. 600 *м*ге чейин. Глиеж ачык күрөң, күрөң, кара күрөң, кызгылтым, кочкул кызыл түстө. Майда бүртүкчөлүү, жол-жол темгилдүү. Оңой кесилип, жакшы сайкалданат. Кооз көрүнөт. Физикалык-механикалык касиети б-ча майда кооз буюмдарды жасоого жарамдуу. Пуццолан портланд цементин даярдоодо минералдык кошунду катары пайдаланса болот. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 12572 миң *т*.

ТАШ-КӨМҮР (НАРЫН) КӨМҮР КЕНИ Жаңы-Жол районунда, Таш-Көмүр ш-нын аймагында жайгашкан. Алгачкы геологиялык маалымат 1886-ж. берилген. Кен аймагын карбон, бор, юра мезгилдеринин чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу көмүр катмары юра мезгилинде пайда болгон кумдук катмарларынын арасында жатат. Мында аралары аргиллит, көмүрлүү чопо кабаттары м-н бөлүнгөн көмүрдүн беш катмары бар. Алардын калыңдыгы 0,6—8,3 *м*. Гумустуу, узун жалын м-н күйүүчү көмүрдүн тобуна кирет. Күлдүүлүгү 11—15%. Күйгөндө 18,28 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 55,3 млн *т*, C_2—13,1 млн *т*. Кен 1890-жылдан казылат.

ТАШ-КӨМҮР ҮҢКҮРҮ — мезолит мезгилине таандык археологиялык эстелик (б. з. ч. 8—7-миң жылдык). Таш-Көмүр ш-нан 1,5 *км*, Кара-Суунун (Нарындын оң куймасы) чатынан 0,5 *км* жогору (сол жээгинде) жайгашкан. Ушул коңулда байыркы адамдар жашаган мезгилде суу үңкүрдүн жанынан агып, кээ бир кездерде үңкүрдүн оозуна чейин жетип, кире бериндеги коңулду толтуруп турган-дыгын геологиялык катмарлардан байкоого болот. Байыркы кол өнөрчүлөр майда шагыл таштардан кыргыч, кескич, шибеге ж-а аңчылыкка керектүү куралдарды жасашкан. Үңкүрдүн уз. 14,5 *км*, туурасы 6,5 *м*, оозунун бийиктг. 6 *м*. Үңкүрдү В. А. Ранов м-н Б. М. Юнусалиев жетекчилик кылган Кыргыз археология экспедициясынын палеолит отряды изилдеген.

ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК БАСМАКАНАСЫ (Таш-Көмүр ш., Киров көчөсү, 11). 1937-ж. негизделген. Кыргыз ССР басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. к-тинин Ош обл. башкармасына карайт. Бланк, этикетка, көп нускалуу «Эмгек Туусу» газетасын чыгарат. Жылына 104 миң нуска газета, 3430 оттиск-басма табак бланк чыгарат. 25 киши иштейт (1985).

ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН БИРИККЕН ООРУКАНАСЫ (Таш-Көмүр ш., Тынчтык көчөсү, 1). 1940-ж. негизделген. Шаардын калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 250 орундуу.

ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Таш-Көмүр ш., Тынчтык көчөсү, 13). 1949-ж. негизделген. 1977-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Методикалык, маалыматчыл-библиографиялык, китеп окурмандарды тейлөөчү ж. б. бөлүмдөрү бар. Китепканалар аралык абонемент иштейт. 62,3 миң китеби, 3,8 миң окурманы бар (1985). Филиалдары ж-а бөлүмдөрү катары шаардык 7 китепкананы (№ 1 филиалы, Совет көчөсү; № 2 филиалы, Шамалды-

Сай ш. т. п.; № 3 филиалы, Кызыл-Жар ш. т. п.; № 4 ж-а № 6 филиалдары, Таш-Көмүр ш., микрорайон), а. и. 24 миң китеби, 2,1 миң окурманы бар балдар бөлүмү (Таш-Көмүр ш., 1-Май көчөсү) ж-а балдар китепканасын (№ 5 филиалы, Шамалды-Сай ш. т. п.) бириктирет. Шаардын мектептериндеги ж-а 2 профсоюздук китепканага методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз, өзбек ж-а чет тилдерде 201 миң китеби бар. Орто эсеп м-н 12 миң окурманды тейлейт (1985).

ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда 3 клубдук мекеме (шаардык маданият үйү ж-а 2 профсоюздук клуб), о. эле Кызыл-Жар ш. т. п-нда маданият үйү иштейт (1986). Өздүк көркөм чыгармачылыгынын 28 ийрими (590 киши катышкан) уюшулган. 1985-ж. 92 концерт (50,1 миң киши көргөн) берилген, 250 лекция ж-а доклад окулган. Шаардык маданият үйү (Таш-Көмүр ш., Тынчтык көчөсү) 1943-ж. ачылган, залы 500 орундуу.

ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда бириккен оорукана (поликлиникасы м-н), Шамалды-Сай ш. т. п-ндагы 100 орундуу оорукана, 1125 орундуу обл. психоневрологиялык оорукана (Кызыл-Жар ш. т. п.), балдар консультациясы (Таш-Көмүр ш., Дзержинский көчөсү), стоматология кабинети, тери-венерология ж-а онкология кабинеттери, тез жардам пункту, ө. ж. ишканаларында 2 медпункт, 3 аптека, санитария-эпидемиология станциясы (Таш-Көмүр ш., Дзержинский көчөсү) иштейт. Шаардын амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 350 кишини кабыл алат; стационары 350 орундуу (а. и. 40 оруну ымыркай балдар ж-а кош бойлуулар үчүн). Шаарда 104 врач, 468 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 6 врач ж-а 35 мед. орто билимдүү адис, Шамалды-Сай ооруканасында 13 врач ж-а 52 мед. орто билимдүү адис, обл. психоневрологиялык ооруканада 36 врач ж-а 203 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — шаарды өнүктүрүүгө ж-а реконструкциялоого багытталган шаар курулушунун башкы документи. Таш-Көмүр ш. жумушчу посёлкасы катары көмүр казып алынуучу ө. ж. аймагында, Нарын дарыясы өткөн капчыгайда пайда болгон. Шаар аркылуу Фрунзе — Ош авт. жолу өтөт. 1943-ж. шаар статусун алган. 50-жылдарга чейин плансыз курулуп келген. Шаарды жер шартына жараша куруу принциби сакталган эмес. 1951-ж. «Өзбек мамлекеттик шахта долбоорлоо» институту шаардын 1-негизги планын түзгөн (арх. Б. С. Энкер, М. Ш. Сулла). Жаңы турак жай массивдерин куруу, бак-дарак зонасын кеңейтүү, үйлөрдү ж-а көчөлөрдү көрктөндүрүү, шаардын борборун реконструкциялоо, көп кабат үйлөрдү, бир катар ө. ж. ишканаларын куруу каралган. 1970-ж. «Кыргыз мамлекеттик курулуш долбоорлоо» институту 2-негизги планды иштеп чыккан (арх. Г. Г. Соосар, Н. В. Карпенко, инженерлери Т. З. Жантиева, Л. М. Макарова). Шаарды пландаштыруу 3 зонага (ш-дын түндүгүндө мурда курулган ө. ж.-кампалар зонасы, түштүгүндө долбоорлонуп жаткан ө. ж.-кампалар ж-а турак жай зоналары) бөлүнгөн. Ө. ж. зоналарынын ар биринде коомдук борборлору бар. Бул зоналар өз ара аллеялар ж-а шаар жолдору аркылуу байланышат. Коомдук жайлар башка бир көчөдө жайгашып, 7 комплекстен (шаардын түн. бөлүгүндөгү коомдук борбор, шаардын борбору, балдардын коомдук борбору, спорт комплекси, ооруканалар комплекси, базар, шаардын түш. бөлүгүндөгү коомдук борбор) турат. Жалпы шаардын борбору шаардын аймактык-архитектуралык композициясын байланыштыруучу чордону болуп калды. Анда маданият үйү жайгашкан аянтты айланта админ.-коомдук имараттар курулган. Турак жай зонасы чакан маалалардан туруп, алар түндүктөн түштүктү карай Нарын дарыясын бойлото жайгашкан, шаардын борбору м-н байланышат. Негизги планда транспорт жүрүүчү ар кандай деңгээлдеги көчөлөрдү куруу каралган. Шаардын Нарын дарыясын бойлото жайгашышы, темир жолдун шаарды аралап өтүшү ж-а бак-шактуу зонасын санитариялык жактан таза кармоо зарылдыгы, о. эле курулуштардын эскилиги калк жашоочу зонанын структурасын өзгөчө пландаштырууга — кичине микрорайондорду курууга себеп болгон. Негизги көчөлөрү: Токтогул, К. Маркс, Дзержинский, Октябрь, Тынчтык. Товардык темир жол станциясын долбоорлонуп жаткан шаардын түш-

түгүндөгү өнөр жай-кампалар зонасына көчүрүү, транзиттик автотранспорт үчүн шаар курулуштарынан четте, Нарын дарыясынын сол өйүзүндө куруу каралган.

ТАШ-КӨМҮР ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1960-ж. чейин шаар калкын турмуш-тиричилик жактан ө. ж. комбинатынын артелдери ж-а керканалары (жекече буйрутма б-ча кийим тигүү, улуттук бут кийим, отун м-н камсыз кылуу ж. б.) тейлеген. 1960-ж. турмуш-тиричилик үйү түзүлүп, анын базасында турмуш-тиричилик комбинаты уюшулган. Комбинаттын (администрациясы: Токтогул көчөсү, 10) 37 тейлөө точкасы, а. и. кийим тигүү ж-а бут кийим цехтери, чач тарач, фотография бар турмуш-тиричилик үйү (Токтогул көчөсү, 10), кийим тигүү мастерскойлору (Таш-Көмүр ш., 1-микрорайон; Шамалды-Сай ш. т. п.), чач тарач (Таш-Көмүр ш., к-з базары), бут кийим мастерскою (Шамалды-Сай ш. т. п.) бар турмуш-тиричилик комбинаты (Ломоносов көчөсү), 6 ателье (ириси: Таш-Көмүр ш., Токтогул көчөсү, 10), прокат пункту (к-з базары) ж. б. иштейт (1986).

ТАШЛАК КЕНИ — Сузак р-нундагы гипс чыккан жер. Ташлак кыш-нан 2—3 *км* түш.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад темир жол станциясынан 10 *км* түш.-чыгышта, Фергана тоо тизмегинин түш. этегинде жайгашкан. 1937-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын бор мезгилинин чөкмө тектери түзөт. Гипс ортосу чопо, акиташтуу кумдук ж-а акиташ теги м-н бөлүнгөн 2 катмардан турат. Астыңкысынын жалпы калыңдыгы 8—25 *м*, үстүңкүсүнүкү 2 *м*. Гипс тунук, ак, кээси кызгылтым түстө. Составында гипс 90,8%, ангидрит 6%ке чейин. Технологиялык касиети б-ча 1-сорттогу курулуш гипсин алууга болот. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 628 миң *т*.

ТАШ-РАБАТ ОЙДУҢУ Бели-Сыныктын ж-а Токтобоз кырка тоолорунун аралыгында жайгашкан. Уз. 26 *км*, туурасы 5 *км*ге чейин, аянты 20 $км^2$, д. дең. 900—1300 *м* бийиктикте жатат. Таманы неоген мезгилинин катмарларынан ж-а төртүнчүлүк доордун топурак аралаш шагылдарынан турат. Каксоо сайлар ж-а коолор м-н тилмеленген байыркы дарыялардын издери мүнөздүү. Терең коолор (тереңдиги 30—40 *м*) бара-бара тоо арасында капчыгайларга өтөт. Жайы ысык, кышы суугураак. Июлдун орт. темпарасы 28—30°С, январдыкы—2°...—4°С. Жылдык жаан-чачыны 150—200 *мм*. Мезгил-мезгили м-н гана аккан өзөндөрү бар.

ТАЯН — кыштак, Баткен р-нундагы Кыштут айыл советинин борбору. Бул айыл советине Газ, Согмент, Кыштут, Чарбак, Сай кыш. да карайт. Сох суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Баткен кыш-нан 50 *км* түш.-чыгыш тарапта, Исфара темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 63 *км*. Калкы 926 (1987). Нег. чарбасы — кой багуу, тамеки өстүрүү. Орто мектеп, ооруканa, клуб, китепкана ж. б. бар.

ТЕГЕНЕ КӨМҮР КЕНИ Жаңы-Жол р-нунда. Таш-Көмүр ш-нан 25 *км* түн. тарапта, Ат-Ойнок кырка тоосунун этегинде. 1886-ж. геологиялык маалымат берилген, 1927—30-ж. чалгындаган. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон чопо, кумдук, гравелит, алевролит катмарлары түзөт. Ошол тектердин арасында татаал түзүлүштөгү ж-а ар кандай калыңдыктагы көмүрдүн 16 катмары бар. Көмүр таш көмүр тибине кирет, аз күлдүү (22%), күйгөндө 21,16—24,22 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы 55,5 млн *т*.

ТЕГЕНЕ ЧОПО КЕНИ Жаңы-Жол р-нунда. Таш-Көмүр ш-нан 25 *км* түн. тарапта, Ат-Ойнок кырка тоосунун түш. этегинде. 1982—83-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң чөкмө тектер түзөт. Пайдалуу чопо катмары аллювий чөгүндүсүнөн пайда болгон. Уч участкадан турат (аралыктары 500 ж-а 1400 *м*). Калыңдыгы 20 *м*ге чейин, линза түрүндө жатат. Биринчисинин аянты 120×100; экинчисиники 440×160; үчүнчүсүнүкү 700×180 *м*. Чоподон «75» ж-а «100» маркасындагы кирпич даярдалат. Запасы $B+C_1$ категориясы б-ча 1154 миң $м^3$, C_2—55 миң $м^3$.

ТЕГЕРЕК ШАРКЫРАТМАСЫ — Базар-Коргон р-нунун аймагындагы табият эстелиги. Кара-Үңкүр суусунун жог. агымында полезойдун акиташ тегинде пайда болгон. Айланасын жапайы жаңгак-жемиш токою ээлейт. 1975-жылдан геологиялык заказник.

ТЕГИРМЕЧ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы кооз таш — агальматолит тоо теги жаткан жер. Кичи-Алай кырка тоосундагы Тегирмеч суусунун сол

өйүзүндө жайгашкан. 1966—67-ж. табылып, изилденген. Кен аймагында карбондун каралжын боз акиташ тоо тек кабаттары таралган. Аларды пермь мезгилинде пайда болгон боз, орт. бүртүкчөлүү гранит-диорит штоктору м-н дайкалар жирип чыккан. Акиташ теги м-н гранит-диоритин чегинде агальматолит пайда болгон; анын тулкуларынын уз. 200—230 *м*, калыңдыгы 25—30 *м*. Таза агальматолиттин түсү ачык сары, саргыч боз, бозомук күрөң, ачык жашыл, жашыл ж-а кочкул жашыл. Жашыл ж-а кочкул жашылы басымдуу, өтө кооз, кат-кат болуп турат. Оңой кесилет, жакшы сайкалданат. Боз агальматолит андан жумшак. Чыгуучу блоктордун өлчөмү 50×40×40 *смге* чейин. Таштан өтө кооз шуру, статуэтка ж. б. майда кооз буюмдарды жасоого болот.

ТЕКЕЛИК МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түш. тармагы Текелик тоосунун түш. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Кызыл-Суунун ири оң куймасы Көк-Суунун алабында жайгашкан. Уз. 5,6 *км*, аянты 4,9 $км^2$, көлөмү 0,4 $км^3$. Башы д. дең. 4680 *м*, этеги 3900 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Текелик суусу башталып, Көк-Суугa сол тараптан куят.

ТЕКСТИЛЬЩИКТЕР ШААРЧАСЫ — Ош ш-ндагы турак жай массиви; кебез кездеме бирикмесинин аймагында. Курулушу 1964-ж. комбинаттын биринчи кезегин куруу м-н бир мезгилде башталган. 61 турак үй (пайдалуу аянты 204,7 миң $м^2$), 1790 орундуу 8 жатакана, чакан үй-бүлөлүүлөр үчүн 954 бөлмөлүү 10 жатакана курулган. Шаарчада 2 мектеп, 9 бала бакча, 2 кинотеатр, 1 клуб, 2 поликлиника, 11 коомдук тамактануу жайы ж-а турмуш-тиричилик ишканалары бар. Аймагы 130 *гадай*, калкы 17 миңден ашык. Долбоордун башкы инженери — Ф. И. Сивашев, арх.— П. В. Баландин.

ТЕЛЕГРАФ БАЙЛАНЫШЫ. Алгачкы телеграф зымдары 19-к-дын 80-жылдарында Жаңы-Маргалаң м-н Оштун ортосуна тартылган. Бул телеграф байланышын куруугa 29,2 миң сом жумшалган, иш 1880-ж. майда башталып, ошол эле жылы бүткөрүлгөн. Ошол эле мезгилде телеграф станциясы ачылган. 1894-ж. Оштон Гүлчөгө, 1903-ж. Гүлчөдөн Эркеч-Там чек ара сепилине телеграф байланышы жеткирилген. 1903-ж. 16-октябрдан бул жерде телеграмма кабыл алына баштаган. Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында Наманган — Жалал-Абад темир жолунун курулушу (1904—16) м-н бирге Наманган — Жалал-Абад телеграф байланышынын долбоору түзүлгөн. Т. б-нын өнүгүшү Совет бийлигинин жылдарына туура келет. 20—30-жылдары Кара-Суу — Өзгөн (38 *км*), Гүлчө — Эркеч-Там (114 *км*) телеграф байланышы иштеген. Жалал-Абад — Анжиян — Гүлчө — Ош — Анжиян телеграф байланышы б-ча Морзе аппараты аркылуу телеграфтык берүүлөр ж-а телефондук сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп турган. 1929—30-ж. Ташкен м-н байланыш түзүлүп, анда Юздун тамга басуучу аппараты колдонулган. 1930—31-ж. Ош—Базар-Коргон байланышы түзүлгөн; Жалал-Абад, Өзгөн, Базар-Коргондо клопферлер орнотулган. 30-жылдары Кырг-ндын түштүгүндө телеграфтык 5 Морзе аппараты, 2 Бодо аппараты, 1 Юз аппараты, 7 клопфер иштеп, жылына 1731 телеграмма жөнөтүлүп-кабыл алынып турган; 1940-ж. обл. 1 телеграф, облтын борбору м-н телеграф аркылуу байланышуучу 14 р-ндук байланыш конторасы, телеграммаларды телефон аркылуу кабыл алып-жөнөтүүчү 11 байланыш бөлүмү, 11 байланыш бөлүмчөлөрү, тех. монтёрдук участкалар иштеген. 1944-ж. үн кабыл алып-жөнөтүүчү 4 радиостанция аркылуу Жалал-Абад — Фрунзе телеграф байланышы түзүлгөн. 1950—55-ж. обл-та 68 байланыш ишканасы иштеген, анын 21и (а. и. 15и айыл-кыш-да) телеграф операцияларын аткарган. Телеграф каналдарынын уз. 888,6 *км*, жылына орто эсеп м-н 182 миң телеграмма жөнөтүлүп-кабыл алынып турган. 6 Бодо аппараты, 29 Морзе аппараты, 5 СТ-35 аппараты иштеген. 1960-ж. чейин Бодо, Морзе, Юз аппараттары алынып таштылып, СТ-35 аппараты орнотулган. 1960-ж. Ош шаардык байланыш түйүнүнөн Ош телефон-телеграф станциясы бөлүнүп чыккан ж-а Ош — Фрунзе фототелеграф байланышы түзүлгөн. 1966-ж. СССРдин түз туташтыруучу автоматташтырылган телеграф тармагына обл. 28 байланыш ишканасы өткөрүлүп, телеграммаларды тескөө автоматташтырылган. Өзгөн, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Оштун телефон тармактарынын байланыш түйүндөрү м-н байланыш бөлүмдөрүнүн ортосунда факсимиль байланышы (фототелеграф байланышы)

колдонула баштаган. 1980-жылдан Ош телеграф-телефон станциясында кошмо автоматтык станция иштейт, анын киргизилиши обл. телеграф тармагын бир кыйла кеңейтти. Шаарлар м-н р-ндордун борборлорунда аз сыйымдуулуктагы станциялар орнотулган. Мамл. мекемелер ортосунда документ кабарларын берүү уюштурулган, обл-та 150 абоненттик установка, эсептөө борборуна жиберилүүчү берүүлөрдү тескөөчү 2 пункт иштейт. 1983-ж. Орто Азия коммутациялык байланыш борборуна автоматтык станция, 1984-ж. ага р-ндор м-н шаарлардын байланыш түйүндөрү, байланыш бөлүмдөрү туташтырылган. Областтын калктуу пункттары р-ндордун, шаарлардын байланыш түйүндөрү м-н бөлүмдөрү, почта бөлүмдөрү аркылуу Т. б-нын кызматынан пайдаланышат. Жылына орто эсеп м-н 3566 миң телеграмма жөнөтүп-кабыл алып турат.

ТЕЛЕФОН БАЙЛАНЫШЫ. Ош ш-нда Т. б. 1925-ж. пайда болгон. 9 абонентке эсептелген 2 талаа коммутатору орнотулуп, бир телефонистка иштеген. 1925-жылдын аягынан Кара-Суу м-н Өзгөнгө телефон коюла баштаган. Биринчи беш жылдыкта Ош — Эски-Ноокат телефон зымдарын тартуу, Жалал-Абад телефон тармактарын куруу каралган. 1940-ж. Ошто 21 номерге эсептелген 2 коммутатор ж-а 1 сүйлөшүү пункту болгон. 1941-жылдын башында обл-тын азыркы аймагындагы телефон тармагына 1000 телефон, а. и. Ош ш-нда 300 телефон туташтырылган. 20 сүйлөшүү пункту иштеген. Айыл-кыштактарда 130 телефонго эсептелген 7 телефон станциясы болгон. 1950-ж. Ош ш-нда Ташкен, Жалал-Абад, Анжиян, Кызыл-Кыя, Гүлчө м-н түз байланыштагы 3 коммутатор иштеген. 1960-ж. Ошто телефон-телеграф станциясы түзүлгөн, 1500 номерге эсептелген автоматтык-телефон станциясы ишке киргизилген, 18 коммутатор, 10 сүйлөшүү кабинасы иштеген. Абоненттердин шаарлар аралык телефон сүйлөшүүлөр телефонисткалар аркылуу ишке ашырылган. Чала автоматташтырылган шаарлар аралык телефон байланышы 4 каналда иштеген. 1967-ж. обл-та 10 миң телефон, а. и. 2 миң квартира телефону ж-а 102 таксофон болгон; Ош ш-нда телефон станциясы 2600 номерге чейин кеңейтилип, ага 2500 телефон, а. и. 717 квартира телефону ж-а 52 таксофон туташтырылган. 1973-ж. Ош ш-нда автоматтык телефон байланыш орнотулган. 1980-ж. автоматтык транзиттик түйүн түзүлүп, ага 7 багыт ж-а 33 канал б-ча телефон байланышы туташтырылган. Шаарлар аралык телефон каналдарынын саны көбөйүп, алардын алыстыгы узарган; 213 канал б-ча автоматтык байланыш иштеген. Шаарлар аралык 80 телефон-автомат болгон. 1984-ж. карата обл. телефон тармагында шаардык ж-а айылдык телефон станциялары 179га чейин көбөйүп, 60 миңден ашык номерге жеткен. Телефон тармагына 55 миң телефон, а. и. 26,5 миң квартира телефону, 733 таксофон-автомат туташтырылган. Үндүн жакшы угулушун камсыз кылуу ж-а өтө алыс аралыкка сигналдарды жиберүү үчүн жог. жыштыктагы жүздөгөн каналдарга телефон тармагынын башкаруу системасы орнотулган. Сүйлөшүүлөрдүн 63%и автоматтык телефон байланышы аркылуу ишке ашырылган. 335 сүйлөшүү пункту иштеген. Ош ш-нда 20,2 миң номерге эсептелген 9 телефон станциясы, 16,9 миң телефон аппараты, а. и. 10,3 миң квартира телефону ж-а 294 таксофон болгон. Айыл жерлериндеги телефон тармагын Ош, Жалал-Абад, Фрунзе эксплуатациялоо-техникалык байланыш түйүндөрү, Араван р-нундагы 11 телефон станциясын, 1635 телефон ж-а 20 таксофонду Араван байланыш түйүнү тейлейт.

ТЕЛЕФОН-ТЕЛЕГРАФ СТАНЦИЯСЫ, Ош Т.-т. с. (Ош ш., Свердлов көчөсү, 317). 1960-ж. Ош шаардык байланыш түйүнүнүн базасында түзүлгөн. Жаңы аппаратуралар м-н жабдылган. 1960-жылдан Ош — Фрунзе фототелеграф байланышы иштейт. 1966-ж. АПС-К станциясы, 1980-ж. мамл. мекемелер ортосунда документтик сүйлөшүүлөрдү уюштуруучу автоматтык станция ишке киргизилген. Областта 150дөн ашык абоненттик установка, эсептөө борборуна керектүү маалыматтарды жөнөтүп-кабыл алуучу 2 пункт иштейт. 1983-ж. автоматтык станция Орто Азия коммутациялык байланыш борборуна, 1984-ж. ага р-ндор м-н шаарлардын байланыш түйүндөрү ж-а ири байланыш бөлүмдөрү туташтырылган. Станцияда 336 киши, а. и. 130 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт, 4 киши ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган (1985).

ТЕЛЬМАН АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Ноокат р-нундагы чарба (башкармасы: Кыргыз-Ата кыш.). 1929-ж. уюшулган. 1951-ж. Сталин атн., «Көтөрмө», «Правда» к-здору бириктирилип, ирилештирилген. Сүт саап алууга ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген. 16,2 миң *га* (а. и. 9,2 миң *га* а. ч. жарактуу) жери, 1,4 миң бодо мал, 6,4 миң кой-эчкиси бар (1986).

ТЕМИР-БЕТОН ЖАСАЛМАЛАР ЗАВОДУ, № 4 Т.-б ж. з. (Ош ш., Юбилейный проспектиси, 19). Кыргыз ССР Курулуш мин-восунун «Курулуш индустрия» трестине карайт. 1963-ж. ишке киргизилген. «Ош курулуш» трестинин объектилерин ж-а шаардын башка ишканалары м-н уюмдарын ө. ж. ж-а турак жай курулуштарын темир-бетон жасалмаларынын негизги комплекттери ж-а бетон м-н камсыз кылат. Ар кандай ичи көңдөй тактаарды, дубал панель, үйдүн үстүн жабуу үчүн устундарды, пайдубалдарды ж. б. даярдайт. 58 миң $м^3$ге чейин темир-бетон жасмаларын чыгарат (1985). 350 киши иштейт.

ТЕМИР ЖОЛ ТАРМАКТАРЫ 1908—11-ж. Скобелев (Фергана) станциясынан Кызыл-Кыяга ж-а Драгомиров станциясынан Сүлүктүгө чейин кууш темир жол, 1916-ж. Кара-Суу — Жалал-Абад темир жолу курулган. 1928—35-ж. Горчаков — Кызыл-Кыя, Кара-Суу — Ош, Жалал-Абад — Көк-Жаңгак, Үч-Коргон — Таш-Көмүр темир жолдору ишке киргизилген. 1985-жылдан Пролетарск — Сүлүктү темир жолу иштейт. Областтын аймагындагы темир жолдун жалпы уз. 176 *км*.

ТЕМИР-КОРУК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ б. з. 1-к-на таандык. Жаңы-Ноокат кыш-нан батыш тарапта (Ош ш-нан 50 *км* түш.-батышта), Сасык-Бука сайынын сол өйүзүндө жайгашкан. Сүйрү формада. Жерди айдоодон өтө талкаланган. Чакан дөңсөөдөн ж-а обочолонгон бийик дөбөдөн турат. Е. В. Дружинина ачкан. 70-жылдары Ю. А. Заднепровский м-н Е. В. Дружинина изилдеген. Шаар чалдыбарынын маданий катмарларынан мархамат маданиятына таандык чоң карапа идиштер, жаргылчактар ж. б. табылган. Жерг. адам түш. бөлүгүнөн канаты жалбырак сымал ж-а көк айнек көзчөлөр м-н кооздолгон илмектери бар алтын куштун фигурасын таап алган. Ал б. з. ч. 1-к.—б. з. 1-к-на таандык. Шаар чалдыбарынын түн. бөлүгүндөгү Темир-Корук мүрзөлөрүн 70-жылдары Ю. А. Заднепровский казып изилдеген. 87 жапма көрдөн көп буюмдар табылган. Ар бир көрдө 4—5тен карапа идиштер болгон. Темир бычак, коло күзгү, сүрмө таш, Хань династиясынын жез тыйындары табылган. Көргө койдун ж-а куштун бүтүн этин кошо коюу салты кеңири таралган. Идиштер көбүнчө атайын казылган оюктарга коюлган. Аялдардын сөөгү жалгыздан коюлган көрлөр көп учурайт. Адамдардын сөөгү үч кабат коюлган көрлөр да кездешет. Бул мүрзөлөр б. з. ч. 2—1-к.—б. з. 1-к-на таандык.

ТЕННИС АЯНТЧАЛАРЫ. Областта 10 Т. а. бар, а. и. 8и Ошто, 1и Майлы-Сайда, 1и Фрунзе р-нунда. Алардын 8и спорт к-тине, экөө обл. элге билим берүү бөлүмүнө карайт. Теннис ж-а стол теннисин ойноого 739 дене тарбия коллективинен 16 миңден ашык киши катышат. 8 миңдей теннис ойноочулардын спорттук разряддары бар. Штаттык 8 машыктыруучу ж-а 1720 коомдук башталыштагы адистер иштейт.

ТЕНТЕК-САЙ — Базар-Коргон р-нундагы суу, Кара-Дарыянын оң куймасы, к. *Кара-Үңкүр*.

ТЕҢГИ — кыштак, Ала-Бука р-нундагы Көк-Серек айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ак-Тайлак, Кош-Болот, Сары-Көл, Бирлешкен, Төлөкө кыш. да карайт. Райондун борбору Ала-Бука кыш-нан 60 *км* түш.-батыш тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 77 *км*. Калкы 1519 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, китепкана, маданият үйү, бала бакча, амбулатория ж. б. бар.

ТЕҢИЗБАЙ АШУУСУ Алай кырка тоосунда. Дароот (Кызыл-Суунун оң куймасы) ж-а Кичи-Алай (Исфайрам-Сайдын оң куймасы) сууларынын башынан орун алган. Бийикт. 3627 *м*. Ашуунун аймагында пермдин башында пайда болгон сиенит, диорит, гранит-диорит интрузия тектери жатат. Мойногу түзөң, капталдары тик эмес, кышында аз убакытка бекип калат. Ашуу илгертен эле Алай м-н Ферганы байланыштырып турган. Мал чарбасында мааниси зор.

ТЕРЕК — Ала-Бука р-нунун аймагындагы суу, Касан-Сай суусунун оң куймасы. Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталынан башталат. Уз. 34 *км*, алабынын аянты 284 $км^2$. Неги-

зинен кар, жамгыр сууларынан кура-
лат. Апрелде кирип, августта тарты-
лат. Жылдык орт. чыгымы 1,54 $м^3$/сек.
Боюнда Терек-Сай ш. т. п. жайгашкан.

ТЕРЕК — Совет р-нунун аймагындагы суу, Тар дарыясынын оң курамы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталат. Уз. 50 *км*, алабынын аянты 378 $км^2$. Ири куймалары: Тоо-Жайлоо, Буура ж. б. Кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Жайында кирип, күзүндө тартылат. Жылдык чыгымы 4,5 $м^3$/*сек*.

ТЕРЕККАН КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы кооз таш — амфиболит тоо теги жаткан жер. Терек-Сай ш. т. п-нан 1 *км* түш.-чыгыш тарапта, Чаткал кырка тоосунун түш. этегинде жайгашкан. Кен протерозой заманында пайда болгон сланецтердин мрамор м-н чектешкен жерлеринде амфиболиттин катмары ж-а линзасы түрүндө жатат. Калыңдыгы 4—20 *м*. Амфиболит кочкул жашыл түстө, ири кристаллдуу. Андан 0,3×0,4×0,5 *м* өлчөмүндөгү блокторду алууга, майда кооз буюмдарды жасоого ж-а имараттын дубалдарын каптап кооздоого болот.

ТЕРЕК КЕНИ — Ала-Бука р-нундагы сурьма рудасы чыккан жер. Терек-Сай ш. т. п-нан түндүк тарапта, Чаткал кырка тоосунун түш. капталында жайгашкан. 1935-ж. табылган. Кен аймагын силур, девон ж-а карбон мезгилдеринде пайда болгон акиташ теги, мрамор, кристаллдуу сланец кумдук, конгломерат, алевролит тектери түзөт. Бул тектер татаал бүктөлүүгө дуушарланып, субмеридиан багытындагы брахиантиклиналды түзүп жатат. Аларды диорит-гранит, ультрабазит-габбро-диорит интрузиялары жиреп чыккан. Чөкмө тектер интрузиянын таасиринен роговиктерге ж-а жаскабат түрүндө брекчияланган роговик м-н акиташ тектеринин кошулган жеринде топтолгон. Руда тулкусунун уз. 40—150 *мге*, калыңдыгы 0,5—1,9 *мге* чейин. Негизги минералдары: антимонит, пирит, чанда сфалерит, буланжерит, жемсонит, арсенопирит ж. б.

ТЕРЕК-САЙ — Чаткал р-нундагы шаар тибиндеги посёлка (1952-жылдан), Терек-Сай суусунун боюнда, Чаткал тоосунун түш. капталында жайгашкан. Райондун борбору Каныш-Кыя кыш-нан 85 *км* түш. тарапта, Наманган темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 85 *км*. 1940-ж. негиз-делген. Т-С-да М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинатынын Терек-Сай кен башкармасы ж-а Чаткал геологиялык экспедициясы жайгашкан. Калкы 2500 (1986). Эки орто мектеп, бала бакча, оорукана, клуб ж. б. бар.

ТЕРЕК-ТОО Алай кырка тоосунун ж-а Көк-Суунун (чыгыш) чыгышында, Кыргыз ССРи м-н КЭРдин чек арасы аркылуу меридиан багытында созулуп жатат. Уз. 60 *км*, туурасы 13 *км*. Орт. бийик. 3800—4200 *м*, эң бийик жери 4767 *м* (Ытык чокусу). Тоонун кыры аска-зоокалуу; батыш капталы тик, жардуу; кокту-колот, капчыгайлар арбын. Силур, девон ж-а карбон мезгилинде пайда болгон акиташ теги, сланец, кумдук, базальттуу порфирит, туф, доломит, мрамор тектеринен турат. Субальп ж-а альп талаасы (2800 *м* бийиктикке чейин), доңуз сырттуу шалбаа ж-а шалбаалуу токой (арча м-н бадал-дар; 2800—3100 *м*), бийик тоо тундралуу талаа, глящиалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт.

ТЕРЕШКОВА В. В. АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕП-ИНТЕРНАТ (Ош ш., Школьный көчөсү, 1). 1964-ж. түзүлгөн. Областтын бардык р-ндорунун колхозчулары м-н жумушчуларынын балдары окуйт. Окуу кыргыз ж-а орус тилдеринде өтөт. Мектепти бүткөндөргө секретарь-машинистка (кыздар үчүн), жыгач уста ж-а слесарь (эркек балдар үчүн) адистиктери кошо берилет. 19 окуу кабинети, башталгыч класстарда эмгекке үйрөтүү кабинети, кесиптик багыт берүү кабинети, край таануу музейи, Ленин залы, космонавтика залы, китепканасы (12 миң нуска китеп) бар. Тематикалык 25 ийрим, мектен дискотекасы иштейт. 1985—86-окуу жылында 645 окуучу окуган; 65 мугалим ж-а тарбиячы (а. и. 6 Кыргыз ССР эл агартуунун отличниги) иштеген.

ТЕРС — Ала-Бука р-нунун аймагындагы суу, Чаткал суусунун сол куймасы. Чаткал кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Уз. 40 *км*, алабынын аянты 540 $км^2$. Терс суу системасына 90дон ашык суу ж-а өзөн кирет. Жылдык орт. чыгымы 8,8 $м^3$/*сек*. Негизинен кар, жамгыр сууларынан куралат. Апрелде кире баштап, июнь— июлда ташкындайт, сентябрда тартылат. Ири куймалары: Туура-Сай, Баястан-Сай, Шилбили-Сай, Чоң-Булак-Сай, Рабат-Сай, Күйүк-Сай, Ителги-Сары-Булак ж. б.


Г. Тешебаев


М. Тешебаев


Ф. Тешебаев


С. Тешеев

ТЕРС КАПЧЫГАЙЫ Чаткал ж-а Терс тоолорунун ортосунда түш.-батыштан түн.-чыгышка 42 *км*ге созулат. Таманынын туурасы Чаткал өрөөнүнө чыга бериште 2—3 *км*, кууш жери ортоңку бөлүгүндө 300—500 *м*. Жапыз жери 1500 *м*, бийик жери 3100 *м*. Капчыгай эрозиялык ж-а денудациялык процесстерден пайда болуп, көп бөлүгү кууш каньон түрүндө. Ал аркылуу Терс (Чаткалдын сол куймасы) суусу агат. Жарым чөл ж-а талаа, бадал-токойлуу шалбаа ж-а шалбалуу талаа ландшафты басымдуу.

ТЕШЕБАЕВ Гапар (1928-ж. т., Ноокат р-ну, Өрнөк кыш.)— тамеки өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1971), СССР социалисттик айыл чарбасынын устаты (1967). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. 1946—59-ж. «Өрнөк» к-зунда колхозчу, 1962-жылдан У. Салиева атн. к-здо тамеки өстүрүүчү бригаданын бригадири болуп иштеген. 1971-ж. анын бригадасы 46 *га* аянттын ар гектарынан 27—29 *иден* тамеки жалбырагын жыйнап алган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ТЕШЕБАЕВ Мамасалы (1923, Өзгөн р-ну, Тогуз-Булак кыш.—1984, Кара-Суу р-ну, «Отуз-Адыр» с-зу)— Сов. Союз. Баатыры (1944). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-жылдан Кызыл Армиянын катарында. Ромадош 218-аткычтар дивизиясынын 667-аткычтар полкунун катарында Воронеж, Украин, Белорус фронторунда салгылашкан. 45 миллиметрлүү замбиректин наводчиги катары Днепр дарыясы үчүн салгылашта эрдик көрсөткөн. 1943-ж. 25-сентябрда өзүнүн замбиреги м-н дарыядан биринчилерден болуп өтүп, душмандын автомашинасын ж-а 25 жоокерин жок кылган. 1944—46-ж. Чкалов ш-ндагы аскер окуу жайында окуган. Львов аскер округунда взвод-дун командири. Кийин бригадир, жумушчулар к-тинин председатели, посёлка Советинин председатели, гидротехник болуп иштеген.

ТЕШЕБАЕВ Файзулла (1925-ж. т., Сузак р-ну, Бостон кыш.)— колхоз өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1945-жылдан КПСС мүчөсү. 1941—47-ж. Сузак р-нундагы «Кызыл-Байрак» айыл чарба артелинде колхозчу, жардамчы бухгалтер, башкы бухгалтер, 1947—49-ж. пахта өстүрүүчү звенонун башчысы. 1947-ж. анын звеносу 3 *га* аянттын ар гектарынан 91 *иден* пахта жыйнап алган. 1954—56-ж. Сузак р-нундагы Дмитров атн., 1959—62-ж. К. Маркс атн. к-здордун башкармасы, 1965—67-ж. «Кыргызстандын 20 жылдыгы» с-зунда, 1967—69-ж. Араван р-нундагы «Пахтачы» с-зунда агроном болуп иштеген. 1951—63-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

ТЕШЕЕВ Сайдулла (1925-ж. т., Фрунзе р-ну, Охна кыш.) — металлург, Соц. Эмг. Баатыры (1960). 1961-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. 1949-жылдан Кадамжай металлургия з-дунда эритүүчү болуп иштеп, өндүрүштө жог. ийгиликтерге жетишкен. 1966—74-ж. СССР Жог. Советинин, 1963—67-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин Ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

ТИЛБЕ МӨҢГҮСҮ— Алай кырка тоосунун түн. капталындагы талаа-өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 6,2 *км*, аянты 5,8 $км^2$. Сох суусунун оң курамы Кожо-Ашкан суусунун алабында жайгашкан. Башы д. ден. 4720 *м*, этеги 3400 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүдөн Тилбе



А. Тойгонбаев

суусу башталып, Кожо-Ашканга сол тараптан куят.

ТИМУРЛАР — 1370—1507-ж. Мавераннахр, Хорезм, Хорасан ж. б. аймактарды башкарган династия. Династияны орто азиялык мамл. ишмер, кол башчы, эмир Тимур негиздеген (1370-жылдан). Ал мамлекетти өзүнүн уулдары м-н неберелине бөлүп берген. Тимур өлгөндөн кийин анын мурасчыларынын ортосунда бийлик үчүн узакка созулган уруштар болуп турган. 15-к-дын башында Тимурдун уулу Шахрух (1377—1447) башкарган (борбору Герат) ж-а Шахрухтун уулу Улукбек (1394—1449) башкарган (борбору — Самаркан) 2 мамлекет түзүлгөн. Улукбек атасы өлгөндөн кийин бүт өлкөнү башкарган мезгил (1469—1506) Гераттын дүркүрөп өсүшү м-н мүнөздөлөт. Султан-Хусейиндин уулдары башкарган мезгилде Т. ээлигин, а. и. Бабур башкарган Ферганаңы өзбектер каратып алышкан.

ТОГУЗ-БУЛАК — кыштак, Алай р-нундагы Корул айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кең-Жылга, Биринчи Май кыш. да карайт. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 16 *км* түн. тарапта, Ош темир жол станциясынан 93 *км*. 1936-ж. негизделген. Калкы 1141 (1986). Мал чарбачылык өнүккөн. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, китепкана бар.

ТОГУЗ-БУЛАК — кыштак, Лейлек р-нундагы Тогуз-Булак айыл советине караштуу кыштак. Бул айыл советине Кыргызстандын 50 жылдыгы, Кара-Булак, Маданият, Чапаев, Ай-Көл кыш. да карайт. Ош — Исфана авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Исфана кыш-нан 20 *км* чыгыш тарапта, Пролетарск темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 62 *км*. Калкы 953 (1986). Мал чарбачылык, тамеки өстүрүү өнүккөн. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, 2 китепкана бар.

ТОЙГОНБАЕВ Абдувап (1931-ж. т., Ноокат р-ну, Кыргыз-Ата кыш.) — тамеки өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1974). 1972-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун Ноокат р-нундагы Э. Тельман атн. к-здо иштөөдөн баштаган, 1962-жылдан эсепчи, 1967-жылдан тамеки өстүрүүчү бригаданын бригадири. Анын бригадасы тамеки өстүрүүдө жыл сайын жог. көрсөткүчтөргө жетишкен. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

ТОКБАЙ-ТАЛАА — кыштак, Совет р-нундагы Чалма айыл советинин борбору. Бул айыл советине Буйга кыш. да карайт. Тар суусунун сол өйүзүндө, Мырза-Аке — Алайкуу авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 23 *км* түш., чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 115 *км*. Калкы 3300 (1987). Нег. чарбасы — тамеки, тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, ооруканa, аптека, клуб, китепкана, турмуш-тиричилик үйү ж. б. бар.

ТОКОЙ КОРГОО СТАНЦИЯСЫ — токойду илдеттен ж-а зыянкечтерден коргоо станциясы (Жалал-Абад ш., Новосёлов көчөсү, 2). 1980-ж. түзүлгөн. Токой өсүмдүктөрүнүн илдеттери м-н зыянкечтерине каршы күрөшүүдө колдонулуп жүргөн ыкмаларды өнүктүрөт, жаңы ыкмаларды иштеп чыгат. Токой байлыктарын коргоо, алардын түрлөрүн жакшыртуу ж. б. үчүн токой чарбаларына көмөктөшөт. Биология лабораториясы бар. 52 кызматчы иштейт (1986). Түштүк Кырг-н жаңгак-жемиш токой башкармасына карайт.

ТОКОЙ ЧАРБАЛАРЫ токойду сарамжалдуу ж-а жабыркатпастан пайдалануу, токой өсүмдүктөрүнүн түрлөрүн жакшыртуу, алардын түшүмдүүлүгүн арттыруу, жаңы көчөттөрдү отургузуу уюштурат. Жыгач даярдоочуларга уруксат берип, аны так пайдалануу көзөмөлгө алат, жыгач белендейт, токойду коргоого алат. Областтын аймагында Түш. Кырг-н жаңгак-жемиш токой башкармасынын Ала-Бука р-нунда Ала-Бука, Базар-Коргон р-нунда Ачы, Киров, Кызыл-Үңкүр, Жаңы-Жол р-нунда Аркыт, Афлатун, Жаңы-Жол, Ленин р-нунда Ленин, Сузак р-нунда Кара-Алма, Орток, Өзгөн Т. ч., мындан тышкары Кыргыз ССР мамл. токой чарба к-тине караштуу Лейлек, Уч-Коргон, Ош Т. ч. бар. Базар-Коргон р-нунун аймагында Гава тажрыйба көрсөтмө токой чарбасы жайгашкан. Т. ч-на мөмө-жемиш токой тажрыйба станциясы (Жалал-Абад ш.) чоң көмөк көрсөтөт.

ТОКСОН-КЕМПИР ТООЛОРУ — Ферганa тоо тизмегинин бир тармагы. Түндүгүнөн Жазы, түштүгүнөн Кара-Кулжа — Мырза-Аке өрөөндөрү м-н чектешип, кеңдик багытта 60 *км*дей созулуп жатат. Орт. бийикт. 3000 *м*, эң бийик жери 4500 *м*. Палеозойдун акиташ теги, сланец, мезозойдун кумчополуу конгломерат тектеринен турат. Т.-К. т-на рельефтин альп тибинен адырларга чейин түрлөрү мүнөздүү. Кыры тайпак, капталдары жазы, асимметриялык түзүлүштө. Тектоникалык структурасына жараша батыштан чыгышты карай төмөнкү (Ничке тоосу), ортоңку (Токсон-Кемпир тоосу) ж-а жогорку (Сур-Таш) зоналарга бөлүнөт. Негизинен талаа (2500—4000 *м*), токой (2500—3200 *м*), шалбаа (3000—4000 *м*) ландшафты басымдуу. Чабынды, жайыт катары пайдаланылат.



С. А. Токтогонов



Токтогул Сатылганов

ТОКТОГОНОВ Султан Аманкулович (1913-ж. т., азыркы Калинин р-ну, Сары-Булак кыш.) — тарыхчы ж-а географ, тарых илиминин доктору, профессор. 1939-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз мамл. педагогика ин-тун бүтүргөн. 1950-ж. КПСС БКнын Жог. парт. мектебинде окуган. Кыргызстан ЛКЖСтин Гүлчө, Балыкчы р-ндук к-ттеринде бөлүм башчы, Кыргызстан Компартиясынын борб. к-тинин агитация ж-а пропаганда бөлүм башчысынын орун басары, Кыргыз ССР эл агартуу министри. 1956—59-ж. респнын жог. окуу жайларында (Фрунзеде, Пржевальскиде) иштеген. 1959-жылдан Ош мамл. педагогика институнда доцент. КПСС тарыхы кафедрасынын башчысы. Негизги эмгектери кыргыз элинин социалисттик маданиятынын калыптанышы ж-а өнүгүшү үчүн Кыргызстан Компартиясынын күрөшүнө арналган. Эки орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Кыргыз география коомунун обл. бөлүмүн жетектейт ж-а Ош обл-нын айрым аймактарынын тарыхы-маданияты б-ча изилдөөлөрдү жүргүзөт.

ТОКТОГУЛ Сатылганов (1864, Кетмен-Төбө өрөөнү, Сасык-Жийде кыш. — 1933, ошол эле жерде) — кыргыз совет эл акыны, ойчул, композитор, комузчу. Кыргыз совет адабиятынын баштоочуларынын бири. Кедейдин үй-бүлөсүнөн. Бала кезинен ыр-күүгө шыктуу болуп, 13 жашынан ырлары айыл арасына тарай баштаган. Революцияга чейинки ырларында («Жокчулуктун айынан», «Жүргөнүм Кабак жер болду») эмгекчи элди эзүүчүлөрдүн бетин ачып, теңсиздикке жек көрүү сезимин билдирген. Токтогулдун чыгармаларынын идеялык мазмуну социалдык-коомдук мамилелерди ар тараптан кенен камтып, эл достугун, ынтымакты ж-а адамгерчиликти идеялаштырууга багытталган. Ал эл тарабында туруп, алардын таламын талашкан, эзүүчүлөр эмгекчилердин душманы экендигин баса көрсөтүп, алардын кылмышын ашкерелеп ырдаган. Манаптардын жалган жалаасы м-н 1898-ж. Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деп өлүм жазасына өкүм чыгарылып, Сибирге 7 жылдык сүргүн м-н алмаштырылган. 1903-ж. сүргүндөн кайтып келген. «Эңсеген элим аманбы?», «Апакем аман барсыңбы?» деген ырларында манаптардын кастыгы, азап чегип айдоодо жүргөнү, акыйкатсыздык ж-дө ырдайт. Акын Улуу Октябрь рев-ясынын жеңишин өтө кубануу м-н тосуп алып, кыргыздардын жаңы турмушу жөнүндө ырдаган. «Кеңеш өкмөт», «Замана» ж. б. чыгармаларында Совет бийлигинин салтанатын эргүү м-н сүрөттөгөн. Анын «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» деген ыры кыргыз совет поэзиясында — Ленин тууралуу төл башы чыгарма. «Туулган жерим», «Элди карачы», «Балбандык, байлык пахтада», «Колхоз жөнүндө» деген ырларында эл турмушундагы жаңылыктарды суктануу м-н сүрөттөйт. Т. айтыш жанрынын устаты болгон. «Манас» эпосун, «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Ак Мөөр» дастандарын да эң чебер аткарган. 30-жылдардын орто ченинде Т-дун ырлары эл арасынан жыйнала баштап, 1938-ж. биринчи китеби жарык көргөн. Т. — 60тан ашуун күүнүн автору. Кырг-

ндагы көп мектептерге, филармонияга, өзү туулган районго, совхозго, ГЭСке, шаар-кыштактардагы көчөлөргө, Якутиядан табылган алмазга Т-дун ысымы берилген. 1965-ж. адабият, искусство ж-а архитектура жаатындагы чыгармалар үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы белгиленген. Фрунзе ш -нда Т-га эстелик (1976, скульп. Г. Айтиев, арх. А. Исаев), сөөгү коюлган жерге бейит белги (1956—57, Н. И. Ладягин) тургузулган.

ТОКТОГУЛДУН ЭСТЕЛИГИ. 1968-ж. Ош ш-нда Токтогул Сатылганов атн. маданий ж-а эс алуу багынын кире беришинде тургузулган. Токтогул комузун колуна алып, ойлуу олтурат. Жалпы бийикт. 5 *м*. Скульп. Т. Садыков. Бетондон жасалган.

ТОҢ-МУРУН АШУУСУ Алай ж-а Чоң-Алай кырка тоолорун туташтырган белбаскак жер. Бийикт. 3536 *м*. Метаморфизмделген сланец, акиташ теги, гипс тектеринен тургандыктан аймагынан карстык чуңкурчалар кезигет. Т.-М.а. эзелтен эл катташкан кербен жол болгон. Андан б. *Улуу Жибек жолунун* бир тармагы өткөн. Сов. мезгилде ашуу аркылуу авт. жолу салынган.

ТООКЕ-АРЫК — байыркы канал. 1970—72-ж. археолог О. Береналиев тапкан ж-а изилдеген. Талдык суусунан башталып, анын оң өйүзү б-ча Ак-Жар кыш-на, андан түн.-батышты карай бурулуп, Шалтак дөбөсү аркылуу өтүп барып жоголот. Жалпы уз. 9 *км*, жазылыгы 4—5 *м*. Ак-Жар кышнан 300 *м* чыгыш тарапта каналдын бир бутагынын изи калган. Анын жээктеринин жалдары (жалпы уз. 400 *м*) жакшы сакталган.

«ТОО-КЕН ЖУМУШЧУЛАР» ПРОФСОЮЗУ — Кырг-ндын түштүгүндөгү алгачкы профессиялык уюмдардын бири. Көмүр, чым көң ж-а тоо-кен ө. ж. жумушчуларын бириктирген. Алардын экон. ж-а укуктук абалын жакшыртууга, маданий ж-а саясий деңгээлин көтөрүүгө көмөктөшкөн. 1917-ж. июлда «Санто» нефть промысселинин жумушчулары жалпы чогулушта уюштуруу комиссиясын шайлоо учурунда «Т.-к. ж.» п-н түзүүгө 1-жолу аракет кылышкан. 15-августта Скобелевде (азыркы Фергана) уюмдун уставын иштеп чыккан өкүлдөрдүн съезди өткөн. Съездге 23 киши, анын ичинен Сүлүктүлүк тоо-кен жумушчулары — Д. Т. Деканов, А. Кадыров, Ф. Залляутдинов, С. А. Кирасиров ж. б. (төртөө И. И. Едренкин башында турган кызыл-кыялык шахтёрлор) катышкан. 1917-ж. 1—2-сентябрда профсоюздун 2-съезди болуп, анда уюмдун уставы бекитилген, 5 кишиден турган башкармасы (председатели кызыл-кыялык шахтёр Афиногенов) шайланган. 1917-жылдын аягында бул профсоюзга 1,8 миңдей адамды бириктирген. Кыргызстандын түштүгүндө Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөштө большевиктерге тирек болгон. Профсоюздун мүчөлөрү басмачыларга каршы күрөшкө, чарбаны калыбына келтирүүгө катышкан.

ТОП-ЖАҢГАК — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Топ-Жаңгак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Карасуу, Жүзүм-Жан, Кызыл-Көл, Чалдыбар, Көгарт, Сай-Булуң, Түрдүк, Чоткыш. да карайт. Райондун борбору Караван кыш-нан 42 *км* түн.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 45 *км*. Калкы 633 (1986). Нег. чарбасы — мал багуу, тамеки өстүрүү. Оорукана, аптека, китепкана ж. б. бар.

ТОСОЙ — кыштак, Өзгөн р-нундагы Зергер айыл советинин борбору. Бул айыл советине Аюу, Кайрат, Жаңы-Айыл, Зергер, Кутурган, Ничке-Сай, Токтогул кыш. да карайт. Райондун борбору Өзгөн шаарынан 21 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 63 *км*. Калкы 482 (1987). Негизги чарбасы — кой багуу.

ТӨБӨ-КОРГОН — кыштак, Араван р-нундагы Төбө-Коргон айыл советинин борбору. Бул айыл советине Интернационал, Жаңы-Абад, Уйгур-Абад, Жаңы-Жол, Арап, Чертик, Көсөө, Лаңгер, Кайрагач-Арык, Какыр-Пилтан, Кичи-Алай кыш. да карайт. Райондун борбору Араван кыш-нан 16 *км* түн.-батыш тарапта, Ленинск темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 18 *км*. 20-к-дын башында негизделген. Калкы 4154 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Үч мектеп, бала бакча, оорукана, поликлиника, амбулатория, маданият үйү, китепкана, учук оорулуулар санаторийи ж. б. бар.

ТӨЛӨЙКӨН КЕНИ — Кара-Суу р-нундагы чопо жаткан жер. Ош ш-нан 8 *км* түш.-батышта, Алай адырларынын түн. этегинде. 1959-ж. табылган. Кен аймагын антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң чөкмө тектер түзөт. Пайдалуу чопо катмарынын калыңдыгы 30 *м*, уз. 1400 *м*. Чопо

лёсс сымал, өңү саргыч боз, саргыч күрөң түстө. Катмардын үстү борпоң, улам тереңдеген сайын нык. Чопо химиялык ж-а технологиялык касиети б-ча «100», «75» ж-а «50» маркасындагы кирпич даярдоого жарамдуу. Запасы В категориясы б-ча 552 миң $м^3$, C_1 — 2664 миң $м^3$.

ТӨМӨНКҮ-НАРЫН КАПЧЫГАЙЫ Нарын дарыясын бойлой Кетмен-Төбө өрөөнүнөн Таш-Көмүр ш-на чейин созулуп жатат. Уз. 80 *км*дей. Капчыгай девон-карбондун ж-а юранын акиташ, кумдук, конгломерат, чопо ж-а метаморфизмделген сланец тектеринен турган. Кочкор-Дөбө, Исфан-Жайлоо, Чокет, Чак (сол жээк) ж-а Ат-Ойнок, Суук, Жалгыз-Кыр (Оң жээк) тоолорун кесип өтөт. Дарыя жээгинин айрым бөлүгүндө б. антропоген тектирлеринин калдыктары бар. Капчыгайдын орт. бийикт. д. дең. 670 *м*. Сол жээгиндеги тоолордун орт. бийикт. 2060 *м*, оң жээгиндегисиники 1970 *м* (суунун нугунан 1300—1400 *м* бийик жайгашкан). Капчыгайдын кууш келген бөлүгү Токтогул ГЭСинин тосмосунан чыгышты көздөй 20 *км*ге созулат. Тосмодон батышты көздөй капчыгай 600—800 *м*ге кеңеет. Капчыгайдын капталдары тик ж-а аскалуу келип, майда терең өрөөндөр м-н тилмеленген; сел жүрүп турат. Түш. капталы шагылдуу келип, каксоо, жарым чөл ландшафты басымдуу. Түн. капталында бадал, арча кездешет. Нуктун оң ж-а сол жээктери м-н Фрунзе — Ош жолу өтөт. Капчыгайдын төм. бөлүгүндө Күрпсай, Шамалды-Сай ж. б. ГЭСтер курулган.

ТӨӨ-МОЮН ТАЛААСЫ Жылгын-Сай суусунун (Абшыр-Сай суусунун уландысы) төм. агымы, Анжиян адырлары ж-а Чатыр тоосунун аралыгында жайгашкан. Рельефи түз, Фергана өрөөнүн карай эңкейиш. Антропоген мезгилинин аллювий-пролювий тектеринен (чопо, кумдук) түзүлгөн. Д. дең. бийикт. 600—1600 *м*. Аянты 100 $км^2$. Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 26,8°С), кышы анча суук эмес (январдын орт. темп-расы —2,6°С). Жылдык жаан-чачыны 200—300 *мм*. Т.-М. т. аркылуу Керки-Дөң, Түш. Фергана ж-а Төө-Моюн каналдары өтөт.

ТӨРӨТ ҮИЛӨРҮ — кош бойлуу аялдарга, жаңы төрөлгөн ымыркай балдарга дарылоо-алдын алуу б-ча мед. жардам көрсөтүүчү мекемелер. Областтын Ош (обл. ж-а шаардык), Жалал-Абад, Сүлүктү, Кызыл-Кыя ш-нда Т. ү. бар. Райондун борборлору, шаардык ж-а участкалык ооруканаларда төрөт ж-а гинекология бөлүмдөрү ж-а орундары, о. эле колхоздук Т. ү. (к. обл. райондук, шаардык мед.-санитариялык мекемелери, о. эле р-ндук борб. ж-а шаардык ооруканалар ж-дө макалаларды) иштейт. Областтын Т. ү-ндөгү орундардын саны 2303кө жетет. Областтык төрөт үйү (Ош ш., Красный флот көчөсү, 22) 1968-ж. негизделген. Стационары 250 орундуу, а. и. төрөт бөлүмү 200 орундуу, гинекология бөлүмү 50 орундуу. 1986-ж. 8 миң аял ооруканага жаткырылып, 2,6 миң операция, 113 миң лабораториялык анализ, 6,2 миң физиотерапиялык процедура жасалган. Областтык Т. ү-ндө 53 врач, 127 мед. орто билимдүү адис иштейт. Ош шаардык төрөт үйү (Ош ш., Свердлов көчөсү, 306) 1956-ж. негизделген. Стационары 150 орундуу; аялдар консультациясы сменасына 500 аял кабыл алат.

«ТӨРТКҮЛ» — Баткен р-ндагы с-з (борб. чарбагы: Чоңгара кыш.). 1974-ж. М. В. Фрунзе атн. с-здун 2 бөлүмүнүн базасында түзүлгөн. 447 миң *га* (а. и. 9,6 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 0,4 миң бодо мал, 8,7 миң кою бар (1984). Жүзүм өстүрүүгө адистештирилген. 1985-ж. жүзүм аянтынын ар гектарынан 281 *ц*ден түшүм жыйналган. Кирешеси 2,7 млн сом. 523 киши иштейт.

ТӨРТКҮЛ (БАТКЕН) СУУ САКТАГЫЧЫ Баткен р-нунда. Баткен кышынан 12 *км* аралыкта жайгашкан. Исфара суусунан суу алат. Көп жылдык суу агымын жөнгө салып турат. Сугатка пайдаланылат. 1972-ж. курулуп бүткөн. Суу сактагычтын уз. 5 *км*, эң жазы жери 2,1 *км*, эң терең жери 26,8 *м*, суу толгондогу аянты 6,57 $км^2$, көлөмү 90 млн $м^3$. Плотинасынын уз. 1094 *м*, туурасы 4 *м*, бийикт. 34 *м*. Баткен р-нунун ж-а Өзбекстандын 11,5 миң *га* жерин суу м-н камсыз кылат. Сууну жерге сиңип кетүүдөн сактоо максатында дүйнөдө алгачкы жолу суу сактагычтын таманына полиэтилен плёнкасы төшөлгөн. Суу сактагычты кургандыгы үчүн 1982-ж. долбоордун авторлорунун ж-а куруучулардын бир тобу Кыргыз ССР мамл. сыйлыгынын лауреаты болушкан.

ТРОЛЛЕЙБУС. 1976-ж. Ош ш-ндагы кебез кездеме комбинаты м-н обл. ГАИни байланыштырган Т. маршруту



Ю. Тургунов



С. Турдуев

(уз. 5,5 *км*) ачылган. 1985-ж. кебез кездеме комбинатынан «Түштүк-Чыгыш» микрорайонунун аралыгына (20 *км*) Т. жүрө баштаган. Орто эсеп м-н шаардагы жүргүнчүлөрдүн 8%ин тейлейт. 26 машинасы бар; 75 киши иштейт.

ТУРАК ЖАЙ ФОНДУ. Областтын азыркы аймагындагы турак жай курулуштары мурда 1—2 бөлмөлүү чакан үйлөрдөн гана турган. Турак үйлөр ар түрдүү салынган мештер м-н жылытылган, бөлмөлөрдү жарык кылуу үчүн малдын майы, суюк май м-н күйүүчү чырактар ж-а май биликтер колдонулган. Кедейлердин үйү топурактан же бышырылбаган кыштан, оокаттуулардын үйлөрү жыгачтан же бышырылган кыштан салынган. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин падышалык чиновниктердин ж-а феодалдык төбөлдөрдүн үйлөрүнүн бир топ бөлүгү жерг. Советтердин турак жай фондусуна өткөн. Биринчи беш жылдыктарда турак жай курулушу ургаалдуу башталган. Шаарларда негизинен бир кабат, чанда 2 кабат, ал эми айыл-кыштактарда бир кабат үйлөр курулган. 1940-ж. шаарлардын Т. ж. ф-сунун турак жай аянты 1617 миң $м^2$ди, а. и. коомдук турак аянты 668 $м^2$ди, менчик үйлөр 949 миң $м^2$ди түзгөн. Шаардык Т. ж. ф. суу куурлары м-н 1,3%ке, канализация м-н 0,5%ке, электр жарыгы м-н 56,4%ке камсыз кылынган. 1949-ж. Ош шаарынын негизги планы иштелип чыгып, анда көп кабаттуу үйлөрдү куруу, шаарды Ак-Буура суусунан куурлар аркылуу алынган суу м-н камсыз кылуу, бардык квартираларды электр жарыгы м-н жарыктандыруу каралган. 1970-ж. чейин шаарларда 41 838 квартирага, шаар тибиндеги посёлкаларда 11 551 квартирага, айыл-кыштактарда 39 586 квартирага газ коюлган. Шаардык Т. ж. ф-нун 43%и суу куурлары, 15%и канализация, 51%и жылуулук м-н камсыз кылынган. Турак жайлар 100%ке электрлештирилген. 1970-ж. мамл. кооперация ишканалары ж-а уюмдар, колхоздор, колхоз аралык ишканалар ж-а элдин күчү м-н 8,5 миң квартира курулган. 70-жылдары обл-тын шаарларында 2—4 кабат үйлөрдөн турган микрорайондор курула баштаган. 1983-ж. Ош ш-нда алгачкы 7 кабат турак үй курулган. 1985-ж. 40 миңден ашык адам турак жай шартын жакшырткан. Т. ж. ф-нун сапаты ж-а аны абаттандыруу деңгээли барган сайын артууда. Жерг. советтердин Т. ж. ф-нун абалын ж-а аны күтүүнү көзөмөлдөө, о. эле ремонттоо иштерин обл-тын бардык шаарлары м-н р-ндорундагы коммуналык ишканалардын комбинаттарынын тиешелүү бөлүмдөрү, Ош ш-нда турак жай эксплуатациялоо конторасы аткарат.

ТУРГУНОВ Юлдашбай (1901, азыркы Кара-Суу р-ну, Дыйкан-Кыштак кыш. —1978, Кара-Суу р-ну, Кызыл-Шарк кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Колхоз уюштыруучу. активдүү катышуучу. 1936—65-ж. «Кызыл-Шарк» (кийин Х. Таширов атн.) к-зунда пахта өстүрүүчү бригадасы даны жетектеген. Анын бригадасы 1947-ж. 6 *га* аянттын ар гектарынан 89,2 *цден* пахта жыйнап алган. Эки Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

ТУРДИЕВ Султаназар (1924-ж. т., Өзгөн р-ну, Кош-Булак кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1949). 1951-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-жылдан «Эркин-Тоо» к-зунда иштей баштаган, 1944-жылдан эгин өстүрүү звеносуна башчы. 1948-ж. анын звеносу 20,5 *га* аянттын гектарынан 29,2 *цден* эгин бастырган. 1960—74-ж. «Яссы» с-зунда жумушчу, кийин баш чабан болуп иштеген. 1974-жылдан «Кыргызстандын 50 жылдыгы» атн. с-здун баш чабаны. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

ТУРИЗМ ЖАНА ЭКСКУРСИЯ. Т. ж. э. б-ча Ош обл. советинин (Ош ш., Нагорный көчөсү, 65) карамагында «Ош», «Сары-Челек», «Арстанбап» турбазалары иштейт. Күнүнө профсоюздардын жолдомосу б-ча келген 1 миңдей, сезондо 20 миңдей кишини кабыл алат. Ош ж-а Жалал-Абад

саякат ж-а экскурсия бюросунун авиа маршруттары б-ча 4 миңдей, автобус маршруттары б-ча 58 миңдей киши саякатка чыгат; 262 миңдей киши экскурсияга катышат. Жылына 2,6 млн сомдук тейлөө иштери аткарылат.

ТУЮК КӨМҮР КЕНИ Өзгөн р-нунда. Өзгөн ш-нан 55 *км* чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы Туюк ж-а Корумду сууларынын алабында жайгашкан. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон кумдук, чопо, гравелит ж-а аргиллиттерден турган чөкмө тектер түзөт. Көмүр кабаттары аргиллит, алевролит ж-а кумдуктардын арасында жатат. Көмүрдүн 5 катмары бар, анын бирөө гана ө. ж-лык маниге ээ. Катмардын калыңдыгы 1—2,4 *м*. Кендин жалпы аянты 75 $км^2$, уз. 13—14 *км*. Көмүр жог. сапаттуу, күлү аз (7%), күйгөндө 32,1—34,2 *МДж/кг* жылуулук берет. Кокс алууга жарамдуу. Запасы 350,1 млн *т* (1975).

ТУЮК-СУУ МӨҢГҮЛӨРҮ — Чоң-Алай кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан өрөөн тибиндеги 2 мөңгү. Туюк-Суунун төрүндө. Оң тараптагы мөңгүнүн уз. 4,5 *км*, аянты 3,9 $км^2$, көлөмү 0,2 $м^3$. Башы д. дең. 5300 *м*, этеги 4200 *м* бийиктикте жатат. Солдогу мөңгүнүн уз. 4,5 *км*, аянты 3,4 $км^2$, көлөмү 0,1 $км^3$; башы д. дең. 5300 *м*, этеги 3800 *м* бийикте жатат. Мөңгүлөрдөн Кызыл-Суунун сол куймасы Туюк-Суу суусу башталат.

ТҮНДҮК КАРАКЧЫ-КУМ НЕФТЬ-ГАЗ КЕНИ — Лейлек р-нундагы күйүүчү табигый газ ж-а нефть чыккан жер. Арка кыш-нан 10 *км* чыгыш тарапта, Бели-Сынык кырка тоосунун түн. этегинде. 1977-ж. табылган. Кен аймагында бор ж-а палеоген-неоген мезгилдеринин чөкмө тектери кеңири таралган. Алар тектоникалык бүктөлүүлөргө дуушарланып, антиклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Газ м-н нефть антиклиналдык түзүлүштүн оң ж-а сол канаттарындагы бор м-н палеогендин кумдук, чопо, алевролит тектеринде топтолгон. Газ 3711—3727 *м* тереңдикте жаткан бор мезгилинин ж-а 3641—3650 *м* тереңдиктеги палеогендин кумдук катмарынан табылган. Нефть палеогендин 3882—3888 *м* тереңдиктеги катмарынан чыгат. Газдын суткалык чыгымы 49—160 миң $м^3$, нефтиники 110 $м^3$. Газдын составы: 81,06—93,88% метан, 0,7—30,9% этан, 0,59—0,68% пропан ж-а жог. сапаттагы газдар; нефтиде көмүр кычкыл газы 0,13—0,95%, азот ж-а сейрек кездешүүчү газдар 1,04—8,34%.

ТҮНДҮК РИШТАН НЕФТЬ-ГАЗ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы нефть ж-а күйүүчү табигый газ чыккан жер. Куйбышев кыш-нан 12 *км* түш. тарапта, Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жайгашкан. 1941-жылдан белгилүү. Кен мезозой ж-а кайнозой мамандарында пайда болгон чөкмө тоо тектеринен турган антиклиналдык түзүлүштөн орун алган. Бор мезгилинин чопо кабатчаларынын арасында жайгашкан кумдук ж-а акиташ тектеринде газ, ал эми кумдук кабаттарында нефть топтолгон. Пайдалуу кабаттардын калыңдыгы 5 *мге* чейин, уз. 2,5 *км;* 340—550 *м* тереңдикте жатат. Газдын суткалык чыгымы 250—750 миң $м^3$, нефтиники 0,5—28 *т*. Юра мезгилинин 1300—1370 *м* тереңдиктеги кумдук кабатынан да чыккан. Газдын составы: метан 73—77,8%, этан 2,3—7,7%, пропан 0,8—1,37%, бутан 0,3—0,56%, петан ж-а жог. сапаттагы газ 0,3%. Нефтинин составы: күкүрт 0,1%, парафин 3,12—4,78%, чайыр 4—6%.

«ТҮРКЖИБЕК» АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН ОШТОГУ БӨЛҮМҮ. Граждд. согуш мезгилинде калктын өнүкпөй токтоп калган жибек токуу салтын калыбына келтирүү үчүн 1921-ж. түзүлгөн. Жибек куртун өстүрүү, тыт даректарынын көчөттөрүн өстүрүүчү питомниктерди ачуу, пилла даярдоо иштерин аткарган. Коомдун бөлүмүнүн жардамы м-н жибек куртун өстүрүүчү завод курулган. 1925-ж. 489,4 *т* пилла түрүп алынган. Ош кантонундагы 19 болуштун 8и жибекчиликке адистештирилген. Бул болуштар 1927-ж. жибек куртун чыгарууну 8 миң кутуга чейин көбөйткөн. 1928-ж. коомдун бөлүмүнүн жардамы м-н пилла түрүү ф-касы курулган. 1930-ж. «Т.» а. к. О. б. «Кыргыз жибек трести» болуп өзгөргөн.

ТҮРКСТАН КЫРКА ТООСУ Ысар-Алай тоо системасына кирет. Фергана ж-а Заравшан өрөөндөрүнүн аралыгында Матча тоо тоомунан (чыгышта) Самаркан оазисине чейин (батышта) кеңдик багытта 300 *км*ге созулуп жатат. Туурасы батышында 10—15 *км*, чыгышында 30 *км*ге чейин. Түн. ж-а түн.-батыш этеги Ач талаа ж-а Фергана өрөөнүнүн батыш бөлүгү м-н чектешет. Кыры батыштан чыгышка карай

бийиктейт. Эң бийик жери — Аскалуу чокусу (5621 *м*); башка бийик чокулары: Кишемиш-Башы (5290 *м*), Гранит (5278 *м*), Ак-Суу (5355 *м*), Сабах (5300 *м*), Парах (4743 *м*), Пирамида (5509 *м*) ж. б. Тоо асимметриялуу түзүлүштө: түш. бети тик (уз. 10—15 *км*), түндүгү жантайыңкы (уз. 60—80 *км*). Түн. капталы тоо кырына жарыш жаткан бир нече кырка тоо тилкелеринен турат. Ирилери: Дауда, Адыгене-Тоо, Алтын-Бешик, Ак-Таш, Көкчө-Тоо, Жамангул, Майдан-Тоо, Кара-Тоо, Белидепрессиялар (өрөөндөр, чуңкурчактар) м-н бөлүнгөн. Геологиялык түзүлүшү татаал. Негизинен силур, девон, карбон, бор, юра мезгилдеринде пайда болгон кумдук, чопо, сланец, акиташ, конгломерат ж-а алевролит тектеринен турат. Т. к. т-нун аймагында пермь мезгилинде жиреп чыккан гранит тектери да таралган. Тоо аралык ойдундар м-н өрөөндөрдө антропоген мезгилинин чөкмөлөрү жайгашкан. Тоо тармактары тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Гранитүү пегматит тарамдарында калайдын, мусковиттин ж. б-дын ө. ж-лык маанидеги кендери бар. Юра мезгилинде пайда болгон тектерден таш көмүр кени табылган. Т. к. т-ндагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 750 $км^2$. Көбү орто ж-а чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Ирилери: түш. капталында — Заравшан (уз. 28 *км*), Фарахнау (16 *км*), Толстой (11,6 *км*), Рама (16 *км*), Россинч (14 *км*); түн. капталында — Ак-Суу (11 *км*), Щуровский (8 *км*), Кишемиш (7 *км*), Райгородский (7 *км*) ж. б. Ири суулары: Исфара, Кожо-Бакырган, Лейлек, Кара-Суу, Ак-Суу. Кар чеги 3700—4000 *м* бийиктикте жатат. Түн. капталдарына шыбак-эфемердүү, баялыштуу жарым чөл (1500 *м* бийикке чейин), буудайыктуу талаа (1400—1800 *м*), бийик чөптүү талаа, шалбаалуу субальп, талаа, шалбаалуу альп (3500—4000 *м*), андан жогору гляциалдык-нивалдык алкактар таралган.

«ТҮШТҮК ЖОЛ ТРАНСПОРТ КУРУЛУШ» ТРЕСТИ (администрациясы: Ош ш., Подгорный көчөсү, 27). 1968-ж. түзүлгөн. Турак жай ж-а ө. ж. имараттарын, көпүрөлөрдү, жолдорду курат ж-а оңдойт. Трестке Ош асфальт-бетон з-ду, Ош курулуш-монтаждоо башкармасы (Ош ш., Подгорный көчөсү, 29), Жалал-Абад курулуш-монтаждоо башкармасы (Жалал-Абад ш., Пушкин көчөсү, 136), Кызыл-Кыя жол курулуш башкармасы (Кызыл-Кыя ш.), Караван жол курулуш башкармасы (Жаңы-Жол р-ну, Караван кыш.), Алай жол курулуш башкармасы (Алай р-ну, Гүлчө кыш.), Лейлек жол курулуш башкармасы (Лейлек р-ну, Исфана кыш.), Өзгөн жол курулуш башкармасы (Өзгөн р-ну, Мырза-Аке кыш.), адистештирилген курулуш монтаждоо башкармасы (Ош ш.), тоо-өткөөл иштер курулуш башкармасы (Ош ш.) карайт. Треспин турак жай коммуналык конторасы ж-а 2 бала бакчасы (Ош ш.; Лейлек р-ну, Исфана кыш.) бар. 2454 киши, а. и. 200 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт. 26 716 мин сомдук подряддык иштер аткарылган (1985).

ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАН ГЕОЛОГИЯЛЫК ЭКСПЕДИЦИЯСЫ (Ош ш., Геологдор шаарчасы). «Кыргызгеология» өндүрүш бирикмесине карайт. 1957-ж. «Орто Азия түстүү металл чалгындоо» трестинин геологиялык чалгындоо партиясынын Хайдаркен тобунун ж-а Кыргыз ССР Геология башкармасынын изилдөө-чалгындоо партияларынын базасында түзүлгөн. Түстүү металлургия ж-а көмүр казып алуу ишканаларын минералдык сырьё м-н камсыз кылып туруу үчүн түстүү ж-а сейрек кездешүүчү металл кендерин геологиялык чалгындоо ж-а Ош обл-ныи аймагынын геологиясын картага түшүрүү иштерин жүргүзөт. 1976-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Экспедициянын туруктуу 5 геологиялык чалгындоо партиясы, издөө ж-а геологиялык картага түшүрүү партиялары, химиялык лаборатория-сы, кендерди каттоо бюросу, турак жай коммуналык башкармасы, жумушчу кадрларды даярдоо мектеби, курулуш-монтаждоо башкармасы, жылкы базасы, эт багытына адистештирилген көмөкчү чарбасы бар. Экспедициянын өндүрүштүк-тех. жактан камсыздоо ж-а комплекттөө иштеринин автобазасы, машина-трактор станциясы ж-а ремонттоо-механикалык мастерскойлору бар адистештирилген бөлүм аткарат. Ош ш., Хайдаркен ш. т. п., Жийделик, Найман кыш-нда базалары, 3 бала бакчасы, пионер лагери бар. 2000 киши иштейт (1986). 340 киши өкмөттүк сыйлыктар м-н сыйланган. Бул экспедицияда Соц. Эмг. Баатыры Т. Атабаев, Кыргыз ССР Мамл. сыйлыгынын

лауреаттары Ж. Боркоев, А. Жусупов, А. Мирзахмедов, Ы. Мадымаров, К. Мүсүралиев, С. И. Поветкин эмгектенет.

ТҮШТҮК ӨНДҮРҮШ АВТОТРЕСТИ (администрациясы: Ош ш., Ленин көчөсү, 287). Кыргыз ССР авт. ж-а шоссе жолдор мин-восуна карайт. 1938-ж. Кыргыз ССР автомобиль транспорт ж-а шоссе жолдор эл комиссариатынын Түш. автотрести катары түзүлгөн. Треспин 50 жүк ташуучу автомобили, 3 автобусу болгон. 1955-ж. Кыргыз ССР авт. ж-а шоссе жолдор минвосунун областтар аралык Түштүк автотрести болуп өзгөрүп, 13 авт. чарбасын бириктирген. 1957—59-ж. Ош обл. ж-а Жалал-Абад обл. автотрестери иштеген. 1959-жылдан азыркыдай аталат. 24 автобазаны, 2 авт. ремонттоочу з-дду, ремонттоо-курулуш башкармасын бириктирет. Бир нече миң машинасы бар; анын 60%ин жүк ташуучу, 24%ин жүргүнчү ташуучу, 16%ин жеңил автомашиналар түзөт. 1985-ж. 150,3 млн жүргүнчү, 30,5 млн *т* жүк ташылган. Автомобиль ремонттоо з-ддору 584 автди, 3,4 миң айыл чарба техникаларын ж-а авт. кыймылдаткычтарын ремонттон өткөргөн. Трестте миңдеген айдоочулар, инженер-техниктер иштейт. Окуу комбинаты, «Автодорожник» санаторий-профилакторийи бар.

«ТҮШТҮК СУУ ЧАРБА КУРУЛУШ» ТРЕСТИ (Ош ш., Свердлов көчөсү, 312). СССР Мелиорация ж-а суу чарба мин-восуна карайт. 1961-ж. түзүлгөн. Треспин Бүргөндү, Жаңы-Жол, Карасуу, Кыргыз, Найман, Сузак курулуш-монтаждоо уюмдары, Чоң-Алай механикалаштырылган көчмө колоннасы, Ош ш-нда механикалаштырылган курулуш башкармасы бар. Треспин уюмдары сугат жерлердин аянтын кеңейтүү ж-а суу м-н камсыз кылуу иштерин аткарат, саз жерлердин суусун сарыктырып, аларды эрозиядан коргоо, айдоо аянттарын түздөө иштерин аткарат, колхоз-совхоздордо суу куурларын салат, электр өткөргүчтөрүнүн түркүктөрүн орнотот, жолдорду, каналдарды ж. б. объектилерди курат. Трестте 2100 киши, а. и. коммунисттик эмгектин 160 эпкиндүүсү иштейт.

«ТҮШТҮК ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК КУРУЛУШ РЕМОНТТОО» ТРЕСТИ (администрациясы: Жалал-Абад ш., Промышленный көчөсү, 26). 1979-ж. түзүлгөн. Ош механикалаштырылган көчмө колоннасы (Кара-Суу р-ну, Нариман кыш.), Кызыл-Кыя курулуш-ремонттоо башкармасы (Кызыл-Кыя ш., Хрипченко көчөсү, 187), Өзгөн курулуш-ремонттоо башкармасы (Өзгөн ш., Безымянный көчөсү, 25), Ленин курулуш-ремонттоо башкармасы (Ленин-Жол кыш., Шайдан көчөсү, 4), Жалал-Абад механикалаштырылган көчмө колоннасы (Жалал-Абад ш., Промышленный көчөсү, 26), Жаңы-Жол курулуш-ремонттоо участкасы (Жаңы-Жол р-ну, Караван кыш.), Баткен курулуш-ремонттоо участкасы (Баткен кыш.), Алай курулуш-ремонттоо участкасы (Алай р-ну, Гүлчө кыш.), Ноокат курулуш-ремонттоо участкасы (Эски-Ноокат кыш.) ж-а Лейлек курулуш-ремонттоо участкасын (Лейлек р-ну, Исфана кыш.) бириктирет. Трестке каралуу ведомстволук уюмдар жекече буйрутма б-ча калкка турак жай курат ж-а аларды ремонттойт, мебель, металл буюмдарын жасайт, калкты транспорт м-н камсыз кылып турат, калкты тейлөөнүн башка түрлөрүн да аткарат. Трестте 1630 киши иштейт, жылдык аткарылган тейлөө кызматы 5,8 млн сомду түзөт.

ТЫЙЫН КЕНЧТЕРИ — обл-тын азыркы аймагынан табылган орто кылымга таандык тыйын акчалар. Жыйырмадан ашык табылган Т. к. белгилүү. Алардын бардыгы аймакты арабдардын басып алууларынан кийинки мезгилге туура келет. 11-к. —13-к-дын башына (караханилердин дирхеми) ж-а 15-к. —16-к-дын башына (тимурилер фулусу) таандык 2 топко бөлүнөт. 1911-ж. Ош ш-нан 3—4 *км* алыстагы б. дөбө-мүрзөдөн Шаш ш-нда (Ташкент оазиси) Тахир ибн Абдаллахтын (845—862) атынан чыгарылган Тахирилер династиясына таандык эң сейрек кездешүүчү кенч — 8 күмүш тыйын (дирхем) табылган. 1924-ж. Ош ш-ндагы Сулайман тоонун капталынан табылган бухархудат тибиндеги 3 дирхемде «Ал-Махди» — «Өзгөчө кошулмадан жасалган» деген жазуу болгон; кыязы күмүш болбосо керек. Алар 9-к-дан чыгарылып, 12-к-га чейин колдонулуп келген. 1894-ж. Чуст уездиндеги Майлы-Избаскен болушунун аймагынан Караханилер мамлекетине таандык 411 тыйын акчадан турган кенч табылган. Алардын арасында бирөө — Саманилердин жез фелси (954—955-ж.), сапаты начар күмүштөн жасалган бухархудат тибин-



Т. Тыныбеков

деги 13 дирхем, 397-си 1002—08-ж. Ахсикет, Бухара, Кеш, Саханиан, Самаркан, Тараз, Өзгөн, Хефтдех ж-а Шашта чыгарылган алгачкы Караханилердин жог. сапаттуу күмүштөн жасалган дирхемдери болгон. 1930-ж. Базар-Коргон р-нундагы Чарбак кыш-нан «Бир пудга чейин» күмүш жалатылган жез дирхемдер табылган. М. Е. Массон изилдеген бул кенчтин 13 тыйын акчасын 1163—70-ж. Өзгөн ш-нда Ибрахим ибн Хусейн чегип жасаган. Эгерде табылган кенчтин салмагы ж-дө маалыматтар так болсо, алардын саны 4000—5000дей болушу мүмкүн. Борду-Колот (Жаңы-Жол р-ну, 1956), Майлы-Сай ш. (1968) ж-а Мазар кыш-нда (Ала-Бука р-ну, 1971) табылган кенчтердин күмүш жалатылган жез дирхемдери 1208—09-ж. Касанда чегилген. Алардын составы ж-дө так маалыматтар жок. Болгону Майлы-Сай ш-нан табылган 100дөн ашык (а. и. 1211—12-ж. Өзгөндө чегилген) тыйындар белгилүү. 1965-ж. Лейлек р-нундагы Кара-Булак кыш-нан табылган кенчте караханилик Сулайман ж-а Мухаммед Арсланхандын (1097—1130) 22 коло тыйыны болгон. 1958-ж. Ош ш-нан табылган кенч 3 күмүш билерик ж-а 1051 күмүш жалатылган дирхемден (30-жылдары сельжуктар тукумунан чыккан Сангардын ж-а анын караханилик вассалдарынын атынан же вассалдардын гана атынан чыгарылган) турат. Тыйындардын көпчүлүгү Ферганада чыгарылган деп эсептелет. 1970-ж. Ош ш-нда табылган кенчте Чагатай династиясында (14-к.) чыгарылган 35ке жакын күмүш тыйын болгон. Табылган кенчтердин арасында 15-к. —16-к-дын башында белгисиз мамлекеттерде чегилген жез тыйындар да көп. 1963 ж-а 1973-ж. Ош ш-нда табылган эки кенч 1420-ж. (биринчиси) ж-а 1428—29-жылдары (экинчиси) Анжиянда, Бухарада, Карши, Самарканда, Термезде чегилген бир нече ондогон фулустан турат. 1953-ж. Ош ш-нда табылган кенч 251 тыйындан турган, алардын арасында 1428—29-ж. чегилген бухара фулустары ж-а кийинчерээк 1458—59-ж. Герат, Самаркан, Кашкар ж. б. жерлерде чегилген бухара фулустары да бар. 1970-ж. Оштон табылган кенчеги 174 тыйындын көпчүлүгүн 1429—96-ж. Бухара м-н Самарканда чегилген тыйындар түзөт, эң кийинки мезгилде чегилген тыйындар 1501—02-жга таандык. 1969-ж. Мады кыш-нан (Кара-Суу р-ну) табылган 1500дөн ашык тыйын түрү б-ча Самаркан, Бухара, Анжиян ж-а Ташкенде чегилген тыйындарга (эң акыркылары 1505—06-ж. чегилген) окшош. Фаркетте (Ташкен оазиси) чегилген фулустар уникалдуулугу м-н айырмаланат. Кенчтин арасындагы белгисиз тыйындардын бир бөлүгү негизинен Тимурилер династиясынын тушуна туура келет. 1925-ж. Жалал-Абад кантонундагы Кара-Суу капчыгайында табылган 16 жез тыйын 1512—14-ж. Самарканда Шейбанилер династиясынын тушунда чегилген; Ошто же Ош обл-нын аймагынан табылган 30дай жез тыйын 16-к-дын 2-жарымына таандык. 1980-ж. датасы белгисиз 79 майда жез тыйын (болжол м-н 16—18-к.) табылган. Ферганадагы соода ж-а товар-акча мамилелеринин өнүгүшүн табылган Т. к-не карата 2 мезгилге (11-к. —13-к-дын башы ж-а 15-к. —16-к-дын башы) бөлүүгө болот. Т. к. Фергана, Ош, Кара-Суу, Өзгөн оазистеринде өнүккөн экон.-соода катнаштар болгондугуна, орто кылымда Ош ш. соода-экономика б-ча маанилүү орунду ээлегендигине күбө.

ТЫНЫБЕКОВ Токтосун (1927, Жаңы-Жол р-ну, Тегене кыш. —1982, Фрунзе ш.) — акын, обончу, комузчу. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1964). 1953-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-ж. 7-классты бүтүрүп, Караганды ш-нда балдарды з-воддо окутуу мектебинде окуган, андан кийин ошол эле шаарда тоо-кен мастери, участка начальнигинин жардамчысы болуп иштеген. 1946-ж. Жаңы-Жол р-нунун Тегене кыш-ндагы башталгыч мектептин мугалими, маданият үйүнүн директору. 1949-ж. Эмгек Кызыл Туу ордендүү Т. Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясына оркестрдин музыканты болуп кирип, өмүрүнүн акырына чейин артист болуп иштеген. Жаш кезинен ыр-күүгө шыктуу болуп, кыргыздын атактуу акын, комузчулары — Барпы, Коргол, Калыктан таалим алган. Т. ырчы, акын гана болбостон, ыр-күү, обон чыгарган, комузда,

ооз комузда чебер ойноо м-н кыргыз музыка иск-восун пропагандалоого ж-а анын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. 1953-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. 1953-ж. эл акыны А. Үсөнбаевдин адабий секретары. 1954-ж. «Биринчи эмгек», 1958-ж. «Балдарга», 1960-ж. «Тилек» аттуу ыр жыйнактары чыккан. Москвада өткөн Бүткүл союздук жаштардын ж-а студенттердин фестивалынын лауреаты. 1958-ж. Москвада өткөн Кыргыз адабияты м-н иск-восунун 10 күндүгүнө катышкан. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Өзү төрөлгөн кыш-тагы орто мектеп анын ысмы м-н аталган.

У,у

УЗДЕНОВА Мариям (1928-ж. т., Совет р-ну, Кашка-Тоо кыш.) — саанчы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1969-жылдан КПСС мүчөсү. 1948-жылдан р-нундагы В. И. Ленин атн. к-здо саанчы. 1965-ж. өзүнө бекитилген 16 уйдун ар биринен 3368 *кг*дан, 1979-ж. 6000 *кг*дан сүт саап алып, пландык милдеттенмелерин дээрлик 2 эсеге ашык аткарган. 1971—80-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

УКУК КОНСУЛЬТАЦИЯЛАРЫ. Калкка, ишканаларга, мекемелер м-н уюмдарга, чарбаларга алардын укуктарын коргоо ж-а закондорду түшүндүрүүгө жардам берүү үчүн адвокаттар коллегиясында түзүлөт. У. к. обл-тын бардык шаарларында (Ош ш., Училище көчөсү, 19; Жалал-Абад ш., Октябрь көчөсү, 258; Кара-Суу ш., Памир көчөсү, 14; Көк-Жаңгак ш., Ленин көчөсү, 42; Кызыл-Кыя ш., Биринчи Май көчөсү, 36; Майлы-Сай ш., Ленин көчөсү, 17; Сүлүктү ш., Совет көчөсү, 368; Таш-Көмүр ш., Октябрь көчөсү, 47; Өзгөн ш., К. Маркс көчөсү), мындан тышкары р-ндордун борбор кыштактарында бар. 22 У. к-нда 65 адвокат иштейт (1986). У. к-нын ишин Ош обл. адвокаттар коллегиясынын президиуму жетектейт.



М. Узденова

УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУ — байыркы мезгилде ж-а орто кылымда (б. з. ч. 2-кдан б. з. 16-к-на чейин) Кытайды Орто Азия ж-а Жакынкы Азия өлкөлөрү м-н байланыштырган кербен жол. Ал Сиандан (Кытай) Ланьчжоу аркылуу Дуньхуанга өтүп, экиге бөлүнгөн. Түн. Жибек жолу Турпанды басып, Тянь-Шандын түш. этеги м-н батышты карай кетет. Кашкар, Фергана, Орто Азиянын башка жерлерин аралаган кербен жол андан ары жакынкы Азияны карай бет алган. Түш. Жибек жолу Лобнор көлүнүн жээги, Такла-Макан чөлүнүн түш. чети м-н өтүп, Памирди ашып, Бактрияга, андан Парфия, Индия ж-а Жакынкы Чыгышка кеткен. Түш. жол м-н жөнөгөн кербендер обл-тын аймагында Алайдагы Тоң-Мурун, Терек-Дабан ашууларын ашып, Фергана өрөөнү аркылуу өткөн. Ош, Өзгөн ж. б. шаарлар У. Ж. ж-нун боюндагы маанилүү саясий, маданий, экон.-соода борборлорунан болгон. Кытай, Орто Азия, Жакынкы Азия элдеринин ортосундагы экон. ж-а маданий байланыштардын өнүгүшүндө У. Ж. ж. чоң мааниге ээ. Кербендер адегенде көбүнчө жибек кездеме, жибек буюмдар м-н соода кылгандыктан кербен жол «Жибек жолу» (тарыхта ж-а адабияттарда «Улуу Жибек жолу») аталып калган.

«УЛУУ-ТОО» — Ноокат р-нунун Эски-Ноокат кыш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Калинин көчөсү, 2). 1972-ж. ачылган. «Закон жана сен», «Болочок жоокер» ж. б. кинолекторийлер иштейт. Залы 300 орундуу. 1985-ж. 228,4 миң киши кино көргөн.

УЛУУ-ТОО ЛИСТВЕНИТ КЕНИ Ноокат р-нунда. Көк-Жар кыш-нан 12 *км* түн. тарапта, Кичи-Алай кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. 1968-жылдан белгилүү. Кен аймагы силур мезгилинде пайда болгон эффузия-терриген тоо тектери түзөт. Бул тектер тектоникалык жаракалар м-н тилмеленип, татаал түзүлүштөрдү пайда кылган. Лиственит ошол жаракаларды бойлой жайгашып, кендик багытта созулуп жатат. Калыңдыгы



М. Умарова

5 *м*, уз. 1,5 *км*. Лиственит кварц м-н карбонаттан турат. Кара, каралжын боз түстө. Жашыл боз, саргыч боз темгилдер кооз оймо-чиймелерди пайда кылып, жылмалап сайкалданган тактанын бетине өзгөчө түр берет. Имарат дубалдарын кооздоп каптоого ж-а майда кооз буюмдарды жасоого жарактуу.

УЛУУ-ТОО ОНИКС КЕНИ Ноокат р-нунда. Улуу-Тоо кыш-нан 8,5 *км* батыш тарапта, Улуу-Тоодо жайгашкан. 1973-жылдан белгилүү. Кен аймагын силурдун чөкмө тектери түзөт. Кооз таш-мрамор оникси (халцедон минералынын бир түрү) акиташ тегиндеги үңкүрдө кезигет. Үңкүр 10×20×15 *м* өлчөмүндө. Оникс быдырлуу кабат ж-а сталактит, сталагмит кыртышы түрүндө. Кат-кат быдырлуу оникстин калыңдыгы 0,4—0,5 *м*, уз. 7 *м*ге чейин. Сталактит-сталагмит кыртышы үңкүрдүн төбөсү м-н таманында кездешет. Сталактит ж-а сталагмит шиштеринин уз. 0,5—0,6 *м*. Сары, саргыч боз, жездей сары түстө. Кооздук касиети эң жогору, блоктуулугу канаттандырарлык. Майда кооз буюмдарды жасоого жарамдуу. Болжол запасы 50 *т*.

УЛУУ-ТОО ПИКРИТ КЕНИ Ноокат р-нунда. Улуу-Тоо кыш-нан 5 *км* чыгыш тарапта, Тогуз-Булак дөңсөөсүнүн жанында. 1982-ж. табылган. Кен аймагын девондун жанар тоо тектери ж-а антропоген чөкмөлөрү түзөт. Кооз таш-пикрит тоо теги силл түрүндө жатат. Калыңдыгы 100—150 *м*, уз. 3 *км*. Пикриттин өңү каралжын боз. Майда бүртүкчөлүү, тыгыз массивдүү. Оңой сайкалданат. Жылмалап сайкалдангандан кийин кара баркыт сымал жалтырап турат. Имарат дубалдарын кооздоп каптоого, жасалга-колдонмо ж-а кооз буюмдарды жасоого жарактуу. Болжоллонгон запасы 1 млн $м^3$/ден ашат.

УЛУУ-ТОО ХАЛЬЦЕДОН КЕНИ Ноокат р-нунда. Улуу-Тоо кыш-нан 4 *км* түш.-батыш тарапта, Кичи-Алай кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. Кен аймагында кембрий мезгилинде пайда болгон лава-брекчия, кремнийлүү доломит, туффит тоо тек катмарлары жатат. Хальцедон линза ж-а тарам (калыңдыгы 0,2—2 *м*) түрүндө кремнийлүү доломиттердин арасында кезигет. Хальцедон сүттөй ак, боз, көгүш ак, ар кайсы жерлеринде ачык кызгылт түстүү келет. Көзгө араң көрүнгөн, каршы-терши тилмеленген көптөгөн майда жаракалар каралжын, боз, кара түстөгү кремний м-н толуп калган. Ал ташка өзүнчө бир кооздукту берип турат. Болжол запасы 100 миң *т* чамасында. Хальцедондон кооз майда буюмдарды жасоого болот.

УМАРОВА Махбүбү (1928-ж. т., Араван р-ну, Чек-Абад кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1960). 1965-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун А. А. Жданов атн. а. ч. артелинде колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1952-жылдан пахтачылык звеносун башкарат. 1959-ж. анын звеносу ар гектар жерден 47,4 *ц*ден пахта жыйнап алган. 1966—70-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак Грамотасы м-н сыйланган.

«УНИВЕРСАМ» — Ош ш-ндагы гастроном (Пионер көчөсү, 1). 1967-ж. ачылган. Бардык түрдөгү азык-түлүк товарлары ж-а күнүмдүк зарыл товарлар сатылат. Продуктулардын 95%тейи өзүн өзү тейлөө ыкмасы б-ча сатылат. Кафетерийи бар. Соода аянты 550 $м^2$. Жылдык товар жүгүртүүсү 2 млндой сом. 25 киши иштейт.

УСПЕНОВКА — кыштак, Жаңы-Жол р-нундагы Успеновка айыл советинин борбору. Бул айыл советине Боспиек, Кызыл-Капчыгай кыш. да карайт. Чаткал кырка тоосунун чыгыш этегинде, Караван — Афлатун авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Караван кыш-нан 11 *км* түн.-чыгыш тарапта, Шамалды-Сай темир жол станциясынан 86 *км*. 1896-ж. негизделген. Калкы 2550 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, 2 бала бакча, кесиптик-тех. окуу жайынын бөлүмү, амбулатория, клуб, китепкана, р-ндук турмуш-тиричилик комбинатынын кабыл алуу пункту ж. б. бар.

УУ-БУЛАК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ 10—12-к-га таандык. Чаткал суусунун жог. агымында, анын оң өйүзүндө. Кара-Кысмак суусунан батыш тарапта жайгашкан. Цитадель (68 *м*×92 *м*) ж-а ага туташкан короодон (153 *м*×

92 *м*) турат. Алар мунаралуу калың дубалдар м-н айланта тосулган. Чептин ж-а короонун ичинде орто кылымдагы курулуштардын калдыгы бар. Кербен сарай катары пайдаланылган. Чаткал өрөөнүнүн оозундагы күзөт чеп болушу да мүмкүн. 1951-ж. А. К. Кибиров ачкан. Азырынча изилдене элек.

УУ-САЗ ТООСУ — Алай кырка тоосунун түн. тармагы. Талдык ж-а Куршаб сууларынын аралыгында дого сымал кеңдик багытта созулуп жатат. Уз. 26 *км*, туурасы 10 *км*. Орт. бийикт. 2300—2400 *м*, эң бийик жери 2614 *м*. Тоонун кыры тайпак; капталдары жантайыңкы. Палеоген ж-а неогендин кызыл түстүү чопо, алевролит, кумдук, конгломерат, катмарлуу гипс тектеринен түзүлгөн. Ландшафты талаа (1900—2000 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа м-н сейрек бадалдуу токой (2000—2600 *м*) алкактарынан турат. Чабынды, жайыт катары пайдаланылат.

ҮТҮРӨҢ МӨҢГҮСҮ — Түркстан ж-а Алай кырка тоолорунун ашташкан жериндеги татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 8,9 *км*, аянты 7,3 $км^2$. Сох суусунун сол курамы Ак-Терек суусунун алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы д. деңг. 5000 *м*, этеги 2800 *м* бийиктикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3620 *м*. Мөңгүнүн негизги массасы кыска ж-а бийик кырлар м-н бөлүнгөн 2 кенен цирктен жылып чыгат. Азыр мөңгү тартылууда. Андан Ак-Терек суусунун сол куймасы Үтүрөң-Суу башталат.

«ҮЧ-АТ» — 8-к-дын аягы — 9-к-дын башына таандык мүрзөлөр. Эски-Ноокат кыш-нын түш. жагындагы адырларда жайгашкан. 1973—75-ж. Ю. А. Заднепровский м-н Е. В. Дружинина кыска жабык коридору бар казанактуу 33 мүрзөнү казышкан. Адамдардын сөөгү 2 түрдө — биринде алардын башы батышты, экинчисинде түндүктү каратылып коюлган. Казанактын түбүнө шагыл төшөлүп, жыгач такта коюлуп, анын үстүнө адамдын сөөгү жаткырылган. Мүрзөлөрдөн оймо-чиймелүү чопо идиштер, темир бычак, коло күзгү, билерик, шакек, күмүш сөйкө, короздун чакча түспөл бедиздери, шуру-мончоктор табылган. Аббасилер, Умейядилердин тыйындары, саманилик Ахмед ибн Асаддын фулустары (тыйындары) мүрзөлөрдүн кайсы мезгилге таандык экендигин аныктоого мүмкүндүк берет. Ү.-А. Орто Азияда алгачкы саманилик мезгилге таандык казанактуу эң соңку мүрзөлөр. Коюлган сөөктөрдүн кайсы этноско таандык экендиги аныктала элек.

ҮЧ-БАЙ — кыштак, Ноокат р-нундагы Кыркол айыл советинин борбору. Бул айыл советине Таштак, Өсөр, Чабан, Ак-Чабуу, Жатан, Айбек, Караке, Интернационал, Чучук, Коммунизм кыш. да карайт. Кыркол суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-нан 4 *км* түн.-чыгыш тарапта, Ош темир жол станциясынан 32 *км*. Калкы 1221 киши (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

ҮЧ-КОРГОН — кыштак, Фрунзе р-нундагы Үч-Коргон айыл советинин борбору. Бул айыл советине Калача, Чабай, Калтак, Сухана, Насирабад, Күңгөй, Валакыш, Какыр кыш. да карайт. Исфайрам-Сай суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 40 *км* чыгыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 8 *км*. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 9593 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Эки орто мектеп, 2 мектеп-интернат, балдар үйү, 2 бала бакча, поликлиника, оорукана, маданият үйү, турмуш-тиричилик комбинаты ж. б. бар.

ҮЧ-КОРГОН СУУ САКТАГЫЧЫ Ленин р-нунун (Шамалды-Сай ш. т. п-нын жанында) аймагында. Нарын дарыясынын нугуна курулган. Суу агымын сутка б-ча жөнгө салып турат. Электр энергиясын алууда, сугатка пайдаланылат. 1964-ж. ишке киргизилген. Уз. 16 *км*, эң жазы жери 2,5 *км*, эң терең жери 29 *м*, суу толгондогу бетинин аянты 74 $км^2$, көлөмү 52,5 млн $м^3$. Плотинасынын уз. 2882 *м*, туурасы 10 *м*. 47 миң *га* жер сугарылат.



ФАКЕЛ — кыштак, Фрунзе р-нундагы Ак-Турпак айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жаңы-Жер, Ак-



А. П. Федченко

Турпак, Өтүкчү, Токой, Кара-Тумшук, Сары-Камыш, Чоң-Кара, Калача, Чөгөрөк, Кызыл-Коргон кыш. да карайт. Райондун борб. Фрунзе кыш-нан 80 *км* түн.-батыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 45 *км*. Калкы 1236 (1987). Нег. чарбасы — тамеки, жүзүм өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, ооруканa, клуб, китепкана ж. б. бар.

ФЕДЧЕНКО Алексей Павлович (1844, Иркутск ш. —1873, Альп тоолору, Монблан чокусунун аймагындагы мөңгүдө) — орус натуралисти, антрополог, саякатчы. 1864-ж. Москва университетин бүтүргөн. 1868—71-ж. Орто Азияга келген экспедицияга катышып, Заравшан ж-а Фергана өрөөндөрүн, Кызыл-Кум чөлүнүн ж-а Түш. Тянь-Шань кырка тоосунун айрым аймактарын изилдеген. Орто Азияга жасаган саякатында 1871-ж. 18-июндан 15-августка чейин Түш. Кырг-нда болуп бөксө тоолуу түздүктөрдү, тоо арасындагы өрөөндөрдү ж-а Түркстан, Алай кырка тоолорун изилдеген. Алай өрөөнүнө келген биринчи орус саякатчысы болгон. Исфара суусунун жог. агымындагы мөңгүнү (орус геологу Г. Е. Шуровскийдин аты берилген) изилдеп, анын тартылып бараткандыгын көрсөткөн. Алай кырка тоосун Теңизбай ашуусу аркылуу ашып, Чоң-Алайга келген. Чоң-Алай кырка тоосун Орто Азиядагы эң бийик тоо катары эсептеген. Анын орт. бийикт. 5500—5800 *м* деп болжолдогон. Ош ш-н ж-а Сулайман тоону көрүп чыккан. Така ж-а Торпу ашууларын ашып, Гүлчө аркылуу Өзгөнгө чейин барган. Ф. Түш. Кыргындын табиятын кеңири талдап жазган. Бийиктеген сайын жердин көрүнүшү өзгөрөрүн, бул жерде Россиядагыдай токойлордун жоктугун белгилеген. Кокон хандыгы ээлеген аймактын картасын жарыялаган (1973), Ысар-Алайдын орографиялык схемасын, калктын турмуш-тиричилигин, салтын, чарбачылыгын изилдеген. Памирдеги мөңгү (СССРдеги эң ири мөңгү), Фергана облындагы темир жол станциясы анын ысмы м-н аталат.

ФЕНОЛОГИЯ КАЛЕНДАРЫ. Областтын азыркы аймагында 1881-жылдан метеорологиялык, 1910-жылдан гидрологиялык, 1933-жылдан агрометеорологиялык, 1970-жылдан а. ч. өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерине байкоолор таркай жүргүзүлөт. Байкоолорду респ. ж-а обл. гидрометеорологиялык мекемелер ишке ашырат.

Областтын аймагында табияттагы маалдуу кубулуштар

	эң эрте убагы	эң кеч убагы
Абанын темп-расынын 0°Сден жазында жогорулашы	13.02	
күзүндө төмөндөшү	01.10	03.03
Абанын темп-расынын +10°Сден жазында жогорулашы	20.03	20.12
күзүндө төмөндөшү	25.08	20.06
Абанын темп-расынын +15°Сден жазында жогорулашы	20.04	25.10
күзүндө төмөндөшү	29.08	15.05
Акыркы үшүк	—	11.10
Биринчи үшүк	01.10	12.04
Тоң кардын түшүшү .	11.12	—
Сууларда шыргалаң муздардын пайда болушу	13.11	25.12
Кардын эрий башташы	10.02	23.12
Кардын эрип бүтүшү .	24.02	21.03
Суулардын муздан арылышы	31.01	30.03
Суулардын кириши . .	24.02	11.03
Суулардын тартыла башташы	22.07	29.04
		13.09

ФЕРГАНА АРГЫМАКТАРЫ — байыртадан кеңири белгилүү тулпар жылкылар тукуму. Даван мамлекети мезгилинде Фергана өрөөнүнүн отурукташкан калкы асыраган. Алар Даван жылкылары катары да белгилүү. Аргымактарды таптап багышкан. Ферганада асыралган аргымактар баалуу товар болуп, аскер экспедицияларына үчүн тапталган. Ф. а-нын сүрөттөрү Ош ш-нын чет-жакасында, Кызыл-Кыя, Араван, Ноокат р-ндорунун аймактарындагы аска таштардын беттерине (к. *Абшыр-Сай аска бетиндеги сүрөттөр, Араван аска бетиндеги сүрөттөр, Ноокат аска бетиндеги сүрөттөр, «Сүрөт-Таш»*) тартылган. Ф. а. алгачкы жолу б. з. ч. 2-к-дагы жазма даректерде эскерилет. Алар ж-дө акыркы маалыматтар б. з. 8-к-на таандык. Бул болсо жылкынын тукумун асылдандыруу миң жылдан ашык мезгилден бери келе жаткандыгын далилдейт. Азыркы ахалтеке жылкысы фергана, хутталь, несс аргымактарынын тукумунан деп эсептелет.

ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮ, Фергана ойдуңу, Фергана — Орто Азиядагы тоо аралык ойдун; Өзбек, Кыргыз, Тажик ССРлеринин аймагында. Үч бурчтук формасында болуп, түштүгүнөн Алай, Түркстан, түн.-батышынан Курама, Чаткал тоо кырлары, түн.-чыгышынан Фергана тоо тизмеги м-н чектешет. Батышында кууш өткөөл аркылуу Ач талаа м-н туташат. Уз. 340 *км*, эң жазы жери 160 *км*, аянты 22000 *км*². Ойдундун тегиз таманы д. дең. 350—600 *м* бийиктикте жатат; чет-жакалары 1000 *м*ге чейин көтөрүлүп, андан ары айланасындагы тоолордун этектерине өтөт. Фергананын тектоникалык чуңкурчагы борпоң текстер м-н толгон. Өрөөндүн жайык тамаларында аккумуляция обл. болуп эсептелет; үстүңкү катмары антропогендин аллювий ж-а пролювий чөкмөлөрүнөн турат. Жайык тектирлердин бети суу (Сох, Исфара, Исфайрам-Сай ж. б.) шилелери м-н капталган. Түш.-Чыгыш Фергананын нег. бөлүгүнөн неогендин антропогендин лёсстуу, жумуру ташстуу катмарлардан турган адырлардын жазы тилкеси м-н бөлүнөт. Түн.-батышында Сыр-Дарыяны бойлой палеогенеоген тектеринен түзүлгөн Ак-Бел (бийикт. 854 *м*), Мехаутаук (1009 *м*) жалчалары созулуп жатат. Адыр тилкеси мезозой-кайнозой м-н палеозойдун сланец ж-а акиташ тектеринен турган тоо тармактарына өтөт. Ф. ө. — жог. сейсмдүү аймак (батышында 7 балл, чыгышында 9 баллга чейин жер титирөөлөр болот). Өрөөндүн четжакаларында ж-а тегерегиндеги тоолордо нефть, таш көмүр, газ, темир, жез, полиметалл, сымап, сурьма, күкүрт, туз ж. б. кендер бар. Өрөөндү курчаган тоолор түндүктөн соккон муздак аба массасын тосуп тургандыктан, кышы анча суук эмес (январдын орт. темп-расы —2...—3°С), жайы кургакчыл, жылуу (июлдуку 24—28°С). Жылдык жаан-чачыны ортоңку бөлүгүндө 100—120 *мм*, чыгышында 500 *мм*. Өрөөндүн аймагында Нарын м-н Кара-Дарыя кошулуп, Сыр-Дарыяны түзөт. Өрөөн аркылуу мындан тышкары Сох, Исфайрам-Сай, Исфара, Шаймерден, Ак-Буура, Гава-Сай ж. б. суулар агат; Чоң Фергана, Түш. Фергана, Чоң Анжиян каналдары өтөт. Ф. ө-нүн боз топурактуу адырларын шыбактуу чөл ж-а жарым чөл зөлейт. Мында шыбактан башка коңурбаш, жылгын, ыраң, терскен, жог. чегинде түктүү буудайык, пияз, түптүү арпа, айрым жерлеринде бадам, мисте өсөт. Фергана, Чаткал кырка тоолорунун капталдарында жаңгак, алма, алча токойлору бар. Өрөөн Орто Азиядагы калк эң жыш отурукташкан аймак; мында Ленинабад, Кокон, Фергана, Анжиян, Ош, Жалал-Абад, Наманган ж. б. шаарлар жайгашкан.

ФЕРГАНА ТОО ТИЗМЕГИ — Тянь-Шань тоо системасындагы ири кырка тоо. Ички Тянь-Шанды Фергана өрөөнүнөн бөлүп турат. Тянь-Шань тоолорунун нег. багытынан кыйгач, түш.-чыгыштан түн.-батышты карай созулат. Ф. т. т. Торугарт ж-а Алайкуу кырка тоолорунун түш.-чыгышынан Сөөк ашуусу (4024 *м*), Ат-Ойнок кырка тоосунун түн.-батышынан Төм. Нарын капчыгайы аркылуу бөлүнөт. Уз. 206 *км*, туурасы 62 *км*, басымдуу бийикт. 3500—4000 *м*, эң бийик жери Тар суусунун алабындагы Үч-Сейит массивинде (4818 *м*). Үч-Сейит массивинен түн.-батышты карай басаңдап, Көгарттын алабында жапыздайт (3200—3400 *м*). Андан ары кайрадан бийиктеп Бабаш-Ата массивинде 4427 *м*ге (Вебер чокусу) жетет. Түш.-батыш капталы жазы ж-а терең капчыгайлар м-н тилмеленген (Терек, Кулун, Кара-Кулжа, Жазы, Көгарт, Кара-Үңкүр, Майлы-Сай ж. б.). Алардын суу бөлгүчтөрү — Сөөк, Өзгөн, Серүүн-Дөбө, Сууган-Таш, Бабаш-Ата тоолору ж. б. акырындап барып адырларга өтөт. Түн.-чыгыш капталы кыска, Арпа, Ала-Бука, Тогуз-Торо өрөөндөрүнө карай тик түшөт. Четки түн.-батыш бөлүгү Бабаш-Ата, Чаак-Тоодон башка Кеңкол, Исфан-Жайлоо, Такталык, Кочкор-Дөбө тоолоруна ажырайт. Ф. т. т-нин геологиялык түзүлүшүнө палеозой ж-а мезозой-кайнозой чөкмө комплекстери катышат. Палеозой комплекси түн.-батыш жагында (Бабаш-Ата, Исфан-Жайлоо, Кеңкол ж. б.) кеңири тарап, кремнийлүү сланец, кумдук, акиташ теги ж-а аларды жиреп чыккан интрузия тектеринен түзүлгөн. Мезозой-кайнозой комплекси болсо континенттик шартта пайда болгон доломит, конгломерат, чопо, кумдук ж-а антропогендин борпоң чөкмөлөрүнөн турат. Алар Ф. т. т-нин борб., түш.-чыгыш бөлүктөрүндө ж-а түш.-батыш капталындагы бөксө тоолор м-н адырларда таралган. Ф. т. т-нин түш.-батыш капталында көмүр (Көк-Жаңгак), нефть (Майлы-Суу), газ

кендери ж-а минералдуу булактар бар. Ф. т. т-нин кырында азыркы мөңгүлөр арбын (200дөн ашуун, жалпы аянты 187,4 *км*^{2}) алар негизинен тоонун түш.-батыш тарабында жайгашкан. Капталдарынан көптөгөн суулар агып түшөт. Ирилери: Майлы-Суу, Кара-Үңкүр, Көгарт, Жазы, Кара-Кулжа ж-а Тар. Ири көлдөрү: Кулун ж-а Кара-Суу. Топурак-өсүмдүктөрү ар түрдүү келип, бийиктик алкактуулук б-ча жайгашкан. Тоо этегиндеги түздүктөрдү, адырлар тилкесин (600—1500 *м* бийиктикте) шыбак-баялыш-эфемерлүү жарым чөл ээлейт. Боз топуракту түз жерлери дээрлик айдалып, маданий ландшафтка айланган. Андан жогору (1000—1200 *м*) шыбак дан өсүмдүктүү кургак талаа ж-а түш. саванна тибиндеги талаа жайгашкан. Нег. өсүмдүктөрү бетеге, шыбак, ак кылкан, көкөмерен, аюу чач, карындыз.

ФЕРГАНА ФРОНТУ. Гражд. согуш учурунда Фергана өрөөнүндөгү контрреволюциячыл күчтөргө, басмачыларга каршы күрөштү жетектөө үчүн 1919-ж. 25-февралда түзүлгөн. Ыктыярдуу отряддарды ж-а Кызыл-Армиянын Фергана бөлүктөрүн жетектеген штаб башкарган. Ф. ф. 1919-ж. августта Революциячыл аскер совети болуп кайра түзүлгөн. 1919-ж. ноябрда Фронттун аскерлери Түркстан 2-аткычтар дивизиясына бириккен. Атчандар отряддарынан өзүнчө Фергана атчандар бригадасы түзүлгөн. 1923-ж. ноябрда Фергана өрөөнү басмачылардан тазалангандан кийин Ф. ф. жоюлган.

ФЕРСМАН ҮҢКҮРҮ Ноокат р-нунун аймагында. Төө-Моюн тоосунун белинде, таш көмүр мезгилинде пайда болгон акиташ тектеринде жайгашкан. Ноокат кыш-нан 8—9 *км* түндүгүрөөктө. Табигый пайда болгон ж-а атайы казылган үңкүрлөрдөн турат. Табигый үңкүр карст шахтасы болуп эсептелет. Анын тереңдиги 220 *м*, туурасы 10 *м*ге чейин. Үңкүрдүн төрүндө көл бар. Кийин үңкүрдүн табигый оозу жардыруудан бүтөлүп калган. Ошондуктан ага чейин уз. 50 *м* штольня казылган. Үңкүр андагы минералдардын ар түрдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. Кыргындагы терең карст шахталарынын бири. Сов. илимпоз-геолог А. Е. Ферсмандын ысмынан аталган.

ФРОНТКО ЖАРДАМ — оккупациядан бошотулган аймактарга ж-а коргонуу фронтуна өз ыктыяры м-н көшүмчө жардам көрсөтүү үчүн болгон массалык патриоттук кыймыл; согуш мезгилиндеги социалисттик мелдештин бир түрү. Түш. Кырг-ндын эмгекчилери СССРдин борб. аймактарында пайда болгон демилгелерди колдоо м-н ишембилик, жекшембиликтерде иштеп тапкан акчаларын, эмгек акылары м-н пенсияларынын жарым-жартылайын коргонуу фондуна которушкан. Колхозчулар акча каражатынан тышкары а. ч. продуктуларын да чогултуп өткөрүшкөн. Кыргыз ССР Финансы эл комиссариатынын маалыматы б-ча 1941-ж. 21-октябрга карата коргонуу фондуна Мамл. банктын Оштогу конторасы аркылуу 1147 миң сом чогултулган. Совет р-нундагы Кызыл Армия жоокерлеринин колхозчу аялдары өзүлөрүнүн каражаттарынан танк колоннасын түзүү үчүн 426 миң сом акча камдашкан. Ош ш-ндагы 23 уюм 1944-ж. февраль айынын 3 күнүндө 260 миң сом акча, 75 миң сомдук облигация өткөрүшкөн. Араван р-нундагы 6 к-здон 2 күндө 208 миң сом акча чогултулган. Ош обл-нын калкы Кызыл Армияны куралдандырууга жардам катары көп жылдан бери чогултканкаражаттарын которушкан. Б. Бегалиева 55 миң сом, Ж. Жусубалиева 30 миң сом, С. Ибрагимова 105 миң сом, З. Өмүрзакова 130 миң сом, Кулмамбетова 106 миң сом, Тойчубеков 20 миң сом акча которушкан. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Ош ж-а Жалал-Абад обл-тарынын эмгекчилери коргонуу фондуна 19 395 миң сом акча, Кызыл Армия үчүн танк ж-а самолёт куруу фондуна 74 084 миң сом акча өткөрүшкөн. 1941-ж. кышкы суук түшкөнгө чейин эмгекчилер жылуу ич кийим, чокой, байпак, мээлей чогултууга киришкен. Ош обл. керексжарак коомунун коллективи бир күндүн ичинде 100 фуфайка чогултканОш обл-нын Кара-Суу р-нундагы сов. ж-а парт. органдар 444,6 *кг* жүн, 140 кой терисин, жылуу кийим тигүү үчүн 45 миң сом акча ж-а 1245 ар кандай жылуу кийим чогултуп жөнөтүшкөн. Ош обл-ндагы Фрунзе р-нунун колхозчулары 500гө жакын белек даярдашкан. Ош ш-нын калкы фронтко 1500 *кг* өрүк, 1 *т* жаңгак, 500 *кг* повидло топтогон. Фронттогулар үчүн 1942-ж. Ош обл-нан 6 вагон белек (жалпы салмагы 40 *т* 1859 посылка) жөнөтүлгөн. Түш. Кырг-ндын эмгекчилери оккупациядан бошотулган аймактардын калкына жардам беришкен. Кара-Суу р-нундагы М. В. Фрунзе атн. к-здун (Ак-Таш айыл совети) мүчөлөрү Можайск р-нуна 500 *кг* буудай ж-а 5 миң сом акча жөнөтүшкөн. Жалал-Абад обл-нын Ленин р-нунун колхозчулары Курск обл-нын Львов р-нун шефке алып, өзүнүн каражаттарынан анын калкына мал, буудай, азык-түлүк бөлүп беришкен. 1943-ж. Жаңы-Жол р-нунун жаштары 3 күндүн ичинде 64 660 сом акча ж-а жылуу кийим, ал эми Ала-Бука р-нунун жаштары 43 680 сом акча ж-а 31 *га* аянттын буудайын чогултуп, бошотулган Сталинград ш-на жөнөтүшкөн.

ФРОНТТОГУЛАРДЫН АЯЛДАРЫ МЕНЕН ЭНЕЛЕРИНИН КЫЙМЫЛЫ. Кырг-ндын түштүгүндө 1941-ж. пайда болгон. Ошто, Кызыл-Кыяда өткөн митингдерде аялдар эркектердин кесиптерин үйрөнүшүп, фронтко кеткен күйөөлөрү, бир туугандары, уулдарынын ордуна иштөөгө милдеттенишкен. Кызыл-Кыя кенине тез эле үй кызматындагы 30 аял, ал эми 3 айда 800дөй аял иштөөгө келген. 1-бис шахтасынын 1-участкасынын начальниги болуп мурунку үй кызматындагы аял Романова, ал эми Иванова м-н Шубина забойщик болуп иштеген. Кыргызстандагы биринчи забойщик-аял Алюшина «Жал» шахтасынын 3-участкасына начальник болуп дайындалган. Көк-Жаңгак кенинде комсомолдор М. Меркис м-н Е. Виноградова бул кымылдын демилгечилеринен болушкан. Сүлүктү кенинде ж-а М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинатында аялдардан электровоздордун 16 машинисти, жер астында иштөөчү машиналардын 23 машинисти, 11 бургулоочу, 29 мотор иштетүүчү ж-а 12 токарь даярдалган. Автотранспортто 492 аял иштеген. Алардын ичинде шофёр Л. Страхова, токарь С. Подкорытова (Памир автотрести) ж. б. болгон. Көк-Жаңгак ж-а Таш-Көмүр көмүр кендеринде 1959 аял, анын 577си жер астында иштеген. Көп аялдар күнүмдүк нормаларын 150—300%ке аткарышып, коммунисттик эмгектин эпкиндүүлөрүнөн болушкан. Алар Майорова, Миронова, Кривошапкина, Пандярова (Сүлүктү шахтасы), Исакова, М. Д. Близнюкова (Көк-Жаңгак шахтасы), кийим тигүүчү Ружская (Ош ш.), жибек комбинатынын жумушчулары Воробьева, Маркова, Михеева (Ош ш.) ж. б. 1944-ж. Ош жибек комбинатында 16 343 аял; алардын 20%и 2—3төн станокто иштеген. Айыл чарбасында аялдар бригадалары болгон. 1942-ж. Жалал-Абад обл-нда 300 аялдар бригадасы уюшулган. Пахтачылар пахтанын түшүмүн арттырууга аракеттенишкен. Ө. Атабекованын звеносу (Базар-Коргон р-ну, «Кызыл-Ай» к-зу) жыл сайын пахтанын ар гектарынан 35—40 *ц*, М. Балтабаеванын звеносу (Жалал-Абад обл., «Кызыл-Мехнат» к-зу) 30—35 *ц*ден түшүм жыйнап алып турушкан. Аялдардын демилгеси м-н эвакуацияланып келген балдарды жайгаштыруу кыймылы пайда болгон. 1944-жылдын 16-февралына чейин эвакуацияланып келген балдардын 238и Жалал-Абад обл-на, 756сы Ош обл-на жайгаштырылган. Аялдар Кызыл Армиянын жоокерлери үчүн жылуу кийим, белек камдоо кыймылынын да демилгечилеринен болушкан (к. *Фронтко жардам*).

ФРУНЗЕ — кыштак, Ноокат р-ндагы Гүлстан айыл советинин борбору. Бул айыл советине Гүлстан кыш. да карайт. Ош — Кызыл-Кыя авт. жолунун боюнда жайгашкан. Чыгышынан р-ндун борбору Эски-Ноокат кыш. м-н чектешет. Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 40 *км*. 1937-ж. негизделген. Калкы 1234 (1986). Тамеки өстүрүү өнүккөн. Эки орто мектеп, сегиз жылдык мектеп-интернат, 4 бала бакча, тиш поликлиникасы, фельдшер-акушердик пункт, китепкана, клуб бар.

ФРУНЗЕ (Кадамжай) — Фрунзе р-ндагы Фрунзе посёлка советине караштуу шаар тибиндеги посёлка (1938-жылдан). Шаймерден суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 4 *км* түш. тарапта, Фергана темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 31 *км*. Калкы 7700

Фрунзе ш. т. п-ндагы «Жаштык» кинотеатры.



(1986). М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинаты, Кадамжай шахта курулуш башкармасы, кийим тигүү ф-касы иштейт. Орто мектеп, муз. мектеп, окуу-өндүрүш комбинаты, 5 бала бакча, маданият сарайы, спорт клубу, стадион, профилакторий, фельдшер-акушердик пункт ж. б. бар. Көп нускалуу «Металлург» газетасы чыгат.

ФРУНЗЕ (Пүлгөн) — Фрунзе р-ндагы Орозбеков айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Шаймерден суусунун боюнда, Ош ш-нан 140 *км* түш. тарапта, Фергана темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 35 *км*. Калкы 2114 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, бала бакча, р-ндук борб. оорукана, поликлиника, клуб, китепкана бар.

ФРУНЗЕ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛ ТЕХНИКУМУНУН ОШТОГУ ФИЛИАЛЫ (Ош ш., Пионер көчөсү, 4). 1970-ж. ачылган. Автомобилдерди тех. жактан тейлөө ж-а ремонттоо б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 245 киши, а. и. 125 киши сырттан окуган; 12 окутуучу иштеген. Китепканасында 9 миңден ашуун китеп бар. Ачылгандан бери 1350 адис даярдалган (1985).

ФРУНЗЕ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Базар-Коргон р-ндагы чарба (башкармасы: Сейдикум кыш.). 1932-жылдан «Кызыл-Ай» к-зу катары уюшулган. Чарба бир катар ирилештирилгенден кийин (1950—54) С. М. Киров атн. к-з, 1960-ж. М. В. Фрунзе атн. к-з м-н кошулуп азыркыдай аталат. Пахта өстүрүүгө, сүт белендөөгө адистештирилген. 6,1 миң *га* (а. и. 4,8 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,2 миң бодо мал, 3,1 миң коюбар (1985).

ФРУНЗЕ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Жаңы-Жол р-ндагы чарба (башкармасы: Караван кыш.). 1958-ж. М. В. Фрунзе ж-а Н. К. Крупская атн. к-здордун базасында түзүлгөн. Чарбасы тамеки өстүрүүгө ж-а мал чарбасына адистештирилген. 26,4 миң *га* (а. и. 12,9 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,3 миң бодо мал, 8,9 миң коюбар (1985).

ФРУНЗЕ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Кара-Суу р-ндагы чарба (башкармасы: Кыргыз-Чек кыш.). 1952-ж. чакан 9 чарбаны ирилештирүүнүн негизинде түзүлгөн. Чарбасынын нег. тармагы — пахта өстүрүү, мал багуу. 26 миң *га* (а. и. 20,9 миң *га* а. ч-га



Кара-Суу р-нунун М. В. Фрунзе атн. к-зунда кесек тоют топтоо.

жарактуу) жери, 5,2 миң бодо мал, 17,5 миң коюбар (1985).

ФРУНЗЕ АТЫНДАГЫ СОВХОЗ — Баткен р-ндагы чарба (борб. чарбагы: Кара-Бак кыш.). 1971-ж. С. Орджоникидзе атн. ж-а «Правда» к-здорунун базасында уюшулган. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү ж-а сүт белендөө. 48,8 миң *га* (а. и. 21,5 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 1,4 миң бодо мал, 11 миң коюбар (1985).

ФРУНЗЕ — ЖАЛАЛ-АБАД ТЕМИР ЖОЛУ Кыргындын түштүгү м-н түндүгүн байланыштырат. 1916-ж. Караган. 1936-жылдан Фрунзе — Жалал-Абад жүргүнчү ташуучу поезди каттай баштаган. Бул темир жол Өзбекстан, Тажикстан, Казакстандын аймактары аркылуу өтөт. Бул жол аркылуу түн. Кырг-нга көмүр, пахта, тамеки, жер жемиш, ө. ж. продуктулары жеткирилип, андан машина, курулуш материалдары, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. продуктулары ташылат.

ФРУНЗЕ М. В. КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨ. М. В. Фрунзе (ал ошол кезде РСФСР Эл Комиссарлар Советинин ж-а Бүткүл россиялык борб. аткаруу комитетинин Түркстан комиссиясынын мүчөсү, Түркстан фронтунун командачысы болгон) Кырг-ндын түштүгүндө 1920-ж. апрель ж-а май айларында 2 жолу болгон. Түркстан комиссиясынын председатели Ш. З. Элиава м-н бирдикте Жалал-Абад, Кара-Суу, Кызыл-Кыяга барган. Биринчи жолу чарбалардын бүлүнүшүнө каршы күрөшүү, Кызыл Армиянын аскердик жөндөмдүүлүгүн чыңдоо үчүн иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшүү максатында барган. 22-апрелде Ош ш-ндагы 10 миң эмгекчи катышкан митингде ж-а уезддик

шаар активдеринин чогулушунда чыгып сөз сүйлөгөн. 25-апрелде Кызыл-Кыя кенин көрүп чыккан. Ал Оштогу партиялык ж-а советтик органдарды чыңдоону, шахтёрлорго берилүүчү азык-түлүк паёгун көбөйтүүнү, алар үчүн турак жай курулушун тездетүүнү сунуш кылган. Басмачылардын күчөшүнө байланыштуу М. В. Фрунзе Түркстан фронтунун Революциячыл аскер советинин председатели Ю. И. Ибрагимов м-н бирге 1920-ж. май айында Кырг-ндын түштүгүндө бир катар кыш-ды кыдырып чыккан. Ошто өткөн шаардыктардын митингисинде, Ош чебинин гарнизон аскерлеринин алдында чыгып сүйлөп, контррев-яга каршы күрөшүүнүн милдеттерин белгилеген. 27-майда басмачыларды талкалоо үчүн жасалган иш-чараларды ж-а кырдаалды баяндап, Жалал-Абаддан В. И. Ленинге телеграмма жөнөткөн. Ошто (180 жоокер), Жалал-Абадда (110), Анжиянда (450) аймактык-резервдик батальондорду түзүү ж-дө буйрук чыгарып, басмачыларга каршы күрөшүүнүн тактикасын иштеп чыккан.

ФРУНЗЕ МАШИНА КУРУУ ТЕХНИКУМУНУН ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ ФИЛИАЛЫ (Жалал-Абад ш., Промышленный көчөсү, 27). 1964-ж. негизделген. Окуу 2 сменада өткөрүлөт. Металлды кесип иштетүү б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 210 киши окуган, 14 окутуучу иштеген. Китепканасы (2,5 миң китеп) бар. Бардыгы 580 адис даярдалган (1985).

ФРУНЗЕ М. В. ЭСТЕЛИГИ. Фрунзе р-ндагы Фрунзе ш. т. п-нда тургузулган. Советтик парт. ж-а мамл., аскер ишмери М. В. Фрунзеге тургузулган Кырг-ндагы биринчи эстелик. Скульп. Г. А. Тупый кол башчынын жоокерлерди алга ээрчитип бара жаткан элесин чагылдырган. Бетондон жасалган.

ФРУНЗЕ — ОШ АВТОМОБИЛЬ ЖОЛУ. Республиканын түндүгү м-н түштүгүн байланыштырат. Жол курулушу 1941-ж. башталган. 1941-ж. августка чейин Фрунзе — Сосновка ж-а Кара-Суу — Ош бөлүктөрү курулган. 1965-ж. курулуп бүткөн. Ош обл-нын аймагында жолдун уз. 183 *км*дей. Жолду № 22 Сузак жол эксплуатациялоо участкасы тейлейт. Жол аркылуу каттаган транспорттун 63,2%ин жүк ташуучу авт., 25,1%ин жеңил авт., 11,7%ин автобус түзөт.

ФРУНЗЕ ПОЛИТЕХНИКА ИНСТИТУТУНУН ОШТОГУ КЕЧКИ ФАКУЛЬТЕТИ (Ош ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 81). 1963-ж. ачылган. Гражд. ж-а ө. ж. курулушу, авт. ж-а авт. чарбалары үчүн адистерди даярдайт. 3-курсту бүткөндөн кийин өлкөнүн башка жог. окуу жайларында ө. ж. ишканаларын ж-а шаарларды электр м-н камсыз кылуу, машина куруу, металл кесүүчү станоктор м-н аспаптардын технологиясы б-ча окууну улантуу үчүн жалпы тех. даярдыктан өткөрөт. 1985—86-окуу жылында 1100 адам окуган; 5 кафедра, 2 сектордо 44 окутуучу (а. и. 23 илимдин кандидаты ж-а доценти) иштеген.

ФРУНЗЕ РАЙОНУ — областтын борб. бөлүгүндөгү админ. аймак. 1938-ж. түзүлгөн. Чыгышынан Ноокат р-ну, түштүгүнөн Алай р-ну, батышынан Баткен р-ну, түндүгүнөн Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 6,1 миң *км*^{2}. Калкы 105,9 миң (1987). 87 кыш-ты биріктирген 10 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Фрунзе кыш. Райондун аймагында Кызыл-Кыя ш., Совет, Фрунзе, Хайдаркен, Чабай ш. т. п-лары жайгашкан.

Табияты. Район Алай кырка тоосунун түн. этегиндеги Фергана өрөөнүнүн түш. бөлүгүн ээлейт. Д. дең. эң жапыз жери 700 *м* (Бүргөндү массивинде), эң бийик жери 5259 *м*. Рельефи негизинен тоолуу келип, Фергана өрөөнүнүн адырлары м-н курчалган, айрым жерлери түздүк. Адырлардан түштүктү көздөй бийиктеп, тоо арасында жайгашкан Караван — Көк-Жар (батыш бөлүгү), Охна ж-а Хайдаркен ойдуңдарына өтөт. Алардан түш. тарапта Алай кырка тоосунун түн. капталдары жатат. Райондун аймагында кен байлыктар көп. Отун ресурстарынын (күрөң көмүр) маанизи зор. Сурьма, сымаптын (Кадамжай, Хайдаркен, Кан) запасы б-ча СССРде алдыңкы орунду ээлейт. Курулуш материалдар кени (гипс, кум-шагыл, чопо ж. б.) бар. Климаты кескин континенттик. Жайы ысык, кургакчыл, кышы анча суук эмес. Январдын орт. темп-расы түздүктөрдө ж-а тоо этектеринде —6,4°С, тоолордо —8,9°С, июлдуку түздүктөрдө ж-а тоо этектеринде 26,8°С, тоолордо 10,8—19,1°С. Жылуу мезгили 150—175 күндү түзөт. Жылдык жаан-чачыны 200—500 *мм*. Суулары: Исфайрам-Сай, Шаймерден, Ак-Суу ж. б. Топурак, өсүмдүктөрү



ар түрдүү келип, алар бийиктик алкак закон ченемине ылайык өзгөрөт. Тоо этектериндеги түздүктөр, адырлар, тоо аралык ойдундар д. ден. 1600 *м* бийиктикке чейин боз топуроктуу кебийиктикке чейин боз топуроктуу келип, чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү өсөт. Айрым жерлеринде бадалдар кездешет. Шагыл-таштуу аянттар бийиктеген сайын кеңейип, чоң аянттарды ээлейт. Андан жогору (1600—2500 *м* бийиктикте) күрөң, бозомук күрөң топуроктуу тилкеде талаа өсүмдүктөрү ж-а токой кездешет. 3000—4000 *м* бийиктикте субальп ж-а альп шалбаасы ээлейт. Орто бийик тоолордогу жылаңач тик аскалуу кургакчыл жерлерде арча өсөт.

К а л к ы көп улуттуу. Кыргыз (59,3%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), өзбек (12,8%), тажик (12,8%), орус (9,8%), татар (2,1%), украин (0,6%), казак, уйгур, дунган ж. б. улуттар жашайт. Шаар калкы 24,8%. Орт. жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 21 киши туура келет.

Бүргөндү кыш-нын борб. көчөсү.



Ч а р б а с ы. Эл чарбасынын негизин түстүү металлургия ж-а ургаалдуу а. ч. түзөт. А. ч-нын башкы тармагы — тамеки өстүрүү ж-а кой багуу. Эчки багуу да өнүгүүдө. Район обл-тын а. ч. дүң продукциясынын 5,1%ин берет (1985). Дыйканчылык р-ндогу а. ч. дүң продукциясынын 64%ин түзөт. Райондо 5 к-з, 5 с-з, малды бордоп семиртүүчү с-з, көчөт питомниги бар. А. ч-га жарактуу 176,4 миң *га* жердин 24,6 миң *га*сын айдоо аянты, 2,8 миң *га*сын бак-дарак, 9,4 миң *га*сын чабынды, 146,1 миң *га*сын жайыт ээлейт. Дан эгиндери (6,2 миң *га*), тамеки (1,7 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (13,2 миң *га*) эгилет; о. эле картошка (610 *га*), жашылча (446 *га*), коон-дарбыз (125 *га*) өстүрүлөт. 1985-ж. р-ндун чарбаларынан (коомдук сектордон) 117,9 миң *ц* буудай, 42,1 миң *ц* тамеки, 29,4 миң *ц* жашылча, 30,1 миң *ц* картошка, 10 миң *ц* коон-дарбыз, 7,6 миң *ц* жүзүм, 11,6 миң *ц* мөмө-жемиш ж-а жер жемиш жыйналган. Мал чарбасы а. ч. дүң продукциясынын 36%ин түзөт. 15,2 миң үй (а. и. сааны 12,4 миң), 158,6 миң кой-эчки, 805



«Бүргөндү» с-зунда беде сугаруу.

чочко, 2,6 миң жылкы бар (1986). 1985-ж. р-ндо 2922 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 7443 *т* сүт, 383,3 *т* жүн, 279 миң даана жумуртка беленделген.

Өнөр жай ишканаларынан Кадамжай сурьма комбинаты, Хайдаркен сымап комбинаты, Кан мебель ф-касы, нан з-ду, кийим тигүү ф-касы, түрмуштиричилик комбинаты ж. б. иштейт. Авт. транспорту — негизги мааниде. Авт. жолунун уз. 386 *км*, а. и. 173 *км*и асфальтталган. Райондун аймагынан Кызыл-Кыя — Вуадил (Өзбек ССРи) — Фергана — Хайдаркен — Баткен, Кызыл-Кыя — Кува-Сай — Фергана, Кызыл-Кыя — Дароот-Коргон авт. жолдору, Фергана — Кызыл-Кыя темир жолу ж-а Фергана — Фрунзе ш. т. п. газ кууру өтөт. Райондун аймагында Кызыл-Кыя аэропорту жайгашкан.

Б и л и м б е р үү, м а д а н и я т, с а л а м а т т ы к с а к т оо. 1985—86-окуу жылында 53 жалпы билим берүүчү мектепте 27 миң окуучу, 2 кеципти-тех. окуу жайында 772 киши окуган; 46 бала бакчада 3,9 миң бала тарбияланган. 43 китепкана, 26 клубдук мекеме, 35 киноустановка, р-ндук оорукана (поликлиникасы м-н), 3 шаардык участкалык оорукана ж. б. (к. *Фрунзе районунун медициналык-санитариялык мекемелери)* иштейт. Райондук «Ильич нуру» газетасы чыгат.

ФРУНЗЕ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Фрунзе кыш., Совет көчөсү, 5) 1948-ж. негизделген. 1974-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Тейлөө, китептерди тескөө ж-а комплекттөө, бирдиктүү фондду пайдалануу, методика ж-а библиография иштери б-ча бөлүмдөрү иштейт. 18 орундуу окуу залы (36,5 миң нуска китеби, 2,5 миңдей окурманы) бар (1985). Филиалдары, бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары р-ндогу 43 китепкананы (ар бир айыл советинде 3—4 китепкана), а и. балдар бөлүмүн (Фрунзе кыш., Совет көчөсү, 5; 26 миңден ашык китеби, 1,7 миңдей окурманы бар) ж-а Үч-Коргон кыш-ндагы балдар китепканасын бириктирет. Райондогу 4 профсоюздук, 3 к-з ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Карамагындагы китепканалардын бардыгында кыргыз, орус, өзбек, чет элдик тилдерде 310 миң нуска китеби бар; алар орто эсеп м-н 34,8 миңдей окурманды тейлейт (1985).

ФРУНЗЕ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Фрунзе кыш., Больничный көчөсү, 7). 1938-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 255 орундуу.

ФРУНЗЕ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондогу 5 ири суу системасы аркылуу 27,6 миң *га* жер сугарылат. Алар: Исфайрам-Сай (12 канал), Шаймерден (9), Сох (1), Гауян-Сай (1), Гараты (1), Алаутдин (1), 3 каналдан турган Сох суу түйүнү. Каналдардын эң чоңу — Бүргөндү каналы (1979-ж. курулган, Сох суусунан башталат; уз. 28,8 *км*, каналдын башында суу чыгымы 20 *м*^{3}*/сек*), 5 миң *га* жер сугарылат. Мындан тышкары райондо 12 колхоз аралык канал бар; экөөнүн суу өткөрүү жөндөмдүүлүгү 5 *м*^{3}*/сек*. Алар: Октябрдын 60 жылдыгы каналы (1977-ж. курулган, Шаймерден суусунан башталат; уз. 35,2 *км*, чыгымы 6 *м*^{3}*/сек*), Кожо-Гаир каналы 1965-ж. курулган, Исфайрам-Сай суусунан башталат; уз. 31 *км*, чыгымы 9 *м*^{3}*/сек*). Сох суу түйүнү обл. сугат система башкармасына, калган курулмалар р-ндук сугат система башкармасына карайт. 78 киши иштейт (1986).

ФРУНЗЕ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 14 социалдык-маданият комплекси, 26 клубдук мекеме, а. и. р-ндук маданият үйү, 12 айылдык маданият үйү (Ак-Турпак, Бирлик, Майдан, Орозбеков, Халмион ж. б. айыл советтеринде), 6 профсоюздук клуб (а. и. Фрунзе ш. т. п-ндагы металлургдардын маданият үйү, 1941-ж. ачылган, залы 1052 орундуу; Хайдаркендеги Сымап комбинатынын маданият үйү, 1941-ж. ачылган, залы 400 орундуу) ж-а 6 автоклуб иштейт (1985). Өздүк көркөм чыгармачылыгынын ж-а ышкыбоздор бирикмелеринин 150 ийрими уюшулган.



А. В. Фуковский

ФРУНЗЕ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук ооруканa (поликлиникасы м-н), Хайдаркен ш. т. п. (Киров көчөсү, 20) ж-а Совет (Комсомол көчөсү, 7), Чабай (2-участка), кыш-нда 250 орундуу 3 шаардык участкалык ооруканa, 310 орундуу айылдык участкалык 3 ооруканa (Факел, Халмион, Үч-Коргон кыш.), 2 айылдык врачтык амбулаторий (Орозбеков, Майдан кыш.), 250 орундуу учук оорулар санаторийи (Кызыл-Булак кыш.), 25 фельдшер-акушердик пункт (ири кышда), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 10 аптека, р-ндук санитариялык-эпидемиология станциясы (Фрунзе кыш., Больничный көчөсү, 7) иштейт (1986). Райондун амбулатория-поликлиникалык мекемелери сменасына 890 кишини кабыл алат; стационарлары 815 орундуу (а. и. 128 оруну кош бойлуу аялдар үчүн). Райондо 128 врач, 492 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 13 врач, 58 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).

ФРУНЗЕ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Райондун калкын 1947-ж. чейин турмуш-тиричилик жактан Кызыл-Кыя ш-ндагы ө. ж. комбинатынын ишканалары тейлеген. 1964-ж. р-ндун аймагында турмуш-тиричилик ишканаларын бириктирген Фрунзе р-ндук турмуш-тиричилик комбинаты түзүлгөн. Бул комбинаттын (администрациясы: Фрунзе кыш.) 64 ишканасы, а. и. 3 ателье, 7 кийим тигүү ж-а 13 бут кийим мастерскою, 15 чач тарач, 3 сүрөткө түшүү жайы, комплекстүү кабыл алуу пункту (ирилери: Майдан, Фрунзе, Чабай ш. т. п-лары) иштейт (1975).

ФРУНЗЕ ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКА ТЕХНИКУМУНУН ОШТОГУ ОКУУ КОНСУЛЬТАЦИЯ ПУНКТУ (Ош ш., Кыргызстан көчөсү, 48[а]). 1968-ж. уюшулган. СССР мамл. бюджети, мамл. камсыздандыруу, бюджеттик эсеп, мамл. банктагы эсеп ж-а оперативдүү техника, сактык кассаларындагы эсеп ж-а оперативдүү техника, өнөр жайдагы бухгалтердик эсеп, айыл чарба өндүрүшүндөгү бухгалтердик эсеп, статистика б-ча адистерди даярдайт. 1985—86-окуу жылында 315 киши окуган, 13 окутуучу иштеген. Китепканасынын 1,3 миң нуска китеби бар.

ФУКОВСКИЙ Александр Васильевич (1920-ж. т., Украин ССРи, Винница обл., Монастырский р-ну, Зарубицы кыш.) — гвардия лейтенанты, Совет Союз. Баатыры (1943). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. 1939-ж. Ош шаардык аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Прибалтика аскер округунун 550-аткычтар полкунун аскердик мектебинде окуган. 1942-жылдын октябрынан Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 18-механикалаштырылган бригаданын (1943-ж. сентябрдан Нежинск механикалаштырылган гвардиялык бригада) аткычтар взводунун командири. 1943-ж. сентябрда Днепр дарыясы үчүн салгылашта өз ротасы м-н Днепрден өтүп (Черновцы облы аймагы), душмандын 11 атакасынын мизин кайтарган ж-а өзүлөрү ээлеген плацдармды кеңейтип, бригаданын башка бөлүктөрүнүн дарыядан өтүшүнө шарт түзгөн. 1948-ж. Ленин орденду Бронетанка ж-а механикалаштырылган аскер окуу жайын бүтүргөн. Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.

ФУТБОЛ ТАЛААЛАРЫ. Областта 747 физкультура коллективинин 250 Ф. т. бар. Аларда 52 штаттык машыктыруучу ж-а коомдук башталышта 2703 инструктор иштейт. Ош ш-нда 70 физкультура коллективинин 14 Ф. т. бар (1986).

Х

ХАИТ-ДӨБӨ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ шоро-башат маданиятына таандык. Кара-Суу оазисинин түн. бөлүгүндө, Савай кыш-на жакын жайгашкан. Түз эмес формада, мунаралар дубалдар м-н курчалган. Түн.-чыгыш тарабындагы дубалына туташ цитадель орун алган. 1954-ж. Т. Г. Оболдуева изилдеген.

ХАЙДАРКЕН (Айдаркен) — Фрунзе р-нундагы Хайдаркен посёлка советине караштуу шаар тибиндеги посёлка (1942-жылдан). Кызыл-Кыя — Баткен авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 45 *км* түш.-батыш тарапта, Фергана темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 83 *км*. Калкы 12 065 (1985). Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Хайдаркен сымап комбинаты, Хайдаркен геология-чалгындоо партиясы иштейт. Үч орто мектеп, мектеп-интернат, муз. мектеп, ооруканa, 8 медпункт, мадания үйү, турмуш-тиричилик комбинаты бар. Х-ге жакын жерде сымап кени чыгат, Обишир I—V үңкүрлөрү, Сол-Үңкүр жайгашкан.



Хайдаркен ш. т. п-ндагы жаңы турак үйлөр.

ХАЙДАРКЕН ЗАКАЗНИГИ Фрунзе р-нунун аймагында. Хайдаркен ашуусуна жакын. 1975-ж. мала кызыл жоогазын өскөн аймакты коргоо максатында уюшулган. Аянты 30 *га*.

ХАЙДАРКЕН ӨРӨӨНҮ Түш. Тянь-Шанда, Сох суусунун алабында, Курук-Сай — Кулдук-Тоо ж-а Катыраң-Тоонун аралыгында 80 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 5—10 *км*, д. дең. бийикт. 1208—3000 *м*. Баш жагы Алаудин ж-а Таркол өрөөндөрүнөн турат. Төм. бөлүгүндө жайылып, Хайдаркен өрөөнүнө өтөт. Жог. бөлүгүндө тоо капталдары жайпагыраак, б. мореналар, тепши сымал өрөөндөр бар. Өрөөнгө тайпак жондор, түздүктөр мүнөздүү. Фундаменти палеозойдун чөкмө тектеринен туруп, анын үстүндө палеоген-неогендин конгломерат кумдук тектери жатат. Алар неотектоникалык бүктөлүүлөргө дуушарланып, өрөөндүн чет-жакаларында майда адырларды пайда кылат. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы —8°С...—10°С, июлдуку 19—22°С. Жылдык жаан-чачыны 300—400 *мм*. Суулары: Сох, Таркол, Алаудин ж. б. Тоолуу бозомтук күрөң ж-а каралжын күрөң топурак басымдуу. Өсүмдүктөрдөн бетеге, шыбак, доңуз сырты, жалбыз, өлөң, арча, төө куйрук, чие, табылгы өсөт. Өрөөн аркылуу Ош — Лейлек, Баткен — Палал, Сох — Риштан авт. жолдору өтөт.

ХАЙДАРКЕН СЫМАП КЕНИ Фрунзе р-нунда. Фрунзе кыш-нан түш.-батыш тарапта, Эшме кырка тоосунун түш. бетинде. Кен археологиялык маалыматтар б-ча 10—11-к-да эле элге белгилүү болгон деп божомолдонот. Кен ж-дө алгачкы геологиялык маалымат 1926-ж. берилген. Геологиялык чалгындоо 1928-жылдан үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө. Натыйжада Хайдаркен кен талаасынан 10дон ашык участка табылган. Кен аймагын силур, девон ж-а карбон мезгилдеринде пайда болгон кумдук, сланец, акиташ тектери, юра, бор мезгилдеринин чопо-кумдук конгломераттары түзөт. Алар татаал бүктөлүүлөргө дуушарланып, тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Бул структуралык түзүлүштөр диабаз-порфирит ж-а сплит дайкаларынын жиреп чыгышына шарт түзгөн. Тоо тектер гидротерм эриндилеринен өзгөрүүлөргө учураган. Сланец м-н акиташ тектеринин кошулган жеринде сымап, флюорит, мышьяк рудалары топтолгон кабат түрүндөгү жаспероиддер пайда болгон. Кендин составында 70тен ашык минерал кездешет. Негизгилери: киноварь, метациннобарит, сфалерит, галенит, антимонит, пирит ж. б. Кендин ө. ж. үчүн мааниси зор; ал дүйнөдөгү ири кендерден. Көп жылдан бери казып алынууда. Анын базасында *Хайдаркен сымап комбинаты* иштеп жатат.

ХАЙДАРКЕН СЫМАП КОМБИНАТЫ, Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Х. с. к. (Фрунзе р-ну, Хайдаркен ш. т. п.). СССРдин түстүү металл министерствосуна карайт. 1942-ж. түзүлгөн. Сымап чыгаруу б-ча өлкөдө алдыңкы орундарды ээлейт. Эки кен башкармасынан (Хайдаркен ж-а Чабай) турат. Металл алуунун бардык баскычтарын (кен казып алуу, ылгоо, эритүү) аткарат. Кендин көпчүлүгү ачык түрдө казып алынат. Комбинатта бир нече



Т. Хасанова



Т. Ф. Хохлов



А. Худайбердиев

миң киши, а. и. 860 коммунисттик эмгектин эпкиндүүсү иштейт.

ХАЙДАРКЕН ФЛЮОРИТ КЕНИ Фрунзе р-нунда. Хайдаркен руднигинин аймагында, Алай кырка тоосунун түн. этегиндеги Эшме-Тоодо жайгашкан. Кен аймагын силур, девон, карбон мезгилдеринин кумдук, акиташ, конгломерат тектери түзөт. Кен киноварь, антимонит ж-а флюорит м-н минералдашкан жаспероид ж-а жаспероиддүү брекчия кабаттарында жайгашкан. Флюорит майда тарам, чогунду ж-а ар кандай формадагы линза, уя түрүндө жатат. Өңү көгүш кызгылтым, сыя көк түстө, тунук. Жалпы запасы 350 миң *т*. Мындан башка рудниктин аймагында метасоматоз процессинен пайда болгон кварц-флюориттүү тоо тектердин көптөгөн сыныкчалары кездешет. Алардан ж-а флюориттен түрдүү кооз буюмдарды жасоого болот.

ХАЛМИОН — кыштак, Фрунзе р-нундагы Халмион айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ноогардан, Жаңы-Айыл, Жошук, Чекилик, Ынтымак, Гүлдерема, Бай-Маала, Өзбек-Маала, Көк-Тал, Курулуш, Ирилеш кыш. да карайт. Райондун борбору Фрунзе кышнан 18 *км* түн. тарапта, Маргалаң темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 25 *км*. 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 4548 (1987). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, 2 бала бакча, оорукана, райондук түрмуш-тиричилик комбинатынын комплекстүү кабыл алуу пункту, маданият үйү, китепкана бар.

ХАСАНОВА Тажихан (1916-ж. т., Ош ш.) — актриса, ырчы, Кыргыз ССРинин эл артисти (1940). 1946-жылдан КПСС мүчөсү. 1927-жылдан Ош өзбек музыкалык драма театрында иштеген. Аткарган ролдору: Гүлчахра (У. Гажибеков, «Аршин мал алан»), Лейли (Ш. Хуршид, «Лейли менен Межнун»), Ширин (Ш. Хуршид, «Фархад менен Ширин»), Зухра (С. Абдулла, «Тахир менен Зухра»), Зулайка (Ж. Турусбеков, «Ажал ордуна») ж. б. Хасанова бийчи, ырчы катары да таанымал. Москвада өткөн Кыргыз иск-восунун 1-он күндүгүнө (1939) ж-а Кыргыз иск-восу м-н адабиятынын 2-он күндүгүнө (1958) катышкан. 1947—59-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

ХАУЗА (Авиз)— кыштак, Араван р-нундагы Төө-Моюн айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жеке-Мисте, Ак-Шор, Найман, Сары-Таш, Сырт, Керки-Дөң кыш. да карайт. Кызыл-Кыя — Мархамат авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Араван кыш-нан 50 *км* түш.-батыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 10 *км*. 1912-ж. негизделген. Калкы 1539 (1987). Нег. чарбасы — пахта өстүрүү, мал багуу. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, бала бакча, оорукана, поликлиника, клуб, китепкана бар.

ХОЖАМБАГ ТУРГУН ЖАЙЫ Отуз-Адыр кыш-нын чыгышында, Талдык суусунун б. нугунун боюнда жайгашкан. Соңку коло доорунун чуст маданиятына таандык. Бир нече дөбөдөн турат. Аянты 4 *га*. Коло доорунда Кара-Суу оазисинин борбору болсо керек. 1976-ж. Ю. А. Заднепровский бир нече дөбөнү казган. Бир дөбөдөн 4—5 бөлмөлүү үйдүн бир бөлүгү, экинчисинде эгин сактоочу ороолору бар короонун бир бөлүгү ачылган. Чуст маданиятына мүнөздүү карапа ж-а таш буюмдар табылган. Тургун жайдын батыш тарабынан 1976—77-ж. Ю. А. Заднепровский шоро-башат маданиятына (б. з. ч. 4—1-к.) таандык чарбактын калдыгын изилдеген. Чарбак чарчы формада 7 бөлмөдөн турган. Үйдүн ичинен очоктун орду, бүтүн идиштер ж. б. табылган.

ХОЖЕНТ УЕЗДИ — 1887—1924-ждагы Түркстан генерал-губернаторлугунун Самаркан обл-ндагы админ.-аймактык бирдик.

ХОХЛОВ Тимофей Фёдорович (1895,

Харьков губерниясы, Старобельск уезди, Боровский кыш. —1929, Чаткал) — Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөштүн активдүү катышуучусу. 1917-жылдан Компартия мүчөсү. 1917-ж. Старобельск уездинде Совет бийлигин орнотууга катышкан. 1919-жылдан Украинада, 1925-жылдан Түркстанда Бүткүлроссиялык өзгөчө комитет органдарында иштеген. 1926-ж. Ош чек ара участкасында коменданттын орун басары. Кулак-байларга каршы тынымсыз күрөшүп, парт. ж-а сов. органдарга, округдун эмгекчилерине жер-суу реформасын жүргүзүүгө жардамдашкан. «Ардактуу чекист» белгиси, Кыргыз АССР БАКтын ж-а Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин Грамотасы м-н сыйланган. Басмачыларга каршы күрөштө курман болгон. Анын ысмы Ош ш-ндагы көчө, пионердик дружина аталган.

ХУДАЙБЕРДИЕВ Ахмадали (1920, Базар-Коргон р-ну, Базар-Коргон кыш. —1985, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1968-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1930—40, 1948—61-ж. Базар-Коргон р-ндагы «Кеңеш-Көчө» к-зунда иштеген. 1962-жылдан ушул эле р-ндун «Комсомол» к-зунун пахтачылык бригадасын жетектеген. Анын бригадасы 1976—77-ж. ар гектар аянттан 45 цден пахта жыйнап алган. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, медалдар м-н сыйланган.

«ХУЖУМ» —20-жылдардын аягында Советтик чыгыш аялдарын азаттыкка чыгаруу кыймылы. Өзбек, тажик аялдары паранжылары м-н чачвандарын таштап, жерг. улуттагы аялдарды аймактын коомдук-саясий турмушуна ж-а социалисттик эмгекке катышууга үндөшкөн. ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун демилгеси б-ча 1926-ж. сентябрдан башталган. Ушул мезгилде Орто Азияда патриархалдык-феодалдык мамилелердин ж-а уруулук үрп-адаттардын саркындыларына каршы күрөшүү үчүн зарыл социалдык-экон. шарттар түзүлгөн. Аялдардын коомдон четтеп калышы ж-а үй-бүлө башчысына экон. жактан көз каранды болушу социалисттик курулуштун андан ары өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. Кыргызстандын түштүгүндө «Х.» кыймылын Ош парт. уюму ж-а Ош советинин аткаруу к-ти жетектеген. Аялдар арасында үгүт-пропаганда иштерин парт. уюмдардын аялдар бөлүмү, айрым комиссиялар жүргүзгөн. Ош кантонунун аялдар бөлүмүнүн отчётуна караганда 1927-жылдын 8-мартына карата 649, андан кийин дагы 94, кийинчерээк 100—120 аял паранжысын таштаган. Бир нече күндүн ичинде оштук 2 миң аял паранжысын өрттөгөн.

Ц

ЦАРЕНКО Лаврентий Иванович (1914, азыркы Өзгөн р-ну, Ленин кыш. — 1973, Фрунзе ш.) — гвардия лейтенанты, Сов. Союз. Баатыры (1944). 1943-жылдан КПСС мүчөсү. 1942-ж. Куршаб р-ндук аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. 1943-ж. июлдан Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде механикалаштырылган 7-бригаданын гвардиялык 43-полктун танк командири катары Воронеж, 1-Украин, 3-Белорус, 3-Прибалтика фронтторунда салгылашкан. Шауляй ж-а Елгава ш. үчүн салгылашта эрдик көрсөткөн. 1944-ж. танкалар тобунун командири. Ал командалык кылган танкалар тобу Тукума ш. тушта душмандын ооруруна кирип алып, аларды чегинүүгө аргасыз кылган. Прибалтикада фашисттик топторду ж-а япон милитаристтерин талкалоого катышкан. Согуштан кийин Сов. Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Сөөгү Фрунзе ш-на коюлган. Портрети 470-бетте.

ЦЕНТРАЛЬНЫЙ — кыштак, Лейлек р-нундагы Жаңы-Жер айыл советинин борбору. Бул айыл советине Арка, Достук кыш. да карайт. Райондун борбору Исфана кыш-нан 73 *км* түн.-чыгыш тарапта, Гафуров темир жол станциясынан (Тажик ССРи) 8 *км*. Калкы 1581 (1986). Нег. чарбасы — жүзүм өстүрүү. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, аптека, клуб, китепкана ж. б. бар.

«ЦЕНТРСОЮЗПРОЕКТ» ИНСТИТУТУНУН КЫРГЫЗ ФИЛИАЛЫНЫН ОШТОГУ КОМПЛЕКСТҮҮ ДОЛБООРЛОО БӨЛҮМҮ (Ош ш., Тельман көчөсү, 165). 1977-ж. уюшулган. Ош обл. керек-жарак коомунун буйрутмасы



Л. И. Царенко



Б. И. Цинделис

б-ча айыл-кыштактарга ылайыкталган соода ишканаларынын кабыл алуудаярдоо пункттарынын типтүү долбоорун түзөт. Курулуш секторунан, сантехник ж-а электриктер, смета, долбоор түзүү топторунан турат. Ар кандай курулуш адистиктери б-ча 25 киши иштейт (1985).

ЦИНДЕЛИС Берелис Израилович (1916, Литва, Рокишкис ш. —1944, Литва ССРи, Патегяй ш.) — катардагы жоокер, Сов. Союз. Баатыры (1945). 1937—41-ж. тиш техниги болуп иштеген. 1942-ж. Ош шаардык аскер комиссариатынан Кызыл Армиянын катарына чакырылган. Литва 16-аткычтар дивизиясынын 167-полкунун 3-ротасына наводчик болуп алынган. Борбордук ж-а 1-Прибалтика фронтторунда салгылашкан. Прибалтиканы бошотууда Плайне кыш-нын жанындагы бийиктикти ээлөө үчүн салгылашта каармандык көрсөткөн. Анын ысмы м-н Ош, Рокишкис, Патегяй ш-нда көчө, пионер кошуундары аталган.

Ч

ЧАБАЙ (Чаувай)— Фрунзе р-нундагы Чабай посёлка советине караштуу шаар тибиндеги посёлка (1947-жылдан). Исфайрам-Сай суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Фрунзе кыш-нан 70 *км* чыгыш тарапта, Кызыл-Кыя темир жол станциясынан 32 *км*. Калкы 2321 (1985). Ч-да Хайдаркен сымап комбинатынын Чабай кен башкармасы жайгашкан. Орто ж-а сегиз жылдык мектеп, оорукана, 2 клуб, 2 китепкана ж. б. бар.

ЧАБАЙ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы сымап ж-а сурьма рудасы бар жер. Кызыл-Кыя ш-нан түш.-чыгышта, Алай кырка тоосунун түн. этегинде, Чабай суусунун боюнда. Кен жерг. элге илгертен белгилүү (10—13-к-дагы кен казындылары табылган). 1914-ж. кен катары ачылып, 1930 ж-а 1940-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын силурдун терриген чөкмө тектери, девон м-н карбондун доломит, акиташ, тоо тек катмарлары, неоген-антропогендин борпоң чөкмөлөрү түзөт. Бул тектер бүктөлүүгө дуушарланып, батыштан чыгышты карай созулган антиклиналь структурасын пайда кылган. Анын түш. канаты тектоникалык жарака м-н тилмеленген. Руда тулкулары кабат, линза, тарам ж-а уюк түрүндөгү кремнийлүү, карбонат-кремнийлүү ж-а акиташ-кальциттүү брекчиялардан турат. Алардын калыңдыгы 0,5—12 *м*, уз. 60—120 *м*. Руда минералдары брекчиянын цементине топтолгон. Алардын негизгилери: киноварь, антимонит, реальгар, аурипигмент, халькопирит, малахит, азурит ж. б. Кен 1942-жылдан казып алынууда.

ЧАК — Алай өрөөнүндөгү дөбө мүрзөлөр. Кызыл-Суунун оң куймасы Көк-Суунун сол өйүзүндө (Дароот-Коргон кыш-нан 10 *км* батыш тарапта) жайгашкан. Сак урууларына (б. з. ч. 5—3-к.) таандык. 40тай дөбө мүрзөдөн турат. 1956-ж. А. Н. Бернштам устундар м-н кабатталган жапма көрлүү 8 дөбө мүрзөнү казган. Чопо чөйчөк, коло күзгү, темир бычак, жыгач оттук, жука алтын табылган.

ЧАЛКУЙРУК — АК-ЖЫЛГА КЕНДЕР ТОБУ — Ноокат р-нундагы мышьяк рудасы табылган жер. Ош ш-нан 105 *км* түш.-чыгышта, Ак-Буура капчыгайынын чыгыш капталында жайгашкан. 1816-ж. табылган. Кен аймагын силур, девон, таш көмүр мезгилдеринде пайда болгон кремний, сланец, алевролит, конгломерат ж-а акиташ чөкмө тектери түзөт. Аларды пермь мезгилинде монцонит-диорит интрузиясы жиреп чыккан. Чөкмө тоо тектер татаал бүктөлүүлөргө дуушарланып, тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Кен интрузия м-н чөкмө тектердин кошулган жериндеги жаракаларда ж-а скарндарда топтолгон. Жалпы аянты 10 *км*². Кен тарамдары мономинералдуу кварц, кальциттен ж-а көп

минералдуу кварц-кальцит, кальцит-сапропелиттерден түзүлгөн. Рудалуу талаада 40тан ашык тарам бар. Алардын орт. уз. 12—15 *м*, калыңдыгы 0,2—0,6 *м*. Скарн линзаларынын уз. 800 *м*ге чейин жетет. Тарамдарда ж-а скарндарда мышьяк, кобальт бар. 1941—44-ж. казып алуу жумуштары жүргүзүлүп, запасы аз болгондуктан токтотулган.

ЧАЛКУЙРУК ӨРӨӨНҮ Кичи-Алай кырка тоосунун чыгышында, Ак-Буура суусунун алабында жайгашкан. Ак-Төр-Коргон ж-а Сарыкой тоолорунун аралыгында. Кара-Суу р-нун аймагында бир нече майда өрөөндөрдөн (Чалкуйрук, Жол-Чырак, Каракол, Кашка-Суу, Сарыкой ж-а Калта-Боз) турат. Уз. 40 *км*ден ашык, туурасы 1—3 *км*, айрым жерлерде 5—6 *км*. Д. деңг. орт. бийикт. 2600 *м*. Төм. бөлүгү кууш капчыгайлуу келип, тик аскалуу беттер, бийик жарлар, корумдар мүнөздүү. Ортоңку бөлүгүндө б. моренадар, жер көчкүлөр, тепши сымал түздүктөр, быткылдар кездешет. Жог. бөлүгүндө б. ж-а азыркы мореналар, талкаланып тегизделген тоо кырлары, кум-шагылдуу жалпак беттер басымдуу. Кышы суук, ызгаардуу, жайы салкын. Январдын орт. темп-расы —30...—35°С, июлдуку 18—20°С, жылдык жаан-чачыны 450—500 *мм*. Нег. суулары: Сарыкой, Калта-Боз, Жол-Чырак, Кашка-Суу, Чалкуйрук. Тоо-күрөң ж-а кара топурактуу. Талаа,. токойлуу талаа, токой шалбаа алкактары басымдуу. Жайыт.

ЧАНАЧ — Ала-Бука р-нундагы суу, Пача-Ата суусунун оң куймасы. Чаткал кырка тоосундагы Чанач ашуусу тушта башталып, түш.-чыгышты карай агат. Уз. 48 *км*, алабынын аянты 135 *км*². Чанач капчыгайы аркылуу шар агып, Ак-Башат тоосунан өткөндө жайылып кетет. Ак-Там кыш-нан 12 *км* төмөн Пача-Ата суусуна куят. Кар, жаан-чачын, булак сууларынан куралат. Жаз айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 1,76 *м*³/*сек*; эң көбү июнда (7,9 *м*³/*сек*), эң азы мартта (0,61 *м*³/*сек*) байкалат. Өрөөнгө чыкканда бир нече сугат каналдарына бөлүнүп кетет.

ЧАНАЧ АШУУСУ Чаткал кырка тоосунун орто бөлүгүндө. Бийикт. 3408 *м*. Неоген, антропоген мезгилдеринде мезозой тоо тектеринин жал сыяктуу көтөрүлүшүнөн пайда болгон тоо кыркасынын бели. Бийик тоолуу, тик аскалуу, гляциалдык альп рельефи мүнөздүү. Ашуудан Чанач суусу башталат. Түн. бети жантайыңкы, нивалдык сейрек өсүмдүктөр кездешет, түштүгү тигирээк, жылаңач. Белинде өсүмдүк жок. Ашуу май — октябрь айларында ачык. Фергана ж-а Чаткал өрөөндөрүн байланыштырган авт. жолу өтөт.

ЧАНАЧ ЗАКАЗНИГИ (Каныш) Чаткал өрөөнүндө. Ал «СССРдин Кызыл китебине» кирген Кауфман жоогазыны ж-а Корольков шалфейи өскөн аймакты коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Аянты 40 *га*.

ЧАНДАЛАШ (Сандалаш) — Ала-Бука р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Чаткал суусунун оң куймасы. Талас Ала-Тоосунун түш. капталындагы көлдөн башталып, Пскем ж-а Чандалаш кырка тоолору аркылуу агып түшөт. Уз. 94 *км*, алабынын аянты 1157 *км*². Мөңгү ж-а кар сууларынан куралат. Ири куймалары: Кара-Жаңырык, Эшек-Өлдү, Тегирмен-Сай ж. б. Апрель — сентябрь айларында кирет. Жылдык орт. чыгымы 11,7 *м*³/*сек*; эң көбү июнда (30,1) *м*³/*сек*), эң азы мартта (2,8—2,9 *м*³/*сек*) байкалат.

ЧАНДАЛАШ (САНДАЛАШ) АҢЧЫЛЫК ЗАКАЗНИГИ. Сандалаш суусунун жог. агымында жайгашкан. 1975-ж. сейрек кездешүүчү айбанаттар мекендеген аймакты коргоо максатында түзүлгөн. Чандалаш, Пскем кырка тоолорунун ж-а Талас Ала-Тоосунун бийик тоолуу капталдарын аркаркулжа, тоо теке, илбирс, бүркүт, жору, ак кажыр, улар мекендейт. Чандалаш суусунун өрөөнү ж-а тоо этектеринде доңуз, сүлөөсүн, аюу кездешет. Заказникти мекендеген айбанаттар м-н куштардын 9 түрү «СССРдин Кызыл китебине» катталган. Аянты 35 миң *га*.

ЧАНДАЛАШ (САНДАЛАШ) КЫРКА ТООСУ Түш.-Батыш Тянь-Шанда. Чаткал м-н Чандалаш өрөөндөрүнүн аралыгында түн.-чыгыштан түш.-батышты карай 72 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 10—18 *км*. Түн.-чыгышында Ашуу-Тор бели тушта Талас Ала-Тоосу м-н тутумдашат. Орт. бийикт. 3550 *м*, эң бийик чокусу 4114 *м* (борб. бөлүгүндө). Түн.-чыгышка (Талас Ала-Тоосунун күнгөй капталдарына) карай 3350 *м*ге көтөрүлүп, түш.-батышта (Чаткал м-н Чандалаш суулары кошулган тушта) 1500 *м*ге чейин жапыздайт. Ашуулары д. деңг. 3250—3300 *м* бийиктикте жатат. Тектоникалык жактан Ч. (С.) к. т.— горст-антиклиналь. Девондун аягы м-н карбондун башында пайда болгон

мраморлошкон акиташ тектеринен турат. Кум-Бел өзөнүнөн чыгышыраак жакта силурдун сланецтери м-н девон-дун кумдуктары кеңири таралган. Түш. этеги б-ча тектоникалык жарака өтөт. Негизинен түн.-батышка караган бетери кыскараак ж-а тигирээк, түш.-батыш бөлүгү гана жазы, айдөш. Түш.-чыгыш капталдары жайык, этек жагы бөксөлүү. 3500 *м*ден жогору жаткан кырлары аска-зоокалуу, шагыл таштуу. 2700—3300 *м* бийиктикте түркүн чөп-бетеге шалбаалуу талаа алкагы жайгашкан. Сейрек арча өсөт; жапалак арчалар да бар. Тескей беттеринде өлөндүү шалбаа басымдуу. Топурагы тоо шалбаалуу, айрым жерлерде шалбаа-талаалуу. 2700 *м*ден жогору күңгөй тарабында бетеге, ак кылкандуу талаа ландшафты (кийик от, бөрү куйрук ж. б., бадалдардан шилби, ит мурун, бөрү карагат, ыргай, табылгы ж. б.), 2200—2700 *м* бийиктикке чатыр сабактуу (аюу чач, шашыр) аралаш өскөн талаа ландшафты мүнөздүү. Күңүрт күрөң ж-а шалбаалуу талаа топурактуу. Тоо этектерин (2200 *м*ге чейин) шыбак-кылкан чөптүү, аюу чач-шыбактуу кургак талаа ээлейт. Эфемер өсүмдүктөрү көп. Күрөң ж-а ачык күрөң топурактуу. Жайыт. Жаан-чачын көп түшүүчү түзөң жерлеринде кайрак эгин эгилет.

ЧАНДАЛАШ (САНДАЛАШ) ӨРӨӨНҮ Түш.-Батыш Тянь-Шанда, Пскем ж-а Чандалаш кырка тоолорунун аралыгында жайгашкан. Уз. 75 *км*, жазылыгы 3—20 *км*. Д. дең. бийикт. баш жагында (Чакмактын чатында) 2600 *м*, оозунда (Жаңы-Базар кыш. туштa) 1500 *м*. Өрөөн капчыгай сымал куушү, айрым жерлери тектирлүү. Ч. (С.) ө. — палеозой фундаментинин жантайыңкы синклиналдык бүктөлүүсү. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 5—22°С, январдыкы —10... —15°С. Жылдык жаан-чачыны 437—900 *мм*. Өрөөн аркылуу Чандалаш суусу ж-а анын куймалары (Ачык-Таш, Токмок-Салды ж. б.) агат. Өрөөндүн таманына ж-а бөксөлөргө (1500—2000 *м* бийиктикте) шыбак-кылкандуу, ачык күрөң топурактуу кургак талаа, суу бойлорунда кургак токой ж-а бадал (терек, тал, кайың, шилби, ит мурун, бөрү карагат, жылгын ж. б.), 2000—2900 *м* бийиктикке талаа ландшафты (буудайык, бетеге, аюу чач, шашыр, көкөмерен, ак кылкан ж. б.) мүнөздүү. Андан жогору (2900—3700 *м*) альп ж-а субальп шалбаасы, гляциалдык-нивалдык (3500—3600 *м*-ден өйдө) алкактар жайгашкан. Жайыт.

ЧАНЧАРХАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ 10—12-к-га таандык. Терс суусуна Чаткал суусу куйган жерде жайгашкан. Аянты 240×300 *м*. Шаар чалдыбарынын аймагында көптөгөн куруулуш калдыктары сакталган; казыла элек. Фергана өрөөнүнө ж-а Ташкен оазисине өтүүчү соода жолунун боюнан орун алган. Түн. ж-а батыш тарабынан суу, чыгышынан терең сай ж-а чеп м-н курчалган. Калкы кол өнөрчүлүк, соода ж-а дыйканчылык м-н кесип кылшкан. 1950-ж. А. К. Кибиров ачкан. Шаар чалдыбардын түш.-чыгыш тарабында дөбөлөрүнүн диаметри 10—15 *м* ж-а бийикт. 0,8—1,5 *м* келген 100дөй дөбө мүрзө жайгашкан. Бул мүрзөлөрдү 1950—51-ж. А. К. Кибиров, 1955-ж. Ю. А. Заднепровский, 1981-ж. Ы. Кожомбердиев изилдеген. 1—12-к-га таандык тиричилик буюмдары, курал-жарак, асем буюмдар табылган.

ЧАҢГЕТ — Сузак р-нундагы суу, Көгарттын сол куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталат. Башы Ор-Казган, ортоңку бөлүгү Ийри-Суу аталат. 10 куймасы бар; ирилери — Чоң-Таш, Ийри-Суу ж. б. Кар, жаан-чачын ж-а булак суу-ларынан куралат. Жазында кирип, жайында тартылат. Ташкындар көп байкалат. Көп жылдык орт. чыгымы Чаңгет кыш. туштa 23 $м^3/сек$; эң көбү апрелде (15,8 $м^3/сек$), эң азы сентябрда (0,9 $м^3/сек$) байкалат. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Чаңгет, Барпы кыш. жайгашкан.

ЧАҢГЕТ-СУУ ГИПС КЕНИ Сузак р-нунда. Боз-Чычкан кыш-нан 4 *км* түн.-чыгышта, Чаңгет-Суу адырында жайгашкан. 1946-жылдан белгилүү. Кен аймагын палеогендин чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу гипс катмары доломиттешкен акиташтын ж-а чопонун арасында жатат. Мында гипстин тогуз катмары бар. Алардын жалпы калыңдыгы 22 *м* (айрым катмарларында калыңдыгы 1,5—5,7 *м*), уз. 3 *км*ге чейин. Өңү ак, саргыч; таза гипс эң үстүңкү катмарында. Таза гипстин запасы C_1 категориясы б-ча 257,8 миң $м^3$.

ЧАҢГЕТ-СУУ ДОЛОМИТ КЕНИ Сузак р-нунда. Жалал-Абад ш-нан 11 *км* түш.-чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин түш. этегинде. Кен аймагын мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон чөкмө тоо тектер түзөт. Доломит палеоген мезгилинде пайда болгон тоо тектердин арасында жатат. Эки кабаттан турат. Алардын орт. калыңдыгы 3,87 *м*, уз. 1 *км*ден ашат. Доломиттин өңү кызгылтым, саргыч, бозомук, агыш. Жаракаланып, көлөмү бир нече $м^3$ге жеткен блокторго бөлүнгөн. Оңой сайкалданат. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 1067 миң $м^3$; C_2—750,6 миң $м^3$. Имараттын дубалдарын кооздоп каптоого жарамдуу.

ЧАҢГЕТ-СУУ ЧОПО КЕНИ Сузак р-нунда Жалал-Абад ш-нан 10 *км* түш.-чыгышта, Чаңгет суусунун оң өйүзүндө. 1950-ж. табылган. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тектер түзөт. Пайдалуу катмар чоподон турат. Калыңдыгы 5 *м*, уз. 1,5 *км*ге созулат. Чопо кызгылтым түстө, арасында ак ж-а жашыл түстөгү гипстин линзалары бар. Химиялык технологиялык касиети б-ча чопо карапа ж-а «75», «100» маркасындагы курулуш кирпичин жасоого жарамдуу. Запасы А категориясы б-ча 418,2 $м^3$, В—78,6 $м^3$, C_1—126,3 $м^3$.

ЧАҢГЫР-ТАШ ГИПС КЕНИ Сузак р-нунда. Чаңгыр-Таш кыш-нан 1,5 *км* батыш тарапта, Кара-Дарыянын оң өйүзүндө жайгашкан. 1931-ж. табылган. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон доломиттешкен акиташ теги, чопо, мергель, кумдук, тоонун калыңдыгы 30 *м*ге жетет. Катмардагы гипс 98%; ак түстө, майда бүртүкчөлүү, оңой сайкалданат. 1-сорттогу гипс ташын алууга жарактуу. Запасы $A+B+C_1$ категориялары б-ча 513 миң *т*.

ЧАҢГЫР-ТАШ КҮКҮРТ КЕНИ Сузак р-нунда. Жалал-Абад ш-нан 18 *км* түш.-батышта, Кара-Дарыянын оң өйүзүндө, Көгарт суусунун чатынан төмөнүрөөк жайгашкан. 1931-ж. табылган. Кен аймагын бор, палеоген-неоген ж-а антропогендин чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу кабат палеоген мезгилинде пайда болгон мергелдүү акиташ тегинде топтолгон. Нукура күкүрттүү кабаттын уз. 1500—1800 *м*. Руда тулкусу линза ж-а кабатча түрүндө төрт аянтта жайгашкан. Тулкулардын калыңдыгы 0,5—9,0 *м*. Кендеги күкүрттүн орт. өлчөмү 14,8%. Нукура күкүрттүн пайда болушу нефть м-н байланыштуу (к. *Чаңгыр-Таш нефть-газ кени*). 1934—51-ж. казып алынып турган.

ЧАҢГЫР-ТАШ МИНЕРАЛДУУ СУУ-СУ — Сузак р-нундагы дарылык касиети бар минералдуу жылуу булактар. Жалал-Абад ш-нан 15 *км* түш.-батышта, Акман адырларынын түш. этегинде, д. дең. 1075 *м* бийиктикте жайгашкан. 1948—49-ж. изилденип, дарылык касиети, химиялык составы аныкталган. Суу палеоген мезгилинин деңиз ж-а континенттик шартта пайда болгон чөкмө тоо тектеринде 200—240 *м* тереңдикте топтолгон. Жердин үстүнө бургулоо көзөнөктөрү м-н агып чыгат. Чыгымы 0,02—1,5 *л/сек*. Суунун темп-расы 21—30°С, аз минералдашкан, сульфид-хлорид-натрий-калийлүү. Химиялык касиети б-ча Мацеста минерал сууларына окшош. Составында йод 9 *мг/л*, бор 127 *мг/л*, бром 4 *мг/л*, күкүрттүү суутек 0,0014—0,005 *мг/л* өлчөмүндө кездешет. Нерв, тери ж-а муун ооруларын дарылоого болот. Суу терең жайгашып, запасы аз болгондуктан үстүңкү катмардын кыртыш суулары м-н аралашып дарылык касиетин начарлаткандыктан аҙырынча пайдаланылбайт.

ЧАҢГЫР-ТАШ НЕФТЬ-ГАЗ КЕНИ Сузак р-нунда. Жалал-Абад ш-нан 30 *км* батыш тарапта, Акман адырларынын түш. этегинде жайгашкан. 1932-жылдан белгилүү. Кен аймагын неоген, палеоген ж-а бор мезгилдеринде пайда болгон чопо, кумдук, алевролит, доломит ж-а акиташ тектери түзөт. Нефть м-н газ палеоген мезгилинин майда бүртүкчөлүү, ачык күрөң, агыш боз түстөгү кумдук ж-а акиташ тегинде топтолгон. Кабаттардын орт. калыңдыгы 25,16 *м*. Нефть жеңил, салыштырма салмагы 0,849, парафиндүү акциздик чайырлар 28—32%. Бургулоо көзөнөгүнөн нефтинин чыгышы суткасына 0,8—2,1 *т*. Кен кабаттарынын аянты 2,8×3,7 *км*ге жетет. Газ нефть м-н кошо чыгат. Салыштырма салмагы 0,82—0,87; составында 70—80% метан, 11% азот бар. Кенден 1938-жылдан нефть ж-а газ алынат.

ЧАПАЕВ — кыштак, Ноокат р-ндагы Чечме-Сай айыл советинин борбору. Бул айыл советине Калинин, Арал, Кара-Кокту, Капчыгай, Будайлык, Барын кыш. да карайт. Райондун борбору Эски-Ноокат кыш-на чектеш (чыгышынан); Ош темир жол станциясынан 40 *км*. 1929-ж. негизделген. Калкы 8436 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Эки орто мектеп,

бала бакча, китепкана, маданият үйү, р-ндук санитария-эпидемиология станциясы ж. б. бар.

ЧАПАЕВ АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Ноокат р-ндагы чарба (башкармасы: Эски-Ноокат кыш.). 1930-ж. уюшулган. 1961-ж. «Арал», С. М. Киров атн., М. И. Калинин атн. к-здор м-н биригиктирилген. Сүт алууга ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген. 28,6 миң *га* (а. и. 10,6 миң *га* а. ч-га жараштуу) жери, 2,3 миң бодо мал, 2,8 миңден ашык кой-эчкиси бар (1985).

ЧАПАЕВ В. И. БЮСТУ. 1963-ж. Ноокат р-ндагы Чапаев В. И. атн. колхоздун башкармасынын алдында тургузулган. Бюсттун бийикт. 1 *м*, постаменти м-н кошо 3,5 *м*. Бетондон курулган. Скульп. — Г. Бурлин, арх. — А. Исаев.

ЧАПЧЫМА АШУУСУ Чаткал кырка тоосунун борб. бөлүгүндө. Бийикт. 2841 *м*. Касан-Сайга караган бети тигирээк. Талаа-шалбаа өсүмдүгү басымдуу. Кар калың түшкөн жылдары ашууну күрткү басып, жол катнаш начарлайт. Ашууда жол эксплуатациялоочу участкасы, түн. бетинде Ангрен метеостанциясы бар. Ашуу аркылуу Касан-Сай ж-а Чаткал өрөөндөрүн байланыштыруучу авт. жолу өтөт.

ЧАРТАК-САЙ (Ренжит) — Жаңы-Жол р-ндагы суу. Нарын дарыясынын алабында. Уз. 67 *км*, алабынын аянты 715 *км*^{2}. Бозбу-Тоонун түш. капталынан башталып, кууш ж-а анча терең эмес капчыгай аркылуу агат. Мундуз кыш-нан төмөн өрөөнү кеңейип, тоо этегинде түздүктө салааланып барып, жерге сиңип жок болот. Суу кирген мезгилде гана Нарынга кошулат. Апрелде кирип, августта тартылат. Жылдык орт. чыгымы 1,78 *м*^{3}/*сек*. Кээ бир жылдарда жазгы жамгырдан ташкындап, үйөр жүрөт. Сугатка пайдаланылат. Кан-Арык каналы аркылуу Түн. Фергана каналына кошулат. Боюнда Мундуз, Пишкаран ж. б. кыш. жайгашкан.

ЧАТКАЛ — Түш.-Батыш Тянь-Шандагы суу, Чыйырчыктын сол курамы. Талас Ала-Тоосу м-н Чаткал кырка тоосунун туташкан жеринен башталып, Чаткал өрөөнү аркылуу түш. батышты карай агат. Уз. 217 *км*, алабынын аянты 7110 *км*^{2}. Башы Кара-Кулжа аталат. Жог. бөлүгү тик, терең сай. Кара-Терек суусу куйгандан баштап кенен жайылма аркылуу агат. Терс суусу куйгандан кийин Кум-Бел тоосун кесип өтүп кенен өрөөнгө чыгат. 90дой куймасы бар. Ирилери: Ак-Суу, Чандалаш, Терс, Афлатун, Кара-Кысмак, Көк-Суу, Беш-Терек ж. б. Кар ж-а мөңгү сууларынан куралат. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Кышында тоңот. Сугатка пайдаланылат. Жылдык орт. чыгымы 122 *м*^{3}/*сек* (Чарбак кыш. туштa). Боюнда Ак-Таш, Айгыр-Жал, Жаңы-Базар кыш. жайгашкан. Төм. агымында Чарбак суу сактагычы (Өзбек ССРи) курулган.

ЧАТКАЛ ГЕОЛОГИЯ ЭКСПЕДИЦИЯСЫ 1980-ж. Түн. Кырг-н ж-а Түш. Кырг-н геология экспедицияларынын бир нече геологиялык чалгындоо ж-а кен издөө партияларынын базасында түзүлгөн. Нег. милдеттери — Терек-Сай сурьма ишканасын руда м-н камсыз кылуу үчүн кен издөө ж-а чалгындоо. Экспедиция түндүгүнөн Талас Ала-Тоосу, чыгышынан Нарын дарыясы, батышы м-н түштүгүнөн Кырг-ндын чек арасына чейинки аймактарды, атап айтканда Чаткал, Чандалаш кырка тоолорун, Касан-Сай, Чаткал өрөөндөрүн изилдейт. Ак-Терек кыш. ж. б. жерлерде базасы бар. Экспедицияда 700 киши иштейт (1986).

ЧАТКАЛ ЗАКАЗНИГИ Чаткал р-нунун аймагында. Чандалаш капчыгайынын батыш капталында. Эталон катары алынган орто бийик тоолуу бадал аралаш өскөн аюу чачтуу талааны коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Андагы өсүмдүктөрдүн 5 түрү (жоогазын, Пскем пиязы, Корольков шалфейи, бадам, бийик карындыз) «СССРдин Кызыл китебине» катталган. Аянты 600 *га*.

ЧАТКАЛ КЫРКА ТООСУ Түш.-Батыш Тянь-Шанда, Талас Ала-Тоосу м-н Ат-Ойнок кырка тоосунун бириккен жеринен түш.-батышты карай 225 *км*ге созулуп жатат. Туурасы борб. бөлүгүндө 50—60 *км*, орт. бийикт. 3500 *м*, эң бийик жери 4503 *м* (Афлатун чокусу). Тоо батыштан чыгышты карай бийиктейт. Түн.-батыш капталдары кыска, түш.-чыгышы жазы. Суу бөлгүч кырлары тик, аска-зоокалуу, алардан бир нече майда тоолор тарайт. Чапчыма ашуусуна жакын жапыздап, Ангрен м-н Касан-Сайдын суу бөлгүчтөрүндө кыр тилкелери кеңейип, үстү тегиз жондорго айланат. Чыгыш бөлүгү бийик, тик. Кырка тоонун түш.-батыш бөлүгүндө палеозойдун сланецтери, алевролит, акиташ теги, борб. бөлүгү б. плагиограниттер, протерозойдун

кристаллдуу гнейс, силур, девон ж-а таш көмүр мезгилдеринин кумдук, алевролит, акиташ, жанар тоо тектери кеңири таралган. Тоо этектериндеги адырлар м-н ойдуңдарда неогендин ж-а антропогендин чөкмөлөрү топтолгон. Кен байлыктары: коргошун, күмүш, цинк, сурьма ж-а курулуш материалдары. 18 майда мөңгү бар. Ашуулары: Ак-Таш, Кең-Саз, Чапчыма. Түн. капталдарынан Чаткал суусунун сол куймалары (Терс, Кара-Терек, Кара-Токо ж.б), түш. капталынан Кара-Суу, Касан-Сай, Пача-Ата, Гава-Сай ж. б. суулар агып түшөт. Ири көлдөрү: Сары-Челек, Кара-Токо. Кышкысын кыштоо, жайкысын жайлоо катары пайдаланылат.

«ЧАТКАЛ ОТТОРУ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Чаткал р-ндук к-тинин ж-а р-ндук Эл депутаттар советинин органы (редакциясы: Каныш Кыя кыш.). 1984-ж. негизделген. Кыргыз тилинде чыгат. Бир жолку тиражы 2,5 миң (1985). Редакциянын өзүндөгү полиграфия цехинде басылат.

ЧАТКАЛ ӨРӨӨНҮ. Түш.-Батыш Тянь-Шанда, Чаткал ж-а Пскем, Чандалаш кырка тоолорунун аралыгында 900—2500 *м* бийиктикте жайгашкан. Уз. 200 *км*, туурасы 10—15 *км*, аянты 5 миң *км*^{2}. Өрөөндүн төр жагы кууш. Чаткал суусунун кууш капчыгайы бара-бара кенен төрлөргө өтөт. Чаткал м-н Чандалаш суулары кошулган жерде түш.-батышты көздөй кеңейип, жазы түздүккө айланат. Өрөөндө шагыл, кум, чопо м-н төшөлгөн 4 тектир бар. Алардын беттери өзөндөр м-н тилменген. Өрөөндүн сол четиндеги жантайыңкы түздүктөр б. конус шилендилеринен, делювий, пролювий ж-а элювий чөкмөлөрүнөн түзүлгөн. Кум-Бел тоосунун түн.-чыгыш четинде кууш капчыгайга айланып, интрузия тоо тектери жатат. Төмөнүрөөк 10 *км*ге кеңейип (Ак-Таш туштa), кайра капчыгайга өтөт. Климаты мелүүн континенттик; жайы салкын, кышы суук. Июлдун орт. темп-расы 16,7°С, январдыкы —13,5°С. Жылдык жаан-чачыны төмөн жагында 450—500 *мм*, башында 700 *мм*. Агын суулары — Чаткал ж-а анын куймалары. 2500 *м* бийиктикке чейин шыбак-трагакант-төө тапандуу чөл, шыбак-дан өсүмдүктүү кургак талаа, 2000—3000 *м* бийиктикте шыбак-дан өсүмдүктүү талаа, бадал аралаш шалбаалуу талаа, сейрек арча токою 3000—3500 *м*ден бийиктикте бетегелүү, чөптүү, өлөң-шалбаалуу талаа, субальп шалбаасы, аска-зоока, шагыл-таш, кар-мөңгү зөлейт. 3000 *м* бийиктикке чейин аюу чач, шашыр кеңири таралган. Өрөөндүн жог. бөлүгүндө (Кара-Токодо) карагай токою бар. Ч. ө. респ-дагы маанилүү тоют базасы катары белгилүү. Өрөөндү Ош, Талас обл-тарынын ж-а Өзбекстандын малы жайлайт. Өрөөндө Жаңы-Базар, Тегирмен-Сай, Каныш-Кыя, Айгыр-Жал кыш. жайгашкан.

ЧАТКАЛ РАЙОНУ — областтын түн.-батышындагы админ. аймак. 1935-ж. түзүлгөн. 1956-ж. Ала-Бука р-нуна кошулуп, 1980-жылдан кайра өз алдынча район. Түштүгүнөн Ала-Бука р-ну, чыгышынан Жаңы-Жол р-ну, түн.-чыгышы ж-а түндүгүнөн Талас обл., түн.-батышы ж-а батышынан Өзбек ССРи м-н чектешет. Аянты 6,2 миң *км*^{2}. Калкы. 19,1 миң (1987). 9 кыш-ты бириктирген 2 айыл советине бөлүнөт. Борбору — Каныш-Кыя кыштагы. Райондун аймагында Сумсар, Терек-Сай ш. т. п-лары жайгашкан.

Табияты. Райондун аймагын негизинен *Чаткал өрөөнү* м-н *Чандалаш өрөөнү* зөлейт. Районго Чаткал, Чандалаш өрөөндөрүнөн тышкары Чаткал кырка тоосунун Фергана өрөөнүн караган бетинин бир аз бөлүгү да карайт. Райондун аймагында кен байлыктары көп. Курулуш материалдары, түстүү ж-а сейрек кездешүүчү металл кендери бар. Климаты мелүүн континенттик, жайы салкын, кышы суук. Чаткал өрөөнү Кырг-ндагы кар калың түшүүчү аймактардын бири. Январдын орт. темп-расы —10°...—14°С, июлдуку 16°—18°С. Жылуу мезгили 3 айга чейин созулат. Жылдык жаан-чачыны 400—450 *мм*. Суулары — Чаткал суусу ж-а анын куймалары. Өзөндөрүнүн суусу мол, гидроэнергияга бай. Бийиктик алкак ж-а ландшафтынын ар түрдүү болушуна жараша топурагы м-н өсүмдүктөрү ар түрдүү келет. Чаткал өрөөнүнүн ачык кочкул топуракту этегинде талаа өсүмдүктөрү (шыбак, бетеге, тулаң ж. б.), андан жогору кара кочкул топуракту тоо капталдарында дандуу өсүмдүктөр, бадалдар (табылгы, алча ж. б.) өсөт. Сууларынын жайылмаларында токой арча, бадал, тал-теректүү сейрек токой кездешет. Субальп тилкесинде шалбаа сейрек, алардын ордун шалбаалуу-талаа зөлейт. Альп тилкеси шалбаалуу болгондуктан жайлоо катары

пайдаланылат. Чаткал өрөөнү — респ-лар аралык маанидеги жайлоо. Мында Өзбекстан, Кыргызстан, Кырг-ндын Талас обл-нын малы жайлайт. Жаны-барлар дүйнөсү ар түрдүү. Коён, сары чычкан, түлкү, карышкыр, каш-кулак, доңуз, сүлөөсүн, суур, момолой, чыйпылдак чычкан, суусар, арс чыч-кан, тоо эчки, илбирс, куштардан кеки-лик, бөдөнө, ак кулаалы, үкү, балта тумшук, кыргоол, улар, көгүчкөн, күйкө, бүркүт, таз жору ж. б. мекен-дейт. 1979-ж. Чаткал өрөөнүндө *Беш-Арал коругу* уюшулган.

К а л к ы. Рельефинин тоолуу ж-а климатынын катаал болушуна байла-ныштуу обл-тагы калк сейрек отурук-ташкан р-ндорго кирет. Калктын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 3 киши туура келет (1986). Кыргыз (76,8%, 1979-жылкы эл каттоо б-ча), орус (11,3%), өзбек (4,4%), татар (2,6%), та-жик (2,3%), украин (1,1%), казак (0,3%), уйгур, дунган ж. б. улуттар жашайт. Шаар калкы 47,6%.

Ч а р б а с ы. Райондо мал чарбачы-лыгы өнүккөн. Башкы тармагы — кой чарбасы. Район областтын а. ч. дүң продукциясынын 1,1%ин берет. Мал чарба дүң продукциясы р-ндун а. ч. дүң продукциясынын 75,4%ин ж-а обл-тын дүң продукциясынын 2,3%ин түзөт. Райондо 5 с-з бар. 1987-ж. 109,4 миң кой-эчки, 6,5 миң уй, 2,1 миң жылкы болгон. 1985-ж. р-ндун коомдук секторунан 1698 *т* эт (тирүүлөй салмакта), 140 *т* сүт, 328,7 *т* жүн даярдалган. Айыл чарбага жарак-туу 332,2 миң *га* жери (а. и. 6,2 миң *га* айдоо, 1,7 миң *га* чабынды, 324,2 миң *га* жайыт) бар. 11,9 миң *га* жерге өсүмдүктөр (а. и. 6,2 миң *га* дан эгин-дери, 5,6 миң *га* тоют өсүмдүктөрү) эгилет. О. эле картошка (53 *га*), жашыл-ча (13 *га*) ж. б. өстүрүлөт. 1985-ж. р-ндук коомдук сектордон 33,5 миң *ц* эгин, 3 миң *ц* картошка, 0,2 миң *ц* жа-шылча жыйналган. Өнөр жай ишкана-ларынан Сумсар металл кууюу з-ду, Сумсар кийим тигүү, Терек-Сай руда байытуу ф-калары, турмуш-тиричилик комбинаты иштейт. Авт. транспорту нег. мааниде. Райондун аймагы арку-луу Ала-Бука — Терек-Сай — Ка-ныш-Кыя, Ала-Бука — Сумсар — Ка-ныш-Кыя — Киров авт. жолдору өтөт. Авт. жолунун уз. 321 *км*, анын 227 *км*и асфальтталган.

Б и л и м б е р үү, м а д а н и я т, с а л а м а т т ы к с а к т о о. 1985—





Чаткал өрөөнү.

86-окуу жылында 18 жалпы билим берүүчү мектепте, 5,7 миң окуучу, 1 кесиптик-тех. окуу жайында 360 ки-ши окуган; 6 бала бакчада 536 бала тарбияланган. 13 китепкана, клубдук мекеме, 12 киноустановкасы, р-ндук оорукана (поликлиникасы м-н), 2 участ-калык оорукана, *Чаткал районунун медициналык-санитариялык мекемеле-ри* иштейт. Райондук «Чаткал оттору» газетасы чыгат.

ЧАТКАЛ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Жаңы-Базар кыш.). 1980-ж. негизделген. 1985-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Тей-лөө, комплекттөө бөлүмдөрү иштейт. Китеп фонду 9,7 миң нуска; 0,8 миң окурманы бар. Филиалдары, бөлүмдө-рү, китеп берүүчү пункттары катары р-ндогу 13 китепкананы (ар бир айыл советинде 4—5 китепкана), а. и. 7,5 миң китеби, 0,7 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Жаңы-Базар кыш.) бирикти-рет. Райондогу профсоюздук ж-а мек-теп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Бардык китепкана-ларында орус, кыргыз, өзбек ж-а чет элдик тилдеринде 106,8 китеби бар; 8,4 миң окурманды тейлейт (1985).

ЧАТКАЛ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Жаңы-Базар кыш.). 1939-ж. 15 орундуу участкалык оору-кана катары уюшулган. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 75 орун-дуу.

ЧАТКАЛ РАЙОНУНУН ИРРИГА-ЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Район-дун 4,5 миң *га* жери Сумсар (1 канал), Чаткал (8) сугат системалары ж-а Чаткал булактары аркылуу сугары-лат. Каналынын суу өткөрүмдүүлүгү 2 $м^3/сек$. Курулмалар р-ндук сугат тармак башкармасына (Каныш-Кыя кыш.) карайт. 23 киши иштейт (1986).

ЧАТКАЛ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 33 маданият-спорт комплекси, 8 клубдук мекеме, а. и. 2 айылдык маданият үйү (Каныш-Кыя, Чаткал айыл советтери), 2 шаар-дык маданият үйү (Терек-Сай ж-а Сум-сар ш. т. п-лары), профсоюздук мада-ният үйү иштейт (1986). Өздүк көркөм чыгармачылыгынын 19 ийрими (278 киши катышкан) уюшулган.

ЧАТКАЛ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНА-ЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕ-РИ. Райондо р-ндук оорукана (поли-клиникасы м-н), 120 орундуу 2 участ-калык оорукана, 3 поликлиника (Сум-сар, мында экөө; Терек-Сай ш. т. п-лары), 11 фельдшер-акушердик пункт (ири кыш-да), р-ндук санитария-эпи-демиология станциясы (Жаңы-Базар кыш.), 2 мед. тез жардам пункту, 4 аптека иштейт (1986). Амбулатория-поликлиникалык мекемелери сменасы-на 210 киши кабыл алат, стационар-лары 170 орундуу (а. и. 30 оруну кош бойлуу аялдар үчүн). Райондо 29 врач, 92 мед. орто билимдүү адис иштейт (1986).



Е. В. Чернецов



Е. Ф. Чернышёв

ЧАТКАЛ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Райондук турмуш-тиричилик комбинаты 1980-ж. түзүлгөн. Ал чач тарач, сүрөткө түшүү жайы (Сумсар ш. т. п., Жаңы-Базар, Каныш-Кыя кыш.), кийим тигүү мастерскойлорун (Сумсар, Шакафтар, Терек-Сай ш. т. п-лары, Жаңы-Базар, Айгыр-Жал, Каныш-Кыя, Коргон-Сай ж. б. кыш.), бут кийим оңдоо ж-а тигүү мастерскоюн (Каныш-Кыя кыш.), о. эле тосмо үчүн темир тор жасоочу мастерскойду бириктирет. 1985-ж. 40 миң сомдук тейлөө кызматы аткарылган. 43 киши иштейт.

ЧАЧ ТАРАЧТАР. Областтын аймагында р-ндук, шаардык турмуш-тиричилик комбинаттары м-н үйлөрүнө караштуу 375 Ч. т. бар. Аларда 867 киши иштейт. Ош ш-нда 53, а. и. 143 орундуу адистештирилген 6 чач тарач бар. Аларда 147 киши иштейт. Мындан тышкары Оштун ө. ж. ишканаларында да Ч. т. бар.

ЧАЯН-ДӨБӨ ТУРГУН ЖАЙЫ Ош ш-нын батыш чет-жакасында жайгашкан. 1981—82-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Бүтүн карапа идиштер ж-а алардын сыныктары табылган. Алар коло доорунан б. з. 1-миң жылдыгына чейинки 4 мезгилди камтыйт. Бул болсо Ош оазисинде 1500 жылдан кем эмес убакыт дыйканчылык м-н үзгүлтүксүз кесип кылган калк жашагандыгын айгинелейт. Алгач бул жерде тургун жай болуп, кийин көрүстөнгө айланган. Изилденген 7 көрдө адамдын сөөгү м-н кошо идиштер, асем буюмдар ж. б. кошо коюлган.

ЧЕРИКТИ КЕНИ — Баткен р-нундагы сымап рудасы бар жер. Баткен кыш-нан түш. тарапта, Түркстан кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан. 1963-ж. табылган. Кен аймагын палеозой заманында пайда болгон доломит, акиташ, кумдук тектери түзөт. Бул тектер татаал бүктөлүүлөргө дуушарланып, антиклиналдык структура пайда болгон. Ал структура ар кандай багыттагы тектоникалык жаракалар м-н тилмеленип, бир нече бөлүктөргө бөлүнгөн. Жаракалар диабаз, диорит дайкаларынын пайда болушуна ж-а сымап рудаларынын топтолушуна шарт түзгөн. Руда девондун аягында пайда болгон доломит м-н акиташ тегинин брекчияланган зоналарында кезигет. Брекчия зоналары тектоникалык ири жаракаларды бойлой жайгашып, калыңдыгы 20 *мге* жетип, уз. 7 *кмге* созулат. Брекчия орточо ж-а майда кесекчелүү келип, цементи көбүнчө кальцит, чанда кварц ж-а руда минералынан турат. Сымап рудасынын нег. минералы — киноварь. Руда тулкусу негизинен тарамча түрүндө кезигет. Мында өз-өзүнчө турган 6 руда тулкусу белгилүү.

ЧЕРНЕЦОВ Евгений Васильевич (1903-ж. т., Наманган уезди, Нанай болушу, Нанай кыш.) — Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоого ж-а социалисттик курулушту ишке ашыруруга катышуучу. 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1923-ж. В. И. Ленин атн. Ташкен аскер окуу жайын бүтүргөн. Чек ара взводунун командири. 1925-жылдан Ош кантонунун Кашкар-Кыштак гидроучаскасынын гидротехниги. 1928-ж. октябрда Ош чек ара комендатурасынын чек ара аскерлеринин катарына чакырылган. 1928—33-ж. басмачыларга каршы күрөшүүчү Ноокат ж-а Базар-Коргон отряддарына командалык кылган. Кийин Кара-Суу р-ндук суу чарбасынын, Жалал-Абад обл. суу чарбасынын начальниги. 1941-ж. июлдан Улуу Ата Мек. согуш мезгилинде танкка каршы батальондун командири. 1942-ж. сентябрда жарадар болгондон кийин капитан наамында демобилизацияланган. Түш. Кырг-ндын ирригация тармактарын долбоорлоо ж-а кайра түзүү иштеринде 13 жыл иштеген. 1951-ж. а. ч. өндүрүшүнө сугаруунун жаңы ыкмаларын киргизгендиги үчүн СССР мамл. сыйлыгына татыктуу болгон. 1956—76-ж. Кыргыз ССР мелиорация ж-а суу чарба мин-восунун жооптуу кызматкери. Кызыл Жылдыз ордени, медалдар м-н сыйланган.

ЧЕРНЫШЁВ Евгений Фёдорович (1929-ж. т., Өзбек ССРи, Кокон ш.) — куруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1957-жылдан КПСС мүчөсү. Кыргыз ССРинин эмг. сиңирген курууучусу (1972). Эмгек жолун 1943-ж. Кызыл-Кыя кен башкармасында жыгач уста болуп иштөөдөн баштаган. 1953-ж. Кызыл-Кыя курулуш башкармасынын курулуш бригадасын жетектеген. Капиталдык курулуш б-ча план тапшырмаларын аткарууда чоң ийгиликтерге жетишкен. 1960-ж. анын бригадасына «Коммунисттик эмгектин бригадасы» наамы ыйгарылган. 1979—84-ж. ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар ж-а Кыргыз ССР Жог. Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ЧЕТ ӨЛКӨЛӨР МЕНЕН ДОСТУК ЖАНА МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШ КООМУ, Кыргызстан Ч. ө. м. д. ж. м. б. к-нун Оштогу бөлүмү (башкармасы: Ош ш., Свердлов көчөсү, 312) — ыктыярдуу коомдук уюм. 1978-ж. түзүлгөн. Республикалык коомдун бөлүмү катары Советтер Союзунун чет өлкөлөр м-н достук ж-а маданий байланыш коомдорунун Союзуна кирет. СССР м-н чет өлкөлөрдүн ортосунда достукту чыңдоого ж-а маданий байланыштарды кеңейтүүгө көмөктөшөт; обл-тын калкын чет өлкөлүк элдердин турмушу, маданияты, тарыхы м-н тааныштырат, чет өлкөлүктөрдү респ-нын, а. и. обл-тын калкынын турмушу, экономикасы, илими ж-а маданияты м-н тааныштырат. Советтер Союзу — Монголия достук коомунун обл. бөлүмү (1971-ж. 17-октябрда түзүлгөн) иштейт. Совет — Монгол достук коомунун Ош шаардык бөлүмү 1970-ж. 6-октябрда уюшулган. Социалисттик өлкөлөр, о. эле Индия, Сирия, Непал, Швеция, Франция, Дания ж. б. өлкөлөр м-н достук байланыштар түзүлгөн. 35 баштапкы уюму (ишканалар, мекемелер, к-здор, с-здор, мектептер, чыгармачыл уюмдардын обл. бөлүмдөрү) бар (1986).

ЧЕЧ-ДӨБӨ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ орто кылымга таандык. Кызыл-Кыя ш-нан түш.-чыгыш тарапта, сайдын боюнда жайгашкан. Чептин дубалдары жакшы сакталган. Түн.-батыш тарабында цитадель бар. Алгачкы орто кылымга таандык карапалар табылган. Бул шаар аркылуу кербен жол өткөн. 1974-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген.

ЧИЛ-МАЙРАМ ТООСУ Ош ш-нын батыш тарабында. Сулайман тоосунун уландысы болуп эсептелет. Чил-Майрам, Чил-Устун, Кекилик-Тоо, Дулдул-Ата ж. б. калдык тоолордон турат. Бийикт. 1543 *м*, уз. 7,5 *км*, туурасы 3,5 *км*. Түш. жагындагы тоолордон шиленип келген антропогендин борпоң тектерине «чөгүп жаткан тоо» сыяктуу. Салыштырмалуу бийикт. 450—500 *м*. Акиташ, сланец, кумдук, конгломерат тектеринен турат. Түш. тарабы суу жеп кеткен какыраган сайлар. Топурагы боз ж-а бозомук күрөң. Чөл ландшафты басымдуу. Батыш тарабы Өзбекстанга чейин созулат. Такай аккан өзөндөрү болбогону м-н булактар көп кездешет. Карст процессинин жүрүшүнөн көптөгөн үңкүрлөр (Сасык-Үңкүр, Даваханүңкүр, Чил-Устун үңкүрү, Тешик-Үңкүр, Беш-Үңкүр, Кызыл-Үңкүр, Сулайман тоосундагы үңкүр ж. б.) пайда болгон. Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому б-ча геологиялык заказник деп жарыяланган.

ЧИЛ-УСТУН КЕНИ — Араван р-нундагы мрамор оникси чыккан жер. Араван кыш-нан 3,5 *км* түн.-чыгышта, Чил-Устун тоосундагы *Чил-Устун үңкүрүндө*. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. Үңкүр палеозойдун акиташ тектеринде карст процессинен пайда болгон. Мрамор ониксинин нег. запасы үңкүрдүн бир чоң бөлмөсүндө топтолуп, ал негизинен кальциттен турат. Мында мрамор оникси 3 түрдө жайгашкан: 1) Тамчы каптандысы кире бериштен 70 *м* өткөндөн кийин башталып, үңкүрдүн таманын ж-а капталынын бир кыйла бөлүгүн каптап калган. Оникс ар кандай түстөгү, толкун сымал ийрейген кат-каттардын кезектешип жайгашуусунан түзүлгөн. Эки түргө бөлүнөт. Биринчиси тыгыз оникс, бозомтук саргыч (7—10 *см*), кызгылтым күрөң кара түстөгү (5 *см*) катмардан турат. Дефектисиз блоктордун көлөмү 30×30×15 *смге* жетет. Экинчиси кара күрөң, саргыч күрөң ж-а ак түстөгү жука жарыш катмарлардан турат. Дефектисиз блоктордун көлөмү 20×20×20 *см*. Эң жакшы сайкалданып, күзгүдөй жалтырап калат. 2). Сталактит-сталагмит шишчелери жог. декоративдүү. Кооздугу м-н айырмаланат. Ак, тунук, саргыч күрөң, күрөң түстөгү тегерек шакекчелер кайталангыс кооз оюуларды берип турат. 3) Кораллит-кристаллит кабыкчасы сайкалданган бетте желпүүр сымал ж-а туюк шакектердин кооз чиймелери көрүнөт. Дефектисиз блоктордун көлөмү 5×4×3 *смге* жетет. Кендеги ониксти асыл таш катары ж-а майда кооз

буюмдарды жасоого пайдаланса болот. Болжол запасы 2300 $м^3$.

ЧИЛ-УСТУН ҮҢКҮРҮ Араван р-нунун аймагында. Чил-Устун тоосунун түш.-чыгыш капталында Араван кыштан 1,5 *км* түн.-батыш тарапта жайгашкан. Таш көмүр мезгилинин акиташтектеринде пайда болгон. Араван үңкүрү деп да аталат. Үч айрыктан турат, жалпы уз. 400 *м*; эң ири айрыгынын уз. 85 *м*, туурасы 40 *м*, бийикт. 25 *м*. Орто Азиядагы эң кооз үңкүрлөрдүн бири. Үңкүрдүн 1-айрыгынын боорлорунда санскрит, араб, орус тилдериндеги жазуулар бар. Санскритчеси 17-к-га чейин жазылгандыгы божомолдонот. О. эле жерг. элдердин чыдамдуулук ж. б. байыркы буюмдары табылган. Туристтик-экскурсиялык маршруттарды уюштуруп, дарылоо жайларын куруруга ылайыктуу. 1975-жылдан геологиялык заказник деп жарыяланган.

ЧИМИОН НЕФТЬ КЕНИ Фрунзе р-нунда, Фрунзе кыш-нан 25 *км* түн.-батыш тарапта, Катыраң-Тоонун түн. этегинде жайгашкан. 1954-ж. табылган. Кен аймагында мезозойдун, неогендин ж-а антропоген мезгилинин акиташ теги, доломит, кумдук, алевролит, чопо, мергель тектеринен турат. Алар бүктөлүүлөргө дуушарланып, антиклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Ал түзүлүш батыштан чыгышка 2,5 *км*ге созулуп, туурасы 1,2 *км*ге жетет. Нефть юра мезгилинин акиташ тек катмарында топтолуп, 750—1090 *м* тереңдикте жатат. Нефтилүү катмардын калыңдыгы 7 *м*. Бургулоо көзөнөгүнөн чыккан нефтинин суткалык чыгымы 1,5—4 *т*.

ЧОҢ-АЛАЙ КЫРКА ТООСУ Кыргыз ССРинин эң түштүгүндө Алай өрөөнү (түндүгүндө) м-н Мөк-Суу, Суук-Сай ж-а Маркан-Суунун (түштүгүндө) аралыгында кеңири багытта жайгашкан. Памир тоо системасына кирет. Тоо кыркасы б-ча Кырг-н м-н Тажикстандын чек арасы өтөт. Уз. 240 *км*, туурасы 35—50 *км*, д. дең. орт. бийикт. 5966 *м*, эң бийик жери Ленин атн. чоку (эки чокудан турат, 7134 *м* ж-а 6127 *м*; жерг. аты Жел-Айдар). Алтын-Дара (батышы) ж-а Кызыл-Арт (чыгышы) суулары кырка тоону орография, гипсометрия ж-а ландшафтына жараша өзгөчөлөнгөн 3 бөлүккө (батыш, чыгыш, борб.) бөлөт. Батыш бөлүгү жапыз (орт. бийикт. 5100 *м*), кыска (уз. 64 *км*), чыгышы (Корумду — Малтабар) узун (84 *км*), бийик (15 чокунун бийикт. 6000 *м*ден ашат). Борб. бөлүгү жазы (40—50 *км*), узун (92 *км*), орт. бийикт. 6000 *м*; Ленин атн. ж-а Кызыл-Агын чокулары (6679 *м*) жайгашкан. Ч.-А. к. т-нун түн. капталы тик, түштүгү бир аз жантайыңкы. Мөңгү, агын суулар м-н тилмеленген. Ашуулары: Терс-Агар (бийикт. 3614 *м*), Кызыл-Арт (4280 *м*). Ч.-А. к. т. — неоген ж-а антропогенде пайда болгон мегантиклиналь. Байыркы тектоникалык чуңкурдукка мезозой-кайнозойдун чөкмө тектери топтолгон. Антропогенде өзүнчө орографиялык бөлүккө айланган. Кен байлыктары: түстүү металл, туз, курулуш материалдары ж. б. Кырка тоодо 358 мөңгү (жалпы аянты 1400 $км^2$) бар. Ирилери: Чоң-Суук-Дара (уз. 25 *км*, аянты 69 $км^2$), Көк-Сай (уз. 19 *км*, аянты 32 $км^2$), Корумду (уз. 17 *км*, аянты 61 $км^2$), Жанайдартак (уз. 21,5 *км*, аянты 39,5 $км^2$) ж. б. 4100—4300 *м*ден жогору кар, мөңгү м-н капталган. Түн. капталында жапыз тоо субальп шалбаалуу талаасы (3200—4000 *м*), альп шалбаасы (4000—4500 *м*), гляциалдык-нивалдык (4500—7000 *м*) тилкелери жайгашкан. Түш. капталынын ландшафтында негизинен кар, мөңгү, таштуу тундра басымдуу. Ылымта беттерде, өрөөндөрдө бийик тоолуу талаа (Суук-Дара бассейни), бийик тоолуу чөл (Маркан-Суу алабы) кездешет.

ЧОҢ-КОЙ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы сымап рудасы табылган жер. Кызыл-Кыя ш-нын түш.-чыгышында, Алай кырка тоосунун түш. этегинде. 1950-ж. ачылган. Кен аймагын кембрий, силур, девон мезгилдеринде пайда болгон кумдук, сланец, акиташ теги ж-а жанар тоо чөкмө тектери, аларды жирен чыккан интрузиялар түзөт. Бул тоо тектер бүктөлүүлөргө дуушарланып, антиклиналь структурасын түзүп жатат; о. эле тектоникалык жаракалар м-н тилмеленип, татаал майда блокторго бөлүнгөн. Жаракалардын кесилишкен жеринде сымаптуу серпентинит ж-а лиственит линзалары учурайт. Кен аянтынын уз. 1,5—5 *км*, калыңдыгы 3—80 *м*. Руда тарамча ж-а линза түрүндө кездешет. Көп фазалуу татаал гидротерм процессинен пайда болуп, негизинен киноварь, пирит, халькопирит, маказит, миллерит, арсенопирит ж. б. минералдардан турат. Кен терең шахталардан казып алынууда.

ЧУР-ТЕГИН (Жур-Тегин, Хур-Тегин) — түрк өкүмдары. Өзгөн ш-н, Өзгөн оазисин ж-а Өзгөн ш-нын түн. ж-а чыгыш тараптарындагы чектеш жерлерди ээлеген. Ибн Хордадбектин (9-к.) ж. б-дын эмгектеринде эскерилет. 19-к-да Жазы ашуусунун чыгыш тарабындагы жерлер ушундай аталган.

ЧУСТ МАДАНИЯТЫ Ферганандын соңку коло дооруна (б. з. ч. 12—11 ж-а 8—7-к.) таандык. Чуст ш-нын жанындагы тургун жайдын атынан аталган. 1950-ж. М. Э. Воронец ачкан. Азыр 80ден ашык тургун жай белгилүү, алардын көбү Ош обл-нын Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат р-ндорунда жайгашкан. Нег. эстеликтери: Чуст маданиятынын борбору — Дальверзин тургун жайы (25 *га;* 1954—74-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген), тектирчелерде жайгашкан Ош тургун жайы, Өзгөндүн жанындагы Боз-Дөбө. Кызыл карапаларга кара боёк м-н геометриялык ой-мо-чиймелер тартылган карапа идиштери м-н айырмаланат. Металлургия, коло металлын пайдалануу өнүккөн. Бардык тургун жайлардан көптөгөн таш буюмдар табылган. Дальверзин ж-а Чуст тургун жайларында цитаделдери болгон. Өлгөн адамдын сөөгүн тургун жайдын аймагына коюшкан. Калкы иран тилдер тобунда сүйлөгөн уруулларга кирген. Ч. м. мезгилинде Ферганада дыйканчылык ж-а мал чарбачылык жаңыдан өнүгө баштаган.

ЧЫГЫШ КӨК-СУУ ӨРӨӨНҮ Алай Кырка тоосунун чыгыш учунда. Көк-Суунун аккан багыты б-ча түндүктөн түштүккө ж-а чыгышка 70—75 *км*ге созулат. Алай р-нунун аймагында. Баш жагы кенен (6—7 *км*), мөңгүнүн аракетинен пайда болгон. Төм. бөлүгү V формасындагы капчыгайды түзөт. Өрөөн силурдун ж-а девондун кумдук, сланец, акиташ ж. б. тектердин суу жеп, үбөлөнүүдөн пайда болгон. Көк-Суунун таманынын жапыз жери д. дең. 2980—3000 *м*, бийик жери 3600—3700 *м* бийиктикте жатат. Таманында бадал ж-а шалбаалуу токой кездешет.

ЧЫЙЫРЧЫК АШУУСУ — Алай кырка тоосунун түн. капталында, Талдык ж-а Гүлчө сууларын бөлүп турган Кум-Бел тоолорунун жапыз бөлүгүндөгү бел. Оштон 65 *км* аралыкта. Д. дең. бийикт. 2402 *м*. Түн. батыш капталы жантайыңкы (15°), түш.-чыгышы эңкейиширээк (25—30°). Аймагы негизинен палеогендин кызыл түстүү кум, чопо, конгломерат тектеринен түзүлгөн. Ашуунун бели жайында салкын. Жазында түн. батыштан соккон катуу шамал м-н мөндүр аралаш жамгыр тез-тез кайталанып турат. Гүлчө жагы бир кыйла тик. Жылуу-Суу коктусунан жылуу булак (белден 5—6 *км*) чыгат. Ашуу аркылуу Ош — Хорог авт. жолу өтөт.



К. Чыныбаев

ЧЫНЫБАЕВ Кудайберген (1930-ж. т., Токтогул р-ну, Бел-Абад кыш.) — шахтёр, Соц. Эмг. Баатыры (1971), СССРдин ардактуу шахтёру (1965). 1955-жылдан КПСС мүчөсү. 1950-жылдан «Капитальный» шахтасында өткөөлчү, 1970-жылдан Таш-Көмүр шахта башкармасынын «Северный» шахтасында өткөөлчүлөрдүн бригадири болуп иштеген. Анын бригадасы 8-беш жылдык планды мөөнөтүнөн мурда ашыгы м-н аткарган. 1967—84-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

ЧЫРАГДАН ЗАКАЗНИГИ Фрунзе р-нунда. Ак-Суунун (Шаймерден суусунун куймасы) сол өйүзүндө. Эталон катары алынган жапыз тоолуу чөл, кургак талаа өсүмдүктөрү, мала кызыл ж-а фергана жоогазыны өскөн аймакты коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Аянты 500 *га*.

Ш, Ь

ШАБДАНОВА Айтажи (1945-ж. т., Араван р-ну, Ленин атн. к-з) — актёр, Кыргыз ССР эл артисти (1988). Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1974). 1963-жылдан Ош өзбек музыкалык-драма театрында иштейт. 1976-ж. А. Н. Островский атн. Ташкен көркөм театр ин-тунун сырттан окуу бөлүмүн бүтүргөн. Аткарган нег. ролдору: Медея (Еврипид, «Медея»), Нур-



А. Шабданова

хон (К. Яншин, «Нурхон»), Катерина (А. Н. Островский, «Добул»), Уркуя (Н. Байтемиров, «Уркуя»), Алтынай (Ч. Айтматов, «Биринчи мугалим») ж. б.

ШАЙДАН-САЙ — Ленин р-нундагы Бабаш-Ата кырка тоосунун түн.-батыш капталынан башталып, Кара-Үңкүргө жетпей сугат тармактарына таралат. Уз. 30 *км*, алабынын аянты 131 *км*^{2}. Алабынын д. дең. орт. бийикт. 2070 *м*. 10го жакын майда куймасы бар. Жылдык орт. чыгымы 1,65 *м*^{3}/*сек*, эң көбү июнда (2,9 *м*^{3}/*сек*), азы январда (0,60 *м*^{3}/*сек*) байкалат.

ШАЙМЕРДЕН — Фрунзе р-ну м-н Өзбекстандын аймагы аркылуу аккан суу; уз. 112 *км*, алабынын аянты 1466,6 *км*^{2}. Коллектор тоосунан башталган Көк-Суу м-н Ак-Суунун кошулушунан түзүлөт. Куймалары жог. бөлүгүндө аскалуу кокту-колоттор, капчыгайлар м-н агат. Вуадил кыш. туштa 3 салаага бөлүнөт. Башкы салаасы — Маргалаң-Сай Фергана ж-а Маргалаң ш. (Өзбек ССРи) аркылуу өтүп, чоң каналга куят да, андан майда сугат каналдарына таркайт. Ири куймалары: Арча-Башы, Эски-Даван, Көксуу, Охна ж. б. Калган эки тармагы — Алты-Арык-Сай м-н Файз-Абад-Сай, Чимион ж-а Капчыгай адырларын кесип өтүп, сугат каналдарына бөлүнөт. Ш-дин алабынын төм. бөлүгүнө суусу нег. нукка жетпей какшыган сайлар (Шивали, Кичине-Сай, Охна) мүнөздүү. Алабында 20дай мөңгү (жалпы аянты 52,6 *км*^{2}) бар. Кар, мөңгү, булак ж-а жамгыр сууларынан куралат. Майдын аягында кирип, августта тартыла баштайт. Жылдык орт. чыгымы 11,1 *м*^{3}/*сек*; эң көбү 64,2 *м*^{3}/*сек*, эң азы 3,58 *м*^{3}/*сек*. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Фергана, Маргалаң ш., Вуадил, Хамза-Абад, Фрунзе, Чимион ж. б. кыш. жайгашкан.

ШАЙМЕРДЕН ӨРӨӨНҮ Түш. Кыргызстанда. Алай тоо системасында кеңдик багытта бири бирине жарыш жаткан Коллектор ж-а Катырaң тоолорунун ортосунда. Фрунзе р-нунун аймагында. Уз. Эки-Даван суусунун башынан Охна суусуна чейин 70 *км*, Кыргыз ССРинин чек арасына чейин 90 *км*. Коллектор тоосу (эң бийик чокусу 5259 *м*) төр жагын тороп жатат. Өрөөндү түн.-батыштан курчаган Катырaң тоосу анча бийик эмес (3375 *м*). Катырaндын түштүгүндө 1200—2200 *м* бийиктикте Шаймердендин бир бөлүгү — Охна оёңу (туурасы 6 *км*ге чейин) жайгашкан. Ал кошулган жерден түндүктү карай Ш. ө. меридиан багытын алып (уз. 10 *км*), капчыгай кебетелеп кетет. Шаймердендин баш жагы — Көк-Суу капчыгайында Курбан-Көлү (аянты 0,13 *км*^{2}) бар. Ш. ө-нүн эң ири аймагы — Ак-Суу (уз. 45 *км*) Шаймерден кыш-нан батышка, анан түштүккө созулуп, Алаудин даванына барып такалат. Климаты кургак континенттик. Жылдык жаан-чачыны 200—800 *мм*. Тоо этектерин, оёң жерлерди, адырларды боз топурактуу шыбак, шор ж-а эфемер өсүмдүктүү жарым чөл ээлейт. 1000—1600 *м* бийиктикте күңүрт боз, чопо ж-а таштак топурактуу, буудайык, ак кылкан, шыбактуу талаа жатат. Тоо капталдарында (1600—3200 *м*) күңүрт күрөң, күрөң топурактуу бадал-шалбаалуу талаада арча токою, сейрек ж-а жапалак арча өсөт. 3000—3800 *м*де субальп ж-а альп шалбаалуу талаасы, 3800 *м*ден жогору гляциалдык-нивалдык тилке орун алган. Өрөөндө (Иордан кыш.) өзбек элинин улуу акыны Хамза Хаким-заде Ниязинин күмбөзү, Фрунзе ш. т. п., Вуадил, Жийдели кыш. жайгашкан.

ШАЛДЫ-БАЛДЫ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ 9—16-к-га таандык. Исфана кыш-нын (Лейлек р-ну) ортосунда, Исфана суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Орто кылымдагы шаардын ордуна Кокон хандыгынын учурунда чеп тургузулган. Ш.-Б. ш. ч. Асбаникат ш. (10-к.) деп божомолдонот. 1957-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. 14—16-к-га таандык глазур капталган куурлар табылган.

ШАМАЛДЫ-САЙ — кыштак, Ленин р-нундагы Достук айыл советинин борбору. Бул айыл советине Достук, Теңдик, Кызыл-Туу, Кумдук, Шың-Сай, Сары-Камыш кыш. да карайт. Райондун борбору Ленин-Жол кыш-нан 58 *км* түн.-батыш тарапта, Шамалды-Сай темир жол станциясынан 2 *км*. Калкы 2155 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу, тоют өсүмдүктөрүн өстүрүү. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, бала бакча, клуб, амбулатория бар.

ШАМАЛДЫ-САЙ — Таш-Көмүр шаар советине караштуу шаар тибиндеги посёлка (1957-жылдан). 1956-ж. Үч-Коргон ГЭСин куруучулардын посёлкасы катары негизделген. Нарын дарыясынын сол өйүзүндө, Ош — Фрунзе авт. жолунун боюнда жайгашкан. Таш-Көмүр ш-нан 20 *км* түш. тарапта, Үч-Коргон темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 12 *км*. Калкы 7653 (1986). Ш.-С-да «Гидро болот конструкция» ж-а асфальт-бетон з-ддору иштейт. Эки орто мектеп, муз. мектеп, кинотеатр, клуб, китепкана бар.

ШАМАЛ-ТАЛ-САЙ КЕНИ — Фрунзе р-нундагы брекчия кооз ташы жаткан жер. Совет кыш-нан 5—6 *км* түн.-батышта, Шамалды-Тал-Сай өрөөнүндө. 1965-жылдан белгилүү. Кен аймагын палеозойдун чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу брекчия кооз ташы майдаланып талкаланган кочкул жашыл түстөгү серпентиниттин арасында жайгашып, ошол серпентиниттин чоң-чоң сынык-тарынын кварц-карбонат м-н камдашуусунан пайда болгон. Брекчия жайгашкан аянттын уз. 200 *м*, эни 50 *м*. Брекчия тыгыз, оңой кесилип, жакшы сайкалданат. Жылмаланган бети күзгүдөй жалтырап, андагы кара ж-а жашыл серпентиниттин чоң-чоң сыныктары, алардын арасындагы кызыл ж-а саргыч кызыл бөлүкчөлөр өзүнчө кооздукту түзүп турат. Имараттын дубалдарын кооздоп каптоого ж-а көркөм кооз буюмдарды жасоого жарактуу. Болжол запасы 200 миң *м*^{3}.

ШАМАЛ-ТЕРЕК — кыштак, Өзгөн р-нундагы Көлдүк айыл советинин борбору. Бул айыл советине Чалк-Өйдө кыш. да карайт. Көлдүк суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 32 *км* чыгыш тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 75 *км*. Калкы 1477 (1986). Нег. чарбасы — кой багуу ж-а тамеки өстүрүү. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана ж. б. бар.

ШАРК — кыштак, Кара-Суу р-нундагы Шарк айыл советинин борбору. Бул айыл советине Жогорку Увам, Маданият, Топ-Терек, Фуркат, Культурный кыш. да карайт. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 24 *км* түш. тарапта, Ош темир жол станциясынан 2 *км*. Калкы 3463 (1986). Нег. чарбасы — пахта, тамеки өстүрүү. Үч орто мектеп, оорукана, поликлиника, аптека, турмуш-тиричилик комбинаты, клуб бар.

ШАРТ — б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосундагы сак урууларына таандык мүрзөлөр. Алай р-нундагы Сопу-Коргон кыш-нын түш. тарабында жайгашкан. 20дан ашык дөбө мүрзөдөн турат. 1948 жана 1952-ж. А. Н. Бернштам жапма көрлүү 9 дөбө мүрзөнү казган. Адамдардын сөөгү бүрүштүрүлүп, жалгыздан ж-а топ-тобу м-н коюлган. Анда жыгач ж-а чопо идиштер (а. и. эйлатан маданиятына таандык оймо түшүрүлгөн чөйчөктөр), скифтердин жебесинин коло учтары, темир бычак, сөөктөн жасалган тумар, кооздук буюмдар табылган.

ШАХРИХАН-САЙ — Фергана өрөөнүндөгү байыркы ири канал. 1934-ж. Б. А. Латынин, 1963-ж. Ю. А. Заднепровский, 1968—72-ж. О. Береналиев изилдеген. Каналдын башында 30-жылдардын аягында Кемпир-Рабат плотинасы курулган. Жалпы уз. 100 *км*, туурасы 50—170 *м*, коктунун терендиги 10—30 *м*. Каналдын оң өйүзүндө 14, сол өйүзүндө 26дай тургун жай, *Хаит-Дөбө шаар чалдыбары* жайгашкан.

«ШАХТЕР» — Көк-Жаңгак ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр. 1956-ж. ачылган. Залы 200 орундуу. Жылына орто эсеп м-н 250 миң киши кино көрөт (1985).

«ШАХТЕР» — Кызыл-Кыя ш-ндагы стадион (Спорт көчөсү). Шаардык эл депутаттар советинин аткаруу комитетинин физкультура ж-а спорт к-тине карайт. 1962-ж. ачылган. 8 чуркоо жолу, узундукка ж-а бийиктикке секирүү, ядро түртүү ж-а найза ыргытуу б-ча 2 сектору, футбол талаасы, 2 волейбол, 2 баскетбол, 1 кол тобу, 1 бокс б-ча аянтчалары бар. Трибунасы 5 миң орундуу.

«ШАХТЕР» — Таш-Көмүр ш-ндагы стадион. 1953-жылдан иштейт. Шаардык спорт комитетине карайт. Аянты 4 *га*, трибунасы 2 миң орундуу. Чөп өстүрүлгөн футбол талаасы, ар биринин уз. 400 *м* 3 чуркоо жолу, баскетбол, волейбол аянтчалары, узундукка секирүү, ядро түртүү ж-а граната ыргытуу б-ча 2 сектору бар. Физкультура б-ча шахтёрлор коллективдеринин ортосунда мелдештер, обл-тын биринчилиги үчүн футбол б-ча мелдештер, көмүр өн. ж. кызматкерлеринин респ. спартакиадасы өткөрүлөт.

ШАХ-ФАЗИЛ КҮМБӨЗҮ — 13—14-к-га таандык архитектуралык эстелик. Ала-Бука р-нундагы Гүлстан (мурдагы Мазар, андан кийин Сафид-Бүлөң



Ж. Шералиев



А. Шеркулов

кыш.) кыш-нда, Испид-Булан (Сафид-Бүлөң) шаар чалдыбарынын аймагында жайгашкан. Бурчтары чыгышты ж-а батышты каратылып, чарчы формада бышкан кыштан тургузулган. Кумпалуу-порталдуу курулма. Бийикт. 15,37 *м*, дубалынын калындыгы 163—167 *см*. 11—12-к-да курулуп, кооздолгон. Алгач ички кооз кыштардан кыналган; 12-к-да ганч м-н оймо-чиймеленип, башкы фасадынын 2 жеринен оюк оюлган. Кийинки кайрадан куруулардын натыйжасында алгачкы көрүнүшүн жоготкон. Б. Н. Засыпкиндин оюу б-ча имараттын кумпасындагы оюктан жарык тийип турган; түн.-батыш тарабында 3 аркалуу фасады бар, анын бурчтарында түркүктөрдүн $^{3}/_{4}$ бөлүгү сыртка чыгарылып коюлган. Күмбөздүн ичинен бейиттер табылган. Ички элегиялык ж-а диний маанидеги куфи жазуулары м-н кооздолгон; диний тексттер араб тилинде, элегиялык тексттер фарс-тажик тилинде жазылган. Күмбөзгө Караханилер мамлекетинин башкаруучуларынын биринин сөөгү коюлган. Орто кылымда зыярат кылынуучу курулуш ансамблин түзгөн, анын калдыктары археологиялык казууларда табылган. Б. П. Денике, Б. Н. Засыпкин, А. Н. Бернштам, В. Е. Нусов изилдеген.

ШЕЙБАНИЛЕР МАМЛЕКЕТИ — орто кылымдагы өзбек мамлекети. 1500—98-ж. Орто Азияны ээлеген. Борбору — Самаркан, 1560-жылдан Бухара. Батыйдын бир тууганы Жучунун уулу Мухаммед Шейбани (1451—1510) негиздеген. 1499-ж. Шейбани хан Мавераннахарды басып ала баштап, кийин Темирлер династиясынын бардык жерин каратып алган. 1510-ж. Шейбани хан Иран шахы Исмаил I Сефевиден жеңилгенден кийин анын мамлекети экиге бөлүнүп, Мавераннахрда Ш. м. ж-а Шейбанилерге көз карандысыз Хива хандыгы (борбору Үргөнч, кийин Хива) пайда болгон. Ш. м. уделдерге бөлүнүп, династия мүчөлөрүнө бекитилип берилген. Эң ири аймактарга Бухара, Самаркан, Ташкен ж. б. кирген. Ш. м-не Ферганаанын (борбору Анжиян) бир бөлүгү да караган. Ш. м-нде хан бийлиги күч алган, кийин феодалдык чыр-чатактардан чарбасы начарлаган. Россия ж-а Улуу Моголдор мамлекети м-н экон. ж-а дипломатиялык мамилелери түзүлгөн. 1599-ж. бийлик Аштарханилерге өткөн. Кийин Бухара хандыгы атала баштаган.

ШЕРАЛИЕВ Жоро (1916-ж. т., азыркы Лейлек р-ну, Бука-Башы кыш.) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1973). 1959-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1933-ж. Жаңы-Жол р-нундагы «Коммунизм» к-зунда иштөөдөн баштаган. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. 1945—51-ж. Жаңы-Жол р-нундагы «Коммунизм» к-зунда, 1951-жылдан Ленин р-нундагы «Бирлик» к-зунда колхозчу, 1954-жылдан дыйканчылык бригадасынын бригадири, 1956-жылдан Жаңы-Жол р-нундагы К. Маркс атн. к-здо бригадир, 1962-жылдан Ленин р-нундагы «Кызыл-Жар» с-зунда пахта өстүрүүчү бригаданын бригадири болуп иштеген. 1972-ж. анын бригадасы 28 *га* пахта



Шах-Фазил кумбөзү.

аянтынан 45 *ц*ден түшүм жыйнап алган. 1975—80-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, медалдар м-н сыйланган.

ШЕРКУЛОВ Асан (1900-ж. т., азыркы Базар-Коргон р-ну, Сары-Булак кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1925-жылдан мугалим. 1929-жылдан парт., чарбалык кызматтарда, 1945-жылдан Чкалов атн. к-здун председатели. 1948-ж. ал башкарган к-з 80 бээден 78ден кулун алып, аман асыраган; а. ч-нын бардык түрү б-ча мамл. план орундатылган. Ленин ордени, медалдар м-н сыйланган.

«ШЕЛКОВИК» — Ош ш-ндагы стадион (Спорт көчөсү, 1), ВЛКСМ атн. Ош жибек комбинатынын физкультура коллективинин советине карайт. Ишембиликтердин ж-а жекшембиликтердин эсебинен ашарга чогулган элдин күчү м-н курулган. Аянты 5 *га*. Футбол талаасы, волейбол, баскетбол аянтчалары, бута атуучу тир, ар биринин уз. 400 *м*ден 6 чуркоо жолу, күрөш залы, 2 спорт сектору бар. Жибек комбинатынын физкультурниктеринин биринчилиги үчүн мелдештер, футбол б-ча шаардык мелдештер, жеңил ж-а текстиль ө. ж. ишканаларынын спорт коллективдеринин обл. мелдештери өткөрүлөт.

ШОРО-БАШАТ — кыштак, Өзгөн р-нундагы Төрткүл айыл советинин борбору. Бул айыл советине Ана-Кызыл, Бостон, Жазы, Кыймыл, Макаренко кыш. да карайт. Жазы суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 12 *км* түн. тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 62 *км*. 1930-ж. негизделген. Калкы 1836 (1986). Нег. чарбасы кой багуу. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана бар.

ШОРО-БАШАТ МАДАНИЯТЫ (б. з. ч. 4—1-к-га таандык). Өзүнчө бир жалпылыгы (окшоштугу) бар карапалар табылган тургун жайлар тобун бириктирет. Өзгөн ш-нын жанындагы Шоро-Башат шаар чалдыбарынын аты м-н аталган. Ш.-Б. м-на жошо м-н боёлгон ачык түстөгү карапа идиштер мүнөздүү. Көбүнчө өсүмдүктөрдүн сүрөтү ж-а оймо-чиймелер түшүрүлгөн.

ШОРО-БАШАТ ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Өзгөн ш-нан 8 *км* аралыкта, Жазы суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Шаар чалдыбары батыштан чыгышка созулган 4 бөлүктөн турат. Аянты 70 *га*дан ашык. Тегерете чеп (уз. 3 *км*, туурасы 38 *м*, бийикт. 6 *м*) м-н курчалган. Батыш бөлүгү мал киргизилүүчү короо катары пайдаланылган. Ортоңку бөлүгүндө 2 мезгилге тиешелүү курулуштардын калдыгы табылган. Цитадель жайгашкан чыгыш бөлүгү өзгөчөлөнүп турат. 1954—57-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген. Шаар чалдыбары 1-миң жылдыктын ортосунда пайда болгон. Өнүккөн мезгилине (б. з. ч. 4—1-к.) карапа идиштеринин башкалардан өзгөчө кооздолушу мүнөздүү (ачык түстөгү идиштерди, о. эле станокто жасалган идиштерди жошо м-н кооздоо ж-а оймо-чийме түшүрүү), ошонун негизинде байыркы тарыхта шоро-башат мезгили белгиленген. Шоро-Башат байыркы ири шаардан болгон. Б. з. 1-миң жылдыгынын ортосунда шаардын турмушу начарлай баштаган. 9—10-к-да Өзгөн дубанындагы тургун жай катары кайрадан пайда болгон. Даван мамлекети мезгилиндеги Ю шаарына окшоштурулат. Шоро-Башат маданиятына таандык.

ШУҢКУ-МАЗАР КЕНИ — Фрунзе р-нундагы кооз таш — түстүү конгломерат тоо теги жаткан жер. Совет кыш-нан 5 *км* түш. тарапта. Шуңку суусунун өрөөнүндө жайгашкан. 1973—75-ж. геологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Кен аймагында таш көмүр мезгилинде пайда болгон конгломерат тоо теги 2×0,3 *км* аянтта жер бетине чыгып жатат. Конгломерат майда шагыл таштуу (алардын диаметри 1—10 *см*), негизинен гипербазит, кремний, сланец тоо тектеринен турат. Тоо тек ник, монолиттүү, орт. блоктуулугу 2×2×0,5 *м*. Орточо сайкалданат. Болжол запасы 60 млн $м^3$. Конгломератты курулушта кооздоп каптоочу материал катары пайдаланса болот.

ШУРАБ КӨМҮР КЕНИ Лейлек р-нунда Канибадам темир жол станциясынан (Өзбек ССРи) 54 *км* түш., Арпа кышнан 45 *км* түш.-чыгыш тарапта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде жайгашкан. 1953-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын палеозойдун алевролит, кумдук, гравелит, конгломерат, доломит тоо тектери ж-а антропогендин борпоң чөкмөлөрү түзөт. Мында 15тей көмүр кабаты бар. Калыңдыгы 1—29 *м*. Көмүр гумустуу, күлдүүлүгү 12—21%, күрөң көмүр тобуна кирет. Күйгөндө 24,16 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы 4503,5 млн *т*.

«ШУРА-И-ИСЛАМ» (арабча «Ислам кеңеши» же «Исламчыл кеңеш»)— 1917—18-ж. Түркстандагы контрреволюциячыл буржуазиялык улутчул уюм. 1917-ж. апрелге чейин Кырг-нда, атап айтканда Ош ш-нда бөлүмү түзүлгөн. «Ш.-и-И.» улутчул саясат жүргүзүп, жерг. ө. ж. буржуазиясын, мал ээлерин, көпөс, молдолорду, соодагерлерди, байларды бириктирген ж-а алардын кызыкчылыгын көздөгөн. Совет бийлигине каршы эсерлер ж-а жерг. меньшевиктер партиясынын бөлүмдөрү м-н бирдикте иштеген. Түркстандын улуттук-диний автономиясын түзүү үчүн күрөшкөн. Россиялык ж-а чет элдик контррев-я м-н чогуу аракеттенип, басмачыларды шыктандырып турган. Ош Советинде улуттук иштер б-ча комиссариат түзүлгөндөн кийин «Ш.-и-И-дын» Ош бөлүмү жоюлган.

ШУРОВСКИЙ МӨҢГҮСҮ Түркстан Кырка тоосунун түн. капталында, Кара-равшин суусунун алабында. Уз. 11,6 *км*, аянты 21,4 *км*². Башы д. дең. 5340 *м*, этеги 3280 *м* бийиктикте жатат. Куралуу обл. така сымал ийилген кенен төрдү ээлеп жатат. 1950-жылдан тартылууда. Мөңгүдөн Жиптик суусу (Каравшиндин оң куймасы) баштапат.

ЫДЫРЫС-ПАЙГАМБАР МАЗАРЫ Ноокат р-нундагы Жаңы-Базар кышнын чыгыш четинде жайгашкан. 18-кга таандык. Уламыш б-ча бул жерде Ыдырыс «пайгамбардын» сөөгү коюлган. Жанаша курулган эки мазардан турат. Алардын биринин бийик порталы түндүктү карайт. Порталдын ортосунда үч катар түз бурчтуу эшиги бар. Порталдын артындагы бийик төрт чарчы цоколдо үстү конус сымал күмбөз заңкайып турат. Күмбөздүн ичинде чакан сагана ж-а жазуусу бар таш орнотулган. Бышкан кыштан курулуп, ичи-тышы шыбалган. Бийик порталы түндүктү караган түркүк сымал экинчи мазар кооз кыштардан кыналып, капталдарына мунаралар орнотулган. Эшиктин үстүндө төрт чарчы терезе салынган. Порталдын артында кумпа көрүнүп турат. Эки мавзолей тең таш пайдубалга тургузулган. Мазарлардан 20 *м* алыстыкта таштан ж-а бышырылбаган кыштан тургузулган мечит бар. Алгачкы ирет И. В. Мушкетовдун эмгектеринде эскерилет. А. К. Кибиров (1950—51), В. М. Плоских, Б. А. Дүйшеев, В. Д. Останков (1982) изилдешкен.

ЫЛАЙ-ТАЛАА — кыштак, Совет р-нундагы Ылай-Талаа айыл советинин борбору. Бул айыл советине Сайкыш. да карайт. Тар суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Карабалта — Кулжа кыш-нан 11 *км* түш. тарапта, Кара-Суу темир жол станциясынан 98 *км*. Калкы 4861 (1986). Нег. чарбасы — үрөн белендөө, кой багуу. Орто мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, төрөт үйү, клуб ж. б. бар.

Э

ЭЙЛАТАН МАДАНИЯТЫ — б. з. ч. 7—4-к-га таандык. Алгачкы темир доорунда Фергананын өнүгүшү м-н мүнөздөлөт. 1954-ж. өзүнчө маданият болуп белгиленген. 1934-ж. Ферганаңы биринчи изилдеген сов. изилдөөчү Б. А. Латынин б. карапаларды (колго ийленип боёлгон ж-а жазуулары бар, станокто жасалган ачык түстүү идиштер) тапкан Эйлатан шаар чалдыбарынын атынан аталган. Э. м-нын мезгилинде коло буюмдарынын ордуна темир буюмдар колдонула баштаган, карапалардын формасы, өңү ж-а оймочиймелери өзгөргөн. Дыйкандар Ферганага аймагын кеңири өздөштүрө баштаган. Нарын м-н Кара-Дарыянын ортосундагы Эйлатан шаар чалдыбарын (аянты 200 *га*) алгачкы таптык коомдун калыптануу мезгилинде б. шаар деп эсептөөгө болот. Ферганаңын бардык бөлүгүндө, а. и. Ош (Өзгөр) ж-а Кожо-Бакырган-Сай суусунун өрөөнүндө алгачкы обочолонгон мүрзөлөр пайда болгон. Жапма көрлөргө адамдын сөөгү м-н кошо чопо идиштер, темир, коло буюмдар, кооздук буюмдары коюлган. Э. м. байыркы дыйкан уруулларына таандык *Чуст маданиятынын* уландысы болуп эсептелет.

ЭКИ-ДАВАН МӨҢГҮСҮ — Алай кырка тоосунун түн. капталында жайгашкан татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Шаймерден суусунун сол курамы Ак-Суунун алабынан орун алган. Уз. 5 *км*, аянты 4 *км*². Башы д. дең. 4650 *м*, этеги 3430 *м* бийиктикте жатат. Мөңгүнүн бети жаракалар м-н тилмеленген. Этегин калыңдыгы 1 *м*дей морена кыр-

тышы каптап жатат. Мөңгүдөн Эки-Даван суусу башталып, Ак-Сууга оң тараптан куят.

ЭКСПЛУАТАЦИЯ - ТЕХНИКАЛЫК БАЙЛАНЫШ ТҮЙҮНДӨРҮ областтын аймагындагы жерг. телефон байланышын тейлейт. 1962-ж. Ош ш-нда, 1963-ж. Жалал-Абад ш. ж-а Фрунзе кыш-нда түзүлгөн. Оштогу Э.-т. б. т. Алай, Кара-Суу, Ноокат, Совет ж-а Өзгөн р-ндорунун телефон байланышын (50 телефон станциясы, 7336 телефон аппараты ж-а 38 таксофонду) тейлейт. Жалал-Абаддагы Э.-т. б. т. Ала-Бука, Базар-Коргон, Ленин, Сузак р-ндорунун ж-а Таш-Көмүр ш-нын телефон байланышын (60 телефон станциясы, 8236 телефон аппараты, 96 таксофонду) тейлейт. Фрунзе кышндагы Э.-т. б. т. Лейлек, Баткен, Фрунзе р-ндорунун телефон байланышын (31 телефон станциясы, 4785 телефон аппараты, 57 таксофонду) тейлейт. Араван р-нундагы 11 телефон станциясын, 1635 телефон аппаратын ж-а 20 таксофонду Араван байланыш түйүнү тейлейт. Областта кубаттуулугу 60 миң номерге эсептелген 167 шаардык ж-а айылдык телефон станциясы (55 миң телефон, 733 таксофон) иштейт (1986).

ЭЛ АГАРТУУ КЫЗМАТКЕРЛЕР ҮЙҮ — мугалимдер, мектепке чейинки ж-а мектептен сырткаркы ж. б. элге билим берүү системасындагы мекемелердин кызматкерлери м-н иштөөчү маданий-агартуу ж-а методикалык мекемелер. Ош шаардык Э. а. к. ү. (Ош ш., Ленин көчөсү) 1927-ж. Мугалимдер үйү катары ачылып, 1982-жылдан азыркыдай аталат. Музыка студиясы (240 окуучу), китепканасы (фонду 16 миң нуска китеп) бар. Жалал-Абад Э. а. к. ү. (Жалал-Абад ш., Курорт көчөсү, 4) 1961-ж. ачылган. Анда элдик университет, муз. курстар, китепкана (13 миң китеп) иштейт.

ЭЛДИК ТЕАТРЛАР — эң көрүнүктүү өздүк көркөм чыгармачылык коллективдеринен түзүлүүчү драма ж-а музыкалык театрлар. Областта 8 Э. т., а. и. алтоо р-ндук ж-а шаардык маданият үйлөрүндө, бирөө айылдык маданият үйүндө, бирөө Ош педагогика ин-тунда иштейт (1986). Өзгөн театрына 1958-ж. элдик театр наамы берилген. Театрдын репертуарында кыргыз драматургдары М. Байжиев («Таарынбаңыз, кайната»), Т. Рыскулбеков («Кесирдин кээри»), Ш. Кыдырмышев («Бир мекемеде») ж. б-дын пьесалары бар. Областтык ж-а респ. кароолордун лауреаты ж-а дипломанты. Коллективде 10 киши иштейт. Режиссёру — И. Оморов (1984-жылдан). Алай театрына 1962-ж. элдик театр наамы ыйгарылган. Драматург М. Жакыпов театрды уюштуруунун демилгечилеринен болгон. Репертуарында А. П. Чехов («Аюу»), М. Жакыпов («Кара медальон»), Т. Абдумомунов («Карагул ботом»), М. Тойбаев («Ак тамак, көк тамак») ж. б-дын пьесалары бар. Баткен, Лейлек, Фрунзе, Ноокат, Ала-Бука, Жаңы-Жол райондоруна оюн коёт. Тажик ССРинин бир катар р-ндорунда гастролдо болгон. Коллективде 22 киши иштейт. Режиссёру — М. Жакыпов (1983-жылдан). Совет театрына 1962-ж. элдик театр наамы берилген. Репертуарында кыргыз драматургдары Ч. Айтматов («Бетме-бет»), Б. Жакиев («Атанын тагдыры»), Т. Абдумомунов («Эч кимге айтпа»), А. Осмонов («Ак-Мөөр») ж. б-дын пьесалары бар. Коллективде 16 киши иштейт. Режиссёру — Б. Маматов (1982-жылдан). Ош элдик театры Ош ш-ндагы № 1 маданият үйүндө иштейт. 1970-ж. элдик театр наамын алган. Казак ССРинин эмгек сиңирген артисти Ф. А. Литвинская театрды түзүүнүн демилгечилеринен болгон. Репертуарында А. П. Чехов («Аюу»), Ч. Айтматов («Саманчынын жолу»), А. Абдугафуров («Достук экзамени»), Б. Өмүралиев («Мансуровдордун үйү») ж. б-дын пьесалары бар. Ош ш-на ж-а областтын райондоруна оюн коёт. Коллективде 15 киши иштейт. Режиссёру — Ф. А. Литвинская (1981-жылдан). Ош педагогика ин-тундагы театрга 1969-ж. элдик театр наамы ыйгарылган. Репертуарында Б. Жакиев («Күттүргөн жаз да келер»), Ж. Бөкөнбаев («Каргаша»), А. Абдугафуров («Күйөөлөргө күлкү») ж. б-дын пьесалары бар. Коллективде 22 киши (студенттер ж-а педагогика ин-тунун мугалимдери) иштейт. Режиссёру — О. Мамытов (1970-жылдан). Жалал-Абад театры 1971-ж. элдик театр наамын алган. Репертуарында кыргыз ж-а орус драматургдары А. П. Чехов («Кол суроо»), Т. Жумабаев («Волга» оорусу») ж. б-дын пьесалары бар. Спектаклдер кыргыз ж-а орус тилдеринде коюлат. Коллективде 27 киши иштейт. Режиссёру — А. Султанбаев (1983-жылдан). Ара-

ван театрына 1974-ж. элдик театр наамы ыйгарылган. Репертуарында Т. Кыдыралиев («Канга боёлгон белет»), Ш. Абдраманов («Коркунучтуу оору»), Т. Таштемиров («Үчүнчү ок») ж. б-дын пьесалары бар. Коллективде 29 киши иштейт. Режиссёру — Н. Кудратуллаев (1983-жылдан). Ноокат р-нундагы «Россия» к-зунун элдик театры жаш театрлардан. 1982-ж. элдик театр наамын алган. А. Абдугафуровдун «Күйөөлөргө күлкү», Б. Жакиевдин «Кызыл жалын, от кечкендер», А. Токтакуновдун «Биринчи кар» ж. б. пьесалары коюлган. Коллективде 17 киши иштейт. Режиссёру — Т. Абыкеев (1982-жылдан).

ЭЛЕКТР МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ. Электр энергиясын жарыктандыруу ж-а өнөр жай үчүн пайдалануу 1913-ж. Ош ш-нда ж-а Кызыл-Кыя көмүр кенинде алгачкы электр станциялары ишке киргизилгенден башталган. Кызыл-Кыя кениндеги жылуулук электр станциясынын кубаттуулугу 121 *кВт* болгон, ал жарыктандыруу ж-а электр механизмдерин иштетүү үчүн пайдаланылган. Ош ш-ндагы ГЭС ун тегирменинин кыймылдаткычтарын иштетүүгө ж-а жарыктандырууга колдонулган. Анын 240 аттык күчү бар турбинасы ж-а туруктуу токто иштөөчү кубаттуулугу 55 *кВт* генератору болгон. 1914-ж. Ошто 300 аттык күчү бар турбиналуу, кубаттуулугу 55 ж-а 10 *кВт* 2 генератору бар 2-ГЭС курула баштаган. Улуу Октябрь социалисттик рев-ясынан кийин, 1920-ж. Сүлүктү кенинде чакан жылуулук электр станциясы (76 *кВт*) ишке киргизилген. 1926-ж. Жалал-Абадда (25 *кВт*) ж-а Кара-Суу темир жол станциясында (26 *кВт*) дизель электр станциялары иштей баштаган. Басмачылар талкалап кеткен Оштогу 2-ГЭСтин жабдууларын пайдалануудан 1925—27-ж. 1-ГЭСтин кубаттуулугу 65 *кВт*ка көбөйгөн. Биринчи беш жылдыкта Сүлүктү, Кызыл-Кыя кендеринде (1930) кубаттуулугу 150 ж-а 300 *кВт* өзгөрүлмө ток берүүчү турбогенераторлору бар электр станциялары курулган ж-а керектөөчүлөргө энергия берүүчү 3 *кВ* чыңалуудагы алгачкы жог. вольттуу электр тармагы түзүлгөн. 1930-ж. Өзгөн р-нунун Жаңы-Кебек ж-а Ош р-нунун Кашкар-Кыштак кыш-ндагы ремонттоо-механикалык мастерскойлордо кубаттуулугу 27 ж-а 30 *кВт* алгачкы электр станциялар иштей баштаган. 1932-ж. Көк-Жаңгак (35 *кВт*) ж-а Төө-Моюн (40 *кВт*) кендеринде, Сакалды кыш-ндагы МТСте (35 *кВт*) ж-а Өзгөндө (26 *кВт*) чакан электр станциялар курулган. Кызыл-Кыя ж-а Сүлүктү кендеринин электр станцияларынын кубаттуулугу көбөйүп, беш жылдыктын акырында Кызыл-Кыяда 508 ж-а Сүлүктүдө 406 *кВт*ка жеткен. Экинчи беш жылдыкта Көк-Жаңгак кенинде кубаттуулугу 100 *кВт* 2 турбогенераторлуу электр станция, 1934-ж. ушундай эле кубаттуулуктагы электр станция Сүлүктү кенинде иштей баштаган. Чаңгыр-Таш, Кадамжай, Таш-Көмүр кендери да электрлештирилген. 1936-ж. Ош — Кара-Суу ГЭСинин 1-гидроагрегаты (кубаттуулугу 600 *кВт*) ишке киргизилген. Куба-Сай ГРЭСинин 1-кезеги ишке киргизилип, 35 *кВ* чыңалуудагы электр зымдары аркылуу Кызыл-Кыя, 1938-жылдан Кадамжай кендерине энергия бере баштаган. 1939-ж. Ташкөмүр жылуулук электр станциясынын 1-кезеги (агрегатынын кубаттуулугу 500 *кВт*) ишке киргизилген. 1940-ж. ушундай эле агрегат Сүлүктү жылуулук электр станциясына орнотулган. 1941-ж. Хайдаркен кенинин дизель электр станциясы (366 *кВт*), 1943-ж. Ош пилла түрүү ф-касынын ГЭСи (500 *кВт*), 1944-ж. Жалал-Абад дизель электр станциясынын 1-агрегаты (232 *кВт*) иштей баштаган. Чыңалуусу 35 *кВ* электр өткөрүүчү зымдарды тартуу улантылган. 1945-жылга карата зымдар аркылуу Чабай, Мелик-Суу ж. б. кыш-га электр энергиясы берилген. Согуштан кийинки мезгилде Сүлүктү, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак кендеринде электр станциялары курулган. 1949-ж. алардын жалпы кубаттуулугу 7550 *кВт*ты түзгөн. Куба-Сай ГЭСи Кызыл-Кыя кенин электр энергиясы м-н толук камсыз кылып турган. Айыл-кыштактардагы электр станцияларын «Кыргызстан айыл электрдин» түш. участкасы курган. «Өзгөн», «Правда», «Араван», «Муз-Төр», «Торкен», «1-Май», «Моюн», 5-ГЭС ж. б. электр станциялары эксплуатацияга берилген. 1960-жылга карата Араван ж-а Кара-Суу р-ндору толук электрлештирилип бүткөн. 1956-ж. Майлы-Сай жылуулук электр станциясы (24,4 *мВт*), Жалал-Абад дизель электр станциясы (736 *кВт*) курулуп бүтүп, Кырг-ндын түштүгүндөгү эң ири Үч-Коргон ГЭСи

(180 миң *кВт*) курула баштаган. Курулуш иштерин электрлештирүү үчүн Анжияндан Шамалды-Сай ш. т. п-на чейин электр зымдары (чыңалуусу 110 *кВ*) жеткирилген. 1947—60-ж. айыл-кыш-да ГЭС курулуп, уз. 750 *км* жог. вольттуу электр зымдары тартылган, уз. 2700 *км*ден ашык энергия бөлүштүрүүчү тармактар түзүлгөн, 13 р-ндук борбор, 77 к-з ж-а с-з, 14 МТС ж-а РТС электрлештирилген. Анжиян — Кара-Суу — Ош, Кара-Суу — Жалал-Абад — Көк-Жаңгак, Үч-Коргон — Таш-Көмүр, Үч-Коргон — Жалал-Абад, Кызыл-Кыя — Куба-Сай — Кадамжай ж. б. жог. вольттуу (110 *кВ*) электр зымдарынын курулушу бүткөн. Ош, Сүлүктү, Кара-Суу ш., Исфана кыш. ж. б. электр м-н камсыз кылуунун борборлоштурулган системасына өткөн. 1961-ж. Үч-Коргон ГЭСинин 1-гидроагрегаты, 1962-ж. калган үчөө ишке киргизилген. 1963-ж. 30-мартта Ош жылуулук электр станциясынын (кубаттуулугу 50 миң *кВт*) курулушу башталып, 1966-ж. 1-агрегаты, 1968-ж. 2-агрегаты иштей баштаган. Жылуулук электр станциясы 468,1 млн *кВт · с* электр энергиясын, 1599,1 миң *Гкал* жылуулук иштеп чыгарган. 1973-ж. Сузак — Кара-Суу, Ош — Гүлчө, Сопу-Коргон — Ак-Босого — Сары-Таш электр зымдары (110 *кВ*) ишке киргизилген. 1980-ж. Анжиян — Сузак, Анжиян — Ош электр зымдары (220 *кВ*) тартылган. Электр өткөрүүчү зымдарды тейлөөчү Ош (электр зымдарынын уз. 217,1 *км*, обл-тын түш. бөлүгүн электр энергиясы м-н камсыз кылат) ж-а Жалал-Абад (электр зымдарынын уз. 70,6 *км*, обл-тын түн. бөлүгүн электр энергиясы м-н камсыз кылат) электр тармак ишканалары иштейт. Анын бардык р-ндордо ж-а шаарларда бөлүмдөрү бар. Областтын аймагындагы электр зымдарынын уз. 287,7 *км*. Электр энергиясын өткөрүүчү зымдарды «Кыргыз электр тармак курулуш» трестинин Ош ж-а Жалал-Абад механикалаштырылган колонналары орнотот.

ЭЛ СОТТОРУ — админ. р-ндордун, шаарлардын аймагындагы сот системасынын нег. звеносу. Закон б-ча башка сотторго өткөрүлүүгө тийиш болгон иштерден башка бардык гражд. ж-а уголовный иштерди карайт. Председателинен, элдик судьядан ж-а эл заседателдеринен турат. Эл судьяларын р-ндун (шаардын) калкы тең укуктуу ж-а түздөн түз жалпы шайлоонун негизинде жашыруун добуш берүү м-н 5 жылдык мөөнөткө шайлайт. Эл заседателдери эмгек коллективдеринин чогулушунда 2,5 жылдык мөөнөткө шайланат. Судьялар шайлоочуларга отчёт берип турат, шайлоочулардын ишенимин актабаган судьялар мөөнөтүнөн мурда чакырылып алынат. Областта 22 р-ндук ж-а шаардык (Ош ш., 2-Фрунзе көчөсү, 7; Жалал-Абад ш., Пушкин көчөсү, 51; Кара-Суу ш., Ленин көчөсү, 177; Көк-Жаңгак ш., Ленин көчөсү, 42; Кызыл-Кыя ш., Биринчи Май көчөсү, 36; Майлы-Сай ш., Ленин көчөсү, 17; Сүлүктү ш., Шахтёр көчөсү, 54; Таш-Көмүр ш., Октябрь көчөсү, 47; Өзгөн ш., К. Маркс көчөсү; о. эле р-ндордун борборлорунда) Э. с. иштейт.

ЭЛ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ЖАНА МАДАНИЙ-АГАРТУУ ИШТЕРИНИН БОРБОРУ, Ош обл. илимий-методикалык Э. ч. ж. м.-а. и. б. (Ош ш., Ленин көчөсү, 186). 1979-ж. обл. эл чыгармачылыгы үйүнүн (1961) базасында түзүлгөн. Нег. иштери: обл-тын маданий-агартуу мекемелерине методикалык ж-а практикалык жактан жардам көрсөтүү; илимий изилдөө, уюштуруу-пропаганда иштери; окуу китептерин, рекомендацияларды даярдоо; алдыңкы тажрыйбаларды изилдөө ж-а аларды жайылтуу; айыл-кыш-да социалдык-маданият комплекстерин түзүү; кароо, конкурс, көргөзмө, ыр-бий майрамдарын уюштуруу ж-а өткөрүү. Чыгармачыл интеллигенция ж-а адистерден турган ар кандай багыттагы иштер б-ча секциялар, коомдук-методикалык ж-а көркөм адабий советтер иштейт.

ЭЛ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ҮЙҮ, к. *Эл чыгармачылыгынын жана маданий-агартуу иштеринин борбору.*

«ЭМГЕК ДАҢКЫ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Ала-Бука р-ндук к-тинин ж-а Эл депутаттар р-ндук советинин органы (редакциясы: Ала-Бука кыш., К. Маркс көчөсү, 61). 1938-ж. негизделген. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. 1962-ж. чейин «Колхоз турмушу» деген ат м-н чыккан. Областтын админ.-аймактык бөлүнүшүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу 1970-жылдан азыркыдай ат м-н кайрадан чыга баштаган. Тиражы 6,5 миң нуска (1985). Редакциянын өзүндөгү полиграфия цехинде басылат.

«ЭМГЕК ЖАЛЫНЫ» — газета, Кыр-

гызстан Компартиясынын Базар-Коргон р-ндук к-тинин ж-а р-ндук Эл депутаттар советинин органы (редакциясы: Базар-Коргон кыш., Карл Маркс көчөсү, 16). 1935-ж. негизделген. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. 1935—56-ж. «Сталин жолу», 1957—63-ж. «Коммунизм үчүн» деген ат м-н чыккан. Областтын админ.-аймактык бөлүнүшүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу 1979-жылдан азыркыдай ат м-н кайрадан чыгя баштаган. Тиражы 4,5 миң нуска (1985). Жалал-Абад басмаканасында басылат.

«ЭМГЕК МАЙДАНЫ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын Кара-Суу р-ндук к-тинин ж-а р-ндук Эл депутаттар советинин органы (Кара-Суу ш., ВЛКСМдин 50 жылдыгы көчөсү, 32). 1938-ж. негизделген. Кыргыз тилинде жумасына 3 жолу чыгат. 1963-ж. чейин «Коммунизм жолунда» деген ат м-н чыккан. 1965-жылдан азыркыдай ат м-н кайрадан чыга баштаган. Тиражы 16,2 миң нуска (1985). Редакциянын өзүндөгү полиграфия цехинде басылат.

«ЭМГЕК РЕЗЕРВДЕРИ» — мугалимдердин, окуучулардын, шаардык ж-а айылдык кесиптик-тех. окуу жайлардын кызматчыларынын бүткүл союздук ыктыярдуу спорт коому (Ош ш., Западный көчөсү, 1). 1965-ж. түзүлгөн. 27 миң мүчөсүн (а. и. СССР спортунун 1 мастери ж-а 2 мастерликке кандидатын, биринчи разрядда 55 спортсменди, массалык разряддардагы 11 миң спортсменди) бириктирет (1985). Ыктыярдуу спорт коомунун обл. советинин 16 спорт залы, 25 гимнастика шаарчасы, 10 футбол талаасы, 10 ок атуучу тири, 37 баскетбол, 50 волейбол ж-а 11 кол топ ойноочу аянт ж. б. бар.

ЭМГЕКТИ БАШКАРУУНУ ЖАНА РАЦИОНАЛИЗАЦИЯЛООНУ УЮШТУРУУ БОЮНЧА ИЛИМИЙ БОРБОР, Э. б. ж. р. у. б. и. б. ин-тунун Кыргыз филиалынын Оштогу борбору (Ош ш. Юбилейный проспектиси, 23). 1979-ж. Чекене сооданы комплекстүү рационализациялоонун Оштогу борбору катары түзүлгөн. 1980-жылдан азыркыдай аталат. Кооперациялык сооданы илимий жактан уюштуруу, башкаруу ж-а рационализациялоо иштерин аткарат. Технология, долбоор-смета иштер, чекене сооданы долбоорлоо технологиясы бөлүмдөрү бар. 22 кызматчы иштейт (1985).

ЭНГЕЛЬС АТЫНДАГЫ КОЛХОЗ — Базар-Коргон р-нундагы чарба (башкармасы: Совет кыш.). 1932-ж. уюшулган. 1959-ж. Кыргызстандын 25 жылдыгы ж-а «Коммунизм» к-здору м-н бириккен. Чарбасынын нег. тармагы — тамеки өстүрүү, сүт өндүрүү 5,2 миң *га* (а. и. 4 миң *га* а. ч-га жараштуу) жери, 1,4 миң үю бар (1985).

ЭПКИНДҮҮЛӨР КЫЙМЫЛЫ. Ошто алгачкы эпкиндүү бригадалар 1929-ж. апрелдин аягында пайда болгон. Ош пилла түрүү ф-касында продукциянын көлөмүн көбөйтүү ж-а сапатын жакшыртуу үчүн мелдешкен комсомол-жаштардын эпкиндүү бригадалары түзүлгөн. 1929-ж. 22-ноябрда Ош ш-нда эпкиндүүлөрдүн респ. 1-слёту өтүп, ага обл-тагы бардык ири ишканалардан делегаттар катышкан. 1930-ж. июнда Ош пилла түрүү ф-касында 15 эпкиндүү бригада (175 киши) болгон. Э. к. бара-бара обл-тын бардык аймагына таркаган. Улуу Ата Мекеги согуш жылдары оорукта иштегендер эпкиндүүлөрчө эмгектенишкен (к. *Фронттогулардын аялдары менен эне-леринин кыймылы).* Социалисттик ж-а коммунисттик курулуштардын ар кандай этаптарында Э. к. эмгекчилердин чыгармачыл демилгелери м-н толукталып турган.

ЭРГЕШ-ТАМ (Эркеч-Там) — Ош уездиндеги чек ара чеби. 19-к-дын башында азыркы Алай р-нунун чыгыш четинде, Кызыл-Суу суусунун оң өйүзүндө, Кокон хандыгынын сепили катары курулган. 1878-ж. бузулган, 1884-ж. орус чек арасы ж-а бажыканасы болгон. Деңиз деңгээлинен 2819 *м* бийиктикте. Чепте аскер казармасы жайгашкан. Чеп кенен, тик бурч формасында. Тегерете бийик таш дубал м-н курчалып, жазы мунара түрүндө куралдан ок атууга ыңгайлаштырылган тешиктери болгон. Чеп Чыгыш Түркстандан Ферганага капчыгай аркылуу өтүүчү жолду тосуп тургандыктан, экон. жактан мааниси зор болгон. Чептин жанында бажыкана болуп, анын сакчылары чек арадан алып өтүлүүчү товарларды текшерип, чек ара аркылуу товарларды жашыруун өткөрүүгө тыюу салган. 1886-жылдан Э.-Т-да Алай болушунун башкаруучусу турган; 1889-жылдан метеорология станциясы, 1903-жылдан телеграф станциясы иштеген. 1920-ж. май айында Э.-Т-да кызмат өтөгөн сов. чек арачылар басмачыларды талкалоого активдүү катышкан.

ЭРМАТОВА Тажихан (1940, Араван



Т. Эрматова



Д. Эсенгелдиев

р-ну, Араван кыш. —1988, ошол эле жерде) — пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун Араван р-ндагы «Коммунизм» к-зунда иштөөдөн баштаган. 1956-жылдан пахта өстүрүү звеносун жетектеп, 15 *га* аянттагы пахтадан эң жогорку түшүм жыйнап алган. 1965-жылдан комплекстүү талаачылык бригадасынын бригадири. 1974—79-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

ЭСЕНГЕЛДИЕВ Даңканай (1888, Наманган уезди, Муз-Төр болушу, Эш-Сай кыш. —1958, ошол эле жерде) — Кыргызстандын түш. аймактарында Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөштүн активдүү катышуучусу. 1918—21-ж. Кетмен-Төбө өрөөнүндө коргонуу отрядынын командири. 1921-ж. сентябрдан 1924-ж. март айына чейин А. *Осмонбеков* командалык кылган ыктыярдуу милициянын өзүнчө атчандар отрядында Кетмен-Төбө ж-а Чаткал өрөөндөрүндө, Наманган, Маргалаң, Кокон уезддеринин тоолуу болуштарындагы басмачыларга каршы күрөшкө катышкан. Кийин сов. ж-а админ.-чарбалык кызматтарда иштеген. Токтогул р-нундагы Бек-Багыш, Көдүл айыл советтеринин председатели болгон. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. Анын ысмы м-н Токтогул ш. т. п-ндагы көчө, Токтогул р-нунун Чолпон-Ата кыш-ндагы орто мектеп аталган.

ЭСКИ-АРАВАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Араван суусунун оң өйүзүндө, Араван кыш-нын чет-жакасында жайгашкан. Аянты 2 *га*. Бир нече маданий катмарлардан турат. Тиричилик *мархамат маданияты* (б. з. 1—4-к.) мезгилинде башталган. Шаар жаңы доордун башынан 14—15-к-га чейин турган. 1957-ж. Ю. А. Заднепровский изилдеген.

ЭСКИ-МАССЫ — Ленин р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Кара-Үңкүр (Тентек-Сай) суусунун оң куймасы. Баш-Ата кырка тоосунун түш. капталынан агып түшөт, сугатка пайдаланылат. Уз. 32 *км*, алабынын аянты 182 *км*^{2}. Кар сууларынан куралат. Жазында кирет. Көп жылдык орт. чыгымы 1,1 *м*^{3}/*сек*. Боюнда Ленин-Жол кыш. жайгашкан.

ЭСКИ-НООКАТ — Ноокат р-нундагы Эски-Ноокат айыл советине караштуу кыштак, р-ндун борбору. Ош — Кызыл-Кыя авт. жолунун боюнда жайгашкан. Ош темир жол станциясынан 50 *км*. 1870-ж. негизделген. Калкы 6696 (1986). Нег. чарбасы — тамеки өстүрүү, мал багуу. Эки орто мектеп, мектеп-интернат, 2 бала бакча, р-ндук ооруканa, поликлиника, санитария-эпидемиология станциясы, маданият үйү, кинотеатр, китепкана, край таануу музейи бар.

Ю

«ЮБИЛЕЙНЫЙ» — Жалал-Абад ш-ндагы кең экрандуу кинотеатр (Красин көчөсү). 1968-ж. ачылган. «Курбулар», «Каникул, каникул...» ж. б. киноклубдары иштейт. Залы 447 орундуу. 1985-ж. 161,6 миң киши кино көргөн.

«ЮБИЛЕЙНЫЙ» — Жаңы-Жол р-нунун Караван кыш-ндагы кең экрандуу кинотеатр. «Болочок жоокер», «Өспүрүм жана закон» ж. б. кинолекторийлер иштейт. Залы 300 орундуу. 1985-ж. 266,8 миң киши кино көргөн.

ЮНУСАЛИЕВ Кушназар (1910-ж. т., азыркы Ленин р-ну, Майлы-Сай кыш.) — а. ч. өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957). 1941-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1928-ж. Майлы-Сай айыл советинде секретарь болуп иштөөдөн баштаган. 1930-ж. Ташкендеги Орто Азия мамл. университетинин жумушчулар факультетин бүтүргөн. 1932—42-ж. Ленин р-ндук аткаруу к-тинин жооптуу секретары, р-ндук керек-жарак союзунун председатели, р-ндук финансы бөлүмүнүн башчысы. 1942-жылдан Жалал-Абад обл. аткаруу к-тинин председате-



К. Юнусалиев



Т. Юнусов



С. Юсупова



О. Якубов

линин орун басары, Токтогул р-ндук партия к-тинин 1-секретары, Ленин р-ндук зоотехниктер бөлүмүнүн башчысы, 1951-жылдан Ленин р-ндук Эл депутаттар советинин аткомунун председатели. Ал иштеген р-ндун экономикасы өнүгүп а. ч. өсүмдүктөрүнүн, айрыкча пахтанын түшүмдүүлүгү арткан, коомдук малдын саны көбөйүп, кунардуулугу арткан. 1959—63-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.

ЮНУСОВ Топчубай (1905, азыркы Кара-Суу р-ну, Монок кыш. —1982, ошол эле жерде) — а. ч. өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1957). Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген дыйканы (1958). 1947-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мек. согушка катышкан. Эмгек жолун 1924-ж. мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1930-жылдан админ.-чарбалык иштерде. 1945-жылдан Кара-Суу р-ндагы К. Маркс атн. к-здун председатели. Ал жетектеген к-з 1956-ж. 700 *га* аянттын гектарынан 34,6 *ц*ден пахта жыйнап алган. 1962—66-ж. СССР Жог. Советинин, 1955—66-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

ЮСУПОВА Салтанатхон (1929-ж. т., Араван р-ну, Аравáн кыш.) — пахтачы, колхоз өндүрүшүн уюштуруучу, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1952-жылдан КПСС мүчөсү. 1957—60-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борб. К-тиндеги сов. парт. мектепти ж-а Анжиян пахтачылык ин-тун (сырттан) бүтүргөн. Эмгек жолун 1943-ж. колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1960-жылдан 22-партсъезд атн. к-здун пахта өстүрүүчү бригадасын жетектеген. 1965-ж. анын бригадасы ар гектар пахта аянтынан 38,5 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ушул эле жылы өзү пахта жыйноочу машина м-н 1008 *т* пахта терген. 1972-ж. ушул к-здун председателинин орун басары, 1977-жылдан р-ндук аткаруу к-тинин председателинин орун басары, 1979-жылдан өзүнүн к-зунда бригадир болуп иштеген. 1971—80-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, медалдар м-н сыйланган.

Я

ЯКУБОВ (Жакыпов) Осмон (1911, Өзгөн р-ну, Миң-Булак кыш. —1944, Витебск обл., Сиротино-Орша р-ну, Орехи кыш.) — Сов. Союз. Баатыры (1944). 1941-жылдан Кызыл Армиянын катарында. Сталинград ш-нын жанында гвардиялык 67-аткычтар дивизиясынын гвардиялык 201-аткычтар полкунун 1-аткычтар батальонунда согушка катышкан. 1944-ж. 2-июндa Орехи кыш-н бошотууда душмандын дзотун талкалап, батальондун чабуулга өтүшүнө жол ачып, эрдик көрсөтүп, өзү курман болгон.

«ЯССЫ» — Өзгөн р-ндагы совхоз (борб. чарбагы: Ильич кыш.). 1960-ж. бир нече чакан к-здордун базасында түзүлгөн. Эт, сүт өндүрүүгө ж-а тамеки өстүрүүгө адистештирилген. 10,4 миң *га* (а. и. 3 миң *га* а. ч-га жарактуу) жери, 2,9 миң бодо мал, 3,1 миң койэчкиси бар (1985). Кирешеси 6,3 млн сом. 1630 киши иштейт.

КОШУМЧА

«Ош области» энциклопедиясынын кыргызча котормосу терилип, басууга даяр болгон кезде, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1988-ж. 5-октябрдагы Указы боюнча мурдагы Талас областындагы Токтогул району м-н Кара-Көл шаары, мурдагы Нарын областындагы Тогуз-Торо району Ош областына өтүп, областтын администрациялык-аймактык бөлүнүшүндө өзгөрүү болду. Демек бул өзгөрүүлөрдү китепке киргизүү зарылчылыгы келип чыкты. Бирок бериле турган жаңы макалаларды алфавиттик ирети менен терилип, даяр болгон мурдагы макалалардын арасына сиңирип жиберүү мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, бул эки районго тиешелүү жана учурунда түрдүү себептер менен калып калган айрым макалалар кошумча катары китептин аягына берилди. Мында китептин негизги бөлүгүндөгүдөй эле алфавиттик тартип сакталып, бирок ар бир тамга өзүнчө бөлүнүп көрсөтүлбөстөн текст уланып кетет. Энциклопедиянын жалпы маалымат бөлүгүндө, материал бул өзгөрүүлөрсүз болгондуктан, окурман ал бөлүктү пайдаланганда кошумчаны толук эске алуусу зарыл.

АБДЫЛДАЕВ Мамбет (1929-ж. т., Токтогул р-ну, Мазар-Суу кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1971). Мал чарбасынын устаты (1967). 1967-жылдан КПСС мүчөсү. 1954-жылдан Токтогул р-ндагы Токтогул атн. с-здо койчу, 1960-жылдан баш чабан, 1986-жылдан ирилештирилген чабандык бригаданын башчысы. Он биринчи беш жылдыкта төл алуу планын 139%ке, жүндүкүн 148%ке аткарган. 1966—70-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган. Портрети 494-бетте.

АК ТЕКТИР — кыштак, Токтогул р-ндагы Ак-Чий — Кара-Суу айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Күңгөй кыш. да карайт. Узун-Акмат суусунун боюнда. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 52 *км* батыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 293 *км*. 1972-ж. негизделген. Калкы 1691 (1987). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, китепкана, фельдшер-акушердик пункт бар.

АРАЛ — кыштак, Тогуз-Торо р-ндагы Атай айыл советинин борбору. Бул айыл советине Атай, Бирдик, Карл Маркс кыш. да карайт. Колбор суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Казарман кыш-нан 18 *км* батыш тарапта. Калкы 1651 (1986). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, клуб, китепкана, төрөт үйү бар.

АТ-ОЙНОК КЫРКА ТООСУ Батыш Тянь-Шанда. Кара-Суу (оң), Кара-Кулжа сууларынын (Узун-Акматтын оң куймасы) ж-а Нарындын төм. куймаларынын (Ит-Сай, Ак-Сай-Башы, Токтобек-Сай, Тома-Терек ж. б.) аралыгында. Талас Ала-Тоосу м-н Чаткал кырка тоосу тутумдашкан жерден түш. чыгышка карай (Нарын дарыясына чейин) 70 *км*ге ийилип жатат; туурасы 16 *км*, орт. бийикт. 3300 *м*, эң бийик жери 3896 *м*. Тоонун жону тик, аскалуу; ортоңку бийик бөлүгүндө байыркы мөңгүнүн калдыктары — тепши сымал өрөөндөр, төрлөр, мореналар кездешет. Түн. капталы кыска, терең тар капчыгайлуу келип, Кара-Кулжа



М. Абдылдаев



Ж. Бөкөнбаев

суусуна тик түшөт. Түш. ж-а түн.-чыгыш капталдары жазыраак, капчыгайлуу, тарамдашкан жарлуу тоо тармактарын түзүп, Кара-Сууга (оң) ж-а Нарын дарыясына акырындап эңкейиштейт. Ортоңку девондун ж-а карбондун кумдук, алевролит, сланец, акиташ теги, конгломерат тектеринен турат; алар кеңдик багытындагы тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Тоодон Кара-Кулжа, Узун-Акмат, Кара-Суу (оң), Нарын дарыясынын көптөгөн куймалары башталат. Түн. капталында аянты 4—5 *км*^{2} келтен көл бар. Ландшафты бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт; жарым чөл ж-а талаа (2200 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа (2400 *м*ге чейин), жаңгак-жемиш токой аралашкан бийик чөптүү шалбаа (2800 *м*ге чейин), карагай ж-а ак карагайлуу шалбаа (3000 *м*ге чейин), субальп ж-а алып шалбаасы (3600 *м*ге чейин), андан жогору нивалдык-гляциялдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жыйыт катары пайдаланылат. Жаңгак ж-а ар кандай мөмө-жемиштер жыйналат.

БИРЛИК — кыштак, Токтогул р-нундагы Сары-Камыш айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кызыл-Октябрь, Көтөрмө кыш. да карайт. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 68 *км* чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 370 *км*. 1935-ж. негизделген. Калкы 1281 (1986). Кой чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, ооруканa, китепкана бар.

БӨКӨНБАЕВ Жоомарт (1910, азыркы Токтогул р-ну, Мазар-Сай кыш.— 1944, Ысык-Көл обл., Чоң-Сары-Ой кыш.) — кыргыз совет акыны ж-а драматургу. Атасынан эрте ажырап, 1924—26-ж. «Көк-Арт» балдар үйүндө тарбияланган. Фрунзедеги педтехникумду (1931), Москвадагы Коммунисттик университеттин журналистика бөлүмүн (1935) бүтүргөн. 1935—41-ж. «Кызыл-Кыргызстан» газетасынын бөлүм башчысы, «Ленинчил жаш» газетасынын, «Советтик адабият жана искусство» («Ала-Тоо») журналынын редактору. 1927-ж. «Жер алган кедейлерге» деген туңгуч ыры жарыяланган. 1933-ж. «Эмгек төлү» аттуу биринчи ырлар жыйнагы чыккан. 30-жылдары чыккан «Алтын кыз» (1935), «Добулбас» (1935), «Жоомарттын ырлары» (1936), «Комуз» (1938), «Балдар үчүн ырлар» (1939), «Ырлар» (1939), «Өчпөс өмүр» (1939), «Өмүр» (1940) деген ыр жыйнактарында Коммунисттик партия, Ленин, эмгек, аялдар азаттыгы, колхоз курулушу, өнөр жайдын өнүгүшү, достук, сүйүү темаларын шыктанып ырдаган. Драматургия жанрында да бир катар пьесалары («Алтын кыз», 1937; «Каргаша», 1939; «Токтогул», 1939; Ж. Турусбеков, К. Маликов м-н бирге), «Айчүрөк» (1937) операсынын либреттосун жазган. Бир катар очерк, публицистика ж-а сын макалалар жазган. А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, А. Н. Некрасовдун, В. В. Маяковскийдин айрым чыгармаларын которгон. Ырлары ж-а поэмалары орус тилине которулган. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. Анын өмүр жолу бир катар ырларда ж-а С. Жусуевдин «Акын жүрөгү» (1965) поэмасында баяндалат.

ДӨДӨМӨЛ — кыштак, Тогуз-Торо р-нундагы Тогуз-Торо айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кош-Булак, Ленин, Өрнөк кыш. да карайт. Нарын дарыясынын оң жээгинде. Райондун борбору Казарман кыш-нан 45 *км* чыгыш тарапта, Багыш темир жол станциясынан 151 *км*. Калкы 810 (1986); негизинен мал чарбасында эмгектенишет. Орто мектеп, клуб, китепкана, медпункт, төрөт үйү, турмуш-тиричилик комбинатынын тармактары бар.

ДӨДӨМӨЛ — АК-ШЫЙРАК КАПЧЫГАЙЫ Дөдөмөл м-н Ак-Шыйрак тоолорун Нарын дарыясы кесип өткөн жерде. Тогуз-Торо р-нунун ж-а Ысык-Көл обл-нын Ак-Талаа р-нунун аймагында. Уз. Алабуганын чатынан (Нарындын сол куймасы) 50 *км*. Д. дең. бийикт. 1800—2200 *м*, капчыгайды чектеген тоолордун абсолюттук бийикт. 3600—4000 *м*. Ак-Шыйрак кырка тоосунун түн. капталынан Кызыл-Жар

тоосун көздөй созулган тектоникалык жарака тоонун түзүлүшүн экиге бөлөт. Жараканын түн. бөлүгү капчыгайдын сол капталын түзөт. Алабугадан төмөн 20 *км* аралыкта туурасы 1 *км*ден 20—25 *м*ге чейин кууштайт. Антропоген мезгилиндеги тектирлердин калдыктары суунун нугунан 300—400 *м* көтөрүңкү жатат. Кайынды суусу кошулгандан кийин капчыгайдын туурасы чукул кууштап (5—10 *м*) кетет. Дарыянын нугу салыштырмалуу 1600 *м*ден 1300 *м*ге төмөндөп (1—7 *км*дей бөлүгүн суу терең жеп кеткендиктен), тик капталдуу, кууш жалама капчыгайга айланган. Дөдөмөл тоосу суунун нугунан 1400 *м* көтөрүңкү жатат. Негизинен акиташ теги, доломит, кум, шагыл, сланец тектеринен түзүлгөн. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы —17...—19°С, июлдуку 22—23°С. Жылдык жаан-чачыны 320—350 *мм*. Капчыгай корук катары эсептелет.

ДҮПКҮР — КАМБАР-АТА КАПЧЫГАЙЫ Ички Тянь-Шанда. Түштүгүнөн Орто-Тоо (бийикт. 2020 *м*), Көк-Ирим-Тоо (3323 *м*), чыгышынан Молдо-Тоо, түндүгүнөн Сары-Камыш, Куча, Сан-Таш, Суук-Дөбө (3453 *м*) тоолору м-н чектешет. Токтогул ж-а Тогуз-Торо р-ндорунун аймагында. Уз. 110 *км*, туурасы 1—2 *км*ден 5 *км*ге чейин; таманынын д. дең. бийикт. баш жагында 1200 *м*, этегинде 900 *м*. Капчыгай түштүктөн түн.-батышты карай созулуп жатат. Баш жагы меридиан багытындагы антецеденттик өрөөн; төмөнкү бөлүгүндө Нарын дарыясы терең синклинорий м-н өтүп, батышты карай чукул бурулат да, нугу кууштап ийрибуйру агат. Дарыя түпкү тектерди кесип өткөн жерлерди каньон, капчыгай, шаңшаарлар, аскалуу тик жээктер, жайык бөлүктөрүн тектирлер ээлейт. Капчыгай негизинен гранит, кумдук, конгломерат, мергель, сланец, акиташ теги, алевролит, андезиттүү порфирит ж. б. тоо тектерден турат. Климаты ариддүү; январдын орт. темп-расы —18,7°С, июлдуку 21°С. Жылдык жаан-чачыны 350 *мм*дей. Капчыгайдын аймагында Нарын дарыясына Көкөмерен, Тоолук (оң куймалары), Жоон-Терек, Турук, Кайынды, Камбар-Ата (сол) суулары куят. Чөл (1250 *м* бийиктикке чейин), кургакчыл талаа ж-а бадал (1200—1500 *м*), айрым жерлеринде бадал өсүмдүктөрү, сейрек токой кездешкен талаа ж-а шалбаалуу талаа (1500—2300 *м*) ландшафты басымдуу. Капчыгайдын төм. бөлүгүндө Камбар-Ата ГЭСи курулууда (1987).



М. Жаңыбаева

ЖАЛАЛ-АБАД — КАЗАРМАН АВТОМОБИЛЬ ЖОЛУ 1975-ж. чейин Сузак р-нунун чарбалары жайлоого баруучу жол катары пайдаланылган. 1976—88-ж. кеңейтилип, машина жүрүүгө ылайыкташтырылып кайра курулган. Уз. 158 *км;* Жалал-Абад ш-нан Сары-Кыр (Туу-Бел) ашуусуна (бийикт. 3300 *м*) чейин 100 *км* (анын 50 *км*дейи асфальтталган), Сары-Кыр ашуусунан Казарман кыш-на чейин 58 *км*. Жол Ак-Чеке, Сары-Кыр ашуулары, Казарман (Тогуз-Торо р-ну), Архангельск, Дмитриевка, Октябрь кыш. (Сузак р-ну) аркылуу өтөт. Үрүмбашы, Колбор сууларына көпүрө салынган. Сары-Кырдан Жалал-Абадга чейинки бөлүгүн (Батыш Үрүмбашы) № 31 жол эксплуатациялоо башкармасы, Сары-Кырдан Казарманга чейинки бөлүгүн (Чыгыш Үрүмбашы) № 18 жол эксплуатациялоо башкармасы тейлейт. Жолду тейлөө б-ча 30 киши иштейт (1988).

ЖАМАН-ДАВАН — Тогуз-Торо р-нундагы суу, Алабуганын оң куймасы. Уз. 64 *км*. Жаман-Тоонун түн. капталынан башталып, жог. агымында Сырт-Кашка-Суу аталып чыгышты, Туура-Суу кошулуп Жаман-Даван аталат да, нугу кууш өрөөн аркылуу түндүктү карай агат. Ортоңку ж-а төм. агымында өрөөнү кеңейип, саздуу келет. Жылдык орт. чыгымы 2,6—3,5 *м*^{3}/*сек*, эң көбү июнь — июлда, азы февраль—мартта байкалат. Апрель — сентябрда кирип, октябрь — мартта тартылат. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат.

ЖАҢЫБАЕВА Маруса (1934, Тогуз-Торо р-ну, Каргалык кыш. —1978, ошол эле жерде) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1960). 1962-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1950-ж. Тогуз-Торо р-нундагы «Кызыл-Жылдыз» к-зунда дыйканчылыкта иштөөдөн баштаган. Кийин чабан, 1957-жылдан баш чабан болуп иштеген. 1957-ж. 500 ириктин ар биринин салмагын 70 *кг*га, 1960-ж. 75 *кг*га жеткирип этке



Жаңыбай Кожек уулу



Ы. Кадыркулов

өткөргөн; ар ириктен 4 *кг*дан жүн кыркып алган. 1962—70-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин ордени м-н сыйланган.

ЖАҢЫБАЙ Кожек уулу (1869, Жумгал —1942, Токтогул р-ну, Өзгөрүш кыш.) — манасчы. 1898-жылдан Кетмен-Төбөдө жашаган. Манасчынын эскерүүсүндө анын жети атасы тең (Айдарбек, Сүйүнбай, Сакечүк, Теңирбай, Сары, Жаманкары, Кожек) «Манас» айткан. Өзү «Манасты» атасы Кожектен үйрөнүп, он алты жашынан айта баштаган. Ал «Көкөтөйдүн ашын», «Чоң казатты» ж-а «Семетей», «Сейтекти» толук айткан, «Эр Табылды», «Эр Төштүк» эпосторун, элдик поэма «Ак Мөөрдү» ж-а салт ырларын да билген. Ж-дын «Семетейи» С. Каралаев ж-а Тоголок Молдонун варианттарына караганда өзүнчө сюжеттик өзгөчөлүктөргө ээ. Ж-дан 1936—40-ж. К. Мартынов «Манас» ж-а «Семетей» эпосторунун вариантын жазып алган.

ЖАҢЫ ЖОЛ — кыштак, Токтогул р-нундагы Жаңы-Жол айыл советинин борбору. Бул айыл советине Арал, Кара-Суу, Куйбышев, Кызыл-Туу, Комсомол кыш. да карайт. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 5 *км* батыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 186 *км*. Калкы 1303 (1988). Мал чарбасы өнүккөн. Сегиз жылдык мектеп, бала бакча, фельдшер-акушердик пункт, клуб, китепкана бар.

«ЖЕҢИШ ТУУСУ» — газета, Кыргызстан Компартиясынын р-ндук к-тинин ж-а Эл депутаттарынын р-ндук советинин органы (редакциясы: Казарман кыш.). 1941-ж. негизделген. Кыргыз тилинде, жумасына 3 жолу чыгат. Бир жолку тиражы 2350 нуска (1988). Редакциянын өзүндөгү полиграфия цехинде басылат.

ЖЫЛАҢАЧ-БУГУ ЧОКУСУ Молдо-Тоонун батыш бөлүгүндө. Тогуз-Торо өрөөнүнүн түндүгүндө. Бийикт. 4100 *м*. Негизинен палеозойдун кумдук ж-а сланец тектеринен турат. Айрым жылдары тескейинде кары эрибейт. Чокуга жакын жерден Карагой, Талаа, Табылгыты, Манас суулары башталат. Эл арасында чокуга Манастын сөөгү коюлган деген уламыш бар.

ИТ-АГАР ТООСУ — Талас Ала-Тоосунун түш. тармагы. Ит-Агар, Арым, Чоң-Чычкан суларынын (Нарындын оң куймалары) аралыгында батыштан түш. чыгышка 28—30 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 7—9 *км*. Орт. бийикт. 3400—3600 *м*, эң бийик жери 4086 *м*. Кыры аска-зоокалуу ж-а мөңгүлүү, түш.-чыгышты карай жапыздайт. Капталдары тик (40—50°), тар капчыгайлуу, кокту-колоттуу. Негизинен төм. палеозойдун порфириттүү гранит, гранит-диорит, интрузия ж-а метаморфизмделген тектеринен түзүлгөн. Шалбаалуу талаа ж-а шалбаа-бадалдуу токой (2800—2900 *м*ге чейин), субальп ж-а альп шалбаалуу талаа, сейрек бетегелүү талаа (3300—3400 *м* бийиктикке чейин), андан жогору кар-мөңгүлүү ландшафт алкактары мүнөздүү жайыт.

КАДЫРКУЛОВ Ыдырыс (1917, азыркы Тогуз-Торо р-ну, Казарман кыш.—1984, ошол эле жерде) — Даңк орденинин кавалери. 1939-ж. декабрдан Советтик Армияда. 1941-ж. декабрдан Улуу Ата Мек. согуш майданында болгон. 1943-ж. Түш. Буг дарыясынан өтүү учурунда көрсөткөн эрдиги үчүн 3-даражадагы Даңк ордени, 1944-ж. 3000 мина коюп, душмандын 2500 минасын зыянсыздандыргандыгы үчүн 2-даражадагы Даңк ордени, 1945-ж. Ипель дарыясынан өтүүдө көрсөткөн каармандыгы үчүн 1-даражадагы Даңк орденине татыктуу болгон. Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган.

КАЗАРМАН — Тогуз-Торо р-нундагы Каргалык айыл советине карапштуу кыштак, р-ндун борбору. Бул айыл советине Кызыл-Жылдыз, Макмал, Чет-Булак кыш. да карайт. Нарын дарыясынын сол өйүзүндө жайгашкан. Багыш темир жол станциясынан 106 *км*. 1937-ж. негизделген. Калкы 7662 (1986). Асфальт-бетон з-ду, механикалаштырылган көчмө

колонна, сүт з-ду, турмуш-тиричилик комбинаты, 3 орто мектеп, клуб, китепкана, оорукана, төрөт үйү, поликлиника, 2 аптека бар.

КАЗАРМАН АЭРОПОРТУ 1984-ж. курулган. Граждандык авиациянын ЯК-40, АН-2 самолёттору, МИ-8, МИ-2, МИ-4 вертолёттору конот. Учууну Кыргыз гражд. авиация башкармасынын авиаотряды тейлейт. Казарман — Ош, Казарман — Нарын, Казарман — Жалал-Абад, Казарман — Фрунзе, Казарман — Ак-Талаа маршруттары б-ча самолёттор учат. Күнүнө орто эсеп м-н 120дай, жылына 25 миңдей жүргүнчү кабыл алып ж-а жөнөтүп турат.

КАЗАРМАН ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Нарын суусунун оң өйүзүндө, Казарман кыш. туштa. Чарчы түзүлүштө, аянты 100×100 *м*. Сакталып калган дубалынын бийикт. 3 *м*. Алардын бурчтары м-н борборунда жарты ай формасындагы мунаралар бар. К. ш. ч. казыла элек. Шаардын урандысы ж-а жалпы түзүлүшү аны 10—12-к-га таандык деп болжолдоого негиз берет.

КАЙЫНДЫ — Токтогул р-нундагы суу, Нарындын сол куймасы. Көк-Ирим тоосунун түн.-батыш капталындагы чакан тоо көлүнөн башталат. Уз. 37 *км*, алабынын аянты 195 *км*². Кууш капчыгай аркылуу агып, нугунда босоголор көп кездешет. Өрөөнү кооз, аны токойлуу шалбаа ээлейт. К-нын 6 куймасы бар. Жылдык орт. чыгымы 2,9 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы июнда, эң азы февралда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Жог. ж-а орт. бөлүгүндөгү куймаларында илгертен калган сугат каналдары кездешет. Боюнда Кайыңды кыш. жайгашкан.

КАМБАР-АТА — Токтогул р-нундагы суу, Нарындын сол куймасы. Уз. 34 *км*. Такталык ж-а Көк-Ирим тоолорунун туташкан жеринен башталып, Нарынга куят. Жог. агымында Коңур-Өгүз, Туюк-Төр аталат. Башталышында ортоңку агымында жайык өрөөн, төмөн жагында Орток ж-а Чабак тоолорунун аралыгындагы кууш капчыгай аркылуу агат. Негизинен кар ж-а булак сууларынан куралат. Ири куймалары: Келте (сол), Ичке-Сай (оң). Жылдык орт. чыгымы 1,2—2,6 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы июнь — июлда, азы январь — февралда байкалат.

КАПКА-ТАШ КӨЛҮ Фергана тоо тизмегинин түн.-батыш тармактары — Кеңкол м-н Такталыктын аралыгында жайгашкан. Токтогул р-нунун аймагында. Аянты 0,96 *км*², суунун көлөмү 2,6 млн *м*³. Эң терең жери 50 *м*. Капка-Таш өрөөнүндө, д. дең. 2305 *м* бийиктикте жатат. Тунуктугу б-ча 3 *м* тереңдикке чейин көрүнөт. Көлгө 7 өзөн куюп, андан агып чыккан суу Кара-Суу көлүнө куят. К.-Т. к. бөгөт көлдөрдүн тибине кирет.

КАРАГАЙЫҢ, Дөдөмөл — Тогуз-Торо р-нундагы суу, Нарындын оң куймасы. Уз. 30 *км*. Молдо-Тоонун түн. капталынан башталат. Башталышында Чамынды аталып түштүктү, Дөдөмөл тоосунан өткөндөн кийин түш.-батышты карай агат. Башталышы ж-а төм. агымы капчыгайлуу; ортоңку агымынын өрөөнү кенен. Жылдык орт. чыгымы 0,7—1,2 *м*³/*сек*, эң көп чыгымы июнь — июлда, азы февраль — мартта байкалат. Май — сентябрда кирип, октябрь — апрелде тартылат. Негизинен кар, булак ж-а жаан-чачын сууларынан куралат. Өрөөнүндө Дөдөмөл кыш. жайгашкан.

КАРА-КӨЛ — Токтогул р-нундагы шаар (1977-жылдан). Фрунзе — Ош авт. жолунун боюнда, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 78 *км* түн.-чыгыш тарапта. Токтогул ГЭСин куруучулардын посёлкасы катары 1962-ж. пайда болгон. Фрунзе политехника ин-тунун ж-а Куйбышев энергетика техникумунун кечки бөлүмдөрүнүн филиалдары, кесиптик-тех. окуу жайы, «Энергетик» маданият үйү, 5 китепкана, 4 орто ж-а балдардын муз., спорт мектептери, бала бакча, турмуш-тиричилик комбинаты, нан з-ду, 2 кинотеатр, 2 клуб, оорукана, 3 фельдшер-акушердик пункт бар. В. И. Ленинге эстелик, Т. Сатылгановго бюст тургузулган. К.-К-гө жакын Токтогул ГЭСи жайгашкан.

КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Фрунзе көчөсү). 1972-ж. негизделген. 1985-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Окурмандарды тейлөө, китеп фондусун пайдалануу уюштуруу, методикалык ж-а библиографиялык иштер бөлүмү бар. 2 филиалын, 56 миң нуска китеби ж-а 2,1 миң окурманы бар балдар бөлүмүн бириктирет. Шаардагы профсоюздук ж-а мектеп

китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларынын кыргыз, орус ж-а чет элдик тилдерде 95,1 миң китеби бар; орто эсеп м-н 4,1 миң окурманды тейлейт (1988).

КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Фрунзе көчөсү). 1962-ж. ачылган. Калкка дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 270 орундуу.

КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ — Шаарда 3 профсоюздук клуб, а. и. 160 орундуу ДОСААФтын «Патриот» клубу, «Нарынгидрокурулуш» курулуш башкармасынын 550 орундуу «Энергетик» маданият үйү (1974-ж. курулган) иштейт. 23 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими ж-а чыгармачыл коллективдер (364 киши катышкан), а. и. «Көгүлтүр Нарын» элдик бий коллективи (60 киши) уюшулган.

КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Шаарда бириктирилген ооруканa, 2 балдар консультациясы (Фрунзе, Серый көчөлөрү), сменасына 500 киши кабыл алуучу поликлиника, Камбар-Ата ГЭСинде медпункт, 1 аптека, санитария-эпидемиологиялык станция (Ленин көчөсү, 3) иштейт. 30 орундуу төрөт үйү курула баштады. Шаардын мед.-санитариялык мекемелеринде 49 врач, 401 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 4 врач, 25 мед. орто билимдүү адис иштейт (1988).

КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН НЕГИЗГИ ПЛАНЫ — шаарды өнүктүрүүгө ж-а реконструкциялоого багытталган шаар курулушунун негизги документи. Кара-Көл ш. гидрокуруучулардын посёлкасы катары 1962-ж. пайда болгон. 1977-ж. шаар статусун алган. «Кыргыз мамлекеттик курулуш долбоорлоо институтунун» долбоору б-ча 40 миң кишиге эсептелген негизги план иштелип чыккан. Шаар Кара-Көл суусун бойлото 10 *км*ге созулуп жатат. «Жайылма» микрорайонунда негизинен 4 кабаттуу үйлөр курулган, шаардын калган аймагы негизги план б-ча курулууда. Башкы көчөлөрү — Фрунзе ж-а Серый көчөлөрү. Шаардын борбору болуп эсептелген Ленин көчөсүндө Ленин атн. аянт, В. И. Лениндин эстелиги ж-а административдик имараттар жайгашкан. Көчөлөрү асфальтталып, бак-дарак отургузулган. Шаар жайгашкан аймактын рельефи татаал, туш тарабы тоолор м-н курчалган, эки жасалма көлмө (Комсомол көлү ж-а Пионер көлү) курулган.

КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1977-ж. чейин турмуш-тиричилик жактан шаардын калкын кийим тигүү мастерскою тейлеген. 1977-ж. калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты түзүлгөн (Фрунзе көчөсү). Комбинатка бут кийим ремонттоочу ж-а жекече буйрутма б-ча бут кийим тигүүчү 6 мастерской, 4 чач тарач, кийим тигүүчү мастерской (Серый көчөсү, «Достук» өнөр жай ишканасы), кир жуучу жай, химиялык жол м-н кийим тазалоочу пункт (Фрунзе көчөсү), 3 фотосалон, прокат пункту карайт (1988).

КАРА-КУЛЖА — Токтогул р-нундагы суу, Узун-Акматтын оң куймасы. Уз. 60 *км*. Чаткал кырка тоосу м-н Талас Ала-Тоосунун тутумдашкан жериндеги мөңгүдөн башталып, Узун-Акмат (түн.) ж-а Ат-Ойнок (түш.) тоолорунун аралыгында батыштан чыгышка карай агып, Узун-Акматка куят. Өрөөнүндө карагай, бадалдар, суу бойлой кайың, тал, четин, арча өсөт. К.-К-га 80ден ашуун өзөн куят, алардын ирилери: Ат-Ойнок, Жаман-Суу (оң), Өкүм, Ыргайды, Көл (сол). Апрелде кире баштап, октябрда тартыла баштайт. Агымынын ылдамдыгы 1,8—2,6 *м/сек*. Негизинен булак (49%), кар, мөңгү (46%) ж-а жаан-чачын (5%) сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 10,5 $м^3/сек$.

КАРА-СУУ — Токтогул р-нундагы суу, Нарындын сол куймасы. Уз. 89 *км*. Фергана тоо тизмегинин түн. капталындагы Капка-Таш ж-а Кара-Суу көлдөрүнөн башталат. Жог. агымы Капка-Таш аталып, өрөөнү кууштап, тоодон чыга бериште кеңеет да, Нарынга сол жактан куят. Жылдык орт. чыгымы 10,4 $м^3/сек$. Май айында кире баштап, ноябрда тартылат. Ири куймалары: Кайыңды-Суу (32 *км*), Жаңгакты (15 *км*), Шылдырак (13 *км*), Кара-Багыш (12 *км*). Боюнда Кара-Көл ш. жайгашкан.

КАРА-СУУ КӨЛҮ Фергана тоо тизмегинин түн.-батыш тармактары — Кеңкол м-н Такталык тоолорунун аралыгында, д. дең. 1998 *м* бийиктикте жайгашкан. Кара-Суунун (Нарын дарыясынын сол куймасы) башында, Токтогул р-нунун аймагында. Аянты 4,2 $км^2$, көлөмү 223,5 млн $м^3$. Эң терең жери 153 *м*. Көлгө 10 өзөн куят (эң чоңу жогору жагындагы Капка-Таш көлүнөн агып чыгат). Көл бөгөтү б. тектоникалык жараканын жылышуусунан кийинки ири көчкүдөн пайда болгон. Андан башталган суу бөгөттүн 280—300 *м* төмөн жагынан сарыгып агып чыккандыктан көлдүн деңгээли 20—25 *м*ге чейин өзгөрүп турат.

КЕТМЕН-ТӨБӨ ӨРӨӨНҮ Түндүгүнөн Талас ж-а Суусамыр, батыш ж-а түш.-батышынан Узун-Акмат, Ат-Ойнок тоолору, түштүгүнөн Фергана, түш.-чыгышынан Көк-Ирим-Тоо кырка тоолору м-н чектешет. Аянты 8170 $км^2$. Басымдуу бийикт. 800—1800 *м*. Өрөөндүн уз. 50 *км*, туурасы 22 *км*. К.-Т. ө. жалпысынан батышты карай бир аз жантайыңкы келип, конус шилендилери — пролювий, делювий түздүктөрүнөн ж-а тектирчелерден турат. Өрөөн майда өзөндөр, сайлар, кокту-колоттор (тереңдиги 5—10 *м*) м-н тилмеленген. Сугат каналдарынын нуктары көп. К.-Т. ө-ндө палеоген, неоген ж-а антропоген мезгилдеринде пайда болгон калыңдыгы 2 *км*ге жеткен чөкмө тектер палеозойдун тоо тектерин жаап жатат. Өрөөн тектоникалык түзүлүшү б-ча кеңдик багытындагы ассимметриялуу мегосинклиналь. Ал неоген мезгилиндеги бүктөлүүдө Талас — Фергана тектоникалык жараканы бойлой кысымдын күчөшүнөн пайда болгон. Кен байлыктарынын негизгиси — неогендин көл чөкмөлөрүндөгү таш туз катмарлары *(Кетмен-Төбө кени)*. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 24°С, январдыкы —14°С. Жылдык жаан-чачыны 376 *мм*. Ири суулары: Кара-Суу, Чычкан, Узун-Акмат, Торкен. Эң ири көлү — Кара-Суу (аянты 3,88 $км^2$). К.-Т. ө-нө эфемер-боз топурактуу, шыбактуу жарым чөл (800—1300 *м* бийиктикте), топурагы коңур түстүү шыбактуу-дан өсүмдүктүү кургак талаа (1300—2000 *м*); кара коңур топурактуу кылкандуу түркүн чөптөр басымдуулук кылган токой шалбаалуу талаа (2000—2800 *м*), кара топурактуу альп (3200—3500 *м*), аска-зоокалуу, кар-мөңгүлүү гляциалдык-нивалдык (3500 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Өрөөндүн 284 $км^2$ аянтын Токтогул суу сактагычы ээлейт. Өрөөндө райондун борбору Токтогул ш. т. п. жайгашкан.

КЕТМЕН-ТӨБӨ КЕНИ (Шамшыкал туз кени) — Токтогул р-нундагы таш туз чыккан жер. Токтогул ш. т. п-нан 30 *км* чыгышта, Кетмен-Төбө өрөөнүндө, Нарын дарыясынын оң өйүзүндөгү Шамшыкал бөксө тоосунда. Кенди жерг. эл илгертен пайдаланышкан. 1932-ж. алгачкы геологиялык жумуштар жүргүзүлгөн. Кен аймагын миоцендин эриддүү климат шартында пайда болгон чопо, алевролит, мергель, кумдук ж. б. чөкмө тектер түзөт. Алардын арасында гипс м-н туздун линза түрүндөгү кабаттары жатат. Туздун 15 кабаты табылган. Ар биринин калыңдыгы 1 *м*ден 5—6 *м*ге чейин, уз. 3—4 *км*. Туздун составында галит 89—98%, глауберит 1,5—7%, тенардит 0,5—1% ж-а астраханит 0,5%. Галит ири, орто ж-а майда кристаллдуу; түсү ак, агыш боз, чанда тунук (Шамшыкал туз). Туз кабаттары чопо м-н аралашкан. Запасы 5589 миң *т* (1975).

КӨК-ИРИМ ТООСУ Тогуз-Торо жана Кетмен-Төбө өрөөндөрүнүн аралыгында. Уз. 60 *км*, эң жазы жери 38 *км*. Орт. бийикт. 3770 *м*, эң бийик жери 4351 *м* (Байдамтал). Нарын капчыгайынан Капка ашуусуна чейин созулат. Кембрий, девон, ордовиктин кумдук, сланец, акиташ ж. б. тектеринен түзүлгөн. Ортосу бийик жана аскалуу, батыш жагы жапыз, түштүгүндө кууш ж-а терең капчыгайлар бар; түн.-чыгышына үстү тегиз тоо айрыктары мүнөздүү (Кызыл-Татыр, Турук, Ак-Башат). Мөңгүлөр тоонун ортоңку бөлүгүнүн түн. бийик беттеринде. Нарын капчыгайына караган тарабы кургакчыл келип, батышы нымдуу, бадалдар ж-а бак-даректар өсөт. Түш. беттерине талаа (1400—2000 *м*), бадал аралаш токой ж-а шалбаа (2000—3000 *м*), субальп ж-а альп (3000—3900 *м*), түн. капталына талаа (1600—2400 *м*), субальп, альп (2900—4000 *м*), ал эми тоо чокуларына тундра алкактары мүнөздүү.

КӨЛ-БАР — Тогуз-Торо р-нундагы суу. Көк-Иримдин оң куймасы (Нарын дарыясынын алабы). Уз. 40 *км*. Негизинен кар, бир аз мөңгү сууларынан куралат. К.-Б-дын 35 куймасы



Э. Курманбаев



А. Мамыров



И. Нураков

бар. Жайында кирип, күзүндө тартылат. Июль айында ташкындайт. Жылдык агымынын орт. чыгымы 1,2 $м^3/сек$.

КУРМАНБАЕВ Эмилбек (1908, Токтогул р-ну, Торкен кыш,—1984, ошол эле жерде) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). СССР социалисттик а. ч-нын отличниги. Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Токтогул р-нундагы «Маданият», «Торкен» к-здорунда жылкычы болуп иштеген. 1947-ж. 56 бээден 56 кулун алып, бардыгын аман асыраган. Ленин ордени м-н сыйланган.

КЫЗЫЛ-ӨЗГӨРҮШ — кыштак, Токтогул р-нундагы Кызыл-Өзгөрүш айыл советинин борбору. Бул айыл советине Аң-Арык, Бел-Кара-Суу, Бууракан, Жар-Таш, Камыш-Башы, Коңур-Өгүз, Кой-Таш, Ничке, Орто-Жон, Чеч-Дөбө, Чоргочу, Шайык кыш. да карайт. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 86 *км* түн.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр темир жол станциясынан 147 *км*. 1926-ж. негизделген. Калкы 2116 (1988). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, оорукана, аптека, клуб, турмуш-тиричилик комбинатынын бөлүмдөрү бар.

МАКМАЛ — Тогуз-Торо р-ну ж-а Ысык-Көл обл-нын Ак-Талаа р-ну аркылуу аккан суу, Алабуганын сол куймасы. Уз. 41 *км*. Жалгыз-Кыр тоосунун түш. чыгыш тарабынан башталат. Ороону түзөң, тоо капталдары жантайыңкы; жарлар кездешет. Негизинен кар, булак ж-а жаан-чачын сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 1,8—2,5 $м^3/сек$, эң көп чыгымы июнь — июлда, азы февраль — мартта байкалат. Апрель — сентябрда кирип, октябрь — мартта тартылат. Ири куймалары: Карагы-Токой, Алма, Чоң-Таш (сол). Боюнда Макмал кыш. жайгашкан.

МАМЫРОВ Аманкан (1944-ж.т., Токтогул р-ну, Торкен кыш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1981). 1969-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1962-ж. Токтогул р-нундагы «Кетмен-Төбө» с-зунда трактурист болуп иштөөдөн баштаган. 1964-жылдан жүгөрү өстүрүүчү звенонун башчысы. Ал башкарган звено 1980-ж. жүгөрү аянтынын ар гектарынан 149,6 *ц*ден түшүм жыйнап алган. 1975—80-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Эки Ленин ордени, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

НУРАКОВ Исак (1906, азыркы Тогуз-Торо р-ну, Дөдөмөл кыш. — 1982, Тогуз-Торо р-ну, Казарман кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мек. согуштун катышуучусу. Армиядан келгенден кийин Тогуз-Торо р-нундагы Ленин атн. к-здо жылкычы болуп иштеген. 1948-ж. 100 бээден 100 кулун алып, аман асыраган. 1951—55-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

ОШ ШААРЫНЫН ГЕРБИ (Октябрь революциясына чейинки) 1908-ж. 22-октябрда Петергоф ш-нда кабыл алынган. Гербдин үстүңкү кызыл



Революцияга чейинки Оштун гербн

менен боёлгон бөлүгүндө күмүш сымал түстөгү боёк м-н шаардын көрүнүктүү жери — Сулайман тоосу ж-а

сары түстөгү жарым айдын сүрөтү тартылган. Жашыл түстөгү төмөнкү бөлүгүндө сары түс м-н тартылган эки өгүздүн башынын (көздөрү кызыл м-н боёлгон) сүрөтү түшүрүлгөн. Бул Ош ш-нда ж-а уездинде мал м-н соода кылуу бир кыйла өнүккөндүгүн айгинелейт. Гербдин таажы сымал эң үстүңкү бөлүгү шаар уезддик борбор даражасында экендигин аныктап турат. Айланта шингилдери м-н жүзүм сабагы курчалган. Бул болсо шаарда ж-а уездде жүзүмчүлүктүн өнүккөндүгүн көрсөткөн. Ош шаарынын герби Ош уездинин да герби болуп эсептелген.

САЙМАЛЫ-ТАШ ОЙМО-ЧИЙМЕЛЕРИ — Фергана тоо тизмегинин Көгарт ашуусуна жакын жердеги таштардын бетине чегилген сүрөттөр. Аянты 10 *га*. Таштардын бетинде негизинен адам, тоо эчки, аркар, бугу, жылкы, төө, бука, илбирс, карышкыр, доңуз, түлкү, ит, жылан ж. б-дын сүрөттөрү тартылган. Бул сүрөттөр б. з. ч. 2-миң жылдыктан б. з. 1-миң жылдыгынын 1-жарымына чейин жашаган уруулардын социалдык-экономикалык ж-а рухий турмушунан маалымат берет.

САЙМАЛЫ-ТАШ ТООСУ — Фергана тоо тизмегинин түн.-чыгыш тармагы. Тогуз-Торо р-нунун аймагында. Көгарт (чыгыш) ж-а Кылдай сууларынын (Нарындын сол куймалары) аралыгында түш.-батыштан түн.-чыгышка 20—30 *км*ге дого сымал созулуп жатат. Туурасы 3—4 *км*. Орт. бийикт. 2200—2400 *м*, эң бийик жери 3400 *м*. Кыры аска-зоокалуу, капталдары кыска, негизинен тик, кокту-колоттуу. С.-Т. т-нда ташка чийилген оймо-чиймелер ж-а сүрөттөр бар. Төмөнкү карбондун акиташ теги, доломит, кумдук, конгломерат, гипс тоо тектеринен турат. Шалбаалуу талаа ж-а шалбаа (2400—2500 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа-токой бадалдуу ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт катары пайдаланылат.

САРЫКУНАН, Сагынбек Дыйканбай уулу (1905, азыркы Аламүдүн р-ну, Кашка-Суу кыш. —1971, Фрунзе ш.) — төкмө ырчы, жомокчу. 30-жылдардын экинчи жарымынан өмүрүнүн акырына чейин Токтогул р-нундагы Бөкөнбаев кыш-нда (азыр Токтогул суу сактагычынын



Сарыкунан



Сейдана

алдында калды) жашаган. Калык Акиевдин шакирттеринин бири. 1924-ж. К. Акиевге өзү барып, бир жарым жыл бою жанында жүрүп, ырчылык, манас айтуу б-ча таалим алган. К. Акиев анын сарылыгына карата Сарыкунан деген лакап ат койгон. Бул ысым элге кеңири тарап, анын Сагымбек аты айтылбай калган. С. ар кыл мазмундагы ырларды, мындан тышкары «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Кедейкан», «Кожожаш» эпосторун, «Ак-Мөөр», «Карагул ботом», «Үч жигит» ж. б. поэмаларды комуздун коштоосу м-н чебер аткарып, айткан. 1927—29-ж. Кыргыз мамл. театрында (кийин Кыргыз мамл. филармониясы) иштеген.

САРЫ-СӨГӨТ — кыштак Токтогул р-нундагы Бел-Алды айыл советинин борбору. Бул айыл советине Бел-Алды, Коргон кыш, да карайт. Райондун борбору Токтогул ш.т. п-нан 39 *км* түн.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 175 *км*. 1920-ж. негизделген. Калкы 1447 (1988). Негизги чарбасы — мал чарбачылык, бал челек кармоо. Орто мектеп, бала бакча, амбулатория, клуб, китепкана, универмаг, турмуш-тиричилик жактан тейлөө үйү бар.

СЕЙДАНА Молдокеева (1924-ж. т., азыркы Токтогул р-ну, Кара-Тектир кыш.) — манасчы. 1935—45-ж. мектепте окуган. Алгач мектепте мугалим болуп иштеген, андан кийин к-зго колхозчу болуп кирген. Манас айта баштаганын сыйкырдуу түш көрүү м-н байланыштырат. «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн жерлерди атайын кыдырып көргөн, Таластагы Манастын күмбөзүнө барып кайткан. 1966-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун кызматкерлери андан «Манас» эпосунун «Семетей» бөлүгүн жазып алып жатышат. Ай-



З. Л. Серый



А. Сүйөркулов

рым бөлүктөрүн өзү жазып, кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Республикалык радионун фондусуна «Тайторуну сүрөө», «Семетейдин Сары Таз менен жолугушканы», «Чынкожо менен Толтойдун Акункан менен болгон чатагы», «Семетейдин Чынкожо, Толтойду өлтүрүп, Айчүрөктү Таласка алып келиши», «Семетей менен Коңурбайдын чатагынын башталышы», «Коңурбайдын өлүмү» бөлүктөрү жазылып алынган.

СЕРЫЙ Зосим Львович (1916, Одесса ш. —1977, Кара-Көл ш.) — Соц. Эмг. Баатыры (1976). 1948-жылдан КПСС мүчөсү. 1940-ж. Киевдеги а. ч. механикалаштыруу ж-а электрлештирүү ин-тун бүткөн. В. И. Ленин атн., Днепр, Горький ж-а Кременчуг ГЭСтеринде иштеген. 1963-жылдан «Нарын гидрокурулуш» башкармасынын начальниги. 1967—77-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» орденди м-н сыйланган.

СҮЙӨРКУЛОВ Абды (1912-ж. т., Токтогул р-ну, Торкен кыш.) — советтик мамл. ж-а партиялык ишмер. 1940-жылдан КПСС мүчөсү. 1932-ж. чейин орто ж-а жог. окуу жайларда окуган. 1932—41-ж. р-ндук ж-а обл. чарбалык уюмдарда жетекчи кызматтарда. 1941—42-ж. Эмгекчи депутаттарынын Жалал-Абад обл. советинин аткомунун председатели, 1942—44-ж. Кыргызстан БКнын секретары. 1946-ж. ВКП(б) БКнын Парт. жог. мектебин бүтүргөн. 1946—49-ж. Кыргызстан КП(б) БКнын үчүнчү ж-а экинчи секретары. 1947—50-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин, 1950—59-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин председатели. 1959—69-ж. Кыргыз ССР соода министри. 1946—62-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. Эки Ленин ордени, 2 Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

ТЕРЕК-СУУ — кыштак, Токтогул р-нундагы Кетмен-Төбө айыл советинин борбору. Бул айыл советине Беке-Чал, Уста-Сай, Эшсай кыш. да карайт. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 30 *км* түш.-батыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 260 *км*. 1968-ж. негизделген. Калкы 4285 (1988). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, бала бакча, оорукана, аптека, турмуш-тиричилик комбинаты, клуб, 2 китепкана бар.

ТОГУЗ-ТОРО ЗАКАЗНИГИ — Тогуз-Торо р-нундагы мамл. аңчылык заказник. Кан-Ачуу, Көк-Ирим ж-а Байдамтал сууларынын алабында. Аянты 5 миң *га*. Табиятты ж-а табигый ресурстарды коргоо б-ча эл аралык союздун Кызыл китебине кирген илбирс, СССРдин ж-а Кыргыз ССРинин Кызыл китептеринде ак тырмактуу тянь-шань күрөң аюусу, азайып бараткан тоо эчки, элик, кекиликтерди коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1977-ж. уюшулган.

ТОГУЗ-ТОРО ОЙДУҢУ Ички Тянь-Шандын батышында жайгашкан. Түндүгүнөн Молдо-Тоо, Кабак, Көк-Ирим, батышынан Фергана, түш.-чыгышынан Ак-Шыйрак кырка тоолору м-н курчалган. Тогуз-Торо р-нунун аймагында. Уз. 66 *км*, жазылыгы 30 *км*, д. дең. бийикт. 1200—2000 *м*. Ойдуң туура эмес үч бурчтук формасында. Таманы кенен, рельефи дөбөлүү түздүк; анда антропогенде пайда болгон 8 дарыя тектери бар. Тектирлер Фергана ж-а Ак-Шыйрак кырка тоолорунун этегин көздөй созулуп, кенен тегиздикти түзөт. Ал тайыз суу нуктары м-н тилмеленип, дыйканчылыкка ыңгайлуу. Ойдуңдун чыгышы м-н батышында адырлар басымдуу. Курчап жаткан тоо капталдарындагы терең ж-а кууш капчыгайлар (д. дең. 2000—3500 *м* бийиктикте) жогорулаган сайын мөңгүлөрдүн жылышынан пайда болгон тепши сымал өрөөн, туюк же ачык төрлөр м-н бүтөт. Түн.-чыгыштан түш.-батышты карай диагональ б-ча созулган Кызыл-Кыр, Ак-Шыйрак, Чаар-Таш тоолору неоген-антропогенде көтөрүлүп, ойдуңду Орто-Нарын өрөөнүнөн бөлгөн. Бул тоолордун Тогуз-Торого караган капталдары кыска ж-а тик. Ойдуңдун түн. тарабындагы

Молдо-Тоо, Кабак, Көк-Ирим тоолорунун түш. капталдары узун ж-а жантайыңкы келип, б. түздүктөрдүн салдыктары кайнозой тектеринин алдында ийилип жатат. Батышындагы диагональ б-ча созулган Фергана тоо тизмеги ойдуңду Фергана өрөөнүнөн бөлүп турат. Анын Тогуз-Торого караган капталы тик ж-а кыска келип, ал б-ча Талас — Фергана жаракасы өтөт. Палеозой, мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон кумдук, акиташ, конгломерат, алевролит, филлит ж-а чопо тектеринен турат. Таманында ж-а тоо таянган эңкейиш түздүктөрүндө антропоген мезгилинин кум, шагыл ж. б. тектери кеңири таралган. Ойдуң тектоникалык структурасы б-ча асимметриялуу грабенмегасинклиналь. Кендери — таш туз, курулуш материалы жерг. керектөөгө пайдаланылат. Климаты континенттик; январдын орт. темп-расы —17°...—19°С, июлдуку 22—23°С. Жылдык жаанчачыны 320—350 *мм*. Көк-Ирим м-н Фергана тоо тизмеги бириккен жерде анча чоң эмес мөңгүлөр бар. Ойдуң аркылуу Нарын дарыясы агат; анын ойдуңдун аймагындагы ири куймалары: Көк-Ирим, Көгарт, Атай, Аскалуу, Табылгыты ж. б. Эң ири көлү — Беш-Көл (Ак-Шыйрак кырка тоосунда, 1975 *м* бийикте). Т.-Т. о-на жарым чөл (1333—1500 *м*) ландшафт алкактары мүнөздүү. Ак-Шыйрак, Молдо-Тоо, Кабак тоолорунда (2500—3100 *м* бийиктикте) карагай токоюна аралаш четин, табылгы, арча, бадал, ит мурун ж. б. өсөт. Суу бойлорунда, сайларда ж-а жайылмаларда кайың, терек, тал, четин, чычырканак, бөрү карагат ж. б. кездешет.

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ — областтын чыгышында жайгашкан админ. аймак. 1935-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Ысык-Көл обл-нын Жумгал р-ну, түн.-чыгышынан Ак-Талаа р-ну, түн.-батышынан Токтогул р-ну, батышынан Базар-Коргон, Сузак, Өзгөн, Совет р-ндору м-н чектешет. Аянты 3962 *км*. Калкы 18,4 миң (1987). Орт. жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 4,1 адам туура келет. Райондо 4 айыл совети, 10 кыштак бар. Борбору — Казарман кыштагы.

Район негизинен Тогуз-Торо ойдуңун ээлейт. Ал түндүгүнөн Молдо-Тоо, Көк-Ирим тоосу, түш.-батышынан Фергана тоо тизмеги, түш.-чыгышынан Ак-Шыйрак кырка тоосу м-н курчалат. Курулуш материалдары, туз ж. б. кендери бар. Климаттык шарты тегерегиндеги аймактардан көп өзгөчөлөнөт. Январдын орт. темп-расы —17...—19°С, июлдуку 22—23°С. Жылдык жаанчачыны 320—350 *мм*. Райондун аймагы аркылуу Нарын дарыясы агып өтөт; анын ири куймалары: Көк-Ирим, Көгарт, Атай, Аскалуу ж. б. Ири көлү —



Беш-Көл. Сары, кара күрөң, кара ж-а тоо-шалбаа ж. б. топурактары басымдуу. Шыбак, ак кылкан, көдөө, өлөң чөп, шимүүр, каз таман, шалбаа, кара кыяк, д. дең. 2500—3100 *м* бийиктикте карагай, суу боюнда кайың, терек, ак чечек, тал, долоно, четин, чычырканак, бөрү карагат ж. б. өсөт. Район негизинен мал, айрыкча чала уяң жүндүү кой асыроого адистешкен. Мында 4 к-з, 1 с-з бар. 1987-ж. 3,3 миң уй, 132 миң кой, 2,9 миң жылкы болгон. А. ч-га жарактуу 220,8 миң *га* жердин 10,3 миң *га*сы айдоо, 4,2 миң *га*сы чабынды, 1,2 миң *га*сы кысыр аңыз, 205,2 миң *га*сы жайыт. Дан эгин, тоют өсүмдүктөрү, жашылча-жемиш, картошка ж. б. эгилет. Маанилүү авт. жолдору: Казарман — Жалал-Абад (Көгарт ашуусу аркылуу), Казарман — Фрунзе. Ош, Фрунзе, Жалал-Абад, Нарын ш. м-н аба жолу аркылуу байланышат. Райондо 9 орто, 1 сегиз жылдык, 2 башталгыч мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, 7 бала бакча, турмуш-тиричилик комбинаты, 4 клуб, 13 китепкана, оорукана, поликлиника, 12 фельдшер-акушердик пункт бар. 1941-жылдан тартып райондук «Жеңиш туусу» газетасы чыгат.

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Казарман кыш., Ленин көчөсү, 119) 1964-ж. айылдык китепкана катары ачылган. 1977-жылдан борборлоштурулган китепкана болуп эсептелет. Окурмандарды тейлөө, китепканалар үчүн китептерди комплектөө жана тескөө, бирдиктүү фонду пайдалануу, методикалык библиографиялык иштер бөлүмдөрү бар. Окуу залы 10 орундуу (1988). Филиалдары, бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары 13 китепкананы (ар бир айыл советинде 3—4 китепкана), а. и. 2,3 миң окурманы, 8 орундуу залы бар балдар бөлүмүн (Казарман кыш., Ленин көчөсү, 121) бириктирет. Райондогу китепканаларга методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз, чет элдик тилдерде 94 миң китеп бар; 11 миң окурманды тейлейт (1988).

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Казарман кыш., Тынчтык көчөсү). 1950-ж. негизделген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 200 орундуу.

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондо 4 сугат системасы бар, алар аркылуу 2100 *га* жер сугарылат. Нарын суу системасына Нарың-20 каналы (1961-ж. курулган; уз. 17 *км*, чыгымы 0,7 $м^3/сек$), Аскалы суу системасына Сары-Булуң (1952-ж. курулган; уз. 6,7 *км*, чыгымы 0,4 $м^3/сек$), Желе-Дөбө (1955-ж. курулган; уз. 8 *км*, чыгымы 0,15 $м^3/сек$), Табылгыты (1955-ж. курулган; уз. 24 *км*, чыгымы 0,5 $м^3/сек$) каналдары, Көгарт суу системасына Кара-Табылгыты (1966-ж. курулган; уз. 5,6 *км*, чыгымы 0,1 $м^3/сек$), Ак-Күп (1953-ж. курулган), Долоно, Шалаты каналдары, Моло суу системасына Абык (1953-ж. курулган; уз. 21 *км*, чыгымы 0,1 $м^3/сек$), Чайыр-Талаа (1974-ж. курулган; уз. 0,5 *км*, чыгымы 0,1 $м^3/сек$), Доржу (1974-ж. курулган; уз. 11 *км*, чыгымы 0,1 $м^3/сек$) каналдары кирет. Каналдардын жалпы суу өткөрүү мүмкүнчүлүгү 2,2 $м^3/сек$). Курулмалар р-ндук сугат система башкармасына (Казарман кыш.) карайт. 44 киши иштейт (1988).

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 2 маданият үйү (Казарман кыш., Ленин көчөсү, 96; Арал кыш.), 4 айылдык клуб (Кара-Суу, Чет-Булак, Атай, Дөдөмөл кыш.), 3 автоклуб, 1 библиобус, 5 маданият-спорт комплекси (Казарман, Кара-Суу, Чет-Булак, Атай, Дөдөмөл кыш.) иштейт. 29 өздүк көркөм чыгармачылык ийримми (329 киши катышат) уюшулган (1988).

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо р-ндук оорукана (поликлиникасы м-н), 2 амбулатория (Арал, Дөдөмөл кыш.), 12 фельдшер-акушердик пункт (Кара-Суу, Табылгыты, Атай, Бирдик, Чет-Булак, Кош-Булак, Макмал, Маркс кыш. ж-а жайлоолордо төртөө), р-ндук санитария-эпидемиологиялык станция (Казарман кыш.), 2 аптека, р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү иштейт. Райондун амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 375 киши кабыл алат. Райондо 39 врач, 110 мед. орто билимдүү адис, а. и. р-ндук санитария-эпидемиологиялык станциясында 4 врач, 9 мед. орто билимдүү адис иштейт (1988).

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. Райондун калкын 1964-жылдан Нарын турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын филиалы тейлеген. Ал 1965-ж. Жалал-Абад турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын филиалы, 1970-ж. Сокулук турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын филиалы, 1973-ж. кайра Нарын турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын, 1975-ж. Ак-Талаа турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын филиалы болуп өзгөргөн. 1978-жылдан Тогуз-Торо р-ндук турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты аталат. Комбинаттын (администрациясы Казарман кыш., Ленин көчөсү, 98) 13 ишканасы, а. и. 2 бут кийим өндоо пункту (Казарман кыш.: Ленин көчөсү, Тынчтык көчөсү), 3 бут кийим тигүүчү цех (Казарман кыш.; Тынчтык көчөсү — экөө, Ленин көчөсү), 8 кийим тигүү мастерскою (Казарман — үчөө, Арал, Атай, Дөдөмөл, Чет-Булак кыш.), турмуш-тиричилик жактан тейлөө үйү (Казарман кыш., Тынчтык көчөсү), 2 фотосүрөт (Казарман кыш.), прокат пункту, 5 комплекстүү кабыл алуу пункту иштейт (1988).

ТОКТОГУЛ, Муз-Төр — Токтогул р-нундагы шаар тибиндеги посёлка (1970-жылдан), райондун борбору. Таш-Көмүр темир жол станциясынан 110 *км* түн.-чыгыш тарапта. 1901-ж. негизделген. Калкы 15 миң (1988). 5 орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, оорукана, эки китепкана иштейт. Нан ж-а май з-ддору, турмуш-тиричилик комбинаты, маданият үйү, кинотеатр бар. Шаар тибиндеги посёлканын архитектуралык курулушу үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган (1980).

ТОКТОГУЛ РАЙОНУ (1938-ж. чейин Кетмен-Төбө р-ну). Областтын түн.-чыгышында жайгашкан админ. аймак. 1926-ж. уюшулган. Чыгышынан Тогуз-Торо, Жумгал, түндүгүнөн Панфилов, Талас, батышынан Ала-Бука, Жаңы-Жол, түштүгүнөн Ленин, Базар-Коргон р-ндору м-н чектешет. Аянты 6944,5 $км^2$. Калкы 64 миң (1986). Райондо 9 айыл совети, 17 кыштак, 1 ш. т. п. (Токтогул) ж-а 1 шаар (Кара-Көл) бар. Борбору — Токтогул шаар тибиндеги посёлкасы.

Район Кетмен-Төбө өрөөнүн ж-а аны курчап турган Суусамыр кырка тоосунун, Талас Ала-Тоосунун, Ат-Ойнок кырка тоосунун, Узун-Акмат тоосунун, Фергана тоо тизмегинин өрөөнгө караган беттерин ээлейт. Кетмен-Төбө өрөөнүнүн эң жапыз жери д. дең. 800 *м*, курчап турган тоолор 3500—3700 *м* бийиктикте жатат. Кен байлыктары: таш туз (к. *Кетмен-Төбө кени*), курулуш материалдар ж. б. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темпрасы —16°С, июлдуку 23°С. Жылдык жаан-чачыны 250—500 *мм*. Аймагынан Нарын дарыясы (куймалары: Чычкан, Узун-Акмат, Торкен, Тоолук, Кара-Суу ж. б.) агып өтөт. Топурагы м-н



өсүмдүгүнө бийиктик алкактуулук мүнөздүү. Райондун эң жапыз жери боз топурактуу келип, жогорулаган сайын шалбаалуу боз, бозомук, коңур күрөң ж-а кара күрөң топурак кездешет. Өсүмдүктөрү: кара бүргөн, эбелек, чий, терскен, камгак, төө тикен, ак кылкан, бетеге, шимүүр, аюу чачы, мисте, карагат, алча, ит мурун, чие, табылгы, ыргай, долоно, шилби, жаңгак, карагай, арча ж. б. Райондо кыргыз, орус, өзбек ж. б. улуттардын өкүлдөрү жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км*²ге 8 киши туура келет.

Мал чарбасы өнүккөн район. 1987-ж. 338 миң кой-эчки, 13,8 миң бодо мал, 8,7 миң жылкы болгон. Айдоо аянты 16,9 миң *га* (а. и. 8 миңи сугат, 8,9 миңи кайрак жер), 23,7 миң *га* чабынды, 344,9 миң *га* жайыт жери бар. Тоют өсүмдүктөрү (4063 *га*), тамеки (197 *га*), жүгөрү (2,8 миң *га*) өстүрүлөт. Аймагында Токтогул суу сактагычы бар; Күрп-Сай, Токтогул ГЭСтери иштейт; ишканаларынан сүт з-ду, турмуш-тиричилик комбинаты, асфальт-бетон з-ду (Кара-Көлдө) бар. Райондун аймагы аркылуу Фрунзе — Ош, Токтогул — Тоолук — Сары-Камыш авт. жолдору өтөт. Райондо 29 орто, 8 сегиз жылдык мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, муз. мектеп, Фрунзе политехника институнун филиалы (Кара-Көлдө), 35 китепкана, 8 клуб, 7 маданият үйү бар. 5 ооруканa, 2 амбулатория, 1 поликлиника иштейт. 1933-жылдан р-ндук «Учкун» (1965-ж. чейин «Ленин осуяты») газетасы чыгат.

ТОКТОГУЛ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК КИТЕПКАНАСЫ (Токтогул ш. т. п., Ленин көчөсү, 22). 1930-ж. негизделген. 1979-жылдан борб. китепкана болуп эсептелет. Филиалдары. бөлүмдөрү, китеп берүүчү пункттары катары р-ндогу 32 китепкананы, а. и. 27056 нуска китеби, 2,1 миң окурманы бар балдар бөлүмүн (Токтогул ш. т. п.) бириктирет. Тейлөө, китептерди комплекттөө ж-а тескөө, бирдиктүү фрондду пайдалануу, методикалык ж-а библиографиялык иштер бөлүмү бар. Райондук профсоюздук, 6 совхоздук ж-а мектеп китепканаларына методикалык жардам көрсөтөт. Китепканаларында орус, кыргыз ж-а чет элдик тилдерде 237 миңден ашык китеп бар; жылына орто эсеп м-н 25 миңдей окурманды тейлейт (1988).

ТОКТОГУЛ РАЙОНУНУН БОРБОРДУК ООРУКАНАСЫ (Токтогул ш. т. п., XXIII партсъезд көчөсү). 1975-ж. ачылган. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу б-ча жардам көрсөтөт. Стационары 385 орундуу.

ТОКТОГУЛ РАЙОНУНУН ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРЫ. Райондо 4 ири сугат системасы бар, алар аркылуу 14300 *га* жер сугарылат. Райондун рельефи тоолуу болгондуктан сугат жерлеринин 40%ине суу насостор аркылуу чыгарылат. Кубаттуу 9 насос иштейт, ар бир насос аркылуу 5,5 $м^3/сек$ суу агып чыгат. Райондо бардыгы 24 канал бар. Чарбалар аралык 7 канал — Куйбышев атындагы каналы (1974-ж. курулган, Торкен суусунан башталат, уз. 13 *км*), Котур-Өгүз каналы (1975-ж. курулган; Котур-Өгүз суусунан башталат, уз. 21 *км*), Кара-Күңгөй каналы (1970-ж. курулган; Узунакмат суусунан башталат, уз. 17 *км*), Дингел каналы (1974-ж. курулган; Чычкан суусунан башталат, уз. 5 *км*), Көтөрмө каналы (1975-ж. курулган; Көтөрмө суусунан башталат, уз. 7 *км*). Райондун аймагында Токтогул суу сактагычы (аянты 284 *км*, суусунун көлөмү 19,5 млн $м^3$) курулган. Курулмалар р-ндук сугат система башкармасына карайт. 180 киши иштейт (1988).

ТОКТОГУЛ РАЙОНУНУН КЛУБДУК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо 8 айылдык маданият комплекси, 17 клубдук мекеме, а. и. райондук маданият үйү (Токтогул ш. т. п., борб. аянтта), 8 айылдык маданият үйү (Бел-Алды, Кызыл-Өзгөрүш, Жаңы-Жол ж. б. айыл советтеринде), 3 айылдык клуб (Комсомол, Чоң-Арык, Чолпон-Ата кыш-нда), 6 автоклуб иштейт. 61 өздүк көркөм чыгармачылык ийрими (3412 киши катышкан) уюшулган (1988).

ТОКТОГУЛ РАЙОНУНУН МЕДИЦИНАЛЫК-САНИТАРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондо райондук ооруканa (поликлиникасы м-н), 305 орундуу 4 участкалык ооруканa (Терек-Суу, Үч-Терек, Тоолук, Сары-Камыш кыш.), 3 айылдык амбулатория (Совет с-зу, Кетмен-Төбө с-зу, Шопоков атн. с-з), 22 фельдшер-акушердик пункт, р-ндук санитария-эпидемиология станциясы (Токтогул ш. т. п., XXIII партсъезд көчөсү), р-ндук ооруканада мед. тез жардам бөлүмү, 6 аптека иштейт. Амбулаториялык-поликлиникалык мекемелери сменасына 725 киши кабыл алат; стационары 690 орундуу.

Райондо 112 врач, 583 мед. орто билимдүү адис, а. и. санэпидстанцияда 9 врач, 29 мед. орто билимдүү адис иштейт (1988).

ТОКТОГУЛ РАЙОНУНУН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1948-ж. чейин р-ндун калкын турмуш-тиричилик жактан кийим тигүүчү, өтүк ултаруучу мастерскойлору бар «Суняцен» артели тейлеген. 1948-ж. чач тарач, кебез тытуучу мастерскойлорун, жыгач устакана, тегирмен, чигиттен май алуучу цехти ж. б-ды бириктирген өндүрүш комбинаты ачылган. 1961-ж. чач тарач (аялдар үчүн), өтүк оңдоочу мастерской, фотосалон, кийимди химиялык жол м-н тазалоо ж. б-ды бириктирген р-ндук турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты түзүлгөн. Комбинаттын (администрациясы: Токтогул ш. т. п., Кыргызстандын 40 жылдыгы көчөсү, 3) 65 ишканасы, а. и. 10 кийим тигүү мастерскою (Ак-Тектир, Торкен, Жетиген ж. б. кыш.), 12 бут кийим мастерскою, 6 чач тарач, о. эле 11 комплекстүү кабыл алуу пункту (Кара-Күңгөй, Чолпон-Ата, Сары-Сөгөт, Кара-Жыгач, Мазар-Суу ж. б. кыш.) иштейт (1988).

ТОКТОГУЛ СУУ САКТАГЫЧЫ Токтогул р-нунун аймагында. Нарын дарыясындагы Токтогул ГЭСинин плотинасы сууну бууганда пайда болгон. Суу сактагычка 1974-ж. суу толтурула баштаган. Аянты 284,3 $км^2$, жалпы көлөмү 19500 млн $м^3$. Уз. 65 *км*, эң жазы жери 12 *км*, эң терең жери 215 *м*. Суу толгондогу аянты 284,3 $км^2$. Нарын ж-а Сыр-Дарыянын агымын жөнгө салып, кошумча 0,5 млн *га* жерди сугарууга мүмкүндүк берет. Плотинанын уз. 292 *м*, туурасы 43 *м*, бийикт. 215 *м*, 400 миң *га* жерди сугарат, 913 миң *га* жерди суу м-н камсыз кылат.

ТОКТОГУЛ С. ЭСТЕЛИГИ«Токтогул» с-зунун борборунда кыргыздын улуу акыны Токтогул Сатылгановдун мүрзөсүнө тепкичтүү пирамида түрүндө тургузулган. 1964-ж. акындын туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата ортосунан жара бөлүнгөн түркүк сымал формада жаңы эстелик орнотулган. Түркүктүн жалпак бетинде колодон жасалган акындын капталынан турган бет келбети, анын ылдый жагында «Бул жерге кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылгановдун сөөгү коюлган. 1864—1933» деген жазуу чегилген коло такта, түркүктүн эң ылдыйкы бөлүгүндө эмен жалбырактарынан жасалган гүлчамбар м-н курчалган комуздун сүрөтү колодон куюлуп кадалган. Эстеликтин көлөмү 2,4×4 *м*, бийикт. 2 *м*; кызыл граниттен жасалган. «Сасык-Жийде» деген жерде өзү куруп, 1918-жылдан өмүрүнүн акырына чейин жашаган акындын үйү бар. Үй таш пайдубалга топурактан тургузулган; жалпак чатырлуу, 2 бөлмөлүү. Көлөмү 9×8 *м*, бийикт. 2,5 *м*. 1964—88-ж. реставрацияланган. Үй республикалык маанидеги эстелик катары эсептелет.

ТООЛУК — кыштак, Токтогул р-нундагы Тоолук айыл советинин борбору. Бул айыл советине Алмалы, Ноот, Чаар-Таш кыш. да карайт. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 100 *км* чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 332 *км*. 1932-ж. негизделген. Калкы 918 (1987). Кой чарбасы өнүккөн. Сегиз жылдык мектеп, ооруканa бар.

ТООЛУК-САРГАТА ОЙДУҢУ Токтогул р-нунун аймагында. Уз. 40 *км*, эң жазы жери 6 *км*. Д. дең. орт. бийикт. 1500—2200 *м*, эң жапыз жери 1100 *м* (Саргата кыш.), бийик жери 4041 *м* (Суусамыр кырка тоосунда). Суусамыр кырка тоосунун түш. этегинде чыгыштан (Тер-Жайлак ашуусунан; бийикт. 2476 *м*) батышты (Торкен Ничке-Сай суу бөлгүчүнө чейин) карай созулуп, Торкен, Тоолук сууларынын ортоңку агымындагы ж-а алардын куймаларындагы бир нече туюк ойдуңдарды камтыйт. Түштүгүндөгү Нарын дарыясынын өрөөнүнөн орто бийик (1600—3105 *м*) тоо аркылуу бөлүнөт. Чыгышы Тоолук, батышы Саргата ойдуңу аталат. Саргата Суусамыр кырка тоосунун тармактары аркылуу Кышан-Суу, Бел-Алды, Тоолук, Туздуу-Суу, Зындан, Мазар-Суу өрөөндөрүнө бөлүнөт. Ойдуңдун таманы тектирлүү. Климаты кургакчыл, континеттик; январдын орт. темп-расы —15°С, июлдуку 14°С; жылдык жаанчачыны 300 *мм*. Ойдуңга талаа ж-а бадал-токой аралашкан шалбаалуу талаа (2800 *м*ге чейин), андан жогору субальп ж-а альп шалбаасы, талаа ландшафт алкактары мүнөздүү. Ойдуң аркылуу авт. жолу өтөт.

ТОРКЕН (туурасы Төркен) — Токтогул р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Нарындын оң куймасы. Уз. 43 *км*, алабынын аянты 664 $км^2$.



Б. Турдубаева

Суусамыр кырка тоосунун түш, капталындагы көлдөн башталат. Жог. агымы Чоң-Муз-Төр, ж-а Кош-Муз-Төр ортоңку агымы Капчыгай аталат. Куймалары: Борду-Кыя, Бел-Алды (сол), Чоң-Кемпир-Өлдү (оң). Негизинен кар, булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 7,8 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы 53,8 *м*³/*сек* (май), азы 1,52 *м*³/*сек* (январь. Апрелде кире баштап, сентябрда тартылат. Боюнда Совет кыш. жайгашкан.

ТОРКЕН — кыштак, Токтогул р-нундагы Торкен айыл советинин борбору. Бул айыл советине Көтөрмө кыш. да карайт. Шамшыкал тоосунун чыгышында, Фрунзе — Ош авт. жолунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 20 *км* чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 180 *км*. 1936-ж. негизделген. Калкы 4500 (1988). Мал чарбасы өнүккөн. Орто, сегиз жылдык мектептер, бала бакча, клуб, 4 китепкана, 2 ашкана, универмаг бар.

ТУРДУБАЕВА Бурулбүбү (1935-ж. т., Тогуз-Торо р-ну, Бирдик кыш.) — малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1964-жылдан КПСС мүчөсү. Эмгек жолун 1955-ж. баш чабан болуп иштөөдөн баштаган. 1963—65-ж. ар жүз тубар койдон 109—130дан төл, ар койдон 3,9—4,4 *кг*дан жүн алган. 1974—79-ж. СССР Жог. Советинин депутаты. Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени м-н сыйланган.

УЗУН-АКМАТ ЗАКАЗНИГИ — Токтогул р-нундагы мамл. токой заказниги. Узун-Акмат тоосунун түн.-чыгыш капталында. Аянты 500 *га*. Кыргыз ССРинин кызыл китебине кирген көк карагайдын реликт ареалдарын коргоо максатында 1977-ж. уюшулган. Токой 1400—2700 *м* бийиктикте өсөт.

«УЧКУН» — газета, Токтогул р-ндук партия к-тинин ж-а Эл депутаттарынын р-ндук советинин органы. 1933-ж. 7-ноябрда «Ленин осуяты», 1962-ж. 1-майдан «Жаңы Турмуш» деген ат м-н чыккан. 1963-ж. 17-июндан азыркыдай аталат. Кыргыз тилинде, жумасына 3 жолу чыгат. Тиражы 8000 нуска (1988).

ҮЧ-ТЕРЕК — кыштак. Токтогул р-нундагы Үч-Терек айыл советинин борбору. Бул айыл советине Кара-Жыгач, Жетиген, Кара-Көл, Кызыл-Ураан, Саргата кыш. да карайт. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 54 *км* түш.-чыгыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 140 *км*. Калкы 1641 (1988). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, бала бакча, амбулатория, китепкана, универмаг, ашкана бар.

ҮЧ-ТЕРЕК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ 8—12-к-га таандык. Кетмен-Төбө өрөөнүнүн чыгыш тарабында, Нарын дарыясынын сол өйүзүндө. Чалдыбардын уз. 240 *м*, эң жазы жери 300 *м*. Түн. бөлүгүндө (Нарындын боюнда) уз. 85 *м*, туурасы 35 *м*, мунарасынын бийикт. 5 *м* болгон чеп бар. Чалдыбардын калган бөлүгү дубал м-н курчалган, бирок ал азыр жакшы байкалбайт. Чалдыбарды аралап терең коо өтөт, ал убагында шаарды суу м-н камсыз кылган канал экендиги божомолдонот.

ФРУНЗЕ ПОЛИТЕХНИКА ИНСТИТУТУНУН КАРА-КӨЛДӨГҮ КЕЧКИ ФАКУЛЬТЕТИ (Фрунзе көчөсү, 3). 1963-ж. Кара-Көл ш-нда Нарын дарыясында ГЭСтер каскадынын курулушуна инженерлерди даярдоо үчүн жалпы техникалык факультет ачылган. Факультеттин 17 лабораториясы, 12 окуу кабинети, 20 миң китеби бар ил.-тех. китепканасы иштейт. 1986-ж. инженерлерди өндүрүштөн ажыратпай даярдоого байланыштуу «Машина куруу технологиясы, металл кесүүчү станоктор жана аспаптар», «Өнөр жай жана граждандык курулуш» адистиги б-ча окутуунун кечки формасына өткөн 2 кафедра (ар бир адистик б-ча жылына 50 киши кабыл алынат) түзүлгөн; жалпы тех. факультет, кечки факультет болуп өзгөргөн. 1986—87-окуу жылында гидротех. багыттагы адистерди даярдоо үчүн факультетте академиялык группа ачылган. Ачылгандан бери 3600дөн ашык адис даярдалган (1988).

ЧОЛПОН-АТА — кыштак, Токтогул р-нундагы Чолпон-Ата айыл советинин борбору. Бул айыл советине Балыкты, Кушчу-Суу, Мазар-Суу кыш. да карайт. Арым тоосунун түштүгүндө жайгашкан. Райондун борбору Токтогул ш. т. п-нан 43 *км* батыш тарапта, Таш-Көмүр темир жол станциясынан 273 *км*. Калкы 1028 (1988). Мал чарбасы өнүккөн. Орто мектеп, фельдшер-акушердик пункт, китепкана, Токтогулдун музейи ж-а эстелиги бар.

ЧЫЧКАН — Талас ж-а Токтогул р-ндорунун аймактары аркылуу аккан суу. Талас Ала-Тоосунун түш. капталындагы Түш ашуусу чендеги майда булактардан башталып, башы Туюк-Төр аталат. Жог. агымында жайык, ороңку ж-а төм. бөлүгүндө кууш өрөөн аркылуу агып, Токтогул суу сактагычына куят. Уз. 78 *км*. Өрөөнү токойлуу келип, Кырг-ндагы кооз жерлердин бири. Өрөөнүндө гидрометеорологиялык ж-а көчкүнү изилдөөчү станциялар жайгашкан. Жылдык орт. чыгымы 19 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы июнда (72,7 *м*³/*сек*), азы мартта (0,8 *м*³/*сек*) байкалат. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Ири куймалары: Ит-Агар, Арым (оң), Бала-Чычкан, Тери-Сай (сол). Чатына жакын Токтогул ш. т. п. жайгашкан.

ЧЫЧКАН ЗАКАЗНИГИ — Токтогул р-нундагы мамл. аңчылык заказниги. Чоң-Чычкан, Күйүк-Булак, Корумду-Сай, Ит-Агар, Арым сууларынын алабында. Аянты 36 миң *га*. СССР ж-а Кыргыз ССРинин Кызыл китептерине катталган ак тырмактуу тяньшань күрөң аюусун, азайып баратканы доңуз, элик, тоо эчки, улар кекиликтерди коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

ЧЫЧКАН КЕНИ, Арым кени — Токтогул р-нундагы кооз мрамор ташы жаткан жер. Токтогул ш. т. п-нан 25—30 *км* түн. тарапта, Суусамыр кырка тоосунун түш. капталындагы Чычкан суусун бойлото (ага Арым суусу кошулган жерде) жайгашкан. Арым I ж-а Арым II участкаларынан турат. 1969-жылдан белгилүү. Кен аймагын рифейдин аягында пайда болгон мрамор, доломит, акиташ тектери түзөт. Мрамор катмары каледон мезгилинде жиреп чыккан граниттин тийгизген тасиринен пайда болгон. Мрамор майда ж-а орто кристалдуу. Өңү ак, боз, көгүш, боз. Арасындагы саргыч, күрөңкызыл ж-а сары жол-жол темгилдер (калыңдыгы 2—3 *смге* чейин) өзүнчө кооз көрүнөт. Жалпы калыңдыгы 30 *м*-ге, уз. ондогон *км*ге чейин жетет. Мрамор абдан кооз, оңой кесилип, жакшы сайкалданат. Блоктуулугу 34%; 1 *м*³ таштан 14,58 *м*² такта (калыңдыгы 2 *см*) алууга болот. Мрамор ташы кооз буюмдарды жасоого ж-а имараттарды кооздоп каптоого жарактуу. Фрунзе ш-ндагы көп имараттарга Ч. к-нин мрамору пайдаланылган. Запасы Арым I участкасында А категориясы б-ча 258,5 миң *м*³, В —156,8 миң *м*³, C_1 —118,5 миң *м*³, C_2 —888,8 миң *м*³.

ЭШМАМБЕТ Байсеит уулу (1870, азыркы Токтогул р-ну, Кырк-Казык кыш.—1926, Талас, Чечекти жайлоосу) — кыргыздын төкмө ырчысы. Токтогулдун эң жакын шакирти. Кедейдин уулу. Ырчылыгы он беш жашында башталган. Ырларын комуз м-н коштоп аткарган. 1885-ж. оор турмуштун айынан Кетмен-Төбөгө барып, ал жерде көп жыл турган. Чыгармачылыгынын алгачкы мезгилинде эски коомдук турмуштун, уруу идеологиясынын тааасиринен улам акын бай-манаптардын зоболосун көтөрүүгө кызмат кылуучу ырлар да чыгарган. Э-тин ырларындагы демократтык тенденциянын терендеши ж-а ырчылык чеберчилигинин жетилишине Токтогул көп таасир берген. Токтогул Сибирге айдалганга чейин да, сүргүндөн келгенден кийин да Э. улуу акын м-н бир жүрүп, ырчылык өнөрүн өркүндөткөн, таалим-тарбия алган. Токтогул экөөнүн бийлөөчү тапты, кожо-молдолорду ашкерелеген «Токтогул менен Эшмамбеттин эшен-калпаларга карата ырдаганы», «Папы калпа», «Ак туяк» ж. б. алым сабак ырлары белгилүү. Э-тин өзүнөн да дин өкүлдөрүн ашкерелеген социалдык маанидеги сатиралык чыгармалар калган. Э. айтыш өнөрүнүн устаты болгон. Анын Жеңижок, Жаңыбай, Курман, Найманбай, Алтынай, Нурмолдо, Чоңду, Барпы, Калык ж. б. м-н ар түрдүү тематикадагы, ар кыл мазмундагы айтыштары бар. Табият көркүнө, дыйкандарга, жаштарга арналган оригиналдуу чыгармалардын да автору. Э-тин санат, терме ырларын замандаштары айрыкча жогору баалашкан. Э-тин рев-ядан кийинки чыгармачылыгында Ленинди, жаңы заманды даңазалаган ырлары («Ленинге ыракмат», «Өкүмөткө ыракмат», «Жаштарга») маанилүү орун ээлейт. Э. «Жаныш-Байыш», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй» эпосторун да айткан.

ТИРКЕМЕ

ӨКМӨТТҮК СЫЙЛЫКТАРГА ТАТЫКТУУ БОЛГОН ИШКАНАЛАР ЖАНА УЮМДАР:

Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйлангандар:

1967 Оштогу «Катта-Талдык» мал чарба тажрыйба станциясы (1958—77-ж. мамл. асыл тукум мал заводу);

1968 Ленин райондук комсомол комитети;

1971 М. В. Фрунзе атн. Кадамжай сурьма комбинаты, Сузак районундагы «Коммунизм» колхозу;

«Ардак Белгиси» ордени м-н сыйлангандар:

1976 Түштүк Кыргызстан геология экспедициясы;

Эл достугу ордени м-н сыйлангандар:

1981 Ош — Хорог автомобиль жол башкармасы.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЛАРЫ:

1943 Акуционок П. А. (өлгөндөн кийин), Выглазов Г. И. (өлгөндөн кийин), Жумабаев Т., Крикун В. Г., Немцев И. С., Фуковский А. В.;

1944 Азимов Р., Мазков Е. К., Тешебаев М., Царенко Л. И., Якубов О. (өлгөндөн кийин) ;

1945 Бабкин М. Н., Калашников Н. С. (өлгөндөн кийин); Лутфуллин С., Панфилов Д. И., Пичугин Д. Н., Решетник И. С., Садыков С. (өлгөндөн кийин), Тайгараев Т. (өлгөндөн кийин), Цинделис Б. И. (өлгөндөн кийин);

1988 Исламов Ю. В. (өлгөндөн кийин).

ДАҢК ОРДЕНДЕРИНИН ТОЛУК КАВАЛЕРЛЕРИ:

1945 Куров В. И.;
1946 Бадигин М. П., Парпиев А.;
1972 Абрамов А. Ф.

СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЛАРЫ:

1947 Исмаилова И., Сатыбалдиев А.;

1948 Абакиров М., Абдраимов К., Абдраимов М., Анаров А. (эки жолку, 1951), Андабеков Э., Бекмурзаев К., Исаев Б., Кайназаров Т., Каримов И., Карымшаков А., Кочкорова С., Кулбаев К., Кулбаев М., Мадымаров А., Мамарасулов С., Мамасалиев А., Матиев А., Петренко Л. Ф., Саипова С., Тарыхчиев А., Тешебаев Ф., Тургунов Ю., Шеркулов А.;

1949 Асанов Ж., Каримов С., Турдуев С.;

1950 Абжалиев П., Алимбаев П., Кыпчаков А., Мажакыпов Т.;

1951 Гавсидинов Г., Жумабаев А., Маматурдиев А., Мусаев Т., Нишанов С., Таширов Х. (эки жолку, 1957);

1952 Алиахунов А.;

1957 Абдукаримов А., Алимов С., Анаров А., Атабекова Ө., Жолбаев Р., Жусупов Э., Исаков С., Кадыров А., Казаков А., Кайыпов Ө., Мирабдазизов Х., Пионт Д. Е., Садыков У., Сулайманов Т., Султанов К., Эрматова Т., Юнусалиев К., Юнусов Т.;

1958 Абдраимов К., Камчыбеков А., Полотов Т.;

1960 Тешеев С., Умарова М.;

1966 Абдраимов А., Абдувалиев М., Абдукадыров А., Ажыкулов Р., Атабаев Т., Атышов Б., Исмаилов Т., Кочубаев Т., Кретинин И. Т., Миталипов М., Ормонова Г., Ногоева С., Санжаров Ш., Узденова М., Чернышёв Е. Ф., Юсупова С.;

1971 Айдаров Т., Маканов О., Рафикова Д., Слюсаренко П. Т., Султанов К., Сунчалиева А. А., Тешебаев Г., Худайбердиев А., Чыныбаев К.;

1972 Амадалиев М., Машрапова Т.;
1973 Момбеков Ю., Шералиев Ж.;
1974 Тойгонбаев А.;
1975 Жумабаев А.;
1978 Сүйөркулов Ш.;
1979 Акчабаев М.;
1986 Жапышев Р.;
1988 Мешков Н. И., Мойдунов Ж.

МАЗМУНУ

Маалымый бөлүмдүн авторлорунун, рецензенттер менен консультанттардын тизмеси . . 4
КСЭнин Башкы редакциясынан 5
Негизги кыскартуулар 6
Түштүк Кыргызстан 9
Жалпы маалыматтар 11
Административдик-аймактык бөлүнүшү . . 11
Табияты 13
Рельефи 13
Геологиялык түзүлүшү 15
Гидрогеологиялык шарты 21
Кен байлыктары 22
Климаты 22
Суулары 24
Топурагы 27
Өсүмдүктөрү 32
Жаныбарлары 34
Ландшафты 36
Табиятты коргоо 37
Калкы 39
Тарыхы 42
Эл чарбасы 71
Өнөр жайы 71
Айыл чарбасы 81
Транспорт 87
Курулуш 90
Коммуналык турак жай чарбасы . . . 92
Турмуш-тиричилик жактан тейлөө 93
Соода жана коомдук тамактануу 95
Элге билим берүү 97
Илимий мекемелер 97
Басма сөз, радио уктуруу жана телекөрсөтүү 101
Адабият 105
Театр 107
Музыка 110
Жасалга-колдонмо сүрөт өнөрү 113
Шаар куруу жана архитектура 118
Саламаттык сактоо 125
Физкультура жана спорт 127
Ош — областтын борбору 130
Табияты 130
Калкы 131
Тарыхы 133
Эл чарбасы 145
Маданий курулуш 150
Хронология 153
Библиография 164
Маалымый бөлүмдүн макалалары (А — Я) . . . . . 166—492
Кошумча 493
Тиркеме 510

«ОШ ОБЛАСТЫ» ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫН КОТОРГОНДОР:

А. АБИЛОВ, С. АБДРАХМАНОВ, Б. АБЫЛГАЗИЕВ, Ө. БАРАТАЛИЕВ, Б. БЕКЕШОВ, А. ДАВЛЕТБАЕВ, А. ЖАКЫПБЕКОВ, А. ЖАПАРОВА, К. ИМАШЕВА, М. ИСАЕВ, А. ИШИМКАНОВА, Ы. КАДЫРОВ, К. КАНАЕВ, С. КАРАГУЛОВ, Р. КАРАЧАЛОВА, Т. КАРЫМШАКОВ, Б. КОДОРОВ, М. КОШОЕВ, Б. МАКЕТАЕВ, М. МУРАТАЛИЕВ, Ж. САГЫНОВ, Ш. САДАБАЕВА, К. САКЕБАЕВА, Н. ТОИБАЕВА, Б. ТӨРӨКУЛОВА.

КСЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНЫН «ОШ ОБЛАСТЫ» ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН КЫРГЫЗЧАСЫН ЧЫГАРУУГА КАТЫШКАН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ

«Ош области» энциклопедиясын даярдоо тобу. А. ИШИМКАНОВА, К. КАНАЕВ, С. КАРАГУЛОВ (топтун жетекчиси), М. МУРАТАЛИЕВ — илимий редакторлор.

Иллюстрация ж-а картография редакциясы. Э. Р. КАСЫМОВ — редакция башчысы, К. АКМАТАЛИЕВ — ст. илимий редактор-картограф, А. КАСЫМАЛИЕВ — илимий редактор-сүрөтчү, А. М. РЖЕВСКИЙ — фотограф.

Создук ж-а библиография редакциясы. Б. ТӨРӨКУЛОВА — ст. илимий редактор, Ш. САДАБАЕВА — илимий редактор.

Өндүрүш бөлүмү. Т. Я. ШИЛОВА — бөлүм башчысы, Н. С. ПЛОТНИКОВА — ст. тех. редактор, Ж. О. ЖОЛДОШЕВА — тех. редактор.

Фото-иллюстрация материалдары энциклопедияда пайдаланылган мекемелер м-н ишканалар: Кыргыз ТАГ, Ош бириктирилген тарых-маданият музей-коругу.

Энциклопедияда материалдары пайдаланылган фотографтар: А. У. АБДЫГУЛОВ, В. В. АЛЕКСАНДРОВ, В. И. ЖИГАЙЛОВ, Л. И. ЖИГАЙЛОВ, А. КАДЫРКУЛОВ, Н. С. ЛИСНИЧЕНКО, С. В. ПУКАСЕНКО, А. РЖЕВСКИЙ, Ш. САРТОВ.

Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атн. Кыргызполиграфкомбинаты. Т. С. СУВАНБЕРДИЕВ — директору, И. А. ПОДГАЙНЫЙ — башкы инженер, В. С. АГРАНАТ — өндүрүш бөлүмүнүн начальниги, Ж. ШАЙЫКБЕКОВА — башкы технолог, Р. И. ТАРАСЕНКО — терүү цехинин начальниги, Э. С. ИГЛИКОВ — басуу цехинин начальниги, В. Н. КУРЯНОВА — мукабалоо цехинин начальниги.

ББК 92 я2
О—96

Ош областы: Энциклопедия /Башкы ред. М. Борбугулов; Башкы ред. мүчөлөрү: Ч. Т. Айтматов ж. б.; Ред. совет: Р. С. Кульматов (пред.) ж. б.; Котор. ж-а авт.: А. Абдиназаров, А. Абдугафуров, М. Абдуллаев ж. б.; Фото: А. У. Абдыгулов ж. б.; Кырг. ССР ИА, Кырг. ССР басма, полиграфия ж-а китеп соода иштери б-ча мамл. ком.— Ф.: Кырг. Совет Энциклопедиясынын Башкы ред., 1989. —512 б.: ил., 12 б. өзүнчө карта.

ISBN 5—89750—011—8

Ош областынын ж-а анын борбору Ош ш-нын жаратылышы, калкы, тарыхы, экономикасы, илими ж-а маданияты ж-дегү түркүн маалыматтарды камтыйт. Булар китептин биринчи бөлүгүндөгү обзордук макалаларда берилген. Китептин экинчи маалымый болүмүндө райондор, калктуу пункттар, коомдук уюмдар, тарых ж-а маданият эстеликтери, областтагы белгилүү адамдар, окуу жайлар, илимий, маданий агартуу ж-а медициналык мекемелер, ири өнөр жай ж-а айыл чарба ишканалары, спорт, соода ж-а транспорт мекемелери тууралуу маалыматтар топтолгон 1500дөн ашуун макала бар.

1805080000—26
О————————— 11—87
454(II)—89

ББК 92 я2

Книга содержит разнообразную информацию о природе, населении, истории, экономике, науке и культуре Ошской области и города Ош.

Справочное издание

ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ. Энциклопедия

Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии.

На киргизском языке

Маалыматчыл китеп басылмасы

ОШ ОБЛАСТЫ. Энциклопедия

Мукабасын жасалгалаган сүрөтчү *И. А. Ефимов*
Редактор-художник *Э. Р. Касымов*
Тех. редактор *Ж. Жолдошева*
Корректорлор *С. Калмаматов, К. Мукашева, Б. Жуманкариева*

ИБ № 26

Китепте 8(12 бет) түстүү карта бар. Карталар ГУГКтун карта фабрикасында басылды. Текстте 98 ак-кара, 88 түстүү сүрөт, 202 портрет ж-а 17 ак-кара карта берилди. Түстүү сүрөттөрдүн диапозитивдери КПСС Татар обкомунун басмасында даярдалган.

Терүүгө 1988-ж. 1-мартта берилди.
Басууга 1989-ж. 17-февралда кол коюлду.

Д—00587. Форматы 60×90¹/₁₆ Текст мектеп ариби, фотонабор ыкмасы м-н терилип, № 1 офсет кагазына офсет басма м-н басылды. Колому 32 накта басма табак текст +0,75 басма табак түстүү карта, 116 шарттуу боёк-оттиск. Эсеп басма табагы 51,101. Тиражы 10000. Заказ № 2069. Баасы 3 сом 40 тыйын.

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 720000. Фрунзе ш., Дзержинский проспектиси, 56-үй.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитетине караштуу Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы ат. Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП. Фрунзе ш., Жигули кочосу, 102-үй.